# Кыргыз тарыхы

## Кыскача энциклопедия

Кыргыз элинин тарыхындагы окуялар, элдин жашоо турмушу, маданияты, тарыхый инсандар ж.б. түркүн маалыматтарды камтыйт.
Кийинки маалыматтар булагынын негизинде түзүлгөн:
«Кыргыз тарыхы: Энциклопедиялык окуу куралы. Бишкек, 2003».

# А

**АБАЛАК** – ордого салынган чүкөлөрдү, канды атууга, чертүүгө колдонулчу курал. А-ка чейин ордодо томпой колдонулган. А. тоо теке, кулжа мүйүздөрүнөн жасалган. Болжол м-н уз. укум (10–12 *см*), калыңдыгы жоон элиден астам (2,5–3 *см*), туурасы төрт эли (8–9 *см*) болгон 4 бурчтуу курал. Атканда, черткенде колдон жылмышпас үчүн А-тын кырларынын четтерине каршы-терши, жик-жик сай салып, быдырлап койгон.

**АБД АР-РАШИД ХАН,** А б д у р а ш и д х а н – 1533–60-ж. Моголстанды бийлеген хан. Султан Саид хандын уулу. Атасынын көзү барында ал Мухаммед-Кыргыз м-н Борб. Теңиртоону бийлеген. Алар Моголстан биримдигин калыбына келтирүү максатында, Моголстандын эң алыскы жерлерине чейин барып, чачыранды кыргыз ордолорун чогултушкан. А. а-Р.х. калмактарга каршы жеңиштүү жүрүш жасап, «Гази» (б.а. капырларга каршы) атка конгон. Атасынын өлүмүнөн кийин (1533) тактыга отуруп, кыска убакытка Жетисууда моголдордун бийлиги орногон. Кыргыз ж-а казактарга каршы күрөшүү үчүн өзбек шейбаниддери м-н союз түзгөн. Өзбек шейбаниддерин казактардын кол салуулары тынчсыздандырып турган. 1537-ж. А. а.-Р.х. казак-кыргыз биргелешкен күчүн кыйроого учураткан. Ага карабастан казактар Ташкенге, кыргыздар Кашкарга коркунуч туудурган.

**АБДРАХМАН АПТАБАЧЫ** – кыргыз-кыпчак урууларынын төбөлү, мамл. ишмер ж-а кол башчы. *Мусулманкул* миң башынын уулу. 1845-ж. 14 жашар Кудаяр белгилүү бий Мусулманкулдун жардамы м-н такка олтурган. Мусулманкул хан тукуму м-н туугандашуу үчүн кызын Кудаяр ханга турмушка берген. Ошол кездеги жаш Абдрахман Кудаярдын бир тууган кайниси катары ордодо чоңоюп, курбалдашы Кудаяр м-н теңтуш болуп өскөн. Атасы 1852-ж. Кудаяр хандын буйругу м-н өлтүрүлгөндүгүнө, көз алдында кыпчак туугандарын кырдыргандыгына карабай, баарына чыдап, акырындык м-н жөнөкөй «аптабачылык» кызматтан (хан колуна суу куюучу бала) ордодогу негизги бийлик – миң башылыкка чейин жеткен. А. а. зордук-зомбулук, алдым-жуттумга аралашкан эмес. Өзүн сак кармап, ажылык такыбалыгын так аткарган киши болгон. 1870-жылдардын башында ал кыргыз бийлери м-н байланышып, Кудаяр ханды алмаштырууну көздөгөн. Аптабачы лейлектик кыргыздардын чапкылык уруусунун бийлерине көтөрүлүшкө чыгуу зарылдыгы ж-дө кат жазган. Натыйжада, лейлектиктер кокон хандарынын Кожент ш-нда жашап жаткан урпактарынын бири – Садыкбектин уулу Абдыкеримбекти чакырышып, хан көтөрүшкөн. Көтөрүлүшчүлөргө каршы Кудаяр хан 7 паңсаттын башчылыгында чоң кошуун жиберип, кыймылды аёосуз баскан. Кыргыздар тоого качып кетишкен. Ошол мезгилде Россиянын карамагында турган Кожентке кайткан Абдыкеримбекти орус бийликтери Кудаярдын сунушу б-ча Кокон ордосуна туткун катары тапшырышкан. 1873–74-ж. ал Кудаяр ханга каршы көтөрүлгөн *Полот хандын*, *Мамыр Мерген* уулунун, Абдылдабектин ж. б. кыргыз бийлеринин көтөрүлүшчүлөрүнө каршы турган (к. *Искактын 1873–74-жылдардагы Аксы көтөрүлүшү).* Бирок, 1875-жылдын августунан баштап ал Россия баскынчылыгына каршы күрөшкө чыгып, Кокон хандыгын сактап калуу үчүн Полот хандын элдик-боштондук кыймылына жигердүү катышкан. Россия баскынчылыгын токтотуп калууга көзү жетпеген А. а. 1876-ж. январдын акырында М. Д. *Скобелевге* Анжияндан 8 чакырым түштүктө турган Индукыштакта багынып берген. А. а. м-н кошо кыймылдын белгилүү жетекчилеринен болгон 26 бий ж-а бектер, 400 жигит багынган. Аптабачы Ички иштер министринин чечими м-н Екатеринбург ш-на жөнөтүлүп, жылына 3000 рубль көлөмүндө маяна алып жашап турган. 1881-ж. 1-январдагы буйрук м-н орус падышачылыгы А. а-га милициянын полковниги деген чин ыйгарып, полициялык көзөмөлдөн куткарган. 1881-ж. 25-февралда Абдрахман Мекеге барууга уруксат сурап, борб. бийликке кат жазган. Бирок каттын жообун алууга үлгүрбөй, 1881-ж. 25-майда көз жумган.

**АБДРАХМАНОВ** Жусуп (Юсуп) (1901, Күнгөй-Аксуу болушу, Чиркей кыштоосу, азыркы Ысыккөл р-ну, Жаркымбаев айылы –1938, Бишкек, сөөгү 1991-ж. Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлган) – саясий ж-а мамл. ишмер; эл тарыхын объективдүү изилдөөчү. 1911–16-ж. Сазанов (азыркы Ананьев) айылындагы үч жылдык орус-жергиликтүү мектебинде, Каракол ш-ндагы жогорку башталгыч окуу жайында окуган. 1916-жылкы үр-күндө эл м-н кошо Кытайга качып, 1917-ж. кайтып келген. 1918-ж. кызыл гвардиячылардын катарына кирген ж-а Жетисуу-да Совет бийлигин чыңдоого катышкан. 1919-ж. Верный (Алматы) ш-нда командирлик курста окуган. 1919-ж. РКСМ Түркстан бюросунун президиумунун ж-а РКСМдин Жетисуу облустук Уюштуруу бюросунун мүчөлүгүнө шайланган. 1920-ж. Москвада өткөн РКСМдин 3-сьездинин делегаты болуп, анда В. И. Ленин м-н сүйлөшүп, пикир алышкан. 1920–24-ж. партиялык жооптуу кызматтарда, 1924-ж. мартта Түркстан АССРинин Борб. аткомунун президиумунун мүчөсү ж-а жооптуу катчысы болуп шайланган. 1924-ж. Кара Кыргыз автономиялуу облусунун облустук партбюросунун жооптуу катчысы болуп бекитилген. 1925-ж. майдан РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, августтан Москвада РКП(б) БКнын аппаратында инструктор. 1926-ж. октябрда Кыргызстанга келип, облустук аткомдун төрагасынын 1-орун басары, 1927-ж. марттан РСФСР БАКтын мүчөсүнүн, андан кийин Бүткүл союздук БАКтын ж-а РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун мүчөлүгүнө кандидат, 1933-ж. сентябрда компартияга каршы аракеттенген деген жалаа м-н ишинен бошотулуп, партиянын катарынан чыгарылган. Андан кийин Ортоңку Волга крайынын мал чарба башкармалыгынын башчысынын орун басары, 1935-жылдан Оренбург облустук аткомунун жер бөлүмүнүн башчысынын мал чарбачылык б-ча орун басары болуп иштеген. 1937-ж.

10-июнда А. контрреволюциячыл Алашордо уюмунун катышуучусу деген жалаа м-н камакка алынган. 1938-ж. 5-ноябрда атылган. 1958-ж. акталган. А. өз элинин тарыхын изилдөөчү катары респ-нын тарых илиминин өнүгүшүнүн башатында турат. Анын респ-нын тарыхы б-ча алгачкы эмгеги 1928-ж. «Кыргызстан» деген ат м-н жарык көргөн. 1916-жылкы көтөрүлүш ж-дө чындык ж-а акыйкат өңүтүнөн жазылган «Күндөлүгү» ж. б. китептери белгилүү. А-дун ысымы м-н Ысыккөл р-нундагы айыл кеңеши (мурдагы Таштак айыл кеңеши), Бишкек ш-нын бир көчөсү аталган. Туулган айылына ж-а Каракол ш-нда эстелик тургузулган.

**АБДЫРАХМАН** Кучак уулу – элчи, сарыбагыш уруусунун бийи *Атаке баатыр* орус императору Екатерина IIге жиберген элчилердин башчысы. Элчилер 1785-ж. сапарга аттанып,Омск – Петропавловск – Челябинск – Екатеринбург – Москва – Петербург маршруту б-ча жол кезишкен. Алар Екатерина IIге Атаке бийдин атынан үч илбирс, беш сүлөөсүн терисин тартуулашкан. Екатерина II элчилерди жакшы сыйлап, Атаке бийге 800 сом күмүш акча бердирип жиберген. Элчилер 1789-ж. 2-январда Омскиге жетишкен. А. 1789-ж. 20-июнда дүйнөдөн кайткан.

**АБДЫРАХМАНОВ** Ыбырайым, ылакап аты Ак Молдо (1888, Ысыккөл облусу, Жетиөгүз р-ну, Чырак айылы – 1967, Атбашы р-ну, Казыбек айылы) – манасчы, этнограф, педагог; кыргыз фольклорун жыйноочу ж-а изилдөөчү. 1905-ж. Караколдо татар мектебин бүтүрүп, мугалим болуп иштеген. 1916-ж. Атбашыга келип мугалимчиликти уланткан. 1939-ж. Бишкектеги пед. ин-тун 2 жылдык мугалимдер курсунун кыргыз тили ж-а адабияты факультетин бүткөн. 1922–26-ж. *Сагымбайдын* «Манасын» кагаз бетине түшүргөн. А. 1926–35-ж. Нарын облусунда билим берүү тармагында мугалим, 1935–60-ж. Кыргызстан ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун ил. кызматкери болуп иштеген. Ал 1930–44-ж. *Саякбай,* Шапак Рысмендеев, Жаныбай Кожек уулу, Багыш Сазанов, Акмат Рысмендеев, Молдобасан Мусулманкуловдордон да «Манасты» жазып алган. Келдибек, Балык, Акылбек, Тыныбек, Чоюке, Сагымбай, Саякбай ж. б. манасчылардын өмүр баяндарын жыйнап, тартипке келтирген. Элдик оозеки чыгармаларды, акындар поэзиясы б-ча көптөгөн материалдарды жыйнаган. *Тоголок Молдонун* өз оозунан көптөгөн фольклордук чыгармаларды, «Манасты» жазып алган. 1962-ж. кыргыз макал-лакаптарын топтогон жыйнак түзгөн. А-дун ар кандай жанрдагы фольклордук чыгармалар м-н тарыхый-этногр. макалалары 100 басма табакты түзөт. «Манас» эпосунун варианттары б-ча кара сөз түрүндөгү сюжетин жазган. Медалдар м-н сыйланган.

**АБРАМЗОН** Саул Матвеевич (1905, Орлов губерниясы, Дмитровск ш. – 1977, Санкт-Петербург) – этнограф, тарых ил-нин доктору (1968). 1926-ж. Ленинград мамл.ун-тинин геогр. факультетин бүтүргөн. 1926–31-ж. Кыргызстанда иштеген. Кыргыз этногр. ил-н негиздегендердин бири. 1926–28-ж. Кыргызстанда Край таануу музейинин директору. 1929–31-ж. Кыргызстандагы Край таануу ил. изилдөө ин-тутунун директорунун орун басары, Эл агартуу комиссариатына караштуу маданий курулуш ил. изилдөө ин-тунун директору. 1931-ж. СССР ИАнын Этногр. ин-тунун Ленинграддагы бөлүмүнүн улук ил. кызматкери, сектор башчысы болуп эмгектенген. 1927-жылдан Кыргызстандын аймагында этногр. экспедицияларды уюштуруп, кыргыздардын тарыхын, маданиятын, үрп-адатын изилдеп, 100дөн ашуун ил. эмгектерди жараткан. «Кыргыз элинин маданиятынын очерки» (1946), «Түндүк Кыргызстандагы кыргыздардын этностук курамы» (1960), «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары» (1971) ж.б. эмгектеринде кыргыз этногр-нын көп проблемаларын чечмелеген. Кыргызстанда этногр. илиминин өнүгүшүнө, этнограф адистерин даярдоодо чоң эмгек сиңирген. А. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

**АБРУЙ КӨТӨРҮЛҮШҮ –** 6-к-дын 80-жылдарында төмөнкү Согда аймагында жергиликтүү жер ээлерине ж-а соодагерлерге каршы чыккан көтөрүлүш. Анын башында Абруй турган. Наршахинин маалыматы б-ча Абруй Пайкенд аймагын басып алган. Ошондон кийин бай дыйкандар Жетисууга качып барышып, түрк каганы Кара-Чордон жардам сурашкан. 585-ж. аны Кара-Чордун колу келип баскан, Абруй өлтүрүлгөн.

**АБСЕНТЕИЗМ** (лат. absentra – баш тартуу, катышпай коюу) – мамл-тин өкүлдүк органдарын, мамл. башчысын ж. б. шайлоо мезгилинде шайлоочулардын добуш берүүдөн баш тартышы.

**АБУ ДУЛАФ –** орто кылымдагы (10-к.) белгилүү араб окумуштуусу ж-а акын. Медин уруусунун хазрадж тегинен чыккан. Ал Кызыл деңиздин жээгиндеги Йанбуй ш-нда туулган. Саманийлердин Бухарадагы хан сарайында Эмир Насыр IIнин (914–943) учурунда кызмат өтөгөн. А. Д. 942-ж. Бухарага келген Кытай өкүлчүлүгүн коштоп, Орто Азия, Чыгыш Түркстан, Тибет, Кытайды, Индияны басып өтүп, Седжестан аркылуу «Ислам өлкөсүнө» кайтып келген. А.Д. 952-ж. түрк элдери тууралуу баалуу эмгектерди жараткан. Анда кыргыздар, о. эле Борб. Теңиртоодогу чигил ж-а карлуктар ж-дө да кызыктуу маалыматтарды берген. А.Д-тын маалыматтарында Караханийлер мамл-нин алгачкы тарыхы, алардын аймактарынын Чыгыш бөлүгү ж-а ал жерде жашаган уруулардын жашоо шарты чагылдырылган.

**АБУ-Л-ГАЗИ** Бахадур хан (1603–1663) – Хива ханы ж-а көрүнүктүү тарыхчы. 1643-ж. көчмөн өзбек урууларынын жардамы м-н такка отуруп, өз бийлигин чыңдоо үчүн түркмөндөргө, калмактарга, Бухара хандыгына каршы күрөшкөн. Өз мезгилинин билимдүү адамдарынан болгон, эски кол жазмаларды көп окуган, түрк элдеринин тарыхын дурус билген инсан болгон. Анын «Шажарай-йи-таракима» ж-а «Шажарай-и-түрк» («Түрк элдеринин санжырасы», «Түркмөндөрдүн санжырасы») аттуу эки эмгеги белгилүү. Эмгектерде Борб. Азиянын элдеринин тарыхы б-ча баалуу тарыхый, этногр. маалыматтар кездешет. А.-л.-Г. бул эмгектерди жазууда Рашид ад-Диндин «Жами ат-Таварихин» негизги булак катары пайдалангандыгы байкалат. Анын

маалыматтарын кыргыз тарыхчылары Осмоналы Сыдык уулу м-н Б. Солтоноев кыргыздардын тарыхын изилдөөдө пайдаланышкан.

**АБШЫРСАЙ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР** – Ноокат р-нундагы Көкжар кыштагынан 5 *км* түштүк тарапта Абшырсай капчыгайында жайгашкан байыркы археол. эстелик. Асканын бооруна эчки-текелердин, даңазалуу дабан аргымактарына окшош жылкылардын сүрөттөрү тартылган. Архео-лог Ю. А. Заднепровский изилдеген.

**АБЫЛКАСЫМ** Жутаке уулу (1888, Нарын облусу, азыркы Акталаа р-ну, Жанбулак айылы–1933) – жазгыч акын. Он бешинде Буудайчы деген молдодон кат тааныган. 1920-ж. Алматыдагы алты айлык мугалимдердин даярдоо курсун бүтүргөн. 1920–23-ж. айылында мугалим, 1923-ж. Нарын уездинде «Кошчу» союзунун жергиликтүү уюмунун төрагасы, кийин жаңыдан уюшулган «Акжар» колхоз башкармасынын төрагасы болуп иштеген. Анын «Качак турмуш», «Кайран эл», «Эркин Тоо» ж. б. ырлары белгилүү.

**АВАРЛАР**, а п а р л а р. Күлтегин каза болгондо маркумдун элесине арналган жазууда кыргыз, табгач, тибет, курыкан элдери м-н катар эскерилет. Улуу көч доорунда А. Евразия талааларында, Карпат м-н Дунайдын аралыгында орун алышкан. 9-к-да А. тарыхый аренадан кетип, Европадагы башка элдердин арасына сиңишет. Европада А. көрүстөндөрү жакшы изилденген. Алардын көпчүлүгү монголоиддик тектеги көчмөн калктар болушкан. Айрым окумуштуулардын пикири б-ча А. жуан-жуандардын тукумдары, экинчи бир божомолдоолордо А. Орто Азиядан чыгышкан. Венгрияда ж-а ага коңшу мамл-де А-га таандык 20 миңге жакын көрүстөн табылган. Көрүстөндөгү буюмдарга ылайык А-дын башкаруу системасын баамдаса болот. Бийлик башында каган туруп, анын улуу аялы катун деп аталган. Мамл-теги бөлүнгөн жерди башкаруучуну тудун ж-а югур деп аташкан. Кагандын буйругу б-ча салыкты тархандар чогултушкан. А-дын көпчүлүк бөлүгүн аскерлер түзгөн. Көрүстөндөрдө согуштук куралдар көп. Анткени, А-дын аскери ондук система б-ча түзүлгөн. Ак сөөктөрдү ж-а алардын бир туугандарын көрүстөндүн өзгөчө жеринде көмүшкөн. Мындай көрүстөн-дөрдөн алтындан жасалган буюмдар көп кездешет. А-дын негизги чарбасы – жарым көчмөн мал чарбачылыгы. Тиричилигинде жылкынын ролу жогору болгон, о.эле ири мүйүздүү мал, эчки, тоок багышкан. А. византиялыктардын алтын тыйындарына окшотуп тыйын чыгарышкан. А. руна жазуусун билишип, айрым буюмдарга өз белгилерин (тамгаларын) түшүрүшкөн. Тили ж-дө маалыматтар аз. Ал тууралуу кабарды жеке аттары, титулдары аркылуу болжойбуз. А-да бакшычылык, бутка сыйынуучулук, табынуучулук өкүм сүргөн. Эркин аскерлер 6–9-к-да металл бастырмалар м-н кооздолгон кемер курларды курчанышкан. Ушудай эле ыкма м-н ат жабдыктары кооздолгон. Кемер курдун алкагына өсүмдүк орнаменти, адам, алышып жаткан жаныбарлар келбети түшүрүлгөн. Жол башчылардын кылычтары алтын, катардагы жоокерлердики күмүш м-н кооздолгон. Кээ бир үзөңгүлөрдүн сыртынан күмүш чабылган. Кыргызстандын аймагында хунн ж-а байыркы түрк мезгилине таандык айрым табылгалар Европада изилденген А-дын буюмдарына жакындыгы аныкталууда. Мис., Бишкек ш-нын түндүгүнөн табылган буюмдар м-н Венгриянын Кунбабоны жергесинде табылган буюмдардын мезгили, жасалышы ж-а мүнөзү жакын. Теңиртоодогу жылкы м-н бирге көмүлгөн жоокерлердин көрүстөндөрү, европалык А-дын жылкы м-н көмүлгөн жоокер көрүс-төндөрү м-н көп тараптуу окшоштуктарга ээ. Мындай жалпы окшоштуктар хунн, түрк мамл-тери учурунда элдердин Улуу көч доорунда жалпы Евразиялык тарыхый, этномаданий процесстерге катышкандыгын белгилейт.

**АДАМ АТА –** Библия ж-а Куран б-ча кудай жараткан эң алгачкы киши, адамзаттын атасы. Библиянын «Жаңы осуятында» А. а-ны кудай топурактан жууруп жасаганы, жан киргизгени айтылат. Куранда болсо А. а. чоподон, башка бир сүрөөсүндө топурактан жасалган делет. А. а-ны жалгызсыратпоо үчүн кудай Обо энени (Библияда Ева, Куранда Обо) жараткан имиш. Шайтандын (башка бир аты – Ибилис) тилине кирип, А. а. м-н Обо эне бейиштеги дарактын үзүүгө тыюу салынган мөмөсүн жеп «күнөөгө батышкандыгы» үчүн кудай аларды жазалап «бу дүйнөгө» түшүргөн имиш. Ар кыл расаларга, тилдерге, этностук топторго кирген элдердин бардыгынын тең ата-теги А. а-га барып такалат. Мусулман уламыштарында А. а. – алла-тааланын пайгамбарларынын алгачкысы, Мухаммед пайгамбар – акыркысы деп айтылат.

**АДАМКАЛЫЙ** Байбатыров (1895, Чүй облусу, Кант р-ну, Атбашы айылы – 1953, Бишкек) – белгилүү кыргыз өнөрпозу, тунгуч куурчак оюнчусу, темир комузчу, имитатор (тууроочу). Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1941). 1937-ж. Кыргыз филармониясынын солисти. Октябрь революциясына чейин эле (1912) эл арасына куурчак оюнун көрсөтө баштаган. Чүй, Ысыккөл, Нарын өрөөндөрүндө «Куурчак катын Курунтай», «Теке сүзгөн келин», «Жарын тапты» сыяктуу кыска куурчак спектаклдерин көрсөткөн (1921–25). А. темир комузда «Күйгөн», «Күңөтай», «Кыздарай» аттуу обондорду, «Тагылдыр тоо», «Турумтай», «Булбул», «Карача-Торгой», «Көк музоо», «Чоор күүсү», «Арман күү» деген күүлөрдү аткарган. А. тунгуч темир комузчулардын ансамблин түзгөн (1938).

**АДЫЛ БААТЫР**, А д ы л С у б а н уулу (болжолу 1815\20–1860) –19-к-дын 1-жарымындагы түндүк кыргыздардын саясий чөйрөсүндөгү таасирдүү инсан. Атасы Субан Ныязбек бийдин уулу, атактуу «Ныязбектин сегиз бегинин» бири болгон. А.б. *Ормон ханда* аскер башчысы катары кызмат кылып, баатыр атка конгон. 1847-ж. Кенесары Касымовдун аскерлерине каршы согушта көрсөткөн эрдиктери м-н белгилүү болгон. 1855–59-ж. бугу м-н сарыбагыштын чабышына катышкан. Орус бийлигине моюн сунууну каалабагандыгы үчүн, 1860-жылдын жазында Ысыккөлгө келген капитан Венюковдун жазалоочу кошууну

тарабынан Ысыккөлдүн күнгөйүндө туткундалып, Верный чебине камалган, ошол жерде өлгөн. Сөөгү Атбашыдагы Каракоюн деген жерге коюлуп, күмбөз тургузулган.

**АДЫРГЫ** – өрмөк согууда колдонулуучу курал. Уз. 40–50 *см*, жазылыгы 15–18 *см*, калыңдыгы 3–6 *см*, баш-аягы бирдей, эки кыры жукартыла жумурланган жалпак тактай. Эки четинин ортосунда сабоонун ичке жагы өтүп, жоон башы такалып калгандай эки көзөнөгү болот. Күзүктүн жардамы м-н А. аркылуу өрмөктөгү эриш жиптердин астынкы жарымын үстүнө, үстүнкү жарымын астына өткөрүп, ар бир өтүшүндө аркакты эриштердин арасына кысып калтырып турат.

**АЖО** – Енисейдеги Кыргыз кагандыгынын бийлик ээсинин чини, о. эле 8–9-к-дагы кыргыз башкаруучуларынын үйүнүн кландык аты.

**АЖЫ БИЙ,** Тилеке бий уулу (туулган ж-а өлгөн жылдары белгисиз) – 18-к-дын 2-жарымындагы сая-сий ишмер; Алай-Фергана аймагындагы саясий окуяларга жигердүү катышкан кыргыз төбөлдөрүнүн бири. Адыгине уруусунун баргы уругунан. Кытай тарыхый булактарында 1759-ж. июнь айында А. б. баш болгон төрт кыргыз бийи Кокон ш-н бийлеген Ирдана бий м-н тышкы душмандарга каршы бирге болууга багытталган достук келишим түзгөндүгү ж-дө айтылат. 1759-ж. сентябрь айында А.б-дин конуштарына Кытай императорунун элчиси Доктан келип, ага Кытай империясы м-н саясий-дипломатиялык ж-а соода-сатык келишим түзүү ж-дө чакырык-жарнама ж-а кытай мөөрүн тапшырган. Ошол эле жылдын аягында А.б. өзүнүн элчиси Сары Күчүктү Кашкардагы Кытай империясынын башкаруучусу Чжао Хойго жиберген. 1760-ж. Ирдана бий Алайда тонолгон Кокон көпөс-төрүн ишин шылтоолоп Ош, Өзгөн ш-на че-йин жортуулга келген. А.б. жооп иретинде 1761-ж. Коконго жасалган ийгиликсиз жортуулдан кийин, кайра Алай тарапка чегинген. Кытайга элчи Элэтаодини жиберип, Кокон бийин тартипке чакыруусун өтүнгөн. Ошол эле учурда Кыргызстандын түндү-гүндөгү кыргыздардын кол башчысы Маматкул бийден Ирданага каршы колдоо сурап, өзүнүн тууганы Арзыматты жиберген. Маматкул бий жардам кылуу ниетинде бугу уруусунун кол башчысы черик ж-а саяк уруу-сунун бийи Темиржандын жигиттерин жортуулга даярдаган. Бирок саясий кырдаал татаалдашып, кытай аскери Түркстан тарапка баскынчылык чабуулга өтөт экен деген имиш тараган. Бул аймактагы кыргыздар биримдикке келе башташкандыктан, Ирдана бий Ош ж-а Өзгөндөн өз ыктыяры м-н чыгып кеткен. 1764-ж. жазында Ирдана бийдин Оротөбөдөгү чатактарга алагды болгонунан пайдаланып, А. б. Коконго жортуул уюштурган. Жортуул ийгиликсиз аяктап, кармашта жараат алган А. б. Ирдана бийге туткунга түшкөн, бир маалымат б-ча коё берилген, экинчиси б-ча даргага асылган.

**АЖЫРАШ АЯК** – коңуш которуп, бир жакка көчөөрдө коңшуларын чакырып, колунда болгон тамак-ашын берип, коштошуп кетүү салты. А.а. берип жаткан киши алар м-н кошуна турган мезгилде өөдө-төмөн болгондорду кечирүүнү, жаманды ичке сактап, жакшыны сыртка чыгарууну өтүнгөн. А.а. берген адамды кошуналар жаңы жерге чейин көчүрүшүп, жайгаштырышып келишкен. А.а. бербей көчүү коңшуларын сыйлабагандык, теңсинбегендик, таарынгандык, коңшу турууга татыксыз деп эсептегендик, а түгүл касташкандык болуп саналган.

**АЗА** – 1. кайтыш болгон адамдын үй-бүлөсүнүн, бир туугандарынын, жакындарынын кайгыргандары, күйүп–бышып ыйлагандары; маркумдун жакшы сапаттарын, иштерин, мамилелерин, сөздөрүн эскерише кейип капалангандары. 2. бейиши болгон адамдын түгөйүнүн бир жылга чейин кара кийип, милдетүү түрдө ар күнү үч маал эскерип, келгендерди күтүп, үйүндө болуу салты.

**АЗАМАТ АЛТАЙ**, К о ж о м б е р д и е в Кудайберген (1920-ж.т., Тоң р-ну, Корумду айылы) — журналист, коомдук ишмер. Токмоктон комсомолдук курсту (пионер бөлү-мүн жетектөөчүлөрдүн) бүтүрүп келген соң, Тоң райком комсомолунда бөлүм башчы болуп иштеген. 1940-ж. Армияга чакырылып, Ата Мекендик согушка катышат. 1941-ж. кышында Великие Луки ш-нын жанында туткунга түшкөн. Туткундан эки жолу качып чыкканга аракеттенген. 1945-ж. 3-жолу качып чыгып, француз партизандарына кошулат. 1951-ж. Германияда «Түрк эли» деген журнал уюшулуп, А. А. анын баш редактору болуп шайланган. 1953-ж. журналдын ордуна «Азаттык» радиостанциясы ачылып, анда кабарчы, диктор, директору болуп иштеген. 50-жылдардын аяк чененинен Нью-Йорк ш-ндагы (Америка) Колумбия ун-тинин китепканасынын Чыгыш адабияты бөлүмүн жетектеген. Библиянын «Жаңы осуят» бөлүмүн кыргызчага которгон.

**АЗАН** – ислам udининде намаз учурун жарыя-лаган чакырык. А. чакырган адамды А-чы деп аташат. А-ды адатта бийик жерден, секичеден, мечиттин мунарасынан, намаз маалы жакындаганда кыбыланы карап, бармактары ж-а сөөмөйлөрү м-н кулактарынын учун кармап үнүн катуу чыгарып чакырат. А. мечит ичинде намазга жыгылаар алдында дагы бир жолу кайталанат. Жаңы төрөлгөн балдарга да А. чакырып, баланын оң кулагына атын шыбырап ат коюлган.

**АЗДАР,** а з б у д у н – орто кылымдагы жазма булактарда, руна жазууларында кездешкен калктын аты. Жазма булактарда түргөштөр тухси ж-а аз деп экиге бөлүнгөн. Тоң-Йокукка арналган жазууда Көгмөн тоо-сун ашып, кыргыздарды чабаарда, өздөрү мурда багындырган талаа тилкеден келген аз уруусунун бир адамын жол көрсөткүч катары алышат. Тексттин кийинки саптарына карап болжогондо, жергиликтүү жол көрсөткүч жолдон адашканы (адаштырганы – К.Табалдиев) үчүн сайып өлтүрүлгөн. Л.П.Потаповдун пикири б-ча аздар мурун Туванын батышында жашап, 716-ж. *Чыгыш Түрк кагандыгы* тарабынан талкаланган соң, басымдуу бөлүгү түштүк-батышка ооп, Жетисуудагы түргөштөргө кошулган. Калгандары Саян-Алтай элинин ичинде

өзүнчө топту түзүп калышкан. Күлтегинге арналган жазууда А. кыргыз элин курап келдик «аз кыркыз будуныг йарат келтимиз…» деп, Барсбектин эли аталат. В.Я.Бутанаев Енисейдеги Кыргыз мамл-нин башкаруучу уруусу А. аталган деп болжойт.

**АЗЫК ТҮЛҮК КОШУУНДАРЫ** эгин, азык-түлүктүн башка түрлөрүн даярдоо үчүн 1918–20-ж-нда түзүлгөн. Бул кошуундарга жумушчулардын, кедей-дыйкандардын ыктыярдууларынан партиялык, сов. уюмдар сунуш кылгандары кабыл алынып, эгиндүү райондорго жөнөтүлгөн. Кийинчерээк А.т.к. РСФСР Азык-түлүк Эл Комиссариатынын Бирдиктүү азык-түлүк реквизиция армиясына кошулуп, 1919-ж-дан ички тартип сактоо аскеринин карамагына өттү. А.т.к. тарабынан туруктуу баа м-н сатып алынган же кулактардан тартып алынган эгин мамл-тин карамагына өткөрүлгөн. Түркстан АССРде мындай кошуундарда 1920-ж. 4 миңден ашык киши иштеген. Эгин даярдоо м-н саясий-агартуу иштерин да жүргүзүшкөн. Кыргызстандын айрым ра-йондорунда мамл-ке эгин даярдоодо, азык-түлүк саясатын жүргүзүүдө, кедей-дыйкандардын чарбасын уюштурууда, кулактардын ж-а бай-манаптардын каршылыгын жоюуда жарды-жалчы комитеттери м-н бирге көп иштерди аткарган. А.т.к. граждандык согуштан кийин жаңы экон. саясатка өткөндө жоюлган.

**АЙБАЛТА** – жоокерчиликте колдонуучу курал. Көрүнүшү б-ча жарты ай сымал келип, курч миздүү темирден ар түрдүү өлчөмдө жасалган. А. ар бир жоокердин тулкусуна чактап, урушта колдонууда эптүү кылып даярдалат. Сабын ыргай, четин, кайың ж.б. катуу жыгачка сапташкан ж-а колго токтомдуу болуш үчүн бычырланып, бүлдүргө тагылган. Душманды ууландырып өлтүрүү максатында А-нын мизин ууга сугарышкан. А. ат үстүндө да, жөө калганда да урушууга эң жакшы ылайыкталган жаргыч мүнөздөгү согуштук куралдардын катарына кирет. Анын мизинин жогору жагына кээде оюу түшүрүлгөн. Урушта колдон чыгып кетпес үчүн саптын учуна кайыштан боо тагылган.

**АЙБАНАТТАР СТИЛИ –** байыркы темир доорунда көркөм өнөрдө кеңири тараган стилдин шарттуу аталышы; сак-массагет, скиф-сармат көчмөн урууларынын сүрөт өнөрүнө өзгөчө мүнөздүү. Археол. илиминде А. с. деп б. з.ч. 1-миң жылдыктагы Евразия чөлкөмүндөгү көчмөн, жарым көчмөн калктардын көркөм өнөрүн атоо кабыл алынган. Моңголияда, Алтайда, Түштүк Сибирде, Орто Азияда ж-а Кара Деңиздин түндүгүнө чейин кеңири кездешет. Адамдар реалдуу ж-а мифологиялык айбанаттардын келбеттерин аска-таш бетине, жыгачка, металлга түшүрүшкөн. А.с-нин келип чыгышы тууралуу мындай делет: адамзаттын келип чыгышын ар кайсы жаныбарларга байланыштырышкан (тотемизм), ошондуктан, байыркы ата-бабанын образын тигил же бул урууда кандайдыр бир жаныбар же кушка жакындаштырышкан. Мис., карышкыр, жолборс, бугу, тоо теке, карга, бүркүт ж. б. ошолорго табынып күч-кайрат, эрк, жардам алууга үмүттөнүшкөн. Кээде алардын келбеттерин жасап, тумарча сыяктуу асынып же ыйык курал катары алып жүрүшкөн. Жаныбарлардын сүрөттөрү, сөлөкөттөрү ритуалдык коло казандарга, курмандык чалынуучу алтарларга, жыттуу нерселер жагылып, жагымдуу жыт тарата турган идиштерге (курильница), чырактарга, атжабдыктарга, кооздук буюмдарга, куралдарга, чопо идиштерге, аска бетине түшүрүлгөн. А. с-не таандык үлгүлөр көбүнчө Кетментөбө өрөөнүнөн табылган.

**АЙВАН –** там үйгө бириктирилген, чатыры жайык, түркүктөр м-н тирелген бир капталы ачык жай. Ал Кыргызстандын түштүк, түштүк-батыш аймактарына мүнөздүү. А-да жайкысын эс алып, тамактанышкан. Дубалдарга атайы жасалган текчелерге буюмдар, жүктөр жыйналган. Жайкысын эркек-тер А-га түнөшкөн. Кышкысын чарба эмеректерин сактоо үчүн колдонулган.

**АЙГЫРЖАЛ КӨРҮСТӨНҮ –** 1–5-к-да Теңиртоо аймагында жашаган көчмөн кыргыздарга таандык археол. эстелик. Көрүстөндөр байыркы ж-а орто к-дарга таандык. Анын курамына 100гө жакын дөбө-мүрзөлөр кирип, Нарын ш-нын батыш тарабында (7 *км*) жайгашкан. Адамдар казанактуу ж-а жарма көрлөргө коюлган. Көрүстөндөн карапа, жыгач идиштер, бычак, жебенин учу ж.б. табылган. Ба-йыркы түрк дооруна таандык жоокердин ээр-токумдуу жылкысы м-н кошо көмгөн кө-рүстөндөрү ж-дө маалыматтар бар. 1954-ж. А.К. Кибиров изилдеген. Бүгүнкү күндө эстелик толук сакталган эмес.

**АЙГЫР ЖЫГАР** – үйлөнүү үлпөтүндө аткарылуучу жөрөлгө. Кызды күйөөгө узатууда анын сиңдилери күйөө баланын жолун тороп, кетирбей убара кылышкан. Күйөө алардан белек берип кутулган. А.ж. кыргыздардын түндүк урууларынын үйлөнүү үлпөтүндө орун алган.

**АЙДАРБЕКОВ** Иманаалы (1894, Бишкек уезди – 1937) – Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдөн. 1909-ж. Бишкектеги а. ч. техникумун бүтүргөн. 1918– 20-ж. Бишкек уезддик-шаардык кеңеш аткомунун, 1920–21-ж. Каракол уезддик ревкомунун мүчөсү, 1921–23-ж. Бишкек уезддик аткомунун төрагасы. 1924-ж. Кыргыз автономия облусунун ревкомунун төрагасы. 1925–26-ж. Ташкенде «Орто Азия» кеңсесинде башкармалыктын мүчөсү болгон. 1927–29-ж. Кыргыз АССРнин жеңил өнөр жай ж-а соода эл комиссары, 1930–31-ж. Кыргыз а.ч. банкынын башкармалыгынын мүчөсү, Кыргыз АССР Юстиция эл комиссары, Кыргыз АССРнин башкы сотунун төрагасы. Аксуу козголоңун, Нарындагы контрреволюциячыл көтөрүлүштү басууга катышкан. Жалган жалаа м-н атылган. 1991-ж. сөөгү Атабейит көрүстөнүнө кайра коюлган.

**АЙТИЕВ** Гапар (1902, Карасуу р-ну, Төлөйкөн айылы – 1986, Бишкек) – кыргыздын тунгуч сүрөтчүсү, кыргыз улуттук сүрөт өнөрүн негиздөөчүлөрдүн бири. Соц. Эмгектин Баатыры (1982). СССР эл сүрөтчүсү (1971), СССР Сүрөт академиясынын корр. мүчөсү (1973). Бишкектеги Агартуу ин-тун (кийин пед. техникуму) бүтүргөн (1932). Москвадагы сүрөт окуу жайынан билим алган. Анын чыг. 1934-жылдан респ., 1944-жылдан

жалпы союздук, 1958-жылдан эл аралык көргөзмөлөргө коюлуп келе жатат. 1970-ж. Москвада, 1973-ж. Бишкекте анын чыг-нын өзүнчө көргөзмөсү чоң ийгилик м-н өткөн. Эң мыкты чыг. Кыргызстан мамл. сүрөт музейинин, Третьяков галереясынын, Чыгыш маданият музейинин, Алматы ш-ндагы Шевченко атн. сүрөт галереясынын, Львов ш-ндагы сүрөт музейинин менчигине айланган. 1947–77-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, 1971–77-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиу-мунун төрагасынын орун басары. 1969-ж-дан Кыргыз ССР Токтогул атн. Мамл. сыйлыгы комитетинин төрагасы болуп иштеген. Ленин, Октябрь Революциясы, эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

**АЙТМАТОВ** Төрөкул – (1903, Олуяата уезди, Күркүрөө болушу, азыркы Карабуура р-ну, Шекер айылы – 1938, Бишкек) – партиялык ж-а мамл.ишмер. 1917-ж. орус-тузем мектебин бүтүргөн. 1920–21-ж. болуштук ревкомдун, Грозный кыштагындагы кедейлер уюмунун катчысы болуп иштеген. 1924-ж. Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик ун-тин бүтүргөн. 1924–29-ж. партиянын Кыргыз обкомунун агитация ж-а пропаганда бөлүмүнүн башчысынын орун басары ж-а башчысы, Нарын округдук комитетинин, Жалалабат кантондук комитетинин катчысы, 1929–31-ж. Кыргыз АССРинин өнөр жай, соода эл комиссары ж-а Эл чарбасынын борб. кеңешинин төрагасы, 1931–33-ж. Араван-Буура райкомунун 1-катчысы, 1934–35-ж. Кыргыз обкомунун 2-катчысы болуп иштеген. 1935–37-ж. Москвадагы Кызыл профессура ин-тунда окуган. 1937-ж. 1-декабрда жазыксыз камакка алынып, 1938-ж. 5-ноябрда атылган. А. 1957-ж. акталган. Сөөгү 1992-ж. Чоңташ айылындагы Атабейит көрүстөнүнө кайрадан коюлган. Шекер айылындагы мектепке А-дун ысымы коюлуп, мектеп алдына эстелиги орнотулган (1992).

**АЙТМАТОВ** Чыңгыз (1928-ж. т., Талас облусу, Карабуура р-ну, Шекер айылы) – жазуучу, коомдук ж-а мамл. ишмер. Кыргыз эл жазуучусу (1968). Соц. Эмг. Баатыры (1978), Кыргызстан ИАнын академиги (1974). А. Кыргыз Респ-нын жогорку мамл. сыйлыгы – «Кыргыз Респ-нын Баатыры» артыкчылык даражасына ээ болгон. 1956–58-ж. Москвадагы Жогорку адабий курстун угуучусу, 1959–60-ж. «Литературный Киргизстан» журналынын редактору, 1960–65-ж. «Правда» гезитинин өз кабарчысы, 1965–86-ж. Кыргызстан кинематографисттер союзунун башкармасынын төрагасы, 1986–91-ж. Кыргызстан жазуучулар союзунун төрагасы, о.эле 1988-жылдан «Иностранная литература» журналынын башкы редактору, СССР президентинин кеңешчиси. 1991–93-ж. СССРдин (1992-жылдан Россиянын) Люксембургдагы, 1994-жылдан Кыргызстандын Бельгия мамл-деги атайын ж-а ыйгарымдуу элчиси. А. кыргызча ж-а орусча жазат. Чыгармачылык иши 50-жылдары башталган. Адам мүнөзүн, психологиясын ачууда кыргыз прозасына жаңылык катары кирген «Бетме-бет» повести (1957) автор тарабынан «алгачкы адабий дебют» катары аталган. Андан кийин «Жамийла» (1958), «Делбирим» (1961), «Ботокөз» (1961), «Биринчи мугалим» (1962), «Саманчынын жолу» (1963), «Гүлсарат» (1966), «Ак кеме» (1970), «Эрте жаздагы турналар», «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повесттери үстү-үстүнө жарык көрүп, жанрды ичкериден байытты. Кыргыз прозасында повесть жанрын дүйнөлүк деңгээлге чейин көтөрдү. А-дун повесттери – курулушу татаал, сыйымдуу мазмундагы проблемалуу чыг.; алардын философиялык ж-а психологиялык татаалдыгы – чыг-да реалдуу турмуш ж-а мифология жанаша жашап, жуурулушуп,өтмө катар байланышып турган өзгөчө композициясы м-н шартталган. А-дун «Кылым карытаар бир күн» (1980), «Кыямат»(1986), «Кассандра тамгасы» (1995) романдарында учурдун көйгөй проблемалары камтылып, коомду ичкериден изилдейт. «Духтун улуулугу жө-нүндө ода» (1991) А. м-н япон философу Д.Икеданын диалог түрүндөгү чыг-сы: адам баласынын өткөн тарыхына, бүгүнкү жашоо-суна, келечек тагдырына синтетикалык көз караш м-н ой жүгүртүшкөн философиялык-публицистикалык чыг. А-дун чыг-на таандык көркөм шарттуулук, символдуу образдар, пейзаждык сүрөттөөлөр, психологизм, трагедиялуулук, диндик мотивдер чыг-нын лирикалуулугун, философиялуулугун арттырып, аларды дүйнөлүк адабияттын эң бир көркөм үлгүлөрүнүн катарына кошту. Бишкекте А. атн. китепкана, Шекер айылында музейи ачылган. 1993-ж. Эл аралык Айтматовдук Академиялык коом уюштурулуп (демилгечиси, президенти А. Акматалиев), анын ардактуу академиктери шайланган. А-дун чыгармалары дүйнөнүн 100дөн ашык тилине которулуп, 330 жолу басылган, нускасы 20 млнду түзгөн (1993). Чыгармаларынын басылып чыгышы ж-а нускасы жагынан ЮНЕСКОнун эсеби б-ча дүйнөдө алдыңкы орунду ээлейт. А. респ-лык, дүйнөлүк көптөгөн коомдук-саясий ж-а чыгармачылык уюмдардын мүчөсү, «Ысыккөл» форумун (1986) уюштуруунун демилгечиси ж-а президенти. «Этрурия» (Италия, 1980) адабият сыйлыгынын, эл аралык Жавахарлал Неру атн. (1985) ж. б. көптөгөн сыйлыктардын ээси. ГДР Искусство академиясынын корр. мүчөсү (1978), Европа искусство ж-а адабият ИАнын (Париж, 1983), Бүткүл дүй-нөлүк илим ж-а искусство академиясынын (Стокгольм, 1987) анык мүчөсү «Повести гор и степей» китеби үчүн Лениндик сыйлыктын (1963), «Гүлсарат» повести (1968), «Ак кеме» кинофильминин сценарийи (1977), «Кылым карытаар бир күн» романы (1983) үчүн СССР мамл. сыйлыктарынын, «Эрте келген турналар» повести үчүн (1976) Кыргызстан Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты болгон. 1966–79-ж. СССР Жогорку Советинин, 1995-жылдан Кыргыз Респ-сынын Жогорку Кеңешинин депутаты, эки Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу, Эл Достугу ордендери ж-а көптөгөн медалдар м-н сыйланган. Чыгармачылыгы үчүн Түркия ж-а Австралия, Австрия мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты.

**АЙЫЛ** – көчмөн турмушка ылайыкташтырылган социалдык, аймактык бирикменин түрү. А. туугандыгы жакын, бир урукка кирген 10–40 түтүндөн турган. А-га бир же бир нече атанын балдары кирип, түпкү

аталарынын аты м-н аталган. А-дын жайыты, кыштоосу, мүрзөсү бир болуп, конуп-көчкөндө айылдагылар чогуу болушкан. Мындай жайгашуу согуштук-саясий кырдаалга жараша болгон. Кооптуу мезгилдерде А-дар жакын-жакын жайгашып, капыстан боло турган кол салуучуларга тез жыйылып, сокку бергенге ылайыкташтырылган. Тынчтык мезгилде А-дар бир нече чакырым суу бойлой жайгашкан. А-дын башкаруу бийлиги бир нече баскычты басып өткөн. Адегенде А. бир гана уруктун түтүндөрүнөн тургандыктан жогорку бийлик А. аксакалынын колунда болуп, А. ичиндеги бардык маселелерди чечкен. Кийинчерээк А-га чоочун, башка уруктун мүчөлөрү кошула баштагандан кийин бийликти бай, оокаттуу бүлөлөр ээлей баштаган. Манаптардын катмары пайда боло баштаганда А-да өзгөрүүлөр күч алып көчмөн шартта жаралган салттар көз көрүнө бузула баштаган. Көчмөн А-дар 20-к-дын 40-жылдарынын башында толугу м-н отурукташкан.

**АЙЫРТАМОЙ ЖАЗУУЛАРЫ.** 1896– 98-ж. Орто Азия б-ча биринчи жолу түрк руна жазуулары Талас өрөөнүндө табылган. Жазууну жергиликтүү аймак таануучу В. А. Каллаур Дмитриев кыштагынын (азыркы Талас ш.) жанынан тапкан. 1898-ж. ошол эле аймактагы Айыртамой деген жерден Г. Гейкел жетектеген фин экспедициясы дагы эки ташты табышкан. А.ж. ж-а андан кийин табылган жазуу эстеликтери аткарылышы жактан окшош. Түргөш каганы Сулук Чабыш-чордун ж-а анын мурасчыларынын учурунда (716–766) жазылган. Бул эпитафиялар Талас өрөөнүндө Сулук негиздеген түргөш династиясынын бир бутагы болгон жергиликтүү Кара Түргөштөрдүн бийлик жүргүзгөндүгүн ырастайт.

**АКАЕВ** Аскар ( 1944-ж.т., Чүй облусу, Кемин р-ну, Кызылбайрак айылы) – мамл. ишмер; Кыргыз Респ-нын Президенти (1991-жылдан). Техника ил-нин доктору (1981), проф. (1983), Кыргызстан ИАнын академиги (1987). 1968-ж. Ленинград так механика ж-а оптика ин-тун бүтүрүп, ошол эле ин-тта улук лаборант, аспирант, инженер. 1972–73-ж. Бишкек политехника ин-тунда ассистент, улук окутуучу. 1973–76-ж. Ленинград так механика ж-а оптика ин-тунда улук ил. кызматкер, улук окутуучу. 1976-ж. кайрадан Бишкек политехника ин-тунда улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп иштеген. 1986–87-ж. Кыргызстан КП БКнын илим ж-а окуу жайлар бөлүмүн жетектеген. 1987-ж. Кыргызстан ИАнын вице-президенти, 1989-жылдан президенти. 1989-ж. А. СССР эл депутаты болгон. 1990-ж. 27-октябр-да Кыргызстан Жогорку Кеңешинин сессиясында альтернативалуу негизде, ал эми 1991-ж. 12-октябрда Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу өткөрүлгөн жалпы элдик шайлоодо суверендүү Кыргыз Респ-нын Президенттигине шайланган. Илимпоз катары ал эсептөө техникалары ж-а кванттык радио физика жаатындагы маселелерди чечүүгө көрүнүктүү салым кошту, жаңы ил. эмгектери биздин өл-көдө ж-а чет өлкөлөрдө кеңири маалым. 200дөн ашык ил. эмгектери, а.и. 16 монографиянын автору. Анын «Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» эпосу» аттуу эмгегинде Кыргызстан тарыхынын орчундуу маселелерин көтөргөн. А-дин тарых илиминин ролун көтөрүүдө зор салымы бар. Латын Америкасынын Биримдик Ассоциациясы тарабынан илимге, демократияга, элдердин ортосундагы боордоштук мамилелерди ж-а адам укугун өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Гранд Кросс (Чоң Крест) ордени м-н сыйланган (1992). Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын (1976), Эл аралык Дж. Неру атн. биримдик фондусунун (1995), Түрк тилдүү дүйнөнү жакындаштырууга кошкон салымы үчүн ж.б. эл аралык сыйлыктардын лауреаты.

**АКБЕЙИТ ЭСТЕЛИГИ** Атбашы өрөө-нүнөн Арпа өрөөнүнө өтүүчү Акбейит ашуу-сунда деңиз деңгээлинен 3286 *м* бийиктик-те жайгашкан байыркы, орто к-дарга таандык көрүстөндөрдөн, 17–18-к-га тиешелүү күмбөз ж-а мүрзөлөрдөн турат. Көрүстөн-дөрдүн бир бөлүгү жол куруу учурунда бузулган. 13–14-к-га таандык күмбөз тегерек формада, жан-жактарына эшик сыяктуу анча баамдалбаган кырлар жасалган. Күмбөздүн төбөсү түшкөн. 17–18-к-да курулган күмбөз архитектуранын кайталангыс үлгүсү катары эсептелет.

**АКБЕШИМ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ –** 6–12-к-дагы шаар калдыгы. Токмок ш-нан 6 *км* түштүк-батыш тарапта. Түзүлүшү жагынан алгачкы орто кылымдагы Түндүк Кыргызстан үчүн мүнөздүү шаар. Шаардын борборуна туташ жайгашкан аймакта кол өнөрчүлүк, соода, а.ч. м-н кесипчилик кылган шаардыктардын үйлөрү болгон. Негизинен турак-жай имараттарынын калдыктары, тиричилик шаймандары, тыйындар, көркөмдөлгөн буюмдар , о.эле шахристандын түштүк тарабында жайгашкан 6–8-к-га таандык эки будда храмынан архитектура, скульптура, живопись, курулуш техникасына тиешелүү бай материалдар табылган. Бул шаарды Батыш Түрк ж-а Түргөш кагандыктарынын байтактысы – Суйаб деп эсептешет.

**АКБОТО БИЙ**, А к б о т о Рахимбий у у л у (болжолу 17-к-дын аягы – 18-к-дын 30-ж-нын ортосунда жашаган) – саясий ишмер; Кокон хандыгынын Хожент вилайетин бийлеген. Кыргыздын саруу уруусунун кырк уругунан. Тарыхый маалыматтар б-ча ал Бухара ханы Убайдулланын (1702–11-ж. башкарган) ишеничине ээ болуп, Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгышындагы Хоженттин аймагын калмак баскынчыларынан коргоочу кошуундун башчылыгына дайындалган. Бул аймакта А.б-дин саясий аброю өскөндүктөн, Кокон хандыгынын негиздөөчүсү Шахрух бийдин кызына үйлөнүп, өзүнүн кызын анын уулу Абд ар-Рахим бийге турмушка берип, Коконду башкарган Миң династиясы м-н кайчы куда болгон. Хожентти башкарууну Абд ар-Рахим бийге тапшырган. Бул аягында күйөө бала м-н кайын атанын ортосундагы ачык тирешүүгө алып келген. Эрегиште Рахим бий кайын атасын өлтүрүп, Хожентке өзүнүн иниси Абд ал-Карим бийди дайындаган.

**АКДӨБӨ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ –** 9–12-к-га мүнөздүү эстелик. Бакайата р-ндагы Акдөбө кыштагына жакын Үрмарал суусунун оң өйүзүндө, Тараз – Талас автожолунан 75 *км* аралыкта жайгашкан. Шаар чалдыбары үч бөлүктөн: сепил (цитадель), шахристан ж-а рабаттан турат. Шахристан 6 бурчтуу формада болуп, жалпы уз.

1080 *м.* Ал дубал чеп м-н коргондолуп, мунаралар м-н бекемделген. Сакталып калган дубалдын бийиктиги 2,5 *м*. Шаарга түндүк жагындагы дарбаза аркылуу киришкен. Дарбазалардын жанында мунаралар тургузулган. Сепил шахристандын чыгыш тарабында жайгашып, айланасы турак-жайлар м-н курчалган. Айрыкча шаардын чыгыш тарабында көп турак-жай курулуштары орун алган. Шахристанды айланта калк жашаган рабат жайгашкан. Археол. казууда чийки кыштан тургузулган имарат урандылары, чарбалык маанидеги курулуштар ачылган. Темир эритүүчү мештин ж-а металл калдыктары, чопо казан, кумара, жыгач аяктар, бычак, мал сөөктөрү табылган. Карапа идиштери оймо-чиймеленип, сыр м-н кооздолгон. А. ш. ч-нын калдыгын орто кылымдагы жазма булактардагы Кул ш-нын орду м-н байланыштырышат. В.В. Бартольд, М.Е. Массон, А.Н. Бернштам тарабынан изилденген.

**АКДӨБӨ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 9–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Москва р-нунун Степинское айылынын түндүк тарабында Аксуу жээгиндеги аянтчада жайгашкан. Ал аскер ж-а админ. маанидеги шаар болгон. Ш-дын негизги бөлүгү Аксуунун сол өйүзүндө жайгашып, 7500 *м* аянтты ээлейт. Сырткы дубалынын уз. 15 *км*, бийиктиги 3–3,5 *м*, туурасы 18–20 *м*. Дубалдын сырткы айланасы 10 *м* жазылыктагы казылган аңгектер ж-а жал тосмолору м-н бекемделген. А.ш.ч-нын борб. бөлүгүнүн маданий катмарынын калыңдыгы 1,5 *м*ди түзгөн. Ал жерде көптөгөн турак-жайлар жайгашкан. Темир бычак, жаа, жебе, көркөм кооздук буюмдарынын калдыктары табылган. А.Н. Бернштам, Н.П. Кожемяко ж.б. тарабынан изилденген.

**АКИМ** (ар. «хаким» – ойчул, философ) – бийлөөчү; атайын дайындалган же шайланган башкаруучу. Кыргыздар Кокон хандыгына баш ийип турган мезгилде акимдик аймактардын башында турган адам А. аталып, кушбек, бек, датка сыяктуу чиндерге ээ болгон. Кийинчерээк А. деп тек гана бийликтин кайсы бир баскычын ээлегендер аталып калган. Учурда админ-аймактык бирдик – райондун мамл. админ. башчысы да А. аталат.

**АКИНАК** – кыска, түз, кош миздүү металлдан жасалган кылыч. Б. з. ч. 1-миң жылдыгынын ортосунда перс ж-а сак жоокерлери колдонгон. Анын уз. 40–60 *см*. Сабы колго кармоого ылайыктуу ж-а ага колду сактоо үчүн туурасынан жасалган жалпак калканычтар бекитилген. Сабынын учу жүрөк, жарым ай ж-а жаныбарлардын элеси түшүрүлгөн толтолор м-н кооздолгон.

**АКСАКАЛ** – коомдогу уруунун же уруктун башкаруучусу, кадырман, билерман, тажрыйбалуу адам. А. көптү көргөн, көптү билген, иш м-н сөзгө кадик ж-а уруунун ички-тышкы мамилелерин жөнгө салып турган. Патриархалдык-феодалдык мамилелер өнүккөн учурда А. башкаруу укугунан ажырап, айылдын кеңешчиси, калыс кишиси катары гана кызмат өтөгөн. Мындай шартта ар бир карыя адам А. деп аталса да, кадыр-баркка ж-а урматтоого баары бирдей ээ боло берген эмес. Кимдин колунда мал ж-а байлык болсо же балдары, туугандары таасирлүү болсо, ошол адам гана айыл А. деп аталчу. Кийинчерээк жалаң эле карыялар эмес, мансаптуу, колунда бар кишилер да, жашына карабастан А. аталып кеткен.

**АКСАКАЛДАР БИЙЛИГИ** (геронтократия). 20-к. башында бул түшүнүк англ. этнограф У.Риверс тарабынан киргизилген. Анын айтымынында коомдун алгачкы мезгилинде бийлик аксакалдардын колунда болгон. Ал А. б. австралиялыктар ж-а Океаниянын айрым элдери үчүн мүнөздүү деген жыйынтыкка келген. Чындыгында, аксакалдардын таасирдүү абалы алгачкы общиналык коомдогу айрым элдердеги жогорку бийликтин бир элементи болгон.

**АК САРЫ БАШЫЛ** – адамдар өз башына оор иш түшкөндө (кыйын оору, кырсык ж.б.) же сүйүнгөндө, тилек тилеп кудай жолуна аталчу мал. Алдына коюлган максат орундалса, аталган мал союлуп, түлөө өткөрүлгөн. А.с.б-га союлчу жандыктын өңү ак, боз болуп, бара-бара анын түсү ылганбай калган.

**АКСУУ КОЗГОЛОҢУ** – Чүй өрөөнүндөгү ак гвардиячылар Совет бийлигине каршы уюштурган козголоң. Башында солчул эсерлер м-н айрым ордочулар турган. Максаты – сов. уюмдарды жоюу, көп партиялуу демократиячыл түзүлүштү киргизүү, Жетисуу аймагында убактылуу өкмөттүн бийлигин калыбына келтирүү болгон. Козголоңчулар 1918-ж. 6-декабрда Аксуу кыштагындагы почтаны, телеграфты басып алышып, «Элдик аскер советин» түзүшкөн. 14-декабрда Пишпек ш-нын батыш бөлүгүн ээлеп алышкан. Козголоңду басууга 22-декабрда Жетисуу фронтунан Я.Н. Логвиненко жетектеген 1-Пишпек полку келип, 28-декабрда козголоңго чыккандар ырайымсыз түрдө кызыл аскерлер тарабынан талкаланган.

**АКСЫКЕТ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – ба-йыркы шаар калдыгы. 10-к-да Фергана өрөөнүнүн борбору болгон. А.ш.ч. Сырдарыянын оң жээгинде, азыркы Наманган ш-нын жанында жайгашкан. Аксыкет ш. моңголдор мезгилине чейин ж-а Амир Темирдин тушунда да чоң шаар болуп, көчмөн кыргыздар үстөмдүк кылып турушкан, шаар катары соода-сатык, илим-билимдин да борбору болгон. Орто кылымдагы тарыхчы, Сайпидин Аксылык (Мажму-ат-Таварихтин автору) ушул шаарда туулуп өскөн. 1510-ж. жер титирөөдөн кыйрап, калкы анын жанындагы Наман айылына көчүп кеткен, кийин анын ордуна Наманган ш. пайда болгон.

**АКТАШ КӨРҮСТӨНҮ** – эрте темир доору, орто к-дарга таандык көрүстөндөр тобу. Соңкөлдүн чыгыш тарабында, Калмакашуудан түшө бериште жайгашкан. Алгач археолог А.К.Кибиров (1953), кийин Кыргыз тарыхчылар жамааты м-н Түрк тарых курумунун биргелешкен экспедициясы (1997) изилдеген.

**АК ТЕРЕК-КӨК ТЕРЕК** – балдардын оюну. Чогулган балдар, кыздар акты-каралы болуп эки тарапка бөлүнүп, маңдай тескей эки бөлөк тизилип, бири-биринин колдорун бекем кармашат. Тутум б-ча оюн баштоого укук алган тарап жапырт үн м-н «А.т.-к.т., бизден сизге ким керек» дешет. 2-тарап бир баланын же

кыздын атын аташат. Аты аталган бала жүгүрүп келип каршы тарапта кол кармашып тургандардын бош же алсыз деген жеринен үзүп кетүүгө аракеттенет. Кол кармашып тургандардын колун бөлө албай калса өзү ошол тарапка кошулат. Эгерде кармашып турган колду бөлүп кетсе, бөлүнгөн балдардын бир тобун өз тарабына кошуп алат. Ушундай эле аракетти 2-тарап жасайт. Белгиленген убакыт бүткөндө кайсы тараптын балдарынын саны көп болсо ошол тарап уткан болот.

**АК УУЛ** – элдик санжырадагы оң канат урууларынын атасы; оозеки генеологиялык билдирүүлөрдө кыргыз элине негиз салуучу уламыштуу Аналхиктын (Ана-л-Хакк) тукумдары. А.у-га жеткенде А.у. ж-а куу уул болуп экиге бөлүнөт. А. у-га адигине, тагай ж-а моңолдор уруулары кирет. Санжырадагы А. у. ж-дөгү маалымат тарыхый булактарда алгач Сайф ад-Дин Аксыкентинин «Мажму ат-Таварих» (16-к.) аттуу эмгегинде эскерилет. Элдик санжырада А.у-дун аталышы тууралуу бир нече мифтик, уламыштык түшүндүрмөлөр кездешет. Ил. өңүттөн караганда, кыргыз элинин уруулук курамына кирген оң канат уруулары байыркы көчмөн түрк-моңгол элдеринде кеңири колдонулуп келген түстүк-семантикалык сыпаттоо аркылуу А.у. аталган деп жыйынтык чыгарса болот.

**АК ҮЙЛҮҮ – о**рто кылымдардагы кыргыз дипломатиялык термини. А. ү. түшүнүгү орто кылымдардагы түрк тилдеринде барымта, о.эле тектүү жерден барымтага кармалгандар дегенди туюнтат. Урууну, элди баш ийдирип кармап туруу максатында, же болбосо эки мамл-тин ортосундагы өз ара түзүлгөн келишимдин кепили катары тектүү адамдардын балдарын барымтага кармоо байыркы ж-а орто кылымдар мезгилдерине мүнөздүү көрүнүш. Бул саясий-диплома-тиялык ыкманы кытай династиялары да пайдаланышкан. Көчмөн элдерде барымтага кармалгандар (же берилгендер) хан сарайына жакын жердеги ак боз үйлөрдө сыйлуу туткун денгээлинде, терең көзөмөл алдында турушкан. А. ү-нүн экинчи мааниси түркмөндөрдө, о. эле, каршилик көчмөн өзбектерде уруунун ээлеген чегин кайтарган, үй бүлө күтө элек боз уландардын тобун түшүндүрөт. Көчмөн элдерде байыртадан туруктуу сакталып келе жаткан ээелки барымта салты «Манас» эпосунда да чагылдырылган.

**АК ЧӨЛМӨК,** а к а ч ө ө л – түн ичинде ойнолчу улуттук оюн. Уз. сөөмчө бодонун шыйбылчагы же жонулган жыгач А. ч. деп аталат. Ойноо тартиби: жаштар 2 топко бөлүнөт. Тандалып алынган түз аянттын бир четине А.ч. ыргытчу мара белгиленет. Ыргытылган А. ч-түн кайсы жерге түшкөнүн баамдоого 2 жак тең даяр турушат, түшөөр замат ал жакка бардыгы жапырт чуркашат. Максат – А. ч-тү биринчи таап, каршы жакка тарттырбай, буйтай качып же жазгырып, өнөктөрүнүн бирине бере салып марага алып келүү. А. ч-тү алып келген жак кайра ыргытат. А. ч. – жаштарды шайдооттукка, ийкемдүүлүккө, кыраакылыкка тарбиялоочу элдик оюн.

**АКЧИЙ-КАРАСУУ КӨРҮСТӨНДӨРҮ** – б. з. ч. 6–4-к.–б. з. 1–5-к-га таандык сак ж-а гунн урууларына тиешелүү археол. эстелик. Кетментөбө өрөөнүндө, азыркы Токтогул суу сактагычынын алдында калган Акчий ж-а Карасуу кыштактарынын ордунда жайгашкан. Алардан карапа идиштер, айбанаттар стилиндеги сүрөттөрү бар асем буюмдар, айрымдарынан арча табыт табылган. Антропологиялык маалыматтар б-ча ошол доордогу адамдар монголоидддик аралашмасы бар европеоид тибине кирген.

**АКЧУҢКУР ҮҢКҮРҮ** – неолит дооруна (б. з. ч. 6–5 миң жылдык) таандык археол. эстелик. Ысыккөл облусунун Аксуу р-нунун Эчкилиташ айылынын чыгышынан 7 *км* аралыкта Сарыжаз суусунун оң жээгинде, деңиз деңгээлинен 3150 *м* бийиктикте жайгашкан. 1953-ж. В. И. Рацек тарабынан ачылган. Үңкүр эки ярустан турат. Үңкүр-дүн боорунда кызыл жошо м-н тартылган теке ж-а жыландын сүрөттөрү, о. эле кара боёк м-н түшүрүлгөн несториан крести, тамга жазуулар (орто кылымга таандык) табылган. Жаныбарлардын сөөктөрү, неолит дооруна таандык иштетилген таштар ж-а көңдөйүндө жошо сакталып калган текенин мүйүзүнүн сыныгы табылган.

**АКШАК** – дан өсүмдүктөрүнөн даярдалган азык. А. таруу, күрүч, жүгөрү, арпа, сулуу, буудай ж-а буурчактан жасалат. А. алыш үчүн адегенде данды тазалайт, кургатат. Сокуга салып, кабыгынан ажыратып, элек аркылуу эленет. Электен өтпөгөн майдаланган дан А. деп аталат. А-тан ботко, атала тамактары жасалган.

**АКЫЙНЕК**, а к ы й – эки тарапка бөлүнгөн кыздардын жаакташып ыр түрүндө айтышканы. Жек көрүшкөн же бирин бири көрө алышпаган эки кыз өз курбулары м-н экиге бөлүнүп же бай-кедей, айыл-айыл, уруу-уруу болуп бөлүнүшүп, экиден же жалпы айтышкан. А-те өз тарабынын жакшы жактарын айтып, каршы тарабынын бүт кемчилигин (өздөрүнүн, ата-энелеринин, ага-туугандарынын), быкыйларын чукушкан, жооп табалбай айласы кетчү суроолорду беришкен. Каршы тараптын кыжырын келтирүү, ичин күйгүзүү үчүн үндөрүн укмуштантып чыгарышып, кабыргасын койгулап, кекиртегин чойгулап, оозун алаканы м-н тийер-тийбес каккылап, жагымсыз обондорду же үндөрдү чыгарышкан. А-те байге, мөрөй, калыс болгон эмес. А-ти атайы бир жерди болжошуп же жөн гана чогуу жолугушканда, той-тамашада айтышкан. Айрым учурда А-тен башталган жек көрүүлөр күчөп отуруп, чоң чыр-чатактарга себепкер болгон.

**АЛА БАКАН**, а д а л б а к а н – 1. азыктар салынган баштыктар, чаначтар илинүүчү атайын темир, жез, күмүш илгичтери бар билектей жоондуктагы, 2–3 *м* узундуктагы түз жыгач. А.б. 2ге бөлүнөт: жыгач А.б., күмүш А.б. Жыгач А.б. илгич болууга ылайыктуу четин, арча, балаты, тал ж.б. жыгачтардан жасалган. Мындай А.б. жалпы элге таандык. Күмүш А. б. көп кырдуу, сайлуу же жумуру түз жыгачтын бир нече жерине жез, темир же күмүш илгичтери бекитилип, оймо-чиймелер м-н кооздолуп жасалган. Мындай көрктөлгөн А.б-дар

кооздук буюм катары жүк бурчтарына орноштурулуп, баалуу кийимдерди, буюмдарды илүүгө да колдонулган. 2. А. б. формасында жасалган түр, оймо, сайма, терме, чийме. Анын ар бир ачасынын башы башка түрлөр м-н айкалыштырылган. Мындай көчөттөр чырмалып согулган чыгданда, туш кийиз жээктеринде, ала кийизде, тегиргич, кылдырооч таарларында басымдуу колдонулган.

**АЛАЙ, ОШ АЙМАГЫНДАГЫ ЭЛДИК КЫЙМЫЛ** – 19-к-дын 40-жылдарындагы *Кокон хандыгына* каршы элдик көтөрүлүш. 1845-ж. алайлык кыргыздар Кокон бийли-гине каршы күрөшкө көтөрүлгөн. Кыска мезгил ичинде элдик кыймыл Ош аймагына чейин жайылып, ордонун коопсуздугуна коркунуч туудурган. Ошол кезде хан сарайды бийлеп турган *Мусулманкул* миңбашы аскерлери м-н Ошко шашылыш жөнөгөн. Көтөрүлүшчүлөр Кокон аскеринин жолун тороп, катуу каршылык көрсөткөн. Курал-жарак жагынан кыйла артыкчылык кылган, такшалган, атайын даярдыгы бар аскерлерге туруштук берүү мүмкүн эмес эле. Душмандын бир нече жолку чабуулдарынын мизин кайтарып, жан аябай кармашкан соң чегинүүгө туура келген. Мусулманкул көтөрү-лүштү күч м-н басып, кыймылга катышкан кыргыздарды аёосуз жазалаган.

**АЛА КИЙИЗ** – колдонмо кол өнөрчүлүктүн бир тармагы. Түр салынып жасалган кийизди А.к. деп аташкан. Ал кара койдун жүнү-нөн жасалат. Сабалгандан кийинки майда тытылган жүн чийдин үстүнө текши төшө-лүп, калың, жука жерлери текшиленип чабакталат. Түрүлүп түйдөктөлгөн жүндөн түр (сайма, кеште) салынат. Түр салынган жактары бузулбас үчүн четинен этияттык м-н түрүп турат. Түр салынган жүнгө ысык суу себилип, чий м-н кошо оролот; анын эки башына кап же башка нерсе кийгизилет. Оролгон чий сыртынан жип м-н бекем чырмалып, аны аласалдырып тебе башташат. Жүнү кирген кийиз чийден этияттык м-н чыгарылып, түрүлөт. Оңду-солду басылат. Бышырылганда гана А. к. бүттү деп эсептелет. А. к-ди аялдар жасайт, тебүү ж-а сүйрөө иштерине эркектер катышат.

**АЛАМҮДҮН ТУРГУН ЖАЙЫ** – коло доо-руна таандык турак-жай калдыгы. Бул жерден чопо идиштин сыныктары ж-а күлдүн калдыктары табылган. Табылган эстеликтердин мүнөзүнө караганда бул жердегилер отурукташкан чарба шартында жер иштетип, мал багып, жашоо тиричилигин өткөргөн. 1929-ж. россиялык археолог А. И. Тереножкин тарабынан изилденген.

**АЛАМЫШЫК КӨРҮСТӨНҮ** Нарын ш-нын күн батыш тарабында, Нарын дарыясынын оң өйүзүндө, Аламышык тоосунун этегинде жайгашкан. Жалпы саны 150дөн ашык; б. з. ч. 1-миң жылдыктан б. з. 13–14-к-на чейинки мөөнөттү өз кучагына алат. Көмөөр алдында көрдүн ичи өрттөлүп, андан кийин маркум жаткырылган. Көрүстөндүн үстү жагынан 40 *см* тереңдикте үзөңгү, ооздук, темир того көмүлгөн атайын чуңкурча табылган. Маркумду көмүүдө отту колдонуу ж-а көрүстөндүн бир жерине чуңкурча казып буюм жашыруу енисей кыргыздарына да мүнөздүү. Көрүстөндүн чыгыш тарабынан байыркы мезгилде иштетилген темирдин калдыгы табылган. Байыркы түрк доорундагы балбал таштар ж-а алар орнотулуучу төрт чарчы коргончолор да бар. А.к-н 1945–49-ж. А.Н.Бернштам, 1954-ж. А. К. Кибиров, 1989-ж. К. Табалдиев ж-а Ю. С. Худяковдор изилдешкен.

**АЛАСТОО** – отко сыйынуудан чыккан ырым-жырым; ооруган сасык тумоологон же бир жерин мертинтип алган кишини түтөтүлгөн арча же чекенде м-н эмдеген, ырымдаган, баланын бешигин, төшөнчү, кийимин ыштаган. А-до шайтан-шапат, азезилдерден алыс болсун, алар ага жолобосун деген тилектер айтылган. А-ну жыл жаңырганда айылдын ортосуна арча жагып өткөрүшкөн. Чогулган эл кийимдерин отко силкип, бири-бирине «эски жыл кетти, жаңы жыл келди, айдан аман, жылдан эсен бололук, алас-алас ар балаадан калас» деген тилектерин айтышкан.

**АЛА ТАМАК** – акак, шуру, бермет, тор сайма, курак, чачы оймо ж.б. азем буюмдарын бири-бирине айкалыштыра колдонуу м-н жасалган баалуу кооздук. Аны кыз-келиндер төшүнө тагынган. А.т-тын асты жагында жамбы же тыйын кадалган кыюсу болгон. Желке жакка байлап, көкүрөккө жая тагынышкан. 19-к-дын аягы–20-к-дын башына чейин мындай кооздук Кыргызстандын бардык жеринде болгон. Азыр эл ичинде өтө сейрек кездешет.

**АЛАЧЫК** – көчүп-конуп жүрүүдө колдо-нуучу жупуну турак жай. А-тын жапма А., буума А., сайма А., деген түрлөрү бар. Аңчылыкка чыкканда чөп А-ты пайдаланышкан. Жапма А. түндүк ж-а ууктардан туруп, анын үстүнө үзүк жабылат. Буума А. бир нече жыгачтардын учун бууп, анын үстүн кийиз, тери ж. б. м-н жабат. Сайма А. уукка окшогон бир нече узун таякчаларды жерге сайып, баштарын жип м-н бириктирип түндүккө тешик калтыра байлап, үстүнө кийиз, терилерди жабышкан; эгерде чөп м-н жапса чөп А. деп аталган.

**«АЛАШ» ПАРТИЯСЫ** – 1917–20-ж. Казакстан м-н Түндүк Кыргызстандагы саясий партия. Жаңыдан калыптанып келе жаткан жергиликтүү майда буржуазиянын кызыкчылыгын коргогон. Кадет партиясынын Казакстандагы тобу катары 1905-ж. пайда болгон. Пишпекте 1917-ж. жайында «Алаш» уюму түзүлгөн. 21–26-июнда Оренбургда «Бүткүл кыргыз» («Бүткүл казак») съезди өтүп, «А.» п. уюшулган. Анын программасында казак, кыргыз элин өз алдынча мамл-ке бөлүү мүдөөсү каралаган. 5–13-декабрда «Аралаш Ордо өкмөтү» түзүлүп, куралдуу кошуундар топтолгон. Алар ак гвардиячылар м-н бирдикте совет бийлигине каршы күрөшкөн. Орол, Торгой, Семей, Жетисуу облустарында «А.» п-нын бөлүмдөрү түзүлгөн. 1918-ж. Жетисуу ревкому «А.» п-нын облустук, уезддик уюмдарын жоюуга toктом чыгарганына карабастан, Пишпектеги «Алаш» уюму өзүн «Кыргыз револю-циячыл совети» деп атап, 1920-ж-га чейин иш жүргүзгөн. Бул партиянын бир катар өкүлдөрү кийин сабатсыздыкты жоюуда, соц. маданиятты, кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөдө зор эмгек сиңиришкен.

**АЛГАЧКЫ СОВЕТТЕР** – Февраль революциясынан (1917) кийин түзүлө баштаган жумушчу ж-а солдат депутаттарынын шайланма саясий уюмдары. Социал-демократиялык топтор м-н бирдикте иштеген. 1917-ж. март-та Кыргызстанда Кызылкыя кенчилери алгачкы жумушчу депутаттар советин түзү-шүп, төрөгалыгына И.И.Едренкин шайланган. 16-мартта сүлүктүлүк кенчилер өзүлө-рүнүн жумушчу депутаттар советин уюштурган (жетекчиси – Д.Т.Деканов). 1917-ж. март айынын ортосунда Пишпек ш-нын жумушчуларынын алгачкы совети түзүлгөн. Негизинен Улуу Октябрь революциясына чейин Кызылкыя м-н Сүлүктүдөгү алгачкы совет гана большевиктештирилген. Ноябрь айында Сүлүктүдө, декабрда Кызылкыя м-н Ошто, 1918-ж. январь–февралда Пишпекте, май–июнда Караколдо советтердин бийлиги орногон. Советтер элдик бийликтин органы катары иштеп, падыша өкмө-түнүн мурдагы буйруктарын жокко чыгарып, жумушчулардын эмгек акыларын жөнгө салган, 8 сааттык жумуш күнүн киргизип, калкты азык-түлүк м-н жабдуу ж.б. экон. маселелерди чечкен.
**АЛДАШ МОЛДО**, Алдаяр Жээнике уулу (1874, Аккочкор айылы, азыркы Жетиөгүз р-нунун аймагы – 1930, ошол эле жер) – агартуу ишин баштоочулардын бири, жазма акын; «замана» агымынын өкүлү. 19-к-дын 90-жылдары Каракол ш-ндагы медреседен окуган. Аны бүткөндөн кийин айлында көчмө мектеп уюштуруп, балдарды окутууга киришкен (1904–06). Октябрь революция-сынан кийин 1919-ж. Жетиөгүздүн Талды-булак коктусунда мектеп ачкан. 1921–22-ж. Алматыдагы мугалимдерди даярдоо курсун бүтүрүп, мугалим болуп эмгектенген. 1905-ж. «Шайлоо» аттуу поэма жазып, анда бийлөөчүлөрдүн болуштук талашып чабышып, чыгымын элге тарттырып, калкты бүлүнткөнүн ашкерелеген. «Баракан жө-нүндө баян» (1912) аттуу чыгармасы да эзүүчүлөргө каршы багытталган. А. М-нун көрүнүктүү чыг-нын бири – «Хал заман» (1914). Анда Кыргызстан Россияга бириктирилгенден кийин кыргыз жергесинде болуп жаткан тарыхый кырдаалдарга ой жүгүртөт, коомдун өнүгүүсүнө Россиянын тийгизген таасирин, прогрессивдүү жактарын көрсө-түүгө аракеттенет. Ошону м-н катар падыша өкмөтүнүн колониялык саясатынын тескери жактарын, орус чиновниктери м-н жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү биригип, калкты эзип жаткандыгын да көрсөтөт. 1916-ж. «Үркүн» аттуу көлөмдүү поэма жазып, анда кыргыз элинин муң-зары бир кыйла реалдуу сүрөттөлөт.
**АЛИЕВ** Осмонкул (1903, Чүй облусу, Жа-йыл р-ну, Чолокарык айылы – 1938, Бишкек) – мамл. ж-а саясий ишмер. 1916-ж. орус жергиликтүү мектебин бүтүргөн. 1917-ж. Олуяатада (Жамбыл), 1919–22-ж. Ташкенде казак-кыргыз агартуу ин-тунда окуган. 1924-ж. РКСМ Кыргыз обкомунун 1-катчысы, РКП(б) Кыргыз обкомунун катчысы болуп иштеген. 1924–26-ж. «Эркин-Тоо» гезитинин, 1926-ж. «Коммунист» журналынын редактору болгон. 1927–30-ж. Москвадагы Свердлов атн. Коммунисттик ун-тинде окуган. 1930–31-ж. Кыргызстандын эл агартуу комиссары, 1932–33-ж. ВКП(б) Ош округкомунун 1-катчысы. 1937-ж. Кыргыз ССР эл агартуу комиссары болуп турганда күнөөсүз жерден айыпталып, 1938-ж. атылган. Сөөгү кайрадан (1991) Атабейит көрүстөнүнө коюлган.
**АЛИЕВ** Эргеш (1905, Жалалабат облусу, Ноокен р-ну, Сакалды кыштагы – 1994, ошол эле жерде) – Кыргызстанда совет бийлигин чыңдоого жигердүү катышкандардын бири. Милициянын генерал-майору. 1927-ж. Кызыл Армияга чакырылып, Кыргыз атчандар дивизионунда кызмат кылган. Мили-циянын Базаркоргон, Токмок р-ндук бөлүм-дөрүн жетектеген. 1934–41-ж. милициянын Алай-Гүлчө р-ндук, Ош ш-дык бөлүмүнүн начальниги, милициянын Тяншань облустук башкармасынын начальнигинин орун басары. Согуш жылдары (1941–45) ички иштер эл комиссариатынын 107-аткычтар дивизиясынын бөлүмүнүн начальниги, милициянын Ош облустук башкармасынын начальнигинин орун басары, 1946–47-ж. милициянын Жалалабат облусунун башкармасынын начальнигинин орун басары. Ички иштер министрлигинин (ИИМ) Милиция башкармалыгынын начальнигинин орун басары, милициянын Жалалабат, Ысыккөл, Талас облустук башкармалыктарынын начальнигинин орун басары, 1956–59-ж. милициянын Жалалабат облустук башкармалыгынын начальниги, милициянын Ош облустук башкармалыгынын начальнигинин орун басары болуп иштеген. Ленин, Кызыл Туу, «Кызыл Жылдыз», 2 «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. ИИМдин Академиясы, райондогу мектеп, Жалалабат ш-ндагы көчө анын ысмы м-н аталган.
**АЛИЕВ** Юсуп Али Мухаммед (1898–1970) – Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшкө катышуучу. 1917–18-ж. Ош мусулман жумушчу ж-а чайрыкер депутаттар советинин төрагасы, 1918-ж. март айынан компартиянын Ош уезддик–шаардык советинде, 1920-ж. Ош ревкомунда ж. б. кызматтарда иштеген.
**АЛИМ ХАН** – 1798–1810-ж. Кокон хандыгын бийлеген хан. Өзбектин Миң сулалесинин (династиясынын) өкүлү, *Нарбото бийдин* уулу. Анын мезгилинде Кокон ээлигинин аймагы бир кыйла кеңейип, хандык атала баштаган. Фергана аймагы толук каратылып, Ташкенди ж-а Чымкентти ээлеген. Кетментөбө, Ош аймактарындагы кыргыздарды баш ийдирүү үчүн жасаган аракеттери ийгиликсиз аяктаган. Бийлик үчүн күрөштө козголоңчулар тарабынан өлтүрүлгөн.
**АЛМАЛЫК** – Жетисуу аймагындагы орто кылымга таандык шаар. Биринчи жолу 13-к-дын башталышында эскерилет. 13-к-дын башталышында А-ты каңгылар уруусунан чыккан каракчы Озар ээлеп алган. Ал *Чыңгыз хан* м-н *Күчлүккө* каршы союз түзгөн. Бирок Күчлүк аны аң уулап жүргөн жеринен кармап алган. Күчлүк шаарды камоого алган, бирок моңгол аскерлери жакындап келгендиктен чегинип, туткунун өлтүрүүгө буйрук берген. Чыңгыз хан А-ты Озардын уулу Сукпак тегинге берген. Чагатайдын буйругу м-н асканы бузуп, 48 жыгач көпүрө салышкан, ал көпүрөлөр жанаша эки араба өткүдөй кенен болгон. Шаар Иле суусунун түндүк тарабынан орун алып, капчыгайдын оозунан А-ка чейин бир күндүк жол болгон. Моңголдордун үстөмдүгү

мезгилинде Иле өрөөнү аркылуу Батыш Азиядан Чыгыш Азияга эң маанилүү соода жолу өтүп, А-тын жогорулашына түрткү болгон. Чагатай улусунун ханы Кебектин учурунда (1318–26) улустун борбору. А-тан Мавераннахрга көчүрүлгөн. 1335-жылдан кийин А. кайрадан Чагатай улусунун борборуна айланган ж-а чагатайлар ээлеген аймактагы көпчүлүк мезгилдерде хандар жашаган негизги шаардын бири болгон. Женкнши хандын учурунда (1338–39) А-та Европадан келген католик миссионерлеринин ж-а жергиликтүү буддалык жрецтердин ишмердиги күч алып, католиктердин чиркөөсү болгон. 1340-ж. хрис-тиандарды куугунтуктоодон улам А-тагы алардын ишмердиги токтогон. 14-к-дын 2-жарымынан А. Моголстан мамл-нин борбору болгон. Моголстандын 1-ханы Тоглук Темирдин (1348–63) сөөгү А.ш-нын жанына коюлган.

**АЛП СОЛ,** Т а б у Х э ц з у, Т а п у – 9-к-да-гы кыргыз кол башчысы ж-а элчиси. 840-ж. кыргыз каганынын Уйгур мамл-не жасаган чоң казатында анын колунун сол канатын жетектеген ж-а Енисейдеги Улуу кыргыз империясын негиздөөгө зор салым кошкон. 843-ж. март айында Кытайдын Тан династиясынын императоруна элчи катары барган. Кытай жыл баяндарында: «841-ж. такка олтурган император Вуцзун алыскы кыргыз каганынан келген элчиге абдан ыраазы болуп, Бо-Хайдан келген элчиден жогору, төргө олтургузду» – деп баяндалат. Кыргыз каганынын аскер башчысы, ишенимдүү элчи Кытайдан жеңилген уйгурлардын тагдыры ж-дөгү саясий иштерден сырткары, соода-экон. карым-катнашты кайра жандандыруу үчүн барган. Буга жооп катары кытай императору өзүнүн элчилерин бир нече ирет кыргыздарга жөнөткөн.

**«АЛТАН ТОБЧИ»** – 17-к-да лама окумуштуусу Лубсан Данзан тарабынан жазылган моңгол тилиндеги кол жазма. Анда 1240-ж. жазылган «Моңголдордун тымызын тарыхы» («Моңголын ничуга тобчийан») баяндалат. «А.Т.» жылнаамасынын басымдуу бөлүгү Чыңгыз хандын балалыгы, жаштык курагы, мамл. ишмердүүлүгүнө ж-а ал ж-дө кийинчирээк пайда болгон уламыштарга арналган. Жылнаамада енисейлик кыргыздар, ойроттор, кыпчактар ж-дө да маалыматтар кездешет.

**АЛТЫГАТ** – баркыт, бейкасам ж.б. кездеме капталып, жээгине төрт эли кызыл же кара манат кыйылган бир түрдүү кийиз. Уз. 3 *м*, туурасы 1,5 *м* жасалып, эки-үч кабатка бүктөлөт. А. төшөнчү катарында пайдаланылат, жүккө кездеме жагы сыртка каратылып жыйылат. А. айрым жерлерде меймандын алдына салынат.

**«АЛТЫН АДАМ»** – Иле Алатоосунун түндүк этегинде жайгашкан Эсик көрүс-төнүнөн табылган эрте темир дооруна таандык археол. табылга. Алматы ш-нын чыгыш тарабында 50 *км* аралыкта жайгашкан көрүстөндөр тобу (45 көрүстөн) 1969–70-ж. ачылып, проф, К.Акишев, А.Акишев тарабынан изилденген. «А.а.» табылган көрүс-төндүн диаметри 60 *м,* бийиктиги 6 *м* болгон. Казуу учурунда табылган карагайдан жасалган табытта 18–25 жашар, европеоиддик ж-а монголоиддик аралаш расалык белгилери бар, алтындан жасалган кийимчен жигит көмүлгөн. Маркумдун жанында согуш куралдары, өздүк буюмдары жаткан. Идиштер күмүштөн, жезден, чоподон, жыгачтан жасалган. Баш кийиминде алтындан жасалган аркар статуэтка ж-а рельефтүү түшүрүлгөн илбирс, жылкы, теке, куш ж-а геометриялык фигуралар болгон. Кийимдин жээктери кабылан кейиптүү штамптоочу ж-а басып түшүрүү ыкмасы м-н даярдалган алтын бастырма кооздуктар м-н жээктелип ж-а түрдүү формадагы алтын кооздук-бастырмалар м-н кооздолгон. Маркум териден жасалган жакасыз кыска кафтан кийгизип жаткырылган. Кээ бир сакталган айрындыларына караганда ал кызыл же күрөң түскө боёлуп, сыртынан алтын бастырмалар м-н текши кооздолгон. О. эле куру, маасы-өтүгү дагы алтын бастырмалар м-н капталган. Күмүш идиште 2 катар тизилген 26 белгиден турган өтө курч курал м-н оюлуп жазылган жазуу бар. 16–17 так жазылган тамгалардын ичинен 8–9у арамей алфавитиндеги тамгаларга окшош келип, бирок, арамей тилинде окулбайт. Кээ бир белгилери байыркы түрк руна жазуусундагы тамгаларга окшош. Айрым изилдөөчүлөрдүн болжолунда, Жетисуу сактары арамей жазуусунун негизинде түзүлгөн алфавитти колдонушкан. Бул табылга б. з. ч. 5–4-к-да жашаган байыркы сак элинин тарыхы, маданияты, көркөм өнөрү, руханий маданияты б-ча маалыматтарды берет. Алтын кооздуктарды жергиликтүү уздар жасаган. Ысыккөлдүн Барскон айылынан ушуга окшош колодон жасалган кооздуктар табылган. Жасалыш ыкмасы б-ча кабылан сымал жаныбар баштуу бастырма Эсикте ж-а Барскондо бири-биринен эч айырмаланбайт.

**«АЛТЫН ЙАРУК»** – буддизм динин жа-йылтуу үчүн кытай тилинен түрк тилине которулуп, уйгур жазмасында жазылган 10-к-га таандык чыгарма (сутра). 1909–11-ж. С. Е. Малов Чыгыш Түрк-стандан ж-а Гансудан байыркы уйгур жазмасындагы кол жазмаларды тапкан, а.и. өзгөчө баалуусу уйгурлардын арасында кеңири тараган буддизмдин жазма эстелиги «А. й.» («Алтын жарык») болгон. Чыгарманын бир нече нускасын Турпан оазисинен прусс экспедициясы да тапкан. «А. Й-ту» алгач Бешбалык ш-нын тургуну Сыкоку Сели Тудунг которгон. Сутранын сактап калуучулук күчү бар деген ишеним буддизмди тутунган уйгурлар тарабынан аздектелип, бир канча ирет көчү-рүлгөн. Сутрада кол жазманын качан ж-а кайсыл жерде көчүрүлгөнү, соопчулук үчүн көчүрүп берүүнү суранган ж-а көчүргөн адамдын аты-жөнү жазылган. Мис: «26-жы-лы жогорку даражалуу Кан-синин башкаруу мезгилинде (1687) мен бактысыз Ратка Вачир Шаби, менин ата-энелеримди (ар-ба-лээден) кутултуу жана куткаруу үчүн жазып бүтүрдүм» – деген маалымат жазылган. Бул маалыматтар 17–18-к-да уйгурларда буддизмдин таасири бекем сакталып тургандыгын ырастайт.

**АЛТЫН ОРДО** – 13-к-дын 40-ж-нын башында хан Батый негиздеген феодалдык мамлекет. А.о-нун бийлиги батышта – Дунайдын аягы м-н Фин булуңуна чейинки, чыгышта – Ыртыш м-н Обь суусунун аягына, түштүктө – Кара, Каспий ж-а Арал деңиздери м-н Балхаш көлүнө, түндүктө орустун Новгород жерлерин камтыган. А.о-нун борбору оболу Сарай-Бату (Астраханга жакын), кийин Сарай-Берке (Волгоградка жакын) болгон.

Мамлекет катары түпкү негизи бош, ар кошкон элден куралган, күч м-н гана сакталып турган бирикме болгон. Анын курамына Итиль дарыясынын аймагындагы болгарлар, мордвалар, орустар, гректер, түркий тилде сүйлөгөн айрым элдер кирген. Көчмөн калктын басымдуу бөлүгүн кыпчактар, каңгайлар, татарлар, түркмөндөр, кыргыздар ж.б. түзгөн. А.о-нун карамагында жашаган элдин коомдук ж-а маданий өнүгүү деңгээли да түрдүүчө болгон. Көчмөндөрдө чала феодалдык мамилелер, отурукташкан райондорунда феодалдык мамилелер өкүм сүргөн. Хандар карамагындагы калктарга талап-тоноо саясатын жүргүзүп, мыкты жерлерди ж-а жайыттарды моңгол феодалдары ээлеп, калктан үзгүлтүксүз салык алып турушкан. Шаарларда кол өнөрчүлүк өнүккөн. Алар маданияттын да борборуна айланган. Шаарларда чет жактан келген усталар иштешкен. Мамлекеттин башында Батыйдын тукумунан чыккан хандар турган. Ал эми мамл. иштерди «беглер беги», айрым аймактарды вазирлер башкарган. Элден жыйналуучу салыкты даругдар же баскактар жыйнашкан. Мамл. түзүлүшү жарым аскердик мүнөздө болгон. Анткени аскердик ж-а админ. кызмат бөлүнгөн эмес. А.о-нун аймагын Жучунун 14 уулу улустарга энчилеп бөлүп алган. Мис., Ак ордо улусун Жучунун уулу Ордо-Ежен башкарган. Кийинчерээк А. о. мурасчыларынын ортосунда феодалдык согуштар чыккан. 1357–80-ж. ич ара согуштардын натыйжасында 25 хан орун алмашкан. 14-к-дын 60-ж-нда А.о-дон Хорезм бөлүнүп чыгат. Бир аз өтпөй Астрахань бөлүнүп кетет. Биригишкен орус княздары 1380-ж. Куликовдогу салгылашууда чоң ийгиликке жетишет. 1395–96-ж. Тимур А. о-нун аскерлерин толук талкалап, Сарай-Беркени басып алат. 15-к-дын 20-жылдары А.о. биротоло ыдырап бузулуп, мурдагы бирикмеден Сибирь хандыгы, Ногой ордосу, Казань ж-а Крым хандыктары өз алдынча бөлүнүп кетет. 1480-ж. орустар моңголдордун зомбулугунан биротоло бошогон, 16-к-дын башында чоң ордо толугу м-н жоюлган.

**АЛТЫН-ХАН МАМЛЕКЕТИ** – Моңго-лиянын түндүк-батышында 16-к-дын аягында түзүлгөн мамлекет. 16-к-дын 80-ж. Дзасахту хандык ээлигинен бөлүнүп чыгышкан. Анын негиздөөчүсү Шолой Убаши (1567–1627) Чыңгыз хандын урпактарынын бири. А-х. мамл-нин ордосу Убсу-Нур (Моңголия) көлүнүн айланасында жайгашкан. 17-к-дын башында өз ээликтерин енисейлик кыргыздар ж-а алардын кыштым капчыгайларынын эсебинен кеңейткен. Салык төлөөгө мажбур болгон кыргыздар иш жүзүндө көз каранды болушкан эмес. Кыргыздардын үстүнөн бийлигин кармап туруу үчүн А-х. м. барымта кармоо адатын пайдаланган. Хандыктагы ич ара күрөштөрдө кыргыздар четте турушкан эмес. Кыргыздардын каардуу мүнөзү моңголдордогу каймана түрдө айтылган «харгис» (кыргыз) – каардуу жырткыч, кекчил деген сөздөрдүн келип чыгышына алып келсе керек. Жуңгар ханы Сенге Тайши тарабынан талкаланган. Азыр да мурдагы А-х.м-нин аймагында (түндүк–батыш Моңголия) хара хиргис, шара хиргис, модон хиргис сыяктуу моңгол уруулары, кыргыздарга байланыштуу жер-суу аттары учурап, орто кылымдагы кыргыз-моңгол тарыхый–этностук байланыштарынан дарек берет. 1663-ж. енисейлик кыргыздардын бир бөлүгүн А-х. м. азыркы Тува аймагына көчүрүшөт. Ошол кыргыздардын урпактары тувалардын курамында «кыргыз» уруктары катары белгилүү.

**АЛТЫР УЛУСУ,** О л т ы р у л у с у – 17–18-к. енисейлик кыргыздардын башкаруусундагы админ. аймактык бирдик. Улус Абакандын сол жээгинен, Уйбат ж-а Таштын дарыяларынын ортосунан орун алып, түштүгүндө Енисейдин жогорку агымындагы аймактарды камтыган. Улустун жашоочулары орус документтеринде «жогорку кыргыздар» деп аталган. А.у-нун чегине Сагай, Четипүүр, Сарыглар, Ичеги, Белтир, Табын, Саян, Чыстар, Иргит, Хахпына ж.б. аймактар, кыштым жерлери – Том, Мрассу, Кондом дарыяларынын, Кузнецк Ала-Тоосунун токойлуу–тоолуу өрөөндөрү, Түндүк Алтайдан Төлөс (Телец) көлүнө чейинки аймактар кирген.

**АЛТЫСАР УЛУСУ**, А л т ы н з а р х ы – 17–18-к. енисейлик кыргыздардын башка-руусундагы админ. аймактык бирдик. Кыргыз жеринин түндүгүндөгү Июс ж-а Теңир-көл өрөөндөрүндө А.у. жайгашкан. Орус документтеринде алтысарлыктарды (алтынсары) Енисейдин төмөнкү агымында жашаган «төмөнкү кыргыздар» деп аташкан. Моңгол жеңип алууларынан баштап, кыргыз жериндеги саясий борбор Абакан өрөөнүнөн түндүккө көчкөн эле. Ак ж-а кара Июс дарыяларынын ортолугундагы жерлерде тектүү кыргыз бектеринин өргөөлөрү жайгашкан. Ошондон улам, алтысарлыктар «Чоң кыргыздар» деген экинчи атка да ээ болушкан. Кыргыз улустары Кызыл, Шуй, Камлар, Ачин, Исар деген аймактардан турган.

**АЛЫМБЕК** Жапалак уулу (19-к-да жашаган) – орус падышалыгына элчиликке барган өкүлдөрдүн бири. Бугу уруусунун желдең уругунан чыккан бий; түндүк кыргыздарынын 1824–25-ж. Россияга жиберген үчүнчү элчилигине катышкан. Элчилик эмгеги үчүн 1827-ж. орус өкмөтү тарабынан Андрей тасмасына тагылуучу алтын медаль ж-а аты жазылган кылыч м-н сыйланган.

**АЛЫМБЕК ДАТКА** Асан бий уулу, Алымбек п а р в а н а ч ы (1799–1862) – кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамл. ишмер. 27 жашында Кокон ханы Мадалиге кызмат өтөй баштаган. 31 жашында ага датка наамы ыйгарылган. 32 жашында Анжиян вилайетинин беги болуп дайындалып, Кокон хандыгынын ордосунда таасирдүү саясий роль ойногон. 1842-ж. Шераалыны хан (к. *Шераалы хан*) көтөрүүгө жигердүү катышкан. Анжиян вилайетинин борборун Ош ш-на көчүрүп, бул шаардын социалдык-экон. өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Балдар үчүн медресе курдурган. 1845-жылдагы ордого каршы Ош көтөрүлүшүн жетектеген. Хандыктагы саясий ж-а мамл. 30 жылдык (1831–62) ишмердигинде журт кызыкчы-лыгын, эл мүдөөсүн биринчи орунга кой-гон. 1862-ж. 24-февралда Малла ханды өлтү-рүү үчүн кутумга (заговорго) катышкан. Тактыга Шераалы хандын 12 жаштагы жээни Шах Мурадды отургузуп, кыска мөөнөт ага *аталык* болуп турган. Кокон хандыгынын акыйкатсыз, баскынчы саясатын колдогон эмес. А. д. бүткүл кыргыздарды баш

кош-туруп, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө далалаттанган. 1862-ж. хан сарайындагы кезектеги кутумда курман болгон.

**АЛЫМКУЛ АТАЛЫК**, М о л д о  Алымкул (1829–1865) – түштүк кыргыздардын феодал төбөлдөрүнүн ж-а саясий ишмерлеринин бири. Ичкилик тобундагы кыргыз-кыпчак уруусунан. Бала чагында Бужум-Баткендеги мусулман мектебинен билим алып, кийин Анжиян, Кокондогу медреседен окуган. Ал жездеси Тагайкул датканын жардамы м-н аскер ишин өздөштүргөн. Кезегинде ал *Алымбек даткага* кошулуп, *Кудаяр хандын* ордуна *Мала ханды* көтөрткөн. 1862-ж. Мала хан өлтүрү-лүп, тактыга Шаамурат олтурат, ал эми А.а. хандыктын башкы вазири болуп дайындалат. 1863-ж. жазында А.а. төңкөрүш уюш-туруп, тактыга Мала хандын уулу Султан Саидди отургузат да иш жүзүндө хандыкты өзү башкарган (1863–65). 1865-ж. Ташкендин жанында орус падышалыгына каршы согушта жаракат алып, каза тапкан.

**АЛЫМКУЛ** Үсөнбай уулу (1896, Талас өрөөнү, Карарча айылы – 1963, Бишкек) – төкмө акын, кыргыз оозеки поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү, Кыргыз ССР эл артисти (1939). А-дун акындык шыгынын ойгонушуна атасы м-н энесинин таасири тийген. 11–12 жашында эле ыр чыгарып, комуз чертип, эл арасына тааныла баштаган. 25–26 жашка келгенде бүтүндөй Талас өрөөнүнө таанымал болгон. Ошол курагында улуу ырчы Токтогул м-н жолугушуп, андан таалим алган. Ал 1931-ж. «Арал» колхозуна мүчөлүк-кө өтүп, ыры м-н да, иши м-н да колхоз курулушун чындоого активдүү катышкан. 1936-ж-дан Кыргызстан мамл. филармония-сында солист-импровизатор (төкмө ырчы) болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда А. элди жеңишке үндөп, советтик жоокерлердин эрдигин даңазалаган патриоттук ырларды чыгарган. А. кыргыз элинин эпикалык чыгармаларын эң жакшы билген. Андан «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй», «Кожожаш» дастандары жазылып алынып, жарыяланган. А. чебер комузчу ж-а уккулуктуу үнү бар мыкты аткаруучу да болгон. Өзгөчө ал өзүнүн устаты Токтогулдун обон-ырларын өтө мыкты аткарган. Токтогул ж-дө жазылган бир нече баалуу эскерме калтырган. А-дун «Ырлар» (1938), «Ырлар жана поэмалар» (1940), «Согушуп жаткан эрлерге» (1942), «Ырлар жыйнагы» (1947), «Комуз» (1949), «Улуу дос» (1950), «Тынчтык жана эмгек тууралуу ырлар» (1955), «Тоо булбулу» (1956), «Биринчи бригада» (1957), «Тандалган чыгармалар жыйнагы» (1960) ж. б. болуп отуздай китеби жарык көргөн. Бир нече ыр китеби орус тилине которулган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1938–1963) болгон. Респ-да А-дун ысмына коюлган көчөлөр, 3 мектеп бар. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**АМАН** Алымкул уулу (1909, Атаке болуштугу, Жарбаң айылы – 2003, Чүй р-ну, Маданият айылы) **–** кыргыз санжырачысы, сов**.**, партиялык кызматкер, тарыхчы-педагог. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1930-жылдары Фрунзедеги педтехникумду, мугалимдер ин-тун, КМУну бүтүргөн. Токмок рабфагында, орто мектепте мугалим**,** колхоздо башкарманын төрагасы, комсомолдун Кыргызстан БКнын дыйкан жаштар бөлүмүнүн башчысы, Панфилов р-ндук аткомунун төрагасы, Чүй р-ндук гезитинин башкы редактору, 40 жылдан ашык Чүй р-нундагы Дүр орто мектебинде директор болуп иштеген. «Жарбаңдардын санжырасы», «Агартуу мурастарыбыз», «Манап бий таржымалы» деген китептердин, санжыра б-нча 50дөн ашуун макалалардын автору. Орден, медалдар м-н сыйланган.

**АМАНАТ** – 1. зарыл учурда (алыс сапарга, соодага, жоокерчиликке, абакка, мал оторлотууга, ж.б. кеткенде) байлыгын, буюмун, куралын, малын, үй-жайын, а түгүл үй-бүлөсүн ишенчиликтүү бирөөгө убактысынча таштап кетүү. А. калтырылган кишинин зоболосу гана көтөрүлгөн. Кокустук болсо ага калтырылган буюмдар толугу м-н өткөн. Кокустук болбосо А. достошуунун, сөөктөшүүнүн башаты болгон. 2. кыргыздардын өкүлү же элчиси катары башка элдердин арасында убактылуу жашаган киши. А. 19-к-дын аягында жоюлган.

**АММОСОВ** Максим Кирович (1897–1938) – партиялык ж-а мамл. ишмер. Кыргызстан КП(б) БКнын 1-катчысы (1937). 1916-жылдан революциячыл ишке аралашкан. Яку-тияда ревкомдун төрагасы, 1922-жылдан РКП(б)нын Якут облустук бюросунун катчысы, 1923-жылдан Москвада Якут өкүлчү-лүгүнүн төрагасы, 1925–28-ж. Якут АССР Эл Комиссарлар Советинин ж-а борб. аткомдун төрагасы, 1928–30-ж. партиянын Батыш Казакстан обкомунун катчысы, 1934–36-ж. партиянын Караганда, Казакстан, Кыргыз обкомунун 1-катчысы болуп иштеген. Репрессия мезгилинде өлүмгө дуушар болгон.

**АНГЛИЯНЫН ОРТО АЗИЯГА ИНТЕРВЕНЦИЯСЫ** (1918–1920) – Советтик Россиянын курамынан Түркстан аймагын бөлүп, Англияга колониялык мамл-ти түзүү үчүн куралдуу күрөш. Англичандар мындай мүдөөнү 17-к-дан башташкан. Россияда жаңы бийликтин келиши м-н өз мүдөөсүн конкреттүү түрдө ишке ашырууга киришкен. Түркстан АССРнин 1918-ж. 30-апрелде түзүлгөн куралдуу күчтөрүнүн аракеттери англиялык империалисттерге ж-а алардын жардамчыларына 4 фронтто: Жетисууда – ак гвардиячыл казак-орустарга ж-а «алаш ордочуларга», Оренбургда – Дутов м-н Толс-товдун ак казак-орустардан турган бандаларына, Ферганада – «Кокон автономиясына», Закаспийде – Англия интервенттерине, орус ак гвардиячыларынын ж-а контрреволю-циячыл түркмөн улутчулдарынын кошмо күчүнө каршы жүргүзүлгөн. Интервенттердин күчтөрү четинен жеңилип турган. М. В. Фрунзенин командачылыгы м-н Түркстан фронтунун түзүлүшү (1919-ж., август) абалды жакшырткан. 1920-ж. 6-апрелде Красноводск бошотулуп, 2-февралда Кызыл Ар-миянын жардамы м-н Хивада хандын бийлигин кулатышып, 26-апрелде Хорезм Сов. Эл Респ. жарыяланды, апрелде Жетисуу фронтунда актардын аскерлери талкаланды. Бухара эмиратында революция жеңип, 1920-ж. 8-октябрда Бухара Сов. Эл Респ. жарыяланган.

**АНДРОН ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ БИРИКМЕСИ,** а н д р о н м а д а н и я т ы – коло доорундагы археол. маданият. Маданият Ачинскиге жакын жердеги Андронов кыштагынын аты м-н аталган. Уралдан Енисейге, Иртыштын ортоңку агымынан Чыгыш Түркстанга чейинки аймакта таркаган тектеш маданият эстеликтери үчүн колдонулган шарттуу аталыш. Анын тургундары негизинен суу жээктериндеги турак-жайларда жашашкан. Кыргызстанда А. т-м. б-не тиешелүү эстеликтер, турак-жай орундары аз изилденген. Кетментөбө, Карабалта, Кайыңдыда табылган археол. маалыматтарга таянып, алардын тамак-ашынын мүнөзүн аныктоого болот. Палеозоологдордун эсеби б-ча Казакстанда изилденген эстеликтерде тамак-аштын 60–70%ин уй эти, 10 %ин кой эти, 20–30%ин жылкы эти түзгөн. Чопо идиш калдыктарына карап сүт азыктарынын молдугу болжонот.

**АНЖИЯН КӨТӨРҮЛҮШҮ** – Фергана өрөөнүндө кыргыз, өзбек калкынын Россия падышачылыгынын Орто Азиядагы *отор саясатына* ж-а феодалдык эзүүсүнө каршы багытталган улуттук-боштондук кыймылы (1898). Көтөрүлүштүн чыгышына орус падышалыгынын орусташтыруу саясатынын күчөшү, өкмөт салыгынын оордугу, кыргыз-өзбек дыйкандарынан кунардуу жерлерин тартып алышы ж.б. себеп болгон. Көпчүлүк эл булардын баарына каршылык көрсөтө баштайт. Кыймылдын демилгечилери негизинен Көгарт өрөөнүндөгү *Чыйбыл болуш* баштаган кыргыздар болгон. Алар 1895-ж. алгачкы жыйын уюштуруп, көтөрүлүшкө жетекчилик кылууну кырк беш жаштагы Мухаммед-Али Халиф Мухаммед-Сабыр Суфиев Мадали («Ийикчи») эшенге сунуш кылышат. Ал Фергана өрөөнүнө кеңири таанылган, 1887-ж. Мекеге барып ажы болуп келген эшен эле. Мадали эшен бир нече жолу өткөрүлгөн жыйындан кийин (1897) макулдугун берет да, көтөрүлүшкө даярдыктар башталган. 1898-ж. 17-май күнү кечинде Миңдөбөгө (Араван р-ну м-н Өзбекстандын чегиндеги кыштак) кыргыз, өзбек ж-а кыпчактан 2000 чамалуу адам чогулуп, алар Мадали ж-а дөөлөс уруусунан чыккан молдо кыргыз Зиябидин Максымдын жетекчилиги м-н 2 ротадан турган Анжиян гарнизонуна кол салат. Падыша аскерлери бир аз гана жоготууга учурап (22 киши өлүп, 24 киши жарадар болгон), көтөрүлүш ырайымсыздык м-н басылган. Көтөрүлүштүн жетекчилери Зиябидин Максым Анжиянга кол салуу учурунда каза болгон, Мадали эшен 19-майда колго түшкөн. Көтөрүлүшчүлөрдөн 417 киши (соттолгондордун улуттук курамы: кыргыздар – 257, өзбектер – 112, түрктөр – 20, уйгурлар – 17, кыпчактар – 3, тажиктер – 5, каракалпак – 1) соттолуп, Сибирге айдалган, Мадали баш болгон 22 киши дарга асылган. Оморбек датка, Чыйбыл болуш алгач өлүм жазасына өкүм кылынып, кийин бул жаза сүргүнгө айдоо м-н алмаштырылган. Миңдөбө болуштугуна караштуу Кашкар, Кутчу кыштактарынын калкы башка жактарга айдалып жиберилген. Көтөрүлүштүн борбору болгон Миңдөбө кыштагы о. эле Тажик, Дөңкыштак айылдары жер м-н жексен кылынып, ал жерге орус дыйкандарын көчүрүп келип отурукташтырып, Мархамат аттуу орус кыштагы пайда болгон. Мадали дарга асылгандан кийин да көтөрүлүш токтобостон, Фергана өрөөнүнө жайылган. Көтөрүлүшкө Ош, Анжиян, Маргалаң, Наманган уезддеринин калкы жигердүү катышкан. Суусамыр болушундагы Кетментөбө өрөөнүндө да А. к-нө кошулууну көздөшүп, эл чогула баштаган. Алардын башында Шадыбек Шергазы уулу турган. Буларга каршы жүздөн ашуун куралдуу аскерлерден турган кошуун жиберилип, алар Шадыбек баштаган 50дөн ашуун адамды Наманганга айдап келишкен. Шадыбек Шергазы уулу өмүр бою сүргүнгө айдалган. Булардан тышкары 54 адам жети жылга айдалган. Алардын ичинде душмандарынын жалаасы м-н кармалган Т. Сатылганов да болгон. А. к-нүн ырайымсыз басылышы Кыргызстандын түштүгүндө ж-а Орто Азия-дагы улуттук-боштондук күрөшүнүн күчө-шүнө түрткү берген.

**АНЖИЯН УЕЗДИ** – 1876–1924-ж. Түркстан генерал-губернаторлугуна караштуу Фергана облусундагы акимдик-аймактык бирдик.

**АНТ** – сөзгө, ишке, кыймыл-аракетке бекем туруу убадасы. А. жоопкерчиликте, достошууда, жашырын иштерде колдонулат. А-ты бузуу жүзү каралык, наадандык катары каралган. Эл ичинде «Ант урсун» деген каргыш өкүм сүргөн. А-ташууда кылычтын мизин өөп: «эгерде А-ты бузсам, көк кирип, кызыл чыксын» деп убадалашкан. Эгерде А-ты аткарууга көзү жетпесе андай адам А. берүүдөн качкан.

**АНТРОПОЛОГИЯ** (гр. anthropos – адам, logos – окуу, илим)– адамдын келип чыгышы ж-а өнүгүп өсүшү, расалардын пайда болушу, адамдын дене түзүлүшү ж-дөгү илим. Колдонгон ыкмалары жагынан биологиялык илимдердин тармагына кирет. Бирок, адамдын социалдык өзгөчөлүгү антропологдорду тарыхый изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына кайрылып, тарыхый маселелерди чечүүгө жардам кылат. А-нын тарых м-н байланышкан тармагын тарыхый А. деп аташат. Тарыхый А. айрым аймактардагы адамзаттын байыркы мезгилден азыркы учурга чейинки өнүгүү тарыхын, ба-йыркы миграциялар, расалык типтердин калыптанышын изилдейт. Адамдын баш сөөк-төрү (краниологиялык материал) аркылуу байыркы мезгилдеги калктардын миграциясы аныкталса, ошол маалымат тарыхый жазма булактар аркылуу такталышы мүмкүн. Мис., байыркы түрк доорундагы краниологиялык материалдар аркылуу Теңиртоодо жашаган калктардын Алтай, Түштүк Сибирь м-н генетикалык байланышта экендиги аныкталган. Мындан тышкары, А-нын маданий А., этностук А., пед. А., популяциялык А., мед. А., экологиялык А., палеоантропология, физиологиялык А. деген тармактары да бар.

**АҢЧЫЛЫК** – кыргыздардын салттуу чарбачылыгынын бир багыты. А. жапайы жаныбарлардын этин, терисин, баалуу мүйүзүн ж.б. алуу максатында уюштурулган. Атайы кесипчиликтин түрү болуп, мал чарбачылыкка, дыйканчылыкка кошумча мүнөзгө ээ болгон. Кыргыздарда А-тын капкан, тузак салуу,

мүлүшкөрлүк, мергенчилик, тайган агытуу, бүркүт салуу деген түрлөрү болгон. А. объектилерине жапайы эчки, теке (жалпы жонунан кийиктер) илбээсин, түлкү, карышкыр, майда жандыктар, канаттуулар (улар, тоодак, кекилик, кыргоол ж.б.) кирген. Жаныбардын түрүнө карата А-тын тосуу, өңүү, айдоо, из куу, сонорлоо сыяктуу ыкмалары болгон. Кыргыздарда А-ты жүргүзүүнүн 2 түрү болгон: топ м-н жүргүзүү ж-а жалгыз чыгуу. Топ м-н А-ты кийиктерге, жырткыч айбанаттарга жүргүзүшкөн. А-ка тиешелүү куралдар болгон. Ыңгайына жараша жаа, мылтык, тутма кылтак, капкан, тор, тузак ж.б. колдонушкан. Мылтыктар сайсыз болуп, милте м-н атылган. Бүркүт, куштар м-н А. кылуу кеңири тараган.

**АРАБАЕВ** Ишенаалы, туурасы Эшенаалы (1882, Кочкор болуштугу, Күнбатыш айылы – 1933, Ташкен) – туңгуч кыргыз илимпоз-агартуучусу. 1900-ж. орус-жергиликтүү мектебин бүткөн. 1900–10-ж. кыргыз айылдарында мугалим (молдо) болуп иштеген. 1910–13-ж. Оренбург ш-ндагы «Медресе Кусейиниядан» бир жыл окуп, анан Уфадагы жогорку диний мектеп– «Медресе Галиядан» окуп билим алган. 1911-ж. *Молдо Кылыч* Шамыркановдун «Кысса зилзаласына» – кыргыз тилиндеги эң биринчи китепке өзү алгы сөз жазып, Казан ш-нан чыгарган. Кыргыз, казак балдарына арнап «Алиппе жаки төтө окуу» аттуу тунгуч окуу китебин К. Сарсекеев экөө жазып, Уфадагы «Шарк» басмасынан бастырган (1911). 1912-ж. «Жазуу өрнектери» (таза жазуунун үлгүлөрү) аттуу китепти Оренбургдан чыгарган. Бул 35 беттен туруп, мында жазуу эрежелери, каллиграфия, тамгаларды кооз жазуу үлгүлөрү берилген. Ошол эле жылы «Оренбургдан Ташкенге келе эскерүү» аттуу жол очерки «Айкан» журналынын 1-санына басылган. Уфадан келгенден кийин Ысыккөл, Нарын аймактарында бала окутуп, мектептерди ачкан. Ал Боогачынын «Секетбайын» ж-а фольклордук материалдарды жыйнаган. 1916-жылкы көтөрүлүштө Кытайга качкан, 1917-ж. кайтып келип Совет бийлигин орнотууга ж-а чыңдоого жигердүү катышкан. 1918–22-ж. Жетиөгүз ревкомунун мүчөсү, облустун «Кошчу» союзунун төрагасына орун басар, Россия Советтеринин 9-съездине делегат болгон. Жетиөгүздө 1-мугалимдер курсун уюштурган, Алматыда жооптуу кызматта иштеген. 1922–24-ж. Түркстан Эл комиссарлар Советинде (Ташкен) иштеп, анын ил. комиссиясын жетектеген. А. жетектеген ил. комиссия кыргыз тилинин алфавитин түзгөн, башталгыч класстардын окуучулары үчүн алиппени, окуу ж-а усулдук куралдарды, мугалимдер үчүн усулдук сунуштарды даярдашкан, кыргыз терминологиясынын маселелерин изилдешкен ж. б. 1922-ж. Сагымбай Орозбак уулунан «Манас» эпосун жазууну уюштурган. 1924-ж. июнда Оренбургда өткөн казак-кыргыз илимпоздорунун 1-съездине катышып, доклад жасаган. 1924-ж. Кыргыз АОсу түзүлгөндө ал облустук ревкомдун мүчөсү, илим комиссиясынын төрагасы, «Эркин-Тоо» гезитинин редколлегия мүчөсү болгон. 1924-ж. араб графикасынын негизинде тунгуч кыргыз алфавитин түзүп, «Кыргыз алиппесин» жазган. Грамматика ж-а табият таануу б-ча 1-кыргызча окуу китебин түзгөн. 1925-ж. Тыныбектин айтуусунда «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү» деген эпизодду жазып алган ж-а аны китепче кылып Москва басмасынан чыгарган. О. эле кыргыздын тунгуч гезити «Эркин-Тоону» уюштурууга катышкан ж-а 1-санына «Эркин-Тоо» деген макала жазган. 1925-ж. «Сабатсыз чоңдор үчүн алып-бээни» түзгөн. Окуу китептерин, колдонмолорду жазган ж-а көп китептерди которгон. А. бүт респ-ны кыдырып, жаштарды окууга, билим алууга чакырган. 1926-ж. Бакуда өткөн 1-түркологиялык съездге катышкан. А. 1933-ж. 11-майда жалаа м-н улутчул деп камакка алынып, ошол эле жылы 7-июнда Ташкендин түрмөсүндө каза болгон. 1958-ж. толугу м-н акталган.

**АРАБ МАДАНИЯТЫ** – 7–10-к-да Араб халифатындагы арабдардын ж-а алар жеңип алган Чыгыш м-н Батыштын, Түндүк Африка м-н Түштүк-Батыш Европанын элдеринин маданий карым-катнаштарынын негизинде түзүлгөн маданият. Ил. адабиятта шарттуу түрдө мусулман же А. м., ал эми акыркы жылдары аны Чыгыш Ренессансы деп да аташат. Анын өнүгүүсүнө айрыкча Орто Азия, Иран, Закавказье элдери да чоң салым кошкон. А.м-нын өнүгүшү эки чоң багытта: табият таануу илимдери, коомдук гуманитардык илимдерди камтуу м-н өнүккөн. Анын мүнөздүү белгиси – бул маданиятка салым кошкон аалымдар көп тармакты өздөштүргөн энциклопедиялык мааниге ээ болгон окумуштуулар. Көп учурда алар философия, тарых, мед., математика, физика, биология тармактарын өздөштүрүү м-н акын-жазуучу, адабиятчы ж-а тилчи да болушкан. Ошол доордогу улуу даанышмандар – *Жами*, *Ибн Сина*, *Фараби, Беруни, Жусуп Баласагын*, *Махмуд Кашгари* (Барскани) ж.б. маданиятты байытып, алдыга жылдырууда чоң салым кошкон. Араб тили илим-билимдин тили катары эсептелип, араб сөздөрү илим аркылуу дүйнө жүзүнө жайылган, башка элдердин лексикологиясына сиңип калуу м-н азыркы күнгө чейин сакталып келүүдө. Мис., алкоголь, алгебра, азимут, тариф, адмирал ж.б. Европа элдеринин тилинде, ал эми адабият, маданият, китеп, мектеп, калем, дептер ж.б. араб сөздөрү түркий тилде сүйлөгөн элдерде сакталып калган. Араб жазуусун көп элдер өздөштүрүп, айрымдары ушул күнгө чейин колдонууда. Кыргыздарга бул жазуу орто кылымдардагы *Караханийлер кагандыгынын* доорунда (960-ж. тартып) белгилүү. Жусуп Баласагын «Куттуу билим» (1069) аттуу эмгегин араб тамгасы м-н жазган. Кыргыздар бул жазууну Совет доорунда да колдонушкан. Араб тилиндеги же араб тамгасын пайдаланып жазылган тарыхый булактар Орто Азия элдеринин өткөн доордогу жашаган жерлери, тиричилиги, турмушу, салты, үрп-адатынан кабар берет.

Т а б и я т  и л и м и. Табият илимдерин өнүктүрүүдө аалымдар байыркы грек окумуштууларынын (мис., Птоломей, Архимед, Евклид ж.б.) эмгектерин араб тилине которуп, аларды өздөштүрүшкөн. А.м-нын Европага өтүшү техникалык жаңылыктарды (саат, компас, парустары кыйгач кайык, алгебра, алгоритм теориясы ж.б.) берди. Кол өнөрчүлүк ж-а соода м-н байланышкан математика, астрономия, геогр. илимдери өнүгөт. Орто

Азиялык окумуштуу Абу Райхан Бируни биринчилерден болуп жердин шар түрүндө экендигин, жер күндүн айланасында ж-а өз огунда тегеренип тургандыгын далилдеген. Абу Али ибн Сина көп ооруларды биринчи жолу сыпаттап жазып, аларды эмне м-н кандайча дарылоо жолдорун, ыкмаларын көрсөткөн.

К о о м д у к   и л и м д е р. Философияны өнүктүрүүдө, айрыкча грек окумуштуусу Аристотелдин (Чыгышта аны Аристу дешкен) философиялык ой жүгүртүүлөрү, тыянактары ж-а божомолдоолору кенен жайылган, окуп үйрө-нүлгөн. Аристотелдин ил. мурасын калк арасына жайылтууда Абу Наср *Фараби* чоң роль ойногон. Ал биринчи болуп Аристотелдин философиялык эмгектерине түшүндүрмө (комментарий) жазган. Тарых илимин өнүктүрүүдө да чоң ийгиликтер болгон. Көрүнүктүү тарыхчы аз-Зухра, араб халифатынын тарыхын жазган *Мукаддаси*, Дулаф, *Истахри*, Абу Райхан Беруни өз эмгектеринде Карахан дөөлөтү, кыргыз аймагы, кыргыздар ж-дө да баалуу маалыматтарды калтырган. Арабдардын оозеки көркөм чыгармачылыгында башка элдердин таасири анчалык эмес. Арабдар жарым көчмөн дыйканчылык м-н жашагандыктан, оор турмушту чагылдырган эмгек, бешик, көч ж.б. мазмундагы элдик поэзия өнүккөн. Сирия ж-а Ирак араб поэзиясынын борбору болуп калган. Бул аймактан ал-Ахраль, ал-Жарир, ал-Фараздак сыяктуу көрүнүктүү акындар чыккан. Ойчул Башшар ибн Бурд (783-ж. өлгөн) фольклордук чыгармаларды чогулткан, аларды сирия, пехлева, грек тилдерине которуп, араб поэзиясын өркүндөткөн. Араб прозасынын үлгүсү катары «Миң бир түн» чыгармасы дүйнө элдерине кеңири белгилүү. Рухий турмуш, ой толгоо, айрым диний тыянактар ж-дө «Куран» китеби маалымат берет.

А р х и т е к т у р а   ж а н а   с ү р ө т   ө н ө р ү. Архитектура иши өркүндөтүлүп, шаарлар, жаңы үлгүдөгү үйлөр, мечиттер, медреселер, мектептер, мунаралар салынып, ири шаарлар Рабат, Марракеш, Фуста, Гранададагы Аль-Гамбра двореци курулган. Сүрөт искусствосу 10–12-к-да айрыкча Египетте өркүндөгөн. Көрүнүктүү орунду арабеска, китеп миниатюрасы ээлейт. Ал эми араб музыкасы арабдардын өзүнүн ж-а алар басып алган өлкөлөрдүн таасири м-н калыптанган. Вокалдык-аспаптык жанр айрыкча кеңири тараган, мында башкы роль ырчыга таандык болгон.

**АРАБ ЦИФРАЛАРЫ** – санак жүргүзүү үчүн берилген система; 0,1,2,3,4,5.6,7,8,9 түрүндө жазылуучу математикалык белгилер. Бул белгилердин жардамы м-н эң кичине ж-а чоң сандарды жазуу мүмкүн. Цифралар алгач 5-к-да Индияда пайда болгон. Арабдар тарабынан өздөштүрүлүп, кийин Европа өлкөлөрүнө тараган. Кыргызстандын аймагында 10-к-да эле белгилүү болгон.

**АРАВАН АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТ-ТӨР –** б. з. ч. 1-миң жылдыктын аягы – б. з. 1-миң жылдыктын башына таандык археол. эстелик. Араван суусунун оң өйүзүндөгү бийик эмес асканын түндүк-батыш бооруна аркардын, тоо эчкилердин, адамдардын ж-а жылкылардын сүрөттөрү тартылган. Алардын арасында тартылган 4 жылкынын турпаты дабан аргымактарына окшоштурулат. Чоподон жасалган байыркы идиштердин сыныктары ж-а күмбөздүн урандылары табылган.

**АРБАК** – адам өлгөндө анын жаны денесинен бөлүнүп, тигил дүйнөдө жашоосун улантат деген анимисттик идеянын исламда өзгөртүлүп алынышы. Кыргыздар өлгөн ата-бабаларынын А-тарынан колдоо ж-а жардам алууга умтулушуп, алардын А-тары артында калган укум-тукумдарынын бейкут жашоосуна жардам бере алат деп ишенишкен. А-тардын көңүлүн алууга, аларды таарынтпоого аракеттенишкен. А-ка арнап адам өлгөндө кара ашын, үчүлүгүн, жетилигин, кыркын, ашын өткөрүшкөн, убагында жыт чыгарып, куран окушкан. Кээде өлгөн киши м-н кошо курал-жарактарын, күндө колдонуп жүрүүчү буюмдарын коюшкан, бейит башына барганда тамак-аш калтырышкан. Кыргыздарда А-ка сыйынуу ислам динине чейин орун алып, уруулук-патриархалдык мамилелер күч алып турганда айрыкча таасирдүү болгон.

**АРГУ** – 11–12-к. Караханийлер мамл-не караган азыркы Кыргызстан, ага чектеш Казакстан аймактарындагы дубан. Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» өз алдынча тили (диалекти) бар элдин аты катары чагылдырылат. 11-к-дын орто ченинде Жетисуу аймагынан Мавераннахрга А-лар м-н бирге карлук, халадж, тухси ж.б. уруулар көчүшкөн. Махмуд Кашгари бул топонимди: 1. эки тоо ортолугу; 2. Баласагын ж-а Тараз, Баласагын ж-а Исфиджиабдын ортолугундагы жайгашкан шаарлардын жалпы аталышы экендигин ж-а бул аймакты кийинки мезгилдерде (11-к-га чейин) түрк тилдүү уруулар мекендей баштаганын белгилеген. Жемал Карши (13-к.) А. өлкөсүнө бүткүл Жетисуу аймагы кирерин жазат. 1253-ж. Или өрөөнү аркылуу өткөн Гильом Рубрук бул аймактын «Органум» деп аталарын эскерген. Аталган аймак ж-дө Рашид ад-Дин (14-к) «Жами ат-таварихте» эскерип өтөт. А-лардын чыгыш тегинин башаты Саян-Алтай аймагы м-н да байланышы бар экендигин азыркы Тожу-Тувадагы (Тува Респ.) Оргу топониминин сакталып калышы тастыктайт. О.эле Оргу Аргу этнотопоним катары Чыгыш Түркстанда да сакталып калган.

**АРДЫЛАНКЕТ –** 10–12к-га таандык шаар. Ферғананын чыгыш тарабында жайгашкан. 10-к-дагы араб географтарынын эмгектеринде эскерилет. Чаткал өрөөнүндөгү Күлбөсхан шаар чалдыбары А. ш-нын урандысы деп божомолдонот.

**АРИСТОВ** Николай Александрович (1847– өлгөн жылы белгисиз) – орус чыгыш таануу-чусу ж-а этнографы. Казан ун-тин бүтүп, 1864-жылдан Тобольск губерниясында админ. кызматтарда иштеген. 1868-ж. Жетисуу облусунун башкармалыгынын иш алып баруучулугуна дайындалгандан тартып, А-дун ишмердиги Түркстан генерал-губернаторлугу м-н тыгыз байланышта болгон. 1869–82-ж. Түркстан генерал-губернаторлугунда ж-а анын курамында кайрадан түзүлгөн Жетисуу облусунда аскердик ар кандай кызматтарда, 1882–88-ж. Степное

генерал-губернаторлугунда иштеген, Түркстан чөлкөмү б-ча топтогон бай материалы А-го ошол аймак б-ча изилдөө иштерин жүргүзүүгө түрткү берген. Орус синологу Н.Я.*Бичуриндин*, немис классикалык тарыхый-геогр-нын өкүлү К.Риттердин ж-а орус изилдөөчүлөрү П.П. Семеновдун, В.В.Григорьевдин эмгектерине да таасирленген. 1893-ж. «Усундар ж-а кыргыздар же кара кыргыздар. Батыш Тяньшандын калкынын тарыхынын ж-а турмушунун ж-а анын тарыхый географиясынын очерктери» («Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Очерки история и быта населения Западного Тянь-Шаня и его исторической географии») деген эмгегин жарыкка чыгарат. Бул эмгектин биринчи бөлүгүндө б. з. 5-к-на чейинки усундардын тарыхы, алардын Дабан ж-а Каңгүй мамл-тери м-н болгон байланыштары, Теңиртоо аймагындагы аларга таандык эстеликтер ж.б. тууралуу тарыхый кабарлар, енисей кыргыздарынын келип чыгышы ж-а тарыхы ж-дө маалыматтар берилген. Бул эмгектин «Батыш Тяншань, кыргыздар ж-а каракыргыздар» деген бөлүгүндө 6–8-к-дагы кыргыздар тууралуу тарыхый кабарлар, Батыш Теңиртоодогу карлуктардын, кара-кидандардын учурундагы тарыхы, чагатай, калмак, кытай ж-а Кокон үстөмдүктөрүнүн учурундагы абалы, орус бийлигинин карамагына өткөн доорго чейинки узак тарыхый мезгили баяндалган. А. 1894–96-ж. «Живая старина» журналына жарыяланган «Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Большой орды и каракиргизов на основании родословных сказаний…» деген көлөмдүү макаласында кыргыздардын уруулук түзүлүшү ж-дө этногр. маалыматтар ж-а легендалар келтирип, алардын негизинде кыргыздардын этностук түзүлүшүн көргөзгөн ж-а келип чыгышын далилдөөгө аракет кылган. Императордук Орус геогр. коомунун анык мүчөсүнө шайланган ж-а Кичи алтын медалы м-н сыйланган.

**АРИСТОКРАТИЯ** (грек. aristos – эң жакшы, kratos – бийлик) – 1. коомдогу таптардын ж-а социалдык топтордун өзгөчө укук берилген чөйрөсү, катмары; 2. уруу ак-сөөктөрү.

**АРКАН** – материалдык маданиятта бай-лоочу, таңуучу, тутуучу ж.б. милдеттерди аткаруучу буюм. А. бир нече жипти бириктире чыйратып же өрүп жасалган жоон жип. Кыл А. (жүнгө жылкынын жал-куйругунан, топоздун кылынан кошуп эшилет); жүн А. (койдун, эчкинин жүнүнөн эшилген жоон жип). Кыл А. бодо малды тейлөөдө (жылкыны сыйыртмак же укурук м-н кармаганда, жыкканда) көбүрөөк колдонулат. А. күндөлүк тиричиликте малды отко коюу (аркандоо), козу-улактарды көгөндөө, кулундарды желеге байлоо, үй буюмдарын таңуу, боз үйдүн айрым бөлүктөрүн бириктирүүдө ж.б. кеңири колдонулат. Аркан тартмай, алты бакан ж. б. оюн-зоoktóрдо А-ды колдонушкан.

**АРКАН ТАРТЫШ** – эки тараптан бирдей санда чыккан балдар же жигиттер белгиленген сызыктын эки жагына чубай турушуп, баары бир арканды кармашып, бирдей мезгилде өз тарабын көздөй тартышкан мелдеш оюну. Калыс адам белги берери м-н А.т. башталат. Каршысындагы оюнчулардын алдыңкысын белгиленген чек сызыктан өткөрө тартса сүйрөп кеткен тарап утат. Мындай оюн күрөш, бука тартыш, оодарыш сыяктуу чоң жыйындарда, тойлордо, аштарда өткөрүл-гөн. Азыр деле өткөрүүлүдө. Кээ бирде арканды жекеме-жеке да тартышат.

**АРПА КӨРҮСТӨНҮ –** б. з. ч. 2-миң жылдыктын ортосуна таандык археол. эстелик. Атбашы р-нунун Арпа суусунун оң өйү-зүндөгү Жалгызүй деген жерден 1944-ж. 2 көрүстөн табылган. Көрүстөндүн диаметри 12–18 *м.*, бийиктиги 0,40–0,60 *м.* 1-көрүс-төндүн көлөмү төрт чарчы, капталындагы жалпак таштары кырынан орнотулган. Ичинен чопо идиш табылган. 2-көрүстөндөн чоподон жасалган 3 идиш табылган. Экөөнүн бетинде оймосу болгон. Идиштерден тышкары, өрттөп көмүлгөн адамдын сөөк калдыктары табылган. 1945-ж. дагы төрт көрүстөн казылып, алардан өрттөлгөн адамдын сөөк калдыктары табылган. Көрүстөндүн биринин ич жагындагы коргончосунан күлдүн калдыктары, өрттөлгөн адамдын сөөгү, жылдызча түрүндөгү 36 шуру, 2 оюусу жок чопо идиш, 2 коло билерик ж-а шурулар табылган.

**АРСЛАН ХАН** – 13-к-дын баш чендериндеги карлуктардын Жетисуудагы мамл-нин башчысы, хан. Ал Кайалык (Каялык) ш-н ордо кылган. Карлуктардын кара кытайлардын Тур-ханына, найман элинин ханзаадасы Күчлүккө каршы күрөшкөн. 1210–1211-ж. Чыңгыз ханга баш ийип берген.

**АРСТАНБАП КҮМБӨЗҮ** – 16–18-к-га таандык археол. эстелик. Жалалабат облусунун Базаркоргон р-нундагы Арстанбап кыштагынын аймагында, Арстанбап суусунун сол өйүзүндө. Күмбөздүн туурасы 5,7 *м*, уз. 9,9 *м*; кумпа чатырлуу. Күмбөздүн дубалына жалбырактардын, бутактардын сүрөт-төрү, оймо-чиймелер түшүрүлгөн. А. к. Орто Азия элдеринин соңку феодализм дооруна таандык курулуш үлгүлөрүнө кирет.

**АРСТАНБЕК** Буйлаш уулу (1824, Ысыккөлдүн сырты, Эки Нарын жери – 1878, Ысыккөлдүн тескейи, Чычкан конушу; сөөгү Жуукудагы Ташкыя бейитине коюлган) – кыргыздын төкмө акыны ж-а ойчулу; комузчу, күүчү ж-а обончу. «Замана» агымынын эң ири өкүлдөрүнүн бири. Калк ага «булбул» деген атак берген. Бугу уруусунун тынымсейит уругунан. Атасы Буйлаш бийдин кичи токолунан төрөлүп, баркталбай кой, козу кайтарып өсөт. А. ырчы катары 16 жашында таанылган. Кокон ханы кыйкымдап Буйлаш, башка дагы тынымсейит билермандарын ордого айдатып кеткенден кийин, А. алардын артынан барып, ырдап, өз өнөрү м-н даткалардын, ордо бийлөөчүлөрүнүн купулуна толуп, атасы баштаган манаптарды куткарып келет. Ал Фергана тарапта бир жылча жүрүп, Наманган, Анжиянды аралап, көптөгөн ырчы, комузчулар м-н беттешип, өз жерине чоң ырчы атыгып кайтат. Кокон бийлигинин зордук-зомбулугунан калктын каржалганын баяндоодо ал өзүн чоң сүрөткер катары көрсөткөн (тилекке каршы, ал ырларынан айрым үзүндүлөр гана бизге жетти). Бугу м-н сарыбагыштардын чатагы мезгилинде да көп ыр чыгарган. Айрыкча, Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин анын

уруулаштары тарабынан бугулар катуу кысмакка алынып, калк чабылып туш-тушка качканда бугулардын турмуш акыбалын сүрөттөп, эки урууну ынтымакташууга чакырып ырдаган ырларынан айрым үзүндүлөр белгилүү. А-тин чыгармачылыгында орчундуу теманы замана ырлары, эң бараандуу «Тар заманы» түзөт. «Тар заман» акындын турмуштук, коомдук-социалдык көз карашынын жыйындысы. «Тар замандын» окуясы шарттуу түрдө эки бөлүктөн турат: 1. орустар басып келе жатат деген кабардан улам ырдалган ырлар; 2. орус колонизаторлору кыргыз жергесине орношуп, бийлигин бекемдеген мезгилде акын күбө болгон окуялардын чагылдырылышы. А. ал заманды «азуулууга бар заман, бечарага тар заман» катары мүнөздөгөн. Ал орустардын чарбалык ишиндеги, аскер кызматындагы жакшы жактарын да туура байкаган. Бирок, кантсе да, А. айрым маселелер б-ча патриархалдык-феодалдык нарк-нусканын чегинде бек туруп, аны коргоого алган. Орустардын келиши м-н кыргыз коомчулугунун башкаруу иштерине, турмуш-тиричилигине, элдин каада-салтына, кулк-мүнөзүнө кирип жаткан өзгөрүүлөргө ой жүгүртүп, ал жылыштарды көбүнесе ата-бабанын нускасынын бузулушу катары кабыл алган. Ал кошок, арман, санат, терме, керээз, ар кыл багыттагы ырларды, поэмаларды жараткан. Элдин айтымында өзүнүн 200дөй күүсү болгон. Айтыш өнөрүнүн ири устаты. Анын «Арстанбектин арман күүсү», «Кербез», «Кет Букасы», «Ат чубатар ботою» залкар күүлөрдүн катарында турат. Кыргыз маданиятынын тарыхында А-тин мурасы чоң из калтырган. Анын улуулугу – өз доорунун курч проблемаларын козгоп, элдин турмуш-жагдайы, келечектеги тагдыры, коомдун социалдык ал-абалы ж-дө терең ой жүгүртүүсүндө. А. эскичил ырчы катары сындалып, иликтөө, изилдөө алкагынан четтетилип, чыгар. жыйналбай, акын туура баасын албай келди. А-тин мурасына кайрылуу 90-жылдары гана колго алына баштады.

**АРХЕОЛОГИЯ** (грек archaios – байыркы, logos – илим же сөз) – адам баласынын ба-йыркы тарыхын зат түрүндөгү булактар б-ча таанып, изилдөөчү илим. Алгачкы археол. казуулар тууралуу маалыматтар орто кылымдарда белгилүү боло баштаса да, коомдук ж-а табигый ил-дер м-н салыштырып караганда археол. илим катары кийин гана калыптанган. А. тарых ил-нин бир тармагы. Кыргызстанда алгачкы археол. изилдөө иштери 19-к-дын 2-жарымынан жүргүзүлө баштаган.

**АРХЕОЛОГИЯЛЫК БУЛАКТАР** – алгачкы адамдардын турак-жайлары, шаар чалдыбарлары, эмгек куралдары, көрүстөндөр, аска-таштардагы сүрөттөр, жазуулар ж.б. А. б. байыркы элдердин, коомдордун социалдык-экон., саясий тарыхы, этногенези, элдердин байланышы, руханий маданияты, каада-салты б-ча маалымат берет. Бул маалыматтарды бекемдөө, тактоо үчүн материалдык калдыктардын үстүндө иштөөнүн өзүнчө ыкмасы иштелип чыгат. Мис., типологиялык изилдөө, классификациялоо, доорун аныктоо, археол. маданияттарды бөлүү, салыштырма анализ жүргүзүү. Натыйжада калдыктардан археолог үчүн зарыл маалымат алынат. Ушундан кийин археол. табылга-буюм материалдык калдыкка айланат. Ошол «материалдык калдыкты» А. б. деп атоо орундуу. А. б. илимден тышкары күн көрүшү мүмкүн эмес. Ал эми археол. эстелик ил-ден тышкары деле күн көрө берет (изилдөөгө объект болгонго чейин).

**АРХЕОЛОГИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨ** бир канча баскычтан турат: археол.чалгындоо, эстеликти казуу, табылгаларды иреттөө, доорун аныктоо ж. б. Археол. казуу мезгилинде буюмдарды аныктоодо, диний ырым-жырымдарды археол.табылгалардын негизинде иликтөөдө, эстеликтин этностук тиешелүүлүгүн тактоодо тарыхый, этногр., лингвистикалык, фольклордук маалыматтар м-н салыштыруу археол. изилдөөнүн зарыл баскычы. Буюмдун кайсы доорго тиешелүү экендигин тактоодо табигый ил-дин жетишкендиктерин колдонуп, калий-аргондук, радиоуглероддук, дендохронологиялык аныктоо анализи жүргүзүлөт; ар кайсы жерден алынган металл буюмдар тобун спектрдик анализден өткөрүп, металлдагы кошулмалардын составын, кайсы жердеги кенден жасалгандыгын билүүгө болот. Адамдын баш сөөгүнүн өзгөчөлүгүнүн негизинде антропологдор жынысын, жашын, расасын так аныктай алышат, айрым учурда кайсы тараптан ооп келген этномаданий топ экендигин аңдоого да болот. Тарыхты окуп-үйрөнүүдө археол.изилдөөлөрдүн мааниси зор. Адамзат коомунун алгачкы баскычынан тартып орто кылымдарга, жаңы мезгилге чейинки өнүгүү баскычтары, материалдык ж-а руханий маданияттын өнүгүшү, байыркы ж-а орто кылымдардагы этностор, кыргыз элинин этностук тарыхынын проблемалары ж-а алардын коңшу аймактардагы элдер м-н болгон көп кырдуу байланыштары өңдүү маселелерди чечмелөөдө А. и-нүн зарылчылыгы айкын.

**АРХЕОЛОГИЯЛЫК МЕЗГИЛДЕРГЕ БӨЛҮШТҮРҮҮ.** Археол. илиминде колдонгон эмгек куралдарына жараша тарыхый мезгил таш, коло, темир доору деп бөлүштүрүлөт. Таш доору үчкө бөлүнөт: палеолит – байыркы таш доору (б. з. ч. 2 млн. 600–10 миң жылдыктар), мезолит – ортоңку таш доору (б. з. ч. 10–7 миң жылдыктар), неолит – жаңы таш доору (б. з. ч. 6–4 миң жылдыктар). Байыркы таш доору – төмөнкү таш доору (2 млн. 600 миң ж-тар), жогорку таш доору (40–10 миң жылдыктар аралыгы) болуп экиге бөлүнөт. Төмөнкү таш доору олдувай, ашель, мустье доору болуп үчкө бөлүнөт. Таш доорунан кийин жез таш доору (энеолит) деген өткөөл мезгил бар. Ал б. з. ч. 4–3 миң жылдыктарды, коло доору б. з. ч. 3-миң ж-тан 1-миң ж-ка чейинки аралыкты камтыйт. Эрте темир доору 1-миң жылдыктан б. з. ортосуна чейинки учур. Кийинки А. м. б. тарыхта орто кылымдар доору деп уланып кетет. Археол-да айрым аймактар үчүн этностордун аты м-н аталган шарттуу мезгилдерге бөлүштүрүү да колдонулат. Мис., Орто Азия археол-нда сак доору (б. з. ч. 8–3-к.), Борб. Азия археол-нда байыркы түрк мезгили (б.з. 6–10-к-ры), Түштүк Сибирь археол-нда кыргыз мезгили (840-ж.–10-к-дын ортосу), моңгол мезгили (13–14-к.) ж.б. Археол.маданияттын аты м-н колдонулган шарттуу аталуучу мезгилдер да кездешет. Мис., *андрон мезгили.*

**АРХЕОЛОГИЯ СҮЙҮҮЧҮЛӨРДҮН ТҮРКСТАН ИЙРИМИ** 1895-ж. 11-декабрда чыгыш таануучу, академик В. В. Бар-тольддун ж-а Ташкендеги эркектер гимна-зиясынын директору Н. П. Остроумовдун демилгеси м-н Орто Азияда ачылган ил. коом. 1917-ж-га чейин Орто Азиянын археол-н, материалдык маданиятынын тарыхын окуп-үйрөнүү, байыркы эстеликтерди сактоо б-ча иш жүргүзгөн. Ийрим жыйналыштарын Түркстан генерал-губернаторунун резиденциясында өткөргөн; жер-жерлерден алынган байыркы эстеликтер тууралуу маалыматтар, тарых, археол-га байланыштуу ил.ачылыштар табылгалар тууралуу ой-пикирлер талкууланган, чет элдик ил. коомдор м-н байланыш түзүшкөн. Басма беттерине макала жарыялашкан. Ийримде улуу державалык шовинизм идеяларын тараткан барон Б. А. Вревский, Сибирь, Жетисуу, Фергана аймактарын славяндардын байыркы бабаларынын жери, сак-массагеттер славяндардын бир тамыры, чыгыш элдеринин тамыры арий-славяндарынан тараган деген пикирди айткан. В. М. Флоринский Түркстанга келүү м-н орус падышачылыгы славяндарды байыркы мекенине алып келүүдө деген идеяны тараткан. Ийримдин «Протоколы заседаний и сообщений членов Туркестанского кружка любителей археологии» аттуу журналы чыгып турган. 1919-ж. ийрим Россия геогр. коомунун Түркстан бөлүмүнө секция катарында кирген. Ийрим ачылгандан кийин, 1896-ж. Таластагы биринчи байыркы түрк руна жазуусу тууралуу Олуяата уездинин начальниги В. А. Каллаур кабар берген. 1903-ж. 15-январда ийрим Н. Г. Хлудовдун Саймалыташ ж-дө алгачкы билдирүүсүн угуп, И. Т. Пославский ошол эле жылы Фергана тоо кыркасынын Көгарт ашуусундагы Саймалыташ сүрөт галереясын изилдеген.

**АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕР** – адам баласынын турак-жайлары (алгачкы адамдардын турагы, алар жашаган үң-күрлөр, кийинки доорлордогу кыштакчалар, шаар чалдыбарлары), колдонгон буюмдары (эмгек ж-а согуш куралдары, кийим-кече калдыктары, ат жабдыктары, идиштер), өндүрүш ишмердигин чагылдырган жерлер (кол өнөрчүлүк, тоо-кен ишканалары), көр-көм өнөрүн чагылдырган эстеликтер (кооздук буюмдары, аска-таш бетине, териге, металлга түшүрүлгөн сүрөт-оюулары), өлгөн адамдын сөөгү коюлган жерлер, маркумга тургузулган эстеликтер (көрүстөндөр, күмбөздөр, балбалдар, кенотафтар, менгирлер), диний ырым-жырымдар аткарылуучу жерлер (храм, мазар, мечит), эпиграфикалык эстеликтер (ташка, жыгачка, металлга ж. б. түшүрүлгөн жазуулар) нумизматикалык табылгалар (тыйындар), атайын жерге көмүлгөн кенчтер ж. б. Алар археол. маданий катмарда сакталат. Кыргызстанда аталган А. э-дин бардык түрү кездешет.

**АРЫК-БУКА** – 13-к-дын 60-ж. Чыңгыз хан династиясынын өкүлү. Тулуйдун баласы, Муңкэ хандын кенже иниси. Муңкэ хандын (1251–59) тушунда кыргыздар жашаган Саян-Алтай, Моңгол Алтайы, Чыгыш Теңиртоо аймактары А.-Б-нын башкаруусу алдында болгон. Муңкэ хан өлгөндө убактылуу тактыны ээлеген А.-Б. 1260-ж. Хубилайдан күзүндө жеңилип, анын аскерлери кыргыздардын аймагына качып келген. 1262-ж. А.-Б. өз аймагындагы элдерден, а. и. кыргыздардан түзүлгөн кошуунга таянып, Теңиртоодогу Чагатай улусунун башкаруучусу Алгуга каршы жортуул жасаган. 1264-ж. А.-Б. Кытайда моңголдук Юан сулалесин негиздеген Хубилай ханга (1260–94-ж.) баш ийээрин билдирген. 1266-ж. дүйнөдөн кайткан. Ушул доордон тартып чыгыштагы (Түштүк Сибирь, Моңгол Алтайы) кыргыздар Юан сулалесине (1260–1368-ж.) карап калышкан, ал эми батыштагы (теңиртоолук) кыргыздар 1269-жылдан Хайду мамл-не караган.

**АСАН КАЙГЫ** – ойчул, акылман ж-а акын. Түрк элдеринин (кыргыз, казак, каракалпак, ногой) оозеки чыгында анын ысмы легендага айланган. А. К. болжолу 14-к-да жашаган. Акындын өмүрү, жашаган жери, окуялары аңыз-уламышка айланып, калк арасында ага тиешелүү деп айтылып жүргөн айрым чыгармалары тууралуу гана маалыматтар сакталган. Маалыматтардын басымдуу бөлү-гүн акын тууралуу аңыз-аңгеме, уламыш сөздөр ж-а акылмандын философиялык ой жүгүртүүлөрү, учкул сөздөр түзөт. Кыргыз элинде А. К-нын айтылып жүргөн аңыз-окуялары Алтын ордонун хандарынын бири Жаныбектин заманы м-н байланыштыруу, анын адилетсиз бийлигинен жабыркаган калктын оор турмушун, кайгы-муңун тең бөлүшкөн акын, ойчул адам катары мүнөздөлүп, элдин мүдөөсүн, кызыкчылыгын коргоо анын чыг-нын негизги мазмунун түзөт. Эл оозунда айтылган маалыматтарга караганда А. К. Сырдын (Сырдарыя) боюн жердеп, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Жээренче чечен, Алдар Көсөөлөр м-н бир заманда жашаган. Жаныбек хандын заманында калк азып-тозуп турганда, А. К. баласы Төлөндүнү ханга жөнөтүп «Теминдидей жер, жырындыдай суу, башыбызга эркиндик сура» деген экен. Хандан уруксат алган акылман эли-журтун ээрчитип, Сыр боюнан Алатоо тарапка көчүп келген. А. К-нын философиялык, турмуштук көз карашынын негизин жандууну жана жансызды аёо – асанкайгылык түзөт. Бүтүндөй жан-жаныбарлар дүйнөсү акылмандын көз алдына тартылып, катуу суукта боорун жерден көтөрө албаган бака, басууга буту жок жылан, кышка камы жок доңуз ж.б. кантти экен?-деген убайымды чегет. Мындай жагдайда адамдардын турмушу тууралуу да акылман отун, суусу жок жесир кантти, башында киери, ичээрге тамагы жок, жеңеден жеме угуп күн көргөн жетим кантти, боюн токтото албай калчылдаган карынын, кепичин кийе албай, келини тил албай, айласы куруган кемпирдин күнү не болду? – деп кейиген. А. К-нын мурасы толугу м-н жеткен жок. Көпчүлүгү аңыз-аңгеме, уламыш түрүндө эл ичинде сакталып келген.

**АСАНОВ** Дайыр (1922-ж. Нарын облусу, Атбашы р-ну, Баш-Кайыңды айылы) – Советтер Союзунун Баатыры (1943), генерал-майор (1994). Ленин ордени, эки I-даражадагы “Ата Мекендик Согуш” ордени, үч “Кызыл Жылдыз” ордени, III-даражадагы Манас ордени, “Ардак Белгиси” ордени, үч “Аскердикке сиңирген эмгек үчүн” медалы, ж-а башка 26 СССРдин ж-а Болгариянын медалдары м-н сыйланган.

**АСПЕРДИ** Чот уулу (1780–1852) – кыргыздардан чыккан таасирдүү мамл. ишмер, саруу уруусунун бийи. Фергана өрөөнүндө мектепте, Кокондун медреселеринен билим алган. А. датка көп жылдар бою Фергана өрөөнүндө аскер кызматында, жогорку даражалуу орундарда иштеген. 1797-ж. Нарбото бийдин буйругу м-н Маргаланга бек, 1800-ж. Алим хандын буйругу м-н башкы вазир болуп дайындалган. 1806–07-ж. Алим хан м-н болгон пикир келишпестиктердин натыйжасында ханга каршы тарапка өткөн. 1810-жылдан саруу уруусунун бийи. 1819–20-ж. Меккеге, Мединага зыяратка барып, ажы болуп кайткан. 1826-ж. Мадалы хан (Кокон ханы) тарабынан датка наамын, Талас өрөөнүн башкаруу укугун алат. Ошондон баштап эл арасында «Ажы бий», «Ажы бек», «Ажы датка» аталат. 1842-жылдагы элдик көтөрүлүштө, бир тууган жээни Шераалыны хан көтөрүүдө чоң роль ойногон. А. датка өмүрүнүн акырына чейин Талас өрөөнүндөгү Карабуура суусунун жээгинде жашаган ж-а ошол доордо кыргыз элинде гана эмес, Кокон, Хива хандыктарында ж-а коншулаш казак ж.б. элдерде чоң кадыр-баркка ээ болгон. Кокон хандыгынын түп-төлүшүнө ж-а калыптанышына өз салымын кошкон. Хандык м-н кыргыз элинин ортосундагы карым-катнашты, достукту ж-а ынтымакты чыңдоого аракетин жумшаган. Датка динди бекем тутуп, бийлигин калыстык м-н жүргүзгөн.

**АСЫЙ** – бодо малга карата айтылган малдын жашы. А. 5-жылга караган мал. Аны А. чыкма, жаңы А. же бир А. деп атаган; 6-жылга караганы эки А. деп аталган.

**АТА** – адам коомундагы жакындыкты түшүндүргөн сыймыктуу сөз. А. түшүнүгү тууганчылыктын, жакындыктын көп жеринде колдонулат. 1. балалуу болгон эркек. А-нын атасы – чоң А., энесинин А. – тай А.; чоң А. – буба; бубанын А. – баба; анын А. – жото; анын А. – кубаары; кубаарынын А. – жете; анын А. – тек. Андан ары урук, уруу, улут болуп кетет. Тай А. м-н тай энесинин А-лары ж-а өз А-нын тай А. – чоң тай А., атасынын досу же энесинин досунун күйөөсү ж-а алардын А-лары – аяш А. делет. Бала төрөлгөндө киндигин кескен аялдын А. м-н күйөөсү киндик А., багып алган киши же энесинин кийинки күйөөсү – өгөй А., аялынын А. – кайын А., аялынын чоң А. м-н тай А. – чоң кайын А., жаңыдан никелешкенде ата-энесинин ж-а өздөрүнүн каалоосу б-ча, жаңы үйлөнгөндөрдүн ата-энесиндей эле кайгы-кубанычына ортоктош болучу (күйөөсүнө өзүнчө, аялына өзүнчө дайындалган) калыс өкүлдөр – өкүл А. деп аталат. 2. Чоң А-нын А. – бубадан аркы А-лар жалпылана А. же жете деп аталат. Жети А-н билбеген киши тексиз, жетесиз киши катары эсептелген. Жети А. өтмөйүнчө кыз алышууга тыюу салынат. 3. Ар кандай зарылчылыкта – энчи бөлүштүрүүдө, сакалдуулук ылгоодо, алыс-жакынды аныктаганда – тең А., кем А., бир же эки А. улуу же кичүү деген түшүнүктөр бар. 4. Көп жашаган, көптү көргөн нускалуу карт адамдарды урматтоо (баланча А., түкүнчө А., бастанча А-лар). 5. Өнгөн жерге тиешелүү А.конуш, А.журт, А.мекен. 6. Ар кандай ишенимдер б-ча, айрым айбандардын колдоочулары – Чолпоната, Камбарата, Ойсулата, Чычканата ж.б. 7. Айрым учурда коркутуу, кекетүү, каардануу иретинде А-сын тааный элек ж.б. делип колдонулат. 8. Көп учурда адил, улуу, сыймыктуу деген мааниде эмгекке, өнөргө, акылга, билимге байланыштуу А. деген түшүнүк колдонулат. Мис., күү А. Камбаркан, эл А. алп Манас, калк А. эр Бакай, сын А. Толубай, ыр А. Токтогул ж.б.

**АТАБЕЙИТ** – саясий репрессиядан курман болгон атуулдарга арналган мемориалдык комплекс. Аламүдүн р-ндагы Чоңташ айылынан орун алган. Комплекстин архитектору К.Алымкулов. Эстелик 2000-ж. 14-июлда ачылган. Анда 1938-ж. ноябрда «эл душманы» деген жалган айып м-н атылган 137 адам көмүлгөн. Алардын ичинде белгилүү саясий жетекчилер: Юсуп Абдрахманов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Эркинбек Эсенаманов, Султанкул Шамурзин, Иманалы Айдарбеков, «кызыл профессор» Касым Тыныстанов ж.б. болгон. Бул инсандардын белгисиз бейити тууралуу Таштөбө айылынын тургуну Г. Кыдыралиева баяндаган. Тарыхый чындыкты калыбына келтирүүгө салым кошкондугу үчүн, Кыдыралиева «Эрдик» медалы м-н сыйланган.

**АТАЙ** Огомбаев (1900, азыркы Талас р-ну, Көккашат айылы – 1949, Талас ш.) – ырчы, комузчу, күүчү ж-а обончу, Кыргыз ССР эл артисти (1939). Токтогулдан таалим алган. 20-жылдары алгачкы обон-күүлөрүн чыгарып, Талас дубанына атагы дайын өнөрпоз болгон. 1935-ж. Кыргыз мамл. драма театрына кирип, 1936-ж. Кыргыз мамл. филармониясына солист катары которулат. 1939-ж. А. филармонияда комузчулар ансамблин уюштурган. Ансамбль Москвада өткөн эл аспапчыларынын Бүткүл союздук кароосуна катышып, лауреа-ты болгон. 1940-ж. СССР композиторлор союзунун уюштуруу комитети ачкан демилгелүү композиторлордун (элдик күүчүлөрдүн ж-а обончулардын) курсунда окуган; музыканын теориясы м-н таанышып, С. С. Прокофьев, В. М. Глиэр сыяктуу белгилүү композиторлордон сабак алган. 1947-ж. өз айлында жаштардан комузчулар ансамблин уюштурган. А. элдик обондордун салттык негизинде бир канча лирикалык ырлар жараткан. Анын «Күйдүм чок», «Эсимде», «Гүл», «Ой, булбул», «Жаштар» сыяктуу лирикалык ырлары угуучуларга кеңири малым; «Ак Зыйнат», «Куралай», «Майчач» сыяктуу элдик ырларды да чеберчилик м-н аткарган. А. Токтогул, Ныязаалы, Айдараалы ж.б. күүлөрүн чеберчилик м-н аткарып, элге жайылткан. Аткаруучулук бай техникасы, таасирдүү ыкмалары, оригиналдуу музыкалык ыргактарды таба билиши өнөрүн өзгөчө түскө ээ кылган. Композиторлор В. В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере А-дын «Күйдүм чогун» «Айчүрөк» операсында Айчүрөктүн лирикалык темасына пайдаланышкан, ал эми «Эсимденин» обону В.Ференин «Кыргызстан» аттуу симфониясына лейтмотив катары кызмат кылган. Композитор А.Түлеев залкар комузчунун күүлөрү м-н обондорунун негизинде «Атай» аттуу симфония (1962) жазган. А.О. Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган. А-дын ысмы айрым кыштак, мектеп ж-а шаар көчөлөрүнө берилген.

**АТАКЕ БААТЫР**, Атаке Тынай бий уулу (болжол м-н 1738 – өлгөн жылы белгисиз) – 18-к-дын 2-жарымында Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш уруусунан чыккан бий. Кыргызстандын түндүгүндөгү кыргыз урууларын башкарган. Орус тарыхый булактарында «князь» делет. 1718–22-ж. кыргыздардын көл кылаасындагы Чүй, Талас дарыяларынын бойлорундагы жерлерди Жуңгар хандыгы басып алган. Атакенин атасы Тынай бий жетектеген кыргыз уруулары Түштүк Кыргызстанга Анжиян ш-на жакын чөлкөмгө жер которууга мажбур болушкан. Алар мал багышып, дыйканчылык кылышкан. Атакенин жетекчилиги м-н чабылган арык азыр да бар, «Атаке же Асаке арык» деп аталат. 40-жылдардын башында жуңгарлардын айрым урууларынын ичара чыр-чатактарынан пайдаланып, кыргыздар мекенине кайта баштаган. Туулган жерин бошотуу үчүн жуңгарларга каршы согушууга туура келген. Жуңгарлар м-н чечүүчү салгылаштан кийин А.б. м-н *Бердике баатыр* Токмоктун түштүк тарабындагы Көкжар капчыгайында Жуңгар аскер башчысы Доргул м-н кездешишет. Салгылашта А.б. Доргулду найза м-н са-йып өлтүргөн. Жуңгарлар кача баштаган. А.б. жоокерлери м-н Чүй өрөөнүн душмандардан толук бошоткон. Согуш аракеттерин улантуу м-н А.б. жетектеген жоокерлер Чоңкеминди бошотуп, Торуайгыр ашуусу аркылуу Ысыккөл өрөөнүнө түшүп, көлдүн түндүк тарабын душмандардан тазалаган. А. б. Россиянын борбору Санкт-Петербургга алгачкы элчилик жиберип (1785–88), Россия м-н дипломатиялык байланышты баштаган. Элчилери *Абдырахман* м-н *Шергазы* аркылуу Россия императору Екатерина IIге кайрылып, кыргыз элине жөлөк болуусун өтүнгөн ж-а кыргыз жергеси аркылуу өтүүчү Россиянын кербендеринин коопсуздугун камсыз кылуу милдетин ала тургандыгын билдирген. Орус падышасына бир кул, 3 илбирстин, 5 сүлөөсүндүн терисин тартуулаган. А.б. 1787-ж. орус элчиси Муслим Агаферовду коңшу элдердин (өзбек, уйгур ж.б.) өкүлдөрүнүн катышуусунда салтанаттуу кабыл алган. Орус мамлекети м-н байланыш түзүүгө чоң маани берген. 1788-ж. жазында Абдырахман (1-элчиликтин жетекчиси) уулу *Сатынбайды* баш кылып, Омск ш-на элчилик жиберген. А. б-дын Россия бийлигине жазган (араб алфавитинде) 2 катынын түп нускасы Омск облустук мамл. архивинде сакталып турат. Катка А. б-дын жеке мөөрү басылган. Мөөр тамчы түрүндө болуп, ичине «Тынай би абу (уулу) Атаке батур» деген жазуу оюлуп жазылган. Атаке казак хандары, султандары м-н кырдаалга жараша мамиле түзгөн. Өзгөчө Бүкөй төрө м-н өтө жакын болгон. Кыргыз санжырасында Атакенин Кокон башчысы Нарбото бийге жолукканы ж-дөгү аңыз кептер сакталып калган. Ошол кездешүүдө А. б. акылман башкаруучу, дипломат экенин көрсөткөн. Айрым маалыматтарда А. б. тубаса коёнээк төрөлгөн деп айтылса, экинчи бир маалыматта, салгылашта үстүңкү эрдине найза тийип, эрини экиге бөлүнүп, тиши ачылып, ыраңы бузулуп калгандыктан, оозу-мурдун жаап жүргөн деп айтылат. 1825-ж. Кокон хандыгынын кысымынан Атаке сарыбагыш уруусунун бир бөлүгү м-н Ысыккөлгө убактылуу журт которуп кеткен. Атакенин баласы – Карабек, Карабектен Жантай, Жантайдан Шабдан. Кийинчерээк кыргыздар Россиянын курамына бириктирилгенден кийин А.б-дын укум-тукуму Атаке болуштугун түзүшкөн.

**АТАЛА** – акшак, ун, талкандан жасалган жарма. Акшактан жасалган А-ны жарма А., ал эми ундан, талкандан жасалганын жылма А., кант кошулганын кече А. деп аташат. А-ны көбүнчө жардылар тамак-аш катары ичип колдонушкан.

**АТАЛЫК** (кеңешчи, регент) – мамл-ти башкарууда жашы жете элек жаш ханзаадаларды тарбиялоочу адамга ыйгарылган жогорку мансап. Кокон хандыгында тактынын мурасчысы эрезеге жете электе хандын милдетин А. аткарып турган. Ордодо А. мансабын ээлеген *Мусулманкул*, Алымкул сыяктуу бир катар кыргыз-кыпчак төбөлдөрү белгилүү. Кээде ордодогу таасирин бекемдөө үчүн атайылап бийликке жаш ханзаадаларды коюшуп, өзүлөрүн А. деп жарыялоо м-н хандык бийликти толук колго алышкан.

**АТАНТАЙ** – Нарын аймагындагы кыргыздардын Цинь династиясынын аскерлерине ж-а Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш-төрүнүн кол башчысы. *Тайлак баатырдын* агасы. А. м.н Тайлактын колу 19-дын 20-жылдары *Жааңгер Кожону* кууп келген кытайлык баскынчыларды толугу м-н талкалашкан. 1831-ж. кыргыздардын Кокон хандыгына каршы күрөшүндө да А. м-н Тайлак жетекчилик кылган.

**АТБАШЫ КӨТӨРҮЛҮШҮ** – 1931-ж. Атбашы р-нунда болгон көтөрүлүш. Атбашыдагы черик уруусунун негизинен акчубак тукумундагылар катышкан. Ошол мезгилде айрым чегарачылардын элге жасаган шовинисттик мамилелерине, совет бийлигинин кулакка тартуу, мал-мүлктү ортолоштуруу саясатына нааразы болушкан жергиликтүүлөр Акбейит сакчылар пунктунун (застава) начальнигин өлтүрүшкөн (эстелиги азыр да Атбашы айылында), Чечдөбөдөгү сакчылар пунктуна кол салууга аракеттенишкен (союл, камчы, кетмен, күрөк, шылкэтме м-н куралданышкан). Чегарачылар замбирек м-н тоону карай бир-эки жолу атканда эле алар кайра качышкан. Чегарачылар артынан түшүп, көтөрүлүшчүлөрдү аёсуз кырган, айрымдары Кытайга кире качып кутулушкан.

**АТБАШЫ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** , к. *Кошойкоргон шаар чалдыбары*

**АТ ЖАБДЫКТАРЫ** – атка минип жүрүүгө керектелүүчү буюмдар ж-а шаймандар. А. ж-нын курамына ээр, үзөңгү, канжыга, көмөлдүрүк, куюшкан, басмайыл (боосу, көрпөчө бастыргычы, тогоолору м-н), желдик, тердик, ичмек, жүгөн (тизгини м-н), нокто (чылбыры м-н), көрпөчө, ат жабуу ж. б. кирет. Аталган буюмдардын ар бири өзүнчө кызмат аткарат. Мис., үзөңгү жүр-гүнчү атка минип, түшүү үчүн керек ж-а атчан жүргөндө, кишинин бутуна таканч болуп, тең салмактуулугун сактоо үчүн пайдаланса, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл ээрди ат жонунда бекем кармап, оодурбайт, алдыга же артка жылдырбайт. А. ж. эркектердики ж-а аялдардыкы

болуп 2ге бөлүнөт. Аялдардын ээри атайын коздолуп, күмүш чаптырып, чиймелер м-н жасалгаланат. А. ж-ды кызга арнап атайы жасатып, күйөөгө чыкканда, сеп катары беришкен. Мис., кең тамандуу, панжаралуу, жогору жагында боо өткөзө турган атайын көзөнөгү бар күмүш жалатылган темир үзөнгүлөр жасалган. Кээде үзөнгүнү жыгачтан же мүйүздөн жасап, үстүнөн күмүш алкак же калкан м-н капташкан. Мындай үзөнгү накер үзөнгү деп аталат. А. ж-н темир усталар, зергерлер, өрүмчүлөр ж-а уз аялдар жасашкан. А. ж-н жасоодо кайыш (үзөнгү боо, жүгөн, нокто, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл ж. б.), кийиз (ичмек, тердик, желдик, ат жабуу ж. б.), жүн ж-а пахта (көрпөчө же көпчүк, ат жабуу, шалча); коздоодо жез, күмүш, алтын, асыл таштар кеңири колдонулат. Жүгөн, басмайыл, куюшкан, көмөлдүрүк, тердикти купа, сүзмө, гүл, мык, чор, тумарча сыяктуу күмүштөн жасалган оймо-чиймелер м-н жасалгалашкан.

**АТ ЖАБУУ** – ат жабдыктарынын түрү. А. ж. формасы, колдонулушу, жасалышы б-ча бир нече түргө айырмаланат. 1. дикек – өрмөкчө согулган терме, кажары же пиязы таардын чети асемделип (саймаланып, кыргагына чачы тагылып), ич жагына кийиз тигилип аттын соорусуна жабылат; 2. эңиш, байге, кыз куумай ж. б. оюндарга минилген күлүк атка атайын үртүк даярдалган. Ал жогоруда аталган таарлардын түрлөрүнөн жасалып, ич жагына кийиз кабатталып, аттын башынан куйругуна жеткидей кенен тигилет. Анын кулакчыны, көзүлдүрүгү, куйруктугу, ат буттугу болот. Кээде үртүк кымбат кездемеден өзгөчө коздолуп, саймаланып, ичтелип жасалган. Ал кыздын атайын себи катарында берилген.

**АТКА МИНЕР** – өзүндө бийлиги жок, бий-болуштун жан-жөкөрү. Ал күч эмгегинен качып, ат үстүндө жүрүп оокат кылган кошоматчы, мансапкор деген мааниде айтылган. Болуш, бий ж-а старчындарды шайлоону уюштурууда өзүн бийлеген кандидатурасынын жеңип чыгышы үчүн көмөк көрсөткөн. Өз тарабы жеңип чыкса анын да кадыр-баркы өскөн.

**АТ КОЮУ** – жаңы төрөлгөн наристеге ысым же ат коюу. А.к-нун белгилүү убактысы болгон эмес, ал төрөлгөн күнү, 1–2 айдан кийин деле коюла берген. А. к-ну аксакал, баатыр, кадыр-барктуу, атактуу адамдар иш жүзүнө ашырышкан. Наристеге А.к. үчүн чакырылган адамга сый көрсөтүп, үстүнө чапан жапкан. Азан чакырып ат койгондо, молдо курандан үзүндү окуп, токтогон жериндеги сөздү ат кылып койгон. А. к. кыргыз үй-бүлөсүндө жооптуу иш болуп, магиялык маанидеги идеологиялык көз караштар м-н тыгыз байланышкан. А. к-чу адегенде наристени бир сыйра карап, денесиндеги мүнөздүү белгилерди байкап, ошого жараша ат тандаган. Мис., калдуу болсо Калмырза, коюу каштуу болсо Каракаш ж.б. Балалуу болгондугу тууралуу кабарды укканда атасынын көзүнө кайсы буюм биринчи көрүнсө ошонун атында коюшкан. Мис., Камчыбек, Балтабай; төрөттүн үстүнөн чыккан коноктун атынан, башка уруктун айылында төрөп калса ошол уруктун же уруунун атынан, той-тамашаларда төрөлсө ошолордун атынан да коюшкан. Балдары токтобой жаткан үй-бүлө болсо Турдубек, Токтосун; кыздар көп төрөлсө эркек төрөлсүн деп Бурулсун, Бурул, Уулкелди, Жаңыл ж.б.; көз тийбесин деп Итибай, Итэмген, Бокбасар, Кулкөтөн ж.б. аттарды коюшкан. Бала токтобогон үй-бүлөдө кезектеги наристе төрөлөөр замат журт которгон; баланы эски журтта ырымдап таштап кайра алганда Таштанды, Салбар, Табылды сыяктуу аттар м-н аташкан. Эркек балага кыздын, кызга эркектин атын коюу да кеңири тараган. Булардын баардыгы магиялык маа-ниде болуп, негизги максаты жин-шайтандарды адаштыруу, тукумду аман-эсен сактап калуу аракети болгон.

**АТКЫ** – алгыр куштардын ичин тазалоочу көндөй түтүк. Ал жыгачтан же жорунун жото жилигинен жасалат. Алгыр куш семирип кетсе же салар алдында жем жеп койсо, анын ичи А. м-н тазаланат. Алгыр куштун оозун ачып, ага А-нын жардамы м-н туздуу суу куюулат. Бир аздан кийин алгыр куштун ичи өтүп, ичи тазаланат.

**АТЛАХ** – орто кылымга таандык Талас өрөөнүндөгү ири шаарлардын бири. Талас суусунун боюнда жайгашкан. Шаар тегерете чеп м-н курчалып мечит, базарлары бар, жүзүмзарлуу ж-а бак-шактуу шаар болгон. А. ш. кытай аскерлери м-н араб, карлук күчтөрүнүн ортосундагы салгылашуусу болгон жер катары тарыхта белгилүү. к. *Атлах салгылашуусу.*

**АТЛАХ САЛГЫЛАШУУСУ** – 751-ж-дагы Тан династиясы ж-а Араб халифатынын аскерлеринин согуштук беттешүүсү. 748-ж. Тан династиясынын аскерлери Суяб ш-н ж-а Шашты (Ташкен оазиси) басып алган. Арабдар Таразды ээлешкен, бирок кытайлардын курчоосунда калган. Араб аскер башчысы Саил ибн Хумейд Абу-Муслимден жардам сураган. Ушундай эле сураныч м-н Шаштын кытайлар тарабынан өлтүрүлгөн шаар башчысынын уулу да кайрылган. Абу-Муслим Таразга Зияд ибн Салихтин башчылыгы алдында аскерлерин жиберген. Алардын алдынан Суябдан Чао Сянджи башкарган жүз миңдей Тан аскерлери тосуп чыккан. Алар Талас суусуна жакын Атлах ш-нын жанында беттешкен. Бир нече күндүк кармашуудан кийин Тан аскерлеринин ооругунан (тыл) карлуктар, согуш майданынан – арабдар сокку берген. Тан аскерлери чоң жоготууларга учураган. Араб тарыхчысы Ибн Ал-Асирдин маалыматы б-ча Атлахта кытайлардын 50 миңи өлтүрүлүп, 20 миңи туткунга алынган. Талкаланган аскерлердин калганы Талас дарыясын бойлой тоого качкан. Туткундардын көпчүлүгү Самаркан ж-а Иракка айдалган. Бул тарыхый салгылашуу жергиликтүү калктардын арабдар тарабында согушкандыгынын гана күбөсү болбостон, Кытайдын толугу м-н артка чегинишинин ж-а Орто Азиянын Тан империясынан көз карандысыздыгын бекемдеген.

**АТТИЛА,** А д и л х а н (т.ж. белгисиз–453) – Борб. Азиядан Европага чейинки аймакты басып алган хунн уруулар союзунун кол башчысы, Мундцуктун уулу. Аны европалыктар «Кудайдын каары, ааламдын токмогу» деп аташкан. 433-ж. Ругилас өлгөндөн кийин бир тууганы Бледа менен бирдикте хунндарды башкарат. 445-ж.

Бледаны өлтүрүп, жеке өзү кол башчы болуп калат. Сармат ж-а герман урууларын баш ийдирип, өз өлкөсүнүн аймагын зор өлчөмгө кеңейтет. А. остготтордун, гепиддердин, тюрингиялыктардын, герулдардын, ругилердин ж-а хазарлардын күчтүү союзун түзөт. Анын резиденциясы жогорку Венгриядагы Токайда жайгашкан. А. алгач Чыгыш Рим империясына өзгөчө коркунуч туудуруп, император Феодосий IIни зор өлчөмдөгү салыкты төлөөгө мажбурлаган ж-а төмөнкү Дунайдын оң жак жээгин бүт бойдон өзүнө баш ийдирип алган. Мидияны, Фракияны ээлеп, Константинополдун чет жакаларына чейин чабуул коюп турган. 450-ж. Батыш Рим императору Валентиан III карындашы Гоно-рияны бербей койгондугуна ызаланып, 500 миң жоокери м-н Рейн дарыясына чейинки аймакты ээлейт. Трир, Мец, Аррес, Орлеан ш-ларын курчоого алып, жоокерлерин Каталаун түздүгүнө Труа ш-на жакын жерге жайгаштырат. Ушул жерде 451-ж. күзүндө элдердин эбегейсиз зор кагылышуусу болот. Хунн-дардын 2 жолку чабуулунун мизи кайтарылат. А. жоокерлерин Вагенбург чыңдоосуна жайгаштырат. Бул салгылашууда 200 миңден ашык жоокер курман болот. Кийинки жылы А. жаңы согушка аттанат. Чыгыш Альпы аркылуу Италияга өтүп, Аквилеяны, Альтинумду, Пазуяны, Миланды өз курамына кошот. Бүткүл Италияга коркунуч туулат. Бирок, А. күтүлбөгөн жерден жеңиштүү жүрүшүн токтотуп, сүйлөшүүгө даяр экендигин билдирет. Себеби, Папа Лев Iден чоң суммадагы акчаны алган эле. А. Паннонияга кайтып келет. 453-ж. бургундиялык Ильдико м-н никелешкен түнү каза болот. А-нын катуу соккудан же өз эли үчүн өч алгысы келген Ильдиконун колунан ажал тапкандыгы ж-дө божомолдор бар. А. өлгөндөн ки-йин хунн падышачылыгы тараган.

**АТ ЧАБЫШ** – саяпкерлер атайын таптап даярдашкан күлүк жылкыларды (ат, кунан, тай) белгилүү аралыкка жарыштыруучу элдик оюн. А.ч. майрамдарда, аш-тойлордо өткөрүлгөн. Ат чаптырган уруктун же айрым адамдын марттыгына жараша алдыда келген үч же беш атка байге коюлган. А.ч-ты чырсыз, калыс өткөрүүгө атайы калыс, жай билги, кадырман аксакал кишилерден бокобул (калыс адам) дайындалган. Чоң А.ч-тар 40 *км*ден ашуун аралыкка чабылган. Мис., 1912-ж. Шабдандын ашында өткө-рүлгөн А.ч. 40,5 *км*ге чабылып, 25 атка байге ыйгарылган.

**АХМЕД ХАН**, А л а ч а – Моголстан мамл-нин башкаруучусу. Моголдордун ханы Йунустун 2-уулу. Кыргыз төбөлдөрү тарабынан чакырылып, аны Чыңгыз хандын урпагы катары хан көтөрүшкөн. Бийлик кылган он жыл аралыгында (1484–1504) А. х. бардык моголдорду өзүнө баш ийдирүүгө жетишкен. Баш ийбеген арлат, калучи сыяктуу урууларды кырып салган. А. х-ды Алача хан деп да аташкан (моңгол тилинен «өлтүргүч», «кан ичер» дегенди билдирет). Анын бийлиги Чыгыш Түркстандын батыш бөлүгүнөн тышкары Моголстандын бардык аймактарына тараган. 1501-ж. Самарканды ж-а Бухараны чаап алган. Көп узабай Шейбани хан А.х-дын бир тууганы Махмуд ханды каратып алат. А. х. Моголстанга улуу баласы Мансур ханды калтырып, Махмуд ханга жардамга кеткен. Алар Ферганаңы кайтарып алууга аракеттенишип, Аксыкентти камоого алышкан. Бирок Шейбани хандын аскерлери аларды талкалап, Махмуд хандын кыздарынын бирин Шейбани ханга,бирин Жаныбек ханга бергенден кийин гана хандар туткундан бошотулган ж-а Аксуга келишкен. Көп узабай А.х. 1504-ж. шал оорусунан каза тапкан. Анын Кыргызстандагы күч-кубаттанган мамл-н мурастаган уулу Султан Халил «кыргыздардын падышасы» катары ошол доордогу булактарда эскерилет. 1508-ж. кашкардык могол төбөлдөрү бир тууганы Мансур хан, аталаш агасы Махмуд хан м-н салгылашууда Султан Халил жеңилүүгө учурап, Ферганага келип баш калкалаган ж-а ал жердин беги Жаныбек тарабынан өлтүрүлгөн. Мындан соң кыргыз уруулары могол төбөлдөрүнөн хан чакырбастан, өздөрүнүн *Мухаммед Кыргыз* аттуу бегине баш ийип калышкан.

**АЧАКЕЙ-ЖУМАКЕЙ** – 1. эки же бир нече балдар бир чүкө м-н ойноочу балдар оюну. Кыркалата өкчөшүп алчы консо эки, таа болсо бир манжасын жумушуп, конбой калганда оюн кезегин башкага өткөрүшкөн. Ким мурда беш манжасын бүт жуумп, кайра ачып бүтсө, ошол утат да, макулдашуу б-ча утулгандан оюн жазасын (шап, матек, чертүү) алат; 2. кичине балдар ойногон оюн. Бир бала эки колу м-н көзүн басат, экинчиси анын колун чертип, каалаган манжасын ачат. Көзүн жаап турган бала 2-баланыкына окшош манжаларын ошол замат ача көрсөтүш керек. Ачкан манжалары черткен манжаларга туура келсе ал черттирүүдөн кутулат, эгерде туура келбесе, анда ал өз жазасын тартат.

**АЧЫК КАГАЗ.** Кыргыз Респ-нын «Тарыхый-маданий мурастарды коргоо ж-а пайдалануу жөнүндө» мыйзамынын 33-статьясына ылайык, археол. изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн археолог-адиске берилүүчү расмий документ. Кыргыз Респ-нын УИАнын Тарых ин-ту тарабынан берилип, Билим ж-а маданият министрлигинин эстеликтерди коргоо бөлүмүндө катталат. А. к-дын төрт түрү бар: 1. археол. эстеликтердин бардык түрүн казууга, изилдөөгө берилет; 2. археол. чалгындоо иштерин жүргүзүүгө ж-а айрым гана эстеликтерди изилдөөгө укук берет; 3. археол. чалгындоо иштерин жүргүзүүгө укук берет; 4. курулуш иштери же ж.б. себептер м-н бузулуп жаткан эстеликтерди изилдөөгө укук берет. Археол. казуудан чыккан буюмдар мамл. музейге өткөрүлөт, Кыргызстандын сыртына чыгарууга тыйуу салынат. А. к. жок археол. казуу иштерин жүргүзгөн адам кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

**АШ** – аза күтүү салтында маркумду эскерүү жөрөлгөсү. А. түрк-моңгол элдеринде байыртадан келе жаткан салт. А. кыргыз элинин салттуу турмушунда татаал, идеологиялык көз караштарга бай, уруулук-жамааттык мамилелерди даана көрсөтө ала турган туюнтма. Маркумдун арбагына арнап А. берүү, өлүк коюу ж-а арбакты эскерүү салттарынын бир бутагы. Элдин анимисттик маанайдагы түшүнүктөрү б-ча адам өлгөндөн кийин анын

денесинен жаны бөлүнүп, арбакка айланып, жашоосун улантат. Ишеним б-ча өлгөн адамдын арбагы өзүнүн журтуна кайтып, өз бала-чакасын, туугандарын, досторун колдоп, кадимкидей тамаксырайт. Арбакка багыштап жыт чыгарбаса, тамак бербесе анда маркумдун арбагы нааразы болуп калышы ыктымал. Мына ошондуктан, арбакка багыштап, аны эскерүү иретинде мал союп, элге тамак беришкен. А-тын төмөндөгүдөй түрлөрү бар: кара А., кырк А., А. же чоң А. (кээде жылдыгы деп аталат). Алардын өткөрүүлүчү мезгили, катышкан элдин саны, жасалуучу жөрөлгөлөрү бири-биринен айрымаланат. Кара А. сөөктү койгон күнү берилген. Кырк А. (кээде жөн эле кыркы) адам өлгөндөн кырк күн өткөндөн кийин берилген. Чоң А-тын мөөнөтү келгенде маркумдун жакындары чогулуп, кеңеш курушат. Уруулук мамилелердин салты б-ча А. өткөрүү ошол өлгөн адамдын жакын туугандарынын иши гана эмес, ал бүт уруунун, ал эми маркум тирүү кезинде элге эмгеги сиңген адам болсо, анда жалпы элдин милдетине айланат. Кеңеште А-ка кимди чакыруу, келген адамдарды кандай жайгаштыруу, унааларына атты ким даярдайт, А-ты ким башкарышы керек деген маселелер чечилет. Чоң А-тын жүрүшүндө жамбы атуу, балбан күрөш, эр сайыш, ат чабыш ж.б. өткөрүлгөн. Элдик салт б-ча А. бүткөндөн кийин өлгөн адамдын тулу боз үйдөн бейитине алып барып ташталат. Жесирдин кара кийими чечилип отко жагылат, ага жакын туугандары алып келген кийим жабылат. Кыздарынын башындагы кара жоолук чечилип, ак жоолук салынат. Балдарынын бел курчоолору жаңырат. Ушундан баштап аза күтүү токтойт.

**АШЕЛЬ ДООРУ** – таш доорунун экинчи мезгили. Доор Франциядагы Амьен ш-на жакын Сент-Ашель жергесинен табылган байыркы эстеликтин аты м-н аталган. А.д. б. з. ч. 800–120 миң жылдыктарды өз кучагына камтып, байыркы, ортоңку ж-а кеч ашель эстеликтерине бөлүнөт. А.д-нда архантроптор, палеоантроптор ж-а алгачкы HOMO SAPIENSтер жашашкан. Ашель эстеликтери Африкада, Алдыңкы ж-а Түштүк-Чыгыш Азияда, Батыш Европада (Франция, Англия, Бельгия, Испания, Италия) көп кездешет. Ортоңку ж-а Чыгыш Европада, КМШ б-ча Кавказ, Молдавия, Борб. Азияда белгилүү. Көлөмдүү жаныбарларга аңчылык кылуу биримдикти ж-а жакшы куралданууну талап кылган. Таш куралдары ар кандай иштерди аткарууга багытталып жасала баштаган (мис., кесүү, кыруу, сүрүү, жаруу, майдалоо). Турак жайлардын ар кандай чарбалык иштерге багытталган түрлөрүн айырмалоого болот (мис., аңчылык турак жайлар, таш иштетүүчү устаканалар). Ашель адамдары отту колдонушкан.

**АШТАРХАНИЙЛЕР ДИНАСТИЯСЫ** – 1599–1765-ж. Бухарадагы Шейбанийлердин бийлиги кулагандан соң бийлик кылган хандардын династиясы. А. д-нын тарыхы көчмөн өзбек уруулары, каракалпак, казак, калмактардын саясий күрөштөрү м-н тыгыз байланыштуу. Айрым бир тарыхый маалыматтарда династиянын саясий иштерине кыргыз уруу төбөлдөрү да катышканы айтылат. Мир Мухаммед Салим ажынын «Султандардын санжырасы» («Силсилат ас-Салатин») деген эмгегинде (1730–31) А. д-нда таасирлүү бийликтеги Назар бий ж-а анын уулу Хосров бек буруттардан (кыргыздар) болгондугу эскерилет.

**АЯК,** к е с е – арча, жаңгак, тал, терек, катырaң, кайың, кара жыгач ж.б. жыгачтардан оюлуп жасалган идиш. Анын оймо-чиймеленип, сырдалып коздолгонун – сыр аяк, жөн жасалганын – кара аяк, саптуу жасалганын – жан аяк деп аташат. А-ты жөнөкөй түзү-лүштөгү чат, ийди, кырма деген аспаптар м-н кырмачылар жасашат. А. чоң, кичине, жайпак болот. Чоң А-тын диаметри 20 *см*ге чейин жеткен. Азыркы учурда мындай идиштер сейрек кездешет.

**АЯК КАП** – идиш-аяктарды салуу үчүн оoз жагы түз кесилген, төрт бурч формасындагы териден, кийизден, таардан, кездемеден, баркыттан жасалган чоң баштыкча. Анын оозу үч, төрт бурч же жарым айлана капкалдырыгы м-н жабылат. А. к-тын бет жагы м-н капкалдырыгы оймо, саймалар, четтери торлуу чачылар м-н коздолгон. Керегенин башына илип коюу үчүн эки четине илгич тагылган. А.к. көчмөн турмушка ылайыкталган. Ал боз үйдүн эпчи жагындагы керегеге илинген. Азыр А. к. сейрек кездешип, коздук үчүн гана жасалат.

# Б

**БААБЕДИН** (Бахауддин ысмынын кыргызча айтылышы) – 1. диний уламыш б-ча Бухара ш-нын пиринин аты. Кыйынчылык убакта Б-ге кайрылып жардам суроо Орто Азия калкына мүнөздүү; 2. салтка айланып кеткен табынуу, сыйынуу. Чоң коркунуч, алаамат (өрт, көчкү, сел, катуу оору, жер титирөө, жоо тийген, жырткычтар камаган, адашкан ж. б.) учурда аман-эсен кутулууну тилеп Б. өткөрүшкөн. Айтылган Б-ди (9 токоч, кой, эчки, тай, торпок, бээ ыроолоп) ошо замат же кийинчерээк сөзсүз ишке ашырышкан. Антпесе «бат эле дагы бир коркунуч, кырсык болуп, андан чоң зыянга учурап калабыз» деген ишенич күч болгон.

**БААТЫР –** 1. түрк, моңгол элдеринде жоокерлик эрдиги ж-а кызматы үчүн айрым кишилерге берилген атак; 2. согушта көрсөткөн эрдиктери, о. эле өндүрүштө, илимде, маданиятта ж-а эл чарбасынын башка тармактарында иштегендердин артыкча ийгиликтери үчүн берилген наам. Революцияга чейин кыргыздын ири манаптарынын көбү өздөрүн Б. деп аташса, алардын мүдөөсүн коргоп уруу намысын талашкан жоокер адамдар да Б. аталган. Советтик доордо Б. деген түшүнүктүн мааниси өзгөрүп, Совет мамл-нин мүдөөсүн жактап, эрдик көрсөткөн жарандарга Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наам берилген. Граждандык ж-а Улуу Ата Мекендик согушта, о. эле бейкут күндөрдө космос мейкиндигин изилдөөдө эрдик көрсөтүшкөн жоокерлерге, учкуч-космонавттарга да Советтер Союзунун Баатыры наамын беришкен. Азыркы убакта Кыргызстанда граждандардын өзгөчө эмгектери үчүн «Кыргыз Республикасынын Баатыры» эң жогорку артыкчылык даражасы ыйгарылат. Бул сыйлык Кыргыз Респ-нын Президенти тарабынан бир гана жолу берилет. Эң жогорку артыкчылык даражасына татыктуу болгон адамга «Ак шумкар» өзгөчө белгиси тапшырылат. Белги сол төшкө Кыргыз Респ-нын ордендери м-н медалдарынын үстү жагына тагылат.

**БАБА –** 1. бубанын атасы, б. а. чоң атанын чоң атасы. Бирөөлөр Б-лашпыз дешсе, биз алардын төртүнчү атадан кошулуучу туугандары экенин түшүнөбүз; 2. чоң атадан аркы аталарды түшүндүрүү маанисинде айтылат; 3. өз балдарына гана эмес, бүтүндөй элге аталык эмгек өтөгөн, акылман адамдарды Б-быз деп урматтап аташат; 4. адамдан башка нерселердин мыктыларын, баалууларын, көп жакшы жактарын салыштырган, теңеген мааниде Б. аталышы колдонулат. Мис., малдын Б-сы кой. Жыгачтын Б-сы арча, анын бекемдиги – суу кезде ийилчээк, жумшактыгы – кургаганда катуулугу, ным тартпай чирибестиги м-н айырмаланат.

**БАБА ДЫЙКАН** – дыйканчылыктын пири, атасы, пайгамбары. Адегенде бутпарастык, кийин диндик ишенимде пайдаланган. Б. д. канаттуу (көгүчкөн, кыргоол) түрүндө көрүнөт экен деп ишенишкен. Эгерде Б.д. эгинди араласа, анын даны мол болот деген түшүнүк болгон. Түшүм болсун үчүн Б. д-дын урматына ырымдарды (сыйынуу, түлөө) өткөрүшкөн. О. эле Б.д. мыкты дыйкан деген мааниде да колдонулат.

**БАБУР ЗАХИРЕДДИН МУХАММАД** (1483–1530) – Индияда Моголдор мамл-нин (1526) негиздөөчүсү; мамл. ишмер, акын ж-а жазуучу. Тимурилер тукумунан; Омор-Шайыктын уулу. Б. 12 жашында атасынан Фергана тагын мурастап калган. Көп жылдар бою башка хандар ж-а бектер м-н таймашып келген. 1504-ж. өзбектер Б-ду бир азыраак аскери м-н Алтынбешик тоосу аркылуу Ооганстанга кетүүгө аргасыз кылган. Бул окуя Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романында даректүү материалдар м-н сүрөттөлгөн. Ошол эле жылы Б. азыркы Кабул ш-н каратып алган. Ал 1512-жылга чейин Бухара м-н Самаркан аймактарын кайра алуу үчүн күрөшүн токтоткон эмес. 1519-ж. Б. Индияга жортуул жасап, 1525-ж. Делиге аттанган. Делинин башкаруучусу Ибрагим Лоди м-н 1526-ж. Панипата талаасында, 1527-ж. Раджпут князы Сангра Сингхти жеңип чыгып, 1529-ж-га чейин ал Чыгыш Ооганстанды, Пенджабды, Ганг өрөөнүн Бенгалиянын чегине чейин өзүнө каратып алган. Анын жаңы мамлекети – Улуу Моголдор империясы Индияны англичандар басып алганга чейин (1856) өкүм сүргөн. Ал өмүр баяны, саясий ишмердиги тууралуу атактуу «Бабур-наама» китебин жазган. Б. лирикалык ырлардын, аруз ж-дөгү трактаттын (ыр жазуу өнөрү тууралуу), бир канча китептердин автору. Көп эмгектери кыргыз тилине да которулган.

«**БАБУР-НААМА»** – султан *Бабурдун* өмүр баянын ж-а 1493–1529-ж. Орто Азия, Ооганстан, Түндүк Индиядагы тарыхый окуяларды камтыган Бабурдун эмгеги. Ал эмгекте Кыргызстандын саясий тарыхына ж-а тарыхый геогр-на байланыштуу маанилүү маалыматтар кездешет. Ошондой эле Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймагын мекендеген *чогорок* уруусу тууралуу да айтылган. Кол жазма толук бойдон сакталган эмес. 1857-ж. ж-а 1905-ж. жарыкка чыккан.

**БАГА,** б а г – байыркы Кыргыз мамл-ндеги админ.-аймактык башкаруу бирдиги; аскердик-админ. титул; каган тарабынан дайындалган аймактын башкаруучусу. Кыргыз мамл. 9-к-дын орто ченинде админ.-аймактык алты бирдикке бөлүнгөн; аларга азыркы Хакас-Минусин ойдуңу, Краснояр крайынын түштүгү, Тува, Тоолуу Алтайдын бир бөлүгү, Моңголия ж-а ага чектеш аймактар кирген. Тувадагы Өөк Тарлактан табылган байыркы кыргыздарга таандык эстеликте: «...атым Эл Туган Тутук бен (мен). Теңири элимке элчиси эртим. Алты баг будунгка [элге] эр [тим]...» – деген саптар жазылган. 840-ж. кийин азыркы Туванын аймагы Кыргыз кагандыгынын курамына кирген.

**БАЗАРБАЕВ** Чолпонбек (1949, Нарын облусу, Кочкор р-ну, Чолпон айылы – 2002, Бишкек) – балет артисти, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1979), СССРдин эл артисти (1982). 1967-ж. М. Күрөңкеев атн. Кыргыз мамл. музыкалык ж-а хореографиялык окуу жайын бүткөн. 1966–93-ж. А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрынын солисти, генералдык директору, 1993–96-ж. Кыргыз Респ-нын

маданият министри, 1996-жылдан Кыргыз Респ-нын билим берүү, илим ж-а маданият министринин 1-орун басары, ошол эле учурда 1987-ж-дан Кыргызстан театр ишмерлер союзунун президенти болуп иштеген. Б. улуттук ж-а классикалык бийдин техникасын мыкты өздөштүрүү м-н балет спектаклдеринде ар кыл мүнөздөгү образдарды психологиялык жактан терең ачып берген. Кыргызстан Ленин комсомолу (1977), эл аралык «Мин Ои» (Япония, 1995), эл аралык Ч. Айтматов атн. сыйлыктардын лауреаты.

**БАЗАРЛЫК** – базарга барган адам өзү сыйлаган, жакшы көргөн кишилерине атайылап белек катары алып келген буюм. Кыргыздар базарга, шаарга жакын болбогондуктан айда, жылда 1–2 жолу, 5–10 кишиден бирөө базарга барган. Базарлар Бишкек, Токмок, Каракол, Ош, Жалалабат, Анжиян, Ташкен, Кашкар, Турпан, Аксуу, Жаркен ш-ларында болгон. Базарга барып келүүгө кудурети жоктор барчуларды кулактап, мал, акча ж.б. беришип, керектүүлөрүн ала келүүнү өтүнгөн. Базарга баруу оңой-олтоң иш болбой, ага аттуу, малдуу, жолдуу, сооданы билген тың кишилер гана барган. Мына ушундай сыймыктуу иштен Б. алып келүү салты пайда болгон.

**БАЙ –** Октябрь революциясына чейинки малдуу, мүлктүү, жери, кыштоосу, жайлоосу бар социалдык топ. Б-лар өндүрүшкө катышпай, букаралардын эмгегинен байлыгын арттырып, малын көбөйтүп, жерин иштеткен. Мис., Солтонсары м-н Каракужурду ээлеген Калча байдын 10000 кою, 1000 жылкысы, 200 топозу болгон. Анын малын 21 койчу, 15 жылкычы багышкан. Дыйканчылык өнүккөн аймактардагы Б-лар ири жер ээлери болушкан. Куршабдык Ташмамат бай 250, алабукалык Калмабай 270 танап (1 танап – 1,6 *га* жакын) жер ээлешип, ар бири ондогон кедейлердин ж-а чайрыкерлердин эмгегинен пайдаланышкан. Соц. мезгилинде Б. тап катары жоюлган. Бирок, жеке менчикке негизделген азыркы коомдук өзгөрүүлөрдүн шартында Б-дын жаңы түрү пайда болду.

**БАЙБУЛАТОВ** Бегалы (1906, Ысыккөл облусу, Каменка айылы–1981) – тарых ил-нин доктору (1968). ВКП (б) БКга караштуу Кызыл профессура ин-тун (1937), Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1947) бүтүргөн. Кыргызстан КП(б) обкомунда үгүтчү, райкомдун катчысы, бөлүм башчы, Эл комиссарлар советинин радиокомитетинин төрагасы, Жалалабат мугалимдер ин-тунун директору, Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун улук ил. кызматкери болуп иштеген. 200дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 4 монографиянын автору. Эмгектери негизинен Кыргызстан Коммунисттик партиясынын тарыхын изилдөөгө багытталган

**БАЙГЕ –** элдик оюндарда жеңгендерге берилүүчү мал, мүлк, пул, кийим, буюм, кооздук ж.б. сыйлыктар; ат чабыш, жорго салуу, эр сайыш, оодарыш, балбан күрөш, жөө жарыш, ордо, бука тартыш, бута, жамбы атыш, кыз куумай, тыйын эңмей, көк бөрү, сундуй көтөрүү ж.б. оюндарга Б. коюлган. Мис., Шабдандын ашындагы чоң ат чабыштын 1-байгеси 5000 сом болгон. Азыркы учурда Б-ге автомашина ж.б. буюмдар, о. эле акчалай сыйлыктар берилүүдө.

**БАЙТЕШЕ** – уста шайманы. Чот түспөлдүү, жазы миздүү, жыгач сап ашталат. Б. жыгач устачылык ишинде жумуру, жоон жыгачтардын бетин түздөп чабууда кеңири колдонулат.

**БАЙТИК БААТЫР,** Б а й т и к Канай у у л у (1817, Чүй өрөөнү – 1886, Чүй өрөөнү, өзүнүн кыштоосу, азыркы Байтик өрөөнү) – солто уруусунун чоң манаптарынын бири. Байтиктин түп аталары Тагай бийге барып такалат. Байтик Орто Азияда Кокон хандыгы үстөмдүгүн жүргүзүп турган доордо жашаган. Тентектигинен атасынын Таластагы бир тууганы Сатылгандыкында жүргөн. Таластан кайтып келгенден кийин тың чыккан Байтик Чүйдөгү солтолордун манабы *Жаңгарачка* жагып, акыры солто уруусун башкарууга жетишкен. Байтик адегенде Кокон хандыгы м-н өз ара ыңгайлуу дипломатиялык мамиледе болгон. Б.б. Пишпектин үстүн-дөгү Басбөлтөктү жердеп турган. Бийлигин бекемдөө үчүн Чүйдөн Таласка көчүп барып жашап калышкан чоңчарыктардан чыккан манасчы *Балыгоозду* өзүнө чакыртып алган. Көчмөн турмуштун шартында сабаты ачылбаган элге Балыгооз сыяктуу адамдардын кадыры кандай экендигин туура түшүнгөн. Көп маселелерди аны м-н кеңешип турган. Ошол мезгилде Кокондун ханы Малла хан Жаңгарачты өз таасиринде кармап туруу үчүн кысмакка алып, жылкыларын салык катары айдап кетип, зордук көрсөтүп турган. Пишпек чебинин (к. *Бишкек чеби*) беги *Рахматулла даткага* каршы 1862-ж-дагы көтөрүлүштүн башында Байтик турган. Солтонун баатырлары Дуулат, Көкүм ж-а Чойбек Рахматулланы жок кылган. Чүй өрөөнүндө өкүм сүргөн саясий кырдаалды туура баалаган Б.б. жигиттери м-н Пишпек чебин курчап алып, бир тууганы Сатылган аркылуу Верныйдагы орус генералы Г.Колпаковскийге жардам сурап кайрылган. Бул күрөштө Байтикке кеминдик сарыбагыштардын чоң манабы *Жантай* жардамдашкан. Пишпек чеби талкалангандан кийин Байтик 200 жигити м-н Россиянын аскерлерине кошулуп, Кокон хандыгынын үстөмдүгүнөн Олуяата, Мерке, Чымкен чептерин бошотууга катышкан. Олуяатада багыш уруусунун манабы Сарымсак баштаган 1000 кыргыз Байтиктин жигиттерине кошулган. Байтик 19-к-дын орто ченинде Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын Россия импе-риясынын карамагына өтүүсүнө ж-а Россия м-н Кыргызстандын байланышын чындоого түздөн-түз салым кошкон. 1867-ж. солто, сарыбагыш, саяк ж.б. кыргыз урууларынын өкүлү катары падыша Александр IIнин Кеңешине катышуу үчүн Санкт-Петербургга барган. Россия империясына кылган кызматы үчүн ага аскердик капитан даражасы ыйгарылып, Анна тасмасына тагылуучу Чоң алтын медаль, ыйык Станислав ордени ж-а каухар чөгөрүлгөн шакек м-н сыйланган. Байтик элди уюштурууга жөндөмдүү, саясий маселелерди туура чече алган, өзүнүн алысты көздөгөн максаттарын ишке ашы-рууда элге алымдуу, кадыр-барктуу инсандарды колго ала билген адам болгон.

**БАЙТУР** Анвар (1933, Чыгыш Түрк-стан, Аксуу ш-нын (Кытай Респ.) жанындагы Боздоң кыштагы –1991) – кытайлык кыргыз тарыхчысы. 1953-ж. Аксуу ш-нда пед. окуу жайын (Дар ал-мугалимин), Үрүмчүдөгү Шинжаң ин-тунун тарых-география факультетин (1956) бүтүргөн. 1956-жылдан ар кыл ил. мекемелерде иштеген. 70-жылдардын акырынан Пекиндеги Кытай КП БКнын партиялык жогорку мектебинде, Адистерди кайра даярдоо борб. ин-тунда, Аз улуттардын борб. ин-тунда, Үрүмчүдөгү Шинжаң ун-тинде ж. б. жогорку окуу жайларында иштеп, Кытайдагы элдердин өз ара алакаларынын тарыхы, Чыгыш Түркстан элдеринин тарыхы, кыргыз эл тарыхы, уйгур эл тарыхы б-ча лекция окуган. Кытай Коомдук ИАнын аз улуттарды изилдөө ин-тунун доценти. Кытайдагы Орто Азия маданиятын изилдөө, майда улуттар тарыхын изилдөө, Байыркы элдердин тилин ж-а жазмасын иликтөө, Түркий элдерди изилдөө, Кыргыз тил, адабият, тарыхын изилдөө коомдорунун мүчөсү. «Шинжаң менен ички өлкөлөрдүн тарыхый байланыштары», «Кыргыз адабиятынын жалпы абалы», «Кыргыз тарыхы лексийалары» сыяктуу эмгектердин автору. Осмоналы Сыдык уулунун эки эмгегин 1986-ж. «Мухтасар тарых-и кыргызийа» деген ат м-н бир китеп кылып чы-гарткан.

**БАЙТЫБУЛАК КӨРҮСТӨНҮ** – эрте темир дооруна таандык Төлөк-Куртка жолунун жээгинде жайгашкан сегиз таштуу көрүстөндөр. Эстеликтин диаметри 7 *м.*

**БАЙЫРКЫ АКЧА-ТОВАР МАМИЛЕЛЕРИ.** Алгачкы жамааттык бирикмелердин ортосунда өзүлөрүндө болгон буюмдарды башка бирикмеде даярдалган буюмга алмашышкан. Мындай жөнөкөй алмашуу акча-товар мамилелеринин алгачкы белгилеринин пайда болушуна түрткү болгон. Уруулар арасында тери, сөөк ж-а курал жасоого ыңгайлуу таш тектерин алмашышкан. Кийин алмашууда көп колдонулган товарлардын түрлөрү келип чыккан. 18-к-га чейин Инд океанынын жээктеринде алмашуу товары катары каури үлүлдөрү кызмат кылган. Алардын негизинде өзгөчө акча системасы иштелип чыккан. Мис., Африка аймагында жипке тизилген 40 кауриден турган шнур (боо) деп аталган акча системасы болгон. 50 шнур бир «башты» (2000 каури) түзгөн. Тышкы соодада 3 баш бир долларга тете болгон. Меланезияда акча кызматын акула тиши, Калимантанада уйдун башы, Түндүк Америка индеецтеринде вампун (раковинадан, үлүлдөн тизилип жасалган) курлары, Африкада пилдин сөөгү, кырдуу туз сыныктары, Моңголияда таш чай (такта чай), ба-йыркы кыргыздарда тыйын чычкандын териси (тыйын деген ушундан калган) өз ара байланыштарда колдонулган. Адамзат тыйын чыкканга чейин тыйындын милдетин аткарган жүздөн ашык нерсени пайдаланышкан. Ар кандай көлөмдөгү куйма металлдар товар алмашууда тез орун алган. Себеби, ал бузулбайт, көп орунду ээлебейт, сактаганга ж-а алып жүргөнгө өтө ыңгайлуу. Кийинчерээк соодада орчундуу орунду алтын, күмүш ээлейт. Алардан алгачкы тыйындар жасала баштайт. Тыйындын мекени Кичи Азиядагы Лидия эсептелет. Биринчи тыйындар б. з. ч. 7-к-дан белгилүү. Кыргызстанда эң байыркы товар алмашуу мамилесин коло доорунун айрым эстеликтери аркылуу баамдайбыз. 1958-ж. Сокулуктан б. з. ч. 2-миң жылдыкка тиешелүү 17 коло орогунун тобу табылган. Орокторду жергиликтүү уста жасаганы эч талашсыз ж-а алар алмашуу үчүн жасалган деп болжоого болот.

**БАЙЫРКЫ ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАР** К ы р г ы з с т а н д а г ы. Кыргыз жергесинин тоо этектерине жакын түздүк-төрү коло доорунан тартып өздөштүрүлүп келген. Фергана, Чүй өрөөндөрүндөгү эстеликтер байыркы дыйканчылык, суу бойлоп жайгашкан алгачкы турак-жайлар тууралуу кабар берет. Дан азыктарынын, маданий өсүмдүк-төрдүн гүлдөп өсүшү абасы жылуу жерлерде сугат ишкердиги м-н тыгыз байланыштуу болгон. Орто Азияда алгачкы сугат арыктары ж-а суу топтой турган жерлер энеолит (б. з. ч. 4–3 миң жылдыктар) доорунан тартып белгилүү. Кыргызстанда ирригациялык курулмалар Чүй жергесинде (Төкөлдөшарык, Ташарык, Жыламышарык, Өтөгөнарык, Сайарык) орто к-дардан баштап ишке киргизилген. Кээ бир жерлерде жер астынан чыккан суу үчүн майда арыктарды пайдаланышкан. Кийинки жылдардагы окумуштуулардын изилдөөсүнө караганда мындан 2000–2700 жыл мурун эрте темир доору мезгилинде Жетисуу аймагында жашаган калктын бир бөлүгү отурукташышып, жер иштетишкен. Кыргыз жергесиндеги б. з. ч. арыктар, турак-жай орундары жеткиликтүү изилдене элек.

**БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАР** – байыркы кытай жыл баяндарында б. з. ч. 201-жылдан бери эскерилип келген түркий тилде сүйлөгөн эл; Теңиртоодогу, Түндүк-Батыш Моңголиядагы, Ички Азиядагы (*лобнорлуктар, сары уйгурлар*) түрк элдеринин байыркы түпкү теги.

**БАЙЫРКЫ ТОО-КЕН, МЕТАЛЛ ӨНДҮ-РҮШҮ** Кыргызстандагы. Кен казып алуу, металл эритүү ж-а тиричиликке керектүү буюмдарды жасоону ичине камтыган металл өндүрүшү байыркы мезгилден тартып эле чарбанын негизги тармагынын бирине айланган. Металл өндүрүшү коомдук мамиленин мүнөзүнө да таасирин тийгизет. Металл өндүрүшүнүн калыптанышы ж-а өнүгүшү ар кайсы аймакта жашаган уруу-лардын байланышын кеңейтип, товар алмашууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн. Окумуштуулардын пикири б-ча, Кыргызстанда тоо-кен өндүрүшү мустье доорунан башталган. Байыркы адамдар таш доорунда таштын сапаттуу тектерин атайын издеп таап, курал жасашкан. Керектүү таш теги жайгашкан жерде байыркы адамдардын таш курал жасай турган жайы – устаканалары орун алган. Мындай устаканалар Түштүк Кыргызстандын Капчыгай, Юрташсай жергелеринде табылган. Бир тектүү, чапканда курч миздүү, курал жасаганга ылайыктуу таш теги байыркы адамдар тарабынын миңдеген жылдар бою пайдаланылган. Алгач жезди пайдаланышкан. Кенден жезди бөлүп алуу б. з. ч. 8–6-миң жылдыктарга, күмүш ж-а коргошунду колдонуу 7–6-миң жылдыктарга, алтынды пайдалануу б. з. ч. 5-миң жылдыктарга, колону колдонуу б. з. ч. 4-миң жылдыктарга туура келет. Байыркы адамдар жез м-н калайдын биригишинен колону алышкан. Коло

доорунда металл өндүрүү ж-а андан калыпка куюу жолу м-н сапаттуу эмгек куралдарын жасашкан. Коло буюм-дар чарбачылыкта, үй-тиричилигинде, согуш ишинде кеңири колдонулган. Чүй өрөөнүндө, Ысыккөлдүн чыгышында, Кочкор өрөөнүндө табылган коло буюмдарынын кенчтери коло доорунда металл иштетүүнүн өзгөчө ыкмалары болгондугун далилдеген. Мындай археол. өзгөчөлүк «Жетисуу металл иштетүү очогу» деп аталган. Чуст маданиятында коло күзгү, орок куя турган таш калыптар ж-а курамына калай, мышьяк кошулган жез, коло буюмдары табылган. Кыргызстанда байыркы мезгилден эле калай өндүрүү болгондугун Сарыжаздагы Атжайлоо, Жыланды деген жерлерден табылган эстеликтер далилдейт. Байыркы мезгилден кен байлыкты кеңири иштеткен жерлер Талас өрөөнүндө да көп ачылган. Коло доорунда коргошун өндүрүлгөн. Таштөбө көрүстөнүнөн табылган алтын жергиликтүү алтынга окшош болгон. Эрте темир доорунан Кыргызстандагы тоо-кен байлыктарын казуу кыйла өздөштүрүлгөн. Жазма булактар ж-а археол. маалыматтар темир, күмүш, алтын, коргошун, калай, сымап, цинк, туз кендери иштетилгендиги ж-дө даректүү кабарларды берет. 9–10-к-дагы кытай жазма булактарында кыргыздарда алтын, темир, калай болгондугу баяндалган. Алардан сапаттуу куралдар жасалып, түрктөргө сатышкан. 10–12-к-га таандык темир иштеткен көлөмдүү комплекс Балыкчы ш-на жакын жердеги Сарыбулуң жергесинде жайгашкан. Темирдин көп өлчөмдө иштетилиши Жумгал жергесиндеги орто к-га таандык Түгөлсай шаарчасынан баамдоого болот. Талас өрөөнүндөгү Киров суу сактагычы турган жердеги Садыркоргон шаар чалдыбарынан 9–12-к-га тиешелүү 70тен ашуун кен казган жерлердин орду табылган. Бул жерде күмүш казып алуу биринчи кезекте турган. Кыргызстанда байыртадан бери металл өндүрүшү топонимикада сакталып келет. Топонимия байыркы калктардын чарбалык турмушу, маданияты, пайдалуу кен байлыктары, аларды иштетүү тууралуу маалыматтарды топтойт. Мис., Жезказган, Күмүштаг ж. б.

**БАЙЫРКЫ ТҮРК ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ** – 7–12-к. түрк уруулары ж-а элдери колдонгон жазма. Ташка, кагазга руна, уйгур, брахма, согда, манихей, сирия (эстрангело) жазуусунда, араб тамгасы м-н түрк тилинде жазылган чыгармалардын кеңири түрү. Негизинен байыркы түрк эстелигин руна сымал жазма түзөт. Кыргыз ж-а түрк калктарынын тарыхын изилдөөдө мааниси зор. Б. т. ж. э. пайда болгон мезгил 7–8-к. деп эсептелип, жогорку чеги 11–12-к-га чейин созулат. Жазуу эстеликтеринин тили – байыркы түрк тили. Б.т.к.ж. эрте орто к-да Орхон, Енисей жээктеринде, Чыгыш Түркстан аймагындагы көчмөндөрдүн арасында жаралган. 6–7-к-да Борб. Азиянын түрк тилиндеги калктары, түрк кагандарына баш ийген калктар, төмөнку Волгадагы, Дон, Түндүк Кавказдагы түрк калктары өз жазуулары катары колдонушкан. Алгач руна жазуулары бири-бири м-н байланышпаган 37 же 38 белгиден турган. Алар согду жазуусуна караганда жыгачка ж-а ташка түшүргөнгө жакшы ылайыкташкан. Руна жазмасы түрк тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүн так берген. Үнсүз белгилер үндүү тамганын алды же арт жагына келишине жараша эки түрдө, оңдон солду карай горизонталдык абалда жазылган. О. эле тик жазылган учурлары да кездешет. Руна жазуулары гот же скандинавия руна жазуулары м-н салыштырылган. Руна жазуулары деп аталып калышы ошол себептүү. Руна жазууларынын келип чыгышы ж-дө окумуштуулардын арасында төмөндөгүдөй ойлор өкүм сүрөт: 1) кель-гот урууларына таандык; 2) енисей кыргыздарынын жазуусу; 3) грек-гот алфавити м-н түздөн-түз байланыштуу; 4) унутулган орус жазуусунун үлгүсү; 5) угро-фин аска бетине жазылган тамгалардын үлгүсү; 6) грек, түндүк финикий, түштүк семит алфавиттери м-н жакындыгы бар; 7) ирандык тамгаларга окшоштугу бар; 8) грек алфавитинин византиялык, эфталиттик формалары колдонулган; 9) б. з. ч. 8–5-к-дагы Казакстандагы Эсик көрүстөнүндөгү *«алтын адамдын»* жанынан табылган күмүш идиш түбүндөгү жазуу байыркы түрк руна жазуусунун башаты; 10) С. Г. Кляшторныйдын пикиринде руна жазуусу согду жазуусунун негизинде жаралган. Руна жазуусун негиздөөчүлөр согду алфавитинин тамгаларын ж-а ага мүнөздүү үндүү тамгаларды белгилөөдөн баш тартышып, силлабарий (муун эсебине жараша түзүлгөн сөз) иштеп чыгышкан. Дж. Клосондун изилдөөсү б-ча согду жазуусунан тышкары гректердин кол жазмага окшош ариби ортоперсия (пехлеви) жазуу-су пайдаланылган. Байыркы руна алфавитин 7–9-к-да Орто Азиянын көптөгөн мамл-тери пайдаланган. 10-к-да руна жазуусу Моңголияда эски жазуу катары сакталган. Ал эми Енисейде, Алтайда, Орто Азиянын түндүк-чыгышында 10–11-к-га чейин пайдаланган. С.Г.Кляшторный байыркы руна жазмасынын колдонгонуна, мезгилине, аймагына ж-а жанрына карата төмөндөгүдөй тизмектештирет: 8–11-к-да Кыргыз кагандыгынын жазуулары (Енисей бою); 7–8-к-дагы Чыгыш Түрк кагандыгынын жазуулары (Моңголия, Алтай); 8–10-к-дагы Курыкан уруу союзунун жазуулары (Лена, Прибайкалье); 8–9-к-дагы Уйгур кагандыгынын жазуулары (Моңголия); 8-к-дагы Батыш Түрк кагандыгынын жазуулары (Жетисуу, Фергана); Хазар кагандыгынын жазуулары (Таласта табылган жыгачтагы жазуу); 9–10-к-дагы Кимак мамл-нин жазуулары. Жазуу эстеликтери жанры жагынан 6 топко бөлүнөт: 1) тарыхый-библиографиялык тексттер; 2) эпиграфикалык лирика поэзиясы; 3) аска бетиндеги, таштардагы, курулуштардагы орчундуу окуяны белгилеген жазуу; 4) диний, адабий тексттер; 5) Дунхуандагы ж-а Мирандагы иш кагаздары; 6) тиричилик буюмдарындагы белгилер (буюм ээсинин ысмы, каалоо). 8–11-к-да Енисей боюнда жаралган руна жазуулары Таластагы жазуулар м-н жакындыгын түркологдор баса белгилешет. Бул жазууларынын мүнө-зүнө караганда атайын жазмакерлерден башка, калктын бир бөлүгү аны жаза билишкен. Жазууларда сөз чеберчилиги кыйла өздөштүрүлгөн.

**БАЙЫРКЫ ЧУСТ МЕТАЛЛ ӨНДҮРҮ-ШҮ.** Фергана өрөөнүндө кен-байлыктардын молдугу металл өндүрүү ж-а андан буюмдарды жасоонун жогорку деңгээлде өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн. Ферsuccessful

Тентексай, Капыррават, Төөмоюн деген жерлеринен жез алынган. Болжолу, Чуст тургундары Чаткал тоо кыркасынын түштүк этегинен, Гава дарыясынын өрөөнүнөн жезди алып келишкен. Өзгөчө Фергана тоо кыркасында калай кенинин болушу металл өндүрүүгө жакшы шарт түзгөн. Чуст ж-а Дальверзин эстеликтеринен металл өндүрүүнүн кыйла деңгээлин чагылдырган металл уюткулары, шлаг, татаал түзүлүш-төгү кооздуктарды куюш үчүн даярдалган таш калып табылган.Чуст маданиятына таандык металл буюмдарынын көпчүлүгү колодон куюлган. О. эле калай, мышьяк кошулган буюмдар да кездешет. Фергана өрөөнүндө колого коргошун, висмут, сурьманын кошундусунан даярдалган буюмдардын болушу мүнөздүү. Колодон эмгек (орок, көзөөч, бычак ж.б.), согуштук куралдар (найзанын башы, жаанын жебеси), ат жабдыктар (ооздук ж-а анын төңөлүгү), кооздук ж-а тиричилик буюмдары (күзгү, шуру, асынып жүрүүчү кооздуктар) жасалган. Ошол эле учурда жерди иштетүү үчүн колдонулуучу таш кетмендер, орок сымал таш бычактар, жаргылчактар, кенди майдалоо үчүн пайдаланылуучу таш балкалар кездешкен, о.эле металл буюмдарды куюш үчүн чегип даярдалган калыптар, чопо идиштердин бетин жылмалоочу таштар, металл курчутуучу бүлөөлөр, чокмордун башы катары колдонулуучу таштар табылган.

**БАКАН,** а ч а  б а к а н,  т ү н д ү к  бакан – жыгачтан жасалган тирөөч. Жоондугу 15–20 *см*, уз. 3–5 *м* келген бир учу ачакей, экинчи учу мукур учталган жыгач. Б. узун, түз өскөн четин, арча, балаты ж.б-дан жасалат. Ачакейлери көбүрөөк Б. тамак-аш илгенге колдонсо, учу ачалуу узунураак Б-ды түндүк көтөрүүдө, жабууда пайдаланылат. Кийим илинчү Б. темир, күмүш м-н кооздолот.

**БАКИЕВ** Курманбек Салиевич (1949-ж. т., Жалалабат облусу, Сузак р-ну, Масадан айылы) – коомдук-мамл. ишмер. Кыргыз Респ-нын Премьер-министри (2000), Президенти (2005). 1972-ж. Куйбышев политехника ин-тун бүтүргөн. 1972–91-ж. Куйбышев балык заводунда жумушчу, Куйбышев ш-ндагы Масленников атн. заводдо электр-механик, инженер-электроник, эсептөө борборунун начальниги, башкы инженердин орун басары, Көкжаңгак ш-ндагы «Профиль» заводунун директору, партиянын Көкжаңгак шааркомунун 1-катчысы, шаардык кеңештин төрагасы, эл депутаттарынын Жалалабат облустук кеңешинин төрагасынын орун басары, Тогузторо р-ндук мамл. админ. башчысы (1992–94), Кыргыз Респ-нын мамл. мүлк фондусунун төрагасынын орун басары (1994–95), Жалалабат облустук мамл. админ. башчысынын орун басары, губернатору (1995–97), Чүй облусунун губернатору (1997–2000), 2002-жылдан Кыргыз Респ-нын Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты.

**БАКТЫГУЛОВ** Жумадил Сапалович (1936, Тажикстан, Жергетал р-ну, Жергетал айылы–2000, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1975), проф. (1978). 1962-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. 1965–74-ж. ошол эле ун-ттин тарых факультетинде окутуучу, доцент, 1974-жылдан Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунда улук ил. кызматкер, Кыргыз мамл. дене тарбия ин-тунда кафедра башчысы, Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун директорунун орун басары, 1983-жылдан КМУУда кафедра башчысы болуп эмгектенген. 450дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 18 монография, 10 окуу китеби) автору. Анын ил. эмгектери көчмөн кыргыздарды отурукташтыруу проблемаларын, Кыргызстан тарыхынын историографиясынын маселелерин, кыргыз элинин калыптанышын ж. б. изилдөөгө багытталган. Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери (1991), эл агартуу отличниги (1986). Медалдар м-н сыйланган.

**БАКШЫ** – кыргыздын исламга чейин туткан дининде (шаманизм) ооруган адамды ар түр-дүү айла-амал м-н дубалап дарылоочу адам. Кыргыздар, казактар эмчи-домчуларды, шамандарды Б. деп аташкан. Эркек ж-а аял Б-лар эки башка – Б. ж-а бүбү, же бүбү Б. деп аталышкан. Б-ны эл көзү ачык деп эсептешип, алардын Б-лык кыймыл-аракеттерине зор ишеним м-н мамиле кылышкан. Ислам дининин тарашы м-н Б-лык биротоло жоголуп кетпестен исламдын суфизм (сопулук) агымынын элементтери м-н аралашып, синкретикалык татаал көрүнүшкө айланган. Б. бир жерде туруктуу жашабастан дубаналык кылган. Ак куунун жүнүнөн жасалган гүлө баш кийимин, үстүнө ар кандай түстөгү кездемеден иретсиз бычылып, этек, жеңи кенен тигилген чапан сыяктуу узун жабуу кийген. Жанында алкагына көптөгөн темир шакекчелери илинген добулбасын ала жүргөн. Добулбасты кагып жин-шайтандарды кууган.

**БАЛАСАГУН** (туурасы Баласагын) – Чүй өрөөнүнөн орун алган орто кылымга таандык шаар; Караханийлер мамл-нин борбору. Шаар ж-дө алгач маалымат берген араб автору Мукаддаси Б.ш-н башка шаарлардан чоң болгондугун, эли өтө көп экендигин баяндаган. Махмуд Кашгаринин «Китаб диван лугат ат-түрк» сөздүгүндө Б-дун 2-аты Кузордо деп да берилген. Б. ш-нда «Кутадгу биликтин» автору, акын, илимпоз, ойчул *Жусуп Баласагуни* туулуп-өскөн. Тарыхчылар В.Бартольд, А.Бернштам ж-а кыр-гыз окумуштуулары А. Абетеков, Ө. Караев, З. Эралиев тарыхый жазуу маалыматтарга ж-а археол. табылгаларына таянышып, ба-йыркы Б. азыркы Токмок ш-нын жанындагы Бурананын аймагында болгондугун, Акбешимди шаардын калдыгы, бир бөлүгү деп эсептешет. Шаардын ортосунда ири ак сарай, анын жанында бийик мунаралуу жамы мечит, кийинчерээк жамы мечиттин жанына сулалелик көрүстөн орун алган ж-а соода-сатык, мектеп, окуу жайлары, дүкөндөр, мончолор ж.б. болгон, о.эле элчиликтер жайгашкан. Шаардын сырты чоподон согулган дубал м-н курчалган. 14-к-да ич ара узакка созулган согуштардын натыйжасында жок болушу ыктымал.

**БАЛБАЙ БААТЫР**, Балбай Эшкожо уулу (1797–1867) – бугу уруусунун токойлуу уругунан чыккан беделдүү манап. Ал Боромбай м-н бирдикте 1855-ж. Омскиде Россиянын букаралыгына өтүү ж-дө бугу уруусунун атынан ант кармаган. 19-к-дын 50–60-жылдарында болгон бугу м-н сарыбагыш ортосундагы жаңжалда Б. бугу

тараптын кол башчыларынын бири катары белгилүү. Андагы чабыштардын биринде туткунга түшкөн Ормон ханды Б. катуу жарадар кылып, ал ошондон каза болгон. Россиядан алган сыйлыктарына карабастан ал орустарга баш ийгиси келбей өз айылы м-н Шинжандагы Текес суусунун боюна көчүп кеткен. 1864-ж. Чыгыш Түркстандагы цин-манжур эзүүсүнө каршы боштондук кыймылга катышкан. Көтөрүлүштөн пайдаланып, Сүмбөдөгү калмактардын бутпарастык кечилканасын чаап, калмактарды талоон кылууга катышкан. 1867-ж. жазында полковник В.А.Полторацкийдин кошууну Текеске келип, Б-ды туткунга түшүргөн. Верныйдагы түрмөгө камалып, күзгө маал ошол жерден каза тапкан.

**БАЛБАЛДАР,** б у р к а н т а ш т а р – ба-йыркы ж-а орто к-га таандык көчмөн түрк тилдүү уруулары мүрзө үстүнө коюучу таш айкелдер (скульптура). Бийиктиги 0,5–4 *м.* Алардын көпчүлүгүнө адамдын айкели, ки-йим–кечесинин деталдары, канжары, кылычы же колуна кармаган чөйчөгү м-н кошо чегилген. Чөйчөк молчулукту, ырыскыны чагылдырган. Б-дан көчмөндөрдүн антропологиясын, аскердик жашоо салтын байкоого болот. Айрым учурларда Б. жеңилген жоонун башчысына карата да жасалган. Б. Моңголиядан, Европанын түштүк-чыгыш та-лааларынан, Борбордук Азиядан, Түштүк Сибирден, Алтайдан кездешет. Алгачкы Б. байыркы көчмөн элдерге (скиф, хунн, авар ж. б.), көпчүлүгү 6–13-к. кыргыз, огуз, кыпчак ж.б. түрк тилдүү элдерге таандык. Мындай Б. Кыргызстандын Талас, Чүй, Ысыккөл өрөөндөрүнөн көп табылган.

**БАЛДАК** – 1. кылыч, канжар, кездик куралдарынын бир тарабы бириктирилген же эки жагы тең ачык кош толтолуу сабы; 2. аксак кишилер колтугуна такап, басууга ылайыкталган, орто ченинде кармагычы бар, төмөн жагы бириккен, жогорку жагы эки ача болуп барып бир карышча туура жыгачка ашталган таяк; 3. атчан жүргөндө бүлдүргөлүү учун ээрдин кашына такай илип, ачакей же туура жыгачтуу учуна бүркүттү кондуруп, туур ордуна колдонулчу эки укумча жыгач; 4. оймо, сайма, чиймелерде колдонулчу бир же эки башы ачакейленген кыска же узун сызыкчалар түшүрүлгөн көчөттөр. Шырдак оюуда, чий чырмоодо, аяк кап, табак кап оймолорунда көчөттөрдү байланыштыруучу жерлерде көбүрөөк колдонулат.

**БАЛТАБЕЙИТ ЭСТЕЛИГИ** Каракужур өрөөнүндөгү Туурасуу ж-а Жеркөчкү айылдарынын ортосундагы дөңсөөгө жайгашкан. Бейиттин күн батыш тарабындагы түздүктө байыркы түрк дооруна мүнөздүү (6–10-к.) маркум болгон адамга арналган төрт чарчы таш коргончолор жайгашкан. Ар бир коргончонун аянты 3,4–3,8 м. Маркумга арналган ырымдар ушул коргончонун ичинде аткарылган. Күлдүн калдыктарына ж-а малдын сөөктөрүнө караганда, ырымдарды аткаруу учурунда отту колдонушкан ж-а малды маркумга арнап садага чабышкан. Коргончолордун күн батыш тарабына адамдын бет келбети түшүрүлгөн таш *балбалдар* орнотулган (кээсинде сүрөтү жок, жөн гана таш мамы). Балбалдардагы ар бир адамдын бет келбети бири-биринен айырмаланат. Болжолу ар биринде маркумдун сүрөтүн түшүрүүгө аракет кылышкан. Көбүнчө муруттуу эркектин сүрөтү арбын. Кыргызстанда ж-а ага коңшулаш аймактарда буга чейин кездешпеген аял келбеттүү, үч мүйүздүү баш кийими бар балбал табылган. 1990-ж. К. Табалдиев археол. изилдөө ишин жүргүзгөн.

**БАЛЫГООЗ,** Б е к м у р а т К у м а р у у л у – (1799, Кетментөбө өрөөнү – 1887, Чүй өрөөнү, Басбөлтөктүн этегине коюлган) – манасчы, ырчы. Атасынан эрте ажырап, байларга жалданып күн көрөт. Колунан бардык иш келген, сокбилек м-н соку жанчканда, бир кап таруунu бир заматта актап койгон балбан болгон. Б. 13–14 жашынан ырларды, кенже эпосторду ж-а «Манасты» айыл арасында айта баштаган. 20 жашынан жамактап, ырчы болуп чыккан. Ал негизинен «Манасты» айткан. Бирок анын өз айтуусундагы «Манастын» варианты бизге жеткен жок. Айрым үзүндүлөрү гана Найманбай, Сулайман, Сокур Калча сыяктуу ырчылардан жазылып алынган. Б. санжыра да айткан. Б-дун ырчылык, манасчылык даңкы бүт кыргызга таанылганда, солтонун манабы *Байтик* аны өзүнө Чүйгө чакыртат. Б. Таластын элин, *Ажыбек датканы*, *Бүргө баатырды* таштап кете албай кыжалат болот. Байтик экинчи жолу чакырганда, ал Таластан Чүйгө көчүп келип, өмүрүнүн акырына чейин ушул жерде жашайт (к. *Байтик* макаласын). Башка манасчылардан айырмаланып, ал кыргыз санжырасын ж-а тарыхын «Манас» эпосуна байланыштуу айткан. Эпикалык арымдагы чоң акын болгон. «Манастан» тартып, «Эр Төштүк», «Сен – Саринжи, мен – Бөкөй», «Кан Шырдакбек», «Эр Табылды жалгызым», «Кытайлардын кыл муруттуу Кожожаш» деген кенже эпосторду да билген. Б. сөзгө чечен, өктөм, ачуу тилдүү, ырдаганда ж-а акындар м-н айтышканда өзүнчө бир сыйкырдуу дүйнөгө аралашып кеткендей, токтоно албай буркан-шаркан түшүп, күркүрөтүп айткан зор өнөрпоз адам болгондугун С. Азизберди уулу, Ш.Рысмендиев эскерген. Б. башка манасчылардан айырмаланып «Манастын» башаты катары «Оторкан» деген эски эпосту айтуучу экен. Ал чыгарма санжыра катары гана келип жетти. Чыгармада 10-к-да арабдардын Орто Азияны басып алган мезгили чагылдырылат. Б. Чүйдө да чоң манасчы аталып кадырлуу, сыйлуу жүрөт. Байтик өлгөндөн кийин Кочкорго көчүп барып, ал жерден Шамен м-н араздашып, кайрадан Чүйгө, Аларчага көчүп келген.

**БАНЬ ГУ** (б. з. 32–92) – байыркы кытай тарыхчысы. Кытайдын эзелки жылбаяны – «Цинь хань Шу» («Алгачкы династиясынын тарыхы») эмгегинин авторлорунун бири. Бул тарыхты атасы Бань Бяо баштап, бүтпөй калган. Б. Г. 20 жыл эмгектенип, б.з. 82-ж. жылбаянды жазып бүтүргөн. Анын маалыматы б-ча б. з. ч. 1-к-да түндүк хунндардын бийлик башчысы Чжичжи шанүй аскерлерин батышка (б. з. ч. 48-ж.), оболу усундарды, андан соң уцзуларды моюн сундурган. Шанүйдүн батышка жөнөткөн аскерлерине цзяньгундар (кыргыздар), динлиндер моюн сунууга аргасыз болушкан. Чжичжи шанүй багындырган үч ээлик (Уцзу, Цзяньгун, Динлин) ж-а ага баш ийген кыргыздар (цзяньгундар) Чжидеги (Турпан аймагы) батыш тарапта

байырлашары ж-дө маалыматтар берилет. Хунндардын бийлиги начарлаган мезгилде кыргыздар өз мамлекеттүүлүгүн кайрадан калыбына келтире алышкан. Кытай жылбаяндарында кыргыз (цзяньгун), динлин, уцзулар жашаган аймактар «үч падышачылык» деп аталганы маалым. Б. з. ч. 56-ж. саясий көз карандысыздыкка жетишкен кыргыздар Чыгыш Теңиртоону ыктай жашаган.

**БАПАКОВ** Жолаалы (1890, Чүй облусу, Кемин р-ну, Каралдөбө айылы – 1918, Бишкек) – Совет бийлиги үчүн жигердүү күрөшүүчүлөрдөн. 1914-ж. Токмоктогу орус-жергиликтүү мектебин бүтүрүп, Верный (Алматы) гимназиясынын даярдоо курсуна кирген. 1916-ж. үркүндө Турпанга барып, кайра келген. 1917-ж. Пишпекте уюшулган «Букара» союзуна мүчө болгон. Пишпекте Совет бийлигин орнотууга катышкан. Пишпек солдат ж-а жумушчу депутаттарынын уезддик Советинин 1-съездинде Советтин катчылыгына шайланган. 1918-ж. коммунисттик баштапкы уюмдарды түзүүгө катышкан. 1918-ж. декабрда эсерлер колдуу болуп өлгөн.

**БАРАКАН КҮМБӨЗҮ** – Тогузторо өрөөнүндөгү 19–20-к-дын башына таандык архитектуралык эстелик. Көгарт ж-а Атай сууларынын кошулган жердеги секиде курулган. Күмбөз Борб. Азия аймагында колдонулуучу жука, жалпак бышкан кыштан тургузулган. Усталар кышты күмбөздүн жанына бышырышкан; ага арча, акиташ, темир ж.б. курулуш материалдары колдонулган. Сөөк бузулбасын үчүн аны коё турган жайга арча колдонулган. Эл арасында күмбөзгө атактуу Тайлак баатырдын небереси Баракан ж-а анын укум-тукуму коюлгандыгы айтылып жүрөт.

**БАРАҢ,** ч о т а л а – огу, дарысы оозунан дүрмөттөлчү, калың, узун найлуу, шыйрактуу, сайлуу ж-а сайсыз милте м-н от коюп атылчу мылтык. Б. 14-к-да пайда болуп, мергенчилер, жоокерлер пайдаланышкан. Б-ды кыргыз даркандары колдо жасай алышкан. Азыркы учурда Б. музейлерде гана кездешет.

**БАРГУЖИН ТОКУМ –** байыркы ж-а орто кылымдардагы кыргыздар жашаган тарыхый-этногр. аймак. Баргу – учурда Моңголия аймагындагы топонимикалык аталыш катары да белгилүү. 13-к-да Рашид ад-Дин «Кыргыз жана Кэм-Кэмжиут кошуна, жакын турган аймактар, бул жерлер мамлекеттин (Кыргыздар мамл.) курамына кирет....Кэм-кэмжиуттун бир тарабы наймандар, андан ары Баргужинтокум деген жерде кори, баргу, тумат, байаут уруулары жашашат, алардын айрымдары моңгол тилинде сүйлөшөт» – деп белгилеген. Фарсы автору Иранда баргулардан чыккан белгилүү мамл. ишмерлер болгондугун жазат; «Баргут, кори, төөлөс, тумат уруулары тектеш элдер, аларды Селенга дарыясынын аркы жээк тарабында жашагандыгы үчүн баргуттар, алар турган аймак ушундан улам Баргужинтокум деп аталат». Баргулар түрк (кыргыз) тилинде сүйлөшкөнүн тарыхый булактагы адам аттары, алардын мансап наамдары айгинелеп турат. Кыргыз өлкөсү жайгашкан аймактарды мекендешкен, кыргыз этносунун курамына жуурулушкан. Энесайдын чыгыш тарабына жайгашкан жерлер моңголдордо 12–13-к-дарда Б. деген ат м-н белгилүү болгон. Баргуттар Чыңгыз ханга ж-а анын мураскорлоруна кызмат өтөшкөн. Баргу, төөлөс, туматтар башкаруучуларын инал деп аташкан, теги кыргыз болгон. Учурда Бурятияда Баргузин аталган админ-аймактык бирдик бар.

**БАРПЫ** Алыкул уулу (1884, Сузак р-ну, Ачы кыштагы –9. 11. 1949, Бишкек) – кыргыз ырчылар поэзиясынын классиги, көп кырдуу ойчул акын. Кедей үй-бүлөдөн. Сегиз жашынан жергиликтүү кыргыз байларынын малын карашып, он бирге чыкканда өзбектердин бадасын багып, Мадалы ажынын үй жумушун аткарып, он төртүндө Азирети Эшендин колунда кызмат кылууга өткөн. Андан Макаторпоктогу тайы-журтуна качып барып, он бешинен эл алдына ырдап чыккан. Адегенде Семетей найыпты жандап (болуштукка талапкер болгон), анан жети жыл Кара-бий м-н жүргөн («Беш бала»). Атасы дүйнөдөн өткөндөн (1904) кийин туулган жерине кайтып келген. Октябрь төңкөрүшүнөн соң Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга катышып, «Кошчу» союзунун, өз ара жардамдашуу топторунун жооптуу кызматтарында иштейт. 20-жылдарда Жарды-жалчы комитетинин төрагасы, кийинчерээк Жалалабат кантонунда Чаңгет айыл кеңешинин төрагасына орун басар болот. 30-жылдардын башында катуу ооруп, 2-көзү да жакшы көрбөй калат. Ошондон тартып коомдук турмушка жалаң ырчылык өнөрү, нускалуу сөз күчү м-н гана катышып чектелет. Б. – Ааламга ой жүгүртүп, Аалам курулушу ж-дө ырдаган даанышман санатчы («Айт! Айт! десе, Ааламды айт!», «Күн», «От», «Жер», «Аккан суу», «Шамал»).; Б. – «Ааламдагы адамды»; анын көп түрдүү, көп мүнөздүү, көп кырдуу келген кармалбас табиятын ырга салган акын («Адам», «Адамзаттын балдары», «Напси», «Жоомарттык», «Питина», «Ач көз», «Болор жигит», «Болбос жигит», «Аялдын жакшысы», «Аялдын жаманы» ж. б.).; Б. – айтыш өнөрүнүн бардык түрлөрүн чегине жеткире өнүктүрүп, түрдүү формалар м-н күтүүсүз-күтүлүү ыкмаларга салып таймашууга ашкере машыккан чыныгы универсал талант (Бекназар, Жеңижок, Эшмамбет, каражаак Калмырза, Нурмолдолор м-н болгон айтышы).; Б – махабат ырларын Чыгыштын Хафиз, Ша Машриптай көсөм акындары жеткирген эң жогорку деңгээлде ырдаган улуу акын («Мөлмөлүм», «Гөзал кыз», «Коноюн» ж. б.).; Б. – бир нече элдин руханий байлыгын бир адамдын жандүйнө стихиясына айландырып, Чыгыш маданияты м-н кыргыз, кыпчак, ичкилик, өзбек маданиятын эркин туташтырып турган жандуу көпүрө.; Б. – кыргыз тилинин алтын хорун түрдүү маани, атама, түрдүү боёк, угум, туюмдар м-н байытып келаткан жандуу таасири түгөнбөс казына. Б. эки доор, эки түзүлүш көрүп жашаган акын. Өз замандаш, өнөрлөштөрү сыяктуу эле жаңы заманды, Ленинди, партияны, социалисттик курулуштун жүрүшүн ырга салат. Өзүнүн ички турмушун, жеке тагдырын келтире ачып көрсөткөн ырлары да көп.

**БАРСБЕК,** Ы н а н ч у А л п Б и л г е – 7-к-дын аягы–8-к-дын башында Енисейдеги Кыргыз кагандыгынын башкаруучусу. Анын тушунда кыргыздардын элчилери Кытайга, Тибетке, Түргөш кагандыгына жиберилип

турган. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын кагандары да Б-ди өзүнө ийитүү максатында оболу анын кагандыгын таанышкан ж-а Элтерис кагандын кызын ага канышалыкка беришкен (Күл тегинге арналган эстеликтин маалыматы). Б. каган табгачтар (кытайлыктар), «он ок (элинин) каганы» (түргөштөр), чик, аз сыяктуу түрк уруулары м-н Орхондогу түрктөргө каршы согуштук ынтымак түзүүгө жетишкен. Бирок, Тоң-Йокук ж-а Күл тегин жетектеген кошуун озунуп, бул ынтымактын өкүлдөрүн бириндетип талкалоону көздөшүп, 710-жылдан 711-жылга караган кышта алар Көгмен (Саян) тоосун ашып, капысынан кыргыздарга кол салган. Суңга деген чертокойлуу жерде Б. баатырларча согушуп, курман болгон. Орхон түрктөрү аны каармандарча күрөшкөн жоосу катары аздектешкен. Енисей кыргыздары өздөрүнүн руна сымал бир катар жазма эстеликтеринде Б-ке жоктоо, кошок сөздөрүн багышташкан. Бул эстеликтердин (кошоктордун) жазылышынын өзү да «кыргыз бодун» деп Орхон жазмаларында аталган кыргыз элинин ички биримдигин айгинелейт.

**БАРСКАН** , Б а р с х а н – орто кылымдагы (8–13-к.) шаар. Ысыккөлдүн түштүгүнөн орун алган. Шаар аркылуу Улуу жибек жолунун бир тармагы өтүп, Чыгыш м-н Батышты байланыштырган түйүн болуп, түргөш, карлук, караханий ж-а кидан мамл-теринин саясий, экон. ж-а маданий турмушунда маанилүү роль ойногон. 9–13-к-дагы мусулман жазма даректеринде эскерилет. Б-да туулган улуу түрк окумуштуусу *Махмуд* Кашкаринин *«Диван лугат ат-түрк»* эмгегиндеги дүйнөнүн тегерек картасына Б. ш-н да түшүргөн. Моңголдордун жапырыгынан талкаланган.

**БАРСКАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ –** 6–13-к-га таандык шаардын урандысы. Ысыккөлдүн тескейинде, азыркы Барскон кыштагынын түндүк-батышында. Бул шаар орто кылымдардагы *Барскан* ш-на туура келет.

**БАРТОЛЬД** Василий Владимирович (1869, Петербург ш. – 1930, Ленинград ш.) – чыгыш таануучу түрколог; асыресе Орто Азия м-н Борб. Азиядагы элдердин тарыхын изилдөөчү; академик (1913), проф. (1901). 1891-ж. Петербург ун-тин (чыгыш тилдери факультетин) бүтүргөн. Эки бөлүктөн турган «Моңгол эзүүсүнүн доорундагы Түркстан» аттуу эмгеги (1898–1900) үчүн ага «Чыгыш тарыхынын доктору» деген ил. наам берилген. Түрк элдеринин тарыхын жалпылаштырып жазган эмгектеринен тышкары, айрым түрк элдеринин тарыхын байыркы доордон жаңы ж-а соңку доорлорго чейин ырааттуу жазган. Б. «Жетисуу тарыхынын очерки» (1898), «Түрк элдеринин тарыхы боюнча 12 дарек» (1927) аттуу эмгектердин автору. Анын «Кыргыздар» (1927; 1943-ж. 2-жолу басылган) аттуу монографиясы кыргыздардын байыркы замандардан соңку жаңы доорго чейинки тарыхынын кыскача мүнөздөмөсү болуп эсептелет.

**БАРЫМТА** – кыргыздын салттуу турмушунда орун алган уруулар, уруу бирикмелеринин ортосундагы арыздашууларды чечүүнүн каражаты. Б-нын себеби ар түрдүү – өч алуу, жайыт талашуу ж.б. Кээде чоң уруш чыгарууну көздөшүп, бир урууну-нун мүчөлөрү 2-уруунун мүчөлөрүн атайы Б-лаган. 18–19-к-да өз ара Б-чылык күч алып, элге бир топ бүлүк салган, айылдар талоонго учурап, мал кырылган. Анткени, Б-га келген мал эсеп-чотсуз союлуп, сатылган. Б-чылар, өзгөчө жылкыга тийген. Ошондуктан, жылкыны Б-чыларга сокку бере ала турган эр жүрөк адамдар кайтарышкан.

**БАСМАЧЫЛЫК** (түрк. басмак – кысымга алуу, кордук көрсөтүү) – Орто Азияда Совет бийлигине каршы чыккан реакциячыл кыймыл. Бул кыймыл улуттук-боштондукту көздөгөн максатта жүргүзүлгөн деген да пикирлер бар. Орто Азияда Б. 1917-ж. ноябр-дын аягынан башталат. Большевиктердин «ар бир улуттун өз тагдырын өзү чечүү укугу» деген ураанынын негизинде Түркстандын улуттук ж-а клерикалдык партиялары («Шура-и Ислам», «Алаш», «Шура-и-Улеми») аймакка автономия статусун берүү м-н акырындап, Сов. Россиядан чыгарууну көздөшкөн. Ушундай максат м-н жалпы мусулмандардын 4 курултайы (26–29-ноябрь 1917-ж.) М. Тынышпаев, кийин М. Чокоев башында турган Кокон автономиялуу өкмөтүн ( өкмөткө М. Тынышпаев, ж-а М. Чокоев мүчө болгон ) түзгөн. Түркстанда кош бийлик орнойт: биринчиси, большевиктер башында турган Ташкендеги Совет өкмөтү, экинчиси, ар кайсы улуттун өкүлдөрүнөн ж-а «Шура-и Ислам», «Алаш» ж.б. партияларынын мүчөлөрүнөн турган Кокон автономиясы. Крайлык Советтин 4-съезди Кокон автономиясын мыйзамсыз деп эсептеп, анын өкмөт мүчөлөрү 1918-ж. февралда камакка алынат. Кутулгандары совет бийлигине каршы күрөшкө чыгышат. Ошентип, Кыргызстандын түштүгүндө граждандык согуш башталат. Басмачылыктын негизги кыймылдаткыч күчтөрүн бийликке умтулган жергиликтүү байлар, буржуазиянын өкүлдөрү, мусулман дининин төбөлдөрү түзгөн. Большевиктик партиянын ж-а совет өкмөтүнүн динге каршы жаңылыш саясаты, дин ж-а оокаттуу адамдарды куугунтукташы эл массасынын бир бөлүгүнүн кыжырдануусун туудурган. Карапайым калктын улуттук эркиндик, өзүнүн диний ишенимин коргоо үчүн жүргүзгөн күрөшүн басмачылар билгичтик м-н пайдаланган. Басмачылардын куралдуу күчтөрүнө алданган же жазалоодон корккон дыйкандар да Басмачылардын катарына киришкен. Совет бийлиги тарабынан киргизилген «Аскердик коммунизм» саясаты б-ча дыйкандардын ашыкча малын, эгинин тартып алуу эрежеси да айрым дыйкандардын басмачылар тарабына өтүшүнө түрткү болгон. Б-тын демөөр-чүлөрү бул кыймылга саясий багыт бериш үчүн панисламизм ж-а пантүркизм идеяларын пайдаланышкан. Түштүк Кыргызстанга кеңири жайылган Б. к-н Калкожо, Мадаминбек, Мойдунбек, Эргеш, Рахманкул, Көршермат, Аман палван ж.б. корбашылар жетектеген. Аларга каршы атайын Фергана фронту түзүлгөн. Кызыл Армиянын бөлүк-төрү м-н бирге жергиликтүү сов. уюмдар түзгөн ыктыярдуу аскердик кошуундар басмачыларга каршы күрөшкөн. 1923–24-ж. Кыргызстандагы басмачылардын ири бөлүктөрү негизинен жоюлган.

**БАТКЕН ОКУЯСЫ**. Диний экстремисттердин тобу 1999-ж. август айынын башында эгемендүү Кыргыз Респ-нын түштүгүнө басып киришип, Баткен р-нунда өздөрүнүн лагерлерин курган ж-а аларды чыңдоого аракет кылышкан. Өздөрүн Өзбек Респ-нын мамл. бийлигинин оппозициясыбыз деп эсептеген бандиттик топтор Кыргызстандын аймагын өздөрүнүн базасына айландыруу, тажрыйбасы жок жергиликтүү жаштардын башын айлантып өздөрүнө тартуу, алардан келечектеги баскынчыларды даярдоо максатын көздөшкөн. Өз максаттарына жетүү үчүн алар милициянын, райондук админ. кызматкерлерин, ал жакта иштеген япондук төрт геологду ж-а карапайым адамдарды барымтага алышкан. Бир катар кыштактарды басып алууга үлгүрүшкөн. Динге жамынган террорчулардын бул аракети Кыргыз Респ-нын Өкмөтү тарабынан мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө шек келтирүү катары бааланып, аларды талкалоо, респ-нын чегинен сүрүп чыгуу ж-дө чечим кабыл алган. Региондук деңгээлдеги терроризмге каршы күрөштө Кыргызстанга «Шанхай бешилтигинин» келишимдерине ылайык Өзбекстан, Россия, Армения ж-а Казакстан аскердик-техникалык жактан көмөк көрсөтүштү. Кыргызстандык жоокерлер, ыктыярдуу аскердик топтор бандиттердин бирикмелерин талкалоодо кужурмөндүктү көрсөтүшүп, айрымдары бул кармашта Ата Мекен үчүн курман болушту. Кыргызстандын түштүгүндөгү куралдуу кагылышуулар Кыргызстандын жалпы элинин биримдигинин, душманга каршы сокку уруу жөндөмдүүлүгүн сыноодон өткөрдү. Респ-нын көптөгөн жаштары Кыргызстандын бүтүндүгүн коргоо, бандиттик топторду талкалоо үчүн өз ыктыяры м-н аттанышкан. Респ-нын түштүгүндөгү баскынчылардан жапа чеккен элдерге, аскерлерге жардам берүүгө Кыргызстандын эли колунан келген жардамдарын көрсөтүштү. Кыргызстандын түштүгүндөгү бул окуя респ-нын коргонуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу ишинде чоң сабак болгон. Мында респ-нын куралдуу күчтөрүндөгү кемчиликтер, аскердик техниканын, курал-жарактын жетишсиздиги ж. б. айкын көрүндү. Кыргызстан Өкмөтү бул кемчиликтерге жеткиликтүү баа берип, тийиштүү чараларды көрө баштады. Куралдуу кагылышуулар болгон чөлкөмдүн стратегиялык ж-а социалдык-экон. маанисин эске алып, Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаев 1999-ж. 13-октябрда Баткен облусун түзүү ж-дөгү мыйзамга кол койду. Бул облуска Ош облусунун Баткен, Кадамжай, Лейлек р-ндору ж-а Кызылкыя ш. киргизилип, жаңы облустун борбору Баткен айылы болуп белгиленди.

**БАТМАН** – чен бирдиги. Фергана өрөөнүндөгү кыргыздарда 4–16 пудга чейинки салмак чени, Талас өрөөнүндөгү кыргыздарда 12 пудду билдирген. Калган аймактарда Б. так эмес салмак ченин билдирген.

**БАТЫЙ,** Б а т у (1208–1255) – моңгол ханы. Жучунун экинчи баласы, Чыңгыз хандын небереси. Атасы каза болгондон кийин Батый анын жерлерин ээлеп калат, кийин Чыңгыз хан аны улуска хан кылып дайындайт (1255). Россия ж-а Чыгыш Европага жасаган жүрүштүн негизги уюштуруучуларынын бири (1236–41). *Үгөдөй* хандын өлүмү ж-дө кабар алып, Батышка жасаган жүрүшүн токтотот да, улуу ханды шайлоого катышуу үчүн Моңголияга кайтып келет. Батыш аймактарын басып алгандан кийин Б. жерлерин өз бир тууганадары м-н бөлүшүп алат. Б-га Карпат тоолорунан чыгыштагы Жайыкка (Уралга) чейинки; Шейбанга – Жайыктан Сырдарыяга, Орды-Иченге – Саян, Байкалга чейинки аймактар тиет. Б-дын улусу – Алтын ордо, Орды-Ичендики – Ак-ордо, Шейбандыкы – Көк ордо аталган.

**БАТЫЙ ЖАПЫРЫГЫ** – башында Батый хан турган моңголдордун Чыгыш ж-а Борбордук Европага жасаган баскынчылык жортуулу. 1236–41-ж. Волга боюндагы булгарларды басып алган. 1237–38-ж. орустардын түштүк-чыгыш аймагына, 1238–40-ж. кыпчак, алан уруулук бирикмелерине жортуул жасап, 1240-ж. түштүк орус аймагын басып алган. 1241–42-ж. Адриат деңизине чейин жортуул жасаган. Борб. Европаны бекем кармап тура албай кайра артка кайткан. Чыгыш Европа жерлери бүлгүнгө учурап, Русь мамл-нде моңголдордун эзүүсү башталат.

**БАТЫШ ТҮРК КАГАНДЫГЫ** – 581–704-ж. азыркы Кыргызстан, Казакстан ж-а Чыгыш Түркстандын аймагын ээлеген мамлекет. Түрк кагандыгы 581-ж. жиктеле баштап, 603-ж. биротоло Батыш ж-а Чыгыш Түрк кагандыктарына бөлүнгөн. Б.Т.к-нын борб. Чүй өрөөнүндөгү Суйаб ш. болгон. Мамл-тин башында каган турган. 7-к-дын. башында Батыш Түрк кагандыгы абдан гүлдөп, ага Самаркан м-н Бухараны ээлеген Согду мамл. ж-а Чыгыш Түркстандын эли (дулу ж-а нушиби уруулук бирикмелеринен турган «он ок эли») кирген. Б. т. к. 704-ж. *Түргөш кагандыгынын* курамына кошулган.

**БАЧАЙЫ** – жибек кездеме. Ал Ташкен, Анжиян, Фергана, Ош ж.б. кол өнөрчүлүгү өнүккөн ш-ларда токулган. Б-дан жууркан, алтыгат капташып, туш кийизге ортолук жасашкан; кыз-келиндер көйнөк, күрмө; улгайган аялдар, балдар чапан кийишкен.

**БАШКАРУУ** – салттуу коомдук мамилелер мезгилинде элдин жашоо-тиричилигин иретке келтирүү. Кыргыздардын тарыхый өнүгүшүндө Б-нун ар кандай түрү өкүм сүргөн. Патриархалдык мамилелер мезгилинде урууну, урукту, патриархалдык чоң үй-бүлөнү жашы улуу, нускалуу, көптү көргөн аксакал башкарган. Согуштук демократия күч ала баштаганда Б. элдин катмарынан чыккан баатырларга өтүп, бара-бара алардын арасынан хан ж-а аны м-н кошо хандык бийлик өкүм сүрө баштаган. Көчмөн шартта мамлекеттүүлүктүн белгилери ушул системада түзүлүп, уюшкан аскердик көчмөн аристократиясынын келип чыгышына өбөлгө түзгөн. Кыргыздардагы Б. көчмөн ж-а жарым көчмөн жашоо шартына толук ылайыкташтырылган. Б. системасына бийлер, манаптар, баатырлар киришкен. Кыргыз коомунда бийлердин ролу күчтүү болгон. 18-к-дын аягынан тартып Кыргызстандын түндүгүндө бийлердин бийлиги манаптарга өтө баштаган, натыйжада башкаруу системасы – манапчылык пайда болгон. Бийлер сот бийлигин жүргүзүп калган.

Манаптар бир нече социалдык катмарларга бөлүнгөн. Бир атанын балдарынан түзүлгөн туугандык топту эркек киши башкарган. Кыргыздардын Б. системасында аялдар да көрүнүктүү орунду ээлеген. Тарыхтын тигил же бул кырдаалында алар бүтүндөй элдин башында турган, жортуулдарга башчылык кылган.

**БАШКЫР, БАШКОРТОСТАН КЫРГЫЗДАРЫ.** Бүгүнкү башкырлардын курамындагы кыргыздар Башкортостандын түндүк-батыш ж-а чыгыш аймактарында 9–10-к. жашап келишүүдө. Башкортстандын батыш аймагындагы кыргыздар 9–10-к. кыпчак толкуну м-н (Сырдарыя аркылуу журт которуп келген байыркы башкыр уруулары), ал эми чыгыш бөлүгүндөгү кыргыздар 16–17-к. Енисейден журт которуп келген «кыргыз» этнокомпоненттери экендигин изил-дөөчүлөр белгилешкен. Кыргыз этнонимдери бүгүнкү башкырлардын курамында табын, кудей, миң урууларынын курамында кездешет. Табын этноониминин удаалаштары (параллелдери) хакастардын жана фуйу кыргыздарынын (хакастарда – табхын, фуйу кыргыздарында – табындар) курамдарынан кездешет. Кыргыз уругу кирген кудейлер-дин бүгүнкү кыргыздарда кудайлат (басыз уруусу) аттуу удаалашы бар. Худалат Хакасияда топонимикалык аталыш катары да маалым. Санжыра б-ча башкырлардагы кадыкей, танкей кыргыз уруктары өздөрүнүн баштапкы мекени катары Сибирь аймагын, теги жагынан Чыңгыз ханды, түпкү бабаларынан Төнөк бийди аташат. Алардын этногенезисинде Мөңгүсуг (Минусин) чөлкөмү өзгөчө орунду ээлери шексиз. Моңгол баскынчылыгына чейин башкырлар 12 уруудан турган бирикмени түзүшүп, алардын жетөө мурдагы Уфа провинциясында, Ика дарыясынан батышка карай болярлар, Ика ж-а Деме дарыяларынын жогорку агымдарында кыргыздар турушкан. П. И. Рычковдун «Топография Оренбургская» аттуу эмгегинде (1730) кыргыздар өз алдынча 4 уруудан турган эл катары чагылдырылат. 19-к-да Башкортостандагы кыргыздар өздөрүнүн бирдиктүү жашоосун уланта беришкен.

**БАШ ТАҢМАЙ** – ата-энеси үйдө жокто балдары (кызы, уулу, келини) өзүнүн теңтуштарына (айрым учурда коңшуларына, туугандарына) атайы жасап берген тамак-ашы.

**БЕГЕЛДИНОВ** Талгат Якубекович (1922-ж. т., Бишкек) – Советтер Союзунун эки жолку Баатыры (1944, 1945). 1940-ж. Сов. Армия-нын катарына чакырылат. 1942-ж. Чкалов (азыркы Оренбург) атн. аскердик авиациялык мектепти бүтүрүп, учкуч укугун алат. 305 жолу учуп чыгып, душмандарга каршы согушкан. Б. 1950-ж. Авиация академиясын бүтүрүп, полктун командиринин орун басары ж-а штабдын начальниги болуп 1956-ж-га чейин иштеген. СССР Жогорку Советинин 2–3-чакырылышынын депутаты. 2 Ленин, 2 Кызыл Туу, 1-, 2-даражадагы Невский, Кызыл Жылдыз, 3-даражадагы Даңк ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Б. «305 жолу учуу» (Фрунзе, 1966), «Илдер чабуул коюшат», «Асмандагы беттешүү» (Алма-Ата, 1966, 1967) мемуарларынын автору.

**БЕЙШЕКЕ ТУРГУН ЖАЙЫ –** 10–12-к-га таандык эл отурукташкан жайдын калдыгы. Талас өрөөнүндөгү Бейшеке кыштагында. Эки бөлүктөн туруп, экөө тең чеп м-н курчалган.

**БЕЙШЕНАЛИЕВА** Бүбүсара (1926, Чүй облусу, Аламүдүн р-ну, Ташдөбө айылы – 1973, Бишкек) – белгилүү балерина, кыргыз хореографиясын негиздөөчүлөрдүн бири. Кыргыз ССР эл артисти (1954), СССР эл артисти (1958). 1936–41-ж. Ленинград хореографиялык окуу жайында окуган. 1941-жылдан Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрынын солисти. 1949-жылдан Бишкектеги хореографиялык окуу жайынын педагогу. Сахнада В. Ференин «Селкинчек» (1943, балетмейстер Л. М. Крамеревский) балетинде Зайнуранын ролун аткаруу м-н зор бийчилик жөндөмү, профессионалдык даярдыгы бар экенин көрсөткөн. Ал катышкан «Чолпон» балет-фильми дүйнөнүн көптөгөн өлкөсүндө коюлган. Бий өнөрүндө көптөгөн образдарды жараткан. СССР Жогорку Советинин (1962–70), Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1955–62). Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1970). Анын ысмы м-н Кыргызстан мамл. искусство ин-ту ж-а Бишкек ш-ндагы көчө аталган. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**БЕК**, б е г, б е й, б и й (түрк. бийлөөчү, төрө; эмир дегендин синоними) – Жакынкы ж-а Орто Чыгыш өлкөлөрүндө уруу башчыларынын, о. эле феодал ак сөөктөрүнүн титулу. Б. Орто Азияда 14-к-дан тартып кезигет. Алтын ордонун ханы мусулман динин кабыл алган моңгол нойондоруна Б. титулун берген. Кыргызстанда Кокон ханы үстөмдүк кылып турган учурда пайда болгон. Хан тарабынан дайындалып, бир вилайетти башкарган адамды Б. деп аташкан. Ал түздөн-түз ханга баш ийип, вилайетте бийликти өз колунда кармап турган, элден алык-салык жыйнатып хандын казынасына өткөргөн, хандын аскерине толуктоо жиберип, өз вилайетиндеги жоокерлерге башчылык кылган. Кыргыз Б-тери Кокон хандыгынын тиреги болгон. Мансаптан ажыраса деле Б. наамы сакталып калган.

**БЕКМУРАТОВ** Саид (1901, Ош облусу, Карасуу р-ну, Жылкелди кыш. – 1966, Бишкек) – кыякчы, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1939). Совет бийлигин чыңдоодо басмачыларга каршы күрөшкө, жер-суу реформасын ишке ашырууга, коллективдештирүүгө катышкан. Кыяк тартып, комуз черткенди чоң атасы Калымбеттен үйрөнөт. Кийин Нармат, Айдараалы, Ашыр сыяктуу чоң кыякчылардан таалим алган. 1933-ж. Бишкекке чакырылып, музыкалуу драма театрында, 1936–61-ж. филармонияда иштеген. «Сырдаш», «Кер өзөн», «Бекарыстан Тайчы», «Ак токту», «Ат кетти», «Шырдакбек», «Паризат», «Бери чык» ж. б. күүлөрү бар. Кыргыз адабияты м-н искусствосунун эки жолу Москвада өткөн он күндүктөрүнө (1939, 1958) катышкан. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**БЕКНАЗАР КУУДУЛ,** Б е к н а з а р Арзымат у у л у (1881, Жалалабат облусу, Токтогул р-ну, Ничкесай айылы – 1953, ошол эле жерде) – эл куудулу, жамакчы. Б. К. томаяктын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы

жокчулуктун айынан жалданып иштеш үчүн Арстанбапка жакын Кызылсуу кыштагына байыр алып калат. Жети жашында энесинен ажырап, өгөй эненин каарынан 9 жашында үйүнөн безип, Арстанбап мазарына келип, андагы шайыктарга кумганчы (даараткa суу даярдап бергич) болуп 7 жыл иштеген. Бул жерде ал кожо-молдолордун алдамчы экенине көзү жетип, аларды жек көрүү сезими пайда болгон. Алардын «Мусулманчылыктын азабы», «Мусаллага тойгондогу зикир», «Молдолор тооруганда», «Жума намаз эмне үчүн каза болду?», «Жалгыз көздүү жан алгыч» сыяктуу оозеки аңгемелери эл ичинде кеңири тараган. 30-жылдары Токтогул р-ндук театрында иштеген. Ал сагызган, чакчыгай, күкүк, карышкыр, мышык, теке, бука, ит (бөтөнчө күчүктөрдүн) ж. б-дын дабышын куду өзүндөй туурай алган. Б. К. *Токтогул* акындын шакирттеринин бири болгон.

**БЕЛБОО** – белге курчана турган буюм. Көбүнчө көп түстүү жоон жиптерден чалып токуу, өрүү жолу м-н колдо жасалган. Б. жиптери жүндөн, кебезден, жибектен түрдүү түстө, түрдүү жоондукта даярдалган. Чачы жиптери жибектен болгон. Б. учтары, төмөнкү чети, айрым учурда жогорку чети да түрдүүчө чачылган. Б-нун уз. белге бир же эки оролуп, учтары алды жака илмек байланган. Б. чепкендин, ичиктин, тондун, кемзелдин, көйнөктүн сыртынан курчалган. Алтын, күмүш жипчелери аралаш согулган, чачыланган баалуу Б-лор да болгон. Кийин Б. кездеме кур, кемер кур м-н алмашылган.

**БЕЛДЕМЧИ –** 1. аялдардын белден ылдый тартынчу кийими. Б. баркыт, нооту кездемелеринен этеги жазы, жогорку бөлүгү белге кынаптала жасалып, кашат коюлуп, эки учалуу тигилет. Б. кебез, жүн, жука жасалган кийиз, ара туулган козу-улактын өңдөлгөн терилери м-н ичтелет. Кашаты башка жактарына караганда тыгыз шырылып, калыңыраак келет. Жээктери саймаланып, кундуз карматылып, чачыланып коодолот. Б-нин эки түрү кездешет. 1-түрүнүн алдыңкы жээктери биригип тигилет (түндүк ж-а түндүк-батыш аймактарга мүнөздүү). 2-түрү Алай, Памир аймактарында кеңири тараган. Б-нин алды жагы ачык тигилет. Б-нин кездемеси, тигилиши, көркөмдөлүшү ж-а түсү аны кийүүчү кишинин жашына, өңүнө, тулкусуна жараша жасалат; 2. жоокерлердин кийимдеринин бир бөлүгү. Анын алды ачык, арт жагы, капталдары калың кийизден жасалып, бетине майда темирлер капталган.

**БЕЛОЦКИЙ** Морис Львович (1895–1938) – партиялык ж-а мамл. ишмер. 1933–37-ж. Кыргыз обкомунун 1-катчысы. 1919–20-ж. Украинада партиялык кызматкер, 1920–24-ж. жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясынын 1-аткычтар армиясында комиссар, Москвадагы Аскер академиясынын аскер комиссарынын жардамчысы. 1924–25-ж. СССРдин Бухара Эл Респ-ндагы консулу, РКП(б)нын Түндүк Кавказ крайкомуна жооптуу инструктор; 1929–33-ж. Түндүк Кавказ крайында партиянын Миллерово округдук комитетинин, Түндүк Осетин обкомунун катчысы, СССР Осоавиахиминин төрагасынын орун басары. 1937-ж. жазыксыз жерден репрес-сияга учураган.

**БЕЛСАЗ АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИГИ** – б. з. ч. 1-миң жылдыктан орто кылымдын аягына чейинки мезгилге таандык кө-рүстөндөр. Кочкор р-нундагы Карасуу ж-а Карасаз айылдарынын түштүк тарабындагы дөбөдө жайгашкан. Булардын ичинен «муруттуу» деп аталган көрүстөндөр өзгөчө мааниге ээ. Көрүстөндүн күн чыгыш тарабында уй мүйүз сымал атайын тизилген таштардын негизинде аталган. Мындай эстеликтер Казакстандын түштүгүндө кеңири белгилүү. Байыркы түрк доорундагы көрүстөндөрдүн басымдуу көпчүлүгүндө маркумдун жанына жылкынын кошо көмүлгөн учурлары арбын. 11–14-к-га таандык көрүстөндөрдө жылкынын ордуна маркумдун бут жагына ат жабдыктары жайгаштырылган. Маркумдун жаш өзгөчөлүгүнө, жынысына жараша буюмдар кошо көмүлгөн. Мис., аялдын жанына чоң темир кайчы коюлса, коңшу көрүстөндөгү кыздын жанынан кичине кайчы табылган. О. эле кыздын баш жагында ж-а эки колунда 3 жез тыйын болгон. Ар бир маркумдун баш жагына койдун жото жилиги (чүкөлүү жилик) коюлган. Салтка айланган мындай жөрөлгө маркум болгон адамга тиги дүйнөдө күч берүүчү ишеним м-н байланыштырылат. 1990-ж. археолог К. Ш. Табалдиев, 2002-ж. М.И.Москалев ж-а О.А. Солтобаев тарабынан изилденген.

**БЕЛТИР** – хакастардын курамындагы эт-ностук топ; 18-к. чейин Абакандын оң жээгинен Арбат ж-а Табатка чейинки жерлерди байырлашкан кыргыздын бир уруусу. Орус жазма булактарында Б. аймагы 1635-жылдан белгилүү. Кяхта келишимине (1727) Б. катышышып, чегараны көзөмөлдөөгө укук алышкан. Учурда Б-лер тарыхый санжыраларды жакшы билишет ж-а 15–18 муунга чейин айтып бере алышат.

**БЕРДИКЕ БААТЫР,** Б е р д и к е С ы р д ы б а й у у л у (18-к-дын ортосу, азыркы Талас р-ну, Бешташ капчыгайы – 18-к-дын аягы, Анжиян ш.) – түндүк (аркалык) кыргыздардын Жуңгар хандыгына каршы күрөшүн уюштуруучулардын ж-а жетекчилеринин бири. Саруу уруусунун алакчын уругунан. Кушчу, жетиген урууларынын башчысы Эр Солтоной, Итим баатыр, солто элинен Жа-йыл м-н Кошой, саяктардын эр Садыр, сарбагыштан Атаке баатыр ж. б. м-н бирдикте кыр-гыз жергесин жуңгарлардан бошотууда айрыкча таанылган. Санжырачылардын айтуусуна караганда Б. б. жоого киргенде жайдак ат минип, кылыч чаап, айбалта сокон. Жогоруда аталган баатырлар м-н Талас өрөөнүнөн, Чүйдөн, Кеминден баскынчыларды сүрүп, Ысыккөлдүн тескейин бошотушкан. Б. б. үч жыл көл боюнда туруп, хан Б. аталган. Б. кийин Таласка келип, кокон бийи Эрденеге каршы аттанган. Ушул жортуулунда Б. б-ды Анжиянда Эрдене бийдин тыңчылары ууланган жебе м-н капысынан атып өлтүрүшкөн.

**БЕРНШТАМ** Александр Натанович (1910, Керчь ш. – 1956, Ленинград ш.) – археолог, тарых ил-нин доктору (1942), проф. (1946-52). 1933-ж. Ленинград мамл. ун-тин бүтүргөн. Жетисуу, Теңиртоо, Памир-Алай, Фергана аймагында археол. иштер жүр-гүзгөн. Б-дын эмгектеринде Орто Азиядагы, айрыкча Борб. Теңиртоо, Памир-

Алай, Талас, Чүй өрөөндөрүндөгү көчмөн элдердин ж-а уруулардын этногенези, коомдук түзү-лүшү, чарбасы, о. эле маданияты м-н искусствосунун тарыхы, эпиграфикасы ж-а нумизматикасы баяндалат. Кыргызстанга арналган негизги эмгектери: «Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери» (1950), «Чүй өрөөнү» (1950), «Байыркы Фергана» (1951), «Борбордук Тянь-Шандын ж-а Памир-Алайдын тарыхый-археологиялык очерктери» (1952), «Талас өрөөнүнүн байыркы эстеликтери» (1941) ж. б. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

**БИРУНИ,** Б и р у н и  А б у  Р а й х а н (979, Хорезмден алыс эмес Кят деген жерде туулган–1048) – орто азиялык илимпоз-энциклопедиячы, ойчул. 160тан ашуун ил. эмгектери болгон. «Геодезия», «Минерология», «Хронология», «Индия», «Масуд Канону» ж. б. «Хронология» деген эмгегинде дүйнөдө биринчилерден болуп, Батыш ж-а Чыгыш өлкөлөрүндө колдонулган жыл санактар сис-темасы, алардын өзгөчөлүгү, түрдүү элдердин үрп-адаты, салт-санаасы терең изилденген. Б. грек, латын, араб, фарсы, түрк, хинди, ж.б. тилдерди өздөштүргөн. Байыркы замандын окумуштуулары (Пифагор, Сократ, Платон, Аристотель, Гален, Птоломей) ж-дө ил. эмгектерди жазган. Анын эмгектери табият таануу ж-а коомдук илимдердин тармактарын изилдөөгө багытталган. Б. поляк окумуштуусу Николай Коперниктен дээрлик 500 жыл мурда эле асман телолорун, аалам түзүлүшүн, күн системасын окуп үйрөнүп, жер шар формасында экендигин ж-а ал өз огунда айлануу м-н күндү тегеренип жүрөт деген тыянакты ил. түрдө далилдеген. Д. Менделеевден 1000 жыл мурда көптөгөн металл, минерал ж-а химиялык заттардын салыштырмалуу салмагын изилдеп, так эсептеп чыккан. Биринчилерден болуп жер шарынын радиусун эсептеп чыгып, ал 40 миң *км* түзөт деп жазган ж-а Жер шарынын глобусун жасаган. Анын пикири б-ча, күн бул жанып турган от. Ал бөлүп чыгарган нурдун ылдамдыгын билүү өтө кыйын, аны үндүн гана ылдамдыгына теңеп билүүгө мүмкүн. Бирок ал андан да чоң ылдамдыкта жүрөт деп эскерткен. Тарых илими б-ча да бир канча эмгектеринде 7-к-дагы Муканнанын көтөрүлүшү, карматтар кыймылы ж-дө маалыматтар камтылган. Кыргыздарды тили б-ча түрк элдерине кошуларын ж-а өздөрүнүн падышасын кан же хан деп аташарын эскерткен. Анын эмгектери англис, араб, орус, өзбек тилдерине которулган.

**БЕХИСТУН АСКАСЫ** түндүк-батыш Ирандын Керманшах ш-нан 80 *км* алыстыкта жайланышкан. Дүйнөдөгү эң көлөмдүү аска летописи. Б. з. ч. 516-ж. Дарий Iнин буйругу б-ча жерден 152 *м* бийиктикте, уз. 20 *м,* бийиктиги 8 *м* келген тик аскада байыркы перс клинопись жазмасы аркылуу элам ж-а вавилон тилдеринде Орто Азия ж-а Теңиртоо аймагын байырлашкан көчмөн элдер тууралуу алгачкы маалымат берилет. Жазмада Дарий Iнин Орто Азияга жасаган жортуулу ж-а ал басып алган элдер (өзгөчө сактар) тууралуу кабарлар берилет. Бул байыркы жазууларды 1835–47-ж. Г. Роулинсон которгон.

**БЕШБАЛЫК** (түркчө «Беш шаар») – Чыгыш Түркстандагы орто кылымдарга таандык шаар. Азыркы Синьцзянь Уйгур автономиялуу р-нунун Үрүмчү ш-на жакын жайгашкан. Кытай даректеринде Бэйтин деген ат м-н да белгилүү. 7-к-дын 40-жылдары Чыгыш Түркстанда кытай аскер гарнизондору уюштурулуп, 658-жылдан Б. чөлкөм-дөгү Кытайдын коргонуу борборуна айланган, аны башкаруу кытай акимдерине, кээде түрк акимдерине тапшырылган. Б. ж-а Аньси гарнизондору Түргөш кагандыгы-нын түштүк-чыгыш чектерине коркунуч келтирип турган. 714-ж. Кытай коменданты түрк урууларынын чабуулунун мизин майтарган. 8-к-дын 2-жарымында Кочо, Карашаар ж-а Б. ш-лары Моңголиянын түн-дүгүндөгү Уйгур мамл-нин протекторатына айланган. 788–89-ж. тибеттиктер м-н карлуктардын биргелешкен күчтөрү Бейтинге чабуул коюшкан. Андагы уйгурлар м-н бирге алардын союздашы кытайлыктар шаар-ды таштап качышкан. 791-ж. күзүндө уйгурлар абалды оңдогонго аракет кылып, 60–70 миң аскерлерин жөнөткөн, ал жүрүш ийгиликсиз аяктаган ж-а Б. карлуктардын колунда калган. 840-ж. *Уйгур кагандыгы* кыргыздардын соккусунан кыйраган. Алардын Яглакар Пантегин баштаган бөлүгү Чыгыш Теңиртоонун этектерине көчүп келген. Буку Чин башында турган уйгурлардын жигердүү тобу Б-ка бекем орноп, 866-ж. Турпанды басып алышкан ж-а тибеттиктерди кыйратып, аймакка толук кожоюндук кылышкан. Натыйжада, Чыгыш Теңиртоонун этегиндеги Кочо ж-а Б. ш. кайрадан түптөлгөн Уйгур мамл-нин борб. болуп калган. 840-жылдан кийин уйгурлардын артынан түшкөн кыргыздар Аньсин ж-а Бэйтинге чабуул коюп, убактылуу ээлешкен. 982-ж. Кытайдын Сун сулалесинин элчиси Вань Янь-дэ Б-та кабыл алынган ж-а шаар ж-дө анын жазгандары сакталып калган. Б. тууралуу автору белгисиз «Худуд ал-Ааламда» (982–983) ж-а Гардизинин «Зайн ал-ахбар» («Кабарлардын аземи») эмгегинде эскерилет. «Худуд ал-Ааламда» Тофкан (Теңиртоо) тоолорунан түндүктөгү Панжиканс ш. (Б-тын персче которулушу) эскерилет ж-а ал уйгур падышасынын жайкы резиденциясы экендиги көрсөтүлөт. Гардизинин кабары б-ча «тогуз гуздардын падышасынын» ордосу Арк (Карашаар) эсептелинген, ал эми Пенжикент (Бешбалык) өлкөдөгү шаарлардын бири болгон. Хакандар м-н кан төгүлгөн салгыла-шуудан кийин Б-тан чыккан династия бийликти алган. 13-к-да Б-ка Моңголиядан качкан уруулар, кийин моңголдор өздөрү келишкен. Моңголдордон кийин Б. Чагатай улусунун карамагында турган. Чагатай тукумдарынын ич ара согуштары да шаар турмушу үчүн тескери таасирин тийгизген ж-а 14-к-да Б. өзүнүн жашоосун токтоткон. 15-к-да Б. аймактын аты катары гана пайдаланылган. 14–15-к-да Темирдин небереси Искендер Моголстанга кол салып, Алмалыктын ж-а Хотандын сулууларын, о. эле Б-тагы кыргыз чүрөктөрүн колго түшүрүп, чоң атасына тартууга жөнөткөндүгү айтылат. Демек, 14–15-к-да кыргыздар Чыгыш Теңиртоонун этектерин, б.а. Б-тын айланасын байырлашкан.

**БЕШБАРМАК –** майда тууралган эттен жасалган кыргыздын эң сый тамагы. Бышкан эт тууралып, эттин сорпосуна бышырылган кесме ж-а майлуу чык аралаштырылып Б. жасалат.

**БЕШИК –** бала бөлөнө турган жыгач терметме. Б. көчмөн жашоого ыңгайлуу болгон. Б-тин тулкусу толугу м-н жыгачтан жасалган. Жеңил ж-а бышык жыгачтарды тандашып, жоондугу 15–20 *см,* уз. 1,20–1,50 *см* келген эки жыгачты алкак түрүндө ийип кургаткан. Алкактардын учтарын (буттарын) көзөп, жарыш чабактар (таякчалар) бекитилген. Жарыш чабактарга узун-туурасынан аркы-терки сызма тартылып, ага оюгу бар олпок, жалаяк төшөлгөн. Бала булганбас үчүн олпоктун оюгуна шимек (койдун жото жилиги же жыгач) коюлуп, алдына күлтүк кыстарылган. Бала Б-ке кыпчыктардын (жаздыкчалар же бүктөлгөн чүпүрөктөр), боорттолордун (жаза сызмалар), чарчы ороолордун жардамы м-н бөлөнүп, жабуу (төшөк) м-н жабылган. Көчмөн чарбалар отурукташа баштаган мезгилден Б-тин өркүндөтүлгөн түрү жорго Б. деп аталган. Ал тал же тыт жыгачынан жасалат. Мындай Б-те сызмалардын ордуна туташ жука тактайчалар кагылып, күлтүк үчүн гана тешик калтырылат. Б-тин эки капталына (башына ж-а аягына) жаа сымал жыгач ашталып, Б-тин термелишин жеңилдетет. Жорго Б-тин жыгачтары сырдалып, оймо-чийме түшүрүлүп коолдолот. Б. баланы таза кармаганга, тез уктатканга ыңгайлуу. Б-тин дагы бир сейрек учуроочу түрү – асма же жел Б. Ал керегелердин башына байланган аркандан жасалып, төмөн жагына бала жатканга ыңгайлуу орундук даярдалган.

**БЕШИК ТОЙ** – наристени кундактан чыгарып, 1-жолу бешикке салар күнү айылдагыларды, туугандарды чакырып берилген тамак. Көбүнчө байбичелер, аялдар чакырылат. Б.т-го чакырылгандардын ар кимиси өз алыш-бериштерине жараша, баланы бешикке бөлөөгө керектелчү нерселерди (мамык олпок, саймалуу жаздык, асемделген боортко, түрдүү ороочтор ж.б.), баалуу буюмдарды, мал алпарышат. Сый ортологондо бешикти сакалдуулап жасап, шимеги, чулгоолору жылытылат. Алардын бардыгы арча түтөтүү м-н аласталып, бешиктин алкак, буттарын, туткасын майлап наристени бешикке бөлөшөт. Чогулгандар тамактарын ичип, жакшы каалоо, баталарын берип тарашат.

**БЕШМАНТ** – сырт кийимдин түрү; аялдар, эркектер кийишчү жеңил тыш кийим. Кыргыздарда анын эки түрү белгилүү – жеңи узун Б. ж-а жеңи кыска Б. Тигилиши б-ча тизеге жетип, ичи жүн салынбай ичтелген. Б-тын бели кыпча, этеги кең, жакасы тик чыгарылган.

**БЕШ ТАШ,** т о п т а ш – жаш балдардын, көбүнчө кыздардын чакмакка окшогон оюну. Аны ойногонго 2ден көбүрөөк балдар катышат. Оюнга катышкандардын 1-тарабынан бирөө колундагы таштарды жерге чачат. Арасынан бир ташты алып аны жогору ыргытып, ал жогортон келгенче жерден бир таш алып ыргытылган ташын тосуп алат. Жыдыбай жердеги төртөөнү бирден алып, оюнун улантып, экиден, үчтөн, акыры төртөөнү чогу бир жолу алып утат. Эгерде макулдашуу узак ойноо болсо, Б.т-ты көкөлөтө акырын ыргытып, анын бирөөсүн колунун сыртына тосуп, анан аны кайра жогору ыргытып, ташты ыргыткан колунун алаканы м-н тосуп алат. Жерге түшкөн таштарды сол колунун бармак, сөөмөйүн жерге такап, экөөнү алдынан өткөрө бирден шилтейт. Жыдыбай баарын өткөрсө, оюнун улап экиден, үчтөн, акыры төртөөнү бир шилеп өткөрөт. Жыдыса, оюнду атаандашынын кезектегисине берет.

**БЕШТАШКОРОО КӨРҮСТӨНҮ ЖАНА ПЕТРОГЛИФТЕРИ** Кочкор өрөөнүнүн чыгыш тарабындагы Каратоонун этегинде жайгашкан. Байыркы түрк дооруна (6–8-к.) таандык. Аска бетине түшүрүлгөн тоо текелердин, ритуалдык бий аткарган адамдардын сүрөттөрү арбын. Тоо текелерге жаа м-н аңчылык кылуу көрүнүштөрү кездешет. О. эле жылкы, түлкү, карышкырлардын чегип түшүрүлгөн келбеттери да бар. Коло дооруна таандык көрүстөндөр изилдене элек. Сак-усун доорлоруна тиешелүү көрүс-төндөр изилденген. Маркумдун аты м-н ко-шо көмүлгөн салт басымдуулук кылып, көрүстөн-дөрдөн жоокердин, аялдын, жаш баланын жандарынан жылкынын сөөгү, ооздугу ж-а токулган ээрлер табылган. Жылкысы жок өзү гана көмүлгөн көрүстөндө-гүлөрдү тирүү кезинде социалдык абалы төмөн адамдар болгон деп болжоого болот. Маркумдун баш жагына койдун жото жилигин коюу салты ошол мезгилде калыптанып, 13–14-к-га чейин уланган. Үзөңгүлөрдүн бир канча түрү табылган. Көрүстөндөрдү 1991–94-ж. К.Табалдиев жетектеген археологдор тобу изилдеген.

**БЕШТАШ КӨРҮСТӨНҮ** Талас өрөө-нүндөгү коло дооруна таандык эстелик. Көрүстөндөрдүн чекелерине чоң жалпак таштар тикесинен орнотулган да, ортосу таштар м-н төшөлгөн. Н. П. Кожемяко изилдеген.

**БЕШТАШ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 10–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Талас р-нундагы, Бешташ капчыгайында жайгашкан. Археол. табылгалары б-ча Б.ш.ч. 3кө бөлүнөт. 1-шаар чалдыбары Козучак айылынан 0,7 *км* түштүктө жайгашып, 120х165 *м* аянтты ээлейт. Дубалдын бийиктиги 3 *м*. Дубалдары мунара м-н бекемделген. Түштүк-чыгыш ж-а түндүк-чыгыш жагында эки дарбаза курулган. Чыгыш бурчунда 36х50 *м* аянтта цитадель жайгашкан. Карапа сыныктары табылган. 2-шаар чалдыбары 2 бөлүктөн турат. Курчалган бөлүгү тик бурчтуу планда. Дарбазасы чыгыш бөлү-гүндө. Түштүк-чыгыш бөлүгүндө 10х12 *м* келген курулуштун изи билинет. Түндүк-батыш жагында тереңдиги 1,5 *м*ге жеткен атайын казылган чуңкурлар бар. Алардын эмнеге кызмат кылганы белгисиз. Дубалдын түндүк ж-а түштүк сыртында аң казылган. Дубалдын түндүк жагында 60 *м*ге созулган атайын жасалган тектирче жайгашкан. Андан карапалардын сыныктары табылган. Алар 1-шаар чалдыбарынан табылган материалдарга окшош. 3-шаар чалдыбары 2-шаар чалдыбарынан 12 *км* алыстыкта жайгашып, чарчы формадагы 2 бөлүктөн турат. Сырткы бөлүгү 45х45 *м*. Ички

бөлүгү 25x25 *м*. Сырткы бөлүгүндөгү маданий катмар 0,4 *м*, ички бөлүгүндөгү 0,6 *м*. Дарбазанын ордун билүү мүмкүн эмес. Карапа сыныктары табылган.

**БИЙ –** уруу башчысынын мансап наамы же даражасы. Патриархалдык-уруулук мамилелер мезгилинде Б-дин орду бийик деңгээлде болгон. Анын бийлик жүргүзүүсү адатка негизделген. Б. үй-бүлөлүк, чарбалык иштерден согуштук-саясий иштерге чейинки маселелерди чечкен. Ал мурас катары атадан балага өткөн. 19-к-дын 1-жарымында манапчылык ин-ту тарай баштагандан Б. мансабы орто ж-а майда манаптарга, үрп-адаттарды жакшы билген барктуу аксакалдарга, эл арасында даңкы чыккан чечендерге өтө баштайт. Алар чоң манаптарга баш ийип, алардын кызыкчылыгын жакташкан. Б-лер мүлк талашы, үй-бүлө маселеси, ууручулук, киши өлтүрүү сыяктуу кылмыштарды карап, өзүлөрүнө тиешелүү маянасын алышкан. 1865–66-ж. Россия падышачылыгы Түрк-станда башкаруунун тартиби ж-дө чыгарган жоболорго ылайык үч баскычтуу Б-лер соту уюштурулат. Б-лер соту 3 жылдык мөөнөткө шайланып, кылмыш иштери б-ча бир жарым жылга чейин камак жазасын берүүгө же үч миң сомго чейин штраф салууга укуктуу болгон. Б. мансабы айылдык Б-ге, болуштук Б-ге бөлүнгөн. Б-лердин атайын чакырылган курултайында кыргыз урууларынын, коңшулаш жашаган башка элдердин талаш-тартыштары каралган. Октябрь революциясынан кийин айрым жерлерде казы м-н болуш соту убактылуу калтырылып, алар ж-дө атайын жобо чыгарылган. Б. соту сов. сот органдарынын көзөмөлү астында иштеген. 1927–28-ж. казы ж-а Б. соту жоюлган.

**БИЛГЕ КАГАН**, М о г и л я н (683–734) – 716–734-ж. экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын каганы. Кутлуг хандын тун уулу, Күл тегиндин агасы. 716-ж. Күл тегиндин демилгеси м-н ордо төңкөрүшү жасалат да, Билге такка отурат. Б. к. бийликке келгенден кийин эки-үч жылдын ичинде көтөрүлүш чыгарган урууларды басып, өлкөнү тартипке келтирген. Ал Кытай м-н мамилени жакшыртууга аракеттенген. Бирок, Тан императору анын аракетине каршы чыгып, чоң армия топтогон. Армиянын негизги сокку уруучу атчан аскерлери басмыл, кидан, татаби ж-а башында Кытайга качып барган Капаган-кагандын кичүү уулу Бек тегин турган түрктөрдөн куралган. Алдын ала сүйлө-шүүлөр б-ча түрктөрдүн ордосуна чыгыштан татаби ж-а кидандар, түштүктөн кытайлар, батыштан басмылдар чабуул жасамак. Муну билип калган Б. к. ж-а Тоң-Йокук 720-ж. күзүндө армиясы м-н басмылдар-ды тосуп чыгып, аларга катуу сокку уруп, чегинүүгө аргасыз кылат. Андан кийин Тоң-Йокук ж-а Күл тегин аскерлери м-н *Бешбалыктан* Бансу аймагына жортуул жасап, ага каршы коюлган аскерди талкалап, Лянчжоу аймагын багындырган. Ордосуна кайтып келе жатканда Б. к. кидандарды, андан кийин татабилерди катуу жазалаган. Император Сюанцзян айласы куруп, 721-ж. Б. к. м-н келишим түзөт. Андан кийин Кытай м-н Чыгыш Түрк кагандыгынын ортосунда кагылыштар болгон эмес. Алардын ортосунда мезгил-мезгили м-н товар алмашуулар жүргөн. Б.к. императорго аргымактарды жөнөтүп, андан алтын, күмүш ж-а жүз миң таңгак жибек алып турган. 734-ж. Б.к-ды төрөлөрүнүн бири уу берип өлтүргөн.

**БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ (БУУ)** – эл аралык тынчтыкты, коопсуздукту колдоо ж-а бекемдөө, мамл-тер аралык тынчтык кызматташтыгын өнүктүрүү максатында суверендүү мамл-дин ыктыярдуу биригүү-сүнүн негизинде түзүлгөн эл аралык уюм. БУУну түзүү антигитлердик коалициялык негизги мамл-дин демилгелери м-н ишке ашырыла баштаган. БУУнун аткара турган негизги иш чаралары ж-а түзүлүшү 2-дүй-нөлүк согуштун убагында эле [(Москвадагы СССР, АКШ, Улуу Британия мамл-нин тышкы иштер министрлеринин жыйынында (1943-ж.), Думбартон – Оксфорд конференциясында (1944-ж.), Крым (Ялта) конференциясында (1945-ж.), Сан-Франциско конференциясында (1945-ж.)] талкуулана баштаган. Сан-Франциско конференциясында 51 мамл-тин өкүлдөрү кол койгон (анын ичинен 5өө Коопсуздук Кеңешинин туруктуу мүчөлөрү). БУУнун уставы күчүнө кирген 24-октябрь (1945-ж.) – жыл сайын БУУнун түзүлгөн күнү катары белгиленет. БУУнун Уставында бекиген башкы максаттары: эл аралык тынчтыкты ж-а коопсуздукту коргоо, мамл-тер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү; дүйнө элинин бейкуттугун буза турган ар кандай агрессиялык актыларды, эл аралык талаш-тартыш маселелерин тынчтык жолу м-н чечүү ж-а жөнгө салуу; улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу м-н улуттар арасындагы достукту, тең укуктуулукту өнүктүрүү; адам укуктары тилине, дилине, расасына, жынысына карабастан бардык адамдарга бирдейлигин бекемдөө ж-а эл аралык маданий, социалдык, экон. проблемаларды чечүүдө эл аралык кызматташууну камсыз кылуу. БУУнун Уставында эл аралык кызматташуунун бир нече демократиялык принциптери каралган ж-а бекитилген: мис., баардык мүчөлөрдүн суверендүү тең укуктуулугу; – кабыл алган Уставдагы милдеттерди ак ниеттүүлүк ж-а жоопкерчилик м-н аткаруу; – эл аралык талаш-тартыштарды чечүүдө эл аралык тынчтыкка, коопсуздукка, адилеттүүлүккө коркунуч алып келбей тургандай негизде чечүү. 2002-ж. БУУга мүчө болуп 192 мамл. кирген. БУУнун башкы органдары: 1. Генералдык Ассамблея; Коопсуздук Совети; 3. Экон. ж-а социалдык Совет; 4. Кам көрүү Совети; 5. Эл аралык Сот; 6. Секретариат же Башкы секретарь, Адам укугу б-ча Жогорку комиссар.

**БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ** (1914–18) – Борбордук (Германия, Австрия-Венгрия, Түркия, Болгария) ж-а Антанта (Россия, Франция, Улуу Британия, Сербия, кийинчерээк Япония, Италия, Румыния, АКШ ж.б. бардыгы 34 мамлекет катышкан) коалицияларынын ортосундагы согуш. Сараеводо австрия-венгриялык тактынын мураскери Франц-Фердинанддын өлтүрүлүшүнө байланышкан Балкан кризисинен улам келип чыккан. Германия Англия м-н Франциянын эсебинен жаңы колонияларды басып алууну, Франция м-н Россияны начарлатууну, Европада өз үстөмдүгүн күчөтүүнү көздөгөн. Австрия-Венгрия Балканда өз таасирин кеңейтүүгө ж-а өзү эзип жаткан элдердин улуттук-боштондук кыймылын басууга умтулган. Англия

Германияны начарлатууга, анын колонияларынын бир бөлүгүн басып алууга үмүттөнгөн. Франция 1871-ж. Германияга тарттырып жиберген Эльзас м-н Чыгыш Лотарингияны кайтарып алууну, о. эле Германиянын Саар ж-а Рейн облустарынын жарымын басып алууну каалаган. Россия Балканда ж-а Босфор м-н Дарданэлль кызыктарында өз үстөмдүгүн орнотууга, о. эле Германияны экон. жактан начарлатууга ж-а Австрия-Венгриянын Балканда үстөмдүк кылуу коркунучун жок кылууга умтулган. Б. Д. С. Антантанын жеңиши м-н аяктады. Б. Д. С-тун жүрүшүндө согушуп жаткан тараптар 74 *млн.* кишини аскерге мобилизациялашты. 10 *млн*го жакын киши курман болду, 20 *млн*го жакыны жарадар, 10 *млн*го жакын киши ачарчылыктан ж-а эпидемиядан каза болду. 1919-ж. 28-июнда Б. Д. С-тун бүткөндүгү ж-дө Германия м-н Версаль тынчтык келишимине кол коюлду. Герма-ниядан Европадагы биртоп жерлер алынып, Франция, Бельгия, Польшага берилди. Германиянын колонияларын жеңип чыккан мамл-тер өз ара бөлүп алышкан. Жеңилген мамл-тер, а. и. Түркия көп жеринен ажырап калган. Австрия-Венгриядан Австрия, Венгрия, Чехославакия өз алдынча мамлекет болуп бөлүнүп чыккан. Австрия-Венгрия жеринин бир бөлүгү кайрадан түзүлгөн Польша ж-а Югославия мамл-терине кирген.

**БИТИР** (ар. фитр) – диний түшүнүк: 1. орозодо ооз ачуу; 2. орозо айынын аягында ооз ачканда берилүүчү садага же орозо учурунда ар бир мусулмандан жыйналып алынуучу салык. Курандын талабы б-ча Б. төлөө – мусулмандардын ыйык милдеттеринин бири. Б. тили чыга элек балага да берилиши керек. Дин кызматкерлеринин түшүнүгүндө Б-ди орозо кармагандар да, кармабагандар да төлөөгө тийиш. Мечиттерге Б-ден зор киреше түшүп турат; жыйналган каражаттар дин үгүттөрүн, соопчулук иштерин жүргүзүүгө жумшалат.

**БИЧУРИН** Никита Яковлевич, И а к и н ф (1777–1853) – орус чыгыш таануучу, саякатчы, миссионер. 1799-ж. Казандагы диний академияны бүтүргөн. 1802-ж. кечилдикти кабыл алган. 1807-жылдан Пекинде 14 жыл христиан дин миссиясына башчы болуп, кытай тилин үйрөнгөн. Кечилдердин үгүт-насыят иштерине көңүл кош мамилеси үчүн 1823-ж. Ваалам кечилканасына камалган. 1826-ж. бошотулуп, Россиянын тышкы иштер министрлигинин Азия департаментинде тилмеч болуп иштеген. 1828–51-ж. бир нече ил. эмгек жарыялаган. 1828-жылдан Петербург ИАга мүчө-корр., 1831-жылдан Париждеги Азия коомуна мүчө. Анын кытай тилиндеги даректерди орусчага которуп жазган эмгектериндеги байыркы ж-а орто кылымдардагы кыргыздар ж-а аларга коңшу хунн, динлин, түрк, уйгур, карлук, түргөш ж.б. түркий элдер, моңголдор ж-дөгү маалыматтары Борб. Азиянын тарыхы үчүн өтө баалуу. Кытай тарыхына, маданиятына ж-а философиясына арналган эмгектери да бар.

**БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ (БГУ) –** 1992-ж. Орус тили ж-а адабияты пед. ин-тунун негизинде түзүлгөн. Ун-тте чыгыш таануу ж-а эл аралык мамиле; герман филологиясы; маалыматтык, социалдык иш ж-а психология; кыргыз-россиялык; түркология, экология ж-а менежмент; социология ж-а башкаруу факультеттери иштейт. Ун-ттин 33 кафедрасында 40 адистик б-ча кесип ээлери даярдалат. Студенттерди окутуу англис, япон, араб, иврит ж. б. тилдеринде жүргүзүлөт.

**БИШКЕК ЧЕБИ**, П и ш п е к ч е б и – Кокон хандыгынын Чүй өрөөнүндөгү чыңдоосу. 19-к-дын 20–30-жылдары Кокон хандыгынын күч-кубаты артып, ээлиги кыйла кеңейет. Ушул жылдарда Түндүк Кыргызстанды да каратып алышкан. Кокон хандыгы өз үстөмдүгүн бекемдөө ж-а кыргыздарды башкарып туруу үчүн бир катар чеп-коргондорду курган: Чүй өрөөнүндө – Бишкек, Токмок, Аксуу, Чалдыбар, Карабалта, Мерке чептери; Теңиртоодо – Атбашы, *Куртка*, Тогузторо, Кочкор, Жумгал, Суусамыр чептери; Ысыккөлдө – Тоң, Жаргылчак, Тамга, Барс-коон, Каракол чептери Б. ч-нде ж-а Куртка чебинде Кокондун бектери турушкан. Азыркы «Ысыккөл» кинотеатры турган жерде жайгашкан. Б. ч. 1825-ж. негизделген. Уламыш б-ча чеп курулган жерде кербендер м-н жолоочулар үзүлбөгөн жолдун боюндагы дөңсөөгө солто уруусунун чыгаан жолбашчысы Жоочалыштын урпактарынын бири Бишкек баатырдын сөөгү коюлуп, төбөсү бийик заңгыраган күмбөз тургузулган. Адегенде ал Бишкектин күмбөзү, бейити делчү, кийинчерээк күмбөз жайгашкан жер Бишкек аталып кеткен. Чүй өрөөнү кийин Россиянын карамагына киргизилгенде, орус төрөлөрү өз тилине ыңгайлаштырып, Б-ти Пишпек деп өзгөртүп алышкан. Б. ч-нин улугу бек же датка наамын алып жүрчү. Ага Аксуу, Токмок чептери да баш ийген. Адатта чепте 150–170 сарбаз турган. Согуш маалында алардын саны 700гө жетчү. Чеп Аламүдүн суусунун сол жээгинде төрт бурчтуу кош кабат коргон түрүндө курулуп, сырткы дубалынын бир ыптасынын уз. 150 саржанга, калыңдыгы 4 саржанга барабар болгон (1 саржан 2,13 *м*ге барабар). Аны айланта туурасы 2 саржан терең аң казылган. Б. ч. Кокондун Кыргызстандын түндүгүндөгү башкы таянычы болгон. Түндүк Кыргызстанды, о. эле Иле чөлкөмүн ушул чепте топтолгон аскерлер көзөмөлдөгөн. Сарбаздардан тышкары Б. ч-нде кокондук акимдер, бектер, салык-зекет жыйноочулар, ташкендик, маргалаңдык, анжияндык соодагерлер, кол өнөрчүлөр турушчу. Алар кыргыз айылдарында соода-сатык жасашып, жергиликтүү эл м-н алакада болушкан. Чептин калкынын жалпы саны 1000 түтүнгө жакын болгон. Б. ч-н орус аскерлери алгачкы ирет 1860-ж. 31-августта басып алган. Ошондо Атабек датка ж-а Алишер датка баш болгон 627 сарбаз орус аскерлеринин замбиректен ок атуулар м-н коштолгон чабуулуна туруштук бере албай, багынууга аргасыз болушкан. Б. ч-н 1862-ж. орус аскерлери биротоло ээлеген. Буга *Байтик баатырдын* көтөрүлүшү да түрткү болгон.

**БИ ЯН ХУ**, Б а й Я н х у (туулган жылы белгисиз – 1882) – 1862–77-ж. Түндүк-батыш Кытайдагы дуңгандардын цин-манжур эзүүсүнө каршы көтөрүлүшүн жетектегендердин бири. Көтөрүлүш жеңилген соң,

дуңган эли жазалоодон качып, Чыгыш Түркстанга журт которушкан. Б. Я. х. жетектеген шэнсилик дуңгандар 1877-ж. Торугарт ашуусу аркылуу Нарынга келишкен. Качкындарга кыргыз эли жардам көрсөткөн. Б. Я. х. үчүн кытай-манжур бийликтери 200 миң лан (акча) сунуш кылышкан. Алар Россиядан Б. Я. х-ну кайтарып берүүнү талап кылышкан. Пишпек ш-нда каза болгон.

**БОЗ ҮЙ –** кыргыздардын турак жайы. Кээ бир аймактарда аны кыргыз үй деп да аташат. Б. ү. Борб. Азиянын көчмөн элдеринде жаралып, түрк-моңгол элдери тарабынан жакшыртылган. Б.ү. көчмө турак жайлардын түрүнө кирип, жөнөкөй алачыктардын негизинде өнүккөн. Жыгач, жүн, терини иштетүү жакшырган сайын Б.ү. сапаттуу болуп, ички, сырткы жасалгалары кооз боло баштаган. Эң негизги сапаты тез жыйнап-тигүү; аны негизинен түз жерге тигишкен. Арабанын үстүнө тигилген Б. ү-лөр Борб. Азиянын көчмөндөрүндө, болжолу байыркы кыргыздарда белгилүү болгон. Мындай ыкманы алыскы жортуулдарга чыкканда гана колдонушкан. Б. ү. толугу м-н жыгачтан туруп, үстү кийиз м-н жабылган. Кыргыздарда Б.ү-дүн шуштугуюраак ж-а жайыгыраак түрлөрү жолугат. Б. ү. жыгач, кийиз, чий, боолордон турат. Жыгачына түндүк, уук, кереге, босого кирип, алар талдан, кайыңдан жасалат. Түндүк жабуу, үзүк, туурдук, эшик жабуу кийизден жасалган бөлүгүн түзөт. Боолору – түндүк жабуу боосу, жел боо, канат боо, үзүк боо, туурдук боо, кырчоо, эшик боо, уук тизгич, кереге чалгыч ж. б. Б. ү-дүн сырткы боолору жүн м-н кылдан эшилсе, ичкилери атайын терип согулат. Кереге м-н туурдуктун ортосуна чий каланат. Б. ү-дүн көлөмү керегенин канатынын санына жараша болот. Эң кичинеси 4, эң чоңу 12 канат. Кээ бирде 40, 60, 80, 100, 120 баштуу Б.ү. деп да аталат Б.ү-дүн орточо диаметри 5*м,* коломтодон түндүккө чейинки бийиктиги 4– 8 *м.* Б.ү-дү аялдар тиккен. Эркектер түндүк көтөрүүгө ж-а үзүк жабууга жардамдашкан. Адегенде кереге жайылып, канаттары бири-бирине кыналып, баштары кереге чалгыч м-н чалынып, таякка бекитилген босого коюлат. Ача бакан м-н түндүк көтөрүлүп, ууктардын учталган башы түндүккө сайылып, аягы керегенин башына уук тизгич м-н байланат. Керегенин сыртынан чий каланат. Эшиктин боосу түндүктүн алкагы аркылуу баш босогого байланат. Туурдук м-н үзүк жабылып, түндүк жабуу салынат. Б. ү-дүн ички түзүлүшү элдин турмушу, салт-санаасы м-н аныкталган. Б.ү-дүн ортосуна коломто жайгашкан. Калган аянты эшиктин жайгашышына карата улага, эпчи жак, төр ж-а эр жагы болуп бөлүнгөн. Улага – үйдүн кире бериши. Ага адатта үйдүн майда эмеректери (отун, ээр-токум) коюлган. Эпчи жак – чыгдан м-н тосулган үйдүн кире беришинин оң тарабы. Анда тамак-аш азыктары, идиш-аяк сакталып, аяк кап, чыны каптар илинген. Төр – үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң салынып, жүк жыйылган. Үйдүн тургундары ж-а коноктор тамакты ушул жерден ичишкен. Эр жагы – үйдүн сол тарабы. Анда эркектердин кийими, куралы, ат жабдык ж.б. буюмдары коюлган. Б.ү. жасалгаларына жараша ак үй, кара үй деп бөлүнөт. Кара үйдү кедейлер, ак үйдү бай – манаптар, оокаттуулар тигишкен.

**БОЙЛА** – орто кылымдардагы Кыргыз мамл-ндеги жогорку даражадагы мансаптык башкаруу титулу. Байыркы түрктөрдө да белгилүү болгон. 7-к. руна жазмаларында Тоң-Йокуктун демилгеси м-н Кутлуг өзүн Илтериш-каган деп жарыялап, Тоң-Йокук бойла бага тархан, ал эми Мочжо ж-а Дусифу аталган кенже инилери шад, ябгу (жабгу) наамдарына ээ болушкан. Демек, бойла бага таркан – кагандын башкы кеңешчиси, иш башкаруучу башкы министр, мамл. аппараттын жетекчиси титулуна дал келген. Моңголиянын Сужа жеринен табылган руна жазуу эстелиги баалуу тарыхнаамалык мааниге ээ. Анда мындай маалыматтар берилет: «Мен келдим, Уйгур жергесинде Яглакар-ханды жаа менен атып өлтүрдүм. Мен кыргыздын уулумун. Мен Бойла Кутлуг Ярганмын. Мен башкаруучу Кутлуг Бага Таркандын өкүмүн аткаруучумун. Менин даькым кън чыгыштан кън батышка чейин угулду...». Демек, Бойла Кутлуг Ярган (Таркан) – кыргыз аскер башчысынын мамл. башкаруу иерахиясындагы титулун чагылдырган. Кыргыздын көрүнүктүү аскер башчысы Бойла Кутлуг Таркан (Тархан) кыргыз тартиби Борб. Азия аймактарына орношуна жетекчилик кылган.

**БОЛУШ** (орус. волость, власть – бийлик) – 1. Совет бийлигине чейинки падышалык Россиядагы админ. аймактык бирдик. Кыргызстанда 1865-ж. августта чыккан «Убактылуу жобонун» негизинде аймактар уезддерге, уезддер Б-га бөлүнгөн. Б-тар 1000–2000 түтүндөн турган. Жер которуп келгендерден өз алдынча жамааттар (общиналар) түзүлүп, алар кыштак Б-тары деп аталган. Калкты аймакташтырып бөлүштүрүү кыргыздардагы ар түрдүү уруу топторунун бир админ. биримдикке биригишине жол ачып, кезегинде жергиликтүү отурукташкан ж-а көчмөн калктын арасындагы чыр-чатактын, кагылыштардын, барымталардын азайышына алып келген, көчмөн элдин отурукташына аздыр-көптүр шарт түзгөн. Б-тук бөлүнүш 1917-ж-га чейин сакталып, Совет бийлиги орногондон кийин советтик негизде кайрадан уюштурулган. Алсак, Кыргызстанда 1926-ж. 4 округга баш ийген 72 Б-тук болгон. 1930-ж. жаңы админ. бөлүү ишке ашырылып, райондор түзүлгөн ж-а Б. жоюлган; 2. Кыргызстанда Б-ту башкаруучу (волостной) да Б. аталып кеткен. Б. шайлоо эки баскычтан турган. Б-ту шайлоодон мурун он, элүү башылар, старчындар дайындалуучу. 50 түтүн шайлоочудан бир элүү башы шайланган. Б-ка шайлоо жашыруун добуш берүү жолу м-н жүргөн. Б. ошол элүү башчылардын курултайында 3 жылдык мөөнөткө шайланып, аскер губернатору тарабынан бекитилген. Б-тук кызматка адатта колунда бар адамдар көтөрүлгөн. Б-тар өкмөттүн жарлыктары м-н сот өкүмдөрүнүн аткарылышын көзөмөлдөп, жер чатагын чечүү, жер, чабынды бөлүп берүү, салык салуу, жыйноо сыяктуу иштерди аткарышкан. Б-тук башкаруучуларга – Б., Б-тун кандидаты (Б. өлсө анын ордун баса турган киши), песир (писарь) кирген. Б. ишинин көбүн песири м-н жүргүзгөн. Адатта песирлер орус улутунан болгон.

**БОЛЧАР** – байыркы кыргыз уруусу (6–10-к). Жазма булактарда Б-лар м-н бирге «ач», «ли» аттуу кыргыздардын башка уруулары эскерилет. Кыргыз каганынан Тибетке барган (8-к. баш чендери) *Эрен Улуг* аттуу элчи Б. уруусунан чыккандыгы маалым. Бул ж-дө Алтынкөлдөгү (Хакасия) кыргыздарга таандык таш бетиндеги руна сымал жазма эстеликте айтылган. Эстеликтин көлөмү 1,98 х 46 *см*, калыңдыгы 18 *см.* Бул эстелик кыргыз каганынан Тибетке элчилик сапар менен барып, белгисиз себептер м-н Ата Журтка кайтпай калган Эрен Улукка арналып тургузулган. 38 жашта болгон. Көзү тирүү мезгилинде Ынанчу алп титулун ж-а өзгөчө эрдиги үчүн элчилик даражасына ээ болгондугу айтылат.

**БОЛЬШЕВИКТИК ТОПТОР** К ы р г ы з с т а н д а г ы. Февраль революциясынан кийин Кыргызстанда социал-демократиялык топтор түзүлө баштаган. 1917-ж. мартта Сүлүктүдө тажрыйбалуу большевик Д. Т. Деканов большевиктик топ түзгөн ж-а башчылык кылган. Социал-демократиялык топтор апрель-июнда Пишпекте, Ошто, Кызылкыяда пайда болгон. Кыргызстандагы бул топтордун өзгөчөлүгү – адегенде алардын курамында большевиктердин, меньшевиктердин ж-а эсерлердин топтору болгондугунда. Алар социализмди ар түрдүүчө түшү-нүшүп, негизинен социалисттик платформада турушкан. Пишпектеги ж-а Оштогу топтордо меньшевиктер басымдуулук кылган. Ошондуктан большевиктер мындай уюмдардан чыгып, эл арасында өз алдынча иштерди жүргүзүшкөн. 1917-ж. майда большевиктер Пишпекте кыргыздардын революциячыл *Букара союзун* түзүшкөн. Аны түзүүдө К.Сарыкулаков, К.Сандыбаев, Б.Муратов ж.б. чоң роль ойношкон. Бул союз кыргыз кедейлеринин социалдык ж-а улуттук кызыкчылыктарын коргогон «Букара» союзу 1917-ж. күздө 7 миңден ашуун адамды бириктирген. Октябрь революциясынын жеңишинен кийин Кыргызстанда большевиктик топтор пайда болгон. Алар биринчилерден болуп, Сүлүктү, Кызылкыя, Ошто түзүлгөн. Оштун большевиктеринин арасында активдүү ролду М.Сарымсаков, Б.Султанов, ж.б. ойношкон. 1918-ж. 2-апрелде Пишпекте большевиктик топтордун уюштуруу жыйналышы болуп, ал М.И.Иваницын жетектеген Шаардык партиялык комитетти шайлаган. Активдүү массалык-саясий иштердин натыйжасында Пишпек шаардык партиялык комитети тез эле уезддик-шаардык комитет болуп кайра түзүлгөн. 1918-жылдын жарымында көптөгөн айылдарда большевиктик уюмдар түзүлгөн. Андан кийин Токмокто, Пржевальскиде, Нарында шаардык партиялык уюмдар түзүлгөн.

**БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ АМЕРИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ** (**БААУ**) Борб. Азия ж-а КМШ өлкөлөрүнүн аймагында 1997-ж. ачылып, америкалык окуу планы, кредит-саат системасынын негизиндеги америкалык үлгү б-ча иш жүргүзүлөт. БААУ төмөнкү программалар б-ча билим берет: бизнес башкаруу, экон., социология, укук, программалык камсыздоо, эл аралык мамиле, журналистика, психология, англо-америкалык, кыргыз этнологиясы. БААУнун бүтүрүү-чүлөрү америкалык ж-а мамл. үлгүдөгү бакалавр дипломун алышат. БААУнун проф-окутуучулук бөлүмүндө АКШ, Улуу Британия ж. б. чет өлкөлөрдөн келген адистер эмгектенишет. Ун-тте окутуу орус ж-а англис тилдеринде өткөрүлөт.

**БОРБОРДУК ТЕҢИРТОО КЫРГЫЗДАРЫН КАРАТУУ**. 1863-ж. Борб. Теңиртоого чалгындоо тобу жөнөтүлүп, «Кашкар отряды» деп аталган бул кошуунга генштабдын капитаны Проценко колбашчылык кылган. Теңиртоонун чордонундагы Кочкор, Жумгал, Нарын, Атбашы, Акталаа, Тогузторо өрөөндөрүндө, Кашкар тарапта сарыбагыш, саяк, черик, моңолдор, чоңбагыш, бугу, тынымсейит ж.б. уруулар жашачу. Соңкөл, Солтонсары, Каракужур, Карасаз, Кеңсаз, Аксай, Арпа өрөөндөрү малга жайлуу мыкты жайлоолор болгон. Алардын айрымдарын Кокон ханы каратып, салык алып турса, кээ бирөөлөрү (черик, чоңбагыштар) Кашкардагы цинь-манжур бийлигинин таасиринде турган. Бирок Борб. Теңиртоодо кокондуктар туруктуу бийлик жүргүзө алган эмес. Кокон хандыгы мезгил-мезгили м-н аскер жиберип, өз үстөмдүгүн убактылуу гана орноткон. Борб. Теңиртоодо таасирин орнотуу Россияга Чыгыш Түркстан, айрыкча Кашкар м-н түз соода байланыштарын өнүктүрүү үчүн да өтө зарыл эле. Буга чейин орус көпөстөрү Кашкар м-н соода-сатыкты көбүнчө Кокон хандыгы аркылуу ж-а Верный тараптан Кулжа аркылуу жүргүзүшчү. Ал эми Түндүк Кыргызстан аркылуу түз байланыш түзүү жолду кыйла кыскартмак. Бул жол Ысыккөлдүн батыш тарабы, Кочкор, Нарын, Атбашы, Аксай аркылуу өтүп, Көлдүн чыгышындагы жолго караганда оңтойлуу, ашуу-белдери анча татаал эмес эле. Кашкарга өтө турган бул жолду өздөштүрүп, кербендердин коопсуздугун камсыз кылыш үчүн аталган аймактарды ээлеш керек болчу. 1863-ж. 3-майда «Кашкар отряды» Кастектен чыгып, Боом капчыгайы, Ортотокой ж-а Кызарттын бели аркылуу Жумгал өрөөнүнө чейин жеткен. Ал кезде Жумгалда болгону 50гө жетпеген кокондук сарбаздар турган. Алар жоого каршылык көрсөтүүгө даай албай коргонду таштай качканда, аны орус аскерлери ээлеп алган. Андан соң Проценконун кошууну Соңкөл жайлоосу аркылуу кокондуктардын Теңиртоодогу башкы тиреги болгон *Куртка чебин* эч каршылыксыз эле басып алган. Курткада бир топ күн тургандан кийин капитан Проценко жер чалыш үчүн кошуунунун жарымын алып, Нарындын төрүнө жөнөгөн. Кошуундун бир бөлүгү Куртка чебинде калган. Ошондо *Үмөтаалы* Ормон уулу, *Осмон датка* Тайлак уулу баш болгон кыргыздар 19-июнда Экичат деген (Куртка өзөнү өтүүчү колотто) жерде подпоручик Зубаревдун июндун башында Нарындан Балыкчыга азык-түлүк, ок-дары үчүн барып, кайра кайтып келе жаткан кошуунуна кол салышкан. Кыргыздар орус аскерлерин эки жакка жылдырбай, эки күн бою Экичатта камап турган. 21-июнда гана Проценконун казак-орустар кошууну жардамга келип, орус аскерлерин курчоодон куткарып калуу-га үлгүргөн. Буга чейин 2–3 миң жигиттен турган Үмөтаалынын колу Нарын дарыясындагы көпүрөнү бузуп салган. Экичатта кыргыздардын 18 жолу жасаган

чабуулунда Зубарев ж-а 7 солдат жарадар болуп, экөө көз жумган. Кыргыздар м-н Акталаа аймагындагы кагылышуу орус кошуундарынын Борб. Теңиртоодогу андан ары жылышын кыйындаткан. Көп өтпөй Кытай чегарасындагы кырдаалдын оорлошуна байланыштуу Колпаковскийдин буйругу б-ча «Кашкар отряды» Кеген кошуунуна биригүү үчүн кайра кайткан. Ошентсе да бул кошуун өзүнө жүктөлгөн милдеттердин бир тобун чечүүгө, айрым кыргыз урууларын Россия таасирине имерүүгө үлгүргөн. Жумгал, Куртка, Тогузторо чептери кыйратылган. «Кашкар отрядынын» Борб. Теңиртоого жортуулу айрыкча черик уруусунун Россия курамына киргизилишин тездеткен. Черик уруусу ал кезде Нарын дарыясынан түштүктө Күйкөтурпан тоосуна чейин Какшаал суусунун жээктеринде, Атбашы, Арпа, Аксай өрөөндөрүнөн Кашкарга 50 чакырымга чейинки аралыкта көчүп-конуп жүрүшчү. Кокон хандыгынан тышкары чериктерден цинь-манжур төрөлөрү, кийин Кашкардын улугу Жакып бек (к. *Йакуб бек*) салык төлөөнү, бийлигине моюн сунууну талап кылып турган. Ушундай кырдаалда коңшулардын кысымынан кутулууну эңсеген чериктердин айрым манаптарына орус падышасынын бийлиги жеңил болчудай, Россия курамына кирүү оңтойлуудай сезилген. 1863-ж. жазында 6 миңдей түтүн черик уруусунун чоң манабы *Турдумамбет* Тоймат уулу, Турдуке Турдумамбет уулу баш болгон бийлер Алатоо округунун улугу Колпаковскийге атайын кат жөнөтүп, ал катта падышанын жөлөк болуу-сун өтүнүшкөн. Батыш Сибирдин генерал-губернатору Дюгамелдин согуш министрине ж-а мамл. вице-канцлерге жиберген сунушу б-ча көп өтпөй император макулдугун билдирген. 1863-ж. күзүндө Омскиге келген чериктердин элчилери (4 киши) 13-октябрда орус падышасынын бийлигине баш ийгендиктери тууралуу черик уруусунун атынан ант беришкен. Бирок 1868-ж. Нарын чеби курулганга чейин орус бийлиги чериктерге үстөмдүгүн толук орното алган эмес. Ал эми Нарын чеби негизделген кезде чериктердин көпчүлүгү Алатоо округуна карап, калганы Жакыпбектин карамагында турган. Кийин Чыгыш Түркстандагы Жакыпбектин мамлекети жоюлганда, алар Кытай императорунун бийлигине өткөн. 1864–65-ж. Нарындын башын мекендеген тынымсейит уруусу, саяк уруусунун Кочкор, Жумгал, Кетментөбөнү жердеген уруктарынын кыйласы Россиянын курамына киргизилген. Ал эми Үмөтаалы бийлеген сарыбагыштар м-н Осмон датка башкарган тогузторолук ж-а акталаалык саяктар (чоролор) орус аскерлерине багынбай каршылык көрсөтүүнү уланта берген. Акталаадан Жумгалга конуш которуп келген сарыбагыштын борукчу уругу (1000 түтүн) 1865-ж. Россиянын карамагына өтөт. Алардын башында Шамен, Кодон, Байтели ж-а Жаманак манаптар турган. 1867-ж. жайында Нарынга полковник Полторацкийдин мыкты куралданган аскерлери келгенде Каракужурдан тартып Аксай, Чатыркөлгө чейинки кең аймакты (500 чакырым аралыктагы) ээлеп, 5–6 миң түтүн элди бийлеген Үмөтаалы багынып берүүгө мажбур болду. Ал эми Осмон Тайлак уулу болсо өз күрөшү ийгиликсиз аяктаган соң, баш калкалап, Чыгыш Түркстанга качып өтүүгө аргасыз болгон. Жакыпбек көз жумган соң Осмон Теңиртоого кайтып келген. Жакып бектин уулдарынын ортосунда так талаштан чыккан чатак мамлекетти алсыратып, натыйжада Кытай аскери Кашкарды басып алган (1877-ж. декабрь). Борб. Теңиртоо Россия курамына киргизилгенден кийин орус бийликтери *Үмөтаалыдан* Экичаттагы кармашта өлгөн эки солдат ж-а жарадар болгон жети солдат үчүн кун доолаган, ар бир өлгөн солдат үчүн 75 тен жылкы, жарадар болгон офицерге 100 жылкы, 5 солдаттын ар бирине 25тен жылкы төлөмөк болгон. Бир жылкы 20 сомго бааланып, акчалай төлөсө 7500 сом берүүгө тийиш болгон. 1868-ж. 60 жаштагы Үмөтаалы белгиленген кундун жарымын акчалай, калганына жылкы берип кутулган. Ошентип, 1867-ж. Үмөтаалынын багынып бериши м-н Борб. Теңиртоону каратуу аяктап, бүткүл Түндүк Кыргызстан Россиянын курамына киргизилген.

**БОРОМБАЙ** Меңмурат уулу (1789–90-ж. чен – 1858) – Ысыккөл кылаасын жердеген бугу уруусунун ири манаптарынын бири; белек уругунан. 1843-ж. Жууку суусунун боюнда Кызылүңкүр деген жерде өз чебин курдурган. 1844-жылдан өз уруусунун атынан Россияга букаралыкка алуу өтүнүчү м-н Батыш Сибирь генерал-губернаторлугуна элчилерин жиберип, кат м-н кайрылган (1844, 1848, 1853–55-ж). Анын элчилери 1855-ж. 17-январда Омск ш-нда Россияга өтүү антын кармашкан. Б. орус армиясынын полковниги чинин алып, бугу уруусунун ага манабы катары таанылган. Бугу м-н сарыбагыш урууларынын жаңжалы маалында (к. *Ормон, Балбай* макалаларын) анын эл-журту Текести көздөй көчүп, Б. Чыгыш Түркстандагы кытайлык бийликтерден көмөк сураган, бирок оң жооп ала албаган. Ошондон кийин орус бийликтерине кайрадан өтүнүч м-н кайрылган. Ич ара жаңжалды тынчытууда Б-дын өтүнүчү м-н келген орус аскерлеринин чакан кошуунунун чоң жардамы тийген. Б-дын П. П. Семёнов Тян-Шанскийге да көмөк көрсөткөнү маалим. Б элинин турмушун оңдоо үчүн калкын эгин эгип, жер-жемиш өстүрүп, бак-дарак тигүүгө үндөгөн. Жерлерин кашаа м-н тостуруп, эгин эктирген, алма, өрүк, алмурут, жүзүм тиктирген, коон-дарбыз ж.б. айдаткан. Б. билимдүү адамдарды абдан урматтаган. 1856-ж. Чокон *Валиханов* анын айлында жүрүп, баалуу маалыматтарды жыйнаган, Б-дын портретин карандаш м-н тарткан.

**БӨКӨӨЛ** – бышкан этти устукандап табактарга бөлүштүрө билген адам. Тойлордо, аштарда ж.б. чоң салтанаттарда келген элдин ичиндеги сакалдууларды, кадыр-барктууларды, даражалууларды Б. жакшы билип, ошого жараша эркектерге, аялдарга текши табак жасап тарттырган. Кыргыздардын салттуу мейманчылыгында мындай иш абдан татаал иштердин бири болгондуктан, Б-дөр өтө бааланган. Себеби, табак тартууда меймандар арасында таарынычтар гана эмес, жаңжалдар да чыгып кетиши мүмкүн. Эл ичинде «Бөдөнөнү сойсо да касап сойсун, бөдөнөнү бөлсө да бөкөөл бөлсүн. Туурамчыдан тууганың болгончо, бөкөөлдөн бөлөң

болсун» дешип, баалашкан. Ар бир айылда азыр деле устукандарды табактарга бөлүштүрүүнү жакшы билген адамдар бар.

**БӨРҮБАЕВ** Алтай Асылканович (1950-ж. т., Талас облусу, Талас р-ну, Караой айылы) – коомдук-саясий ишмер. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы (2000-жылдан). Физика-математика ил-нин доктору (1991), проф. (1992). Кыргыз Респ-нын УИАнын академиги (2000). 1972-ж. КМУну бүтүргөн. КМУУда кафедра башчы, декан, проректор, Кыргыз Респ-нын билим берүү министринин 1-орун басары, Кыргыз мамл. пед. ун-тинде, КМУУда ректор. Жогорку мектептин Эл аралык илимдер академиясынын (1993), Социалдык  ж-а пед. ил-нин Россия академиясынын академиги (1995), М. В. Ломоносов атн. Москва мамл. ун-тинин ж. б. жогорку окуу жайларынын ардактуу проф. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1981), элге билим берүүнүн отличниги (1983), Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери (1995), Илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгынын лауреаты (1998). Геометрия ж-а топология б-ча адис. 100төн ашык ил. эмгектин, а.и. 3 монография, 4 окуу китебинин автору.

**«БРИТАНИЯНЫН АСКЕРДИК МИССИЯСЫ»** – Россиядагы февраль револю-циясынан кийин англиялык империалист-тер Түркстанда түзгөн тыңчылар уюму. «Б. а. м.» 1917-ж. 10-августтан Ирандын Мешхед ш-нда иш жүргүзүп, өзүнүн чалгынчылары аркылуу Түркстанда диверсиялык иштерди уюштурушкан. Революцияга каршы чыккан «Кокон автономиясын» ж-а Дутовдун аскерлерин, Ташкендеги эсер, ак гвар-диячылардын (1919-ж. 18–21-январь) козголоңун колдогон. Ички контрреволюциячыл күчтөр талкалагандан кийин тараган.

**БУБЕНОВ** Андрей Леонтьевич – 19-к-дын биринчи жарымында падышалык бийликтин Түндүк-Чыгыш Казакстандагы өкүлү. Семей ш-нда ар кандай мамл. кызматтарда иштеген. 1813-ж. казак-кыргыз конуштары аркылуу Чыгыш Түркстанга жөнөтүлгөн көпөс Миркурбан Ниязовдун соода кербени м-н Кыргызстанга келген. Шапак, Шералы, Эшим ж. б. бийлердин Түп суусунун боюндагы конушунда жылуу маанайда кабыл алынган ж-а Батыш Сибирь бийликтеринин катын тапшырган. Кыргыз бийлери жооп иретинде көпөстөрдү каалаган жерлерине чейин узатып бара тургандыктарын билдиришкен. Шералы бийдин уулу Ажыбай кербенди Чыгыш Түркстандагы Аксууга бараткан жолдогу Үчтурпан ш-на чейин узатып барган. Б. көпөстөр м-н Чыгыш Түркстандан кыргыз конуштарына кайтып келгенден кийин Шералы ж-а Ниязбек бийлер Сибирь линиясынын башчысы Глазенапка кат жазып, өзүлөрүнүн өкүлдөрүн жөнөтүшкөн. 21-ноябрда Б. кыргыз өкүлдөрү *Качыбек* ж-а *Жакыпбек* м-н бирге Ысыккөлдөн чыгып, 1814-ж. 5-январда Семей чебине келишкен. Сибирь бийликтери тарабынан кабыл алынган кыргыз өкүлдөрү өзүлөрүнүн конуштары аркылуу Кытайдын Аксуу, Кашкар, Тибет, Жаркен ш-на ж-а Кашмирге каттаган кербендерге колдоо көрсөтөрүн айтышкан ж-а өз элинин атынан императордун бийлигине өтүүнү каалагандыктарын билдирүү үчүн Санкт-Петербургга императорго жөнөтүүнү талап кылышкан. Борбордун алыстыгына байланыштуу элчилерди Тоболдогу генерал-губернатор кабыл алган. 1815-ж. жайында кыргыз элчилери мекенине кайтышкан. Б-дун кыргыз конуштарына келиши 19-к-дын акырынан бери үзүлүп калган кыргыз-орус байланышын калыбына келтирген. 1824-ж. 31-декабрда бугу уруусунун бийлери Акымбек Олжобаев, Алгазы Шералин, Алымбек Жапалаков баштаган өкүлдөр Семейге келген, андан 1825-ж. январь айында Омскиге барышкан. Алар бугу уруусунун арык, белек, желдең уруктарынын атынан Россиянын букаралыгына өтүүнү каалагандыктарын билдиришкен. 1827-ж. 30-мартта Б. кыргыз конуштарына кайрадан келген ж-а аталган элчилерге Батыш Сибирь бийликтеринин белектерин тапшырган. Б. бир айдан ашык бугу уруусунун конушунда болуп, алардын турмушу ж-а ысыккөлдүк кыргыздардын өз ара мамилелери, саясий абалы м-н таанышкан.

**БУГУ ЖАНА САРЫБАГЫШ УРУУЛАРЫНЫН ЧАБЫШЫ** – 19-к-дын 50-жылдарында Түндүк Кыргызстанда өткөн саясий окуя. Анын негизин бул эки кыргыз урууларынын өз ара жер ж-а бийлик үчүн күрөшү түзгөн. Жаңжалдын чагылышына 1854-ж. Ормондун айылында (Ысыккөлдүн күңгөйүндөгү Аксуу деген жерде) өткөрүлгөн ордо оюну шылтоо болгон. Бугу уруусунун төбөлү Боронбайдын оюнчусу Чыйбыл оюнду утуш м-н бүтүп, бугулар тогуз бээден турган байгени жеңип алышкан. Сарыбагыштын оюнчулары саяктын төбөлү Алыбек манаптын оюнчусуна да жеңилип калган. Ормон хандын жазасынан чочулаган Алыбек бугу уруусуна көчө качат. Ушунун баарын шылтоолоп, Ормон хан 1854-ж. июль айынын башында аскерлери м-н жортуулга аттанып, бирок Шаты суусунун боюндагы чабышта катуу жарадар болгон. Аскерлеринин алдыңкы чакан бөлүгүнүн бир даары туткунга түшүп, бир даары качып кутулат. Ормон хан бугулардын колунда каза болгон. Анын куну үчүн сарыбагыш жоортулдары башталат. Алыбек манап качкан жеринен колго түшүп өлтүрүлгөн, бейкүнөө саяк, бугу уруулары талоонго алынган. Боронбай бир катар уругу м-н Каркыра ж-а Текес жакка чегинүүгө аргасыз болгон. Боромбай кытай бийликтеринен жардам сурап кайрылганынан пайда чыкпаган соң, орус бийликтерине букаралыкка өтүүгө дагы бир ирет кайрылууга муктаж болот. 1855-ж. 17-январда бугу уруусунун өкүлдөрү Россиянын букаралыгын кабыл алгандыгы ж-дө ант берген, алардын башчысы болуп Боромбай дайындалган. Ушундан соң Б. ж. с. у. ч-н басуу үчүн ордо бийликтери өз элчилери, өкүлдөрүн, чакан кошуундарын жибере баштаган. Ортого Жантай да салынган. Түндүк кыргыздардын Россияга бириктирилгенине байланыштуу 1863-ж. Б. ж. с. у. ч. негизинен тынчыган. Орус бийликтерине баш ийбеген Үмөөтаалы өзүнүн сарыбагыш уруусу м-н ошол эле жылы Чатыркөл тарапка көчө качкан. 1867-ж. ал да Россиянын букаралыгына өткөн.

**БУГУ ТАШТАРЫ** – кеч коло доорунан эрте темир доорунун башына таандык узун таш мамыларынын бетине бугу келбеттери чегилген таштар. Алар Моңголияда, Тувада, Алтайда, Казакстанда, Уралда, Түндүк Кавказда, Болгарияда, Эльбада кеңири тараган. Моңголия ж-а Түштүк Сибирде кездешкен таш мамыларында тегерек шакекче-күн, борб. бөлүгүндө бугу ж-а туяктуу жаныбарлардын сүрөттөрү тартылган. Кыргызстандын да айрым жерлеринен (Ысыккөл, Чүй Соңкөл) таш мамылар кездешет. Бирок аларда бугунун сүрөттөрү тартылган эмес.

**БУЙЛА** – төөнүн таноосундагы ортоңку кемирчектин тешилген жерине өткөрө турган шиш. Шиштин бир жагы жоон, тоголок бөрктүү болуп, ичке башы буйла жипти байлоо үчүн муунакталып коюлат.

**БУКАРЫ,** к а ж а р ы – колго терип согулган оймо-чиймелүү жука, жумшак таар. Эриштин жиптерин чөгөрүү ыкмасы м-н кажары (сайма, оюм-чийим) салынат Б-да бир калыпта жайгашкан терүүлөр кайталануу м-н кооздолот. Таардын арткы бетинде оймо-чиймени түзүүгө катышпаган, аркакка 3–4 жолу бастырылбай калган бош жиптери болот. Алар кийинки оймо-чиймени салууда оң тарабына чыгарылат. Таардын түсү кызыл, көк, сары, ак болуп, жөнөкөй кууш өрмөктө токулат, эни 5–30 *см.* Б. сызмалар боз үйдүн үзүк-туурдугуна, жыгачтарына боо кылынат. Б-дан ат жабуу, такта жабуу, куржун, тегирич, шалча ж.б. жасалат.

**БУКА ТАРТЫШ**, и т т а р т ы ш – балбандардын күчүн сыноочу элдик оюн. Ортого чыккан эки балбан туюкталган аркандын эки жагын моюндарына илип, төрт аяктап, эки кат арканды эки бутунун ортосунан өткөрүп, экөө эки жакты баштанып, аркандын дал ортосун экөөнүн ортосундагы чийинге так келтирип турушат. Калыс адам бир, эки, үч деп үн чыгарганда экөө эки жакты көздөй бирин бири сүйрөп кетүүгө аракет кылышат. Кимиси күчкө салып сүйрөп отуруп чийинден өткөрүп кетсе, ал жеңишке жетишет. Бул оюн азыр деле ойнолот.

**БУЛГААРЫ** – жогорку сапатта иштетилген тери. Аны алыш үчүн мал, кайберен терисин жыдытып, малмага ашатып, челдеп ийлешкен. Теринин ийи жеткен кезде бадам, ат кулак, ышкын, кымыздыктын тамырына, талдын, сары жыгачтын ж. б. кабыктарына боёшкон. Боёлгон тери тебеленип же талкууга салынып ийленген. Боёктун өңү өчпөсү үчүн ачык таш кошулуп, тоборсугандан кийин кургаганча ийленген.

**БУЛУТ** – буюмдун калыңдыгын билдирген чен бирдиги. Мис., союлган жылкыдан жука, боллр-болбос казы чыкса ошону Б. аташкан. Бул жылкынын арыктыгын билдирген.

**БУМЫН** – каган; Түрк кагандыгынын (552–744) негиздөөчүсү. Түрк уруулары Б-дын жетекчилиги м-н алтай урууларын баш ийдиришкен. Түрктөрдүн атчан аскерлери 546-ж. Жуңгарияны байырлаган күчтүү теле (телес) урууларын моюн сундурган. Б. өз аскерлери м-н 552-ж. жуан-жуандарды (аварлар) талкалаган. Ошентип, Борб. Азияда Улуу Түрк кагандыгы (552–603) түзүлгөн. Б. «илиг-каган» деген титул кабыл алган. 553-ж. көз жумган Б. кагандын ордуна такка иниси Истеми олтурат.

**БУРАНА** – Караханийлер дооруна таандык тарыхый-архитектуралык эстелик, мунара. Чүй өрөөнүндөгү Токмок ш-нан 15 *км* түштүк-батышта, Дөңарык айылынын чыгышында жайгашкан. Мунара Жетисуудагы түрктөргө ислам тарала баштаган мезгилде, 10-к-дын аягы–11-к-дын башында курулган. Бышкан кыш м-н төрт бурчтуу пайдубалга сегиз кырдуу түптөлүп, цилиндр түрүндө тургузулган мунара чептин ичинде жайгашып, сырткы бети оймо-чийме м-н кооздолгон, ичинде жогору карай буралып чыгуучу тепкичтер орнотулган. Бийиктиги 14 *м,* түбүнүн диаметри 9 *м*, төбөсүнүкү 6 *м*ге жакын. Мунара кайрак ташка чегилген жазуу ж-а ал Баласагундук мыйзамчы имам Мухаммадга коюлгандыгы тууралуу орто кылымдагы тарыхчы Мухаммед Хайдардын эмгегинде эскерет. Б. Борб. Азиядагы мунара архитектуралык эстеликтеринин эң байыркысы. Мунара Кыргызстандын аймагындагы курулуш өнөрүнүн жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн далилдейт. Б-нын айланасында курулуштун калдыктары, чеп дубалдар бул жерде бир мезгилде *Баласагун* ш. өкүм сүргөндүгүн ырастайт. 13–14-к-да шаар өзүнүн жашоосун токтоткон. 1971–76-ж. Б. оңдолуп, калыбына келтирилген.

**БУРАНА ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – орто кылымдарга таандык шаар калдыгы. Токмок ш-нан 15 *км* түштүк-батышында, Дөңарык айылынын чыгышында, Бурана суусунун өйүзүндөгү кеңири аянтта жайгашкан. Шаар урандысы сакталып калган архитектуралык мунара эстеликтин атынан шарттуу түрдө *Бурана* ш. деп илимге киргизилген. Жазма ж-а археол. булактардын негизинде шаар алгач араб саякатчысы Ал-Махдусининин (10-к.) ж-а М.Кашгаринин (12-к.) эмгектеринде эскертилген Баласагун ш. м-н салыштырышат. Бул шаардын экинчи аты – Куз-Ордо. Шаар алгач Бурана суусунун оң өйүзүндө негизделип, шаар башкаруучулары үчүн коргондолгон борб. сепил (цитадель) курулган. Аны шаардыктардын жыш жайгашкан турак жайлары ж-а курулуш имараттары, ички шаар-шахристан курчап турган. Сепил ж-а шахристан сыртынан бекемделген төрт чарчы сымал дубалдар м-н чындалган. Дубалдардын уз. түндүк ж-а батыш тарабынан 570 *м*, түштүгү 600 *м*, чыгышы 500 *м* узундукта болуп, дубалга кароол мунаралары жайгашкан. Шахристанга ж-а сепилге батыш дубалда жайгашкан дарбаза аркылуу киришкен. Шахристандын айланасына кол өнөрчүлөрдүн, соодагерлердин, дыйкандардын ж.б. калктын турак-жайлары, имараттары жайгашып, сырткы шаар-рабат өсүп чыккан. Шаардын айланасы сыртынан уз. 15 *км*ге созулган кош жал м-н бекемделип, айланасына чуңкур казылган. Шахристандын аймагында аянты 100х100 *м*, бийиктиги 10 *м* келген дөбө ураандысында 10–12-к-га мүнөздүү дөөлө-ттүү адамдын турак-жайы ачылган. 13–14-к-га да мүнөздүү мүрзөлөр табылган. О.эле шаар аймактарында төрт архитектуралык мавзолей, мечит, чиркөө, мончо ж.б. курулуштар белгилүү. Курулуштарга бышкан кыш колдонулган. Шаар калкы чоподон жасалган түтүктөр аркылуу суу м-н камсыз болгон.

Шахристандын түштүк-чыгышында бийиктиги 24 *м*, түбүнүн диаметри 9 *м*, төбөсүнүкү 6 *м* келген мунара сакталып калган. Ал бышкан кыштан курулуп, сыртына оймо-чийме түшүрүлүп, кооздолуп жасалган. Ичинде төбөсүн карай буралып чыгуучу тепкич жасалган. О.эле шахристандын ж-а рабаттын аянттарында кол өнөрчүлөрдүн, зергерлердин устаканалары, карапа ж-а кыш бышыруучу, металл иштетүүчү мештер ачылган. Шаарда базар жайгашып, тыйын чыгаруучу жайлар болгон.

**БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ –** феодалдык коомдук түзүлүштү жоюп, буржуазиянын саясий бийлигин орнотууга багытталган революция. Реакциячыл феодалдык өндүрүштүк мамилелер м-н жаңы өсүп жаткан өндүргүч күчтөрдүн ортосундагы карама-каршылыктардан келип чыгат.

**БУРУТ.** 17–18-к. чейин Цинь-манжур (Кытай), моңгол тилдүү булактарда, орус авторлорунун эмгектеринде Теңиртоо кыргыздары «бурут», «буруттар» деген экинчи бир ат м-н да белгилүү болушкан. Бирок, 1856-ж. кыргыздарды иликтеп кеткен Ч. Валиханов: «...кыргыздар кытайлар атагандай «бурут» деген атты таптакыр билишпейт, бул сөздү алар (кыргыздар) такыр угушкан эмес; «бурут» деген уруктун аталышын кыргыздардын ичинен кездештире албадым» – деп жазат. Б. кыргыздарга сырттан таңууланган кошумча ат болгон. Биздин замандын баш чендеринде Чыгыш Түркстан ж-а ага чектеш жайгашкан аймактарда кыргыздардын бир бөлүгү байырлап, «бурут» (кыт. «булу», «булутэ») деп аталган. Б. этнониминин аталышы, жаралашы, түпкү жалпылыгы, байланышы б-ча тарыхчы-окумуштуулардын (И. Я. Бичурин, В. Шотт, Ч. Валиханов, Н. Аристов, А. А. Абдыкалыков ж. б.) изилдөө-лөрүндө бир беткей айтылган пикирлер жок.

**БУТАНАЕВ** Виктор (Астайбек) Яковлевич (1946-ж.т., Россия, Хакасия) – тарых ил-нин доктору (1993), проф. (1996). 1968-ж. В.И.Ленин атн. Ташкен мамл. ун-тин бүтүргөн. 1968-жылдан Н.Ф. Катанов атн. Хакас мамл. ун-тинин археол., этногр. ж-а край таануу кафедрасынын башчысы. Анын эмгектери этногр., кыргызтаануу ж-а түркология маселелерин изилдөөгө арналган. 130дан ашык ил.эмгектердин, а.и. 12 монографиянын автору. Россия социалдык ИАнын академиги. Кыргыз Респ-нын «Даңк» медалы м-н сыйланган.

**БУТКАНА** – бутпарас динин туткандардын табынган жайы. Бул тууралуу «Зийа ал-кулуб» аттуу суфийлер ж-дөгү кол жазмада маалыматтар келтирилген: кыргыздар өзүлөрүнүн оорулуу жол башчысы Серйуктун маңдайына олтурушуп, тамак алдыга келгенде ар кимиси эттен бир тилимден кесип алышып, идишке салышкан. Эт салынган идишти дарактын түбүнө коюшуп, анын алдына ийилип турушкан. Даракта күмүш бут (идол) илинип турган, анын айланасында жыгачтан ж-а таштан чегилип жасалган эки миңге жакын буттар коюлган. Бул жер кыргыздардын Б-сы болгон. Кол жазмада буттун аты «талбийа – йижакар» деп аталган. «Бут» термини кыргыздарда «кут» түрүндө да айтылган. Кут – күмүш, коргошун же калайдан жасалып, көк же кызыл чүпүрөк кийгизилген адамдын келбетин элестеткен. Аны мал-жандыктарды ырымдаганда сууга салып, сууну малга чачышкан. Бутпарас түшүнүгү кыргыздар исламды толук кабыл алганда унутулуп калган.

**БУУРСУН –** дыйканчылыктагы эмгек шайманы. Чыканак сымал ийрейип өскөн катуу жыгач тандалып, анын кыска ачасына коло, чоюн же темир тиш бекитилген. Узун ачасынан илмекче чыгарылып, ага унаага чиркөөчү ок жыгач бириктирилген. Б-га чегилген унааны бир адам жетелеп, экинчиси Б-дун туткасын 2 колу м-н жерге бек ныгыра кармап, жер айдоону жүргүзгөн. Б-га өгүз же ат чегилген. Кийинчерээк Б-ду темир соко алмаштырган.

**БҮРГӨ БААТЫР**, Бүргө Итим бий уулу (болжол м-н 1763–1831-ж. чен)– манап, элдик баатыр. Талас өрөөнүндөгү кыргыздардын кушчу уруусунан. Кыргыз элин чет элдик баскынчылардан сактоодо көрсөткөн эрдиктери үчүн баатыр атакка жетишип, кушчу уруусунан хан көтөрүлгөн. Б. б-дын эрдиги казак ханы Абылайдын кыргыз жергесине уюштурган жортуулдарында өзгөчө көрүнгөн. Казак ханынын колун Балхаш көлүнүн аймагына чейин сүрүп барган. Б. б. Кокон хандыгынын саясий окуяларына да жигердүү аралашкан. Кокон хандыгы сунуш кылган датка наамынан баш тартып, Олуяата, Сайрамдагы чептерге кол салган. Цинь императорунун чакыруусу м-н Кашкарга чейин барып, баалуу сый алган. Көз карандысыз саясаты үчүн аны Кокон ш-нын башчысы тымызын тыңчы жиберип, ууландыртып өлтүргөн. Кыргыздардын белгилүү баатырлары Атаке, Эсенгул, хан Садыр, Жаманак баатыр, Жайыл хан, Кошой баатыр, Түлөберди баатыр, Ажыбек баатыр м-н үзөңгүлөш, замандаш жашап, кыргыз элинин биримдиги үчүн кызмат кылган. Б. б. жоокерчилик м-н катар эле чарбачыл адам болгон. Азыркы Мерке облусундагы өзү жердеген жерге арык каздырып, суу чыгарткан, ал арык «Бүргөнүн Тогонду сайы» деп аталган. Б. б-дын өзүнө таандык кызыл кочкул түстөгү туусун, мөөрүн, жортуулда кийүүчү темир зоотун ж-а жоокердик кылычын урпактары азыркы кезге чейин сактап жүргөн.

**БҮРКӨНЧӨК,** б ү р к ө н – үйлөнүү тоюндагы кыздын кийиминин бир бөлүгү. Келин күйөөсүнүн айылына 1–жолу бара жатканда жүзүн баш киймине төйнөлгөн жапырак ак чүпүрөк м-н жаап алган, аны Б. деп аташкан. Б. келин боз үйгө кирээрде бала же өспүрүм тарабынан алынган. Б–түн ак түстөгү кездемеден болушу, анын ниетинин актыгын, пейлинин тазалыгын билдирген.

# В

**ВАГОВ** Алексей Власович (1905–71) – мамл. ж-а партиялык ишмер. 1938–45-ж. Кыргызстан КП (б) БКнын 1-катчысы болуп иштеген.

**ВАЗИР** – мусулман мамл-теринде хан, султан же эмирден кийинки даражаны ээлеп, алардын өкмөт иштерин аткарган төрө. Аны бийлик ээси дайындаган. В-лик мансабы мураска өткөн эмес.

**ВАЛИХАНОВ** Чокан (туурасы Шокан) Чыңгызович, М у х а м м е д Х а н а ф и я (1835, азыркы Казакстан Респ., Кустанай облусу, Кушмурун айылы – 1865, Казакстан Респ., Талдыкоргон облусу, Алтынэнеп кыштагы) – казак элинин тунгуч окумуштуусу, агартуучу-демократ, тарыхчы, этнограф, фольклорчу ж-а саякатчы. Абылай хандын чөбүрөсү. 1847–53-ж. Омскиден кадеттер корпусун бүткөндөн кийин Батыш Сибирь генерал-губернаторлугунда кызмат өтөгөн. Орто Азия, Казакстан, Чыгыш Түркстан эл-деринин тарыхын, этногр-н, фольклорун ж-а маданиятын, о. эле Теңиртоо аймагынын геогр-н изилдөөгө зор салым кошкон. 1860–61-ж. Петербургда жашап, орус революциячыл демократиялык идеялары м-н жакындан таанышып, алдыңкы орус интеллигенциясы м-н тыгыз карым-катышта болгон. Россия ИАнын ж-а Геогр. коомунун иштерине активдүү катышкан. Анын ил. көзкарашы көп кырдуулугу м-н айырмаланган: тарых, этногр., геогр., лингвистика, археол., саясий экономия. В. орус чыгыш таануу илимине зор салым кошкон. Ал Орто Азия, Казакстан ж-а Батыш Кытай элдеринин тарыхы, маданияты б-ча баалуу ил. эмгектерди жараткан. В. 1856-ж. май–июлда аскердик чалгындоо саякатына катышып, Ысыккөл аймагына келген. Кыргыздын бугу, сарыбагыш, солто урууларында болуп, эл м-н таанышкан. Ушул эле жылдын август айында атайын тапшырма м-н Кулжада үч ай жүрүп, элчилик мамилелерди жандандырган. 1857-ж. кайра Алатоодогу кыргыздарга сая-кат жасаган. «Манас» эпосун кагаз бетине биринчи түшүрүп, анын бир бөлүмүн орус тилине которгон. Эпос ж-а анын айтуучулары тууралуу маанилүү ил. пикирлер айткан. Кыргыз элинин тарыхына да өзгөчө көңүл буруп, кыргыздар Теңиртоодо эзелтен бери жашагандыгын, Енисей ж-а Теңиртоо кыргыздарынын тарыхый тамыры бир экендигин жазган. Кыргыздар Енисейден Теңир-тоого Чыңгыз хандын тушунда же ага чейин эле уйгурлар Орхондон журт которгон тушта бөлүнүп келишкен деп божомолдогон.

**ВАМБЕРИ** Арминий, Герман (1832–1913) – мажарстандык (венгриялык) көрүнүк-түү түркolog, саякатчы, этнограф. Орто Азияга саякат жасап, Октябрь революциясына чейинки кыргыз ж.б. калктар тууралуу бир катар маалыматтарды калтырган.

**ВАН ЯНЬДЭ** – 10-к-да Чыгыш Теңиртоого келген Кытайдын Сун династиясынын ата-йын элчиси. Ал өзү жазып калтырган маалыматтарда Турпандагы Уйгур Идикутунда («Ыйык-Кут» өлкөсү) жалаң уйгурлар эмес, башка түрк элдеринин, а. и. кыргыздардын, йагмалардын жашагандыгын маалымдайт.

**ВЕРЕЩАГИН** Василий Васильевич (1842, Новгород губерниясы, Череповец ш. – 1904, Порт-Артур) – орус сүрөтчүсү. Баталист. 1860–63-ж. Петербург Сүрөт академиясында А. Т. Макаровдон, Ф. А. Мюллерден сабак алган. 1864–65-ж. Парижде Ж. Л. Жеромдун өнөрканасында окуган. Россия, Батыш Европа, Сирия, Палестина, Индия, Япония ж-а АКШ өлкөлөрүнө көп саякат жасаган. Орто Азияны басып алууга, 1877–78-ж. орус-түрк, 1904–05-ж. орус-япон согуштарына катышкан. В. сүрөттөрүндө өзү катышкан окуяларды же саякат мезгилинде өз көзү м-н көргөндөрүн тарткан. Сүрөт-төрүн тематикалык серияларга бириктирген: 1871–74-ж. «Түркстан», 1877–78-ж., 1880-жылдарда «Балкан», 1887–1904-ж. «1812-жылдагы Ата Мекендик согуш» сериялары. В. этногр., турмуш-тиричилик ж-а пейзаждык живопись жаатында да көп иштеген. Ал 1869–70-ж. Кыргызстанда болгон. Кыргыз жергеси тууралуу көптөгөн эмгектери («Чүй суусунун боюндагы кыргыз боз үйү», 1869, «Кыргыз көчү», 1874, «Куш кармаган кыргыз байы», 1871, ж.б.) ж-а «Ысыккөлдүн бою», «Барскоон өткөөлү», «Алатоо аймагында» ж.б. этюддары кирген. Чыг-нда кыргыз элинин каада-салтын, турмуш-тиричилигин чагылдырган.

# Г

**ГАЗАВАТ,** к. *Жихад*

**ГАЗНЕВИЛЕР МАМЛЕКЕТИ** (977–1186) – түркий тилде сүйлөгөн элдердин динас-тиясы. Саманилердин аскер башчысы Алп-Тегин негиздеген. Аскер кызматчылары гулямдарга таянып, Алп-Тегин 962-ж. өзүн Газна ш-нын башкаруучусу деп жарыялаган. Шаардын аталышы б-ча жаңыдан түзүлгөн мамл. Г. м. деп аталган. Г. м. Себук-Тегиндин (977–997) ж-а анын уулу Махмуд Газневинин (998–1030) тушунда абдан күчөгөн. Мамл-тин курамына азыркы Ооганстан м-н Иран, Орто Азиянын айрым аймактары, Индиянын түндүк ж-а түндүк-батыш бөлүгү кирген. Өлкөнү башкаруу үчүн чыңдалган мамл. аппарат түзүлүп, башкаруучулар өз мүдөөлөрүн аткаруу үчүн илим м-н маданиятты өнүктүрүүгө умтулушкан. Газневилердин ак сарайында көрүнүктүү окумуштуулар ж-а акындар (*Беруни*, Бейхаки, Фирдоуси ж.б.) турушуп, өтө маанилүү ил. эмгектерди ж-а көркөм чыгармаларды жазышкан. Г. м-нин аскерлери дайыма жортуулга чыгышып, басып алган аймактарын бүлдүрүп, калкын тоноп, кул кылышкан. Мындай жырткычтык иштер Г. м-н начарлатып, карапайым элди күрөшкө түрткөн. Масуд Іинин тушунда (1030–41) мамл. ыдырай баштаган; 1040-жылдан кийин алардын карамагында азыркы Ооганстан м-н Пенжаб аймагынын бир бөлүгү гана калган. 12-к-дын 70-жылдарында гурилер Газневиге каттуу сокку урган, аларды Түндүк Индиядан сүрүп, Лахор ш-н тартып алган. Ушундан соң Г. м. ж-а династиясы толук жоюлган.

**ГАЛДАН-БОШОКТУ ХАН** (1644–1697) – ойрот хандарынын бири. Батур хонтайжынын алтынчы уулу, чорос ойрот уруусунан. Бала кезинде Тибетке Далай-Ламага жеткирилет. Агасы Сенге каза болгондон кийин 1678-ж. өзүн хан деп жарыялайт. Г.-Б.х. бийлигинин алгачкы жылдарында мамл-түүлүктү чыңдоо, Россия мамл. ж-а Цин Кытайы м-н байланышты калыбына келтирүү чараларын жүргүзгөн. 17-к-дын 80-ж-нда Г.-Б. х. Ош ш-н ээлеп, Анжиянга чабуул коёт. Чыгыш Түркстандын көпчүлүк бөлүктөрүндө өз бийлигин орнотот. Орто Азияга жасаган натыйжасыз жүрүштөрүнөн кийин Г.-Б.х. өзүнүн тышкы саясатын өзгөртүп, моңгол-ойрот хандыктарын бириктирүү максатында Чыгыш Моңголияга кирет.

**ГАОЧАН –** Чыгыш Түркстандагы байыркы шаар. Г-дын тарыхы гунндардын доорунан башталат. Б.з. 1-к-да түндүк гунндар Чыгыш Түркстанда өзүлөрүнүн саясий таа-сирин бекемдеген. Хан империясы 2-к-да гунндардан жеңилгенден кийин батыш аймактардан узак мезгилге чейин ажырап калган. 3–4-к-да Г. аймагы бирде Кытайдын, бирде көчмөн гунн урууларынын колуна өтүп турган. 397–401-ж. хэси ж-а Г. аймагында гунндардын башчысы Цзюйцюй Менсюн Түндүк Лян династиясын негиздеген. 460-ж. бул династия жуан-жуандар тарабынан кыйратылган. Бул аймакта ошол эле учурда гунндар м-н көчүп келген ашина түрк-төрүнүн тарыхынын эрте мезгили (Ганьсу-Гаочан 3-к. 460-ж.) болуп өткөн. Кийин Г. Чыгыш Түркстандын башка ш-ндай эле Батыш Түрк кагандыгынын карамагында болгон. 9-к-дын 2-жарымында Г. Уйгур кагандыгынын борборлорунун бирине айланган. Г. ш-нын орду азыркы Турпан ш-нан 35 *км* түштүк-чыгышта жайгашкан.

**ГАРДИЗИ** А б у С а и д А б д а л - Хайи (1008/1009–өлгөн жылы белгисиз) – иран тарыхчысы, окумуштуу. Газневилик султан Абдырашиттин (1049–59-ж.) тушунда Г. өзүнүн «Зайн-ал-ахбар» («Кабарларды кооздоп сүрөттөө») деген тарыхый эмгегин жазган. Бул эмгегинде Иран халифаты ж-а Хорасандын тарыхын изилдеген. Анда түркий тилде сүйлөгөн элдер ж-дө, а. и. кыргыздар тууралуу баалуу маалыматтар, даректүү баяндар жолугат. Айрыкча кыргыздар ж-дөгү маалыматтарда ибн Мустафа, ибн Хордадбек, Жайхани ж. б. орто кылымдагы окумуштуулардын эмгектерин колдонгон. Г-нин кыргыздар тууралуу маалыматтары «Худуд ал Аалам», «Мажму ат-Таварих» ж.б. булактар м-н дал келет. Г. берген далилдер кыргыздардын этностук, саясий, маданий тарыхын үйрөнүүдө өтө маанилүү.

**ГЕ-ГУН,** г я н ь - г у н – Кытайдын расмий тарыхнаамасынын эң алгачкы эстелиги Сыма Цзяндын «Тарых жазмаларындагы» («Ши–цзи») б. з. ч. 201-ж. эскерилген кыргыздардын энчилүү атынын кытай транскрипциясында (айтымында) берилиши. Бул терминди орустун кытай таануучусу И.Бичурин биринчилерден болуп ырастаган ж-а дүйнөлүк ил. чөйрөгө тааныткан. Сов. мезгилде хакас археологу Л. Р. Кызласов этнотерминдин кыргыздарга таандык экендигинен күмөн санап, ил. талашты туудурган. Сов. белгилүү кытай таануучу С. Е. Яхонтовдун пикири б-ча «хягас» түрүндөгү кытай транскрипциясы кыргыз деген сөздү туюндурат, ар кандай формада берилген кытай иероглифтериндеги терминдер (Ге-Гун, Гянь-гун ж.б.) фонетикалык вариант катары эсептелип, кыргыз деген атты түшүндүрөт.

**ГЕНЕАЛОГИЯ** (гр. genealogia – санжыра) – 1. уруулардын тарыхын, санжырасын, үй-бүлөнүн келип чыгышын, жеке адамдардын тек-жайын, тууганчылык байланыштарын иликтеп үйрөтүүчү тарых илиминин көмөкчү тармагы (биологияда жаныбарлардын ж-а өсүмдүктөрдүн келип чыгышын үйрөтөт). Г-нын белгилери илгери эле болсо да, илим катары болжол м-н 17–18-к-да калыптанган; 2. социалдык түзүлүштү ж-а уруулардын тегин үйрөтүүгө негизделген орто кылымдагы тарых сабагы.

**ГЕРАЛЬДИКА** (соңку лат. herldus – жарчы), г е р б т а а н у у тарых илиминин көмөкчү тармагы. Жалпы эле гербдерди (өзгөчө тамгалары же белгилери бар тарыхый эстеликтерди) изилдеп, айрымалоочу тарыхый булак. Гербдер пайда болгонго чейин найза, желек, тыйын, медалдардын беттерине ар кандай тотемдик сүрөттөр түшүрүлгөн. Бирок бул сүрөттөр ирээтсиз, баш аламан, ар кандай абалдарда тартылган. 11–12-к-дан мындай айырмалоочу белгилердин гербге системалуу түрдө өтүшү европалык рыцарлардын арасында башталат. Буга

өзгөчө крест жүрүштөрүнөн кийин чыгыштын таа-сири тийген. 14-к-дан тартып Европа өлкөлөрүндө герольдин мекемелери пайда болот. Ал мекемелер Г-нын авторлорунун укугун каттоочу мамл. органга айланган. Россияда Г. башынан эле мамл-тик болуп калыптанган (17-к.). Г-нын өнүгүшү Петр Інин ишмердүүлүгү м-н байланышкан. 1792-ж. Герольдмейстр кеңсеси уюшулуп, кийин негизги функциясын сенаттын герб бөлүмүнө өткөргөн. 1918-ж. бул бөлүм Ленинграддын тарых архивинин гербдик музеи аталган. Европада 1-жолу Берлинде 1706-ж. Г. кафедрасы ачылат. Россияда Г. кафедрасы 1726-ж. ачылган. Г. археол., нумизматика, сфрагистика, өзгөчө генеалогия сыяктуу тармактар м-н тыгыз байланышта өнүгүүдө.

**ГЕРБ** (пол. herb, нем. ezbe – мурас) – символдук мааниге ээ эмблема, мураска таандык айырмалуу белги. Г. мамл-ке, жерге таандык (шаардык, облустук, аймактык), уруулук, корпорациялык болуп бөлүнөт. Г. монета (тыйын), о. эле өз менчиги экендигин белгилөө үчүн архитектуралык курулуштарга, үй эмеректерине, курал-жарактарга, искусство чыг-на, кол жазмаларга, китептерге түшүрүлөт. Байыркы дүйнөнүн монеталарында, медалдарында, мөөрлө-рүндө дайыма кайталанып түшүрүлүүчү эмблемалар алгачкы Г-дин жаралышын шарттаган. Б. з. ч. 3-миң жылдыкта көпчү-лүк мамл-тердин Г. арстан баштуу бүркүт түспөлүндө болгон. Россияда 12-к-да шаарлардын көбүнүн (Москва, Новгород, Псков ж. б.) Г. болсо, дворяндардын алгачкы Г. 16–17-к-да пайда болуп, 18-к-да кеңири тарала баштаган. СССР мезгилинде Совет мамл-нин расмий эмблемасы ж-а анын курамындагы 15 союздук респ-лардын да өздөрүнө таандык расмий эмблемалык белгилери болгон. Кыргызстан эгемендүү-лүккө ээ болгондон баштап анын мамл. атрибуттары да (Г., гимни, желеги) жаңыланды. Кыргыз Респ-нын мамл. Г. респ-нын Жогорку Кеңешинин токтому м-н 1994-ж-дын 14-январында кабыл алынган (анын авторлору – сүрөтчү А. Абдыраев м-н милициянын генералы С. Дубанаев). Г. тегерек формада болуп, чекебели пахта ж-а буудай талдары м-н курчалган, Г-дин жогорку ж-а төмөнкү бөлүгүндө «Кыргыз Республикасы» деген жазуу бар, алдыңкы планда канатын жайган тоо бүркүтү, арткы фондо көгүш түстүү чалкыган көл, жээги ак чокулуу Алатоолор м-н курчалып, тоо башында күн нурларын чачыратып чыгып келатканы чагылдырылган.

**ГИМН** – салтанаттуу ыр. Мамл., револю-циялык, аскердик, диний, тарыхый окуялар м-н баатырларга арналган Г-дер белгилүү. Байыркы Грецияда Г-дер кудайлардын урматына жазылган. Б. з. ч. 7–5-к. Алкей, Алкман, Пиндар сыяктуу акындар Г. жазган. Алардан бизге «Г.» деген ат м-н эпикалык баяндоо түрүндөгү ыр-чыг. келип жетти. Улуу француз революциясы жаңы революциячыл Г-ди («Марсельеза»), революциячыл пролетариат өз Г-нин («Интернационал») жараткан. «Интернационал» 1944-ж-дын 1-январына чейин СССР мамл. Г-ни болуп келди. СССРдин кийинки Г-ни 1944-ж. жазылган ж-а 1977-ж. кайрадан редакцияланган (тексти С. Михалков м-н Г. Эль-Регистандыкы, музыкасы А. В. Александровдуку). Г. жанры хор, опера ж-а симфония чыг-да да учурайт. Бардык өлкөлөрдүн өздөрүнө таандык Г. бар. СССР мезгилинде Кыргызстандын да (тексти А. Токомбаевдики, музыкасы А. Малдыбаев, В. Ференики) мамл. Г. болгон. Эгемендүү Кыргыз Респ-нын мамл. Г. (тексти Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики, музыкасы К. Молдобасанов, Н. Давлесовдуку) Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин токтому м-н 1992-ж. 18-декабрда кабыл алынган.

**ГИССАР МАДАНИЯТЫ** – Чыгыш Тажикстандын тоолуу р-нда, Кыргызстандын Алай тоо кыркасында өнүккөн неолит дооруна таандык (б. з. ч. 6-к.) байыркы мергенчилердин маданияты. Г.м-на тиешелүү турак жайлар сууга жакын тектирлерде жайланышкан. Асты шыбалган үй, а. и. очоктордун калдыктары ж-а таш куралдары табылган. Бул учурда жаңы куралдар м-н бирге архаикалык, төмөнкү таш дооруна мүнөздүү куралдар колдонулган.

**ГО** – 1. байыркы кытай жазма булактарында мамл. бирикменин аталышы. Г. байыркы мезгилде ж-а орто кылымдарда чет элдик жерлер ж-дө сөз болгондо колдонулган. Мис., б. з. ч. 201-ж. байыркы кыргыздар (гянгундар) мекендеген жер Г. деп аталган. 2. Хань династиясынын мезгилинде (б. з. ч. 202–б. з. 220-ж.) башка өлкөнүн башкаруу бийлик чөйрөсүн да Г. деп аташкан. Кытайдын ички мамл. саясатына карата баа бергенде жогорку бийлик чөйрөсү коңшу чет мамл-тердин эгемендүү укуктарын тааныпбай көз карандылыкта кармаганга аракет кылышкан. Себеби, алар өз мамл-н даңазалап, бүт дүйнөнүн бийлөөчүсү, эң ири башчысы деп эсептешкен. Бул терминди ил. анализ кылууда орус окумуштуусу А. Г. Малявкиндин ж-а кытай проф. Ху Чжен Хуанын салымы зор.

**«ГОЛОС ПРОЛЕТАРИАТА»** – 1918–23-ж. Каракол ш-нда орус тилинде чыккан гезит. Партиянын Каракол уездик комитетинин ж-а уездик советинин органы. 1920-ж-дын август айынан «Призыв к труду», 1922-ж-дын сентябрынан «Каракольская правда» деген ат м-н чыгып, Совет өкмөтүнүн декреттери, партиялык токтомдор, буйруктар, жергиликтүү ревкомдун чечимдери, уездеги элдин турмушун чагылдырган макалалар, жаңылыктар ж. б. жарыяланып, аймакта Совет бийлигинин орношуна көп эмгек сиңирген.

**ГРЕК-БАКТРИЯ ПАДЫШАЛЫГЫ** – Орто Азияда б. з. ч. 3–2-к-да өкүм сүргөн кул ээлөөчүлүк мамлекет. Адегенде анын курамына Бактрия, Согдия, Маргиана ж-а Фергананын кээ бир бөлүктөрү кирген. Б. з. ч. 250-ж. Селевкилер мамл-нен Орто Азия аймагы бөлүнө баштаган. Г.-Б. п-н Бактриянын падышасы Диодот негиздеген. Г.-Б.п-нын бийлик ээлери өз көз карандысыздыгы үчүн селевкилер м-н катуу салгылашкан. Евтидемдин ж-а анын баласы Деметрийдин бийлигинде Г.-Б.п. зор кудуретке жетип, б. з. ч. 2–к-да анын курамына Ооганстандын түндүк-чыгышы ж-а Индиянын түндүк-батышы кирет. Б. з. ч. 195-ж. Г.-Б.п. экиге бөлүнөт: Грек-Бактрия ж-а Грек-Индия. Кыргызстандын аймагы Г-Б.п-нын курамында болот. Орто Азия элдеринин

улуттук боштондук кыймылы күчөп, ошол эле мезгилде Г.-Б.п-на түндүк-чыгыштан юэчжи көчмөн уруулары басып киришет. Б. з. ч. 140–130-ж. Г.-Б. п. кулап, анын ордуна Кушан падышачылыгы пайда болот.

**ГРЕЧКО** Прокопий Данилович (1878–1932) – Пржевальск уезддик большевиктер уюмун уюштургандардын ж-а анын жетекчилеринин бири. 1905–07-ж. революцияга катышкан. 1909-ж. Пржевальск уездиндеги Липенка кыштагында революциячыл иштерге катышкандардын кыштактык тобун уюштурган. 1914–18-ж. биринчи дүйнөлүк согушка катышкан. 1918-ж. июлда Пржевальскиде большевиктик уюмдун төрагалыгына дайындалган. Кийин Пржевальск уезддик советинин ж-а Эл Комиссарлар Советинин Нарын революциячыл комитетинин төрагасы болгон.

**ГРИГОРЬЕВ** Василий Васильевич (1816–1881) – орус тарыхчысы, чыгыш изилдөөчү. Чыгыш элдеринин тарыхы б-ча Россияда эң биринчи лекция окуган. 1867–73-ж. немец окумуштуусу Карл Риттердин «Жер таануу» эмгегин которуп, ага өзүнүн ил. кошумчасын жарыялаган. Ал кошумчасы азыр да өз маанисин жогото элек. 10–13-к-дын башында Теңиртоону ж-а ага жамаатташ Орто Азиядагы, Чыгыш Түркстандагы «кара хакандар», «буура хандар», «элик хандар» аймагын бийлеген династияга карата тарых илиминде «Караханилер мамлекети» деген терминди колдонууну сунуш кылган. Г. окумуштуу катары таанылганы м-н, акимдик кызматтарда падышачылыктын реакциялык саясатын жактаган адам болгон.

**ГРОДЕКОВ** Николай Иванович (1843–өлгөн жылы белгисиз) – орус армиясынын генерал-лейтенанты (1893). Санкт-Петербургдагы Константин аскер окуу жайында тарбияланган. 1863-ж. Польша компаниясына катышкан. Аскер академиясынын генералдык штабынын курсун бүтүргөндөн кийин, Кавказ аскер округунун штабына, бир жылдан кийин Генералдык штабга которулат. Ушул мезгилден баштап Россиянын тышкы саясатынын өзөгү болгон чыгыш өлкө-лөрүнө аскердик жортуулдардын тарыхын жаза баштаган. «Хивинский поход 1873 г.», «Действие кавказских отрядов», «Война в Туркмении», «Поход Скобелева в 1880–81» деген эмгектери бар. Айрым эмгектери англис ж-а француз тилдерине которулган. 1883–92-ж. Сырдарыя облусунун аскер губернатору болуп иштеген. Түркстан элдеринин турмушу, коомдук түзүлүшү м-н терең таанышып «Киргизы и кара-киргизы Сыр-Дарьинской области. Т. I. Юридический быт» деген эмгегин ж-а мусулман укугунун англисче түшүндүрмөсүнүн орусча котормосун «Хидая» деген ат м-н жарыялаган. Г. башка орус авторлорунан айырмаланып, «манаптар кара кыргыздардагы бийлердин тукумунан чыккан мыкты адамдар…» деп оң мүнөздөмө берген. Г-дун жогорудагы эмгектеринен тышкары, аскер өнөрүнүн, саясаттын ж-а геогр.илиминин маселелерине арналган макалалары бар.

**ГРУММ-ГРЖИМАЙЛО** Григорий Ефимович (1860, Петербург–1936, Ленинград) – орус саякатчысы ж-а географы, Орто ж-а Борб. Азияны изилдөөчү. 1884-ж. Петербург ун-тин бүтүргөн. 1884–87-ж. Алайга, Памирге, Теңиртоого, Кашкарга, Каракорумга саякат жасаган. 1889–90-ж. Борб. Азияга жасалган экспедицияны жетектеп, 3 томдон турган «Описание путешествия в Западный Китай» (1896–1907-ж. жарык көргөн) деген эмгегин жазган. Анда изилдеген облустарга тарыхый-этногр. мүнөздөмө берген. Экспедициянын мезгилинде Бэйшань тоолуу аймагын тапкан ж-а Турпан ойдуңун изилдеген. 1903–14-ж-дарда Батыш Моңголияда ж-а Тувада болуп, 1914–40-ж. «Батыш Моңголия Уранхай крайы» деген 2 том эмгегин жазган. Бул эмгегинде Борб. Азиянын тарыхын системалаштырган, моңголдордун түрк ж. б. калктар м-н тарыхый байланыштары чагылдырылган. 1934-ж. «Кыргыздар» деген макаласы жарыяланган. Г-Г. енисей кыргыздары Теңиртоого 9-к-дын ортосунда келген, ал эми 13-к-да Теңиртоого Түштүк Сибирден буруттар келип, кыргыздар м-н жуурулушуп кеткен деп эсептейт. Г-Г-нун ысымы Сихотэ-Алиндеги ашууга, Памирдеги өзү ачкан мөңгүлөрдүн бирине, Богдо-Ула массивиндеги мөңгүгө берилген.

**ГУНМО**, г у н ь м о, к ү н б а к – б. з. ч. 2–1-к-да Борб. Теңиртоо, Жетисуу аймактарын мекендеген усун уруулук бирикмесинин башчысынын бийлик наамы. Г. бийлиги атадан балага мураска өткөн. Г. бийлигин аксакалдар кеңеши чектеген.

**ГУРХАН** – Кара кытайлар мамл-ндеги хандын титулу. Мусулман маалымат булактары б-ча Г. «башкы хан, улуу хан» дегенди билдирет.

**ГҮЛЧӨДӨБӨ –** б. з-дын алгачкы кылымдарына таандык археол. эстелик. Гүлчө кыштагынын (Алай р-ну) аймагында жайгашкан. Алгач бул эстелик 1946-ж. А. Н. Бернштам тарабынан изилденген. Анын айланасы бекемделген төрт бурч сымал сепил түрүндө экендигин ж-а анын ичинде турак-2жайдын, чарбактын жайгашкандыгын далилдеп, реконструкциясын жарыялаган. О. эле караханийлер дооруна (10–12-к.) мүнөздүү маданий катмар аныкталып, ушул доорго мүнөздүү жез күмүш аралашмасынан жасалган тыйын табылган. Бул эстелик аскердик чеп, же мансаптуу адамдын турак-жайы болушу мүмкүн.

# Д

**ДАБАН АРГЫМАКТАРЫ –** б. з. ч. 1-миң жылдыктын акырында – б.з. 1-миң жылдыгынын 1-жарымында Фергана өрөөнүндө өкүм сүргөн мамлекетте өстүрүлгөн аргымак аттар. Дабан мамл. өзүнүн аргымактары м-н өзгөчө даңазаланган. Аларды «асман аттары» деп аташып, бүт Фергана эли сыймыктанган. Д. а. алтындан жасалган статуясы падышанын сарайында турган. Д. а. ташка чегилген сүрөттөрү Араван р-нунан, Сулаймантоодон табылган.

**ДАБАН МАМЛЕКЕТИ,** Д а в а н ь, П а р к а н а – б. з. ч. 1-миң жылдыктын акыры – б. з. 1-миң жылдыгынын 1-жарымында Фергана өрөө-нүндө өкүм сүргөн мамлекет. Фарсы жазма булактарында Паркана, кытай жылнаамаларында Да-юань (Дабан) деп аталган. Коомдук түзүлүшүндө эрте феодалдык мами-лелер үстөмдүк кылган. Саясий түзүлүшүн чектелген монархия катары мүнөздөөгө болот. Мамл-тин падыша башкарган, анын бийлиги аксакалдар кеңеши м-н чектелген. Падыша маанилүү чечимдерди кабыл алууда аксакалдар кеңеши м-н макулдашкан. Мамл-тин борб. Эрши ш. болгон. Ал азыркы Араван кыштагынын жанындагы Мархамат шаар чалдыбары болсо керек. Мамл-те 70тен ашык чоң, кичине шаарлар болгон. Ш-ларга мунаралар салынып, коргон м-н курчалган. Калкынын саны 300 миңден ашык, чыгыш иран тилинде сүйлөгөн. Отурукташкан калк дыйканчылык м-н кесиптенген. Д-дыктар күрүч, буудай, беде, пахта айдашкан. Жемиш бактарын өстү-рүшкөн, өзгөчө жүзүмдүн мыкты түрлөрү өстүрүлүп, андан көпкө бузулбай сактала турган шарап даярдашкан. Уй, кой, эчки, төө, жылкы багышкан. Өзгөчө асыл тукум жылкылары м-н даңазаланышкан. Байыркы кытай тарыхый жылнаамаларында «Дабан аргымактары жылкылардын асман тукумунан жаралган, алардан кызгылт тер чыгат» – деп айтылат. Аска беттерине түшүрүл-гөн сүрөттөрдөн Д-дыктар жылкыга табынганы да байкалат. Д-дыктар Улуу жибек жолу калыптана электе Чыгыш Түркстан м-н соода байланышын түзгөн. Кытай элчиси Чжан Цань усундар өлкөсүнөн Нарын дарыясын бойлой Д-га келген. Бул мамл-ти ал Д. деп белгилейт. Д. ж-дө кытай императорлору ушул элчиликтин маалыматтары-нан билишкен. Соода жолунун маанилүү түйүнү болгон Д. мамл-н каратып алуу ж-а даңазалуу жылкыларга ээ болуу максатында Хан императору б. з. ч. 104-ж. ж-а 102-ж. Ли Гуанлинин жетекчилиги астында эки жолу согуштук жортуулун уюштурат. Алгачкы жортуулда кытай аскерлери Д-дын чыгыш чегарасында жайгашкан Ю ш-нан ары өтө алган эмес. 2-жортуулда чыккынчынын жардамы аркылуу Эрши ш-на кире алышкан. Кытайлыктар кайткандан кийин аксакалдар кеңеши алардын койгон падышасын өлүмгө буйруп, Хан дөөлөтүнүн бийлигин таанып турбай тургандыгын далилдеген. Кытайлар м-н согушта Эрши бүл-гүнгө учурагандыктан, Д-дыктар борборун Эршиден Гуйшанга көчүрүшкөн. Согуштан кийинки мезгилде Кытай м-н элчилик байланыштарын жүргүзүп турушкан. Б. з. ч. 42–36-ж. түндүк хунндардын шанүйү Чжичжи чапкын уюштурат, бирок Д-дыктарды баш ийдире алган эмес. Б. з. 1-к-нын ортосунда Чыгыш Түркстандагы Жаркенге убактылуу баш ийген, 5-к-дын аягында Кушан империясы каратып алат. Б. з. 3–5-к-да Д. өз алдынчалыгын сактап турган. 5-к-дын ортосунда Фергана өрөөнүн толугу м-н эфталиттер каратып алган.

**ДАЕК** – салт б-ча бир же бир нече кишиге (байге, мөрөй, шыбага, энчи, олжо, чачыла, белек, кийит, мүчө, жыртыш, табарик ж. б.) кылдат калыстыкта бөлүнүүчү же таркатылуучу байлыктын (мүлк, дүнүйө, мал, буюм, кооздук, кийим, кездеме, акча ж. б-дын) жалпылаштырган аты. Мис., куданын алдына барганда ар түрдүү (аркан тосмой, көрүн-дүк, жылкычылык, жеңкетай, сүт акы, жүк көрүү, чылбыр тартар, кемпир өлдү ж. б.) салттарга ж-а ырымдарга таянып берилүүчү бардык чыгым (мал, мүлк, акча, кийим, кездеме, кийит ж. б.); ата-эне карыганда балдарына энчи бөлүштүрүүгө ыйгарылган нерселердин баары (жери, малы, үйлөрү, эмеректери, дүнүйөсү, байлыгы) жалпысынан Д. делет. Жоокерчиликте колго түшкөн бөлүш-түрүлүүчү олжолор да Д. деп аталат. Аны ошол жортуулга катышкандарга калыс даекчи бөлүштүрөт.

**ДАЛБА** – ителги, куш, ылаачынды үндөө ж-а таптоо үчүн колдонулуучу кыныктыргыч. Д. көгүчкөн, кыргоол сыяктуу куштардын канат-куйругунан жасалат.

**ДАЛДАЛЧЫ**, ш и р е н к а н а ч ы – базарда, көбүнчө мал соодада сатарман м-н кардардын ортосунда калыстык кылуучу соода адамы. Базарда соодалашып жаткан эки кишинин ортосуна өзү эле аралашып, экөөнү эпке келиштирип, калыстыкта соодалап жиберет. Базар салтында сатарман да, аларман да Д-га аздан акча-тыйын (ширенкана) беришкен. Алар ар күнү эртеден базар тараганга чейин жүргөндүктөн кесип катары эсептелген. Соодага шыгы жок болгондуктан, кыргыз Д-лар сейрек кездешкен. Кыргыздардын соодасын өзбек, татар Д-лары бүтүрүп беришкен. Совет бийлигинин жылдарында Д-лар өзүнөн өзү азайган. Азыркы учурда Д-лар кайрадан көбөйүүдө. Буга базар экон-сы түрткү болууда.

**ДАЛЬВЕРЗИН ЭСТЕЛИГИ** коло дооруна таандык Фергана өрөөнүнүн аймагында отурукташкан дыйканчылык маданиятынын ири борбору, Карадарыя суусунун сол куймасынын жээгиндеги Дальверзин кыштагына жакын жерде орун алган. Д. э. 1952-ж. Ю. А. Заднепровский тарабынан ачылып, казуу иштери 1956–60-ж. жүргүзүлгөн. Жалпы көрүнүшү тик бурчтуу, аянты 25 *га*. Сыртынан калыңдыгы 4–6 *м*, бийиктиги 2,5 *м* чеп м-н курчалган. Борб. бөлүгүндөгү маданий катмардын калыңдыгы 2,4–3 *м*. Кыштан курулган үйлөрдүн, очоктун орду ж-а чарбалык маанидеги чуңкурлардын саны арбын. Чопо идиштери, металл иштетүүчү устакана, металлдын калдыктары, чоподон жасалган чорго, 8 калып, найзанын уңгусу, шибеге, тешкич, ийне, кооздук буюмдар ж.б. табылган. Алардын айрымдарына боёк м-н түр салынган. Д.э-ндеги

колодон, жезден жасалган буюмдардын молдугуна караганда бул жерде металл өндүрүү жогорку деңгээлде өнүккөн. Археол. маданий катмардын жогорку, ортоңку ж-а төмөнкү деңгээлдеринде адамдын сөөк калдыктары көп кездешкен. 50 көмүлгөн адамдын сөөк калдыктары изилденип, алардын 32синин антропологиялык түзүлүшү европеоид расасына таандык болгон. Көмүлгөн адамдар бү-рүштүрүлгөн абалда ж-а узатасынан бир капталына же чалкасынан жаткырылган. Айрым көрүстөндөргө адамдын баш сөөк-төрү гана көмүлгөн.

**ДАЛЫЧЫ** – таза, чийинсиз мүлжүнгөн койдун далысын жарык шоолага карап, андагы сүрөтчөлөр, жолчолор, сызыкчалар, булутчалар аркылуу келечекти болжолдоп алдын ала айткан көзү ачык адам. Д-лар айга, жылдыздарга, тогоолдорго карап көптү билген кыбачы, күзгө карап кышты, кышка карап жазды, бүгүнкүгө карап эртеңкини болжолдогон өтө баамчыл, адамдын өңүнөн, мүнөзүнөн, кыймыл аракетинен анын оюн, саламаттыгын, азыркы абалын боолгологон кыраакы, өтө тажрыйбалуу кишилер болгон. Алар өздө-рүнүн ой-пикирлерин табышмактатып, бир нече мааниде, өтө жалпылаштырып сүйлө-гөн.

**ДАМБЫР ТАШ** – жаз мезгилинин башталышында өткөрүлчү салттык ырымдардын бири. Жаз келип биринчи күн күркүрөгөндө, үйдөгү аялдардын улуусу эгин, чөп, сүттүн мол болушун тилеп, чаканы, көнөктү сузгу м-н калдыратып «Жер жарылып көк чык, мал тойгондой көп чык, желин жарылып сүт чык» деген каалоолор м-н үйдү үч айлана жүгүрүп чыккан. Калдыраткан идишин жаан басылганча кырчоого илип койгон.

**ДАРИЙ I,** Д а р а я в а у ш – б. з. ч. 522–486-ж. байыркы Персия падышасы; Ахеменилер династиясынан. Б. з. ч. 522–521-ж. «Өлбөстөр» деп аталган 10 миң армиясы м-н Вавилон, Мидия, Персия, Маржана, Элам, Египет, Парфия аймактарындагы ж-а Орто Азиядагы скиф урууларынын көтөрүлүштөрүн басып, бир катар чарбалык, маданий реформаларды жүргүзгөн. Персиянын мурунку падышасы Кир IIнин Орто Азияда жашаган сактарга каршы басып алуучулук саясатын улантып, эки жолу жортуулга чыккан. Анын тушунда грек-перс согушу (б. з. ч. 500–499-ж.) болуп өткөн. Эл аралык сооданы өнүктүрүп, Ахеменилер дөөлөтүн чыңдаган.

**ДАРКАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 8–12-к-га таандык шаар калдыгы. Ысык-көлдөгү Жууку суусунун сол өйүзүндө. Аянты 100 *га* . Эки бөлүктөн – негизги чептерден ж-а алардын чет-жакаларындагы чоң аянттан туруп, узундугу 8 *км* келген дубал м-н курчалган. Улуу Жибек жолунун бир тармагы ушул шаар аркылуу өткөн.

**ДАРООТКОРГОН** – Кокон хандыгынын доорунда Чоңалай өрөөнүндө 1821-ж. курулган чеп. Ал тоолуу Алай аймагында хандык бийликтин аскердик-акимдик таяныч түйүнү болгон. Чарчы формада. Дубалынын бийиктиги 4 *м*. Түндүк тарабында гана жалгыз дарбазасы болгон.

**ДАТКА** (фарс. дадхох – адилетти сүйүүчү, адилеттүүлүктү талап кылуучу) – мансап даражасы. Бухара хандыгына чейин эле алгач фарс тилдүү элдердин мамл-ринде пайда болгон. (Бухара, Хива хандыктарында мансап даражасы катары, 18–19-к-да). Д-лар ордого түшкөн даттанууларды ханга жеткирип, арыз ээлерине хандын жообун, чечимин билдирип турушкан. Алар хан сарайда кызмат кылышып, хандын кабыл алуу бөлмө-сүндө иштешкен, о.эле катчылык ролун аткарышып кагаз иштерин бүтүрүшкөн, казылардын чыгарган чечимдерин талдап чыгышкан, ж.б иштерди аткарышкан. Кокон хандыгынын бийлик шатысында (иерархиясында) Д. тогузунчу (парваначыдан кийин, бийден мурун) орунда турган деген фактыга жаңы тактоолор киргизилген; биринчиден, Д. мамл. башкарууда «чин» же кызмат орду болгон эмес, даража (титул) болгон; экинчиден, Д. даражасын алган адамдар ар кайсы кызматтарды аткарып келишкен. Ант-кени, Кокон хандыгынын мамл. башкаруу аппаратында мамл. чиндер, титулдар, аскердик кызматтар, наамдар, админ. башкаруу кызматтары көп тепкичтүү иерархиядан тургандыктан, алардын статусу ж-а функциясы мезгилдин агымы м-н тез-тез алмашып турган. Ошондуктан Д. наамын алган адамдар жүз башыдан тартып вилайеттерге чейин башкаруу укугун алышкан. Согуш убагында ээлеген кызматы б-ча жогорку аскердик чиндерге барабар болгон. Мис., Зыйнат Д-ны генерал Д. деп аташкан. «Д.» – хандыктагы «генералга» тең жогорку «чин» – деп жазган И. Бичурин эмгектеринде. Түндүк-кыргыз Д-ларын генерал-губернаторлорго теңешкен (А. Кун); Бердыалы Д. жүзбашылык кызмат өтөсө, Кедейбай Д. парваначыдан Чартак ш-нын хакимине чейинки кызматтарда турган. Айрым убакта Д-лар хандык кызматтарда турбаса да, Д. наамы сакталып калган. Кыргызстандын түндүгүн каратып алуу м-н, бул даража түндүк феодалдарына да бериле баштаган. Мис., Чүй өрөөнүнөн Сооронбай Д., Талас өрөөнүнөн Асперди ажы Д., Жумгалдан Медет Д-ка ж.б. Д. даражасы Түндүк Кыргызстандын аймагында 19-к-да эң жогорку наам болгон. Д-лар кыргыз бийлеринен жогору турган ж-а хан казынасынан жылына 200 батман аштык, 1000 дилде алууга акылуу болушкан. Кыргыз Д-лары өзүнө караштуу аймактагы даттанууларды ханга билдирип тургандан тышкары, ошол аймакта бийлик кылуу м-н, хан ордосунун саясатын жүргүзүшкөн, элден жыйналган алык-салыкты хан казынасына жеткирип турушкан, өздөрү салыктан бошотулган. Орто Азиядагы аялдардын ичинен алайлык Алымбек Д-нын зайыбы Курманжанга биринчи жолу Д-лык даража берилген. Кокон хандыгында Д-лык даража бир эле убакта 10 инсанга берилген. Мис., 1804–76-ж. аралыгында Д. даражасын алган инсандардын саны 100гө жеткен. Кокон хандыгы Россия империясына багынып бергенден кийин, Д. мансап даражасы катары жоюлган. Бул даражаны алган кыргыз феодалдары эл арасында Д. аталып кала берген.

**ДАШТ-И-КЫПЧАК** – Иртыш дарыясынан Итил (Волга) дарыясына чейинки тарыхый-геогр. аймак. 9–10-к-да бул аймакты кыпчак уруулары мекендей баштаган. Аймакта башка калктар жашаса да (огуз ж.б. тилдүү түрк

уруулары, финн-угорлор ж.б.), кыпчактардын саясий ролунун өсүшүнөн улам фарсыча Д-и-К. («Кыпчак талаасы») деп аталган. Орус ж-а европа элдеринин жазма булактарында бул аймак «половец талаасы», «куман талаасы» деген ат м-н белгилүү. Моңгол жапырыгынан кийин деле бул аймак өзүнүн атын сактап калган. Урал (Жайык) суусунан чыгышыраактагы бөлүгү кийин Ак Ордого караган. Бул аймак м-н кыргыздар маданий-этностук алакада болушкан.

**ДЕГЭЭ** – суудан балыкты сайып кармоо үчүн атайы жасалган курал. Д-нин ачалары он экиге жетет. Ачаларынын саны, уз., жоондугу сайылчу балыкка жараша ар кандай болот. Сайылган балык чыгып кетпес үчүн Д-нин ар бир ачасына бөрү тил бекитилет. Ал жыгачтан же темирден жасалат. Д. уз. 2–3 *м,* жоондугу15–20 *см* жыгачка сапталат. Анын 2-учуна узун, бышык ичке жип байланат. Д-ге сайылган балык аны сүйрөгөндө жиптен кармашат.

**ДЕМОГРАФИЯ** (гр. demos – калк ж-а grapho – жазамын) – калкты ж-а анын өнүгүш мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдей турган коомдук илимдердин бири. Д. илиминде калктын өсүшүн, толукталышын, муун алмашылып, эл жаңыланып турушун, калктын санын, курамынын өзгөрүшүн; төрөлүү, өлүм-житимди изилдөө негизги орунду ээлейт. Айрым аймактын калкына эл кошулат (иммиграция), башка жакка көчүп кетет (эмиграция). Мындан тышкары, адамдар үйлөнөт, ажырашат, балалуу болот, улгаят, билими жогорулайт, адистиги, социалдык абалы алмашат. Мындай процесстерди изилдөөлөрдүн негизинде мамл-те атайын тиешелүү мыйзамдар иштелип чыгат ж-а кабыл алынат. Д. саясий экономия, мед., этногр. сыяктуу ил-дер м-н тыгыз байланышта. Д. ил-не негиз салгандардын бири – Жон Граунт (1620-74). Ал эми Россиядагы биринчи Д-лык изилдөө Д. Бернуллиге таандык. Д. илими саясий, социалдык, экон. Д. сыяктуу бир нече тармактарга бөлүнүү м-н, Д-лык статистика, Д-лык прогноз сыяктуу түшүнүктөрдү да өзүнө камтыйт.

**ДЕМОГРАФИЯЛЫК САЯСАТ** – муундардын ж-а миграциялардын табигый нугун кайра жаратууга багытталган социалдык, экон., юридикалык ж. б. иш чаралар. Мис., балдардын төрөлүшүн көбөйтүү же токтотуу ж. б. Бул үчүн мамл-те атайын мыйзамдар ж-а шарттар иштелип чыгат. Демографиялык процесс м-н саясаттын ортосундагы байланыштарга биринчилерден болуп көңүл бургандар Г. Мальтус ж-а У. Петти болушкан. Г. Мальтустун пикири б-ча жер шарында калктын санынын көбөйүшү жашоо үчүн күрөштүн курчушуна алып келүү м-н, күчтүүлөрдүн жеңип чыгышын шарттайт. Бул дүйнөлүк тынчтыкка коркунуч алып келиши мүмкүн. Бирок, калктын абсолюттук көбөйүш процессин балансылоого жаратылыштын да алы жетпей калууда. Жаратылыш адамзаттын керектөөлөрүн ж-а алардын келтирген зыяндарынын ордун толтурууга жетишпей калууда. Ошондуктан бул маселени мамл. деңгээлде: үй-бүлөнүн жаралышын ж-а балдардын туулушун жөнгө салуу м-н чечүү зарылдыгы келип чыгат. Дүйнө жүзүндө болуп жаткан эпидемия, ачкачылык ж-а согуш сыяктуу кө-рүнүштөрдү Г. Мальтус позитивдүү көрү-нүштөр катары эсептеген. Себеби, алар «ашыкбаш» адамдардын санын азайтууга жардам берет. Д. с-тын проблемаларынын бири – өлкөлөр ортосундагы миграциялык процесстерди ж-а алардын себептерин изилдөө. Ал эми Кыргызстандагы Д. с-тын негизги багыттары – миграция, эмгек ресурстарынын курамы ж-а структурасы, эмгекке орноштуруу, калктын иш м-н камсыз болушу ж.б.

**ДЕМОКРАТИЯ** ( гр. demos – эл, kratos – бийлик) **–** эл бийлигине негизделген саясий түзүлүштүн формасы. Д-да эл бийликтин негизги булагы, аныктоочусу катары таанылат, мамл. бийликтин негизги органдары шайланат, граждандардын тең укуктуулугу, чечимдерди кабыл алууда азчылыктын көпчүлүккө баш ийиши, азчылыктын укугунун корголушу ж. б. камсыз болот Д-нын тарыхы байыркы батыш цивилизациясынын (өзгөчө грек ж-а рим) мезгилинен башталат. Батышта Д. түшүнүгү Байыркы Грециядагы шаар-мамл-дин өнүгүшү м-н коштолот. Азыркы Д-нын калыптанышына ж-а бекемделишине адамдын табияттан берилүүчү жашоого, эркиндикке ж-а жеке менчикке болгон идеялары чоң түрткү болгон. Либералдуулукка негизделген азыркы Д. төмөнкүдөй принциптерди камтыйт: адам укугу ж-а аны мамл-тин укугунан жогору коюу; эркин атаандаштык ж-а базар мамилелериндеги эркиндик, азчылыктын үстүнөн көпчүлүктүн бийлигин конституциялык жол м-н чектөө; жеке ойго ээ болуу ж-а аны эркин айтуу б-ча азчылыктын укугун урматтоо ж. б. Либералдар жеке адамдын кызыкчылыгын жогору коюну көздөсө, Д-да тескерисинче эл бийлигин, атуулдардын саясий теңдигин, азчылыктын көпчүлүккө баш ийишин жогору коёт. Д-нын ар кандай формалары ж-а ин-тары болушу мүмкүн. Бирок Д-нын талаптарына жооп берүүчү жалпы нормалары, баалуулуктары, принциптери бар. Алар биринчи кезекте адам укуктарын жогору коёт. Тең салмактуулукту кармап турган өз алдынча, бирок бири-бири м-н байланыштуу болгон бийликтин 3 бутагы түзүлөт. Аларга мыйзам чыгаруучу, атка-руучу ж-а сот бийлиги ыйгарылат. Д-нын негизги принциптеринин бири – ар бир атуул мыйзам алдында бирдей жооптуу ж-а тең укуктуу. Маалымдуулук принциби – Д-нын алмаштыргыс шарты. Азырынча Д-нын принциптерин толугу м-н ишке ашырган бир да өлкө жок.

**ДЕМОНСТРАЦИЯ** (лат. demonstratio – көргөзүү) – 1. коомдук ой-пикирди ж-а талапты билдирүүгө арналган жүрүш, митинг, ар кандай карнавалдык майрамдар ж. б.; 2. бир нерсени элге көргөзүү. Мис., кинофильмди, сабакта айбанат кебин, химиялык реакциялар жүрүшүн көргөзүү; 3. башка өлкөнү басмырлоо, опузалоо аракетинде Д-лоо (өтмө мааниде – кыр көрсөтүү). Мис., башка мамл-тин жээктерине согуштук кемелерди жиберүү ж. б.

**ДЕҢГЕНЕ** – бир нече адамдын ортого майда жандык чыгарып жеш адаты. Д. жамааттык мамилелер өкүм сүрүп турганда пайда болгон чогуу тамактануу. Д-ге эркектер гана катышып, ортого кой, эчки, торпок чыгарып союп жешкен. Кийинчерээк Д-ге союлган малдын баасын Д-нин катышуучулары тең төлөп беришкен да, союлган этти бирдей өлчөмдө бөлүп алышкан. Мындай көрүнүш жамааттык мамилелердин бузулгандыгын, ар бир үй-бүлөнүн чарбасы, тиричилиги өз алдынча боло баштагандыгын билдирген.

**ДИВАЕВ** Абубекр Ахмеджанович (1856–1932) – Түркстан археол. сүйүүчүлөр коомунун жигердүү мүчөлөрүнүн бири. Орто Азия элдеринен лингвистика, фольклор, этногр. б-ча баалуу маалыматтарды чогулткан.

**«ДИВАН ЛУГАТ АТ-ТҮРК»,** «Т ү р к и й т и л д е р с ө з ж ы й н а г ы» – улуу аалым Махмуд Кашгари 1072–77-ж. жазган энциклопедиялык сөздүк. Сөздүктө түрк тилдүү элдердин (чигил, йагма, карлук, оргу, кыргыз, огуз, тухси, уйгур, кыпчак ж. б.) тилдериндеги 7500дөй сөз камтылып, арабчага которулган. 300гө жакын макал-лакап, 100 чамалуу ыр, шаар, кыштак аталыштар, уруу аттары, түрк урууларынын тарыхы, жайгашкан аймактары ж. б. маалыматтар берилген. Бизге анын 1266-ж. 1-августта Абу Бекр ас-Сави аз-Димашкы көчүргөн нускасы гана жеткен. Көчүрмө нуска Стамбул ш-ндагы (Түркия) Улуттук китепканада сакталууда. Аны килистик мугалим Рифат Билге 1915–17-ж. Стамбулда үч томдук кылып жарыялаган. Түркчө, өзбекче, англисче, казакча, уйгурча котормолору, немисче индекс сөздүгү басмадан жарык көрдү. Кыргыз тилинде айрым үзүндүлөрү жарыяланган.

**ДИКТАТУРА** (лат. dictatura – чексиз бийлик) – мамлекетте бийликти демократиялык эмес жол м-н ишке ашыруу. Д. байыркы Римде чексиз укук же диктатор бийликти башкарган мезгилинде пайда болгон. Д-да бийлик бир кишинин – диктатордун, же бир нече кишинин колуна топтолуп, мамл. бийликтин ин-тары тарабынан чектелбейт ж-а саясат куралдуу зомбулук, террор жолу м-н жүргүзүлөт. Бул учурда Д. диктатордук бийликтин чексиздиги, көзөмөлдөнбөстүгү м-н Конституцияда жарыяланган демократиялык укуктарга, эркиндиктерге каршы келип, өкүлдүк органдардын укуктарын чектөө ж. б. м-н мүнөздөлөт. Тарыхта диктатордук режимдин орнотулушу саясий күрөштөрдүн кескин күчөшү, социалдык-экон. кризистердин курчушу, башкаруучу режимдин социалдык базасы тарыган же бийликке күч м-н келген мезгилине туура келет (мис., Испаниядагы Франко Д., Германиядагы фашисттик Д.). Д. бийлик жүргүзүүнүн жолу катары демократиялык режимдин альтернативасы болуп саналат. Д. авторитардык, тоталитардык, согуштук ж-а реакциялык ж. б. болуп бөлүнөт.

**ДИН** – бир же бир нече кудай, табияттан сырткары жашаган кереметтүү күчтөр бар деген ишенимдерге таянган көз караштардын, сезим-туюмдардын, ырым-жырымдардын, каада-салттардын жыйындысы. Миф ж-а Д. бири-бири м-н тыкыз байланышта. Д-дин өзгөчөлүгү диндеги культтук системанын болушу м-н шартталган. Ошондуктан, ар кандай миф диндик системага ээ болуу м-н диндик мүнөзгө өтөт. Дүйнөгө диний көз караш Д-дин ар кандай формаларында ар түрдүүчө чагылдырылган диний түшүнүктөрдөн куралган. Д-дер тарыхый өнүгүүнүн натыйжасында жаралган. Д-дин тарыхый өнүгүүсүнүн формалары: уруулук, улуттук-мамл. (этностук), дүйнөлүк (христиан Д., буддизм ж-а ислам). Д-дер ар кандай типтеги маданияттарды чагылдырышат. Дүйнөгө диний көз караш өлкөлөр м-н региондордун массалык аң-сезимине зор таасирин тийгизип, – диний идеология учурдун өзүндө да күчүн жоготпогон притчалык, уламыштык формада жашап жатат. Д-дин жаралышын, өнүгүүсүн, жашоосун, сакталышын шарттаган себептер, жагдайлар, факторлор жалпысынан тамырлар деп аталат. Д-дин жашоосун шарттап турган социалдык, гноселогиялык коомдук-психологиялык сыяктуу 3 негизги тамырлары бар.

**ДИПЛОМАТИЯ** – белгилүү бир мамлекеттин тышкы саясатына байланышкан милдеттерин, максатын жүзөгө ашыруу үчүн өкмөт башчысы же атайын органдар жүргүзгөн саясат. Адатта Д-ны кээде «тышкы мамилелер жөнүндөгү илим», «сүйлөшүү өнөрү» деп да аныкташкан. Д. термини Байыркы Грецияда чет өлкөлөргө жиберилүүчү атайын адамдардын өкүлдүгүн көрсөтө турган ишеним грамотасы – «диплома» деген бүктөлмө тактайдын атынан чыккан. Д. негизинен мамл. жаралгандан кийин пайда болгон. Д-нын жолдору ж-а иш-аракети дайыма өзгөрүп турган. 15-к-да чет өлкөлөрдө туруктуу өкүлдөр пайда болуп, Д-лык иммунитет, даражалар (Д-лык рангдар) келип чыгат. 17-к-дан тартып эл аралык конференция, кон-гресстер чакырыла баштайт. Д-лык иштерди атайын элчиликтер, миссиялар же ишенимдүү адамдар жүргүзүшөт. Алар Д-лык мыйзамдардын артыкчылыктарынан пайдаланат. Эл аралык укук Д-лык өкүлдөрдүн өздөрү иштеп турган мамл-тин ички иштерине кийлигишүүсүнө жол бербейт. Д-лык иштердин негизги түрлөрү: дипломатиялык өз ара сүйлөшүү, келишим (договор) түзүү, конференция, конгресс өткөрүү, эл аралык уюмдардын иштерине катышуу. 20-к-да Улуттар Лигасы, Бириккен Улуттар Уюму сыяктуу ири эл аралык уюмдар түзүлгөн. Кыргыз Респ-сы суверендүү эркин мамл-ке айлангандан бери анын тышкы мамл-тер м-н болгон Д-лык байланыштары күч алды. Кыргыз Д-сынын учурдагы максаты – өлкөнүн түпкү таламдарын чечкиндүү коргоо, эл аралык аренада, респ-да коомду жакшыртууга зарыл болгон бардык шарттарды түзүү, кыргыз элинин улуттук эркиндиги м-н көз карандысыздыгын колдоо, башка мамл-тердин чоң-кичинелигин ылгабай суверенитетин урматтоо ж-а алардан да ошондой калыс мамилени талап кылуу. Кыргыз Д-сынын багыттарын, мазмунун ж-а методдорун иштеп чыгуу м-н, ийкемдүүлүгүнө, бийиктигине умтулуу ж-а келечегине кам көрүү.

**ДОЛОНДОР** – Кытай Эл Респ-нын Шинжаң Автономиялуу облусунда жашаган калктын бир уруусунун аты. Бүгүнкү күндө уйгурларга жуурулушуп бараткан Д. өздөрүнүн түпкү тегин кыргыз экендигин белгилешет. Д-дун материалдык маданияты ж-а антропологиялык тиби да кыргыздарга жакын. Ч. Ч. Валиханов Чыгыш Түркстандагы Барчык ж-а Маралбашы аймактарын мекендеген Д. аттуу өзгөчө уруу ж-дө жазган. Алар өздөрүнүн тегин кыргыздар м-н жалпы экендигин белгилешерин эскерген. Д. – моңгол тилинде жети санын түшүндүрөт. Этноним жети уруу, жети уруу эл маанисин берет. Кыргызстандын аймагында бул ат м-н тоодогу ашуу, айыл-кыштактар белгилүү.

**ДООЛ** – улуттук урма аспап. Анын тулкусу жезден, мистен жасалып, жалгыз туулгалуу келет. Д-дун жаргагы (териси) жезден же мистен жасалган алкак м-н кысылып, Д-дун тулкусуна кооздолгон куж м-н бекитилет. Кээде туулга түрүндөгү тулкудан туруп, анын чуштугуйуна каттап бекитилет да, ага шакекче тагылат. Д-дун жаргак тартылган бетинин диаметри 5,50 *мм*, тулкусунун бийиктиги 400 *мм,* жазылыгы (бети) 50 *мм.* Д-дун тулкусу оюулар м-н коздолот. Аны ат үстүндө, жөө жүргөндө кармап жүрүүгө ыңгайлуу болсун үчүн тулкусунун сыртына жазы кайыш тасма бекитилет. 2-кайыш тасма Д-дун ички учу м-н тулкусунун ортосуна тартылат. Жоон таякча м-н ургулап добуш чыгарган. Д-дун тулкусун кээ бир жерлерде «чара», жаргакты «тери», тасманы «боо» деп да аташат.

**ДООЛБАС,** д о б у л б а ш, д о б у л б а с – кыргыздын барабан сымал байыркы урма аспабы. Төгөрөк жыгач алкактын үстүнкү бетине төөнүн ийленген териси капталып жасалган. Ал алкакка көктүн, кайыш тасманын жардамы м-н керилген түрдө бекитилген. Мурун согушта белги берүү, душмандын үрөйүн учуруу, элди жыйынга чогултуу, салтанаттуу жүрүштөрдү коштоо үчүн пайдаланган. Д-ты мүнүшкөрлүккө чыкканда кайберенди ж-а илбээсинди бир багытка айдоо, үркүтүү үчүн да колдонушкан. Д-тын үнүн таякча урма аспабы м-н чыгарган. Тарыхый маалыматтарга караганда Д-тын ар кандай көлөмдөгү түрлөрү болгон. Эң чоңдорун бир нече адам көтөргөн, ал эми бир адам көтөрө ала тургандарын жөө же аттын капшытына илип алып жүрүшкөн.

**ДООЛДАЙ** – жука кийиз ичтелип, таар же калың кездеме м-н тышталган узун сырт кийим. Д. эркектерге ж-а кедей зайыптарга таандык. Элдик оозеки чыгармаларда Д. кыргыздардын эң байыркы кийимдери катары сүрөттөлөт. Чынында Д-дын кементай сыяктуу этегинин кең болушу, улам жогорулаган сайын анын кууш тартып кеткени, жакасынын жөн гана кыйыкталып коюлушу, эки өңүрүнүн бир гана жеринен бүчү м-н байланышы, эки жеңи, эки өңүрүнүн учасынын сулк-сулк бычылышы анын байыркы кийимдерден экенин далилдейт.

**ДООРОН** – жаны чыккан адамдын сөөгүн коё электе (тажияланоудан мурда) маркумду күнөөлөрүнөн арылтуу максатында өткө-рүлчү диний ырым. Кыргыздардын салттуу турмушунда Д. үчүн молдого мал, кездеме, акча, эгин ж. б. берилген.

**ДӨБӨКОРГОН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 9–12-к-га таандык археол. эстелик. Араван суусунун сол жээгинде, азыркы Дөбөкоргон айылынын батыш тарабынан орун алган Мазардөбө шаарчасынын түштүк жагында. Тик бурч формасында, түштүк бөлүгү жогору көтөрүлүп турат. Орто кылымдарга тиешелүү керамика табылган.

**ДӨҢБУЛАК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – б. з. ч. 2-к.–б.з. 8-к-на таандык шаар калдыгы. Өзгөн р-нун аймагында, Жазы суусунун сол жээгинде, Өзгөн ш-нан 5 *км* чыгыш тарапта жайгашкан. Шаарча 900х970 *м* аянтты ээлейт, сепилинин аянты жогорку бөлүгүндө 90х50 *м.* Сепилдин үч жагы терең аң, түндүк жагы суунун тик жээги аркылуу өтөт, түштүк жагынан гана кирүүгө болот. Түндүк тарабында булак бар. Казууларда 7 маданий катмар ачылган. Карапа идиштер, сөөктөн, таштан жасалган буюмдар табылган. Карапа идиштери жасалышы б-ча Шоробашат, Мархамат маданияттары, Касан, Кожогарын, Белесмазар сыяктуу орто кылымдардын эрте мезгилиндеги эстеликтер м-н окшоштугу бар.

**ДӨӨЛӨС БААТЫР,** Д ө ө л ө с б а к т ы К ы л ж ы р у у л у (16-к.) – кыргыздардын калмактарга каршы күрөшүндө кол баштаган баатыр. Тагай бийдин небереси. Д. б-дын эрдиктери Осмоналы Сыдык уулунун, Белек Солтоноевдин, санжырачылар *Э. Төрөкан уулунун ж-а А. Алымкул уулунун* эмгектеринде айтылат. Ал кыргыздарга коркунуч туудурган калмактарга далай ирет жортуул уюштуруп, алардын айылдарына бүлгүн салып турган. Калмактар аны айла-амал м-н колго түшүрүп, орго салган. Санжырада калмактын хонтайжысынын Көкмончок аттуу кызы ордо жаткан Д. б-ды туткундан бошоттуруп, ага турмушка чыккан. Д. б-дын Токо, Жантай, Элчибек ж-а Манап деген уулдарынан тарагандар кыргыздын сарыбагыш уруусунун негизин түзөт.

**ДӨШҮ** – узануу үчүн үстүнкү жалпак бетине калың болот каптап, бир жагын жумуру, бир жагын төрт кыр учтантып атайы куюлган оор чулу темир. Темир усталардын Д-сү чоң, оор, зергерлердики кичинекей болот. Усталар металлдарды ысык же муздак түрүндө Д-гө коюп кесет, көзөйт, созот, жалпайтат, түздөйт, ийет, миздейт, жумурулайт, ширетет, кадайт ж. б. керектүү иштерди жасайт. Д. бийиктиги 70–100 *см* келген зор дөңгөчкө, көөрүк очогунан анча алыс эмес жерге орнотулат, анткени көөрүк очогунда ысытылган темир сууй элегинде Д-нүн үстүнө коюлушу керек.

**ДУБА** – мусулман дининде ар иштин башталышына, жүрүшүнө, бүтүшүнө алладан жардам, ырайым, боорукерчилик, мээрмандык ж.б. сурап кайрылуу. Д. өлгөн адамга карата куран түшүрүү, куран окуу, бата

берүү м-н иш жүзүнө ашырылган. Динге ишенгендер, кырсыктап иштери илгерилебегендер Д-ны кереметтүү күч катары карашып, молдо чакырып куран окутушкан.

**ДУБАНА** – кыргыздардагы сопулуктун (суфизмдин) бир көрүнүшү. Аны колдогондор ислам дининин кечилдик багытын тутуп, өз алдынча же топ болуп айылдан айылга, элден-элге көчүп-конуп жүрүшкөн. Кийиминде кечилдиктин белгиси катары өзгөчө элементтер (терисинин жүндөрү сыртына карата тигилген шоңшогой топу, үстүндө жүндөн жасалган чапан) болгон. Жандарына үн чыгаруучу түрдүү аспаптарды, шалдыркандуу аса таякты алып жүрүшкөн. Өзгөчө кыймыл аракеттердин натыйжасында кудай м-н түздөн түз байланыш түзүү кудуретине жетүү Д-чылыктын негизги максаты болгон. Ага жетиш үчүн бул агымды колдогон ар бир адам шариатты, тарикатты (чындык жолу), марафатты (зикир аркылуу мааниге сүңгүп кирүү) ж-а акыйкатты (алла-тааланы толук таануу) иш жүзүнө толугу м-н аткарышы зарыл болгон. Д-лар эмчилик касиетке ээ адамдар катары оорулуу адамдарга дем салышкан.

**ДУЛУ** – 6–8-к-да Чүй өрөөнүндө мекендеген түрк урууларынын бирикмеси. Батыш Түрк каганатынын «он ок бодун», б.а. «он ок элинин» бир бөлүгү. Бул аймак Д. ж-а Нушиби деген эки чөлкөмгө ажыраган. 8-к-да Д. уруулук бирикмеси күчтөнүп келе жаткан Түргөш кагандыгына баш ийип калган.

**ДУНКАНА** Кочуке уулу (1886, Нарын облусу, Нарын р-ну Эчкибашы айылы – 1981, ошол эле жер) – семетейчи. 1930-ж. айыл кеңешинин төрагасы, кийинчирээк чабан болуп иштеген. Адегенде *Тыныбек* манасчынын нускасын алган. «Манас» айтуунун чеберчилигин Чоюке, Дыйканбай манасчылардан үйрөнгөн. Замандаштары Саякбай Каралаев, Мамбет Чокморовдор м-н тааныш болуп, таасирлерин алган. «Семетейди» жакшы өздөштүрүп, элге семетейчи катары таанылган. Д-дан «Манас» эпосунун «Семетей» бөлүгү толук, ал эми «Манастын» өзүнөн «Манастын балалык чагы», «Кө-көтөйдүн ашы», «Чоң казат» деген салт-тык туруктуу окуялар жазылып алынган. Анын вариантын филолог-окумуштуулар С. Бегалиев, Р. Сарыпбеков кагаз бетине түшүрүп, КР УИАнын кол жазмалар фондуна 1965–67-ж. тапшырышкан.

**ДУҢГАН АТЧАНДАР ПОЛКУ** Түркстан Респ-нын 1920-ж. 8-февралдагы токтому б-ча Орто Азиядагы ак гвардиячыларга ж-а басмачыларга каршы түзүлгөн. Верный ж-а Пишпек уезддеринен куралган полктун кол башчысы революционер Магазы Масанчи болгон. 1921-ж. Фергана өрөөнүндө Максум, Халбут корбашылардын, Кагар молдонун бандаларын талкалаган, Уратөбө р-нун басмачылардан 3 ай коргогон. 1923-ж. басмачылардын негизги күчтөрү талкалангандан кийин таркатылган.

**ДУҢГАН, КАЛМАК ЖАНА УЙГУР ЖЕР КОТОРУУЛАРЫ**. 19-к-дын 60-жылдарында Чыгыш Түркстанда, Кытайдын түндүк-батыш райондорунда жергиликтүү элдер Цин империясынын үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. Көтөрүлүшкө дуңгандар м-н уйгурлар активдүү катышып, тарыхта дунган көтөрүлүшү деп аталып калган. Дээрлик 15 жылга созулган жалпы элдик кыймыл жеңилип калган. Эркиндикти эңсеп кан төккөн калк кытай аскеринин аёосуз жазалоосунан баш калкалап, жер котորууга, кыргыз, казактардын арасына корголоого мажбур болгон. Адегенде 1866-ж. сарт калмактардын зорган уругу Жетисууга көчүп келишкен, кийин өтүнүп жатышып, 1869-ж. Россия мамл-нин букаралыгына кабыл алынышкан. Алты сумун (айыл) качкындардан эки болуштук уюшулган: бири Ысыккөлдө – Текес өрөөнүндө (1317 түтүн), экинчиси Верный уездинде (732 түтүн). 1871-ж. Россия ээлеп алган Жогорку Иле чөлкөмү 1882-ж. Кытайга кайтарылганда 5 айыл калмактар Кытайга таандык аймакта калып, ал эми алтынчы айыл (240 түтүн) каа-лоосу м-н Россиянын ээлигинде калаары туу-ралуу бүтүм чыгарган. Теги б-ча сарт калмактар моңголдордун батыш канаты ойротторго, а. и. кара-калмактарга же өлөттөр тукумуна кирген. 1882-ж. Кытай м-н Россиянын ортосундагы Капкак аркылуу (Текес өрөөнү) өткөн жаңы чегара такталгандан кийин сарт калмактар 1884-ж. гана Көл кылаасына көчүп келишет. Каракол, Ырдык өзөндөрүнүн аралыгынан конуш алышып, сарт калмактардын Бөрүбаш, Челпек кыштактары пайда болгон ж-а 1913-ж. 366 түтүнгө (2262 киши), 1916-ж. 483 түтүнгө (2,9 миң киши) жеткен. Дуңган калкы Кытайдан Жетисууга 1877–84-ж. эки этап м-н келген. 1-этапта (1877-ж.) дуңгардын көтөрүлүшү жеңилип калгандан кийин көчүп келишкен. Бул этапта дуңгандар орус-кытай чегарасынан үч багытта өтүшкөн. 1877-ж. кыш адаттагыдан өзгөчө суук болуп, кар калың түшкөн. Ганьсулук дуңгандардын Да-Сы-Фу жолбашчылык кылган 1166 кишиден турган алгачкы тобу Турпандан жөнөп, 1877-ж. октябрдын аягы – ноябрдын башы ченде Бедел ашуусун ашып Караколго келишет. Кыргыздар качкындарга тамак-аш, үй-жай жагынан каралашкан. 1878-ж. жазга маал келгиндерге Караколго жакын Ырдыктан жер бөлүнүп берилет. Кытай аскери куугунтуктаган дуңгандардын дагы бир тобуна Ма-Да-Жэнь жетекчилик кылган. Синьцзяндык ж-а ганьсулук дуңгандардан куралган бул топ (2 миңдей киши) Аксуудан чыгып, Маралбашы, Эркештам ашуусу аркылуу Түштүк Кыргызстанга өткөн. Кыйын абалда калган адамдарга жол боюу кыргыздар азык ж-а унаадан жардам кылышкан. Шэньсилик дунгандардын Быянху (Бий Янху) баш болгон тобу да кыш чилдеде Торугарт, Кызылбел ашууларын ашып, 1877-ж. декабрдын башы ченде Нарынга келет. Бир аз тыныгып, кайрадан жолго чыккан 3314 дуңган декабрдын аягында Токмокко жеткен. Жол боюу кыргыз айылдары жолоочуларга мал, дан, баш калкалаганга боз үй, алачык жагынан жардам беришкен. Дуңгандардын Жетисууга ооп келишиндеги 2-этап Иле чөлкөмүн Цин бийлигине кайтарып берүү м-н байланыштуу. Алардын Россияга букаралыгы абалы 1881-ж. Петербург-да түзүлгөн орус-кытай келишими м-н бекемделген. Бул келишимдин шарттарына ылайык дуңгандарга ж-а уйгурларга Ата журтунда – Синьцзянда калуу же Россия ээлигине көчүп кетүү эркиндиги берилген. Бул мурдатан эле башталган өз алдынча жер

которууну мыйзамдаштыруу гана болгон. Ошондо дуңгандар ж-а уйгурлардын кыйла бөлүгү Жетисууга көчө башташкан. 1884-жылдын аягына карата Иледен Жетисууга 1147 дуңган үй-бүлөсү же 4682 адам ооп келип, баш-аягы 10 миңден ашуун дуңган, 45 миңдей уйгур Жетисуудан орун алышкан. Уйгурлар негизинен Верный (Алматы), Жаркен (Панфилов) уезддерине, дуңгандар Бишкек, Ысыккөл уезддерине жайгашкан. Ал эми Түштүк Кыргызстанга келген дуңган, уйгурлар адегенде Ошко жакын жерде (Карасуу р-ну) туруп калган. Дуңган, уйгурлар Жетисууга ооп келген кезде бул аймакта падышалык Россиянын бийлиги орноп калган эле. Падышалыктын Түркстандагы оторчул сая-саты жер-суу маселесинде даана байкалган. Мыкты жерлер келгин орус дыйкандарына, казак-орустарга бөлүш-түрүлүп, кыргыздар, казактар тоо-ташка, чөл-талаага сүрүлгөн. Колониялык бийликтер дуңгандарга убактылуу жер бөлүп берген. Токмокко келген дуңгандар Чүй суусунун оң жээгиндеги Каракоңуз өтөгүнө жайгашышкан. 1878-ж-дын аягында келгин дуңгандар үй куруп, короо-жай салып алганга (азыркы Масанчын айылы) үлгүрүшкөн. Аларга 10306 теше жер берилген. Дуңгандар жер айдап, буудай, жүгөрү ж.б. дан эгиндерин, калемпир, буурчак, сабиз, сарымсак ж.б. жашылчаларды өстүрүшкөн. Кийинчерээк сууга жакын жерлерге шалы эге башташкан. Сокулукка келген дуңгандарга Сокулук суусунун боюнан дыйканчылыкка ыңгайлуу 2064 теше жер бөлүнүп берилген. 1883-ж. Сокулукта 33 үй-бүлө өздөрү курган үйлөрдө жашап калышкан. Ошентип, Александровка деп аталган кыштак өсүп чыккан. Дуңгандардын айрым топтору шаарларда калып, өзүнчө слободкаларды (шаар четиндеги кыштак) негиздешкен. Мис., Бишкекте дуңган слободкасы 1882-ж. пайда болгон. Адеп уюшулганда анда 150 үй-бүлө турчу. Мындай слободка Токмокто да пайда болгон. Келгиндер Жетисууга көчүп келгенден кийин алар отурукташкан аймактарда Мариинск (Ырдык), Каракоңуз (кийинчерээк Николаевск) Александровка (Сокулук), Жаркен (Жаркен уездинде, Казакстан), Жалпакдөбө (Тараздан 5–6 *км* аралыкта) болуштуктары уюшулат. Кыштактарды болуштар, казылар ж-а старчындар башкарган. Алар айылдардан атайын жөнөтүлгөн шайлоочулардын жыйынында үч жылдык мөөнөткө шайланышкан. Болуштардын, старчындардын бийлиги улам күчөп, алык-салыктар арбыган. Падышалык Рос-сиянын Түркстандагы отор саясаты да кошул-ташыл болуп, келгиндердин жашоосуна терс таасир тийгизген.

**ДҮМПҮЛДӨК** – элдик оюн. Эки топко бөлүнүп, 1-тарабы чапкылоого, 2-тарабы чаптырбоого аракеттенген жаштар м-н балдардын оюну. Тутум б-ча коргонуучу тарап атайы ала келген кийизди салып, төшөктөрдү, кийимдерди калыңдай жамынып, кыска аркандын бир учун бирөө кармаган бойдон бир жерге чогуу, тыкыс жатышат. Ал тараптан күчтүү, күлүк, шамдагай бирөө сакчы болуп аркандын 2-учун кармап чогулуп жаткан өнөктөрүн туштуштан чабууга аракеттенген атаандаштарына чаптырбай, аларды кармап калууга аракеттенген. Сакчы бир жагын кубалаганда, 2-жагындагылар жаткандарды эшкен жоолугу же куру м-н чаап кетүүгө аракеттенишет. Сакчы аркан учун коё бербей тегерете чуркап өнөктөрүн кайтарат. 2-тараптагы атаандашынын бирөө сакчынын колуна түшсө, тутумдагылардын оюну алмашылат.

**ДҮР** Сооронбай уулу (туулган жылы белгисиз–1918) – коомдук ишмер, алгачкы агартуучу. Чүйдөгү тынай элинен чыккан. Азыркы Чүй р-нунун аймагындагы элди бийлеген Сооронбай датканын үчүнчү уулу. Верныйдагы аскердик гимназияны күмүш медаль м-н бүтүргөн. Ал окуу жайында М. В. Фрунзе м-н бирге окуган. Токмок уездинде атасы Сооронбайдын ордуна болуш болгон. Элдин таламдарын жүзөгө ашыруу үчүн күрөшкөн. Сайлык кыштагына жаңы типтеги орус жергиликтүү мектеп ачтырып, кыргыз балдарды окууга тарткан, мектепте өзү да сабак берген. 1916-жылкы көтөрү-лүштө өзүнө караган 400 түтүн элди Кытайга качырбай, жазалоодон куткарып калган. 1918-ж. Ак гвардиячы орустар тарабынан атылган. Аны өлтүрбөй, Совет бийлиги үчүн кызматка пайдалануу керектиги ж-дөгү М. В. Фрунзенин буйругу Д. атылгандан эки күндөн кийин келген. Анын ысымы Чүй р-дагы Сайлык кыштагындагы ор-то мектепке ыйгарылган.

**ДЫЙКАМБАЕВ** Казы (1913-ж. т., Ысыккөл облусу, Түп р-ну, Талдысуу айылы) – мамл. ж-а партиялык ишмер. 1958–61-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы. Ташкендеги Өзбек эл чарба ин-тун бүткөндөн (1937) кийин, Кыргыз ССР мамл. пландоо комиссиясында ар түрдүү кызматта иштеген. 1940–58-ж. Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасына орун басар, Респ. мамл. текшерүү эл комиссары, тышкы иштер министри, Кыргызстан КП БКнын катчысы ж-а анын бюросунун мүчөсү, Фрунзе обкомунун 1-катчысы. 1961-жылдан Кыргыз ССР мамл. пландоо комитетинин төрагасына орун басар. СССР Жогорку Советинин (1947–55; 1958–63) депутаты. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, I-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган.

**«ДЫЙКАНДАР АРМИЯСЫ»** – 1918-ж. жайында Жалалабат аймагындагы Көгарт өрөөнүндө басмачылардан коргонуу максатында түзүлгөн майда кошуундар бирикмеси. «Д.а.» Фергана облустук штабына баш ийген. Бирок аскер комиссары Осиповдун көрсөтмөсү б-ча «Д.а-нын» катарына ак гвардиячы офицерлер кирип алып, Совет бийлигине каршы козголоңдорду уюштурушкан. 1919-ж. июлда «Д.а-нын» жетекчилери кулак Монстров, штабдын начальниги генерал Муханов, корбашы Мадаминбек макулдашып, сентябрда Ош м-н Жалалабатта Совет бийлигин кулатышкан. Анжиянды курчап, ала албай коюшкан. Бирок Кызыл Армиянын бөлүктөрү козголоңчуларды талкалаган.

# Е

**ЕДРЕНКИН** Иван Иванович (1890–1948) – Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкө катышкандардан. 1905-ж. Москвада революциялык иштерге катышкан. 1906-ж. Петербургда саясий адабияттарды тараткандыгы үчүн камалган. 1909-жылдан Шураб (Тажикстан), Ташкөмүр, Кызылкыя шахтыларында иштеген. 1917-жылдан Кызылкыя жумушчу депутаттар советинин төрагасы, 1920-жылдан чарба кызматтарында иштеген.

**ЕЛҮЙ ДАШИ** – Орто ж-а Борбордук Азияда 1170–1213-ж. өкүм сүргөн феодалдык мамлекеттин негиз салуучусу ж-а башкаруу-чусу. Түндүк Кытайдагы Ляо мамл. чжур-чжендер тарабынан талкалангандан кийин Е. Д. өз талапкерлери м-н 1121-ж. Орхон дарыясынын боюна качып келип, ал жерде Бей Ляо мамл. (Түндүк Ляо) негиздеп, өзүн хан жарыялаган. Кийин Е.Д. чжурчжендердин кысымына чыдабай Эмил өрөөнүнө сүрүлүп, бул аймакка 1040-ж. көчүп келген кидандар м-н биригип, Чыгыш Караханилер мамл-не кол салган. Азыркы Кыргызстандын түндүк бөлүгү Е. Д-ге баш ийип, ордо шаары Баласагун болгон. 1221-ж. наймандардын башчысы Күчлүк Е. Д-нин бийлигин тартып алган. Бул жылдардагы тарыхый окуялар «Манас» эпосунда чагылдырылган Е. Д. Жолойдун прототиби деген божомол бар.

**ЕРЕНАК БЕК**, Я р н а к, Я р а н а к, Еренек – 1660–87-ж. Сибирь кыргыздарынын башкаруучусу; Алтысар беги Ишей-Мергендин уулу, Номчи-бектин небереси. Улуу агасы Айкан Юрукту аманат туткун катары Москвада билим алып, Иван деген ат м-н чокундурулган. Ал Красноярскиге келип бир тууганы Е. б-ке каршы бир нече аскердик жүрүш жасаган. Е. б-тин Чакун, Харгин, Шам аттуу уулдары болгон. Е. б. өтө каардуу, өжөр инсан болгон. Өзгөчө чыккынчыларды катуу кыйноого алып, дарактарга кере байлап, казандагы кайнак сууга салып, көздөрүн оюп салууга ж.б. жазаларга буйрук берген. Е.б. бытыранды болгон кыргыз улустарын ж-а кыштым аймактарын «Кыргыз өлкөсү», «Кыргыз жери» этносаясий бирикмесине айланткан. Ал 20 жылдан ашуун Красноярск, Кузнецк, Томск, Енисей ж. б. орус кыштактарына коркунуч туудурган. Е. б. кыргыздардын экономикалык кубаттуулугун камсыз кылып турган кыштымдардын жерлерин өзгөчө коргогон. Ал тышкы саясатында Россияга каршы болуп, Жуңгариянын колдоосуна ыктаган. Өзгөчө, ургаалдуу түрдө отурукташып жаткан орус кыштактарына өтө ылдам, жеңил куралданган кыргыз атчандары тарабынан тез-тез сокку уруп турган. Сеңге-Тайша м-н Е. б-тин 1667-ж. Красноярска жасаган чабуулу учурунда казак-орустардын 375 кишиден турган аскер бөлүгү оор жоготууга учураган (39 адам өлгөн, 203 адам жарадар болуп, 49у туткунга алынган). Е. б. орус чындоолорунун курулушу м-н өтө зор коркунуч туударарын түшүнүп, орус бийликтерине: «Эгерде Абаканга чыңдоо курсаңар, анда биз өз жерибизди акыркы балабызга чейин кор-гоого даярбыз» – деген билдирүү жасаган. 1675-ж. Красноярдык казак-орустар Кыргыз жеринин так ортосунда, Абакан дарыясынын куймасындагы Тагар аралына чыңдоо салышат. Е. б. Бул курулушту курчоого алып, өрттөп жиберет. Кийин Ачин ж-а Кан чыңдоолорун талкалап, Россиянын тууларын, замбиректерин колго түшүрүп алган. 17-к-дын 2-жарымында Цинь империясы моңгол хандыктарын баш ийдирип, аларды жунгарларга (калмактарга) каршы тукурган. 1687-ж. моңголдор м-н согушта Галдан Бошокту-хан Кыргыз өлкөсүнөн толуктоолор алуу үчүн аскер чакырат. Е. б. 600дөн ашуун адамдан турган кошууну м-н Алтайдагы Чулушман дарыясынын жогорку агымына жакындап келгенде, моңголдор буктурма коюп тосуп алышып, беттешүү учурунда Е. б. ж-а анын 300дөн ашуун жоокери, Алтыр улусунан 150 адам курман болот.

**ЕФРЕМОВ** Филипп – орус армиясынын унтер-офицери. Пугачевдун көтөрүлүшүн басууга жөнөтүлгөн кошуундун башчысы. 1774-ж. Е-дун кошууну пугачевчулар тарабынан талкаланып, башчысы Бухаранын башкаруучусу аталык Данияр бекке сатылган. Ал бат эле казакча, өзбекче сүйлөгөндү үйрөнүп алган. Аны мажбурлап исламды кабыл алдыруу үчүн кыйноого алышкан, бирок кийин жаңы кожоюнга берилип кызмат өтөөгө убадасын алуу м-н чектелишкен. Бухаралык аскерлердин курамында Самаркан, Мерв, Чаржоу, Хиванын алдында салгылашкан. Данияр бек өз туткунунун аскердик билимин ж-а шыгын баалап, гвардиясына жүзбашы койгон. Анын ар бир бешинчи аскери орус болгон. Бирок Е. өз жерине кайтуу оюн эч качан жадынан чыгарган эмес. Хивалыктар м-н согушта айрымалангандыгы үчүн жеңишти кабарлоого Бухарага жөнөтүлгөн. Катчыга пара берип, Е. Коконго чейин өтүүгө мүмкүндүк берүүчү элчиликтин грамотасына ээ болгон. Ал жерде өзүн соодагер деп көрсөтүп, туулган жерине карай узак сапарын баштайт. Түз эле Россияга качуу коркунучтуу болгондуктан, ал Алай тоолорун ашып, түштүк кыргыздардын аймагы аркылуу Кашкарга жеткен. Ал жерден Россияга кетүү аракети оңунан чыккан эмес. Мекеге ажылакка баратам деп, Е. Тибет ж-а Гималайды басып өтүп, Индияга жеткен. Ошентип, ал казак талааларын, Каракум, Кызылкум чөлдөрүн, Иранды, Бухараны, Кыргызстанды, Кашкарды, Тибетти басып өткөн бирин-экин европалыктардын бирөө болуп калган. 1774–82-ж. аралыгындагы жер кезүүсүндө Е. жергиликтүү тилдерди үйрөнүп, адат-салттарды өздөштүргөн. Индиядан Англияга (1782-ж.) кеме м-н келген, орус элчисинин жардамы аркылуу 1782-ж. 26-августта Санкт-Петербургга жеткен. Россияга келгенден кийин аны «бухар, перс ж.б. азия тилдери б-ча тышкы иштер мамл. коллегиясына» жумушка алышкан. Е-дун жазган отчету 1786-ж. китеп болуп чыккан. Китепке орустун билимдүү адамдары дароо кызыга башташкан. Ал Е. тирүү кезинде эле 3 жолу кайрадан басылган. Ушул китеп аркылуу Россияда мурда белгисиз эл – кыргыздар ж-дө билишкен. Кыргыздар м-н казактардын айырмачылыгын белгилеп, саякатчы элдин аталышынын так фонетикалык айтылышын («кыргыз»), Россиядагы киргизкайсактар – казактар деп айткан. Ошто Е. ыйык Сулайман тоого чыккан, Алайда

жергиликтүү элдин турмуш-тиричилиги м-н таанышкан. Ал «кыргыздар Бухариянын өзүндө эмес, ага жанаша жайгашкан Ош шаарынын ж-а Кашкардын ортосунда жашашат» деп жазган. Кыргыздар көзкаранды эмес эл экендигин, Кокон м-н чектештигин гана белгилеген. Аларда ири феодал төбөлдөрү бар экендигин, сатуу үчүн кой, мал, төөлөрдү айдап Коконго бат-бат каттап турушарын айткан. Е. китебинин башында «Мен көргөн кордук, кыйынчылыктарым аркылуу өзүмдү даңазалагым келбейт. Көргөн, билгендеримди жазууга европалыктар билбеген жерлер, элдер бар экендиги түрткү болду. Байыркы, жаңы тарыхты окуп жатып Кытай, Индия, Персия, Бухара, Хиванын аралыгында жашаган элдер ж-дө эч нерсе билбейбиз» – деп жазган.

# Ж

**ЖАА** – кол күчү м-н атылуучу байыркы курал. Ал үч бөлүктөн турат: Ж. жыгач же мүйүз, тептирге ж-а *жебе*. Жумуру же бир жагы жалпайтылган Ж. жыгачы арча, четин, сөксөөл, жаңгак сыяктуу серпилгич, катуу жыгачтан жасалат. Эгерде Ж. жыгачы тоо теке мүйүзүнөн жасалса, ал мүйүз Ж. деп аталат. Ж. жыгачтын же мүйүздүн орто жери жоонураак, эки четин көздөй ичкертилип, учтары тептирге байланганга ылайыкталып туурасынан кертмектелип жасалат. Ж. жыгачтын же мүйүздүн ортосунун сол жагына (бир тутам жерине) чийден жоонураак жипти, ширини оройт же сөөктөн, мүйүздөн эп кыят, ал Ж. тутка деп аталат. Ж. тутка Ж-чынын колуна эптүү, чак ж-а токтомдуу кылып жасалат. Ж. жыгачтын эки учун ийе тартып, катуу байланган жип же тарамыш тептирге деп аталат. Ал төө жүнүнө кыл же тарамыш кошуп ийрилген бышык жоон жипти бир нече каттап чыйратылып жасалат. Ж-нын огу – жебе. Ж-ны дүйнөнүн бардык элдери мезолит дооруна (б. з. ч. 12–2-к.) чейин колдонушкан. Ж. жөнөкөй, татаал болуп экиге бөлүнгөн. Жөнөкөй Ж. эч бир асеми жок Ж. жыгачтан, тептиргеден гана турса, татаал Ж-нын жыгачынын сырт жагынан майда таралган тарамыш жыш желимделип, ички бети жука мүйүз м-н капталып, эки учуна ж-а орто жериндеги туткасына сөөктөн эп кыйылат. Мүйүз Ж-лар алтын, күмүш, жез чөгөрүлүп, оймо-чиймелер м-н асемделет. Жоокерчиликте, мергенчиликте Ж. сол ийинге, саадагы оң далыга асылат. Ж. м-н аң улоону кесип кылган адам Ж-чы мерген деп аталган.

**ЖААҢГЕР КОЖО**, Ж а х а н г и р (1783–1826-жылдан кийин) – цин-манжур үстөмдүгүнө каршы Чыгыш Түркстан элдеринин көтөрүлүшүнүн башчысы. Ж. к. Чыгыш Түркстандын бийлик эгелеринин бири, «Ышкийа» соопчулук агымынын өкүлү Аппак кожонун урпагы, Бурханиддиндин небереси. Ж. к. жаштайынан тың чыгып, жакшы тарбия алган. Акылынын курчтугу, жөн билгилиги, көптү билгендиги м-н элге таанылган. Ж. к. баштаган боштондук кыймылдын алгачкы этабы *«Суранчы бийдин (буруттун) козголоңу»* деп аталып калган. Суранчы бийдин козголоңунан кийин Ж. к. алайлык кыргыздардын колдоосу м-н чечүүчү күрөшкө кам көрөт. 1821-ж. Ж. к. Кашкарга 2-ирет жортуул уюштуруп, жеңишке жетише албаган соң Алайга чегинет, кыргыз айылдарында 2–3 жыл туруп калат. Алайлык кыргыздар ага кошуун топтоп беришкен. 1824-жылдын кышында көпчүлүгү кыргыздардан куралган Ж. к-нун колу Алайдан Кашкарды көздөй жөнөп, Улугдагы кытай кароолуна чабуул койгон. Айыгышкан кармашта эки тарап тең көп жоготууларга учураган. Салгылашуу учурунда айтылуу Турдумамбеттин эң жакын жардамчысы жамантейит уруусунун бийи Шергазы (Сергаджы) баатырларча курман болот. Сан жагынан кыйла артыкчылык кылган кытай аскери акыры Ж. к-нун колун Кашкар аймагынан сүрүп чыгып, чегарага жакын конуштардагы кыргыз айылдарын талап-тоногон. Кашкардын кытайлык башкаруучусу Юн Цин кийинки жылдары Ж. к-ну ж-а анын жан-жөкөрлө-рүн кармап берүүсүн өтүнүп, кыргыз бийлерине тыңчыларды тез-тез жөнөтүп турган. Кыргыздарды бөлүп-жарып, Ж. к-ну негизги таянычынан ажыратуу үчүн богдыхан 1825-ж. кыймылга катышууга үлгүрө элек бир нече бийге наам, кымбат баалуу сыйлыктарды ыйгаруу ж-дө атайын буйругун жа-рыялаган. 1825-жылдан Теңиртоонун борб. бөлүгүндөгү акталаалык саяктардын билермандары Атантай, Тайлактардын айылы Ж. к-нун оорук-турагына, цин-манжур баскынчыларына каршы кыймылдын чордонуна айланган. Кожого черик, басыз, каба уруу-уруктары да кол кабыш кылышкан. Ошол жылы күзүндө Ж. к. турган Тайлактын айылына кожону туткунга түшүрүү үчүн Юн Цин нөкөрү Баянбату баш болгон 500 жоокерди Акталаага шашылыш жөнөткөн. Кошуун Торугарт, Чатыркөл аркылуу түнкүсүн гана жол жүрүп отуруп, Курткадан төмө-нүрөөк Нарын дарыясын жээктей конгон Тайлак м-н Атантайдын айлына капыстан кол салышкан. Ж.к., Тайлак, Атантайлар бөлөк айылга кетишкендиктен, издегенин таппай, кыжыры кайнаган Баянбатунун колу коргоосуз калган айылды тыптыйпыл кыйратып, 100дөн ашык аялдар м-н балдарды кырып салышкан. Кабар жетер замат кошуунун баштап, Тайлак баатыр жоонун артынан жете келет да, аларды тар капчыгайга камап, чабуул коёт. Ошол айкашта басыз уруусунун бийи Чыбылды душмандын далай аскерин мертинтип, жигиттерине үлгү болгон. Айкашта кытай аскери түгөл кырылып, жалгыз жоокери араң качып кутулган. Колбашы Баянбату да жортуулдан кайтпай калган. Ушул жеңиштен кийин Ж. к. Кашкар тарапка жаңы жортуул уюштурууга чечкиндүү камына баштаган. Ал Коконго, Оротөбөнүн акимине, Кундуздун эмирине, тажиктерге, өзбектерге, казак, кыргыз урууларына жардам сурап, чабармандарды жөнөткөн. 1825–26-ж. күз, кыш айлары Ж.к. Акталаа, Тогузтородо чечүүчү кармашка даярдык көргөн. 1826-ж. май айында Ж. к-нун колу Акбейиттин белин ашып, Арпа, Аксай аркылуу чегарадагы Ислык, Тешикташ кароолдорун жарып өтүп, Кашкар багытына сапарын улайт. Ж. к. Чыгыш Түркстанга келер замат жергиликтүү элдер цин-манжур бийлигине каршы жаңы көтөрүлүш башташкан. Ж. к-нун колу м-н кытай аскеринин ортосундагы алгачкы ири салгылаш Кашкар чөлкөмүндөгү Аппак кожо мазарына жакын жерде болгон. Ошол учурда ал Үчтурпанга жөнөткөн кыргыз кошууну калаага барчу жолду ээлеп алган. Тайлак, Атантайдын жигиттери Барчындагы кытай кароолун кыйраткан. Ж. к-нун башкы күчтөрү жайгашкан Башкирим кыштагына Кашкар дубанындагы кыштактардын калкы агылып келген. Кийинчерээк Түмөн суусунун оң жээгиндеги Давлетвах түзөңүндө илелик Цзян Цзюндун аскерин талкалап, жоонун курал-жарагын олжо кылган. Кашкарды камалоодо тажиктер бөтөнчө эрдик көрсөтүшкөн**.** Узакка созулган салгылашуулардан соң Кашкардагы кытай аскери сепилге бекинип, калаанын калкы Ж.к-нун кошуунун тосуп чыккан. Шаан-шөкөт м-н калаага кирген кожо «сеид Жааңгер

султан» мартабасын кабыл алган. Көп узабай Жаркен, Хотан, Янысардын калкы козголуп, шаарлардагы цин аскерлерин, сепилдерди талкалап, Кашкарга жөнөшкөн. Ж. к-нун көтөрүлүшү дээрлик 1828-жылга чейин созулуп, Чыгыш Түркстандагы көпчүлүк шаарларды, кеңири аймакты камтыган. Ч. Валихановдун жазганына караганда, көтөрүлүшкө 200 миңге жакын адам катышып, айрыкча кыргыздар зор роль ойногон. Бирок курал-жарак, ок-дары м-н жакшы жабдылбаган, аскердик даярдыгы начар, машыгып такшалбаган карапайым эл өлкөнүн ичкери жагынан келген ири аскер күчтөрүнө туруштук бере алган эмес. 1827-ж. эрте жазда Жун-тан колбашчылык кылган 70 миң аскер Кашкар, Жаркент, Хотанга чабуул койгон. Мыкты куралданган душман көтөрүлүшкө чыккан калк өжөрлүк м-н жан аябай коргогон калааларга мылтык, замбиректерден окту мөндүрдөй жаадырышкан. Ж. к. Кашкарды ээлегенден кийин түзүлгөн оңтойлуу кырдаалды кылдат пайдалана алган эмес. Натыйжада, Чыгыш Түркстандын зор бөлүгү кытай төрөлөрүнүн карамагында кала берип, душман тез арада Кулжада көп аскер топтоого үлгүргөн. Кожонун жакын жардамчыларынын арасындагы ич ара талаш-тартыш да кыймылга терс таасир эткен. Кашкардын жанындагы кармашта калаанын коргоочулары жеңилип калып, Ж. к. калааны калтырып кетүүгө мажбур болгон. Кытай бийлиги дайындаган Кашкардын жаңы хакимбеги амалкөй Исак-ван чет жерлик төрөлөргө берилгендигин далилдеш үчүн айла-амал м-н элдик кыймылдын жолбашчысын кытайларга кармап берген. Ж. к-ну Пекинге алып барып, бир нече жылдан кийин өтө коркунучтуу козголоңчу катары кескилеп өлтүрүшкөн. Жеңилип калганына карабастан, бул кыймылдын Түркстан элдеринин боштондук күрөшүнүн тарыхында мааниси зор. Кыймылдын жүрүшүндө жергиликтүү калк кыйла такшалган. Цин-манжур баскынчылары олуттуу жоготууларга дуушар болуп, алардын Синцзяндагы бийлиги бошоңдогон. Боштондук кыймылын биротоло басып коюуга алардын чамасы жеткен жок. Цин үстөмдүгүнө каршы Чыгыш Түркстан элдеринин өз алдынчалык үчүн күрөшү кийинки жылдарда да уланып, аларга кыргыздар активдүү катышкан.

**ЖАГДАН** (фар. ягдан – кийим салуучу үкөк) – кийим, буюм, кездеме, кооздуктар салынчу үкөк. Ж. ар кандай чоңдукта, бекем жыгачтан комдолгон сынчтын сыртынан төөнүн, жылкынын, уйдун чылгый терисин же кайыш, булгаары согулган таар, жаргак капталып жасалган. Анын негизи капкагы өз алдынча жасалып, ачылчу жагынын капкагына кулпулук бекитилген. Ж-дын бурчтары, четтери түстүү жез, алтын, күмүш, асыл таштар м-н асемделген. Кептелип жасалган Ж-дар оймо-чиймеленип, коздолуп ышталган.

**ЖАЗДОО,** к ө к т ө ө — жазгы мал жайыты. Кыштан чыккан малды эрте жазда, көктөмдө кыштоого жакын жайгашкан жаңы чыгып келе жаткан көккө коё берген. Күн өткөн сайын Ж-нун чөбү саргайып, отун жогото баштаганда, мал бийик тоолорго өрлөй баштаган. Элдин жайлоого көчүү камылгасы Ж-до башталган. к. *Жайлоо.*

**ЖАЗЫКЕЧҮҮ КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 2-миң ж-дыктын аягы – 1-миң ж-дыктын башына (коло доору) таандык чарчы, тегерек түрүндө тизмектелип, тегерете таш м-н курчалган мүрзөлөр. Кетментөбө өрөөнүндөгү Көкбел ашуусунун этегинде, Бишкек–Ош жолунун эки тарабында. Археолог Н. Г. Галочкина 125 мүрзөнү изилдеген. Ар бир мүрзөнүн көлөмү 3–5 *м*ге жетип, маркумдардын сөөгү бүрүштүрүлгөн абалда же сөөгү өрттөлүп, анын күлү карапа идишке салынып көмүлгөн. Маркум м-н кошо карапа идиштер, аземдик буюмдар, коло сөйкөлөр ж. б. буюмдар коюлган. Карапалардын беттери ар кандай геометриялык фигуралар, оймо-чиймелер м-н кооздолгон.

**ЖАЙЛОО** — жайкы конуш, мал жайыты. Жаздоонун оту кайтып, күн ысый баштаганда мал бийик тоолуу жайыттарга которула баштаган. Уруу башчылары, аксакалдар кеңешип, Ж-го көчүүчү күндү белгилешкен. Ж. ички ж-а сырткы болуп экиге бөлүнгөн. Ички Ж. кыштоодон алыс эмес жайгашып, мал кармоого ылайыктуу оттуу, суулуу жер болгон. Сырткы Ж. 200—300 *км* аралыкта бийик тоолуу өрөөндөрдө жайгашкан. Ж. кыргыздардын турмушунда зор роль ойногон. Көпчүлүк салтанаттуу окуялар Ж-до өткөн. Ж-дон мал эттенип, азык-түлүк мол болгон. Кыш камылгасы да Ж-до көрүлүп, боз үйдүн жабдуулары, идиш-аяк, кийим-кече ж. б. оңдолуп жаңыланган. Ж-до элдин турмуш-тиричилигинин негизин түзгөн карым-катнаш мамилелери, той-тамашалар, оюн-зооктор ж. б. күчөгөн.

**ЖАЙЛООБАЕВ** Назармат (1891, Жалал-абат облусу, Алабука р-ну, Баймак айылы – 1983, ошол эле жер) – алгачкы агартуучулардан, Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1946). Кокон ш-нан арабча билим алган. 1911-ж. Мончокдөбө айылындагы мечитте имам болуп, балдарды арабча окуткан. 1932-ж. Бишкектеги пед. техникумду бүтүргөн. 1924–34-ж. Алабука р-нундагы Өрүктү, Кызылата айылдарында мектеп ачкан. 1934-ж. Кызылжар р-ндук элге билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1934–60-ж. Алабука р-нундагы мектептерде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору болуп иштеген. Ал тарыхый материалдарды, эски китептерди жыйнап («Раузатул сафа», «Тарих и Надира», «Мажму ат-таварих» ж. б.). Кыргыз УИАна өткөргөн. Эл агартуу отличниги (1936). Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери м-н сыйланган. Айылындагы мектепке ысмы ыйгарылган.

**ЖАЙЛОО СОВЕТТЕРИ** – 1927–33-ж. Кыргызстандын тоолуу аймактарындагы совет бийлигинин кыска мөөнөттүү органдары. Тоолуу р-ндордо отурукташкан калк өтө аз санда жашаган. Кыргызстандын эң ири жайлоолорунун бири Суусамыр өрөөнүнө Кыргызстандын бир катар кантондорунун малчылары гана эмес, Казакстандын айрым р-ндорунун малчылары да келишип, жыл сайын 6000 түтүнгө чейин малчылар жайды өткөрүшкөн. Алар узак убакыт өздөрүнүн туруктуу жашаган админ.-аймактык борборлорунан алыс калышчу.

Аймактык бөлүнүш жагынан жайлоолор баш ийген башкаруу борборлорунан жайлоолордун алыстыгынан ж-а аларда жашаган калктын аздыгынан жай мезгилинде малчылардын бардыгына жетекчилик кылууга, аларга билим берүү, мед. жардам көрсөтүү, укук коргоо, маданий-агартуу ж. б. иштерди жүргү-зүү кыйын болгон. Натыйжада сов. ж-а партиялык органдар көчмөндөрдү өтө начар тейлешкен. Жайлоолордо, бай-манаптар кедейлерди каалагандай эзишкен, орто дыйкандарга да өз таасирлерин тийгизиш-кен. Иш жүзүндө жайлоо жайыттарын уруулук принцип б-ча бөлүштүрүп, бардык талаш-тартыш маселелерди чечип турушкан. 1927-ж. 20-февралда Кыргыз АССР БАКы «Жайлоо совети жөнүндөгү убактылуу жобону» кабыл алган. Ошол эле жылы жазында Суусамырда убактылуу Жайлоо советин уюштуруу ж-дө токтом кабыл алып, Ж. с. жайлоодо бийликти орнотуу ж-а револю-циячыл мыйзамдуулукту киргизүү максатында, о. эле көчмөн малчыларды чарбачылык ж-а маданий жактан тейлөө максатында уюштурулган. Ж. с. кантондук атком кандай укуктан пайдаланса, дал ошондой укуктан пайдаланган. Ж. с. Суусамырда, Алайда, Көкойрок, Арпа ж-а Ысыккөлдүн сырттарында түзүлгөн. Массалык коллективдештирүүнүн башталгандыгына ж-а сов. жергиликтүү органдарынын чыңдалышына байланыштуу 1933-ж. Ж. с. р-ндук-айыл советтеринин курамына киргизилген.

**ЖАЙЫЛ БААТЫР,** Ж а й ы л К о ң у р б а й у у л у (болжолу 1703–1705-ж. чен, Алабука р-ну, Сафедбулон кыштагы – 1770, Чүй өрөөнүнүн батыш бөлүгү) – кыргыздын солто уруусунан чыккан баатыр. Талкан бийдин небереси. Жаш чагында эле атасынан ажырап, Кошой бийдин колунда чоңоёт. Баккан атасы Кошой бий диний билим алуу-суна шарт түзүп, таалим-тарбия берет. Жаш чагы калмак жапырыгына туш келип, өмү-рүнүн бир топ жылдары бөтөн жерде өткөн. Ж. б. жаш чагында Фергана тарапта жүр-гөндө отурукташкан элдин турмушу м-н жакындан таанышып, эгин эгип, дан баккандын сырын үй-рөнгөн. Аларды Ата Журтка кайтканда карапайым калкка үйрөтүп, жалаң гана малга карабай жер тилип, кол өнөрчүлүк кылып турмушун оңдоого, соода-сатыкка аралашып, тезирээк ирденүүгө, эмгекчил болууга үндөгөн. Идиреги бар уландарды Бухара, Ташкенге чейин жиберип, алардын чоң медреселерде окуп, илим-билимдүү болушу үчүн кам көргөн. Мектеп ачып, Анжиян, Наманган, Кокондук молдолорго балдарды окуттурган.

**ЖАКШЫЛЫК** – кыргыздардын салттуу турмушундагы кубанычтуу окуя. Ага бала төрөлүү, жентек, бешик той, үйлөнүү тою, конок күтүү, үй тою ж.б. кирген. Ж-ка чакырылгандар белеги, малы м-н келишкен. Бир үйдүн жакшылыгы бүтүн уруктун жакшылыгы болуп, конок чакырып, конок узатышкан.

**ЖАКЫПБЕК** – орус падышалыгына барган элчилердин бири. Бугу уруусунан. 1813-ж. 21-ноябрда 4 киши болуп (анын бири–Качыбек Шераалы уулу), Ысык-өлдөн чыгып, 1814-ж. 5-январда Семипалатинск чебине жетишкен. Андан ары Тобольск ш-на барып, Сибирдин генерал-губернаторуна жолугушуп, кыргыздардын орустар м-н соода байланышын түзүүнү ж-а кыргыздардын жери аркылуу Кытай, Тибет, Кашкар, Жаркент тарапка өтүүчү орус соодагерлерине жардам көрсөтүүнү каалаларын оозеки билдиришкен. О. эле Санкт-Петербургга падыша м-н жолугушууга жөнөтүүсүн өтүнүшкөн. Бирок Санкт-Петербургдун алыстыгына байланыштуу кыргыз элчилеринин өтүнүчү ка-наттандырылган эмес. Ал эми Ж-ке капитан наамы ыйгарылып, аты жазылган кылыч тапшырылган; акак таштуу шакек м-н сыйланган. Элчилер 1815-ж. кайтып келишкен.

**ЖАЛПАКДӨБӨ КӨРҮСТӨНҮ** – 3–4-к-га таандык археол. эстелик. Алай өрөөнүнүн Сарыташ кыштагынын түштүгүндөгү Демей колотунда жайгашкан. Ички түзүлүшү б-ча жөнөкөй тик бурчтуу ж-а жарма көр түрүндө болгон. Дөбөлөрү топурактан ж-а таш аралашмасынан турган. Ж. к-нөн оймо-чиймелүү, капталында эки арстандын башы түшүрүлгөн кооз айнек ваза, алтын беткеп, майда алтын буюмдар ж-а тыйындар табылган. Археолог А. Абетеков тарабынан изилденген.

**ЖАЛПАКТАШ КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 6–4-к-дагы көчмөн сак урууларынан калган дөбө мүрзөлөр. Кетментөбө өрөө-нүндөгү Узунакмат дарыясынын оң өйү-зүндө, отуздай мүрзөдөн турат. Көрүс-төндүн диаметри 8–21 *м*, бийиктиги 0,4–2,5 *м*. Эстеликтин 8 дөбө мүрзөсү изилденген. Сөөктөр төрт чарчы формадагы чуңкурга коюлган; карапа идиштер, кийимге кадалган жука алтындан жасалган кооздук буюмдар табылган. Айрыкча жука алтынга басып түшүрүлгөн адамдын башы ж-а жырткыч куштун сүрөтү түшүрүлүп, кийимге кадалуучу алтын каңылтыр кызыгууну туудурат.

**ЖАМАЛ КАРШИ,** А б у - л - Ф а д л и б н М у х а м м а д Ж а м а л а д - Д и н К а р ш и (1230–31 – өлгөн жылы белгисиз) – Жетисуу тарыхчысы ж-а акын. Эл-Аларгу вилайетинин борбору Алмалык ш-нда туулган. Вилайетти бийлеген Сугнак тегиндин баласына тарбиячы болуп ак сарайда иштегендиги үчүн «Карши» («Ак сарайлык») аталып кеткен. 1264-ж. Кашкарга келген, 1282-ж. орто азиялык тилчи-илимпоз Абу Наср Исмаил ал-Жаухаринин (1002–1007-жылдардын аралыгында өлгөн) арабча жазылган «Ас-Сурах» сөздүгүн фарсы тилине которуп, араб тилинде ага кошумча «Мулхакат ас-сурах» («Дааналык эмгегине кошумчалар») деген эмгегин жазган (1302–1306).

**ЖАМАНАК БААТЫР**, Ж а м а н а к Рай у у л у (болжолу 18-к-да жашаган; 1775-жылдан мурдараак каза болгон). – кыргыз жергесин чет элдик баскынчылардан коргоого жигердүү катышкан кыргыз баатырлардын бири. Саяк уруусунун ыман уругунун өкүлү. *Жайыл баатыр, Бердике баатыр*, *Атаке баатыр, Нышаа баатыр, Садыр* Арзымат уулу сыяктуу инсандар м-н муундаш, үзөнгүлөш болуп, жоону бирге жоолашкан. Тарыхый булактарда 1760-жылдын аягында Ж.б. баштаган чалгындоо кошууну Иле дарыясы тарапка жортуул жасап кайткан. Ж. б-дын атасы Ырай Үркүнчү уулу өз мезгилиндеги бирден бир билимдүү ж-а элге белгилүү

адам болгон. Ч. *Валихановдун* маалыматы б-ча 19-к-дын ортосунда Ж.б-дын уулу Байтору ыман уругунун манабы болгон.

**ЖАМАНДЫК** – салттуу турмушта зээнди кейитчү, кайгы, капа алып келүүчү турмуштук кырдаал. Ага өлүм, кырсык, жут ж.б. кирген. Ж. башка келсе тууган-урук тикесинен туруп, чогуу көтөрүшкөн, кайгыны тең бөлүшкөн. Үй-жайы өрттөнүп, малы жуттан кырылып калган учурда жакын тугандары ж-а урукташтары оокат-жайын курап, ортого мал чыгарышкан. Ж-ка учураган үй-бүлөнүн көңүлүн көтөрүшкөн, кайрат айтышкан. Башка Ж. келбесин деп түлөө, *баабедин* өткөрүшкөн, жети нан жасап кошуналарына тараткан. Ж. үстөккө-босток келсе, аларды келтирбөөчү көптөгөн ырымдарды аткарышкан. Ж-та адамдардын асыл сапаттары: адамгерчилиги, боорукерчилиги ж. б. даана байкалган.

**ЖАМАНКУЛ** Бөрүбай уулу (1886, Кант р-ну, Чоңдалы айылы – 1917, ошол эле жер) – төкмө акын. Солто уруусунан. Бала кезинен ырга кызыгып, кийин Осмонкул м-н катарлаш, айылдаш ырчы болуп ырдап чыккан. Кыргыз-казакка ырчы катары 1912-ж. Шабдандын ашында жар чакырганда алгач таанылган. Ондогон мыкты акындар чогулган бул ашта атаандаштарын жеңип жарчы болушу – акындык чеберчилигинин өзгөчө-лүгүнөн ж-а атчан ырдаганда үнүнүн күчтүүлүгүнөн ж-а тембринин кооздугунан улам болгон. Анын адабий мурасы бизге өтө аз санда жеткен, эл оозунда калган анча-мынча ырларынан эле, ал доордун көй-гөйлөрүн, эл мүдөөсүн көрө билген чоң ырчы экени байкалат. Буга анын 1916-жылкы көтөрүлүш учурундагы ыры айкын мисал. Ал өз мезгилинде көп акындар м-н айтышкан. Алардын ичинен Найманбай ырчы м-н айтышканы гана чакан көлөмдө сакталган. Ж. мындан тышкары «Манас», «Семетей» эпосторунун да мыкты аткаруучусу болгон экен. Совет мезгилинде Ж-дун чыгармачылыгы изилденген эмес. Себеби, Шабданды мактап ырдаган ырлары аны «эскичил, байларды мактаган акын» деп баалоого негиз болгон. Ж-дун качан каза болгондугу ж-дө да адабияттарда так маалымат жок. «Бизден мурда өткөндөр» деген ырында Осмонкул төкмө: «Жыйырма сегиз жашында, жерге сөөгү камалып», – деп эскертет. Кээ бир изилдөөчүлөр ал 1917-ж. каза тапкан деп белгилешет. Анын чыг. 1946-ж. Бишкекте басылып чыккан «Кыргыздын эл акындары» аттуу китепке киргизилген. Ж. – кыргыз оозеки поэзиясында салттык мактоо, кордоо ж-а айтыш ырларын жараткан акын.

**ЖАМБЫ** (моңг. ёмба) – ар кандай чоңдукта, ар башка салмакта, түрдүүчө өлчөмдө уютулган күмүш. Ал соодада нарк өлчөмү, алыш-бериш мамилелерде белек катары колдонулган. Ж-нын бөйрөк Ж. (адамдын бөйрөгүнө окшош), туяк Ж. (майда жандыктардын туягына окшош), тай туяк Ж., чоң кулак Ж., шаңшур Ж., уй көз Ж., кой көз Ж. ж. б. түрлөрү болгон. Байлар, бийлер, болуштар, соодагерлер байлыктарды Ж. түрүндө жыйнашкан. Окумуштуулардын божомолдору б-ча Ж-ны көчмөн элдер м-н соода жүргүзүш үчүн Кытай мамл. чыгарышкан.

**ЖАМБЫ (КЫЙЫК) АТУУ** – мергендикти даңазалоочу элдик оюн. Тикесинен 2 узун шыргый орнотуп, ага туурасынан кулачтай жыгачты бекитишкен. Жыгачтын ар кайсы жеринен бир канча көзөнөк жасашып, ар кандай көлөмдөгү жамбыларды салаңдатып илишет. Адатта, атууга кыйын болсун үчүн чоң жамбыны эң ичке жипке, кичине жамбыны жоонураак жипке байлашат. Тамаша үчүн кийизге ороп таш, жылкынын катып калган тезегин да катар илишкен. Жамбыны атып түшүргөн киши мөрөйүнө ошол Ж-ны алган. Чоң аш-тойлордо өткөрүлгөн. Ж. а. мергендикке, шамдагайлыкка тарбиялап, жигиттерди жоопкерчиликке даярдаган. (к. *Жамбы*)

**ЖАМГЫРЧИНОВ** Бегимаалы (1914, Бишкек уезди, азыркы Сокулук р-ну, Күнтуу айы-лы –1982, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1950), проф. (1951), Кыргызстан ИАнын академиги (1954). 1936-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөндөн кийин ошол эле ин-тта окутуучу. 1943–50-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалында улук ил. кызматкер. 1950–51-ж. ошол эле филиалдын Тарых, тил ж-а адабият ин-тунда директор. 1951–54-ж. КМУнун ректору, 1954–55-ж. Кыргызстан ИАнын коомдук илимдер бөлүмүнүн академик-катчысы, 1965–76-ж. вице-президент, 1976–82-ж. Тарых ин-тунда сектор ж-а бөлүм башчы. Ж-дун ил. изилдөөлөрүн 2 этапка бөлсө болот: 1-этабы 1966–82-ж. изилдөөлөрүнө 18–19-к. ж-а 20-к-дын башталышындагы кыргыз элинин тарыхын изилдөө мүнөздүү. Эмгектеринин арасында кыргыздардын этногенезине ж-а этностук тарыхына, маданиятына («Кыргыздар Ормон хандын доорунда», 1944; «Кыргыздардын 18-к-дын аягындагы согуш мамилелеринин тарыхынан», 1945; «Кыргыздын санжырасынан», 1946 ж. б.) арналгандары да бар. Негизги ил. эмгектеринин бири Россия м-н Кыргызстандын мамилелерин изилдөөгө арналган. Илимий изденүүсүнүн 2-этабындагы эмгектери кыргыз тарыхынын ар кандай багыттарына арналган, о. эле кеңири белгилүү эмгектерди ж-а окуу куралдарын жазган. Ж. – 140тан ашык ил., окуу китептердин ж-а кеңири белгилүү эмгектердин (а. и. 8 монография, 3 китепке авторлош) автору. Кыргыз Респ-нын илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгынын лауреаты (1970). Ленин, Октябрь Революциясы, Эл Достугу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ЖАМИ** Абдурахман Нураддин ибн Ахмад (1414, Хорасандагы Жам ш-нын жанындагы Харжирд кыштагы – 1442, Герат ш.) – тажик, перс философу, акын, филолог, музыка изилдөөчү. Өмүрүнүн көбү Самаркан ш-нда өткөн. Герат ш-ндагы Дилкан медресесин аяктаган. Адегенде Самаркандагы Улугбектин медресесинде окуп, аалымдар м-н таанышкан. Кийин ислам динин бекем тутуп, адилет жүрүүгө үндөгөн. Чыг-нда элдин начар турмушуна жаны кейип, байларды жектеген. Негизги чыгармалары: «Алтын чынжыр» (1442), «Ыр кенчи» (1475), 1479–91-ж. жазылган дастандары «Чоң жетиген», «Искендердин акылмандуулугу». Аталган чыгармаларда Ж. эл-жерин сүйүүгө, өз ара ынтымакка, адилеттик м-н жоомарттыкка чакырган. Ж-нин

«Саламан менен Абзал», «Жусуп менен Зулайка», «Лайли-Мажнун», «Бахарстан» ж. б. чыг. терең гуманисттик ой м-н сугарылып, бийик идеал катары кызмат кылат. Анын чыг. кыргыз элине эзелтен белгилүү, мис., «Жусуп менен Зулайкасы» эл арасына кенен тараган. 1989-ж. Ж-нин туулган күнүнүн 575 жылдык маарекеси белгиленип, ырлары кыргыз тилине которулган.

**ЖАНАЗА** – мусулман дининде маркум м-н коштошуу жөрөлгөсү. Шарият б-ча маркумду Ж-дан кийин гана көмүүгө мүмкүн болгон.

**ЖАНГАРАЧ** Эшкожо уулу (1801 же 1802, Чүй өрөөнү, Жыламыш өндүрү – 1864, ошол эле жер) – солто уруусунан чыккан чоң манап. Чүй өрөөнүнүн батыш бөлүгү м-н Талас өрөөнүн бийлеген. Ж. м-н *Байтик баатыр* ага-ининин балдары. 1848-ж. казак султаны *Кенесары* Касым уулу Чүйгө кол салып киргенде Ормон хан м-н бирдикте анын мизин кайтарып, колун талкалоого катышкан. Ал Кенесарынын кол салууларынан коргонуу максатында орус падышалыгына букаралыкка өтүү ниетин билдирген. 1862–64-ж. Алымбек, Алымкул сыяктуу кыргыз, кыпчак бектери Кокон хандыгында реалдуу бийликти өз колдоруна топтогон маалда Ж. бул хандыктын Россияга каршы коргонуу күрөшүндө Кокон мамл-не жан тарткан. 1864-ж. жазында М.Г.Черняев Чүй өрөөнүнөн кокондук аскерлерди сүрүп киргенде, Ж. Талас өрөөнүнө чегинип, орус падышалыгынын баскынчыл саясатына пассивдүү каршылыгын билгизген.

**ЖАНКОРОЗ** Бердикожо уулу (1830, Кетментөбө өрөөнү–1910, Бешташ өрөөнү) – коомдук ишмер. Саруу уруусунан чыккан, акылмандыгы м-н элге кеңири таанымал инсан. Бардар үй-бүлөдө туулган. Молдодон окуп, сабатын ачкан. Ал акыйкатчылдыгынан, даанышмандыгынан улам ири талаш-тартыш маселелерди чечүүгө чакырылып турган. Өзгөчө бугу, сарыбагыш, солто уруу-ларынын ортосундагы чыр-чатактарды жөнгө салууга кошкон салымы чоң. 1870-жылдардан баштап Россиядан көчүп келе баштаган орус, немис калктары м-н жергиликтүү элдин ортосунда ынтымак орнотууга көп күч жумшаган, келгиндер арасында кадыр-баркка ээ болгон. Түркстан генерал-губернатору Кауфман 19-к-дын акырында Бишкекте ж-а Токмокто өткөн кээ бир курултайларды Ж-го башкарткан. Ал Олуяата уездинин башчысы В. А. Каллаурга жолугуп, ага Талас жергесиндеги байыркы эстеликтер ж-дө кызыктуу маалыматтарды айтып, ал бай эстеликтер келгиндер тарабынан талкаланып жаткандыгын билдирген. Ушундан кийин Ташкенден экспедиция келип, Ж-дун коштоосунда Таластагы археол. эстеликтер м-н таанышкан. Ал бул экспедицияга Айыртамойдо ташка чегилген байыркы жазууну таап берген. Бул байыркы түрк (руна) жазуусу кыргыз тарыхында эң баалуу ачылыш болгон. Ж-дун дагы бир зор эмгеги – аш-тойлордо байгеге адам саюу, кул, күң кылып барымтага киши берүү сыяктуу салттардын жоюлушуна жетишкен. 1870-ж. Мекеге барып, ажы болуп кайткан. Ж. сексен жаш курагында Бешташ өрөөнүнүн оозундагы Бүлкүлдөктүн сазы деген жерде дүйнөдөн кайткан.

**ЖАНТАЙ ХАН,** Жантай Карабек уулу (1794–1868, Кичикемин өрөөнү, Бейшеке айылы) – сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан чоң манап. Атактуу *Атаке* баатырдын небереси, *Шабдандын* атасы. 19-к-дын 40-жылдарынын башында Ормон ханга баш ийип турган. Кийинчерээк Кокон хандыгынын бийлигине таянып, Ормон ханга көз каранды болуудан кутулган. 1850-жылдын башында Ж-га караштуу сарыбагыш урууусу Чоңкемин м-н Кичикеминди, Чүйдүн Боомдон Токмокко чейинки бөлүгүн ээлеген. Ж.х. бугу м-н сарыбагыш урууларынын чабышы учурунда аларды элдештирүүгө аракет кылып, бугу уруусуна каршы жортуулдарга аз катышкан. 50-жылдардын акырында орус бийликтери м-н ымала түзүп, Венюковдун аскердик чалгындоо отрядына жардам берген. 1862-ж орус букаралыгына өткөн. 1860-жылдардын башында Россияга карата мамилеси өзгөрүп, бирок Кокон хандыгына биротоло каршы чыккан. Анын бул саясатын уулу Шабдан да уланткан.

**ЖАНУЗАКОВ** Төрөкул [1893, Олуяата уезди (азыркы Талас облусу, Талдыбулак айылы) – 1921, Фергана облусу, Түркстан АССРи] – Түркстан Респ-нын Борб. аткомунун төрагасынын орун басары (1920). Орус-жергиликтүү мектебин аяктаган. 1909-жылдан Түркстан генерал-губернаторлугунда котормочу. Ал революцияга чейинки Рос-сиянын Думасына депутаттыкка кандидат болгон биринчи кыргыз. Совет бийлигин кабыл алган ж-а эркиндик м-н демократиянын ураанын колдоп чыккан. 1920-ж. сентябрь айында Бакуда өткөн Чыгыш элдеринин 1-конгрессине катышкан. Ж. Түркстан аткомунун 1916-ж-дагы көтөрүлүшкө катышкан качкындардын иштери б-ча комиссиясынын төрагасы болгон. 1921-ж. сентябрда Самарканда өткөн Түркстан улуттук биримдигинин 6-конгрессине активдүү катышкан. Бирок конгресстен кийин сов. түзүлүшкө наразы болуп, большевиктер партиясына каршы чыккан 40 делегаттын тизмесинде анын да аты болгон. 1921-ж. Ж. Исраил корбашынын Анжиан уездиндеги басмачылар тобуна кошулган. Ж. кызыл аскерлер м-н болгон уруштардын биринде каза болгон.

**«ЖАНЫШ, БАЙЫШ»** – кыргыз элинин 15–17-к-га таандык баатырдык эпосу. Эпосто кыргыз элинин Моголстан мамл-ндеги ж-а калмак доорундагы турмушу чагылдырылган. «Ж.,Б-та» геогр. аталыштар, чарба, соода, социалдык терминдер (хан, бек, сынчы, чечен ж.б.), кыргыздардын саясий абалы ж-а алардын коңшу элдер м-н болгон карым-катнаштары айтылган. «Ж.,Б.» мазмуну б-ча өзбек эпосу «Алпамышка», байыркы грек эпосу «Одиссеяга» окшош (мис., каармандардын өз жерлерине кайтып келиши). Алгачкы варианты 1922-ж. К. Мифтаков тарабынан М. Мусулманкуловдон жазылып алынган. Кытайлык кыргыздарда Өмүр Мамбеттин варианты китеп болуп жарык көргөн (Үрүмчү, 1988). К. Акыевдин варианты 1939-(латын алфавитинде), 1970-, 1991-ж. жарыкка чыккан. 1998-ж. «Эл адабияты» сериясынын 4-томунда «Ж., Б-тын» М. Мусулманкулов, Ж.

Шаанаев, К. Акыев, С. Дыйканбаев айткан варианттары бир китепте басылган. «Ж.,Б.» эпосунда Нуркандын (айрым варианттарда Асылкандын) Ж. м-н Б. аттуу уулдары кыргыздардын Алакөл аймагын душмандар тартып алганын угушуп, ошол жерди көрүп келиш үчүн жөнөшөт. Алар көлгө жетип куш салып жүргөндө, капысынан душмандар курчап алышат. Тең эмес салгылашууда Ж. жарадар болот, Б. туткунга түшөт. Андан кийин Ж-тын жараатынын айыгышы, Б-тын туткундагы окуялары ж-дө баяндалат. Б. 7 (кээ бир варианттарда 10, 12) жылдан кийин душмандын падышасынын кызынын жардамы аркылуу зындандан бошонот. Ошол мезгилде бир тууганы Ж. да жардамга келет. Баатырлар колдоруна аса таяк кармап, дубананын кейпинде, эч кимге таанылбай элине келишет. Бирок, эл аларды таанып, салтанат м-н тосуп алат. «Ж., Б.» эпосун Ж. Таштемиров, Ж. Субанбеков, Б. Кебекова, М. Мукасов, И. Молдобаев ж. б. изилдеген.

**ЖАҢЫБАЗАР ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** — мархамат маданиятына мүнөздүү археол. эстелик. Эскиноокат кыштагынан 8 *км* түштүк-батыш тарапта. Төрт чарчы. Аянты 10 *га.* Түштүк тарабындагы дубалынын жанында цитадели болгон. Дубалдарына мунаралар тургузулган. Шаарга түндүк тараптан киришкен.

**ЖАҢЫБАЙ** Кожек уулу (1869, Жумгал өрөөнү – 1942, Токтогул р-ну, Өзгөрүш айы-лы) – манасчы. Ж. 15ке чыкканда атасы каза болот. Ал атасынан калган чарбаны колуна алып, ошону м-н оокат кылат. Өзүнүн эскерүүсүнө караганда анын жети атасы (Айдарбек, Сүйүнбай, Сөкөчүк, Теңирбай, Сары, Жаманкары, Кожек) бүт «Манас» айтышкан. Ж. жаш кезинен эле ырга шыктуу болгон, 16 жашынан «Манас» айта баштаган. Ж-дын атасы Кожекти эл семетейчи катары билишкен. Ж. да эл арасында «Манас» үчилтигинин «Семетей» ж-а «Сейтек» бөлүмдөрүн айтып, семетейчи катары таанылган. Ж-дан жазылып алынган эпостун жалпы көлөмү – 19445 сап ыр. Ал 1869-ж. Кетментөбөгө көчүп барып, ошол жерде жашап калган. Ж. жалаң эле «Манас» айтуу м-н катар, аш-тойлордо жарчылык милдетти да аткарган. Ал «Эр Төштүк», «Эр Табылды» эпосторун, «Ак Мөөр» дастанын ж-а салттуу элдик ырларды да жакшы билген. Ж. айткан «Ак Мөөр» поэмасында чындыктын нугу сакталган. Ж-дын «Семетейи» башка варианттарга салыштырмалуу айрым бир окуяларынын сүрөттөлүшү ж-а мотивдеринин берилиши жагынан өзгөчөлөнүп турат. Ушундан улам *К. Мифтаков* ж-а *К. Рахматуллин* Ж-ды чыгармачылык бө-төнчүлүгүнө карай түштүктүк манасчылар мектебинин өкүлү деп эсептешкен.

**ЖАҢЫНООКАТ КӨРҮСТӨНҮ,** С а х а б а – М а з а р – орто кылымга таандык көрүстөн. Көрүстөнгө арабча жазуулары бар таштар (100дөн ашуун) бейит белги катары коюлган. Жазуулар 2–7 белгиден турат, датасы көрсөтүлгөн эмес.

**ЖАПАСАЛДЫ ТАБЫЛГАЛАРЫ** – Алабука р-нундагы Жапасалды кыштагынын жанынан табылган коло билериктер. Учтары ийрейген конус сымал б. з. ч. 2-миң жылдыкка таандык 2 билерик. Алар Кыргызстандын түштүгүндө жашаган уруулардын турмушунан маалымат берет.

**ЖАПЫРЫК КӨРҮСТӨНДӨРҮ** Эрте темир доорунан орто к-га чейинки мезгилди өз кучагына алган археол. көрүстөндөр. Соңкөлдөн 25–30 *км* түштүк-чыгыш тарапта Жапырык тоосунун этегинде жайгашкан. Эрте темир доорундагы көрүстөндөрдүн диаметри 30–50 *м*, бийиктиги 4–6 *м*. Тегерек дөбө көрүстөндөр сыртынан таш м-н төрт чарчы коргончо кылып тизилген. Көрүстөндөрдүн күнбатыш тарабында сегиз таштан турган тегерек коргончолор жайгашкан. Ушундай эстеликтерди Атбашы өрөөнүнөн, Алтайдан, Казакстандан кездештирөөгө болот. Көрүстөндөрдөн таш бетине чегилген эчкинин, жылкынын, сууда сүзүүчү канаттуулардын, бугунун сүрөттөрү табылган. Ж.к. шарттуу түрдө Жапырык 1; 2; 3; 4; 5 деп аталат. Жарма ж-а төрт чарчы мүрзөлөр ачылып, маркум табытка же тактай төшөмдөргө жалгыздап, кээде баласы м-н коюлган. Чопо идиштер, алтын сөйкө, чач учтук, шакек ж. б. табылган. Ж.к. 1980–90-ж. археолог К.Ташбаева тарабынан изилденген.

**ЖАРАМАЗАН** – мусулман календары б-ча орозо айынын 2–жарымында ооз ачылгандан кийин үймө-үй кыдырып ырдалуучу салт-тык ыр. Ж-ды көбүнчө балдар, кээде чоңдор да айтышкан. Ж. айткандар 2–3төн биригип алышып үймө-үй, айылма-айыл кыдырып үй ээсинин кадыр-баркы2н, ата-тегин, үй-бүлөсүн, мал-жанын мактап ырдашкан; ага ден соолук, байлык, бакыт, орозосунун кабыл болушун каалаган жакшы тилектерин билдиришкен. Ж. учурашуу, мактоо суроо ж-а бата сыяктуу бөлүктөрдөн турган. Ж. туруктуу ыр түрмөктөрүнөн туруп, ага айтуучу ырчылык жөндөмүнө ж-а ар кыл кырдаалга жараша алымча-кошумча киргизе алган. Ж. комуздун коштоосунда да аткарылган. Ж. айткандарды үй ээси колунан келишинче сыйлап, акча, тамак-аш берген.

**ЖАРАНДЫК КООМ –** адамдардын турмуш шартын камсыздандырган, социалдык топтордун, инсандын ар түрдүү кызыкчылыктарын, талаптарын канааттандырган ж-а ишке ашырган формалдуу ж-а формалдуу эмес, мамл-ке көз карандысыз ж-а аны м-н бирге жашоочу коомдук турмуштун өзгөчө чөйрөсү, коомдук мамилелердин жыйындысы. Жарандык коомдун түзүлү-шүнө үй-бүлө, кесиптик биримдиктер, аялдардын чыгармачылыгы, жаштардын ж. б. өкмөттүк эмес уюмдардын бирикмелери, жалпыга маалымдоо каражаттары ж. б. кирет. Кыргызстандагы жарандык коом кыргыз элинин экон., социалдык-саясий, тарыхый-маданий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү м-н тыгыз байланыштуу. Кыргыздардын Ж. к-на мүнөздүү белгилер байыркы мезгилде эле пайда болгон. Ал мезгилде үй-бүлө м-н бирдикте, кыргыздардын социалдык уюмунун маанилүү ин-ту, Ж. к-дун жашоо формасы жамаат болгон. Ал биринчи кезекте туугандык, кийин коңшулук ж-а аймактык байланыштардын негизинде түзүлгөн. Бирок саясий системанын авторитардык-бюрократиялык үстөмдүк кылуу мезгилинде Ж. к-до бузулуу процесси башталган. Учурдагы кыргыз коомунун социалдык-саясий ж-а

экон. трансформациясынын жүрүшүндө эски ин-ттарынын жаңырышы м-н бирдикте жаңы Ж. к. пайда болууда. Биринчи иретте, бул – азыркы мезгилде саны 2000ден ашкан өкмөттүк эмес коомдук уюмдар. 1996-ж. 78 өкмөттүк эмес коомдук уюмдардын жетекчилери «Өкмөттүк эмес коомдук уюмдардын форумун» негиздешкен, ал 1999-ж. өкмөттүк эмес коомдук уюмдардын «Жарандык коом жана демократия үчүн коалициясы» болуп кайра түзүлгөн. Өкмөттүк эмес уюмдардын бир бөлүгү Өкмөттүк эмес ж-а коммерциялык мекемелердин ассоциациясына биригишкен. Ж. к-дун маанилүү ин-ттарынын бири жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) болуп эсептелет. Алар элдин саясий ж-а жарандык жигердүүлүгүн, коомдук аң-сезимдин өсүү деңгээлин жогорулатууга кө-мөк берет. 1991-жылдан мезгилдүү басма сөздүн саны 2 эсеге өсүп, 400дөн ашык гезит-журналдар, 10дон ашык радиопрограммалар ж-а 9 телеберүү каналдары уюшулган. Чыныгы Ж. к. көп партиялуулукка таянат. Саясий системанын негизги элементи болгон саясий партиялар бар. Кыргызстанда Ж. к-дун негизин бекемдөө үчүн реалдуу өбөл-гөлөр бар: 1. өнүккөн демократиялык Ж. к-ду курууга багыт берип жарыялаган Кыргыз Респ-нын Конституциясы; 2. Ж. к-дун элементтери болгон акционердик коомдор, чакан ж-а орто ишканалар ж. б. чарба ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүндөгү жарандардын ыктыярдуу бирикмелеринин ин-тташтырылышын шарттаган Ж. к-дун жеке менчик ин-тунун түзүлүшү. Кыргыз Респ-нда эл аралык укуктун ченемдерине ж-а принциптерине ылайык адамдардын негизги укуктары ж-а эркиндиги таанылат ж-а кепилдикке алынат. Учурдагы кыргыз коомунун социалдык-саясий анализи көргөзгөндөй, өнүккөн жарандык абал азырынча түзүлө элек.

**ЖАРБАҢ БААТЫР** Манап бий уулу (16-к-дын аягы–17-к-дын 1-жарымы) – калмак баскынчыларына каршы күрөштө өзгөчөлөн-гөн кол башчы. *Манап бийдин* тун уулу. Кыргыздын алгачкы тарыхчылары Осмо-наалы Сыдык уулунун, Белек Солтоноевдин, санжырачылар Талып Молдонун, Тоголок Молдонун, А. Алымкуловдун маалыматтары б-ча Ж.б. 16-к-дын аягында Ортотокой деген жерде туулган. Анын энеси Кызбий-ке төрөттөн каза болгон. Энесинин курсагын жарып, баланы аман алып калышкан. Атасы Манап: «Балам ти-рүү болсо уйдун сү-тү м-н эле чоңоёт, аты Сүтүке болсун», – деген экен. Бара-бара анын өз аты унутулуп, курсактан жарып алганына байланыштуу Ж. аталып калган. Ж. жаш кезинен эрктүү, чечкиндүү болуп өскөн. Калмактарга каршы күрөштө атасы Манап бийдин колунун бир бөлүгүн баштаган. Чоң салгылаштар алдында болуучу эрөөлдөрдө ага калмактын далай баатырлары тең келе алган эмес. Эрөөлдөрдө калмактардын ондон ашуун баатырын мерт кылганы, калмактын алпы Дөнөнжөй м-н бир чай кайнам сайышып, чабышып, кармашып, акыры жеңгени, Чоң черүүгө миңбашы болгону санжырада айтылып, тарыхый булактарда жазылып калган. Ж. б. узак өмүр сүрүп, кыргыз-казак биримдигин чыңдоого, кыргыз элинин эркиндигин коргоого чоң салым кошкон.

**ЖАРГАК** – ийленген теринин бир түрү. Ал кой-эчкинин, жапайы эчки ж-а эликтин терилеринен жүнү жыдытылып, ашатылып, ийленип алынат. Ж-тан эркектердин шымдары, өтүк, маасынын кончтору, кол кап, ат жабдыктын кээ бир бөлүктөрү тигилген. Ж. үй-тиричилигинде супура катары да колдонулган.

**ЖАРГЫЛЧАК** – дандан талкан, угут тартуу үчүн беттеме таштан жасалган кол тегирмен. Ж-тын астыңкы жалпак ташы тегеренбей, анын так ортосундагы көзөнөгүнө кагылган катуу жыгач же темир шимеги болот. Шимек Ж-тын үстүңкү ташынын ортосуна кирип, аны бир окто айлантып турат. Тартылуучу дан шимектүү көзөнөккө ууч м-н салынат. Ж. үстүңкү бетинин бир жак четиндеги көзөнөгүнө кагылган жыгач туткасы аркылуу кол м-н айландырылат. Ж-ты аялдар ж-а балдар тарткан.

**«ЖАРДЫ-ЖАЛЧЫ» УЮМУ** – Кыргызстандагы эң кедей дыйкандардын уюму. 1920-ж. январда ВКП (б)нын Кыргыз облустук 5-конференциясынын чечими б-ча *«Кошчу» союзунун* ордуна түзүлгөн. Жерсиз ж-а жери аз дыйкандар м-н батрактардын кызыкчылыгын коргогон. Коллективдештирүү учурунда бай-манаптар м-н кулактарды тап катары жоюуда, көчмөн ж-а жарым көчмөн чарбаларды отурукташтырууда, кыргыз айылдарынын калкын колхоз-совхоздорго тартууда, коллективдүү чарбаларды чың-доодо чоң роль ойногон. «Ж.-ж.» у-нун 372 ячейкасы болгон. Кыргыз обкомунун 1932-ж. 5-октябрдагы чечими б-ча жоюлган.

**ЖАР КӨРҮШҮҮ** – салттуу үйлөнүү үлпөтүндө аткарылуучу жөрөлгө. Эки тарап кудалашкандан кийин күйөө ж-а күйөө жолдош болочок колуктусунун (кыздын) айылына келип, четирээк жерге түшкөн. Ошол жерге кыз тараптагылар атайы боз үй тигип, кыз оюнун өткөрүүнү күйөө жана күйөө жолдоштон талап кылышкан. Оюн жүрүп жатканда кыз-күйөө 1-жолу бирин бири көрүшкөн. Салт б-ча кыздын жеңелери кыз-күйөөнү далыларын тийиштире тургузушкан. Күйөөнүн сол колу кыздын ийнинен артылып төшү жакка сунулат, ошол эле мезгилде кыз оң колун удаалай күйөөнүн ийнинен артылтып толгото имергенде бири-бирин тарткандай болушат. Бир-эки жолку аракеттен кийин колдор ажырашаар маалда күйөө эпчилдик м-н имерилип кызды өбөт. Кыз-жигит тарап болушуп жар көрүү ырларын аткарышып, күйөө жолдош кыздын жеңелеринин талаптарын аткарып камдай келген белектерин тараткан.

**ЖАРКЫНАЙЫМ** Асперди кызы, Хаким айым (1802–1868) – Кокон ханышасы, коомдук ишмер; ордодо «Хаким айым» деген ысым м-н белгилүү болгон. Ошол доордогу кыргыз элинде гана эмес, коңшу хандыктар м-н элдерде кадыр-баркка ээ болгон саруу уруусунун бийи *Аспердинин* кызы. Саруу уруусунун баргы уругунан. Ж-дын бала чагы Талас өрөөнүндө Карабуура суусунун жээгинде өткөн. Ж. мүчөсү келишкен, сулуу, акылдуу, сөздү орду м-н сүйлөгөн, эли кадырлаган кыз болгон. Атасы Мекеге ажылыкка барып келгенден ки-йин, Ж-ды жээни Шераалыга алып берген (к. *Шераалы хан*). Ж-дын мамл. ж-а коомдук иштерге катышуусу

1842-ж. Шераалынын Коконго хан болушунан башталат. Ж. ордодо аялдардын гана эмес, мамл. жогорку башкаруу чөйрөсүндө да абройго ээ болгон ж-а бардык мамл. иштер анын кийлигишүүсү м-н бүткөн. Касым миң башынын өлүм жазасынан бошотулушунда Ж. кийлигишкен. 1853-ж. ордодогу ичара тирешүү-лөрдөн кийин, Ж-дын буйругу м-н Мусулманкул дарга асылган. О. эле көп мамл. иштер, инсандарды мамл. кызматка коюу Ж-дын көрсөтмөсү м-н ишке ашып турган. 1862-ж. Бухара эмири Музаффардын жардамы м-н уулу Кудаярга бийликти алып берген. Кокон ордосундагы саясий күчтөрдүн күч алышы ж-а алардын кызыкчылыктары үчүн уулдарынын өзара аргасыз согуштарынын натыйжасында уулдарынын, неберелеринин набыт болушу Ж-дын саясий-дипломатиялык иштерине себепчи болгон. Хан энеси жүрөгүн ооруткан ушундай иштерден улам мамл. саясий иштерге кийлигишкен. Ошол мезгилдин атактуу зайыптары Курманжан м-н Зыйнатка «датка» наамын ыйгарууда да Ж-дын эмгеги чоң. Ордодогулар Ж-га «Ханышайым» же «Хаким айым» деп кайрылышкан. Кокон тарыхчысы Мырза Алим апасынын ж-а карындашынын өлүмү Кудаяр хандын бийлигинин бошоңдошуна себепкер болгондугун жазган. Кудаяр хан күн-дө эртең м-н апасынын акыл-насаатын угуп, ошол б-ча иш жүргүзгөн ж-а ага таазим кылган. Ж. өмүр бою ордонун ортосунда тигилген кыргыз боз үйүндө жашаган. Ж. каза болгондо аза күтүү бир нече күнгө созулуп, чоң урмат-сый м-н коюлган. Кокондон гана эмес, башка жактардан дагы элдер келип, мүрзөгө чейинки жол адамдарга толуп калгандыктан, табытты жайына чейин колмо-кол узатышкан. Кийин Кудаяр хан энесинин урматына 1869–70-ж. Кокондо медресе курдурган. Хаким айым медресеси Жамы мечитинин чыгыш тарабында жайгашкан. Курулушту Мулла Төрө уулу башкарып, 1870-ж. бүткөрүлгөн. Кийинки жылы Кудаяр хандын буйругу м-н Сырдарыядан Шахрихандын чыгышына чейин арык чыгарып, андан түшкөн каражатты Хаким айымдын медресесине вакф кылып берген. Медреседен калган жалгыз эстелик – «медресенин эшиги» азыркы күндө Кокон сарайы тарыхый музейинде сакталып турат. Ал эми Кокон ш-нын борборунда Ж-дын күмбөзү Шераалы хандын күмбөзүнө жанаша бүгүнкү күнгө чейин ошол бойдон турат.

**ЖАТАКЧЫ** – 19-к-дын 1-жарымындагы көчмөн кыргыз жамаатындагы дыйканчылык м-н кесиптенген адамдар, малы жоктон жайында жайлоого көчө албай, кыштоодо калган кедейлер тобу. Ж-лар өз жерлерин гана иштетпестен, уруулаш бай туугандарынын да жерин кароого милдеттүү болушкан. Бир нече үй-бүлө чогуу калып, өзүнчө «жатакчылардын айылын» түзүшкөн. Ж-лар айдалган эгинди карап, сугарып, отошкон, чөбүн чабышкан. Өз эмгектери үчүн Ж-лар саан уй, күч же унаа алып калышкан. Жерди буурсун м-н айдашкан, таруу, буудай, арпа себишкен. Жайлоодон келгендер Ж-ларга айран, курут, сүзмө ала келишкен. Ж-лык жер иштетүүчү эмгек куралдарынын жөнөкөйлүгүнө, продукциясынын аздыгына карабастан, кыргыз элинин экон. турмушуна кире баштаган. Ж. өзүнчө социалдык катмарды түзүү м-н, айылдык көчмөн жамаатынын бузулушуна түрткү берген. Совет бийлиги орногондон кийин коомдук-экон. кайра куруулар, кыргыз элинин көчмөн ж-а жарым көчмөн турмуштан отуруктуу турмушка өтүшү Ж-лардын жоюлушуна алып келген.

**ЖАШЫНМАК** – балдар оюну. Саны чектелбестен бир топ бала ойнойт. Тутум кармашуу б-ча издөөчү болуп калганы эч жакты карабай, эки колу м-н көзүн басып, макулдашууга жараша 20 – 30га чейин санайт. Ушул учурда башка балдар туш келди жерлерге жашынышат. Издөөчү чектен анча алыстап кетпей жашынгандарды издейт. Издөөчүнү алаксытуу, жаңылдыруу максатында жашынгандар бир бияктан, бир тыяктан үн өзгөртүп «күкүк» же «зейнеп» деп алаксытышат. Издөөчү кимди биринчи таап алса, ошол бала издөөчү болот. Эгер жашынган балдардын бирөө капысынан же жашырынып келип издөөчүдөн мурда чекти ээлеп калса, издөөчү кийинки оюнга да издөөчү болуп кала берет. Бул оюн балдарды эптүүлүккө, ыраакылыкка, байкагычтыкка, шамдагайлыкка, күлүктүккө машыктырат.

**ЖЕБЕ –** жаанын огу. Ал табылгы, ыргай, шилби, кайыңга окшогон ийилчээк катуу жыгачтан жасалган. Тийген жерине кирип кетсин үчүн Ж-нин учуна кийгизген металл-ды (коло, жез, коргошун, темир) колок же кыма дешкен. Ж. түз ж-а алыс кетүү үчүн арткы бөлүгүнө узата Ж. канатын жабыштырышкан. Жаачылар Ж-ни оң далыга асынган саадакка сакташкан.

**ЖЕГДЕ** – боору ачык, жакасы чепкендики сыяктуу жээктете гана катталып тигилген узун эркек көйнөк. Ж. болотнайдан тигилген. Анын көпчүлүгүндө бүчү же топчу болбойт, шымдын сыртына чыгарып, белинен кымтылана жеңил кур же оромол м-н курчанып алышат. Ж. Кыргызстандын түштү-гүндө кеңири тараган.

**ЖЕДИГЕР** уруусу орто кылымдардагы жазма булактарда маалымдалат. Элдик санжырада Койлондон Ж. уруусу чыгары баяндалат. 16-к-гы Сайф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат-Таварихинде» Ж-лер Тагай баа-тырдын Кулан (Койлон) аттуу уулунан тарайт деген санжыралык маалымат бар. Ж-лер «Манас» дастанынын дээрлик бардык варианттарында кыргыз урууларынын бири катары кездешип, Ж. уруусунун башында Багыш деген белгилүү жетекчи турганы айтылат. Андан бөлөк кыргыз санжыраларында Ж. аттуу Астрахан ханы ж-дө да баян айтылган. 1549-ж. Казан ш. Едигенин тукуму Ж. тарабынан басылып алынганы маалым. Этностук аталыш казактарда – жедигер, лакайларда – жадыгер формаларында кездешет. Айрым маалыматтар Ж-дин орто кылымдардагы печенег, кыпчак тилдүү этностук чөйрө м-н байланышы болгонун маа-лымдайт. Мис., кооз (жедигер) – кууз, гууз, окуз, уз. Мындан бөлөк этнонимди байыркы игдер уруусунун аталышы м-н тең катар кароого болот. Болжолу, Ж. этнониминин баштапкы формасы жети игдер же жети бөлүктөн турган

уруулардын бирикмеси, союзу дегенди түшүндүрүшү ыктымал. Игдер (игдир) этнониминин удаалаштары азербайжандардын, Түркия түрктөрүнүн, Ирандагы түрк (огуз) тилдүү этностордун курамында да кездешет.

**ЖЕЛАРЫК КӨРҮСТӨНҮ** – эрте темир дооруна таандык 22 көрүстөндөн турган археол. эстелик. Бишкек–Балыкчы жолунун 108 *км*инде Чүй суусунун сол тарабында жайгашкан. 1974-ж. археолог В. П. Мокрынин изилдеген. Үч көрүстөндө маркумдун сөөктөрү ички дубалы таш м-н кыналган чуңкур көрлөргө, калгандары жөнөкөй көр-лөргө коюлган. Сөөктөрдүн жанынан чопо идиштер, акак шурулар, коло күзгү ж-а бычактар табылган. Маркумдардын антропологиялык түзүлүшүндө европеоиддик да, монголоиддик да белгилери бар.

**ЖЕЛЕ** – 1. кулун байлоого ылайыкталып керилген жоон аркан. Аралаштырылган ар кыл жүндөн жоон эшилип, үч-төрт катталып чыйратылат. Уз. 15–20 *м*. Ж-нин эки учу эки казыкка байланат. Ортосундагы аралык майда жыгач (арча, четин, кайың) казыктарга бекитилет. Бир Ж-ге 15–20 кулун байланат; 2. илбээсин кармаш үчүн жылкынын туу куйругунан, бышык жиптен же чыйратылган кылдан жасалган аңчылык куралы. Аны кылтак Ж. же тузак Ж. деп аташат. Ж. 5–6 же 10–15 көздүү (кылтактуу) жасалат. Ал көбүнчө кекилик, чил, бактек, жапайы каз, өрдөк кармоо үчүн пайдаланылган.

**ЖЕНКИНСОН** Антони – англиялык саякатчы, соодагер ж-а элчи. 1557–72-ж. Россия мамл-нде төрт жолу болгон. 1557–58-ж. Иранга ж-а Борб. Азияга саякатка келген. Ж-дун айтканына караганда, ал 1558-ж. Борб. Азияга келгенге чейин Кытай м-н Бухаранын ортосундагы жайгашкан көчмөндөр м-н шаарлыктардын ортосунда үч жыл бою тынымсыз согуштар болуп турган. Ж. андан ары шаарлар – Ташкен (Таскент) ж-а Кашкар (Каскайр) деп аталгандыгы, Ташкенге каршы согушкандар казактар (кассак), ал эми Кашкарга каршы согушкандар кыргыздар (киргс) экендигин белгилеген. Бул эки эл чоң күчкө ээ экендиги, алар аталган шаарларды өзүлөрүнө баш ийдиргендиги айтылган. Ж-дун түзгөн картасында кыргыздар 16-к-дын ортосунда эле азыркы ээлеп турган аймактын көпчүлүк бөлүгүн мекендешкендиги көргөзүлгөн. Алардын айрым топтору ошол учурда Каратегинге чейин кирген.

**ЖЕНТЕК** – бала төрөлгөндөгү той. Бала төрөлүп, ат коюлуп, оозантылгандан кийин келген адамдарга тамак-аш, эт тартылып Ж. берилген. Жакын туугандары (көбүнчө балдар) үймө-үй кыдырышып жаңы төрөлгөн баланы сүйүнчүлөп белек алышкан. Туугандары ж-а айыл ичи башка баш кошулуп жатканына сүйүнүп, баланы көргөнү келгенде наристеге, анын ата-энесине көрүндүк (буюм, кийим, жакын туугандары мал) беришкен.

**ЖЕҢИЖОК** (өз аты-жөнү – Өтө Көкө уулу; 1860, азыркы Карабуура р-ну, Жийде айылы – 1918, Аксы р-ну, Карасуу айылы) – төкмө ырчы. Кытай уруусунун чоодан уругунан. Бала кезинен ата-энесинен ажырап, аталаш агасынын колунда чоңойгон. Кийин оорусунан болуштун буйругу м-н куулуп, Аксыдагы таякелерине барган. Ошол жерде орун-очок алып, өмүрүнүн акырына чейин туруп калат. Аксыда Нурмолдодон таалим алган. Ж. төкмө гана эмес, жашоонун маңызы, адамдын жашоо-тиричилиги, адилеттик, адилетсиздик, адам өмүрүнүн туулгандан карылыкка чейинки басып өткөн жолу, ар бир куруктын өзүнө таандык өзгөчөлүгү м-н касиети, табият м-н адамдын байланышы ж-дө териштирип ой толгогон философ акын да болгон. Буга анын «Айт, айт десе», «Дүнүйө», «Замана» деген ырлары мисал болот. Мына ушундай нары дүйнө тааныткыч, нары идеялык-көркөмдүк жагынан акындык чыгармачылыктын нукура берметтеринен болгон классикалык ырларынын бири – «Аккан суу». Ж-тун табият темасындагы дагы бир ыры – «Жалгыз тал менен сүйлөшүү». Муну өзүнүн масштабы, проблемасы, мазмуну жагынан «Аккан сууга» салыштырууга болбойт. «Жалгыз тал м-н сүйлөшүү» акындын өзүнүн каймана образы. Деген м-н ырчынын чыг-нын көлөм жагынан болсун, маани жагынан болсун басымдуу көпчүлүгү өзүнүн керт башына байланыштуу арыз-арман эмес, жалпы маанидеги терме, санат, насыят, үлгү ырлары түзөт. Ж. дүйнө, аалам, заман, өмүр, адилеттик, караөзгөйлүк ж. б. тууралуу ой жү-гүртөт. Ж. айтыш өнөрүнүн да чоң устаты болгон. Анын айтыш өнөрүндөгү туу чокусу – *Эсенаман* м-н айтышы. Ж. жазмачылык м-н төкмөчүлүктүн эки тизгинин бирдей алып жүргөн. Өмүр бою ырларын, дастандарын кагаз бетине түшүрүп жазып жүргөн. Өзүнүн оригиналдуу ырларынан башка элдик жомокторду, уламыштарды айткан. Аксы р-нундагы мектепке ысмы ыйгарылып, музейи ачылып, айкели тургузулган. Ж-тун ырларын көптөгөн аткаруучулар (Ж. Алыбаев ж. б.) чебер аткарып жүрүшөт. 1982-ж. анын чыгармалары китеп («Жеңижок») болуп чыккан.

**ЖЕҢИШ МАЙРАМЫ** – Советтер Союзунун Улуу Ата Мекендик согушта (1941–45) фашисттик Германияны жеңгенин белгилеген дата. 1965-ж. 26-апрелде СССР Жогорку Советинин указы м-н 9-май майрам күн деп жарыяланган. Учурда жалпы КМШ өлкөлөрүндө элдик майрам катары белгиленет.

**ЖЕҢИШ ПАРАДЫ** – Советтер Союзунун Улуу Ата Мекендик согушта фашисттик Германияны жеңгенинин урматына 1945-ж-дын 24-июнунда Москвада Кызыл аянтта өткөрүлгөн аскер парады. Ага согуштун аягына чейин катышкан аскерлер, Аскер деңиз флотунун, Коргоо эл комиссариаты-нын, аскер академияларынын ж-а Москва гарнизонунун бөлүктөрү катышкан. Ж. п-н Г. К. Жуков кабыл алып, К. К. Рокоссов-ский командалык кылган.

**ЖЕҢКЕТАЙ** – үйлөнүү тоюнда аткары-луучу жөрөлгө. Калың төлөнгөндөн кийин кызды алып кетчү күнү кыздын жеңеси күйөө жолдоштон Ж. доолаган. Күйөө тарап Ж-лыкка жакшы белек, мал берген. Себеби, кыз-күйөөнүн ортосундагы мамилелерде кыздын жеңеси абдан чоң ролду ойногон. Алардын жолугушууларын уюштурган, оюн-тамашаларды өткөрүп, жигитти сынаган. Кыздын тазалыгына, ар-намысына жеңеси жооптуу

болгон. Бардык тоскоолдуктар, суроо-талаптар жеңеси аркылуу чечилген. Кыз узатуу жөрөлгөсүндөгү жеңенин функциялары кеңири, атүгүл кээ бир учурларда чечүүчү мааниге ээ болгон.

**ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ.** 1991-ж. апрелде Кыргыз Респ-нын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган. 1994-ж. 18-августта Кыргыз Респ-нын Президентинин Указы м-н Ж. ө. а. б-нун шаардык, поселкалык, айылдык органдарына алгачкы эркин шайлоолор өткөрүлгөн. Кыргыз Респ-нда Ж. ө. а. б. жергиликтүү жамааттар тарабынан ишке ашырылат, алар мыйзамдын чегинде ж-а өз жоопкерчилиги астында жергиликтүү маанидеги иштерди башкарат. Жергиликтүү маанидеги иштерди башкаруу жергиликтүү кеңештер ж-а мыйзамда белгиленген тартипте калктын өзү тарабынан түзүлгөн башка органдар аркылуу ишке ашырылат. Жергиликтүү кеңештер: өз **а**ймагында социалдык-экон. өнүктүрүү ж-а калк-ты социалдык жактан коргоо программаларын бекитет ж-а алардын ишке ашырылышын көзөмөлдөйт, жергиликтүү бюджетти, анын аткарылышы ж-дөгү отчётту бекитет, алар жергиликтүү мамл. админ-га көз каранды эмес. Жергиликтүү кеңештин депутаты 4 жылдык мөөнөткө шайланат ж-а жергиликтүү кеңеште айткан пикири ж-а берген добушунун натыйжасы үчүн куугунтукталбайт. Ар бир облуста губернатор, р-ндордо ж-а шаарларда жергиликтүү мамл. админ., айыл-кыштактарда айылдык өкмөттөр түзүлгөн. Айыл өкмөтү аткаруу-тескөө органы катары өзүнүн аймагын социалдык-экон. жактан өнүктүрүүнүн программасын, жергиликтүү бюджетти түзөт ж-а анын аткарылышын уюштурат, айылдын экон-сын башкарат, калкты социалдык жактан тейлөө, айлана-чөйрөнү коргоо ж.б. иштерин тескейт.

**«ЖЕРДИ ПАЙДАЛАНУУ ШЕРИКТЕШТИГИ»** – дыйкандардын коллективдүү чарбаларынын бир түрү. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында уюшулган. Шериктештердин кирешесине сатылып алынган машиналар ж-а а. ч. шаймандары коомдун менчиги болгон. Түшкөн киреше шериктештиктин мүчөлөрүнө коомдук өндүрүшкө жумшалган эмгек күнгө ж-а эмгектин сапатына, өндүрүш каражаттарынын үлүшүнө, кээде киши башына жараша бөлүнгөн. 1940-жылдан бул шериктештиктер колхоздорго кошулган.

**ЖЕР-СУУ КОМИТЕТТЕРИ** – 1918–20-ж. Түркстан АССРинде Совет бийлигинин агрардык саясатын жүзөгө ашыруу үчүн иштеген уюмдар. Ж.-с. к-не элетте жашап, 20 жаштан ашкан 500 адамдан бирден мүчө шайланган. Негизги максаты бирөөнүн эсебинен жашагандардын (бай-манап, кулак ж. б.) жерлерин жерсиз ж-а жери аз кембагалдарга бөлүп берүү болгон. Бул иш-чара жерди мурдагыдан натыйжалуу иштетүүгө, о. эле келечекте а. ч-н коллективдештирүү үчүн жакшы жагдайларды түзгөн. Ж.-с. к. 1920-ж. жергиликтүү Советтердин жер-суу бөлүмдөрү болуп кайра түзүлгөн.

**ЖЕР-СУУ РЕФОРМАЛАРЫ** – 20-жылдары Түркстан АССРинде ж-а Казакстанда кедей дыйкандардын пайдасы үчүн Совет бийлигинин жүргүзгөн социалдык-экон. кайра куруулар. Ж.-с. р. Кыргызстанда 2 этап м-н ишке ашырылган. 1-этапта (1921–22-ж.) падышалык бийликтен калган колониализмдин калдыктарын жоюуга багытталган иштер жүргүзүлүп, жергиликтүү элдердин ж-а орус дыйкандарынын жер м-н сууну бирдей укукта пайдалануу, кулактарды, байларды жеринен ажыратуу, оокаттуу дыйкандардын ашыкча жерлерин алуу, айылдарды мал айдалуучу жолдордон ж-а арыктардан алыс көчүрүү, дыйкандарга ж-а кедей дыйкандарга жер бөлүп берүү милдеттери коюлган. Ж-с.р-нын 2-этабы 1927–28-ж. Түштүк Кыргызстанда өткөрүлгөн.

**ЖЕР-СУУ ТАЮУ** – табиятка сыйынуу ырымы. Кыргыз элинин салттуу руханий түшүнүгүндө жер-сууну кудайы катары эсептеп, табияттагы кубулуштар анын эрки ж-а каалоосу м-н болот деген түшүнүк кенен тараган. Ар бир адам табияттын урматына курмандык чалса, ал ырайымдуу болот, кырсыктарды келтирбей, бейпилдикти камсыз кылат деп ишенишкен. Курмандык чалып сыйынуу кургакчылыкта, жаан көп жааганда, кыян-сел жүргөндө, жер титирөөдөн ки-йин өткөрүлгөн. Ар бир боз үйдөн (кээде 2–3 кожолуктан) бирден кой, токоч, казан, идиш-аяктар алынып, суу, булак башына же айылдын четиндеги ыйык делген жерге барышып, жандыкты кыбылага каратышып, алакан жайып, кудайдан жамгыр сураган же болбосо басылбай жааган нөшөрдү токто-тууну, жердин титирегенин, көчкүнүн жүрү-шүн басууну ж. б. өтүнүшкөн. Койду мууздоодо канын сууга агызып, же жерге чачышкан, жалпы отуруп, бышкан этти жешкен. Ж.-с. т-ну эгин бышар маалда, тууттун башталышында же малды кыштан аман-эсен чыгуу үчүн өткөрүшкөн. Ж.-с.т. ырымында исламга чейинки элементтер басымдуулук кылган. Бирок, кээ бир элементтеринде исламга тиешелүү эрежелердин бар экени даана байкалат. Мис., кыбыланы карап бата кылганы, алладан жардам сураганы ж. б. (к. *«Ыдук йер-суб»* макаласын).

**ЖЕРТӨЛӨ** – казылып салынган жер там. Терендиги киши бою, төрт бурч же тегерек кылып казып, кырына эки катар чым тизип, ага туура жоон жыгач устун коюп, анын эки тарабына туурасынан шырык салып, үстүнө чырпык, куурай таштап, топурак м-н бастырышкан. Үйгө жарык кириш үчүн, коломтодон жагылган оттун түтүнү чыгыш үчүн төбөсүнөн тешик калтырышкан. Оозун боз үйдүн эшиги м-н жаап, ал болбосо жөн эле кийиздер м-н далдалап коюшкан. Ж. т-дө кыш чилдеде гана жашашкан.

**ЖЕТЕ** – орто кылымдарда Теңиртоону ж-а Жетисууну мекендеген көчмөн калк. Этностук аталыш бери болгондо 15-к-дан белгилүү. Ж. Орто Азия түрктөрүндө (Түштүк Тажикстан, Түштүк Өзбекстан) овлади жетта деген аталышта кезигет. 16-к-да Мавераннахрдын чагатайларын көчмөндөр караунас (карагунас) – аралаш тектүү, таза тектүү эмес эл деп аташса, ал эми чагатайлар өз кезегинде Жетисуу тараптагы көчмөн урууларды ордого баш ийүүнү каалабагандыгы, эркиндиги үчүн Ж. – эркин талап-тоноочулар, каракчылар деп аташкан. Төмөн Ж. – кыргыздын багыш уруусунун курамындагы урук катары маалым.

**ЖЕТИСУУ ОБЛУСУ** – 1867-ж. 11-июлда түзүлгөн админ.-аймактык бирдик. Сырдарыя облусу м-н чегарасы Кургаты ж-а Чүй суулары б-ча өткөн. Ж. о-на Түндүк Кыргызстандын бир катар аймактары – Ысыккөл (кийин Каракол), Токмок (кийин Пишпек) уезддери да кирген. Ж.о. 1882-жылга чейин Түркстан генерал-губернаторлугунун курамында болгон. 1882–98-ж. Талаа (Степной) – генерал-губернаторлугуна, 1899-жылдан кайрадан Түркстан генерал-губернаторлугуна баш ийген; 1917-жылга чейин «1891-жылкы Талаа эрежеси» м-н башкарылган.
**ЖЕТИСУУ ФРОНТУ** – 1918-ж. жазында контрреволюциячыл күчтөргө каршы түзүлгөн аскердик бирикме.
**ЖИБЕК ЖОЛУ,** У л у у  ж и б е к  ж ол у – б. з. ч. 2-к-дан б. з. 16-к-на чейин Орто Азияны Кытай, Алдыңкы Азия ж-а Европа м-н байланыштырып турган соода-сатык, кербен жолдорунун жалпы аталышы. Ж. ж. м-н кытай жибегин алып өтүшкөндүктөн, Ж. ж. деп аталып калган. Бул терминди илимге эң алгач чыгыш таануучу Ф. Рихтгофен киргизген. Ж.ж. Кытайдын борб. бөлүгүндөгү Сиандан башталып, Лань-чжоу аркылуу Дуньхуанга жеткенде экиге бөлүнгөн: түндүк жолу – Турпан, Кашкар, Памир, Фергана, Самаркан, Мерв, казак талаалары; түштүк жолу – Лобнор көлү, Такла-Макан чөлү, Хотан, Жаркен, Балх, Мерв, Бактрия, Парфия, Индия ж-а Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү. Мервден эки бутагы биригип, андан ары кербендер Ниса, Исфаган, Багдад аркылуу Жер Ортолук деңизине өтүшкөн. Ж.ж-нун негизги багыты эч качан өзгөргөн эмес, бирок түздүктүү жерлерде өзгөрүүлөр тез-тез болуп турган. 14-к-да деңиз жолдорунун ачылышы м-н Ж.ж-нун маанилүүлүгү кескин басаңдап, 16-к-да маданий ж-а экон. маанисин жоготкон. Ж.ж. байыркы убакта ж-а орто кылым мезгилинде ар кандай маданияттагы мамл-терди байланыштырып, алардын ортосунда соода ишин өнүктүрүүдө маанилүү орунду ээлеген. Кыргызстандагы Ж. ж. эки бутакка: Фергана – Алай ж-а Чүй – Ысыккөл болуп бөлүнгөн.
**ЖИХАД** (ар. күчтүү аракет: газават м-н маанилеш) – курандагы жоболордун бири (9-сүрө, 29-аят). Анда согушка жарактуу ар бир мусулман кайрыдиндерге каршы «ыйык согушка» катышууга тийиш деп көрсөтүлгөн; куралдуу күч м-н ислам динин таратуу максатында жүргүзүлгөн мусулмандардын реакциячыл «ыйык согушу». Мусулман өлкө-лөрүндөгү согуш урааны. Ж. идеясы көп-төгөн мусулман элдеринде *газават* деген ат м-н белгилүү.
**ЖОГОРКУ КЕҢЕШ** – Кыргыз Респ-нын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигинин ж-а өз ыйгарым укуктарынын чегинде көзөмөлдүк кылуу функцияларын жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү орган. 1994-ж. 22-октябрда өткөрүлгөн референдумдун негизинде парламент эки палатага: туруктуу иштөөчү ж-а респ-нын калкынын таламдарын билдирүүнүн негизинде шайланган 35 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу ж-а сессиялык жол м-н иштөөчү ж-а аймактык таламдарды билдирүүнүн негизинде шайланган 70 депутаттан турган Эл өкүлдөр жы-йынына бөлүнгөн. 2003-ж. 2-февралында «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» мыйзамын кабыл алуу б-ча жүргүзүлгөн референдумдун негизинде Ж.К. 75 депутаттан туруп, 5 жылдык мөөнөт м-н бир мандаттык аймактык шайлоо округдарынан шайланат. Алар шайлоого көрсөтүлөр алдында 25 жашка чык-кан ж-а респ-да 5 жылдан кем эмес жашаган тургундар болушу керек. Депутаттар округдар б-ча жалпы, жашыруун, тең ж-а тике добуш берүү аркылуу шайланат. Ж.К-тин депутаты Кыргызстан элинин өкүлү болуп саналат, Конституцияга ж-а өз абийирине баш иет, кол тийгис иммунитет укугуна ээ. Ж.К. Кыргыз Респ-нын Конституциясында белгиленген тартипте респ-нын Конститу-циясына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду кир-гизет, респ-лык бюджетти ж-а анын аткарылышы б-ча отчетту бекитет, өлкөнүн чегарасын өзгөртө алат, Президенттин шайлоо мөөнөтүн белгилейт. Кыргыз Респ-нын Премьер-министрин дайындоого, Респ-нын Башкы Прокурорун, Улуттук Банктын Башкармасынын төрагасын дайындоого макулдук берет, өзгөчө абалды киргизүү, согуш абалын жарыялоо сыяктуу Президенттин Указдарын бекитет же алып салат, өлкөнүн эл аралык келишимдерин ратификациялайт, аскер наамдарын, дипломатиялык даражаларды ж. б. атайын наамдарды белгилейт, шайлоо ж-а реформаларды өткөрүү б-ча Борб. шайлоо комиссиясынын төрагасы м-н мүчөлөрүнүн үчтөн бирин шайлайт, Кыр-гыз Респ-нын Омбудсменин шайлайт ж-а бошотот ж. б.
**ЖОЛДОШЕВ** Токчоро [1903, Бишкек уезди, Карабулак айылы (Каражылга деген жерде), азыркы Кемин р-ну – 1937] – Кыргызстандагы алгачкы мамл. ишмерлердин бири, кыргыздын тунгуч адабият сынчысы. Алматыдагы казак-кыргыз агартуу ин-тун бүтүргөн (1925). 1925–27-ж. Москвадагы Борб. улуттук басмасынын кыргыз секциясында редактор ж-а жооптуу катчы. 1927–28-ж. Кыргызстан эл агартуу комиссариатынын академиялык борборунда төрага, 1929–31-ж. Кыргызстан БАКтын прези-диумуна мүчө, жооптуу катчы, 1931–32-ж. Кыргызстан колхоз борборунун (азыркы керек-жарак союзу) төрага, 1933–35-ж. Кыргызстан эл агартуу комиссары болгон. «Кыргыз көркөм адабияты», «Аалы Токомбай уулунун ырлары», «Адабият майданында» (1926), «Көрктүү адабиятыбыз м-н акындарыбыз» (1927), «Касымаалынын Ажары» (1928) ж. б. көптөгөн макалаларды жазып, кыргыз адабий сынына чыйыр салган. Ж. Лениндин, марксизм-ленинизм классиктеринин чыгармаларын, кыргыз мектептерине арналган адепки окуу китептерин кыргызчага которгон ж-а редакциялаган. Адабий жыйнактардын (Тоголок Молдонун «Насыят», Боогачынын «Күйгөн», Т. Жакиев айткан «Семетейден» үзүндү ж. б.) редактору. «Кызылгүл» аттуу кыргыз тилиндеги алгачкы поэзиялык жыйнактын (1927) түзүүчүсү ж-а баш сөзүнүн автору. 1935-ж. ак жеринен жазаланып репрессияланган. 1956-ж. акталган.

**ЖОЛДОШ СУРАМАЙ** – жаштардын оюну. Отуруштарда, жоролордо, тойлордо, майрамдарда ойнолот. Ар кимиси экиден болуп каалаган кишиси м-н отурат. Оюнга катышуучулар тегерек тартып отурушуп, адегенде оюн башчы шайлашат. Оюн башчы көпчүлүк м-н кеңешип, оюн айыбын 5–10 шап, 5–6 куплет ыр, 3–4 жаңылмач, 2–3 төөматек, 3–4 укуй, ар бир айып саны 2–3 болсун деп макулдашат. Анан ал «кимге жолдош керек?» деген суроону берет. Туш-туштан «мага! ма-га!» деген улан-кыздардын үнү чыгып, колдорун көтөрөт. Оюн башчы алардын бирөөнү көрсөтө, «сага ким керек?» дейт. Ал керектүү кыздын же жигиттин атын атайт. Оюн башчы аты аталып чакырылган кыздын же жигиттин жанындагы жолдошунан «жолдошуңду бересиңби?» дейт, ал берүүгө макул болсо, жолдошу үчүн сураган жигит аткарчу айыпты айтат. Ал эки же үч түрлүү айып тарттырууга укуктуу. Жолдош сураган кыз же жигит аны аткаргандан кийин суралган киши ордунан туруп, сурап алган кишинин жанына отурат. Эгерде суралган жигитти же кызды жанындагы жолдошу бербейм десе, анда ага анын жолдошун сураган киши айып салат. Эгер талап кылынган айыпты аткарып, түрдүү айыптарга чыдаса, анда жанындагы жолдошун эч кимге бербей алып калат. Бул оюн жаштардын чыгармачылыгынын өнүгүшүнө ж-а алардын өзү урматтаган же сүйгөн курбусунун жанына отуруп сырдашууга, макулдашууга ыңгайлуу шарт түзгөн.

**ЖОЛУМ ҮЙ** – абдан кичине жеңил боз үй. Жеңил үй үч канат керегеден, ууктан, түндүктөн турат. Айрым жерлерде Ж. ү. кереге, түндүксүз эле узунураак таяктардын бир учу жерге сайылып, түндүк ордуна бир кулач ичкерээк талдын эки башы бириктирилип, көк м-н байланып тигилет. Ж. ү-дү жылкычы, койчу, жоокер, соодагерлер урунушкан.

**ЖООЛУК ТАШТАМАЙ** – жаштар оюну. Катышуучулар тура калып чуркоого оңтойлонуп, буттарын жүйүртө басып тегерете отурушат. Оюнду баштоочу отургандарды айлана чуркап, колундагы эшилген жоолукту же жумшак курду отургандардын биринин артына билгизбей таштайт. Жоолук ташталганын атаандашы билип калса, шарт туруп, ташталган жоолукту алып, жоолук таштаган оюнчуну өз ордун (эреже б-ча жоолукту алган оюнчунун ордун) тапкан-ча кууйт, жетсе жоолук м-н чапкылап, жоолукту берет. Эгер жоолук ташталганын сезбей калса, жоолук таштаган оюнчу отургандарды айланып келип, жоолукту алып атаандашын чапкылап, тегеректи айланта кууп, өз ордуна келтирет. Жоолук таштаган оюнчу өзү отургусу келсе, тура качкан баланы бир аз чапкылап, колундагы жоолукту кө-көлөтө ыргытып, тигинин ордуна отура калат. Жаңы оюнчу Ж. т-ды ушул тартипте уланта берет. Ж. т. жаштарды сезгичтикке ж-а шамдагайлыкка тарбиялап, тез чуркоого машыктырат.

**ЖОРГО** – жылкы жүрүшүнүн бир түрү. Жылкы бир жак буттарын (оң жаккы алдыңкы ж-а арткы буту) бир убакта көтөрүп, алга таштайт. Анын арымы таскакка караганда кыска, тез кайталанат. Ж. жол Ж., кой Ж., чапма Ж. болуп айырмаланат. Жол Ж. м-н кой Ж. жай, чапма Ж. катуу жорголойт. Чапма Ж. таскакка окшош болгондуктан анын Ж. жүрүш экени жылкыны арт жагынан караганда даана байкалат. Ж. саатына 10–15 *км* жол жүрөт.

**ЖОРО БОЗО** – эркектердин шерине сыяктуу чогулуп тамак ичүү каадасы. Ж.б-ну жаш курактарына карай бөлүнгөн эркектер тобу түзгөн. Топко 25–40 адам кирген. Алар күз мезгилинде Ж.б-нун уюшмасын башташкан. Ал адатта, кыш бою өтүп, жазында гана токтолгон. Ж.б-нун алдында ага кирген кадыр-барктуу адамдардан бий шайлашкан. Анын милдети Ж.б-нун кезегин сактоо, тартипке чакыруу, жазалоо. Жашыраак бирөө-нү эрке бала коюшкан. Ал түздөн-түз бийдин тапшырмаларын аткарып, оюн-зоокторду уюштуруп, тартип бузгандарды жазалаган, ойго келбес тамашалуу жазаларды ойлоп таап, элди күлдүргөн өткүр, тамашакөй болгон. Бийдин оң аталык, сол аталык деген эки жардамчысы болуп, алар оң, сол тарапта олтургандарга көз салып турган. Ж. б-нун мүчөлөрү бий м-н аталыктар аркылуу гана сүйлөшө алган. Эки адам көлбөчү болуп да-йындалып, бозо куюп турган. Бир адам кесекүл дайындалып, бозо сунган. Эки адам эшик агасы бекитилип, босогодо бийдин уруксаты м-н кирип чыккандарды тескеген. Бозону чыпкалап берип турган адам күрө-көч деп аталган. Ал жорого катышкандардын катарына кирген эмес. Калган катышуучуларды жорокеч, жорочулар деп аташкан. 1-жорону айгыр жыяр деп атап, аны бий тапшырган адам өткөргөн. Боз үйдү бошотуп, ала кийиз, туш кийиздерин гана калтырган. Үйдүн ортосуна атайын идишке бозо куюшуп, бозону бийден баштап кезеги м-н ичишкен. Ж.б-до оюн зооктор, тамаша көрүнүш-төр кенен орун алып, сармерден айтылган, комуз чертип, ыр ырдашкан. Бозо куюлган жыгач аяк эки-үч ирет айланта ичилгенден кийин дем албас ичишкен. Ж.б-го кокусунан келген адамды саламчы деп аташкан, аны бийдин гана уруксаты м-н киргизишкен. Уюшманын аягында үйдүн ээси жорокечтерге эт тарткан. 2–3 күндөн кийин Ж.б-ну кезектеги адам аткарган. Адатта Ж. б. эртең м-н эрте башталып, кечке чейин жүргөн. Ж. б-нун кезеги аяктаарда сол аталык, оң аталык, эрке бала, эң акы-рында бий өзү «бийлик жоро бозо» өткөрүшкөн. Акыркысы салтанаттуу өткөн. Ат оюндары, улак тартыш, күрөш, эңиш ж.б. уюштурулган. Буга каалагандардын бардыгы катыша алышкан.

**ЖУВАЗ** – өсүмдүктөрдүн уругунан май тартуу (май Ж.) ж-а шалы актоо (ак Ж.) үчүн пайдалануучу өтө жөнөкөй түзүлүштөгү буюм. Алгачкы Ж-дардын дөңгөлөгүн бир же эки киши жөө түртүп айландырышкан. Бара-бара ага өгүз, эшек, ат чегиле баштаган. Акырында Ж. тегирмен сыяктуу суунун күчү (бара) м-н жүргүзүлө баштаган. Май Ж-дын соку сымал бөлүгү бир же бир нече катуу чулу жыгачтан жасалып, айрымдарынын ичине жука темир капталган. Ж-ды чоң соку таштарды чуңкурайта терең оюп да жасашкан.

Булардын жанчууру (сок билеги ) оор келип, анын учу сокусунун түбүнө текши тийгендей жалпагыраак жасалып, айрымдарына темир капталган. Ж. Кыргызстандын түштүк аймактарында колдонулган.

**ЖУВЕЙНИ**, А л а а д Д и н А т а Мелик и б н М у х а м м е д (1226–1283) – фарсы тарыхчысы ж-а мамлекет ишмери. Хулагулар династиясы Иранды башкарып турган мезгилде жашаган. Хорасандын бийлик ээсинин атайын тапшыруусу м-н Моңголияга (Каракорумга) үч ирет барып келген. Анын 1260-ж. фарсы тилинде жазылган. «Тарих-и-жахангушай» («Дүйнөнү ээлеп алуунун тарыхы») деген эмгеги Орто Азия ж-а Борб. Азия элдеринин 12–13-к-дагы тарыхы б-ча баалуу даректерден болуп эсептелет. Бул эмгекте теңиртоолук кыргыздар туу-ралуу маалыматтар бар. Анын эмгегин толугу м-н басмага Мирза Мухаммед хан Казвини даярдап, үч том кылып чыгарган (Лондон, 1912–37).

**ЖУЖАНДАР**, ж у а н – ж у а н д а р, ж у й ж у й л а р, ж у ж у л а р – 3–6-к-да Манжу-риядан Түркстанга чейинки талаа тилкелеринде жашаган көчмөн уруу союзу. Кытай жазма булактарында Ж-дын келип чыгышы тууралуу туруктуу маалымат жок. Жазма тарыхый булактарда Ж-дын келип чыгышы тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтар өкүм сүрөт: 1. көчмөн духу элинин тукумдары; 2. сюннулардын (хунндардын) бир уруусу. Батыш изилдөөчүлөрү Ж-ды түрктөр деп эсептеп, аварлар м-н байланыштырышат, япон окумуштуулары Ж-ды протомоңголдор деп эсептешет. Кээ бир орус окумуштуулары Ж-ды моңгол тилинде сүйлөгөн калк деп божомолдошот. 5-к-дын 2-жарымында Ж. Турпан ойдуңун басышып, Гаочан мамл. негиздешкен. 6-к-дын башында Ж. түрктөрдү Чыгыш Түркстандан Алтай тоолорунун түштүк тарабына көчүрүлгөн. Себеби, түрктөр Ж-га формалдуу көз каранды болуп, гаоцзюй динлиндерине (теле) каршы согушка катышкан. Ушул кагылыштан соң Чыгыш Теңиртоодогу байыркы кыргыздар Енисейге жер которуп, енисей кыргыздарынын тарыхы башталат. Бумын кагандын учурунда түрктөр Ж-га каршы чыгып, алардын мамл-ин талкалайт. Ушул мезгилден байыркы түрк империясынын жаңы тарыхы башталат. Борб. Енисейде кыргыздардын мамл. уюшулат. Ж-дын бир бөлүгү Түндүк Кореяга, Кытайга качкан, башка бөлүгү батышка ооп, кийин авар деген аталыш м-н белгилүү болгон.

**ЖУКЕЕВ** Таабалды (жашырын аты – Пудовкин Александр Александрович; 1882, Каракол уезди, Жетиөгүз болушу – 1930, Нарын ш.) – кыргыздан чыккан алгачкы революциячыл-большевик, интернационалчы. Бала чагынан байларга малай жүргөн. 1899-ж. аны Анжиянга мал айдатып келген кожоюну таштап кеткен. Ушул эле жылы Ж. Ташкенге келип, темир жол курулушунда жумушчу болуп иштеген. Ташкен, Кызыларбат, Красноводскиде жумушчулар кыймылына катышкан. 1905-ж. Ташкендеги темир жол жумушчуларынын иш таштоосуна катышкандыгы үчүн 1906-ж. Закаспий крайына сүр-гүнгө айдалган. 1917-ж-га чейин ар кандай мөөнөттө Саратов, Ташкен, Варшава, Нижний Новгород түрмө-лөрүндө отурган. 1907-ж. Ж. Ташкен шаардык полициянын начальнигине кол кайырганы үчүн кайра кармалып, асып өлтүрүүгө өкүм кылынган. Кийин өлүм жазасы 15 жылдык сүргүн м-н алмаштырылган. Февраль революциясынын (1917) натыйжасында түрмө-дөн бошонуп Богородский «Электросталь» заводунда слесарь болуп иштеген. 1918-ж. өз ыктыяры м-н Кызыл Армиянын катарына өтүп, Москва губерниясында Совет бийлигин орнотууга катышкан. Урал облусунда контрреволюцияга каршы күрөшүү б-ча атайын комиссияда иштеген. 1919-ж. Түштүк фронттун 22-аткычтар дивизиясынын 197-мусулмандар полкунун комиссары, Геленжик аскер гарнизонунда кызмат өтөгөн. Граждандык согуш мезгилинде Крым, Кавказды ак гвардиячылардан, интервенттерден бошотууга катышкан. 1920-ж-дан Түркстан фронтунун оператив-дүү-тергөө бөлүмүндө иштеген. 1924-жылдан Кыргызстанда сов., чарбалык иштерде кызмат кылган. Г. *Айтиев* жасаган Ж-дин бюсту Нарын ш-нын гүлбагында орнотулган. К. Бектенов Ж-дин өмүрүн, ишмердигин чагылдырган «Таабалды Пудовкин» деген повестин жазган. Респ-да Ж-дин ысмы берилген көчөлөр бар.

**ЖУМАГУЛОВ** Апас Жумагулович (1934-ж. т., Чүй облусу, Аламүдүн р-ну, Арашан айылы) – коомдук-мамл. ишмер. Кыргыз Респ-нын Министрлер Советинин төрагасы (1986–91), Премьер-министри (1993–98), Геол.-минералогия ил-нин доктору (1999). Кыргызстан инженерлик академиясынын академиги (1992). Москвадагы И. М. Губкин атн. мунай-химия ж-а газ өнөр жайы ин-тун (1958), КПСС БКга караштуу Коомдук ИАны бүтүргөн. СССР ИАнын комплекстүү Түштүк геол. экспедициясынын лаборанты, Ош облусундагы «Кыргыз мунай» башкармасынын башкы геологу, башкы инженери (1958–73). 1973–85-ж. партиялык иште – Кыргызстан КП БКнын өнөр жай, транспорт бөлүмүнүн башчысы, КП БКнын катчысы, Ысыккөл обкомунун 1-катчысы. 1991–92-ж. Чүй облустук эл депутаттар кеңешинин төрагасы, 1992-жылдан Чүй облустук мамл. админ-нын башчысы, 1986–91-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. 1999-жылдан Кыргыз Респ-нын Германиядагы элчиси. Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1978). Манас, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ЖУМАКМАТОВ** Асанкан (1923-ж. т., Кант р-ну, Ысыката айылы) – дирижёр, Кыргыз Респ-нын искусствого эмгек сиңирген ишмери (1958), Кыргыз ССРинин эл артисти (1969), СССР эл артисти (1977). Кыргыз Респ-нын Баатыры. 1938–42-ж. Кыргыз музыкалык драма театрынын оркестринде солист. 1942–48-ж. Москвадагы Чайковский атн. консерваториясынын улуттук студия-сынын дирижёрлук классында (В. С. Смирновдон) окуган. 1958-ж. дирижёр бөлүмүнүн (Л. Гинзбург м-н Б. Хайкиндин классы б-ча) бүтүргөн. 1958—62-ж. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрында башкы дирижёр, 1962–72-ж. Кыргыз мамл. К. Орозов атн. эл аспаптар оркестринин башкы дирижёру ж-а көркөм жетекчиси. 1972-жылдан Кыргыз мамл. Ленин

ордендүү акаде-миялык опера ж-а балет театрында башкы дирижёр ж-а директор (1980–83). 1983-жылдан Кыргыз Респ-нын телекөрсөтүү ж-а радиоуктуруу б-ча мамл. компаниясынын симфониялык оркестринин көркөм жетек-чиси ж-а башкы дирижёру. Ж. Кармен (Ж. Бизе), «Карганын маткеси» (П. И. Чайковский), «Русалка» (А. С. Даргомыжский), «Көл боюнда» (В. А. Власов, А. Малдыбаев, В. Г. Фере), «Аида» (Ж. Верди), «Борис Годунов» (М. П. Мусоргский), «Жамийла» (М. Р. Раухвергер), «Ромео жана Жульетта» (С. С. Прокофьев) ж. б. ондогон опера ж-а балет, дүйнөлүк, советтик, кыргыз композиторлорунун ар кайсы жанрдагы чыг-ларына дирижёрлук кылган. Залкар комузчулардын, обончулардын күүлөрүн, обондорун эл аспаптар, симфониялык оркестрлер үчүн иштеп чыккан, даректүү ж-а көркөм фильмдерге, циркке музыка жазган. Ж. Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1972). Эки Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ЖУҢГАР-КЫРГЫЗ СОГУШТАРЫ,** Кыргыз-калмак согуштары – 17-к-дын башы – 18-к-дын ортосунда ойроттордун кол салууларына каршы кыргыздардын күрөшү. Жуңгариядагы ойроттор 15-к-да эле кыргыздар жашаган Теңиртоого, Ферганага жортуулга келип турган. Ойроттордун негизги максаты жергиликтүү калктардын мал-мүлктөрүн тартып алуу, салык (алман) төлөтүү, айрыкча кыргыз, казак, өзбек ж-а уйгур жерлерин жайыт катары пайдалануу болгон. Орто Азия аймагында калмактар да жуңгарларга каршы биргелешип күрөшүүгө умтулушкан. 17-к-дан баштап күрөш улам күчөй баштаган. Алгач 1620-ж. кыргыз, казак аскер күчтөрү жортуулга келген калмактарды өз аймактарынан сүрүп чыгышкан. 1626–27-ж. кыргыз, казак жоокерлери калмактарга каршы жортуул уюштуруп, аларды Сибирге чейин сүрүп барышкан. 1633-ж. калмактар кыргыздар м-н казактарга кол салып, жеңишке ээ болушкан, казактардын ханы Эшим хандын уулу Жангыр султанды туткунга алышып, кийин коё беришкен. 1643-ж. Орто Азияга чоң жортуулду хонтайжы Эрдени баатыр өзү баштаган, ал алгач «кыргыздардын эки аймагын ээлеген», андан ары Ташкен, Түркстан тарапка бет алган. Бирок, бул жерден ага түрк тилдүү калктардын Жангыр ж-а өзбек кол башчысы Жалаңтөш аталык жетектеген биргелешкен күчтөрү каршы турган. Аларга кыргыз аскерлери да чечкиндүү жардам беришип, калмактарды өзүлөрүнүн чегарасына чейин сүрүп ташташкан. 1652-ж. кыргыздар м-н казактарга каршы Очирту Цэцэн хан жортуулга чыккан. 1658-ж. Талас өрөөнүндөгү Куланжылан деген жерде кыргыз, казак, өзбектердин Абдышкыр баштаган 38 миң жоокери калмактар м-н согушуп, жеңилүүгө дуушар болушкан. 1681–85-ж. Галдан Бошокту хандын аскерлери Кыргызстандын түштүгүнө бир нече ирет жортуулга барышып, Ош, Өзгөн, Сайрам ш-на чоң зыян келтиришкен. 1707-ж. Цебан Рабтан теңиртоолук кыргыздар м-н салгылашкан. 1718-ж. 2,5 миң адамдан турган калмак аскери кыргыз жерлерин аралап өтүп, Түркстан ш-нын жанында казактардын 3 миң жоокерине кол салган. 1718–22-ж. Кыргызстандын түндүк тарабындагы бир катар аймактар убактылуу жуңгарлардын кол алдында калган. Элдик санжырада бул аймактардагы кыргыздар калмактардын кысымынан Фергана, Каратегин, Кысар (Гисар) тарапка эки жолу жер которууга мажбур болгон. Ал тууралуу эл ичинде «Казак кайың сааганда, кыргыз Кысарга, Көлөп киргенде» деген ылакап айтылып калган. 1725-, 1727-ж. калмактар Кыргызстандын түндүгүнө жортуул жасашкан. Кыргыздар согушпастан, келишимге жараша 30 адамды ак үйлүүгө бергенге мажбур болушкан. 1729-ж. казактар Ангракай деген жерде чоң салгылашууда калмактарды жеңишкен, бирок анын үзүрүн көрө албай, ичара бийлик талашуудан бөлүнүп-жарылып начарлаган. Калмактар 1732-ж. Кетментө-бөдөгү *Мааматкул бий* башкарган кыргыздарга ж-а 1736-ж. же 1738-ж. Бадахшан тарапка үч ирет жортуулга чыгышкан. Анын акыркысында кыргыздар калмактардын күчүнө катуу зыян келтиришкен. 1744-ж. кыргыздар м-н калмактардын ортосунда согуш болгондугун тарыхый булактар билдирет, жыйынтыгы белгисиз. 1745–46-ж. калмактар Фергана тарапка чоң жортуул уюштурушуп, жеңилүү м-н кайтышкан. 1748-ж. кыргыздар Кашкар ш-нын тегерегинде калмактардын 10 миң жоокерлеринен 7 миңин мерт кылышкан. 1749-жылдын жай айларында кыргыздар 30 миң калмак колунун 10 миңин жок кылышып, душманды чегинүүгө мажбурлашкан. 1752-ж. Ысыккөлдүн жээгинде калмактарга катуу сокку берип, кыргыздар жеңишке ээ болушкан. Ушундан баштап кыргыздардын калмактар м-н болгон согуштары боштондук мүнөзгө ээ болуп, үстөмдүк кыргыздар тарапка өткөн. Бул согушта кыргыз, казак жоокерлери калмактарга каршы биргелешип аракет кылышып, 1755-ж. чейин душманга алдырган жерлерин толугу м-н кайрып алууга жетишишкен. 1755–58-ж. калмактардын мамл-н Цинь империясы кыйраткан.

**ЖУҢГАР ХАНДЫГЫ –** 1635–1758-ж. өкүм сүргөн батыш моңголдордун мамлекети. Моңгол тилинде «жунгар» – «сол кол», ал эми «барунгар» – «оң кол» дегенди түшүн-дүрүп, бул аталыш саясий бирикмени туюнт-кан. Чыңгыз хандын тушунда биригиш-кен батыш моңгол уруулары бул мамл-те анын аскерлеринин сол канатын түзүшкөн. Ж. х-нын аймагы алгач чыгышта Хан-гай тоолорунун батыш кыркаларын, түштүктө Гоби чө-лүн, батышта Моголстанды, түндүк-тө Иртыш, Енисей дарыялары башталган жерлерди камтыган. Кийин Жуңгария аймагы деп аталып калган. Түрк тилдүү калктар батыш моңголдорду «калмактар» (мусулман эместер), кытайлар «элюттар», ал эми өзү-лөрү «ойроттор» деп аташкан. «Токой эли» деген маанини берет. Айрым маалымат-тарда аларды «дербен ойрот», «төрт ойрот» союзу (бирикмеси) деп аташкан, анын курамы ар кандай мезгилде ар кыл болгон. Ойрот союзу В. Бартольддун пикири б-ча 14-к-да түзүлүп, ага чорос, хошоут, торгоут ж-а хойт, Т. Бейшеналиевдин пикири б-ча о. эле элут, бахатутэ, хойт, кыргыз уруулары да кирген. 15-к-да ойроттордун башчысы Эсен тайшынын (1439–55) убагында бүткүл Моңголия анын бийлигинде болгон. Ушул мезгилдерде ойроттордун аскерлери Теңиртоо тарапка жортуулдары уюштуруп, Сырда-рыяга чейин

келип турушкан. 16-к-да ойроттордун бийлиги начарлап, мамлекет чорос уруусунун өкүлү Каракулла тайшынын аракети м-н калыбына келген. Ал өлгөндөн кийин, бийлик анын уулу Баатыр хонтайжыга өтүп, 1635-жылдан ойроттордун өлкөсү Ж. х. деп атала баштаган. 17-к-дын башында торгоуттар Россия аймагына көчүп барып, Волга дарыясынын оң жээгине жайгашып, Ак калмактар хандыгын түзүшкөн. Жуңгариянын калкы негизинен көчмөн турмушта жашап, мал чарбачылык м-н кесиптенишкен. Коңшу өлкөлөр м-н саясий-экон. алакада болуп, ушул жагдайдагы маселелерди аскер күчүнө таянып чечүүгө ык коюшкандыктан, жоокерчилик турмуш кечиришкен. Ойроттор лама багытындагы сарылар динин (желтая вера) тутушкан. Хандыкта хонтайжыда чексиз бийлик болуп, ал атадан балага мураска өткөн. Анын алдында кеңешүүчү орган катары зорго түзүлгөн. Зорго – хандын жакын туугандары м-н таасирлүү уруу башчыларынан (тайшалар, зайгандар ж-а нойондор) турган. Ж. х-нын бийлик ээлери: Эрдени Баатыр хонтайжы (1635–53), Сенге хонтайжы (1653–70); Галдан Бошокту хан (1670–97); Цеван Рабдан (1697–27); Галдан Церен (1727–45); Цебен Доржи Намжил (1745–50); Эрдени Лама баатыр хонтайжы (1750–53); Даваци (1753–55); Амурсана (1755–57). 17-к-дын аягы – 18-к-дын 1-жарымында ойроттор Чыгыш Түркстанда (негизги калкы уйгурлар, кыргыздар) Кыргызстандын, Казакстандын ж-а Өзбекстандын кээ бир жерлерин ээлеп алып, калкынан салык (алман) алып турган. 18-к-дын ортосунда түрк тил-дүү калктар: казактар, кыргыздар, каракалпактар, өзбектер, уйгурлар биргелешкен боштондук кыймылдын натыйжасында калмактарды өз жерлеринен сүрүп чыгышкан. Ж. х. 18-к-дын ортосунда ички чыр-чатактан ж-а бийлик талашуудан начарлап, Цин империясына караган.

**ЖУПКА** – камырдан даярдалган тамактын түрү. Буудай ундан камыр жасалып, жука жайылып, казанга каттап-каттап бышырылат. Ж-ны сүткө бышырып, май кошуп жейт же болбосо шорпого, сууга бышырып сүзмө катыктап пайдаланышат. Аны кургатып, майдалап баштыкка салып алыс жолго чыкканда жол азык катары да ала жүрүшкөн.

**ЖУСУП БАЛАСАГУНИ,** Й у с у ф  Хасс Х а ж и б (болжол м-н 1020–90) – түркий калктардын ойчулу, акын, мамл. ишмер. Чүй өрөөнүндөгү Баласагун ш-нда туулган. 1069–70-ж. он сегиз айдын ичинде өзүнүн даңазалуу «Кутадгу билиг» – «Кут берчү билим (бийлик) дастанын жазган ж-а аны Кашкардагы Чыгыш караханийлер каганы Сулайман Арслан Кара-кагандын уулу Тавгач Буура Кара-каган Абу Хасанга (1056–1103-ж. бийлеген) тартуу кылган. Караханийлик адабий тилде – «Буура хакандык түрк тилинде» жазылган бул чыгармасы үчүн ага ордо иштеринин башчысы – «атайын хажип» даражасы ыйгарылган. Өз доорундагы коомчулуктун билимкөйлөргө болгон кадырлоосун ал дастанынын төмөнкү саптарында чагылдырат:

Дагы бири – билимдүү, куттуу аалымдар болор,
Илимдүү калк үчүн алар – жаркытар жол…
Алардын билими болду го элине шамдай,
Жаркыса шамдар, уланар түнкү жол жанбай»

Теңиртоолук билимкөй калк тек гана ислам динине таандык китептерди окуу м-н чектелбей, так илимдерди да терең өздөштүр-гөндүгү Ж. Б-нин дастанынын жылдызды иликтөөчүлөргө (астрономдор м-н астрологдорго) арналган бабындагы саптарынан айгинеленет:

«Билейин десең, сен оку эсеп илимин,
Ачылар санак капкасы ушундан кийин.
Оку көбөйтүп, бөлүүнү, түгөл бил бөлчөгүн,
Түгөлүн түгөлдөгөн, ал – сынактыр, билим чегин…
Дагы калса, «ал-жабр ва-л-мукабал» (алгебра) оку,
Оклидистин (Евклиддин) капкасын эринбей соккун».

Көөнөргүс философиялык-дидактикалык поэма болгон «Кутадгу билиг» – теңиртоолук түрктөрдүн биздин күнгө чейин жеткен мусулмандык рухтагы эң алгачкы ири жазма көркөм адабий чыгармасы.

**ЖУСУП** Мамай (1918-ж. т., Кытай Эл Респ., Кызылсуу Кыргыз автономиялуу облусу, Акчий оданы, Меркеч айылы) – кытайлык кыргыздардын манасчысы. Кытай Жазуучулар Союзунун мүчөсү. Жети жашынан кат сабатын жойгон. Манасчылык өнөрдү агасы Балбайдан үйрөнүп, аны чогултуп, кагазга түшүрүп жүргөн. Балбай 46 жашында Кашкар түрмөсүндө көз жумуп, ага тиеше-лүү кагаздар жок кылынган. Ж. «Манасты» сегиз урпагына чейин бүт айтат. Анын айтуусундагы эпос 500 миң сапты түзөт. Манастын Ж. айткан варианты Кытайда араб тамгасы м-н 1984-жылдан бери басмадан чыгууда. Мындан тышкары «Түштүк», «Мамаке Шопок», «Көбөөн», «Толтой» сыяктуу чакан дастандары да басмадан чыккан.

**ЖУУШАҢ** – кыркуучу кайчы сымал курал. Курч темирден, узун, ичке, эки жаактуу жасалган. Анын жаагынын ич жак бети жүн кыркууга ылайыкталып, курч миздүү, жүндү аралап киргидей учтуу, сабы колго өтпөгүдөй кылып жумурулантылат. Сабынын бирөө ич жагын карай имерилип, экинчисинин көзөнөгүнө киргизилет. Ж-ды ачылган кайчылаш абалында сабынан оң колго кармап, жүнгө аралата сойлотуп, сол кол м-н Ж-дын уч жактарын ичин карай кысканда жүн кыркыла баштайт. Ж. м-н жүн кырккан адам кыркмачы деп аталган.

**ЖУЧУ УЛУСУ** – түрк–моңгол урууларынын орто кылымдардагы мамлекети. 1224-ж. Моңгол мамл-н бөлүшкөн учурда Чыңгыз хандын улуу уулу Жучунун энчисине тийген. Иртыш дарыясынан Урал тоолоруна, батышы «моңгол атынын туягы тийген жерге чейинки» жерлер, түштүгү Чагатай улусу м-н чектешкен аймак.

Батый хандын Чыгыш Европага жасаган жортуулунан кийин Жучу улусунун аймагы бир кыйла кеңейген. 13-к-дын орто ченинде Ж. у. Моңгол мамл-не көз каранды болбой калган. Калкын негизинен түрк тилдүү элдер түзгөн. Бул улус-тун аймагында кыпчак тилдүү элдердин (башкыр, казак, ногой, каракалпак) этностук калыптануусунун алгачкы этабы жүргөн. Ж.у-н 15-к-да Тимурийлер мамл. талкалаган.

**ЖУЧУ ХАН** – (туулган жылы белгисиз – 1227-ж. ченде өлгөн) – моңголдордун атактуу аскер башчысы; Чыңгыз хандын тун уулу. 1206-ж. Чыңгыз хан такка олтургандан соң, Ж. х. кыргыздар курамына кирген «токой элдерин» багындырууга аттанган. Моңголдордун аскердик үстөмдүгүн көрө билишкен кыргыздар Еди Инал, Алдияр, Өлөбек тегин деген нойондорун (эл башчылары) Ж. х-га моюн сунгандыктарын билдирүү үчүн элчи катары жөнөтүшкөн. Кыргыздардын бир аймагынын башкаруучу иналы элчиликти жетектеген. Кыргыз бектери наймандардын ж. б. коңшу уруулардын кайгылуу тагдырын көрүшүп, урушсуз баш ийип беришкен. Ж. х. 1218-ж. тумат-кыргыз көтөрүлүшүн ырайымсыз баскан. Кытайды (1211–15), Орто Азияны (1219–21), Дашт-и-Кыпчакты (Кыпчак талааларын) басып алууга катышкан. Басып алган жерлерди бөлүштүрүүдө Иртыштан Уралга чейинки ж-а батыш тараптагы көбүнесе кыпчак тилдүү уруулар байырлаган жерлерди алган. Ж. х. батышка жасамакчы болгон жортуулун баштоого үлгүрбөй өлгөн; айрым маалыматтар б-ча өзүмө каршы чыгат деп шексинген атасы Чыңгыз хан тарабынан өлтүрүлгөн.

**ЖҮЗ БАШЫ** – түрк аскер курамында жүз аскердин башчысы.

**ЖЫГАЧ ООЗ КОМУЗ** – улуттук музыкалык (тилдүү үйлөмө) жыгач аспап. Сары жыгачтан, бөрү карагаттын бадалынан, шилбиден, ыргай жыгачтан жасалат. Тандалып алынган жыгачты сызгычтай жукартып, оозунун ортосунан тил чыгарылат. Тилдин түп жагы ичке көзөлүп, ага жип тагылат. Ж. о. к-дун уз. 150–200 *мм*, ичке башы 9–12 *мм* келип, учу деп, экинчи жагы жазыраак 18–22 *мм*ди түзүп, түп жагы деп аталат. Тилдин эки жак капталынан орун алган алкак аспаптын жаактары болот. Тили жазы (7–9 *мм*) ж-а ичке (2–3 *мм*) бөлүктөн турат. Жазы жагынан оюлган көзөнөккө уз. 260–300 *мм* келген боо жиби (какма, илме жип) тагылат. Ж.о.к-дун жаагын эриндин арасына коомай коюп, тилине бекитилген жипти кагуу аркылуу үйлөп (же дем тартып) чертет.

**ЖЫЙЫН** – кыргыздардын салттуу коомунда маанилүү маселелерди кеңешип чечүүчү башкаруунун түрү. Ж. уруу аксакалдарынын, бийлердин, кадырлуу баатырлардын демилгелери м-н белгилүү бир мөөнөттө, алдын ала макулдашылган жерге чакырылган. Ж-дын бир нече түрү болгон. Чоң Ж-да бир нече ири уруулардын өкүлдөрү катышып, бийлик, жайыт, жер, согуш, келишүү (жарашуу) ж.б. маселелерди караган. Урук, бир атанын балдары өткөргөн Ж-да күнүм-дүк турмуш-тиричилик, конок алуу, узатуу, айыл ичиндеги чыр-чатак, талаш-тартыш ж.б. маселелерди чечишкен ж-а алардын аткарылышына көзөмөл кылышкан.

**ЖЫЙЫРМА СЕГИЗ ПАНФИЛОВЧУЛАР** – Улуу Ата Мекендик согушта Москва алдындагы салгылашта артыкча эрдик көрсөткөн панфиловчу жоокерлер. Волокаламск ш-нан түштүк-чыгыш тарапта Дубосеково темир жол разъездинде 316-аткычтар полкунун 2-батальонунун 4-ротасынын аткычтары душманга каршы төрт саат бою салгылашкан. 28 жоокерден турган бул топту кенже саясий жетекчи В. Г. Клочков-Диев (1911–1941) башкарган. Анын уруш алдында айткан, «Россия – кең, бирок чегинүүгө жер жок – артыбызда Москва» – деген сөзү борбор шаарды коргоочулар үчүн ураанга айланган. Жоокерлердин алтоо – Николай Ананьев (1912–1941), Григорий Конкин (1911–1941), Иван Москаленко (1912–1941), Григорий Петренко (1909–1941), Григорий Шемякин (1906–1975) ж-а Дүйшөнкул Шопоков (1913–1941) Кыргызстандан болушкан. Жоокерлер чабуул коюп келе жаткан фашисттик элүүдөй танктын он сегизин талкалап, калганын чегинүүгө аргасыз кылышкан. Ж. с. б-дын 23ү курман болгон. 1975-ж. бул салгылашуунун ордуна «Жыйырма сегиздин эрдигине» деген эстелик ансамбль тургузулган.

**ЖЫЛААЖЫН** – коздук үчүн жезден жасалып, күмүш жалатылган өтө кичинекей тоголок коңгуроо. Ж-ды кичинекей балдардын жакаларына, жаш кыздардын шуру, мончокторунун, келиндердин чач учтугунун ар кайсы жерине тагышкан. Кыз минүүчү атка катылган жүгөндүн сагагына бириктиришкен. Кыз-келиндер кийүүчү бийик өкчөлүү өтүктүн такасын атайы көңдөйлөп, ага Ж. орнотушкан. Аны кийип басканда уккулуктуу үн чыккан. Ж. айрым жерлерде зыңгырооч деп аталат.

**ЖЫЛ АЖЫРАШ,** Н о о р у з – элдик эсеп б-ча жаңы жылдын келиши. Бул мезгил күн м-н түндүн теңелишине тура келет (19–21-март). Муну көпчүлүк убакта Нооруз, Ж. а. деп атап, жалпы майрамдашкан. Ж. а. келип чыгышы б-ча байыркы чыгыш элдеринин дыйканчылыгына түздөн-түз байланыштуу. Бул мезгилде жаратылыш жанданып, алгачкы соко жумуштары башталат. Төмөн-дөгүдөй мүнөздүү белгилерге ээ. Биринчиден Ж. а-ар мезгилге бир нече күн калганда буудайды, арпаны өндүрүп, эртеси жыл ажырайт деген күнү казанга салып, сүт, эт кошуп таң атканча бышырышкан. Даярдалган тамакты көп көжө, чоң көжө, нooруздама деп аташкан. Мындай тамакты айыл ичи чогуу бышырышкан. Тамак даярдалганга чейин ар кандай оюн-зоокторду өткөрүш-көн. Түштүктө өндүрүлгөн буудайга жети түрлүү азык (май, өрүк-мейиз, жаңгак ж.б.) кошуп кайнатып, сүмөлөк деп аталган майрамдык тамак даярдашкан. Экинчиден, бардык жерде от жагышып, анын үстүнөн чоң-кичине дебестен аттап секиришип, малды алардын ортосунан айдап өтүшкөн. Үй ичин, короону, бак-шактарды арча, чекенди, бүчүр күйгүзүшүп аласташкан. Отту тазартуучу элемент катары кабыл алышкан. Үчүнчүдөн, бул күндөрү бардыгы жаңы кийимдерди кийишип, коздуктарды тагынышкан. Учурда Нооруз майрамы жалпы мусулман өлкөлөрүндө элдик майрам катары майрамдалат.

**ЖЫЛАМЫШ КӨРҮСТӨНҮ** б. з. ч. 3-к. – б. з. 5-к-нда усун урууларынан калган мүрзөлөр. Сокулук р-нундагы Жыламыш суусунун батыш тарабындагы тектирде жайгашкан. Ж.к. бир канча мүрзөлөрдөн туруп, көбү а. ч. иштеринин жүрүшүндө талкаланган. Мүрзө дөбөлөрү таш ж-а топурак үйүндүсүнөн туруп, түндүктөн түштүктү карай тизмектешип жайгашкан. Мүрзө-лөрдүн бийиктиги 0,10–1,15 *см*, диаметрлери 5–16 *м*. Маркумдардын сөөктөрү тик бурчтуу казылган чуңкурга, жарма көрлөргө коюлган. Сөөктөр чалкасынан жаткырылып, башы түндүк-батышка каратылган. Антропологиялык жагынан баш сөөктөр европеоид ж-а монголоид аралашма расасында болушкан. Карапа идиштер, кездеме калдыгы, темирден жасалган канжар, бычак, сөөктөн жасалган жаа бастырмалары, алтындан жасалган курдун тогосу ж-а маркумга багышталып союлган малдын сөөктөрү табылган.
**ЖЫЛКЫ БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНДА**. Коло доорунан тартып жылкы кыргыз элинин турмушунда орчундуу орунду ээлеген. Алгач жапайы жылкы тамак, азык катары колдонулган. Б. з. ч. 3-миң ж-дыктан жылкы колго үйрөтүлүп мингич, унаа катары кеңири пайдалана баштайт. Арабага чегилип, унаа катары колдонулушун коло дооруна тиешелүү Саймалыташ, Алайдагы Тергенташ аска бетине тартылган сүрөттөр далилдейт. Коло доорунда жылкынын бою кыска, чыдамдуу, буттары ичке, башы кичине, моюну узун болгон. Б.з-дын башында Дабан мамл-нин жылкылары жогору бааланган. Кытайлар Дабандын борб. Эршинин аттарын алууга куштар болушкан. Ошол себептүү б. з. ч. 104, 99-ж. кытай аскерлери Дабанга кол салган. Аравандагы Дулдулата мазарындагы аска бетине тартылган сымбаттуу жылкы проф. А. Н. Бернштамдын пикиринде Эрши жылкысына кирет. 6-к-дан Евразиянын тоолуу, талаалуу тилкесинде Улуу көч доорунун улантуучуларынын арасында байыркы түрк урууларынын эстеликтери тарай баштайт. Адамдын жылкы м-н көмүлгөн көрүс-төндөрү, маркумга арнап орноткон балбал таштары, байыркы түрк руна жазуулары ж-а аска бетине тартылган атчан жоокерлердин сүрөт-төрү ушул доордун мүнөздүү эстеликтери болуп саналат. Айрым көрүстөндөрдө жоокердин, аял кишинин ж-а баланын жанында ээр токумдуу жылкы сөөгү кездешет. Айрымдарынын жанында жылкы жок. Балким, коомдун айрым мүчөлөрү жылкыны кошо көмүүгө чамасы келбесе керек. Жылкынын кошо көмүлүшү тиги дүйнөдө маркумга кызмат кылуу ишенимине байланыштуу. Байыркы түрк калктарынын чарбалык, согуштук турмушундагы жылкынын жогорку ролу алардын руханий дүйнөсүнө таасирин тийгизген. Жылкы м-н байланышкан ырым-жырымдар Саян-Алтай, Орто Азия калкында кеңири учурайт. Атчан жоокер келбети байыркы түрк калктарынан калган археол., мис., таш бетине тартылган эстеликтерде – Енисейдин Сулек деген жериндеги, Кочкордогу Көксай, Бөйрөкбулактан табылган жоокерлердин көлөмдүү сүрөттөрү көп кездешет. «Манас» эпосунда ж-а бөлөк кенже эпостордо жоокер м-н анын атынын ортосундагы үзгүлтүксүз байланыштар кенен чагылдырылат. С. Орозбаковдун айтуусунда 129 тулпардын аттары аталып, бир канча тулпардын сын-сыпаты жоокердин образы м-н бирдей даражада сүрөттөлөт. 13–14-к-дагы көрүстөндөрдө жылкы көмүлбөсө да, ордуна ат жабдыктар (ээр, үзөңгү, жүгөн, ооздук, басмайылдын тогосу) коюлган. Мүрзөлөрдөгү эстеликтерге маркумдун жылкысынын куйругун илип коюу сакталган. Адам каза болгондо жылкы союу байыркы салттарга тыгыз байланыштуу.
**ЖЫЛ СҮРҮҮ** – салттуу турмушта мезгилдин агымын, окуянын мөөнөтүн, кишинин жашын ж.б. эсептөө ыкмасы. Кыргыздарда Ж. с. кайталанма мүнөзгө ээ. Кыргыздын элдик Ж. с-сү 12 жаныбардын аты м-н аталган: чычкан, уй, жолборс, коён, балык, жылан, жылкы, кой, мечин, тоок, ит, донуз. Кишинин жашын аныктаганда кайсы жылы төрөлсө ошондон баштап ирети бузулбай санала берген. Он эки жыл толук айланып, он үчүнчүгө кеткенде мүчөл жыл деп айтылган. Биринчи мүчөлдү 12 эмес, 13 деп эсептелгени адамдын курсакта жатканын кошуп эсептөөгө байланыштуу. Адамдын жашын аныктап билгендерди жыл сүргүчтөр деп аташкан. Алар төрөлгөн жылына карата жашын, жашына карата төрөлгөн жылын аныкташкан.
**ЖЭЭК** – оң-сол ийрилип же эшилип чыйратылган эки же үч бөлөк жиптен кошоктолуп жасалган жалпак тасмача. Анын жоондугу жээктелүүчү буюмга жараша ар башка (бир же бир нече) түстө болуп, жоон ийрилген жүн жиптерден гана эмес, ичке жибек же кебез жиптерден да жасалат. Ж. шырдак, аяк кап, табак кап, секиче, эшик тыш, үзүк, туурдук, түндүк жабуу сыяктуу кийиз буюмдардын жээгине же оймо тигиштеринин үстүнө бастырылат. Ж. жөрмөп тигилген тигишти жашыруу м-н жасалган буюмга көрк берип, анын чоюлбай ж-а кебинен бузулбай турушун камсыз кылат. Аны м-н эркек көйнөктөрдүн жака-жеңи, белдемчинин чети, салаа, мээлей тигиштери, балдар кийимдеринин кооздолуучу жерлери жээктелет. Айрым жерлерде кийимдердин, буюмдардын көбөөсү Ж. же кыйык деп аталат.
**ЖЭЭН АЯК** – жээндерге болгон өзгөчө мамиленин бир көрүнүшү. Таекелерине тойго келген жээнге өзүнчө табак жасалып тартылат. Ал Ж. а. кармоо деп аталат. Тартылган эт отургандар м-н кошо желет, жооп иретинде ал той ээсине (таекесине) мал, баалуу буюм тартуулаган.
**ЖЭЭНБАЕВ** Хасан (1902, Ысыккөл облусу, Ысыккөл р-ну, Бостери айылы –1937-ж. атылып, сөөгү 1992-ж. Чоңташтагы Атабейит көрүстөнүнө коюлган) – мамл. ж-а партиялык ишмер. 1918-жылдан балдар үйүндө тарбияланган. 1919-ж. а. ч. мектебин, 1926-ж. Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик ун-тин бүткөн. 1926–37-ж. сов. ж-а партиялык кызматтарда. 1928–29-ж. Украина КП(б) Кадиевск р-нунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары. 1933–35-ж. Базаркоргон райкомунун катчысы, Кыргыз обкомунун уюштуруу ж-а а. ч. бөлүмүнүн башчысы, 1935-ж. Кыргыз обкомунун 2-катчысы. 1937-ж. июлда Кыргызстан КП(б) БКнын 2-катчылыгына шайланган. 1937-ж. репрессияланып, 1957-ж. толук акталган.

# З

**ЗАДНЕПРОВСКИЙ** Юрий Александрович (1924, Ленинград облусу, Гатчина ш. – 1999) – тарых ил-нин доктору (1979). 1950-ж. Ленинград ун-тинин тарых факультетин бүтүргөн. СССР ИАнын Археол. ин-тунун Ленинград бөлүмүнүн улук ил. кызматкери, Фергана экспедициясынын начальниги. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 170ке жакын эмгеги жарык көргөн, эмгектеринин көпчүлүгү Кыргызстандын байыркы тарыхына ж-а археол-на арналган. Кыргызстан м-н Өзбекстандын аймагына 30 археол. экспедиция жасаган. Соңку коло доорунун Чуст маданиятына таандык байыркы эстеликтерди изилдеген. *Ош тургун жайы* ж. б. калк журт кылган жерлерди казып, изилдеген. Б. з. ч. 4–1-к-га таандык *Шоробашат маданиятын*, Өзгөн, Мады ж-а Ош ш-н изилдеген. Байыркы мезгилдеги көчмөн-дөрдүн тарыхын ж-а маданиятын изилдөөгө чоң салым кошкон.

**ЗАНБИАРТ –** Кыргыз Алатоосундагы орто кылымдарда жибек жолунун бир айрыгы өткөн ж-а Чүй өрөөнү м-н Борб. Теңиртоону байланыштырып турган ашуу. З. ж-дөгү алгачкы маалымат 11-к-дагы түрк аалымы Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» («Диван лугат ат-түрк») аттуу эмгегинде эскерилип, анда З. Кочкор-Башы м-н Баласагундун ортосундагы ашуунун аталышы деп берилген. В. В. Бартольд З-ты азыркы Шамшынын бели м-н окшоштурган. Ашууга жакын аймактарда 11–12-к-га таандык 3 шаар чалдыбары табылып, изилденген. Бурана мунарасы З. ашуусунун чыга беришинин оозунда жайгашкан. Ашуунун күнгөй бетинен агып чыккан, Шамшы суусунун нугун бойлой кеткен жалгыз аяк жол чоң жолго кошулуп, Кочңар-Башыга (азыркы Кочкор өрөөнүндөгү орто кылымдагы шаар) жеткен. Тыным алган кербендер Кочңар-Башыдан чыгып, Атбашы (Кошойкоргон шаар чалдыбары) ш-на ж-а Кашкарга кетишкен. Ушул эле ашуу аркылуу Барсканга чыгуунун кыска жолу ж-а андан ары чыгыш Түркстандын шаарларына жетүүгө мүмкүн болгон.

**ЗАТАЕВИЧ** Александр Викторович (1869–1936) – орус композитору, этнограф ж-а музыка изилдөөчү. 1925-ж. Оренбург ш-нда басылып чыккан «Кыргыз элинин 1000 ыры» жыйнагына кыргыздын сегиз ырын киргизген. 1928-ж. Кыргызстанга атайын чакыртылып келген. Муратаалы, Токтогул, Карамолдо ж. б-лардын обон-күүлөрүн нотага түшүрүп, аларды 1934-ж. Москвада чыккан «Кыргыздын аспаптык 250 күүсү жана обону» деген жыйнакка киргизген. Кыргызстанга дагы бир ирет келип, Атай, Калык, Молдобасан, Муса, Шаршен, Ыбырай ж. б-дан 170 ыр-күү жазып алган. А. Малдыбаевдин «Кызыл жоолукчан», «Күн бүгүн» ж. б. ырларын фортепьяно үчүн иштеп чыккан. З. казак, кыргыз, татар, дуңган, уйгур элдеринин музыкалык мурасын жоготпой сактап калууга, алардын профессионалдык музыкалык өнөрүн өнүктүрүүгө чоң салым кошкон.

**ЗАЯ-ПАНДИТА** (1599–1662) – ойроттордун диний ишмери, ойчул. Ойроттордун арасында буддизимди жайылткан ж-а агартуучулук иштерди жүргүзүп, моңгол (калмак) жазмасын жакшыртуу максатында реформалаган. З.-П-нын «Раб-Жам Зая-Пандиттин ай жарык тарыхы» деген тарыхый баяны шакирти Сакбон Раднобатор тарабынан жазылган. Анын орусча котормосу Санкт-Петербургдагы Чыгыш таануу архивинде сакталып турат. Чыгармада калмактардын кыргыздар, казактар ж-а Чыгыш Түркстан элдери м-н болгон мамилелери, алардын 12-к-дын 2-жарымында Жуңгариядагы бийликке каршы чыгуулары, о.эле кыргыз-ойрот мамилеси, б. а. 1652-ж. (ажыдаар жылы) кышында калмактардын Цецен ханы буруттарды (кыргыздарды) баш ийдирип келгендиги ж-а ушул согушта анын 17 жаштагы уулу Галдама казактарга сокку уруп, алардын башчысы Жаңгир султанды өлтүргөндүгү ж.б. кабарлар айтылган. Анын чыгармасында ойроттордун Борб. Азиядагы башка калк-тар м-н болгон саясий алакалары да баяндалган.

**ЗЕКЕТ** (ар., закат) – ислам идеясы б-ча жамааттын муктаждыгына жумшала турган – колунда жок кембагал адамдар, бей-бечаралар арасына бөлүштүрүүчү, шариат тарабынан белгиленген, киреше м-н мүлктөн белгилүү бир өлчөмдө алынуучу салык. Бир катар өлкөлөрдө З. мамл. салык катары таанылган. Жылына бир жолу белгилүү мөөнөттө (ай календары б-ча) мүлктүн ар бир түрү үчүн алынат. З-ти үй ээси төлөйт. Андан башка З-тин аль-фитр (кайыр-садага) түрү бар; орозо айы рамазан бүткөн күнү үй-бүлөнүн ар бир жашы жеткен мүчөсүнөн алынып, ид аль-фитр күндөрүндө таратылып берилет. Эки салык тең оокаттуу мусулмандардан алынат. З-тин адаттагы өлчөмү жылдык кирешенин 2,5%ин түзөт. Бирок мусулмандардын ичинде З. өлчөмү ж-а бул салык алына турган мүлктүн түрү б-ча бир пикир жок. Мусулман апологеттери З-ти коомдо «исламдык социалдык адилеттүүлүктүн» принцибинин негизинде «кирешелерди кайра бөлүштүрүүнүн жолу» катары карайт. Кыргыз мусулмандарында З. көбүнчө жаз айында, мал төлдөп, жайлоого көчө баштаганда алынган. З-тин эки түрү болгон: 1. түндүк З. – түтүн башына алынуучу З.; ар бир түтүндөн 1ден кой алынган; 2. алал З. – мал башына алынуучу З. ж-а анын өлчөмү мусулман мыйзамдары б-ча 40/1 башка 1 кой алынган. *Кокон хандыгынын* тушунда көчмөн кыргыздар үчүн салыктын эң оор түрү З. болгон. Салык жыйноочулар көп учурда өз пайдасы үчүн көбүрөөк жыйноого аракеттенишкен.

**ЗЕМАРХ КИЛИКИЯЛЫК** – византиялык элчи. 568-ж. Улуу Түрк каганы Истемиге (Дизабулга) келип, Византия м-н Түрк кагандыгынын Сасанийлик Иранга каршы согуштук союзду түзүү келишимине катышкан. Ал Талас, Чүй өрөөндөрүндө, Теңиртоонун Актаг (Актоо) деген жеринде болгон. Анын түрк элдеринин чарбасы, турмушу, мадания-ты, дини тууралуу байкоолорун ж-а ага Истеминин кыргыздын бир күң кызын белекке тартуулагандыгын византиялык тарыхчы Менандр Протектор жазып калтырган.

**ЗЕР** – алтын, күмүш ж. б. кымбат баалуу кооздук заттардан зым тарткычта созулуп жасалган жипчелер; өз ара өрүлгөн, эшилген, токулган зым талчалар. З. жипчелери м-н белгилүү бир үлгү б-ча сызып алган нерселердин бетин кештелейт. З. кештеси саймада, тигүү өнөрүндө көп колдонулат.

**ЗЕРГЕР** – кол өнөрчүлүктүн асыл темир м-н иштеген устасы. З-лер баалуу темирлерден (күмүш, алтын, жез ж.б.) билерик, иймек, желбирөөч, шакек, тумар, искек, оймок ж.б. жасашкан. О. эле ат жабдыктарды, жоо-жарактарды, боз үйдүн жыгачтарын, музыкалык аспаптарды ж.б. кооздошкон.

**ЗЕРГЕРЧИЛИК** – салттуу кол өнөр-чүлүктө асыл темирлерден kooз буюм жасоо кесипчилик багыты. З-тин иштөө ыкмасы (технологиясы) толугу м-н элдин жашоо шартына ылайыкталган да, өзүнө гана таан-дык өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Зергерлер өз алдынча устаканада узануудан башка дагы, аспап-куралдарын көтөрүп алышып оокаттуу адамдардын үйлөрүндө дагы буюмдарды шөкөттөшкөн. З-тин негизги материалдары асыл темирлер: алтын, күмүш, жез ж. б. болгон, бирок, негизинен күмүш ж-а жез болуп эсептелген. З-тин ыкмалары (күмүшкө карата) – жашытуу, эритүү, сыя төгүү, сиркелетүү (таруулатуу), чапкылоо, көркөм куюу, тердөө, тогуз төбөлөө, кертүү, согуу, эшүү ж. б. Баалуу таштарды, бермет-шуруларды темирдин бетине оюп түшүрүү, үстүнө чөгөрүү. Алтын-күмүштүн буусуна кармоо, оюп-чиймелөө ж. б. жолдору кенен тараган. Адатта асыл темирлердин бетине мүйүз, карга тырмак, кыял, бычак учу, бармак боочу ж. б. оюмдар түшүрүлгөн. Кыз келиндердин желбирөөч, сөйкө желби-рөөч, сөйкө, билерик, төөнөгүч, бой тумар ж. б. у. с. kooз буюмдарын күмүш ж-а жезден чоюлган ичке зымдар м-н эшип, өрүп, бурап кооздошчу.

**ЗИББЕРШТЕЙН** Фаддей Карлович (1789–өлгөн жылы белгисиз) – орус армиясынын аскердик дарыгери; улуту поляк. 1821-ж. Виленск ун-тинин «дарыгерлик илим» курсун бүтүрүп, Омск гарнизонунда дарыгер катары аскердик кызмат өтөгөн. 1825-ж. 25-майда жергесине кайтып бараткан бугу уруу-сунун элчилерин (Акымбек Олжобай уулу, Алгазы Шераалы уулу, Алымбек Жапалак уулу) коштоп чыккан казак-орус кошууну м-н кошо Ысыккөлгө келип, көргөн-билгендерин жазган. «Омскидеги горнизондук полктун дарыгери Зибберштейндин сапарда жүргөндөгү байкоолору» деген кол жазмасын 1825-ж. октябрда Батыш Сибирь генерал-губернаторуна тапшырган. Анда кыргыздардын 19-к-дын 1-чейрегиндеги саясий абалы, чарбалык, коомдук турмуш-тиричилиги, жер-суу аттары чагылдырылган.

**ЗИМА** Анна Гавриловна (1909, Одесса ш., – 1985, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1967), проф. (1971), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1969). Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1972). 1935-ж. Москва тарых-философиялык ин-тун бүт-көн. 1935–56-ж. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында пед. кызматта, 1957–73-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунун ил. кызматкери, 1974-жылдан сектор башчысы, КМУда окутуучу болуп иштеген. З. Орто Азиядагы, асыресе Кыргызстандагы Улуу Октябрь соц. революциясынын тарыхы б-ча адис. «Кыргыз ССР тарыхын» жазышкандыгы үчүн Кыргыз ССР илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгынын лауреаты деген наам алган (1970).

**ЗОРОАСТРИЗМ** – байыркы ж-а орто кылым мезгилинде Иран, Орто Азия ж-а Азер-байжанда тараган отко табынуу дини. Б. з. ч. 7-к-да Заратуштра тарабынан негизделген. З-дин негизи «Авеста» ыйык китебинде баян-далган. З-дин негизги принциби – диний дуализм (биринчиси, мээримдүү Ахурмазда, экинчиси, Апхра-Манью) же жакшылык м-н жамандыкты карама-каршы коюу, алардын ортосундагы күрөш дүйнөлүк процесс-тин негизин түзөт, акырында жакшылыктын жеңип чыгарына ишенүү. Түрдүү кудайлардын (Ормузда, Михре, Анахез, Зрвана) осуяттарына, жаратылыштын кырсыктарына ж-а кубулуштарына сыйынуу көп сандаган жрецтер (хербад ж-а мебаддар) тарабынан тейленген. Азыркы учурда З-ди Индиядагы перстер, Ирандагы гебрлер, айсорлор тутушат.

**ЗЫЙНАТ ДАТКА,** А к З ы й н а т А с п е р д и к ы з ы (1800–өлгөн жылы белгисиз) – акын, мамл. ишмер, датка. *Asperdi* Чот уулунун кызы. Кыргыз аялдарынан чыккан биринчи датка айым. Атасынын азан чакырып койгон ысымы – Ак Зыйнат. Ата-бабасы саруу уруусунун атактуу бийлери болгон. Бала чагы Талас өрөөнүндө өткөн. Анын ордого келип, кийин ордодогу таасирдүү адамдардан болуп калышына 1842-ж. *Шераа-лынын* (к. *Шераалы хан*) Кокон хандыгына хан болушу себеп болгон. З. д. *Кудаяр хандын* энеси *Жаркынайымдын* бир тууган эжеси. З. д. ордодо кызмат өтөгөн. В. П. *Наливкин* м-н М. С. Наливкинанын «Ферганада жашаган жергиликтүү аялдардын турмушунан очерктер» аттуу китебинде «Кокондо эки акын аял жашаган, биринчисинин аты Зыйнат, экинчиси Махнуза. Алардын бири эркекче кийинип, ачык жүз м-н хан сарайга келчү экен, анын датка деген наамы болгон. Экөөнүн тең казалдары (ырлары) Омор хан сыяктуу эле «Мажму ат уш шуара» аттуу акындар жыйнагына киргизилген» деп жазылган. Зыйнаттын ырлары Ташкен ш-нын архивдеринде азыр да сакталуу. Өзбек окумуштуусу Х. Бабабековдун жеке китепканасында сакталып турган кол жазмалардын ичинде 1775–1864-ж-да жашаган жүзгө жакын акындардын өзбек, фарсы тилдериндеги ырларынан түзүлгөн жыйнакта Зыйнаттын «Бахру одабий» сөздөрү м-н башталган ыры бар. Бул ырында ал инсанды баарынан жогору коёт, адеп-ахлак, турмуштагы карама-каршылыктар тууралуу философия-лык ой жүгүртүп, алардын бир күнү жок болуп кетишине ишенет, калкты күнгө окшотот. З.д. 1842–68-ж-га чейин хандыктын саясий иштеринде, кыйынчылык күндөрдө сиңдиси *Жаркынайымга* кеңешчиси катары жардам берип, эже-синди бири-бирин колдоп турушкан. З. д-нын сөөгү Кокон ш-на коюлган.

**ЗЫНДАН** – туткунга түшкөн күнөөлүү-лөрдү кармап туруу үчүн атайын жасалган терең ор же жер төлө. Анын ичи сыз, караңгы болгон. З. жазалоо жайы катары кулчулук доордо пайда болгон. З-ды орто кылымдарда чыгыш өлкөлөрдө, а. и. Орто Азияда, Чыгыш Түркстанда кеңири колдонушкан.

# И

**ИБН АЛ-АСИР** (1160–1233) – араб тарыхчысы. Бир канча китептен турган «Ал Камил фи-т-тарых» («Тарыхтын толук чагылдырылышы») деген китебин жазып, Орто Азиядагы элдер ж-дө да баалуу маалыматтарды калтырган. Мис., караханийлер мамл. ж-дө тарыхый фактыларды жазууда ал-Утби, Мискавейха сыяктуу окумуштуулардын эмгектерин пайдаланган. Баласагын ш-нда 960-ж. көчмөндөр (кыргыздар) тарабынан кабыл алынган ислам дини, Караханийлердин мамл-ти кеңейтүү б-ча жүргүзгөн күрөштөрү ж.б. чагылдырылган. Ал негизинен Орто Азия элдеринин моңголдор басып келген мезгилге чейинки доордун тарыхын изилдеген.

**ИБН-АЛ-ФАКИХ АЛ-ХАМАДАНИ** – араб тилинде жазган Ортоңку Чыгыш географы. Хамадан ш-нда туулган. Анын «Китаб ал-будан» («Өлкөлөрдүн китеби») геогр. эмгеги 290-жылдары (902-903) жазылган. Бул эмгектин эки кыскартылган көчүрмөсү белгилүү. Бирин чыгышты изилдөөчү де Гуе өткөн кылымда жарыялаган, экинчиси Мешхед ш-ндагы мечиттин китепканасынан 20-к-дын башында табылган. Кыргызстан аймактары ж-дө маалыматтар да берилген. Борб. Азиядагы калктар, алардын ээлеген аймактары, саясий түзүлүшүн, шаарларын, чарбасын толук чагылдырган. О. эле түрк урууларынын аттары, а.и. кыргыздар тууралуу кабар кездешет.

**ИБН СИНА** А б у Х у с е й и н и б н А б д а л л а х , А в и ц е н н а (980, Бухара ш-на жакын жердеги Афшин кыштагы–1037) – Чыгыштын даанышман илимпозу; дарыгер, философ, акын, астроном. Анын «Шыпаа китеби» 11-к-да эле латын тилине которулуп, европалык окуу жайларында мед. б-ча колдонулуучу жападан жалгыз китеп болгон. И.С. байыркы улуу дарыгер, медицинанын атасы деп саналган Гиппократты өз устатым деп атаган. Бирок анын окуусуна көп өз-гөртүүлөрдү киргизген. Мис., Гиппократ айрым ооруларды: суу чечек, кызылча же балдардын кызамыгы, котонжара, өпкөнүн сезгениши, боор оорусу ж.б. айыктыруунун так жолдорун айта алган эмес, ал эми И.С. Гиппократтын жогоруда аталган оорулар б-ча окуусун толуктаган. Анын «Дарыгерлик илимдин канону» деген эмгеги латынча 30дай ирет, ал эми орус тилинде 5 том, 6 китеп болуп алгачкы жолу 1956–60-ж. басылып чыккан. 1-китебинде мед. ил-нин теориялык маселелери каралып, ал китеп төрт бөлүктөн – киришүү, анатомия, физиология, ооруунун белгилери же симптоматология, диета, оорунун алдын алуу же профилактика ж-а жалпы терапия бөлүмдөрүнөн турат. 2-китеп адам баласы ооруган мезгилде колдонуучу дары-дармектер, аларды даярдоонун жолдору, кайсы учурда кандайча жол м-н ал дарыларды пайдалануу керек экендигин көрсөтүүчү суроолорго арналган. 3-китеби мед. патология ж-а терапия маселелерине арналып, плеврит, пневмония, дизентерия, о.эле көздүн сезгениши, кулак-мурундун, тамактын, ооз көңдөй оорулары ж.б. изилденген. Ал эми 4-китебинде хирургия ж-а косметиканын орчундуу маселелери изилденип, семирип кетүүдөн сактоонун ж-а өтө арыктап кетүүдөн дарылоонун жолдору айтылган. 5-китебинде дары-дармекти жасап чыгаруу, аларды колдонуу жолдору жазылган. Анын «Уржуза» дастанында дарыгер ж-а анын ооруларды кандайча сакайткандыгы тууралуу айтылган. Чыгыш поэзиясында И.С. жаңы жанр, жаңы форманы жаратып, ырларын төрт сап, б.а. рубаи түрүндө жазган.

**ИБН ХАУКАЛ** (931–991) – араб саякатчысы, тарыхчы. Ал Орто Азия элдеринин тарыхын жазууда замандаш окумуштуулардын эмгектерин пайдаланган. Анын негизги китеби «Китаб сурат ал ард» («Жер шарынын түзүлүшү ж-дөгү китеп») деп аталат. Орто Азия геогр., жаратылыш байлыктары, түркий тилде сүйлөгөн элдердин ээлеген орду, кесипчилиги ж. б. ж-дө жалпы түшүнүк берген. Китебинин «Мавераннахр» деген бөлүгүндө Бухара, Самаркан, Исфиджаб (Чымкент), Шаш (Ташкен), Фергана ж-а Хорезм ш-лары, аларда жашаган элдер, уруулар ж-дө баяндама жазган. Ал эми эң акыркы бөлүгүндө кыргыздар мекендеген аймак, шаарлары, соода жолдору ж-дө өтө баалуу маалыматтар жолугат. Ош, Чаткал, Кожент, Тараз, Шельжи ж. б. шаарлар ж-а алардын тегерегинде жашаган кыргыздар, алардын чарбасы, аскердик иштери ж-дө айтылат. Гуздар ж-дө сөз козгоп, «бул түшүнүк уруу, аймакта жашаган эл деген маанини берет» – деп жазган Хаукал. Анын эмгеги эки жолу немис тилинде басылып чыккан.

**ИБН ХОРДАДБЕК** А б у - л - К а с ы м У б а й д а л л а х и б н А б д а л л а х (820–912) – Ирандан чыккан араб географы. Анын «Китаб ал масалик ва-л-мамалик» («Саякат жана мамлекеттер жөнүндөгү китеп») аттуу эмгегинде Иран, Хорасан, Орто Азия аймактарына геогр. мүнөздөмө берилет, соода жолдору, маршруттардын багыты, киреше түшүүчү булактар, айыл-кыштактар сүрөттөлгөн. Кыргыз жергеси ж-дө сөз козгоп, шаарлардын соода байланыштары, калк жашаган жерлердин аралыгы, аймактардын бөтөнчөлүктөрү ж-дө сөз болот. Анын ою б-ча, түштүк соода жолу Бухара, Замин, Аксыкет, Куба, Ош, Өзгөн, Атбашы, Жогорку Барскан (Ысыккөлдүн түштүк тарабы), Чыгыш Түркстан аркылуу түндүк соода жолу Замин, Шаш (Ташкен), Исфижаб (Чымкен), Тараз (Жамбул), Мерке, Невакет, Суяб (Акбешим) ж-а Жогорку Барскан аркылуу өткөн. Орто ж-а Борб. Азиядагы түркий тилде сүйлөгөн элдер, а. и. кыргыздар (хиргиз) тууралуу да маалыматтар кездешет. Анын бул эмгеги француз тилинде да басылып чыккан.

**ИБРАИМОВ** Жумабек (1944, Чүй облусу, Кемин р-ну, Жаңыалыш айылы–1999, Бишкек) – коомдук-мамл.ишмер. Кыргыз Респ-нын Премьер-министри (1998). 1972-ж. ФПИни бүтүргөн. Ошол эле ин-тта аспирант, окутуучу (1971–75). Миңкуш «Оргтехника» заводунун инженер-конструктору, башкы конструктор, башкы инженер, директору (1977–85). Балыкчы ш-дык элдик көзө-мөлдөө комитетинин төрагасы, Кыргызстан

КП Балыкчы шаардык комитетинин 1-катчысы (1985–88). Кыргызстан КП БКнын партиялык уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1991–92-ж. уюштуруу комитети-нин төрагасы, коопсуздук ж-а коргонуу комитетинин төрагасынын орун басары, 1992–93-ж. «Жанар» акционердик коомунун башкы директору, 1993–95-ж. Бишкек ш-дык мамл. админ. башчысы, 1995–96-ж. Кыргыз Респ-нын Президентинин мамл. катчысы, Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаты. 1996-жылдан Кыргыз Респ-нын Президентинин кеңешчиси. Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген рационализатору.

**ИБРАИМОВ** Искендер (1932-ж. т., Талас облусу, Талас р-ну, Карой айылы) – тарых ил-нин доктору (1970), проф. (1971). 1952-ж. КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1957–61-ж. Караколдогу пед. ин-ттун марксизм-ленинизм кафедрасынын башчысы. 1961–65-ж. Кыргызстан КП БКга караштуу Пар-тия тарыхы ин-тунун улук ил. кызматкери. 1965–79-ж. В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунда тарых кафедрасынын башчысы. 1979-жылдан Мамл. тил ж-а гуманитариялык ил-дин ин-тунда кафедра башчысы, декан, проректор, 1993-жылдан Кыргыз мамл. тоо-кен ж-а металлургия ин-тунда кафедра башчысы. Анын эмгектери Кыргызстандын партиялык уюмунун тарыхына арналган. 100дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 6 монография) автору. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ИБРАИМОВ** Султан (1927, Чүй р-ну, Алчалы айылы – 1980, Бишкек) – мамл. ж-а пар-тиялык ишмер. 1978-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун төрагасы. 1943-жылдан колхозчу. Чүй р-ндук сугат системасы башкармасында гидротехник. Ташкен а. ч. ирригация ж-а механизация инженерлер ин-тун бүткөн соң (1954), Кыргыз ССР ИАнын суу чарба ин-тунда кенже ил. кызматкер. 1957-жылдан партиялык иштерде, 1961–66-ж. Кыргыз ССР суу чарба ж-а мелиорация министри. 1966-жылдан Кыргызстан КП БКнын катчысы. 1968–78-ж. пар-тиянын КП Ош обкомунун 1-катчысы. 1978–80-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы. Эки Ленин, Октябрь Революциясы ордендери, медалдар м-н сыйланган.

**ИВАНИЦЫН** Алексей Илларионович (1870, Одесса – 1925, Ташкен) – Кыргызстанда, асыресе Бишкекте тунгуч большевиктер уюмун түзүү ж-а Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкөндөрдөн. РКП(б)нын Бишкек уезддик-шаардык комитетинин биринчи катчысы. 1916-ж. Бишкекке келип, Чүй сугат системасынын курулушунда иштеген. Ошол убакта Бишкектеги большевиктер м-н байланыш түзүп, 1917-ж. октябрда өзү эмгектенген курулушта большевиктердин жашырын тобун уюштурган. Ал топ 1917-жылдын аягында Бишкек большевиктерине кошулуп, иш жүргүзгөн. 1918-ж. февралда Бишкекте Совет бийлиги орнотулуп, апрелде РКП(б)нын уезддик-шаардык комитети түзүлгөндө анын катчысы болуп шайланган.

**ИДИНОВ** Айып (1927, Нарын облусу, Жумгал р-ну, Жаңыарык айылы – 1997, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1978), проф. (1981), Кыргыз Респ-нын элге билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери (1993). Кыргызстан КП БКга караштуу партиялык мектепти, (1950), КМУнун тарых факультетин (1958) бүткөн. 1943-жылдан Жаңыарык айыл кеңешинин катчысы, комсомолдун Жумгал райкомунун 2-, 1-катчысы, Тянь-Шань обкомунун катчысы, 1962-жылдан КМУда улук окутуучу, доцент, проф., кафедра башчысы, парткомдун катчысы болуп иштеген. Анын эмгектери Кыргызстандын партиялык уюмдарынын коммунисттердин авангарддык ролун жогорулатууга ж. б. арналган. 130 ил. эмгектин (а. и. 6 монография) автору. СССР жогорку билим берүүсүнүн, Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги (1965). Медалдар м-н сыйланган.

**«ИДУК ЙЕР-СУБ»,** «Ы й ы к ж е р - с у у» – байыркы мезгилдерде түрк элдеринин, а.и. кыргыздардын табиятка ж-а жаратылышка карата ишеними. Жазма булактарда хунн-дардын жерди ыйык тутушкандыгы ж-дө маалыматтар бар. 8-к-да кидандар жерге курмандык чалышкан. Байыркы түрктөр Енисейдеги Өтүкөн тоо кыркаларын ыйык деп санашып, ал акырындык м-н тоо кыркасы эмес, түрктөргө тийиштүү абстрактуу жер кудайы катары кабыл алынып кеткен. Жер кудайын ыйык тутуу кеңири тараган ж-а ал байыркы түрк руна сымал жазууларында чагылдырылган. Байыркы ишенимдин калдыктары кыргыздарда Жер-суу кудайы түрүндө сакталып, кудайдан ырайым сурап же алкыш иретинде курмандык чалышкан. Курмандык чалып сыйынуу *жер-суу таюу* деп аталып, кургакчыл мезгилдерде, ооруп калганда же башка кырсык болгондо, чөп чабыктын учурунда, эгин бышаар алдында, эгин дан байлаганда, эгер анда зыяндуу курт-кумурскалар, кара көсө пайда болсо ж. б. учурларда өткөрүлгөн. Бул ырым-жырым малчылар үчүн да олуттуу мааниге ээ болуп, курмандык чалуу жылына эки жолу (жазында ж-а кеч күздө) өткөрүлгөн.

**ИЙДИ** – 1. жыгач уста аспабы. Анын уч жагы ичке, түп жагы жоон болуп, эки жагын тең миздей ийип, кадимки бычак сымалдатып, курч болоттон жасалат. Аны жумуру мүйүзгө же жыгачкасаптап, иштегенге эптүү болсун үчүн уч жагын 70–80°ка бир жагына ийип коёт. Ушундан улам бул аспап И. деп аталат. Ал ээр, табак, аяк, соку, челек, сузгу, кашык, жан аяк, чөйчөк сыяктуу жыгач буюмдарынын ичин оюу, кыруу, жылмалоо үчүн колдонулат; 2. ат такалаганда туякты тазалап, анын чойроюп өсүп кеткен жерлерин тегиздөө, жука четтерин кесүү үчүн колдонулуучу чарбачылык куралы. Ал жогорку И-ге окшобой, түзүлүшү жагынан айрымаланат. Сабы узунураак (20–25 *см*) болуп, бычагы чалгы сымал туурасынан ашталып, мизи бир гана жагында болот.

**ИЙИК** – жип ийрүүчү аспаптын эң жөнөкөй түрү. Ал эки бөлүктөн турат: И-тин сабы ж-а И-тин башы. Сабы кургатылган табылгыты же талдан бир жагы ичкерээк жасалат. И-тин башы таштан, коргошундан жалпак же тегерек түрүндө жасалат да, ортосу көзө-лүп И. саптын жоонурак учуна бекем кийгизилет. Саптын И. баштан жогору учу (буйласы) көзөлүп ага ичке чий өткөрүлөт. Жипти буюмга ылайыктап ичке, жоон кылып

ийришкен. Ийрилген жип И. баштын астына түйүлө берип, муштумдай көлөмгө ээ болгондо саптын ичке жагынан чыгарылган. Ал бир баш алмай жип деп аталган.

**ИЙЛӨӨ** – кыргыздын кол өнөрчүлүгүндө терини кайышка айлантуунун маанилүү ыкмасы. И. эки түрү жолугат: колдо ийлөө ж-а талкууга салып ийүү. Биринчи түрү м-н кой, эчки; жапайы жандыктардан: аркар, теке, кулжанын; ал эми экинчи түрү м-н топоз, уй, төө, жапайы жандыктардан: бугунун терилери ийленген.

**ИЛЕ** – Борбордук Азиядагы ири дарыянын аталышы. Дарыянын алабында Иле өрөөнү созулуп жатат. Дарыяга байланыштуу алгачкы маалымат Кытайдын Тан сулалесинин тарыхында (7–10-к.) эскерилет. И. өрөөнү аркылуу ошол кезде чыгыш Түркстанды карай маанилүү жолдордун бири өткөн. Дарыя тууралуу «Худуд ал-Ааламда» кездешкен маалыматтарда Ила деп берилген. 7–13-к-да И. өрөөнү мусулман дүйнөсүнүн чеги катары саналган, анын чыгышындагы аймактар исламга моңголдордун тушунда гана өткөн. Өрөөнгө байланыштуу тарыхый маалыматтар сейрек. Ал Темирдин жортуулунун учурунда Текес, Теке деген ат м-н эскерилген. Эки дарыянын тең өрөөндөрүн көчмөндөр жайыт катары пайдаланышкан. И-деги шаар маданияты ж-дө Рубруктун келтирген маалыматында И-нин түндүгүндө фарсы тилинде сүйлөгөн сарацииндер жашаган Эквиус деген шаар болгон. Аны армян падышасы Хетумдагы Иланбалык (дарыянын өзү Илан-су аталат), ал эми кытайлар Илибали же Илибани, б. а. Илибалык – «Илидеги шаар», – деп аташкан шаардын өзү болгон. Археологдор И. өрөөнүнөн 9–13-к-га таандык 66 шаар калдыктарын изилдешкен. Соңку орто кылымдарда И. аймагында Моголстан мамл-нин борбору *Алмалык* жайгашкан. Ушул эле аймакка жакын жердеги Хоргостун боюна Моголстандын биринчи ханы Тоглук Темирдин сөөгү коюлган мазар ж-а анын үй-бүлөсүнө тиешелүү көрүстөн жайгашкан. 15–18-к-да И-де кыргыздардын тарыхы м-н байланышкан маанилүү окуялар, а. и. кыргыздар м-н калмактардын ортосунда чоң согуштар болуп өткөн. И-де кыргыздардын өз алдынча саясий бирикмеси калыптанган. 17–18-к-да кыргыздардын түндүк-чыгыш чегарасы И. суусунун бою м-н аныкталган. И. дарыясы кыргыздарды, казактардан ж-а кытайлардан бөлүп турган чегара экендиги 18-к-дагы орус документтеринде ырасталат. Дарыянын сол өйүзүндөгү Үч Алматы, Сартогум, Чилик, Каркыра, Кеген, Текес кыргыздын сарыбагыш ж-а бугу уруулары жайлап келген туруктуу жайлоолору болгон. 1881-ж. Россия м-н Кытайдын ортосунда чегара маселелери чечилип келишим түзүлгөн. Натыйжада, Кытайдын карамагына калуудан баш тарткан казактын албан урууларынын 5 миң түтүнүн бугу уруусунун konуштары Кеген ж-а Текес сууларынын жогорку агымына көчүрүп түшүшкөн. Ал эми бугу уруусу Ысыккөлдүн түштүк тарабына көчүрүлүп, кыргыз м-н казактын ортосундагы чегараны Санташ ашуусу аркылуу ажыратышкан.

**ИЛЬЯСОВ** Сатар (1908, Ысыккөл облусу, Ысыккөл р-ну, Торуайгыр айылы – 1987, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1967), проф. (1968), Кыргызстан ИА-нын акад. (1969; корр. мүчө, 1960). 1938-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүткөн. И. жылкычы, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн инспектору, Кыргыз мамл. пед. ин-тунда мугалим, кафедра башчысы, декан; 1944–65-ж. Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунда кенже ил. кызматкер, сектор башчысы, директор. Кийин Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунда ил. кеңешчи, 1966–77-ж. Кыргызстан КП БКнын партиянын тарыхы ин-тунда директор. Респ-нын кооперация-колхоздук курулушуна ж. б. проблемаларга арналган 100дөн ашык ил. эмгеги бар. Эмгектеринин көбү Кыргызстандагы агрардык маселеге, айрым эмгектери Ысыккөл кыргыздарынын этногр-н изилдөөгө арналган. Эл достугу, 3 «Ардак белгиси» ордендери м-н сыйланган. Кыргыз ССРинин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгынын лауреаты (1970, «Кыргыз ССР тарыхынын» авторлорунун бири катары), Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери (1975).

**ИМПЕРИАЛИЗМ** – (лат. imperium – бийлик) – 1. кеңири маанисинде – бир мамл-тин күч колдонуусунун жардамы м-н башка мамл-тин аймагын кошуп алууга багытталган саясаты. Каратылып алынган өлкөлөрдү (колония) башкарууда үстөмдүк жүргүзгөн мамлекет (метрополия) мажбурлоо, диктаторлук режимге негизделген башкаруу системасын орноткон; 2. тар маанисинде – 19-к-дын аягы –20-к. башындагы «бөлүнгөн дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүүгө» багытталган европалык державалардын арасындагы жаңы колониялар үчүн башталган күрөш мезгилине таандык дүйнөлүк тарыхтын бөлүгү м-н байланыштырылат. Дал ушул мезгилде англиялык экономист Джон А. Гобсон алгач И. терминин колдонууга киргизген; 3. В. И. Ленин И-ди – капитализмдин жогорку, акыркы баскычы катары мүнөз-дөйт. И-дин мүнөздүү белгилери катары – ири монополиялардын түзүлүшү, банк капиталы м-н өнөр жай капиталынын биригип, финансы капиталын ж-а финансы олигар-хиясын түзүшү. О. эле И. капиталисттик мамл-деги төмөнкү таптарды эксплуатациялоонун ж-а эл аралык аренада дүйнөнү бөлүштүрүү үчүн күрөштүн күчөшүн мүнөз-дөгөн, капитализмдин өнүгүүсүндөгү жогорку баскыч катары каралган; 4. 19-к. 30-ж. Европада «Империалисттер» термини алгач Францияда пайда болгон. Наполеон импе-риясынын жактоочуларына карата айтылган. Кийинки мезгилде Британия ж. б. өлкөлөрдүн колониалдык экспансиясынын натыйжасында, «И.» «колониализм» термининин синоними катары колдонулууга өткөн.

**ИНАЛ,** э н а л – ават уруусундагы генонbackим. Айрым маалыматтар б-ча уруктун аталышы. Тувада 9–10-к-га тиешелүү кыргыздар калтырган руна эстеликтеринде «ынал» деген сөз кездешет. Белгилүү тарыхчы Рашид ад-Дин кыргыздар ж-дө маалымат бергенде, алардын падышасы «инал» деп аталарын белгилейт. Ушундай эле маалымат Абу-л-Гази Бахадур хандын эмгегинде да маалымдалат. Махмуд Кашгари И-га төмөнкүдөй

аныктама берет: 1. энеси хан тегинен, атасы карапайым жерден чыккан, тектүү, жогорку даражалуу; 2. энчилүү ат, титул.

**ИНГУМАЦИЯ** (лат. in-humo – жерге; in-humare – топурак м-н жабуу, жерге берүү) – сөөктү көмүү каадасынын бир түрү. Маркумдун денесин жерге берүү каадасы алгачкы адамдар тарабынан мындан 90–80 миң жыл мурда аң-сезимдүү түрдө аткарыла баштаган. Евразияда мустье ж-а ортоңку палеолит доо-рунда көмүлгөн 60тан ашуун сөөк калдыктары бүгүнкү күндө белгилүү болду. Учурда жер шарынын элдеринде маркумдун денесин жерге берүүнүн көптөгөн түрлөрү м-н салттары кездешет. Кыргызстанда атайын көмүл-гөн сөөк калдыктарынын эң байыркысы азырынча коло доорунан тартып белгилүү.

**ИНТЕРГЕЛЬПО** (лат. inter – өз ара, чех. гельпо – жардам) – 1925–41-ж. Кыргызстанда иштеген өндүрүш кооперативи. Чехословакияда (Жилин ш.) коммунист жумушчулардын демилгеси б-ча 1923-ж. түзүлгөн. 1924-ж. 10-ноябрдагы уюмдаштыруу чогулушунда уставы кабыл алынып, башкармасы шайланган. 1925–32-ж. Кыргызстанга Чехословакиядан бардыгы 1317 адам келип, алардын 390 кишиси И-нун мүчөсү болгон. Кооперативдин жамааты Бишкек ш-нын эмгекчилеринин, партиялык ж-а сов. уюмдардын жардамы м-н өлкөнү индустриялаштыруу ишине катышып, алгачкы беш жылдыктарда электр станциясын, а.-ч. шаймандарын, кыш, черепица, булгаары заводдорун, мебель фабрикасын, металл иштетүүчү ж.б. маанилүү өнөр жай объектилерин курушкан. О. эле алар Түрксиб, Чүй курулушу, Канттагы кант заводу сыяктуу ири курулуштарды курууга катышкан. И-чулардын респ-нын экон-н ж-а маданиятын өнүктүрүүдөгү каарман эмгеги ж-а интернационалдык жардамы жогору бааланган. И-нун иш-аракети Кыргызстан м-н Чехословакия эмгекчилеринин ортосундагы достук байланыштардын күбөсү болгон.

**ИНТЕРНИРЛӨӨ** (фр. interner – өз өлкө-сүндө жашоону талап кылуу) – 1. нейтралдык (калыс) мамл-тин аймагына кирип келген экинчи бир согушуп жаткан мамл-тин куралдуу күчтөрүн куралсыздандыруу ж-а кармап калуу; 2. согушуп жаткан мамл-тердин согуш бүткөнгө чейин жат мамл-тин граждандарынын укугунан ажыратуу аркылуу, аларды кармап турушу.

**ИРЕНАК** к. *Еренак бек*

**ИРТЫШ**, Э р т и ш – Кытайдагы Моңгол Алтай тоолорунан башталып, Батыш Сибирь түздүгү аркылуу Обь дарыясына сол тарабынан куйган дарыя. Уз. 4248 *км*, алабынын аянты 1643 миң *км2*. Дарыянын аты 11-к-дагы тарыхый даректерде (Махмуд Кашгари) эскерилген. И-тын жогорку агымын ээлеген карлуктар 8-к-дын ортосунда Теңиртоо тарапка ооп келишкен. И. боюнда кимактар бийлик кылып калган. Борб. Азия-да кыргыздардын саясий таасиринен улам (9-к-дын 2-жарымы – 10-к-дын башы) И-тагы кимак-кыпчактар Батышка оогон. 10–12-к-да И-ты кыргыздардын айрым бөлүк-төрү ж-а түрк уруулары мекендеп турган. 13-к-да Жучу хандын байтактысы И-та жайгашкан ж-а бул аймак моңголдордун карамагында турган. 14-к-дын 2-жарымынан И. Моголстан мамл-нин карамагына кирген ж-а анын түндүк чегарасы катары эсептелген. 14-к-дын 2-жарымынан И. Ойрот конфедерациясынын карамагына өткөн. 17-к-дын 1-жарымында Иртыштын ортоңку агымында калмактардын биригүү процесси башталып, *Жуңгар хандыгы* негизделген. Жуңгар хандыгы кулагандан кийин И-ты казак уруулары жайлаган. Орустардын Сибирди өздөш-түрүшү м-н И. аймагы Россия империясынын карамагына өткөн. Жогорку Иртыш өрөөнү Енисей ж-а Теңиртоо кыргыздарынын эт-ностук байланышын изилдөөдөгү маанилүү тарыхый аймактардан болуп эсептелет.

**ИСАКЕЕВ** Баялы Дыйканбаевич (1897, Нарын облусу, Кочкор р-ну, Үкөк айылы – 1937, Бишкек) – партиялык ж-а мамл. ишмер. Нарын ш-ндагы орус-жергиликтүү мектеп-интернатын (1916), Ташкендеги Орто Азия коммунисттик ун-тин (1923), Москвадагы ВКП(б) БКнын партиялык мектебин (1926) бүткөн. 1917–20-ж. Кумбеларал ж-а Ортотокой менчик почта станцияларында күзөтчү, киречи, станция башчысы. 1920–21-ж. Үчүке (Кочкор) болуштугунун аткомунун, 1921–23-ж. Нарын уезддик партия комитетинин, 1924–25-ж. Түркстан АССР КП(б) Лепси ж-а Каракол уезддик шааркомдорунун, 1926–27-ж. Кыргыз АССР КП(б) Каракол округдук комитетинин бөлүм башчысы. 1927–28-ж. «Кызыл Кыргызстан» гезитинин жооптуу редактору. 1928–29-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун бөлүм башчысы, 1929–30-ж. Кыргыз АССР жер иштер комиссары, 1930–33-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун катчысы, 1933–37-ж. Кыргыз ССР (адегенде АССР) Эл Комиссарлар Советинин төрагасы. Кыргыз АССР БАКнын (1928–37), СССР улуттар советинин (1931–35), СССР БАКнын ж-а ББАКтын Президиум (1935–37) мүчөсү. И. 1937-ж. улуттук контрреволюциячыл топтун катышуучусу деген жалаа м-н репрессияланган. 1957-ж. акталган. Ысымы Кочкор р-нундагы айылга ыйгарылган. Бишкекке айкели орнотулган.

**ИСАНОВ** Насирдин (1943-ж. т., Ош облусу, Ноокен р-ну, Көкбел айылы – 1992, Бишкек) – коомдук-мамл. ишмер. Кыргыз Респ-нын Премьер-министри (1991–1992). Экон. ил-нин кандидаты, СССР инженердик академиясынын академиги (1991). Москва курулуш трестинде жумушчу (1960–61). 1965-ж. Москва инженердик-курулуш ин-тун бүтүргөн. 1965–70-ж. «Ошшааркурулуш» трестинин 3-курулуш монтаж башкармалыгынын прорабы, участоктун начальниги, башкы инженери. 1970–74-ж. Кыргызстан КП Ош обкомунун курулуш бөлүмүнүн инструктору, «Нарынсуунэнергиякурулуш» башкармасынын парткомунун катчысы. 1974–83-ж. Кыргызстан ЛКЖСМ Ош обкомунун 1-катчысы, курулуш ж-а шаардык чарба бөлүмүнүн башчысы. 1983–86-ж. Кыргыз ССРинин Мамл. курулуш комитетинин төрагасынын орун басары, Кыргыз

ССРинин министри (1986–88). 1988–90-ж. Ысыккөл облустук Советинин аткомунун төрагасы (1988–90). Кыргыз Респ-нын вице-президенти (1991). Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

**ИСАР,** Е з е р – 17–18-к-дагы енисей кыргыздарынын админ.-башкаруу бирдигинин аталышы. И. улусуна Кыргыз жеринин (Хонгорайдын) ортолугундагы Енисей, Абакан дарыясынын чаты, андан Огур дарыясына чейинки жерлер кирген. И. ичкерки, ичкилик, чыгыш тараптагылар дегенди да туюнт-кан. И. улусунун бектери Ерба ж-а Абакан дарыялары кошулган жерлердеги өрөөндө жайгашкан. Бул улустагы кыргыздардын кыштым капчыгайлары Енисей дарыясынан төмөн карай Усей, Мана, Качы ж. б. дарыялардын өрөөндөрүн камтыган.

**ИСКАКТЫН 1873–74-ЖЫЛДАРДАГЫ АКСЫ КӨТӨРҮЛҮШҮ** –1873–76-жылдардагы Кокон көтөрүлүштөрүнүн бир бөлүгү. Ал элдик кыймылды, а. и. Аксы көтөрүлү-шүн окумуштуулар Искак Асан уулунун ысмына байланыштырышат. 1870-жылдардын башында *Кудаяр хандын* адилетсиз саясаты элдин наразылыгын туудуруп, кыргыз бийлери аны башка хан м-н алмаштырууга аракеттенишкен. Салтка ылайык хан мураскору хан тукумунан гана болушу зарыл эле. Ошондуктан 1872-ж. аксылык кутлук-сейит уруусунун бийи *Шер датка* баштаган кыргыз төбөлдөрү кеңешип, мураскорлукка Самарканда, Хорезмде жашаган хан тукумдарына барышат. Бирок алар макул болушкан эмес. Хорезмден кайтып келе жаткан Шер датка, кыргыз-кыпчак Мусулманкул бий ж-а найман Мусабек бий бир кездеги Алымкул аталыктын үзөңгүлөшү, Ташкенде жашап жаткан курамалык Абдымомундун (к. *Момун Шамурзак уулу)* үйүндө конуп калышат. Коноктор хан тукумунан болгон самаркандык Полот бекке куюп койгондой окшош Искакка өтө көңүл буруп калышат. Охналык ичкиликтердин бостон уруусунан чыккан Искак Асан уулу Абдымомундун кызматчысы болуп жүргөн. Кыргыз бийлери аны Полот хандын ордуна мураскор болууга үндөшкөндө Искак өмүрүн тобокелге салып, макул болот. 1873-ж. жазда 200дөй кыргыз жигиттеринин, Шер датка, Мусулманкул, Мусабек, Сулайман удайчы ж-а Абдымомундун коштоосунда Искак – Полот бек Аксыга келген. Чаткалдын, Алабуканын, Актамдын, Нанайдын, Көкжардын, Мамайдын, Кербендин, Пачатанын, Сафедбулондун ж. б. айыл-кыштактардын билермандары Полот ханга кол беришип, анын туусу астында Кудаярга каршы күрөшкө чыгууга макул болушат. 1873-ж. жайында 29 жаштагы Искак «Полот хан» деген ат м-н Сафедбулондо, 1842-ж. Шералы хан көтөрүлгөн жерде, миңдеген саруу, багыш, кутлук-сейит, найман, кытай урууларынын өкүлдө-рүнүн катышуусунда ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн. Искактын колу тез эле көбөйө баштап, көтөрүлүшчүлөр Чартактын беги *Кедейбай датка* м-н Жаңыкоргондун беги Алимдин жазалоочу кошуунун Сафедбулон м-н Алабуканын ортосунда талкалап, Көкүмбай, Тоголокшайык, Актам, Найман, Көкжар кыштактарын ээлешкен. Бирок, Кокондон чоң аскер м-н чыккан Аб-драхман аптабачы аларды чегиндирип, Чаткалга сүрүп жиберген. Шер датка баштаган 40 бийдин Кокондо өлтүрүлгөндүгүн уккан көтөрүлүшчүлөр Чаткалда кол топтоп, кайрадан Алабукага басып киришкен. Бирок Намангандан, Төрөкоргондон, Жаңыкоргондон алынып келинген сыпайлар м-н күчтөндүрүлгөн жазалоочу кошуун Молдо Жолдош паңсаттын башчылыгында Искакты 2-жолу чегиндирген, көтөрүлүшчүлөр тоо аралап кирип кетишкен. 1874-ж. июлда Чаткал тоо этектеринде көтөрүлүш кайрадан башталган. 10 миңден ашуун көтөрүлүшчү-лөр Чаткалдан чыгып, Алабука өзөнү м-н төмөн карай Касан шаары багытына жүр-гөн. Кутлук-сейит, багыш, саруу, кытай урую-ларынан жыйналган Искактын көтөрүлүш-чүлөрүнө жолдон өзбек, тажик тургундары кошулуп, 1874-жылдын 1-августуна чейин Сафедбулон, Чартак, Жаңыкоргон чептери алынган, Касан ш. согушсуз ээленген. Полот хандын кошууну Намангандан алыс эмес Төрөкоргон чебин талкалап, Наманганды камаган. Төрөкоргондун беги Саранчы 500 сарбазы м-н көтөрүлүшкө кошулуп кеткен да, кийин анын активдүү жетекчисине айланган. Аксы көтөрүлүшүнөн катуу чочулаган Кудаяр хан, аларга каршы Абдрахман аптабачы, Иса Олуя, Науман паңсат баштаган жакшы куралданган 7000 сыпай ж-а 1000 сарбаз жиберген. Көтөрүлүшчүлөр бетте-шүүдө жеңилип, көп адам колго түшкөн. Көтөрүлүштүн бир жетекчиси Мусулманкул көз жумган. Абдымомун Чаткалга, ал эми Искак бир аз жигиттери м-н Алабуканын Чанач капчыгайына чегинген. Аптабачынын жазалоочу аскери караламан эл, коргоо-суз калган айылдарды катуу бүлүндүрдү. Айыл-кыштактар аёосуз өрттөлүп, Алабука өрөөнүндө эле даргага асылгандардын саны 1000ден ашты. Бул жазалоолор элди ого бетер кыжырланткан. Искак 1874-жылдан 1875-жылга караган кыш мезгилинде Чаткал тоо этектерин, Чанач, Алабука, Пачата өрөөн-дөрүн кыдырып, элди көтөрүлүшкө үндө-гөн. Чаткалга качкан Абдымомун 1874-ж. 24-августта Идрис Пайгамбар деген жерде орус өкүлдөрү м-н жолугушууга келгенде кармалып, Олуяатада түрмөгө отургузулган. Бирок аз убакыттан кийин түрмөдөн качып кеткен. 1875-ж. июнда Фергана өрөө-нүнүн чыгыш тарабындагы калк көтөрүл-гөндө Искак жашыруун түрдө Өзгөн тарапка өтүп кеткен. Бул жерде аны бир нече миң кошуун күтүп турган. Чогулгандардын арасында кадыр-барктуу бийлер да бар эле. Июнь, июль айларында Искак Ош, Жалалабат, Карасуу, Сузак сыяктуу ири шаар-кыштактарды ээлеп алган. Кыймыл бүтүндөй Фергана өрөөнүнө жайылган.

**ИСКЕК** – кыз-келин каш терчү кичинекей кыпчуур. Ал жалпак темирден, жезден, күмүштөн ийилип жасалган.

**ИСКЕНДЕР ЗУЛКАРНАЙН** (б. з. ч. 356, Белле – 323,Вавилон) Македондук Александрдын мусулман өлкөлөрүндө тараган ысымы. Искендер ысымы Александр деген сөздү арабчага «ал-Искандар» деп ыңгайлаштыруудан келип чыккан. Зу-л-Карнайн – кош мүйүздүү дегенди билдирет. Мындай ат ага Египетти баш ийдирип, «Аммондун уулу» деп жарыялангандан кийин фараондордун кош мүйүздүү туулгасын кийип жүргөн-дүгүнөн улам берилген. И.З. Македон падышасы Филипп IIнин уулу. Тубаса шыктуу Александр

жаштайынан эле атак-даңкты жакшы көргөн. Аны энесинин туугандары Леонид, Лизимах, ал эми 343-ж-дан атактуу философ Аристотель тарбиялаган. Аристотелдин жетекчилигинде өз заманына ыла-йык өтө кеңири билим алган. Б. з. ч. 338-ж. фифалыктардын ыйык аскерин талкалап, мыкты жоокер ж-а таланттуу аскер башчы болорун көрсөткөн. Б. з. ч. 336-ж. атасы Филипп II өлтүрүлгөндөн кийин 20 жашка толо элек И. З. тактыга отурган. Гректерди, Дунай өрөөнүндөгү ж-а Иллириядагы урууларды баш ийдирип, Персияга каршы согушка камылга көргөн. Б. з. ч. 334-ж. 30 миң жөө, 5 миң атчан аскерлери м-н Геллеспонт аркылуу өтүп, Персия сатраптарынын 20 миң жөө, 20 миң атчан аскерлерин талкалайт. Кичи Азиядагы көптөгөн шаарлар жеңүү-чүгө согушсуз кошулушкан. Б. з. ч. 333-ж. Киликияны ээлегенден кийин чыгышты көздөй сапарын улантат. Ушул эле жылы Иссанын жанында И.З-дын ж-а Дарий Кодомандын аскерлери беттешет. И. З. Дарийдин эки жолку элдешүү үчүн сунуш кылган шарттарын кабыл албай, урушту жеңишке жеткирет. Иссадагы жеңиш түштүктү көздөй жол ачат. Жер Ортолук деңизиндеги персиялыктардын флоту И. З-дын колуна өтөт. Палестинаны баш ийдирип Египетке кирет. И.З. жергиликтүү элдин үрп-адаттарына, динине урматтоо м-н мамиле кылган. Ошондуктан жергиликтүү эл ага ишеним көрсөткөн. Египетте И.З. Александр ш-н негиздеген. Б. з. ч. 331-ж. Ливия чөлү аркылуу Зевстин (Юпитердин) Аммон храмына барат. Храмдын дин кызматчылары фараондордун салты б-ча аны «Аммондун уулу» («Күндүн уулу») деп жарыялашат. Андан кийин Дарийге каршы аттанат. Дарий бул мезгилде Ассириядан жаңы аскер топтоого үлгүргөн. Каршылаштардын аскерлери Гангамеллдин жанында кезигишет, персиялыктар жеңилет. И.З. түштүктү көздөй жортуулду улантат. Вавилон, Суза жеңүүчүгө дарбазаларын ачып берет. Басып алган аймактарды башкарууга жергиликтүү элден тарткан. Гректерге, македониялыктарга аскердик ж-а финансылык иштер тапшырылган. Б. з. ч. 333-ж. «Персия дарбазасынын» 40 миң жоокерден турган коргоочуларын талкалап Персеполь ш-на кирген. Персия падышаларынын атактуу сарайын өрттөйт. Б. з. ч. 333-ж. Дарийге каршы согушун улантат. Дарийди ачууланган сатраптар кармап, падышалыктан түшүргөндүгү ж-дөгү кабар аны ого бетер шаштырат. Анын ордуна Бактрия сатрабы Бесс өзүн Персия падышасы деп жарыялайт. И.З. Бессти кармоого, Персия монархиясынын чыгыш жерлерин басып алууга шашылат. Б. з. ч. 329–328-ж. Согдиана м-н Бак-трияны ээлейт. И. З. Бактрия башкаруучусунун кызы Роксанага үйлөнөт. Яксарт (Сыр-дарыя) дарыясынан өтүп азыркы Кожент ш-нын жанына Александрия Эсхата (Четки Александрия) ш-рын курган. Орто Азиянын көчмөн элдерин баш ийдирүү И. З-га кыйла түйшүктүү болгон. Б. з. ч. 327-ж. 12 миң аскери м-н Индияга жөнөйт. Инд дарыясынын батыш тарабында жашаган урууларды баш ийдирет. Б. з. ч. 326-ж. Таксиль падышалыгын, Пенжабды ээлеп, Ганг өзөнүнө тереңдеп кирет. Бирок, аскерлердин нааразычылыгынан артка кайтууга аргасыз болот. Б. з. ч. 323-ж. И.З. Вавилонго келип, мамл-тин түзүлүшү ж-а жаңы басып алуу согуштары тууралуу пландарын түзөт. Катуу оорудан кийин 33 жашында И.З. каза болот. Досу Птолемей анын сөөгүн алтын табытка салдырып, б. з. ч. 322-ж. Александрия ш-на койдурат.

**ИСКЕНДЕР ЗУЛКАРНАЙНДЫН ТОСМОСУ** – уламышта Искендер Зулкарнайн м-н байланыштырылган дубал. Калайыкка тынчтык бербеген жапайы чалыш *йажуж ж-а мажуж* элдерин Искендер жеңип, адам өтпөс тоолордун ары жагына кубалап, капчыгайын темир тосмо м-н бүтөп салган. Акыр заман болгондо аталган элдер бул тосмону бузуп өтүп келишет имиш.

**ИСЛАМ** – дүйнөгө кеңири тараган диндердин бири. И. дин катарында 7-к-да Батыш Аравияда пайда болгон. Аны Мухаммед негиздеген. И. баш ийүү, моюн сунуу, тынчтыкта болуу, тынч турмушту сүйүү ж.б. билдирет. И-дын чыгышы Араб мамл-нин өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу. Мусулмандар жамааты же «умма» диний гана эмес, саясий уюм да болгон. Жамааттын ыйык башчысы Мухаммед бийлик жүргүзүүдө мурдагыдай уруулук үрп-адатка эмес, өзүн элге өкүл (расул) катарында жиберген кудайга (аллага) таянган. Мусулманчылыктын башкы принциптери Куранда айтылган. Куран – мусулмандардын диний окуусунун негизги булагы. О.эле Мухаммед пайгамбардын осуят сөздөрү ж-а анын жасаган иштери ж-дөгү баяндоолордон турган сунна же хадис да чоң роль ойнойт. И-дын негизи – алладан башка кудай жок, Мухаммед анын пайгамбары, элчиси, Курандын ыйыктыгы, кыямат кайым болоруна ишенүү болуп саналат. Ислам дининде шахадатты: Алладан башка кудай жок, Мухаммед анын пайгамбары деген келмесин толук түшүнүп, жарыя айтуу, күндө беш ирет намаз окуу, рамазан айында орозо кармоо, зекет төлөө, өз ыктыя-ры м-н кайыр-садага берүү, Мекеге ажыга баруу ж.б. диний милдеттер белгиленген. И. 7-к-да суннизм ж-а шиизм болуп эки агымга бөлүнсө, 8-к-да мистикалык агым суфизм пайда болгон. Европа маданиятынын таасиринен улам И-ды жаңы шарттарга ылайыкташтыруу башталган. Айрыкча И-дын ка-таал үрп-адаттары м-н ырым-жырымынан баш тартуу же аларды жөнөкөйлөштүрүү, жа-ңы шартка ылайыкташтыруу, өздөштүрүү зарылдыгы келип чыккан. Кыргыз эли да И. динин туткан. Айрым маалыматтар б-ча, Караханийлер кагандыгында 960-ж. И. дини мамл. дин катары кабыл алынган. Чүй өрөөнүндөгү Баласагун ш-нда 200 миңден ашуун көчмөн кыргыздар И. динин кабыл алышкан. Бирок, көчмөндөрдүн турмушунда И. дининин кеңири тарашына бытырандылык, көчмөндөрдүн өз ара согуштары тоскоол болгон. И-га өтүү процесси Кокон хандыгынын учурунда кайра күчөгөн. И-ды кыргыздардын арасына Кокондун мусулман өкүлдөрү шайык, эшен, кожо, дубана-дербиш ж. б. таратышып, ага биринчи иретте колунда бар адамдарды, бай-манаптарды тартышкан. Советтик доордо атеизм күчөп, элдик диний ишеним сыйланбай, ага өткөндүн саркындысы катарында мамиле кылышкан. Учурда динге сыйынуу же

сы-йынбоо ар кимдин өз иши. Кыргызстан б-ча мечиттердин саны улам өсүүдө. Диний окуу жайлары иштөөдө. И. дини мамл-тен ажыратылган. Динди мамл-ке каршы үгүт-төөгө тыюу салынат.

**ИСПИДБУЛАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ**, С а ф е д б у л о н – орто кылымга таандык шаар калдыгы. Фергана өрөөнүнүн түндүк-чыгыш бөлүгүндө, Алабука р-нундагы Сафедбулон (Гүлстан) кыштагынын жанында жайгашкан. «Испид-Булан» деген аталыш м-н арабдардын Ферганаңы басып алгандыгы ж-дө Жемал Каршинин (13-к), о. эле Фергана калкын мусулмандаштыруу ж-дө жергиликтүү көрүстөндөрдөн табылган таштардын (кайрак) бетиндеги 12–15-кылымга таандык жазууларда эскерилет. 16-к-дан Сафедбулон аталат. Сафедбулон булактарда, эл оозунда ж-а санжыралардагы маалыматтар б-ча арабдар келген кезде, алар м-н согушкан жергиликтүү бийлик ээлерине каршы арабдарга жардам берип жүргөн касандык кыз катары эскерилет да, анын бейитинин үстүнө курулган күмбөз курулгандан кийин ошол жер, кийинчерээк анын жанындагы кыштак да Сафедбулон аталып калган. Болжол 10–12-к-да Сафедбулондун күмбөзү-нүн жанына ушул чөлкөмдө курман болгон араб полководецтеринин бири Шах Фазилдин күмбөзү тургузулган. Бул мавзолей Гүлстан кыштагынын чыгыш тарабындагы дөңсөөдө жайгашкан. Сафедбулондун бе-йити ушул мавзолейдин короосунун түндүк-батыш тарабынан орун алган. Жергиликтүү элге Испидбулан сопу шайыктардын табынуучу жайы катары гана эмес, Аксы чөл-көмүндөгү чоң мазар катары белгилүү. Кезегинде бул мазарда олуттуу саясий окуялар болуп өткөн. Мис., 1842-ж. ушул жерде Кокон ханы *Шералы* миң башы *Нүзүп* Эсенбай уулунун жардамы м-н ак кийизге салынып хан көтөрүлсө, 1873-ж. жаз айларында Кокон хандыгынын акыркы ханы Искак Асан уулу *Полот хан* деген ат м-н хан көтөрүлгөн.

**ИСТАМБЕКОВ** Аден Бекембаевич (1903, Каракол уезди, Ичкежергез айылы – 1939) – сов. аскердик ж-а саясий ишмер. 1927-ж. Москвадагы Аскердик-пед. жогорку мектепти бүтүргөн. Ташкендеги Ленин атн. Жогорку аскер мектебинде окутуучу, Орто Азия аскер округунун атчандар мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысына жардамчы (1931–32), жооптуу катчы (1932–33), казак атчандар полкунун командиринин жардамчысы (1933–36), 53-кыргыз атчандар полкунун комиссары (1937) болуп иштеген. Кыргызстан КП(б) БКга мүчө (1937) болуп шайланган.

**ИСТАХРИ АБУ ИСХАК** (туулган, өлгөн жылы белгисиз) – араб географы. 950-ж. «Мамлекеттин байлыгы жөнүндөгү китеп» аттуу эмгегин жазган. Аталган эмгекти жазууда ал окумуштуу Абу Зейд Балхинин эмгегин пайдаланган. Анда Арабстан, Иран, Сирия, Египет ж-дө маалыматтар жолугат, о. эле Мавераннахр ж-дө мурда белгисиз маалыматтарды берет. Шаар, айыл-кыштактар, алардын жашоочулары, кесиби тууралуу кеңири баяндалган. Бул маалыматтарды Истахри өзү саякат жасап жүргөн учурда жыйнап, ирээтке келтирген. Орто Азиядагы Фергана, Шаш, Уструшан, Илак, Шельжи, Лабан ж.б. жерлерден казып алынуучу алтын, күмүш, жез, коргошун, мунай, бирюза, асбест, калай, ал эми кыргыздардын аймагынан нашатырь, таш көмүр ж.б. казылып алынгандыгы, о.эле жалпы түркий калкы а. и. кыргыздардын жашаган жери, алардын чоң шаарлары, аймактары: Некад, Миян-Рудан, Жидгил (Чаткал), Ош, Өзгөн, Медва (Мады), Хайлам, Селат, Хафтех ж.б. ж-дө кенен жазган. И-ни бөтөнчө кыргыздар жашаган аймактар, алардын соода-сатык байланыштары кызыктырган. Кыргыздардын чегарасы ж-дө сөз козгоп, И. кыргыздар тогуз-огуздар, кимактар ж-а Тибет м-н Син (Кытай) мамл-нин ортосунда жайланышкан деп жазат. И-нин чыгармалары иран, араб, орус тилдеринде басылып чыккан.

**ИСТЕМИ КАГАН** (510–575) – Улуу Түрк кагандыгынын башкаруучусу, каганы. Аны Византия булактарында Силзибул, Дизабул, Стембис деген ысым м-н, арабдарда Синжибу деп берилет. И. к-ды Батыш түрк кагандыгынын династиясынын эң жогорку титулу м-н Ябгу каган деп да аташкан. Б. з. 555-ж. түркий уруулары Жетисууну гана эмес, о. эле Борб. Азиянын Сырдарыя боюн, Арал деңизине чейин ээлеп алышкан. Бул баскынчылык гана эмес, Борб. Азиядагы түркий уруулардын миграциясы да болчу. Анын жүрү-шүндө Орто Азиянын бардык аймактарын түркий тилдүү уруулар ээлешип, жергилик-түү көчмөн элдер алардын согуштук-админ. системасына кошулуп, айрымдары авар урууу-лары м-н биригип, Европанын Түштүк-Чыгыш бөлүгүнө сүрүлүп кетишкен. Көчмөн уруулар «он жебелүү уруу союзуна» («он ок будун») биригишкен. Ошондуктан, И-ни кытай булактарында «он уруунун каганы» деп аташкан. Бирок жаа же жебе деген сөз уруулук уюм эмес, аскердик-админ. түзү-лүштүн формасын түшүндүргөн. И-нин буйругу м-н ар бир жаа, жебе (ок) бир түмөн (он миң) аскерди камтыган, анын башында аскер башчысы (шады) турган, өзүлөрүнүн аскердик туусу болгон. Жыйналган он жаа, жебе чыгыш ж-а батыш союзуна бөлүнүп, ар бири беш жаа же жебеден турган. Чыгыш бөлүгү беш уруу дулу деп аталып, анын башында чоро турган. Батыш бөлүгүн беш уруу нушиби түзгөн, алардын башында Иркин турган. Беш уруу дулу чыгыштан Су-йаб ш-на чейин, беш уруу нушиби Суйаб ш-нан батышка чейинки мейкиндикти ээлешкен. Борбору Токмоктун жанындагы Суйаб ш. болгон. И. 558-ж. Волга (Итиль) ж-а Урал (Жайык) боюн басып алган. 6-к-дын 2-жарымында И. эфталиттерге каршы күрөшүү үчүн Иран шахы Хосров м-н аскердик союз түзүп, бул союзду бекемдөө максатында өз кызын Иран шахы Хосровко турмушка чыгарган. 563-ж. И-нин аскерлери ирандыктардын колдоосу м-н эфталиттерге согуш ачып, алардын кыйла жерин басып алды. Натыйжада, Кытайдан Жер Ортолук деңиз тараптагы мамлекеттерге кетүүчү, соода-сатык иштерин жүргүзүүчү Жибек жолуна кожоюн болуп, бул жолдун Кытайдан тартып Пайкендке чейин бөлүгүн кыргыздар, Сирияга чейинки бөлүгүн ирандыктар көзөмөлдөп калды. Өз мамл-н кеңейтип отуруп, И. Евразияда биринчи империяны түзгөн.

**ИСТОРИОГРАФИЯ** (гр. historia – баян, аңгеме, gravia – жазуу) – 1. тарых илиминин тарыхы, о. эле белгилүү бир темага, тарыхый доорго арналган изилдөөлөрдүн жы-йындысы (мис.; Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын И.сы же социалдык-таптык, улуттук жактан ички мазмуну б-ча байланышкан тарыхый эмгектердин жыйындысы. Мис.; марксисттик И. Кыргыз тарыхынын И-сы). 2. тарых ил-нин тарыхын изилдөөчү илим.

**ИСФАРА,** И с п а р а – Фергананын түштүк-батыш бөлүгүндөгү тоолуу аймак. Араб географтары Истахри м-н Ибн Хаукалдын (9–10-к.) эмгектеринде таш көмүр ж. б. кендерге бай аймак катары эскерилет. И. 15–16-к-гы шаар катары Бабурдун эмгегинде да баяндалат.

**ИСХАКИЙА ТАРИКАТЫ,** Ы с х а к и й  й а  т а р и к а т ы – Ортоазиялык суфийлердин накшбандия-хожаган жамаатынын бир бутагы; 17–18-к-да Чыгыш Түркстанда диний-теократиялык бийликти орнотууга катышкан саясий топ. Накшбандия-хожаган ордени 15-к-да эле пайда болуп, 17-к-дан өзүнүн ишмердигин Чыгыш Түркстанга жайылта баштаган. 17-к-дын башында ойроттор м-н катар накшбандия жамааты Яркендеги хандык бийлик үчүн болгон жергиликтүү башкаруучулардын ички иштерине кийлигише баштаган. Жамааттын ири өкүлдөрүнүн бири Исхак Вали уулу Кожо Шади (Мухаммед Яхья) өлкөнүн башкаруучусу Махмуд ханды бийликтен кулатууга да кириптер болгон ж-а аймактагы өз таасирин бекемдеген. 17-к-дын 2-жарымында алар могол хандарынан бийликти тартып алган. Бирок бийликти ээлеп алган накшбандия жамаатынын өкүлдөрүнүн ортосунда кайрадан ич ара бийлик талашкан өтө курч мүнөздөгү карама-каршылыктар келип чыккан. Натыйжада, Махдум-и Азамдын балдарынын улуусу Мухаммед Амин, кожо Ишан-и Калам деген ысым м-н «актоолук» деп аталган кожолордун кыймылын, анын бир тууганы Махмуд-и Азамдын төртүнчү уулу Мухаммед Исхак Вали (1613-ж. өлгөн) «каратоолук» деп аталган кожолордун кыймылын уюштурушкан. И.т-нын өкүлү Аппак кожо Чыгыш Түркстандагы бийликти алууга жетишкен. Каратоолуктарды жактаган Кашкарды башкаруучу Исмаил хан, Аппак кожону бийликтен кетүүгө мажбур кылган. Бирок Тибеттин Далай Ламасынын кийлигишүүсү м-н Жуңгар ханы Галдан Бошокту Аппакты 1678-ж. Чыгыш Түркстандагы өзүнүн наместнигине дайындаган. Аппак өлгөндөн кийин кайрадан бийлик талашуу башталып, 1720-ж. гана Цеван Рабдан каратоолуктардын өкүлү Даниель кожону 6 шаар чөлкөмүн калмактардын атынан башкарууга берген. Чыгыш Түркстандан Цин империясы басып алганга чейин, бийликте каратоолуктар турган. 1755-ж. Бурхан ад-Дин башында турган актоолук кожолор Циндердин көмөгү м-н бийликке келген. Бурхан ад-Дин кыргыздардын башчысы Кубат бийдин колдоосу аркылуу каратоолуктарды бийликтен биротоло чектеткен. Көп узабай 1759-ж. Цин империясы Чыгыш Түркстанды басып алган ж-а аларга каршы актоолук кожолордун көтөрүлүшү башталган.

**ИТЕЛГИУЯ** – Соңкөлдүн түштүк-чыгыш тарабында Ителгиуя суусунун оң тарабында жайгашкан эрте темир дооруна таандык тектүү адамдардын көрүстөнү. Мүрзөлөр-дүн диаметри 25–30 *м*, бийиктиги 1–4 *м*. Чыгыш тарабында 4 *км* алыстыкта жайгашкан Таштулга м-н байланышта болушу мүмкүн. Казып изилденген эмес.

**ИТ КӨЙНӨК** – жаңы төрөлгөн наристеге биринчи ирет кийилүүчү кийим. И. к. улгайган адамдардын кийими тигилген кездемеден же жыртыла элек эски көйнөктөн тигилген. Көбүнчө ак түстө болгон. И.к. деп аталган себеби, аны адегенде ырымдап итке тийгизип, анан балага кийгизген. Мындай аракет баланын ден соолугун бекем кылат деген ишенимге байланыштуу.

**«ИТТИФАК»** – Түндүк Кыргызстанда шаардык татарлардын, буржуазия, майда буржуазия катмарларын бириктирген алгачкы уюм. Убактылуу өкмөттүн тушунда тү-зүлгөн. Октябрь революциясынын жеңиши м-н бул уюмда бир топ өзгөрүүлөр болуп, советтерге өтө баштаган. 1918-ж. 5-мартта «И-тын» жалпы чогулушунда Совет бийлигин таануу ж-дө токтом кабыл алынып, большевиктер Х. Хасанов, А.Шарафутдинов бул уюмга Пишпек уезддик советинин өкүлү катары шайланышкан. Уюм буржуазиялык элементтерден тазаланып, 1918-ж. апрелден «И» татар революциячыл совети аталган, анын төрагалыгына большевик В. Муратов шайланган. 1918-ж. сентябрда уюм таркатылып, анын өкүлдөрү Улут иштери б-ча комиссариатка кирген.

**ИУДАИЗМ** – еврей калкынын арасында таралган дин. Б. з. ч. 1-к-да Палестина аймагын мекендеген байыркы еврейлердин уруулук диндеринин негизинде пайда болгон. «Кудай тарабынан тандалып алынган» еврей элине өзгөчө камкордук көргөн Яхве кудайына сыйынуу, о.эле Израиль падышачылыгынын мессия тарабынын кайра калыбына келтирилиши ж-дөгү окуу И-дин догмаларын түзөт. Б.з 70-ж. римдиктер Яхве кудайына сыйынуунун борбору Иерусалим ш-н талкалаган соң, еврейлер дүйнө жүзүнө тараган ж-а сыйынуу синагогдордо (еврейлик мечиттерде) жүргүзүлө баштайт. Из-раиль мамл. түзүлгөн соң (1948, май), И. мамл-тин расмий динине айланган. И-дин библиялык, талмуддук, раввиндик, модер-нисттик агымдары бар. Дүйнө жүзүндө И. динин кармангандардын саны 15–20 млн кишиге чамалуу.

**ИЧИК** – кездеме тышталып, саңсаң (саксак) ж-а кунудан жасалган кыш мезгилинде кийүүчү сырт кийим. И-ке козу, түлкү, бөрү, сүлөөсүн, илбирс, киш, кундуз ж. б-дын терилери пайдаланылат. Байлар И-ти кунудан, карапайым эл саңсаңдан жасатышкан. Ookаттуулар И-тин сыртына нооту, лампук капташып, чоң жака салышкан. И. жасалган терисине жараша саңсаң И., киш И., илбирс И., карышкыр И. ж. б. деп бөлүнгөн. И. эркекке да, аялга да узун жеңдүү, этектүү, кенен тигилген. Келин-кыздардын И-тери кымбат баалуу терилер м-н көбөөлөнгөн.

**ИЧКЕЖЫЛГА КӨРҮСТӨНҮ** – Кочкор өрөөнүндөгү Шамшы айылынын түштүк-батыш тарабында б. з. ч. 1-миң жылдыктан 14-к-дарга таандык көчмөн уруулардын көрүстөндөрү. Дөбө коргондун бийиктиги 0,3–3 *м*. Дөбө ж-а таш мүрзөлөрдөн турат. Бир мүрзөнү казып изилдегенде колго жасалган чопо идиштер табылган. 1954-ж. А.К. Кибиров изилдеген. 11–14-к-дарга тиешелүү чопо идиштери, ээр, үзөңгү, жаанын жебелери, жебе сала турган баштык, жарым-жартылай күйгүзүлгөн буюмдар (чий, чү-пүрөк калдыктары, канжар, колодон жасалган кемер курдун тоголору) табылган. Күй-гүзүлгөн буюмдардын өзүнчө чуңкурчада жайгашканы энесай кыргыздарынын сөөктү көмүү салтына окшошот.
**ИНГА-ТӨРӨ БАЙМУРАД ЧЕРИК** к. *Эңге төрө* макаласын.

# Й

**ЙАБАКУ** – орто кылымдардагы Борб. Азия-дагы түркий эл. *Гардизинин* фарсыча «Зайн ал-ахбар» «Шөкөттөлгөн кабарлар» деген эмгегинде Й-лар ж-а халлухтардын байланышы ж-дө санжыралык маалыматтарды берет: түрк аскер башчысынын нөөкөрү кылмыш иш жасап, жазадан коркуп, тогуз огуздар өлкөсүнө качып келет. Бул жерде ага «Ябагу» деген ат ыйгарышып, тогуз огуздар ээлигинде жашаган халлухтарга аскер башчы кылып шайлашат. Ушундан соң, бул уруу-лук бирикме «ябаку-халлух» аталып калат. «…Түркстан аймагында ябаку-халлухтардан тараган уруулар көп санда кездешери маалым...». Махмуд Кашгари кыргыздардан батышыраак аймактарды мекендеген Й-лар түрк тилинде сүйлөшөрүн ж-а Йабаку-Сувы Кашкар тоолорунан башталып, Өзджend (Өзгөн) ж-а Ферগананын ортолугунан агып өткөн дарыя. О. эле кыргыз, йабаку ж-а кыпчактар темирди өзгөчө аздектеп, баркташарын, темирди ортого коюп, шерт (ант) беришерин маалымдаган. Й-лар караханийлерге каршы согушуп турган. Й-дын айрым топтору Борб. Теңиртоодо да жашашкан, бүгүнкү кыргыздардын ичиндеги жабагы (жабагылар) уруктарынын теги 11–12-к-дагы Й-лардан келип чыккан. Этнонимдин маанисине Махмуд Кашгари «кийиздин бир түрү» деген түшүндүрмө берет. Энчилүү ат кыргыз тилинде эки маанини туюнтат: 1. беш-алты айлык кулун; 2. түлөп түшүүгө айланган жазгы даакы жүн.

**ЙАДА,** ж а й т а ш – түрк элдеринин, а.и. кыргыздардын мифологиялык түшүнүгүндө аба-ырайын өзгөртүүчү магиялык таш. Таштын сыйкырдуу күчүнө ишенүү байыркы түрктөрдө кеңири таралып, Й. таштын жардамы м-н сыйкырчылар суукту, бороон-чапкынды, чагылгандуу жаанды ж. б. чакыра ала тургандыгы айтылган. Ал-Бируни мындай манипуляциянын эки ыкмасын көргөзгөн: «киши ташты (Й. ташты) тиштеп, суугa кирген ж-а кол булгалаган, ошондон кийин жамгыр жааган». Башка учурда ар кандай дубаларды айтып, үн чыгарып кыйкырышкан: «…таштын өзүн суугa чөктү-рүшүп ж-а анын үстүнө сууну чачышкан». С. Абрамзон келтирген этногр. маалыматтарда кыргыздардын арасында жай таштын жардамы м-н жамгыр жаадыра ала турган жайчы деп аталган өзгөчө адамдар болгон. Жайчылар дубаларын араб-фарсы тилинде айтышкан. Дубачылар адатта бакшылар болушкан, алар бир эле убакта эмчилик ж-а шамандык милдеттерди да аткарышкан. Бул ырым-жырымдар кургакчылык учурда жаан жаадыруу максатында өткөрүлгөн. Орус чыгыш таануучусу М. С. Андреев Памирдеги кыргыздардын жайчылык өнөрү тууралуу кызыктуу маалыматты жазып алган. Анда: кара койду союп канын идишке толтурушкан. Идиштеги канга 7 күн ташты салып коюшкан. Бул убакта кан кургап бүткөн ж-а таштын өзүн алып чыгып тийиштүү дубаны окушкан. Дубаны окуганда асманда булут топтолуп, жамгыр жааган. Эгерде ташты жууп, абага таза б-ча коюп койсо, күн чайыттай ачылган. Ташты жипке байлап термелтсе шамал жүргөн. Жай таш ж-а жайчылыктын келип чыгышы шаманчылык м-н байланышкан. Кыргыздар исламдын таасирине өтө баштагандан тартып, жайчылык ырым-жырымынын аткарылышына мусулманча дуба окуу сыяктуу эле-менттер кирген.

**ЙАЖУЖ ЖАНА МАЖУЖ** (гог ж-а магог) – Библияда ж-а Куранда айтылган эл. Мусулмандардын түшүнүгү б-ча алар жапайы чалыш, наадан, канкор эл катары сүрөттөлүшөт. Й. ж-а М-дар «Манас» эпосунда күн чыгыштагы анжы ж-а манжы деген жапайы чалыш каардуу эл катары сүрөттөлгөн. Хакастардын оозеки чыгармачылыгында Енисей аймагын кыргыздар өздөштүрө баштаганда уй туяктуу адам жегич (каннибал) мусмалдар ж-а ит баштуу моксагалдар алардын эң башкы душмандарына айлана баштаган. Бул образдар Сибирь аймагындагы өнүгүүнүн эң төмөнкү баскычында турган элдерге байланыштуу келип чыгуусу ыктымал.

**ЙАКУБ БЕК,** М у х а м м е д Й а к у б б е к, Ж а к ы п б е к (1820, Кокон хандыгы, Пекент ш. – 1877) – Чыгыш Түркстандагы Жетишаар мамл-нин башкаруучусу. Ташкен бегинин жардамы м-н Чыназ дубанынын акимдигине дайындалган. 1851-ж. Акмечит калаасынын беги болгон. Кудаяр ханга каршы козголоңу ишке ашпай, 1853-ж. Бухарага качкан. 1858-ж. Кудаяр хан биринчи ирет тактан түшкөндө Й. б. Коконго кайтып келген. 1862-ж. кайрадан бийликке келген Кудаяр хан аны өлүм жазасына буйруган ж-а *Алымкул аталык* куткарып калгандан кийин кайрадан Бухарага качкан. 1863-ж Букар эмиринин кыргыз-кыпчактар м-н согушуп жаткан Кудаяр ханга жардамга жиберген 2000 аскерин жетектеп келип, Й. б. Маргалаң ш-нын жанында жеңилүүгө учураган. Бухаранын колдоосунан ажыраган Кудаяр кайрадан бийликтен кеткенде, Й. б. Алымкул аталык баштаган Кокон хандыгынын башкаруучуларына кошулган. Ошол эле жылы Чыгыш Түркстан калктарынын Цин баскынчылыгына каршы көтөрүлүшү башталган. Кыпчак (айрым маалыматтарда кыргыз) Сыдык бек башында турган көтөрүлүшчүлөр Кашкарды ээлешкен. Сыдык бек Кокондун башкаруучусу Алымкул аталыкка кайрылып, Жааңгер кожонун уулу Бузрук кожону хан көтөрүү үчүн Кашкарга жөнөтүүсүн сурайт. 1864-ж. Бузрук кожо Й.б-тин ж-а Алымкулдун тууганы Алдаштын коштоосунда 60 киши м-н Кашкарга кирген. Сыдык бек бийликти Бузрук кожого өткөрүп берген. Бузрук кожо Й. б-ти баатырбашы кызматына дайындап, армиянын командачылыгын берген. Й. б. Кашкардын айланасындагы бир канга ийгиликтүү жортуул жасагандан кийин бийликти тартып алып, Бузрук кожону Мекеге зыяратка жөнөткөн. Үч жылдын аралыгында Кашкар, Янги-Гиссар, Жаркен ж-а Хотан округдарын бириктирип, 1866-ж. өзүн мамл-тин башчысы – «Йакуббек бадавлат» («дөөлөт ээси») деп жарыялаган. 1864-ж. жайында Аксу ж-а Турпан ш-ларын ээлегенден кийин, Музарт аркылуу өткөн кыска жол м-н Кулжага чабуул коюуга ниеттенген. Колпаковский жөнөткөн

Полторацкийдин кошууну Музарт ашуусун ээлеп, ага жакын дарыядагы көпүрөнү кыйратышкан. 1867-ж. Й.б. Чыгыш Түркстандагы Кашкар, Жаркент, Хотан, Аксу ж. б. ш-ды биротоло баш ийдирген ж-а тышкы саясатында Англия м-н Россиянын ортосундагы карама-каршылыкты пайдаланган. Нарын суусунун жогорку агымында топографиялык сүрөткө түшүрүү иштерин жүргүзгөн орус кошуунунун башчысы Полторацкий м-н сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, Россия м-н соода мамилелерин түзүүгө жетишкен. Орус соодагерлери Кашкарга кирип, Й. б-тин баасы б-ча соода жүргүзүшкөн. Орус соодагерлери м-н Й. б. өзүнүн жээни Шады Мырзаны Түркстан генерал-губернатору Кауфманга туруктуу соо-да байланыштарын орнотуу ж-а Россия м-н чегараларды тактоо үчүн жөнөткөн. Кауфман Шады Мырзаны Петербургга узаткан, бирок Россия Кытай м-н достук мамиледе тургандыктан, Й. б. м-н эч кандай сүй-лөшүүлөргө барбай тургандыгын билдирген. Россия м-н байланыш түзүү аракеттери ийгиликсиз аяктагандан кийин Й. б. Англия м-н мамилесин чындай баштаган. 1868-ж. Англия өкмөтү Й. б-ке тез атуучу замбиректин ж-а жаңы үлгүдөгү 10 миң мылтыктын түрлөрүн белек катары берген. Ошол эле учурда Й. б. теңиртоолук ж-а ысыккөлдүк кыргыздарды өзүнө тартуу максатында бугу уруусунун манаптары Тилекматка ж-а Мураталыга, саяк уруусунун манабы Осмонго, сарыбагыш уруусунун манабы Үмөтаалыга киши жиберип, жашыруун сүйлө-шүүлөрдү жүргүзгөн. Й. б. Кашкарга чектеш Атбашы, Нарын, Аксай, Арпа, Каракужур ж-а Соңкөл аймактарын өзүнүн карамагына кошуп алууну көз-дөгөн. Россияга каршы чыгуу үчүн ал Бухара эмиринин ж-а Кокон хандыгынын агенттери м-н тымызын сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, орустардын оторчул бийлигинин Түндүк Кыргызстанда бекемделишине тоскоолдук кылган. Осмон Тайлак уулу Тогузтородо майор За-гряжский баштаган орустардын кошуунуна кол салгандан кийин Кашкарга – Й.б-ке качып барган. Й. б. Осмонду салкын кабыл алган ж-а абакка олтургузган. Ал орустар м-н мамилесин бузбаш үчүн Осмон туткундап келген солдаттарды Нарынга өткөрүп берген. 1868-ж. октябрда штабс-капитан Рейнталдын Й. б-ке барган элчилиги ийгиликсиз аяктаган. Й.б. 1870-ж. Англиянын Форсайт баштаган элчилигин ардактап кабыл алган ж-а ачык эле Британияга ыктай баштаган. Ушул эле жылы өзүнүн ээлигин кеңейтүү максатында Й. б. Кулжага кол сала баштаган. 1871-ж. июль айында генерал Колпаковский Кулжаны басып алып, Иле аймагын караткан ж-а Таранчы султандыгы жоюлган. Натыйжада, Россия Кулжага Й.б-тен мурдараак үстөмдүгүн орнотууга жетишкен. 1872-ж. Й.б. Россия үчүн пайдалуу соода келишимин түзүүгө аргасыз болгон ж-а Англия м-н Россиянын ортосунда ыңгайлуу жол издегенди уланта берген. 1874-ж. түзүлгөн келишим б-ча Англия Кашкардын көзкарандысыздыгын ж-а Й. б-тин бадавлат амир даражасындагы мамлекеттин башкаруучу бийлигин тааныган. Кашкар мамл-н Түрк султаны дагы таанып, Й. б-ке эмир даражасын ыйгарган. Бул келишим Кашкардын Англиянын таасир этүү чөйрөсүнө айлангандыгын тастыктаган. 1876-ж. Цин империясы дуңгандардын көтөрүлүшүн баскандан кийин Чыгыш Түркстанга жүрүш жасай баштаган. 1876-ж. кышында Даванчи кырка тоосунун эки тарабында Й. б. м-н Цин империясынын күчтөрү бири-бирине каршы согушууга даяр турган. Бирок чечүүчү салгылашуу болгон эмес. 1877-ж. июнь айында Й.б. каза болгон ж-а көп узабай Цин империясы Чыгыш Түркстанды кайрадан басып алган. Й.б. өзүнүн заманына жараша авантюралуу саясат жүргүзгөн айлакер башкаруучу болгон.

**ЙАФЕС**, Й а ф е т – Библиядан ислам чөйрөсүнө өтүп, кайра иштелген санжыра б-ча адамзаттын ата-бабаларынын бири. Й-тин Хам ж-а Сам (иудейлерде – Сим, хрис-тиандарда – Сэм) деген бир туугандары болгон, алардын атасы Нух (Библияда – Ной) пайгамбар имиш. Адамзаттын таралышы ж-дөгү бул санжыра кыргыздарга ислам динин кабыл алгандан соң таралган. Санжырачылардын баяндарында Й-тин улуу баласы Түрк, андан калган башка түрк тилдүү элдер тарайт имиш. Бирок бул санжыра-уламыштардын башка варианттары да кездешет. Кыргыз санжырачылары библиялык уламышты кыргыз элинин оозеки тарыхын чагылдырууда пайдаланып жүрүшөт.

# К

**КААБА** (ар. кааба – «куб») – азыркы Сауд Аравиясынын Меке ш-ндагы мусулмандар (сунниттер) зыярат кылуучу Ыйык мечиттин короосунда жайгашкан имарат. Анын уз. 13*м*, туурасы 12 *м*, бийиктиги 15 *м*; пайдубалы мармардан, дубалы боз таштан тургузулган. Чыгыш тарабына Алла асмандан жиберген деп эсептелинген «кара таш» кошо коюлган. К-нын үстүнө Курандын аяттары алтын жип м-н жазылган кара жабуу жабылган. Мухаммед пайгамбар исламды жаңы дин катары жарыялаганга чейин эле К-га арабдардын курейш ж. б. уруулары сыйынып турушкан. Мусулмандар намаз окуп жатканда К-ны карап («Кыбылага карап») турууга тийиш. Ажылыкка баргандар К-ны жети айланып, анын «кара ташын» өбүшү ылаазым. Кыргыздын бай-манаптары 19–20-к-дын башында өзүнүн таасирин чыңдоо үчүн К-га барып, ажы болуп келүүгө аракеттенишкен. Эгемендүүлүктүн шартында Мекеге сыйынып келген кыргыздардын саны арбууда.

**КАБА** Атабек уулу (1924-ж. т., Ысыккөл облусу, Тоң р-ну, Төрткүл айылы) – манасчы, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1995). Он жашында «Манас» айткан. Манасчылыгына Саякбайдын таасири тийген. К-нын айтуусундагы «Манастын» үзүндүлөрү да, чоң-чоң окуялардын чиелениши ж-а көркөм образдарынын чечилиши да Саякбайдын вариантына үндөшөт, айтуу манерасында да ага окшоштуктар бар. Белгилүү манасчы Мамбет Чокмор уулунан таалим алган. Эпостун андан жазылып алынган үзүн-дүлөрү Кыргызстан УИАнын кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

**КАГАН** – байыркы кыргыз, түрк, уйгур кагандыктарындагы жогорку башкаруучунун ж-а башкы аскер жетекчисинин наамы (титулу). К. жуан-жуандардын (жужандар, аварлар) аскер башчысынын наамы катары кытай жыл баяндарында 312-ж. эскерилет. К. наамы хунндар, хазар, булгар, аварларда да белгилүү болгон. Бул наамды 6-к-да уйгур, кыргыз, карлук башкаруучулары кабыл алышкан, император, шахиншахка маанилеш сөз болгон. 8-к-дын акыры– 9-к-дын башынан 13-к-га чейин киевдик князьдар да Каган титулун пайдаланышып, саясий жактан өздөрүн Хазар кагандарына теӊ экендигин көрсөтүүгө аракеттенишкен. Моӊгол мамл. негиздеген Темучин (Чыңгыз хан) да ушул наамды кабыл алган. К. термини мусулман булактарында «хан», «хакан» түрүндө кездешет. Изилдөөчүлөр бул термин кытай тилинен кирип, «улуу башкаруучу» дегенди аныктарын белгилешет. Титул жазуу эстеликтеринде антропонимдердин компоненттери катары кездешет: Бумын каган, Ай каган, Боз каган, Билге каган, Барсбек каган ж. б.

**КАДЫРБЕК** Камчыбек уулу (1882, Ош уезди, Алай-Гүлчө болушу, Дүйшаалы айылы – 1937) – Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштүн катышуучусу. *Курманжан датканын* орус падышалыгы өлүм жазасына тарткан уулу Камчыбектин баласы. 1918–20-ж. Кашкаркыштак айыл советинин төрагасы болгон, 1921–23-ж. басмачыларга каршы күрөшкөн. Гүлчө ыктыярдуу милиция кошуунунун командири болгон. Ал Абдухалык паӊсат, Юлдаш палван сыяктуу корбашылардын аскерлерине чечкиндүү сокку урган. Басыз уруусунун мурдагы төбөлү Жаныбек казы м-н тынчтык келишимин түзүүгө, 1922-ж. июлда Мойдун корбашыны колго түшүрүү-гө катышкан. 1923-ж. июлда Нурмат миңбашы, Токто паңсат сыяктуу басмачылардын тобун талкалаган соң, К. жетектеген кошуун таркатылган. 1927-ж. апрелде Алайда кайрадан баш көтөргөн Жаныбек казынын басмачыларын талкалоого катышкан.

**КАДЫРОВ** Зайдулла (1886–?) – Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштүн катышуучусу. Екатеринославск (азыркы Днепропетровск) губерниясындагы Юзовка деген жердеги жергиликтүү социал-демократиялык уюмду, 1905–1907-ж. Бакудагы революциячыл кыймылды, 1912–1917-ж. Сүлүктүдөгү иш таштоолорду уюштурууга катышкан. 1917-ж. Сүлүктүдөгү кенчилердин арасында Со-циал-демократиялык топту түзүүнүн демилгечилеринен ж-а Сүлүктүдөгү жумушчулар советинин төрагасы болгон. 1918–1920-ж. мамлекеттештирилген Сүлүктү кен башкармасында ж. б. партиялык советтик жетекчи кызматтарда иштеген.

**КАЗАКТАР** – түрк тилдеринин батыш хунн бутагындагы кыпчак тобуна кирүүчү калк. К. Дешт-и-Кыпчакты байырлап келген кыпчак ж. б. уруулардын түз урпактары болушат. Бул аймак Алтын Ордого, Моголстанга, Ногой Ордосуна, Сибирь ж-а Өзбек хандыктарына кирген. Өзбек хандыгындагы ички карама-каршылык араздашуулардан улам, К. бул хандыктан бөлүнүп, Жетисуу тарапка ооп келишет, бул аймак баш коштуруп, бириктирүүчү аймакка айланган. 15-к-дын экинчи жарымы–16-к-дын баш чендеринде Казак хандыгы түзүлүп, бир нече кылымга созулган калыптануу (*этногенез*) процесси аяктаган. Казак хандыгы Улуу жүз (Жетисуу), Орто жүз (Борб. Казакстан), Кичүү жүз (Батыш Казакстан) деген уруулук бирикмелерден турган. 16–18-к-дарда К. Жуңгар хандыгына каршы күрөшүшкөн. 1731-ж. Россияга Кичүү жүз, 1740-ж. Орто жүз, 1840-ж. Улуу жүз казактары кошулган Казак-кыргыз байланыштары кыпчак, ногой маданий чөйрөлөрү аркылуу жүргөн; бул процесс Казак хандыгы түзүлгөндө чыңалган. Эки элдин этностук маданий карым-катнашын материалдык ж-а руханий маданиятынын үлгүлөрүнөн, каада-салтынан, философиялык-диний түшүнүктөрүнөн байкоого болот.

**КАЗАРМАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 10–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Нарын дарыясынын сол жээгиндеги Казарман кыштагынын жанынан орун алган. Сакталып калган дубалынын бийиктиги 3 *м*, бурчтарында ж-а борборунда мунаралары болгон. Түндүк, батыш ж-а чыгыш дубалдарынын уз. 100 *м*ге чейин жеткен. Андан табылган буюмдардын алгачкылары 15-к-га, кийинкилери 19-к-га туура келет. Эстеликке көңүл бөлүнбөгөндүктөн, анын билинээр–билинбес гана пайдубалы калган.

**КАЗЫ** – мусулман өлкөлөрүндө мусулман укугунун ж-а үрп-адаттарынын негизинде иш алып барган адам (укук таануучу). Орто кылымдарда К-лар документти күбөлөндү-рүүчүнүн (нотариустун) да милдетин аткарышкан, жетимдерди кароого алышкан же аларды көз салуучу адамдарга дайындашкан; граждандык, кылмыш иштери б-ча өкүмдөрдүн аткарылышын көзөмөлдөп, соттук иштерди жүргүзүшкөн ж. б. Мусулман укугунун негизинде каралган иштерге – соттун курамына К-дан башка муфтийлер ж-а аглямдар киришкен. К-лыкка – жогорку катмардан чыккан ж-а медресени бүтүргөн, мусулман укугун өздөштүргөн, муфтийлер тарабынан кабыл алынуучу экзаменден өткөн адамдар гана хан тарабынан дайындалган. К-лар соттук функциядан башка диний кызматтарга орношууга, мамл-тен айлык алууга акылуу болушкан. Орто Азия хандыктарында 19-к-да К-лар сот системасынын түзүлүшүнө байланыштуу: 1. К.-калян – жогорку сот; 2. К.-кузат–каляндан кийинки экинчи орунду ээлеген ага сот; 3. К.-аскер-соту; 4. К.-раис болуп бөлүнүшкөн. Айрым учурда К-лар үй-бүлө, дин ж-а мурастоо иштерин кароо м-н чектелген. Египет, Тунис, Түрк ж. б. мусулман өлкөлөрүндө шарият сотторунун жоюлушу м-н К. ин-ттары жабылган. Кыргызстанда ж-а Орто Азияда К. соттору 1927–28-ж. биротоло жоюлган.

**КАЗЫБЕК** Мамбетемин уулу**,** К а з ы б е к к а з а л ч ы (1902, Нарын облусу, Атбашы р-ну, Четкелтебек жайлоосу – өлгөн жылы белгисиз) – атактуу казалчы. Жаш кезинде молдодон окуп, жаза билген, сабаты диний багытта ачылган. Ыр тизмектерин куюлткан, оозунан ыры нөшөрлөгөн, таланттуу казалчы болгон. 1929-ж. бай-манаптын өкүлү катары кулакка тартылып (атасы м-н бирге), Оренбург ш-на айдалган. 1931-ж бошотулган. Ошол эле жылы басмачыларга кошулуп, Кытай тарапка кеткен. 1934-ж. Кытайдан кайра Кыргызстанга өтүп келе жатканда кармалып, атууга өкүм кылынган. Бирок, өкүм 10 жылдык түрмө м-н алмаштырылган. 1936-ж-га чейин түрмөдө болгон. Анын казалдарынын көркөмдүгү ж-а тарбиялык мааниси жогору болуп, табиятты тамшана сүрөттөгөн, терең ойлуу санаттарды жараткан, ошол учурдагы элдин турмушун таасын чагылдырган. Айрыкча анын сүргүндө жүргөндөгү «Орунбордон каты» элге кеңири тараган. Казалдары 1990-ж-дан кийин гана жарык көрө баштаган. Кол жазмалары сакталбай калган. Казалдарын Кыргыз-стандын бүткүл аймагында, Кытайдын Кызылсуусунда бүгүнкү күнгө чейин жатка билгендер арбын. Б. Исабеков К-тин чыгармаларын эл ичинен жыйнап, Кыргыз УИАга өткөргөн (5 том көлөмүндө). 1992-ж. «Ала-Тоо» журналынын редакциясынан «Калыгул, Казыбек» (түзгөндөр Ш. Үмөталиев, К. Эдилбаев, Т. Абдилов) аттуу китеп чыккан. О. эле А. Шермамбетов, Н. Айсаракун уулу эл оозунан чогулткан ырларын жыйнак кылып чыгарышкан. Жазуучу Б. Максүтов ал ж-дө повесть жазган. Башка изилдөөчүлөр да анын чыгармаларын жыйноодо ж-а изилде-шүүдө (Ө. Дөлөев, Ы. Кадыров ж. б.). Ысымы өзү туулган айылга ж-а Атбашы айылындагы орто мектепке берилген.

**«КАЗЫК»** – Тогузторо р-нундагы Казык суусунун сол өйүзүндөгү чоң таштагы жазуу. Таштын бийиктиги 1,4 *м*, туурасы 1,2 *м* келет. Аралыгы 20 *см*ден эки катар араб тамгалары м-н жазылган. Тамгалардын бийиктиги да 20 *см* келет. Болжол м-н 10–12-к-га таандык бул жазууда «Кулу (Молу) уулу Хажжаж. Табару (малы) сегиз» деп жазылган.

**КАЗЫНА** – 1. хан, падыша, эмир, бектердин акча ж-а кымбат баалуу буюмдары сакталган жай; 2. борборлошкон мамл-тин убагында К. мамл-тин финансы ресурстарынын жалпы өлчөмүн түзөт; 3. археол-да жерге көмүлгөн же кандайдыр бир жашырын орунга катылып коюлган алтын акча же кымбат баалуу буюмдар кенчи К. деп аталат. Эң байыркы К-ларга соңку таш доору ж-а жез доорунан калган таш эмгек куралдары ж-а курал-жарактар, коло доорундагы К-га согушта колдонулуучу ж-а салтанат, шаан-шөкөт үчүн алып жүрүүчү курал-жарактар, кооз буюмдар, эмгек куралдары ж. б. кирген.

**КАЙНАЗАРОВА** Зууракан (1902, Сокулук р-ну, Жыламыш айылы – 1982, Сокулук р-ну, Белек айылы) – а. ч. өндүрүш новатору; эки жолку Соц. Эмгектин Баатыры (1948, 1957). Эмгек жолун 1929-ж. Сокулук р-нундагы Калинин атн. колхоздо кызылчачы болуп иштөөдөн баштаган. Көп өтпөй звено башчылыгына көтөрүлүп, беш жүзчү-лөрдүн бүткүл союздук соц. мелдешине катышып, кант кызылчасынан жогорку түшүм жыйнап алууга жетишкен. 1949-ж. Калинин атн. колхоздун башкармасынын төрайымы болуп шайланган. Анын жетекчилигинде колхоздун экон. кыйла чыңдалган. Колхоздор ирилештириле баштаганда К. Сокулук р-нундагы «Дружба» колхозунун звено башчылыгына (1952) өткөн. 1937–54-ж. СССР Жогорку Советинин, бир нече жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасынын орун басары болгон. Үч Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

**КАЙРАК ТАШТАР** – 12–14-к-да мусулмандардын ж-а түрк-несториандардын көрүс-төнүнө коюлган таш эстеликтер. Мусулмандарга таандык эстеликтер араб тилинде, ал эми несториандардыкы (христиандардыкы) сирия-түрк тилдеринде жазылган. Эстеликтерди алгачкылардан болуп орус чыгыш таануучулары изилдеген. 1897-ж. Археол. сүйүүчүлөрдүн Түркстан ийриминин мүчөлөрү Караханийлер кагандыгынын борбору Өзгөн ш-нан К. т-дагы жазууларды (12–13-к.) табышкан. Шаар учурунда админ., соода-сатык, кол өнөрчүлүк ж-а маданий борбор болгондуктан, Шаш, Самаркан, Нишапур ж-а Бейхактан көп адамдар келишкен, о.эле көчүп келген арабдардын укум-тукумдары дагы жашаган. Өзгөндө табылган эстеликтердин эң баалуулары болуп ан-Нисабури шейхтеринин көрүстөндөрүнө коюлган эстеликтер саналат. Шейхтер Нишапур ш-нан келишкен ж-а Өзгөндө диний артыкчылыкка ээ болушкан. Моңгол доорунан кийинки Тимурийлердин башкаруу мезгилине таандык кайрактар да табылган. К. т. мазмуну б-ча суфизмдин диний-филосо-фиялык багытта өнүгүшүн ж-а

Фергана өрөөнүндөгү моңгол доорунан кийинки коомдук өнүгүүнүн социалдык ж-а идеологиялык структурасын чагылдырган. Баласагун ш-нын ордунан табылган К. т. моңгол дооруна чейинки мезгилдерге таандык. Кайрактар диний катмардын өкүлдөрү – факихтерге, муфтийлерге, имамдарга, дин таа-нуучуларга ж-а таратуучуларга тургузулган. Азыркы күндө Кыргызстандын аймагында исламдын диний чөйрөсү м-н байланышкан 200дөн ашык К. т. белгилүү. Моңгол дооруна чейинки кайрактагы несториан жазуулары 1907-ж. Пишпек, Бурана көрүс-төндөрүнөн ж-а 1967-ж. Ысыккөлдүн түштү-гүндөгү Жууку суусунун боюнан табылган. Жазуулардагы айрым түрк сөздөрү м-н катар адамдардын ысымын эске албаганда, алар сирия-түрк тилинде жазылгандыгын көрөбүз. Жазуулар орто кылымдарда жергиликтүү түрк урууларына сириялыктардын таасири күчтүү болгондугун ырастайт. Алар өзүлөрүнүн маданиятын, тилин ж-а жазуусун, о. э. христиан динин таратууга аракет кылышкан. Табылган эстеликтер Санкт-Петербургдагы Эрмитажда, Ташкен, Алматы ж-а Бишкек ш-нын музейлеринде сакталып турат.

**КАЙ УРУУСУ** 9-к-да Борб. Азиянын түндүк-чыгыш аймагын мекендешкен. Этноним кытай булактарында Си (hai) формасында берилген. Кайлардын теги байыркы моңголдордун уруулук бирикмесине барып кошулат. Кай аталышы 9-к-дан белгилүү, жылан дегенди түшүндүргөн. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө йабаку, басмыл, татарлар м-н катар, кайлар да түрк тилинде сүй-лөшөрү, кайлардын өзүнчө бир тили (диалекти) бардыгы айтылат. 9-к-да моңгол тилдүү кайлардын бир бөлүгү түрктөшүү процессин башынан өткөрүшү мүмкүн. Ант-кени, ошол мезгилде түркмөн-огуздардын курамындагы уруу катары айтылат. Ушул учурдан тартып, кайлар кимак-кыпчак, огуз-түркмөн урууларын батышты көздөй сүрө башташат. Мусулман даректеринин айрымдарында кайлар Енисей кыргыздарынан чыгышта делсе, кээ биринде алардын батышында деп көрсөтүлүп жүрөт.

**КАЙЫРМА ТУРГУН ЖАЙЫ** – 8–12-к-га таандык археол. эстелик. Жумгал суусунун оң өйүзүндө, Чаек кыштагынан 10 *км* чыгыш тарапта. Чарчы формада (175х175 *м*), бийиктиги 4 *м*ге жетет. Бурчтары ж-а дубалдары мунаралар м-н бекемделген.

**КАЙЫШ** – уйдун, топоздун, төөнүн терилеринен даярдалган зат. К. төмөндөгүдөй ыкмалар аркылуу даярдалат: терини жыдытуу, ашатуу, ийлөө. К. кол өнөрчүлүктө кеңири пайдаланылат.

**КАЛКАН** – жоокердин куралы. Урма, сайма ж. б. денеге жаракат алып келчү куралдардан коргонууга колдонулган. К. жыгачтан, темирден, мүйүздөн куралып, тегерек, урунууга эптүү жасалган. К-дын ички бетинде кармоого ылайык тагылган боо бүлдүргүсү болгон. К-дын сыртына оймо-чиймелерди түшүрүшкөн.

**КАЛКОЖО**, Х а л к о ж о (туулган жылы белгисиз –1920) – Фергана өрөөнүндө ж-а Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигине каршы күрөшкөн корбашы. 1918-ж-дын жайынан Ош ж-а Кокон уезддеринде аракет кылган. Ушул жылы сентябрдан Жалалабат атырабында Мадамин бек, кийинчерээк (1919-ж. күзүндө) кулак Монстров, мурдагы генерал Муханов сыяктуу контрреволюциячылар «Дыйкандар армиясы» м-н бирдикте Советтерге каршы күрөшкөн. Түштүк Кыргызстандын бир кыйла бөлүгү алардын колуна өткөн. 1920-ж. январь – февралда К-нун негизги күчүн Түркстан фронтунун бөлүк-төрү талкалаган. К. дагы кол курап, кайра күрөшүүгө аракеттенген. К. корбашы 1920-ж. күзүндө кызыл аскерлердин колунан өлгөн.

**КАЛМАКАШУУ ЭСТЕЛИКТЕРИ –** Соңкөл–Калмакашуу жолунун боюнда аска ташка чегилген эрте темир дооруна мүнөздүү байыркы сүрөттөр. Тоо текелер ж-а аларга жаа м-н мергенчилик кылуу, коло дооруна мүнөздүү колдорун көтөрүп турган адамдардын сүрөттөрү тартылган. Кыргыз тарыхчылар жамааты, Түрк тарых куруму тарабынан 1996-ж. табылган.

**КАЛМАКДӨБӨ КӨРҮСТӨНҮ**, К а л м а к т а ш – б. з. ч. 1-миң ж-дыктын аягына тиешелүү археол. эстеликтер. Жергиликтүү элде Калмакдөбө деген ат м-н белгилүү. Аталышы калмактарга байланыштуу болгону м-н эстелик байыркы коомго таандык болуп, калмактарга эч тиешеси жок экендиги маалым. Эл ичинде Калмакдөбөдөн башка «калмак арык» деп аталган бийик тектирге суу чыгарчу арыктар да белгилүү. Жогорудагыдай эле алар да мезгили жагынан кыйла улуу келип, калмактарга эч байланышы жок. Калмакдөбө деп аталган жерлер сак дооруна таандык көлөмдүү көрүстөн жайгашкан жерлер м-н байланыштуу. Кээде байыркы түрк доорунун учурундагы балбал таштарды да Калмакдөбө деген учурлар кездешет.

**КАЛМАК-КЫРГЫЗДАР –** Кытай Эл Респ-нын Шинжаң Автономиялуу облусунда Эмель-Гол Моңгол Автономиялуу округунда жашаган этностук топ. К.-к-дын курамын сарыбагыш, мундуз, баарын, ханзу (кытай), тува, казактар түзөрү аныкталган. Турмуш-тиричилиги, каада-салты моңголдордукуна окшош. Буддизмдин бир тарамы болгон лама динин тутунушат. Изилдөөчүлөрдүн пикири б-ча К.-к-дын тили негизинен казак, кыргыз тилинин элементтеринен куралган. Өздөрү ата-бабаларынын бул аймакка мындан 300 жыл мурда келгендигин белгилешет. Алар 17–18-к-да калмактар (ойроттор) тарабынан сүрүлгөн түрдүү этностук топтордун аралашуусунан келип чыккан.

**КАЛМАКТАР** – Россия Федерациясынын Калмак Респ-нын негизги калкы. Тарыхый булактарда ж-а адабияттарда ойрот, жуңгарлар деген ат м-н да белгилүү. Б. з. ч. 1-миң жылдыкта Түндүк Кытайды, азыркы Моңголиянын түндүк-чыгыш аймагын моңголдор, а.и. К-дын ата-бабалары мекендеген. Дзиху, сянби, жужандар, кидандар, чжур-чжендердин саясий бирикмелеринин курамдарында болушкан. 13–14-к-да Чыңгыз хандын Моңгол империясынын курамына киришкен. 15-к-да ойроттордун (К-дын) өз алдынча Жуңгар хандыгы түзүлгөн. 15-к-дын 2-жарымында бул хандык ичара согуштардан улам бир нече хандыкка бөлүнүп

кеткен. 16-к-да бөлүнгөн уруулар биригип, «Дөрбөн ойрот» («Төрт ойрот») союзун тү-зүшкөн. 1635-ж. Борб. Азияда кубаттуу *Жуңгар хандыгын* түзүшкөн. К. кыргыз, казак, уйгур ж. б. элдер жашаган аймактарга жортуул жасап турушкан. Кыргыздардын бир бөлүгү К-дын кысымы астында Кулябга ж-а Гиссарга (Каратегин, Коргонтөбө аймактары) журт которууга аргасыз болушкан. Бул чабуулдан казактын Улуу ж-а Орто жүз уруулары өзгөчө жапа тартышкан. 1758-ж. 1 *млн*дон ашуун К-ды цин-манжурлар кырышкан. Кыргындан аман калгандары Волга боюна кетип, орус букаралыгын кабыл алышкан. Алардын айрым бөлүгү 1771-ж. Жуңгарияга кайра көчүп келишкен. Кыргызстанда Ысыккөл аймагынын түштүк-чыгышында орто кылымдагы ойроттордун бир бөлүгү – сарт калмактар сакталып калышкан.

**КАЛМЫРЗА** Сарпек уулу (1866, азыркы Чүй р-ну, Онбиржылга айылы–1910, Жумгал өрөөнү, Түгөлсай айылы) – төкмө акын. Сарыбагыш уруусунун чертики уругунан. Ал салттуу мактоо, кордоо ырларын көп жараткан, жамгырдай төгүп ырдаган. Аш, тойлордо жарчы болгон. Ал чын ниети м-н ырдаганда, ырдын объектиси болгон адамды чегине жеткире мактап же кордогон. Анын акындык өнөрүнүн мындай өзгө-чөлүгүн *Шабдан* Жантай уулун бир нече жолу мактап ырдаганында көрүнгөн. К-нын 1904-ж. Шабдан Мекеге ажыга жөнөгөндө узатып ж-а кайтып келгенде куттуктап ырдаган ырлары элге кеңири таралган. Анын 19-к-дын 2-жарымындагы кыргыз элинин социалдык турмушун даана сүрөттөгөн ырлары 20-к-дын 90-жылдарына чейин изилденбей келди. К. ырларында турмуштагы чындык фактыны көркөмдөштүрүүдө фольк-лорго мүнөздүү апыртуу ыкмасын көп колдонгон. Ошентсе да, ырларында Шабдан ж. б. кыргыз инсандарынын эл кишиси экендигин ачып бере алган. К. кыргыз оозеки поэзиясында айтыш өнөрүнүн чоң устаты, көрүнүктүү өкүлү болгон. Чыгармачылык өмү-рүндө көп акындар м-н айтышкан. Чүй, Талас өрөөндөрүн, Казакстандын Олуяата, Мерке тарабын, Кыргызстандын түштүгүн кыдырып, калкка кеңири таанылган. Ал Чоңду, Көчүбай, Найманбай, Барпы, Сарбас, Эшмамбет сыяктуу акындар м-н айтышкан. Айрыкча анын Найманбай ж-а Куйручук м-н айтышканы калкка кеңири маалым. Ал 1910-ж. Жумгалга барып, болуштук тала-шууда Көкүмбайдан жеңилип калган саяк уруусунун манабы Курманды кордоп ырдаган. Жумгалда Курмандын буйругу м-н киши колдуу болуп каза тапкан. К-нын кыргыз манаптары Көкүмбай м-н Курмандын, Турумбек м-н Мамбетаалынын болуштук талашуудагы туура эмес иштерин мыскылдап ырдаган ырларынын айрым үзүндүлөрү Кыргыз Респ-нын УИАнын кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

**КАЛПА** (ар. «халифа» – «орун басар») – 19-к-да Орто Азияга, а. и. Кыргызстандын көпчүлүк аймактарына таралган сопулардын реакциячыл агымынын өкүлү. Алар Совет бийлигинин алгачкы жылдарында басмачылардын кыймылына активдүү катышкан. К-лар жер-жерлерде эшендин окуусуна элди үгүттөгөн.

**КАЛПАК** – эркектердин баш кийими. Кыргыз ж-а кыпчак уруулары К-ты жасоонун ыкмасын жогорку деңгээлге жеткиришкен. К. бийиктиги, тигилиши, кооздолушу м-н айырмаланган. К-ка агыш (боз), кызгылт түстөгү кылчык жүн керектелген. Кийизи абдан бышык басылган. Жөнөкөй К. кийизден төбөсү бийик (чокчогой), этеги тегерек бычылып, оймо-чийме түшүрүлбөй, төбөсүнө чок (чачы) чыгарылбай, ичтелбей (астарланбай), бир гана тигиш м-н бириктирилип жасалган. Тигиш жагы К-тын маңдайы болгон. 18-к-дын 2-жарымына чейин К-тын төбөсү жапызыраак эки талаа болуп бычылган. Талаалардын кошулган жери тыбыттан ийрилген жип же өрүлгөн кыл м-н милтеленип, чети кыл, шоона м-н кооздолуп саймаланган, төбөсүнө чок тагылган. Этегин кайрып коюу үчүн К-тын эки жеринен тилик калтырылган. 19-к-дын 2-жарымынан К. мурдагыдан да жапыз бычылып, жээги 7–12 *см*дей кездеме м-н көбөөлөнүп, төбөсүнө чок чыгарылып, жээктерине ж-а талааларына сайма түшүрүлүп, ичтелген (астарланган). Калпак жаш өзгөчөлүктөргө жараша тигилген.

**КАЛЧАКЕ** уулу Алай (1875, Нарын өрөө-нү, Миңбулак айылы – 1969, ошол эле жер) – болуш, коомдук ишмер. Совет бийлигине чейин болуш болгон жылдарында орустардан үлгү алып, Жеркөчкүгө там, тегирмен, Экичатка мечит, медресе салдырган. Мечитке молдо алдырып, балдарга дин окуусун окуткан. Жер сугарыш үчүн, аймактагы Четбулактын, Белбулактын сууларына арык салдырган. Нарын өрөөнүндө алгачкылардан болуп арпа айдатып, түшүм алган. 1916-жылкы элдик көтөрүлүштө өз элин ачарчылыктан сактап калган. Ал элге алымдуу, кедей-кембагалга кайрымдуу, алдыңкы көз караштагы адамы болгон.

**КАЛЫГУЛ** Бай уулу (1785, азыркы Ысык-көл р-ну, Карой айлы – 1855) – ири ойчул, нускоочу акын; «Замана» агымынын өкүлү. Сарыбагыш уруусунун манап тукумунан. К. башка акындардан айрымаланып, чоң жы-йындарда ырдабай, айтышка түшпөй, комуз чертпей, ырларын маселдетип, жорго, накыл сөз түрүндө куюлуштуруп, обонсуз айткан; чечендик сөзгө жакын болгон. К. кыргыз ырчылар поэзиясынын башатында турат. Акындардын айрымдары анын ой, идеяларын улантышса, бир даары анын «Акыр заманынын» нугунда чыгармаларды түзүш-көн. К-дун ырлары, санаттары бир бүтүн чыгарма эмес, үзүндү-үзүндү келип, ар бир ыр түрмөгү жыйынтыктуу, корутунду түрүндө кыска айтылып, ар башка мазмундагы, багыттагы бир канча ойду өзүнө камтыйт. Турмуштун ар кандай жактарына ой чаптырылып, коом м-н адамдардын жашоо-сундагы социалдык мааниси терең маселе-лер козголот. Ал жаман-жакшы, марттык-сараңдык, өмүр-өлүм, айкөлдүк-пастык, жүрүм-турум адеби, үй-бүлөлүк, тууганчылык мамиле, турмуш мыйзамы, сулуулук-кооздук ж. б. темадагы, ар башка багыттагы терең ойлорду айткан. К-дун чыгармачылыгын мүнөздөй турган өзүнө гана таандык турмуштук, коомдук-социалдык көз караш, философиялык ой толгоолор, жыйынтык-корутундулар бар. К. арымы кенен нускоочу акын болгон; анын ойлору турмуш-тиричилик жагдайдын тегерегинде гана

болбостон, коом, замана, анын келечеги, өлкөнү башкаруу иштери, рухий дүйнөгө кире турган өзгөрүүлөр сыяктуу социалдык курч маселелерге багытталган. Анын «Акыр заманында» («Масел сөздөрүндө») коомдун келечек тагдыры тууралуу конкреттүү ой жүгүртүлөт. Чыгарманын ушул жагы өз мезгилинде, кийин дагы коомчулуктун кызыгуусун туудуруп, жандуу талкуунун, талаш-тартыштын объектиси болуп келди. «Акыр заман» – масел, накыл сөздөрдүн жыйындысын түзүп, бир мазмун, бир бүтүн композициялык түзүлүшкө ээ эмес. Ырга караганда накыл сөзгө көбүрөөк жакын. Байкагыч, сезимтал акын кыргыз коомчулугунун келечек тагдыры, адеп-ахлагы, со-циалдык өзгөрүүлөрү ж-дө алдын ала ой жүгүртүү деңгээлине көтөрүлгөн. К. өз учурундагы көчмөн кыргыз коомунда үстөмдүк кылган патриархалдык-феодалдык нарк-нуска, адат-салттын ыдыроо алдында тургандыгын көрүп, келечекте анын социалдык маңызында, адамдардын кулк-мүнөзүндө, жүрүм-турумунда өзгөрүүлөрдүн болорун негизинен туура баамдаган. К-дун маселдери эл арасына тарап, калк мурасына айланган. Бирок, кийинки учурга чейин ал эскичил акындардын ири өкүлү катары каралып, чыгармачылыгына бир жактуу баа берилип катуу сындалып келди. К-дун колдо бар азыноолак чыгармалары эл оозунан кийинчерээк эле жыйналып, аларды жарыялоо, изилдөө 90-жылдары гана колго алынды.

**КАЛЫК** Акыев (1883, Нарын облусу, Жумгал р-ну, Кулжыгач айылы –1953, Бишкек) – эл ырчысы, төкмө акын. Кыргыз Респ-нын эл артисти (1939). 1926-жылдан Кыргыз улуттук театрынын, 1936-жылдан Кыргыз филармониясынын артисти. К. 14 жашынан элдин оор турмушу ж-дө ыр чыгара баштаган. 1897-ж. Токтогулга жолуккан, анын өрнөгүн алган, ал К-тын өнөрүн жогору баа-лаган. К-тын чыгармачылыгына Токтогулдун чоң таасири тийген. 1919-ж. Жетисуу облусунун съездине делегат болгон. Айыл кеңешинин төрагасы болуп иштеген. К. Совет бийлигинин жылдарында кыргыз элинин эмгеги, турмушу ж-дө ырдаган. Анын «Калыктын ырлары» (1936), «Өлбөс баатыр» (1940), «Ырлар жана поэмалар» (1940), «Ырлар жыйнагы» (1943), «Тандалган ырлар» (1958) аттуу жыйнактары, «Баскан жол» (1964) баяны ж. б. жарыкка чыккан. Анын айтуусунда «Жаныш Байыш» (1939), «Курманбек» (1938), «Шырдакбек», «Ак мөөр», «Кедейкан» (Т. Сатылганов м-н авторлош; 1938) ж. б. эпикалык чыгармалар, «Бир асыл», «Кара дөө», «Өлбөс баатыр», «Ач карышкыр» аттуу поэмалар жазылып алынган. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Анын ысымы м-н Бишкек ш-нын ж-а Чаек айылынын көчөлөрү, мектептер аталган.

**КАЛЫҢ** – үйлөнүү үлпөтүндө колдонулуучу ырым. К. никелешүүнүн негизги шарты болуп, негизинен малдан турган. Бай үй-бүлөлөр көпчүлүк убакта К. катары *жамбы* төлөшкөн. Мал м-н төлөгөндө тогуздап эсептелген. К. төлөөдө коомдогу мүлктүк мамилелер даана байкалган. Себеби, К-ды толук бойдон өз убагында оокаттуу, мал-жандуу, урук-тууандуу үй-бүлөлөр гана төлөй алышкан. Кедей үй-бүлөлөр К-ды көп жылга чейин төлөй алышпагандыктан, баласы кеч турмуш курган. Шарт б-ча кудалашууда бычылган К. толугу м-н же бөлүк-бөлүк болуп төлөнгөн. К. төлөнүп бүткөн-дөн кийин гана үйлөнүү тоюна кам көрүлө башталган. К. төлөө кыргыздын салттуу турмушунда үй-бүлөнүн эмес, уруктун жалпы иши болгон. Аны урукташтар чогуу көтөргөн. К. кыздын атасына гана эмес, уругуна төлөнгөн. Кийинчээрек мындай көрүнүш өзгөрүүлөргө дуушар болуп, үй-бүлөнүн өз иши болуп калган.

**КАМ** – орто кылымдарда түрк элдеринде кеңири таралган шаманизм дининин диний ырасмыларын аткарган ж-а негизги диниятчы милдетин өтөгөн адам. Кийинчерээк бир катар элдерде К. termininin ордуна бакшы, бүбү деген сөздөрдү колдонуп калышкан. Кытай жылнаамаларында да Енисей кыргыздарынын бакшылары «кам» деп айтылат.

**КАМАР АД-ДИН** – 1368–90-ж. Моголстандын эмири. Дуулат уруусунан. Мангалай Субеден («Башкы аймак») түндүктөгү Сыр-дарыядан Илеге чейинки аймакты бийле-ген. 1365–66-ж. тактыны ээлеп алуу үчүн бир тууганы Шамс ад-Дин м-н бирге төң-көрүш уюштуруп, Тоглук Тимурдун уулу Илйас кожону өлтүрүшкөн. 1368-жылдан өз улусун биротоло өз алдынча бийлеген. 1371-, 1375-, 1383-ж. эмир Темирдин К.а. Д-дин улусун басып алуу аракети натыйжасыз аяктаган. К.а.-Д. Алтын Ордонун ханы Токтомуш м-н согуштук союз түзүп, Мавераннахрга кол салышкан. Ал ийгиликсиз аяктап, К.а.-Д. Иртышка, Алтайдагы Түлөс аймагына качып барып өлгөн.

**КАМЧЫ** – унааны, малды айдоо үчүн колдонулуучу буюм. К. зарыл учурларда куралдын да милдетин аткарган. Саптан, К-нын өрүмүнөн, бүл-дүргөдөн турат. Сап табылгы, ыргай, четин, кайыңдан ж-а эликтин шыйрагынан (туягы м-н ко-шо) жасалат. К-лар эркектики ж-а аялдыкы болуп шарт-туу түрдө экиге бө-лүнөт. К-нын кармай турган жерине булгаары каптап, коопсуздук үчүн төкмө чачы тагылат. Анын төмөн жагына К. колдон түшпөс үчүн кайыштан илгич – бүлдүргө бекитилет. К-нын өрүмүнүн башына калай кадалат. Өрүмү жанбас үчүн өрүмдүн башынан, ортосунан, учунан түшкөн түйүмү түйүлөт. Өрүмдүн терме, суйсалма, жылан боор, котур, мокор, музоо тиш, бугу ж.б. түрлөрү бар.

**КАН** – Кокон хандыгынын чеби. Баткен р-ндагы Дара капчыгайында, Кан айылынын этек жагында, Сох суусунун оң жээгиндеги бийик тектирди бойлой курулган. Жергиликтүү калкка Кудаяр хандын чеби катары белгилүү. 19-к-дын орто ченинде курулган.

**КАНААТ ШАА** (туулган жылы белгисиз – 1863) – Кокон хандыгына кызмат кылган атактуу аскер башчы. 1846–47-ж. Түркстан ш-нын акими болуп турган. Ташкендеги кокондук бийликтерге моюн сунуудан баш тартып, Бухара хандыгына кетип калган. Кайра Коконго келип 50-жылдардын акыры – 60-жылдардын башында бул хандыктын саясий турмушунда көрүнүктүү орун ээлеген (Ташкендин акими болгон). Чүй

кыргыздары орус аскерлерине таянып, 1860-ж. август-та Кокон хандыгынан Токмок, Пишпек чептерин бошотуп алганда К. Ш. Ташкенден аскер алып келип, бул чептерди кайра караткан. К. Ш. Пишпекти алгандан кийин Үч-Алматыдан (азыркы Алматы аймагы) орус аскерлерин кууп чыгуу үчүн Узун-Агачтын жанында салгылашта (1860-ж., 18-октябрь) жеңилип, Пишпекке чегинген. Бул чепте ал 1860-ж-дын акырына чейин болгон. Молдо Нияз Мухаммед Хокандинин «Тарих-и Шахрухи» эмгегинде К. Ш-нын аталык деген чини болгондугу айтылат. Мусулман жыл санаты (хижра) б-ча 1279-ж. (1862–63-ж.) К. Ш. Кудаяр хандын тапшырмасы м-н Бухара хандыгына барып, ошол жерден өлтүрүлгөн.

**КАНДАГАЙ** – жоокерчиликте, балбан күрөштө, эр сайышта, оодарышта кийи-лүүчү кайыш шым. К. тоо текенин, серкенин же жаш бодонун терисинен малмага салынып, ийленип, ышкын түпкө, чүкүрүгө, эңгилчекке же кабыкка боёлуп жасалган. К. абдан кенен, согончокко жете узун, кашатынын карышча жери эки кат шырылып, тигиштерине башка түстөгү жаргактан милте коюлуп, кош тарамышталып тигилген. Кашатындагы көңдөйгө жоон кайыш ычкыр өткөрүлгөн.

**КАНАТ ХАН,** К а н а т Ы б ы к е у у л у (туулган жылы белгисиз, Кочкор өрөөнү – 1916, Алматы ш.) – 1916-ж-дагы улуттук боштондук күрөшүн жетектегендердин бири. Кочкор өрөөнүндөгү Абайылда болуштугунун эли өздөрүнүн болушу К-ты хан көтөргөн ж-а ага баш ийүүгө ант беришкен. Ал 30–40тай барданке, кош ооз түтөтмө мылтык, бинтон, негизинен ширгый найза, айбалталар м-н куралданган 2–3 миңдей аскери м-н август айынын башында, Кочкордон Шамшынын бели аркылуу Чүйгө аттанган. Анын аскерлери Чүйдөгү орус кыштактарын талкалап, 13–22-августта Токмок ш-н камалаган. К. х. жетектеген көтөрүлүшчүлөр Алматы, Ташкенден келген 1,6 миң падыша аскерлери м-н беттешип, замбирек, мылтык м-н куралданган регулярдуу аскер бөлүктөрү м-н жан аябай салгылашкан. Бирок көтө-рүлүшчүлөр жеңилүүгө учураган. К.х. колго түшүп, падыша өкмөтү тарабынан атылган.

**КАНДӨБӨ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 6–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Ысыккөл аймагында жайгашкан. Шаар үч бөлүктөн: айланасы жал м-н курчалган борб. бөлүгү (цитадель) ж-а анын айланасындагы шаардыктардын турак жайлары, курулуш имараттары (шахристан) жайгашкан. Шахристан дубал м-н курчалган. Шаар жалпысынан сыртынан кош жал м-н курчалып, Тоң суусуна кошулган. Жалдардын аралыктарындагы аянттарда карапайым калктын, кол өнөрчүлөрдүн ж-а дыйкандардын турак жайлары, ал эми шаардын борб. бөлүгүндө ж-а шахристанда шаар башкаруучулардын, дөөлөттүү адамдардын турак жайлары, чарбактары жайгашкан. Археол. изилдөөлөрдө чарбалык мүнөздөгү курулуш имараттары, темирден жасалган буюмдар, тыйын, карапа, жаргылчактар, бышкан кыштардын калдыктары табылган. Шаар ж-дө маалыматтар орто кылымдардагы жазма булактарда кездешип, Улуу жибек жолундагы 8–12-к-дагы Тоң ш. м-н салыштырылат. Бул шаар тууралуу 19-к-дын 70-ж-нда В. В. Герн, Н. В. Сорокин, В. П. Поярков, С. М. Дудиндин маалыматтарында, о. эле В. В. Бар-тольддун эмгегинде эскертилет. Археологдор А. Н. Бернштам ж-а Д. Ф. Винник тарабынан изилденген.

**КАНЖАР,** ш а м ш а р – бетме-бет кармашууда саюу үчүн колдонулуучу кош миздүү курал. Мыкты болоттон толтолонуп, катуу жыгачтан, сөөктөн, мүйүздөн кооздолуп сап жасалат. Анын тагынууга ыңгайлуу асемделген кыны болот. Кынындагы бүлдүргөсү м-н курга бекитилет.

**КАНИМЕТОВ** Абдылда (1928, Ысыккөл облусу, Жетиөгүз р-ну, Шалбаа айылы – 2002, Бишкек) – тарых ил-нин доктору, проф. (1968). 1950-ж. Москва мамл. ун-тин бүткөн. 1950–55-ж. Кыргызстан ИАнда ил. кызматкер. 1955–59-ж. Кыргызстан КП БКга караштуу партиялык мектепте окутуучу, кафедра башчысы, директордун орун басары. 1958–61-ж. Кыргызстан КП БКнын илим, мектеп ж-а жогорку окуу жайлар бөлүмүнүн башчысы. 1961–62-ж. Кыргыз ССР Ми-нистрлер Советине караштуу жогорку ж-а атайын орто билим берүү б-ча комитеттин төрагасы. 1962–77-ж. Кыргыз ССР элге билим берүү министри. 1977–88-ж. Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунун директору, 1989-жылдан ошол эле ин-тта жетектөөчү ил. кызматкер. Анын ил. эмгектери Кыргызстандагы маданий курулушка, элге билим берүүнүн ж-а *Интергельпонун* тарыхына арналган. 200дөй ил. макаланын, а. и. 40тай монография, окуу китептеринин автору. Кыргыз Респ-нын Жогорку Советинин (1962–79) депутаты. 3 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

**КАН ТАЛАМАЙ,** у п а й – чүкө оюну. Оюнга катышуучулардын макулдашуусу б-ча бир нече басым же үчүм (үч чүкө) чүкө ортого салынып, арасында кан аталган өзгөчө түстөгү бир чүкө же сака кошулат. Оюн ат калчашуудагы ирет б-ча башталат. Оюнга салынган чүкөлөрдүн бир адам кош чеңгелдеп, кийиздин үстүнө жая чачат. Кан таа түшсө оюнчулар чачылган чүкөлөрдү талап киришет. Шамдагай оюнчу канга, чүкөлөрдүн көбүнө ээ болот. Ушундан улам бул оюн К.т. деп аталат. Чүкөлөр талангандан кийин ким канча чүкө алганы эсептелип, албай калгандары башка чүкөсү болбосо, оюндан чыгып калат. Канды алган киши оюнду кайра баштайт. Улам кийинки оюнга чогултулган чүкө ар бир оюнчудан бирдей санда чыгарылат. Андан артып калган чүкөлөр утуш катары ар бир оюнчуда кала берет. Калчаганда кан таа түшпөй калса, канды, чүкөлөрдү талоого болбойт. Оюнчулардын макулдашуусу б-ча кан таланбай да ойнолот. Калчаган киши сөөмөйүнүн учу м-н чачылган чүкөлөрдү чигени чиге м-н, бөгөнү бөгө, тааны таа, алчаны алча м-н башка чүкөлөргө тийгизбей таамай атса, атылган чүкөнү алат. Макулдашуу б-ча оюнчу беш үчүм, же үч үчүм, же бир үчүм атып алгандан кийин канды атат да, аны атып алса, кийинки оюнду баштоого укук берилет. Жыдыганга чейин атып алган

чү-көлөр ж-а кан анда калат. Ок чүкө аткан чү-көгө тийбей калса же башка чүкөгө тийип кетсе, жыдып, чүкөлөрдү калчоо укугу кийинки оюнчуга тиет.

**КАҢГҮЙ**, К а н г х а, К а н г д и з – Орто Азиядагы байыркы мамл. бирикме. Арал деңизинин боюн, Амударыя м-н Сырдарыянын аралыгындагы бир катар жерлерди, Хорезм, Ташкен, Талас суусуна чейинки түндүк Теңиртоо аймактарын камтыган. К. мамл-не беш дубан (Сусе, Фуме, Юени, Ги, Юегянь) караган. 120миңдей аскери, алты жүз миңдей калкы болгон. К. мамл. б. з. ч. 2-к-да усун уруулар союзу ж-а Дабан мамл. м-н элчилик, соода ж-а маданий байланышта болгон. К. б. з. ч. 1-к-дын ортосунда хунн-дардын кытайларга каршы канатын колдогон. Б.з. 1-к-нда кушандыктар м-н алака түзүп, К. падышасынын кызына Кушан өкүмдары үйлөнгөн. Б. з. 1–3-к-нда Хорезм ж-а Ташкен аймагын Кушан мамл-не тарттырып жиберген. Байыркы жазма булактарында б. з. 287-ж. К. элчилери Кытайдын Батыш Цзин, 379-ж. Эртецин, 437-ж. Вэй падышалыктарына келгендиги баяндалат. К-лөр этностук компоненттер катары соңку түрк элдеринин курамдарына (кыргыз, казак, түркмөн, азербайжан, башкыр, ногой, крым татарлары, каракалпак ж.б.) жуурулушуп кеткен.

**КАҢЛЫ,** к а н д ы – б. з. ч 3–1-к-дагы түрк уруулар бирикмеси. Сырдарыянын орто агымындагы өрөөндө жайгашкан. Борб. – Отрар ш. болгон. Түрк тилдүү каңгүйлөр зороастризм динин тутуп күнгө, айга ж-а айрым жапайы аң жаныбарларга сыйынышкан. Усундардын көрсөткөн кысымынан каңгүй уруулары түндүк хunндар байырлаган аймактарга көчүп өтүшкөн. Алар алан-сармат, хазар, согду, эфталиттерге, Батыш Түрк кагандыгына, арабдарга, Караханийлер дөөлөтүнө каршы күрөшүшкөн, айрым учурларда көз каранды абалда да болуп турушкан. Кыпчак үстөмдүгүнөн мезгилинде К-лар кыпчак уруулук союзуна компонент катары кирип, 13-к-да К-лар кыпчактардын орчундуу бөлүгүн түзүп калышкан. Рашид ад-Дин К-лар Элуй Сирас ж-а Көк Ирдыш (Иртыш) дарыяларынын ортосунда наймандар м-н бирге кыргыздарга жамаатташ жайгашкандыгын жазат. Болжолу 11–13-к-да К-лардын бир бөлүгү Жетисуудан түндүк-чыгыш тарапта көчүп-конуп жүрүшкөн. Ушул мезгилде Хорезм шахтарынын мамл-нин сая-сий турмушунда К-лардын таасири күчтүү болгон. Абу-л Гази К-ларды огуз уруулары м-н Ысыккөл, Жулы, Телашта (Талас) жамаатташ жашагандыктарын баяндайт. Плано Карпини ж-а Рубрук 13-к-да К-ларды Сырдарыянын төмөнкү агымына, Каракумга чектеш аймактарга жайгаштырышат. 13-к-да К-лар Орто Азиядагы эбегейсиз зор аймакка (огуз-кыпчак этностук чөйрөсүнө) чачырап кетишкен, К-лар бүгүнкү ногой, каракалпак, казак, крым татарлары ж.б. элдердин этностук пайдубалын түптөөгө катышкан негизги этнокомпонент. К уруусун кыргыздардын курамындагы Булг(а)чынын тукумдары катары 16-к-да Сайф ад-Дин Аксыкенди тарабынан жазылган *«Мажму ат-Таварихте»* эскерилет.

**КАП** – таардан жасалган идиш. К. чарчылана бычылып, жээги кыюуланып, ар кандай өлчөмдө тигилет. К. кара ж-а ак жиптерден жөнөкөй согулган таардан жасалат. К-тын ооз жагынын эки жанына өрмөк жибинин калдыгынан эшилип же өрүлүп жасалган эки кулак тагылат. Бирөөнө буугуч жип байланат. Кичине К. дорбо, чоң К. зумбал деп аталат.

**КАПИТАЛИЗМ –** 1. капитал сөзү 12–13-к-да Италияда пайда болгон; «баалуулук, товарлардын запасы, процент алып келүүчү акча» маанисин түшүндүргөн ж-а ушул маанисинде Европага таркаган. 17-к-да Голландияда капитал ээси – капиталист деген сөз келип чыккан. Ал эми К. термини 19-к-дын 50-ж-нда пайда болгон, бирок кеңири колдонулган эмес; 2. марксисттер бул сөзгө идеологиялык маани чөгөрүшкөн. Марк-систтердин аныктамасында К. – бул Батыш Европа өлкөлөрүндөгү өнөр жай төңкөрүшү аяктаган соң, жалданма эмгекти эксплуатациялоого ж-а өндүрүш каражаттарын жеке менчикке негиздөөгө багытталган коомдук түзүлүш. Мындай коомдук түзүлүшкө (капиталисттер м-н пролетариаттын ортосундагы) ички карама-каршылык мүнөздүү деп белгилешкен.

**КАПКА** – жыгачтан ж-а темирден жасалган дарбаза. К. бийик сепил м-н курчалган шаар, кербен сарай, мечит ж-а турак жайга кире бериш жерде орнотулган.

**КАПКАН –** аңчылык куралы. Жапайы жаныбарларды кармоо үчүн колдонулат. К. м-н аң уулоону кесип кылган адам капканчы деп аталган. К-дын жалпы түзүлүшү бирдей. К-дын чарыш жиби м-н кийизин аң уулоочу жаныбар басканда тээк тайып, жаактын серпилгич күчү м-н кош серпөөрү кыймылга келип, жаныбардын бутунан чаап калат. К-дын өтө жөнөкөй түрү ор К. Ал жаныбар өтүүчү жолдогу аңгекке коюлуп үстү билинбегендей кылып чырпык, чөп-чар м-н жабылган; 2-түрү таш К. – жалпак таштын үстүнө экинчи жалпак ташты сөөмдөй жыгачка жөлөп (тээктеп), ага байланган үстүңкү жалпак таш тээктен тайып, жемди жегени жаткан жаныбарды тутуп калган; 3-түрү жуткуур К. – суу ичинен кундуз кармоо үчүн колдонулган. Темир К. жаагына карата сыңар же жалгыз жаак К. ж-а кош жаак К.; жаныбарга карата аюу К., карышкыр К., суур К. деп бөлүнөт. К-дын бүткүл тетиктерин бириктирген эң астыңкы тегерек жалпак темири – чара, кош серпөөрдү кыймылга келтирүүчү серпилгич кош кат темири – жаак, жаак жогору серпкенде чабылып, аңды кармап калуучу жаа түрүндөгү тиштүү ж-а тишсиз бөлүгү серпөөр деп аталат. К-дын жаагындагы серпөөрүн ачып, аны ошол абалында кармап туруучу кошоктолгон кош жыгач тээк деп аталат. О. эле К-дын тээк жип же чарыш, кийиз, айлампа, чынжыр, казык, токмок сыяктуу бөлүктөрү болот. К. азыр да мергенчиликте кеңири колдонулат.

**КАПЧЫГАЙ ПАЛЕОЛИТ «ӨНӨРКАНАСЫ»** – төмөнкү палеолит дооруна таандык таш куралдар эстелиги (устаканасы). Кадамжай р-нундагы, Марказ айылынан 20 *км* түштүк тарапта жайгашкан. Арпалык тоосунун капчыгайында таш курал жасоочу оттук таш тегинин катмары табылып, мустье доорунда ушул жерден таш куралдарын жасашкан. Археолог П. Т. Конопля тарабынан ачылган. Кийин А. П. Окладников тарабынан изилденген. 2001-жылдан А.П.Деревянко ж-а А.Н.Зенин жетектеген россия-кыргызстандык палеолиттик топ тарабынан изилденип жатат.

**КАРА БОДУН, КАРА БУДУН** – 6–12-к-да түрк элдеринде калктын жалпы аталышы. «Кара» сөзү «калың», «көп», «улуу» маанисин да туюнткан. Бул термин руна сымал жазуу эстеликтеринде көп кездешет.

**КАРАБУЛАК КӨРҮСТӨНҮ** б. з. 2–4-к-на таандык дөбө мүрзөлөр Баткен облусунун Баткен р-нундагы Карабулак айылынан 2 *км* түштүктө Түркстан тоо кыркаларынын этегинде жайгашкан. 900дөн ашык мүрзөлөр ж-а таш корумчалардан турган байыркы көчмөн уруулардын казанактуу, төрт бурчтуу жөнөкөй көрлөрү. Жергиликтүү калк Мыктын көрлөрү деп аташат. Көрүстөндүн жалпы аянты 1500 *м* х 150–250 *м.* Мүрзөлөрдүн диаметри 6–25 *м,* бийиктиги 0,30–1,7 *м*. Сөөк казанактуу ж-а жарма көрлөргө коюлган. Өлүктөрдүн баштарына саман же арча бүчүрлөрүн төшөп, табытка салып көмүшкөн. Көпчүлүк көрлөрдө өлгөндөр чалкасынан жаткырылган, аз болсо да буттары ийдирилип, оң жак капталына коюлгандары да кездешет. Өлүктөрдүн баштары түштүккө багытталган. Мүрзөлөрдөн чопо ж-а жыгач идиштер, темир бычак, жаңгак, койдун сөөктөрү салынган себеттер, отургучтар ж.б. буюмдар көп табылган. Эркектер көмүлгөн мүрзөлөрдөн канжар, жебенин учтары, ал эми аялдар коюлган көрлөрдө мончок, сөйкө, коло күзгү, ийиктин башы, себеттер көбүрөөк кездешкен.

**КАРАДАРЫЯ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – б. з. ч. 4–1-к-га таандык шаардын калдыгы. Өзгөн ш-нан 15 *км* түштүк-чыгышта Карадарыя суусунун оң тарабында, бийик секиде жайгашкан. Тегерете аң м-н курчалып, чарчы сымал дубал м-н бекемделген. Дубалдын уз. 320–330 *м*; кароол мунаралары бар. Батыш тарабында дубалга жакын сепил жайгашкан, анын дубалынын бийиктиги 10 *м*. Археол. изилдөөлөрдө Шоробашат маданиятына мүнөздүү (б. з. ч. 4–1-к.) оймо-чиймелер м-н кооздолгон, ар түскө боёлгон карапа идиштери, чоподон жасалган ийиктин баштары, темир тегерек шакекчелер табылган. Бул эстеликти Ю. А. Заднепровский ж-а Д. Ф. Винник изилдешкен.

**КАРАЕВ** Өмүркул (1930, Чүй облусу, Чүй р-ну, Сайлык айылы – Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1984), проф. (1994). 1953-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. 1952–58-ж. Ош облусунун мектептеринде мугалим. 1963-жылдан Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунда ил. кызматкер, сектор башчысы, 1987-жылдан кол жазма ж-а жарыялоо бөлүмүнүн башчысы. Анын ил. эмгектери байыркы ж-а орто к-дагы кыргыз тарыхынын проблемаларына, моголстандын тарыхын изилдөөгө арналган, о. эле кыргыз элинин өз алдынча этнос болуп түзү-лүшүн, анын тарыхый убактысын баамдоодо жаңы көз-карашты киргизип, бир топ талаш маселелерди баяндаган ил. иштерди жараткан. К. кыргыз илимпоздорунан чыккан 1-арабист. 50дөн ашык ил. эмгектин автору.

**КАРАКАШ КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 6–5-к-дагы көчмөн сак урууларынан калган мүрзөлөр. Токтогул р-нунун борбору Токтогул шаар тибиндеги кыштактын түндүк-батыш тарабында. Ондон ашуун дөбө мүр-зөдөн турат. Мүрзөлөрдү казганда чопо идиштер, кийимге кадалуучу алтын каңылтырлар ж. б. табылган. Мүрзөлөрдүн бийиктиги 4–6 *м*, диаметри 35–45 *м*ге жет-кен. Айрымдарынын үстүндөгү дөбө үчүн 2000 *м3* топурак, 1000 *м3* таш, 6–7 *м3* арча жумшалган.

**КАРАКЕЕВ** Курман-Гали (1913-ж. т., Ысыккөл облусу, Түп р-ну, Күрмөнтү айылы) – мамл. ишмер, тарых ил-нин доктору, проф. (1971), Кыргызстан ИАнын акад. (1960), Кыргыз Респ-нын мамл. сыйл. лауреа-ты (1970), Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери (1972). Ысыккөл а. ч. техникумун (1933), КПСС БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти (1946), Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1956), КПСС БКга караштуу Коомдук ИАсын (1959) бүтүргөн. 1933–34-ж. «Ленинчил жаш» гезитинде бөлүм башчы, редактордун орун басары, 1934– 36-ж. ВЛКСМ Кыргыз аткомунда бөлүм башчы, 1938–39-ж. «Коммунист» журналынын башкы редакторунун орун басары, 1939–44-ж. Кыргызстан КП Фрунзе обкомунун пропаганда ж-а агитация бөлүм башчысына орун басар, Тяньшань, Ысыккөл обкомдорунун катчысы, 1946–49-ж. «Кызыл Кыргызстан» гезитинин редактору, 1949–52-ж. Кыргызстан КП БКнын үгүт-насыят бөлүмүнүн башчысы, 1952–57-ж. Кыргызстан КП БКнын катчысы, 1960–78-ж. Кыргызстан ИАнын президенти. Андан кийин тарых ин-тунда бөлүм башчы. К. респ-да ил. мекемелерди уюштуруу ж-а өнүктү-рүүдө зор салым кошуу м-н илимдин өнү-гүшү, ил. изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун көтөрүү, илим м-н өндүрүштүн байланышын чыңдоо ж-а жогорку квалифика-циялуу адистерди даярдоо б-ча көп иш жүргүзгөн. Анын Кыргызстандын, а. и. Ысыккөл кылаасынын тарыхына арналган 250дөй ил. эмгектери бар. «Кыргыз ССР тарыхынын» авторлорунан ж-а редакторлорунун бири. Эмгектери негизинен маданий курулуштун айрым маселелерине, улуттук байланыштын теориясы м-н тарыхына ж-а респ-кадагы илимдин өнүгүш тарыхына арналган. 1952–56-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы, 1947– 63-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 1962–79-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин, Октябрь Революциясы, 4 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**КАРАКМАТ КӨРҮСТӨНҮ** – Кетментөбө өрөөнүнүн Каракмат жергесинде жайгашкан коло дооруна таандык мүрзөлөр. Алар таш, топурак м-н үйүлгөн жүзгө жакын дөбөчөлөрдөн, төрт чарчы көлөмдүү коргончолордон турат. Чопо идиштердин сыныктары, өрттөлгөн адамдын сөөгүнүн калдыктары табылган.

**КАРАКОЛ КЕНЧИ** I 1884-ж. Караколдон табылган. Кенч коло дооруна тиешелүү төрт буюмдан турган: бычак, көзөөч, шынаа сымал көлөмдөгү уңгусу жок керки ж-а көзөөч сымал керки. Көзөөч сымал керкинин жасалыш ыкмасы жогорудагы куралдардан кескин айырмаланып, Болгария м-н Румыниянын чегарасында жайгашкан Гумельница энеолит маданиятынын буюмдарына жакын. Болжолу бул буюм К. к-не соода байланышы аркылуу кошулуп калган болуу керек. К.к. Москва ун-тинин антропология музейинде сакталууда.

**КАРАКОЛ КЕНЧИ** II Ысыккөлдүн түш-түк-чыгыш тарабындагы Каракол айылынын жанынан 1976-ж. табылган. Кенч кеч коло доору ж-а эрте темир дооруна тиешелүү беш канжардан турат. Канжарлардын уз. 29,5 *см*, туурасы 5,2 *см*. Кээсинин сабынын башында жылкынын, койдун сөлөкөттөрү түшүрүлгөн. Ар түрдүү калыпта куюлуп, көлөмдөрү бири-биринен айырмаланганы м-н негизги жасоо ыкмалары, саптарынын башында жаныбарлардын келбеттеринин түшүрүлүшү б-ча булардын бир устанын колунан чыккандыгын далилдеп турат. Д. Ф. Винник, Е. Е. Кузьмина жылкынын ж-а койдун келбеттеринин түшүрүлүшүн коло доорундагы элдердин мифологиясында, фольклорунда бул жаныбарлардын кеңири тарашы м-н байланыштырышат.

**КАРАКОРУМ** (моңголчо Хара-Хорин) – Моңгол мамлекетинин 13–14-к-га таандык борбор шаары. Азыркы Моңголиянын түштүгүндөгү Орхон дарыясынын жогорку агымында жайгашкан. 1220-ж. Чыңгыз хан тарабынан негизделген. Бул аймакта Үгөдөй (Угедей) хандын ак сарайы, кол өнөрчү-лөрдүн айылдары, зыяратканалар сакталып калган. 1293-ж. моңгол нойону кыпчак Тутуха Хайду тарапта согушкан енисей кыргыздарынын бир бөлүгүн К. тарапка көчүр-гөн. К-дун айланасынан сөөктү өрттөп көм-гөн кыргыз көрүстөндөрү табылган.

**КАРАКӨЛ КЕНЧИ** – 11-к-га таандык казына. Колодон жасалган эки кесе, кумган ж-а эки тулгадан турат. Токтогул р-нунун Каракөл ш-ндагы Комсомол көлүнүн ордун тегиздөө учурунда байыркы шаардын урандыларынан табылган. Кеселерге кооз оймо-чиймелер түшүрүлүп, кумганга араб тамгасы м-н «Ахмад жасады» деп жазылган.

**КАРА КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯ ОБЛУСУ** 1924-ж. 14-октябрда РСФСРдын курамында түзүлгөн. 1925-ж. 25-майына чейин ушул аталыш м-н аталган. 1924-ж. Орто Азиядагы жооптуу кызматкерлердин улут маселесине арналган жыйынында И. Арабаев сүй-лөп, негизги баяндамада кыргыздар туу-ралуу таптакыр сөз болбогондугун сынга алган ж-а кыргыздар (кара кыргыздар) өз автономиясын түзүп, анан кайсы федерация-га же респ-га кирүү тууралуу өз алдынча чечип алуусу керек деп, баса белгилеген. Бул жыйында И.Арабаев азчылыкты түзүп калып, кыргыздардын жери Кыргыз (б. а. Казак) Респ-нын алкагына киргизилери тууралуу сунуш жактырылган. 1924-ж. 14-октябр-да Москвада Бүткүл союздук аткомунун 2-сессиясы Орто Азия элдеринин улуттук-мамл. бөлүнүшү ж-дө чечим кабыл алган. Бул чечимге ылайык, К. К. а. о. түзүлүп, ал РСФСРдын курамына киргизилген. Жаңы түзүлгөн К. К. а. о-нун большевиктик-пар-тиялык жетекчиси болуп И. Каменский, облустун Революциячыл (б.а. Аткаруу) комитетинин төрагалыгына И. Айдарбеков бекитилген. К. К. а. о-на Түркстан АССРинин Жетисуу облусунун Каракол, Нарын, Бишкек, Ош уезддери, Анжиян уездинин 10 болуштугу, Наманган уездинен 10 болуштук, Фергана облусунун Кокон уездинен 2 болуштук, Сырдарыя облусунун Олуяата уездинен (Талас участогу) 14 болуштук кирген. Облус-тук статистика бюросунун маалыматы б-ча калкы 828,3 миң адамды түзгөн. Анын 63,5%и кыргыздар, 15,4%и өзбектер, 16,8% орустар болгон. Бөлөк улуттар 4,3%ти түз-гөн. Автономиялуу облустун аймагы 200 миң *км2*ге жетип, облуста 6 шаар, 321 айыл-кыштак ж-а 5 хутор болгон. 1925-ж. 27–30-мартта Пишпек ш-да К.К.а.о-нун Кеңешинин алгачкы уюштуруу курултайы өткөрү-лүп, ага 135 делегат катышкан. Каралган маселелердин бири – конституциялык мазмундагы «Кара Кыргыз автономиялуу облусу тууралуу Жобо» деген документ эле. Курултай 30-мартта облустун Аткомун (51 мү-чө ж-а 12 талапкер) шайлап, ага мамл. бийлик өткөрүлүп берилген ж-а Революциячыл комитет өз күчүн жоготкон. Курамына Айдарбеков, Абдыракманов, Каменский, Султанаев ж-а Кизин кирген атайын комиссия түзүлүп, ага облустун (конституциялык) Жобосунун долбоорун түзүү иши тапшырылган. Ушул эле курултайда «кара» сөзүн расмий аталыштан алып салуу ж-а өлкөгө облустук эмес, автономиялуу респ. деп берүү тууралуу сунуштар көтөрүлүп чыккан. 1925-жылдын 25-майынан өлкөнү расмий аталышынан «кара» сөзү алынып салынып, *Кыргыз автономия облусу* аталып калган.

**КАРА КЫТАЙ МАМЛЕКЕТИ** – 1130–1213-ж. Кашкар, Жетисуу, Казакстандын түштүк ж-а Мавераннахрдын чыгыш аймагындагы мамлекет. Түндүк Кытайдагы Ляо мамл. (907–1125) чжурчжендер тарабынан талкалангандан кийин бул мамл-тин негизин түзгөн кара кытайлардын (кидан) бир бөлүгү *Елүй Дашинин* башкаруусу м-н Моңголияга кеткен. Ал жерде Елүй Даши Бей Ляо (Түндүк Ляо) мамл-н негиздеп, өзүн император жарыялаган. 1128-ж. анын аскерлеринин алгачкы тобу Кашкарга кол салып кайткан. 1130-ж. Караханийлер мамл-н басып алган. Елүй Даши (аны «Манас» дастанындагы Жолойдун прототиби деген божомол бар) өзүн «Гурхан» (көл хан, улуу каган) жарыялаган. Борбору Баласагун ш. (Кузбалык, Түштүк ордо деп да аталган) болгон. К. к. мамл-не Түндүк Кыргызстан гана баш ийген. Башка аймактарды жергиликтүү Караханийлер династиясынын өкүлдөрү башкарган. Калкы ар кыл динди (ислам, несториан, буддизм,

теңирчилик ж. б.) туткан. 1210-ж. Чыңгыз хандан жеңилген найман ханынын уулу Күчлүк (Батыш Моңголия) Жетисууга келип, аны гурхан кабыл алган. 1212-ж. Күчлүк козголоң чыгарып, бийликти тартып алып, 1218-жылга чейин мамлекеттин кыйла бөлүгүн башкарган. К. к. м-нин калкынын негизин түрк элдери түзгөндүктөн, кидандар аларга жуурулуп кеткен.

**КАРАЛАЕВ** Саякбай к. *Саякбай*

**КАРАМОЛДО** Орозов, өз аты Токтомамбет (1882, азыркы Ысыккөл р-ну, Корумду айылы – 1960, ошол эле жер) – залкар комузчу ж-а күүчү. Кыргыз Респ-нын эл артисти (1935). Муратаалы Күрөңкеевден таалим алган. 1928-ж. анын 30дай күүсүн А. В. Затаевич нотага түшүргөн. 1931–36-ж. Кыргыз музыкалуу драма театрынын, 1936–54-ж. Кыргыз филармониясынын артисти. 1958–60-ж. М. Күрөңкеев атн. муз. окуу жайынын кыргыз эл аспаптар бөлүмүндө сабак берген. Кыргыз искусствосунун (1939) ж-а адабияты м-н искусствосунун (1958) Москвада өткөн эки он күндүгүнө, 1942–44-ж. Орто Азия ж-а Казакстан Респ-нын Бишкекте, Ташкенде өткөн музыкалык он күндүгүнө катышкан. Элдин өткөн турмушун баяндаган «Сынган бугу», «Көкөй кести», «Такмаза», «Жөө калды», «Кара өзгөй», «Чоң кербез», о. эле акыл-насыят ж-а философиялык маанидеги «Насыйкат», «Ибарат», «Дүнүйө» «Шайыр камбаркан», «Колхоз камбарканы», «Атчандар шыңгырамасы» ж. б. күүлөрү бар. К-нун көп күүлөрү (мис., «Ибарат», «Сынган бугу», «Көкөй кести») бир нече симфониялык ж-а опералык чыгармаларга, о. эле Кыргыз мамл. филармониясынын эл аспаптар оркестринин репертуарына негиз болуп кирди. Эмгек Кызыл Туу, эки «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Т. Сатылганов атн. Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кыргыз мамл. филармониясынын эл аспаптар оркестрине ж-а Нарын ш-ндагы музыкалык мектепке ысмы берилген.

**КАРАПЧЫ** – жоокерлердин коргонуучу куралы. Ал билекке, колдун кырк муунунан чыканакка чейин кийгизилген. К. катуу жыгачтан, булгаары же кайыш капталган ширеден, кийин металлдан жасалган. Чокмор, шылк этме, ай балта, кылыч, канжарга окшогон куралдардан коргонуу үчүн К. колдонулган. К-ны атчан жоокерлер пайдаланган.

**КАРАСААДАК** – 11–12-к-дагы феодалдык чарбак-сепилинин калдыгы табылган жер. Куршаб суусунун Карадарыяга куйган жерине жакын. Чарбактын аянты 30х30 *м*; дарбазасы түндүк тарабындагы дубалдын ортосунда болгон. Турак жай ж-а чарбалык курулуштар дубалдарды бойлото салынган. Алардын айрымдарынын тамандарына бышкан кыш төшөлгөн. Казуу учурунда очок, меш, тыйын, жаргылчак ж. б. табылган.

**КАРАСААДАК КӨРҮСТӨНҮ** – 1–5-к-га таандык дөбө мүрзөлөр. Куршаб суусунун Карадарыяга куйган жерине жакын жайгашкан. Диаметри 5–20 *м*, бийиктиги 0,5–1,5 *м* келген 60тай мүрзөдөн турат. Адамдын сөөгү казанактуу көргө коюлган. Булардын ичинен 12 мүрзө изилденип, ар кандай формадагы ж-а чоңдуктагы карапа идиштер, темир бычактар, асем буюмдар ж. б. табылган.

**КАРАТЕГИН КЫРКА ТООСУ** – Тажикстандагы Гиссар кырка тоосунун түштүк тармагы. Уз. 80 *км*дей, бийиктиги 3950 *м*ге жетет. Бул тоолуу аймак аркылуу Памир-Алай, Фергана, Түндүк Ооганстандын элдери эзелтеден эле бири-бири м-н байланышта болушкан. Кыргыздар бул аймакты 10-к-га чейин эле байырлап келишкен. Аймакты иран тилдүү калктар кийинчерээк өздөш-түрө баштаган. Кыргыз санжыраларында Каратегин сел жүрүп, көчкүдө курман болушкан Кара ж-а Тегинайдын атынан келип чыккан деген маалыматтар айтылат. Бул аймакты кыргыздын ичкиликтер ж-а оң канаттын (мунгуш уруусунун бир бөлүгү) өкүлдөрү байырлашкан.

**КАРАТЕКТИР КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. 1–6-к. хунн урууларынан же усундардан калган дөбө-мүрзөлөр. Кетментөбөдөгү Көөдүл кыштагынын жанында. 350дөн ашык мүрзөдөн турат. Казанактуу 80 мүрзө изилденген. Алардан карапа, жыгач идиштер, койдун жамбаш ж-а куймулчак сөөктөрү, бычак, жаа, темир учтуу жебелер, темир тогоо, акак таш чөгөрүлгөн алтын сөйкө табылган.

**КАРАХАНИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИ –** 940–1212-ж. Орто Азиянын, а.и. Кыргызстандын аймагындагы мамлекет. Анын калыптануусуна ошол учурда Борб. Теңиртоодо жашаган чигил (жикил), ягма, карлук, аз, тухси уруулары чоң роль ойногон. Башкаруучу династия чигил уруусунан чыккан. Алар К.м. же дөөлөтү анын биринчи башкаруучусу Сатук Абд ал-Керим Карахандын ысмынан аталган. Ал дайыма Суусамыр жайлоосунда жайлап тургандыгы, күндөрдүн биринде ага кымызга кошуп уу берүү аракети жасалгандыгы ж-дө маалымат да сакталып калган. Сатук Абд ал-Керим 955-ж. каза болуп, анын сөөгү Кыргызстандын аймагындагы ошол учурдагы ири шаарлардын бири – Артушка коюлган. Анын эки уулу (Байраш Муса ж-а Сулайман Илек) болгон. Мамлекетти башкаруу иши тун уулу Мусага тийди. Арслан-хан деген наам м-н падыша болуп жарыяланган. Ислам динин чыңдоо максатында 960-ж. Баласагун ш-нда ислам мамл. дин деп жарыяланып, атайын мыйзам м-н бекитилген. Өз мамл-нин чегарасын кеңейтүү ж-а бекемдөө үчүн күрөштөрдүн биринде 918-ж. Муса Арслан-хан каза болуп, анын сөөгү Кашкар ш-на коюлган. Караханийлер дөөлөтүнүн башкаруучулары күрөштү эки багытта: Исфижаб (Чымкен) ш-нда ж-а Фергана өрөөнүндө жүргүзүшүп, ийгиликтерге жетишкен. 1032-жылдан кыргыздар жашаган бардык аймак Арслан хандын уулу Тамга Карахан Аалы Асанга өткөн. 1069-ж. *Жусуп* Баласагундын «Куттуу билим» дастаны ушул ханзадага арналган. К. м-нин учурунда маданият өнүгүп, зор имараттар курулган. М. Кашгари, Ж. Баласагун өзүлөрүнүн белгилүү эмгектерин жаратышкан. К. м-нин тушунда эң үлгүлүү мамл-ти башкаруу аппараты түзүлгөн. Өзгөн ш-нда

атайын имараттар курулган. А. Бернштамдын маалыматы б-ча Өзгөндө-гү комплекстин 1112-ж. курулган 1-имараты Карахан мураскери Аалы Кылычка арналса, ал эми экинчиси 1187-ж. курулуп, Кылыч Тамгага арналган. Кыргыздар ж-а түркий тилде сүйлөгөн башка элдер тарабынан түзүлгөн К.м. батыш тарапка кеңейип, Шаш (Ташкен), Самаркан, Бухарага чейинки аймактарды жеңип алышкан. Самаркандыктардын династиясынын жашоосун токтоткон, саясий күрөштөргө активдүү катышып, 1212-ж-га чейин бирдиктүү мамлекет катары өкүм сүргөн.

**КАРАШИБЕ НЕОЛИТ «ӨНӨРКАНАСЫ» –** неолит дooруна (б. з. ч. 6–5 миң ж-дык) таандык археол. эстелик. Ош облусунун Чоңалай р-нунун Доороткоргон айылынын батышында Карашибе деген жерде жайгашкан. Таштын чамындылары, жалпак таштар, таштын чордону, бычак сымал жалпак таштар табылган. 1956-ж. Кыргыз археол. экспедициясы тарабынан ачылган.

**КАРГА БИЙ** Мендегул уулу (1718–1828) – кыргыздардын бугу уруусунан чыккан коомдук ишмер. Кара кылды как жарган калыстыгы, алысты көрө билген көсөмдүгү, так, таамай сүйлөгөн чечендиги м-н эл оозунда айтылып калган инсан. 1824-ж. бугу уруусунун бийлерин чогултуп, Россия бийлиги м-н байланыш түзүүнүн зарылдыгы ж-дө оюн ортого салган. Бул чогулушта бийлердин айрымдары Кытайга кошулсак кандай болор экен деген пикирлерин да айтышкан. Бийлердин көбү Россияга кат жөнөтүү ж-дө-гү К. б-дин сунушун колдошкон. К. б. башында турган бугу уруусунун бийлери 1824-ж. 6-декабрда Омск ш-на кат жөнө-түшүп, падышалык бийлик м-н байланыш түзгөн. К.б-дин терең философиялык ой-толгоолору эл ичинде макал-ылакап катары айтылып калган.

**КАР ЖИЛИК** – койдун алдыңкы бутунун тизеден далыга чейинки бөлүгү. К. ж. эт тартууда сыйлуу жиликтердин катарына кирет. Койдун башка жиликтеринен айырмаланып К. ж-ке байланыштуу көптөгөн ырымдар өкүм сүргөн. Аны жигиттин жилиги деп айтышат. Жиликти таза мүлжүп, чакпастан сактап коюшкан. Элдик ишеним б-ча К. ж. үйдү, малды душмандардан, ууру-бөрүлөр-дөн коргогон. Жатаарда К. ж-ти боз үйдүн керегесине кыстарып «бүгүн сен баланча атты минип жылкы кайтар, короо кайтар» деп айтышкан. Эгерде алыс жолго чыкса куржунга К. ж-ти салып, кырк жигит коштойт деп эсептешкен. К. ж-ти коркунуч келе турган жакта пайдаланышкан. Душманды алсыратып анын тукумунан даражалуу адам чыкпасын дешип эки жиликти бир жерге кагышкан. К. ж-ке байланыштуу мындай ырымдар коргоочу тумар катары колдонулган.

**КАРЛ МАРКС АТЫНДАГЫ КОММУНА** – Пишпек уездиндеги алгачкы коллективдүү чарбалардын бири. 1919-ж. мартта Төмөнсуу кыштагында түзүлгөн. К. М. а. к. колхоз кыймылын өнүктүрүүнүн таяныч пункттарынын бири болгон. Кийинчерээк ири чарбага айланган.

**КАРЛУК МАМЛЕКЕТИ** – 8-к-дын ортосунда Түргөш кагандыгынын кыйрашынан улам пайда болгон. Карлуктар оболу Тарбагатай тоо этектери, Кара Иртыш дарыясынан Балхаш көлүнө чейинки аймактарды мекендешип, «Карлук будун» (карлук эли) же «үч карлук» уруу бирикмесин түзүшкөн. «Жабгу» деген наам алган карлуктардын башчысы ж-а анын аскерлери Тохарстанга чейинки аймактарга кирип барышкандыгын мусулман тарыхчылары (Табари) кабарлайт.

**КАРЛУК ТЫЙЫНДАРЫ**, а р с л а н и д д е р түргөш тыйындарынын үлгүсү м-н жасалып, титулатурасынын ж-а уруу тамгасынын башкача мүнөздө болушу м-н айырмаланат. К.т. 8-к-да Карлук мамл-нде чыгарылган. Эки тиби белгилүү: 1. аверсинде «Мырза Арслан Бильге каган. Фан» деген согду жазуусу, реверсинде үч сызыкча белги болуп, салмагы 2,35–2,5 *гр*, диаметри 20–22 *мм*ди түзгөн; 2. аверсинде «Арслан Күл иркин» деген согду жазуусу, реверсинде эки тамга жайланышкан. Тыйындар Невакет ж-а Акбешим шаар чалдыбарынан табылган.

**КАРПИНИ** Жованни де Плано (1182–1252) – италиялык элчи, саякатчы; кечил. Перуджи ш-нын атактуу үй-бүлөсүнөн. Фран-цизкан-минарит монах орденинин негиз-дөөчүлөрүнүн бири. Рим папасы Инно-кентий IVнүн тапшырмасы б-ча Моңгол хандыгынын ордосу – Каракорумга так маа-лымат алуу максатында элчи катары барган. 1246-ж. Каракорум башкы хан ордосуна келип, Үгөдөйдүн тун уулу Гүйүктү хан көтө-рүү салтанатына катышкан. К. эки жолу – 1246-ж. жайында ж-а 1247-жылы кышында азыркы Кыргызстандын аймагын басып өткөн. Анын чыгармасында Чыгыш Теңиртоодогу көчмөн моңгол урууларынын жайланышуусу, турак жайлары, үрп-адаты, ди-ни, моңголдордун ж-а аларга баш ийген элдердин админ.-мамл. түзүлүшү, о. эле жа-йыт – феодалдык менчик экендиги, көчмөн калктын феодалдарга көзкарандылыгы ж-дө маанилүү тарыхый маалыматтар берилген.

**КАРТЫК** – кыргыз табыптарынын аспабы. Уйдун же топоздун мүйүзүнүн учунан жасалган. Таарылып алынган мүйүздүн көң-дөйү тазаланып, ичке учу дагы таарылып, тегизделип ж-а жылмаланып, көзөнөгү тазаланган. К. суук тийген (жел турган) жерге оңко (мед. айнек банка) сыяктуу коюлган; ооруган жерден устара м-н чегип кан алуу үчүн да колдонулган.

**КАСЫМБЕКОВ** Мырза Фазылбек (1863, Бадахшан, Шунган кыштагы–1919) – тарыхчы, чыгыш изилдөөчү, географ ж-а саякатчы. Маргаландагы жогорку диний мектепти – Султан Мурадбектин медресесин бүтүргөн. 18-к-дын 80-жылдарынын аягы–90 жылдарынын башында Ошто жашаган. Тилмеч, жол көрсөтүүчү, чарбалык иштерди башкаруучу катары Кашкар, Тибет, Гиндикуш, Памир (1888–89, 1903–04), Ооганстан, Түркияга (1896) барган ил. экспеди-цияларга катышкан. Экспедицияга кылган кызматы үчүн 2 алтын, күмүш, коло

медалдар м-н сыйланган. 1907-ж. Бадахшандын 1809–1907-ж-дагы соңку тарыхын жазган. Анын эмгеги 19-к-дын башында жазылып Мырза Сан-Мухаммед Бадахшанинин эмгегинин уландысы болуп эсептелет. Оштогу орус-тузем мектебинде көп жыл мугалим болуп иштеген. 1914–1917-ж. Ошто демократиялык маанайдагы жаштардын тобун жетектеген. 1917-ж. ушул эле жерде уулу Санжар м-н бирге «Окуучулар союзун» түзгөн. Басмачылар колдуу болуп өлгөн.

**КАСЫМБЕКОВ** Санжар (1902–1924) – Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу үчүн жигердүү күрөшүүчүлөрдүн бири. М. Ф. *Касымбековдун* уулу. 1917-ж. май айынан революциячыл ишке катышкан. Анжиян мусулман жумушчулар м-н чайрыкерлер советинин аткомунда (1918, июнь), РКП(б)нын Ош шааркомунда (1918, август), Түркстан крайкомунда (1918, декабрь) иштеген. 1919-ж. октябрдан РКП(б)нын Ош шаардык мусулман уюмунун төрагасына орун басар, 1920-ж. февралдан Ош уезддик шааркомдун төрагасы. Анжиянда Совет бийлигин орнотууга, Ташкендеги контрреволюциячыл козголоңду басууга, Закаспий фронтундагы согушка катышкан. 1920-жылдан Түркстан фронтунун бүткүл россиялык дыйкандар ж-а токойчулар союзунун Самаркан обкомунун төрагасы болуп иштеген. Басмачылар өлтүргөн.

**КАТАГАНДАР–** Кытай Эл Респ-нда жашаган этностук топ. Чыгыш Түркстандын (Кытай Эл Респ.) Хотан ж-а Яркенд округдарынын ортолугунда жашашат. Алар өздөрүн кыргыздар деп аташат. 1000дей түтүн. К-дын теңиртоолук кыргыздардан бир өзгөчөлүгү, алар көзү өткөн кишини жоктоп аза тартып, кайгысын билдирүүнү, келгендерге тамак-аш тартылган соң башташат. Учурда Өзбекстан ж-а Тажикстандын түштүк аймактарында (Кашкадарыя, Сурхандарыя, Коргонтөбө), Ооганстандын түндүгүндө К. деген түрк тилинде сүйлөгөн этногр. ири топ жашайт. Ил. адабияттарда бул топ өзбек-К. деген ат м-н да белгилүү. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү бул аймакта 17-к. эскериле баштаган К-дын насили кыргыз деген тыянакты айтышат. Лорддун берген маалыматтарында К-дын он алты уруусунун бири басыз деп аталганы айтылат. Басыз – кыргыздын сол канатындагы уруунун аталышы. Мындан бөлөк К. жашаган аймакта Солто, Басыз топонимдери катталган. Кыргыз эпосторунун көбүндө орто кылымдардагы К. кыргыздын бир уруусу катары баяндалат. К. – сарттар, чекир саяк, катаган тобу – сарттар урууларынын курамдарындагы уруктар катары таанылган. К. ж-дө маалыматтар алгач Рашид ад-Диндин «Жами ат-Таварихинде» («Тарыхтар жыйнагы». 14-к.) айтылат. Автор катакин, хатакин уруусун моңгол-жерундардын курамына кошот. Н. А. Аристов К-ды Орто Азия-га Чыңгыз хандын жеңип алууларынын учурунда көчүп келишкендигин жазат. Кыргыз дастандарында, санжыра-уламыштарында да К. байыркы кыргыз урууларынын бири экендиги айтылат.

**КАТАЛАН КАРТАСЫ** 1375-ж. Авраам Крескес тарабынан түзүлгөн. Испан диалектисинде. Картада дарыялар, көлдөр, тоолор тартылган эмес. Сүрөттөр ж-а жазуулар гана бар. Ысыккөл деген жазуусу бар, анын түндүгүндө крест тартылып «ушул жерде, апостол жана евангелист ыйык Матфей коюлган армян туугандарынын монастыры жайгашкан», – деп жазылган. Бардык эле окумуштуулар муну Ысыккөл м-н байланыштуу деп эсептебейт.

**КАТАНОВ** Николай Федорович (1862–1922) **–** белгилүү чыгыш таануучу, хакас элинин окумуштуусу. Казан ун-тинин ж-а Россия коомдук ИАнын профессору, 36 жылдык чыгармачыл өмүрүндө археол., тарых, этногр., тил таануу, адабият, чыгыш элдеринин статистикасы б-ча 382 ил. иш жазган. Көп тил билген. Бардык европа тилдеринде эркин сүйлөгөн, чыгыш тилдерин, байыркы ж-а өлгөн тилдерди да билген, байыркы түрк руна жазууларын, шумер шынаа жа-зууларын, египет, кытай иероглифтерин, санскрит, араб жазууларын, байыркы уйгур, арамей графикаларын окуй билген. Сүрөттү мыкты тарткан, карта түзгөн. Өз учурундагы чет элдик окумуштуулар м-н тыгыз байланышта болуп, кат алышып турган, бир канча чет элдик ил. коомдордун мүчөсү болгон. Дүйнөгө таанымал түркolog С. Е. Маловдун окутуучусу.

**КАЧИНДЕР** – азыркы хакастардын курамындагы этностук топ. Өздөрүн «хаас» же «хааш» деп аташат. Енисей кыргыздары 1703-ж. Жуңгарияга көчүрүлгөндө Крас-ноярга жакын Хум-Тигей деген жерде жашаган К-дер «Кыргыз өлкөсүнө» келишип, сүргүндөн аман калган калк м-н жуурулушуп кетишкен. Айрым санжыралык маалыматтарда моңгол ханы өз кызын кыргыз беги Өжен бекке (Еренак-бек) күйөөгө бергенде К-ди энчи катары бергендиги айтылат. К-дин уруулук курамында кездешкен «хасха», «бурут», «хыргыс», «ызыр» уруулары байыркы кыргыз уруулары катары белгилүү. Уруулук эн тамгалары да теңиртоолук кыргыз урууларынын тамгалары м-н дал келет.

**КАЧМА ТОП –** балдар оюну. Балдар эки топко бөлүнүшүп таяк кармашып, кайсы топтун өкүлү анын эң учун кармаса, оюнду баштап, топту чабуу укугун алат. Топ тоскон тараптагылардын бирөө оюнчуларга топ салып берип турат. Калгандары чабылган топту тосуп, белгиленген чекке (30–50 *м*) чуркап бара жаткан балдарды топ м-н урушат. Чабылган топту жерге түшүрбөй тосуп же качып бара жаткан балдарды урганда тийгизсе, алар тарап оюнду жеңген болот. Эгер өнөктөштөрдүн баары топту бирден чаап бүтүп, эң акырында калган бала топту үч жолу удаа чапканга чейин аркы чекке барып кайткан бала жок болсо, ал тарап утулган болот. Оюнчулардын кезеги алмашылып, 2-тарап топ чабууга келет.

**КАШКАР** – Керметоо аймагындагы эң ба-йыркы калаалардын бири. Кытайдагы Синьцзян-Уйгур автономия р-нунда, Керметоонун түштүк ыктоосунда жайгашкан. Караханийлер кагандыгынын байтактысы болгон. К. Моголстан мамл-нин карамагына номиналдуу кирген дуулат төбөлдөрүнүн өз алдынча ээлиги болгон. 16-к-дын башында Моголстан мамл. экиге бөлүнгөндө, К. анын батыш бөлүгүнүн борборлорунун бири катары

эсептелген. 16-к-дын аягында Моголстан мамл. начарлай баштаганда, Чыгыш Түркстандагы шаарлар, а.и. К.өз алдынча ээликке айланган. 17–18-к-да К. аймагында кыргыздар олуттуу саясий күчтөрдүн бири ж-а жергиликтүү саясий топтордун таянычы катары чыгышкан. Көпчүлүк учурларда К-ды башкарууга кыргыз төбөлдөрү (*Койсары бий*, *Кубат бий* ж.б.) дайындалып турган. К. байыртадан саясий-админ. ж-а соода борбору, карым-катнаштын, маданияттын очогу катары белгилүү. Шаар – кыргыздардын орто ж-а соңку орто кылымдагы маанилүү окуялардын күбөсү болгон аймактардын бири.

**КАШКАСУУ КӨРҮСТӨНҮ** Ысыккөл өрөөнүндөгү Арабел суусунун сол тарабында жайгашкан. Мезолит (б. з. ч. 12–7 миң жылдык ж-а неолит (б. з. ч. 7–4 миң жылдык) доорлоруна мүнөздүү таш куралдар, бычак, кыргыч, курал жасоодогу таш чабындылары, жука кичине нуклеус табылган. Мүрзөдөн боюнун уз. 1,92 *м* келген жоокердин сөөгү, чопо идиштер, сөөктөн жасалган камчы сап, ээрдин калдыгы, малдын омурткасынан жасалган басмайылдын тогосу табылган. Б. з. ч. 2-миң жылдыктын орто ченине таандык мүрзөдөн сабы сөөк мед. аспап сымал буюм табылган. КУУнун археол. ж-а этнология кафедрасынын археологдору 1997-ж. изилдеген.

**КЕГЕТИ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 8–12-к-дагы көчмөн элдерден калган чептин калдыгы. Чүй р-нундагы Кегети капчыгайынын оозундагы бийик тектирде жайгашкан. Негизги бөлүгүнүн аянты 120 –130 *м*. Негизги чептин түштүк ж-а батыш тараптарына улай курулуштар салынган.

**КЕДЕЙБАЙ ДАТКА** – *Кудаяр хандын* бир тууган таякеси, саруу бийи; кыргыздын сол канатынын ири урууларынын бири болгон саруулардын баргы тобунун бийи Токтоназардын уулу, Кокон ханы Шераалынын аялы *Жаркынайымдын* бир тууган агасы. К. д. Наманганда, Чартакта бектик кылган. Атасы Токтоназар бийдин көзү өткөндөн кийин урук туугандарын ж-а уулу Дөөлөталыны азыркы Аксы р-ндагы Карасуу суусунун жээгинде жайгашкан Топжаңгак айылына көчүрүп келген. Анын урпактары ошол айылда жашашат.

**«КЕДЕЙКАН»** – кыргыз элинин кенже эпос-торунун бири. Эпостогу окуялар калмактар кыргыздарга кысым жасаган мезгилден башталат; социалдык мамилелер курч коюлуп, таптык жиктелүү өтө ачык байкалат. Эпостун 2 варианты бар. Биринчиси – К. Акыев (Токтогулдан үйрөнүп) айткан вариант, 1938-ж. жарык көргөн. 1954-ж. Т. Сатылгановдун ыр жыйнагына басылган. Экинчиси – 1923-ж. К. Мифтаков А. Үсөнбаевден жазып алган вариант. «К.» эпосунун баш ке-йипкерлери – Керээз (Кедейкан), Гүлсаана кемпир, Азимкан ж. б. Сюжеттин жү-рүшүндө Керээз жетим өсүп, эр жеткенде кандык даражага чейин жетет. Ал жашта-йынан эмгекчил, жөндөм-шыктуу, акылдуу, айлакер болуп өсөт. Ошондой сапаттары м-н Эшенди, каардуу, зулум кан Азимканды жеңип, бийликке жетет. Такка отурган күндөн баштап Кедейкан карапайым элге жакын болот. Эпосто Гүлсаананын жетим-жесирлерге болгон кайрымдуулугу, энелик мээрими ж-а меймандостугу чеберчилик м-н сүрөттөлгөн. Кедейканды да Гүлсаана асырап чоңойткон. Эпосто элдин өзгөчө бир социалдык теңчиликте жашагысы келген өзүнчө бир идеалдуу утопиялуу кыялдары турмуштук катаал реалдуу көрүнүштөр м-н удаалаш сүрөттөлгөн. «К.» – көркөмдүгү жетик ж-а идеясы терең, кыргыз элинин дүйнөгө көз карашын, түшүнүгүн, ой-са-наасын, турмушун чагылдырган эпос.

**КЕДЕЙЛЕР КОМИТЕТИ** – кедей дыйкандардын уюмдары, пролетариат диктатурасынын элеттеги таянычы. Эл Комиссарлар Советинин 1918-ж. 11-июндагы Декрети б-ча түзүлгөн. Совет бийлигинин айланасына эмгекчил дыйкандарды топтоп, кулактардын экон. таасирин жоюу б-ча иш жүр-гүзгөн. Помещиктердин жерлерин ж-а а. ч. шаймандарын бөлүштүргөн. Кызыл Ар-мияга ыктыярдууларды топтогон, 1918-ж-дын аягы–1919-ж-дын башында К.к. жоюлган. К.к-нин ордуна «*Жарды-жалчы уюмдары*» түзүлгөн.

**КЕЗДИК** – кынга салынып, курга байла-нуучу бычак. Шамшардан чаканыраак, жалкыны калыңча, темири курч металлдан, сабы мүйүздөн же жыгачтан, толтосу темирден жасалган. Тиричиликте, мергенчиликте ж-а жоокерчиликте керектелген.

**КЕЛГИНДЕР БАШКАРМАСЫ** – Совет бийлиги орногонго чейин Россиянын отор ээликтеринде падыша өкмөтүнүн жер саясатын жүргүзгөн ж-а иш жүзүнө ашырган облустук мекеме. Алгачкы мезгилде келгиндерди жайгаштырууну админ. бийлик органдары жүргүзүп, жергиликтүү калктын пайдаланып жаткан жер аянттарын иш жүзүндө эске алышкан эмес. Каерде ж-а канча жер бар экендигин көз болжол м-н аныкташкан. Ошондуктан падышалык бийликтин кыргыздарда жер аянттары көп деп эсептеп, «ашык жерлерди» тартып ала башташкан. Түркстанда, айрыкча Жетисууда келгиндердин көбөйүшүнө байланыштуу атайын К. б-н түзүү зарыл болгон. Жетисуу облусу туу-ралуу Николай IIге губернатор төмөндөгү-дөй отчёт берген: «Бул крайды колониялаштырууну туруктуулук м-н жүргүзүү керек». Көчүп келгендерди жайгаштыруу б-ча Жетисууда К. б-н түзүү б-ча Николай IIнин 1905-ж. марттагы указына ылайык, 1905-ж. 21-июлда Жетисуу облусунда К. б. түзүлгөн. К. б. кыргыз көчмөндөрүн зордоп көчүрүп, алардын жерлерине келгиндерди отурукташтырган. 1916-ж. Пржевальск уездинде калктын 24%ин түзгөн орустар, украиндер уезддин бардык айдоо аянтынын 67,3%тен көбүрөөгүн ээлешкен. Пишпек уездинде да абал ушундай болгон. К.б. кулактарга ж-а казак-орустарга акчалай жардам ж.б. жеңилдиктер берген, кыргыздардан тартып алы-нуучу жерлердин долбоорун түзүп, уезддик жер-суу комиссиясына бекитүүгө сунуштаган. Түркстандагы элдердин арасынан жерди пайдаланууда кыргыздар эң укуксуз болгондугун Түркстан генерал-губернатору Куропаткин мойнуна алган. Келгиндердин кыргыздардын жерлерин зордук м-н тартып алышы кыргыз элинин 1916-жылдагы көтө-рүлүшүнүн башкы себептеринин бири болгон. Көтөрүлүш басылгандан кийин кыргыздардын жерлерин кулактар массалык түрдө ээлеп алышкан.

Падышалык өкмөт кыргыздарды Чүй, Ыссыккөл, Кочкор, Жумгал өрөөндөрүнөн тоолорго, сугатсыз таштак жерлерге көчүрүүгө ниеттенген. Мындай чечимди 1916-ж. сентябрда Ташкенде генерал-губернатор Куропаткиндин жетекчилиги астында өткөн өкмөттүк кеңеште кабыл алынган. К. б. Жетисууда, а. и. Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийин жоюлган.

**КЕЛДЕ,** с е л д е – майда тууураган эттин үстүнө чоң-чоң кесилип коюлган казы. Этти бир алганда К-ден бир кесимден кошо алып сугунат.

**КЕЛДИБЕК** Карбоз уулу –18-к-да жашаган көрүнүктүү манасчы. Анын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалыматтар өтө аз болгону м-н анын таланттуу жомокчу экендигин айгинелеген аңыз-уламыштар бар. К. «Манас» айтканда дастан укмуштуудай эпостук бийиктикке көтөрү-лүп, угуучуларга өтө күчтүү таасир тийгизгени ж-дө айтылат.

**КЕМ** – Түштүк Сибирдеги Енисей дарыясынын байыркы ж-а орто кылымдардагы аты. Улуг-Кем ж-а Кичиг-Кем сууларынын кошулушунан Енисей дарыясы куралат.

**КЕМЕНТАЙ,** к и б е н е к, к е б е н е к – кийизден жасалган сырт кийим. К. кийиздин ар түрдүү түсүнөн орто калыңдыкта бышырылып, этеги, жеңи ж-а жакасы м-н жасашкан. К-ды жылкычылар, малчылар кийишкен. Анткени ал адамды суутан, шамалдан, жаандан жакшы коргогон.

**КЕМЕР** – сырткы кийимди белге кыса байлоочу кур. Ал жогорку сапатта иштетилген кайыштан жазылыгы алакандай жасалат. К. кыргыздардын салттуу турмушунда адамдын бир куракттан экинчи куракка өткөнүнүн билгизет. Аны жигит курагына киргенден баштап тагынышкан. К. жигиттик намыстын, жоопкерчиликтин, тайманбастыктын белгиси. Жасалышына карай жөнөкөй К., күмүш К. деп бөлүнгөн. Тогоосу темирден жазы жасалып, ичинен илгич м-н курчалат. Кайыштын сырткы бетине ар кандай түрдө оюлган кооздуктар басылып, алар күмүш м-н жалатылат.

**КЕМИН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 10–12-к-га таандык шаар калдыгы. Чоңкемин капчыгайынын ичинде Шабдан кыштагынын батыш тарабында. Сырты эки катар таш м-н курулган коргончо м-н тосулган. 1,20 *м* тереңдикте узатасынан жаткырылган адамдын сөөгү, уз. 13,5 *см* коло бычак табылган.

**КЕМИЧКЕТ** – орто кылымдардагы Кыргыз кагандыгынын борбор шаары. Бул шаар «кыргыз хакан» жашаган калаа катары фарсы тилиндеги «Худуд ал-Аалам» («Ааламдын чектери») аттуу геогр. эмгекте эскерилет. В. В. Бартольд К-ти кытайдын «Таншу» жыл баянындагы кыргыздын Мидичжы ш-на окшоштуруп «Микижкет» деп эсептеген. К. ш. Хакас–Минуса ойдуңунда орун алган. Ал-Идрисинин картасында (13-к.) кыргыздардын шаарлары бир аймакта жайгашып, ортолук аралыктары үч күндүк жол экендиги ж-а дубал м-н курчалган шаарларды өжөр, эр-жүрөк жоокерлер коргошору, алар кимактар м-н дайыма согуш абалында турушары айтылган.

**КЕМСЕЛ** – аялдардын ж-а эркектердин жука сырт кийими. Ал таардан, кездемеден, баркыттан жасалат. Тизеге жетип тургандай бычылып, жеңи узун же чолок келет. Ичи жука кездеме м-н ичтелет. К-дин жалаң кат же жүн ичтелип жасалган түрлөрү кенен тараган. Жаштардын К-деринин өңүрү, этек-жеңдери саймаланган.

**КЕНЕНСАРИЕВ** Ташманбет (1949-ж. т., Жалалабат облусу, Аксы р-ну, Карасуу айы-лы) – тарых ил-нин доктору (1998), проф. 1978-ж. КМУнун тарых факультетинде окутуучу, 1985–2003-ж. Ош мамл. ун-тинин тарых бөлүмүнүн башчысы, тарых-укук таануу факультетинин деканы, окуу иштери б-ча проректору. К. – Кокон хандыгы кыргыз тарыхынын айрылгыс бир бөлүгү экендигин, түрк элдери дүйнөлүк цивилизацияга чоң салым кошкондугун далилдеген авторлордун бири. «Кыргызстандын Россияга каратылышы», «Кокон хандыгы жана кыргыздар», «Полотхан», «Алымкул аталык» ж. б. китептери жарык көргөн. Борб. Азия элдеринин академиясынын академиги (2000). 120дан ашуун ил. эмгектин, а. и. 7 монографиянын, 6 окуу-усулдук китепченин, 3 окуу китебинин автору.

**КЕНЕСАРЫ** Касымов (1802–47) – казактын Орто жүзүнөн чыккан султан. Чоң атасы Аблай 18-к-дын 40-жылдарында Орто жүз хандыгын түзгөн. Алгач Кенесары Орто жүздө чоң атасы Аблай хан түзгөн хандыкты калыбына келтирүүнү ж-а өзүнүн чексиз жеке бийлигин орнотууну эңсеген. О. эле ал Казакстанда Россия империясынын таасиринин таралышына, үстөмдүгүнүн орношуна тоскоол болууну көздөп, чечкиндүү түрдө падыша аскерлеринин жолун торогон. Хан Кененин дээрлик 10 жылга созулган кыймылы (1837–47) кийинчерээк зордук-зомбулук, талап-тоноо, кан төгүү м-н коштолгон. 40-жылдардын орто ченинде абалы начарлап, аскери азайган хан Кене Борб. Казакстанды калтырып, Сары Аркадан Улуу Жүз казагынын мекендеген Жетисууга конуш которот. Ал Улуу жүз казагы м-н алатоолук кыргыздарды багындырууну ж-а аларга таянып, падыша аскерлерине, Кокон хандыгына каршы күрөштү улантууну көздөгөн. Бирок ою ордунан чыкпай, анын акыркы жылдарда күч алган талоончул согуштары калктын кыйла бөлүгүн, султан, бийлердин бир тобун кыймылдан алыстоого түрткөн. 1846-ж. К. кыргыздарга бүлгүн салганда, Орто жүздүн Аягуз, Каркаралы, Көкбекди округдарынын айрым султандары хандан четтеп кетишкен. 1846-ж. Улуу жүз казак султандары м-н бийлеринин көбү Россия тарапка оогон. Бирок абалынын начарлагандыгына карабастан, К. 1847-ж. кыргыз жерине кол салып чапкын баштоого камынат. Орус аскерине каршы кармашта алдан тайып, түштүктү көздөй сүрүлгөн хан Кене кыргыздарды каратып, алардан салык, аскер алууга үмүттөнгөн. Кыргызстан жоого каршы күрөштү улантуу үчүн эң оңтойлуу оорукка айланмак. Бул айыгышкан

салгылашууда хан К-нын ко-шууну жеңилүүгө учурап, Кенесарынын өзүн кыргыздар туткунга түшүргөн. к. *Кенесарынын чапкыны* макаласын.

**КЕНЕСАРЫНЫН ЧАПКЫНЫ** – 19-к-дын 40-жылдарында казактын ханы *Кенесары* Касымов баш болгон казак феодалдарынын Кыргызстандын түндүгүнө жасаган талоончул жортуулдары. 1845-ж. күзүндө Кенесары кыргыздарга (*Ормон*, Жантай, Жаңгарачка) элчи жиберип, алардан баш ийип берүүнү, зекет төлөөнү талап кылган. Анын мындай талаптарына кыргыз манаптары өз ара кеңешип, «хан бийлигин сакалдуу эмеспи, манап Ормонго ыйгарган оң, ал эми калган иштерди Кенесары билсин» деп орто заар жооп айттырышкан. Кенесары м-н сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн Калыгул бий баштаган элчилерин жөнөткөн соң, сарыбагыштын чоң манаптары Ормон, Жантай, солтонун чоң манабы Жаңгарач, бугу, сары-багыш, солто, саяк, черик, саруу, кушчу ж. б. урууларды билермандары хан Кененин талабын талкуулоо үчүн атайын жыйын чакырышат. Ошол жыйында кыргыздар Кенесарынын талаптарын аткаруудан баш тартып, согушка камданууну чечишет. Аркалык кыргыздар Кенесарыга каршы күрөшкө жапатырмак көтөрүлүшүп, Чүй, Талас, Ысык-көл, Борб. Теңиртоону мекендеген кыргыз урууларынын саясий ынтымагы кыйла чыңдалган. Ормон хан, Жантай, Жаңгарач сыяк-туу чоң манаптар хан Кененин жортуул-дары күчөгөн кезде кыргыздардын душманга каршы күрөшүн жетектеп, эл башында турушкан. Чүй өрөөнүндөгү кыргыз айылдарына Кенесары 1845-ж-дын аягында кол сала баштаган. Жортуулдар учурунда ал Иткечүү ж-а Мерке чептериндеги кокондук сарбаздар м-н кагылышып, Иткечүү чебин талап алат. Мерке беги тартуу берип, кыйроодон кутулган. Чүй боорундагы кокондук бөлөк чептердин сарбаздары да Кенесарынын чабуулдарына тоскоол боло алган эмес. 1846-ж. жоо солтонун жайыл, талкан, бөлөк-бай, сарыбагыштын тынай уруктарынын айылдарын чаап ала баштайт. Улуу жүз казагынын баатыры Шоорук Кененин кеңе-ши б-ча солтонун атактуу баатыры Жаманкара баш болгон кыргыздын белгилүү 13 баатырын элдешели деп алдап чакыртып, жүзүкаралык м-н өлтүрүшкөн. 13 баатырдын кунун кууган кыргыздардын чакан кошууну Челектеги Шооруктун айылына кол салып, аны жигиттери м-н кошо жайлап, жылкысын айдап кетет. Бул окуя кыргыздарга жаңы жортуул уюштуруу үчүн Кенесарыга шылтоо болгон. Казак м-н канатташ жашаган солто уруусунун абалы өтө оор экенин баамдаган солтонун чоң манабы *Жангарач* Эшкожо уулу Кенесары м-н сүйлөшүп, тынчтык келишим түзүү үчүн ага Тынай бий баштаган элчилерин жиберген. Бирок хан Кене тынчтык сүйлөшүүлөрдөн баш тартып, сарыбагыш айылдарына чабуул коёт. Ошол айкашта оорчулук айрыкча тынайларга түшүп, алардын Калпак, Ормонбек, Субанбек өңдүү баатырлары курман болушкан. 1847-ж. жазында Кенесары кыргыз айылдарына чечкиндүү чабуул баштайт. Бирок бул кезде кыргыздар батыш Сибирдеги орус төрөлөрү м-н ымала түзүүгө үлгүрүп, өздө-рүнүн абалын бир топ оңоп алышкан. Орус бийлиги кыргыздарды Кенесарыга катуу каршылык көрсөтүүгө үндөп, зарыл учурда аскер, курал-жарактан каралашууга убада берген. Кыргызстанга кайрадан кол салганда хан Кененин карамагында 15 миңден ашуун аскер, 1500 мылтык ж-а 2 замбирек болгон. Жоо жакындап калганда чүйлүк кыргыздар тоо этектеп чегинип кетишкен. Ал эми Бишкек ж-а Токмок чептериндеги кокондук сарбаздар кыргыздарга жардам берүүнүн ордуна чеп-коргондоруна корголошкон. Болгону Бишкек беги Алишер кыргыздарга 2 замбирек берген. Кенесарынын колу адегенде ийгиликтерге ээ болуп, кыргыз айылдарын талап-тоноп, жүздөгөн бейкүнөө адамдарды кырган. Көп өтпөй Чүй өрөөнүнүн чыгыш тарабына жыйналган кыргыз кошуундарына Ормон ханга башчылык кылуу милдети жүктөлгөн. Айкаш башталар алдында Ормон хан түнкүсүн кыр-кырларга алоолонтуп от жактырып, жер жайнаган аскер келип калгандай сүр көр-сөтөт. Күндүзү атайын таңгакталган тал, чычырканактарды атка сүйрөтүп, адыр аралай, кыр ылдый өйдө-төмөн чапкылаган жигиттер уюлгуган коюу чаң чыгарып, тү-мөндөгөн кол топтолгондой түр көрсөтүп, жоонун жүрөгүнүн үшүн алган. Ормон хандын мындай аскердик айла-амалы эл ичинде «Ормон опуза» деп айтылып калды. 50 миңдей, айрым маалыматтар б-ча 100 миң аскер жыйналган. Кенесарынын аскери м-н Ормондун колунун ортосундагы чечүүчү салгылашуу 1847-ж. апрелдин аягында башталып, бир нече күнгө созулган. Уруш Майтөбө-Текеликтин (Кекиликтин) сеңиринде жүрдү. Көп өтпөй кыргыз колу коргонуудан чабуул коюуга өтүп, жоого оң, сол канаттан сокку ура баштаган. Согуштук аракеттер өтө курчуган мезгилде Батыш Сибирь генерал-губернатору жиберген орус аскерлери Кенесарыга жардамга келе турган кошуундун жолун торогон. Салгылашуулардын биринде кыргыз колу, хандын аталаш иниси Кудаймендени 5 миң аскери м-н талкалап, Кудаймендени туткунга түшүрүшкөн ж-а аны өлүм жазасына тартышат. Кенесарынын абалы оорлой баштаганын көргөн Улуу жүздүн ага кошулган султандары ханды калтырып кете башташат. Жакын жан-жөкөрлөрү таштап кеткен хан Кене урушту улантуудан айбыгып, түн жамынып чегинүүгө мажбур болду. Баш аламан качкан жоонун артынан кубалаган кыргыз колу душманды Мыкандын кара сазына камайт. Айыгышкан айкашта Кенесарынын колу биротоло талкаланып, өзү нөкөрлөрү м-н туткунга түшкөн.

**КЕНЖЕКАРА** Калча уулу (1859, Чүй өрөөнү, азыркы Бишкек ш-на жакын жер – 1929, ошол эле жер) – семетейчи, кыл кыякчы ж-а ырчы. Солто уруусунун күнтуу уругунан. Ал башка семетейчилерден айырмаланып, эпосту кыл кыяктын коштоосунда айткан. 1903-ж. орус сүрөтчүсү Б. В. Смирнов м-н этнограф окумуштуу А. Т. Белинский Чүй өрөөнүнө келип, Пишпек ш-нда К. ырчыга атайын жолугуп, «Семетейден» үзүндү угушкан ж-а Б. В. Смирнов андан «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөнүнөн» үзүндүнү ж-а «Ак бала баатыр жөнүндөгү ыр» деген чыгарманы үн жазгычка жазып алган. Бул фоножазуу – кыргыз элинин тарыхындагы эң алгачкы үн жазуусу, биринчи үн жазууга түшкөн кыргыз сөзү. Кийин Б. В. Смирнов К-нын

айтуусундагы «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөнүн» баяндаган үзүндүсүн Атайбек деген тилмечтин жардамы м-н кара сөз түрүндө орусча котормосун жазып алган. 1914-ж. бул текстти Б. В. Смирнов «Түркстандын талааларында» («В степях Туркестана») деген ат м-н Москвада басып чыгарган. 1912-ж. октябрда өткөн Шабдан баатырдын ашында кыл кыяк тартуу жагынан К. алдына киши салбаган.

**КЕНИГУТ ҮҢКҮРҮ** – байыртадан кен казып алынуучу үңкүр. Баткен р-нундагы Самаркандек кыштагынан 18 *км* батыш тарапта, Мадыген тоосунун чыгышындагы Шадымыр капчыгайында. Аны Зооккур деп да коюшат. Кыргызстандагы эң чоң үңкүр. Уз. 1 *км*ден ашат. Эки оозу бар. Үңкүр жергиликтүү калкка байыртадан эле белгилүү. Анын айланасындагы аймактарды адамдар кул ээлөөчүлүк доордо эле мекендегендиги анык. 6–7-к-да үңкүрдөн коргошун, темир казып алынган. Кокон хандыгынын мезгилинде жергиликтүү кыргыздар үңкүрдөн коргошун казып алып тургандыгы ж-дө маа-лымат бар. 1850-ж. кокондук корбашы бир нече жигити м-н үңкүрдүн оозунан белгисиз тилде жазылган жазууну көргөн. Кийинчерээк үңкүрдүн оозу урап түшүп, жазуу жоголгон. «Кенигут» («Ажал кени») аталышы Кокон ханы Кудаяр м-н байланыштуу, ал өлүм жазасына тартылгандарды күмүш казып алуу үчүн үңкүргө түшүргөн. Үңкүрдүн жанында таштан салынган турак жайдын урандылары жатат.

**КЕҢАРАЛ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 10–12-к-га таандык шаар калдыгы. Талас облусунун Бакайата р-нуна караштуу Кеңарал айылынын түштүгүнөн орун алган. Ал бир нече комплекстен турат. Шаардын дубал м-н курчалган борбордук бөлүгү туура эмес тик бурчтук формасында. Бузулган дубалдарынын бийиктиги 1,5 *м,* түп жагынын калыңдыгы 12–15 *м.* Кире турган үч эшиги болгон. Андан станокто жасалган ар түрдүү формадагы карапа идиштер: мойну ичке, казанга окшош идиштер, табактардын сыныктары табылган. О.эле бул комплекске 0,4 *км* түштүк-батышта жайгашкан төрткүл кирет. Төрткүл жактары 44 *м* болгон 4 чарчы формасында. Шаар чалдыбарына жакын жердеги көрүстөндөн 10–12-к. таандык карапанын сыныктары, моңгол дооруна мүнөздүү чырактар табылган.

**КЕҢКОЛ КӨРҮСТӨНҮ** – 1–5-к-га таандык мүрзө эстелик. Талас суусунун оң тарабы, Кеңколдун сол жээгиндеги Манас күмбөзүнүн түштүк-чыгышындагы тоо этегинде орун алган. 100гө жакын мүрзө жайгашкан. Мүрзө дөбөлөрү топурактан, айрымдары таш тизмектери м-н курчалган. Алардын диаметрлери 10–20 *м*, бийиктиги 0,30–1,90 *м.* Маркумдун сөөгүн атайын жасалган казанактуу жайга коюшкан. Астыларына кийиз, тактай төшөлүп, кээде арча табыттарга салышкан. Айрым мүрзөлөрдө эки адам көмүлгөн учурлар да кездешет. Күндөрүн ж-а кулдарын көрдүн оозуна коюшкан. Маркумдардын расалык келбети бир аз моңгол аралашмасы бар европалык тип болгон. Бала чагынан баш сөөктөрүн жасалма жол м-н төбөсүн карай узартуу салты болгондуктан, көмүлгөн адамдардын баш сөөктөрү сөлпү формада болгон. Көрлөрдөн карапа идиштер, жыгач чөйчөк, табактар, темирден, сөөктөн жасалган жебе учтары, жаа бастырмалары, асыл таш чө-гөрүлгөн алтын, күмүштөн жасалган кооздук буюмдар, ийик ж-а бешик табылган. А. Н. Бернштам К. к-нүн материалдык маданиятын ж-а ырым-жырымдарын Борб. Азиядан келген хунндар м-н байланыш-тырат. Археологдор А. Н. Бернштам ж-а А. К. Абетеков тарабынан изилденген.

**КЕҢКОЛ МАДАНИЯТЫНЫН ЭСТЕЛИКТЕРИ** – б. з. ч. 1-миң жылдыгынын 1-жарымындагы көчмөн ж-а жарым көчмөн калктарга таандык эстеликтер. 1898-жылдан белгилүү. Талас, Кетментөбө, Алай, Чүй, Ысыккөл, Нарын жергелеринде ачылган. Аларга маркумдун сөөгүнүн катакомба ж-а жарма көрлөргө көмүлүшү, ар кайсы түстүү асыл таштардан жасалган кооздук мүнөздүү. Негизги өзгөчөлүгү айрым маркумдардын баш сөөктөрүндөгү шакекче түрүндөгү деформациянын болушу. Бул белги аркылуу алар өз чөйрөсүн башкалардан айырмалаган. К. м. э. Улуу көч доорунун эстеликтери деп да аталат. Этностук жагынан хунн, юэчжи, кангүй уруулары м-н байланыштуу деген пикирлер бар.

**КЕҢСАЙ КӨРҮСТӨНҮ –** б. з. ч. 3-к.–б.з. 2-к-на таандык дөбөлөр. Кочкор р-нунун Жонарык суусунун жээгиндеги тоо этегинде. Көрүстөндөр үч түрлүү: четтери таш м-н курчалып, ортолоруна майда таштар үйүлгөн жалпак дөбөлөр; четтери чоң таштар м-н курчалган топурактуу дөбө-лөр; сүйрү таштар м-н курчалган дөбө-лөр. Алардын бийик-тиги 3 *м*ге чейин. Маркумдардын ба-шы батыш тарапка каратылып коюлган, жандарынан алмурут сымал түбү тегерек ж-а туткалуу кеселер, колодон жасалган буюм сыныктары, мал сөөктөрү табылган. К. к-н А. М. Фетисов м-н А. К. Кибиров изилдеген.

**КЕП ЖЫГАЧ** – буттун түспөлүндө жасалган жыгач калып. Бут кийим ултарууда кеп катары колдонулат. К. ж. арча, кайың ж.б. катуу жыгачтардан буттун көлөмүндөй даярдалган.

**КЕПИЧ** – ийленген булгаарыдан колго ултарылган бүчүсүз, боосуз бут кийим. Маасынын сыртынан кийилген. Башы ичтелет, четтери тарамыш м-н ич таманга бекитилет. К. жеңил болсун үчүн такасынын ичин көңдөй кылып ултарышкан. Жигиттер-дин ж-а кыз-келиндердин К-тери оймо-чиймелер м-н кооздолгон.

**КЕПТАШ ЭСТЕЛИКТЕРИ –** Соңкөлдүн чыгыш тарабында Көкжерти суусунун тектиринде жайгашкан эрте темир дооруна ж-а орто кылымдарга таандык сегиз мүрзөдөн турган көрүстөн, төрт чарчы, тегерек коргончолор. Изилденген эмес.

**КЕРБЕН –** алыска жүк ташып соода кылуу максатында жүк жүктөлгөн унаалардын (төө, ат, эшек) тизмеги. К-де жүргөн адамдар кербенчи, аларда башкарган адам К. башы аталган. Баруучу жолду мыкты билгендиктен жол баштоо, зарыл нерселер м-н камсыз кылуу К. б. башынын милдетине кирген. К-ди түзгөн жүктүү төөлөрдү 5–9дан чиркештирип, алдыңкысы м-н эң арткысына чоң коңгуроо тагып, астында бир адам жол

баштаса, артында бир адам жүктөргө көз салып, оогон-кыйшайгандарын оңдоп, төөлөрдү айдаган. К-чилер жол боюндагы К. сарайларга түнөшкөн. Сооданын өнүгү-шүндө, маданияттын таралышына, элдердин өз ара байланышына, жакындашуусуна К-лер зор өбөлгө түзгөн.

**КЕРГИЧ** – көркөм кол өнөрчүлүктө колдонуучу аспап. Ал саймачылыкта пайдаланылат. К. жумуру жыгачтан төрт чарчы же тегерек кылып жасалган алкак. Анын бетине сайма сайылчу кездеме керилет. Чоң К. бир гана жыгачтан туруп, кездеменин четтери ага чыраштaлып бекитилет. Сайма сайы-луучу кездеменин керилген бөлүгүнө көчөт түшүргөндөн кийин четиндеги чыраштaы сөгүп, улам жылыштырып, кайра жөрмөп бекитип турат.

**КЕРИМБАЕВ** Сүйүн (1915-ж. т., Чүй облусу, Сокулук р-ну, Кызылтуу айылы) – тарых ил-нин доктору (1984). Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1935-ж. Бишкектеги пед. техникумду бүтүрүп, ошол эле жерде мугалим болуп иштеген. 1941-ж. Ленинград мамл. ун-тинин тарых факультетин бүткөн. 1946–56-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын улуттук маданий, кийин тарых музейинин директору болуп иштеген. 1957–70-ж. Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунда совет доору секторун жетектеген. 1970-жылдан ил. кызматкер. Эмгектери Кыргызстандын тарыхынын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилине арналган, о. эле Кыргыз тарыхынын бардык томдоруна автор ж-а 2–3-басылыштын редакциялык коллегиясынын мүчөсү. 90дон ашуун (а. и. 3 монография) ил. эмгектин автору. Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Кыргыз Респ-нын илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгынын лауреаты (1970).

**КЕРМЕ,** ж а а – 1. көркөм кол өнөрчүлүк-түн өрмөкчүлүк багытында колдонулуучу аспап. Ал – жаа түрүндөгү жыгач. Жыгачтын эки учу жоон кайыштар м-н тартылып, ага жыгачтан жасалган сыдыргы кийгизилет. Керилген кайышка ичке тал-тал болуп тилинген көктү өрүшкөн; 2. буюм, кийим илчү аркан. Ал боз үйдүн ичине же сыртка орнотулган шыргыйлардын ортосуна керилет.

**КЕЧҮҮ КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 6–5-к-га таандык мүрзөлөр. Кетментөбө өрөөнүн-дөгү Чычкан суусунун оң өйүзүндө. 10 дөбө мүрзөдөн турат. Өлүк чарчы формада казылган көргө коюлган. Мүрзөлөрдөн карапа идиштер, алтын сөйкөлөр, кийимге тагы-луучу алтын каңылтырлар ж.б. табылган.

**КИЙИЗБАЕВА** Сайра (1917, Чүй облусу, Төкөлдөш айылы –1988) – ырчы, СССРдин эл артисти (1958), проф.(1967). 1938-ж. Кыргыз музыкалуу драма театрына солист болуп кирген. 1947–49-ж. Москва консерваториясында окуган. 1953-ж. Чоң театрда Пуччининин «Чио-Чио-Сан» операсында Баттерфляйдын партиясын (орус тилинде), Кыргыз опералaрындагы башкы партияларды («Манаста» – Каныкей, «Айчүрөктө» – Айчүрөк, «Токтогулда» – Тотуя) аткарган. М. Күрөңкеев атн. мамл. музыкалык окуу жайында (1956), Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. искусство ин-тунда 30 жылдан ашуун сабак берген.

**КИЙИМ** – адамдын денесин тышкы чөйрөнүн ар кандай жагымсыз таасирлеринен коргоочу буюмдардын жалпы аты. К. элдин чарбалык-маданий жашоосуна ж-а жашаган чөйрөгө ылайыкталган. К-ге жүн, тери ж-а кездеме пайдаланылган. Тарыхый-этногр. маалыматтар б-ча байыркы. К. узун үлгүдө бычылып, атка минүүгө ж-а жерге отурууга ылайыктуу болуп, кенен тигилген. Кийинчерээк, болжолу, 16–17-к. денеге кыналып тигилген бешмант, чыптама өңдөн-гөн кийимдерди көбүрөөк колдоно баштаган. К-дин жаңы түрлөрү байыркы К-дерди биротоло сүрүп чыгарбастан, аларды толуктаган. Кыргыздарда К-дер эркектики, аялдыкы, балдардыкы болуп жыныс, жаш курактарына карата бөлүнгөн. Кыз-келиндер өңү ачык, түстүү кездемелерден кийин-ген. Аялдардын К-дери жаш өзгөчөлүктө-рүнө карата ар кандай кооздуктар, оймо-чиймелер м-н көркөмдөлгөн. Жортуулга кийилүүчү К-дер айрыкча орунду ээлеген. Тарыхый маалыматтар б-ча кыргыздын төбөлдөрүнүн К-дери жалпы элдикинен сапаты, кооздуктары б-ча гана айырмаланып, жалпы белгилери окшош болгон.

**КИЛЕМ** – кыргыздын көп түстүү саймалуу ж-а сүрөттүү көркөм кол өнөрчүлүгүнүн бир түрү. К. түштүк ж-а түштүк-батыш райондордо жашаган кыргыз урууларына мүнөз-дүү. Кыргыз элинде жүл (түк) ж-а арабы К. (түксүз) жасалат. К-дин аркагы кадимки жүндөн ж-а мурунку эриштердин калдыктарынан ийрилет. К-ге койдун кылчык жүнү, эчкинин кылы, төөнүн жүнү пайдаланылат. К. токууда күзүк, адыргы, күзүк көтөргүч, токмок, бычак, кайчы, күйөө, салык жазгыч ж. б. аспаптар колдонулат. К-ди 4–5 аял токуйт. К. согууда «үч тиш», «ашкана көчөт», «өрөжө», «мүшкүл», «нампар», «теке мүйүз», «ит таман», «ара тиш», «жолборс таман», «ийрек», «жарты шак» сымал татаал көркөм көчөттөрү ирети м-н берилет. Лейлек, Баткен, Ноокат тарапта жүл килемди токууда төрт тарабына кыркалекей саамал оюмун түшүрүшөт. Саамал көчөтү көбүнчө кызыл-кара түстө болот. К-дин негизги көчөтү «кочкорек». Ал экиге бөлүнөт: «бүтө кочкорек» ж-а «сыңар кочкорек». Чыйратылган жиптин өңүнө жараша «күлкөптө», «эчки туяк», «бет мубурчук», «туура мүйүз», «карагай бутак», «нампар көчөтү» ж.б. көчөттөрдү келтиришет. Токуучулар көчөт түйүндөрүн чечүүдө эки жагына оң чыгарылганы «эки жүздүү кайкалак», бир аз из болуп сайылса «сыңар кайкалак», түгөй-лөштүрүлүп сайылса «кош кайкалак» деп айырмалашат. Уздар к-ди ар кандай чоңдукта (аянтта) токушат. Токулган К-дин эң чоңун ордо К. аталып, аянты 5х3,5 *м.*ге жетет. Калы К. 3,5х2,5 *м* келип, көбүнчө кереге-ге, үйдүн дубалына тартууга ылайыкташтырылган. Төр К. аянттуу келип, жерге гана төшөлүп, өтө бышык болот. Уздар төөнүн жүгүн жабууга ылайыктуу атайын К. токушкан. Мындай чакан К. төө К. деп аталган. Көчүп-конууда урунууга жайлоо К-и токулган.

**КИМАКТАР**– 8–9-к-да Иртыштан Итил (Волга) дарыясынын боюна чейинки аймакты мекендеген түрк уруулары. К. енисейлик кыргыздардын батыш тараптагы кошунасы болушкан. Тарыхый булактарда К-дын кыргыздар м-н согуштук кагылышуулары болуп тургандыгы баяндалат. Кимак-кыргыз тарыхый байланыштары мусулман авторлорунун «Худуд ал-Аалам» сыяктуу эмгектеринде чагылдырылган. 9-к-дын орто чени – 10-к-дын башында К-дын мамл. начарлап, андан бөлүнүп чыккан кыпчак уруулары Сырдарыянын ортоңку агымы тарапка оогон. Кийинчерээк, кыпчактардын бир бөлүгү Итил дарыясынын боюна ж-а андан да ары батышка журт которо башташкан. К-дын калгандары кыргыз, казак, ногой, башкыр ж.б. элдердин курамына жуурулушуп кетишкен.

**КИР** II – Ахеменилер державасынын негиздөөчүсү. Б. з. ч. 558–530-ж. Жакынкы ж-а Орто Чыгыш өлкөлөрүнүн көбүн бириктирген зор империяга негиз салган. Мидияны, Вавилонду, Египетти, Фракияны, Македонияны ж-а Индиянын түндүк-батыш бөлүгүн жеңип алган. Борб. Азиянын дыйканчылыкка ыңгайлуу аймактарын ээлегенден кийин Орто Азияда жашаган көчмөн массагет урууларын багындырууга багыт алып, б. з. ч. 530-ж. К-дин аскерлери башында Томирис деген аял турган массагеттер м-н Амударыясынын жээгинде катуу салгылашка чыккан. Салгылашта К. ж-а анын аскерлери толугу м-н талкаланган.

**КЛЯШТОРНЫЙ** Сергей Григорьевич [1928-ж.т., Россия, Ленинград (Санкт-Петербург) ш.] – тарых ил-нин кандидаты, проф. (1989). СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун Санкт-Петербургдагы филиалында ил. кызматкер болуп иштеген, кийинчерээк түркология ж-а моңголистика секторунун башчысы. Илимий эмгектери негизинен Чыгыш элдеринин байыркы тарыхын изилдөөгө арналган. *Бернштамдын* археол. экспедицияларына катышкан. *Орхон-Енисей жазууларын* чечмелөөгө, кыргыздардын байыркы тарыхын изилдөөгө зор салым кошкон. 300гө жакын ил. эмгектери жарыяланган. Кыргыз Респ-нын 3-даражадагы Манас ордени м-н сыйланган.

**КОБОРГОН ТАШ ЭСТЕЛИГИ** Атбашы өрөөнүнүн күн батыш тарабындагы Четкелтебек суусун бойлой кеткен капчыгайда тикесинен тургузулган. Бул жерден төрт чарчысынан келген таш коргончонун орду ж-а чопо идиш калдыктары табылган. Түзүлүшү ж-а мааниси жагынан байыркы түрк (6–9-к.) доорундагы маркумга арнап орноткон эстеликтерге жакын, бирок чопо идиш сыныктары караханийлер дооруна мүнөздүү. К.т.э. байыркы түрк доорунда курулуп, диний ырымдарды аткаруучу касиеттүү жай катары пайдаланылган. 1989-ж. К.Табалдиев изилдөө иштерин жүргүзгөн.

**КОЖЕМЯКО** Пётр Никитович (1918, Казакстан, Костонай облусу, Жетигара р-ну, Архангельск кыштагы – 1973) – кыргызстандык археолог. 1938–42-ж. Ташкендеги Орто Азия мамл. ун-нин тарых факультетинде окуган. 1946–54-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Тарых, тил ж-а адабият ин-тунда, 1956–73-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда иштеген, 1960–73-ж. анын археол. секторунун башчысы болгон. Кыргызстандын археол., байыркы ж-а орто кылымдагы тарыхы б-ча 40тай эмгек жазган. Чүй, Талас өрөөндөрүндөгү бир катар шаар чалдыбарларын изилдеген.

**КОЖО** – Мукамбет пайгамбардын же алгачкы халифтердин тукуму; бүт мусулмандардын дин башчыларына берилүүчү наам. Октябрь революциясына чейин дин кызматкерлери Кыргызстандын аймагында жашаган мусулмандарга ал наамды «ыйык» катары көргөзүп, элди алдашкан. К. коомдук турмушта ар дайым реакциячыл роль ойногон.

**КОЖОБАКЫРГАН САЙ** – байыркы таш доорундагы адамдардын тургун жайы, журту. Кадамжай р-нундагы Кайрагач кыштагына жакын жерде, К. с. суусунун сол өйүзүндө. Бул журттан төмөнкү палеолит дооруна таандык сүйрүрөөк, бир жагы бир нече жеринен одоно чегилген эмгек куралы – чоппер табылган. Орто Азияда адам жашаган эң байыркы жерлердин бири болуп эсептелет.

**КОЖОГОР (**Ходжа-Гор) **ЭСТЕЛИГИ** – жогорку палеолит дооруна таандык (б. з. ч.15–11-к.) археол. эстелик. Кыргызстан м-н Тажикстандын чегарасындагы Исфара суусунун өрөөнүндө Ходжа-Гор кыштагына жакын жерден 1954-ж. А. П. Окладников тарабынан табылган. Жогорку сапаттагы тунук, кара, жашыл түстөгү оттук таштан жасалган түрдүү көлөмдөгү ж-а түзүлүштөгү нуклеустар, жалпак тегерек кыргычтар, башы учтуу куралдар, көзөгүчтөр, эки кыры тегизделген жалпак таштар, жараңкалар табылган. Таш куралдары Каспий деңизи тарабында жогорку палеолит мезгилинде даярдалган куралдарга жакындыгы бар. Мындай куралдар Крымда, Иранда, Алдыңкы Азияда, Египетте кездешет.

**«КОЖОЖАШ»** – кыргыз элинин кенже эпосторунун бири. Көлөмү б-ча «Манас» дастанынан бир кыйла кичирээк. К. мерген гана эмес, анын болжолдуу курмандыгынан табигат жиберген айыптоосуна ж-а жазалоочусуна айланган Сур эчки да дастандын негизги каарманы болуп эсептелет. Эпосто урууучулук түзүлүштөгү байыркы кыргыздардын диний-анимисттик ж-а тотемисттик түшүнүктөрү ачык сүрөттөлөт.

**КОЖОМБЕРДИЕВ** Ысман (1928–1988) – кыргыздын тунгуч адис-археологу, тарых ил-нин кандидаты (1987). Сузак р-нундагы Үчмалай кыштагында туулган. 1946–50-ж. Кыргыз мамл. педагогика ин-тун бүтүргөн. 1954–88-ж. Кыргыз ИАнын Тарых ин-тунун ил. кызматкери (1973–86-ж. Археол. секторунун башчысы) болуп иштеген. Кетментөбө, Талас, Чаткал, Чүй өрөөндөрүнө жасалган археол. кошуундарды жетектеп, коло дооруна ж-а байыркы көчмөндөргө таандык археол. эстеликтерди изилдеген. 60тай ил. эмгеги бар.

**КОЖОМКУЛ** Каба уулу (1888, Суусамыр өрөөнү, – 1955, ошол эле жер) – кыргыздын атактуу балбаны; Совет бийлигин бекемдөөгө жигердүү катышкандардан. Бала кезинде байларда койчу болгон. 1921–29-ж. Суусамыр

болушунда кедейлер комитетинин, андан кийин Суусамыр айыл кеңешинин төрагасы, 1950–55-ж. Сокулук р-нундагы «Победа» колхозунун кой фермасын башкарган. К. элге балбандыгы м-н таанымал болгон. 47 жашында анын салмагы 164 *кг*, боюнун узундугу 1 *м* 97 *см*, 52-өлчөмдөгү өтүк кийген. Анын атасы Каба да балбан болуп, күч жагынан эл оозуна алынган адам болгон, энеси Алмадай да эр сайышка түшкөн. К. 15 жашында эле дасыккан 45 жашар балбанды жыккан. Андан кийин күрөшсө да, эңишсе да өмүр бою эч кимге алдырган эмес. Күчкө толуп турган убагында салмагы 400 *кг* чамалуу өгүздү жаракадан сууруп алган. 22 жашында Суусамыр өрөөнүнүн Арамза төрүндө бийиктиги 1 *м* 60 *см*, жоондугу 1 *м* 89 *см* ташты 100 *мдей* аралыкка көтөрүп барып, жерге күч м-н уруп киргизген. Эл аны «Кожомкулдун ташы» деп атайт. К-дун мындай таштары Суусамырдын Бөйрөк, Кеңсуу, Жөөжүрөк жайлоолорунда, Кетментөбө өрөөнүндө да бар. Чүйдөн Суусамырга баратканда минген аты баспай калып, аны өзү көтөрүп Төөашуудан ашкан. Республикада күрөш федерациясы 1962-ж. эркин күрөш б-ча К. атн. байге белгилеген ж-а жыл сайын балбандар арасында мелдеш өткөрүлүп турат.

**КОЙСАРЫ БИЙ** – кыргыздын сол канатындагы чоң багыш уруусунун төбөлү, бийи. Ал Моголстан ханы Абдулла хандын (1638–60-ж. бийлеп турган) тушунда Кашкардын акими болуп дайындалган. Сопулардын «кара тоолук» жамаатынын тарапкери катары белгилүү. 1670-ж. Моголстан хандыгынын тактысына Исмайыл хан отургандан кийин кайрадан Кашкарга аким (уулу Күчүк бий шаардын кароол башчысы) болуп дайындалган. Ушундан көп узабай тымызын уюшулган кутумда өлтүрүлгөн.

**КОКОН АВТОНОМИЯСЫ –** Түркстандагы буржуазиялык-демократиялык өкмөт. 1917-ж. 26–29-ноябрда (9–11-декабрь) Кокондо өткөн мусулмандардын атайын чакырылган крайлык 4-курултайында жергиликтүү элдердин кызыкчылыгына ылайык Түркстан автономиялык түзүлүшүн жарыялаган. Курултай «Түркстан элдик советин» түзүү ж-дө чечим кабыл алып, автономия өкмөтү түзүлгөн. Төрагасы Тынышпаев, кийинчерээк М. Чокоев болгон. Өкмөт Түрк-стан элдеринин өз алдынчалыкка жетишин ж-а эркин улуттук мамлекет түзүүсүн көз-дөгөн. Анын курамына жергиликтүү калктын өкүлдөрү м-н катар славян улутунун өкүлдөрү да кирген. Мис., Шаги-Ахмедов, Махмудов, Чанышев, Потеляков, Юсупов, Садыкбаев, Уразаев ж.б. өкмөттүн курамында иштеген. Түркстан чөлкөмүндө, айрыкча Фергана өрөөнүндө жергиликтүү калк ж-а орус интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн колдоосуна алынган. К. а-нын органы катары «Свободный Туркестан», «Эл байрак» (казак, кыргыз, өзбек тилдеринде), «Улуг Туркестан» (өзбек тилинде) гезиттери жигердүү иш жүргүзгөн. О. эле Скобелев ш-нда (азыркы Фергана) басылып туруучу «Знамя свободы» гезити да үгүт-насаат иштерине көмөк көрсөткөн. 1918-ж. январда Түркстан жумушчу-дыйкан Советтеринин съезди өтүп, анын катышуучулары К. А-нын колдоп чыгышкан. «Шура-и ислам», «Шура-и улема», «Иттифак». «Союз трудящихся-мусульман» уюмдары «Крайлык мусулман жумушчулар союзуна» биригишкен. Кокондо түзүлгөн жаңы өкмөттүн эл арасында кадыр-баркынын өсүшүнө каршы Ташкендеги Эл комиссарлар Совети биринчи күндөн баштап тескери үгүттү, ага каршы диверсиялык иштерди уюштура баштаган. Ал тургай жаңы өкмөттү мыйзамсыз катары эсептеп, мүчөлөрүн камакка алууга бүтүм чыгарышат. Ошондуктан, 1918-ж. февралдын аягында большевиктер Коконду курал м-н басып алып, массалык кыргынды уюштурушкан. Бул окуя Фергана өрөөнүндөгү улуттук боштондук күрөштүн жаңы баскычынын башталышына алып келген.

**КОКОН КӨТӨРҮЛҮШТӨРҮ –** 19-к-дын 2-жарымында Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлгөн кыргыздардын күрөшү. 1871-ж. Кокон хандыгы Россиянын вассалы болгондон тартып (1868), *Кудаяр хан* карамагындагы элге (Фергана өрөөнүндөгү, Памир-Алайдагы кыргыз көчмөндөрүнө) алык-салыкты көбөйткөн. Ордодогу кыргыздар бийликтен четтетиле баштаган. Булардын бардыгы элдин наразычылыгын туудурган. Сох өрөөнүнүн кыргыздары көтөрүлүшкө чыгышкан. Андан көп өтпөй Алайда көтө-рүлүш башталып, кийин Кыргызстан-дын түштүгүнүн бардык аймагында кагылыштар болуп турган. 1873-жылдан көтөрү-лүш Фергана тоосунун этегиндеги бүт аймакты, андан кийин Ферགананын Борб. бөлүгүн камтыган. Ал көтөрүлүштөргө кыргыздардан башка өзбек, тажик кедейлери да катышкан. Кыргыздардын ичкилик уруусунан чыккан Исхак Молдо Асан уулу (*Полот хан*) көтөрүлүшчүлөрдүн жетекчилеринин бири болгон. Анжияндык кыргыздардын көтөрүлүштөрүн *Мамыр* Мерген уулу, чаткалдык кыргыздардын көтөрүлүш-төрүн *Момун* Шамырзак уулу жетектеген. 1873-ж. Кокон хандыгынын жазалоолорунан шекшип, 20 миң түтүн кыргыз ж-а 10 миң түтүн кыпчак (150 миңдей киши) тоого көчүп кетишкен. Анжияндын тегерегиндеги кыргыздардын 1700 түтүнү Россияга баш ийген Токмок уездине жер которушкан. Көтөрүлүшкө чыккан көчмөн малчыларды отурукташкан дыйкандар да колдогон. Падышалык бийлик качкындарды Кокон хандыгына кайра кууп жиберген. 1875-ж. көтөрүлүшчүлөрдүн кысымынан Кудаяр хан, андан кийин тактыга отурган Насирдин хан Түркстан генерал-губернаторлугуна качып кеткен. Көтөрүлүшчүлөр Коконду ээлеп алышкан. Ушуга байланыштуу падышалык өкмөт Кокон хандыгынын аймагына орус аскерлерин кийрүүгө уруксат берген. Айрым аймактарда Исхак (Полот хан) жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн кошуундары күрөштү уланта беришкен. Алар падышанын туруктуу аскерлерине туруштук бере албай, 1876-ж. Алай тоолоруна куулган. 19-февралда падыша Александр II Кокон хандыгын Россиянын курамагына кошуу ж-дө уруксат берген. Полот хан колго түшүрүлүп, 1-март-та Маргалаң ш-нда көп элдин катышуусунда «кылмышкер» катары өлүм жазасына тартылган. К. к. максаты, мүнөзү, кыймылдаткыч күчтөрү, этносаясий курамына карата 2 мезгилге бөлүнөт (1873–74; 1875–76). Көтөрүлүштүн биринчи мезгили Ферганадагы элдик толкундар м-н башталып, 4 чөлкөмдө (Аксы, Алай,

Экисуу арасы ж-а өрөөндүн түштүк батышы) болуп өткөн. Булардын ичинен Аксы чөлкөмүндөгү чыгуу-лар негизги ролду ойногон (к. *Полот хан*). Булактар б-ча 1-мезгилинде көтөрүлүшкө 42 уруу же 132500 түтүн кыргыз, кыпчактар катышкан. Өзбек, тажик калкы да кээде кошулуп турган, бирок массалык түрдө катыша алган эмес. Ал эми көтөрүлүштүн 2-мезгилиндеги окуялар Кокон мамл-нин ички ж-а тышкы саясий абалынын кескин өзгөрүшүнө алып келген. к. *Кокон хандыгы.*

**КОКОН ХАНДЫГЫ** – 1709–1876-ж-дагы Орто Азиядагы ири феодалдык мамлекет. Фергана өрөөнүндө түзүлгөн. Борбору Кокон ш. болгон. К. х-нын тарыхы үч доорго бөлүнөт. Биринчи доор – түптөнүү доору. Бул доордун бийлери төмөнкүлөр: Шахрух бий (1709–21), Абдурахим бий (1721–34), Абдыкерим бий (1734–47), Эрдэне бий (1750–69) ж-а Нарбото бий (1770–98). К. х. өзбектердин миң уруусунун бийи Шахрух күйөө баласы Акбото бийдин жардамы м-н 1709-ж. түптөгөн. Алгач ал Маргаландын тегерегин гана башкарып, кийин өрөөндүн борбордук бөлүгү м-н Намангандын тегерегин да колуна алган. Намангандын, Касандын, Аксыкенттин, Чадактын (азыр Чартак), Жаңыкоргондун тегерегинде кыштоолору жайгашкан кыргыздар да жаңыдан уюшулган саясий биримдиктин курамында болуп калган. Шахрух Кухкенд (чочкосу көп жер) деген саздуу жерге сепил курдурган, (кийин Эскикоргон аталып калган). Шахрух бийдин уулу Абдурахим бий атасынын ордун ээлегенден кийин, 1725-ж. Акбото бийди эки уулу м-н тымызын өлтүртүп, Кожент ви-лайетин Кокон ээлигине кошкон. Кийинки жылы Оротөбөнү, Анжиянды, 1729-ж. Самаркан м-н Каттакорганды каратат. Ал 1734-ж. киши колдуу болуп көз жумган. Абдыкерим бий Ферганanын башкаруучусу болуп жарыялангандан кийин, Эскикоргонго көчүп келет да, жаңы шаар салдырып, аны Кокон деп атаган. Ушундан баштап хан-дыктын байтактысы ушул жерде биротоло жайгашып калган. Булактарда Кокон ш. 1740-ж. негизделген деп белгиленет. 1741–50-ж. Фергана өрөөнүнө калмактар бир нече жолу басып киришет. Ошол мезгилде кокон-кыргыз согуштук өнөктөштүгү (союзу) тү-зүлгөн. Кокон бийи Абдыкерим, Оротө-бөнүн акими Фазыл бий ферганалык кыргыздар ж-а кыпчактар м-н бирдикте калмактарды Ферганадан кууп чыгарышкан. Айыгышкан күрөш айрыкча Аксы тарапта болгон. Бул жерде кутлук сейит уруусу калмактарга катуу каршылык көрсөткөн. Эрдэне бийдин (өз ысымы Абдул Каюм) мезгилинде, К. х. кубаттуу мамлекетке айланган. Кокон-кыргыз согуштук өнөктөштүгүн Эрдэне бий м-н ордосу азыркы Сакалды ченде жайгашкан түштүк кыргыздарынын башкаруучусу *Кубат бий* улантып, анын натыйжасында Фергана чөлкөмүнө калмак баскынчылары кире алган эмес. 1755-ж. Кубат бий Цин империясына каршы боштондук кыймыл жүргүзүп жаткан Жусуп Кожонун чакырыгы б-ча Чыгыш Түркстанга кеткенден кийин, 1758-ж. Эрдэне бий адигине уруу-сунун бийи Ажы м-н өнөктөштүк түзгөн. 1759-ж. күзүндө кытай жазалоочулары Кашкардагы көтөрүлүшчүлөрдү куугунтуктап, Ферганanын чыгыш тоо этектерине чейин кирип келишкенде, кыргыздардын ж-а кокондуктардын биргелешкен күчү 9 миң жазалоочунун 7 миңин кырып таштагандыгы ж-а ошону м-н Цинь империясынын Орто Азияга карата согуштук экспансиясын биротоло токтотконду гу белгилүү. 1759–60-ж. кытай маалыматтары б-ча Фергана чөлкөмү Анжиян, Наманган, Маргалаң ж-а Кокон вилайеттерине бөлүнүп, ал эми Оротөбө, Кожент кээде Коконго, кээде Бухарага баш ийип, кээде өз алдынча да болуп турган. 1755–58-ж. Цин империясы Чыгыш Туркстанды каратып алгандан кийин Кокон – Кытай дипломатиялык байланышы түзүлөт. Фергана өрөөнүндө экон. абал жакшырган. Алык-салык системасы тартипке келтирилген. Кокон салыштырмалуу чоң шаарга айланып, анда (1760-ж. 20 миңден ашуун түтүн эл жашаган, 4 медресе, кербен сарай курулган. Нарбото бийдин (өз аты Абдул Хамид) тушунда Кокон мамл-нин калыптануу процесси аяктаган. Нарбото бийдин аталаш инилери Шахрух бий м-н Ажы бийдин энеси чаткалдык кыргыздардан болгон. 1798-ж. Наманган вилайетине бектик кылып турган Ажы бий агасы Нарбото бийге каршы козголоң уюштурган. Бирок, жеңилип чаткалдык таякелерине качып кетет. Ушул мезгилден Кокон мамл. Фергана чөлкөмүндө туруктуу админ. өлкөгө айланат ж-а анын чөл-көмдүк калыптануусу аяктайт. К. х-нын түп-төнүү доорунда сарттар, миңдер (өзбектер), кыргыздар ж-а кыпчактар зор саясий таасирге ээ болгон. Түштүк кыргыз уруулары К. х-на бириксе да, түндүк кыргыздар м-н карым-катнашта болуп, этносаясий, салт-санаа, руханий жактан тыгыз байланышта турган. Түндүк кыргыз урууларынын Фергана чөлкөмүнө тартылуусу, кыргыз урууларынын басымдуу көпчүлүгү 14–17-к-да Анжиян, Алай чөлкөмдөрүндө жашап тургандыгынан келип чыккан. Алим хандын (1800–10) такка олтурушу м-н К. х-нын өнүгүү, гүлдөө доору башталат. Бул мезгилде мамлекетти төмөнкү хандар башкарган: Алим хан (1800–10), Омор хан (1810–22) ж-а *Мадали хан* (1822–40). Алим хандын тушунда Фергана өрөөнү биротоло К. х-на бириккен. Ал биринчи жолу өзүн «хан» деп жарыялап, эл аралык мамилелерде К. х-н мамлекет катары тааныткан. Алим хан такка атаандаш болушу мүмкүн деп эсептеген өз тууганларын жок кыла баштаган. Атасынын иниси Ажы бийди өлтүрткөн. Анын Улугбек, Шераалы аттуу уулдары Чаткалга качып, Бекоглу энеси м-н Ферганада калган. Кийинчерээк Улугбек көз жумгандан кийин, Шераалы Таласка барып, 1842-ж-га чейин таякеси Ажыбай датканыкында (айрым булактарда Базар баатырдыкында) жашаган. Алим хандын ички саясатынын орчундуусу согуштук реформа болгон. Жергиликтүү шаар-кыштак калкынан ж-а көчмөндөрдөн куралган армиянын ордуна толук тажиктерден (галчалардан) 10 миңге жакын атчан регулярдуу армия түзүп, аларды мылтык, замбирек м-н куралдандырган. 1806-ж. Оротөбөнү, 1808-ж. Кураманы, 1809-ж. Ташкенди басып алган. Бирок, Сырдарыянын түштүк агымына жортуулга даярданып жатканда, козголоңчулардын колунан каза тапкан. Алим хандын иниси Омор хандын (1810–22) тушунда галчалардын күчү м-н басып алуучулук саясат улантылган. 1816-ж. Түркстан

ш. алынып, Сырдарыянын төмөнкү агымы, Кетментөбө өрөөнү хандыкка карап калган. Омор хан өзүн негизинен ички саясатта көрсөткөн. Мамл-тин экон. жөнгө салынып, казына байыган. Омор хандын ж-а анын уулу Мадалы хандын мезгилинде Ферғананын экон. өнүгүп, ири ирригациялык курулмалар салынган. Салыштырмалуу тынчтык ж-а экон. өнүгүү Фергана өрөөнүнүн көчмөндөрү болгон кыргыздардын, кыпчактардын, түрктөрдүн ж. б. отурукташуусуна шарт түзгөн. Жаңы шаарлар түптөлгөн. Кокон ш-нын ички шарты жакшырып, ал түгүл оорукана да салынган. Шаарда башкы мечит, хандар көрүс-төнүнүн ансамбли ж. б. имараттар курулган. Кокон мамл-нин чөлкөмү кеңейип, 1830-жылдары Фергана өрөөнү, Памирдин кыйла бөлүгү, Тоолуу Бадакшан, Кожент, Жызак, Ташкен, Түштүк Казакстан, Кыргызстандын бардык аймактары, Кашкар оазисинин белгилүү бөлүгү карап турган. Тышкы саясатта 1832-ж. Кокон – Пекин келишими чоң ийгилик болгон. Кийинчерээк К. х-нын өнүгүүсү Мадалинин тушунда төмөн-дөй баштаган. Борб. бийликти чыңоо м-н иши болбой, Мадали көңүл ачууга берилип кеткен. Ордодогу бийлик үчүн күрөш жүргү-зүшкөн феодалдык жамааттардын Ташкен, Бухара ж-а Шахрисябзда эмиграцияда жүргөн оппозиционерлер Бухара эмири Нас-рулладан жардам сурап кайрылышкан. Ушуну гана күтүп турган Насрулла 1841-ж. Коконго басып кирип, 1842-ж. Фергана чөл-көмүн ээлеген. Мадали хан ж-а анын бир туугандары өлтүрүлүп, Кокон тактысына марионет Ибрагим Хайал коюлган. Бирок, Бухара эмирлиги Кокондо бийликти көпкө кармап тура алган эмес. Кыргыз бийлери тактыга мураскор издешип, Таласта жашап жүргөн 50 жаштагы Шераалыга токтолушат. Кыргыз бийлеринин бул демилгесин *Нүзүп бий* ишке ашырган. 1842-ж. жайында ал кол курап, Шераалыны Аксыга алып келип, Сафедбулондо ак кийизге салып хан көтөргөн. Түштүк кыргыз уруулары колдоо көрсөтүшүп, кошуун Коконду камайт да, Шераалы тактыны ээлеп, Нүзүп миң башы аталык наамын алат. *Шераалы хандын* (1842–44) такка келишинен кийин, Кокон мамл-нде төмөндөө ж-а кулоо доору башталат. Социалдык-экон. өнүгүү болгону м-н, ички саясий карама-каршылык, мамл. аппараттын толук түзүлбөгөндүгү, 1840-жылдардын орто ченинен өлкөдө узакка созулган саясий кризистерди пайда кылган. Кудаярдын биринчи хандыгынын (1844–58), Мала хан бийлеген (1858–62), Кудаяр хандын экинчи хандыгынын (1865–75) жылдары ордодо кыргыз, кыпчак ж. б. феодалдык кландардын бийлик талашуусу күчөгөн. Натыйжада, көптөгөн көтөрүлүштөр, феодалдык бийлик талашуулар ж-а жаатташтык кагылышуулар, төңкөрүштөр болгон. Мис., Кудаяр ханга каршы 1857-ж. башталган күр-өштөр Фергана өрөөнүндөгү кыргыз элинде олуттуу толкундоолорго айланган. Көтө-рүлүшкө катышкан адамдардын саны 4–6 миң адамга жеткен. Натыйжада, 1858-ж. ноябрда Малабек такка олтурган. Бул окуяда түштүк кыргыздарынын адигине уруусунун баргы тобунун бийи Асан бий уулу Алымбек негизги ролду ойногон. Малабек хандыктын ички абалын тартипке келтирип, тышкы мамиледе салыштырмалуу тынч саясатты жүргүзгөн. Ошону м-н бирге Россиянын басып алуу жүрүштөрүнүн алдын тороп, жаңы аскер күчтөрүн жиберүү аркылуу Кыргызстандын түндүгү м-н Казакстандын түштүгүнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңоого олуттуу көңүл бурган. 1860-жылдардын башында Россия падышалыгы Чүй өрөөнүн каратып жаткан мезгилде К. х-нын ички абалы начар болгон. Ошого карабастан Мала хан орус баскынчылыгын токтотууга катуу аракет жасаган. Ташкенден Канаат шаа, Кокондон Анжиян вилайетинин акими Алымбек датка жетектеген кошуундар Чүйгө жиберилген. Алымбектин «Анжиян колу» деп аталган кошууну жолдо Экисуу арасы, Көгарт, Кетментөбө, Нарын, Чүй кыргыздарынан колун толуктап, аскери 12 миң кишиге чейин жеткен. Алымбектин кошуунунун курамында Жаңгарач баштаган солто, сарыбагыш манаптарынын, а. и. Шабдандын да жигиттери болгон. Пишпектин алдында эки кошуун жолугат да, Алымбек м-н Канаат шаанын ортосунда аскер башчылыкты талашкан чатак чыгат. Натыйжада, Узунагач, Каракастек, Каскелең өзөндөрүнүн боюндагы салгылашууларда Алымбек өз кошуунун кармашка кийирбей коюп, кокон армиясы чегинүүгө мажбур болгон. Алгач Каракастекке койгон чабуулунун мизи кайтарылгандан кийин, Узунагачка 1-чабуул уюштурууну буйруган Канаат шаага Алымбек кескин каршы чыккан. Бул кадамдын түпкү максаты – Алымбектин Россияга көңүл бура баштаган аркалык кыргыздардын бийлеринин колдоосуна ээ болуу м-н Кокон ордосун толук колго алуу болгон. Ал 1861-ж. күзүндө Фергана чөлкөмүнө кайт-кан. Натыйжада, 1862-ж. Мала хан Алымбек, Кыдыр, Касым, Кудайназар сыяктуу кыргыз бийлеринин аракети м-н өлтүрүлүп, анын жээни – Сарымсактын уулу 15 жашар Шах Муратты такка олтургузушат. Алымбек баш увазирдик орунду ээлейт. Ордодогу 2-топ (анын уюштуруучуларынын бири кыргыз молдо Алымкул болгон) такка Кудаярды кайрадан отургузушат. Алымкулдун аракети м-н Кыдыр, Ырсалы сыяктуу кыргыз бийлери, а түгүл 1862-ж. июль айында алдоо жолу м-н ордого чакырылган Алымбек датка да Чотон аттуу кыргыздын колу м-н тыңдым кылынган. Бирок, Кудаяр хандын жаатында Алымкул узак болгон эмес. Ал тез эле кыргыз, кыпчак оппозициясын жетектеп, Кокон ханына каршы күрөшкө чыккан. 1862-ж. кыргыз, кыпчак уруулары Алымкулдун жетекчилиги астында Кудаяр хандын сарбаздары м-н кармашып, Наманган, Маргалаң, Кожент ш-н убактылуу каратып алышат. Кокон ханы Кудаярга каршы күрөшүү үчүн түндүк кыргыз урууларына үндөө м-н кайрылышкан. Чакырыктын таасири Чүйгө да жеткен. Чүй кыргыздары, айрыкча, Байтик Канай уулунун тобу, сарыбагыштардын бир бөлүгү кокон гарнизондоруна ачыктан-ачык каршы чыга баштаган. 1863-ж. июнда Алымкул жетектеген кыргыз-кыпчактар Коконду ээлеп, 9-июлда Малабектин 12 жашар уулу Султан Сейит такка олтургузулган. Кыргыз-кыпчак жа-маатындагы мамл. ишмер ж-а таланттуу кол башчы, 34 жаштагы Алымкул Султан Се-йитке Аталык (регент) дайындалып, иш жүзүндө хандыкты башкарууну толук колуна алган. Алымкул аталыктын мезгилиндеги (1863–65) негизги окуялар

Россиянын колониялык саясатына каршы күрөш болгон. 1864-ж. орус аскерлеринин согуштук жүрүштөрү Чымкентти алуу м-н аяктаган. 1865-ж. генерал Черняев 29-апрелде Ташкенге жакын турган Ниязбек чебин басып алып, шаарды суудан ж-а эгинден бөлүп салган. Ташкенди коргогон Алымкул аталыктын негизги күчтөрү м-н орус аскеринин ортосундагы 9-майда болгон салгылашууда Алымкул аталыктын оор жарадар болушу ж-а өлүмү кокон күчтөрүнүн чегинүүсүнө алып келген. 1865-ж. 17-июнда Ташкен ш. каратылган. Алымкулдун көзү өткөндөн ки-йин, Фергана кыргыздары м-н кыпчактар Султан Сейит ханды таштап, кыргыз кол башчысы Бекмаматтын жетекчилиги астында Коконго карай жөнөгөн. Фергана өрөөнүнө келишкен кыргыз-кыпчак кошуу-нунун төбөлдөрү Шахрух бийдин үчүнчү уулу Шады бийдин урпактарынын бири 16 жашар Кудайкул бекти хан көтөрүшкөн. Тез аранын ичинде Кудайкул Кокондон алдырылып, кыргыз-кыпчак кошууну шаан-шөкөт м-н ордого кирген. Баймат кыпчак миң башы дайындалып, Ташкенге орустарга каршы жүрүш жасоого даярдык көрүлө баштаган. Бирок, көп узабай Бухара эмири Музаффардын жардамы м-н Кудаяр үчүнчү жолу такка олтурат. Убактылуу жеңилүүгө учураган кыргыз-кыпчак бийлери тактикалык чегинүү жасап, Кудаяр ханга таазим кылып келишкен. Алайдан Курманжан датка да келген. Кудаяр хан энеси *Жаркынайым* м-н жакшы ымалада болгон Курманжандын «датка» титулун дагы бир жолу расмий бекитип, белек-бечкек берип жөнөткөн. Кыргыз көчмөн-дөрүнө таасири зор Курманжандай инсандарын Кудаярдын бийлигин тааныгандыгы башка кыргыз-кыпчак бийлеринин тынчышына алып келген. 1866-ж. Кожент, Бухара ээликтери Оротөбөнүн ж-а Жызактын орус аскерлери тарабынан каратылышынан кийин, К. х-нын чөлкөмү негизинен Фергана өрөөнү м-н гана чектелип калган. Бухара м-н карым-катнаш үзүлгөн. Кокон ханы Кудаяр ички маселелер м-н гана алек болуп калган. К. х-нын 1865-жылга чейинки ээлиги болуп келген Ташкен 1867-ж. Түркстан генерал-губернаторлугунун борбору болуп саналган. Кудаяр хан Россиянын басып алууларын айласыздан таанып, Ташкен м-н дипломатиялык мамилеге өтүүгө аргасыз болгон. Бир катар сүйлөшүүлөрдөн кийин, 1868-ж. 29-январда Кудаяр хан м-н К. П. Кауфман соода келишимине кол коюшкан. Документ соодага арналганы м-н иш жүзүндө Коконду Россияга вассалдык көз карандылыкка алып келген. Кудаяр хан падыша өкмөтүнөн качкан качкындарды кайтарып берип турган, соодагерлер м-н кошо келген саякатчы, илимпоз кейпиндеги чалгынчыларга Кокон чөлкөмүн кыдырууга дайыма уруксат берген. Кудаяр хан тышкы саясатта өз алдынча иш жүргүзө алган эмес, олуттуу маселелер б-ча К.П. Кауфман м-н кенешип турган. Бир аз убакытта эле К. х. Россиянын жарым колониясына айланган. Хан, ордо бийликтери, феодалдар жалпы элге жек көрүндү күчкө айланып, феодалдык эзүүнүн күчөшү 1873–76-ж. ири элдик кыймылды туудурган (к. *Кокон көтөрүлүштөрү*). Россия империясы 1875-ж. ыңгайлуу шарттарды пайдаланып, Фергана өрөөнүнө басып кирген. Насирдин хандын (1875) ж-а Кокондун акыркы ханы кыргыз Исхак – *Полот хандын* (1875–76) мезгилинде Россия К. х-н кан төгүү м-н каратып алган. 1876-ж. 19-февралда К. х. жоюлуп, анын ордуна Россия империясынын Түркстан генерал-губернаторлугуна караган Фергана облусу түзүлгөн.

**КОЛ КҮРӨШ** – жигиттердин күч сынашкан оюну. Эки жигит ортосуна такта коюп, маңдай-тескей экөө бирдей сыңар тизелеп олтурушат да оң колдорун бармакташа бекем кармашып, ар кимиси атаандашынын колун чалкалата кыйшайтып барып жыгууга аракеттенет. Сол колдору м-н сол жаккы жоон сандарын таянышат. Оюнчулар тең тайлаш болуп калса, алар сол колдорун күрөштүрөт.

**КОЛО ДООРУНДАГЫ КЕНЧТЕР**. Кыргызстандын түндүгүндө табылган коло кенч-тер ж-а казыналар аймакта б. з. ч. 12–9-к-да металл иштетүү болгондугун далилдейт. Алар археол. илиминде Жетисуу очогу деп аталат. Жетисуу очогунан 12 кенч табылып, анда 100дөн ашык буюм болгон. 12 кенчтин тогузу Чүй өрөөнүндөгү Садовое айлынан, Ысыккөлдүн Аксуу р-нунун Каракол айлына чейинки аймакта табылган. Металл өндүрүү ж-а андан буюмдарды жасоо технологиясы коло доорунун маданиятын окуп үйрөнүүдө мааниси зор. А. Д. Дегтяреванын изилдөөсү б-ча Жетисуу очогунда коло буюмдарын даярдоодо коргошун, висмут, күмүш, мышьяк көп кошулуп, калыпка куюлгандан кийин металлдын сапатына жараша ысытып чабышкан. Кээде ысытпай муздак чапкан учурлар да болгон. Жетисуунун байыркы металл иштетүүчүлөрүнүн салттуу такшалган ыкмалары болгон, ал ыкмалар укумдан-тукумга өтүп турган. Проф. Е. Е. Кузьмина Орто Азиядагы коло доорунун кенчтерин эки түргө айырмалайт: 1. уютулган коло, калыпка куюлуп жасалган ж-а жарым-жартылай даяр буюмдар; 2. эмгек, согуш куралдары, кооздуктар ж-а өздүк буюмдар. К. д. к. жеке менчиктин пайда болушу, өз ара согуштардын тереңдеши, мүлктүк теңсиздиктин жогорулашы, металл иште-түүчүлөрдүн өз алдынча адистешиши, соода, алмашуу процесстеринин өнүгүшү м-н байланыштуу.

**КОЛО ДООРУНДАГЫ КӨРҮСТӨНДӨР** – б. з. ч. 2-миң жылдык – б. з. ч. 8-к-га таандык археол. эстеликтер. Көрүстөндөрдүн түзүлүшү, жанына коюлган буюмдардын баалуулугу ж-а көлөмү б-ча көмүлгөн адамдын мүлктүк же социалдык жактан айырмачылыгы баамдалат. Көрүстөндөрдө күлдүн ж-а адамдын өрттөлгөн сөөгүнүн кездешиши алардын диний ишениминде отко сыйынуу болгондугун айгинелейт. Адамды көмүү учурунда отту колдонуп, көрдүн тегерегинде диний ырымдарды аткарган. Сөөктү өрттөө м-н катар айрым көрүстөндөрдө сөөктү бүрүштүрүп, көрдүн сол капталына жаткызган учурлар да кездешет. Көрүстөн-дөрдөгү сөөктүн жанында күнүмдүк турмушта керектелүүчү буюмдардын бар экендиги (чопо идиштер, тамак-аш калдыктары, кооздуктар, курал-жарактар) ж-а көрдүн үй сымал түзүлүшү тиги дүйнөдө жашоо уланат деген ишенимдин болгондугун көрсөтөт. Көрдүн сыртындагы коргондун ичинен чопо идиштердин табылышы сөөктү койгондон кийин маркумду эскерүү, анын арбагына сыйынуу расмисинин калыптангандыгын

далилдейт. Коргон эки дүйнөнүн ортосундагы чекти билдирсе керек. Кыргызстандагы байыркы коло дооруна таандык эстелик – Аксуу чебинин калдыгы (б. з. ч. 15–14-к.), коло доорунун эстеликтери – *Арпа көрүстөнү*, Пригородный айылына жакын жерде табылган көрүстөн, Таштөбө, Ташбашат, Жазыкечүү, Тегирменсай, Кулансай, Кызылсай, Жоларык ж. б. көрүстөндөр.

**КОЛО ИШТЕТҮҮНҮН ЖЕТИСУУ ОЧОГУ** б. з. ч. 12–9-к-да өкүм сүргөн. Анын башка аймактардагы металл иштетүү очокторунан айырмаланган өзгөчө мүнөздүү белгилери болгон. Буюмдарды жасоодо коргошун, висмут, күмүш, мышьяк кошулган (к. *Коло доорундагы кенчтер).*

**КОЛОНИЯ** (лат. colonia – жайгаштыруу) – 1. бөтөн элдин жергиликтүү калктын бош же отурукташкан жерлерине зордук м-н көчүп келип отурукташуусу; 2. экон. ж-а саясий жагынан көзкаранды болуу м-н, өзүн басып алган чет мамл-тин бийлигине өткөн өлкө.

**КОММУНИЗМ** (лат. kommunic – орток, жалпы) – жеке менчикти тануу идеясына негизделген концепциялардын жалпы аталышы; марксисттик концепцияда К. өндүрүш каражаттары жалпы элдин орток менчигине айланган, коомдун бардык мүчөлөрү социалдык жактан теңчилдикке жетишкен тапсыз коомдук түзүлүш. К. – социализмдин өнүк-көн, жогорку баскычы катары каралат.

**КОММУНИСТТИК ИШЕМБИЛИКТЕР** – сов. эмгекчилердин акысыз ж-а ыктыяр-дуу эмгектенүүсүнүн бир түрү. К.и. 1919-ж. 2-апрелде Москва–Казан темир жолундагы Москва-Сортировочный депосунун жумушчу коммунисттеринин демилгеси б-ча башталган. Кыргызстанда эң алгачкы ишембилик 1920-ж. Пишпек, Токмок, Ош, Нарын, Каракол ш-ларында, Сүлүктү ж-а Кызылкыя кендеринде өткөрүлгөн. Совет бийлигинин кийинки жылдарында коммунисттик бул демилге салтка айланып, жыл сайын өткө-рүлүп турган.

**КОМУЗ** – улуттук чертме кылдуу музыкалык үндүү-аспап. К. өрүк, жаңгак, алмурут, тал, терек, карагай, арчадан чабылган. Сууга кайнатылган ж-а ышталган жыгач К. үчүн абдан бек ж-а добуштуу болгон. Ал сүйрү чабылып, жалпы уз. 75 *см*ге жеткен. К. төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат – комуз башы, тулкусу, чарасы, моюну, капкагы, куткуну, тепкеги (тээги), үч кулагы (өрүктөн, арчадан, мүйүздөн), үч кылы. К-дун ичи искене (жалпак, бир башы курч аспап) аркылуу оюлгандан кийин, жалпы бетине капкактык жука тактай бекитилет. Андан кийин моюн чыгарып, үч кулак тагылат. Комуздун тээги тыкан коюлуп, кылы тартылат. Тикенек оттобогон кылчык жүндүү койду соёрү м-н ичегисин муздак сууга салып, сыдыргы м-н тазалап, оңго ийрип, катуу керип кургатылып кыл жасалат. Кыл жыгачка булгаары аркылуу мык м-н бекитилет. К-дун капкагы желимделет. Чарасынын, көөдөнүнүн өлчөмү, калыңдыгы бирдей болот.

**КОНСУЛ** (лат. consul) – 1. Байыркы Римдеги ж-а 18-к-дын аягында Франциядагы эң жогорку мамл. бийлик; 2. азыркы эл аралык укукта бул же тигил мамл. же граждандык, экон., укуктук кызыкчылыкты сактоо үчүн дайындалган бөлөк мамлекеттеги элчи.

**КОНЦЕССИЯ** (лат. concessio – уруксат берүү, бошотуп берүү) – айрым чет мамл-терге, чет элдик компанияларга мамлекетке караштуу өнөр жай, транспорт ж-а жер алдындагы кен байлыктарды ж.б. белгилүү мөөнөткө пайдаланууга берүү үчүн түзүлгөн келишим.

**«КООМДУК КООПСУЗДУК КОМИТЕТИ»** – 1917-ж. октябрь-ноябрь айларында Россиянын бир катар аймактарында түзүлгөн контрреволюциячыл уюм. Анын негизги максаты соц. курулуш иштерине тоскоолдук кылуу болгон. Кыргызстандын аймагында алгачкы «К.к.к.» октябрь айынын 2-жарымында Пишпекте (төрагасы – эсер Новаковский), Жалалабатта (төрагасы – Ризаев) түзүлгөн. 1917-ж. анын мүчөлөрү Ош, Өзгөн, Алай ж.б. болуштуктарда ж-а кыштактарда контрреволюциячыл иштерди жүргүзүшкөн. 1918-ж. бийлик советтерге толук өткөндөн кийин жоюлган.

**КООМДУК-САЯСИЙ УЮМДАР.** Эгемендүү мамл-тин калыптанышына Кыргызстандагы саясий партиялар, коомдук уюмдар орчундуу салымдарын кошуп келүүдө. Жалгыз КП үстөмдүк кылган учурда айкындуулук болбой, компартиянын багытына каршы чыккандар аеосуз жазаланып, куугунтукталып келген. Өлкө демократиялык жолдон четтеп, буйрукчул-тоталитардык тартипте жашады. 1991-ж. Кыргызстан демократиялык кыймылы (КДК) расмий каттоодон өттү. КДКнын курамында 1991-ж. октябрда – Асаба улуттук кайра жаралуу партиясы, 1992-ж. февралда – Эркин Кыргызстан демократиялык партиясы, 1992-ж. ноябрда – Ата Мекен партиясы түзүлдү. Ушул эле жылы – Элдик Республикачыл пар-тия, Кыргызстан коммунисттер партиясы, Агрардык партия, 1993-ж. – Кыргызстандын демократиялык кыймылы партиясы, 1991-ж. Биримдик партиясы ж. б. коомдук-саясий уюмдар ж-а партиялар түзүлдү. 1995-ж. партиялардын саны 13кө жеткен. 2000-ж. Кыргызстанда 25 саясий партия расмий каттоодон өттү, мындан сырткары түзүлдү деп жарыяланган, бирок расмий каттоодон өтпөгөн партиялар да бар. Расмий катталган партиялардын айрымдары гана коомдук-саясий турмушка жигердүү катышып, Конституциянын, бир катар маанилүү мыйзамдардын атаандаш долбоорлорун жарыя-лашты. 2000-ж. 20-февралдагы парламенттик шайлоодо саясий партияларга 15 орун бөлүнгөн. Парламенттик шайлоо алдында Юстиция министрлиги бийликке оппозиция болуп келген Эл (бей-бечаралар), Арнамыс партияларын шайлоого катышууга мыйзам жол бербестигин аныктап берди. Ал эми шайлоого катышууга укук алган КДК партиясы соттун чечими м-н шайлоодон четтетилди. Натыйжада бөлүнгөн 15 орун үчүн 9 саясий партия ат салышып, шайлоонун жыйынтыгында 1-орунду Кыргызстан коммунисттер партиясы, андан соң Демокра-тиялык күчтөр биримдиги союзу (Адилет, Социал-демократия, Биримдик партияларынын түзүлгөн союз), Кыргызстан аялдарынын демократиялык партиясы, Ооганстан ж. б.

жергиликтүү согуштарга катышкан жоо-керлердин партиясы, Ата Мекен социалисттик партиясы, Менин өлкөм партиясы 5%тен ашык добушту топтоого жетишип, 15 орунду ичара бөлүп алышты. Мындан сырткары өлкөдө 400гө жакын коомдук уюмдар, 12 коомдук-саясий кыймылдар иш алып ба-рууда. 2000-ж. июнда бийлик өкүлдөрү м-н коомдук уюмдардын, саясий партия-лардын өкүлдөрүнүн катышуусу м-н ал-гачкы «тегерек үстөл», 2001-ж. февралда «тегерек үстөлдүн» 2-баскычы болуп өттү. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында атайын меморандум кабыл алынып, Кыргызстан демократиялык багыттагы өнүгүүсүн уланта берери бышыкталды. Мындан тышкары өлкөдө уюштуруу жыйынынан узак чыга албаган, шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу гана шашылыш түзүлө калган саясий партиялар да бар. Башка коомдук-саясий, улуттук-маданий ж-а коомдук уюмдардын ичинен өзгөчө жигердүүлүгү м-н Кыргызстан элинин ассамблеясы, Кыргызстан эли коому, Кыргызстан укук коргоо кыймылы, Кыргызстан укук коргоо комитети, Кыргыз-америкалык адам укуктарын коргоо ж-а мыйзамдуулук бюросу, Кыргызстан аялдар конгресси, немис, орус, украин, беларус, дуңган, корей, өзбек, уйгур, месхет түрк, ферганалык түрк, казак ж. б. аз сандагы элдердин улуттук-маданий коомдору, Кыргызстан тарыхчылар коому сыяктуу уюмдар айырмаланышты.

**КОРБАШЫ** – басмачылардын башчысы.

**КОРГОЛ** Досуев (1890, азыркы Аксы р-ну, Токтобексай кыш. – 1962, Токтогул р-ну) – төкмө акын, комузчу. К. комуз черткенди атасынан үйрөнүп, *Ныязалы* комузчудан таалим алган. Ырчылык өнөрү 14 жашында башталган. Токтогул Сибирден келгенден кийин аны м-н бирге жүрүп, ырчылык, комузчулук өнөрүн өркүндөткөн ж-а андан «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Нуржан», «Кедейкан» аттуу дастандарды үйрөнгөн. К-дун ырлары («Эски заман», «Ак-Бакай», «Куйручукка жооп», «Терме» ж. б.) кыскалыгы, сөздөрүнүн курч, таамайлыгы м-н айырмаланат. Анын көп айтыштары, ар-ноолору, дин кызматкерлерин ашкерелеген сатиралык ырлары, термелери, сүйүү ырлары ж. б. чыгармалары бар, К-дон Токтогулдун «Алымкан», «Терс кайрык» ж. б. ыр, күүлөрү жазылып алынган.

**КОТОНДОР,** хотондор – Моңголиядагы түрк тилдүү этностук топ. Топтун негизин Чыгыш Түркстандын түрк тилдүү калктары, а.и. кыргыздар түзгөн. 3000 чамалуу. Орус окумуштуусу С. Е. Малов К. кыргыздарга жакындыгын белгилеген.

**КОЧКОРАКЖОЛ МЕЗОЛИТ «ӨНӨРКАНАСЫ»** – мезолит дооруна (б. з. ч. 8 – 7 миң ж-дык ) таандык археол. эстелик. Нарын облусунун Атбашы р-нундагы, Арпа өрөөнүнүн борб. бөлүгүндөгү Кочкоракжол коктусунда жайгашкан. Таштын чамындылары, жалпак таштар, таштын чордону табылган. 1968-ж. Кыргыз археол. экспеди-циясы (жетекчиси В.А.Ранов ) тарабынан ачылган.

**КОЧКОРДОГУ ТҮРК ЭСТЕЛИКТЕРИ** орто кылымдардагы он ок элинин, түргөштөрдүн, карлуктардын, кыргыздардын маданиятын чагылдырат. 1893-жылдан белгилүү. К.т.э-нин курамына байыркы көрүстөндөр, алардан табылган согуштук куралдар, кооздук буюмдары, тиричилик буюмдарынын үлгүлөрү, балбал таштар, аска бетине тартылган сүрөттөр, искусство эстеликтери, ташка чегилген руна сымал жазуулар кирет. Руна сымал 18 жазуу 1998, 2000, 2002-ж. табылган.

**КОЧКОР ӨРӨӨНҮНДӨГҮ РУНА ЖА-ЗУУЛАРЫ** Кочкор өрөөнүнүн Карасуу, Көксай, Бөйрөкбулак, Төөкарын, Көкбука деген жерлеринен табылган. Айрым жазуулардын уз. 3 *м*ге, тамгалардын бийиктиги 35 *см*ге жетет. Кээ бир жазуулар ташка сүрөттөр м-н кошо чегилген. Ар бир көлөмдүү жазууну уруулук тамга коштогон. 1998 – 2002-ж. К. Табалдиев, О. Солтобаев тарабынан табылган. Россия ИАнын проф. С. Г. Кляшторныйдын пикири б-ча К. ө. р. ж. талас жазууларына окшош. Кочкор жазуулары – түргөш элинин жазма маданиятынын үлгүсү. Көксай, Бөйрөкбулак, Көкбука жерлеринде табылган жазуулар К.Табалдиев тарабынан которулган.

**КОЧКОР ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 10–12-к-дагы караханийлер дооруна таандык шаар калдыгы. Каракол суусунун сол жээгинде жайгашкан. 1940-ж. А. Н. Бернштам тарабынан изилденген. Шаар Кочкората мазарынан 4 *км* алыстыкта жайгашып, туурасы 400 *м*, уз. 870 *м* өлчөмүндөгү тик бурчтук аянтты ээлеп жаткан. К.ш.ч-нан жөнөкөй чопо ж-а сырдалган карапа идиштердин Караханийлер дооруна таандык сыныктары табылган. Шаар калдыгынын түштүк-батыш урандысын бойлой Кыркчоронун күмбөзү деп аталган 18-к-га таандык эстеликтер орун алган. Соңку мезгилдеги изилдөөлөр К.ш.ч. 10–12-к-да өкүм сүргөн Кочңар-Башы ш-нын орду экендиги Абу Саид Гардизинин «Зайн ал-ахбар» ж-а Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» эмгектериндеги маалыматтар б-ча ырасталды. Казуу иштери жүргүзүлө элек.

**КОЧҢАР-БАШИ,** К о ч к о р-Б а ш ы – Кочкор өрөөнүндөгү 10–12-к-га таандык шаар. Шаар аркылуу Караханийлер кагандыгынын аймагындагы байыркы Жибек жолунун бир айрыгы өткөн. К.-Б тууралуу алгачкы маалыматтар Абу Саид Гардизинин 1050–52-ж. фарсы тилинде жазылган «Зайн ал-ахбар» («Кабарлардын аземи») чыгармасында кездешет. Караханийлер сулалелесинен Мавераннахрды алгачкы жолу каратып алган Буура хан Харун Муса, Баласагундан Кашкарга кайтып баратып, 992-ж. К.-Б-да өл-гөндүгү айтылат. Мындан кийинки К.-Б-га тиешелүү маалыматтар Махмуд Кашгаринин «Китаб диван лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөз жыйнагы») эмгегинде: Сизиң-Көл (Соңкөл) К.-Б-нын жанында жайгашкандыгы, К.-Б. өзүнчө бир шаар экендиги ж-а Занбиарт (азыркы Шамшы ашуусу) К.-Б. м-н Баласагундун ортосундагы ашуу деген маалыматтар айтылат. В. Минорский Махмуд Кашгаринин картасында көрсө-түлгөн шаардын аталышын «К.-Б.» деп окуп, аны Чүйдүн башына жайгаштыруу м-н Ситинк-Көлдөн (Соңкөлдөн) алыс эместигин белгилеген.

К.-Б. Баласагундан *Занбиарт* аркылуу ашып түшкөндө, өрөөнгө кире бергендеги жолдун боюнда жайгашкан. Шаардын мындай жерде орун алышы Караханийлер мамл-ндеги эки өрөөндүн соода-экон. катнашын камсыз кылган. К.-Б. аркылуу өтүү караханийлердин Кашкар тараптан келаткан соода кербендери үчүн Баласагунга түшө калуунун эң кыска жолу болгон. Ошондуктан, шаар геогр. жактан ыңгайлуу орунга жайгашып, бир жагынан соода жолунун бою, экинчиден, дыйканчылыкка жарамдуу жер катары эсептелген. Жакында табылган араб тилинде «Уста жасап бүтүр-дү» деген сөз жазылган карапанын сыныгы шаарда кол өнөрчүлүктүн өнүккөндүгүн айгинелейт.

**КОЧО** – орто кылымга таандык шаар. Чыгыш Түркстандын Турпан өрөөнүндөгү Уйгур «ыдык кут» мамл-нин (847–1369) борбору. «Худуд ал-Ааламдагы» маалыматтарда шаардын аталышы Чинанджеб деп берилет. К. ш-нын калкы манихей, бутпарас, христиан ж. б. диндерди тутушкан. К-нун башкаруучусунун алдында 300–400гө чейин адамдар чогулуп, үндөрүн бийик чыгаруу м-н Манинин тексттерин окуп турушкандыгы тарыхый булактарда эскерилет. К-догу башкаруучунун толук титулу «арслан бильге тенгри илиг идикут» деп аталган. Сун элчиси Ван Яньде К.ш. Уйгур өлкөсүндөгү өтө гүлдөгөн калаалардын бири экендигин баяндаган. 840-ж. кыргыздардын соккусунан кыйраган Уйгур кагандыгынын Чыгыш Теңиртоого көчүп келгенден кийинки тарыхы К.ш-нан башталган ж-а кыска мезгилдин аралыгында алар аталган аймакта өзүлө-рүнүн күчтүү мамл-н калыбына келтиришкен. Шаар Улуу Жибек жолунун боюнда жайгашкандыктан, коңшу өлкөлөр м-н маданий, соода-сатык катнаштарды жүргүзүп турган.

**КОШОЕВ** Темирбек (1931-ж.т., Чүй облусу, Кемин р-ну, Кичикемин айылы) – саясий ж-а мамл. ишмер. 1981–87-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы. Токой чарба мектебин (1950), К. И. Скрябин а. ч. ин-тун (1957) бүтүргөн. 1957–81-ж. Кыргызстан КП БКнын а. ч. бөлү-мүнүн инструктору, Ош обкомунун 2-катчысы, Карасуу райаткомунун төрагасы, Сузак райкомунун 1-катчысы. Ош облустук аткомунун төрагасынын 1-орун басары, төрагасы, партиянын Ош обкомунун 1-катчысы. Октябрь революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси», Эл достугу ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган.

**КОШОЙКОРГОН КӨРҮСТӨНҮ** – 6–10-к-га таандык археол. эстелик. Каракоюн суусунун сол өйүзүндөгү жайылма тектирде жайгашкан. 14 дөбө мүрзөдөн турат. Ушул эле жердеги алгачкы мусулман көрүстөндөрү археолог К. Табалдиев тарабынан 1989-ж. изилденилген. Алардын ар биринин жер алдында сөөк көмө турган жайлары ар башка ж-а бир канча кишинин сөөгүн бир казанбакка жайгаштыра турган өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланган.

**КОШОЙКОРГОН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 9–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Атбашы өрөөнүндөгү Карасуу айылынын түштүк-чыгышында Каракоюн суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Жергиликтүү элдин айтымында, бул эстелик «Манас» эпосундагы Кошой баатырдын коргону болгон. Айрым изилдөөчүлөр байыркы Атбашы ш-нын калдыгы деп эсептешет. Эстелик тик бурчтуу түзүлүштөгү чептен туруп, дубал м-н курчалган. Дубалдын каптал жактары түштүк, түндүк, чыгыш, батыш багытына дал келип, ылай сокмодон ж-а бышырылбаган кыштан тургузулган, бийиктиги 4–8 *м* болуп, кароол мунаралар орнотулган. Дубалды айланта жазылыгы 11–14 *м*, тереңдиги 3 *м* келген аңдар, коргондун чыгыш ж-а түштүк тарабы 1500 *м* узундуктагы кошумча дубал тосмолор м-н бекемделген. Турак-жай ж-а чарбалык мүнөздөгү кол өнөрчүлөрдүн устаканаларынан, бөлмөлөрдөн жез эритүүчү мештер, көөрүк, карапа идиш-аяктар, тыйын, жаргылчак, жаа-жебе, бычак, шурулар, кемер курдун тоголору, чоподон жасалган ар кандай буюм-тайымдар табылган. Шаар чалдыбары Ч. Валихановдун, В. В. Бартольддун эмгектеринде эскертилет. А. Н. Бернштам, М. И. Москалев ж-а М. Н. Федоров тарабынан изилденген.

**КОШОК** – кыргыз оозеки поэзиясында каада-салт ырларынын түрү. Адам өлгөндө, кыз бергенде аткарылган. Өзүнчө обону бар. Кыргыздын салттуу турмушунда дүйнөдөн өткөн адамдын аял туугандары тарабынан кайгы-күйүт, арман, бири-бирине кайрат, акыл насаат айтылып, өлгөндүн тирүү кезиндеги жакшы сапаттары, аткарган иштери эскерилет. К-ту кээде атайы кошокчу аялдарды чакырып айттырышкан. К. кыз бергенде да кошулган. Мындай К-то кыздын кандай тарбияланып өскөнү же кыз күйөөгө аргасыздан, өтө жаш берилип жатса, кыздын ата-энесинин арыз-арманы, ошого мажбурлап жаткан теңсиз заманга наразылык айтылган.

**«КОШЧУ» СОЮЗУ** – Орто Азия ж-а Казакстандагы эмгекчи дыйкандардын интернационалдык уюму. Түркстан Компартиясынын 5-съездинин (1920-ж. сентябрь) чечими б-ча кедейлер комитети м-н кедейлер союзунун ордуна түзүлгөн. 1921-ж. декабрда Олуя-ата (Тараз) ш-нда өткөн «К.» с-нун Бүткүл түркстандык 1-съезди жергиликтүү улуттагы дыйкандарды социалдык, агрардык кайра түзүүлөргө, коомдук-саясий турмушка массалык түрдө тартууну милдет кылып койгон. «К.» с. жер-суу реформаларын ишке ашырууда, дыйкандарды жерге жайгаштырууда, кооперативдештирүүдө, аларды а. ч. шаймандары, унаа м-н камсыз кылууда, а. ч. салыгын жыйноодо, эл арасында маданий-агартуу ж-а үгүт иштерин жүргүзүүдө совет бийлигине жигердүү жардам берген, бай-манаптарга каршы күрөшкөн. «К.» с. 1929-ж. «Жарды-жалчы уюму» болуп өзгөргөн.

**КӨГАЙГЫР КӨРҮСТӨНҮ** – неолит дооруна (б. з. ч. 6–5-миң жылдык ) таандык археол. эстелик. Чатыркөлдүн чыгыш тарабында, Көгайгыр суусунун тектиринде жайгашкан. 1963-ж. Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-тунун Нарын отряды (жетекчиси Ш. А. Кыдыров) тарабынан ачылган. В. А. Ра-нов изилдеген. 3 таштын чордону, таштан жасалган кыргыч курал, таш чамындылары табылган.

**КӨГМӨН ТООСУ** – Енисей дарыясы башталган тоонун (Саян тоолору) орто кылымдарда түркий тилде аталышы. Орхон-Енисей даректеринде К. т. кыргыздардын ж-а ага коңшу турган калктардын аймагы катары баяндалат. Гардизинин (11-к.) маалыматтарында да кыргыздарга байланыштырылат.

**КӨЗКАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ШЕРИКТЕШТИГИ (КМШ)** – эгемендүү, көз карандысыз мамлекеттердин өз ара макулдашууларынын ж-а келишимдеринин негизинде түзүлгөн мамлекеттер аралык бирикме. КМШ 1991-ж. 8-декабрда Минск ш-на жакын жердеги Беловеж токоюнда СССРдин курамындагы Россия Федерациясынын, Украинанын, Беларусь Респ-нын Президенттери кол койгон келишимдин негизинде түзүлгөн. Бул 1991-ж. 17-мартында СССР б-ча өткөрүлгөн референдумда СССРди сактап калууну колдогон (76%) көпчүлүктүн эркине каршы окуя болуп, 15 респ-ны бириктирген СССРдин кулай баштаганын билдирген. Ошол эле жылы 21-декабрда Алматы ш-нда жогорку 3 мамл. м-н дагы 9 мамл. – Азербайжан, Армения, Грузия, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан биригишип, КМШнын түзүлгөндүгү ж-дөгү келишимге кол коюшуп, декларация кабыл алышкан. Ошентип, СССР жашоосун биротоло токтоткон. СССРдин Президенти М. С. Горбачев, 25-декабрда президенттик милдетин аткарууну токтоткондугун билдирген. Шериктеш мамл-тердин максаттары ж-а принциптери төмөнкүдөй аныкталат: КМШ өзүнчө бөлүнүп түзүлгөн мамл. же мамл-тердин үстүнөн караган бирикме эмес; анын катышуучуларынын өз ара иш-аракеттери, мамл-тер тарабынан түзүлгөн келишимдерде макулдашылган тартипте паритеттик (теңдик) принцип б-ча ишке ашырылат; эл аралык стратегиялык туруктуулукту сактоо максатында аскердик-стратегиялык күчтөр б-ча бириккен командалык ж-а ядролук курал б-ча бирдиктүү көзөмөлдөө сакталат; тараптар өз ичинен ядросуз же бейтарап мамл. болууга умтулган өлкөгө урмат-сый м-н мамиле кылышат; КМШга башка дагы каалаган мамл-тер кошула алышат. КМШнын негизги кеңешүүчү ж-а координациялык органдары – шериктеш мамл. башчыларынын кеңеши, өкмөт башчыларынын кеңеши, секретариаты, мамл-тер аралык экон. комитет, экон., сот, мамл-тердин парламент аралык ассамблеясы, коргоо министринин кеңеши, тышкы иштер министрлеринин кеңеши, космос б-ча мамл-тер аралык кеңеш, коллективдүү коопсуздук келишими ж.б. коомдук турмуштун чөйрөлөрүн камтыган уставдык органдар, уюмдар болуп саналат. КМШ өлкөлөрүнүн кээ бирөөлөрү өздөрүнчө бир кыйла тыгыз, терең байланышкан союз түзүүгө да аракет кылып жатышат. Мис., Россия, Белоруссия, Казакстан, Кыргызстан биргелешип бажыкана союзун түзүштү. КМШдагы Орто Азия респ-ларынын да өз ара байланыштары өнүгүүдө.

**КӨЗ ТИЙҮҮ** – кыргыздын салттуу түшү-нүктөрүнүн бир көрүнүшү. Элдик ишеним б-ча кээ бир адамдардын көзүнө туш болгон адам, жаныбар ооруйт, жакшы буюм сынат, бүлүнөт. Өзгөчө жаман көз наристеге, сулуу кыз-келиндерге, баатырга, күлүк атка, алгыр кушка тиет деп эсептешип, буларды элге көрсөтпөөгө аракет кылышкан. Көз тийбесин деп ар кандай ырымдарды жасашкан, Мис., наристенин бетине көө сүйкөгөн, көзгө урунбай турган начар кийимдерди кийгизген, адамды иренжите тургандай ысым м-н аташкан.

**КӨКБУЛАК КӨРҮСТӨНҮ**, Т у л п а р таш – 6–10-к-га таандык археол. эстелик. Соңкөлдүн түштүк-батыш тарабында, Көкбулак деген жерде жайгашкан. 4 таш балбалдан турат. Эркек же аял сүрөт-төлгөнүн аныктоого мүмкүн. Археолог Я. А. Шер баяндап жазган.

**КӨККҮМБӨЗ КӨРҮСТӨНДӨРҮ** – ба-йыркы ж-а орто к-дарга тиешелүү археол. эстелик. Атбашы р-нунун чыгышындагы Көккүмбөз суусунун этегинде жайгашкан. Жалпы саны жүздөн ашуун. Көпчүлүгү сак, усун дооруна таандык. 1982–83-ж. археолог М. И. Москалев баяндап жазган. 1989-ж. археолог К. Табалдиев көрүстөндөрдү картага түшүргөн.

**КӨКСУУ НЕОЛИТ «ӨНӨРКАНАСЫ»** – неолит дооруна (б. з. ч. 6–5-миң ж-дык) таандык археол. эстелик. Ош облусунун Чоңалай р-нундагы Көксуунун батыш тарабында жайгашкан. Таштын чамындылары, жалпак таштар, таштын чордону, кыргыч сымал таш курал табылган. 1956-ж. Кыргыз археол. экспедициясынын таш доорун изилдөө отряды тарабынан ачылган.

**КӨКҮМБАЙ** Чыны уулу (19-к-дын 2-жарымы–1934/35) – Жумгал өрөөнүндө эл башкарган манап. Чоң аталары *Медет датка*, Дуулат, атасы Чыны – чоң манаптардан болушкан. К. кыргыз эли орус мамл-не карагандан кийинки мезгилдерде бир нече жолу болуш болуп шайланган. 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштө Жумгалдын чыгышындагы көтөрүлүшчүлөрдү жетектеп, хан көтөрүлгөн. Орус жазалоочу аскеринен качып, Кытайга барган, 1918-ж. кайтып келген. 1920-жылдардын акырында Совет өкмөтү бай-манаптын өкүлү катары камап, Бишкекте каза болгон.

**КӨКҮМ БИЙ**, К ө к ү м  Б а г ы ш  у у л у (туулган жылы белгисиз – 1620–26-жылдар чен.) – түштүк кыргыздарынын улугу, саясий ишмер. Санжыра б-ча анын атасы Багыш Тагай бийдин Жанкороз (Карачоро деп да айтылат) аттуу уулунан төрөлгөн. Кыргыз-казак биримдигин түзүүгө ж-а Эр Эшимди хан көтөрүүгө жигердүү салым кошкон. Эшим хандын эң ишенимдүү адамы катары 17-к-дын башында он эки капкалуу Ташкен ш-нын ж-а Түштүк кыргыз урууларынын улугу болгон. Калмак баскынчыларына каршы согушта кол баштап, эрдиктерди көрсөткөн. Ташкен ш-на кыргыздар м-н казактарды отурукташтыруу, бул шаардын социалдык-экономикалык маселелерин чечүү үчүн эрежелер жыйнагын түздүргөн. Жыйнак эл ичинде «Көкүмдүн көктөмөсү» деген ат м-н белгилүү болгон. Анын саясий таасири өтө жогорулап баратканын көрө албаган Ташкендеги казактын Жаныш урруу-сунун улугу Карабайтик уу бердирип өлтүр-гөн. Сөөгү Ташкен ш-нын (азыркы Шайхантаур р-ну, Карлыгач мазары) четине коюлуп, Эшим хандын буйругу м-н чоң күмбөз

салынган. Күмбөздүн төбөсү көк сыр м-н сырдалгандыктан, «Көкүмдүн көк күмбөзү» аталган. Бул күмбөздүн калдыгы азыркы күнгө чейин сакталып калган.

**КӨМҮРКӨЙ** – устанын курал-аспаптары сакталуучу сандыкча. Ал жыгачтан же шириден ар кандай көлөмдө жасалат. Көмүр-көйдө чеберлердин темирчиликке, зергерчиликке, ат жабдыктарына, жыгаччылыкка ж-а теричиликке узана турган куралдары, ат жабдыктары үчүн оюм түшү-рүүчү калыптар; шакек, оймок жасоого ыңгайлуу калып; ойкалча, сөйкө калып, чапкы, тешкич, ойгуч; күмүштү так өлчөөчү мыскал тараза, күмүштү талкалай турган балкача (күмүш балка), күмүш эритилүүчү чөйчөкчө, күмүштү эри-түүдө желденте турган түтүкчө, аттиш, күмүш зым тарткыч, күмүштү кесүүчү кайчы, ысыган күмүштү кыпчый турган кычкач (кыпчуур), жыгачтан жасалган кыпчыгыч, көөрүк, дөшү ж-а көмүр кыпчуур сакталат.

**КӨНӨК** – ышталып, кептелип, бычылган көн (шири) идиштин бир түрү. Ага бээ саайт, кымыз куят. Чакан көнөктүн сыйымдуулугу 10–12 *л*ге барабар. Түп жагы оозунан бир аз кеңири келип, чоргосу 18–20 *см* болот. К-түн оозуна 3–4 *см*дей (эки элидей) жыгач алкак коюлуп, кайрылып тигилип, эки жагынан өрмө кыл боо тагылат. К-кө да кооз оюм-чийим түшүрүлөт.

**КӨҢДӨЙ КӨРҮСТӨНҮ** – эрте темир дооруна таандык археол. эстелик. Соңкөлдөн Куртка ашуусуна барчу жолдун боюнда жайгашкан. Алардын диаметри 8 *м*ге жетет, таш-топурак м-н курулган.

**КӨӨКӨР** – тиричиликте колдонуучу идиштин түрү. Аны төөнүн же уйдун терисинин калың жеринен (эки капталынан) алешем кылып кургатып бычышат. Шар сууга казык аркылуу байланган чылгый терини улпак салып же жарма куюп ороп койсо, жүнү тез эле жыдыйт. Төөнүн териси күрөк м-н челденет. Челденген тери шибеге же темене м-н тигилет. К-гө кумдуу топуракты шыкайт. Идиштин ийини, мойну, булуң-бурчтары атайын ийри шиш аркылуу көркүнө келтирилет. Шыкалган топурак тоборсугандан кийин оюм-чийим түшүрүлөт. Кээде К-дүн булуң-бурчтарына, ийнине, моюнуна күмүш, жез чегилет. Ага түшкөн шөкөт-төрдүн формасы ар кандай. К-дүн кепкегине алтын-күмүш чөгөрүлүп, жезден чагарак салынган. К. ар кыл формада жасалган.

**КӨПӨН ДӨБӨ МҮРЗӨЛӨРҮ** – орто кылымдарга таандык енисей кыргыздарынын дөбө мүрзөлөрү. Түштүк Сибирдеги енисей кыргыздарынын 8–9-к-дын 1-жарымындагы Чаатас маданиятынын мезгили. Эстеликтер Енисей дарыясынын сол жээгинде Көпөн кыштагынын жанында жайгашкан. Негизинен бул эстеликтерге көрүстөндөр тобу кирет. Көрүстөндөрдүн чет жакалары тигинен орнотулган таш табакталар м-н коргондолуп, үстүлөрүнө таш ж-а топурак үйүлгөн. Аттуу-баштуу адамдардын көрүстөндөрүнүн түштүк-чыгыш тарабына таш мамылар орнотулуп, маркумдун эрдигин, жашоосун даңазалаган эпитафиялык (кошок сымал) жазуулар берилген. Алар байыркы енисей кыргыз тамгалары м-н жазылган. Дөөлөттүү адамдардын көрүстөндөрүнүн жанына, анча терең эмес чуңкурларга жаш балдардын, кулдарынын өрттөлбөгөн сөөгү коюлган. О. эле жөнөкөй адамдардын өрттөлгөн күлүн өзүнчө чуңкур казып, буюм-тайымдары м-н чогуу көмүшкөн. Бул доорго мүнөздүү күмбөздөрдүн айланасына атайын казылган жашыруун «салыктар» көмүлгөн. Анда маркумга арналган кооз буюмдар, колдонгон согуш куралдары коюлган. Маркумдардын көрлөрүнө узун моюндуу кумура, ваза, алтын, күмүштөн жасалган чөйчөк ж-а жалпак табактар коюлган. Күмүш табактын ичине коюлган алтын кумуранын экөөнө өсүмдүктөрдүн сүрөтү, оймо-чиймелер ж-а укмуштуу куштун балыкты тыткылап жеп жаткан сүрөтү түшүрүлгөн. Калган экөөнүн боорунда оймо-чиймелер жок, бирок алардын түбүнөн руна сымал (кыргыз жазуусу) жазуусунда «кожоюнга тартуу кылынган белек» деген сөздү окууга болот. Күмүш табактын бетине гүлдөрдүн сүрөтү түшү-рүлгөн. Байыркы кыргыз эн тамга белгилери да чегилген. Табылган күмүш буюмдарга артына бурулуп доңузду ж-а жолборсту жаа м-н атып жаткан чабандес, илбирс ж. б. майда жырткыч айбандардын чабандес-тен качып бара жаткан сүрөттөрү тартылган. К. д. м-нөн табылган буюмдар, андагы сүрөттөр, жазуу, эн тамга белгилери Кыргыз мамл-де маданият жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн айгинелейт.

**КӨРШЕРМАТ** – Фергана өрөөнүндөгү Совет бийлигине каршы күрөшкөн корбашылардын бири.

**КӨЧМӨН ЧАРБАЛАРДЫ ОТУРУКТАШТЫРУУ** – Совет бийлиги орногондон кийин жүргүзүлгөн коомдук саясий иш-чара. К.ч.о. Кыргызстанда да жүргүзүлгөн. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстандагы 160 миң дыйкан чарбасынын 80% ке жакыны көчмөн ж-а жарым көчмөн болгон. Көчмөн чарбаларды отурукташтыруу маселеси ВКП(б) Кыргыз обкомунун пленумунда (1931-ж. 1–4-февраль) ж-а Кыргыз АССР Советтеринин 3-съездинде (1931-ж. 6–12-февраль) атайын каралган. 1931-ж. 3-апрелде Кыргызстан Эл комиссарлар советинин алдында К. ч. о. б-ча респ-лык, 17-декабрда р-ндук комитеттер түзүл-гөн. Айыл-кыштактарда ушул маселеге арналган жыйналыштар ж-а слёттор өткө-рүлгөн. Көчмөн элди отурукташтырууга көрсөтүлгөн каршылыктарга карабастан, 1931–37-ж. жарым *млн*дон ашык көчмөн калк отурукташып, коллективдүү чарбаларга айланган. Совет өкмөтү отурукташкандарга турак үйлөрдү, чарбалык, өндүрүш үчүн жайларды, маданий, агартуу, мед. мекемелерди, соода-коомдук имараттарды ж.б. куруп берген. Отурукташкандар колхозго өтүп, коомдук-саясий турмушка активдүү катыша баштаган. к. *Отурукташуу.*

**КӨЧӨТ** – 1. магиялык маанидеги ырым. Эмчи-домчулар адамдын денесиндеги жаман жинди жаныбарга же буюмга көчүрүүгө болот деп эсептешип, дарылашкан; 2. көркөм кол өнөрчүлүктө бири-бирине окшош, кайталанып түшүрүлгөн оюмдардын жалпы аты. Көпчүлүк убакта оюм деген сөздүн синоними катары да колдонулат.

**«КРАСНЫЙ ВОСТОК» ҮГҮТ ПОЕЗДИ** – Бүткүл россиялык борб. аткомунун үгүт-насаат поезди. Үгүт иштерин жүргүзүү ж-а Орто Азия элдеринин партиялык, чарбалык-маданий, курулуш иштерине жардамдашуу үчүн 1919-ж. декабрда уюштурулган. Үгүт поезди 1920-ж-дын 23-январынан 16-июнуна ж-а 1920-ж. 13-августунан 1921-ж-дын 1-февралына чейин Ош, Карасуу, Жалалабат ж-а Түштүк Кыргызстандын калк жашаган башка жерлеринде иш жүргүзгөн.

**КРЕМАЦИЯ (**лат. crematio – өрттөө) – сөөктү көмүү каадасынын бир түрү. Байыркы мезгилден бери ар кайсы калктарга мүнөздүү болгон салт. Бүгүнкү күндө буддизм, индуизм динин туткан калктарда сакталып калган. Учурда маркумдун сөөгүн өрттөп көмүү үчүн атайын курулган крематорийлер (лат. crematorium – өрттөйм) айрым мамл-де колдонулат. Биринчи крематорий 1876-ж. Миланда курулган. Россияда 1921-ж-дан тартып колдонулат. Орто кылымдардагы кыргыздар ж-а аларга тектеш түрк калктары адам каза болгондо сөөгүн өрттөп көмүшкөн. Жазма булактардагы маалыматтар б-ча түрктөрдүн төбөлдөрү 634–639-жылга чейин ушул салтты кармашып, кийин маркумду жылкы м-н чогуу өрттөп көмүүгө өтүшкөн. Орто кылымдагы кыргыздардын сөөк көмүү салты 12-к-га таандык Тахир Марвазинин эмгегинде да баяндалат: «Кыргыздар маркумду өрттөө жөрөлгөсүн тутушат. От аларды (маркумдарды) тазартат деп далилдешет. Алардын мындай жөрөлгөсү байыртадан эле болгон, качан алар мусулмандарга коңшулаш жашагандан тартып, маркумду (өрттөбөй) көмө башташты».

**КУБАТ БИЙ,** К у б а т  м ы р з а (туулган, каза болгон жылдары белгисиз) – 18-к-дын экинчи жарымында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыз урууларынын төбөлү, кол башчы, саясий ишмер; кушчу уруусунан чыккан бий. Кокон башкаруучусу Абд-ал-Каримдин мезгилинде жуңгарлардын баскынчылыгына каршы биргелешип сокку уруу үчүн Кокон бийликтери К. б. башында турган кыргыздар м-н союз түзүп, алардын биргелешкен күчү баскынчыларды Ферганадан кууп чыккан. Кокон хандыгын Эрдене бий башкара баштаган кезде, Оротөбөгө ээ болуу максатында ал кыргыз бийлери м-н өнөктөш болууга аракеттенип, мына ушул кырдаалда да К. б. негизги ролду ойногон. Тарыхый булактарда айтылгандай, К. б. «кыргыздын падышасы» аталып, «өз алдынча башкаруучу катары жеке пайдасы үчүн тигил же бул башкаруучу м-н каалагандай достошуп же ажырашып турган». Кокон хандары ж-а Кытай императору Кубат бийдин пикири м-н эсептешкен. 1855-ж. К. б. Цин империясына каршы боштондук кыймыл жүргүзүп жаткан кашкарлык Жусуп Кожонун чакырыгы б-ча аскерлери м-н Чыгыш Түркстанга кеткен. Ушул окуядан ки-йин К. б-дин тагдыры белгисиз. Ал жакта набыт болгонун уккан карындашы Аксуусар мындай деп кошкондугу эл оозунда айтылат, «Кубат хан өлбөй кут өлдү, кушчу, мундуз журт өлдү».

**КУДАЙБЕРГЕНОВ** Ташмуканбет [1896, Бишкек уезди, Лебединовка болушу, Жедигер айылы (азыркы Кант р-ну) – 1957, ошол эле жер] – советтик, партиялык кызматкер. Бишкектеги орус-жергиликтүү ж-а а. ч. мектебинде окуган. 1916-жылкы көтөрүлүшкө катышкан. 1917-ж. «Букара» союзун уюштуруучулардын бири. 1917–18-ж. солчул эсерлердин партиясында турган. 1918-ж. май – декабрда Бишкекте «Шура-и-Ислам» шаардык комитетинин катчысы болгон. 1918–21-ж. Кызыл Армияда катардагы жоокер, Бишкек комиссариатында улут иштери б-ча бөлүмдүн ж-а РКП(б)нын мусулман бюросунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Түрк-фронттун революциячыл трибуналынын мүчөсү катарында Жетисуу тобунда иштеген, Бишкек 1-атчандар полкунда эскадрондун командиринин жардамчысы. 1921-ж. РКП(б)нин 10-съездине делегат болуп, Кронштадт козго-лоңун басууга катышып, Кызыл Туу орденин алган. 1921-ж. Нарын уезддик ревкомунун, «Кошчу» союзунун Бишкек уезд-дик комитетинин төрагасы. 1921– 22-ж. Жетисууда жер-суу реформасын жүргүзүүгө катышкан. 1922–23-ж. Бишкек уезддик-шааркомунун жооптуу катчысы болуп иштеген. 1921–22-ж. жаатташкан күрөшкө катышкандыгы үчүн партиянын катарынан чыгарылып, кайта Түркстан КП БКда партиялуулугу калыбына келтирилген. 1923–24-ж. Каракол, Нарын уезддик аткаруу комитетин-де иштеген. 1924-ж. июлдан Фергана облаткомунда, 1925-жылдан Бишкек кылмыш издөө бөлүмүнүн башчысы, о. эле Кыргыз облустук сотунун төрагасынын орун басары. 1925-ж. Орто Азия бюросуна ж-а РКП(б) БКнын адресине жазылган «отуздун» арызы аттуу белгилүү каттын авторлорунан болгон. 1927-ж. Кыргыз АССР Борб. аткомунун 1-сессиясында респ-нын юстиция эл комис-сары ж-а прокурору болуп шайланган. 1930-ж. «кызмат абалынан кыянат пайдаланды» деген айып м-н 5 жылга эркинен ажыратылган. 1931-ж. 25-июлда саламаттыгына байланыштуу поселенияга Ташкенге жиберилген. Ал 1931–37-ж. Өзбекстанда иштеген. 1937-ж. «Советке каршы ишмердиги» үчүн 10 жылга кесилген. 1947-ж. август айында бошонуп, 1948-ж. ноябрда кайрадан (үчүн-чү жолу) камакка алынган. 1949-ж. Крас-ноярск крайына айдалган. Андан 1954-ж. бошотулган.

**КУДАЛАШУУ** – никелешүү алдында ата-энелердин нике тууралуу макулдашуусу, убадалашуусу. К. төмөндөгүдөй түрлөрдө жүргүзүлгөн – бел куда, бешик куда, кайчы куда. Бел куда – төрөлө элек балдарды (боюнда бар кезинде) келечекте баш коштуруу үчүн убадалашуу; бешик куда – кичинекей, бешиктеги мезгилинде К.; кайчы куда – кыз алышып, кыз беришүү. К. демилгеси жигиттин ата-энеси же алар жиберген жуучу кыздын ата-энесине же жакын тууган-туушкандарына баруудан башталган. К. учурунда кыздын же жигиттин эрки, каалоосу эсепке алынган эмес.

**КУДАЯН** Сарсейит уулу, х а н  К у д а я н (туулган ж-а өлгөн жылдары белгисиз) – 18-к-дын 80-жылдарындагы кыргыздардын башкаруучусу. Сарыбагыш уруусунан. Сарсейит бийдин Үчүкө, Түлкү, Кудаян ж-а Эрдене аттуу төрт уулу болгон. Үчүкө, Түлкү эл башкарып, баатырлык кылышкан. Какшаалдагы нойгут

кыргыздарынан чыккан кыз баатыр Жаңыл Мырзаны алабыз деп барып, анын колунан бөөдө өлүм болушкан. Агалары өлүп, К. жаш болгондуктан, сарыбагыштын жантай уругунан карасакал Калматай убактылуу эл бийлеген. Ошол мезгилде жалпы аркалык кыргыздарды Көкүмдүн уулу хан Тейиш башкарып, башкаруу ишинде казак Ишим хандын небереси Тауке Жаңгир уулу м-н пикирлеш ж-а союздаш болгон. 1670-жылдардын башталышында аркалык кыргыздар К-ды хан көтөрүшкөн. Элдик уламышта К. төрөлгөндө кан уучтап түшкөн делет. Мындай маалымат тийиштүү даражада К-дын хандык бийлигинин идеологиялык негизин бекемдөөгө багытталган. К. башкарган мезгилде өтө оор заман башталып, кыргыздар калмак баскынчыларынын кысымынан улам жер которуп, Ысар–Көлөпкө чейин барган. Уламышта Санчы сынчы К-ды сынап, сынына толбой калганын ачык айтканы үчүн аны К. төбөгө чаап, сынчынын каргышына калган делет. Уламыштын башка вариантында К. Ооганстанга жортуулдап, Сырдарыядан өткөндө каза болгон.
өзүлөрүн сарыбагыштан тараганбыз дешкен Талас өрөөнүндөгү томолоктор да К-дын тукумдарынан болушу ыктымал.

**КУДАЯР ХАН** (1829–1879) – Кокон хандыгын 1845–58, 1862–63, 1865–75-ж. бийлеген хан. Таластагы саруулардын айылында атасы Шералы Базар баатырдын үйүндө жашап жүргөн мезгилде туулган. Апасы *Жаркын-айым* аксылык саруу бийи Токтоназардын кызы болгон. 1842-ж. атасы Шералы ордодогу белгилүү мамл. ишмер *Нүзүптүн* жардамы м-н хан көтөрүлгөндөн кийин Коконго келген. 1844-ж. Шералы хан ордодогу козголоңчулар тарабынан өлтүрүлгөндөн ки-йин 14 жаштагы Кудаяр балакай кылып алган Мусулманкулдун эркине баш ийип, Кокон хандыгына хан көтөрүлгөн. Ордодогу ыйкы-тыйкы, так талашуунун капшабынан ал үч жолу тактыдан куулган. Кыргыздардын жээни К.х. алгач таекелерине жан тартып жүрсө да, ордо турмушуна көнгөн са-йын кыргыз бийлерин кысымга алып, эзүүнү күчөткөнү элетке кадыры кеткен. Натыйжада, ага каршы 1873-ж. Фергана өрөөнүндө кыргыздар башында турган элдик кыймыл башталган. 1875-ж. 22-июлда К.х. акыркы жолу тактыны таштап, орустардын ээлигиндеги Ташкенге келген. Орус бийликтери аны үй-бүлөсү, жакындары м-н Оренбург ш-на жөнөтүп жиберишкен. 1877-ж-га чейин Оренбургда жашаган Кудаяр Бухара эмирлиги аркылуу Ооганстанга качып өтүп, Мекеге зыярат кылат. 50 жашка толгон Кудаяр Мекеден Багдад аркылуу Түркстанга кайтып келе жатып, Ооганстандын Мазари-Шариф деген жеринде каза болуп, ошол жердеги көрүстөнгө коюлган. К.х. башкарган мезгилде хандык – феодалдык эзүү күчөп, ич ара чабыштар, кошуна хандыктар, Россия м-н уруштар күчөгөн.

**КУЖЕЛО** Эрнест Францевич (1890–1934) – Орто Азияда Совет бийлигин орнотуучулардан. Австрия-Венгриядагы Кутенберг ш-нда туулган. 1914-ж. орус армиясына өз ыктыяры м-н туткунга түшүп, чех-словак корпусунда революциячыл иштерди жүргүзгөн. Бобруйск жумушчу ж-а солдат депутаттар советинин төрагасы, 1918–19-ж. Кокондогу чет өлкөлүк коммунисттер комитетинин төрагасы, «3-Интернационал» атн. бириккен кошуундун, Фергана өзүнчө атчандар бригадасынын командири болгон. 1920–21-ж. К-нун атчандар бригадасы басмачыларды, Бухара эмирдигинин аскерлерин талкалаган. 1921–23-ж. Ош уездинин Өзгөн-Алай аймактарында тапшырма б-ча жүргөн 1-Фергана аймактык атчандар полкуна ж-а өзгөчө бөлүктөргө командалык кылган. 1924-ж. СССР революциячыл аскер советинде, Бүткүл россиялык эл чарба советинде жооптуу кызматтарда иштеген.

**КУЗОРДО**, К у з о р д у – Караханийлер мамл-нин ордо шаарларынын бири. 11–12-к-да *Баласагун* ш. К. деп аталган. Шаардын аты 11-к-га таандык тыйындарда, Жусуп Баласагуни м-н Махмуд Кашгаринин эмгектеринде, о. эле 12-к-дын 30-жылдарында Кара Кытай мамл-нин борбору катары кытай булактарында эскерилет. к. *Баласагун* макаласын.

**КУЙРУЧУК** Кудайберген Өмүрзак уулу [1866, Курманкожо – Кулжыгач (азыркы Жумгал р-ну, Кызылтуу айылы) – 1940, Жумгал айылы] – куудул, ырчы. Энесинен эрте ажыраган. 14 жашынан байларга жалданып иштеп, турмуштун оордугун көп тарт-кан. Ошондуктан коомдогу жакшы м-н жамандыкты, карама-каршылыктарды, келишпестиктерди эртерээк ажыратып, сергек кароого үйрөнгөн. Өз чөйрөсүндөгү бай-манап, молдо, бий-болуштардын терс кылык-жоруктарын эл алдында тартынбай ашкерелеген. Анын «Бейиштеги үн», «Арбак», «Айып кимде», «Жалаа», «Манасым барда кайда болсо коном» ж. б. жоруктары эл арасына кеңири белгилүү. К. куудул гана эмес, төкмө ырчы да болгон (мис., атактуу Найманбай ырчы м-н айтышы). Манастан ж. б. дастандардан айткан. Кыргыздын оозеки чыгармаларын, улама сөздөрүн, санжырасын көп билген, кепке уста, ашкан чечен болгон. К-тун куудул сөздөрү бизге толук жеткен эмес. Анын чукугандай таамай айтылган курч сөздөрү, күлкүлүү жоруктары эл арасында ылакап катары айтылат. К. Бектенов К-тун мурасын чогултуп, ал ж-дө китеп жазган. К. чыйрак, карылуу дагы киши болгон. Анын эскерүүсүнө караганда 27 жашка чыкканга чейин 18 жолу балбан күрөшкө түшүптүр. Ал сынчы, келечекти көрө билген, айтканы айткандай келген адам болгон. Анын ысымы м-н Жумгал р-нундагы айыл аталган.

**КУЛ** – коомдук-социалдык турмушта эч бир укугу жок адам. Кыргыздардын социалдык турмушунда К. патриархалдык мүнөзгө ээ болуп, бай же оокаттуу адамдар гана К. кармай алышкан. К-дар жортуулдарда, кербендерди карактаганда, соода сатыкта ж.б. кырдаалдарда пайда болгон. Өтө жардылыкка баткан адамдар да саанга, күчкө алган малдын ордун толтура албай, байларга К-дукка өтүшкөн. Өзү же туугандары кун төлөөдөн баш тарткан кылмышкерлер да К-га айландырылган. Кыргыздарда К-дардын төмөндөгүдөй түрлөрү болгон: боору такыр К. (атасы К. болсо баласын ошентип аташкан); жумшатылып келген К. (кызды күйөгө бергенде

кызматына деп кошо жөнөткөн); калыңга келген К.; байгеге сайылып келген К.; олжо К. же жоодон түшкөн К.; сатып алган К.; кирме К. (байдын кызматында жүргөн К.); бакма К. (байдын кызматындагы чоочун адам, ал каалаган учурда кетүүгө укуктуу болгон); дене К. (толук укуксуз кул, ал өмүр бою К-дуктан бошогон эмес); тондуу К. же үйдө туума К. (күңдүн баласы); түпсүз К. же жетесиз К.(урук-тууганы, эл-журту жок К.). К. үй ж-а мал чарбасында кызмат кылган.

**КУЛАККА ТАРТУУ.** Совет бийлиги 20-жылдардын ичинде кулактарга чектөө саясатын жүргүзсө, 1929-ж. 27-декабрынан «Кулактарды тап катары жоюу» жарыялангандан кийин Кыргызстандагы ооккаттуу дыйкандарга кирген кулактарга массалык ре-прессия баштаган. Чындыгында, Кыргызстанда кулактардын саны өтө аз болгон. 1929-ж. салык эсеби б-ча Кыргызстандын аймагында жалпы дыйкан чарбалардын 1,8%ин түзгөн 3406 гана кулак чарбасы болгон. Жергиликтүү бийлик органдары фактыларды бурмалашып, дыйкандардын 10%ин кулакка тартышкан. Натыйжада, орто дыйкандардын көпчүлүгү, айрым учурда кедей дыйкандар да кулакка тартылган. Кулакка тартылгандардын бир бөлүгү сот жообуна тартылса, 2-бөлүгү алыскы аймактарга кубаланган. Мис., 1931-ж-га чейин 6 миң үй-бүлө Украинага, Кавказга көчүрүлгөн. Совет бийлигинин К-ка т-дагы бурмаланган саясаты дыйкандардын куралдуу көтөрү-лүшүнө алып келген. Мис., Ысыккөл, Нарын ж-а Кыргызстандын түштүгүндөгү куралдуу көтөрүлүштөр К.т. саясатын иш жүзүнө ашырууда айыл-кыштак калкынын бир бөлүгү массалык жазалоодон жабыр тарткан.

**КУЛАКТАР** – социалдык жикке бөлүнүүдөн пайда болгон айыл-кыштактагы ооккаттуу дыйкандар. К. башка дыйкандардан мал-мүлкү, үй-тиричилиги, ээлеген жери б-ча ба-йыраак болушкан. Маданий деңгээли б-ча башка дыйкандардан айырмаланышкан эмес. К. 1861-ж. Россияда крепостнойлук укукту жоюу б-ча мыйзам кабыл алынгандан кийин социалдык катмар катары пайда болгон. Кыргызстандагы К-дын катмарын 19-к-дын аягы – 20-к-дын башында Россиядан көчүп келишкен орус, украин, белорус ж.б-дын ооккаттуу дыйкандары түзүшкөн. Алар Кыргызстандын аймагында падышачылык Россиянын колониалдык саясатынын таяныч милдетин аткарышкан. Кыштактардагы капиталисттердин өз алдынча катмарын түзүшүп, арендалар ж-а сатып алуу м-н дыйкандардын, помещиктердин ж-а казынанын жерлерин ээлеген соода, өнөр жай мекемелерин ээлешип, алып-сатарлык кылышкан, чарбасында дыйкандарды ж-а кедейлерди жалдашкан. Октябрь революциясынын жеңип чыгышын, Совет бийлигинин орношун ж-а анын жүргүзгөн соц. кайра курууларына каршы чыгышкан. Алар кедей ж-а орто дыйкандарды алдоо жолу м-н айылдык ж-а болуштук советтерге киришкен. Кыргызстандын Чүй, Ысыккөл ж-а түштүк-батыш аймагында (Айдаркен, Сүлүктү) К-дын айрымдары большевиктик партиянын катарына өтүшкөн. Ачарчылыкты ж-а Кыргызстандагы социалдык-экон. кыйын абалды пайдаланып, Совет бийлигин кээ бир чарбалык-маданий кайра курууларынан баш тарттырууга аракеттенишкен. Кийинчерээк Кыргызстандын аймагында өткөрүлгөн социалдык-экон. ж-а маданий курулуштарга тынымсыз билинбеген каршылыктарды көргөзүп турушкан. К. жергиликтүү ж-а европалык элдердин ортосундагы улуттук мамилелердин калыптанышына ж-а өнүгүшүнө тескери таасирлерин тийгизишип, шовинисттик саясатты үгүттөшкөн. 20-жылдары Совет өкмөтү К-га каршы чек-төө саясатын, 1929-жылдан тап катары жоюу саясатын жүргүзө баштаган. к. *Кулакка тартуу* макаласын.

**КУЛАНКОРУК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 10–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Кыргыз Алатоосунун этегинде, Талас ш-нын түндүгүндө жайгашкан. Шаар чалдыбарынын орто чениндеги чоң дөбө чептин калдыгы болсо керек. К. ш. ч. орто кылымга таандык Текабкет ш. болушу мүмкүн. Шаардын калкы суу м-н шаар аймагынан чыккан булактан чопо куурлар аркылуу камсыз кылынып турган.

**КУЛАНСАЙ АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ** – б. з. ч. 2-миң – б. з. 1-миң жылдыгына таандык көрүстөндөр, аска бетиндеги сүрөттөр ж-а жазуулар. Талас ш-нан 7 *км* түндүк-чыгышта, Кыргыз Алатоосунун түштүк бөлүгүндөгү капчыгайда жайгашкан. Бул капчыгайдын экинчи аты жергиликтүү жашоочулардын арасында Кулан же Чийимташ деп аталат. Алар Кулансайдын жээгиндеги түзөңдөрдө жайгашып, бийиктиги 1 *м*ге жеткен таш, топурактар м-н корумдалган. Таштардын бетине чеберчилик м-н кишилердин, тоо эчкилердин, жырткыч айбанаттардын сүрөттөрү тартылган. О. эле аска бетинен 18 саптан турган согду жазуусу табылып, андан 100гө жакын түрк элдерине мүнөздүү эркектин ж-а аялдын аттары кездешкен. К. а. э-н Д. Ф. Винник, Ч. Жумагулов, Я.А. Шер изилдеген.

**КУЛАТОВ** Төрөбай (1908, азыркы Ноокат р-ну, Кызылбулак кыштагы – 1984, Бишкек) – мамл. ж-а парт. ишмер. 1961-ж. КПСС БКнын Жогорку партиялык мектебин бүтүргөн. 9 жашынан 16 жашына чейин кулактарга жалданып иштеген. 1926–33-ж. темир жолдо жумушчу, Кызылкыядагы «Жал» шахтасында забойщик, ошол эле жерде шахта комитетинин төрагасы. 1934-ж. көмүр казуучулар союзунун шахта комитетинин төрагасы. 1936-ж. Ош облустук «Жал» шахтасында парторг. 1938-ж. Кызылкыя шаар советинин аткомунун төрагасынын орун басары, «Кыргыз көмүр» трест башчысынын орун басары. 1938–45-ж. Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин, 1945–78-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын орун басары. 1937–79-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. Беш Ленин, Октябрь Революциясы ж.б. орден, медалдар м-н сыйланган.

**КУЛМАТОВ** Кеңеш (1934-ж. т., Чүй облусу, Чүй р-ну, Акбешим айылы)–партиялык ишмер ж-а элчи, тарых ил-нин доктору (1984). 1956-ж. КМУну бүткөн. 1960–64-ж. Кыргызстан ЛКЖС БКнын 1-катчысы. 1964-жылдан партиялык кызматтарда. 1970–73-ж. Кыргызстан компартиясынын Бишкек шаардык

комитетинин 1-катчысы. 1973–83-ж. Кыргызстан КП БКнын катчысы. 1983-жылдан СССР тышкы иштер министр-лигинде иштеген. 1992-жылдан Танзания Респ-нда Россия мамл-нин атайын ыйгарым укуктуу элчиси. Ил. эмгектери Кыргызстан КПнын тарыхына ж-а улуттар аралык мамилелерге арналган. 100дөн ашык ил. эмгектин, а.и. 2 монографиянын автору.

**КУЛМАТОВ** Сатар (1904, азыркы Чүй облусу, Кемин р-ну, Чоңкемин кыштагы – 1938) – Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышкандардан. 1919-ж. Токмок, Пишпек уезддеринде комсомол ячейкаларын түзүүгө катышкан. 1921–22-ж. Ташкенде советтик-партиялык мектепте окуган. 1922–28-ж. комсомолдук кызматтарда, Кыргыз АССР БАКтын жооптуу катчысы, 1928–30-ж. Каракол округдук комитетинин катчысы. Кийинки жылдары Талас, Нарын райкомдорунун катчысы, 1937-ж-дан Кыргыз ССР жеңил өнөр жай комиссары. Социал-Туран партиясынын мүчөсү ж-а Ж. Абдрахманов м-н байланышта болгон деген жалган жалаа м-н репрессияга дуушар болгон.

**КУЛ ЭЭЛӨӨЧҮЛҮК ТҮЗҮЛҮШ –** адамзаттын тарыхындагы алгачкы таптык коомдук-экон. формация. Кул ээлөөчүлөр м-н кулдардын пайда болушу – биринчи таптык бөлүнүштү жараткан. К. э. т-түн тарыхын ушул эки таптын ортосундагы тынымсыз күрөштөр аныктаган, ушул каршылыктардын натыйжасында коомдун кулк-мүнөзү (экон., укуктук нормалары, жашоо мүнөзү, ил. деңгээли, этикасы, дини, философиясы – деги эле бүткүл идеологиясы) аныкталган. К. э. т. алгачкы общиналык түзүлүштөн кийинки таптык коом. К. э. т. байыркы маалыматтар б-ча б. з. ч. 5–4-миң жылдыктар аралыгында жаралып (Месопотамия, Египет), Азиянын, Европанын ж-а Африканын өнүк-көн өлкөлөрүндө б. з. 3–5-к-на чейин өкүм сүргөн. Өзгөчө Байыркы Греция м-н Римде күчтүү өнүккөн. Булардын таасири астында башка мамл-тер да К. э. т-кө өтүүгө мажбур болушкан. Бул процесс Рим империясынын түзүлүшү м-н аяктаган. Ал эми тарыхый аренага Рим империясы кулагандан кийин чыккан элдер (германдар, славяндар) бул коомдук түзүлүштү басып өтпөстөн, алгачкы общиналык коомдон тике эле феодалдык түзүлүшкө аттап өтүшкөн. Азия өлкөлөрүн-дө, а. и. кыргыздарда К. э. т-түн классикалык формасы болгон эмес. Ошондуктан кыргыз эли Орто Азиядагы бардык көчмөн элдердей эле кул ээлөөчүлүк доорду басып өтүшкөн эмес. Бирок, кыргыздардын социалдык мамилелеринде кул ээси ж-а кул институттары өзгөргөн түрүндө сакталып калган.

**КУЛЯБ ВИЛАЙЕТИ,** К у л я б а й м а г ы – Амударыянын жогорку агымындагы Ысар-Алай кырка тоосунун этегин камтыган аймак; 18-к-да Бухара хандыгынын бир вила-йетинин (облусу) аталышы. Кыргыздар Алайды ж-а Каратегинди 16-к-дан ээлеп турушкан. 17-к-дын башталышында кыргыздар батышка Ысар-Кулябды карай жылып, батыш аймактагы чектери Кулябга чейин жеткен. Бул жерден кыргыздар коңшулаш К.в-нин ж-а Бухара хандыгынын айрым жерлерине чабуул коюп турушкан. 17-к-дын 20-жылдарынын аягында аталган аймактагы кыргыздарга Аштарханийлердин Балхтагы башкаруучусу Надир-Мухаммед Абд ар-Рахман аталык жооп кылып, кыргыздарга кол салган. Анын жортуулу Алайдагы кыргыздарга чейин жеткен. Тарыхый булактар б-ча түндүк кыргыз урууларынын басымдуу бөлүгү калмактардын кысымынан улам 17-к-дын аягы–19-к-дын 1-чейрегинде Куляб аймагына чейин көчүп барышкан. Бул тууралуу калк арасында «Казак кайың саап, кыргыз Ысар Көлөпкө кирди» деген сөз сакталып калган.

**КУМАНДАР –** 10–13-к. Дешт-и-Кыпчак аймагынын түрк тилдүү урууларынын (кыпчактардын) мажар, роман, герман тилдериндеги бир аталышы. Кыпчактар орус булактарында «половец» деп аталган. Айрым изилдөөчүлөр «куман» – куу кижи, кумандылар (алтайлыктар), Куу уул (кыргыздар), Кубан (топоним) сыяктуу уруунун же элдин атын, бирикмени туюнткан деп жоромолдошот. О. эле к. *Кыпчактар* макаласын.

**КУМБЕЛ КӨРУСТӨНҮ –** орто кылымдарга таандык көрүстөн. Соңкөлдүн түштүк-чыгыш тарабындагы Кумбел суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Мүрзөнүн диаметри 8 *м.* Күл калдыктары, майда мал сөөктөрү кездешкен. Эстеликтин өзгөчөлүгү – таштан курулган мүрзө сымал курулушта балбал таштын орнотулгандыгы.

**КУМГАН** – металлдан (жез, коло, чоюн) куюлуп жасалган идиш. Түп жагы курсактуу, ичке моюндуу, туткалуу, чорголуу, капкактуу болгон. Чай кайнатуу, колго суу куюу, даарат алуу үчүн керектелген.

**КУМДУУСАЙ ЭСТЕЛИКТЕРИ** Соңкөл-дүн чыгыш жээгиндеги Кумдуусай деген жерден табылган. Боз граниттин жалпак бетине монголоид тибиндеги кишинин элеси чегилген. Башы үч мүйүздүү баш кийим кийгенсип турат. Я. А. Шер изилдеген. 6–10-к-га таандык. Сайдын тектирлеринде эрте темир дооруна ж-а орто кылымдарга таандык көрүстөндөр жайгашкан. Казып изилденген эмес.

**КУМЕКОВ** Болат Ешмухамедович (1940-ж. т., Казакстан, Тараз ш.) – тарых ил-нин доктору (1994), проф. (1996), Казак Респ-нын УИАнын корр.мүчөсү. Казактардын ж-а Орто Азиянын орто кылымдардагы тарыхы ж-а маданияты, булак таануу, тарых-геогр. картографиясы б-ча адис. 450дөн ашык ил. эмгектердин, а.и. 15 монографиянын автору.

**КУМТӨР ЭСТЕЛИКТЕРИ** Ысыккөл облусунун Кумтөр жергесинен (Кашкасуу, Уччат, Майтөр) табылган. Мезолит, неолит доорлоруна тиешелүү. Анын негизги өзгөчөлүгү бийик аймакта (деңиз деңгээлинен 3400–3600 *м* бийиктикте) орун алышы. Нуклеустар, жалпак ж-а кичине таштар, таш жаракалары табылган. Айрым жалпак ж-а кичине таштардын беттери боёлгон. Эмгек куралдары халцедон, роговик таштарынан жасалган.

**КУН –** кыргыздын коомдук салттуу мамилелеринде адамды өлтүргөндүгү, денесине жаракат, үй-мүлкүнө, жеке буюмдарына материалдык зыян келтиргендиги үчүн жооп берүү, өч алуу адаты. К-дун жаралышы

алгачкы коомдук мамилелерге барып такалат. Дүйнөнүн дээрлик бардык элдеринин тарыхына мүнөздүү. Кыргыздарда К. коомдук мамилелердин өзгөчө катмарын түзгөн; ага байланыштуу «кун алуу», «кун куу», «кунуна берүү», «кунуна келген», «кун доо» ж. б. түшүнүктөр кенен тараган. К. коллективдуу коргонуунун бир формасы. Негизги максаты – күнөөлүү тарапты жазалоо, материалдык ж-а моралдык зыяндын ордун толтуруу. К. алуу (куу) адаты ыйык эсептелип, сөзсүз түрдө аткарылган. Бул көрүнүш коомдун социалдык-экон. өнүгүүсүнө жараша бир нече баскычтан өтүп, өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бирок, негизги маңызы – күнөөлүү тарапты жазалоо функциясы сакталып калган.

**КУНДАК** – ымыркай бешикке бөлөнгөнчө жатуучу төшөкчө. Төө жүнү, тыбыт же койдун уяң жүнү кат-кат төшөлүп, баштык түрүндө жасалат. Сырты кездеме, таар, жаргак м-н капталган.

**КУРАН** (ар. куран – окуу, «Кудайдын аяны») – исламдын ыйык китеби. Куранда Алла өз аянын пайгамбар Мухаммедге сөзмө-сөз айтып төгүп берет. Кудай ж-а дүйнө тууралуу чындыкты адамзатка айтып берүү үчүн пайгамбарлар аталган атайы адамдар тандалып алынган. Пайгамбарлардын эң кичүүсү Мухаммед болгон. Мухаммедге чейинки байыркы пайгамбарлар катары ислам дини иудаизмдин ж-а христианчылыктын ыйык пайгамбарларын тааныйт. Мис., Адам, Нук (Ной), Ибрагим (Авраам), Лот, Муса (Моисей), Давид, Сулайман (Соломон), Иса (Иисус). Бирок, аталган пайгамбарлардын окуусу алардын шакирттери тарабынан бурмаланып кеткен. Ошондуктан мусулмандар еврейлер м-н христиандарды Кудайдын аянына эмес, «кагаздагы жазууга ишенген» адамдар деп аташат. Пайгамбарлардын ичинен Мухаммеддин гана окуусу бурмаланбаган туура окуу деп көр-сөтүшкөн. Исаны пайгамбар деп таануу м-н ислам дини христиандардын Иисус Христос Кудайдын уулу деген окуусуна ж-а Ыйык Үчбирдикке (Троицага) каршы турат: К-да «жалгыз Кудай балалуу боло албайт жана анын курбусу болбосо, Иисус кантип төрөлмөк», – деп белгиленген. К-дын негизин Мухаммед пайгамбардын акыл-насааттары, олуячылыктары, дин окуусу ж-а притчалары түзөт. Пайгамбар жазганды, окуганды билбеген сабатсыз адам болгон. Ошондуктан анын сөздөрү ж-а иштери жардамчылары тарабынан пальманын жалбырактарына ж-а таштын бетине жазылып алынган да, кийин кагаз бетине көчүрүлгөн. Мухаммеддин шакирттери ал тексттерди жаттап, эски араб поэзиясын көркөм окугандай кырааты м-н айта билишкен. К. рифмалуу проза ж-а ритмикалуу сүйлөмдөр м-н жазылган. К-дын мазмуну мындай курамдык бөлүктөрдөн турат: 1. дүйнөгө карата диний көз караштын негиздери, исламдын догмалары ж-а культтук окуу; 2. шариаттын негизине айланган араб урууларынын укуктук ж-а адеп-ахлактык нормалары, ырым-жырымдары ж-а каада-салттары; 3. жаңы диний окууну негиздөөгө зарыл болгон байыркы семиттердин, арабдардын, еврейлердин, христиандардын пайгамбарлар ж-а алардын ишмердүүлүктөрү ж-гү мифтери м-н легендалары; 4. исламга чейинки доордогу арабдардын ырым-жырымдары ж-а алардын фольклорунан үзүндүлөр. К-да Мухаммед тарабынан айтылган Алланын сөздөрү аян, башка сөздөр лакап, жомок катары берилет. К-дын толук тексти Мухаммед өлгөндөн кийин чогултулуп, 7-к-дын ортосунда Осмон халиф пайгамбардын жардамчысы болуп турганда тексттер ыйык деп жарыяланган. Орто кылымдарда К-ды жатка билген адамдар көп болгон. Ортодоксалдуу ислам тарабынан Кудайдын аянын бурмалап жибербөө үчүн К-ды башка тилдерге которууга тыюу салынган. Араб жортуулдары ж-а жаңы аймактарды исламдаштыруу – К-ды окууну ж-а жатка билүүнү шарттаган. Ошондуктан бул доордо араб тилин үйрөнүү ж-а бул тилди кеңири аймактарга жайылтуу иши күч алган. Орто кылымдардагы арабдаштыруу процесси мусулман маданиятынын түзү-лүшүнүн маанилүү элементи.

**КУРЖУН** – терме же жөнөкөй таардан, килемден ортосу бириктирилип, артынып жүрүүгө ыңгайланып жасалган эки көздүү баштык. К-дун ар бир көзү (баштыгы) 50х50 *см*, бүт чети же бурчтары чачыланып коздолот, оздору туюк уч бүчүлөр м-н килиттелет.

**КУРЖУН СӨКТҮРҮҮ** – үйлөнүү үлпөтүн-дө аткарылуучу жөрөлгө. Калың төлөнүп, кызды алууга келишкенде күйөө тарап атайы куржун жасап келишкен. Куржунга кешик (бышырылган койдун эти, боорсок, белек-бечкектер) салынган. Кыз тараптан нускалуу, кадыр-барктуу байбичелердин бири К.с. жөрөлгөсүн жасаган. Куржун сөккөн аял кешиктин оозуна салынган жоолукту ж-а тамак аштын чүйгүнүн өзү алып, үй ээсине тиешелүү белегин берип жаш үй-бүлөгө бакыт, ынтымак каалаган. К.с. үйлөнүү үлпөтүндөгү өз ара белек алмашууга кирип, жакшылыкта жолугуунун белгиси болуп саналган.

**КУРМАН АЙТ** – мусулмандардын диний майрамы. Орозо айттан 70 күн өткөндөн кийин белгиленет. Куранда Кудай сүйгөн пайгамбары Ибрагимден алла-таала үчүн баласын курмандыкка чалууну сурайт. Ибрагим баласы Исмаилди курмандыкка чалаарда мойнунан бычакты өткөрбөй Жебрейил периште кармап турат имиш. Ошондо асмандан мүйүздүү кочкор түшөт. Мына ошондон тартып К. а. келип чыгат. К. а. тирүүлөрдүн айты болуп эсептелет ж-а бул күнү кудайга арналып курмандык чалынат. К. а-та орозо айттагыдай эле мечитке барып намазга жыгылышат, кудайга сыйынышып, «күнөөлөрүнөн арылууну» сура-шат. Битир, зекет, садага ж.б. беришет. Кыргыздарда К. а-тын биринчи күнүндө улуттук оюндар (ат чабыш, кыз куумай) уюштурулуп, элдик майрам болгон.

**«КУРМАНБЕК»** – кыргыздын баатырдык эпосторунун бири. Негизги темасы – ата журтту коргоо, башкы идеясы – уруу, эл биримдигин сактоо. Эпостогу окуялар жуңгар дооруна туура келет. Батыш Моңголияда пайда болгон Жуңгар мамл. (14-к.) Орто Азиянын көп жерин басып алып, катуу сурак жүргүзгөн. 16–18-к-да кыргыз эли да ойрот-жунгар баскынчыларына каршы күрөшүп, аларды сүрүп чыгып, эл-жерди

эзүүдөн бошоткон. Эпосту адеп изилдегендердин бири – Г. Самарин. Дастандын баш каарманы К. – чыныгы баатыр, эл коргоочу. 16га келгенде 40 жигити м-н калмактардан өч алыш үчүн жөнөйт. К. баатырдын кулк-мүнөзү анын Канышайга үйлөнүшү м-н тереңдей баштайт. К. пат-риархалдык-феодалдык үйлөнүү салтын четке кагып, өз сүйгөнүн издеп чыгат. К-тин образын анын жары Канышайдын образы толуктап турат. Канышай – баатырдын чыныгы жолдошу, ишенимдүү жубайы. «К.» дастанындагы маанилүү кейипкерлердин бири – Аккан. Баатыр аталып даңкы чыкпаса да, эл багып, эл биримдигин сактап келген адам, адамкерчиликтүү жолдош, мээримдүү дос. Мунусу К. жараланган эпизоддон даана көрүнөт. Карасанатай-лык м-н кара өзгөйлүк дастанда К-тин атасы Тейитбек хандын образында берилет. Уулунун калмакка жасаган чабуулуна каршы турат, кысталыш учурда Телтору атты бербей кастык кылат. Кара өзгөй Те-йитбек эпостун аягында өз жазасын алат. «К.» эпосу б-ча А. Токомбаев аңгеме (1924), К. Жантөшев «К.» аттуу пьеса жазган (1942). «К.» дастаны каракалпак калкында да бар. К-ти тарыхый инсан катары караган изилдөө-лөр да кездешет. 2002-ж. К. баатырдын 500 жылдыгы белгиленип, Жалалабат ш-нын кире беришинде «Курманбек» – кылымдар мурасы» аталган эстелик-комплекс (салтанаттуу дарбаза) курулган.

**КУРМАНЖАН ДАТКА** (1811, Ош ш-нын жанындагы Ороке кыштагы–1907) – коомдук ж-а мамл. ишмер. Алайдагы кыргыздардын башкаруучусу, Алай канышасы деген ат м-н белгилүү. Муңгуш уруусунун жапалак уругунан. Курманжан жаш кезинен эле өз оюн бетке айткан, акыл-эси башкалардан өзгөчөлөнүп турган, намыскөй кыздардан болгон. Курманжан 17 жашка чыкканда атасы Маматбай кудалашып койгон 500 түтүндүү жоош уруусунун Төрөкул деген бийинин анча мааниси жок Кулсейит аттуу уулуна турмушка чыгарган. Бирок, күйөөсү көңүлүнө толбогон Курманжан мезгилинин катаал мыйзамына каршы туруп, бир жылдан кийин Үчташ жайлоосунан атасынын үйүнө келе берет да, 3 жыл чамасында башы бош олтуруп калат. 1832-ж. Курманжан 21 жашында баргы уруусунун бийи *Алымбек датка* м-н кокусунан жолугуп, көп узабай аны м-н тагдырын кошкон. Аны м-н 29 жыл жашап, 5 балалуу болгон. К.д. Алымбек датка Асан бий уулуна турмушка чыккандан баштап мамл. ж-а коомдук иштерге аралаша баштаган. Көп жылдар бою Алымбек датканын таасирдүү кеңешчиси, жардамчысы ж-а насаатчысы болгон. Алымбек датка ордодо, Кашкарда саясий маселелер м-н алектенип жүргөн мезгилдерде анын милдетин да кошо аркалаган. Ошол кезде эле К. айымдын атагы Кокон хандыгы эле эмес, коңшу Бухара эмирлигине, атүгүл алыскы Россия серепчилерине да дайын болгон. 1862-ж. Кокон хан сарайындагы козголоңчулар тарабынан Алымбек датка өлтүрүл-гөндөн кийин, Алайдагы башкарууну Курманжан биротоло өз колуна алган. Ошол эле жылы Бухара эмири Сейит Музаффар Эддин Алай тараптагы кыргыздардан Кокон хандыгына таяныч издөө максаты м-н Ошко чейин аскерлери м-н келген. Курманжан аларды өгөй уулу Жаркынбай ж.б. балдары, туугандары м-н Оштон кастарлап тосуп алышкан. Эмир Алымбектин ордун басчу адамга датка наамын ыйгарууну көздөгөн. Алгач бул наамды Курманжандын пикири б-ча ата баласы деп ошол кезде Ош вилайетинин акими болуп турган Жаркынбайга сунуш кылышкан. Бирок, Жаркынбай бул даражадан караманча баш тартат. Жаркынбайдын бул чечимин Алымбектин туугандары Осмон, Өмүрбек, Акимбай ж.б. бийлер туура көрүшөт. Бийлик үчүн кырылышкан ордо адамдарынан айырмаланган толук бийлердин бул жоругу Музаффарды абдан таң калтырган. Ошентип, Музаффар м-н Кокон ханы Кудаяр Курманжанга датка наамын ыйгарууга аргасыз болушкан. Ушул окуядан кийин Курманжан «датка» аталып, хандыктын саясий иштерине аралашкан, ордодо жолугушууларды өткөрүп, ханга кеңеш айта алган. К. д. Ош вилайетин гана башкарбастан, Кокон хандыгынын саясий иштерине да кийлигишип турган. Кудаяр үчүнчү жолу такка олтурганда (1865) Курманжан улуу уулу Абдылдабекти ээрчитип, Коконго келгендиги маалым. Кудаяр хандын энеси *Жаркынайым* м-н Курманжан *Шералы хандын* заманынан бери эле ынак, сырдаш болуп, Кудаяр бала кезинен эле Курманжанды жакшы билчү. Конокторду ызаат м-н тосуп алган ж-а мөөр ойдуруп, кымкап чапан жаптырып, баалуу белек бердирген. Жаркынбайдын ордуна Абдылдабекти Ошко аким кылып дайындаган. 19-к-дын 70-жылдарынын башында К. д. Кудаяр хандын саясатына нааразылык билдирген ж-а элдик кыймылдын башталышына үн кошкон. Тун уулу Абдылдабектин Кудаяр ханга каршы кыймылына бата берген. К. д. 1873–76-ж. элдик кыймылда алгач адилетсиз хан бийлигине каршы күрөшүп, көтөрүлүштүн айтылуу жетекчилери Шер датка, Мамыр Мерген уулу, Абдымомун, Оморбек датка, Орозаалы, Молдо Ашыр сыяктуулар м-н алака түзгөн. Уулу Абдылдабек кыймылдын жетекчиси Искак молдо Асан уулу *Полот хандын* жакын жан-жөкөрү болуп, Россия баскынчылыгына каршы акыркы күндөргө че-йин жан аябай күрөшкөн Ошол учурда Абдылдабектин суранычы м-н К.д. Кашкарга көчүп кеткен. Бирок ал жерде тынч жашай албаган. Анткени Кашкардын башкаруучусу Жакыпбек К.д-нын келишин жактырган эмес. Ошондуктан, 1876-ж. июль айынын акырында К.д. Алайга кайра көчкөн. Орус бийлигинин Алайды каратып алуу аракети жүрүп жаткандыгын билген К.д. Ооганстандын Памирине шашылыш көчүп кетип жаткан жерден майор М.Е. Ионовдун кошууну датка-айымды колго түшүргөн. К. д. каршылык көрсөтпөстөн, М. Е. Ионовдун генерал Скобелевге жолугуу ж-дөгү талабына макул болгон. Бир топ бийлердин коштоосунда, кичүү уулу Камчыбекти, небереси Мырза-паясты алып, Чоңалайда өргүү алып жаткан М. Д. Скобелевдин лагерине түшкөн. Генерал М. Д. Скобелев К. д-ны сый-урмат м-н тосуп алып, алтын чөйчөктү белекке берип, парча чапан жапкан. К. д. туткун абалына карабастан өзүн салабаттуу кармап, акылдуу ж-а терең сөздөрү м-н таң калтыргандыктан генерал М. Д. Скобелев орус бийликтерине К. д. ж-дө маалымдаган рапортунда ага «Алай

канышасы» деген наам ылайык келерин жазган. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында, К.д. орус бийликтерине багынгандыгын билдирген ж-а балдарын мурунку жайларына көчүрүп келүүгө, алайлыктарды орус букаралыгын кабыл алууга көмөктөшүүгө мажбур болгон. 1876-ж. күзүндө Кабулдан К. д-нын Абдылдабектен башка балдары Мамытбек, Асанбек, Батырбек келишет да Ошту, Өзгөндү, Кичиалайды, Ноокатты башкарып, кан төгүшүү токтоп, тынчтык орногон. К. д. Алай канышасы катары таанылып, кийинчерээк Скобелев, Ош уездинин начальниги Ионов, Түркстан крайынын генерал-губернатору Кауфман, Черняев, ал турсун Россиянын келечектеги согуш министри Куропаткин сыяктуу адамдар м-н жакшы мамиледе болгон. Алар м-н тез-тез кат алышып, кээде Ошко, Жаңымаргалаң (Скобелев) ш-ларына келип сүйлөшүп турган. Согуш министри генерал Куропаткиндин катында 1901-ж. 1-декабрда император Николай II асыл таштуу шакекти К. д-га атайы белек катары берип жибергендигин маалымдайт. Кай бир учурларда орус бийлигинин зөөкүрлүгүнө каршы да каттарды жазган. 1895-ж. уулу Камчыбек даргага асылган мезгилде, куралчан орус жазалоочуларынын элди кырып жиберүүсүнөн кооптонуп, тагдырга моюн сунууга аргасыз болгон. Россия колониялык бийликтеринин адилеттүүлүгүнөн үмүтүн таптакыр үзгөн ж-а 20-к-дын башында саясатка аралашпай калган. 1907-ж-дын 1-февралында Оштун жанындагы Мады кыштагында көз жумуп, сөөгү Оштогу Сарымазарга коюлган. 1907-ж. 16-февралда «Туркестанские ведомости» гезитинин № 2834 санына көлөмдүү атайын «Царица Алая» деген некролог жарыяланган. Совет мезгилинин алгачкы жылдарында неберелери Кадырбек м-н Жамшитбек совет бийлигин чыңдоого жигердүү катышкан. Кадырбек Камчыбеков кыргыздардан биринчи болуп Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган. Ошол эле учурда Курманжандын бир нече неберелери кийин Ички иштер эл коммиссариатынын (НКВД) түрмөсүндө курман болушкан. Бирок алар 1953-ж. реабилитацияланган.

**КУРМАНОВ** Зайнидин Карпекович (1955-ж.т., Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1997), проф. (2000). Ленинград мамл. ун-тин (1978), КМУУнун юридика факультетин (1996), Жорж Маршалл атн. борб. аскер колледжин (Германия, 2001) бүтүргөн. Кыргыз Респ-нын мамл. архивинде архивчи, бөлүм башчы, Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунда кенже ил. кызматкер, Кыргыз мамл. мед. ин-тунда окутуучу, милициянын жогорку мектебинде улук окутуучу, И.Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ун-тинин ректору, «Кыргыз инвестиция-финансы корпорациясы» департаментинин директору, Кыргыз-Россия (Славян) ун-тинин проф., 2000-жылдан Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаты. Анын эмгектери негизинен Кыргызстандын тарыхын, о. эле укук маселелерин изилдөөгө багытталган. 180ден ашык ил. эмгектердин, а.и. 12 монография, окуу китептеринин автору. Кыргыз Респ-нын билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери.

**КУРТКА** – Кокон хандыгынын Теңиртоо аймагындагы чеби. 1932-ж. Айгыржал деген жерде, Нарын дарыясынын оң куймасы Курт-ка суусунун боюндагы бийик секиге тургузулган. 19-к-дын 30-жылдарынын башында Кокон хандыгы Борб. Теңиртоого баскынчылык жортуулдарды уюштурган. 1831-ж. кокон аскери Нарын дарыясын жээктей жайгашкан кыргыз айылдарына кол салган. Кийинки жылы бул аймакка Хаккула колбашчылык кылган кокондук 7 миң аскер келет. Көптөгөн куралдуу кагылышуулардан кийин гана баскынчылар Нарын аймагында өздөрүнүн үстөмдүгүн орното алышкан. Жергиликтүү калкты көзөмөлдөп ж-а салык жыйнап туруу максатында кокондук аскерлер үчүн жайгашкан чептер курулган. Нарын тараптагы ошондой чептердин чоңу К. чеби болгон. Чептин уз. 200 саржанга жетип, үч тарабы дубал м-н курчалып, бир тарабы дарыяга такалган. К. кокондуктардын Теңиртоодогу негизги таянычы, башкы чеби болгон. Чептин бегине бул аймактагы башка чептер баш ийген. Чепте 1000ге жакын кокондук сарбаздар турчу. К-дагы бекке кыргыздар түрдүү салыктарды, анын ичинде улфан аталган салыкты – 10 кап буудайдан 1 кап буудай ж-а зекет – 80 койдон 2 кой төлөшчү. Мындан тышкары кыргыздар Кокон бегине жорголорду тартуулап турууга милдеттүү эле. Чептин соода түйүнү катары да мааниси зор болгон. К-нын базарын-да кокондук, кашкарлык соодагерлер те-ңиртоолук кыргыздар м-н алака кылышчу. 1863-ж. К-ны орус аскери ээлеген.

**«КУТАДГУ БИЛИК»,** «К у т а л ч у билим», «К у т т у у б и л и м » – теңиртоолук түрк элдеринин акыны ж-а ойчулу Жусуп Баласагуни тарабынан 1069-ж. жазылган философиялык дастан. Бул дастанды Чыгыш Караханийлер каганы Сулайман Арслан Кара-кагандын уулу Тавгач Буура Кара-каган Абу Хасанга (1056–1103 бийлеген) тартуу кылган. Чыгармасы үчүн Жусуп Баласагуниге ордо иштеринин башчысы – «Хасс-Хажип» даражасы ыйгарылган. Анын үч нускасы сакталып калган. Бири 1439-ж. Герат ш-нда (азыркы Түндүк Ооганстанда) уйгур жазмасы м-н даярдалган (Вена ш-нда сакталууда), экинчиси 14-к-дын 1-жарымында араб жазмасы м-н даярдалган Каир нускасы, булардын эң байыркысы – Наманган (Фергана) нускасы 12-к-дын аягы –13-к-дын башында араб тамгасы м-н көчүрүлгөн. Экинчи нускасы 1886-ж. Хидив китепканасынан немис окумуштуусу Б.Морин тарабынан табылган. Анын сүрөткөчүрмөсүн 1896-ж. академик В. В. Радлов Петербург академиясынын Азия музейи үчүн атайын алдырган. Азыр ал Россия ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун Санкт-Петербургдагы бөлүмүндөгү кол жазмалар фондунда сакталууда. На-мангандан табылган 3-нускасын 1918-ж. А.З. Валидов, Мухаммед Хожа эшен Лоляршиттин өздүк китепканасынан тапкан. Кол жазма жоголуп кетип, 1925-ж. өзбек окумуштуусу Фитрат кайрадан тапкан. Учурда ал Өзбекстан ИАнын колжазма фондунда сакталууда. «К.Б.» кыргыз, орус, түрк, немис, англис ж. б. тилдерге которулган. Анын жалпы көлөмү 13444 сап, о. эле кара сөз түрүндө жазылган чакан кириш сөзү бар. «К.б-те» акын өз доорундагы коомдун түзүлүшү, социалдык топтордун ээлеген орду, өлкөнү кантип башкаруу, кантип саясат жүргүзүү керектиги, жүрүм-турум

ж-дө баяндайт. Дастан тарыхый-этногр., лингвистикалык, социологиялык ж. б. энциклопедиялык маалыматтарды камтыйт.

**КУТАН** Торгой уулу (1893, Каракол уезди, Аксуу болушу, Акбулуң айылы–1961) – чегарачы. 1918-ж. Караколдо кызыл гвардиячылардын катарына өтүп, 1919-ж-га чейин Анненковдун бандаларына каршы согушкан. 1922-ж-га чейин Совет бийлигин чыңдоого катышып, 1922–40-ж. ж-а 1944–46-ж. чегарада кызмат өтөгөн. 1930–36-ж. чегараны бузуучуларга каршы күрөшүү үчүн ыктыярдуу кошуун түзүп, Түндүк Кыргызстанда басмачылардын бир нече тобун талка-лоого катышкан. 1946–47-ж. Акбулуң колхозунун башкармасы болуп иштеген.

**КУУЧУ** – төрөттөн кыйналган аялдардын төрөтүн жеңилдетүү максатында чакырылган бакшы, эмчи. Элдик ишеним б-ча 1-төрөттө аялдын көзүнө албарсты көрүнсө, аны албарсты, мартуу же кара басты дешкен. Ал жөнөкөй адамдардын көзүнө көрүнбөгөн кереметтүү, зыяндуу жан катары кабыл алынып, К-дан коркот деп эсептешкен. Мындай учурда албарстыны өз көзү м-н көргөн адамды – К-ну чакырышкан. Ишеним б-ча К-га албарсты сары түстөгү жаныбар (ит, кой, эчки) же кыз кебетесиндеги сары чачтуу балага окшош көрүнөт. Аны көргөн адам эч кимге билдирбей, 1–2 күндөн кийин көргөн жерине келип, «албарсты, мен сени көрдүм» деп айтышы керек. Ошондон кийин албарс-ты ал адам жүргөн жерден коркот, качат, жолобойт. Албарстыны көргөндүгүн айылдын аксакалына айткандан кийин ал К. деп эсептелип, төрөттөн кыйналган аялга келип куучулук милдетин аткарат. К. келгенде анын атын атабастан «баатыр келди» дешет, анткени атын албарсты укса К-нун күчү кудуретсиз болот. К. үйгө кирип камчы м-н төрөп жаткан аялды ургулап «кет», «чык», «ташта» деп албарстыны кубалайт. Ишеним б-ча К. өзү келе албаса анын буюму куучулук милдетти аткарууга жараган. К. элдик иррационалдуу ишенимдердин бир түрү болуп саналган.

**КУШАН ПАДЫШАЛЫГЫ** – б. з-дын башында пайда болгон күчтүү мамлекет. Азыркы Орто Азиянын көпчүлүк бөлүгүн, Ооганстанды, Пакистандын батышын, Индиянын түндүгүн, Чыгыш Түркстандын батыш бөлүгүн камтыган. Рим, Парфия мамл., Хань династиясы м-н бирдикте дүйнөнүн 4-кубаттуу империясы болгон. К.п-н мурда Грек-Бактрия аймагында 5 уруу болуп жашаган көчмөндөр түзгөн. Аларга кушан уруусу жетекчилик кылган. Падышалар Кужула Кадфиз, анын уулу Вима Кадфиз ж-а эң атактуу Канишканын тушунда кушандар зор аймакты багындырышкан. Падышалыктын гүлдөп өнүккөн доору Канишка м-н анын уулу Хувишканын падышалык кылган мезгилине туура келет. 3–к-дын ортосунда Васудев башкарган мезгилден тартып начарлай баштаган. 4–к-да К. п. майда бөлүктөргө бөлүнөт. К. п-нын тушунда көптөгөн курулуш иштери жүргүзүлөт, шаарлар өсүп, сугат системасы ж-а кол өнөрчүлүк бир кыйла өнүгөт, Улуу жибек жолу аркылуу Кытай, Парфия ж-а Рим м-н кеңири соода жүргү-зүлөт. Бул мезгилде Индиядан Орто Азияга ж-а Ыраакы Чыгышка буддизм дини таратылат.

**КУШАН ТЫЙЫНДАРЫ** нумизматикада тетрадрахма ж-а обол деп аталып, Кушан мамл-нин курамына кирген Орто Азияда, Ооганстанда ж-а Индияда кездешет. Титулдары көргөзүлүп, туруктуу салмакка ээ болгон К. т-на инди, авеста, грек диний мифологиясынын кудайлары түшүрүлгөн. Кийинчерээк пайда болгон алтын стратердин салмагы 8 *г*, эки тараптуу стратердики 16 *г*ды түзгөн. Кээде чейрек стратерлер чыгарылган. Талас өрөөнүндөгү Кызыладыр айылына жакын жерден жез К. т-н М. Ф. Тур тапкан.

**КУШЧУ** – кыргыздын сол канатындагы ири уруу. Алгач К-лар азык уруусу м-н бирге («ассиги» ж-а «гешу») Батыш Түрк кагандыгынын (7-к.) Нушиби деген аймагына киргендиги кытай жыл баяндарында эскерилет. 6–7-к. К. Орто Азияны каратып алган көчмөн түрк тилдүү уруулардын курамында болушкан. В. В. Радлов кыргыздын кучу (кушчу) уруусу теңиртоолук кыргыздар м-н Енисей өрөөнүнүн этностук байланышын аныктайт деген пикирин айткан. Болжолу, К. титул катары да кеңири колдонулган. 6-к. түрктөрдүн каганы «Кущу» аттуу титулга ээ болгон. 7-к-да К-лар монгол тилинде сүйлөшкөн дөрбөндөргө убактылуу баш ийип калышкан. 13-к-дын экинчи жарымында К-лар Батый хандын аскерлериндеги ири кошуун катары белгилүү болушкан. Батышты көздөй журт которуп, чачыраган К-лар кийинки ногой, түркмөн, башкыр, өзбек–коңурат, азербайжандардын курамдарына этнокомпоненттер катары киришет. Жер-суу аттарында Азербайжан ж-а Түркияда К. аталышы көп кездешет. К. 17–18 к-да. Чыгыш Түркстандын саясий турмушуна өтө активдүү катышкан.

**КҮЙҮКОВА** Даркүл (1919, Төкөлдөш айы-лы, азыркы Бишкек ш. – 2000) – Кыргыз ССР эл артисти (1958), СССР эл артисти (1967). 1936-жылдан Бишкектеги жаш көрүүчүлөр театрында, 1941-жылдан Кыргыз мамл. академиялык театрында эмгектенген. Ал Жаңыл (К. Маликов, А.Куттубаев, «Жаңыл»), Гонерилья (У. Шекспир, «Король Лир»), Толгонай (Ч. Айтматов, «Саманчынын жолу»), Курманжан (М. Жакыпов, «Курманжан датка») ж. б., о. эле кинодо да бир топ белгилүү ролдорду жараткан. Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1987, «Манастын уулу Семетейдеги Чыйырдынын ролу үчүн). Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Эл Достугу ордендери м-н сыйланган.

**КҮЛ АЗЫК** – көпкө сакталуучу тамак. К. а-тын негизи эттен (уйдуку, койдуку, кийиктики ж.б.) турган. Союлган малдын (кайберендин) эти бышырылып, туурасынан жука кесилип, кургатылып, сокуга күл майда талкаланып, жаргылчакка тартылат. Даярдалган эт сызгырылып, сызыгы таза алынган майга салынат да, ал кайнаар замат ун кошулуп, кызарганча куурулат. Суугандан кийин жакшы иштелген карынга салынат. К.а. узак сапарга, аң уулоого, жүрүшкө, казатка чыгаарда даярдалган.

**«КҮЛ-ТЕГИН»** – 8-к-га таандык орхон түрктөрүнүн руна сымал жазма эстелиги. Эстелик 1888-ж. Н. Я. Ядринцев тарабынан Орхон суусунун жээгиндеги (Улан-Батордон 60 *км* түндүгүрөөктө) Кошо-Цайдам деген жерден табылган. 1891-ж. В. В. Радлов тарабынан эстеликтин окулушу такталган. Күмбөздүн негизги бөлүгү төрт бурч, көлөмү 10,25x10,25 *м.* Күмбөздү айланта казылган 80x40 *м* чыгыштан батышты карай узунунан кеткен терең аң бар. К.-т-дин сөөгү өрттөлүп, табытка күлү гана коюлган. Күмбөздүн кире беришиндеги эшиктин эки жагында мрамордон жасалып, бет маңдай орнотулган эки кочкордун статуясы бар. Таш төшөлгөн жол күмбөздүн ичине алып келет, жаандын суусу керамикадан жасалган атайын түтүкчө м-н сыртка агып турат. Күмбөздүн ичинде мрамордон чегилген чоң таш баканын (таш бака – узак ж-а түбөлүк жашоонун символу) статуясы бар. Эзэлки убакта К.-т. м-н анын аялынын да айкели болгон, учурда К.-т-дин мрамордон чегилген айкелинин башы гана сакталып калган. Белгисиз айкелчи К.-т-дин элесин өтө устаттык м-н реалдуу берген. Мурду өтө кырдач эмес, көзү бүтүгүйүрөөк, албеттүү, жаак сөөгү беделдүү, түспөлү моңгол тибиндеги адамды элестетет. Башында таажысы бар. Балким белгисиз айкелчи К.-тди өз көзү м-н көргөн болуш керек деген ой-пикирлер айтылып жүрөт. Күм-бөздүн сыртындагы таш мамыга (стела) К.-т-дин жоокердик тагдыры даңазаланган тарыхый баян жазылган. Күмбөз турган жерден Цайдам көлүн көздөй үч чакырымча кыркасынан тигилген балбал таштар орнотулган. Учурда алардын 160тайы сакталган. Таштын беттерине руникалык жазуулар чегилген. К.-т. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын белгилүү аскер башчыларынан болгон. Анын атасы – Элтерис каган (682–691), энеси Элбилге катун эле. Бир тууганы Билге каган (716–734) такка олтурган маалда К.-т. ж-а анын кеңешчиси Тоң-Йокук кол башчы он ок элине (Түргөш кагандыгына), кытайларга (Тан династиясы) ж-а кыргыздарга каршы согушкан. Эстеликте К.-т. 26 жашында Көгмөндөгү жыш токойду аралап өтүп, түнкү уйкудагы кыргыздарды байкатпай баскандыгы айтылат. Кыргыздар м-н бир нече ирет согуштук кагылышуулар болгону, беттешүүлөрдүн биринде кыргыз каганы курман болгондугу жазылган. К.-т. кой жылынын 17-күнү 47 жашында (731-ж.) көзү өткөндүгү баяндалган. К.-т-ди жоктоп, аза күтүүгө он ок элинен, түргөштөрдөн, кыргыз каганынын жөнөткөн өкүлдөрү ж.б. келгендиги ж-дө маалыматтар бар.

**КҮЛ-ЧОР**, Б а г а - Т а р х а н, К ү р с ү л – 8-к-дын баш чениндеги түргөштөрдүн аскер башчысы. 720-ж. согдулуктардын арабдарга каршы согушуна жардамга келген түр-гөштөрдүн аскерлерин жетектеген. Самарканды курчоого алып, согдулуктар м-н бирге, Согд мамл-нен арабдарды кууп чыккан. 738-ж. түргөш каганы Сулукту өлтүргөн. 739–744-ж. каган катары такка олтурган. К.-Ч. арабдарга каршы ошол эле арабдардын ичинен чыккан козголоңчу аскер башчысы Харис ибн Сурейж м-н бирге күрөшкөн. 744-ж. Сырдарыяга жасалган жортуулда К.-Ч. туткунга түшүп, өлтүрүлгөн.

**КҮМБӨЗ** (ар. күб-бае – көмкөрүлгөн чатырча, фарс. гомбед – көмкөрүлгөн асман) – маркумга арнап тургузулган эстелик. Ахитектуралык формасы б-ча орто кылымдагы мусулман диний курулуштары болгон мечит, медресени элестетет. Кийин Орто Азиядагы мусулман калктарынын улуттук архитектурасынын бир тармагына айланган. Кыргыз, казак, өзбек, түркмөн, тажик К-нүн порталдары, куполдору, мунаралары көп жагынан окшош ж-а жергиликтүү өзгөчөлүктөргө да ээ. Кыргызстандагы байыркы К-дөр – Өзгөн, Шах-Фазиль (Сафедбулон 11–12-к), Бурана. Кийинки муундагы К-дүн мыкты үлгүсү– Манастын К-зү (14-к). 18–20-к-дын башында бышырылбаган кыштан курулган кыргыз К-нүн саны арбыган. Алардын белгилүүлөрү – Тайлак м-н Атантай, Жаркынбай, Байтик, Ногой, Кыркчоро, Төрөгелди, Балчак К-дөрү. Айрым К-дүн ички бети сүрөт, оюулар м-н кооздолгон. Алайда топоз куйругу байланган шырык м-н, Ысык-көлдө бугунун мүйүзү м-н кооздолгон учурлар арбын кездешет. Ар бир белгилүү К-дүн кышы эчкинин кылы, малдын майы аралаштырылып жасалган деген имиштер м-н коштолот. К-дөр б-ча тарыхый изилдөөлөрдө кыргыз К-нүн 73 түрү катталып, аларды өз ара 14 типке бөлүп карашкан.

**КҮМҮШАЛИЕВА** Сабира (1917-ж. т., Төкөлдөш айылы, азыркы Бишкек ш.) – артист, Кыргыз Респ-нын Баатыры, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1964). 1934-ж. Бишкектеги пед. окуу жайын бүтүрүп, ошол эле жылы Кыргыз мамл. (1935) музыкалык драма театрына кирет. К. көптөгөн сахналык ролдорду жаратып, талanttуу театр артисти катары таанылган. К-нын артисттик амплуасы комедиялык ж-а катаал мүнөздүү образдардан көрүнгөн. Аларга: Фан-и (Цао Юй «Тайфун»), Мастан (А.Көбөгөнов, «Болот м-н Тынар»), Майсалбүбү (Т. Абдымомунов, «Тар капчыгай»), Оңолкан (Б. Жакиев, «Атанын тагдыры»), Шербет (А. Дыйканбаев, «Мүрөктүн суусу») ж. б. кирет. К. кинодо да кайталангыс образдарды жараткан: Тайлактын энеси (Б. Шамшиев «Караш-караш окуясы», 1968), Уркуянын энеси (Т. Океев, «Отко таазим», 1972), Карыз (Б. Шамшиев, «Ак кеме», 1975), Жамал (К. Өмүркулов, «Ак куулар конгон айдың көл», 1973), Айша апа (Б. Шамшиев, «Фудзиямада кадыр түн», 1990), Эне (Б. Шамшиев, «Эл арасында», 1978) ж. б. кинодогу образдарына юморлуу маанай, ачык-айрым мүнөз, ичкериден психологиялык чыңалуу абалы мүнөздүү. К. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1981). Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси», Эл Достугу ордендери м-н сыйланган.

**КҮҢ** – кожоюндун жеке менчигине айланган аял. Орто Азиядагы көчмөн элдердей эле кыргыз эли да кул ээлөөчүлүк доорду басып өтүшкөн жок. Бирок кулчулук кыргыз коому үчүн чоочун көрүнүш эмес; анын айрым элементтери кыргыз элинин жашоо образынан да кезигет. К. кожоюндун толук менчиги болгон, аны каалагандай жазалоого, сатууга, ал тургай өлтүрүп коюуга да укугу болгон. Аларды аш-тойлордогу ат чабыштарда байгеге сайып жиберген учурлар да кездешкен. Ошондой эле калыңга, сепке же кун төлөөдө

кошуп берип да коюшкан. К. ээси өлүп калса, К. анын балдарына өткөн. К-дөр кыргыздардын коомдук-экон. турмушунда чоң роль ойношкон эмес. К. кайсы байга таандык болсо, ошол байды тууганым деп эсептеген; ошол байдын уруусуна кирген. Көп жылдар бою бир байдын колунда болсо, кээде К-дү турмушка узатып, бир аз оокат да бөлүштүрүп берген. к. о. эле *Кул* макаласын.

**КҮРЗҮ** (ир. гурс) – чокмор түрүндөгү жоокердик курал. К-нүн чабыла турган бөркүнө тикен тиш металл чөгөрүлөт. Алгач курал ортосу көзөлүп, сырты быдырланып чегилген кой башындай тоголок таштан жасалып, сабы жыгачтан болгон. Кийинчерээк темирден жасала баштаган. Бул курал көбүнчө баатырдык белги катары ээрдин кашына илинген.

**КҮҮ** – жыгачтан жасалган челек. Ичине куюлган майлуу сүттөн бишкек м-н бышып отуруп, ак май ажыратылып алынган. Ооз жагы кууш келип, уз. 60–80 *см*, түбүнүн айланасы 70–80 *см*, ооз жагыныкы 50–60 *см* болгон. Бишкеги жумуру таякчадан жасалган; учуна жазылыгы 2–3 *см*, уз. 15–18 *см* жыгач ашталып, кайчылыш бекитилген.

**КҮЧЛҮК ХАН,** С е г и з, а с  с е г и з и – 13-к-дын башындагы түрк–моңгол элдеринин Түндүк–Батыш Моңголия ж-а Алтайды жердеген найман уруусунун бийлик ээсинин уулу, ханзаада. «Сегизи», «ас сегизи» терминдери «сегиз уруунун башчысы» дегенди туюнтат. «Найман» - моңгол тилинен «сегиз» маанисинде которулат. 1208-ж. меркит, найман уруулары Чыңгыз хан тарабынан талкаланган соң, наймандардын бир бөлүгүн К. х. ээрчитип, Теңиртоо аймагына баш калкалап келген. Кара кытайлардын гурханына баш ийип, бат эле күч топтойт да, 1210-ж. Өзгөнгө кол салат. Жетисуу ж-а Иледеги карлуктар наймандарды колдоп, кара кытайларга каршы чыгышкан. Күчтөнгөн К.х. 1211–18-ж. кара кытайларды башкарып, таасирин чыңдоо максатында кара кытайлардын кийимин кийип, үрп-адатын, динин кабыл алган. К.х. башкарган мезгил чегараны коргоо, кеңейтүү максатында тынымсыз согуштар м-н өткөн. Чыгыш Түркстандагы мусулман калкына кысым көрсөтүп, зомбулук кылган. 1218-ж. Жэбе нойон баштаган моңгол кошууну К. **х-**дын ээлигине басып киргенде (Алмалык, Баласагын, Кашгар ж.б.), Чыгыш Түркстандын мусулман калкы К.х-га каршы согушкан. Баш паана издеп качкан, К.-х. Бадахшан аймагында 1218-ж. чыккынчылык м-н өлтүрүлгөн ж-а анын мамлекети кулаган.

**КЫДЫКЕЕВА** Бакен (1923, Төкөлдөш айы-лы, азыркы Бишкек ш. – 1994, ошол эле жер) – көрүнүктүү сахна чебери; Борб. Азия элдеринен чыккан залкар таланттардын алдыңкы катарындагы артист. Кыргыз ССР эл артисти (1955), СССР эл артисти (1970). Чы-гармачылык жолун 1936-ж. Бишкектеги жаш көрүүчүлөр театрынан баштаган. 1941-ж. Каракол драма театрында, 1944-жылдан Кыргыз мамл. академиялык драма театрында артист. К. ар кыл пландагы оң, терс, комедиялык, трагедиялык ролдорду бирдей аткарган кеңири диапозондуу артист. Негизги ролдору: Жесси (К. Симонов, «Орус маселеси»), Ульяна Громова (А. Фадеев, «Жаш Гвардия»), Варвара (М. Горький, «Егор Булычев жана башкалар»), Лариса (А. Островский, «Сепсиз кыз»), Айганыш (К. Жантөшев, «Курманбек»), Мария Антоновна (Н. Го-голь, «Текшерүүчү»), Айганыш (А. Токомбаев, «Өлбөстүн үрөнү»), Анна (Л. Толстой, «Анна Каренина»), Любовь Яровая (К. Тренёв, «Любовь Яровая») ж. б. К. орус ж-а дүйнөлүк классиктер м-н кыргыз драма-тургдарынын чыг. б-ча түзгөн Дездемона (У. Шекспир, «Отелло»), Майсалбүбү, Дүрдана (Т. Абдумомунов, «Тар капчыгай», «Сүйүү жана үмүт»), Сейде (Ч. Айтматов, «Бетме-бет»), Гонерилья (У. Шекспир, «Король Лир»), ж.б. ролдор – кыргыз улуттук театрындагы психологиялык бийик реа-лизмдин үлгүсү. Комедиялык пландагы каармандардын образдарын жеткиликтүү даражада түзө билген. Мис., Айымбача (Т. Абдумомунов, «Жыгылган оогонго күлөт»), Апал (Т. Абдумомунов, «Жарыктык карыларым») ж. б. Режиссёр катары А. Осмоновдун «Махабат» спектаклин койгон (1974). К-нын кинодогу ишмердиги кыргыздын биринчи көркөм фильми «Салтанат» м-н башталган. Кинодо Бурма («Токтогул»), Райхан («Ашууда»), Кара катын («Биринчи мугалим»), Жайдар («Жаныбарым Гүлсарым»), комиссар Алимова («Революциянын атчандары»), Толгонай («Саманчы жолу»), Асылкан («Көздүн кареги») ж. б. көптөгөн ролдорду аткарган. Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты. Ленин ордени м-н сыйланган.

**КЫДЫР АКЕ**, К ы д ы р  Б а й с а р ы  у у л у (1843–1926) – бугу уруусунан чыккан коомдук ишмер. 1861-ж. 18 жаш курагында болуш болуп шайланган. Үч жылда бир болуучу шайлоодо алты жолу катары м-н болуштук кызматка ээ болгон. 1913-ж. Жетисуу облусунун Каракол уездинен өкүл катары ак падыша Романовдордун бийликке келишинин 300 жылдык тоюна катышып, падышага жолборстун тирүү баласын белекке берген. Падыша К. а-ни Анна тасмасындагы чоң алтын медаль м-н сыйлап, ага полковник чинин ыйгарган. Жетисуу облусунан жалгыз К.а. Россия империясынын Мамл. Думасына мүчө болуп шайланган. Кара кылды как жарган калыстыгы м-н элдин ичинде чоң кадыр-баркка ээ инсан болгон. 1993-ж. анын 150 жылдыгы белгиленип, Керегеташ айылынын четине бийиктиги 16 *м* келген күмбөз тургузулган.

**КЫЗ АЛА КАЧУУ** – никелешүүнүн түрү. К.а.к-да куда түшкөн кызга калың төлөөгө каражат жетишпесе, бир аз калың төлөн-гөндөн кийин жигит кыздын макулдугу м-н кызды ала качкан. Жигиттин атасы урукташтарынан киши ээрчитип, кыздын атасынын алдына түшкөн. Эки тарап жарашкандан кийин никелешүүнүн салттуу ырымдары улантылган. К. а. к-нун дагы бир себеби, кыздын ата-энеси кыз каалаган жерине барууга каршы чыгышса ж-а келген жуучуларга макулдугун беришпесе, жигит кыздын макулдугу м-н ала качкан. Кудалар бири-бири м-н жарашкандан кийин калың төлөнгөн. К.а.к-нун мындай түрү оокаттуу,

урук-туугандуу бүлөлөрдө жолуккан. Улуттук салтта кыздын макулдугусуз эч убакта К.а.к. болгон эмес. Эгерде кыздын макулдугу жок ала качуу жүргүзүлсө, урук, уруулардын ортосунда жаңжал чыгып, кан төгүлгөн. К.а.к. улуттук никелешүүдө өтө сейрек кездешүүчү көрүнүш болгон

**КЫЗАРТ КӨРҮСТӨНҮ** – 1–4-к-дагы хунн дооруна таандык мүрзөлөр. Жумгал р-нунун Кызарт ашуусунда жайгашкан. 12 дөбө мүрзөдөн турат. Анын бешөө А.Н. Бернштам тарабынан изилденген. Бийиктиги 0,21–0,87 *м*, диаметрлери 8–18 *м.* Үстүлөрү топурактан үйүлгөн дөбө түрүндө. Көрүстөн-дөрдүн ички түзүлүшү чарадан ж-а маркум коюлуучу казанактан турган. Айрымдары жарма көр түрүндө. Маркумдар көргө жалгыздан ж-а экиден коюлган. Баш сөөктөрү сөлпү  түзүлүштө болгон. Жыгачтан, чоподон жасалган идиш, жаа бастырмалары, жүндөн, жибектен жасалган кездеме калдыктары, жаа жебеси, бычак ж-а ийиктин башы табылган.

**КЫЗ КУУМАЙ** – ат оюндарынын түрү. Белгилүү чектен кыз м-н жигит кубалаша ат салышат. Адатта кыз мурдараак ат чаап, жигит анын артынан кубалап жөнөйт. К. к-дын максаты кыз жигитке жеткирбеш керек, жигит болсо кызды кууп жетиши керек. Бул оюн тойлордо өткөрүлүп, тамашалуу көрү-нүшкө айланган. К. к. оюнунун тарыхы никелик мамилелерге такалат. Кызды кууп жеткен жигит ага үйлөнүүгө тийиш болгон. Кийинки тарыхый баскычтарда түпкү мааниси өзгөрүлгөн.

**КЫЗ УЗАТУУ** – үйлөнүү тоюнун салттуу көрүнүштөрүнүн бири. К.  у. кыздын айылында эртең м-н күн чыккан маалда башталат. Жеңелери кыздын чачын экиге бөлүп өрөт. Даярдалган сөйкө, желбирөөч, бой тумар, шакек, билерик, чач кап, учтук кооздуктарын тагат, шөкүлөсүн кийгизет. Атайын жабдыктары жасалгалуу атка мингизет. Узаар алдында кыз төркүнү м-н коштошуу ырын айткан. Энеси кызынын жакшы сапаттарын кошокко кошкон. Коштошуу салттуу коомдун нормасы болуп эсептелген, анткени, кыз өз ата – энеси, уругу м-н биротоло коштошкон. «Чыккан кыз чийден сырткары», «Кыз башка элдин кишиси» деген сөздөрдө кыздын коомдогу статусу даана берилген. Кыз төркүнүнө чанда гана конок болуп келе алган, төркүнүнүн ички иштерине кийлигишүүгө акысыз болгон.

**КЫЗЫЛ АРМИЯНЫН УЛУТТУК БӨЛҮКТӨРҮ** – Советтердин аймактык 5-съездинин (1918-ж. 20-апрель–1-май) Түркстанда Кызыл Армиянын бөлүктөрүн уюштуруу ж-дөгү токтомуна ылайык Жетисууда түзүлгөн аскер бөлүктөрү.  Негизинен кедей дыйкандардан турган. Граждандык согуштун мезгилинде бөлүктөрдүн саны айрыкча көбөйгөн. 1919-ж. кыргыз, казак, уйгурлардан куралган 2 эскадрон (курамында 162 жоокерден турган 1-атчандар полку ж-а 180 жоокерден турган 2-атчандар полку) согуш талааларында Совет бийлиги үчүн күрөшкөн. 1919-ж-дын аягында жергиликтүү калктан ыктыярдуу атчандар полку куралып, Кызыл Армиянын катарына өтө баштаган. Түркстан АССРинин револю-циячыл аскер кеңеши 1919-ж. 29-сентябрда өз аймагындагы бардык жоокерлерди Түркстан фронтунун революциячыл аскер советинин карамагына өткөрүү ж-дө токтом чыгарган. Түркстан фронтунун аскер советинин 22-ноябрдагы буйругуна ылайык, Жетисуу фронтунун бардык аскер бөлүктөрү дивизиянын укугун алып, өзүнчө Жетисуу кошууну аталган. Түркстан фронтунда армияны кайра түзүүгө байланыштуу 1919-ж. 20-декабрда Жетисуу аскер бөлүктөрүн 3-Түркстан атчандар дивизиясына кошуу ж-дө буйрук чыккан.

**КЫЗЫЛ ГВАРДИЯНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОШУУНДАРЫ** 1917-ж. декабрь–1918-ж. мартында уюштурулган. Алар Совет бийлигин орнотуу ж-а  чыңдоо үчүн күрөшкөн. Алгачкы кошуундар Кызылкыя, Сүлүктү ж-а Бишкек ш-нда түзүл-гөн. Кызыл гвардия кошуундарын түзүүгө мүмкүн болбогон жерлерде элдик милиция уюштурулган. 1918-ж. К.Г.К.К. Кызыл Армиянын улуттук ж-а жергиликтүү бөлүктөрү болуп кайра түзүлгөн.

**КЫЗЫЛДАР** – хакастардын курамындагы этностук топ. Енисей кыргыздарынын урпактары. Өздөрүнүн тегин сагайлар м-н бир элбиз деп карашып, түпкү бабасы болмуштуу Хызылах экенин белгилешет. Хызыл уруусунун энчилүү аты алардын ата-бабаларынын антропологиялык тибине байланыштуу жаралган. Хакас санжыраларындагы маалыматтар б-ча К-дын бабалары сары чач-туу болгон имиш. К. 18-к-да кыргыз өлкөсү-нүн *Алтысар улусуна* кирген. К-дын курамындагы «пуга» уругунун келип чыгышы кыргыздардагы бугу уруусунун тотемдик ыйык жаныбары Бугу-Эне уламышын эске түшүрөт.

**КЫЗЫЛКЫЯ ЖУМУШЧУ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ** – Кыргызстан жумушчуларынын алгачкы совети. 1917-ж. 6-мартта ш-дын кенчилери түзгөн. Ошол жылы 26-апрелдеги шайлоодо жумушчу большевик И.И.Едренкин советтин төрагалыгына шайланган. Советтер жумушчу табынын мүдөөсүн жактаган. Анын кызыл гвардиячыл жумушчу кошууну *Кокон автономиясын* талкалоого катышкан ж-а совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшкөн.

**КЫЗЫЛКЫЯ КЕНЧИЛЕРИНИН ИШ ТАШТООСУ** – Кызылкыя ш-нда 1905-ж. апрелде болгон төрт күндүк иш таштоо. Кенчилер иш таштоодо эмгек акыны көбөй-түүнү, штрафтарды жоуюну, сегиз сааттык жумуш күнүн киргизүүнү, сөз, чогулуш ж-а уюмдашуу эркиндигин, эмгекчилердин тилектештигинин күнү 1-майды майрамдоону талап кылышкан. Кендин кожоюндары Жаңы Маргалаң ш-нан жазалоочу кошуун чакырткан. Ал көп улуттуу кызылкыя кенчилеринин иш таштоосун баскан. Он эки жумушчу  камакка алынган, 2 жумушчу оор жарадар болгон. Бул иш таштоо түштүк кыргызстандык кенчилердин алгачкы чы-гууларынан болгон.

**КЫЗЫЛКЫЯ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 9–12-к. кен казуучулар турган журт. Чалдыбардын төрт дубалын бойлото турак жайлар, ички бөлүгүндө короо (чарбак) болгон. Чопо идиштер, жаргылчактар ж-а жаныбарлардын сөөктөрү табылган.

**КЫЗЫЛСУУ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ – 7–**12-к-га таандык шаардын калдыгы. Ысыката р-нуна караштуу Шалтакбай айылынын чыгыш тарабында, Чүй дарыясынын сол тарабында жайгашкан. А. Н. Бернштам бул шаар чалдыбарды археол. ж-а орто кылымдардагы жазма булактарынын негизинде Сарыг ш-на В. Д. Горячева Невакет ш-на салыштырышат. Бул эки шаар тең орто кылымдардагы араб-перс авторлорунун (Ат-Табар, ибн-Хордадбек, Кудами, ибн-Жафар, ал-Хорезмдин) эмгектеринде кездешет. Шаар ж-а шахристан (ички шаар) да сыртынан бекемделген дубалдар м-н курчалган. Түштүк-чыгыш тарабында цитадель жайгашкан. Дубалдар түрдүү боёк м-н сырдалып, оймо-чийме түшүрүлүп коозддолгон. Түрдүү формада жасалган карапа идиштер, айнек, темир, колодон жасалган коздук буюмдар, согду, араб ж-а несториан жазуулары ж-а 3000ден ашык, жерге көмүлгөн ты-йындардын салыгы табылган. Согдулуктардын өлүк көмүүчү жайы (некропол) ж-а 12 *м* будда кудайынын айкели, ибадатканасы (храм) изилденген. Түрк урууларына таандык, аты м-н кошо көмүлгөн жубайлардын көрүстөнү ачылган. Демек, шаарда ар түркүн элдер жашаган. Кыргыздардын уламышында бул шаар алтын төөлүү шаар деп айтылат. Эстелик А.Н. Бернштам, П.Н. Кожемяко, В.Д. Горячева ж-а М.К. Байпаковдор тарабынан изилденген.

**КЫЛА КӨРҮСТӨНҮ** – эрте темир дооруна таандык археол. эстелик Соңкөлдүн түштүк-батыш тарабында Кыла жергесинде жайгашкан. Бийиктиги 4 *м*, диаметри 50–60 *м* тектүү адам көмүлгөн эрте темир дооруна таандык көрүстөндөр ж-а коргончолор. Коргончонун бурчуна эки таш мамы орнотулган. Мамынын бирине кеч коло, эрте темир дооруна таандык бугу таштарына мү-нөздүү тегеректе чегилген.

**КЫЛТАК** – жылкынын куйрук кылдарынан чыйратылып жасалган сыйыртмак. Узун укурукка байланган К. м-н алгыр куштар кармалган. Ийиндеринин оозуна салып коён, түлкү, сары чычканды зымдан жасалган К. м-н кармашкан.

**КЫЛЫЧ** – 1. жоокерчиликте душманды кыя чабуучу ж-а саюучу курал. Болоттон төш жары узундукта, бир жагы өтө курч, экинчи жагы жалкындуу, учу учтуу, сабы колго токтомдуу жасалат. Белге асынчу узун кынга салынат; 2. өрмөк согууда керектелчү аспаптардын бири. Ал катуу жыгачтан кылыч тү-рүндө бир жагы жука миздүү, сырт жагы жоон элиден калың, сабы кармаганга ыла-йык жумуру, үч жагы ичке же жука жасалат.

**КЫМЫЗ –** бээ сүтүнөн ачытып жасалган кычкыл суусундук. Аны кечки жаз мезгилинен даярдай башташкан. Бээлер жаңыдан тууганда саалган чийки сүткө ачыткы кошулат. Ачыткынын милдетин кор (үрп) ж-а көрөңгө аткарат. Сабадагы чийки сүт м-н көрөңгөнүн үстүнө муздатылган сүт кошулуп, бишкек м-н бышылат. Эң соңку саалган сүт эл жатаарда куюлуп, аябай бышылат да, андан кийин саба жылуу жабылат. К-дын сапаты жасоо ыкмаларынын туура сакталышына, көп бышылышына, канча убакытка ачтылышына, сабанын өз маалында ышталып ж-а майланып турушуна жараша болот. Сүтүнө ж-а жасалышына жараша уй К. (уй, топоз сүтүнөн), төө К. (төө сүтүнөн), бал К. (байтал бээнин сүтүнөн), ууз К. (эрте жазда), сөөк К. (кеч күзгү), тунма К. (эң алгачкы бышылбай даярдалган), саамал К. (көрөнгөгө жаңы сүт азыраак кошулган), ымшытма К. (тердетүү үчүн жылытылган), чайкалган К. (бал, кант кошулган же өтө чайкалган), тоңдурма К. (чаначка же көөкөргө атайын тоңдурулган) деп бөлүнөт.

**КЫПЧАК ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ** – орто кылымдардагы түрк тилдүү урууларына таандык жазма эстеликтер. Кыпчак тили ж-дө толук маалыматтар 1234-ж. италиялык ж-а немис монахтары түзгөн 2994 сөздөн турган «Кодекс Куманикус» аттуу латын-перс-кыпчак сөздүгүндө чагылдырылган. Сөздүктө христиан дубалары ж-а 50 табышмак берилген, ал 1880-ж. Будапештте Геза Кун тарабынан басылып чыккан. 15–17-к-дагы Каменец-Подольскиде армян алфавитиндеги хроникалар ж-а соттук актылар кыпчак тилинде жазылган. Алардын ичинен 1492–1537-ж. камтыган Венеция хроника-сы белгилүү. Бул хроника 1896-ж. тарыхчы Г. Алишан тарабынан жарык көргөн.

**КЫПЧАК КЫРГЫНЫ** – 1850–жылдардын башында Кокон хандыгында болуп өткөн кандуу окуя. Кыпчак бийи*Мусулманкул* 1844-ж. 14 жаштагы *Кудаяр хандын* регенти (аталык) болуусу м-н ордодо бийликке келгенден баштап, хандыктагы саясий бийлик иш жүзүндө кыпчактардын колунда болгон. Жер – жерлердеги бийлик орундарына кыпчактар дайындалып, мунун өзү отурукташкан калктын, көчмөн кыргыз төбөлдөрүнүн наразылыгын туудурган. Кокон хандыгында ошол эле учурда кыпчактардын эки тобунун ортосунда да саясий атаандашуу күчөп, ич ара кагылышуулар башталган. Мусулманкулдун бийлигине каршы алайлык Алымбек датка баштаган кыргыздар гана эмес, ошол кездеги Ташкендин кушбеги Нармамбет кыпчак да оппозицияда болгон. 1850-51 – жылдары Нармамбет ташкендик казак, таластык, чүйлүк кыргыздардын бий-манаптарын колго алуу м-н абалын бекемдеп, Мусулманкулга ачык каршы чыккан. Аны ордодо да бир топ өзбек, кыргыз, атүгүл кыпчак феодалдары колдошкон. Кудаяр хандан колдоо алышкан кыпчактарга каршы топ 1851-ж. кыпчактарды кыргынга алуу демилгеси м-н чыгышып, Кокон ш-ндагы кыпчактарды кырып салышкан. Кыпчак кыргынынын эң күчтүү учуру Экисуу арасындагы Былкыллама деген жерде Кудаяр хан м-н Мусулманкулдун аскерлеринин беттешүүсүндө болуп өткөн. Кармашта 1500 гө жакын кыпчактын өлүгү Карадарыяга ыргытылган. Мусулманкул туткундалган. Кыпчактардын калаасына ордого чейин ар бир 100–200 кадам сайын Мусулманкулдун көз алдында 5–10 кыпчактын башы алынып турган. 1862-ж. күзүндө Мусулманкул дарга

асылган. Жалпысынан 1851–52-жылдары Кокон хандыгында 20 миң чамалуу кыпчак кырылгандыгын жазма булактар ырастайт.

**КЫПЧАКТАР** – орто кылымдардагы Борбордук Азиядан тараган түрк элдердин бири. Алар орто кылымдардагы күч-кубаттуу уруулук бирдик. К. ж-дөгү алгачкы маалыматтар кытай жылбаяндамаларынан кездешет. Анда (б. з. ч. 201-ж.) хунндар багындырган ж-а алардын мамлекетинин курамына кирген «кюсше» аттуу (кытай транскрипциясында) журт катары баяндалат. Айрым булактарда «кюс-ше», «кин-ча», «хи-би-са» аталыштар м-н да кезигет. К. енисейлик кыргыздардын батыш тарабында (Иртыш) турушкан. Уйгур каганы Моюн Чурдун эстелигинде (751-ж.) кагандын түрк-кыпчактар мамлекетинде 50 жыл такта олтургандыгы баяндалат. Махмуд Кашгари К-ды кыргыз, огуз, тухси, ягма, чигил ж-а чаруктардай эле таза түрк тилинде сүйлөгөнүн белгилейт. К. мусулман жазма булактарында «кыфчак», «кыбчак», орус жыл баяндарында «половец», «половцы», батыш жазма булактарында «куман», «коман» формаларында эскерилет. Түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында батыш хунн тобундагы кыпчак бутагынын болушу орто кылымдагы бул элдин кийинки казак, кыргыз, түркмөн, уйгур, каракалпак, татар, башкыр, кумук, карачай, балкар, көчмөн өзбектер, коңурат, катаган, лакай ж. б. элдердин калыптанышына чоң таасир тийгизгенин белгилейт. Болжолу, 7-к-дын аягынан К. Саян-Алтай тоолоруна жакын жерлерди мекендешкен же коңшу аймактардан журт которушкан. Г. Е. Грумм-Гржимайлонун кыпчак уруулары алтай динлиндеринин батыш канатын түзүшкөн, б. з. ч. 3-к. хунндар тарабынан баш ийдирилген деген көз карашын  М. И. Артамонов колдоп чыккан. Бул аймак Иртыш дарыясынын жогорку ж-а ортоңку агымдарына чейин жеткен. Чыгыш мусулман булактарында К. Ибн Хордадбек тарабынан алгач ирет 11-к-да эскерилет. Бул уруулук бирикме 8–9-к-да  кимактар м-н этносаясий карым-катнашта болуп турушкан.  10–11-к-да К. эки  багытка – түштүккө (Мавераннахр), батышка – Волга боюна журт которушкан. Кыпчак урууларынын күч алып батышты көздөй журт которуусу печенегдерди түштүк орус талааларына көчүп кетүүгө  аргасыз кылган. 11–13-к-да К. борборлошкон мамлекет түзүшпөгөнү м-н Иртыштан Дунайга чейинки эбегейсиз зор аймакка үстөмдүк кылышкан, ал жерлер «Дешт и-Кыпчак» – «Кыпчак талаасы» деген ат м-н белгилүү. Моңгол жапырыгынын тушунда кыпчак урууларынын бир бөлүгү басып алуучуларга баш ийип беришсе, айрымдары Паннонияга (азыркы Венгрия), Балкан жарым аралына көчүп өтүшкөн. Батый хан негиздеген Алтын Ордонун негизги бөлүгүн кыпчак уруулары түзүшкөн ж-а анын батышка карай жортуулуна кыпчактар өтө жигердүүлүк м-н катышкан. Шаман динин тутушкан К-дын, алар ээлеген аймактын этностук абалы бир кылка болгон эмес ж-а бул ири уруулук бирикме өз курамына кимак, кыргыз, печенег, булгар, хазар, берендей, истяк ж.б. угро-фин этнокомпоненттерин сиңиришкен. Азыркы казак, каракалпак, башкыр, лакай, кыргыз, түркмөн, алтай, ногой, крым татарлары ж. б. түрк тилдүү элдердин курамындагы кыпчак уруулары эң ири этнокомпоненттер болуп эсептелет.  Кыргыз тилинин калыптанып өнүгүшүндө кыпчак тили чоң  таасирин тийгизген. Кыргыз тили түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында чыгыш хунн тобундагы кыргыз-кыпчак бутагына кирет. Кыргыздын кыпчак уруусунун курамындагы урук аталыштары, эн тамгалары  м-н казак-кыпчак, каракалпак-кыпчак, ногой-кыпчак, башкыр-кыпчактардын курамдарындагы этнонимдер, эн тамга белгилеринин ортосунда этногенетикалык жалпылыктар бар.

**КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯ ОБЛУСУ** – 1924-ж. 14-октябрда РСФСРдын курамында түзүлгөн Кара Кыргыз автономия облусунун 1925-ж. 25-майынан кийинки аты. Түркстан АССРинин курамына кирген. 1926-ж. 1-февралынан Кыргыз АССРи деп аталган.

**КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯ ОБЛУСУНУН РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ КОМИТЕТИ** – Кыргыз автономия облусунун 1924-ж. октябрдан 1925-ж. март айына чейин башкарган убактылуу бийлик органы. Ал Бүткүл союздук аткомдун токтомуна ылайык түзүлүп, анын курамы ж-а төрагасы (И. Айдарбеков) РКП(б) БКнын саясий бюросунун чечими б-ча бекитилген. Революциячыл комитет 1924-ж. декабрда Ташкенден Пишпекке көчүрүлүп келген. Ревком Орто Азия респ-нан Кыргызстандын улуттук-аймактык белгилер б-ча бөлүнүшүн камсыз кылуу чараларын иштеп чыгуу ж-а жүзөгө ашыруу зарылдыгынан уюштурулган. Ал округдук, р-ндук, болуштук бөлүктөр түзүп, советтик аппараттардын иштерин жергиликтүү шарт-ка жараша уюштурган, советтердин кезектеги шайлоосун ж-а съезддерин даярдаган ж-а өткөргөн. 1925-ж. жоюлуп, ордуна Кыргыз Автономия облусунун аткому (төрагасы А.Орозбеков) шайланган.

**КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ –** мурдагы Кыргыз автономия облусунун (25.5.1925–1.2.1926) жетекчилеринин кайрылуусу эске алынып, Бүткүл Россиялык аткому 1926-жылдын 1-февралынан Кыргыз АССР деп өзгөргөн ж-а РСФСРдын курамында болгон. Кыргыз АССР борб. аткомунун Президиумунун төрагалыгына А. Орозбеков, өкмөттүн башына Ж. Абдрахманов шайланган.

**КЫРГЫЗ АГРАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ** К. И. Скрябин атындагы. 1931-ж. Кыргыз  зооветеринардык ил-изилдөө  ин-тунун ж-а а. ч. техникумунун базасында Кыргыз зооветеринардык ин-ту, азыркы К. А.У. түзүл-гөн. Ун-тте 50 кафедра ж-а 90дон ашуун окуу лабораториясы бар зоотехникалык, ветеринариялык, агрономиялык, гидромелиорация, экон. ж-а технологиялык факультеттер иштейт. Ректору проф. Б. Сыдыков.

**КЫРГЫЗ АТЧАНДАР ПОЛКУ** – 1920-ж. июнь айында Кыргыз атчандар дивизионунун ордуна кайрадан түзүлгөн аскердик бөлүк. К. а. п. Фергана өрөөнүндө ж-а Алайда басмачыларга каршы күрөшкөн. Бухара

эмирин тактыдан түшүрүп, ал жерде Совет бийлигин орнотууга көмөктөшкөн. Басмачыларга каршы күрөштөгү эрдиктери үчүн полк 1920-ж. июлда Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Граждандык согуш аяктагандан кийин К. а. п. таркатылган.

**КЫРГЫЗБАЙБУЛУҢ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР** – коло, эрте темир доору ж-а орто кылымдарга тиешелүү археол. эстелик. Кочкор өрөөнүнүн Каракүнгөй ай-ылынын чыгыш тарабында жайгашкан. Ритуалдык ырымдарды, жаа м-н тоо текелерге, аркарларга аңчылыкка чыккан мергенчилердин, жылкы, илбирс, карышкыр, кыргыз оюуларынын сүрөттөрү тартылган. 2003-ж. Борб. Азиядагы Америка ун-тинин археол. экспедициясы тарабынан табылган.

**КЫРГЫЗ-БУРУТТАР –** Астрахань (Россия Федерациясы) ногойлорунун ичиндеги ири уруу. Айрым иликтөөчүлөрдүн пикиринде (И.Георги, Т.А.Трофимов ж.б.) кыргыз-буруттар 1758-ж. калмактардын акыркы толкуну м-н келгендиги айтылат. 1782-ж. увачалык бурут-татарларда жүргүзүлгөн эл каттоодо калмактардан бөлүнүп чыккан кыргыз-буруттардын саны 350, а. и. утар-алабугаттардын курамында 200, калгандары болсо ногой-карагаштардын курамдарына жуурулушкандыгы баяндалган. Акыркылар ногой-утарлардын ичиндеги эң сыйлуу, ак сөөк кыргыз уругун түзүшөт.

**КЫРГЫЗДАРДЫН ЖУҢГАРИЯГА КӨЧҮРҮЛҮШҮ**–17-к-дын башында жуңгар хонтайжысы Цеван Рабдан (1699–1727) Борб. Азияда түзүлгөн татаал саясий кырдаалды, Кытай ж-а Россия тараптан келген коркунучту эске алып, Эмел-Гол дарыясынын боюндагы өзүнүн ордосуна, Түштүк Сибирдин көчмөн калктары болгон кыргыздарды, телеуттарды ж-а мингаттарды ордого жакын көчүрүп келүүнү чечет. Цеван Рабданды ж-а ага расмий түрдө гана көз каранды болгон кыргыздын бектерин орустардын Минусин ойдуңуна умтулушу өзгөчө чочулаткан. Кыргыздар орус чыңдоолоруна каршы жортуулдарын уланта беришкен. Петр I Томск, Краснояр, Кузнецк ш-нын аскер башчыларына «кыргыздарды үч шаардын күчү м-н тынчтандыргыла» – деп көрсөтмө берет. 1701–02-ж. орус аскерлери кыргыздарга каршы бир нече ирет жортуул жасашкан. Түзүлгөн кырдаалды көзөмөлдөө үчүн Цеван Рабдан 1701-ж. өзүнүн аталаш иниси Аба-зайсанды орус кызмат адамдарын кыргыздар м-н жараштырууга жөнөткөндө, ал бул буйрукту аткара алган эмес. Бул аракеттер кийинчерээк да улантылган. Орустар «Кыргыз өлкөсүнүн» чегине кирип, чың-доолорду кура баштаган. Кыргыздар Абакан, Уйбат ж. б. жерлерде курулган чыңдоолорго чабуул жасап, сепилдерди өрттөп, коргоочуларын туткундап турушкан. Бирок, Россиянын аскердик күчүнө салыштырмалуу аз сандуу кыргыздар туруштук бере алган эмес. Кыргыздардын Жуңгарияга журт которуусунун себеби ж-а жагдайлары белгисиз. Изилдөөчүлөр кыргыз бектерин бул маселеде Жуңгар ханы м-н бир бүтүмгө барышканын белгилешет. 1703-ж. июнь айында Цеван Рабдан «Кыргыз өлкөсүнө» үч аскер башчысын: Духар, Сандык ж-а Аранжама Чембилди үч миң аскери м-н жөнөтөт. Ал Кыргыз өлкөсүндөгү өз акими Аба-зайсанга кыргыз ж-а кыргыздардын кыштымдарын хонтайжыдан алыстап кетпеши үчүн Жуңгарияга көчүрүү ж-дө буйрук берет. Кыргыздар аскерлердин көзөмөлү астында Абакан өрөөнүндөгү Аскиз дарыясынын куймасына топтолушат. Кеч киргенде ар бир айылдын калкы санактан өткөрүлүп турган. Кыргыздарды аскер башчылары олтурган жайдагы «обаага» бирден санак таш таш-тоого мажбурлашкан. Эртең м-н бул көрү-нүш кайра кайталанган. Ушундан соң, калып калган таштардын негизинде жашынып калгандардын санын аныкташкан. Абакан өрөөнүндөгү ондогон үйүлгөн дөбө таштар – «обаалар» 1703-ж. болуп өткөн трагедиялуу окуялардан кабар берет. Хакастарда бул дөбөлөр «хыргыс тастары» деп аталат. 20 миңден ашуун кыргыздар малы, үй мүлктөрү м-н жуңгар аскерлеринин көзөмөлү астында 1703-ж. үч жол аркылуу 2 айдын ичинде Жуңгарияга кетишкен. Алар Эмел-Голдогу хонтайжынын ордосуна жакын жайгашып, 4 кыргыз аскер башчысы жетектеген, 4000 түтүндөн турган өзгөчө «кыргыз отогун» (Цирцзизилер) түзүшкөн. Бул отокто кыргыздар м-н кошо көчкөн кыштым-модар, белтирлер, ариндер ж.б. болушкан. Кыргыз аскер башчылары Корчун Еренак уулу Тангыт Таин Эркин, Шорла Мерген Тайша ж.б. жуңгар ханына кызмат кылууга өтүшкөн. Бирок, айрым орус булактарында «Кыргыз өлкөсүндө» кыргыздар ж-а алардын кыштымдарынын айрым бөлүктөрү калып калгандыгы жазылган. Кыргыздардын айрым бөлүктөрү топ-тобу м-н же жалгыздап «Кыргыз өлкөсүнө» кайтып келе башташкан. 1757-ж. кыргыздардын негизги бөлүгү кайтып келе жатканда Цин генералы Цевен-Жабдактын аскерлери буктурмадан кол салып, аларды кырып салышат. Аман калган бөлүгү Манжурияга, Фу-йү деген жерге көчүрүлөт. Алар азыр *Фу-йү кыргыздары* деген ат м-н белгилүү. 18-к. Россия, Цин империясы, Жуңгар хандыгынын курчоосунда енисейлик кыргыздар согуштардан, көчүрүү саясатынан кырылып, Саян-Алтайдагы үстөмдүк кылган ролунан ажырап калган. Бүгүнкү хакастар, шорлор ошол енисей кыргыздарынын урпактары. Мындан сырткары, алтайлыктардын, тувалардын этностук негизин кыргыздар түзгөн. Түштүк-Батыш Моңголияда, Тарбагатайда (КЭР) «хыргыс», «шира хыргыс», «хан хыргыс» ж.б. этностук топтор К. ж. к доорунан кабар берет.

**КЫРГЫЗ ЖАЗМАСЫ** – түрк-моңгол тилдүү элдердин ичиндеги эң байыркы жазма маданияты. Бул жазма 6–12-к-га таандык. К. ж. негизинен эпитафиялык балбал таштарда сакталып келет. Руна сымал К. ж-нын эстеликтери негизинен Енисей чөл-көмүндө (Хакас-Минусин ойдуңу, Тува, Тоо-луу Алтай, Краснояр крайы), Таласта, Кочкор өрөөндөрүнөн табылган. 38 тамгадан турган алфавит ошол мезгилдеги кыргыз тилинин керектөөлөрүн канааттандырган. Атактуу түркологдор В. В. Радлов, В. Томсен, С. Е. Малов, тарыхчы С. В. Киселев ж. б. бул жазуулар кыргыздарга таандык экендигин эбак далилдешкен. Енисейдеги жазуулар Орхон

руна сымал жазууларынан кээ бир грамматикалык өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланат. Енисейдеги жазуу системасы Орхон руна сымал жазууга салыштырмалуу эрте пайда болуп, Кыргыз мамл-нин иш-кагаз, дипломатиялык ж.б. керектөөлөрүндө пайдаланылган. Енисей, Талас, Кочкор жазуулары жалпы бир чөйрөдө калыптанып өнүккөн. Бул жазуу эл аралык дипломатияда да колдонулгандыгын кытай жыл баяндары тастыктайт. Мусулман булактары да кыргыздарда (Абу Дулаф, 10-к.) өз жазуусу болгондугун кабарлайт. Болжолу, кыргыздардын Енисей жазма маданияты 17–18-к-да колдонулган. Орус булактары енисейлик кыргыздардын жазуусу болгондугун кыйыр кабарлашкан. Руна сымал жазуусун кыргыздар өздөрү ойлоп таап, өнүктүрүшкөндүгүн ташка чегилген жазуулардагы маалыматтар, адам аттары, өзгөчө эн тамга белгилери далилдей алат. Акыркы иликтөөлөрдө кыргыз уруулук эн тамга белгилери м-н жазма эстеликтердеги эн тамгалардын жалпылыктары аныкталды. Кыргыздар уйгур жазмасын, ислам динин кабыл алышкан соң, араб алфавитин өздөштүрүшкөн. Айрым кыргыздар орто кылымдарда кытай иероглифтери ж-а тибет жазмасын үйрөнүшкөндүктөрү ж-дө маалыматтар бар. Кыргыздар 1827-ж-га чейин араб, 1928–39-ж. латын алфавитин колдонуп келишкен. 1939–40 ж. кириллицага негизделген орус алфавитине өтүшкөн. Кыргызстандын аймагынан сыртта жашаган кыргыздар араб (Ооганстан, Кытай), латын (Өзбекстан, Түркия) жазмасын пайдаланышат.

**КЫРГЫЗ КАГАНДЫГЫ** – Енисей дарыясынын боюнда Мөңгүсуу (Минусин) өрөөнүндөгү 6–13-к-дагы Борбордук Азиядагы ири мамлекет. К. к-нын жигердүү ички ж-а тышкы саясаты 7-к-дын баш ченинен башталат. Түрктөр, андан соң жужандардын мамл. талкалангандан соң, кыргыздар көз каранды эместикти жеңип алышкан. 554–555-ж. Мухан каган түндүктө «Цигу» (кыргыз) падышалыгын жеңип, баш ийдиргени айтылат. 583-жылдан кыргыздар Борб. Азия-нын саясий иштерине жигердүүлүк м-н катыша баштайт. «Түрктөрдөн түндүктө жашаган цигулар (кыргыздар) өч алуу үчүн өз мүмкүнчүлүктөрүн күтүп жатышканы» жазылган. 629-ж-га чейин көз каранды эместигин сактаган кыргыздар сейяньто уруусу башында турган теле (телес) уруулук каганынын Енисейде өзүнүн жогорку башкаруу-чусу болгон. Номиналдуу мүнөзгө ээ бол-гон вассалдык абал узакка созулган эмес. Ушул мезгилде Кыргыз мамл-нин админ. башкаруу түзүлүшү калыптана баштаган. Кыргыз мамл-нде кагандын үч башкы министри болгон (Гйеси-бей, Гюйшабо-бей, Ами-бей). Болжолу, ушул мезгилде кыргыздардын оң, сол ж-а ичкиликтер уруулук топторунун негизи калыптанып бүткөн. Борб. Азияда ж-а ага жамаатташ жерлерде түрк уруулары Тан династиясына (7–10-к.) моюн сундурулган соң, бул мамл-тин таасири күчөй баштайт. 632-ж. кыргыз каганына Ван Йи Хун жетектеген Тан императорунун элчилиги келет. 648-ж. кыргыз элтебери (Сылифа) Шибокюй Ачжан Кытай (Тан) императору Тайцзундун кабылдоосунда болгон. Император «жогорку даражалуу мейманды өзгөчө салтанаттуу деңгээлде тосуп алып, сол канатты коргоочу башкы Сангун (генерал) ж. б. титулдарын ыйгарган. Кытайлар көчмөн башка урууларга, элдерге каршы күрөшүүдө кыргыздарды күч-кубаттуу, туруктуу союздаш катары карашкан, ал эми кыргыздар өз кезегинде саясий-диплома-тиялык алакалардан сырткары, соода-сатык мамилелерине (жибек, фарфор ж. б.) кызыкдар болушкан. 653-ж. кыргыздар белгисиз бир себептер м-н туткундалган уруулаштарын бошотуп алууга белек-бечкектери м-н келишкени баяндалат. 682-ж. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын калыбына келиши м-н бирге, кыргыздар түрктөргө каршы түзүлгөн Борб. Азиядагы коалицияга кошулат. Түрк каганы Капаган кыргыздардын башчысынын каган титулун таануу м-н бирге, Кутлуг Элтерис-кагандын кызын берүүгө аргасыз болгон. 710-ж-дан 711-ж-га караган кыш мезгилинде Тоң-Йокук, Күл-тегин, Могилян (Билге каган) жетектеген кошуун Орхон тараптан Көгмөн тоосун ашып, Енисейге кол салгандыгы маалым. Урушта кыргыз каганы *Барсбек* курман болуп, К. к. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына көз каранды болуп калган. Бирок, Түргөш, Тан (Кытай) өлкөлөрү м-н тыгыз байланышта болгон К. к. бат эле көз каранды эместикке жетишкен. 731-ж. канзаада Күл-тегиндин ашына кыргыз каганы Тардуш Ынанчу-Чор өз элчисин жиберген. 744-ж. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы кулатылып, уйгурлардын төбөлү Баян-Чор (Мояньчжо) такка олтурган (745–759). Селенгадагы табылган таштагы Баян-Чорго арналган жазууда анын К.к-нын аскерине каршы 750–751-ж. согушкандыгы, аны 758-ж. жеңип алгандыгы айтылган. 8–9-к-да К. к. м-н арабдар, тибеттиктер ж-а кытайлардын ортосунда соода байланыштары болгон; карлуктар м-н союздаштык алакалар түзүлгөн. 820–40-ж. К.к. м-н Уйгур кагандыгынын ортосунда согуш башталат. 840-ж. жут, ачарчылык уйгурларды өтө алсыратып салган. Кыргыздар уйгурлардын Орхон суусунун боюндагы борбору Ордо-Балык ш-н 100 миң колу м-н басып алган. Айрым уйгур уруулары кыргыздар тарапка өткөн. 9-к-дын орто чени, 10-к-дын башындагы К.к. доору ил. Чөйрөдө «Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн мезгили» деп аталат. 940-ж кыргыз аскерлери чыгышта Ли Кэ-юн баштаган чыгыш түрктөрдүн колуна кошулуп, Тан сулалесиндеги такты талашуу күрөшүнө катышкан. Түштүк Сибирь, Моңголия, Байкал боюнун бир кыйла бөлүгү, Иртыш дарыясынын бою К. к-на баш ийген, кыргыздардын батышка журт которгон топтору Кашкар, Ысыккөл, Талас, Кочкорго чейин жеткен. Муну соңку археол. табылгалар, ил. иликтөөлөр да тастыктайт. Ушул мезгилде К. к. Азиядагы күч-кубаттуу ж-а ири мамл-ке айланган. Өтө зор аймакты кармап туруу үчүн чарбалык-экон. өбөлгөлөр, саясий күчтүү бийлик болбогондуктан, мамлекет бытыранды боло баштаган, айрым аймактарда кыргыздар таптакыр азчылыкты түзүп калышкан. 10-к-да К. к-на Түштүк Сибирь, Алтай, Түндүк-Батыш Моңголия гана баш ийип калган. Чыгыш Түркстанда, Теңиртоодо калган кыргыздар карлуктардын, кийинчерээк Караханийлер мамл-нин, Турпанда Уйгур Идикутунун, Жуңгарияда көчмөн түрк уруулар

бирикмелеринин курамына киришкен. 11–12-к-да кыргыздардын ээлигинде Саян-Алтай аймагы гана калган. Енисейдеги кыргыздар м-н Теңиртоо багытындагы кыргыздардын байланышын, наймандардын андан соң кара кытай (кара кидан) чабуулдары биротоло ажыратып салган. 1207-ж. Чыңгыз хандын тун уулу Жучу Енисейдеги К.к-на багыт алганда кыргыз башкаруучулары (иналдары) өздөрүнүн вассал экендиктерин билдиришкен. 1218-ж. тумат-кыргыз көтөрүлүшү басылгандан соң, К.к. жоюлган. Изилдөөчүлөрдүн далилдөө-лөрү б-ча, К.к. 360 жыл көз карандысыз мамлекет болгон.

**КЫРГЫЗ КАЧКЫНДАРЫН ЖАЙГАШТЫРУУ БОЮНЧА АТАЙЫН КОМИССИЯ** – 1918-ж. Жетисуу эл комитетинде уюштурулган. 1916-ж. Үркүндөн Кытайга качып барган кыргыздардын өз жерине кайтуусуна ж-а аларды жайгаштырууга жардам берүү максатында түзүлгөн. Комиссия качкындарды өз жерине кайтаруу үчүн Кытай мамл. м-н сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, элине кайткандарга үй-жайы м-н чарбасын калыбына келтиришине көмөктөшүп, жер, мал бөлүп берип, үрөөн ж. б. м-н камсыз кылган. Совет өкмөтү ушул максатта комиссияга 100 *млн* сом акча бөлгөн. Комиссия 1927-ж-дын аягында жоюлган.

**КЫРГЫЗ-КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ (ККУ)** 1999-ж. ачылган. ККУ акысыз билим берүүчү, мамл. эмес билим берүү мекеме. Адистерди үч багытта, жети адистик б-ча: котормочуларды, араб тили ж-а адабиятынын мугалимдерин, юрист ж-а журналисттерди даярдайт. Ун-тте Кыргызстандын, Кувейттин, Египеттин, Сириянын, Иорда-ниянын, Мавританиянын ж-а Ирактын квалификациялуу адистери эмгектенет. Араб тилин – бул тилдин алып жүрүүчү-лөрү, араб өлкөлөрүнүн волонтёрлору окутат. Ун-ттин уюштуруучусу ж-а ректору коомдук эл аралык Айтматов академиясынын академиги, Ата-Түрк (Анкара) атн. ил-изилдөө борборунун ардактуу доктору А. С. Ормушев.

**КЫРГЫЗ-КЫТАЙ ДИПЛОМАТИЯЛЫК АЛАКАЛАРЫ (орто кылымдагы)** ж-дө тарыхый маалыматтар 9-к. «Ли Вей-гун хойчан ипинь цзи» (Ли Вей-гундун Хойчан, 841–846-ж. башкарган мезгил) аттуу кытай жыл баянында [Тан императорлору Вень цзунь ж-а Уцзуньдун мамл. министири Ли Дэ-юй (786–849-ж.) тарабынан түзүлгөн тарыхый иш кагаздардын топтому] чагылдырылган. Ли Дэ-юй түзгөн жыйынтыктын 1-, 2-бөлүмдөрүндө Кытайдын кыргыздар ж-а уйгурлар м-н болгон алакалары чагылдырылган. Жыйнакта Тан императорунун кыргыз каганына жазган расмий каттары да бар. Элчилик деңгээлдеги мамл. өз ара расмий мамилелерди чагылдырган кат алмашууларда кыргыз-кытай аскердик, саясий-экон. 7–9-к-гы Алакаларына сереп салынган. Борб. ж-а Ички (Батыш) Азиядагы саясий абал, андагы кыргыздардын ж-а Тан империясынын алган орду терең иликтенген. Өзгөчө кыргыздардын Уйгур кагандыгы кулагандан соң түзүлгөн аскердик-саясий кырдаалдагы өзгөчө орду, согуштук-саясий күчү даңазаланган. Расмий каттарда мамл. өз ара алакалардын бир катар тармактардын (соо-да, экон. ж. б.) өнүгүүсүнө да маани берилген. Кыргыздар 7-к-дан Борб. ж-а Ички Азиядагы эң ири аскердик-саясий күчкө айлана баштаган. Тан императорлору кыргыздардан өзүнүн ишенимдүү, күчтүү союздашын көрө алышкан. Буга 632-ж. Кыргыз каганына Тан императору Тайцзунь тарабынан жөнөтүлгөн Ван И-Хун башында турган мамл. расмий элчилик далил болот. Кыргыздар бул элчиликке жооп иретинде 648-ж. Шибокюй Ачжан башында турган элчилерди жөнөтүшкөн. Кыргыз элчилери кытай императорунун расмий кабылдоосунда башка элчиликтерге салыштырганда өзгөчө сый-урмат м-н кабыл алынгандыгын маалым-даган булактар бар. Кытай жыл баяндары 643-, 648-, 655-, 675-, 707-, 709-, 722-, 723-, 724-, 747-ж. элчиликтер ж-дө эскертет. Кыргыздардын ж-а Тан империясынын ортолугундагы саясий-дипломатиялык алакалардын туу чокусу 9-к-дын ортосуна таандык. Мамл. расмий иш-кагаздарында Азиянын эң күч-кубаттуу мамлекеттеринен болгон Кытайдын Тан династиясына кыргыздар кеминде 3 кылымдай мезгилде ишенимдүү, күч-кубаттуу, аскердик – саясий союздашы болгондугу маалымдалат. Бул согуштук союзга айрым учурларда Тибет, Курлук, кагандыгы да биригип турушкан. 843-ж. чегинде эле элчилик миссияга жооп иретинде Кыргыз каганынын атайын тапшыруусу б-ча Табу Хэцзу (Алп Сол), Вень-у Хэ, Дидэсу Наньчжу өңдүү кыргыз аскер башчылары ж-а эл билермандары Тан императоруна мамл. расмий каттарды тапшырышкан. Кыргыз-кытай алакалары Тан империясы кулаганга чейин (907-ж.) уланган.

**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНА АКАДЕМИЯСЫ (КММА).** 1939-ж. Бишкекте Кыргыз мамл. медициналык ин-ту (КММИ) ачылган. Ленинград ж-а Харьков ин-тарын согуш мезгилинде эвакуациялоо ж-а аларды КММИнын базасына жайгаштыруу ин-ттун андан аркы өнүгүүсүнө чоң түрткү берген. 1996-ж. КММИнин базасында түзүлгөн Кыргыз мам. мед. академиясы – Кыргыз Респ-нын саламаттыкты сактоо тармагынын негизги академиялык ж-а эксперттик мекемеси. Академиянын алгачкы жетекчилери проф. Б. Я. Эльберт (1938–40), Ш. И. Удерман (1940–41), П. Л. Щупик (1941–44), Н. Д. Петухов (1944–49). 1949-жылдан КММИнин жетекчилери, кыргыз интел-лигенциясынын көрүнүктүү өкүлдөрү: И. К. Ахунбаев, А. А. Айдаралиев, Ф. Н. Нур-газиева, В. А. Исабаева, С. Б. Данияров, А. М. Мурзалиев ж. б.

**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КМПУ)** И. А р а б а е в а т ы н д а г ы – жогорку окуу жайы. Кыргыз ССР БАКтын 1944-ж. 15-декабрдагы токтому м-н 1945-ж. 1-февралда Фрунзе (Бишкек) ш-нда Кыргыз кыз-келиндер окуу жайы уюшулган. Анын базасында 1950-ж.Мугалимдер ин-ту,1952-ж. В.В.Мая-ковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-ту ачылган. 1992-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-т, 1994-жылдан И. Арабаев атн. КМПУ деп аталат. Учурда ун-тте 13 миңден ашуун студенттер билим алышууда. 1000ден ашуун проф.-окутуучулук курамынан турган эмгек жа-мааты эмгектенет (2003). Ун-тте 9 ин-т (чыгыш элдеринин тили ж-а маданияты, мамл. тил ж-а маданият, жаңы информациялык технология, Европа

цивилизациясы, дүйнө тилдери, экология ж-а жаратылышты пайдалануу, педагогика ж-а психология, гуманитардык билим берүү, адистерди кайра даярдоо ж-а билимин жогорулатуу), 4 борбор (экономика ж-а менежмент, коомдук адистерди даярдоо, маданий билим берүү ж-а жогорку окуу жайына даярдоо), 2 лицей бар, о. эле чет элдик окуу жайлары м-н байланышты ишке ашырып турган эл аралык бөлүм да бар. Ректору – *А. А. Асанканов.*

**«КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮ ЖА-НА «МАНАС» ЭЛДИК ЭПОСУ»** – Кыргыз Респ-нын Президенти А. *Акаевдин* фундаменталдуу эмгеги. 2002-ж. жарык көргөн. 600 беттен, 17 бөлүмдөн турат. Бул китепте А. Акаев окумуштуу ж-а ойчул катары кыргыз элинин кылымдарды карыткан бай тарыхын чагылдырат. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн б. з. ч. 3-к-дын акырындагы алгачкы башаттарынан азыркы мезгилге чейинки тарыхы талдоого алынат. Китептин өзөгүн – көөнө тарыхтын табышмактары м-н сырлары, мамлекеттүү-лүктү чыңдоонун бүгүнкү күндөгү маселелери, Кыргызстандын болочок тагдыры, о. эле баатырдык, тарыхый – поэтикалык «Манас» элдик эпосунун эбегейсиз мааниси ж-дөгү ой жүгүртүүлөр түзөт. Бул китеп – Атамекен тарыхына мамлекет башчысы А. Акаевдин терең иликтеген көп жылдык эмгектеринин жыйынтыгы. Анда, кыргыз малекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын аныктоодо дүйнөлүк маалыматтар м-н бирге кыргыз элинин негизги энциклопедиясы болгон «Манас» эпосу чоң түрткү болгондугу көрсөтүлгөн.

**КЫРГЫЗ-НОР**, К ы р г ы з - Н у р – Моңголиянын түндүк-батышындагы көл. Моңголчо Хирхис-Нор (Кыргыз-Көл) деп аталат. К.-Н. аймагында кыргыздар Уйгур каганатын моюн сундурган соң, 9-к-дын орто ченинен жашаган. Азыр да кара кыгыз (хара хыргыс), сары кыргыз (шара хырхыс) деген моңголдошуп кеткен кыргыз урууларынын урпактары жашайт. Аймактын археол. эстеликтери толук иликтене элек.

**«КЫРГЫЗ ӨЛКӨСҮНҮН» (МИНУСИН АЙМАГЫ) РОССИЯГА КАРАТЫЛЫШЫ.** 1703-ж. кыргыздардын басымдуу бөлүгү Жуңгарияга зордоп көчүрүлүп кеткенден соң, Россия империясы ээнсиреп калган «Кыргыз өлкөсүн» ачык эле басып алуу аракетин жасай баштаган. 1707-ж. Петр Iнин буйругу м-н Томск, Енисейск, Краснояр ж-а Кузнецкилик 1000 казак-орус Кыргыз жерине басып киришип, анын так ортолугуна Абакан чыңдоосун тургузушкан. Чыңдоо курулгандан кийин казак-орус аскер бөлүктөрү «кыргыздардын аскер адамдарын» туткундап келүүгө жөнөтүлүп турган. Сүргүндөн аман калган ж-а кайтып келген аз сандуу кыргыздарды эсепке алышып, «ак падыша» үчүн салык төлөшүн талап кылышкан. 1708-ж. 31-августта Кытай империясы орустарга Абакан чыңдоосу үчүн нараазылык билдирип, аны жок кылууну талап кылышат. Мындан сырткары моңголдор да бул аймакка чыңдалып алууга умтулушкан. Орустардын кыргыздарды ж-а кыштымдарды чокундуруу аракеттери, алардын көпчүлүгүн Саяндан ары көчүп кетүүгө аргасыз кылган. 1718-ж. Абакандан 120 *км* аралыкта Саян чыңдоосу курулуп, Моңголия м-н байланыштыруучу башкы жолду жаап салган. 1727-ж. 20-августта Кяхтадан 20 чакырым алыстыктагы Бура дарыясынын боюнда Россия м-н Кытайдын ортосунда сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында чегара б-ча келишим түзүлөт. Аймакты бөлүштүрүү Саян аркылуу өтүп, Жуңгар ээликтерине чейин созулган. Саяндын түндүгүндөгү бардык жерлер Россияга, түштүк тарабы Кытайга өткөн. 1727-ж. Бурин трактаты бул бү-түмдү расмий аныктаган «Кыргыз жери» Россияга каратылгандан соң, анын жерлери Кузнецк, Томск, Краснояр уезддерине бөлүнүп берилген. Кыргыз ж-а кыштымдардын аман калгандары Сибирь админ-на кошулган.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**, К ы р г ы з с т а н Борб. Азиянын ортоңку бөлүгүнөн орун алган. Негизинен Теңиртоо аймагында жайгашкан. Аянты 198,5 миң *км2.* Калкы 5 млн (2002). Борбору – Бишкек ш. Түн-дүгүндө ж-а түндүк-чыгышында Казакстан, чыгышында ж-а түштүк-чыгышында Кытай, түштүгүндө ж-а түштүк-батышында Тажикстан, батышында Өзбекстан м-н чектешет. Республика 7 облус, 40 район, 22 шаардан турат. 1924-ж. 10-октябрда РСФСРдин курамына кирген Кара кыргыз автономия облусу (1925-ж. 26-майдан *Кыргыз автономия облусу*), 1926-ж. *Кыргыз АССРи*, 1936-ж. *Кыргыз ССРи*, 1991-жылдан К. Р. деп жарыяланган. 1990-ж. 15-декабр-да Кыргыз ССР Жогорку Совети «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемен-дүүлүгү жөнүндө» декларацияны, ал эми 1991-ж. 31-августта «Кыргыз Республикасынын мамл. көз карандысыздыгы жөнүндөгү» декларацияны кабыл алат. 1990-ж. 27-октябр-да Кыргыз ССР Жогорку Совети тарабынан шайланган Кыргызстандын тунгуч Президенти Аскар Акаев 1991-ж. 12-октябрда бүткүл элдик добушка коюлуу м-н кайрадан шайланат. Жаңы мамл-тин түзүлүшү ж-а иштөө принциптери Кыргыз Респ-нын 1993-ж. 5-майда кабыл алынган жаңы Кон-ституциясында аныкталды. Бийликтин жаңы үч бутагы, алардын борб. ж-а жергиликтүү органдары түзүлүп, ишке киришти. Конституциянын негизинде шайлоо укугу ж-а шайлоо системасы демократиялык негизде кайрадан курулду; коомдо ар кандай саясий партиялардын, коомдук-саясий, коомдук, өкмөттүк эмес уюмдардын ж-а кыймылдардын бирикмелери уюшулган. Учурда саясий партиялардын саны отуздан, ал эми ар кандай топтордун саны да 400дөн ашты. Булардан башка дагы Кыргыз Респ-нда кесиптик бирликтер (профсоюз) федерациясы, Кыргызстан элдеринин ассамблеясы, Кыргызстан аялдар конгресси ж. б. бар. Экон-ны мамлекеттен бөлүү, менчиктештирүү, буйрукчул-акимчил заказдардан, пландардан баш тартуу, дыйкан (фермер) чарбаларын, кооперативдерди, акционердик коомдорду уюштуруу, жер реформаларын жүргүзүү, эркин экон. зоналарды уюштуруу, каржылык реформалар, аренда, кредит, инвестиция, грант, донор саясаттары ж. б. аталган экон. чараларды ишке ашырууда объективдүү ж-а субъективдүү кемчиликтер, катачылыктар кетирилгендиктен, өлкөдө жакырчылык, кедейчилик пайда болду.

Натыйжада айрым нааразычылык акциялары да пайда болду (мис., Аксы р-нунда). Жакырчылык бүткүл маданият тармагына, билим, илим, басма сөз жагына да өзүнүн терс таасирин тийгизип жатат. Респ-да кедейликтен чыгуу үчүн ар кандай деңгээлдеги стратегиялык ж-а учурдук кыска мөөнөттүү программа-лар иштелип чыгып, аракетке келтирүүдө. 2001-ж. Дүйнөлүк Банктын демилгеси м-н кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн ком-плекстүү негизи» деп аталган улуттук стратегия буга күбө. 2003-ж. бүткүл элдик талкуу жүргүзүүнүн натыйжасында, жаңы өзгөрүүлөр ж-а толуктоолор м-н Конституция кабыл алынган. КМШ өлкөлөрү, Эл аралык биргелешкен компаниялар, ишканалар, каржылык ж-а банк уюмдары, донор өлкөлөр, БУУнун Өнүктүрүү программасы, ЮНЕСКО, «Кыргызстан – Сорос» фонду, «Мээрим» эл аралык кайрымдуулук фонду ж. б. гранттарды, гуманитариялык жардамдарды жеңилдетилген кредиттерди, инвестицияларды берүүдө. Кыргыз Респ-нын көтөргөн демилгелери да БУУ тарабынан кеңири колдоого ээ болууда. Буга «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы, Тоо жылы, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы ж.б. тарыхый окуялар, даталар күбө. Кыргызстандын айрым өлкөлөр м-н өз ара ар тараптуу гарантиялык, коопсуздук байланыштары да түзүлүүдө. Буга Россия, АКШ м-н түзгөн аскердик келишимдери мисал болот. Эгемендүү, көз карандысыз Кыргыз Респ. өзүнүн тышкы алакаларында дүйнөнүн алыскы ж-а жакынкы өлкөлөрүндө жашап жатышкан 800 миңге жакын кыргыздардын да тилектештигине, колдоосуна таянат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КӨР-КӨМ ӨНӨР АКАДЕМИЯСЫ** 1996-ж. түзүлгөн С. А. Чуйков атн. көркөм өнөр окуу жайы, Жогорку көркөм өнөр колледжинин базасында уюшулган. Академиядагы көркөм өнөргө окутуунун баштапкы звеносу болуп сүрөт искусствосу б-ча билим берүүчү 4 жылдык көркөм өнөр мектеби эсептелет. Экинчи баскыч – бул бүтүрүү-чүлөргө көркөм өнөрчүлүк атайын орто билим берүүчү 5 факультети бар окуу жайы. Таланттуу бүтүрүүчүлөр үчүн аспирантурада окууга мүмкүнчүлүк берилген. Академия-нын президенти болуп анын негиздөөчүсү, СССРдин эл сүрөтчүсү, Кыргыз Эл Баатыры, Соц. Эмгектин Баатыры, академик, проф. Т. С. Садыков эмгектенет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ** – респ-нын расмий символу болгон салтанаттуу ыр. Ал 1992-ж. 18-декабрда Жогорку Кеңештин жыйынында кабыл алынган. Анын сөзүн кыргыз эл акыны Ж. Садыков м-н Ш. Ку-лиев жазса, музыкасын композиторлор К. Молдобасанов м-н Н. Давлесов жазышкан. Гимнде кыргыз элинин байыртадан бери жашап, кылымдарды карытып келген тарыхый жолу ж-а анын беделинде калыптанып бекиген биримдик, достук, ынтымак чагылдырылат. Элдин азаттыгы, эркиндиги, үмүт-тилегинин аткарылышы, бизге жеткен ата салтынын, мурастардын кийинки урпактарга берилиши даңазаланган.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ.** 1992-ж. кайра курууга ж-а мамл. кызматка адистерди даярдоону ж-а кайра даярдоону камсыз кылуу максатында Бишкек Эл аралык менежмент ж-а бизнес мектеби ачылып, кийин ал Кыргыз Респ-нын Президентине караштуу Башкаруу академиясы болуп кайра түзүлгөн. Башкаруу академиясына мамл. бийлик органдарын окуу-усулдук, ил. ж-а маалымат-аналитикалык жактан камсыздандыруу, о. эле башкаруу ж-а экон., мамл. адис кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо ж-а кайра даярдоо функциясы ыйгарылган. Башкаруу академиясында мамл. ж-а муниципалдык башкаруу ин-ту, Бишкек эл аралык менежмент ж-а бизнес мектеби, А. Токтоналиев атн. Бишкек финансы-экон. техникуму иштейт. Башкаруу академиясы Борб. Азия аймагындагы Бизнес мектебинин ассоциациясынын (CAMAN), Борб. Азиядагы жогорку окуу жайларынын ресурстук тармагынын (RNEBE) жигердүү мүчөсү Башкаруу академиясынын уюштуруучусу ж-а тунгуч ректору проф. М. А. Ашыркулов.

**КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ (КРСУ)** 1993-ж. Кыргыз Респ-нын ж-а Россия Федерациясынын ортосундагы кызматташтык ж-а эки тараптуу достук, жардамдашуу келишиминин негизинде түзүлгөн. Өкмөт аралык макулдашууга ылайык ун-т – Россия Федерациясы ж-а Кыргыз Респ-нын ортосундагы мамл. жогорку окуу жайы. Окуу пландары эки мамл-тин билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн. Бүтүрүүчүлөргө Кыргыз Респ-нын ж-а Россия Федерациясынын мамл. үлгүсүндөгү диплом ыйгарылат. Ун-тте табигый-техникалык, экон., юридикалык, эл аралык мамиле, курулуш дизайны ж-а архитектура факультеттери иштейт. Ун-ттин уюштуруучусу ж-а ректору техника ил-нин доктору, академик проф. В. И. Нифадьев.

**КЫРГЫЗ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ** 1936-ж. 5-дека-брында жарыяланган. 1929-жылдан Кыргызстандын саясий админ. жетекчилери (айрыкча Ж.Абдрахманов) өлкөдөгү айрым жетишкендиктерди, о.эле Кыргызстандын башка респ-ларга салыштырганда экон., маданий өнүгүштө өлкөдөгү үч тепкичтүү башкаруунун натыйжасында (РСФСР, Орто Азия, СССР) артта калып, бир топ кыйынчылыктарга дуушар болуп жаткандыгын билдирип, Кыргыз АССРине союздук респ. статусун берүү ж-дө өтүнүч м-н кайрылып турушкан. Совет мамл-ндеги жетишкендиктерди чагылдыруу максатында СССР Советтеринин чукул чакырылган 8-съезди 1936-ж. 5-декабрда СССРдин кезектеги (экинчи) Конституциясын кабыл алат. Конституцияда Кыргызстан союздук респ. укугуна ээ болуп, 1991-ж-дын 31-августуна чейин СССРдин курамында жашап келген.

**КЫРГЫЗ ССРнин КОНСТИТУЦИЯСЫ** – Кыргыз ССРинин негизги мыйзамы. 1929-ж. 30-апрелде Кыргыз АССРинин конс-титуциясы, 1937-ж. 23-мартта К.С.К. кабыл алынган. Анын кайрадан каралып, айрым

өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилген жа-ңы редакциясы 1978-ж. 10-апрелде Кыргыз ССР Жогорку Совети кабыл алган. Конституция 10 бөлүм, 19 глава, 172 статьядан турган. Ага 1989–90-ж. жаңы толуктоолор киргизилген.

**КЫРГЫЗСТАН ДЕМОКРАТИЯЛЫК КЫЙМЫЛЫ (КДК)** – улуттук кайра жаралуу багытындагы, Кыргызстандын формалдуу уюмдарынын демилгеси м-н түзүлгөн кыймыл 1990-ж. 11-ноябрда расмий каттоодон өткөн. 1993-ж. 29-майдан Кыргызстан Демократиялык кыймылы партиясы болуп кайра түзүлгөн. Ар кимиси өз алдынча, чачыранды аракет кылган коммунистик режимге каршы күрөшкөн 24 коомдук уюмдар биригишип – КДК уюштурган. Алардын катарында «Асаба», «Ашар», «Атуулдук демилге», «Боорукер», «Ак кеме» (Ленинграддагы кыргыз студенттеринин жердешчилиги), Базаркоргон, Жалалабат, Ысыккөл, Карабалта, Майлысай, Ош, Каракол, Талас, Токмок, Чолпоната ж. б. шаар ж-а кыштак уюмдары кирген. 1991-ж. февраль айына карата КДК 34 өз алдынча уюмдары бириктирип, жалпы саны 300 миңден ашкан. «Славян фонду», «Кыргызстан социал-демократтары», «Мемориал» клубу ж.б. улуттардын өкүлдөрүнөн турган уюмдардын КДКга мүчө болуп кириши бул кыймылга интернационалдуу мүнөз берген. Бул кыймылдын респ-лык партиялык жетекчилик м-н мамилесинин өз ара түшүнбөстүгү аны «улутчул кыймыл» деп айыптоого негиз берген. Бирок, Ош окуяларынын мезгилинде, 1990-ж. 6–7 июнунда Бишкектеги Өкмөт үйүн курчап алган жаштардын митинги м-н жалпы тил табышууда КДКнын мүчөлөрү көрү-нүктүү иш алып барышкан. Студенттер ж-а кыргыз улутундагы жаш жумушчулар КДКнын социалдык базасын түзүшкөн. Кыргыз айылдарында КДКнын кадыр-баркы өскөн. 1990-ж. октябрдагы Жогорку Кеңештин сессиясында Респ-нын Президентин шайлоодо КДКнын мүчөлөрү Өкмөт үйүнүн алдынча ачкачылык уюштуруп, шайлоонун жүрүшүнө иштиктүү таасир тийгизишкен. Программасын КДКнын КПССке карата оппозициялык кыймыл деп билдирип, Президентти ж-а анын программасын колдойбуз деген. КДКнын 1-съезди Союздук келишимге карата мамилеси ж-дөгү кабыл алган Резолюцияда «Жогорку Кеңеш республиканын аймагында референдум өткөрбөөгө ти-йиш» деген талап коюлган. «КДК кабарлары» гезитинин 1-номеринин нускалары басмаканадан эле бийлик тарабынан конфискацияланган. Кыргызстанда коммунисттик партократиянын мамл. жогорку бийликтен четтетилиши ж-а бийликке Президент баш болгон демократиялык күчтөрдүн келиши м-н өлкөдөгү социалдык ж-а саясий кыр-даал кескин өзгөрдү. Кыргызстан эгемен-дүү (15.12.1990-ж.) ж-а көз карандысыз (31.08.1991-ж.) мамлекет деп жарыяланды. КДК кыргыз элинин ж-а респ-да жашаган жалпы калктын саясий, социалдык, руханий кулчулуктан бошонушуна, өз эркине, оюна ээ болушуна, өз күчүнө ишенишине чоң салым кошту. Кыргызстандагы улуутук, жарандык кыймыл тез аранын ичинде КДКнын чегинен чыгып, массалык кыймылдын мүнөзүнө ээ болду. Кыргызстандын демо-кратиялык багытта өнүгө башташы м-н КДКнын программасынын негизги максаттары мамл. саясатка айланды. Кыймылдын буга чейинки тактикасы демократиялык сая-сий режим орногондон кийин мурдагы натыйжалуулугун жоготту. КДКнын мүчөлөрү мамл. бийлик органдарынын жогорку кызматтарына көтөрүлүштү, экинчи бир бөлүгү ишкердик, фермер, бизнес ж.б. жактарга өтүштү. Мына ушундай социалдык-саясий кырдаалда КДКнын ичинде жикке бөлүнүүлөр башталып, туруктуу иштей турган саясий партия түзүү зарылчылыгы келип чыкты. КДКнын ичинен бөлүнүп чыккан партиялардын катарына «Эркин Кыргызстан», «Ата-Мекен» ж-а «Асаба» кирет. Кыймылдын калган мүчөлөрү 1993-ж. 29-майда КДК партиясын түзүшкөн.

**КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯГА КАРАТЫЛЫШЫ.** 19-к-дын 2-жарымында орус падышачылыгынын Ысыккөлгө – Аксуу (1865), Каракол (1869), Тяньшанга – Нарын (1868) чыңдоолору курулду. 1867-ж. Балбай туткунга алынды. Нарын чөлкөмүнө уюштурулган Проценконун аскердик жүрүшүнөн кийин Үмөтаалынын орус букаралыгын таанышы ж. б. окуялар Россиянын колониялык бийлигинин Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүндө иш жүзүндө орногондугун көрсөтүү. Кыргызстандын түндүгүн «Жаңы Кокон тизимине» киргизүү ишке ашырылды. Бул окуялар 1865-ж. Түркстан облусунун, 1867-ж. Түркстан генерал-губернаторлугунун негизделишине алып келген. Жаңыдан уюштурулган Жетисуу облусунун Токмок, Ысыккөл уезддеринде админ.-саясий бийлик структурасынын түзүлүшү, 1867-жылдан бул чөлкөмдөрдө отор пункттарынын даярдалышы ж-а алгачкы оторчулардын келиши сыяктуу иш-чаралар м-н бекемделди. Түндүк Кыргызстандын Россияга каратылышы толук түрдө 1868-ж. ишке ашкан. Бул жерлерди каратып алууда, келишимдер, бүтүмдөр ж-а куралдуу басып алуу колдонулуп, орус бийликтери алгач 1860–62-ж. солгун, эл эми 1864-жылдан активдүү согуштук басып алууга өткөн. Россиянын Кыргызстандын түштүгүн каратуусу түндүк аймактарга караганда өзүнүн татаалдыгы, кандуулугу м-н айырмаланат. 1873–76-ж. элдик кыймыл алгач антифеодалдык максат м-н башталып, кийин антиколониялык мүнөзгө өткөн-дүктөн, орус аскеринин «көтөрүлүштү басуу» деген шылтоо м-н Ферганага кирип келиши түштүк кыргыздардын Россияга каратуунун башталышы да болучу. 1873–76-ж. элдик кыймылдын тарыхый жыйынтыгын эки жактуу мүнөздөөгө болот. Биринчиден, антифеодалдык максат ишке ашып кыймыл жеңишке жетти. Экинчиден, кыймыл жеңилип да калды. Анын антифеодалдык жеңишин антиколониялык жеңилиши жууп кетти. Фергана тургундары ж-а түштүк кыргыздары орус колониализминин кучагына кирди. 1873-76-ж. кыймылдын аякташы ж-а Алай кыргыздарынын 1876-жылдын аягына чейин орус букаралыгын таануусу м-н Кыргызстандын түштүгүнүн Россияга күч м-н каратылышы ишке ашырылды.

**КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫ.** 1991-ж. 31-августта Кыргызстан эгемендүү өлкө деп жарыялангандан кийин гана аны дүйнө жүзүндөгү башка мамл. таанып биле баштašкан. Бирок расмий түр-дө үч славян респ-нын (Россия Федерациясы, Украина, Белоруссия) жетекчилеринин 1991-ж. 8-декабрдагы СССР таркаганы ж-дө келишиминен, андан соң СССРдин Президенти М. С. Горбачев бийликтен биротоло кеткенден (1991-ж. 25-декабрь) кийин Кыргызстан эгемендикке ээ болгон. Ошондон көп өтпөй АКШ, Түркия баштаган бир катар мамл-тер Кыргызстанды өз алдынча мамл. катары таанышарын жарыялашкан. 1992-ж. 1-февралда Бишкек ш-нда 1-болуп АКШнын элчилиги ачылды 28-мартта Түр-киянын, көп узабай Кытайдын, Россиянын, Германиянын элчиликтери ачылды. Соңку 9 жыл аралыгында Кыргызстандын көз карандысыздыгын 135 мамл. таанышкан. Алардын 96сы м-н дипломатиялык байланыштар тү-зүлгөн. Бишкекте 20га жакын чет өлкөнүн элчиликтери м-н өкүлчүлүктөрү ачылды. Дүй-нөдөгү 20 өлкөдө Кыргызстандын эл-чи-ликтери, өкүлчүлүктөрү иштеп жатат. 1992-ж. 2-мартта Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмуна (БУУ) мүчөлүккө БУУ Башкы Ассамблеясынын 46-сессиясында бир добуштан кабыл алынды. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 52-сессиясында 2002-жылды эл аралык Тоо жылы деп жарыялоо тууралуу Кыргызстандын сунушу кабыл алынды. 1992-ж. Кыргызстан ЮНЕСКОго мүчө болду. Дүйнөлүк маданий мурастардын өнүгүшү үчүн кам көргөн бул уюм Кыргызстандын маданий, илим-билим жагында-гы өнүгүшүнө зор колдоо көрсөтүп жатат. 1995-ж. «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракеси ушул уюмдун колдоосу алдында өттү. 2000-ж. Ош ш-нын 3000 жылдык салтанатына да ар тараптан жардам берди. Учурда Кыргызстан 40тан ашуун дүйнөлүк ж-а эл аралык уюмдардын мүчөсү. Бишкекте Эл аралык Валюта Фонду, Дүйнөлүк Банк, Азия Өнүктүрүү банкы ж.б. эл аралык каржы уюмдарынын мекемелери бар. 1998-ж. күзүндө КМШ өлкөлөрүнүн ичинен 1-болуп Кыргызстан Дүйнөлүк Соода Уюмунун мүчөлүгүнө кабыл алынды. 1991-ж. 21-декабрда мурдагы советтик респ-лардын он бири Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигин (КМШны) түзүштү. Ага Кыргызстан да кирди. КМШга кирген мамл-тердин чегаралары бөлүнгүс ж-а кол тийгис экени жарыяланды. О. эле алар бири-бири м-н тең укуктуу кызматташтыкты өнүктүрүүгө макулдашышты. Кавказдагы Азербайжан м-н Армениянын ортосундагы тирешүү-лөргө чек коюу маселесинде Кыргыз Парламентинин жетекчилиги демилгечилерден болуп чыкты. Кыргызстандын ортомчулугу м-н, а. и. Кыргыз Рысп-нын Президенти А. Акаевдин түздөн-түз элдештирүүчү зор аракети, кадыр-баркы м-н Тажикстанда тирешкен эки тарап элдешип, жарандык согуш жөнгө салынды. Кыргызстандык чегарачылар батальону Тажикстандын Тоолуу Бадахшан аймагында ооган-тажик чегарасын кайтаруу б-ча 1994–98-ж. өз милдетин өтөдү. 1996–98-ж. Кыргызстан бир нече ирет Бишкекте Ооганстандагы жаңжалдашкан тараптардын өкүлдөрүнүн тынчтык сүйлөшүү-лөрүн өткөрүү демилгеси м-н чыкты. Улуу Жибек жолунун 21-к-дагы эл аралык карым-катнаштагы таасирин арттыруу үчүн Кыргызстан дүйнө коомчулугуна өз сунушу м-н чыкты. Чегара маселелери б-ча Кытай м-н ырааттуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, 1996-ж. 4-июнда ал өз ара түшүнүшүү деңгээлинде чечилди. Казакстан м-н Кыргызстан 1998-ж. чегара маселелеринде эч кандай өз ара тартышы жок экендиктерин расмий тастыкташты. Кыргызстан м-н Өзбекстан ортодогу чегараларын аныктоо үчүн өз ара сүйлөшүү-лөрдү башташты. 1999-ж. россиялык чегара аскерлери толугу м-н Кыргызстандан чыгарылды. Кыргызстан «Тынчтык үчүн шериктештик» Программасынын алкагында НАТО м-н да кызматташууда. Россия, Казакстан, Өзбекстан, Кытай, Түркия сыяктуу өлкөлөр м-н да аскердик кызматташтыктын ж-а өз ара консультациялардын ар кыл усулдарын жүргүзүп келет. Борб. Азия чөлкө-мүндө стабилдүүлүктү сактоо ж-а эл аралык терроризмге каршы күрөшүү үчүн 1996-ж. Шанхай ш-нда Казакстан, Кытай, Кыргызстан, Россия, Тажикстан мамл. башчылары биргелешип түзгөн «Шанхай бешилтиги» жемиштүү иштеп келе жатат. 2001-ж. 14–15-июнда Шанхайда өткөн юбилейлик жыйында Өзбекстан кабыл алынып, ал дагы тең укуктуу мүчө болуп калды. Ушул жыйындан кийин «Шанхай бешилтиги» *Шанхай кызматташуу уюму* деп аталды. Кыргызстан–тынчтыкты сүйгөн, демократиялык, укуктук мамл. болууну көздөгөн өлкө. Тышкы саясатында өлкөнүн чегарасынын бузулгустугун, КМШ ж-а дүйнө мамл-тери м-н ар тараптуу байланыштарды чыңдоону, улуттар аралык араздашууларга жол бербөөнү, согуштук блокторго ж-а союздарга катыш-поону бекем карманган бейтарап өлкө. Коңшу ж-а алыскы өлкөлөр м-н достукта жашоону максат кылып, Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Россия м-н түбөлүк достук келишими түзүлдү.

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛИНИН АССАМБЛЕЯ-СЫ (КЭА) –** Кыргызстандын элин түзгөн этностордун улуттук кызыкчылыгын көз-дөгөн коомдук уюм. 1994-ж. 21–22-январда Бишкек ш-нда, Кыргызстан элинин 1-курултайында уюшулган. КЭАнын курамында 2003-ж. 1-январына 29 улуттук-маданий борбор ж-а коомдук бирикмелер бар. Ассамблеяда ОБСЕнин ж. б. эл аралык уюмдардын, ж-а улуттук-маданий борборлордун (УМБ) катышуусу м-н эл аралык семинарлар өткөрүлөт КЭА тил ж-а улуттук маданиятты өнүктүрүү б-ча иш-чараларды жүргүзөт. Ар бир УМБда өз-дүк-көркөм чыгармачыл жамааттар уюштурулган. Кыргызстанда улуттар аралык ынтымакташтыкты сактап, аны өркүндө-түүдө УМБ өзгөчө маанилүү роль ойноодо. Алардын иш-аракеттери мамлекет тарабынан ар тараптан колдоого алынган. УМБ үчүн 1994-ж. 26-сентябрда Бишкек Достук үйү ачылган.

**КЫРГЫЗ ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕР-СИТЕТИ (КТУ)** И. Раззаков атындагы 1954-ж. уюштурулган ФПИнин базасында 1992-ж. түзүлгөн. КТУда технологиялык, энергетикалык, транспорт ж-а машина куруу,

маалыматтык технология факультеттери бар. ФПИни уюштуруучусу ж-а биринчи ректору проф. Г. А. Сухомлинов болгон.

**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ** Кыргызстандын ж-а Түркиянын Президенттери А. Акаев ж-а С. Демирелдин демилгелери м-н 1995-ж. Кыргызстандын борборунда ачылган. Көп улуттуу проф.-окутуучулук курам Кыргызстандын ж-а Түр-киянын квалификациялуу адистеринен тү-зүлгөн. Ун-тте 23 багыттагы адистикте даяр-доочу 4 факультет ж-а 2 жогорку мектеп иштейт. Аталган факультеттерде ж-а жогорку мектептерде дүйнөнүн 9 өлкөсүнөн келген студенттер билим алат. Докторантура ж-а магистратура программалары ачылган. Ун-ттин ректору философия ил.-нин кандидаты К. М. Молдобаев.

**КЫРГЫЗ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛОО КОМИССИЯСЫ –** илим ж-а ил.-пед. адистердин ил. даражасын (илимдин доктору, илимдин кандидаты) ж-а ил. наамын (проф., доцент) тейлөөчү мамл. орган. 1992-ж. түзүлүп, Жогорку аттестациялык комиссия деп аталган. 1998-жылдан Кыргыз Респ-нын У. а. к. аталып, Президенттин карамагына өткөн. Комиссиянын уюштуруучусу ж-а төрагасы академик Ү. А. Асанов.

**КЫРГЫЗ УЛУТТУК ӨЗҮНЧӨ АТЧАНДАР ДИВИЗИОНУ** – 1925-ж. Совет өкмөтүнүн көрсөтмөсү б-ча Пишпекте эскадрон катары түзүлгөн. Курамына ыктыярдуу кыргыз жаштары кирген. 1927-ж. эскадрон Орто Азия аскер округунун командачылыгынын чечими б-ча, 53-кыргыз улуттук атчандар полку болуп кайра түзүлгөн. Дивизион мамл. бириккен саясий башкарманын ж-а жергиликтүү калктын ыктыярдуу кошуун-дары м-н бирдикте Арпа, Аксай, Чаткал, Талас, Алай өрөөндөрүндө он миңден ашык басмачыны (1927-ж. Арпанын Аксөөк ашуусунда Жаныбек казыны, 1929-ж. түштүктө Мадымар датканы, Истамбек корбашыны, Насырхан төрөнү, 1930-ж. Таласта Шадыбек корбашыны ж. б.) талкалаган. Кыргыз улуттук аскер бөлүктөрүн түзүүдө дивизион командирлери ж-а саясий кызматкерлери көп күч жумшаган. Дивизиондун катарынан жүздөн ашуун комсомолдук, партиялык ж-а советтик кызматкерлер (А. Рысбаев, К. Качыкеев, К. Курабаев, Ордобаев, М. Чукеев, А. Камбаров, А. Алиев ж. б.) чыккан. 1937-ж. К.у.ө.а.д. таркатылып, башка жердеги атчандар дивизиясына бириктирилген.

**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ (КУУ) –** Кыргызстандын аймагындагы биринчи жогорку окуу жайы; азыркы кезде респ-дагы жогорку окуу жайларынын флагманы. 1931-ж. Фрунзе атн. Кыргыз мамл. пед. ин-ту болуп түзүлгөн. 1951-ж. ушул ин-ттун базасында КМУ ачылган. 1992-ж-га чейин респ-дагы жалгыз ун-т болуп келген. 1993-ж. Улуттук ун-т статусун алган, ал эми 2001-ж. Ж. Баласагунинин ысмы ыйгарылган. Ун-тин ректору академик А. Ч. Ка-кеев.

**КЫРЧЫН КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 6-к.–б. з. 9-к-на таандык мүрзөлөр. Ысыккөл р-нунун Кожояр айылынан 8 *км* түндүктө секиде орун алган. 100 гө жакын көрүстөндөрдүн планы түшүрүлгөн. А. Н. Бернштам тарабынан б. з. ч. 6-к.–б. з. 5-к-на таандык сак доорунун көрүстөнү изилденген. Б. з. 1–4-к-на мүнөздүү катакомба тибиндеги көрүс-төндөр изилденилип, андан чопо сыныктары, мал сөөктөрү ж.б. буюмдар табылган.

**КЫРЧЫН САЛЫГЫ** – Ысыккөлдүн түндүк тарабынан табылган эрте темир дооруна таандык колодон жасалган буюмдардын тобу. Буюмдар курмандык ырым-жырым-дары үчүн пайдаланылган. Ритуалдык тамак салынуучу 2 төрт чарчы үстөл-идиш (83х79 *см*; 69х62 *см*), 2 ичине от жагып жыт чыгаруучу буюм (курильница), 2 казан. Аталган буюмдардын айрымдары куюлуп жасалган кой м-н арстандын кармашкан сөлөкөттөрү, буканын сөлөкөтү, тегерете тизилген барстардын сөлөкөттөрү м-н ширетилип коодолгон. Алар Санкт-Петербургдагы Эрмитажда сакталып турат. Сактардын отко сыйынуу диний ишеними аркасында жаралып, алардын көркөм өнө-рүнөн да кабар берет.

**«КЫССА-И-СЕМЕТЕЙ БУ ТУРУР»** (Бу Семетей жөнүндөгү дастан) – «Семетей» эпосунун араб тамгасында жазылган кол жазмасы. «Семетей» ж-дөгү кол жазмалардын толугураагы ж-а көлөмдүүсү. Кол жазманын түп нускасын 1972-ж. проф. Сарыбай Кудайбергенов сүрөткө тарттырып, анын бир нускасын УИАнын кол жазмалар фондусуна өткөргөн. Ал кол жазманын түп нускасын адабиятчы Ш. Үмөталиев 1957-ж. Талас өрөөнүнүн Кеңарал айылында жашаган Жунуш молдо деген кишиден алып келип, академик Б. М. Юнусалиевге берген. Ш.Үмөталиевдин айтканына караганда Жунуш молдо бул китепти жети атасынан калган мурас катары сактап келген. Башка бир окумуштуулардын пикири б-ча 19-к-да Балык ырчынын айтуусу б-ча Токтогазы Жусупбек уулу (1864–1933) жазып алган. Кол жазманы 1957-ж. таластык Жанаалы деген карыя Кыргыз ССР ИАнын кызматкерине өткөрүп берген. Кол жазма 117 беттен туруп, 6120 сап ырды түзөт. Ыр саптары ар бир барактын бетине үч катардан майда араб тамгалары м-н жыш жазылган. Эпос эки бөлүктөн турат. 1. Каныкей Үргөнчтө жүрүп, Семетейге анын ата теги ж-а Ата журту ж-дө баян курганы, Манастын күмбө-зүнүн курулушу ж-а анын ичиндеги тартылган сүрөттөр тууралуу айтылган окуялар да бар. 2. Семетей өзүнүн жоголгон Акшумкарынын артынан Үргөнчкө барып, Айчү-рөккө жолукканы, экөөнүн Акун хандын ак сарайында үйлөнүп, баш кошкан окуялары жогорку көркөмдүүлүктө берилген. Бул кол жазма бир кезде «Манас» эпосунун сюжетине кошулбай калган, өзүнчө айтылган лирикалык романтикалуу багыттагы дастан. Кол жазма кыргыздардын совет дооруна чейинки жазмасынын тарыхын үйрөнүү үчүн да баалуу булак болуп эсептелет.

**КЫЧАН** Жакып уулу (1919, Кант р-ну, «Социалчыл» кыштагы –1933, ошо жерде) – каар-ман пионер. Кедей устанын үй-бүлөсүнөн. А. ч-сын коллективдештирүүгө каршы чыгышкан ж-а соц. мүлккө зыян келтирген кулактардын, кожолордун, молдолордун бетин ачкан. Кулактардын колунан курман болгон.

**КЫШТЫМДАР** – 17–18-к. Саян-Алтай ж-а Түштүк Сибирдеги кыргыздарга көз каранды уруулар. Саян-Алтайдын капчыгайлары ж-а кыргыз улустарынын токойлуу-тоолуу аймактарындагы К. эзилүүчү тапты түзүшкөн. К. Кыргыз кагандыгынын мезгилинде эле пайда болгон. Орус документтеринде К. салык төлөгөн кара таман калк, «табигий кулдар», кыргыздардын «крепост-ной, укугу жок адамдары» деп жазылган. К. кыргыздарга түбөлүк карыз деп эсептелип, аларга талаа мыйзамы б-ча К-дан бай киш (аң) териси же анын наркындагы салык алынган. Айрым учурларда салык темир жасалгалары, курал-жарак ж-а тамак-аш азыктары түрүндө да алынган. К. жашаган жерлерге көз арткандарга кыргыздар согуштук жүрүштөр м-н айбат көрсөтүшкөн. Кыргыздар бул согуштук кагылышууларда (телеут, бурят, орус ж.б. м-н) өздөрүнө көз каранды болгон салык төлөөчүлөргө ээлик кылуусун сактап калышкан. Улустарды жетектеген кыргыз бектери 500–1000дей К-га ээлик кылышкан. «Кыштым жерлери» катары Том, Кондом, Мрассу дарыяларынын өрөөндөрүндөгү Кузнецк Алатоосунун тоо-токойлуу өрөөндөрү, Түндүк Алтайдын Төлөс көлүнө чейинки аймактар кирген.

# Л

**ЛАКАЙ –** Түштүк Тажикстан, Ооганстандын түндүгүндө жашаган этностук топ; мундуз уруусунун курамындагы урук. Тажиктер Л-ларды азыр да «кыргыздар» деп аташат. Л-лар м-н кыргыздардын ортосунда жалпылыктар байкалган. Биринчиден, Л. деген аталыш кыргыздардын гана курамынан учурайт, экинчиден, кыргыздардагы «Кырк кыз», «Толубай сынчы» ж-дөгү уламыштар бүгүнкү Л-лардын фольклорунда сакталып калган. Көчмөн шартта жашаган Л-лардын боз үйү, анын ички жасалгасы, орун-очоктордун аталыштары кыргыздардан дээрлик айырмасы жок. Тамак-аштарында, аны даярдоонун ыкмаларында кескин айырмачылыктар байкалбайт. Л.жашаган аймактардагы барлас ж-а түрктөрдүн курамдарынан «кыргыз», «овлади кыргыз» уруктары катталган.

**ЛАЛЫМ КУШЧУ** – Сайф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихиндеги» (1495) кушчу уруусунун бир аталышы. Бул тарыхый даректе Л.к. уруусу Куу уулдан тарап, кыргыздардын сол канатына кирери баяндалат. «Лал» сөзү моңгол тилинде «мусулман», «ислам динине сыйынгандар» деген маанини түшүндүрөт. Демек, Л.к. «мусулман кушчулар», «мусулман динин кабыл алып тутунган, ислам динине сыйынган кушчулар» деген маанини туюнтат.

**ЛАМАИЗМ –** будда дининин бутагы, тибет-моңгол элдери туткан дин. Л. Кытайдын Тибет, Ички Моңголия автономия р-ндоруна, Моңголияга, Непал м-н Индиянын айрым аймактарына, Россиянын Бурят, Калмак, Тува респ-ларында тараган. Соңку фео-дализм доорунда Чыгыш Түркстандын айрым кыргыз уруулары да Л. динин туткан.

**ЛАШКЕР КОШБЕГИ** – Кокон хандыгынын ордосундагы таасирдүү адамдардын бири. 19-к-дын 20-жылдарынан тартып Кокон ш-нын акими болгон. Л. к. түндүк кыргыздарына Кокон хандыгынын үстөмдүгүн орноту үчүн жасалган жортуулдарын жетектеген. 1825-ж. ал Мадалы хандын буйругу б-ча төрт миң аскерин алып, Чүйдөгү солто, сарыбагыш урууларын басып алып, ушул эле жылы Аламүдүн суусунун сол өйүзүнө Бишкек чебин курдурган. 1831-ж. Л. к. кайрадан Ташкенден Чымкен, Олуяата, Чүй боору аркылуу Ысыккөлгө чейин жортуул жасап, Ысыккөлдөгү баш ийбеген бугу уруусунун аскерлерин Иле өрөөнүнө чейин сүрүп барган. Л. к-нин ж-а ферганалык миң башы Хаккулунун жортуулдарынын натыйжасында, 1831-жылдары Кыргызстандын алыскы аймактары да Кокон хандыгына каратылып бүткөн.

**ЛЕВАЛЛУА ТЕХНИКАСЫ** Франциянын Леваллуа-Перре деген жеринде табылган ашель дооруна таандык эстеликтин атынан аталган. Мындай ыкма м-н ташты үч бурчтуу, сүйрү, жалпак, төрт чарчы кылып алышкан. Ташты чаап жонуп, керектүү өлчөмгө келтирип даярдашкан. Л.т. ашель доорундагы адамзаттын эң ири жетишкендиги болуп саналат. Кыргызстанда Л.т. м-н даярдалган куралдар, нуклеустар Баткен облусундагы Юрташсай эстелигинен табылган.

**ЛЕНИНГРАД-КЫРГЫЗСТАН ДОСТУК БАЙЛАНЫШТАРЫ.** 1932-ж. 17-ноябрда Ленинград ш-дык советинин президиуму Кыргыз АССРнын кайрылуусуна жооп иретинде Кыргызстанды шефке алуу ж-дө токтом кабыл алган. 1933-ж. 23-февралда Бишкекте Ленсовет м-н Кыргыз АССР Борб. аткомунун өкүлдөрү шефке алуу ж-дөгү келишимге кол коюшкан. Ленинград ш-дык совети Кыргызстанга экон. ж-а маданий жардам көрсөтүү б-ча милдеттенмелерди кабыл алган. Кыргызстандын эмгекчилери Ленинградга азык-түлүк б-ча жардамдашууга, ленинграддыктарга Кыргызстандын курортторунан дарылануу үчүн орун берүүгө милдеттенишет. 1933-ж. Кыргызстандын эмгекчилери м-н Кызыл Туулуу Балтика аскер-деңиз флотунун моряктарынын ортосунда достук байланыш түзүлүп, кыргызстандыктар «Октябрь Революциясы» линкорун шефке алышкан. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде кыргызстандыктар курчоодо калган Ленинградга азык-түлүк, кийим-кече, акчалай каражат жиберип турган. Ленинград Кыргызстандын колхоз, совхоздорун а. ч. машиналары, жер семирткичтер м-н камсыз кылып, энергетикалык, техникалык, полиграфиялык жабдууларды берип турган. О.эле телефон ж-а телеграф тармактарын кеңейтүүгө жардамдашкан.

**ЛОБНОРЛУКТАР**, л о п т у к т а р – Кытайдын түндүк батышындагы Лобнор көлүн бойлой мекендеген эл. Тили кыргыздарга тектеш. Н. М. Пржевальский алгачкылардан болуп, алардын жашоо турмушу, каада-салтын, айрым өзгөчөлүктөрү ж-дө жазып калтырган. Л. 14–15-к-да көчүп келген кыргыз-алтай урууларынын негизинде калыптанган этнос.

**ЛОГВИНЕНКО** Яков Никифорович (1896, Полтава губерниясы, Кобыян уезди, Морковка кыштагы – 1933, Бишкек) – Кыргызстанда Совет бийлигин бекемдөөгө катышкандардан; тунгуч уюшулган Пишпек полкунун командири. 1-дүйнөлүк согушка катышкан. Пишпектеги Кызыл Гвардия ко-шуунунун командири, Пишпек гарнизонунун начальниги, Жетисуу округунун аскер комиссары. Жетисуу фронтундагы ак гвардиячылардын, Аксуудагы кулактардын контрреволюциячыл козголоңун басууга катышкан.

**ЛОЙЦНЕР** Виктор Иванович (1878, Саратов ш. – өлгөн жылы белгисиз) – Кыргызстанда марксисттик-лениндик идеяларды таратуучулардын бири. Революциячыл көзкарашы үчүн 1903-ж. 8-июлда Каракол ш-нын жанындагы орус кыштагына сүргүнгө айдалып келип, Караколдун түрмөсүндө отурган. Түрмөдө да падышалык жеке бийликти айыптагандыгы үчүн Олонецк губерниясына сүргүнгө айдалган.

# М

**МААМАТКУЛ БИЙ**, Маматкул бий Үчүкө уулу (1660-жылдар чен – 1758-жылдан кийин) – 18-к-дын 1-жарымында калмак баскынчыларына каршы элдик күрөштү жетектегендердин бири; 18-к-дын ортосунда түндүк кыргыз урууларын башкарып турган чоң бий. 18-к-дын 80-жылдарында кыргыздарды Кудаян хан бийлеп турган. М. б. анын жакын тууганы болгон, эл башкарууда Кудаяндын таламдашы, кийинчирээк бийликке талапкер инсан катары чыккан. 1680-ж-дын аягы – 1690-ж-дын башталышында калмак баскынчылыгына туруштук бере албаган кыргыз уруулары Фергана тарапка көчкөндө Кудаян башында турган кыргыздар Ысар-Көлөпкө чейин кирген. Тарыхый маалыматтарда Кудаян Кожентте өлгөндүгү айтылат. Ошондон кийин М. б. Ферганага ооп барган кыргыздардын башын бириктирип, Намангандын үстүн жердеп турган. Ал 1720-жылдары ошол аймактын башкаруучулары м-н бирдикте калмактарга каршы элдик күрөштү жетектөөнү колго алып, 1732-жылдан Кетментөбө өрөөнүнө кыргыздарды топтоп, калмактарга каршы күрөштү уланткан. Ушул мезгилде Кетментөбөдө М. б. башында турган түндүк кыргыз урууларынын өз алдынча чакан конфедерациясы – мамл. түзүлүшү калыптанган. М. б-дин байтактысы ошол өрөөндүн Коңурөгүз деген жеринде жайгашып, солто уруусунун башчысы Кошой бий анын жардамчысы болгон. Өрөөн табигый чепке окшош болгондуктан калмактарга каршы аскердик иш-чараларды жүзөгө ашырууга ж-а уруулардын саясий биригишине ыңгайлуу мүмкүнчүлүк түзүлгөн. М. б. өрөөндө дыйканчылыкты өнүктүрүү максатында арык каздырып, суу чыгарткан ж-а ал «Мааматкул алыш» деп аталган. 1740-жылдын 2-жарымында М. б-дин ж-а Кошойдун жетекчилиги м-н калмактардын күчтөрү топтолгон Таластын оозу Капкага, Чүйдүн Каракыштагына, Сокулукка ж-а Акбешимге кыргыз кошуундары чабуул коюп, Алатоону баскынчылардан бошотуу процесси башталган. 1753-ж. Кошой бий Кетментөбөдөгү Коңурөгүздө каза болгон. Ушундан кийин М. б. Солтоной, Дорбобаш, Койкоңназар аттуу жигиттерине жер чалдырып, Илеге чейинки аймактарда калмактардын бар-жогун билип келүүгө жөнөткөн. 1758-ж. Цин империясы Жуңгар хандыгын кыйраткан. Натыйжада кыргыздар ата конуштарына кайтып ке-лүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. 1758-ж. Цин империясы Чыгыш Түркстанды басып алган. Ушул жылы Кытай императору аталган аймакта өзүнүн бийлигин бекемдөөгө кыргыздардын кийлигишүүсүнөн чочулап, алардын аксакал башчыларына атайын манифест чыгарган. «Силер буруттар жуңгарлардын иштерине эч качан кийлигишкен эмессиңер, бирок абалтан алардын коңшусу болгонсуңар. Жуңгарлар толугу м-н баш ийдирилди, силердин жериңер биздин чегарага жакындашты, эгерде тынчтыкты сактабай чегара аркылуу көчүп-конуп тынчты кетирип, талап-тоногонго өтсөңөр чыр-чатакты өзүңөр табасыңар», – деп айтылган императордун мани-фестинде. Чыгыш Түркстандагы кытайдын аскер наместниги генерал Чжао Хой баштаган офицерлердин тобу Ысыккөлдүн чыгышындагы Санташтан *Түлкү бийге* ж-а Үкүгө жолуккан. Кытай өкүлдөрү алардын кош-тоосунда *Черикчи бийдин* конушуна барып, императордун манифестин жарыя кылган. Черикчи бий кытай чабармандарына элди М. б. башкара тургандыгын айткан. Жашы 90дон өтүп калгандыктан ат м-н алыска жүрө албастыгын, бирок маанилүү маселелер М. б. аркылуу чечилерин билдирген. Кытай офицери шивэй Урдэн М. б-дин өзүнө жолугуп, Цин бийликтерине анын душмандык ниети жок экендигине ынанган. М. б. кытай офицери м-н болгон сүйлөшүүдө Черикчи бийди ж-а өзүнүн ишенимдүү адамы Шербекти императордун кабыл алуусуна жө-нөтөрүн билдирген. Кытай өкүлдөрү талас-тык кыргыздарга барганда 4 миң түтүн эл М. б-ге баш ийерин, кытай уруусунан Каработо бий, саруу уруусунан Акбай бий, кушчу уруусунан Майтык бий анын жардамчылары экендигин билишкен. Кытай маалыматтарында М. б-дин ээлигинде турган кыргыздар «чыгыш буруттар» деп аталган ж-а алардын курамына Түндүк Кыргызстандын «оң канат», «сол канат» уруулары кирип, Тагай уруулук бирикмесинин негизин түзүп турушкан. Аталган бирикме калмак баскынчылыгынан кийин кыргыз урууларын саясий жактан баш коштуруп, тышкы душмандарга каршы турууда маанилүү роль ойногон. Саясий бирикменин калыптанышы да карама-каршылыктуу мүнөздө жүргөн. Бугу уруусунун башчысы Белек М. б-дин таасиринен оолактагысы келген. Белектин өз учурунда калмактарга кызмат кылганы эки инсандын ортосундагы каршылашуунун башкы себеби болгон. «Байгара менен Жамбылда май жегенде бирге элек, калмакта Калы менен Кутуда кан жегенде бирге элек, казак кайың саап, кыргыз Ысарга кирип актаман чор болгондо кайда кеттиң сен Белек», – деп М. б. айткан сөз эл оозунда сакталып калган. Белекти жазага тартарда уулу Тогузбайдын кызы баш болгон тогуз кызды М. б-ге тартууга берген ж-а экөөнүн чыры ушуну м-н басылган. Ал эми М. б-дин атынан барган кыргыз элчилери Цин императорунун кабыл алуусунда болуп, маанилүү саясий маселелерди чечип келген. М. б. башында турган түндүк кыргыз урууларынын конфедерациялык түзүлүшү Жетисуу–Теңиртоо ж-а Чыгыш Түркстандын алкагында Түндүк Кыргызстандын 18-к-дагы өз алдынча мамл. түзүлүшүн аныктаган.

**МААНАЕВ** Эгемберди Жумагулович (1933-ж. т., Ысыккөл облусу, Жетиөгүз р-ну, Даркан айылы) – тарых ил-нин доктору (1975), проф. (1977). Кыргыз Респ-нын элге билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери (1994). Караколдогу мугалимдер ин-тун (1952), КМУнун тарых факультетин (1959) бүткөн. 1952–54-ж. ЛКЖСтин Тянь-Шань обкомунун лектор бөлүмүнүн башчысы. 1964-жылдан Кыргызстан ИАда кенже ил. кызматкер. 1965–67-ж. Кыргызстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация бөлүмүндө лектор. 1967-жылдан Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунда улук ил. кызматкер. 1981–92-ж. И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед.

ин-тунда проректор, 1992-жылдан политология ж-а кыргыз тарыхы кафедрасынын башчысы. Эмгектери негизинен кыргыздын революцияга чейинки тарыхына, кыргыз интеллигенциясынын коомдогу ролуна ж. б. арналган. 150дөн ашуун ил. эмгектин (а. и. 10 монография) автору.

**МАВЕРАННАХР** (ар. «дарыянын өйүзүндөгү жер») – 7-к-дын акыры – 9-к. Амударыянын (Жейхундун) оң өйүзүндөгү аймактардын аталышы. Кийинчерээк М. деп Амударыя м-н Сырдарыянын (Сейхундун) аралыгындагы аймак атала баштаган. М-дын чоң калаалары катары Самаркан, Бухара, Кожент (азыркы Ленинабад) ж. б. шаарлар даңазаланган.

**МАДАЛЫ ХАН,** М а д а л и х а н, Мухаммед А л и х а н (1807–1840) – 1822–1840-ж. Кокон мамл-нде бийлик жүргүзгөн хан. Омор хандын баласы, *Нарбото бийдин* небереси. М. х. доору Кокон мамл-нин саясий-экон. абалынын жогорулоо мезгили болгон. Мамл-тин аймагы Түштүк Казакстан, Талас, Чүй, Ысыккөл ж-а Нарын тарапка чейин таркалган. Тышкы саясатта 1832-ж. Кытай м-н келишим түзүлүп, ири ийгиликке жетишкен. Түндүк Кыргызстанда Пишпек, Токмок (1825), Жумгал, Тогузторо (1830), Куртка (1832) чептери курулган. М. х. 1824-ж. Чүйгө, 1826-ж. Кашкарга жасалган жортуулдарга катышкан. Бирок, М. х. өмүрүнүн акыркы жылдарында саясий иштерден оолак болуп, көп убактысын оюн-зоокко кетирген. Бухара эмири Насрулланын колдоосуна ээ болгон ордодогу козголоңчулар тарабынан өлтүрүлгөн.

**МАДАМИН БЕК**, М у х а м м е д   А м и н   б е к – 1918–20-ж. Фергана өрөөнүндө Совет бийлигин орнотууга каршы чыккан корбашы. 1919-ж. март айында Ташкендеги революцияга каршы козголондон кийин Ферганага качып келген орус козголоңчулары м-н бирге Наманган ш-н камаган. Май айында негизги күчүн Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймактарына топтогон. Июль айында ага кулактардын «Дыйкандар армиясын» жетектеген Монстровдун күчү кошулган. Ош, Жалалабатты ээлеп, Анжиянды камалашкан. Сентябрдын акырында гана алар Анжияндан чегинүүгө аргасыз болгон. 1920-ж. февралдын акырында М. б-тин негизги күчтөрү талкаланып, тынчтык сүйлө-шүүлөргө макулдугун берүүгө аргасыз болгон. Анын ордосунда Э. Ф. Кужело, А. Н. Антонов, Я. Б. Филиппинов сүйлөшүүлөр жүр-гүзгөн. Кийинчерээк М. б. М. В. Фрунзе м-н сүйлөшүп, Совет өкмөтү тарапка өзүнүн колу м-н өткөн. Анын айрым жигиттери *Көр-Шерматтын* колуна кошулган.

**МАДАНИЙ КАТМАР** – адамзаттын турмушун, чыгармачылыгын чагылдырган археол. калдыктардын катмары. Мис., адам жашаган жерде калган буюмдар, коолдуктар, согуштук, эмгек куралдары, тамак-аш калдыктары бир канча мазгилдердин аралыгында маданий катмарды түзө берет. Ар-хеол. казууда М. к-лар табылып, алардын ар биринин доору аныкталат. Табылган буюмдар аркылуу эстеликтин жашаган доору, ошол мезгилдеги калктын маданияты тууралуу маалымат алынат. М. к-дын жалпы калыңдыгы бир канча миллиметрден ондогон метрге чейин жеткен учурлар кездешет.

**МАДАНИЙ РЕВОЛЮЦИЯ** – совет мезгилинде коммунисттердин жетекчилиги аркылуу ишке ашкан социалдык-саясий, экон., маданий өзгөрүүлөр. Большевиктер партия-сынын максаты М. р. аркылуу эмгекчилерди тарыхый-маданий процесстин активдүү катышуучуларына айландыруу, жаңы адамды тарбиялоо болгон. М. р-ны соц. коомду куруунун негизги шарты деп эсептешкен. Коммунисттердин окуусуна ылайык, М. р. эзүүчү таптын коомдук турмуштагы руханий ж-а маданий үстөмдүгүн жоюп, адамзат жараткан тарыхый-маданий жетишкендиктерди эмгекчилердин энчисине ыйгармак, о. эле буржуазиялык маданият жаңы соц. маданият м-н алмаштырылат, эл агартуунун жаңы системасы түзүлөт, анын негизинде илим-билим ж-а искусство өнүгүп, соц. интеллигенция калыптанат, эл массасынын саясий аң-сезими өсөт дешкен. Бирок, эски маданияттан баш тартуу аны таңгандыкка жатпай турганын, тескерисинче, сын көз м-н карап, анын жакшы жактарын тандап алуу керектигин айтып чыгышкан. М. р. кыска мөөнөттүн ичинде бүтүндөй совет элинин коомдук-саясий турмушун, маданий өнүгүүсүн түп-тамырынан өзгөрткөн. Кыргызстанда Октябрь революциясына чейин калктын 1% гана сабаттуу болсо, М.р-нын жыйынтыгында өлкө туташ сабаттуулукка жеткен. Бул көрүнүш өз кезегинде Кыргызстандын өнүгүүсүнө өтө чоң өбөлгө түзгөн; элдин турмуш-тиричилиги жаңырган, шаарлар, кыштактар курулуп, билим берүүчү мекемелердин тармактары түзүлгөн. Кыргыз улутунан билимдүү адистердин бүтүндөй мууну өсүп чыгып, дүйнөлүк интеллектуалдык өнүгүүгө өз салымын кошуу деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Билим берүү, социалдык, маданий курулуштар акысыз жүргүзүлгөн. Бирок М. р. Советтер Союзуна кирген респ-ларда зор өнүгүүлөрдү жаратып, жашоого жагымдуу маанай түзгөнү м-н, авторитардуу башкаруу (жеке адамга сыйынуу) саясаты М. р-га таасирин тийгизген, б. а. М. р. өлкөдө зордук-зомбулук, маданий, саясий репрессияларды колдонуу ыкмалары м-н жүргүзүлгөн. Миңдеген алдынкы көзкараштагы интеллектуалдуу адамдарга эл душманы, контрреволюциячыл, дүйнөлүк буржуазиянын агенти деген жарлыктар бейкүнөө тагылып, айыпталып, эзүүчү таптын өкүлдөрү катары камалып, сүргүнгө айдатылган, атылган. Диний мекемелер тонолуп, кыйратылып, дин кызматкерлери куугунтукка алынган. М. р. идеясы (СССР мезгилинде) соц. коомду курууга умтулган дүйнөнүн айрым бир мамл-теринде да ишке ашкан. Бирок, аларда бул идея өзүн биротоло дис-кредитациялоо (аброюн түшүрүү) жолунда, лениндик концепцияга шайкеш келбеген абалда жүргүзүлгөн. Советтер Союзунун коммунисттери ал эксперименттерди М. р-га эч кандай тиешеси жок көрүнүш катары карап, байланышын танышкан.

**МАДЫ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 9–13-к-га таандык шаардын калдыгы. Ош ш-нан 15 *км* чыгыш тарапта, азыркы Мады кыштагынын аймагында. Аянты 3 *га*. 10-к-дагы араб географтарынын эмгектеринде Медва деген

ат м-н эскерилет. М. ш. ч-нын түштүк-батыш бурчунда чеп (азыркы бийиктиги 12 *м*) сакталып калган; ичинде турак жай ж-а чарба курулуштары болгон. М. ш. ч-нын алгачкы маданий катмары Шоробашат маданиятына (б. з. ч. 4–1-к.), акыркы катмарлары 13–18-к-га таандык.

**«МАЖМУ-АТ-ТАВАРИХ»**, « Т а р ы х т а р  ж ы й н а г ы » – 1495-ж. фарсы тилинде жазылган чыгарма. Автору – *Сайф ад-Дин Ак-сикенди* (Сайпидин Аксылык) өзү бүтпөй калып, аны уулу Орозбай (Ноорузбай) улантып жазып бүтүргөн. Сайпидин Аксылык эмгегинде кыргыздарды оң ж-а сол деп бөлүп, оңго Ак уулдан тараган Отуз уул ж-а Солусбек Булгачыны кошот. Ал эми солго Куу уул кирет. Бул эмгекте 12-к-да, б. а. 1127-ж. кыргыздардын оң ж-а сол канатка бөлүнгөнү, алардын түпкү атасы Аналхак болгону, Аналхак Ак уулга чейин 20 ата, Куу уулга чейин 23 ата өткөнү тууралуу кабар берет. Оң канатка (отуз уулга) адигине, муңгуш, карабагыш, тагай, сарыбагыш, дөөлөс, черик, азык, моңолдор, коңурат, чекир ж. б. уруулар кирген (санжыра б-ча кара чорого багыш, суумурун, келдике, баарын уруулары кошулат). Тагайдын чоң бөлүмдөрү – наймандан жедигер, кылжырдан бугу, богорстондон солто уруусу, алардан башка кара чоро, саяк саналган. Адигинеге болсо анын өзү гана кирген (санжыра б-ча адигинеге жору, бөрү, баргы, сарттар ж. б. уруулар кошулат). Солусбек Булгачыга бостон, тейит, жоокесек, дөөлөс, кыдырша, канды уруулары кирген (санжыра б-ча ага кесек, ават, оргу, нойгут, кыпчак, найман ж.б. уруулар кошулат). Солго (Куу уул) саруу, кушчу, мундуз, басыз, чоң багыш, кытай уруулары кирген (санжыра б-ча ага жетиген, дөбөт уруулары кошулат). Ак уул, Куу уул ж. б. шайык Сейит Мир Жалилдин мезгилинде (15-к.) жашап, аны м-н байланышып турган тарыхый инсан катары көрсөтүлүп, алардын кимден таралганы саналат. Чыгармада негиздүү тарыхый окуялар да чагылдырылган. Мис., кидандардын (кара кытайлардын) Орто Азияга, Кыргызстанга жасаган чабуулу ж-а аларга каршы жергиликтүү элдин күрөшү. Чыгармада «Манас» эпосуна тиешелүү окуялар да орун алган. Автор Манасты тарыхый инсан катары карайт. «М.-а.-т.» Манас ж-дө берилген эң биринчи жазуу түрүндөгү 15-к-га таандык маалымат. Бул эмгек кыргыз тилине которулган.

**МАЗАР –** 1. бейит, көрүстөн, мүрзө. 2. ыйык, сыйынчу жер (мечит, медресе, диний мектептер, казы, молдо үйлөрү ж.б.). 3. эгелүү жыгач, касиеттүү караган, колдогону бар деп эсептелген бир түп терек, тал, четин же башка жыгач. Мындай М-дын жанынан өткөн мусулман чүпүрөктү байлап «бисмилланы» кайталоо м-н тобо-топук кылып кетүүгө милдеттүү болгон. М-ларга оорулуулар, баласыздар, башына оор иш түшкөндөр коно жатып сыйынышкан.

**МАЙДӨБӨ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 10–12-к-га таандык шаар калдыгы. Талас облусундагы Карабуура р-нундагы Майдөбө айылынан 1,5–1,8 *км* түштүктө жайгашкан. Маданий катмардан караханийлер дооруна ж-а кийинки мезгилге тиешелүү карапа калдыктары табылган.

**МАЙТӨР КЕРБЕН САРАЙЫ –** 10–13-к-га таандык эстелик. Жетиөгүз р-нунда Кумтөр алтын кенинен 20–21 *км* түндүк-батышта, Кашкасуу, Майтөр сууларынын кошулушундагы Үччат коктусунда жайгашкан. 1997-ж. Кумтөр археол. экспедициясы тарабынан ачылган. Пайдубалы (1,60 *м*) таштардан кыналып, дубалы топурак сокмо, айрым жерлери бышырылган кыштан тургузулган. Сарайдын кире беришинде туурасы 3 *м* болгон портал арка жасалган. Дубалдардын жазылыгы 5 *м* келип, айланасын аң м-н курчалган. Кербен-сарайдын борб. бөлүгүндө чарбак жайгашып, дубалдарга ыктай каалгалары чарбакты караган 16 бөлмө жайгашкан. Карапа идиштердин сыныктары (казан, чөйчөк ж. б.), караханийлер дооруна таандык коло тыйындар, чырактар, жаа калдыктары ж-а кооздук буюмдар табылган. Кербен сарай – Борб. Азия ж-а Кыргызстандагы эң би-йик тоолуу аймакта (3500 *м*) жайгашкан бирден-бир эстелик. М.к.с. Ысыккөл өрөөнү-нүн тескей багытындагы Улуу жибек жолунун Чыгыш Түркстан багытын тейлеген. Эстелик К.Ш. Табалдиев, М.И. Москалев ж-а О. А. Солтобаев тарабынан изилденген.

**МАЛАБАЕВ** Жолдошбай (1917-ж. т., Жалалабат облусу, Сузак р-ну, Чачкынчы айы-лы) – тарых ил-нин доктору (1970). Ата Мекендик согуштун катышуучусу (1941–45). Жалалабат пед. техникумун (1937), КПСС БКнын жогорку партиялык мектебин (1954) бүткөн. 1938–59-ж. советтик админ. жооптуу кызматтарда, 1960–69-ж. Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунун ил. кызматкери, 1970–76-ж. ушул эле ин-ттун сектор башчысы, 1976-жылдан ИАнын Философия ж-а укук ин-тунун информация секторунун улук ил. кызматкери. 50дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 13 монографиянын автору. Ил. эмгектери негизинен Кыргызстандагы Совет бийлигинин ж-а мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүнө, чыңдалышына арналган. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**МАЛАБАЕВ** Мурзабек (1928-ж. т., Жалалабат облусу, Сузак р-ну, Чачкынчы айылы) – тарых ил-нин доктору (1967), проф. (1968). 1950-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөн. 1951–55-ж. КМУнун окутуучусу, 1955–57-ж. Кыргыз мамл. физкультура ин-тунда кафедра башчысы, 1957–60-ж. Караколдогу пед. ин-ттун ректору, улук окутуучу, 1960–68-ж. ФПИде улук окутуучу, доцент, 1968-жылдан КМУнун КПСС тарыхы кафедрасынын башчысы болуп иштеген. Жүздөн ашык ил. эмгектин, а. и. 6 монографиянын автору. Ил. эмгектери негизинен Кыргызстандын өнөр жайынын өнүгүшүн изилдөөгө арналган. Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери.

**МАЛА ХАН,** М а л а б е к  Ш е р а а л ы  у у л у (1832–1862) –1858–62-ж. Кокон хандыгын бийлеген хан. *Кудаяр хандын* аталаш агасы (кыргыздардын оң канат бөлүгүнө кирген багыш уруусунун кызы Сонайымдан төрөлгөн). Кудаяр хан бийликте турган кезде, ал Анжиян ш-нын акими болгон. Кудаяр хандын эл камын ойлобогон бийлигине наа-разы Малабек кыргыз, кыпчак төбөлдөрү-нө таянып, бийликти алуу үчүн күрөш

баштаган. Ал кыймылга алайлык кыргыздардын бийи Алымбек датка активдүү катышкан. Маргалаңдын жанындагы Самгар деген жердеги салгылашта Кудаяр хандын аскери талкаланып, 1858-ж. ноябрда Малабек такка отурган. М. х. алсызданып бара жаткан мамл-тин саясий бийлигин ж-а аскер күчүн чыңдоого киришип, хандыктын ички абалын тартипке келтирген. М. х-дын тушунда кыргыздардан *Алымбек датка*, Алымкул, Кыдыр, Чотон, Сейитбек, Касым датка ж.б. мамл-тин саясий ж-а аскер иштеринде жогорку мансаптарды ээлешкен. М. х. 1862-ж. ордодогу саясий күрөштүн курманы болгон.

**МАЛДЫБАЕВ** Абдылас (1906, Чүй облусу, Кемин р-ну, Карабулак айылы –1978, Бишкек) – композитор, ырчы (тенор) ж-а артист, кыргыз профессионал музыкасына негиз салуучулардын бири. Кыргыз Респ-нын искусствого эмгек сиңирген ишмери (1937), СССР эл артисти (1939). Москва консерваториясын бүтүргөн. 1930-ж. Фрунзе музыкалык техникумунда директор, 1933-ж-дан Кыргызстан музыкалык студиясында (кийин опера ж-а балет театры) артист, 1939–67-ж. Кыргызстан композиторлор союзунун төрагасы, 1953–54-ж. М. Күрөңкеев атн. музыкалык хореография окуу жайынын директору болгон. М-дин чыгармачылык иши 1922-ж-дан башталган. Алгачкы ырлары («Акинай», «Кызыл жоолукчан», «Өмүр», «Забойщиктер») эл арасына кеңири тарап, обончу катары таанылган. М. 300дөй чыг. жараткан (анын 200дөйү ыр). Композитор В. А. Власов, В. Г. Фере м-н бирге «Ажал ордуна» музыкалык драмасын, «Айчүрөк», «Патриоттор», «Манас», «Көл боюнда», А. Веприк, М. Абд-раев м-н бирге «Токтогул» операсын ж-а Кыргыз ССР гимнинин музыкасын жазган. М. В. Власов, В. Фере, М. Абдраев ж. б. композиторлор м-н бирге кантаталарды, вокалдык-симфониялык чыгармаларды жараткан. Ал драма ж-а опера спектаклдеринде бир катар элестүү образдарды түзгөн. Мис.: «Алтын кыз» музыкалык драмасында Кузнецовдун, «Ажал ордунда» Бектурдун, «Айчүрөк» операсында Күлчоронун, «Айдар менен Айшада» Телтайдын, «Аршин мал алан» музыкалык комедиясында Аскердин, «Евгений Онегин» операсында Ленскийдин, «Токтогулда» Керимбайдын ролун аткарып, ар кыл мүнөздөгү каармандардын образын артист-тик чоң чеберчилик м-н ойногон. М. Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1970). СССР Жогорку Советинин депутаты (1937–46). Ленин, Октябрь Революциясы, үч Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. М-дин ысымы м-н Кыргыз опера ж-а балет театры, Бишкек ш-нын бир көчөсү аталган.

**МАЛОВ** Сергей Ефимович (1880–1957) – тилчи, түрк тилдерин изилдөөчү, СССР ИАнын корр.-мүчөсү (1939). Ал В. В. Радлов м-н бирге «Алтын йарук» аттуу байыркы уйгур чыг-н таап, изилдеп, басмадан чыгарган. М-дун «Байыркы түрк жазма эстеликтери», «Моңголия менен Кыргызстандагы байыркы түрк жазма эстеликтери», «Түрк-төрдүн Енисей жазмасы», «Ибн Муханна түрк тилдери тууралуу», «Сары уйгурлар тили: Сөздүк жана грамматика» сыяктуу эмгектери бар.

**МАМБЕТ** Чокмор уулу (1896, Корумду конушу, азыркы Тоң р-ну, Бөкөнбаев айлы – 1973, ошол эле жер) – «Манастын» үч бө-лүмүн тең айткан манасчылардын бири. «Манасты» таякеси Эшимбек уулу Доңузбайдан (1868– 1935) үйрөнгөн, 20 жашынан айта баштаган. М-тен 1965–72-ж. «Манастан» 243500 сап ыр жазылып алынган. Анда сюжеттик система башка толук жазылган варианттардыкы м-н негизинен бирдей болсо да, айрым окуялар өзгөргөн, модернизацияланган түрдө баяндалат. М-тин варианты жарык көргөн эмес, Кыргыз Респ-нын УИАсынын кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

**МАМБЕТАКУНОВ** Калык Барыктабасович (1952-ж. т., Ысыккөл облусу, Жетиөгүз р-ну, Чоңкызылсуу айылы) – коомдук ишмер. Кыргыз Респ-нын калкты тейлөө чөйрөсүнүн эмгек сиңирген кызматкери (2003). 16 жашында көзү көрбөй калган. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун Каракол ш-ндагы кыргыз азиздер ж-а дүлөйлөр үйрөтүү-өндүрүштүк ишканасында баштаган. 1978–81-ж. ушул ишкананын директорунун орун басары, 1981–86-ж. Жалалабаттагы, 1986–91-ж. Бишкектеги азиздер ж-а дүлөйлөр ишканасынын директору. 1991-ж. Кыргыз азиздер ж-а дүлөйлөр коомунун Борб. башкармалыгынын төра-гасы, 1999-жылдан коомдун президенти. 2001-жылдан Азия Азиздер Союзунун аткомунун мүчөсү, 2003-жылдан Бүткүл дүйнө-лүк азиздер союзунун аткаруу комитетинин теңтөрагасы. «Даңк» медалы м-н сыйланган.

**МАМБЕТОВ** Болот (1905, Ысыккөл облусу, Тоң р-ну, Жерүй айылы – 1990, Москва ш.) – мамл. ж-а партиялык ишмер. Кыргыз ССР Министрлер советинин төрагасы (1961–68). Экон. ил-нин кандидаты (1954). Оренбургда жумушчу факультетин (1928), Москва гидротехникалык ин-тун (1935) бүткөн. 1935–40-ж. Кыргызстандагы суу чарба ж-а ирригация курулуш мекемелеринде иштеген. 1940-ж. Кыргызстан КП(б) БКнын 3-катчысы, 1941–45-ж. транспорт ж-а байланыш б-ча катчысы ж-а орун басары. 1945–53-ж. партиянын Фрунзе облустук комитетинин 1-катчысы. 1953-жылдан Кыргызстан ИАнын Суу чарба ж-а энергетика ин-тунун директору. 1954–64-ж. Кыргыз Респ-нын суу чарба министри. Үч Ленин, үч Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ** – мамлекетте иш кагаздарын ж-а сот иштерин алып барууда, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, атайын орто ж-а жогорку окуу жайларында окутууну жүргүзүүдө бир өлкөдө милдеттүү колдонулуучу тил. Кыргыз Респ-нын М. т. – кыргыз тили. М. т. ж-дө мыйзам 1989-жылдын 23-сентябрында кабыл алынган. Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып өлкөбүздүн бардык булуң-бурчтарында мыйзамды ишке ашыруу чаралары кабыл алынып, аткарыла баштаган. Кыргыз тили М. т. статусун алуу м-н, Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын тилдеринин өнүгүшүнө кам көрүү конституцияда, тил мыйзамында баса көрсөтүлгөн. Ошондуктан мектептерде орус, өзбек, казак, дуңган ж. б. тилдерде окутуу жүргүзүлүүдө.

Кыргыз Респ-нын Конституциясына ылайык, Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин палаталары кабыл алган мыйзамдар мамл. ж-а расмий тилдерде жарыяланат. Иш кагаздары, сот иштери мамл. ж-а расмий тилдерде жүргүзүлөт. Эгерде айыпкер сот иши жүрүп жаткан тилди билбесе, анда ага эне тилде сүйлөө же тилмечтен пайдалануу укугу берилет. Кыргыз тилине М. т. статусунун берилиши – адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө болгон зор кадам, ошону м-н бирге коомдун руханий жаңылануусуна, жаңыча ой жүгүртүүгө багыт алуусу. Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы. Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт.Кыргыз Респ-нын М. т. – кыргыз тили бардык мекеме-ишканаларында, уюмдарда, билим берүүдө, маданият, массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамл., өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда ж-а жеке менчик тармактарында, жыйындарында, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулат. М. т. – бул мамл-теги улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы.

**МАМЫР** Мерген уулу – Экисуу арасындагы Үчкоргон, Избаскен чөлкөмдөрүндө жашаган сол канат кыргыздарынын мундуз уруусунун карапайым үй-бүлөсүнөн чыккан инсан. 1873-ж. жаз айларында 35 жаштагы М. *Кудаяр ханга* каршы Экисуу арасын, Көгарт өрөөнүн, Сузактан Өзгөнгө чейинки чөлкөмдөрдү туруктаган кыргыздардын мундуз, багыш, басыз, карабагыш ж-а кушчу урууларын көтөргөн. Көтөрүлүшчүлөр Жалалабат, Ханабат кыштактарын ээлешкен. Кыймыл тез эле Экисуу арасын толук каптаган. Июлда М-дын кошууну Өзгөн ш-н алган. Ал жетектеген көтөрүлүш бир топ кубаттуу болгондуктан, аны басууга Ку-даяр хан өзү аттанган. Ал Анжиян ш-на келип, көтөрүлүшчүлөрдү талкалоого күчтүү жазалоочу кошуун жиберген. Кошуун кыймылды аёосуз басып, Өзгөндү бошотушкан. Көтөрүлүшчүлөр тоо таяна качып, бир тобу Тогузторо, Кетментөбө өрөөндөрүнө өтүп кетишкен. М. 1873-жылдан 1874-жылга караган кышта Алайга, андан ары Кашкарга барып, кыргыздарды Кудаярга каршы үндөп, ал Кокон хандыгына каршы күрөшүүгө аркалык туугандарын тартууга аракеттенген. Орус бийлигинен колдоо издеп, букара болууга макулдугун билгизип кат жазып да көргөн. Бирок, анын 1868-жылдагы Орус-Кокон келишими ж-дө кабары жок эле. 1874-ж. май айында Каракулжа чөлкөмүнүн кыргыздары М-дын жетекчилиги астында жаңы күч м-н күрөшкө чыгышкан. 5–6 миң кишиден турган көтөрүлүш-чүлөр Анжияндан алыс эмес Коргонбардан сепилин алып, Анжиянга чабуул коюшкан. Бирок, 2 миң сарбаздан турган жазалоочу кошуун көтөрүлүштү баскан. М. Капка өрөөнүнө (Нарын чөлкөмү) качып кеткен, бирок Кокон ханынын өтүнүчүнө байланыштуу Токмок уездинин башчысынын буйругу м-н 1874-ж. 15-июлда кармалып, Лепси уездинде (Казакстан) камакка салынган. 1877-ж. тымызын көзөмөлдөнүп туруу укугу м-н Анжиян уездине кайтып келген. М. кийинчерээк орус бийликтерине да каршы күрөшүүгө аракеттенген. Ал 1878-жылдын жазынан баштап Кудаяр хандын алысырак тууганы Жетим хан м-н бирге Ош, Анжиян, Кокон уезддерин кыдырып, орус бийлигине каршы көтөрүлүүгө элди үндөгөн. Падыша аскерлери Жетим хандын тобун 1878-жылдын жай мезгилинде талкалап, өзү колго түшүп өлтүрүлгөн, М. падыша аскерлерине каршы баатырларча кармашып, качып кетүүгө үлгүргөн. Бирок, 8-сентябрда орус бийликтери тарабынан кармалып, 1879-ж. 18-январда Анжиян ш-нда дарга асылган.

**МАМЫРБАЙ АЖЫ**, Мамырбай Тай-лак уулу (1870, Ысыккөлдүн тескейи, Ак-коргон конушу – 1933, азыркы Жетиөгүз р-ну, Кабак айылы) – агартуучу, ишкана ээси, саякатчы. Бугу уруусунун белек уругунан. Ата-энесинен эрте ажырап, 12 жашынан бай туугандарына жалданып иштеп, жан баккан. 20-к-дын башында Каракол ш-ндагы орус, татар ишкана ээлерине жалданып, алардан устатчылыкты, соодагерчиликти үйрөнүп, бай соода үйлөрүнүн агенти болуп иштеген. Акырындык м-н өзүнүн дүкөн-дөрүн ачып, аларда жүн, тери, кийизден жасалган буюмдарды саттырган. П. А. Столыпиндин жер саясатынын убагында ал бир туугандары, үй-бүлөсү м-н Жетиөгүз капчыгайынын Бөйрөк деген жерине отурукташып, тегирмен куруп, дүкөн ачып, мал, дыйканчылык чарбаларын түзгөн. Көчмөн мекендештери м-н бирдикте жайлоодогу жа-йыттарга чейин жол чабышып, дайраларга көпүрө салышкан. 1912-ж. Мекеге зыярат-ка баруучу Ысыккөлдүк кыргыздардын тобуна кошулуп, Казан, Астрахань, Кавказ, Кара деңиз, Жер Ортолук, Кызыл деңиз аркылуу Сауд Арабстанына саякат жасаган. Кайтып келгенден кийин, 1913-ж. Бөйрөктө чырактык Кодоңтай ажы м-н бирдикте мектеп-медресе ачкан. Анын өзгөчөлүгү – мектепте балдар м-н кыздар чогуу окуган. Бул мектепте белгилүү фольклор жыйноочу Ыбырайым Абдрахманов мугалимдик кылган. 1916-ж. үркүндө эл м-н чогуу Кытайга качып, 1917-ж. жерине кайтып келген. М. а. карапайым элге дайым каралашкан. Көл кылаасындагы алгачкы агартуучулардан болгон. Орус-кыргыз достук мамилелеринин өнүгүшүн жактаган, прогрессивдүү ой-пикирдеги адам болгон. М. а. кыргыз элинин тарыхында Суусамырдагы Түркмөн болуш, Чүйдөгү Бошкой уулу Өзүбек ж. б. сыяктуу 20-к-дын башындагы калыптана баштаган улуттук ишкер, бардар адамдардын өкүлүнүн бири. Кыргызстандын эгемен-дүүлүк мезгилинде урпактары ага Жетиөгүз капчыгайында «Мамырбай ажыга урук-тукумунан алкыш» деген жазуусу бар эстелик тургузушту.

**МАНАК –** 7–8-к-да Ысыккөлдөгү Барскан калаасынын акиминин титулу. М. ж-дө маалымат Гардизинин (11-к.) эмгегинде айтылган. «Мужмал ат-Таварих» деген фарсы тилинде жазылган эмгекте (12-к.) Барскандын бийлөөчүсү «Тебин-и-Барсхан» деп аталган. 15-к-да жалайырлардын уруулук курамы «чу-манак» ж-а «сыр-манак» деген ири топко бөлүнүшкөндүгү маалым. Алтайлыктардын тилинде «манакай» – буктурма; тува тилинде: «манаг» – 1. түнкү мезгил; 2. сакчылар; 3. түнкү аң уулоо маанилерин туюнтат. М. – урук аталышы катары кыргыздын баргы, бугу урууларынын курамдарынан кездешет.

**МАНАП** – Совет бийлигине чейинки кыргыз коомунда эл бийлеген, үстөмдүк кылуучу таптын өкүлү; өз уруу мүчөлөрүн соттоого укуктуу ж-а аларга уруу чабыштарында жетекчилик кылуучу уруу башчысы (феодал). Укугу жагынан бий м-н М-тын бири биринен эч айырмасы деле жок. 18-к-да баатыр, тектүү бий гана М. аталган. 19-к-дын башынан М. наамы ж-а бийлиги мураска калтырыла баштаган. Коомдогу кадыр-баркы, ата-тегине жараша М-тар чоң М., орто М., чала М. болуп бөлүнгөн. Түндүк кыргыздардын уруу бирикмелеринин чоң манабы болуп, калган орто ж-а чала М-тар ага баш ийген. Карапайым уруу мүчөлөрү М-тарга күңкор букара болгон. Түштүк кыргыздар М. түшүнүгүн билген эмес. Кокон хандыгы мезгилинде М-тар хандын буйругун аткарып, өз элинен салык жыйнашкан. Кыргызстан Россияга бириктирилгенден кийин М-тар падышалык колониячыл режимдин таянычына айланган. Улуу Октябрь соц. революциясы (1917) ж-а Граждандык согуш (1918–1920) мезгилинде алар контрреволюциячыл козголоңдорду уюштурууга катышышкан.

**МАНАП БИЙ** Дөөлөс уулу (туулган жы-лы белгисиз – 1619–25-ж. аралыгы) – түндүк Кыргызстандын улугу. Кыргыз-казактын ханы Эр Эшим м-н бирдикте эки элдин ынтымагы үчүн күрөшкөн. Эшим хан М. б-ге түмөндөгөн (20–30 миң жоокер) м-н кыргыз-казактардын Иле дарыясы тараптагы чегарасын калмак баскынчыларынан коргоо милдетин тапшырган. Ошол кезде М. б-ге азыркы Кыргызстандын түндүгүндө, Чыгыш Түркстанда, Казакстандын азыркы Алматы, Жамбыл облустарынын аймагында жашаган кыргыздар баш ийип, аны чоң бий (хан) катары тааныган. Тарыхый маалыматтар б-ча М. б-дин ордосу азыркы Ортотокой суу сактагычы жайгашкан жерде турган. Ордого жүздөн ашуун боз үй тигилген. Сырттан келген элчилерди, уруу башчыларын, бийлерди кабыл ала турган атайын боз үйлөр болгон. Анын башкы өргөөсүндө атасы Дөөлөс баатырдан калган көк асабасы желбиреп турган. Санжырада чоң бийдин ордосун ж-а анын өзүн кайтара турган өздүк черүүсү болгон. Ордо кызматкерлерин, жоо-керлерди кармоо үчүн ар бир уруу белгилүү өлчөмдө салык төлөп, ордого келүүчү жолдорго тозот коюлган. М. б. 1619–25-ж. калмактар м-н болгон чоң салгылаштардын биринде согушуп жатып курман болгон. М. б. өз заманынын эң мыкты саясий ишмери катары ошол кездеги коомдук башкаруу системасына реформа жүргүзүү ишин баштаган. М. б-дин Жарбаң, Сүтөй аттуу уулдарынан Үчүке, Түлкү, алардан тараган *Тынай бий, Мааматкул бий,* Болот, *Эсенгул,* Ниязбек, Абайылда, *Атаке баатыр, Ормон хан, Жантай хан, Шабдан баатыр* ж.б. урпактары Түндүк Кыргызстанды бийлеп келишкен ж-а кыргыз коомуна башкаруунун жаңы институту – *манапчылыкты* биротоло киргизген. Жаңы система б-ча Түндүк Кыргызстанда бийлердин бийлиги чектелип, алардын ордуна урууларды манаптар башкара баштаган. Чоң манаптар чоң уруу-ну же бир нече уруулардын бирикмесин, катардагы манаптар чакан уруу же урукту бийлеген. Катардагы манаптар чоң манапка баш ийип, анын буйругун аткарган. Адатта манаптар уруу ак сөөктөрү катары жаш кезинен бийлик жүргүзүшкөн ж-а чечкиндүү болушкан. *Калыгул*, *Молдо Кылыч* өңдүү ойчулдар да М. б-дин урпактары болгон.

**МАНАПЧЫЛЫК** – кыргыз коомундагы башкаруу системасы. 16-к. аягы – 17-к-дын башында Түндүк Кыргызстанды бийлеген Манап бийдин коомдо ээлеген ордун, баштаган реформатордук иштерин балдары, кийинки муун-урпактары уланткан. Ушундан улам Манап бийдин эл бийлеген урпактары өздөрүн «манаптарбыз» деп аташып, бул аркылуу алар арка кыргыздарынын чоң бийи Манаптын тике мураскору экендиктерин далилдегилери келген. Ошентип, кыргыз элинин коомдук турмушунда башкаруунун жаңы ин-ту – М. калыптанып, өнүгө баштаган. Манап бийдин урпактарынан мыкты тарыхый инсандар чыккан. Мис., Манаптын небереси Сарсейиттен өз доорунда кош арс-тан аталышкан Үчүкө ж-а Түлкү баатыр-лар чыккан. Үчүкөдөн 1760-ж. кыргыз элинин атынан Кытайга элчи жөнөткөн *Мааматкул бий*, андан Болот бий, андан Эсенгул баатыр, андан Ниязбек бий, андан айтылуу *Ормон хан* туулган. Ал эми Түлкү баа-тырдан Тынай бий, андан 1785-ж. Россия императоруна элчи жөнөткөн *Атаке бий*, андан Карыбек, андан *Жантай хан*, андан белгилүү *Шабдан баатыр*, 1916-ж. Улуттук-боштондук күрөштүн жетекчилери *Канат хан* м-н Мөкүш Шабдан уулу чыккан. Кыргыз элинин ойчулдары *Калыгул* Бай уулу, *Молдо Кылыч* Шамыркан уулу да Манап бийдин урпактары болгон. Манап бийдин урпактары Кыргызстанда Совет бийлиги орногонго чейин эле Түндүк Кыргызстандын коомдук, саясий турмушунда маанилүү роль ойноп, бийлик жүргүзүп, эл тагдырын, коомдогу өндүргүч күчтөрдү тескеп, коомдук мамилелерди аныктап келген. Ошондон башкаруунун манапчылык ин-ту сарыбагыш уруусунда биротоло калыптанып, башка урууларга да тарай баштаган. 18-к. аягынан «манап» деген титулду солто, бугу, саяк, черик, саруу, кушчу, азык, тактап айтканда, Түндүк Кыргызстандагы бардык уруу башчылары мансап титулу катары өздөрүнө кабыл ала баштаган. Манап бийдин урпактары болушпаса да, 19-к. Боронбай бугу уруусунун, *Байтик* солто уруусунун чоң манаптары катары таанылган.

**«МАНАС»** – улуу баатырдык эпос; көлөмү, көркөмдүгү, турмушту чагылдыруу деңгээли, эл турмушунда ээлеген орду б-ча дүйнөдө теңдешсиз чыгарма. Кыргыз элинин көп кылымдык турмуш-тиричилиги, эркиндик ж-а көз каранды эместик үчүн жүргүзгөн күрөшү, түрдүү маселелер б-ча түшүнүк, көз караштары, каада-салты, башка элдер м-н алака-катышы чыгармада өтө кеңири ж-а ар тараптуу жогорку көркөмдүктө чагылдырылган. «М.» жыйноо ж-а изилдөө 19-к-дын экинчи жарымында башталган. Эпостун эл арасына кеңири тараган эпизоду «Көкөтөй-дүн ашын» белгисиз манасчыдан жазып алган ж-а чыг. ж-дө алгач пикир айткан казактын биринчи окумуштуусу Ч. Ч. Валиханов болгон. Чыгарманы системалуу жыйноо ж-а ар тараптуу изилдөө совет

бийлигинин мезгилинде жүргүзүлдү. Азыркы учурда эпостун жетимиштен ашык варианты белгилүү. «М.» түрдүү варианттарын бириктирип, бир чыгарма катары жалпылап турган башкы белги – бардык варианттарда кездешкен туруктуу өзөк окуялары. Толук вариант-тардын бири – Саякбай Каралаевдин варианты дүйнөдө теңдешсиз көлөм 500 553 сап ырды түзөт. Генеалогиялык циклдештирүү принцибине ылайык, чыгарманын мазмунун Манастын, анын уулу Семетейдин, небереси Сейтектин баатырдык иштери түзөт. Айрым манасчылар Сейтектен ары бир канча муунга чейин улантып айтканына карабастан, эл арасында эпос үчилтик чыгарма катары «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүк-төрү м-н белгилүү. Бөлүктөрдүн эң маани-лүүсү ж-а негизгиси, өзгөчө мыкты ж-а кеңири иштелгени, эл арасында кадыр-барк-туусу – «М.». Андагы көптөгөн көрүнүш-төрдү, окуяларды, каармандарды бир өзөккө бириктирип, композициялык бүтүндүктү камсыз кылган – Манастын өмүрү ж-а иш-аракеттери. Эпикалык каармандын образы автордук чыгарма сыяктуу жеке адамдын чыгармачылыгынын жыйынтыгы эмес, аны түзүүгө көптөгөн адамдар үлүшүн кошкон, алар кылымдар бою элди тарбиялоого аракет кылышкан. О. эле алар курчап турган дүйнө, адам мүнөзүнүн түрдүү сапаттары ж-а касиеттери ж-дөгү элдик түшүнүктү, аларга берилген элдик бааны, анын оң ж-а терс жактары ж-дөгү пикирди гана чагылдырбастан, өркүндөтүүгө болгон умтулууну да көрсөтөт. Ошондуктан чыгарманын эл сүйгөн каармандарына эң мыкты адамдык сапаттар топтоштурулуп берилип, адамдык бийик касиеттер ж-дө идеал чагылдырылат. Мындай каармандардын эң негизгиси – Манас – эпостун биринчи бөлүгүнүн борб. каарманы. Манастын тегереги кырк чородон, акылман аялы Каныкейден, кеменгер кеңешчилери – Бакай м-н Кошойдон турат. Алманбет, Сыргак, Чубак баатырлар – Манастын эң ишенимдүү жардамчылары. Бул образдардын бардыгы элдик түшүнүккө ылайык идеалдаштырылган. Манастын мин-ген аты, кийген жоо кийимдери ж-а колдонгон курал-жарактары да – мыктынын мыктысы. «М.» эпосу чыгыш теги б-ча байыркы чыгармалардан. Айрым бир окумуштуулар анын пайда болушун 7–9-к-га (М. Ауэзов ж-а А. Н. Бернштам) тиешелүү деп эсептешсе, башка божомол б-ча (Б. М. Юнусалиев) ал чыгарма катары 9–11-к-да калыптана баштаган, эпостун тарыхый фону 15–18-к-га ылайык келет (В. М. Жирмунский) деп эсептегендер да бар. Бул маселе б-ча кандай гана гипотезалар болбосун, бир нерсе анык: эпос чыгарма катары эчак эле түзүлө баштап, кылымдар бою биздин күндөргө чейин калыптанып келген. Ал кылымдар сая-сий, тарыхый, социалдык шартка жараша чыгарманын мазмунуна өз белгилерин калтырган. Чыгарманын өзөк окуяларынын мазмуну негизинен уруу түзүлүшүнүн жогорку баскычы болгон согуштук демократия дооруна ылайык келет. Эпостун тагдырына туш келген маанилүү жагдайлар: 1952-жылы өткөрүлгөн Бүткүл союздук ил. конференция, 1995-ж. «М-тын» 1000 жылдыгынын БУУнун алкагында майрамдалышы, «М.» энциклопедиясынын чыгарылышы анын феномен чыгарма, кыргыз элинин турмушундагы уникалдуу көрүнүш экендигин ырастайт.

**«МАНАС» МУЗЕЙИ** – Талас өрөөнүндө *Манастын күмбөзүнүн* жанына курулган адабий-этногр. музей. Музейдин долбоорун 1983-ж. архитекторлор Э. Нурбеков, М. Сыдыков, Д. Сариев, В. А. Иванов, инженери Астафьев түзүшкөн. Музейди куруу 1992-ж. башталган. «М.» м. Манастын кароол дөбө-сүнүн этегине курулган эки кабат имараттан турат. Имараттын өлчөмү 22,5х22,75 *м,* би-йиктиги 10,5 *м*ден ашык. Төбөсүнө сегиз канат боз үйдөй өлчөмдөгү «туулга» кумпа (купол) чыгарылып, ал цинк-темирден жасалган. 1-кабатынын экспозиция аянты 150 *м2,* залдары эпос б-ча жүргүзүлгөн ил. изил-дөөлөргө арналып, 4 темага бөлүнгөн. Алар: манасчылар, «Манас» эпосун изилдеген илимпоздор, Манастын күмбөзүн казуу ж-а изилдөө м-н иш жүргүзгөн илимпоздор, «Манас» эпосу көркөм чыгармачылыкта (көркөм сүрөт өнөрүндө, музыкада, театрда ж. б.). 2-кабат толугу м-н «Манас» эпосуна арналган. Залдын ортосундагы дубал «Манас» эпосунун жалпы идеясына арналып, аны Кыргыз Респ-нын эл сүрөтчүсү Ж. Кадралиев жасалгалаган. 2-кабаттын залдарынан эпостун мазмунуна ылайык, кыргыздардын тышкы душмандардын кысымынан ыдырап, туш тарапка чачырашынан, Манас-тын төрөлүшүнөн башталып, анын балалыгы, эр жетиши, баатырдын элди бириктирген ж-а аны коргогон эрдик иш-аракетинен тартып, анын дүйнөдөн кайтканына чейинки маалыматтарды алууга болот. Экспозиция археол. казуу учурунда, респ. б-ча жүр-гүзүлгөн экспедицияларда табылган этногр. баалуу материалдар (экспонаттар) м-н коштолот. Музейди жасалгалоого сүрөтчүлөр-дүн ж-а дизайнерлердин тобу (Т. Исамадыров, И. Бакиров, Ш. Жекшембаев, Ж. Кадыралиев) катышкан. Музейдин айланасы көрктөндүрүлгөн.

**МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ** – «Манас» эпосунан алынган идеялар. М. ж. о. Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаев тарабынан иштелип чыккан. Алар элдин атуулдук, улуттук ар-намысын ойготуу максатын көздөйт. Төмөнкү осуяттарды камтыйт: 1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү ж-а бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги; 2. Улут аралык ынтымак, достук ж-а кызматташтык; 3. Улуттук ар-намыс ж-а атуулдук ариет; 4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу; 5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүү-лүк; 6. Табият м-н таттуу мамиледе болуу; 7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо. М. ж. о. кыргыз адабиятынын мектеп программасына киргизилген. Жаштарга ж-а респ-нын жарандарына турмуштук көрсөткүч-маяк катары таасирин тийгизүүдө.

**МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮ** – орто кылымга (14-к.) таандык архитектуралык эстелик. Талас ш-нан 15 *км* чыгыш тарапта, Кеңкол суусунун боюнда. Эпос ж-а эл ичиндеги уламыш б-ча Манаска арналып, жары Каныкей тарабынан тургузулган. 1893-ж. академик В. В. Бартольддун Орто Азияга жасаган ил. саякатында ж-а 1895-ж. Ташкен ш-ндагы археол. ышкыбоздорунун Түркстан ийри-минин уюштурулушу м-н М. к. ил. негиз-де

изилдене баштаган. Ошол жылдары В.В.Бартольд М. к-нүн абалы, негизги архитектуралык мүнөздөмөлөрүн кагазга тү-шүрүп, ченөө иштерин аткарган. 1923-ж. Түркстандагы архитектуралык эстеликтер-ди мамл. корукка алуу тууралуу атайын декрет кабыл алынгандан кийин М. к. мамл. тарабынан коргоого алынган. Күмбөздүн качан курулгандыгын ж-а анын башкы фаса-дындагы «куфи» жазмасындагы жазууну 1938-ж. А. М. Беленицкий изилдеген. Ки-йинчерээк М. Е. Массон айрым өзгөртүү-лөрдү киргизген. Анда мындай деп жазылган: «Улуу даражалуу мазар, жакшылардын жакшысы, даанышман, сыпайы, бактылуулардын нускасы, кудаа-талаага ылайык иштердин төртүнчү доордогу эгеси, аялдардын эң даңктуусу Кенизек-Ханум, урматтуу эмирдин кызы, марттык м-н ырайымдын булагынын кылыгы да жеңилбес, Абуке эмирдин, алардын сырын кудаа-талаа билгилик кылбасын да жүргөн жерин бейиш кыл-сын. Бул Рамадан айынын башында болгон да, ал касиеттүү кудаа-талаанын төртүн-чү жылдагы». Келтирилген маалыматтар та-рыхый булактар м-н салыштырылып, Дува хан Эмир Абукенин атасы, Кенизек Хатундун чоң атасы экендиги ж-а Кенизек Хатун 1334-ж. 6-майда жума күнү дүйнөдөн кайткандыгы аныкталган. Күмбөздү 1945-ж. М. Е. Массон ж-а Г. А. Пугаченков изилдеген. Анын ичиндеги казуу иштерин Б. М. Зи-ма жүргүзгөн. 1968-ж. күмбөз толугу м-н калыбына келтирилген. Жер титирөө келтирген залалга байланыштуу ж-а «Манас эпосунун 1000 жылдыгына карата күмбөз 1993–94-ж. кайрадан реставрацияланган.

**МАНАСЧЫЛАР** – «Манас» эпосун жараткан, муундан муунга өткөрүп, сактап келген, көлөмү, көркөмдүгү б-ча дүйнөдө теңдешсиз чыгарма деңгээлине жеткирген өзгөчө өнөргө ээ болгон адамдардын тобу . Буларга карата «манасчы» термини 20-к-дын 30-жылдарында гана колдонула баштаган, буга чейин «Манас» эпосун айтуучулар «жомокчу» деп аталган, ал эми эпосту алгачкы жыйноочулар ж-а изилдөөчүлөр Ч. Ч. Валиханов ж-а В. В. Радлов аларды «ырчылар» деп атаганы белгилүү. Манасчылык – өзгөчө өнөр, бир эле учурда акындык, ырчылык ж-а артисттик жөндөмгө ээ болгон өтө таланттуу адамдын чеберчилигинен жаралат. Эң алды м-н манасчылык өнөр акындык жөндөмдүүлүктү талап кылат. Залкар манасчы Саякбай Каралаевден эпостун жарым миллион сабы жазылып алынган. Манасчы бул саптарды жаттап айткан эмес. Жазма жок кезде дастан чыгаруу өнөрү төкмө (импровизация) жолу м-н болуп келген. Кыргыз эпосторунан «Манаска» гана таандык аткаруудагы өзгөчөлүк – синкреттүүлүк, б. а. чыгарманын өзгөчө обон м-н кыймыл-аракет, ымдап-жаңдоолордун коштоосу м-н аткарылышы. Бул жагдай манасчыдан акындык м-н катар ырчылык өнөрдү талап кылган. Мындан тышкары аткаруучулук жөндөмдүн күчтүү өнүгүшү кажет. Саякбай айтып жаткан окуяларына өзү аралашып жүргөн өңдүү жан-дили м-н берилип аткаргандыктан, угуучулар окуянын кандайча аяктарын билишсе дагы манасчыдагы таланттын күчүнө, теңдешсиз жөндөмгө арбалышып, биринчи жолу угуп жатышкандай кабыл алышкан. Биринчи манасчы ким болгондугу ж-дө так маалымат жок. Окумуштуулар кырк чоронун бири Ырамандын ырчы уулу алгачкы манасчы болгон деп божомолдошот. 18-к-да жашаган Нооруз, 19-к-да жашаган Келдибек, Балык, анын уулу Найманбай, Тыныбек, Чоюке манасчылар ж-дө маалыматтар эл арасында оозеки сакталып калган. Акыркы залкар манасчылар Сагынбай ж-а Саякбайдын варианттары басылып чыгарылган, чыгармачылыгы кеңири изилденген.

**МАНДИКЕР –** 1916-ж. падыша өкмөтү оорук жумуштарына алган жумушчу; күнүмдүк оокат үчүн жалданып иштеген адам.

**МАНИФЕСТ** (лат. manifestum – чакырык) – 1. жогорку өкмөттүк бийликтин маанилүү саясий окуяга байланыштуу элге кат м-н салтанаттуу кайрылышы; 2. саясий партиянын, коомдук уюмдардын ж-а айрым адабий топтун көз карашын, программасын, чечимин билгизип, элге кайрылышы, үндөөсү.

**МАНИХЕЙЧИЛИК,** М а н и  о к у у с у (болжол м-н 215-ж. Вавилон –176-ж.). *Зороастризм* сыяктуу эле дуализмге негизделген диний идея. Дүйнөнү ак м-н каранын, жакшылык м-н жамандыктын күрөшүнүн аренасы катары таануу. Дүйнөнүн өнүгүү максаты – акты бошотуу деп билүү. Маninin окуусу б-ча адам ж-а дүйнө жамандыктан (азезилден) жаралган; адам жан-дүйнөсү азгырык м-н материалдык байлыктан бошосо гана андан аман калат. Караңгыга аралашкан жарыкты жалгыз гана дүйнөнүн өлүмү бошото алат. Адам жакшы жүрүм-туруму м-н өзүнүн жакшы жактарын бошотот, ошону м-н жамандыкка каршы күрөшүүдө өзүнө жардам берүүгө милдеттүү. Ошондуктан, адам өзүн көп нерселерден чектеши керек, б. а. «тандалгандар» үйлөнбөй, эт жебей, өсүмдүктөргө зыян келтирбей жашоосу зарыл. Манинин түшүнүгүндө бул окуу жалпы эл кабыл алган дин деңгээлине чейин өсүп жетип, ошол кездеги сыйынууларды алмаштыруучу ишенимдерден болмок, ошондуктан бул окуу өз заманындагы диний жөрөлгөлөрдү өзүнө сиңирип турган. Сасанилер алгачкы учурда М-тин таралышына тоскоолдук жасашкан эмес, качан мамл-ке, чиркөөгө каршы агым экендигин билишкенден кийин ырайымсыз түрдө куугунтукка алышкан. Мани камакка алынып, 276-ж. өлтүрүлгөн. Анын жактоочулары жашырынып жашоого аргасыз болушкан. М-лер Византияда да куугунтукка алынган, хрис-тиан чөйрөсүндө да М. окуусуна каршы көптөгөн китептер жазылган. Орто Азияда М. Согду ш-ларына, андан Чыгыш Түрк-стан, Кытайга чейин тараган. Иранда М. жашыруун жашоосун улантып коомдук турмушка чоң таасир берген. Бирок М. кеңири тарагандыгына карабастан куралдуу көтөрүлүш-түн туусу боло алган эмес, себеби пассивдүү каршылык көрсөтүү үгүтү м-н чектелген.

**МАНСУР ХАН** – могол хандарынын бири, Ахмед хандын тун уулу, Жетисуу аймагын бийлеп турган. Атасынан мураска калган хан тактысына отурган. 1508-жылдан такты талашып, бир туугандарына каршы күрөшкөн. 1514-ж. бир тууганы Султан-Саид кыргыздарга таянып, бийликти тартып алган.

**МАРВАЗИ ШАРАФ АЗ-ЗАМАН ТАХИР** – 11–12-к-гы селжук султандарынын дарыгери, энциклопедиячы-илимпоз. Мерв ш-нда туулган. «Таббаи ал Хайаван» («Жаныбарлардын табигый касиеттери») деген китеп жазган. Китеп зоологияга арналса да, анда ар кандай өлкөлөр ж-а элдер ж-дө маалыматтар берилген, түрк уруулары: огуз, түркмөн, кыргыз, ягма, карлук ж.б. ж-дө жазылган. Автор кыргыздардын диний ишенимдери тууралуу маалыматтарды берген.

**МАРГУЛАН** Алкей Хасанович (1904, Казакстан, Павлодар облусу, Баянаул ооданы – 1986) – казак совет археологу, тарыхчы, Казак ССР ИАнын академиги (1958). Ч. Валихановдун чыг. мурастарын жыйнап, аны эки ирет жарыялоодо көп эмгек сиңирген. 1973-ж. «Шокан жана Манас» («Чокон жана Манас» эмгегин жарыялаган); бир катар археол. изилдөөлөр да жүргүзүлгөн.

**МАРЕЧЕК** Рудольф Павлович (1883–1970) – Жетисууда Совет бийлиги үчүн күрөш-көн чех интернационалисти. Чехословакиядагы Ново-Грозенков кыштагында туулган. 1918-ж. 19-мартта РКП(б)нин Верный ш-дык убактылуу комитетинин төрагасы. 1918–20-ж. Кызыл Армия бөлүктөрүндө комиссар, РКП(б)нин Пржевальск (Каракол) шааркомунун төрагасы. *«Новая эра» коммунасын* (Түп р-нундагы Фрунзе атн. колхоз) уюштурган. 1920-жылдары *«Интергельпо»* коммунасын кайра түзүүчүлөрдүн бири.

**МАРКО ПОЛО (**1254–1324) – италиялык саякатчы. М. П. 1271-ж. 17 жашында атасы м-н Венециядан кетип, деңиз аркылуу Кичи Азияга, андан Армян бөксө тоосу, Месопотамия, Иран Тайпак тоосу, Памир, Теңиртоо, Кашкар аркылуу Кытайга жеткен. Моңгол империясында 22 жыл жашаган. 17 жыл моңгол ханы Хубилайга кызмат өтөгөн. 1295-ж. Кытайдан деңиз жолу м-н Индия, Иран, Константинополь аркылуу Венецияга кайткан. Ал өзүнүн саякаты ж-дө китеп жазган. Анда Орто Азия ж-а Теңиртоо ж-дөгү маалыматтар 1-ж-а 3-бөлүктөрүндө берилген. Биринчи бөлүгүндө Бадахшан, Самаркан, Алай өрөөнү, Кашкар, Жаркен, Болор, Хотан, Лобнор, Хами ж.б. коңшу аймактар сүрөттөлгөн. Алардын геогр. абалы, флорасы ж-а фаунасы, кен-байлыктары, чарбасы, соодасы, калктын үрп-адаттары, айрым саясий окуялар ж-дө маалыматтар берилген. Үчүнчү бөлүгүндө 13-к-дын 60-жылдары моңгол империясынын курамынан бөлүнүп чыккан өлкө катары «Улуу Түркстандын» этносаясий өзгөчөлүктөрү баяндалат. Бул жерде автор Хайду мамл. тууралуу сөз кылган.

**МАСАЛИЕВ** Апсамат (1933-ж. т., Баткен облусу, Кадамжай р-ну, Алыш айылы) – саясий ж-а мамл. ишмер. Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы (1985–91), Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы (1990–91). Кызылкыя тоо-кен техникумун (1953), Москва тоо-кен ин-тун (1956) бүткөн. 1956–64-ж. «Кызылкыя-көмүр» башкармасынын «Комсомольская» шахтасында мастер, участка начальнигинин жардамчысы, Ош «Кыргыз көмүр» трестинин башкы инженери, партиянын Ош обкомунун өнөр-жай, транспорт бөлүмүнүн инструктору. 1964–85-ж. Кыргызстан КП БК м-н Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу партиялык мамл. көзөмөл комитетинин өнөр-жай, транспорт ж-а байланыш бөлүмүндө инспектор, Ош облусунун партиялык-мамл. көзөмөл комитетинин төрагасынын орун басары, Ош обкомунун өнөр-жай, транспорт бөлүмүнүн башчысы, Кыргызстан КП БК-нын өнөр-жай, транспорт бөлүмүнүн башчысынын орун басары, Ташкөмүр шаардык парткомунун 1-катчысы, Кыргызстан КП БКнын өнөр-жай, транспорт бөлүмүнүн башчысы, Бишкек ш-дык эл депутаттар советинин аткомунун төрагасы, Кыргызстан КП БКнын катчысы, Ысыккөл обкомунун 1-катчысы, КПСС БКда инспектор, 1991-ж. КПСС БКнын идеология бөлүмүнө кеңешчи. 1993-жылдан Кыргыз Респ-нын мамл. тоо-кен көзөмөл комитетинин директору. 1979–91-ж. СССР Жогорку Советине, 1971–75 ж-а 1985-жылдан Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешине депутат.

**МАСАНЧИ,** М а С а н ч и М а г а з ы (1885, Пишпек уезди, Караконуз айылы, азыркы Чүй р-ну, Масанчи айылы – 1938) – Орто Азия ж-а Казакстанда Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышкан. 1910–17-ж. падыша аскеринде кызмат өтөгөн. Граждандык согуш мезгилинде Кызыл Армиянын улуттук бөлүктөрүн түзүүгө (1919–20), Ташкенде, Караколдо, Верныйда совет бийлигине каршы козголоңдорду басууга катышкан. М. 1919-жылдан дуңган атчан полкун жетектеген, Жетисууда алгачкы дуңган мектебин ачууга чоң салым кошкон. 1921-ж. Коминтерндин 3-курултайында В. И. Ленин м-н жолугушкан. «Кошчу» союзунун обкомуна мүчө. 1932-жылдан Өзбекстанда юстиция эл комиссарынын орун басары болгон. Репрессияланып атылган.

**МАССАГЕТТЕР –** Каспий ж-а Арал деңиздеринин боюнда жашаган көчмөн уруулар. Байыркы илимпоздор алар ж-дө так маалымат беришкен эмес, ошондуктан М-дин ким экендиги ж-дө көптөгөн божомолдоо пайда болгон: «массагет», «масуо» – балык же балык м-н тамактангандар; «мас», «сак», «та» деген сөздөрдөн куралып, чоң сак уруусун; «мазагеттер» – улуу геттер дегенди билдирет. М. байыркы кытай жылнаамаларында чоң юэчжилер деп белгиленет. Героддоттун жазганына караганда М. – көчмөндөр, алар жөө да, атчан да согуша беришет; аттарынын көкүрөгү калкан м-н тосулат; идиш-аяктары, куралдары жезден ж-а алтындан жасалат. Аларга каршы согушта Ахеменилер дөөлөтүнүн негиздөөчүсү Кир М-дин ханышасы Томирис тарабынан өлтүрүлгөн. Страбон б-ча М. күнгө табынышып, жылкыларды курмандыкка чалышкан. Көчмөндөр м-н катар Страбон Арал боюндагы саздарда, аралдарда жашап жыйноочулук, балыкчылык м-н тиричилик кылган урууларды да атайт.

**МАССОН** Михаил Евгеньевич (1897, Петербург ш.–1986) – археолог ж-а чыгыш тарыхын изилдөөчү. Түркмөн ССР ИАнын академиги (1951). Кыргызстандын Талас, Чүй өрөөндөрүндөгү орто кылымга таандык шаар

чалдыбарларын (*Бурана, Акбешим*), кыргыз жергесинен табылган эпиграфикалык, нумизматикалык эстеликтерди изилдеген.
**МАСУДИ** Абу-л-Хасан Али ибн ал-Хусейн (9-к-дын акыры – 956 же 957) – орто кылымдардагы араб тарыхчысы ж-а географы. Ал Иран, Индия, Түндүк Африка, Цейлон, Орто Азия, Азербайжан аймактарын кыдырып чыккан; өзү Шам, Мысыр өлкөлөрүн-дө жашап, 20дан ашуун эмгек жазган. «Муруж аз-захаб ва маадин ал-жавахир» («Алтын чайкоочу жайлар жана кендер») деген тарыхый-геогра-фиялык эмгегинде (943), «Китаб ат-танбих ва-л-ишраф» («Насаат жана текшерүү-нүн китеби»), «Ажаиб ад-дүнүө») деген геогр. эмгектеринде түрк элдери тууралуу бир катар кызыктуу маалыматтар калтырган.
**МАТУБРАИМОВ** Алмамбет (1952-ж.т., Ош облусу, Өзгөн р-ну, Кошатер айылы) – коомдук ж-а мамл. ишмер. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы (1995). Ташкен текстиль ж-а жеңил өнөр-жай ин-тун бүтүргөн. Мастерден өнөр-жай ишканасынын директорлугуна чейин иштеген. Бишкек ш-нын Свердлов р-ндук аткомунун Эл депутаттар советинин төрагасы, өнөр-жай министринин 1-орун басары (1991), Кыргыз Респ-нын 1-вице-премьер-министри (1993) болуп иштеген.
**МАХМУД ИБН ВАЛИ** (1595 же 1596-ж.–өлгөн жылы белгисиз) – орто кылымдын соң-ку мезгилинде Балх аймагынан чыккан окумуштуу тарыхчы. Ал «Бахр ал-асрар фи манакиб ал-ахйар» («Айкөлдөрдүн чыгаандыгы тууралуу сырлар деңизи») аттуу эмгегин жазган. 1640–41-ж. фарсы тилинде Балх ханы Аштархани Надир Мухамад хандын тапшырмасы б-ча жазылган. Чыгарма астрология, геогр. ж-а жалпы тарых б-ча энциклопедиялык мүнөздө жазылган ж-а ар бири 4 бөлүмдөн турган 7 томду түзгөн. 1-, 6-томдорунун кол жазмалары биздин күндөргө жеткен. 1-том космографиялык мүнөздө жазылган ж-а астрономия, тарыхый геогр., минералогия, ботаника, ветеринария сыяктуу тармактарды камтыйт. 6-томдун 1-бөлүмүндө Чыңгыз хандын ж-а анын Кытай, Ирандагы урпактары ж-дө окуялар баяндалган; 2-бөлүгүндө Мавераннахрдагы, Моголстандагы ж-а Чыгыш Түркстандагы Чагатайлардын, 3-бөлүгүндө Жучу ж-а Шейбанилердин окуялары, акыркы бөлүгүндө Аштарханийлер ж-а алардын ата-бабаларынын, ал эми жыйынтыгында ар кандай түрк уруулары ж-дө маалыматтар бар ж-а Ин-дияга жасалган саякат ж-дө баяндалган. М. и. В-нин чыгармасында кыргыз-моңгол байланыштары, уруу башчыларынын аттары, жерлердин аталыштары ж-дө маалыматтар берилген.
**МАХМУД КАШГАРИ** (Барскани), М а х м у д и б н Х у с е й н и б н М у х а м м е д – 11-к-дагы энциклопедиячы-аалым. 1029–1038-ж. аралыгында көл кылаасында Барскан (азыркы Барскоон) ш-нда туулган. Анын атасы Хусейн ибн Мухаммед ибн Юсуф Кадыр хан Ысыккөлдүн тескейиндеги Барскан ш-н ж-а Узбанды бийлеген бек болгон. Болочок аалым Кашкар, Бухара, Багдад ш-нан билим алган. 11-к-дын 50-жылдарынын экинчи жарымынан түрк элдери мекендеген жерлерди кыдырып (печенег, кыпчак, огуз, тухси, ягма, кыргыз, аргу, ябаку ж.б.), алардын тилинин диалектикалык өзгөчөлүк-төрүн ж-а жалпылыктарын иликтей баштаган. Анын «Китаб жавахир ан нахв фи лугат ат-түрк» («Түркий тилдер тууралуу синтаксистин маңыздары») китеби ж-а «Китаб диван лугат ат-түрк» («Түркий тилдер сөз жыйнагы китеби») аттуу эмгектери белгилүү. Экинчи китеби («Диван лугат ат-түрк» бизге жеткен. Бул сөздүктө кыргыз ж. б. түрк элдеринин тарыхы, этнографиясы, тили, фольклору, геогр. ж. б. б-ча өтө баа-луу маалыматтар арбын. М. К-нин качан ж-а кайсыл жерде өлгөндүгү белгисиз.
**МАХМУД ХАН** (1463/64–1508) – 1487–1508-ж. Мавераннахрды бийлеген могол ханы. Чагатай тукумунан; *Юнус хандын* тун уулу. Атасындай маданияттуу болгон. Ыр жазган. Шаардык турмушту жактырып, аскер ишине жөндөмсүз болгон. М.х. Мавераннахрды көпкө бийлеген эмес, Шейбани хандын кысымы м-н хандыктан түшкөн. Өз ээликтерин кайтарып алуу аракеттери ишке ашпай, туткунга түшүп, кийин бошотулган. Ал Моголстандын чыгыш бөлүгүн уруулаштарына берип, өзү Жетикентке жайланышкан. 1508-ж. М.х. душмандарынын курчоосунда калып, Мавераннахрга кайтууга аргасыз болгон, ал жерден Шейбани хандын буйругу м-н өлтүрүлгөн.
**МАХМУД ЧУРАС,** Ш а х-М а х м у д и б н М и р з а Ф а з и л Ч о р о с (1622–17-к-дын аягы) – кашкарлык тарыхчы. Анын 2 чыгармасы белгилүү: «Анис ат-Талибин» («Чындык издеген дос» ж-а «Хроника» (1670). Биринчи чыгарма автор өзү мүчө болгон исхакий суфийлер уюмундагы устатына арналса, экинчиси Эркебектин атайын сунушу б-ча Исмаил ханды (чагатай) даңазалоого арналган. Чыгарма Вейс хандын тун уулу Султан Йунус хандын тарыхынан башталып, Исмаил хан бийлик кылган (1670) учурга чейин камтылат. Автор «Хроникасын» «Тарих-и Рашидинин» уландысы катары эсептеген. Анткени «Тарих-и Рашиди» дуулат уруусунун тарыхына арналса, «Хроника» чорос уруусунун таржымалы болгон. Ал Моголстан мамл-нин саясий турмушуна кыргыз элинин өтө жигердүү катышкандыгын көрсөтөт. Абдаллах хандын тушунда кыргыз уруу башчылары мамл. жогорку кызматтарды ээлеп турган. О. эле ойроттордун (калмактардын) Чыгыш Түркстанга басып кириши ж-а бул аймактагы дин кыймылы тууралуу да маалыматтар бар.
**МАЧЫН** – 9–17-к-дагы мусулман даректеринде Түштүк Кытайдын, айрым учурда жалпы эле Кытайдын аталышы. Санскрит тилиндеги «Махачин» топоними арабча «Масин» деп өзгөртүлүп айтылып калган деп божомолдонот. Махмуд Кашгари чийген дүйнөнүн алкак таризиндеги картасында да М. жазылган. Кыргыздын «Манас» эпосунда да М. термини «Чынмачын» деп кезигет. Мындагы «Чын» топоними 10–13-к-дагы мааниси б-ча Түндүк Кытай (же жалпы эле Кытай) аймагына туура келет.

**МАШААН КӨРҮСТӨНҮ** – 2–4-к. жашаган уруулардан калган мүрзөлөр. Алай өрөөнүндөгү Дарооткоргон кыштагына жакын жерден табылган. Көрлөрү төрт бурчтуу корумдардан курулуп, өлүк казанакка (катакомбага) коюлган.

**МЕДВА** – Түштүк Кыргызстандагы орто кылымдарга таандык шаар. Ош – Гүлчө автомобиль жолунун боюнда жайгашкан. Араб географы ибн Хаукал (10-к.) бул шаар-ды Оштон алыс эмес, ал эми ал-Идриси (12-к.) «Оштон Медвага чейин 2 фарсах» (12 чакырымдай) деп белгилеген. Бул шаар Оштон 12 *км* чыгыш тараптагы Мады шаар чалдыбарына окшоштурулат.

**МЕДЕТ ДАТКА**, М е д е т Б а й т ү г ө л (Байтурган) у у л у (1778–79-ж.чен–1839, Агучук, Кочкор өрөөнү) – таанымал бий, датка. Саяк уруусунун курманкожо уругунан. Өз мезгилинин абройлуу чыгаан мамл. ишмери катары таанылган. Кыргыз элинин үрп-адат, мыйзамдарын акылдуулук м-н колдонгон, калыс, акыйкат эл башкаруучу катары «Чоң Медет» деген атак алган. Эл алдында макал-ылакап аралаштыра таасын сүйлөй алган чоң чечен болгон. Кыргыз элинин биримдикте ынтымакта жашашы үчүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшаган. Кыргыз уруу башчыларын нараазычылыктарды маңдай-тескей отуруп чечүүгө чакырган. М. д. м-н мамилелеш болуугa Кокон хандыгы да кызыккан. Омор хан (1811–22-ж. бийлеген) М. д-ны кыргыз бийлери м-н бирге атайылап ордого чакыртып сый-урмат көрсөт-көн. М. бийге датка наамын ыйгарып, ата-йын туу ж-а артыкча укук берүүчү жарнама тартуулаган. М. д-нын дипломаттык ишмердигинин натыйжасында Кокондо кыргыз бийлеринин ак үйлүүдө жүргөн 21 баласы кайтып келишкен. Кытай бийлигинен Жанболот бийди куткарып келген. Жалган жалаа м-н Кокондо зынданда жаткан Алдаш баатырды өлүмдөн сактап калган. Кокон хандары Омар хандын Мухаммед Алинин (1822–42) кыргыздар м-н жакындашып, Чыгыш Түркстанды Цин империясына көзкарандылыктан бошотуу аракеттерин колдогон. Кийин кокондуктардын ашкере зекет алуучулук саясатына чечкиндүүлүк м-н каршы туруп, анын мыйзам чегинде болушуна жетишкен. М. д-нын өзүнө таандык туусу, мөөрү болгон. Кокон ханы Мадали М. д-ны уулантып мерт кылган. Медеттин күмбөзү Кызарт ашуусунун чыгышында Кочкор өрөөнүндө салынган. Белгилүү санжырачы Ж. Кенчиев «Медет датка» (Бишкек, 1996) аттуу китеп жазган.

**МЕДРЕСЕ** (ар. дараса – үйрөнүү) – чыгыш өлкөлөрүндө диний жогорку ж-а орто окуу жайы. М-лер ж-дөгү маалыматтар 8–9-к-га таандык. М-де динден башка философия, укук таануу, филология, астрономия, математиканы окутушкан. Айрым өлкөлөрдө ислам ун-ттери деп аталган: Азхар (Египет), Зейтун (Тунис), Алигария (Индия), Пеншат (Пакистан), Анкара (Турция) ж. б. Орто Азияда М-лер 10-к-да пайда болгон 18–19-к-да М-дин саны көбөйгөн. Кокон ш-нда эле 50 М. болгон. М-лер чоң ж-а кичине М. деп бөлүнгөн. Чоң М-де 15–20 адам, кичине М-лерде 5–10 адам окуган. М-лер Чыгыш өлкөлөрүндө жогорку окуу жайлары катары эсептелген. Мында негизинен мусулман укугу, араб, фарсы тилдерин, арифметика, астрономия ж. б. окутушкан. М-де окуу 20 жылга жакын үч тепкичте жүргөн: адно – төмөнкү; аусот – ортоңку; агло – жогорку. Ар бир тепкич атайын китептер ж-а окуу куралдары м-н камсыз болгон. Көпчүлүк М-лер негизинен диний кызматкерлерди – муфтийлерди, аглямдарды, казыларды, мударистерди окутуп, тарбиялап чыгарышкан. Орто Азия хандыктарынын тарыхында М-ни бүткөн адамдар гана казылык, муфтийлик, мударисттик ж.б. кызматтарда иштеген. 19-к-да Кыргызстанда да М-лер ачылган, 1892-ж. маалымат б-ча Ош ш-нда 7 М. болгон. М-ни бүтүргөндөр казы же муфтий наамын алышкан. Орто Азияда татарлар тарабынан жаңы тартиптеги мектептердин ачылышы м-н М-лер өнүгө алган эмес. Жогорку М-лердеги окуу мөөнөтү жети жыл болгон ж-а алар мусулман кызматкерлерин даярдашкан.

**МЕЗОЛИТ** (гр. mesos – ортодогу, lithos – таш) – б. з. ч. 10–7 миң жылдыктарга туура келген орто таш доору. Доордун башталышы геол. голоцен доорунун башталышы м-н дал келет. Бул учурда муз доору тартылып, жаратылыш шартында, жаныбарлар дүйнөсүндө чоң өзгөрүүлөр жүрүп, климат азыркы абалындагыдай болуп калыптанган. Көптөгөн жаныбарлар (мамонт, жүндүү носорог, бизон ж. б.) жок боло баштаган. Мергенчиликтин негизги олжосу элик, багыш, бугу өңдүү жаныбарлар болгон. Бул өзгөрүүлөр адамдарга жашап калуу үчүн жаңы шартка ыңгайлашууга түрткү берген. М. доорунда майда микролиттик таш куралдары кеңири тараган. Алардын ичинен кесүүгө, саюуга ыңгайлуу болгон жалпак таштардын мааниси зор болгон. О. эле кыргычтар, кескичтер, тешкичтер кеңири колдонулган. Микролиттер м-н бирге мурдагы доорлорго мүнөздүү куралдар – сай таштан жасалган уруу, кесүү, чабуу үчүн колдонулуучу буюмдар да болгон. Балта сымал кылдат жасалган жаңы куралдардын пайда болушу байкалган. Сөөктөн, мүйүздөн жасалган куралдарды колдонуу ж-а аларды жасоо ыкмалары өнүккөн. Атайын балык кармоо үчүн кайырмак, дегээ пайда болгон. М. доорундагы негизги чарба – мергенчилик ж-а жыйноочулук. Жаратылыш шартынын өзгөрүшү мергенчиликтин жаңы ыкмаларын ж-а куралдарын талап кылган. Ушул мезгилде жаа м-н жебе пайда болгон. Эң алгачкы үй жаныбары катары ит колго үйрөтүлгөн. Мурдагыдай топ-тобу м-н аңчылыктын ордуна жеке аңчылыкка чыгуу өндүрүмдүү болгон. Бул доордо балык уулоочулук кыйла өнүккөнүн турак-жайлардагы балыктардын сөөк калдыктары ж-а балык уулоо куралдарынын табылышы далилдеп турат. М. доору адамзат коомунун өнүгүшүнүн жа-ңы баскычы болуу м-н, келечекте жаңы чарба формаларына – дыйканчылыкка ж-а мал чарбалыкка өтүүгө негиз берген. 1956-ж. В. А. Ранов Алай өрөөнүндөгү таш дооруна таандык бир канча эстеликтерди ачкан. Тузсуу дарыясынын агымынан нуклеус табылган. М. ж-а неолит дооруна таандык эстеликтер Аксай, Арпа өрөөндөрүнүн Сарыилик, Терек, Кочкоржал деген жерлеринен да кездешкен. М.

доорундагы эстеликтер Фергана өрөөнүнүн үңкүрлөрүнөн, тоо этектериндеги түздүктөрүнөн да учураган. Толук изилденген эстеликтер Сох суунун жогорку жагындагы *Обишир үңкүрлөрү, Ташкөмүр үңкүрү.*

**МЕКЕ –** Аравия жарым аралындагы (Сауд Аравиясынын) Хижаз өрөөнүндөгү шаар. Дүйнөлүк негизги диндердин бири – исламдын борбор шаары. Шаар Хижаз вилайетинин админ. башкаруу борбору. Шаардын негизделген жылы белгисиз. Анда ислам дининин негиздөөчүсү Мухаммед пайгамбар туулган. 7-к-дан мусулмандардын ыйык шаары ж-а зыярат кылуучу (ажылыкка баруу) жери. Бул шаарда ыйык Каабаны курчай курулган «Ыйык мечит» («Масжид ал-Харам») бар. Кыргызстандын да мусулман атуулдары М-ге ажылыкка эркин барышып, зыярат кылып келишүүдө.

**МЕНАНДР** П р о т е к т о р – 6-к-дагы белгилүү византиялык тарыхчы, грек тилинде жазылган «Тарых» чыгармасынын автору. Бизге бул чыгарманын 558–582-ж-дагы тарыхый окуяларды камтыган бөлүгү гана жеткен. Мында түрктөргө келген жети византия элчилиги ж-а 568–569-ж. түрк каганы Истеминин Византия императору Юстин IIге жасаган элчилиги ж-дө маанилүү маалыматтар берилет. Ошондой эле императордун Истеминин уулу Түрксантхка 576-жылдагы Византия элчилиги ж-дө билдирген. М-дын эмгегинде берилген тарыхый маалыматтар 6-к-га тиешелүү Теңиртоо аймагындагы Түрк кагандыгынын ичиндеги этносаясий кырдаалды окуп-үйрөнүүдө чоң мааниге ээ. Түрк-Византия мамилелерин баяндоо м-н М. түрктөрдүн эфталиттер ж-а ирандыктар м-н болгон байланышы, алардын үрп-адаттары ж-дө баалуу маалыматтарды берген.

**МЕРВЕРРУДИ** Фахр ад-Дин Мубарак-шах – 12-к-дын акыры – 13-к-дын башындагы фарсы тилинде жазган мусулман тарыхчысы ж-а акыны. Ооганстанды ж-а Түндүк Индиянын айрым аймактарын бийлеген Гурийлер султандыгында жашап, эмгектенген. М. санжыра жазган (1206); анын кириш бөлүмүн «Тарых» деген шарттуу ат м-н англиялык изилдөөчү Э. Денисон Росс 1927-ж. жарыялаган. Бул эмгекте түрк элдери тууралуу маалыматтар бар. Түрк элдеринин согдуча ж-а тогузча жазмасы да болгондугу ж-дө эскерилет. Түрк элдеринин ж-а урууларынын арасында кыргыз, чигил, тухси, йагма сыяктуу Теңиртоодогу элдер да атайын тизмеленип берилген.

**МЕРКИТ** – дөөлөс (төөлөс) уруусунун курамындагы урук. Этноним оболу, кытай жылнаамасы «юань-шиде» «мэ-ли-цзи» (меркит) формасында чагылдырылган. Марко Поло бул урууну Түндүк деңизге жакын жашайт деген божомолун айткан. М-тер 13-к-да моңгол тилдеринин бир бутагында сүйлөгөн уруу (эл) болгон. Рашид ад-Дин М-терди «көп сандаган, моңгол тилдүү эл, Чыңгыз хан ж-а анын тукумдарынын душмандары» – деп жазган. Айрым даректүү булактарда «удуит-меркит» деп аталган бул уруунун курамына төрт урук (уйгур, мудан, тудахиин, жиюн) киргендиги чагылдырылат М-тер (удуит-меркиттер) 12–13-к-да Онон, Керулен, Селенга дарыяларына, Тункин өрөөнүнө жамаатташ аймактарды мекендешкен. Этноним моңголчо «мэргэд» – «мергендер» маанисин түшүндүрөт. Арийне, Markid (мrkt < marakata) санскритче «кымбат баалуу, асыл таш» маанисин берет. М-тер кыргыздардын курамына Түштүк Сибирде эле кирүүсү ыктымал, о. эле өзбек, түркмөн ж-а моңголдордун курамында да бар. Чыгыш Түркстанда М. аттуу этнотопоним белгилүү.

**МЕРКУН** Иван Савельевич (1887–1922) – Кыргызстанда совет бийлигин орнотуу үчүн күрөштүн катышуучусу. Февраль револю-циясынан кийин Пишпекте большевиктик жашыруун топ уюштурган. Пишпек Советинин мүчөсү, Пишпек уездинде Эл чарба советинин 1-төрагасы. 1918-ж. Аксууда (Беловодск) кулактардын козголоңун басууга катышкан. 1919-ж-дан партиялык кызматтарда иштеген.

**МЕТРОПОЛИЯ** (гр. metropolis, meter – эне ж-а polis – шаар) –1. Байыркы Грециядагы шаар-мамл-тин аты. Мис., Кичи Азиядагы Милет ш., Кара деңиз жээктериндеги бир канча колониялардын М-сы, б.а. шаар башкаруучусу болуп эсептелген; 2. мамл-дин басып алган жерлерге же колонияларга үстөмдүгү.

**МЕЧИТ** (ар. масжид – сыйынуу жайы) – мусулмандар чогулуп намаз окуй турган имарат. Алгачкы М-ти Медина ш-нда Мухаммед пайгамбар курдурган. М-тер ири шаарларда, кийин айыл-кыштактарда курула баштаган. 7–8-к-да мусулман өлкөлө-рүндө намаз окуй турган жерлери Меке тарапка багытталган М-тер салынган. 10-к-да айваны бар М-тер кеңири таралган. Жергиликтүү курулуш салтына ылайык М-тердин имараттарында айырмачылыктар бар, айрым мечиттер мектептин милдетин аткарып, анда балдар куран окууга үйрөнгөн. Кыргызстан эгемендүү болгондон баштап элдин ислам динине болгон ишеними артты. Азыркы убакта Кыргызстандын айыл-кыштактарында, шаарларында да М-тер курула баштады.

**МИГРАЦИЯ** (лат. migratio, migro – өтүп жатам, көчүп жатам) – 1. көчүү, жер оошуу; 2. калктын М-сы – жер которууга байланыштуу элдердин көчүүсү (биротоло – туруктуу жашоо ордун биротоло башка жерге алмаштыруу; убактылуу – бир кыйла узак, бирок белгилүү убакытка көчүү; мезгилдүү – жылдын белгилүү гана мезгилдеринде көчүү). М. ички ж-а сырткы деп айырмаланат. Сырткы М-га – эммиграция ж-а иммиграция кирет. Ички М-га – айылдан шаарга, бир жерден экинчи жерге жер которуу; 3. жаныбарлардын М-сы – мекендеген жериндеги жашоо шартынын өзгөрүүсүнө же өөрчүү циклине байланыштуу жаныбарлардын жер которуп туруусу. Мис., канаттуулардын М-сы – келгин куштардын учушу ж. б.

**МИНУСА АЙМАГЫ** – Хакас-Минуса (18-к-дын орто ченинен соңку «Кыргыз жеринин», «Кыргыз өлкөсүнүн») ойдуңунун (Хакас Респ., Россия Федерациясы) аталышы. Айрым адабияттарда Миңсуу, Миңөзөн деп жазылып жүрөт. Кыргыз тилинде Мөңгүсуу (Түбөлүк суулар) дегенди туюнтат. Аймакта бул энчилүү ат м-н Кичи Мөңгүсуу, Минуса деген дарыялар белгилүү. Бул ат м-н Хакасиядагы Минусинск деген шаар да аталат.

Минусинск ш-нда байыркы кыргыздарга таандык эстеликтер (жазма, археол. ж.б. маалыматтар) сакталган музей бар.

**МИНУСА ОЙДУҢУНДАГЫ «КЫРГЫЗ» ТОПОНИМДЕРИ.** Минусин ойдуңундагы кыргызга тиешелүү аталыштар. Бул жерде талаа маданиятындагы көчмөндөрдүн аңчылык ж-а балыкчылыкты кесип туткан токой элдеринен айырмасы чоң болгон. Мис., орто кылымдарда кыргыздар иштеткен эгин талаалары «хыргыс тарлаглары», «кыргыз тегирмендери» деп аталган. Кыргыздар балыкты «суг хурты» (кыргыз тилинде – суу курту) деп, иренжип жешчү эмес. Балыктан арылуу максатында курулган суу арыктары бүгүнкү күнү да «хыргыс кообы» деп аталат. Мындан сырткары, хакастарда «хыргыстын хыргычы» – «кыргыз эрдиги» деген сөз айтылары маалым. Ал эми моңгол тилдүү элдерде «хыргыс» сөзү «каардуу», «жаалдуу» деген маанини билдирет. 19-к. белгилүү хакас окумуштуусу, проф. Н. Ф. *Катанов*: «Менин бабаларым чыккан сагай уруусу кара кыргыз аттуу түрк элинин урпактары болот», – деп жазган. Минуса ойдуңундагы кыргыздарга таандык жер-суу аттары б-ча айрым маалыматтар: Хыргыс-Хакасиянын Россияга бириктирилишине чейинки аталышы; Хыргыс аргылары – Уйбат ж-а Бидна дарыяларына улап салынган байыркы кыргыз каналдары; Хыргыс аргычагы – Аскиз аймагындагы Ары-Таг тоосунун жанындагы байыркы суу аккан кыргыз арыгы; Хыргыс ахчалыг хыр (кыргыз тыйындары табылган дөбөлөр) – Ак Июс дарыясына жакын жердеги жез тыйындар табылган дөбөлөр; хыргыс кѳдреси (кыргыз сазы) – тарыхый-фольклордук маалыматтар б-ча Ус дарыясына жамаатташ аталган аймактарды кыргыздар мекендешкен; хыргыс көшкен хол (кыргыздар көчүп өткөн бел) – Мрасу дарыя-сынан Кобырда дарыясынын чатына чейинки тоонун бели. 1703-ж. Жуңгарияга кыргыздар аталган бел аркылуу зордоп көчү-рүлгөн; Хыргыс көлү (Кыргыз-Көл) – Чулум дарыясына жакын жайгашкан көл. Минусадан келген кыргыздар аталган көлдүн жанында кыштымдардан салык жыйнашчу; хыргыс Кообы (Кыргыз арык) – Бейка дарыя-сына туташ салынган байыркы кыргыз каналы; хыргыс орамнары (кыргыз көчөлөрү) – Табат, Кара Июс дарыяларынын ойдуңуна орто кылымдардагы кыргыздар тарабынан салынган дөбө ж-а аң түрүндөгү ата-йын курулган коргонуу чектери; Хыргыс Пили (Кыргызбел) – Божье дарыясына чукул орун алган ашуу; Хыргыс-Суг (Кыргызсуу): 1. Кичи Абакан дарыясынын куймасы. Бул жерде аң уулаган хакастарды алтайлыктар азыр да кыргыздар деп аташат; 2. Енисейдин сол куймасы Кыргыс-Суг деп аталат; 3. Хол дарыясынын оң куймасы; хыргыс сөөктери (кыргыз бейиттери) – кыргыздардын көрүстөн-эстеликтери Хакас-Минуса ойдуңунда он эки жерден табылган. Бул эстеликтерди хакастар «кыргыз жоокерлеринин бейиттери» деп аташат; хыргыс сыххан чол (кыргыздар чыккан жол) – Кобырза дарыясынын жогорку агымындагы Хакасиядан Шорияга ашып өтчү жол (Таштып аймагы); хыргыс сынрады – Минуса ойдуңундагы кыргыз көрүстөндөрү; Хыргыстар аалы (кыргыздар айылы) – Абакан, Ниня дарыяларынын ойдуңунда жайгашкан үч айыл; хыргыс тогынган чир (кыргыз өндүрүшү жайгашкан жер) – Июс дарыясынын аймагынан көп сандаган күл дөбөлөр, көмүр табылган. Тарыхый булактар бул жерде кыргыздар темир иштетишкендигин баяндайт; Хыргыс узанган жер (кыргыз устаканалары) – Тея дарыясынын өрөөнүндө; Хыргыз хара суг (кыргыз булактары) – Көксө дарысынын өрөөнүндө; Хыргыс чолы (кыргыз жолу): 1. Базин Бейка дарыясына туташ казылган байыркы канал; 2. Камышта дарыясына жакын жердеги байыркы канал; 3. Аскиз дарыясынын оң жээк тарабындагы байыркы кыргыздардын сугат каналы. Бул канал Харахач тоосуна чейин жеткирилген; сугат каналдары жогорку геодезиялык ж-а арифметикалык тактыкта курулган; хыргыс Чул (кыргыз өзөндөрү) – Минуса ойдуңунда жогорудагыдай ат м-н алты өзөн белгилүү; хыргыс чазы (кыргыз талаасы): 1. Абакан дарыясы аркылуу Тея ж-а Аскиз дарыяларынын куймаларына чейинки аймактын аталышы; 2. Божье айланасындагы түздүктүн аталышы; хыргыс чурты (кыргыз журту): 1. Рейнголь көлүнүн жанындагы жердин аталышы; 2. Уйбат дарыясынан Капчалыга чейинки жердин аталышы ж.б.

**МИҢ БАШЫ** (монг.) –1. түрк аскер системасындагы кол башчы. Ал миң аскерден турган кошуунду башкарган; 2. Кокон хандыгында бийлик мансаптарынын бири.

**МИҢБУЛАК ЭСТЕЛИГИ** – Чүй өрөөнүндө жайгашкан Батыш Түрк каганынын коругу. Сюань Цзяндын жылнаамасындагы маалыматтарда (7-к.) түрк каганынын чатыры жибектен жасалып, өзү жибектен тигилген кийим кийген. Бийлик белгиси катары жибек тасма тагынган. Тасманын бир учу башына оролуп, калганы далысына арта салынган. Миңбулак коругунда анын малы жайылган, өзү аң уулаган. Жыл сайын ысыкта салкындаш үчүн ушул жерге келип тургандыгы, М. э-нен чакан коңгуроолорду, шакекчелер м-н коозддолгон бугуларды кездештирүүгө боло тургандыгы айтылат. Миңбулак коругу азыркы күндө кайсы жерде жайгашкандыгы тактала элек.

**МИҢ ДИНАСТИЯСЫ** – 1710–1876-ж. Кокон хандыгын бийлеп турган өзбек феодал төбөлдөрүнүн династиясы. Шахрух аталык (1710–21) негиздеген. Шахрухтун уулу Рахим хан 1721–34-ж. хан болуп турган. 1842–44-ж. *Шераалы хан* бийлеген. Анын мурасчысы (уулу) Кудаяр хан 1844–58, 1862–63, 1865–67-ж. тактыда отурган. М. д-нын саясий турмушуна түштүк кыргыздардын феодал төбөлдөрү *Мусулманкул*, Алымбек, Алымкул ж. б. түздөн-түз аралашып, кийлигишип турган. Бул династиянын акыркы ханы Насреддин ( Кудаяр хандын улуу уулу) 1876-ж. Россия тарапка өтүп, Кокон хандыгы жоюлган.

**«МИҢЧИЛЕР» КЫЙМЫЛЫ** – эмгекчилердин массалык патриоттук кыймылы. Улуу Ата Мекендик согуштун башталышында «Бардыгы майдан үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!» деген партиянын чакырыгы б-ча пайда болгон. Согуш мезгилинде соц. мелдештин тапшырмасын ашыгы м-н аткаруу, чыгарылган буюмдун

сапатын жакшыртуу, анын өздүк наркын төмөндөтүү, майданга кеткен жумушчулардын ордуна жаңы жумушчуларды даярдоо максатында жүргүзүлгөн мелдештин жаңы көрүнүшү болуп эсептелген. Күнүнө 10дон норма аткарган биринчи «М.» к. 1941-ж. күз айларында пайда болгон. Төмөнкү Тагилдеги вагон куруучу заводдо иштеген Д. Босыйдын демилгесинен кийин «М.» к. массалык кыймылга айланган. Фрунзедеги а. ч. машина куруу заводунун темир устасы М. Т. Чернышев Кыргызстандагы «М.» к-н биринчилерден болуп колдоп чыккан. Ал 1942-ж. мартта күнүмдүк нормасын 10 эсе ашык аткарган. Анын демилгесин заводдун бардык эмгек жамааты колдогон. З. Алымкулов, Ж. Мамбетовдор 1942-ж. мартта күнүнө 12 нормадан (1166%) аткарууга жетишкен.

**МИРКИ** – орто кылымдарга таандык шаар. Азыркы Казакстандын Жамбыл облусундагы Мерке ш-нын ордунда жайгашкан. Кокон хандыгынын тушунда бул жерде Мерке чеби болгон. М-ни алгач эскеришкен араб географтары Ибн Хордадбек м-н Кудама ибн Жафар «Чоң кыштак» деп мүнөздөшкөн. Ал эми азыркы тарыхчылар аны орточо калаалардын катарына кошушат.

**МИРТОВ** Валериан Владимирович (1912, Рязань облусу – 1994) – тарых ил-нин доктору (1969), проф. (1974). Кечки жумушчу факультетин (1933), Новосибирск темир жол транспорту аскер инженерлер ин-тун (1939) бүтүрүп, ин-тка мугалим (1939–42) болуп калган. 1942-ж. февралдан партиянын Новосибирск шааркомунун транспорт бөлүмүнүн башчысы. ВКП(б) БКга караштуу Жогорку парт. мектепти (1944) бүтүргөн. 1944-жылдан Кыргыз ССРинин тышкы иштер министрлигинде, 1948-жылдан Кыргызстан КП БКнын агитация ж-а пропаганда бөлүмүндө лекторлор тобунун башчысы. 1954-жылдан Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунда улук. ил. кызматкер. 1972–77-ж. Кыргыз мамл. мед. ин-тунда кафедра башчысы, 1977-жылдан Кыргызстан КПга караштуу Партия тарыхы ин-тунда сектор башчысы болуп иштеген. Ал – жүздөн ашык ил. эмгектин, макаланын автору. Эмгектери Кыргызстан КП тарыхына арналган.

**МИФТАКОВ** Каюм (1892–1949) – кыргыз элинин оозеки чыгармаларын жыйноочу. Башкырстандын Нимбат айылында туулган. Башкырстандагы «Расулия» диний мектебинде окуган. 1907-жылдан казак, 1916-жылдан кыргыз элинин оозеки чыг-рын жыйнай баштаган. Талас, Ысыккөл, Нарын аймактарынан ыр, жомок, санжыра, дастандарды жыйнаган. 1922-ж. Сагымбай Орозбак уулунан «Манас» эпосун жазып ала баштаган. 1938–45-ж. Жаңыбай Кожек уулунан «Ак-Мөөр» ж-а «Семетей» дастандарын жазып алган. 1947-ж. Ноокат, Алай аймактарынан этногр., тарых, фольклор б-ча материалдарды жыйнаган.

**МИЯНРУДАН** (фарсыча – Миёнрудон, түрк тилдеринде – Экисуу арасы) – орто кылымдагы тарыхый-геогр. аймак (провинция, округ, облус). Фергана өрөөнүнүн түндүк жагындагы, Нарын м-н Карадарыянын аралыгындагы аймак. Буга азыркы Кетментөбө өрөөнү да кирген. М. ж-дөгү маалымат 10-к-да араб-фарсы тилдеринде жазылган эмгектерден (Истахринин «Китаб масалик ал мамалик», белгисиз автордун «Худуд ал-Аалам мин ал-Машрик ила-л-Магриб» ж. б.) кезигет. Араб саякатчысы ал-Мукаддасинин «Ахсан ат-такасим фи марифат ал-акалим» («Климат таануу боюнча мыкты колдонмо») деген чыгармасында М. округунда жайгашкан 9 шаарды [Насрабад, Манара (Менара), Ранжад (Ренжед), Шикит, Заркан, Хайралам, Башбашан, Уштикан, Узканд (Узкенд)] атайт. Алардын ичинен Насрабад бак-дарактуу, ал эми Шикит (Арстанбап ченде болсо керек) жаңгак токоюндагы зор шаар болгон. Облустун борбору – Хайралам ш. (Хайлам, Хатлам) Нарын (Хайлам) суусунун боюнан, Кетментөбө өрөөнүнөн орун алган; чоң мечити болгон. Калган шаарлардан Заркан (азыркы Заркент, Пачата суусунун боюнда) күрүчү, Ранжад (азыр Семет, Аксы р-нунда, өткөн кылымдын 60-жылдарга чейин 1000 жыл бою Ренжит аталып келген) эгин талаа-лары м-н белгилүү болгон. Аймактын чыгыш четин чегарага жакын турган Селат ж-а Узкенд (азыркы Өзгөн) шаарлары түзгөн. Өзгөн адегенде Мавераннахрдын (Караханилердин бийлигинин алгачкы мезгилинде) борбору, кийин (Чагатайлардын убагында да) жергиликтүү провинциялык бийликтердин резиденциясы болгон. Мында монета (акча) жасап чыгарылган. М-дын түштүк тарабы фарсча Хефтдех («Жети кыштак»), кийин (15–16-к-да) Жетикент аталып келген. Бул аймак Ферганадан чыгыш жактарды бийлеген көчмөн түрк элдерине байланыштуу «Түрктөрдүн дарбазасы» деп да эсептелген. Нарын дарыясы ал мезгилде Хайлам, Карадарыя – Өзгөн суусу аталган. М. округунун, анын шаарларынын ал мезгилдеги саясий ж-а экон. жактан мааниси зор болгон; анын аймагы б-ча белгилүү соода жолдору өтүп, айтылган доорду даңазалаган тарыхый-археол. эстеликтер калган.

**МОГИЛЯН,** к. *Билге Каган*.

**МОГОЛДОР** – соңку орто кылымдарда Чагатай улусунун (Моголстан) чыгыш бөлүгүн мекендеген түрк-моңгол уруулары. Чыңгыз хандын империясы түзүлгөндөн тартып моңголдордун башкаруучу ж-а аскердик төбөл-дөрү бири-бирине каршы эки топко бөлү-нүшкөн. Моңголдордун тиричилигин, каада-салтын ж-а көчмөн турмушун жактагандар Чагатай улусунун түндүк-чыгышында, негизинен Жетисууда орун алышкан. Борбордошкон мамл. курууну, а. ч-сын, сооданы ж-а шаар маданиятын өнүктүрүүнү жактагандар Мавераннахрда жайгашып, чагатайлар деген атты сактап калышкан. Эки тарап келишпегендиктен, бири-бирин кемсинтип, чагатайлар М-ду жете («каракчы»), М. чагатайларды – караунас («аргын») деп атаган. Моголстан өз алдынча мамл. болуп бөлүнүп чыккан мезгилде Чагатай улусунун калкы дээрлик түрктөшүп калган. Мурда могол термини түрктөшкөн М-го карата гана айтылып келсе, эми тек-жайына карабастан Моголстандагы уруулардын бардыгы өзүлөрүн могол деп атай башташкан. Могол этноними Моголстандын бардык калкынын жалпы атына айланган. «Кыргыздар могол урууларынан болсо да хакандарга баш ийбегендиктен, моголдордон

бөлүнүп кетти. Ушунун айынан моголдор эми жаралгандын эң азыраагы ж-а эң алыскысы болуп калды», – деп жазат Мухаммед Хайдар. Натыйжада, 15–16-к-да М. этностук жалпылыкка караганда саясий жалпылыкты көбүрөөк туюндурган. Моголстан мамл-нин саясий жактан начарлашы м-н могол уруулары башка элдерге (кыргыздарга, казактарга, өзбектерге) сиңе башташкан. 16-к-дын 2-жарымында могол урууларынын чоң бөлүгү М. деген ат м-н кыргыздардын оң канатынын курамына кирген. Кыргыздар Моголстандагы элдерди, урууларды өзүнө сиңирип алуунун эсебинен өскөн ж-а саясий түзү-лүшүн бекемдеген.

**МОГОЛДОР ДӨӨЛӨТҮ,** У л у у М о г о л д о р д ө ө л ө т ү – Индияда 1526-ж. Дели султандыгынын ордуна пайда болгон мамлекет. Негиздөөчүсү – Тимурийлердин урпактарынын бири, өзбектер тарабынан куугунтукталган Захреддин Бабур болгон. Ооганстанга качкан Бабур өзү м-н кошо барган түрктөрдүн ж-а жергиликтүү ооган урууларынын жардамы м-н 1525-ж. Дели сул-тандыгына чабуул коё баштаган. 1527-ж. Раджпут мамл-н моюн сундуруп, Индостан жарым аралына толук ээлик кылып калат. Бабур көз жумган соң такка уулу Хумаюн олтурган. Моголдор жеңип алган жерлерге башкаруунун, аскердик түзүлүштүн жаңы ыкмаларын алып келишкен. Акбардын тушунда (1556–1605) Улуу Моголдор дөөлөтү күч-кубаттуулугунун чегине жеткен. Ал башкаруу ж-а финансы тармагында бир катар реформаларды турмушка ашырган, мамлекеттин чегин бир кыйла кеңейтип, козголоң чыгарган аймактарды аёосуз жазалаган. Жахангирдин (1605–28), Жахан-шахтын (1628–58) тушунда мамл. башкаруу бошоңдоп, жер-жерлерде козголоңдор чыгып, чет жакадагы жашаган элдердин наразылыгы күчөгөн. 1858-ж. Англиянын Ост-Индия компаниясы ыдырай баштаган мамлекетти аз сандуу күч м-н жеңип алган.

**МОГОЛСТАН –** Чагатай улусунун түндүк-чыгыш бөлүгүндө 14-к-дын орто ченинде түзүлгөн өз алдынча мамлекет. Чыңгыз хандын империясы түзүлгөндөн тартып, моңголдордун башкаруучу ж-а аскердик төбөлдөрү бири-бирине каршы эки топко бөлүнүшкөн. Алардын бир бөлүгү (Чагатай, Күйүк, Барак) моңголдордун турмуш-тиричилигин, салт-санаасын ж-а жашоонун көчмөн образын тутунушкан. Алар отурукташкан аймактардын калкын талап-тоноонун эсебинен күн көрүүнү ж-а шаарларды кыйратып, жайыттарга айландырууну көздөгөн. Экинчи топтогулар (Мунке, Масудбек, Кебек) борборлошкон хандык бийликти орнотууну, а. ч-н, кол өнөрчүлүктү, шаарларды өнүктүрүүнү колдошкон ж-а талап-тоноого каршы болушкан. Биринчи топтун жактоочулары Чагатай улусунун түндүк-чыгышындагы Жетисууда, экинчиси – Мавераннахрда жайгашкан. 14-к-дын 1-жарымында аталган карама-каршылыктардын күч алышынан Чагатай улусунун аймактары ичара бөлүнүп, өз алдынча эки мамл-тин түптөлүшүнө негиз түзүлгөн. 1346-ж. Чагатай улусунун акыркы ханы Казаган өлтүрүлгөндөн кийин Мавераннахрда түрк эмиринин бир канча майда ээликтери түзүлгөн. Чагатай улусунун чыгыш бөлү-гүндө Моголстан мамл. бирикмеси калыптанып, дуулат эмири *Пулатчынын* чагатай тукуму деп саналган *Тоглук-Темирди* 1348-ж. Аксу ш-нда тактыга олтургузушу м-н башталган. Мавераннахрдын калкы мурункудай чагатайлар деген атын сактап калган, ал эми М-дын көчмөндөрү өзүлөрүн жергиликтүү тилде могол, моголдор деп атап калышкан. М. мамл. Чагатай хандарынын мурунку ордосу Алмалык ш-н байтакты кылган. Анын аймагы Мухаммед Хайдардын маалыматы б-ча узунунан да, туурасынан да жети-сегиз айчылык жолду талап кылган. Чыгышында ал калмактар тараптагы Баркөл, Эмил ж-а Иртыш; түндүктө – Көкчө-Теңиз (Балхаш), Бум-Лишен ж-а Каратал; батышта Түркстан ж-а Ташкен; түштүктө – Фергана, Кашкар, Чалыш ж-а Турпан облус-тары м-н чектелген. М-дын түштүк-батышы «Маңглай-Субе», («Маңдай тарап», «Күнгөй тарап») деп аталган ж-а ал дуулат эмирлеринин ээлиги катары Фергананын чыгышы, Чыгыш Түркстандын батыш бөлүгүн ж-а түндүктө Ысыккөлгө чейинки жерлерди камтыган. Мамл-тин чектери ар кандай тарыхый жагдайларга жараша өзгөрүлүп турган. Тоглук-Темирдин учурунда анын карамагына Маңглай-Субе, Чыгыш Түркстан, Теңиртоо, Жетисуу ж-а Жуңгария кирген. М. мамл. 16-к-дын башында экиге бөлүнүп кеткен. 1514-ж. Султан Саид хан М-дын түндүк бөлүгүнөн ажыраган ж-а Чыгыш Түркстандын түштүк-батыш бөлүгүн (борбору Яркенд) гана башкарып калган. Чыгыш бөлүгүндө анын бир тууганы *Мансур хан* (борб. Аксуу) кожоюндук кылган. Ушул мезгилде саясий аренага *Мухаммед Кыргыз* башында турган кыргыздар чыккан. Соңку тарыхый окуялар, кыргыздардын М-ды толук ээлеши, алардын ички чарбалык ж-а этностук байланыштарынын өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп, өз алдынча мамлекет-түүлүгүнүн түптөлүшүнө алып келген.

**МОДЭ ШАНҮЙ** (кыт. шанүй – теңир куту) – б. з. ч. 209–174-ж. хунн урууларынын башчысы. Хунн урууларынын шанүйү Тоу Мандын улуу уулу. Тоу Ман кытайлардан жеңилип алсырай түшкөндө юэчжилердин талабы б-ча Модэни аманатка берген. Тоу Ман юэчжилерге басып киргенде М. ш. хунндар тарапка өткөн. Ал өз аскерлерин таамай атуу-га машыктырган ж-а буйрукту кыңк этпей аткарууга көндүргөн. Б. з. ч. 209-ж. Модэ өз атасын өлтүрүп, такка олтурат. Чыгышта жашаган дунхуларды, кийинки жылы юэчжилерди караткан. Б. з. ч. 203–201-ж. түндүк тарабындагы коңшулары хунүйлөрдү, күйешелерди, Саян тоолорунун этегин мекендеген динлиндерди, Чыгыш Түркстандын түндүгүндө жашаган кыргыздарды басып алган. Б. з. ч. 201-ж. Кытайга кол салат. Б. з. ч. 198-ж. кытай императору Лю Бан м-н «бейкуттук ж-а туугандык» келишимин түз-гөн. Иш жүзүндө кытай императору М.ш-гө көзкаранды болуп, салык төлөп турууга мажбур болгон. Б. з. ч. 177-ж. М.ш. юэчжилерди, усундарды ж-а Чыгыш Теңиртоодогу башка элдерди да баш ийдирген. М. ш. өлгөндөн кийин (б. з. ч. 174-ж.) такка уулу Лаошань отурган.

**МОЖУ**, а с м а, ү ч б у т, ч а й т у л г а – сыртка же боз үйгө жагылган отко темир боолуу казанды, чаканы, чайнекти асып, чай кайнатуу же тамак бышыруу үчүн колдонулуучу темирден жасалган үч буттуу тиричилик куралы.

**МОЛДО БАГЫШ** Сарыбай уулу (1886, Аксы жергеси, Авлетим айылындагы Ойалма деген жер –1937, Аксы) – төкмө ж-а жазгыч акын. Үч айлыгында энеден, үч жашында атадан жетим калып, 12ге чыкканча эчки, кой кайтарып чоңойгон. Айылдагы Асан молдодон сабак алат. Андан кийин Наманган облусундагы Шоркен деген жердеги кожолордон алты жыл окуйт. Мечит, медреселерде мугалимдик кылган. 1923–28-ж. Айылдык комитетте катчы болгон. 1931-ж. жалган жалаа м-н камалып, он ай Ташдөбө (Караван), Заркен, Жаңыкоргон, Наманган түр-мөлөрүндө жатып, андан кийин Сибирге (Карагандыга) сүргүнгө айдалган. 1937-ж. сүргүндөн келгенден кийин каза болот. М. Б. жашынан ырчы болгон. Акындын абакка түшкөнгө чейинки ырлары эл оозунан жыйналып, топтолгон. Анын алгачкы китеби «Абак дептерине» (1998-ж.) кирген чыгармаларынын негизин түрмөлөрдө он айдын ичинде жазган ырлары түзөт. Араб арибинде жазылган колжазмасы сакталып калган. Анда топтолгон ырлар «Өткөн күндөр», «Молдокеңдин зарлаганы», «Жарынын келиши», «Молдо Багыш түрмөдөгү жолдоштору менен коштошкону», «Жаңыкоргон түрмөсүндө», «Түрмөдөгү арман-казал», «Молдо Багыш Наманганга айдаларда», «Молдо Багыштын насияты» ж. б. жыйырмага жакын бөлүмдөрдөн турат. Буларда түрмөнүн ички турмушу, акындын акын аялы Сабиркан м-н түрмөгө түшкөнүнө баканооз Абдыгафур күнөөлү экенин ж-а алардын бири-бирине айтышкан суроо-жооптору. М. Б. түрмөдө жаткан уруусу кыпчак Бөрү абышка м-н турмуш, заман ж-дө аңгемелешкени, о. эле адилетсиздикти ашкерелөө, чындыктын түбүнө жетүү аракеттери айтылган. «Абак дептери» 1932-ж. 20-мартта Абдималик аттуу таанышы аркылуу түрмөдөн сыртка чыгарылган. М. Б-тын түрмөгө чейинки ырларынын ичинде «Бузулдугой заманың», «Калкыңдан кетти адаалат» аттуу чыг-нда Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы социалдык-экон., психологиялык-нравалык алмашуулар, шарияттын бузулушу ж. б. ашкереленген. Акындын «Молдо Багыш санаты», «Молдокеңдин аңгемеси», «Кедейлерге насият», «Балдарга менин санатым» сыяктуу дидактикалык мүнөздөгү чыгармалары анын талантын, ырчылык кудуретин көрсөтөт. М. Б-тын араб арибинде өз колтамгасында жазылып калган мурасы катары бизге жеткен чыг-ры кыргыз адабиятынын ырчылык ж-а жазгыч акындык бөлүгүнө салым кошот.

**МОЛДОБАЕВ** Имель Бакиевич (1942-ж.т., Ысыккөл облусу, Каракол ш.)–тарых ил-нин доктору (1995), проф. (1998), Кыргыз Респ-нын илим ж-а техника тармагы б-ча Касым Тыныстанов атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (2000). КМУну бүтүргөн (1972). 1972–88-ж. Кыргыз Респ-нын УИАнын тарых ин-тунда ил. кызматкер, улук ил. кызматкер, жетектөөчү ил. кызматкер. 1988–95-ж. этногр., 1995-жылдан археол. ж-а этногр. бөлүмүнүн башчысы. Кыргыз фольклорун, негизинен «Манас» эпосун тарыхый-этногр. жактан изилдөө б-ча адис. 200дөн ашык ил. эмгектери, а. и. 4 монографиясы жарык көргөн. 2002-ж. эл аралык Рерих борбору тарабынан Ю. Н. Рерихтин юбилейлик (100 жылдык) медалы м-н сыйланган.

**МОЛДОБАСАНОВ** Калый (1929-ж. т., Акталаа р-ну, Терек айылы) – композитор ж-а дирижёр, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1974), СССРдин эл артисти (1979), Соц. Эмгектин Баатыры (1991). 1946-ж. М. Кү-рөңкөев атн. музыкалык-хореографиялык окуу жайын, 1954-ж. Чайковский атн. Москва консерваториясынын улуттук бөлүмүн, 1973-ж. Кыргыз мамл. искусство ин-тун бүтүргөн. *Мусулманкулов* Молдобасандын уулу. 12 жашынан эл аспаптар оркестрине катышып, анын жетекчиси П. Ф. Шубинден таалим алган. 1954–72-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрында дирижёр, башкы дирижёр. 1973-жылдан Кыргыз мамл. иск-во ин-тунда композиция классы б-ча педагог ж-а Кыргызстан композиторлор союзунун төрагасынын орун басары, 1979– 96-ж. анын төрагасы, ошол эле мезгилде 1983–86-ж. Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. искусство ин-тунун ректору, 1996-жылдан Кыргыз мамл. акад. опера ж-а балет театрынын башкы дирижёру ж-а көркөм жетекчиси. М-дун симфониялык бийлери, сюиталары, кантаталары, ондогон аспаптык пьесалары, 50дөй вокалдык чыгармалары ж. б. бар. Ал элдик обон-күүлөрдү иштеп чыккан, эл аспаптар оркестри үчүн оригиналдуу чыгармаларды жараткан. Балдарга арналган ырлары ж-а аспаптык чыгармалары да арбын («Кыргыек», «Бак тигели», «Кызыл топ», «Жамгыр» ж. б.). Элге кеңири маалым чыгармалары: «Гүлдө, Кыргызстан» (1964), «Шаңдан, Кыргызстан» (1974) кантаталары, «Биздин күндүн адамдары», «Достук», «Бактылуу жаштык» симфониялык сюиталары, «Кыздын ыры» (1963), «Жайлоодо» (1958), «Өрт-төнсүн бозой жалынга» (1961), «Көл вальсы» (1969) ырлары ж. б. Алгачкы көлөмдүү чыгармасы «Куйручук» балети (Г. Окунев м-н бирге) жаш композиторлордун бүткүл союздук конкурсунда сыйлыкка ээ болгон (1960). «Саманчы жолу» балет ораториясы кыргыз профессионалдык музыкасына жаңылык киргизген. Жер, дан, гуманизм, граж-дандуулук ж-дөгү терең мазмундуу бул чыгарма эң жог. баатырдык м-н лиризмди, терең философиялык ой жорууларды му-зыка м-н айкалыштырган. Ал Болгария, Чехия, РСФСРдын көп шаарларында коюл-ган. Анын катышуусу м-н «Манас» (Власов, Малдыбаев, Фере, 1966), «Белгисиз солдат» (Молчанов, 1967), «Отелло» (Верди, 1968), «Борис Годунов» (Мусоргский, 1972), «Айчүрөк» (Власов, Малдыбаев, Фере, 1986) опералары ж-а «Асел» (Власов, 1967) балети коюлган. Анын «Маңкурт жөнүндө баян» (1990) балети чоң ийгиликке жетишкен. Кыргыз Респ-нын Гимнинин авторлорунун бири. Ал Москва, Ленинград, Алматы, Новокузнецк ж. б. шаарлардын театр спектаклдерине да дирижёрлук кылган. СССР мамл. сыйлыгынын лауреаты (1976). Кыргыз ССР Жогорку

Советинин 3 жолку депутаты (1975–90), СССР эл депутаты (1989). Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси», 3-даражадагы «Манас» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**МОЛДОКЕЕВ** Алишер (1884, Жалалабат облусу, Аксы р-ну, Сыны айылы –1931, ошол эле жер) – совет бийлигин бекемдөөгө жигердүү катышкандардан ж-а алгачкы агартуучулардан. 1918–22-ж. Кызыл Армиянын катарында кызмат өтөгөн, 1923–26-ж. Кызылжар р-нунда дыйкандардан ыктыярдуу кошуун түзүп, анын командири болгон. 1928-ж. М-дин демилгеси м-н Сыны айылында Аксы аймагы б-ча алгачкы мектеп ачылган. О. эле ал эл арасында өзүнүн чечендиги, акылгөйлүгү м-н кадыр-баркка ээ болгон. Айлындагы мектепке ысмы берилип, музейи уюшулган.

**МОЛДО КЫЛЫЧ** Шамыркан уулу (1866, Нарын облусу, азыркы Кочкор р-ну, Бугучу айылы – 1917, ошол эле жер) – түндүк кыргыздарынын тунгуч жазма акыны; «замана» агымынын көрүнүктүү өкүлү. Сарыбагыш уруусунун белгилүү манабы Төрөгелдинин небереси. М. К. жаш кезинен диний мектептен сабаты ачылып, ырларын жазма түрүндө жараткан. 1910-ж. өзү да бир аз убакыт бала окуткан. Ал өзү жашаган учурдагы коомдун зирек инсаны, шарттуу түрдө билимдүүсү, карапайым элдин мүдөөлөшү болгон. Эл кыдырып, аш-тойлордо ырдаган эмес. Чыг-нда элди эмгекке, бак-шак тигип, отурук алуу-га үндөйт; паракорлор м-н зулумдарды жектеп, орус падышачылыгынын эзүүчүлүк саясатына каршы болгон. Адилет, теңдик заманды көксөп, ошону м-н катар, эл бийлеген манаптардын бузук иштеринин таасиринен калктын да адеп-ахлагынын бузулушунун көбөйүшүн элдин динден тайганынан көргөн. Анын «Кыз-жигит», «Балбан», «Алдамчы», «Кол казал», «Керме тоо», «Чүй баяны», «Канаттуу», «Бүркүттүн тоюу», «Буу-дайык», «Зар заман», «Зилзала», «Көбөй Султан» ж. б. казалдары бар. Алардын ичинен «Кысса и зилзала» 1911-ж-кы жер титирөөнүн негизинде жазылып, 1911-ж. Казандан китеп болуп басылып чыккан. Бул кыргыз адабиятындагы азырынча белгилүү эң алгачкы китеп. 1925-ж. «Тамсилдер» деген ат м-н Москвадан 2-китеби чыгып, ага «Канаттуулар», «Буудайыктын тоюу» («Бүр-күттүн тоюу» деп да аталат), «Буудайык» деген казалдары кирген. Бишкекте 1939-ж. балдарга арналып «Канаттуулар», 1946-ж. Т. Саманчиндин түзүүсүндө «Иргелген казалдар» деген китептери жарык көргөн. Ысымы Кочкор р-нундагы айылга берилген.

**МОЛДО КЫРГЫЗ МЕДРЕСЕСИ** – 19-к-да Фергана өрөөнүндөгү белгилүү медреселердин бири. Андан муфтий, казы, мударис (медреселерде дарс окуучу), молдолор даярдалган.

**МОЛДО НИЯЗ** Эрназар уулу **(**1823, азыркы Кадамжай р-ну, Кызылбулак деген жер – 1896) – кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынын бири. М. Н. өз заманынын билимдүү, араб, фарсы, эски түрк (чагатай) тилдеринде сүйлөй билген инсандарынан болгон. Кашкар ш-ндагы медреседен билим алган. Анын чыг-лары кызылсуулук кыргыздардан тартып Атбашы, Нарын, Жумгал, Кочкор, Суусамыр, Чүй өрөөндөрүндөгү, Фергана аймагындагы элге кеңири белгилүү болгон. М. Н-дын ырларында өлүм, өмүр, Аалам, жакшылык-жамандык сыяктуу философиялык терең ойлор, о. эле 19-к-дын 2-жарымындагы кыргыз жергесиндеги тарыхый шарттар да баяндалган. Санат ырларында 1845–58-ж Кудаяр хандын кордугуна чыдабаган ферганалык кыргыздардын жер которушу, Кашкарга качып барган кыргыздарга Жакыпбек бийдин көрсөткөн кордугу, 1864-ж. орус падышалыгынын Ташкен, Чымкен ш-н басып алуусу ж-а Курманжан даткага байланыштуу окуялар чагылдырылган. М. Н-дын адабий мурасын элге жеткирүү демилгеси проф. Б. Юнусалиевге таандык. М. Н-дын үч кол жазма китеби белгилүү. Аларды тартипке келтирип, О. Сооронов «Молдо Нияз: Санат дигарастар» деген ат м-н жарыкка 1993-ж. чыгарган.

**МОЛО –** бейит белги. М-ну кыштан, момо томолоктордон жасашкан. Мүрзөнүн казылган жеринин үстүнө калыңдыгы 0,80–1 *м* пайдубал куюп, үстүнө кыш момосун тизип улам жогорулаган сайын ичкертишкен. Ортосундагы ачыкка бош топуракты салып катуу тапташкан. Бийиктиги 2 *м*ден ашканда калың дубалдары бири-бирине жакындап бош топурак салуучу жери да кичирейет. Жогорку жагынын так ортосуна катуу жыгачтан, темирден же темир бетондон мамы орнотот. Жалпы уз. 3,5–4 *м*. Сыртын шыбап, акташат. Мындай бейит белги сейрек болсо да азыр деле колдонулат.

**МОЛО ТАШ –** 1. орто кылымдарда байыркы түрктөрдүн ж-а кыргыздардын көрүс-төндөрүнө адамдын түспөлү чегилип орнотулган таш; 2. эгин басууда колдонулуучу тегерек (узунча келген) таштан жасалган тоголок кырдуу курал.

**МОМУН** Шамурзак уулу, А б д ы м о м у н – 1873–74-ж. *Кокон хандыгына* каршы чыккан көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири. Кокон ордосундагы беделдүү, таасирдүү инсан болгон. Өз мезгилинде Алымкулдун жардамы м-н «аталык» даражасына жеткен. 1865-ж. Ташкен Россияга каратылгандан кийин ал Кудаярдын кызматына кирүүдөн баш тартып, курама элинде жашап турган. Ал *Полот хандын* башкы кеңешчиси ж-а кол башчысы катары олуттуу роль ойногон. 1875-ж. октябрда Полот хан Коконду ээлеп, кыска мөөнөттө хандык жүргүзгөн мезгилде, Абдымомун бир катар кыргыз бийлери м-н бирге Полот хандын жакын жан жөкөрү ж-а пикирдеши болгон. Полот хан админ. башкарууда Абдымомунга ишеним көрсөтүп, өзүнүн 1-наиби ж-а кол башчысы кылып дайындаган. 1876-ж. 8-февралда Кокон ш. *Скобелев* тарабынан каратылганда, бир кезекте көтөрүлүшкө жетекчилик кылууга Исхакка жолдомо берип, далай эрдик көрсөткөн курамалык кыргыз Абдымомун да туткундалган. Абдымомун, Батыр төрө баштаган көтөрүлүштүн жетекчилери март-апрель айларында Кожентке, андан ары Ташкенге айдалган. М-дун андан аркы тагдыры белгисиз.

**МОҢГОЛДОР –** алтай тил түркүмүнө кирүүчү моңгол тилдеринде сүйлөгөн халха, ойрот, басан, дунсян, даур, барга, моңгол, бурят, калмак ж. б. элдердин жалпы аты. Чыгыш Азиядагы байыркы дунху, сяньби, хи, шивей элдери М-дун ата-бабалары болуп эсептелет. «Моңгол» этноними алгач кытайлык даректерде (8–10-к.) мэн-гу, мэн-ва, мэн-гү-ли болуп кезигет. 13-к-дын башында Чыңгыз хан бирдиктүү Моңгол мамл-ин негиздеген. 13-к-дан уйгур жазмасына негизделген улуттук жазманы колдонушкан. 15-к-дын башында батыш ж-а чыгыш М. болуп бөлүнгөн. 16-к-да чыгыш М. түн-дүк ж-а түштүк топторго бөлүнгөн. Түндүк М. азыркы Моңголия аймагында, түндүк М. азыркы Кытайдын ички Моңголия ай-магында жашашат. Батыш М. – ойроттор 16-к-да Ойрот (Жуңгар) хандыгын түзгөн. М. байыртадан бери кыргыздар м-н карым-катнашта болуп келишкен. Динге ишенгендери ламаизм динин тутушат.

**МОҢОЛДОР –** оң канат уруулук бирикмесинин бир бутагын түзгөн уруу. Санжыра б-ча М. уруусунун түпкү атасы – Баакы бий. Эл ичинде М. журттун уюткусу деп да айтылат. 16-к-дын башында кыргыздардын эт-ностук курамы турукташып, бирдиктүү эл катары калыптануу процесси аяктаган. Кыргыз элинин курамына Моголстандын түрк ж-а моңгол тектүү уруулары, а.и. М. да этностук компонент катары кирген.

**МӨДӨН КЫРГЫЗ** – Түштүк Сибирдин, Моңголиянын аймагындагы кыргыз урууларынын бири. Азыр алар өз тилин жоготуп, халха-моңголдордун курамына сиңип кетишкен. Айрым адабияттарда «кыргыз», «бурут» уруулары кирген Түндүк-Батыш Моңголияда этностук топтор (дөрбөн, мингат ж.б.) «уранхайлар» деген ат м-н да белгилүү. Мадян (моңг. – тува «мөдө») – моңгол, тува тилдеринде «сымал», «сыңары». «окшош» маанилерин туюнтат. М. к. – «кыргыз өңдүү», «кыргызга окшош» дегенди түшүндүрөт. Ушул эле аймакта «хара хыргыс», «шера хырхыс», «хасха хырхыс» ж.б. уруу-уруктар бар экендиги маалым.

**МУГХАНА –** таштан узата салынган, үстү кумпалуу же жалпак жабылган, эшиги тар күмбөз (б. з. ч. 2-к. – б. з. 6–7-к). Бир үй-бүлөнүн мүчөлөрү коюлган. Дубалдарынын көлөмү, тургузулушу ж-а саны б-ча айырмаланат. Фергана өрөөнүнүн түндүк-батыш бөлүгүндө, Карамазар ж-а Чаткал кырка тоолорунун өрөөндөрүндө кездешет. Бул жерлерде 200дөн ашык М. казылган. Алар чала көчмөн тоолук малчыларга таандык. Бул урууларды эфталиттер м-н байланыштырышат. Алабука р-нундагы М-ларды 1951-ж. А. К. Кибиров, 1955 ж-а 1974-ж. Ю. А. Заднепровский изилдешкен. Терексай шаарчасына жакын, Ортотокой кыштагында Касансай суусунун оң өйүзүндө Чычырканак дөбө мүрзөлөрүнөн да М-лар табылган. Түндүк чыгыштагы эң четки М-лар тобу Пачата суусунун (Аксы р-ну) жогорку бөлү-гүндө кезигет. Казылган М-лар б.з. 1-к-на таандык.

**«МУЖМАЛ АТ-ТАВАРИХ ВА-Л-КЫСАС»,** «Т а р ы х т а р д ы н  ж а н а  аңгемелердин  ж ы й н а г ы» («Свод историй и рассказов») – 1126-ж. жазылган фарсы тилиндеги тарыхый эмгек. Автору белгисиз. Бул эмгекти ирандык тарыхчы Бехар 1939–40-ж. Тегеран ш-нда жарыялаган. Эмгекте түрк элдери тууралуу маалыматтар да камтылып, кыргыздар «кыркыз» болуп берилген. Чигилдердин башкаруучусу, Барскан ш-нын бийлөөчүсү «тебин» титулун алгандыгы тууралуу да айтылат.

**МУЗООКЕ** Жаманкара уулу (1802–1878) – манасчы, акын, комузчу. Улуу акын *Тоголок Молдонун* (Байымбет Абдрахманов) чоң атасы. М. өз мезгилинде элге кеңири белгилүү болгон «Музоокенин муңдуу күү», «Казбайыр» (жердин аты), «Күкүк-Зейнеп», «Керме тоо», «Коңур каз» сыяктуу комуз күүлөрүнүн автору. Өмүрүндөгү кайгылуу мезгилди баяндаган «Музоокенин муңдуу күү» деп аталган күүсү классикалык күү болуп саналат.

**МУКАДДАСИ** Шамсидин Абу Абдаллах (946–1000) – араб географы, тарыхчысы ж-а саякатчы. М. чыгыштын көп өлкөлөрүн кыдырып чыккан. Чыг-нда Жейхани, ибн Хордадбек, Фатихтин эмгектерин да пайдаланган. Негизги китеби «Ахсан ат-такасим» же «Өлкөнү билүүнүн жолдору». Орто Азиянын ар бир шаары, айыл-кыштактарына чейин сүрөттөп, алардагы мектептер, мечиттер, базарлар, элдердин кесиби, тили, үрп-адаты тууралуу маалыматтарды калтырган. Кыргыздар ж-а алардын жашаган аймактары ж-дөгү баяндамалары өтө кызыктуу. М-нин пикири б-ча, Өзгөн ж-а Хайлам ш-лары Фергана өрөөнүндө жайгашып, анда кыргыздар жашаган. Ош, Куба-Неси, Мискан, Жидгил (Чаткал), Насрабад, Чүл (Жиль), Барскан, Аблах, Жамукет, Шелжи, Текабет, Кулан (Куланак) Орду, Баласагын ж. б. шаар, айыл-кыштактар ж-дө да жазып, алардын негизги калкы кыргыздар экендигин эскерет. 11–12-к-дагы араб окумуштууларынан айырмаланып, М-нин эмгектеринде, айрыкча геогр. б-ча баалуу маалыматтар, кеңири баяндамалар бар. Анын чыг. француз, орус ж.б. тилдерине которулган.

**МУКАМБАЕВ** Усуп (1941-ж.т., Ысыккөл облусу, Аксуу р-ну, Жолголот айылы) – коомдук, мамл. ишмер. Кыргыз Респ-нын Жогорку кеңешинин Мыйзам чыгаруу жы-йынынын төрагасы (1996). 1968-ж. КМУнун юридика факультетин бүтүргөн. Талас, Ош облустарынын мамл.коопсуздук комитетинин башкармалыктарында начальник, мамл. коопсуздук комитетинин төрагасынын орунбасары, 1-орунбасары (1968–90), Кыргыз Респ-нын юстиция министри, юстициянын 2-класстагы мамл. кеңешчиси (1991–93), Кыргыз Респ-нын Кечирим берүү комис-сиясынын төрагасы (1995) болуп иштеген. Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган. СССР мамл. коопсуздук комитетинин ардактуу кызматкери.

**МУКАННА КӨТӨРҮЛҮШҮ –** 776–783-ж. Орто Азияда араб бийлигине ж-а жергиликтүү феодалдарга каршы чыккан элдик көтөрүлүш. Жетекчиси Хашим ибн-Хаким, ылакап аты Муканна (арабча – чүмбөттүү). Аны айрымдары кир жуугуч десе, башкасы кийиз баскыч деп жазат. Муканна элди Аббасилерге (Араб халифтиги) каршы көтөрүлүшкө чакырган. Аны камакка алышып, Багдад түрмөсүндө отургузушкан, бирок андан качып

чыгып, Орто Азияга кайтып келген. Мервде Аббасилерге наараз болгондорду топтойт, аны жактагандардын саны өскөн. Тарыхчы Наршахинин маалыматы б-ча Согдуда да көптөгөн айыл-кыштактардын калкы исламды таштап, Муканнанын окуусуна өтөт. Муканна «кудайдын атынан сүйлөп жатам, мага бардыгыңар баш ийишиңер керек» деп жарыялаган. Өзүн колдогондорго аларды бейишке чыгарууну убада кылган, каршы болгондорду тозокко салам деп коркуткан. Акырындык м-н көтөрүлүшчүлөр Бухара аймагынын айрым жерлерин ээлешген. Бухаранын жанындагы Наршах кыштагы көтөрүлүштүн борборуна айланган. Айыл башкаруучусу да Муканна тарапка өткөн. 776-ж. бул жерде алгачкы жолу Араб халифтигининин аскерлери м-н кагылышуу болуп, көтөрүлүшчүлөр 700гө жакын адамынан ажырап, жеңилип калышат. Халифтиктин аскер башчысы көтөрүлүш-чүлөрдүн жол башчылары м-н көтөрүлүштү токтотуу ж-дө сүйлөшүүгө аракет кылат, бирок ошол эле жылы Наршахта кайрадан көтөрүлүш чыгат. Өкмөт аскерлери Наршахты төрт ай бою камалашкан. Көтөрүлүш-чүлөр өз эрки м-н багынбай тургандыгына көзү жеткенден кийин камалоочулар башкы дубал мунараларынын биринин астын билгизбей казып кулатышкан. Көтөрүлүшчүлөр аскерлердин кысымына туруштук бере алган эмес. Наршах башкаруучусу ж-а көтөрүлүш-түн жол башчылары өлтүрүлгөн. Тирүү калгандары Муканнага качып барышкан. Бул кезде Муканна көтөрүлүштүн негизги борборунун бири болуп калган Кашкадарыя өрөөнүндө эле. Көтөрүлүштүн башталышында айрым жергиликтүү феодалдар да Муканнаны колдогон. Бирок алар Наршахтагы жеңилүүдөн кийин өкмөт аскери тарапка өтүп кетишкен. Эмир көп сандаган аскер чогулткан. Анын жарымын букаралык дыйкандар кошууну түзөт. Аларга 3 миңден ашык кол өнөрчүлөр курал-жарак, таш ыргытуучу машиналарды жасоо м-н кызмат көрсөткөн. 778-ж. Самаркан алынганда, көтөрүлүштүн борбору Санамга көчкөн. Халифтиктин аскерлери бул шаарды 4 жыл камоого алган. Көтөрүлүшчүлөр тышкы дүйнө м-н байланышы үзүлгөн шаарды туруктуулук м-н коргошкон. Көтөрүлүшчүлөр жеңилип, 783-ж. шаар кулаган. Муканна өз жанын өзү кыйган. Бирок, Муканнанын жактоочулары көпкө чейин элди Аббасилердин үстөмдүгүнө каршы күрөшкө чакырып турушкан.

**«МУЛХАКАТ АС-СУРАХ»,** «А с – С у р а х э м г е г и н е к о ш у м ч а л а р» – тарыхчы-илимпоз Жамал Каршинин араб тилинде жазган эмгеги. «М. а.-С.» лингвистикалык эмгекке кошумча иретинде жазылып, тарыхый биографиялык ж-а тарыхый-адабий негизде иштелген. Бул эмгекте Теңиртоодогу Караханийлер доорунун ж-а андан кийинки мезгилдин (10–13-к.) тарыхы үчүн бир катар оригиналдуу маалыматтар камтылган. Бул китептеги айрым маалыматтар 11-к-да Теңиртоодо жашаган тарыхчы ал-Алмайинин бизге жетпей калган «Кашкардын тары-хы» чыг-нан алынган. Азыркы мезгилде «М. а.-С-тын» эки кол жазмасы белгилүү (экөө тең Санкт-Петербургда).

**МУРАД ХАН** (1805–1844) – Кокон ханы, Алим хандын уулу. 1844-ж. декабрда Ше-раалы хандын ордуна жети (же он бир) күн-гө отурган. Анын тарабында Рахматулла датка ж-а алайлык кыргыздар турган. Мусулманкул М. х-дын 200 кыргыз аскерин жеңип, өзүн өлтүрүп, такка 14 жашар Ку-даяр ханды отургузган.

**МУРАЛИЕВ** Амангелди Мурсадыкович (1947-ж. т., Чүй облусу, Панфилов р-ну, Кумарык айылы) – мамл., коомдук ишмер. Кырг. Респ-нын Премьер министри (1999–2000). Карабалта тамак-аш техникумун (1967), ФПИни (1976) бүтүргөн. 1966–70-ж. Карабалта кант комбинатында слесарь, мастер, 1970–73-ж. Бишкек электр-вакуум машиналарын куруу тажрыйба заводунда инженер-конструктор, 1973–76-ж. тоют жыйноочу техникалар б-ча мамл. адистештирилген конструктордук бюродо жетектөөчү конструктор, 1976–78-ж. Бишкек шаардык парткомунун инструктору, 1978–82-ж. оор электр машиналарын куруу заводунда башкы инженер, директор,1982–88-ж. «Кыргызавтомаш» өндүрүш бирикмесинин башкы директору, 1988–91-ж. Бишкек шаардык эл депутаттар кеңешинин аткомунун төрагасы, 1991–92-ж. Кыргыз Респ-нын мамл. катчысы, экон. б-ча мамл. комитетинин төрагасы, 1992–93-ж. экон. ж-а финансы министри, 1993-жылдан Кыргызстан өндүрүшчүлөр ж-а ишкер адамдар союзунун президенти. 1985–92-ж. ж-а 1993-жылдан Кыргыз Респ-нын депутаты. 1994-ж. Мамл. мүлк фондунун төрагасы, 1996–99-ж. Ош облусунун губернатору, 2001-жылдан баалуу кагаздар б-ча мамл. фондунун төрагасы, «Биримдик» саясий партиясынын төрагасы.

**МУРАТААЛЫ** Күрөңкөй уулу (1860, Жетисуу облусу, Каракол уезди, Талдыбулак айы-лы –1949, Кемин р-ну, Карадөбө айылы) – залкар комузчу, кыл кыякчы, чоорчу. Кыргыз ССР эл артисти (1939). Ата-бабасы өнөрпоз адамдар болгон. М. 15 жашынан эл аралап, жыйындарда комуз черткен. 1922-ж. Караколдо комузчулар ийримин жетектеген. 68 жашында Бишкекке чакырылып, 1928–36-ж. Кыргыз театрында музыкачы болуп иштеген. 1936-ж. Кыргыз филармониясынын эл аспаптар оркестринде кыл кыякта ойногон. 1939-ж. Кыргыз искусствосунун Москвада өткөн он күндүгүнө катышкан. М. черткен ж-а чыгарган күүлөр тарыхый, турмуштук ж-а обондуу күүлөргө бөлүнгөн. Турмуштук күүлөрдөн «Түнкү күзөт», «Кечки жайлоодо», «Ак токту», эпикалык тарыхый чыгармалардан «Ак кочкор каңкы», «Мендирман», «Акимкан», обондуу күүлөрдөн «Шырылдаң», «Бекбекей», «Бешик ыры», «Селкинчек», «Кошок» ж. б. черткен. «Ботой», «Кербез», «Камбаркан», «Шыңгырамалардын» ондогон классикалык үлгүсүн чыгарган. Домбрада да ойной билген. М. терме, насыят ырларды ырдап, «Кыз Дарыйка», «Алпамыш баатыр» деген дастандарды, «Залзал», «Зоркуш» өндүү жомокторду айткан. Бишкекте анын ысымы көчө, музыкалык-хореографиялык окуу жайына берилген. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

**МУРДАШБАШЫ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨРҮ** – коло дооруна ж-а орто кылымга таандык археол. эстелик. Алай кырка тоосунда, Үчдөбө айылынан 20 *км* түн-дүктө жайгашкан. Анда дөңгөлөктөр, тоо эчкилер,

күн түспөлдөш белгилер, төөлөр ж-а колдорун жогору көтөрүп, ритуалдык бий аткарган адамдардын сүрөттөрү тартылган. Аска бетиндеги сүрөттөрдөн эрте көчмөндөрдүн көркөм искусствосуна мүнөздүү илбирс сыяктуу чоң жырткычтын сөлөкөтү көркөм чеберчиликте белгиленген. Кыргыз тарыхчылар жамааты м-н Түрк тарых курумунун биргелешкен археол. экспедициясы тарабынан 2000-ж. изилденген.

**МУСА** Баетов (1902, Акталаа р-ну, Байгөн-чөк айылы – 1949, Бишкек) – ырчы, обончу, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1939). 1931–34-ж. Нарын ш-дык радиосунда, 1936-жылдан Кыргыз мамл. филармониясында, 1942-жылдан Кыргыз опера театрында солист болуп иштеген. Мукам үнү м-н элдик ырларды («Сарыой», «Арпанын Алатоосунан», «Жароокер», «Акзыйнат») аткарган. Жөнөкөй элдик аткаруучудан профессионал опералык ырчыга чейин өсүп, «Манас» операсында Алмамбет м-н Сыргактын, «Ай-чүрөктө» Күлчоронун партияларын ырдаган. Таланттуу обончу да болгон. Алгачкы обондору («Даанышман», «Ойгоном») элдик ырлардын духунда жаралса, кийинки обондоруна («Эр Панфилов», «Майданга чыкты маршалдар», «Туткун ыры» ж. б.) профес-сионал музыканын таасири тийгени байкалат. «Окудум борбор шаарынан», «Сагынам», «Кыздар ай», «Алма алам» деген ырлары өзгөчө эмоциялуу кудуретке, көркөм-дүк сапатка ээ. М. комузда, домбрада, гармондо жакшы ойной билген, ырларын ошол аспаптардын коштоосу м-н аткарган. Кыргыздын муз. фольклорун жакшы билип, жыйноочулар А. В. Затаевичке, В. С. Виноградовго элдик обондор ж-дө маалымат берген. М. 1944-ж. Орто Азия ж-а Казакстан ырчыларынын конкурсуна катышып, биринчи байге алган. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган. Акталаа р-нунун борборуна, туулган айылындагы мектепке, Бишкек ш-нын бир көчөсүнө М-нын ысмы коюлган.

**МУСА** ибн Сатук Буура хан, Б а й т а ш – Караханийлер мамл-нин экинчи каганы. Атасы Сатук өлгөндөн кийин такка олтурган (955-ж.); 960-ж. ислам динин мамл. дин катары жарыялаган.

**МУСАБАЕВ** Хаким (туулган жылы белгисиз – 1920, Нарын ш.) – Нарында Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышкандардан. Падышалык армияда кызмат өтөп, 1917-ж-дын аягында Нарынга келген. Ал баштаган большевиктер Нарында 1918-ж. 3-апрелде Совет бийлигин орноткон, 8-апрелде Нарында өткөн Солдат ж-а мусулман депутаттар советинин съездине жетекчилик кылган. 1919-жылдан РКП(б)нин Нарын уезддик шааркомунун төрагасы болуп иштеген. Контрреволюциячыл козголоңчулар тарабынан өлтүрүлгөн.

**МУСТЬЕ ДООРУ** – *палеолиттин* эң акыркы мезгили. Б. з. ч. 150–120-миң–40–35-миң жылдыктарда өкүм сүргөн. Бул доорду «ортоңку палеолит» деп да аташат. Доордун аталышы 19-к-дын орто ченинде Францияда ачылган Ле-Мустье үңкүрүнүн аты м-н байланыштуу. Олдувай, ашель доорлоруна салыштырмалуу мустье эстеликтери Евра-зиянын көп жерлеринде кездешет. Куралдар ар кандай эмгек процессине ылайыкташтырылып жасалган. Мис., кыргыч сымал куралдар м-н аңчылыкта өлтүрүлгөн жаныбарлардын этин кесүүгө ж-а терисин иштетүүгө мүмкүн болгон. Башы учтуу куралдар сайуу, кесүү үчүн пайдаланылып, канжар, бычак катары колдонулган. Таш куралдары жыгачты ж-а сөөктү иштетүү үчүн пайдаланылган. Аңчылык жашоонун негизги булагы болгон. Аңчылык куралдары төмөнкү деңгээлде болсо да палеоантропторду курчап турган жаныбарлардын молдугу, мергенчилик кылуунун натыйжалуулугу алардын жанын багууга мүмкүнчүлүк берген. Өсүмдүктөр байыркы адамдардын тамактануусунда маанилүү орунду ээлегендиктен, жыйноочулук өз маанисин жоготкон эмес. Бирге жашап, топ-тобу м-н азык табуу палеоантропторДун социалдык бирикмесинин кыйла өнүгүшүнө алып келген. Белгилүү деңгээлде эмгекти жынысына, жашына жараша бөлүштүрүүнүн тартиби болгон. Мындай социалдык бирикме уруулук түзүлүштүн калыптанышына негиз түзгөн. М. д-нда өлгөн адамга өзгөчө мамиленин, көмүүнүн атайын жөрөлгөлөрүнүн калыптанышы келечекте жалпы адамзат маданиятынын өнүгүшүнө жаңы сапаттуу баскыч болгон. Мындай жаңы көзкараштын өнүгүшү коомдук мамиленин андан ары татаалданышына гана эмес, палеоантропторДун ичиндеги жаңы социалдык байланыштын келип чыгышына түрткү болгон. Евразия чөлкөмүндө 60тан ашуун палеоантропторДун сөөк калдыктары антропологиялык жактан толук изилденген. Алар баш сөөгүнүн түзүлүшү жагынан азыркы адамдардан жантайма чекеси, көзүнүн үстүндөгү дөңсөөлөрү, көлөм-дүү ээги ж-а тиштеринин чоңдугу м-н айырмаланган. Сөөктүүлүгүнө караганда шамдагай ж-а күчтүү болушкан. Алардын мээсинин тиричилик ж-а сүйлөө үчүн маанилүү болгон бөлүгү өнүккөн. Кыргызстандагы М. д-на таандык эстеликтер – Тосор, Георгиевка дөңсөөсү, Капчыгай, Юрташсай ж. б.

**«МУСУЛМАН ЖУМУШЧУЛАР МЕНЕН ЧАЙРЫКЕРЛЕР СОЮЗУ»** – Февраль революциясы жеңгенден кийин Ош уездинде жергиликтүү жумушчулар м-н айылдык кедейлерден түзүлгөн уюм. Союз 1917-ж. жа-йында түзүлүп, 21-августта мусулман депутаттар совети шайланган (төрагасы Юсуф Алиев). 31-августта ал Ош жумушчу ж-а солдат депутаттар совети м-н бириккен. Кийинчерээк бул уюм Кыргызстанда Совет бийлигинин орношуна зор салым кошкон.

**МУСУЛМАНКУЛ** (1794–1852) – Кокон хандыгындагы кыргыз м-н кыпчактардын таасирдүү төбөлү, хандыкта аталык. Ан-жияндык кыпчактардан чыккан. М. кетментөбөлүк кыргыздардын жээни, ошол эле учурда күйөө баласы да болгондуктан аны кыргыз төбөлдөрүнүн бир тобу жактаган. 1843-ж. М. м-н Шады датканын ордодогу кутумунун натыйжасында айтылуу *Нүзүп бий* өлтүрүлүп, *Шераалы хандын* бийлигин М. иш жүзүндө өз колуна топтогон. Алайлык кыргыз төбөлдөрү М-дан бийликти тартып алыш максатында Шераалыны өлтүрүп, такка Алим хандын уулу Шах-Мурадды отургузушкан. Жети (же 11) күн өтпөй М. аны кулатып, Шераалынын *Жаркынайымдан* төрөлгөн тун уулу 14 жаштагы Кудаярды хан көтөрүп (бул окуя 1845-

ж. болгон), өзүн аталык жарыялап, мамл-теги бийликти толук колуна алган. 1844–53-ж. М. баштаган кыргыз-кыпчак төбөлдөрүнүн бийлик талашуу күрөштөрүнүн натыйжасында Түндүк Кыргызстанда Кокон бийлигин чыңоо, орус баскынчылыгына каршы туруу маселелери экинчи орунда калган. Мындай абал Россиянын Кыргызстанды каратышына кыйла жеңилдик түзгөн. М-дун бийлигине каршы алайлык *Алымбек датка* баштаган кыргыздар гана эмес, ошол кездеги Ташкендин кушбеги Нармамбет кыпчак да оппозицияда болгон. 1850–51-ж. Нармамбет ташкендик казак, таластык, чүйлүк кыргыздардын бий-манаптарын колго алуу м-н абалын бекемдеп, М-га ачык каршы чыккан. Аны ордодо да бир топ өзбек, кыргыз, а түгүл кыпчак феодалдары колдошкон. М-дун күчтөрү м-н анын каршылаштарынын чечүүчү салгылашуусу Фергана өрөөнүнүн түндүк-чыгыш жагындагы (Анжиян м-н Балыкчынын аралыгында) Былкыллама деген жерде 1852-ж. күз айларында болгон. Бул салгылашууда эки тараптан бир нече миңден адам өлүп, ал Кокон тарыхындагы кандуу кагылышуулардын ирилеринин бири болуп эсептелет. Бул оор салгылашуу *Ку-даяр хан* өзү баштаган күчтөрдүн кыпчактарды жеңиши м-н аяктап, М-га нааразы кыпчак феодалдары аны ханга кармап беришкен. Кудаяр хан М-ду дарга астырып, Кокондогу гана эмес, бүтүндөй Фергана өрөөнүндөгү кыпчак калкын тукум курут кылууга буйрук берген. Натыйжада, 1851–52-ж. Фергана өрөөнү б-ча 20000ден ашуун кыпчак кырылганын изилдөөлөр ырастайт, к. *Кыпчак кыргыны* макаласын.

**МУСУЛМАНКУЛОВ** Молдобасан [1883, Нарын уезди, Куртка болушу (азыркы Нарын облусу, Акталаа р-ну, Терек кыштагы)–1961, Бишкек] – кыргыз акыны, манасчы, комузчу ж-а кыякчы. Кыргыз ССР эл артисти (1935). Молдобасан 17 жашынан элдик ырларды үйрөнүп, өзүнчө ыр чыгарып, аны күүгө салып, айыл ичинде ырдай баштаган. Мукам үнү, аткаруучулук чеберчилиги анын атын эл арасына таланттуу ырчы катары тааныткан. 1933–52-ж. Т. Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясында ырчы болуп иштеген. Соц. турмушту ж-а сов. патрио-тизмди даңазалаган «Ыр жыйнагы» жарыкка чыккан (1962). Андан «Салтанат» дастаны, «Күлбара менен Асан», «Осмон баатыр» жомоктору, «Жаныш-Байыш», «Кедейкан» дастандары, «Курманбек», «Жаңыл Мырза», «Манас», «Семетей» эпостору жазылып алынган. Эмгек Кызыл Туу, 2 Ардак Белгиси ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**МУХАММЕД** (570-ж. чен – 632) – пайгамбар, ислам динин негиздөөчү ж-а таратуучу. Мусулмандар аны «расулулла» («Алла тааланын элчиси»), хатаму-и-набийин («пайгамбарлардын мөөрү»), б.а. акыркы ж-а башкы пайгамбар деп эсептешет. М. төрөлө электе атасы Абдулла, алтыга келгенде энеси Амина дүйнөдөн кайткан. Ал сегизге чыкканда чоң атасы Абу-ал-Муталлиб да каза болуп, М-ди аталаш агасы Абу Талиб багып алган. Он эки жашынан Абу Талибди ээрчип, анын соода иштери б-ча алыскы Жер ортолук деңиз (Сирия) тарапка каттап турган; иудаизм, христиан ж.б. диндер м-н таанышкан. 21 жашында айткан сөздөрү ж-а жасаган иштеринин тазалыгы үчүн «амин» («ишенимдүү адам») деген кадыр-баркка жетишкен. Абу Талибдин сунушу м-н Хадича деген жесир бай аялга кызматчы болуп орношкон. Дагы бир ирет соода иштери б-ча Шамга (Сирия) барып келгенден кийин жалгыз кудайды даңазалаган диний окуу ж-дө ой көңүлүнө топтоло берет. 595-ж. Хадичага үйлөнгөн. Кырк жаштагы Хадича буга чейин эки жолу турмушка чыккан ж-а эки уул, бир кызы бар эле. Хадича жаш күйөөсүнүн пайгамбарлык максатына өзү да терең ишенген. Хадича м-н жашагандан ки-йинки 25 жылда М. башка аялга үйлөнгөн эмес, Хадича дагы эки уул, төрт кыз төрөгөн; булардын ичинен эң кичүү кызы Фатима гана көпкө жашап, алардын тукумун уланткан. Кырк жашка келгенде Мухаммед Меке ш-нын жанындагы Хира үңкүрүндө периштеге «жолугат», андан Алла-тааланын сөзүн – «куранды адамдарга окуп, айтуу» буйругун угат. Ошондон тартып ал өзүн пайгамбар жарыялап, 610–622-ж. жакындарынын, айрыкча Хадичанын колдоосу м-н эски бутпарастык ишенимдерди танып, ага кудурети күчтүү жалгыз кудай Алла-таала жөнүн-дөгү окууну каршы койгон. 622-ж. 26-июлда Мекеден Мединага (мурдагы Йасриб ш.) убактылуу көчүүгө мажбур болгон. 630–631-ж. Меке, кийинчерээк Аравиянын бир кыйла аймактарында жашагандар мусулман динин – исламды тута башташкан.

**МУХАММЕД КЫРГЫЗ** (санжырада Тагай бий) – 16-к-дын башында Теңиртоодогу кыргыз урууларынын бирикмесинин башкаруучусу. Ал башкарган аймак «кыргыз улусу» деп аталып, М. К. бек (эмир) титулуна ээ болгон. 1514-ж. могол ханы Султан Саид-ге Кашкарды, Жаркенди ж-а Хотанды каратууга жардам берет. М. К-дын кошууну Түркстан, Ташкен, Сайрам, Анжиян, Аксы ж. б. жерлерге чейин жеткен. Түрк-стан ш-н басып алганда, өзбек канзаадасы, Шейбани хандын аталаш жакын тууганы Абдулланы туткунга түшүрүп алган, бирок аны сый-тартуу м-н коё берген. Бул могол ханы Султан Саид үчүн шылтоо болуп, ал Кыргыз улусун кайрадан басып алуу үчүн 1517-ж. жортуулга аттанат. Ысыккөлдүн Барс-кон деген жеринде катуу салгылашууда М. К-дын колу жеңилүүгө учурап, өзү туткунга алынат. Кыргыздарды көзкарандылыкта кармоону көздөгөн Султан Саид М. К-ды 5 жыл Кашкарда түрмөдө кармаган. 1522-ж. бошотуп, аны «кыргыздардын эмири» катары кайрадан тааныйт. М. К. келери м-н моголдорго каршы күрөшкө тымызын даярдык көрүп, 1524-ж. казактардын султаны Тахир м-н ымала түзөт. Бул Султан Саидге билинип калып, М. К-ды кайрадан туткундап, Кашкарга алып барат. Ал 1533-ж-га чейин Кашкарда түрмөдө отуруп, каза табат.

**МУХАММЕД САДЫК КАШГАРИ** (1740–1849) – уйгур тарыхчысы, адабиятчысы, акыны ж-а ойчулу. Ар кыл жанрдагы 18ден ашуун эмгек жазган. Анын «Адаб ас-саалихиин» («Адал өрнөк адамдардын адеби») китеби Орто Азиядагы медреселерде окуу куралы катары колдонулган. Ал *Табаринин* ж-а Мырза Мухаммед Хайдардын тарыхый эмгектерин уйгур тилине которгон. 1768–69-ж. уйгур тилинде жазган «Тазкира-йи

хожаган» («Кожолордун өмүр баяны») эмгегинде кашкарлык кожолордун ж-а кыргыздардын 17–18-к-дын 60-жылдарына чейинки тарыхын чагылдырган. «Тазкира-и азизан» («Азиз инсандардын баяны») деген да эмгеги бар.

**МУХАММЕД ХАЙДАР,** М ы р з а М у х а м м е д Х а й д а р (1499–1551) – тарыхчы. Моголстан м-н Чыгыш Түркстанда-гы мамл. ишмер. Ташкенде туулган; моголдордун дуулат уруусунан чыккан. Анын атасы Мухаммед Хусейн Көрөгөн (Гураган) могол ханы Султан Махмудга (1487–1508) баш ийген Ортотөбө аймагын башкарган. М. Х. 1509-жылдан Кабул ш-нда Султан Бабурдун сарайында турган. Үч жылдан ки-йин кайра Анжиянга могол ханы Султан Саидге (1514–1533) келип, ал өлгөнгө чейин кызмат кылган. Хандын мурасчысы Абд ар-Рашиддин тарбиячысы болгон ж-а Бадакшан, Кафирстан, Тибетке жасалган жор-туулдарга катышкан. Абд ар-Рашид (1533–1570) тактыга отургандан кийин дуулат уругуна кысым көрсөтө баштагандыктан, М. Х. Бадакшанга, андан Лахорго өтүп, Бабурдун уулу Камран мырзага келип кызмат кылган. 1539–40-ж. Агра ш-на келип, Хумаюнга (1530–1556) кызматка орношкон; анын жардамы м-н 1541-ж. Кашмирди басып алып, Бабурлардын (Улуу Моголдордун) атынан бул аймакты бийлеп турган. 1551-ж. Каш-мирде тоолук уруулар м-н болгон урушта өлгөн. 1541–47-ж. фарсы тилинде «Тарих-и Рашиди» эмгегин жазган. Бул эмгек эки бө-лүмдөн («дептерден») турат, биринчи «дептерде» Моголстан м-н Кашкардын 1538-жылга чейинки саясий тарыхы, экинчи «дептерде» автордун эскерүүлөрү камтылган. Кыргыздарды М. Х. «Моголстан токойлорунун арстандары» деп атап, Моголстандагы саясий күрөшкө кыргыздардын катышкандыгы ж-а алардын жетишкен ийгиликтери ж-дө баяндап кеткен.

**МУХАММЕД** Ху Чженьхуа (1931-ж. т., Кытай Эл Респ., Шандунь провинциясы, Шищдао ш.) – тарых ил-нин доктору, проф., Кыргыз Респ-нын УИАнын ардактуу академиги (1999). Кытайдагы Шандунь ун-тин (1951), Нанжиш чыгыш тилдер ин-тун (1953), Пекин борб. улуттук ун-тин (1955) бүтүргөн. Орус, араб, уйгур, кыргыз ж. б. тилдерди мыкты билет. Кытай-түрк тилдерин үйрөнүү б-ча комитеттин төрагасынын орун басары. 1998-жылдан Пекиндеги Ислам коомунун төрагасынын орун басары, Пекин майда улуттар мамл. ун-тинин проф. Кыргыздардын тарыхын изилдөөгө зор салым кошкон. 200дөн ашык ил. эмгеги жарыкка чыккан. «Манас» эпосун кытай тилине которгон (5 китеп). Кыргыз Респ-нын 3-даражадагы Манас ордени м-н сыйланган.

**МУХАН КАГАН** – 553–572-ж. Түрк кагандыгын бийлеген каган. Бумын кагандын уулу. Агасы Кара Ысык каган өлгөндөн ки-йин (553-ж.) такка отурган. Ал жужандарды (аварларды) биротоло талкалап, түндүк жактагы Цигу (кыргыз же чик) мамл-н каратат. Көп узабай эле моңгол урууларын, түштүк-батыш тараптагы Манжурия кидандарын, Енисейдеги түрк тилдүү кыргыздарды басып алат да, Борб. Азия ж-а Түштүк Сибирдеги бийлигин биротоло бекемдейт. Анын тушунда түндүк Кытайдагы эки мамлекет: Ци ж-а Чжоу салык төлөй баштаган.

**МУХТАРОВ** Кусейин (1938-ж. т., Чүй р-ну, Кеңбулуң айылы) – опера ырчысы (бас). Кыргыз ССР эл артисти (1973), СССР эл артисти (1984). 1964-ж. П. И. Чайковский атн. Москва консерваториясын бүткөн. Ошондон бери А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында солист. Көрүнүктүү партиялары: Манас, Коңурбай, Ады, Чыңкожо ( В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере, «Манас», «Алтын кыз», «Айчүрөк» опералары), Семён, Балбай, Кулжыгач (М. Абдраев, «Токтогул», «Бороон алдында», «Олжобай менен Кишимжан» опералары), Борис Годунов (М. П. Мусоргский «Борис Годунов»), Дон Базилио (Ж. Россини «Севилдик чач тарач»), Лепорелло (В. Моцарт «Дон Жуан»), Мефистофель (А. Байто, «Мефистофель»), Мефистофель (Ш. Гуно, «Фауст»), Тейитбек (Н. Давлесов, «Курманбек») ж. б. М. опералык репертуар м-н бирге вокалдык чыг-дын классикалык үлгүлөрүн жараткан да ырчы. Дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө гастролдо болгон. Эл достугу ордени м-н сыйланган.

**МУХТАСАР ТАРЫХ-И КЫРГЫЗИЙА»,** «Кыргыздардын кыскача тарыхы» – Улуу Октябрь соц. революциясына чейинки доордогу кыргыз тарыхчыларынын бири Осмоналы Сыдык уулунун 1913-ж. Уфа ш-нда басылып чыккан китеби. Китеп кыргыз тилинде жазылган. Анда мусулман элдеринин санжыра салты сакталып, ыр ж-а кара сөз түрүндөгү кириш бөлүмдөрүнөн кийин адамзаттын санжырасы баяндалат. Алгач Адам ата, Обо энеден (Ева) баштайт. Экинчи ата катары Нух (Библияда Ной), анан Нухтун үч уулу Хам, Сам, Йафес саналып өтөт. Йафестин уулдары экиге – Арийлерге, Туранийлерге бөлүнөт. Туранийлерге Азия материгинде жашаган кытайлар, инди-кытайлар, япондор, финдер, осмондор (түркия-лыктар), татарлар, кыргыздар, казактар, калмактар, дуңгандар кирээрин жазат. Йафестин төрт уулунун эң улуусу Түрк дейт. Түрк уруулары ж-дөгү бапта түрк-моңгол көчмөн урууларынын мусулман элдери үчүн салтка айланган санжырасын берип, андан ары кыргыз урууларын санаганга өтөт. «…Кыргыз Мухаммед алейсаламдан үч миң төрт жүз жыл мурун дүйнөгө келген» – деп жазат. Бул эмгекте негизинен түндүк кыргыздардын айрым урууларынын санжырасы кеңирирээк берилген.

**МУШКЕТОВ** Иван Васильевич (1850, азыркы Волгоград облусу, Алексеев станциясы –1902, Петербург) – орус геологу ж-а географы. 1872-ж. Петербургдагы тоо ин-тун бүткөн. 1874–80-ж. Теңиртоого ж-а Сырдарыя өрөөнүнө саякат жасап, бир катар кендерди тапкан ж-а 2 томдон турган «Түрк-стан» деген эмгегин жараткан. М. өзүнүн жеке байкоолорунун, изилдөөлөрүнүн эле жыйынтыгын бербестен, Түркстанды изилдеген башка окумуштуулардын эмгектерин да пайдаланган. М. Теңиртоону изилдеген алгачкы геологдордун бири. Теңиртоо м-н Памир-Алайдын тоолуу аймактарындагы мөңгүлөрдү, тоо арасындагы өрөөндөрдү изилдеген,

кендердин жайгашкан ордун аныктаган, минералдардан, тоо тектерден, таш болуп катып калган заттардан коллекция жыйнаган. 1879-ж. Чатыркөлгө саякат жасап, немис окумуштуулары А.Гумбольд м-н Ф. Рихтфогендин Теңиртоодо жанар тоолор бар деген жалган теориясын төгүндөгөн. Теңиртоонун сейсмикасын изилдөө б-ча да көп эмгектенген. 1877–79-ж. Т. Д. Романовский м-н бирге Түркстандын биринчи геол. картасын түзгөн. Сибирдеги, Орто Азиядагы геогр. объектилер М-дун ысымы м-н аталган. Кыргызстанда Сарыжазда М. мөңгүсү бар.

**МҮНҮШКӨР –** аң ж-а илбээсин алдырыш үчүн алгыр куштарды таптоочу адам. М. алгыр кушту тор жайып, тузак тартып, кылтак салып кармайт же темир канат балапан кезинде уядан алат. Андан соң чолок ж-а узун боо тартып, томого кийгизет, туурга кондурат. Кушту адегенде узун боо м-н учуруп, табына келгенде семиртип түлөтөт. Андан кийин кушту ак жем м-н багып, бош тартылган арканга кондуруп, уктатпай арыктатат. Куш жеңил учуп ж-а конуп калганда аны аңга салат. М-лүктүн эң жетиги ж-а барктуусу – бүркүтчү. Бүркүтчү балапан бүркүттү колдон жем жегенге ж-а үндөккө келгенге үйрөтөт; туурга отуруп калганда ага томого кийгизип, узун боо тагат, аны колго конууга машыктырат; учууга жарагандан кийин чырга тартат. Түлкү, карсак сыяктуу аңдардын терисине кан бүркүлгөн этти ороп, чолок боо м-н сүйрөп жүрүп жегизет; жаш бөлтүрүк, түлкүнүн күчүгү, бөжөк сыяктуу аңдарды тирүүлөй чокутуп оозандырат. Кармалып калган бүркүткө томого салып, аны кермеге (бош тартылган арканга) кондурат; уйкудан жүдөтүп, ач кармайт. Ушундай жагдайда багылган бүркүт бир нече күндөн кийин эпке келип, жем тартат, чакырганга келе баштайт, 50–60 күндөн кийин кадимкидей аңга салынат. Аңга салынчу бүркүт табыттуу, сергек болушу керек.

**МҮЧӨЛ** – кыргыздарда адам жашын аныктоо ыкмасы. 12 жаныбардын аты м-н аталган жыл саноо б-ча бир цикл бүтүп, экинчиси башталганда М. жылы деп эсептелет. Биринчи М. 13, эки М. 25, үч мүчөл 37, төрт М. 49 жыл ж.б.

**МЫКАН СУУСУНУН БОЮНДАГЫ САЛГЫЛАШУУ,** к. *Кенесарынын чапкыны* макаласын.

**МЫРЗАБАЕВ** Артык (1930-ж. т., Кызыласкер айылы, азыркы Бишкек ш.) – опера ырчысы (баритон), Кыргыз ССР эл артисти (1962), СССР эл артисти (1967). 1954-ж. М. Күрөңкеев атн. музыкалык окуу жайын В. В. Корнеевдин классы б-ча бүтүргөн. Ошол эле жылдан Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында солист. М. кооз тембрлүү үнү бар, вокалдык техникага бай артист. Аткарган партиялары: Семетей, Токтогул (В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере «Айчүрөк», «Токтогул»), М. Фрунзе (В. Власов, «Таң атаарга бир саат калганда»), Артём (С. Ряузов, «Ак шумкар»), Онегин (П. Чайковский, Евгений Онегин), князь Игорь (А. Бородин, «Князь Игорь»), Фигаро (Ж. Россини, «Севилдик чач тарач»), Данияр (М. Раухвергер, «Жамийла»), Самүдүн (Н. Давлесов, «Аста секин колукту»). М. Даргомыжский, Глинка, Свиридов, Шостакович ж-а кыргыз композиторлорунун чыгармаларын да жакшы аткарган. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Россия, Кытай, Моңголия, Польша, Сирия, Венгрия, Канада ж. б. чет өлкөлөрдө гастролдо болгон.

# Н

**НААЛЫ ЭЖЕ** – кыргыз генеалогиялык маалыматтарында Ак уулдун Адигине ж-а Тагай аттуу уулдарынан кийинки кызы катары баяндалат. Санжырачылар мунгуш ж-а моңолдор урууларынын тегин Н. э-ден таратышат. Наал 1. ар. – така; 2. ир. – тагдырга таарынуу, кайгы-капа тартуу; моңг. – кызыл асыл таш, рубин маанисин аныктайт. Генонимдин моңгол тилиндеги маанилик чечмелениши сөздүн так түшүнүгүн берет. Буряттарда ламаизмден баш тартып, шаманчылыкка ишенүүнү жогору коюп, түндүк тарапка паана издеп качкан эки кыз ж-дө уламыштар айтылат. Онгонго (сыйынуучу касиеттүү нерсе, зат, жаныбар) хори кыздарынын бири Зулатан авгай (Зулатан таэже) же Нал (Нала) хатан эзы деп аталган. Буряттар айтылуу Нал хатан эзини – күн кудайынын эпитети катары түшүнүшөт ж-а ага сыйынышат. Генонимдин баштапкы мааниси анын Борб. Азиянын байыркы түрк-моңгол элдеринин шаман дини м-н байланышын ырастайт. Анткени, геноним бир эле учурда (кызыл) түстү, сыйынуу объектисин, күн кудайынын эпитетин чагылдырат. Мындан сырткары, кыргыздардагы Н. э., Чолпон уулу, Зуура эже ж.б. генонимдер адамзат коому басып өткөн эзелки энелик доордон (матриархаттан) да кабар берет.

**НАВОИ** Мир Алишер (1441–1501) – орто кылымдардагы өзбек акыны, ойчулу, мамл. ишмери. Чыг-н түркий ж-а фарсы тилде-ринде жазган.Түндүк Ооганстандын аймагындагы Герат ш-нда жашаган. Султан Хусейин Байкаранын вазири болгон. Анын «Сопулардын дүрбөлөңү», «Лайли менен Мажнун», «Фархад менен Ширин», «Жети саякатчы» (б. а. «Планета»), «Искендер тосмосу» сыяктуу поэмаларынан турган «Хамса» («Бешилтик») чыг-сы бар. Н-нин чыг-нда түрк элдерине тиешелүү бир катар тарыхый маалыматтар берилген.

**НАЙЗА –** саюуга ж-а ыргытууга ылайыкталган курал. Н. түз, катуу жыгачтан жасалып, учуна кош миздүү, учтуу ж-а бөрү тил кыма бекитилген. Н. аңчылыкта ж-а жоокерчиликте колдонулган. Н-нын сабы четин, кайың, арча, жаңгактан, кымасы таш, сөөк, жез, темир, болоттон жасалган. Н-нын жыгач Н., учтуу Н., бөрү тил Н., түпөктүү Н. деген түрлөрү болгон.

**НАЙМАНБАЙ** Балык уулу (1844, Талас өрөөнү – 1913, Чүй өрөөнү, Арчалы айылы) – манасчы, айтыш өнөрүндө атагы чыккан төкмө акын. Белгилүү манасчы *Балыктын* уулу. Атасы Балык 1856-ж. Чүйгө көчүп келип, Байтик манаптын чөлкөмүндө жашап калган. Н. бул аймакта өткөрүлгөн чоң аш-тойлордо жар чакырып, өз мезгилинде жашаган белгилүү акындар (Калмырза, Эсенаман, Бекназар, Жаманкул, Токтогул, Эшмамбет, Куйручук, Нурмолдо, Кара Курман) м-н беттешип айтышкандыгы ж-дө маалымат бар. Н. 16 жашынан «Манас» айта баштаган. 1923-ж. К. Мифтаков таластык Сулайман Рыскулбек уулунан эпостун Н. айткан вариантынан үзүндүлөрдү жазып алган. Анын айкели Бишкектеги «Манас» архитектуралык-скульптуралык ансамблинен орун алган.

**НАЙМАНДАР** – 9–12-к. Орхон ж-а Иртыш дарыяларын мекендеген көчмөн түрк-моңгол элдеринин бирикмеси. Кытай жазма булактарында Н. 8-к-да Байкал көлүнүн түш-түгүндө жашагандыгы баяндалат. 12-к-да Н. кубаттуу уруулук бирикме түзүшкөн. 12-к-дын аягында согуштук-саясий таасири бошоңдоп калган кыргыздарды жеңип алышкан. «Найман» моңгол-бурят тилдеринде «сегиз» дегенди түшүндүрөт. Н. А. Аристов Катун дарыясынын куймасы болгон Найма суусунун аталышынан келип чыккандыгын божомолдойт. Н. уйгур жазмасын колдонушкан. Диний ишеним жагынан Н. христиандар (несториан) болушкан. Айрым маалыматтарда моңголдор уйгур арибиндеги жазууну Н-дан кабыл алышкандыктары айтылат. 12-к-дын аягы – 13-к-дын башында ичара карама-каршылыктардан Н-дын уруулук бирикмеси начарлап, ыдырай баштаган. Чыңгыз хандын аскерлеринин кысымы астында Н. 13-к-дын башында Фергана, Жетисуу ж-а Кашкарды көздөй чегинишкен. Бул мезгилде Н-ды Таян хан, андан соң *Күчлүк хан* бийлеген. Батышты көздөй чегинген Н. Күчлүк хан ас-Сегизинин («ас-сегизи» – сегиз уруу элдин жетекчиси) жетекчилиги м-н кара кытай Гур ханына баш ийип, 1211-ж. анын тактысын тартып алган. 1218-ж. Күчлүк хан Чыңгыз хан тарабынан талкаланып, чыккынчылык м-н өлтүрүлгөн. Н. кийинки түрк тилиндеги сүйлөгөн элдердин курамына аралашып кетишкен. Ичкилик (Булгачы) уруу тобундагы ири уруулардын бири.

**НАЛИВКИН** Владимир Петрович (1852, Калуга – 1818) **–** Түркстан чөлкөмүнүн тарыхын изилдеген орус офицери, артиллерист. 1873-ж. артиллериялык окуу жайын аяктап Түркстанда, Намангандагы аскер бөлүгүндө кызмат өтөгөн, Хива ж-а Кокон хандыктарына каршы жүрүшкө катышкан. Жергиликтүү калктын тилине, турмуш-тиричилигине ж-а каада-салтына кызыгып, Наманган уездинин Нанай кыштагынан жер сатып алган ж-а бир канча жыл жашаган. Өзбек, тажик, араб тилдерин үйрөнгөн. Н. 1884-ж. ачылган орус-жергиликтүү мектебинин, 1890-жылга чейин Ташкендеги мугалимдер семинариясынын жергиликтүү тилдер б-ча окутуучусу, 1890–95-ж. Сырдарыя, Фергана ж-а Самаркан облустарындагы мусулман мектептери б-ча инспектор, Фергана облусунун губернаторунун жардамчысы, Мамл. II думанын депутаты. 1917-ж. Убактылуу өкмөттүн коалициялык комитетинин төрагасы ж-а меньшевиктердин жактоочусу. Түркстандын тарыхы, этногр-сы, ислам таануу б-ча эмгектерди ж-а сөздүктөрдү түзгөн. Аялы М. В. Наливкина м-н бирге «Фергананын отурукташкан жергиликтүү калкынын аялдарынын турмушунун очерктери» деген эмгек жазышкан. Н-дин «Кокон хандыгынын кыскача тарыхы» (Казан, 1886) аттуу эмгегинде жергиликтүү тарыхый баяндарга, уламыштарга ж-а хан ордосунун документтерине таянуу м-н хандыктын саясий тарыхын чагылдырган. Анда кыргыздардын ордодогу саясий окуяларга, Кокон хандыгына каршы элдик чыгууларга ж-а

көтөрүлүштөргө, о. эле кыргыз төбөлдө-рүнүн ордолук төңкөрүштөргө ж-а аскердик жүрүштөргө катышуусу ж-дөгү кеңири маалыматтар айтылган. Ошол эле учурда автор социалдык-экон. маселелерге көңүл бөлбөйт ж-а хандыктын негизги калкын түзгөн кыргыздарды, кыпчактарды, өзбектерди бири-бирине чаташтырган учурлар кездешет. Кокондун айрым булактарын түп нускасында колдонгондуктан, баалуу маалыматтар учурайт. Учурунда бул эмгек коомчулук тарабынан жакшы кабыл алынып, француз тилине которулган, 1899-ж. Парижде жарык көргөн.

**НАМАНГАН УЕЗДИ –** 1876–1924-ж. *Түркстан генерал-губернаторлугуна* караштуу Фергана облусундагы акимдик-аймактык бирдик.

**НАРБОТО БИЙ** (1751–1798) Коконду 1770–98-ж. бийлеген. *Эрдене бийдин* көзү өткөндөн кийин Кокондо бийлик үчүн жүргөн феодалдык күрөштөр м-н ичара чыр-чатактар Н.б-дин бийликке келишин шарттаган. Кокон ак сөөктөрү Н.б-ге тактыга отуруу сунушу м-н кайрылышканда, ал «жогорку бийликке ээ болуу өтө опурталдуу экендигин» айтып, макул болбой коёт. Акырында бардыгы ага берилгендиктерин билгизип ант беришкенден кийин гана Н.б. сунушту кабыл алган. Бирок мамл. ишмердикти ага Чуст м-н Намангандын баш ийбеген феодалдарына каршы күрөш м-н баштоого туура келген. Н.б-дин андан кийинки маанилүү иши өзүнө каршы жергиликтүү башкаруучулардын чыгууларын басуу болгон. Андан тышкары, ал Букара хандыгына номиналдуу гана баш ийген, Кожентке коңшу Жызак м-н Оротөбө чөлкөмдөрүн каратып алууга аракеттенген. Анын тушунда Кокон экон. жактан да, саясий жактан да күчтөн-гөн. Дипломатиялык сүйлөшүүлөрдө Орто Азияда Коконду Хива ж-а Бухара хандыктары м-н катар өзүнчө мамлекет катары таа-нышкан. Расмий түрдө хан титулун албаса дагы, кытайлыктар Н.б-ди хан дешкен. Хан титулун Кокондо расмий түрдө биринчи жолу Н.б-дин уулу *Алим хан* кабыл алган. Н.б. бир катар беделдүү кыпчак ж-а кыргыз феодалдарын аларга чиндерди ж-а жогорку даражалуу наамдарды, жакшы жайыттарды берүү м-н өзү тарапка тарткан. Н.б. башкарган жылдары Фергана өрөөнүндө сугат каналдары курулуп, сугат жерлердин аянты кеңейген. Анча-мынча экон. жогорулоо шаар турмушунун жанданышынан, Кытай (Кашкар), о. эле Фергананын айланасында жашаган көчмөндөр м-н сооданын өскөнүнө байланыштуу жибекчиликтин өнүгүшүнөн көрүнгөн. Н.б. кыргыздар м-н туугандык байланышта болгон, кыргыз уруу башчылары Кокон админ-нда жогорку кызмат орундарын ээлеп турушкан. Н.б-дин бир тууганы Ажыбектин (Хаджибектин) кыргыз аялынан Шераалы хан төрөлгөн.

**НАРЫН КОЗГОЛОҢУ** 1920-ж. ноябрда ак гвардиячылар, соодагерлер, бай-манаптар тарабынан уюштурулган. 1920-ж. августта Нарын ш-ндагы кызыл гвардиячылар арасында кызмат өтөгөн офицер Кирьянов, соо-дагер К. А. Бондарев Совет бийлигин ку-латуу максатында жашырын контрреволюциячыл уюм түзүп, козголоң даярдаган. Кирьянов 1920-ж. 5-ноябрда өзү башкарган бөлүк м-н Атбашыны басып алып, 6-ноябрда Нарындагы 23-полктун батальонун куралсыздандырган ж-а кызыл аскерлердин командирлерин, саясий кызматкерлерди камакка алып, уезддик-шаардык партия комитетинин төрагасы Х. Мусабаевди, уезддик саясий бюронун төрагасы С. Орозбековду өлтүрүшкөн. 11-ноябрда Нарын уездиндеги бийлик толугу м-н козголоңчулардын колуна өткөн. Н. к-н басуу үчүн 13-ноябрда Токмок ш-ндагы 2-өзгөчө полк ж-а 4-түркмөн полку жөнөтүлгөн. Алар козголоңчуларды 15-ноябрда Кочкордо, 19-ноябрда Долон ашуусунда талкалаган.

**НАСРЕДДИН ХАН,** Н а с р а д - Д и н (туул-ган жылы белгисиз – 1882) – *Кокон хандыгынын* акыркы ханы; Кудаяр хандын улуу уулу. Кокон хандыгын 1875–76-ж. бийлеп турган. Аны 1875-ж. 24-июлда Абдыракман аптабачы Коконго хан көтөрүп, анын атынан өзү башкарган. Н. х. Түркстан генерал-губернатору м-н тил табышып, атасынын элге каршы саясатын уланткан, 1875-ж. сентябрда көтөрүлүшчүлөр Н. х-ды тактан түшүрүп, *Полот ханды* такка олтургузушкан. 9-октябрда Н. х. Кокондон Кожентке качып келип, Кауфмандын алдына баш пааналаган. 1876-ж. январда гана Н. х. орус аскерлеринин жардамы м-н Кокон хандыгынын батыш бөлүгүн ж-а Кокон ш-н өзүнө кайтарган. 9-февралда Н. х-ды орус аскер бийликтери Ташкенге жөнөтүп, 15-февралда Колпаковский баштаган орус аскерлери Коконго кирген ж-а Кокон хандыгынын жоюлгандыгын жарыялаган.

**НЕВАКЕТ,** Н а в и к а т – 10–12-к-га таандык шаар. Чүй жергесинен табылган. Үйлөр төрт чарчы көлөмдө болуп, бир канча бөлмөдөн турган. Аларда кире бериш (коридор), тамак-аш бышыруучу, жашай турган ж-а чарбалык маанидеги бөлмөлөр болгондугун табылгалар ырастайт. Дубалдары пакса ж-а бышырылбаган кыштан тургузулган. Көп мезгилге чейин колдонгондуктан, айрымдары бир нече ирет оңдолуп, дубалы кайра согулуп, алды экинчи ирет бышкан кыш м-н төшөлгөн. Тамак-аш бышыруучу бөлмөдөн нан жаба турган меш, күлдүн калдыгы, малдын сөөгү, чопо идиштин сыныктары табылган. Жашай турган бөлмөлө-рүнөн карапа идиштин сыныктары, чырак, кооздук ж-а үй тиричилигине керектүү буюмдар табылган. Бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө которуп коюуга ыңгайлуу үй жылыта турган очоктор болгон. Алар диний ырым-жырымдарды аткарууга да пайдаланылган. Айрым бөлмөлөрдүн дубалдары алебастр м-н шыбалып, геометриялык фигуралар, өсүмдүк ж-а жаныбарлардын сөлө-көттөрү сымал элементтерден турган оюулар м-н кооздолгон. Ушундай эле оюуларды Орто Азиянын 10–12-к-га тиешелүү мечит, мавзолейлеринен кездештирүүгө болот. Археол. казуу учурунда ар кыл түстөгү боёк м-н боёлгон карапа ж-а айнек идиштердин сыныктарын, үй-тиричилигине керектүү шаймандар (бычак, кайчы), кооздук буюмдар (күмүш билерик, акак таштан жасалган шуру, нефрит тумарча), согуштук буюмдар (жаанын жебеси, жебе сала турган окчонтойдун илгичи), түргөш ж-а караханийлер дооруна таандык тыйындар табылган. Жез кашык ж-а айрыча (вилка), бүгүнкү күндөгү

туристтик жүрүшкө ылайыкташкан тамак ичүүчү аспап сыңары сабынын бир жагына шарнир аркылуу кашык, экинчи жагына вилка бекитилген. Айрым үйлөрдүн көлөмү, ички жасалгасы ж-а табылган баалуу буюмдарга караганда бай адамдар, жупуну үйлөрдө карапайым адамдар жашаганын болжоого болот. Үйлөр болжолу 13-к-да жашоосун токтоткон. Кийин урандыга айланган учурда, бул дөңсөөлөр мүрзө катары пайдаланылган. Кээ бир үйлөр кийин устакана катары пайдаланылганын карапа күйгүзө турган мештер, бышырылбаган идиштер көрсөтүп турат. А. Н. Бернштам, П. Н. Кожемяко тарабынан изилденген.

**НЕЖМ** – Фергана өрөөнүнүн түндүк-чыгыш бөлүгүндөгү орто кылымдарга таандык дубан ж-а шаар.

**НЕКАД** – Фергана өрөөнүндөгү орто кылымдардагы дубандардын бири. Борбору Мискан ш. болгон. Алай кырка тоосунун этегин ээлеген.

**НЕОЛИТ**, ж а ң ы т а ш д о о р у – таш доорунун аягы; б. з. ч. 6-миң жылдыктын аягынан башталып, түрдүү аймактарда ар кандай мезгилде аяктаган. Н. ташты иштетүүнүн жаңы ыкмалары (жылмалоо, бургулоо, тешүү), эмгек куралдарынын жаңы түрлөрү (балта, көзөөч, кетмен, жаргылчак, орок), чоподон жасалган идиштин, токуучулуктун, унаанын, ыйгаруучу чарбадан өндүрүүчү чарбага өтүүсү (аңчылыктан, жыйноочулуктан мал чарбалыкка ж-а жер иштетүүгө) м-н мүнөздөлөт. Дыйканчылык м-н мал чарбачылыгынын пайда болушун окумуштуулар адамзат коомундагы чоң төңкөрүш катары карап «неолит революция-сы» деп аташкан. Бул мезгилде аңчылар-дан, жыйноочулардан ж-а балык уулоочулардан алгачкы коомдун мал багуучулары, жер иштетүүчүлөрү бөлүнүп чыгат. Эмгектин жаңы бөлүнүшү байыркы элдердин ортосунда үзгүлтүксүз товар алмашууга шарт түзөт. Н. доорунда социалдык ж-а экон. жактан энелик укукка негизделген уруулар калыптанат. Бир уруу кыйла өнүгүп алдыга озсо, кээ бирлери үчүн өнүгүү өтө узак мезгилди талап кылат. Археол. маалыматтарга таянып, Н. доорундагы урууларга мүнөздүү эмгек, согуш куралдары, кооздуктары, карапа идишке түшүрүлгөн оюулары, турак-жайлары, каада-салттары, диний ишенимдери болгондугун далилдөөгө болот. Орто Азиядагы Н. дооруна тиешелүү эстеликтерге Жейтун, Жебель, Келтеминар, Гиссар ар-хеол. маданияттары кирет. Кыргызстанда Н. дооруна таандык, обишир ж-а гиссар маданияттарына кирген Обишир, Ташкөмүр, Акчуңкур үңкүрлөрү, Терек, Кочкоракжол, Үччат өңдүү археол. эстеликтер ачылган.

**НЕСЕВИ** Шихаб ад-Дин Мухаммед ибн Ахмад – 12-к-дын акыры – 13-к-дын башында Орто Азияда жашаган тарыхчы. 1223-жылдан Хорезм шах Мухаммеддин уулу Жалал ад-Динге кызмат өтөгөн. Ошол доор-догу окуяларды баяндаган араб тилинде «Сират ас-султан Жалал ад-Дин Манкбурны» («Жалал ад-Дин Меңбурнунун өмүр чыйыры») аттуу эмгек жазган. Бул эмгекте Теңиртоо, Жетисуу аймактарында болуп өткөн айрым окуялар чагылдырылган. Н-нин эмгегин З. М. Буниятов орусчага которгон (1973).

**НЕСТОРИЙ ЖАЗУУЛАРЫ** – 12–13-к-дагы несторий дининдегилердин мүрзөсүнө коюлган таштагы жазуу. Жазуулар ташка сирия-түрк тилдеринде оңдон солго, жогортон төмөн карай чегилип, ортосуна крест белгиси түшүрүлгөн. Н. ж. чегилген мүрзө таштары Бишкек, Токмок ш-нын айланасынан, Ысыккөлдө Жууку суусунун жээгинен табылган.

**НЕСТОРИЙЧИЛИК** – 1. 5-к-да Византиянын чыгыш провинцияларында пайда болгон христиан чиркөөсүндөгү агым. Константинополдун патриархы Несторий (428–431) негиздеген. Н. б-ча ыйык Мария уул төрөп, ал (Иисус Христос) адамга мүнөздүү пендечиликтерден кутулуп, кудай уулуна айланган. Христосто адамга ж-а кудайга тиешелүү касиеттер салыштырмалуу түрдө гана тогошкон, экөө эч качан жуурулушуп кетпейт. 2. Н. Сирия ж-а Месопотамия христиандарына берилген ат. Несториан чиркөөлөрү-нүн таасири Персия, Орто Азия ж-а Батыш Кытайга чейин тарап, ал моңгол ж-а Тимур чабуулдарынын негизинде кыйроого учураган.

**НИГИЛИЗМ** (лат. nihil – эч нерсе) – коомдук турмуштун нормаларын, моралдык принциптерин, маданият мурастарын тануу, жерүү. Россияда И. С. Тургеневдин «Аталар ж-а балдар» романы (1862) жарык көргөндөн кийин Н. термини кеңири тарай баштаган. 19-к-дын 60–70-жылдарында Россиядагы реакциячыл демократтарды феодалдык, крепостнойлук укукка ж-а самодержавиелик түзүлүшкө каршы чыккандыгы үчүн солчул радикалдуу чөйрө ж-а консервативдүү багыттагы публицисттер «ниги-листтер» деп атап, аларга жалаа жабышкан.

**НИКИШОВ** Пётр Петрович (1917-ж. т., Ставрополь крайы, Солдат-Александров кыштагы) – тарых ил-нин доктору (1972). Ростов мамл. ун-тин (1940), Москвадагы Жогорку дипломатиялык мектепти (1943) бүтүргөн. 1943–54-ж. дипломатиялык иштерде, 1954– 58-ж. Кыргызстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн лекторлор тобунун башчысы. 1958-жылдан Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунда ил. кызматкер. Эмгектери Кыргызстандын ж-а Кыргызстан КП тарыхына, КПССтин тышкы саясатына ж-а эл аралык мамилелерге арналган.

**НИЧКЕКӨӨДҮЛ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – Караханийлер мамл-не таандык 10–12-к-дагы шаардын калдыгы. Кетментөбө өрөөнүндө. Жалпы аянты 700х300 *м.* Казуу мезгилинде кыштан ж-а колектен тургузулган 45 имараттын урандысы табылган. Алардын сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 1–4 *м.* Булардын 17синин астанасына бышкан кыш төшөлгөн. Айрым бөл-мөлөрүнүн ичинде эгин сакталуучу ороо-лор (эки-үчтөн кумура) болгон. Бөлмөлөр-дүн ичи шыбалып, кызыл, кара ж. б. түстүү боёктор м-н кооздолгон. Алардын ичинен темир зоот, канжар, найза, жаанын жебе-лери, караханийлердин тушунда чегилген тыйындар табылган. Айрым окумуштуулар орто кылымдардагы Хайлам (Хатлам) ш. болсо керек деп болжолдошот.

**НИЧКЕСАЙ ТУРГУН ЖАЙЫ** – соңку палеолит мезгилинде адамдар жашаган журт. Ничкесай суусунун Кетментөбө ойдуңуна чыга берген оң жээгиндеги тектирчеде. Таш буюмдарынын сыныктары, тегерек кыргычтар табылган.

**«НОВАЯ ЖИЗНЬ» КОММУНАСЫ** – 1919-ж. 6-январда Кыргызстандын аймагында уюшулган алгачкы а. ч. коммунасы. «Н. ж.» к. адегенде Пишпек ш-нда уезддик партиялык уюмдун төрагасы А. И. Иваницындын демилгеси м-н а. ч. бирикмеси катары уюштурулуп, 1919-ж. жазында Пржевальск уездине көчүрүлгөн. «Н.ж.» к. мамл-тин жардамы м-н тез өнүгүп, жергиликтүү дыйкандарды коллективдүү чарбага тар-тууда маанилүү роль ойногон.

«**НОВАЯ ЭРА» КОММУНАСЫ** – 1918-ж. Кыргызстандын аймагында уюшулган а. ч. коммунасы. Верный ш-нан келген 50 коммунар уюштурган. Аны уюштурууда Р. П. *Ма-речек* көрүнүктүү роль ойногон. Аларга Ысыккөлдүн түштүгүндөгү Чоңжаргылчак кыштагынан жер бөлүнүп берилген. «Н.э.» к-на алгач жергиликтүү кедейлер өткөн. Коммунанын уставы өз мүчөлөрүнөн революциялык тартипти катуу сактоону, коомдук менчик үчүн кам көрүп, балдарды тарбиялоону талап кылган. О. эле уставда коммунанын мүчөлөрүн динден баш тартууга, орус ж.б. тилдерди үйрөнүүгө мажбурлаган жаңылыш талаптар да болгон.

**НОЙГУТ** – ичкилик уруу тобундагы ири уруу. Айрым маалыматтар бул уруунун бир бөлүгү Чыгыш Түркстанды ээлтеден мекендешерин баяндайт. Өздөрүн «ойгут» деп аташкан бул уруунун айрым бөлүктөрү көл кылаасында да жашашкан. Бүгүнкү моң-голдордун курамында да («найкит» аталышы м-н) бар экендиги аныкталган. Н. «Манас» эпосунда да кенен чагылдырылып, кыргыздын бир уруусу катары айтылат. Айрым даректүү булактардын маалыматтарына караганда, 16–17-к-да Н-тар Лобнорду ж-а ага жамаатташ аймактарды мекендешкен. 16-к-да Н. Кашкардагы Уч чебинин айланасында жашаган эл катары эскерилет. «Жаңыл Мырза» дастанынын башкы каарманы ушул уруудан чыккан деп айтылат.

**НОМАДИЗМ,** к ө ч м ө н д ү к (грек. nomas – көчмөн) тигил же бул этностук топтун жашоо тиричилиги мал чарбачылыкка негизделип, дайыма бир жерден экинчи жерге которулуп, көчүп-конуп жүрүүгө шартталган жашоо маңызын мүнөздөөчү түшүнүк. Н. б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягы – 1-миң жылдыктын башында коомдук эмгектин бөлү-нүшү ишке ашканда (дыйкандар м-н малчыларга) келип чыккан. Азияны, Кара Деңиз жээктерин, Түндүк Африканы мекендеген көчмөндөр кой, эчки, төө, жылкы багышкан. Жер шартына жараша Н-дин үч түрү болгон: 1. меридиандык (казактар сыяктуу малды жайында түндүккө, кышында түштүккө сүрүп көчүү); 2. чөлдүк (түркмөндөр сыяктуу малды кудуктардын тегерегине жакындатып көчүү); 3. тике (кыргыздар сыяктуу малды өрөөндөгү кыштоолордон жайында бийик тоолуу жайлоого сүрүп көчүү). Кыргыздардын этностук, социалдык өнүгүүсү, материалдык, руханий маданиятынын калыптанышы көчмөндүк м-н тыгыз байланыштуу. Кыргыздар Борб. Азиянын байыркы көчмөндөрү м-н бирдикте көчмөн цивилизациясын түзгөн элдерден. Татаал, кескин континенталдуу климат шартында мал багуунун, тукумун жакшыртуунун ыкмаларын иштеп чыгышкан. Материалдык маданиятынын бардык тармактары көчмөн жашоого ылайыкталган. Жердиги жыгачтан, чийден, кийизден жасалган боз үй – көчмөн устачылык чеберчилигинин туу чокусу. Ал тез тигип, тез чечүүгө, ташууга ыңгайлуу. Ки-йиз, атка токулуучу үзөңгүлүү ээр токум, шым (таар же тери) ж.б. буюмдар көчмөн кыргыздардын дүйнөлүк цивилизацияга кошкон салымы. Көчмөн элдердин а. и. кыргыздардын оозеки чыгармачылыгы – өзгөчө баатырдык эпостору болуп көрбөгөндөй бийик деңгээлге көтөрүлүп, оозеки чыгар-мачылыктын дүйнөлүк эталону катары таанылды. Көчмөн жашоонун маңызы жалаң гана мал багуу м-н чектелбестен, башка жардамчы чарбалар – аңчылык, соода, устачылык, зергерчилик, о. эле колдонмо-жасалга өнөрлөрү дагы өнүккөн. Дыйкан чарбасы да көчмөн жашоого мүнөздүү өзгөчөлүктөр м-н гүлдөгөн. Кайрак жерди иштетүүдө – арпа, таруу өстүрүүдө, арык м-н суу алып келүүдө көчмөндөр өздөрүнө гана таандык ыкмаларды иштеп чыгышкан. Көчмөн шартта мамл. түзүүнү, өлкөнү башкаруу системасын иштеп чыгууну жакшы өздөштүрүш-көн. Хандык бийликке негизделген Евразия-нын көчмөн империяларынын, а. и. 9–10-к-да Борб. Азияда түзүлгөн Кыргыз кагандыгынын дүйнөлүк тарыхтан алган орду салмактуу. Албетте, алардын айрым бир элдердин тукумун курут кылган кандуу, кыйраткыч, гүлдөгөн өрөөндөрдү тыптыйпыл кылган чабуулдары да болгон, бирок көчмөн-дөрдүн дүйнөлүк тарыхый процесстеги орду зор. Көчмөндөр м-н отурукташкан элдердин ортосундагы алакалар жашоо тиричиликтин жаңы формаларын, технологияларын жаратып, жаңы этностук топтордун пайда болушун шарттаган. Жаңы этномаданий ж-а сая-сий жалпылыктарды түзгөн. Көчмөндүк өзүнүн тарыхый эволюциясында бир нече өтмө формаларды басуу аркылуу (жарым көчмөндүү, жарым отурукташкан, жакын арага мал жайуу ж. б.), аягында биротоло отурукташкан жашоо моделине өткөн.

**НООКАТ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТ-ТӨР** – б. з. ч. 1-миң–б.з. 1-миң жылдыгына таандык археол. эстелик. Аравансай суусунун оң өйүзүндөгү капчыгайда жайгашкан. Адамдардын, эчки–текелердин, дабан аргымактарына окшош жылкылардын сүрөттөрү ж-а орто кылымдарга тиешелүү араб ж-а уйгур жазуулары чегилген.

**НООРУЗ,** к. *Жыл ажыраш* макаласын.

**НУЗКЕТ** – орто кылымдарга таандык шаар. Чүй боорунан орун алган. Шаар ж-дө маалыматтар Ибн Хордадбектин (9-к.) ж-а *Мукаддасинин* (10-к.) эмгектеринде кездешет. Н. ш. Аспарадан (азыркы Жамбыл обласунда) 48 *км*дей чыгыш тарапта. Азырынча шаардын орду так аныктала элек.

**НУМИЗМАТИКА.** (лат. numisma – тыйын) – тыйын ж-а акча-товар мамилелерин үйрөтүүчү тарых ил-нин көмөкчү бөлүгү. Алгачкы баскычы тыйын чогултуудан башталган. Орто кылымдарда Европанын шаарларында антикалык (байыркы римдик, гректик) тыйындардын менчик коллекциялары пайда болгон. Тыйын чогултуу, эски тыйындардын жоголуп турушу тыйын тарыхын окуп-үйрөнүүгө түрткү болгон. Коллекция ээлери окумуштуулардын жардамы м-н тыйындарды сүрөттөп, каталог түзүп изилдешкен. Чоң коллекцияларды сактай турган «мюнцкабинеттер» пайда болгон. Кийинки баскычта тыйындардын ил. классифика-циясы ж-а Н-лык материалдардын алгачкы изилдөөлөрү калыптанган. Кагаз акчалары (биотистика), медалдарды, ордендерди, жетондорду, значокторду (фолеристика) изилдөө да Н-га кирет. Н. тарых. ил-нин көмөкчү бөлүгү катары тарых, археол., саясий экон, искусство ж-а тил проблемаларын чечүүдө маанилүү маалыматтарды берет. Товар-акча мамилелерин окуп-үйрөнүүдө Н. өз алдынча илим катары каралат. Н-нын негизги милдети – акча системасын ж-а анын тарыхый доорлордогу өнүгүү процессин талдоо. Бул жагынан алганда, Н. өлчөө-чендер ж-а таразалар ж-дөгү метрология илими м-н айкалышып кетет. Н-нын негизги изилдөө методдорунун бири – тыйын салыктарынын (казыналарынын) ж-а өз алдынча табылган тыйындардын топогра-фиясын түзүү. Натыйжада, байыркы соода жолдору, мамл-тердин тыйын чыгаруу техникасы, өзгөчөлүктөрү, чыгарган жерлери, хронологиясы аныкталат. Археол. табылгалардын жашын аныктоодо Н-лык табылгалардын мааниси зор. Н. ил-де атайын кабыл алынган терминдер да колдонулат. Мис., аверс – тыйындын бет маңдай жагы (адатта тыйынды чыгарган мамл-тин герби же мамл. башчысынын портрети түшүрүлөт); реверс – тыйындын арткы бети; гурт – тыйындын кыры (жылмакай, сүрөт же жазуу түшүрүлүп, жасалма ты-йын чыгарууну татаалдантат); монета талаасы – тыйындын эки жак бети; легенда – тыйындагы жазуу; номинал – тыйындын белгиленген баасы; лигатура – күмүш, алтын, платина тыйындардагы баалуу эмес металлдын кошулмасы; моненталык киреше – тыйындын номиналы м-н тыйынды даяр-доого кеткен баанын ортосундагы айырмачылык. Тыйын даярдалган металлдын баа-сы кошо эсептелет.

**НУР** уулу Досбол (1948-ж. т., Тажикстан, Шураб ш.) – тарых ил-нин доктору (1993). 1971-ж. КМУну бүтүргөн. Кыргыз Респ-нын УИАда кенже, улук, жетектөөчү ил. кызматкер, бөлүм башчысы. 1995-жылдан Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинде кеңешчи. Эмгектери негизинен Кыргызстандын а. ч-нын тарыхый-экон. маселелерин изилдөөгө арналган. 100дөн ашык ил. эмгеги жарыкка чыккан.

**НУШИБИ –** 6–8-к. Теңиртоонун түндүк аймактарын мекендеген уруу бирикмеси. Н-лер Батыш Түрк кагандыгынын «он ок бодун» тагыраак айтканда, «он ок элинин» бир бөлүгү. Н-лер беш уруудан турушуп, Чүй суусунун батыш жагында көчүп-конуп жүрүшкөн. Алардан чыгышта беш уруудан турган дулу бирикмеси турушкан. 8-к-дын башында Н-лер күчтөнүп келе жаткан Түргөш кагандыгына баш ийишкен. Н. – уруулук бирикменин кытайча аталышы.

**НҮЗҮП БИЙ** Эсенбай уулу [1798, азыркы Аксы р-ну, Авлетим айылы –1844, Ярмазар айылы (Өзбек Респ.)] – Кокон хандыгындагы кыргыз бийлеринин ичинен биринчилерден болуп «миң башылык» даражага жеткен аскер башчы, көрүнүктүү мамл. ишмер. Н. б-дин саясий ишмердүүлүгүн 3 мезгилге бөлүп кароого болот. 1-мезгил – 1810–22-ж. Н. б-дин ишмердүүлүгүнүн башталышы. Омор хандын тушунда кокон аскеринин катардагы жоокеринен баштап, «он башы», «жүз башы» аскердик чиндерин алууга жетишет. 2-мезгил – 1822–44-ж. Н. б-дин саясий ишмердүүлүгүнүн өнүккөн доору. *Мадали хандын* тапшырмасы м-н Оротөбө, Каратегин, Алай аймактарында тынчтыкты орнотууда, Бухара хандыгы м-н болгон чегара маселелерин жөнгө салууда чечүүчү салымын кошот. Бул кызматтары үчүн «паңсат», «датка», наамдарына ээ болуп, «акимдик» кызматка чейин көтөрүлгөн. 3-мезгил – 1842–44-ж. Нүзүптүн саясий ишмердүүлүгүнүн гүлдөө ж-а кризис доору. Анын демилгеси м-н кыргыздар ордодогу бийликти кайрадан колго алышып, Нүзүптүн саясий аракетинин натыйжасында кыргыздардын өкүлү Шералы хандыкка көтөрүлөт. Н. б. *Шералы хан* тарабынан Кокон мамл-нин «миң башылык» кызматына дайындалат. Шералы хандын тушунда Нүзүп тажрыйбалуу саясий ишмер катары ордонун негизги фигурасына айланган. *Мусулманкул* м-н Шады датканын уюштурган кутумунун натыйжасында 1844-ж. ак жерден курман болот.

**НЫШАА БААТЫР,** Н ы ш а а К у д а й - м е н д е у у л у (болжолдуу 1619–1702) – калмак баскынчыларына каршы күрөштүн жигердүү катышуучусу, элчи. Адигине уругунун асылбаш тукумунан; солтолордун арасында өсүп-өнгөндүктөн, айрым булактарда солто уруусунан делет. Н. б. калмак доорунда кыязы, ак үйлүүгө берилген балдардын катарында лама монастрынан окуса керек. Кыргыз жерлерин калмактардан бошотууга жигердүү катышып, көп эрдик көрсөткөндүктөн, аны 1758-ж. Пекинге барган кыргыз элчилери *Черикчи бийге* ж-а *Түлкү бийге* кошуп жөнөтүшкөн. Элчилер Пекинде Цинь императору Цзянлундун салтанаттуу кабыл алуусунда болушуп, Кытай империясынын 3-даражадагы башкаруучулук чини м-н сыйланган. Н.б. курман болгондон кийин ал даража анын уулу Дөө-лөткө ыйгарылган Н. б-дын дагы бир уулу *Турап* белгилүү сурнайчы болгон, ал атасына арнап, «Ат кетти» деген күүнү чыгарган. Чүй суусунун боюндагы Н.б. өлгөн жер Аткетти деп аталып калган.

**НЫЯЗАЛЫ** Борош уулу (1856, Аксы аймагы, азыркы Жалалабат облусу, Аксы р-ну, Кичиакжол кыштагы – 1941) – комузчу, жомокчу, ырчы. Комузда чебер ойноп, элдик ырларды жакшы аткарган, о. эле өзү да көп күү («Кара өзгөй», «Арсар күү», «Кер толгоо», «Сары Барпы», «Короо күзөтүү», «Өттү кетти балалык» ж. б.) чыгарган. Н-дан Коргоол, Шекербек ж. б. эл шайырлары таа-лим алган. Н-нын чыгармачылыгы айрыкча

советтик доордо өнүккөн. Фрунзеде өткөрүлгөн эл чыгармачылыгынын респ-лык биринчи (1936) ж-а экинчи (1937) олимпиадаларында биринчиликти жеңип алган.

**НЮХАЛОВ** Тимофей Васильевич (1789 – өлгөн жылы белгисиз) – орус падышалыгынан кыргыздарга жиберилген элчи. 1807-жылдан орус армиясында кызмат өтөгөн ж-а хорунжий чинин алган. 1825-ж. июль-август айларында Ысыккөл өрөөнү-нө келип, кыргыз-орус байланыштарын чыңдоого бир топ салым кошкон.

# О

**ОБИШИР МАДАНИЯТЫ** – *Обишир үңкүрүнүн* аты м-н аталган мезолит дооруна (б. з. ч. 9–6-миң жылдык) таандык ар-хеол. маданият. Күлдүн калдыктары, оттук таштан жасалган тери иштетүүчү куралдардын түрү, шибеге ж-а сөөктөн жасалган кооздуктар табылган. Обишир мергенчиле-ри аркар, теке, жейрен, элик ж-а каманга аң-чылык кылышкан. Борб. Фергананын түздүгүндөгү О. м-на таандык жайлардан нуклеустар, микропластиналар табылган. Айрым турак жайларда жебелер, чөп орууга ылайык таш ороктор кездешет. Негизги куралы жаа ж-а жебе болгон. Иштетилген тери, булгаарылар кийим ж-а тери идиштерин жасоого жумшалган. Үй тиричилигинде жыгач, сөөк, мүйүздү иштетүү орчундуу орунду ээлеген. О. м-нын тургундары жарым көчмөн турмушта жашашып, табигый үңкүрлөрдү турак жай катары пайдаланышкан. Түзөң жерлерде жеңил алачыктарды курушкан деп да божомолдошот. О. м-нын белгилери Ферганадан тышкары аймактарда кездешпейт.

**ОБИШИР ҮҢКҮРҮ** – мезолит дооруна (б. з. ч. 9–7-миң жылдык) таандык археол. эстелик. Баткен облусунун Сох ж-а Айдаркен айылдарынын аралыгында, Катыраң тоосунун түштүк тарабында, Сох суусунун куймасы Обишир сайынын оң жээгинде жайгашкан. 1966-ж. Өзбекстан ИАнын Ферганадагы таш доорун изилдөө б-ча отряды (жетекчиси М. Р. Касымов) тарабынан ачылган. О. ү. 1 ж-а О. ү. 5 маанилүү, калган үңкүрлөр археол. табылгага жарды. 1966–73-ж. казуу иштери жүргүзүлгөн. Экөөнөн тең жаныбарлардын сөөк сыныктары, таш чамындылар, жалпак таштар, таштын чордондору, миздүү таш кыргычтар, таштан жасалган көзөгүч ж-а бургу куралдары табылган. Табылган буюмдар *Обишир маданиятынын* эрте мезгилине таандык.

**ОБО ЭНЕ**, Е в а Кыргыз санжыраларын-дагы генеологиялык уламыштар жер бе-тиндеги бүткүл калктын жаралыш тегин бир жерден чыгарышат. Жердеги алгач жаралган пенде катары Адам атаны эсептешип, анын аялын Обо эне деп, Адам ата – Обо энеден тараган дүйнө калкын Адам баласы деп аташкан. Бул түшүнүк кыргыз элинин дүйнө таанымына ислам маданияты аркылуу кирген. Ал эми ислам дининдеги негизги идеялар м-н көз караштар библиядагы маалыматтардын базасында пайда болгондугу белгилүү. Ошондуктан О. э. түшүнүгү генеалогиялык жактан библиядагы алгачкы аял Еванын аталышынан келип чыккан; Обо эне түшүнүгү кыргыз элинин коомдук аң-сезимине орто кылымдарда ислам маданиятын кабылдоо мезгилинде орун алган. Ал акырындык м-н байыркы түшүнүктөрдүн негизинде жаралган ар түрдүү уламыштык, мифтик көз караштарды сүрүп чыгып, кыргыздардын генеалогиялык, санжыралык чыгармаларында бардык калктын алгачкы энеси катары туруктуу түшүнүккө айланган. Мис., байыркы тотемдик көз караштардын негизинде айтылып келген кыргыздардын жаралышына байланышкан «кырк кыз» баяны алгачкы элдик семантикалык сюжетинен ажырап, бара-бара уламыштагы көптөгөн деталдар исламдык түшүнүктөргө алмашылып, трансформацияга учурап отурушун уламышты исламдаштырууга болгон аракеттерден улам келип жаралган.

**ОГУЗДАР** – 6–8-к. Борб. ж-а Орто Азияда жашап, түрк тилинде сүйлөгөн уруулардын бирикмелери. 10–13-к-да бир катар элдердин курамдарына жуурулушуп, айрым топторго ажырап кетишкен. Иликтөөлөрдүн басымдуу бөлүгү «ок + з» (ок – эл, - з мүчөсү көптүк маанини туюнтат) «эл», «элдер», «уруулар биримдиги» дегенди туюнтарын белгилешет. О-дын тарыхы Батыш Жетисуу м-н байланыштуу. Айрым уламыштарда О-дын бир ордосу Ысыккөлдө жайгашкандыгы айтылат. 7-к-дын башында түрк кагандыгынын курамында Тогуз-огуз бирикмеси пайда болгон. 9–10-к-да Түштүк ж-а Батыш Казакстанда огуз эли калыптанып бүткөн. Огуз урууларынын курамына Сырдарыянын, Арал ж-а Каспий деңиздеринин бойлорун мекендеген байыркы этностук топтор, Жетисуу, Сибирдин көчмөн ж-а чала көчмөн уруулары м-н уруктары кирген. Махмуд Кашгаринин (11-к.) дarektеринде О. алгач 24, кийин 22 уруудан куралганы айтылат. Алар боз-ок, үч-ок деген эки уруулук бирикмеге ажырашкан. О-дын уруулук курамы, эн тамгалары, ураандары Рашид ад-Диндин «Жами ат-Таварихинде»; тили, эн тамгалары б-ча маалыматтар Махмуд Кашгаринин «Диван лугат-ат түрк» аттуу эмгегинде да кенен чагылдырылган. Жогорудагыдай дуалдык уруулук ажырым системасы бүгүн-кү түркмөндөрдө сакталып калган. Санжыра б-ча О. Ай-хан, Күн-хан, Таг-хан, Деңиз-хандын балдарынан (баары 24 бала) тарашат. О-дын борбору Йаңыкент ш. болгон. 11-к-дын башында О-ды чыгыштан жер которгон кыпчактар каратып алган. О-дын бир бөлүгү түштүк орус талааларын, селжуктар башкарган ири бөлүгү Алдыңкы ж-а Кичи Азиянын элдерин каратып алышкан. Сырдарыя, Түштүк Каспий бойлорун мекендеген О. түркмөн, отурукташкан өзбек, Ирандын, Ирактын, Кавказдын, Азербайжандын түрк тилдүү элдеринин калыптанышында башкы ролду ойногон. Кыргыз-огуз этностук алакалары да орто кылымдардан тынымсыз жүрүп турган. Бул алакаларды уруу-урук, жер-суу аталыштарынан, уламыш-санжыралардан, «Манас» эпосунун маалыматтарынан байкоого болот.

**«ОГУЗ НАМЭ»** – түрк элдеринин уламыш-санжыраларында түпкү бабасы Огуз каган ж-дөгү баян. Кыргыз санжыраларында Угуз каган, Уузкан деп да аталат. Бул чыгарманын орто кылымдарда жазылган кол жазмалары ж-а ошол эле доорго таандык тарыхый эмгектерге киргизилген үзүндүлөрү сакталып калган. Чыгарма фарсы тарыхчысы Рашид ад-Диндин (13-к.) «Жами ат-Таварихинде», 17-к-да жашап өткөн Абу-л-Газинин «Шежара-и-түрк» эмгектеринде да чагылдырылат. 13–14-к. жазылган «О. н-нин» кол жазмалары Париждеги Улуттук китепканада сакталып турат. 19-к-да анын немисче котормосунун үзүндүсү жарыяланган.

В. В. Радлов да жазып алып которгон ж-а транскрипциялаган. Айрым окумуштуулар Огуз каганды б. з. ч. *Модэ шанүйдүн* (б. з. ч. 209–174-ж. башкарган) прототиби деп жоромолдошот.

**ОЙГУЧ** – нерсенин бетин оюуда колдонулчу курал. О. таза болоттон жасалып, жыгач м-н сапталып, темир О., жыгач О., ж-а тери О. деп бөлүнөт. Темир О. м-н жумшак темирге, жезге, кологого, алтынга, күмүшкө; жыгач О. м-н боз үйдүн жыгачтары, ээр ж.б.; тери О. м-н тери, шири ж-а булгаары буюмдарга оймо-чиймелер түшүрүлөт.

**ОЙМОК –** ийненин көз жагы колго кирбес үчүн сөөмөйгө салынчу аспап. Катуу, калың кездемелерди, терилерди, булгаарыларды О-суз тигүүгө болбойт. О. жасалган затына карата күмүш О., жез О., темир О., жасалган формасына карата туюк О., ачык же тамандуу О. болуп бөлүнөт. О-ко чачылган шуру, асемделген бермет, кооз боо тагышкан.

**ОЙРОТТОР,** к. *Калмактар.*

**ОЙРОТ ХАНДЫГЫ,** к. *Жуңгар хандыгы.*

**ОКЕЕВ** Төлөмүш (1935, Ысыккөл облусу, Тоң р-ну, Бөкөнбаев айылы–2001, Бишкек) – кинорежиссёр, СССР эл артисти (1985), Кыргыз ССР эл артисти (1975), Казак Респ-нын маданиятка эмгек сиңирген ишмери (1994). Ленинграддагы киноинженерлер ин-тун (1958), ВГИКтин 2 жылдык режиссёрдук жогорку курсун (1964) бүтүргөн. 1958–62-ж. «Кыргызфильм» студиясында оператор, 1964-жылдан режиссёр, 1970-жылдан Кыргызстан кинематографисттер союзунун президиумунун төрагасынын 1-орун басары, 1986-жылдан Кыргызстан кинематографист-тер союзунун башкармасынын 1-катчысы, 1993-жылдан Кыргыз Респ-нын Түркиядагы элчиси. О-дин алгачкы тарткан киносу «Жылкы» кыска метраждуу документ фильм (1965). Андан кийин «Мурас» (1969; Бүткүл союздук кинофестивалдын сыйлыгы, 1970), «Мүнүшкөр» (1970), «Боом» (1968) ж. б. документ фильмдерди тартып, буларда кыргыз эли, анын жери ж-дөгү көрүнүш-төрдү жаңыча формада бере алган. Ал биринчи тарткан толук метраждуу фильм («Бакайдын жайыты», 1966; Кыргыз ССР Ленин комсомолу сыйлыгы) м-н эле чыгармачылык чоң жеңишке жетип, дүй-нөлүк атакка арзыган. Кийин «Көк серек» (1974; Бүткүл союздук кинофестивалдын сыйлыгы), «Ак ил-бирстин тукуму» (1985; Бүткүл союздук кинофестивалдын сыйлыгы), «Уркуя» (1972; Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы, 1974), «Улан» (1977; Бүткүл союздук кинофестивалдын сыйлыгы, 1978), «Кызыл алма» (1975), «Алтын күз» (1980; Бүткүл союздук кинофестивалдын сыйлыгы) фильм-дерин жаратты. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ОКЛАДНИКОВ** Алексей Павлович (1908, Россия, Иркутск облусу, Жигалов р-ну, Константинов кыштагы – 1981) – археолог, тарыхчы ж-а этнограф, СССР ИАнын академиги (1968), Соц. Эмгектин Баатыры (1978). 1966-жылдан СССР ИАнын Сибирь бөлү-мүнүн тарых, филология ж-а философия ин-тутунда директор болуп иштеген. Сибирь, Ыраакы Чыгыш, Орто Азия, Моңголияда археол. изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Кыргызстандагы археол. изилдөөлөр б-ча эмгектери бар. «Кыргыз ССР тарыхынын» байыркы мезгилинен 13-к-га чейинки бөлүгүн жазган. 1950-, 1973-ж. СССР Мамл. сыйлыгын алган.

**ОКЧОНТОЙ** – ок-дары салынуучу баштыкча. О. булгаарыдан, кайыштан, шириден жапкактуу баштык түрүндө жасалып, курга 2–3 жеринен бекитилчү тайыз илгичтүү, бети оймо-чийме, жез, күмүш, алтын м-н асемделип коозддолгон. О-дун капкалдырыгы шашылышта ок, дарыны төгүп же чачып албас үчүн бөлөк жасалган. Капкалдырык ок, дарыны жаандан, кардан сактаган. Кыргыздар саадакты да О. деп аташкан.

**ОМБУДСМЕН** (швед. ombudsman – өкүл, акыйкатчы) – айрым өлкөлөрдө аткаруучу бийлик органдарынын ж-а кызмат адамдарынын ишмердүүлүктөрүндө жарандардын мыйзамдуу укуктары м-н кызыкчылыктарын көзөмөлгө алуу жоопкерчилиги ыйгарылган кызмат адамы. О. түшүнүгү 19-к-да Скандинавия өлкөлөрүндө пайда болгон. Швециянын королу Карл XII бийлик м-н элдин ортосундагы айрым түшүнбөстүк-төрдү чечүүгө көмөктөшүп туруу үчүн О. ин-тун киргизген. Азыркы мезгилде адамдын укуктарын коргоо приоритетин тутунган дүйнөнүн 40тан ашык өлкөсүндө О. ин-ту бар. 2002-ж. 27-июнунда Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңеши тарабынан «Омбудсмен жөнүндө» мыйзам кабыл алынып, анда Кыргыз Респ-нын О-нин ыйгарым укуктары, ишмердик ыкмалары, аны кызматка шайлоо ж-а бошотуу иш-чаралары аныкталып, респ-га О. ин-ту киргизилген. О. Кыргыз Респ-нда адамдардын ж-а жарандардын конституция-лык укуктарын ж-а эркиндигин сактоону көзөмөлдөйт. Мыйзамга ылайык, О. 5 жылга шайланат; бир адам 2 мөөнөттөн ашык бул кызматта иштөөгө болбойт. О. мамл. мекемелерге ж-а кызматтагы адамдарга көз каранды эмес, ал ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бүткөнчө кол тийгис укугуна ээ.

**ОМОР ХАН** (1785–1822) – Кокон хандыгын башкарган хан. Нарбото бийдин баласы. О. х-дын тушунда басып алуучулук саясат улантылган. Батыш багытты карай жор-туулда 1816-ж. Түркстан ш. алынып, Сырдын төмөнкү агымы кокондуктардын колуна өткөн. Түштүк кыргыздарды багындыруу үчүн жортуулдар улантылган. 1821-ж. О. х. Касан ш-нын акими Бекназар бийди Ош м-н Кашкардын аралыгын жердеген сарыбагыш уруусуна каршы аттандырган. Ошол эле жылы намангандык аким Сейиткулбек баштаган кол Кетментөбөдөгү кыргыздарды багындырган. О. х-дын тушунда кандайдыр бир деңгээлде мамл-тин социалдык-экон., саясий гүлдөө доору болгон. Жаңы шаарлар түптөлгөн. Кокон ш-нын ички абалы жакшырып, мечит, оорукана, ж. б. имараттар да салынган. Акча реформасы да жүргүзүлгөн. Ордодо хан-акын Омордун адабий ийрими пайда болгон.

**ОНАРЧА** – төмөнкү таш дооруна таандык археол. эстелик. Деңиз деңгээлинен 2400–2500 *м* бийиктикте жайгашкан. Онарча суусунун оң тарабындагы 30–40 *м* бийиктиктеги тектирчеден бир кыры чабылып, дого түрүндөгү мизге айландырылган, экинчи жагы кармаганга ылайыкташкан сай ташы табылган. Археол-да мындай курал чоппер деп аталат. Чоппердин жанынан ташты бөлө жарчу дого сымал миз чыгарылган кыргыч кездешет. 1953-ж. А. П. Окладников тарабынан Нарын облусунун Онарча суусунун оң өйүзүнөн табылган.

**ОН БАШЫ** – он жоокердин башчысы; түрк аскер системасында он аскерден турган бөлүктү башкарган.

**ОН ОК БОДУН** – «он ок», «он уруудан куралган эл, калк». Он ок эли *Батыш Түрк кагандыгынын* (581–746) калкынын өзөгүн түзгөн. Жазма маалыматтарда он октордун башчысы «каган» деп аталган. О.о.б. аталышы кыргыздардын курамында (кушчу уруу-сунун ичинде) сакталып калган.

**ОҢ КАНАТ** – кыргыз элинин 15–16-к-да калыптанган этносаясий түзүлүшүнүн бир бутагы ж-а уруулук бирикмеси. Ферганалык молдо *Сайф ад-Дин Аксыкентинин* «Тарыхтар жыйнагы» («Мажму ат-таварих») кол жазмасында кыргыздар О.к., сол канат, булгачы (ичкилик) уруулук бирикмелеринен тургандыгы көргөзүлгөн. О.к. адигине, тагай, муңгуш бутактарына бөлүнгөн. Тагай бутагынын таралышы төмөндөгүдөй тартипте берилген: сарыбагыш, солто, бугу, саяк, тынымсейит, чекирсаяк, жедигер, черик, азык, багыш, моңолдор, баарын, суу мурун. Адигине бутагы жору, бөрү, баргы, карабагыш, сарттар урууларынан куралган. Ал эми муңгуш бутагы жагалмай ж-а кош тамга бөлүктөрүнөн турган.

**ООГАНДЫК КЫРГЫЗДАР** – Ооганстандын аймагына караштуу Памир тоолорунда жашаган кыргыздардын бир бөлүгү. Аларды «сары колдуктар» деп да коюшат. Жалпысынан «чоң памирдик» ж-а «кичи памирдик» болуп экиге бөлүнөт; О. к-дын көпчүлүгү ичкилик тобуна кирет ж-а тейит, кесек, катаган, найман, окчун урууларынан ж-а кочкор, бука, шайым, алапа, кызылбаш уруктарынан турат. О. к-ды 1978-жылкы Саур (Апрель) революциясына чейин Кичи Памирде Рахманкул (1912-ж. туулган), ал эми Чоң Памирде жергиликтүү Акжол хандын уулу Жолой хан бийлеп келишкен. 1978-ж. Рахманкул баш болгон Кичи Памирдеги кыргыздардын көпчүлүгү Пакистандын Гилгит вилайетине үрккөн. Пакистанда ачарчылыкка учурап, алардын ичинен Ооганбек (Авгамбек) ажынын уулу Абдрашит баш болгон 42 түтүн кайра Кичи Памирге кайткан. Пакистанда калган кыргыздардын бир аз бөлүгү 80-жылдардын башында Түркиядагы Ван көлүнүн түндүк-чыгыш боюна көчүрүлүп келинген.

**ООДАРЫШ,** Э ң и ш – ат оюндарынын бир түрү. Эки жаат тараптан бирден киши атчан чыгышат да, бирин-бири аттан оодара тартып түшүрөт. О-ка күчтүү, эптүү, шамдагай ж-а чабандес киши түшкөн. Анын аты омоктуу, күчтүү, кабелтең болушу зарыл. Оюнга катышкан адам бышык өтүк, таар же бул-гаары шым кийип, белине кездеме кур байланат. О-канда катуу күч келээри эске алына кош басмайыл, бышык куюшкан, бекем көмөлдүрүк тагылып, чоңураак ж-а катуураак бөктөрүнчөк ээрдин артына байланат. О-чылар белден жогору кийим кийбейт. Алар курдан, колдон, буттан алууга, кучактай кармоого, тизесин же бутун атаандашынын атына такап балбанды өзү жакка тартууга же ары түртүп жыгууга, сүйрөп кетүүгө укуктуу. Бири-бирин же атын чабууга, тебүүгө, муштоого, ат жабдыктарын кармоого, манжаларды кайрууга, үзөңгү боолукка салууга, тизгинди же чылбырды атаандашынын колуна, бутуна орой коюуга укугу жок. Булардын кармашын атчан бокобул (калыс) тейлейт.

**ОРДО** – түрк тилдүү элдерде орто кылымдардагы уруу төбөлүнүн, кол башчысынын, бектин ж-а кагандын (хандын) көчмө же туруктуу байтактысы, борбору. Көчмө О. коштун ортосундагы ыңгайлуу же көрүнөө жерге тигилген боз үйдөн, аба ырайынын шартына жараша алтын сайма ак чатырдан турган. Мындай ордо аскер жүрүштөрүндө же бир жерден экинчи жерге журт которууда ыңгайлуу болгон. Туруктуу О. согуштук–саясий жактан маанилүү шаарларда орун алган. «Ордо» сөзү «борбор» маанисин туюнтат. Мис., Ордо Балык – «Борбор шаар», «Алтын ордо» – «Алтын борбор» ж. б.

**ОРДО-БАЛЫК,** О р д у - Б а л ы к – 744–840-ж. Уйгур кагандыгынын борбору. «Балык», «балыклык», «балыктуу» – байыркы түрк тилдеринде «шаар» маанисин туюнтат. О-Б. азыркы Моңголиядагы Орхон (Улан-Орхон) дарыясынын оң жак жээгинде жайгашкан Хара Балгасун шаар-чалдыбарынын ордунда орун алган. О-Б. 840-ж. кыргыздар тарабынан каратып алынып, өрттөлүп жиберилген. С. В. Киселев атайын тарыхый, этногр. иликтөөлөрдү уюштурган.

**ОРЛОВА ҮҢКҮРҮ** – неолит дооруна (б. з. ч. 6–5-миң жылдык ) таандык археол. эстелик. Ош ш-нын Сулайман тоосунда жай-гашкан. 1944-ж. үңкүрдөн таштан жасалган эмгек куралдарынын калдыгы кездешкен. 1958-ж. казуу иштери жүргүзүлгөн.

**ОРМОН ХАН**, Ормон Ниязбек уулу (1791, Жылгынбашы, азыркы Токмок ш. – 1854) – 19-к-дын ортосунда Түндүк Кыргызстандын бириктирүүгө – өз алдынча хандык түзүүгө аракеттенген сарыбагыш уруусунун чоң манабы. Хан атагына арзыган тарыхый инсан. Атасы айтылуу чоң манап Ниязбек болгон, чоң атасы *Эсенгул* калмактар м-н кармаштарда далай эрдик көрсөтүп, чоң Эсенгул атанган. О. х. өтө татаал тарыхый кырдаалда жашаган. Жаш чагы кыргыз урууларынын өз ара чыр-чатактары ырбаган учурга туура келген. Ал кезде калмак кыргынынан, Абылай хандын чапкынынан соң жаңыдан оңоло баштаган кыргыз жерине Кытай богдыханы, Кокон ханы көз артып, баскынчыл аракеттерди жасап турган. Бөтөнчө өзүмчүл уруу башчыларынын эрегишүүлөрү, тире-шүүлөрү калктын кендирин кескен. Элдин тарткан азап-тозогу, сырткы жоолордун жортуулдары аны эгемендүү мамлекет түзүүгө аракеттенүүгө түрткөн. О. он жети жашынан жоого каршы

жортуулдарга катышып, нечен ирет жекеге чыгып, эрдиктин үлгүсүн көрсөткөн. Отуз жашынан эл башкарууга активдүү аралаша баштаган. Башкарууга табигый шык-жөндөмү, акылмандыгы, көсөмдүгү үчүн кадыр-баркы артып, эл Ниязбектен кийин О-дун бийлигине моюн сунган. Акырындап анын атак-даңкы артып, кыргыз урууларынын, атүгүл канатташ казактардын арасында дагы таасири күчөйт. Анжиян, Алай, Ферганадагы, аркалык кыргыз урууларынын билермандары О. х. м-н ар дайым алака кылып турушкан. Боромбай кудасы болгон. Жаңгарач, Ажыбек баатыр, Медет датка, Ажыбек датка ж.б. инсандар м-н жакшы мамиледе болууга умтулган. Кокон ханы ага кысым көрсөтүүгө дааган эмес, О. х-га баалуу белек тартуулап, парваначы наамын ыйгарган. 19-к-дын 40-жылдарынын башында О. х. кыргыз урууларынын бирикмесин түзүүгө жетишип, саяктар м-н бугулардын бир бөлүгүн өз бийлигине имере алган. Бул уруулардын чоң манаптары ага жарым-жартылай баш ийип беришкен эле. О. х. сарыбагыш, саяк, бугулардан тышкары солто, черик, чоңбагыш, кушчу, саруу ж.б. түндүк кыргыз урууларын бириктирүүгө көп күч жумшаган. Көздөгөн максатына жетиш үчүн ал 40-жылдардын баш ченинде (Белек Солтоноевдин жазганы б-ча 1830–31-ж. Ортотокойдо хан көтөрүлгөн) Балыкчыга (айрым маалыматтар б-ча Ор-тотокойго) атайын жыйын чакырган. Жы-йынга келгендер: бугудан Боромбай, Балбай баатыр, Өмүр баатыр, Муратаалы; сарыбагыштан Жантай, Төрөгелди, Адыл, Түлөберди, Калпак баатырлар; солтодон Жаңгарач, Тынааалы, Төкөлдөш, Жетикашка, Чыңгыш, Күрпүк; саяктан Алыбек, Черикчи, Качыке; саруудан Ажыбек датка; чериктен Ажыбек баатыр; азык, кушчу ж.б. уруулардын бийлери. Кокон ханынын элчилери да келишкен. Көчмөндөрдүн эзелки каада-салты б-ча 9 ак боз бээ союлуп, ак ки-йиз жайылып, О.хан көтөрүлгөн. Хан бийлигинин белгиси катары ага кызыл (төбөсү кымбат баалуу кездеме м-н тышталган суусар) тебетей кийгизишкен. Өзүнүн хандык туусу болгон. Хандык бийликти биринчи кезекте ал тартипти чыңдоодон баштаган. Хандын алгачкы жарлыгы мал уурдоого каршы багытталып, атты кишендөөгө, чидерлөөгө тыюу салынган. Ууру мал башына бир тогуз айып төлөмөк. Кудалашкан кайын журту бар кызды ала качканга 40 жылкы айып, эркектин куну үчүн 300 жылкы, аялдын куну үчүн 150 жылкы белгиленген. Жарлыктын кайра жангыстыгынын ж-а бузулбастыгынын белгиси катары чырпык кыркылып, шерт кылынган. О. х. элин, өлкөнү ар уруунун чоң манабына таянып башкарган. Солто ичинде Жаңгарач, Саякта Дуулат, Таласта Ажыбек датка, бугуларда Боромбай анын атынан бийлик жүргүзүшмөк. Жоо бетинде болуучу черүү башчылыкка Төрө-гелди баатыр, айыл аскер башчылыгына Алыбек баатыр дайындалган. Устаканаларда усталар кылыч согуп, найза жасап, жоокерлерди курал-жарак м-н жабдып турушкан. Жортуулда О. х-ды коштоп жүрчү кернейчи, сурнайчылары болгон. Айтылуу манасчы Сагымбайдын атасы Орозбак хандын сурнайчысы эле. Мамл. маанилүү маселелерди О. х. кеңешчилери Жантай, Сергеян, Жаманжээн, Шамен ж. б. м-н талкуулаган. *Калыгул* олуя хандын кадырлаган акылгөй кеңешчиси эле. Хандын кеңешчилери Медербек м-н Меңназар бийдин милдетин да аткарышкан. О. х-дын жан жигити Саза эле. Хан ордосун Дада м-н Бердибек баш болгон 40 мергенчи жигит кайтарчу. О.х. Кокон хандыгы, казак султандары, Кашкар, орус генералдары м-н дипломатиялык байланыштарды ишке ашырып турган. Мындай милдетти Байсерке м-н Саза аткарган. Чет өлкөдөн келген соодагерлер адегенде О. х-га келип, мүлкүнүн баасын бычтырып, туяк пул салык (бажы) төлөгөндөн кийин гана айыл аралап соода кылышчу. Хандын алтын, күмүшү, сансыз көп мүлкү, 4–5 миң кою, 2 миң жылкысы болгон. Келген соодагерлерден, элден салык алып турган. 1847-ж. Кенесары м-н кармашта жетишкен жеңишти О. х. өз бийлигин чыңдоо үчүн пайдаланган. О. х. согуш өнөрүн мыкты билгендиги Кенесары м-н согушта колдонгон түрдүү согуштук айла-амалдарынан көрүнгөн. Алар эл ичинде «Ормон опуза» деп аталып калган (к. *Кенесарынын чапкыны*). О. х-дын мыйзамдарынын жыйындысы «Ормон окуу» деген ат м-н белгилүү. Ал айрым жылдарда Кокон чептерине, сарбаздарына кол салып турган. 1842-, 1848-, 1851-ж. Ысыккөлдөгү, Чүйдөгү Кокон сарбаздарына оор сокку урган. Тилекке каршы О. х. канчалык жан үрөп аракет кылганы м-н кыргыз урууларын саясий жактан толук бириктире алган эмес. Ал кезде өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүү үчүн өтө зарыл ички ж-а тышкы саясий шарттар жок эле. Ич ара феодалдык жаңжалдар, Кокон хандыгынын урууларды кайраштырган кыя-наттыгы кыргыз элинин кендирин кесип турган. Кытай богдыханы м-н орус падышасы деле кыргыздардын күч алышын, бирдиктүү мамлекетке биригишин каалабаган. Алар Кыргызстанды каратып алууну, кыргыз элинин үстүнөн өз үстөмдүгүн орнотууну самашкан. Буга казак султандарынын жоолашуусу кошул-ташыл болуп, кыргыз элин кыйла кыйынчылыктарга дуушар кылган. 50-жылдарда бугу м-н сарыбагыш уруу-ларынын ортосунда жаңжал башталып, ал Түндүк Кыргызстан Россиянын карамагына толук киргизилгенге чейин (1868) басылган эмес. Ошол чабыштардын биринде О. х. колго түшүп, колтукка найза жеп, оор жарааттан өлгөн. Ормондун кунун кууган сарыбагыштар кайра-кайра жортуул уюштуруп, бугулардын тынчын алган. Боромбай баш болгон бугунун бир топ айылы Каркыра м-н Текеске чейин чегинген. Боромбай калканч издеп кытай төрөлөрүнө, орус бийликтерине кайрылууга аргасыз болгон. Бугу уруусу Россиянын букаралыгына толук өткөндөн кийин гана орустардын кийлигишүүсү м-н жаңжал басаңдай баштаган. *(к. Бугу-Сарыбагыш чабыштары).* Орус окумуштуусу А. Бернштам О. х-ды орус падышасы Иван Грозный м-н салыштырып, «Ормон – малый Грозный» деп баа берген.

**ОРМОНДУН ХАН КӨТӨРҮЛҮШҮ,** к. *Ормон хан.*

**ОРОЗАЛИЕВ** Керимкул (1912-ж. т., Чүй облусу, Кант р-ну, К. Маркс айылы) – тарых ил-нин кандидаты (1955), Кыргызстан ИАнын корр. мүчөсү (1974), Кыргыз Респ-нын илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгынын

лауреаты (1970). КПСС БКга караштуу Жогорку партиялык мектепти бүткөн (1946). 1946–55-ж. партиялык жооптуу кызматта иштеген. 1956–87-ж. Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунун, Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун директору. Анын эмгектери КПСС, Кыргыз Респ-нын партиялык уюмдары м-н Кыргыз мамл-нин тарыхына ж-а улут, интернационализм маселелерине арналган. 80ден ашык ил. эмгектин автору.

**ОРОЗБЕКОВ** Абдыкадыр (1889, Фергана облусу, Маргалаӊ уезди, Охна кыштагы – 1938) – мамл., саясий ишмер; Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыӊдоо үчүн күрөшкөн. Кыргыз АССР Борб. аткомунун төрагасы (1927–37). 1909–16-ж. наабайканада жалданып иштеген. 1916-ж. көтөрү-лүштүн башталышына жигердүү катышкан. 1917-ж. Анжиян ш-ндагы нан бышыруучу ишкананын жумушчуларынын кыймылына жетекчилик кылган; мастерлердин, жумушчулардын ж-а кызматчылардын Фергана профсоюз башкармасынын мүчөсү болгон. Совет бийлиги орногондон кийин Кызыл Гвардия кошуунунун командири болуп туруп, Фергана ш-нын ишканаларын, шаардын чет-жакаларында коргонууну уюштурган. 1919–23-ж. Чимион ж-а Вуадил р-ндук революциячыл комитеттин, Мархамат р-ндук комитетинин төрагасы, Маргалаӊ уездик аткомунун президиумунун мүчөсү. 1924–25-ж. Ош округдук революциячыл комитеттин жер бөлүштүрүү бөлүмүнүн башчысы, 1925-жылдан РКП(б)нин округдук комитетинин жооптуу катчысы. Кыргыз автономия облусунун облустук аткомунун 1-пленумунда Облаткомунун Президиумунун төрагалыгына шайланган. 1937-ж. репрес-сияга кабылып, атылып кеткен. 1956-ж. реабилитацияланган. Түркстан Респ-нын Алтын белгиси , Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а ысымы жазылган курал м-н сыйланган. Анын ысмы м-н Кадамжай р-нундагы Охна кыштагы, Бишкектеги көчө аталган.

**ОРОЗБЕКОВ** Сулайман (туулган жылы белгисиз –1920) – Түндүк Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыӊдоо үчүн күрө-шүүчү. Нарында Совет бийлиги орногондон (1918, 8-апрель) кийин уездик атайын комиссиянын төрагалыгына дайындалган. Ушул кызматта турганда падыша өкмө-түнүн колониячыл саясатынын калдыктарын жоюда, эзүү-чү таптардын Совет бийлигине каршы аракетинин бетин ачууда ж-а басууда чоӊ эмгек сиӊирген. О. Нарын козголоӊу (1920, ноябрь) учурунда тап душмандарынын колунан курман болгон.

**ОРОЗО** – ислам дининин беш талабынын бири. О. мусулман (хижра) ай календарынын 9-айы рамазанда аткарылат. О. «кармануу же өзүн өзү тыюу» дегенди билдирет. Шарият б-ча О. мезгилинде тамак, суусундук ичүү ж.б. күнүмдүк турмуштук рахаттарды таӊ аткандан күн батканча өткөрүүгө тыюу салынат. О. айында кудайга ыраазычылыгын билдирип, жакшы иштерди жасашып, жардам тилеп алардын кабыл болушун сурашат. О. кармаган адам О. мезгилинде жамандык жасагандардын баарын кечиришке умтулат.

**ОРОЗО АЙТ** – мусулмандардын диний майрамы. Орозо аяктагандан кийин өткөрүлөт. Жылына рамадан айында 12 жаштан жогорку мусулмандар 30 күн орозо кармоого парс делинет. Орозонун акыркы күнү «айбашы» аталып, ар бир үйдө боорсок бышырылып, арбактарга куран түшүрүлүп, кайыр-садага берилет. Эртеси О.а. майрамы башталат. Күн жаӊы чыкканда эркектер жакшы кийим кийип, атка минишип, эркек балдарын да жасалгалуу кунан-тайларга мингизип алышып, айт намазга жыгылганы барышат; кыбыла тарапты карап намаз окушат. Намазга келгендер «намаз акы» деп акча ташташат. Намаздан кийин жаш өзгөчөлүгүнө жараша (чалдар, кемпирлер, аялдар, эркектер, келин-кыздар, балдар) топ-топко бөлүнүп алышып, кыдырата үйлөргө кирип айтташат; ар бир үйдөн даам ооз тийишип, өлгөндөргө куран түшүрүшөт. Кыргыздарда исламга чейинки шаманизм дининин калдыктары сакталып калгандыктан, анын айрым элементтери ислам динине да аралашып кеткен. Өзгөчө орозо кармоо ата-бабалардын арбагына сыйынуу ишеними м-н коштолуп келет.

**ОРОМПОЙ** – сыӊар аяк секирип ойнолчу балдар оюну. Үч түрү бар: 1. балдар 2 тарапка (топко) бөлүнүп, тегерек тартып турушат. Чучукулак б-ча оюн баштоочу 1-топ сыӊар аяктап (бир буту м-н) секирип тегерете сызылган чийиндин үстүнө турушат да, сызыктын сыртындагы атаандаштарын тегеректин ичине киргизбей бүгүлгөн буту м-н тебүүгө аракеттенишет. 2-топтун балдары тигилердин бирөө жыгылып же оболой түшкөндө, тептирбей тегеректин ичине кирип кетсе уткан болот. 2-топтун балдары сыӊар аяктап тегерете сызылган чийиндин үстүнө турушуп, 1-топтун балдарын тегерекке киргизбөөгө аракет кылышып, оюнду улантышат. Бул оюн тегерек О. деп аталат; 2. бир бутун көтөрүп, 2-буту м-н корозчо сороктогон 2 бала ийиндери же омуроолору м-н бирин бири ургулашат. Кимиси жыгылса же эки буттап басып калса, ошонусу жеӊилген болот. Бул оюн короз О. деп аталат; 3. бир нече бала бир бутун көтөрүп, секирип чуркап жарышат. Ким мурда чекке жетсе, ал жеӊет. Бул О. жарыш деп аталат.

**ОРТО АЗИЯ КОММУНИСТТИК УНИВЕРСИТЕТИ** – Орто Азияда ж-а Казакстанда советтик партиялык кызматкерлерди даярдаган жогорку окуу жайы. 1918-ж. Ташкенде Элдик ун-т катары негизделип, 1920-ж-дан Түркстан ун-ти, 1923-ж-дан О. А. к. у. деп аталган. 1954-ж. В. И. Лениндин ысымы берилген. Бул ун-тке Орто Азиядагы жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү кабыл алынып, жогорку квалификациялуу партиялык, советтик, профсоюздук, комсомолдук адистер ж-а журналисттер даярдалган. Кыргызстандан да партиялык, советтик, коомдук көп жетекчилер тарбияланып чыккан. 1960-жылдан Ташкен мамл. ун-ти.

**ОРТО АЗИЯНЫН УЛУТТУК-МАМЛЕКЕТТИК БӨЛҮНҮШҮ** 1924–25-ж. лениндик улут саясатынын негизинде ишке ашырылган. 1918-ж. Орто Азия элдери РСФСРдын курамындагы Түркстан АССРнин, Хорезм ж-а Бухара Совет респ-ларынын аймагына бөлүнүшкөн. Түркстан Респ-нын Борб. аткому О. А. у-м. б. ж-дө

чечим кабыл алган. СССР Борб. аткомунун 1924-ж. 27-октябрдагы токтомуна ылайык, Орто Азияда Түркмөн ССРи ж-а Өзбек ССРи, Өзбек ССРинин курамында Тажик АССРи, РСФСРдын курамында Кара-Кыргыз ж-а Каракалпак автономия облустары түзүлгөн. Түркстан АССРиндеги казактар Казак АССРине бириккен. Кара-Кыргыз автономия облусу 1925-жылдын майында Кыргыз Автономиялуу облусу, 1926-жылдын февралында Кыргыз АССРи аталып, 1936-ж. Кыргыз ССРине айланган.

**ОРТОКАЙЫРМА КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 3–1-к. ж-а б. з. 1–3-к. сак, усун уруулары калтырган дөбө-мүрзөлөр. Калинин р-нунун Эркинсай кыштагынан 1 *км* түштүк тарапта. Бийиктиги 2–3 *м*, айланасы 20–40 *м* эки дөбө мүрзөдөн турат. Мүрзөлөрдөн карапа идиштер, тиричиликке керектүү башка буюмдар табылган.

**ОРТОТОКОЙ КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 3-к. – б. з. 8-к-на таандык археол. эстелик. Бишкек–Нарын автожолунун 205 *км*нде, Ортотокой капчыгайынын тоо этектеринде, Чүй суусунун эки тарабында жайгашкан. Көрүстөндөр тегерек формада, этектери чоң таштар м-н курчалган. Дөбөлөрүнүн бийиктиги 30–35 *см* – 3 *м*ге чейин жеткен. Чоң көрүстөндөр өрөөндүн батыш тарабында жайгашкан. Маркумдардын көрлөрү таш, жыгач капкактары м-н жабылган. Айрым көрлөрдүн дубалдары таштан кынап тизилип, табып формасында. Колго ж-а чарыкка жасалган алмурут сымал түзүлүштөгү түбү тегерек карапа идиштер, оймо-чиймелер, жыгач аяк, колодон жасалган сөйкө, кур тогоосунун сыныгы, ийиктин башы, таш бүлөө табылган. О. эле 707–709-жылга таандык кытай тыйындары кездешкен. О. к. А. Н. Фетисов, А. К. Кибиров тарабынан изилденген.

**ОРУС-ЖЕРГИЛИКТҮҮ МЕКТЕПТЕРИ** – Октябрь революциясына чейин Орто Азия м-н Түштүк Казакстанда орусча билим берүүчү мектептер. Падыша өкмөтүнүн Түркстан аймагындагы өкмөт башчылары жергиликтүү калкты окутуу ж-а мусулман дининин таасирин басаңдатуу үчүн ачкан. Окуу орус тилинде жүргөн. Бул мектептер негизинен колонизатордук максатты көздөгөнү м-н жергиликтүү калкты орус тили ж-а маданияты м-н азыноолак тааныштырган. Кыргызстандагы алгачкы О.-ж. м. 1884-ж. Токмок ш-на жакын Караконуз кыштагында, 1887-ж. Ошто, 1894-ж. Каракол уездинде ачылган. 1903-ж. Токмоктогу орус-тузем мектебинде 120га жакын кыргыз, өзбек, татар, орус балдары билим алган. Октябрь революциясына чейин Кыргызстанда 16 мектеп иштеп, 750дөй адам (а. и. 670ы жергиликтүү калктын балдары, алардын 56сы кыздар) таалим алган.

**ОРХОН-ЕНИСЕЙ ЖАЗУУЛАРЫ** – 7–12-к-га таандык Моңголия, Түштүк Сибирь, Орто Азия аймактарынан табылган түрк тилдүү элдерге тиешелүү жазуу эстелик-тер. Орхон (Моңголия) ж-а Енисей дарыя-ларынын аралыгынан табылгандыктан, О.-Е. ж. деп аталат. Белгилүү окумуштуулар В. В. Радлов, В. Томсен, С. Е. Маловдор Енисейдеги жазуулар Орхондогу жазууларга салыштырмалуу эртерээк пайда болгондугун ж-а Енисей жазма эстеликтери кыргыздарга тиешелүү экендиги ж-дө алгачкы маалыматты 1697-ж. С. У. Ремезов өзү чийген картасында белгилеген. Булардан тышкары Д. Мес-сершмидт, Ф. И. Страленберг, П. С. Паллас, Г. И. Спасский ж. б. изилдеген. Эстеликтерди биринчилерден болуп В. В. Радлов ж-а дания-лык окумуштуу В. Томсен бир мезгилде чечмелеп окуп, жазуулар түрк тилдүү экендигин кабарлашкан. 1888-ж. В. А. Каллаур ж-а Н. Гастев Таластан руна жазуусу бар алты эстеликти табышат. П.М. Мешоранский, С.Е.Малов, И.А. Батманов, В. М. Насилов, А. Н. Кононов, Н. А. Баскаков, С.Г. Кляшторный, С. Сыдыков, Ч. Жумагулов, К. Табалдиев ж. б. изилдөөчүлөр эстеликтерди изилдөөдө ж-а алардын фонетикалык, грамматикалык ж-а лексикалык өзгөчөлүктөрүн иликтешип, өтө баалуу тарыхый булак экендигин далилдешкен.

**ОРХОН ТҮРКТӨРҮ** – 5–8-к-да Борбордук Азияны мекендеген түрк уруулары. Ашина уруусу жетектеген түрк уруулары 460-ж-га чейин гунндардын мамл-нин курамына кирген. 460-ж. алар жужандарга (аварлар) баш ийип калышат. Жужандар аларды Алтайга көчүрүшкөн. Бул жерде түрктөр бай кендерди өздөштүрүп, темир эритип турушкан. Түрк башчылары Асад-шад, Туу ж-а Бумын мыкты жабдылган кубаттуу атчан аскерлеринин жардамы м-н алтай урууларын өздөрүнө багындырган. 552-ж. жужандарды талкалап, Улуу Түрк кагандыгын (552–603) түзүшкөн. Орхон түрктөрүн 745-ж. уйгурлар талкалаган. Алар 10-к-га чейин жарым-жартылай өз алдынчалыгын сактап калган.

**ОСМОН** Тайлак уулу –19-к-дын 2-жарымында саяк уруусун бийлеген манап. Ал 1867-ж. манаптардын укуктарын Россия өкмөтүнүн «Түркстан аймагын башкаруу б-ча жобосуна», б. а. падышалыктын букаралыгына өтүүгө каршы чыккан. 1868-ж. 27-майда О-дун жигиттери Тогузторо аймагында жашаган көчмөндөрдү орус падышалыгынын болуштук бирдиги кылып уюштуруу үчүн барган майор Загряжскийдин чакан отрядына кол салган. Загряжскийди Шабдандын отряды гана колго түшүүдөн сактап калган. О. олжологон буюм-теримин ж-а бир аз туткунду алып, Анжиян тарапка кире качкан. Кокон хандыгы Россияга көзкаранды абалда калганына байланыштуу О. кайра Кашкарга (Йакуб бектин карамагына) өткөн. Бирок цин-манжур үстөмдүгү-нө каршы күрөшүп жаткан Йакуб бек Россия м-н мамилесин бузуудан жалтайлап, О-дун туткундарын орус бийликтерине кайтарып берген. Он чакты жыл О. Йакуб бек бийлеген аймакта жашагандан ки-йин Алатоого кайтып, тынч жашаган.

**ОСМОНААЛЫ** Сыдык уулу (Кыдык уулу) (1879, Кочкор өрөөнү, Абайылда болушу, Кызылдөбө айылы – 1942, Кытай Эл Респ., Текес ооданы, Чекирти айылы) – кыргыздын алгачкы тарыхчысы, агартуучу. Ата-энесинен эрте жетим калып, аталаш агасы Канаат болуштун көзөмөлүндө чоңоюп, жергиликтүү молдодон баштапкы билим алат. 13 жашында Токмоктогу Шакир калпадан окуйт. 1895-жылдан өз айылындагы балдарды 3–4 жылдай окутуп, топтолгон каражаты м-н 1899-ж. Үчтурпандагы медреседен окуусун улантат. Ал жакта

болуп өткөн жер титирөөдөн улам окуусун толук аяктабастан кайтып келишке мажбур болот. Бирок ошол эле мезгилде Бухаранын диний жогорку окуу жайынан бир жыл окуп келет. 1895-жылдан тартып кыргыз элинин тарыхын жыйнап, аны жазуу ишин колго ала баштайт. Үчтурпанда окуп жүргөн мезгилде Кытайдагы чоңбагыш кыргыздарына барып тарых чогултат. О. жыйнаган тарыхтарын 1913-ж. «Мухтасар тарых-и Кыргызйа» («Кыргыздардын кыскача тарыхы») деген ат м-н Уфа ш-нда араб арибинде бастырып чыгарат. Көп узабай 1914-ж. О. «Тарих-и кыргыз Шадманийа» («Шабданга багышталган кыргыз тарыхы») аттуу 2-китебин жарыкка чыгарат. Анын бул эмгектери кыргыз элинин тарыхындагы алгачкы тарыхый чыгармалар катары саналган. О-нын Үркүндөн кийинки ишмердиги агартуучулук м-н байланышкан. 1919-жылдан Бишкектеги 2-түрк окуу жайынын жетекчиси, андан соң «Кошчу» союзунун мектебинде мугалим, 1925-жылдан 6-мектепте эне тил мугалими болуп иштеген. 1930-ж. эл душманы деген жалаа м-н түрмөгө камалган. Бир жылдан кийин, 1931-ж. 11-мартта Кыргыз АССРинин жогорку соту аны өлүм жазасына өкүм чыгарат. Бирок өкүм ишке ашырылганча аны Ташкендин түр-мөсүнө которуп жиберишет. Ал жерден кутулуп чыккандан кийин, Кочкордогу айылы Дөңалышта жүргөндө кайрадан кармалат. Жолдон качып, Сокуluктагы эжесиникинде 2 ай жашайт. Андан кийин үй-бүлөсү м-н Тажикстандын кыргыздар жашаган Жергетал р-нуна барып баш калкалайт. Ал жактан да тынчтык болбогон соң үй-бүлөсү м-н коштошуп, Кытайга качат. Текестеги Көктерек айылында бир жыл мугалим болуп иштейт. Андан кийин Кулжадагы Сталин атн. гимназияда жетекчи ж-а мугалимдик кызматтарда иштеген. 63 жаш курагында безгек оорусунан өлгөн. 1958-ж. акталган. 1990-ж. анын «Тарых-и кыргыз Шадманийа» эмгегин проф. К. Карасаев басмага даярдап чыгартты.

**ОСМОНБЕКОВ** Арстанаалы (1874, Наманган уезди, Кыркуул болушу, Тегене кыштагы –1945, Аксы р-ну, Авлетим кыштагы) – Түркстанда ж-а Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоого жигердүү катышкандардан. Наманган орус-жергиликтүү мектебинде окуган. 1-дүйнөлүк согушта Белоруссияда оорук жумуштарында иштеп жүрүп, согушка каршы күрөшкө катышкан. 1919-ж. наманганддык кыргыздардын ыктыярдуу атчандар кошуунун түзгөн. 1920-ж. Кыргыз атчандар дивизионуна командир болуп, басмачыларга каршы күрөшкөн. Калыбай, Аман палван ж.б. корбашыларды талкалоого катышып, Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Жалалабат ж-а Талас аймактарында партиялык, советтик кызматтарда, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Аксы р-нунда колхоз башкармасынын төрагасы болуп иштеген. Кыргыз АССР Советтеринин 1-уюштуруу съездинин делегаты.

**ОСМОНКУЛ** Бөлөбала уулу (1888, Чүй облусу, Кант р-ну, Чоңдалы айылы –1967, Бишкек) – төкмө акын, айтыш өнөрүнүн ири устаты, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1942). Адегенде айыл молдосунан, андан кийин диний мусулман мектептен 6 жыл таалим алган. Кат-сабаттуу болгондуктан, Октябрь революциясына чейин эле эски ж-а жаңы өзбекче, казакча чыккан адабий чыгармалар м-н кабардар болгон. «Кыз Жибек», «Козу Көрпөч-Баян сулуу» өңдүү дастандарды окуп, алардан айрым үзүндүлөрдү домбранын коштоосунда аткара билген. Анын ырчылык өнөрүнүн өрчүшүнө *Калык* Акыевдин эмгеги зор. 1926-ж. Кыргыз театр студиясына (кийин театрга айланган) кирген, айрым спектаклдерде роль аткарган. 1936–54-ж. Т. Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын солисти болгон. 1936-ж. тунгуч ыр жыйнагы («Осмонкулдун ырлары») жарык көргөн. «Ырлар» (1947), «Ашымжан» (1949), «Мекен» (1950), «Тандалган чыгармалар» (1960) ж. б. жыйнактары; «Өлбөс адамдар» (1965), «Менин өмүрүм» (1968) аттуу мемуардык чыгармалары, «Ашымжан», «Сапарбек», «Баатырдын баяны», «Чыныбай мерген» өңдүү поэ-малары бар. Кийин «Тандалган чыгармалар» (1974), «Тандалмалар» (1978), «Ырлар» (1981) деген китептери чыккан. Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ОСМОНОВ** Өскөн Жусупбекович (1954-ж. т., Чүй облусу, Чүй р-ну, Маданият айылы) – тарых ил-нин доктору (1994), проф. (1996). Кыргыз Респ-нын Коомдук илимдер академиясынын академиги (2000). 1976-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн 1976-жылдан Кыргыз Совет энциклопедиясынын редактору, К. И. Скрябин атн. Кыргызстан а. ч. ун-тинин окутуучусу, улук окутуучусу, доценти, кафедра башчысы. Кыргыз билим берүү академиясынын тарых, коомдук ж-а эстетикалык билимдер бөлү-мүнүн, Кыргыз Улуттук аттестациялык комиссиясынын эксперттик кеңешинин жетекчиси. 200дөн ашык ил. эмгектин, а.и. 15 окуу куралынын, 7 монографиянын автору. Кыргызстан тарыхы б-ча жогорку окуу жайлары ж-а мектептер үчүн жазылган 5 окуу китеби кыргыз, орус, өзбек ж-а тажик тилдеринде 600 миң нускада басылып чыккан. Эмгектери Кыргызстандын байыркы доордон тартып азыркы кезге чейинки тарыхына, а. ч-на ж-а айыл жерлериндеги социалдык турмушка арналган. Редакциялык кеңештин төрагасы катары ушул энциклопедиянын даярдалып чыгышына өзгөчө эмгек сиңирген. Кыргыз Респ-нын Ардак грамотасы м-н сыйланган (2003).

**ОСМОНОВА** Турсун (1900, Чүй облусу, Кемин р-ну, Үчурук айылы – 1970) – Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө катышкан кыргыз кыз-келиндеринин өкүлү. 1918–20-ж. Токмоктогу азык-түлүк кошуундун иштерине активдүү катышкан. 1920–23-ж. Бухара ш-ндагы 4-бригаданын 12-аткычтар полкунда ыктыярдуу жоокер ж-а санитарка болуп кызмат өтөгөн. 1924–1925-ж. Токмок ш-нда партиялык ж-а комсомолдук иштерде, 1926–1929-ж. ВКП(б)нын Кыргыз обкомунда, 1929–1930-ж. Ош округдук аялдар бөлүмүндө, 1936–1953-ж. советтик чарбалык жетекчи кызматтарда иштеген.

**ОСОБО** Василий Варфоломеевич – Кыргызстандын түштүгүндө ж-а жалпы эле Фергана өрөөнүндө революциячыл кыймылды жайылтуучулардын бири. РСДРПнин Жаңы Маргаландагы тобунун (1906) өкүлү.

1905-ж. октябрда аскерге алынып, ал жерде революциячыл ийримдерди уюштуруп, жашырын адабияттарды таркаткандыгы үчүн 1906-ж. ноябрда камакка алынып, Самарканга, кийин Оштогу штрафтык ротага айдалган. Бул ротада социал-демократтар тобун уюштуруп, Сулайман тоодо солдаттар м-н шаардык кембагалдардын саясий жыйынын өткөргөн. Полициянын куугунтугунан улам 1906-ж. 16-декабрда «В. Н. Голубев» деген ысымга жамынып, Оштон качып кеткен.

**ОТОР САЯСАТЫ,** Р о с с и я п а д ы ш а ч ы л ы г ы н ы н К ы р г ы з с т а н д а г ы о т о р с а я с а т ы. 19-к-дын 60–70-жыл-дарында жаңыдан каратылган жерлерде падыша өкмөтүнүн кызыкчылыгын коргоо, орусташтыруу ж-а жергиликтүү элдин толкундоолорун басып туруу үчүн оокаттуу орус дыйкандарын Түркстанга «оторлоштуруу» м-н башталган бул процесс кийин 90-жылдардагы Россия империясынын борб. губернияларындагы агрардык кризиске байланыштуу орус дыйкандарынын чет-жакаларга массалык түрдө жер которуусу м-н коштолгон. Кыргызстанда биринчи орус кыштагы Токмок коргон-чебинин жанында Сибирь губернияларынан ж-а Россиянын европалык бөлүгүнөн келгендер тарабынан 1866-ж. түзүлгөн. 1867-ж. Пишпекке (Бишкекке) жакын жерде Лебединовка кыштагы түзүлүп, 40 киши орун-очок алган. 19-к-дын 70-жылдары Таластан Чүй өрөөнүнө, андан Ысыккөл ойдуңун көздөй кеткен аскер-соода жолдорунун боюнда бир катар кыштактар пайда болгон. Орус кыштактарын жайгаштыруу атайын план б-ча жүргүзүлгөн. 19-к-дын 90-жылдарынын башында Россиянын европалык бөлүгүндө түшүмсүздүк, ачкачылык болгонуна байланыштуу империянын чыгыш жактарына, а. и. Кыргызстанга да өз бетинче жер которуп келгендердин мурда болуп көрбөгөндөй толкуну каптап кеткен. Ушундан баштап Кыргызстандын түштүгүнө да келгиндер көп келе баштаган. 1893-ж. Ош уездинде 20 үй-бүлөдөн турган Покровка аттуу (Куршаб) орус кыштагы түзүлгөн. 1897-ж. дагы үч кыштак уюшулган. Алар Киев губерниясынын Канаев уездинен келишкен дыйкандарга таандык эле. Ошол жылдары Чаткалда Александровский, азыркы Аксы р-нунун аймагында Успенский кыштактары пайда болгон. 1899-ж. катаал шарттарга чыдай албаган орус дыйкандары Чаткалдан көчүп кетишкен. Успенский болсо жергиликтүү элде «Мужук» деген ат м-н өнүгүп, кийин чоң кыштакка айланды (Жергетал). Кыргызстандын түштүгүндөгү отор саясатынын экинчи толкуну 1898-ж. *Ан-жиян көтөрүлүшүнө* байланыштуу Көгарт өрөөнүнө орус дыйкандарын олтурукташтыруу демилгесинен башталат. 1899-ж. азыркы Жалалабат ш-на жакын жерде Благове-щенский кыштагы, Базаркоргон р-нунун аймагында Николаевский, 1906-ж. Көгарт-та Спасский кыштактары пайда болгон. 1912-жылга карата Жалалабат облусунун ай-магында Көгартта: Благовещенский, Спасский, Көкжаңгак, Жергетал, Таранбазар; Базаркоргондо – Николаевский; Аксыда – Успенский; Кетментөбөдө – Кетментөбө кыштактары болуп, аларда үч миңге жакын орус дыйкандары олтурукташкан. 19-к-дын 90-жылдары өз бетинче жер которуп келгендер мурункулардан («старожильцы») айырмаланып алардын басымдуу бөлүгү туулган жерлерин өзүлөрү таштап кеткен эң кедейдыйкандар болгон. Аларды жайгаштыруу үчүн бош жер издөө, жер үлүшүн чектөө маселелерин чечүү падышачылыктын саясатынын реакциялык маңызын, элге каршы мүнө-зүн ачып көрсөткөн иш-чаралар м-н коштолгон. Падышалык Россия үчүн негизги максат – өтө кедейленип кеткен дыйкандарды чет-жакаларга «ыргытуу» жолу м-н Россиянын борб. р-ндорунда агрардык кризисти басаңдатуу эле. Бул саясат 1903-жылдын 10-июнундагы ж-а 1906–10-жылдардагы столыпиндик агрардык саясаттын жылдарында биротоло калыптанган. Отор кыймылынын учурунда жергиликтүү бийликтер борб. губерниялардан жаңы келген дыйкандарды жерге орноштурууга үлгүрө албай калган, бул жагдай келгиндердин да, түпкү элдин да нааразылыгын туудурган. Ошентип, падышачылыктын чет-жакаларга өзүнө таяныч түзүп, өлкөдөгү агрардык маселени чечмек болгон жер которуу саясаты күткөн үмүттү актаган эмес. Тескерисинче, жаңы аймакта жаңы агрардык кризистин пайда болуусуна алып келип, алардын баары Түркстан калктарынын, а. и. кыргыздардын Россиянын колониялык саясатына күчтүү нааразылыктарды жаратып, 1916-ж. көтөрүлүштүн өбөлгөлөрүн калыптандырган.

**ОТРАР** – Сырдарыянын ортонку агымындагы б. з. ч. 1-к. – б. з. 16-к-дагы шаар. Түштүк Кыргызстандагы Отрартөбө шаар чалдыбары м-н окшоштурулат. Орхон-Енисей жазмаларында шаардын аты Кеңү-Тарбан деп берилет. Араб географы Йакут Хамави (13-к-дын башы): «Турарбанд – Сейхундун өйүзүндөгү шаар… Бул чөлкөмдүн эли анын атын ар кыл айтышат; Турар деп да, Отрар деп да айтылат», – деп эскерет. О. араб даректеринде Фараб деп да айтылат. О-дын айланасындагы аймак да жалпы жонунан Фараб аталган. Бул аймактан Абу Наср ал-Фараби ат-Түрки (870–950) ж. б. окумуштуулар чыккан. Орто кылымдардын алгачкы мезгилинде бул жерде огуздар жашаган, аларды 10–11-к-да кыпчактар сүрүп чыгарган. 1218-ж. бул шаардагы Хорезмшах Мухаммедге баш ийген Йинал хан деген адам Чыңгыз хандын соода кербенин талап, соо-дагерлерин өлтүргөн ж-а ушул окуяга шылтоолоп, Чыңгыз хан 1218-ж. О-ды талкалап, Орто Азиянын башка аймактарын басып алган.

**ОТУЗАДЫР ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 6–8-к-дагы чептин калдыгы. Отузадыр тоосунун түндүк этегинде (Өзгөн шаарынан 20 *км* батыш тарапта). Аянты 3 *га.* Эки бөлүктөн турат: биринчиси сарай түрүндөгү имарат, экинчисине турак жайлар ж-а чарба курулуштар курулган. Казуу учурунда коло бедиз ж. б. буюмдар табылган. Бедиздин бийиктиги 17 *см;* башына таажы кийип, мойнуна мончок тагынган, үстүнө чепкен жамынган, жонунда эки канаты бар, буттары айбандыкына окшош макулук. Мындай бедиз Орто Азия м-н Казакстан аймагынан биринчи кездешкен.

**ОТУЗ ОГЛАН** – 6–9-к-да Талас өрөөнүн мекендеген уруу. Таластан табылган *Орхон-Енисей жазууларында* эскерилет. Кыргыздын ичкиликтер (булгачылар) урууларынын өкүлдөрү оң ж-а сол канат кыргыз урууларын отуз уулдун балдары, өздөрүн «он уул ичкиликтербиз» (баары – 40 уруу кыргыз) деп аташары маалым. Бул этноним башка элдердин курамынан кездешпейт. Аталган эстеликтерде «Кара Чоро», «Агулт» (Ак уул) деген кыргыздарга гана тиешелүү аталыштар кездешет. к. *Отуз уул* макаласын.

**ОТУЗ УУЛ** – оң ж-а сол канат кыргыз урууларынын жалпы аталышы. О. у. – бугу, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар катары да белгилүү. Отуз оглан аталышы м-н Таластан табылган руна сымал жазууларда (6–9-к.) эскерилет. Г. Ф. Миллердин эмгегинде (18-к.) Түштүк Сибирде «отус» аттуу аймак ж-дө маалыматтар кездешет. Кыргыздарга теги жакын сары уйгурларда «оглан» деген урук сакталып калган. 15-к-га таандык «Шаджарак ал-атракта» («Түрктөр санжырасы») кыргыздар 40 моңгол кызынан, ал эми «отуз огул» (отуз уул) алардын 30 баласынан тарагандыгын баяндаган уламыштар чагылдырылган. Сайф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат-Таварихинде» (16-к.) О.у. Салус бек Бул(а)гачи Ак уулдун балдары катары көрсөтүлөт. Тарыхый булактарда Адигине, Мунгуш, Кара багыш, Тагай баатырлар О.у-дун балдары экендиги эскерилет. 16-к-дан О.у-дун тукумдары катары сол канат кыргыз уруулары да атала баштаган. Түркolog А. Н. Кононовдун пикири б-ча «О. у.» отуз уруу маанисин туюнтат. «Отуз оглан» сөзү чагылдырылган Таластагы жазуу эстеликтеринде 16-к-да эскерилген Кара Чоро генониминин болушу, о. эле енисей жазуулары, Таластан ж-а Кочкордон табылган руна сымал жазууларда «адык», «азык», «ач эли», «ынал», «агулт» терминдери да кызыгууну жаратат. Фарс тарыхчысы Рашид ад-Дин (13-к.) кыргыздар өз жол башчыларын «инал» дешерин эскерет. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө «ынал» – энеси чоң (тектүү, белгилүү, күч-кубаттуу) уруудан, атасы «тексиз, карапа-йым жерден чыккан адам» деген маанини билдирет. Демек, О. у. 6–10-к-да эле уруулук аталыш катары белгилүү болгон.

**ОТУРУКТАШУУ** – көчмөн турмуштан бир жерге туруктуу жашоого өтүү. Мал чарбачылык м-н тиричилик кылган көчмөн элдердин дыйканчылыкка өтүшүнө ж-а айрыкча акча-товар мамилелеринин өсүшүнө байланыштуу жүргөн. Кыргыз жергесинде О. процесси байыркы мезгилдерден эле башталган, бирок Түндүк Кыргызстандын тоолуу өрөөндөрүндө жай өнүгүп, моңгол, калмак жортуулдарынын ж-а өз ара феодалдык күрөштөрдүн доорунда О. үчүн зарыл саясий шарттар болгон эмес. 15-к-дын аягы – 16-к-дын башында кыргыздардын айрым тобу отурукташа баштаган, ал эми Кыргызстан Кокон хандыгына киргенден кийин түштүк кыргыздардын О-су күч алган. Кыргызстан Россияга каратылгандан кийин жүргөн социалдык-экон. өзгөрүүлөр кыргыздардын О. процессин күчөтүп, натыйжада 19-к-дын 90-жылдарына карата Түштүктө калк отурукташкан конуштар – кыштактар пайда болгон. Ферганада жер салык реформасынын жүрүшүндө кыргыз болуштуктарынын көпчүлүгү отурукташтырылган. Ал эми Кыргызстандын түндүгүндө ж-а Талас өрөөнүндө мындай иш-чаралар болгон эмес. 19-к-дын 90-жылдары ж-а 20-к-дын баш ченинде Кыргызстандын дээрлик бардык болуштуктарындагы жерге жайгаштырылбаган эң кедей калк отурукташууга өтүүнү каа-лаганын билдирген. Отурукташкан тиричиликке өткөрүүнү сурагандардын саны көбөйгөнү м-н алар өзүлөрүнүн каалоо-өтүнүчүн ачык билдире алган эмес, анткени оокаттуу адамдар өз уруулаштарынын отурукташкан тиричиликке өтүшүнө ар кандай жол м-н каршылык кылып турушкан. 1898-жылдын 4-апрелинде Чүй өрөөнүндө Талкан болуштугунун 33 чарбасы Ташдөбө деген биринчи отурукташкан конушту түзүшкөн. Аларга 770 *га* жер бөлүнүп берилген. Жер салык реформасы жүргүзүлгөн учурда Фергана облусунда отурукташтырылбай кал-ган болуштуктардын бири да кийин жерге жайгаштырылган эмес. Кыргызстандын түндүгүндө болсо О. б-ча анча-мынча гана иш жүргүзүлгөн. Ташдөбө кыштагы юридикалык жактан 1912-ж. гана катталып жазылган. Байтик деген наам м-н отурукташкан жаңы болуштук түзүлгөн. Буга Пишпек уездиндеги Ташдөбө ж-а Чалаказак деген эки кыштак кошулган. 1910-жылдан Пишпек уездинин чыгыш Сокулук кыргыз болуштугун жерге жайгаштыруу башталган. 1915-жылдын январына карата кыргыздардын отурукташкан он болуштугу катталган, анын курамында 8267 түтүнү бар 67 кыштак түзүлгөн. Пржевальск уездинде 5 кыргыз кыштагы түзүлүп, орус болуштуктарына киргизилген. 1916-жыл жаңырганга чейин жерге жайгаштыруу Пишпек уездинин дагы 4 болуштугунда аяктаган. Кыргызстандагы О. процесси феодалдардын каршы чыгышынан, бюрократизмдин ж-а жергиликтүү бийликтердин маанисиз себептерди шылтоо кылып создуктура бергенинен, о. эле өкмөттөгү пикир келиш-пөөчүлүктөн улам кечеңдеген. Совет бийлиги орногондон кийинки иш-чаралар ж-дө к. *Көчмөн чарбаларды отурукташтыруу* макаласын.

**ОШ** – Кыргызстандагы байыркы шаарлардын бири. Б. з. ч. 4-к. – б. з. 5-к-да шаар Чыгыш ж-а Батыш өлкөлөрүн байланыштырган Улуу Жибек жолундагы маанилүү калаа-га айланган. 8–10-к. О. чоңдугу б-ча Фергана өрөөнүндөгү эң ири шааарлардын бири катары саналган. Шаар дубал м-н курчалган ж-а анын үч дарбазасы (Дарбаза-ий Кух, Дарбаза-йи Аб ж-а Дарбаза-йи Мугкеде деген) болгон. О. ш-н 13-к-дын башында Чыңгыз хандын аскерлери кыйраткан. 14-к-дын акырында Аксак Темирдин дөөлөтүнө, ки-йин Моголстанга караган. Улуу Моголдор династиясынын негиздөөчүсү Захиреддин Мухаммад *Бабур* өзүнүн «Бабур-Наама» деген эмгегинде О. ж-а о.эле Сулайман тоонун үстүндөгү чакан үй ж-дө да эскерип кеткен (1496–98). 17-к-да калмактардын кол салуусуна ж-а талоонуна кириптер болуп турган. 1762-ж. Кокон ханы Эрдене басып алган. Ош тегерегиндеги айылдары м-н кошо хандыктын акимдик-аймактык системасында борбордук вилайетке баш ийген бектиктин, 19-к-дын 2-жарымында Ош вилайетинин борбору болгон. 1876-жылдан Түркстан генерал-

губернаторлугунун Фергана облусундагы Ош уездинин борбору болуп калган. 1924-жылдан округдун, 1926-жылдан кантондун, 1928-жылдан райондун, 1939-жылдан облустун борбору. Учурда шаарда орто кылымдын убагында курулган рават Абдулла хандын мечити (16–17-к.), Азаф-Ибн-Бурхиянын мавзолейи (17–18-к.), Алымбек датканын мечити (19-к.), Мухамад Юсуп Байкожо-оглынын мечити (20-к.) ж. б. 30дан ашык эстеликтер калыбына келтирилген. Ош ш-нда б. з. ч. 4-к.–5-к-га таандык Мырзалимдөбө, Чаяндөбө, Отузадыр байыркы чептери, Мады, Коргошундөбө, Акбуура, Шалтакдөбө, Шоробашат, Куршаб, Бөрүдөбө, Дөңбулак, Дыйкан ж. б. чептердин калдыктары сакталган. 2000-ж-дын октябрь айында *Ош шаарынын 3000-жылдык салтанаты* белгиленди.

**ОШ ОКУЯСЫ** – респ-да топтолгон социалдык маселелердин өз убагында чечилбей келишинен улам чыккан, кан төгүлүүгө чейин жеткен улуттар аралык кагылышуу. 1990-ж. июндун алгачкы күндөрү тымызын О. о. уюштурулуп, кыргыз ж-а өзбек калктарынын кагылышуусу Ош, Өзгөн ш-ларында, алардын жака-белинде ж.б. жерлерде болуп өттү. Апрель–май айларында Ош ш-нда жашаган кыргыз жаштары үй салуу үчүн жер сурап бийликтегилерге кайрылышат. Бирок, облустук жетекчилер аны оң чечип бере алган эмес. Качан гана жаштардын талаптары күчөй баштаганда, аларга Ош ш-ндагы өзбек диаспорасы жашаган аймактан жер беришет. Үйсүз кыргыз жаштарынын Оштун тегерегинен жер алып, үй куруу аракеттери айрым өзбек улутундагы автономия суроого ниеттенген жикчи экстремисттер тарабынан каршы кабыл алынып, чакан топтордун өз ара чарпышуусу улуттар аралык араздашууга чейин көтөрүлүп чыкты. Натыйжада, эки элдин ортосунда кандуу кагылышуу чыгып, «элчиликке» Москва кийлигишип, атайын даярдыктан өткөн аскердик тажрыйбага ээ аскерлер киргизилген. Июндун башында Түштүк Кыргызстандын Ош, Өзгөн сыяктуу айрым аймактарында, 7-июнда Бишкекте коменданттык саат киргизилди. Элдик акыл-эс бат эле бул чыр-чатак чыгарууга багытталган окуяларга чек коюуга жетишти. Кыргыз-өзбек тарыхый боордоштугу 200дөн ашуун кишинин өмүрүн алган бул сыноого туруштук бере алды. Эки эл ынтымакка келди. Кыргызстандагы демократиялык кыймылды муунтуу үчүн О. о-сын пайдалануу аракеттери майнапсыз аяктаган.

**ОШ СОЛДАТ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ** – 1917-ж. 14-мартта гарнизондук солдаттар тарабынан түзүлгөн революциячыл бийлик органы. 1918-жылдын 17-январына чейин Ош советинде солчул эсерлер м-н меньшевиктер саны жагынан басымдуулук кылып келген ж-а 1917-ж. 10-июлдагы чогулушунда Убактылуу өкмөткө ишеним көрсөтүү ж-а большевиктерге каршы күрөштү жайылтуу ж-дө токтом кабыл алынган. Эсерлер, меньшевиктер жетекчилик кылып, аракеттеги армияга солдаттарды мобилизациялоого ар тараптан жардам берип, эркиндик «заёмун» таратууга катышкан. 1918-ж. 5-январдан «Ош жумушчу ж-а мусулман депутаттар совети» аталган. 1918-ж. 15-январдан «Ош уеэддик Совети» түзүлүп, большевиктештирилген ж-а пролетариат диктатурасынын жергиликтүү органына айланган.

**ОШ ТУРГУН ЖАЙЫ –** коло дооруна (б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягы – б. з. ч. 8-к.) таан-дык археол. эстелик. Акбуура суусунун сол тарабында Сулайман тоосунун этегинде орун алган. Таш ж-а коло доорлоруна тиешелүү куралдардын калдыктары, аска бетине түшүрүлгөн сүрөттөр ж-а көрүстөндөр изилденген. 1947-ж. оюу түшүрүлгөн чопо идиштин калдыгы табылып, ал дыйканчылык ж-а мал чарбачылыгы м-н кесип кылышкан коло доорундагы урууларга тиешелүү экендиги аныкталган. 1976-ж. тоонун боорундагы музейге жол салууда чуст кера-микасы табылып, эзелки адамдардын турагы бар экендиги белгиленген. Ушул эле жылы окумуштуулар Ю. А. Заднепровский, Е. В. Дружининалар уз. 200 *м*ден кем эмес турак жай орун алгандыгын белгилешкен. Тоонун этегинен төмөн карай кеткен тектирчелерде турак жайлар жайгашкан. Чарбалык буюмдарды коё турган оюкчалардан коло шибеге, жаргылчак, таш оroктун сыныгы табылган. 1979-ж. Ленинград археол. ин-тунун Фергана экспедициясы жергиликтүү Край таануу музейи м-н бирдикте 500 *м2* аянтты ээлеген 2 тектирчеде 2 жарым үй, 40тан ашуун чарбалык аңдарды изилдешкен. Мындай жарым үй буга чейин Дальверзинде ж-а Чустта гана белгилүү болгон. О. эле боёк м-н коэдолгон идиштер, чопо идиштердин 5000ден ашуун сыныктары, акак таштуу шурулар, 140 таш куралдары ж-а тешиктери бар чүкөлөр кездешкен.

**ОШ УЕЗДИ** – 1876–1924-ж. *Түркстан ге-нерал-губернаторлугунун* Фергана облусундагы админ. аймак.

**ОШ ШААРЫНЫН 3000 ЖЫЛДЫК САЛТАНАТЫ** – 2000-жылдын октябрь айында Бириккен Улуттар Уюмунун колдоосу м-н өткөрүлгөн маараке. Салтанат учурунда Президент А. Акаев Ош ш-на экинчи борбор статусун берүү ж-дөгү Указын чыгарды. Ош ш-н келечекте өнүктүрүү багыттары иштелип чыкты. Кийинки жылдарда Ош ш-нда Тарых музейинин, телеборбордун жаңы имараттары ж. б. маанилүү курулуштар курулду.

# Ө

**ӨЗБЕКТЕР** – түрк элдеринин бири, улут. Алтай тил үй-бүлөсүнүн түрк тилдер тобунун карлук бутагына кирген өзбек тилинде сүйлөшөт. Өзбекстандын негизги калкы. Ө-дин карлук, кыпчак, огуз диалектилеринен тышкары, көптөгөн өткөөл говорлору бар. Ө. Караханийлер (10–13-к.) доорунан Аксак Темирдин ж-а анын урпактарынын дооруна (14-к-дын экинчи жарымы –15-к-дын акыры) чейин өзүнчө эл катары калыптанып бүткөн. Алтын Ордонун түштүк-чыгыш тарабындагы көчмөн уруулар 15–16-к-да Өзбек хандын ысмынан улам «өзбек» деген ат м-н маалым болушкан. Шейбани хандын колун түзгөн көчмөн Ө. Аксак Темирдин урпактарынан бийликти тартып алган. Ө. м-н кыргыздар экон., саясий ж-а маданий жактан эзелтеден бери эле карым-катнашта болушкан. 16–19-к. бир катар кыргыз уруулары Ө-ге аралашса, ал эми Ө-дин катаган сыяктуу айрым уруулары кыргыздашып кетишкен.

**ӨЗГӨН** – Кыргызстандагы байыркы шаарлардын бири. Б. з. ч. 2–1-к-да алгачкы отурукташкан жайлардан шаар өсүп чыккан. Ө.ш. тууралуу алгачкы маалыматтар 9–10-к. араб, фарсы тилдеринде жазылган даректерден белгилүү. Бул мезгилде ал чоңдугу б-ча Фергана өрөөнүндөгү төртүнчү (Аксыкен, Куба, Оштон кийинки) калаа болгон. 10-к-дын 30-жылдарында Ө-дө кол өнөрчүлүк, соода өнүккөн; алгачкы тыйын акчалар чыгарылган. 11-к-дын 2-жарымынан 13-к-га чейин Караханийлер мамл-ндеги Фергана дубанынын борбору болгон. 10–12-к. шаардын аянты 12–15 *км2*ге жеткен. Моңгол жапырыгына чейин Ө-дөн көптөгөн окумуштуулар чыккан, алар «ал-Узженди» ныспасын алышкан. Аксак Темирдин тушунда бул шаар баштагыдай эле соода ж-а саясий борбор б-ча кала берген. Кийин ири саясий ж-а акимдик борбор катары маанисин жогото баштаган. Орто кылымдардын акырында шаардын аймагы бир кыйла кичирейип, чакан шаарга айланган. 19-к-дын башында Кокон хандыгына өткөн. Кыргызстан Россиянын курамына киргенден кийин Анжиян уездине карап калган. 1924-жылдан Ош округундагы Өзгөн болушунун, 1928-жылдан Өзгөн р-нунун борбору. Архитектуралык эстеликтер бар.

**ӨЗГӨН АРХИТЕКТУРАЛЫК КОМ-ПЛЕКСИ** – 11–12-к-га таандык эстеликтер. Өзгөн ш-нда, Карадарыянын жайылмасынан бийигирээк тектирчеден орун алган. Үч күмбөздөн ж-а алардан 150 *м*дей түндүк-батыш тарапта жайгашкан мунарадан турат. Бул күмбөздөр Караханийлер мамл-нин өкүмдарлары үчүн тургузулган. Адегенде ортоңку күмбөз курулган (11-к-дын башы). Ал сырткы беттеринин жалпы уз. 13,07 *м*, түбү чарчы, үстү кумпалуу курулуш. Күм-бөздүн дубалдары ж-а кумпасы чопо м-н кынаштырылган кыштан тургузулган. Ортоңку күмбөздүн түндүк жагына 1152-ж., түштүк жагына 1187-ж. жанаша дагы эки күмбөз курулган. Түндүк жагындагы күмбөздө анын курулган мезгили ж-а Батыш Караханийлер каганы Хусейин Хасан ибн Алинин аты оюлуп жазылган. Бул күмбөз Ортоңку күмбөз м-н анын туюк дубалынан тешилген оюк аркылуу байланышат. Күмбөздүн 12,3х10,6 *м* келген түбү чарчы формада. Кумпасы ж-а дубалдары ак ылай м-н кыналыштырылган кыштан тургузулган. Археол. казуулардын учурунда ар кайсы мезгилдерде көмүлгөн мусулмандардын сөөгү табылган. Мунара 11-к-дын 2-жарымында курулган ж-а төрт бөлүктөн турат. Алгач мунаранын бийиктиги 44,7 *м*ден кем болбосо керек. Кийинчерээк үстүңкү бөлүгү жер титирөөдөн урап түшкөн. Мунаранын азыркы бийиктиги 27,4 *м*. Мунара мусулмандарды азанга чакырууга арналган, согуш учурунда кароол катары пайдаланылган. Ө. а. к. 1923-ж. Союздук-республикалык маанидеги эстелик катары мамл-тин кор-гоосуна алынган.

**ӨЗГӨН-АРЫК** – Фергана өрөөнүндөгү ба-йыркы канал. Б. з. ч. 3–1-к. курулган. Каналдын уз. 37 *км*, жазылыгы 15–30 *м*. Айрым жерлеринин тереңдиги 25 *м*ге жетет. Каракулжа суусунан башталат. Адырды жондоп батышты карай Өзгөн ш-н аралап, Кызылкырман кыштагынан өтүп барып бүтөт. Каналдын өзүнүн байыркы нугу, жээктери андан илгертеден эле суу үзүлбөй агып жаткандыгын айгинелейт.

**ӨМҮРАЛИЕВ** Ашымкан (1928-ж.т., Чүй облусу, Сокулук р-ну, Киров айылы) – тарых ил-нин доктору (1975), проф. (1977). 1949-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүткөн. 1953–55-ж. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунда улук окутуучу, декан, 1955–60-ж. Ош пед. ин-тунун директору, о. эле КПСС тарыхы кафедрасынын башчысы, 1960–64-ж. Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун улук ил. кызматкери. 1964-жылдан КМУнун саясат таануу кафедрасында доцент, политология кафедрасынын башчысы, проф. Анын ил. эмгектери Кыргызстан КПнын тарыхын изилдөөгө арналган. 55тен ашык ил. эмгектери бар. Эл агартуу отличниги.

**ӨРМӨК,** д ү к ө н – колдо таар токуу аштамасы (станогу) ж-а анда даярдалган тасма. Ө-тө ар түрдүү таар, терме согулат. Ө-түн түзүлүшү жөнөкөй, чечип кайра курууга жеңил. Анын баш жагына уз. 1,5–2 *м* болгон үч таяктын баштары үч бурчтук сыяктуу кайчылаш арчындалып байланат да, ылдый жагы (учтары – уч марачы) жерге тирелет. Ага Ө. күзүк көтөргүч м-н эки четинен байланат. Кыргызстандын бардык жеринде Ө. токулуш принциби б-ча бирдей, бирок түзүлүшүндө бир аз айырма бар. Лейлек, Баткен, Ноокат, Алай, Өзгөн тарапта Ө. иймек түрүндө болот да, үч бурчтуу марага тартылып илинбейт. Ө-тү бир адам токуйт, бирок эриш жүгүрүүдө (Ө. куруда) 2–4 киши катышып, 4 жерге 4 казык кагылып, алардын бою м-н түйдөк жип жүгүртүлүп чыгат. Өрмөкчү өзү төрт казыктан башка дагы кагылган 2 узун казыктын жанында (бир орунда) отуруп, ар бир жипти (эришти) четинен үстүңкү («эркек») м-н астыңкы («ургаачы») эриштерди чаташтырбай аркы-терки кылып күзүккө (кебез жипке), анан күзүк чыбыкка күзүктөйт. Ө-түн 2 күзүгү болот: бирөө өйдө-ылдый чыгып, экинчиси ылдый түшүп турат. Аларды чыйратылган тизгин (түштүк кыргыздарда шерик) жип бөлүп турат. О.

эле тизгин (шерик) Ө-түн энинин бир калыпта согулушу, эриштердин чаташпай турушу үчүн да кызмат кылат. Эриш жүгүрүүдө, күзүктөөдө өрмөкчү согулуучу буюмдун энин, ага түшүрүлүүчү терменин көчөтүн, алардын көркөмдөлүшүн эске алат. Эриш жүгүрүлүп бүткөндөн ки-йин тизгин (шерик) байлоочко илинет да казыктардан чыгарылып, бир учу (аягы) кергич казыкка, экинчи (баш) жагы керме темир аркылуу эки казыкка чылбыр м-н тартылып байланат. Ө-кө арналган (жүгүрүлгөн) жиптин уз. 15–20 *м*, эни 15–25 *см* болот. Ө. со-гууда эриштердин арасына аларды ажыратып, кайра бириктирме  жука тактай (адыргы) салынат. Адыргыны өрмөкчү өзүнө тартып, кырын өйдө кылганда, эриштер каршы-терши болуп, ортосунан аркак өткөрүлөт да, ал жыгачтан жасалган «кылычтын» сокмогу м-н бекемделет. Кыргыз Ө-үндө ак, кара, кызыл, көк, кочкул түрлөр (эриштер) көп колдонулат. Ө-түн терме (термеленип согулган), таар (термеленбей согулган) түрлөрү болот. Кыргыздар Ө-тө согулган таардан керектүү буюмдарды ж-а кийимдерди жасашкан.
**ӨРҮМ** – 1. кыз-келиндердин, аялдардын чачтарын тал-талга бөлүп өрүү. Чачтын Ө-ү алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карай болот. Кыздардын чачы майда тал-тал болуп өрүлгөн, турмушка чыкканда «чач жыйды» салтына ылайык майда өрүлгөн чачты жазып эки Ө. кылып өрүшкөн. 35–40 жаштагылар эки Ө. чачты бир Ө-гө бириктирип өрүшкөн; 2. Ө. ыкмасы кайыш ж. б. мате-риалдардан ар кыл буюмдарды жасоодо пайдаланылат. Көбүнчө камчыны өрүп жасашат.
**ӨТҮКЕН-ЙЫШ** – Моңголиядагы Чыгыш Хангай тоолорундагы токойлуу аймак. Стратегиялык жактан байыркы түрк элдерине (азыркы Моңголия, Түштүк Сибирь, Түштүк-Батыш Манжуриянын аймактарына) үстөмдүк кылууга ыңгайлуу жер. Руна сымал жазма эстеликте: «...акылман Тоң-Йокук биротоло отурукташып жашоо максатында Өтүкен жерин тандап алды» – деген маалыматтар бар. Аскердик-стратегиялык ыңгайлуу аймакка кыргыздар өз үс-төмдүгүн орнотууга жигердүү аракеттерин жасашкан. Буга 840-ж. тарыхый окуялардан соң, кыргыз каганы өз ордосун, мамлекет-тин борборун Танну-Олага (азыркы Туванын түштүк аймактары) көчүргөндүгү далил болот. Ушул мезгилден тартып Борб. Азиянын аймактарына кыргыздардын 360 жылга созулган үстөмдүгү башталган. Ө.-Й. жайгашкан Хангай (кырг. Каңгай) – «Манас» эпосунун бардык варианттарында жердин, элдин, айрым учурда өлкөнүн аты катары берилет.

# П

**ПАВЛОВ** Павел Никонорович (1896–1947) – Жетисууда, а. и. Түндүк Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга ж-а чыңдоого активдүү катышуучу. 1918-ж. 12-марттан Жетисуу облусунда аскер иштери б-ча өзгөчө укуктуу комиссар. Токмок ш-нда 1918-ж. Кызыл Гвардия кошуунун, кийин Кызыл Армия кошуундарын түзүшкөн. Пишпек ж-а Караколдо Советтерди контрреволюциячыл күчтөрдөн тазалоого, 1918–1920-ж. Жетисуу майданында ак казак орус бандаларын талкалоого катышкан. Түркстан 25-аткычтар полкунун, Жетисуу 1-аткычтар полкунун командири, Түркстан 39-аткычтар дивизиясында бригада командири.

**ПАЗЫРЫК МАДАНИЯТЫ** – Тоолуу Алтайда тараган көчмөн уруулардын б. з. ч. 7–3-к-га тиешелүү маданияты. П. м-на Туяхты, Башадар, Катанда, Шибе, Уландрык, Юстыд, Айгюгем, Үкөк, Ак-Алах, Кутурган өңдүү дүйнөгө белгилүү 15тен ашык эстелик кирет. П. м. ар кандай этностук топторду бириктирген көп кырдуу маданият. Чыгыш Казакстандын Берель эстелигинде биргелешкен казак-француз экспедициясы тарабынан казып изилденүүдө. П. м-да маркумдун сөөгүн жыгач табытка салып, терең чуңкурга көмүшкөн. Көрдүн дубалдары шыргый, карагай м-н аштап коюшкан. Үстүн карагай м-н жабышып, маркумдун жанына бир нече жылкыны кошо көмүшкөн. Көрдүн үстүнө таш дөбө курулган. Жер алдындагы көрлөр мөңгү сууларынын ж-а нымдын натыйжасында тоңуп, андагы буюмдар азыркы мезгилге чейин күнү бүгүнкүдөй сакталып турат. Көрүстөндөрдө кооздук буюмдары, аттын жыгачтан жасалган жүгөнү, шырдактар табылган. Шырдактардагы оюулардын жасалышы азыркы кыргыз, казак шырдактарына окшош. Чоң көрүстөндөрдөгү маркумдар мумияланган. Ички оргaндары, мээси алып салынып, денеси кургатылган. Денелеринде татуировка кездешип, анда *айбанаттар стилиндеги* фантастикалык жаныбарлар тартылган. О. эле табыттарда да сүрөттөр кездешет. Кээ бир көрлөрдө жыгач табыттын сыртынан сүрөттүү килем жабылган. 5-пазырык көрүстөнүнөн араба табылган. Болотнай көйнөктөр, тон, кийиз кафтандар, байпактар, тери бут кийимдер, курлар, баш кийимдер кездешет. Ат жабдыктарынан териден жасалган жумшак ээрлер, үзөңгүнүн ордуна пайдаланылуучу илмеги бар кайыштар кездешет. 3-пазырык көрүстөнүнөн аттын кылынан жасалган аялдын жарашыктуу кеп чачы ж-а денесинен татуировканын үлгүлөрү табылган. Татуировка пазырык коомунун жогорку төбөлдөрүнө ж-а диний кызматкерлерине таандык. Балким суук көздөн сактоо ниетинде да тартылышы мүмкүн. П. м-нын айрым белгилери Теңиртоодогу сак эстеликтерине окшош. Мис., 8 таштан турган эстеликтер м-н коштолгон көрүстөндөр бири-биринен эч айырмаланбайт, ат жабдыктардын үлгүлөрү, маркумдун жанына тамак-аш коюлуучу жыгач тактайчалары бирдей.

**ПАЛЕОЛИТ ДООРУ** б. з. ч. 35 – 30 миң–10 миң жыл мурда (кээ бир аймактарда 40–12 миң жыл мурда) өкүм сүргөн. Бул доордун башталышы азыркы адамдардын физикалык тибинин – неантроптун толук калыптанышы м-н байланыштуу. Антропологдор П.д-нда жашап өткөн адамдардын сөөк калдыктарын изилдеп, ар түрдүү расага мүнөз-дүү белгилерин айкын далилдешкен. Таш куралдарды жасоо технологиясынын андан ары өнүгүшүнө шарт түзүлгөн. Мустье дооруна мүнөздүү ыкмалардын негизинде өндүрүмдүү жаңы ыкмалар өздөштүрүлгөн. Кылдат даярдалган призма түрүндөгү ну-клеустардан жука такталар алынган. Алардын басымдуу бөлүгү курал катары колдонулса, экинчи бөлүгү кайрадан иштетилип, бычак, кыргыч, кескич, тешкич ж-а найза сыяктуу куралдарга айландырылган. Жаңы куралдар м-н катар мурунку чоң кыргычтар, чоппингдер, чопперлер колдонулган. Өлтүрүлгөн жаныбарлардын сөөктөрүнөн, мүйүздөрүнөн, жыгачтан тиричиликке керектүү буюмдарды жасашкан. Болжолу кээ бир таш куралдардын сабын жасоого жыгач, сөөк колдонулган. Азыркы мезгилде П. д-ндагы таштан жасалган куралдардын 100гө жакын түрүн айырмалашат. Палеолиттин маанилүү белгилеринин бири туруктуу турак жайлардын болушу. Бүгүнкү күндө Евразияда 200дөн ашуун турак жайлар изилденген. Сүйрү, тегерек формадагы турак жайларды жыгач, таш өңдүү материалдардан курушкан. Курулуш иштерине кээде мамонттун, носорогдун сөөктөрүн, бугунун мүйүздөрүн колдонушкан. Ушундай турак жайларга Сибирден табылган Мальта ж-а Бурят эстеликтери кирет. Аларды курууда жерди тереңдетип казып, кыдырата мамонт-тун жамбаш сөөктөрүн тизип, түбүн таш м-н бекемдешкен. Үстүнө сөөктөрдү бири-бирине кайчылаштыра коюшуп, бугу мүйү-зүнөн дубалын ж-а түндүгүн көтөрүшкөн. Турактын ортосунда очок жайгашкан. Төмөнкү ж-а жогорку палеолитти бөлүп турган негизги белги катары адамдардын үйүрүнөн уруулук жамаатка өтүп, энелик укуктун пайда болушу саналат. Евразияда табылган жогорку палеолит мезгилиндеги чоподон, сөөктөн, мамонттун азуусунан жасалган аял келбеттүү скульптураларды, таш гравюраларды энелик укук м-н байланыштырышат. Алгачкы адамдардын идеологиялык көзкарашында ири өзгөрүүлөр болуп өткөн. Кээ бир эстеликтерден денени, куралды боёй турган кызыл, кара минералдык боёктор кездешет. Мис., 1959-ж. Башкырстандагы Каповая үңкүрүнөн жошо м-н тартылган 7 мамонттун, 2 аттын ж-а носорогдун сүрөтү табылган. Диний ишенимде зор өзгөрүүлөр жүргөн. Анимизмдин ка-лыптанышы баамдалат. Бул ишеним сөөктү көмүүдө ачык көрүнөт. Мис., адамдардын атайын бүрүштүрүлүп көмүлгөн сөөктөрү, үстүнө жошо себилген, жанына куралдар коюлган сөөктөр кездешет. Болжолу жошону адамдын каны катары символдоштурса керек. Кээ бир жаныбарларды адамзаттын же айрым уруулардын түпкү теги катары кабыл алып аларга сыйынуунун (тотемизмдин) пайда болгондугун археол. табылгалар толук далилдейт. Мис., тумар катары айрым жаныбарлардын сөөктөн жасалган келбетин тагынып жүрүшкөн. Орто Азияда П. д-на тиешелүү эстеликтер Кожогор (Ходжа-Гор), Янгаджа, Самаркан турагы,

Каракамар, Кулбулак, Тосор, Капчыгай, Селуңкүр ж. б. Кетментөбө өрөөнүндөгү Сарыгата, Өз-гөрүш, Ничкесай жергелеринен М. Б. Юнусалиев б. з. ч. 20–25 миң жылдыктарга тиешелүү кыргыч сымал куралдарды, тешкичтерди, ну-клеустан жасалган жаракаларды, Кочкор өрөөнүнүн Калмакташ жергесинен К. Табалдиев, А. Бараталиев нуклеус сымал артефакттарды ж-а такталар табышкан.

**ПАЛЕОНТОЛОГИЯ** – казылып алынуучу байыркы жандыктардын сөөктөрүн ж-а ба-йыркы адамдардын келип чыгышын изилдөөчү илим.

**ПАЛМАН ТУРГУН ЖАЙЫ** – палеолит дооруна таандык журт. Кадамжай р-ндагы Исфайрамсай суусунун боюндагы тектирде. Анда томпогураак келген ийри-муйру, бир же эки миздүү таш куралдар табылган.

**ПАНТУСОВ** Николай Николаевич (1849, Николаев ш. – 1909) – чыгыш таануучу. 1871-ж. Петербург ун-тин бүтүрүп, 1872–1908-ж. Түркстан ж-а Жетисуу генерал-губернаторлугунда ар кыл кызматтарда иштеген. 1885-ж. Чүй боорундагы несториан көрүстөндөрүнөн сирия-түркий жазмалары бар таштарды тапкан ж-а Молдо Нияз Мухаммед Хокандинин «Тарих и Шахрухи» эмгегинин фарсча текстин жарыялаган. 1886-жылдан Россия археол. коомунун мүчөсү. Жетисуудагы тарыхый эстеликтердин фотосүрөттөрүн калтырган, о. эле чыгыш элдеринин бир катар тарыхый жазма даректерин элден чогулткан. 1905-ж. Молдо Муса Сайраминин «Тарих-и аминийе» деген уйгурча эмгегинин текстин жарыялаган. П. тарыхый мурас болуп саналган *Анжиян көтөрүлүшүнүн* (*1898*) катышуучуларынын Жетисууга тараткан чакырык кагаздарын да жыйнаган.

**ПАНТҮРКИЗМ** – түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин түпкү маданий-этностук тектештигин даңазалоо, аларды бирдиктүү түрк мамл-нин карамагына баш коштуруу максатын көздөгөн 19-к. аягы –20-к. башында айрым түрк элдеринин арасында пайда болгон улуттук идеология. 20-к. башында Түркияда улуттук буржуазия табынын калыптануусу пантүркизм идеясынын кеңири жайылышын шарттаган.

**ПАНФИЛОВ** Иван Васильевич (1892, Саратов облусу, Петровск ш.–1941) – Советтер Союзунун Баатыры (1942), генерал-майор (1940). 1918-жылдан Кызыл Армияда кызмат өтөп, Граждандык согушка (1918–20) катышкан. 1923-ж. Киевдеги бириккен жогорку аскер окуу жайын бүтүргөн. 1938–41-ж. Кыргыз ССРинин аскер комиссары. 1941-ж. июлдан Улуу Ата Мекендик согушта Түндүк-Батыш, Батыш фронтторунун 316-аткычтар дивизиясынын командири. Октябрь, ноябрь айларында анын дивизиясы Москваны коргоодо эрдик көрсөткөн (к. *Жыйырма сегиз баатыр панфиловчулар*). Согушта курман болгон.

**ПАНФИЛОВ ДИВИЗИЯСЫ** – 316-аткычтар дивизиясы. 1941-ж-дын 18-ноябрынан – гвардиялык дивизия. П.д. 1941-ж. 12-июлдан Фрунзе (Бишкек) ж-а Алматы ш-ларында уюштурула баштаган. Командирликке Кыргыз ССРинин аскер комиссары, генерал-ма-йор И. В. *Панфилов* дайындалган. Москваны коргогону үчүн дивизия Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланып, гвардиялык дивизия наамын алган. И. В. Панфилов курман болгондон кийин (1941-ж. 18-ноябрь), анын ысмы дивизияга берилген.

**ПАҢСАТ** – Орто Азиядагы Бухара, Кокон хандыктарында беш жүз аскердин башчысы. Тажикче «беш жүз» (панч сод) сөзүнөн алынган.

**ПАРВАНАЧЫ** – *Кокон хандыгындагы* жогорку титулдардын бири. Мамлекет башчысынын буйругу м-н ыйгарылган. Ханга мамлекетти башкарууга жардам берген бийлик башындагы экинчи адам болуп эсептелинген. Кызматка дайындалганда ушул мамл. бийлик өкүлүн айырмалаган белги болуп саналган жарлык ж-а жеке мөөр тапшырылган. П. хандык кеңештин мүчөсү болгон. Өз ээликтеринен түшкөн кирешеден тышкары, ал мамл. кызматкер катары акы алган. Бийлиги анын хан сарайындагы жеке таасирине жараша болгон. Шахмураддын тушунда Алайдын башкаруучусу *Алымбек датка* башкы вазир болгон ж-а П. титулун алган. 1877-ж. Ташкенде хандын өкүлү Азизбек П-нын бийликти ашкере пайдаланганына каршы көтөрүлүш чыккан.

**ПЕНЖИКЕНТ** – Чыгыш Түркстандагы басмыл элинин, кийин Турпандагы Уйгур ыйык кут мамл-нин байтакты шаары. «Худуд ал-Аалам» эмгегинде эскерилет.

**ПЕНЧУЛ** – 10-к-дагы Чыгыш Түркстандагы шаар. Кытайча Выньсу аталган. Ал азыркы Үч-Турпандын ордунда болгон. «Худуд ал-Аалам» эмгегинде П. «халлухтар (карлуктар) жайгашкан аймактан орун алган, эзелки убакта анын бийлик ээси тогуздардан эле, азыр аны хырхыздар (кыргыздар) бийлеп жатышат», – деген маалымат бар.

**ПЕРСЕПОЛЬ** – Ахеменилер державасынын борбору, б. з. ч. 518-ж. Дарий I тарабынан негизделген. Искендер Зулкарнайндын жортуулунан кийин (б. з. ч. 331-ж.) талкаланган. Бүгүнкү күндө таштан жасалган мамылары, тепкичтери, ачык дарбазалары бар көлөмдүү сарайдын орду сакталууда. Алар персиялык, мидиялык падышалардын, кудайлардын келбеттери, коңшу мамл-терден келген өкүлдөрдүн, мифологиялык жаныбарлардын рельефтери м-н кооздолгон. О. эле сактардан келген 6 адамдын келбети түшү-рүлгөн.

**ПЕТРОВ** Константин Иванович (1920-ж.т., Россия, Москва облусу, Абрютков кыштагы) – тарых ил-нин доктору (1985). 1949-ж. Ленинград мамл. ун-тин бүтүргөн. 1950-жылдан Ленинград (Санкт-Петербург) ш-нда аскердик жогорку окуу жайларында оку-туучу, Ички иштер министрлигинин Мамл. борб. архивинде ил. кызматкер, кийин Кыргыз ССР ИАда ил.кызматкер болуп иштеген. Анын ил. эмгектери Кыргызстандын 13–18-к-дагы тарыхын изилдөөгө багытталган. Медалдар м-н сыйланган.

**ПЕТРОВЕЦ** Вера Митрофановна [1919, Өзбекстан, Мырзачөл (Гүлстан) ш.–1996, Бишкек] – тарых ил-нин доктору (1994), проф. (1981). Орто Азия мамл. ун-тин (1942), Коомдук илимдер академиясын (1948) бүтүргөн.

КМУда окутуучу, улук окутуучу, декан, кафедра башчысы болуп эмгектенген. Анын эмгектери негизинен Кыргызстандын маданиятын ж-а илимдин өнүгүү процессин изилдөөгө багытталган. 60тан ашык ил. эмгеги жарык көргөн.

**ПЕТРОГЛИФТЕР** (гр. petros – таш; glyphe – кесүү) – аска-таш сүрөт чиймелери (жазуулары).

**ПИШПЕК** – Кыргыз Респ-нын борбору Бишкек ш-нын мурдагы аты. Пишпектин аймагында отурукташкан турмуш 18-к-дын акырында кайра жанданган. Кыргыз феодалдарынын ички чыр-чатактарынан пайдаланып, Кокон хандыгынын аскер башчысы Лашкер Кошбеги Чүй өрөөнүн басып алган ж-а Ташкенге кетчү кербен жолдун боюна Бишкек чебин курган (1825). Ал П. болуп өзгөргөн. П. чебинде хан аскерлери ж-а хандын салык жыйноочулары турган. Чептин айланасында соодагерлер, кол өнөрчүлөр ж-а дыйкандар жашаган кыштак болгон. Барымтага кармалгандардан башка кыргыздар П-те жашаган эмес. 1860-ж. 4-сентябрда П-ти Верный ш-нан келген орус аскерлери убактылуу ээлеген, кийин кайра кокондук бийликке өткөн. 1862-ж. *Байтик баатыр* баштаган чүйлүк кыргыздар орус аскерлеринин жардамы м-н П-ти кокондуктардан бошотуп, чепти кыйраткан. 1864-ж. П. чебинин ордуна, Токмоктогу казак-орустардын башкаруу мекемелери П. ш-на көчүрүлгөн. П. уезддин борбору болуп калган. 1924-жылдан Кара Кыргыз автономия облусунун борбору болгон. 1926-ж. 12-майдан Фрунзе ш. деп аталган. Кыргызстан эгемендүү өз алдынча мамлекет болгондон кийин, шаар Кыргыз Респ-нын борбору болуп калды ж-а Бишкек деген түпкү аты 1991-ж. 5-февралда кайтарылып берилген.

**«ПИШПЕКСКИЙ ЛИСТОК»** – Кыргызстандагы советтик тунгуч гезит. Пишпек уезддик эл депутаттар советинин органы. 1918-ж. 9-мартта орус тилинде чыга баштаган. Тиражы 200–500 нуска болгон. 1919-ж. «Красное Знамя труда», 1920-ж. «Красное Знамя», 1922-ж. «Красное утро» деген ат м-н чыккан. 1923-ж. жабылган.

**ПИШПЕК СОЛДАТ, ЖУМУШЧУ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ** – Пишпектеги офицер депутаттар совети м-н жумушчу, кол өнөрчүлөр депутаттар совети бириктирилип, 1918-ж. майда түзүлгөн. Советти 1918-ж-дын январына чейин эсерлер жетектеген. 1918-ж. 1-январында Петроград м-н Ташкенде орногон совет бийлигин таануу ж-дө чечим кабыл алынган. 1918-ж-дын мартынан Пишпек уезддик эл депутаттар совети деп аталган.

**ПИШПЕКТЕГИ 1917-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЬ КООМУ** – революциячыл уюм. Пишпектеги жумушчу, солдат ж-а шаар кедейлеринин 1917-ж. 31-декабрдагы жалпы шаардык жыйынында большевиктер түзгөн. Коомдун атынан большевиктер өз өкүлдөрүн жыйналыштарга, съезддерге жиберишип, башкаруу ишине катышкан. Коомдун программасы, уставы болбогону м-н, Пишпек уездинде советтерди большевиктештирүүдө өз салымын кошкон. Совет бийлиги орногондон кийин (1918-ж., март) таркатылган.

**ПИШПЕКТЕГИ БОЛЬШЕВИКТИК ТОПТОР** – революциячыл маанайдагы уюмдар. 1917-ж. октябрда Чүй сугат тармагынын курулушунда А. И. Иваницын жетектеген большевиктик топ, шаардын өзүндө И. С. Меркун жетектеген аскерден бошоп келген солдаттар м-н кол өнөрчүлөрдүн тобу түзүлгөн. Ноябрда бул топтор бир уюмга бириккен. Ошол эле жылы декабрда мусулман большевиктеринин Х. Хасанов жетектеген то-бу да түзүлгөн. Алар уездде Совет бий-лигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөш-кө эмгекчилерди тартууда зор роль ойногон. 1918-ж. февралда Пишпекте партиялык уюм түзүлө баштаган. 2-апрелде большевиктердин шаардык чогулушу өтүп, анда А. И. Иваницын башында турган шаардык партиялык комитет шайланган. 1918-ж. 18-апрелде шаардык уюмга мурдагы аскер кызматчыларынан турган чет элдик коммунисттер тобу, 25-апрелде мусулман большевиктер тобу кошулган.

**ПИШПЕКТЕГИ РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ КОМИТЕТТЕР** – Пишпек уездиндеги Совет бийлигинин атайын органдары. 1919-ж. 2-декабрдан 1923-ж. 20-мартына чейин Пишпек уезддик-шаардык ревкому иштеген. Уездде 10 болуштук ж-а 92 айылдык ревком болгон. Советтин 2-съездинде (1928-ж., 15–20-март) Пишпек уезддик-шаардык ревкомунун ордуна Пишпек уезддик-шаардык аткому кайра калыбына келтирилип шайланган.

**ПИШПЕК ЧЕБИ,** Б и ш к е к ч е б и, к. *Бишкек чеби.*

**ПИШПЕК ЧЕБИ ҮЧҮН САЛГЫЛАШУУ** – 19-к-дын 60-жылдарынын башында чүйлүк кыргыздардын боштондук үчүн күрөшү. Батыш Сибирдин генерал-губернатору Россия империясынын чегин кеңейтүү максатында 1859-ж. падышадан Пишпек (Бишкек) чебине кол салуу үчүн уруксат сураган. 1859-ж. 24-январда уруксат берилген, бирок аны дароо ишке ашырууга мүмкүн болгон эмес. Пишпек чебинде Кокон хандыгынын 500 аскери турган. 1860-ж. 4-сентябрда Циммерман баштаган орус кошууну 5 күндүк курчоодон кийин Пишпек чебин алган. Бирок падыша аскерлери аз болгондуктан, бат эле Кастекке кайра кетип калышкан. 1860-ж. ок-тябрда Пишпек чеби кайрадан Кокон хан-дыгынын колуна өткөн. Декабрдын акырына чейин Пишпек чебинде турган Канаат-Шаа парваначы анын дубалын ого бетер чыңдаткан. Пишпек чебинин башкаруучусу Рахматулла датка чүйлүк кыргыздарды эзүүсүн уланткан. Анын зомбулугуна каршы Байтик Канай уулу баштаган солто уруусу 1862-ж. сентябрда Рахматулланы өлтүрү-шүп, жардамга орус аскерлерин чакырышкан. 24-октябрда Пишпек чебин орус аскерлери басып алып, чепти талкалап салышкан.

**ПИШПЕК ШААРДЫК ДУМАСЫ** – 1917-ж. августтан 1918-ж. июнга чейин иштеген шаардык өзүн-өзү башкаруунун тескөө органы. Шаарды көрктөндүрүү, мектеп, мед., маданий-агартуу иштерине каражат жыйнап, соода иштерин уюштуруп, шаар башчысын ж-а анын орун басарларын, шаардык башкарманын

мүчөлөрүн, туруктуу ж-а убактылуу комиссиялардын төрагаларын ж-а мүчөлөрүн шайлаган. Октябрь революциясынан кийин бул дума контрреволю-циячыл маанайда иш жүргүзгөн. 1918-ж. 10-июлда таркатылган.

**ПЛОСКИХ** Владимир Михайлович (1937-ж.т., Казакстан, Акмоло, азыркы Астана ш.) – тарых ил-нин доктору (1979), проф., Кыргыз Респ-нын УИАнын академиги (1997), илим ж-а техника тармагы б-ча мамл. сыйлыктын лауреаты (1996). 1960-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. Кыргызстан ИАда ил. кызматкер, Тарых ин-тунда директордун орун басары, Президиумдун окумуштуу катчысы, Кыргыз-Россия (Славян) ун-тинде кафедра башчысы, 2003-жылдан Кыргыз Респ-нын УИАнын вице-президенти. Анын эмгектери негизинен Кыргызстандын Улуу Октябрь Соц. Революциясына чейинки тарыхын изилдөөгө арналган. 150дөн ашык ил. эмгектердин, а.и. 15 монографиянын автору. 3-даражадагы «Манас» ордени м-н сыйланган. Е.Д.Поливанов атн., «Мустафа Кемал (Ататүрк)» фондусунун «Тоо адамдары» сыйлыгынын лауреаты.

**ПОЛИВАНОВ** Евгений Дмитревич (1891, Смоленск –1938, Ташкен) – чыгыш тилдерин изилдөөчү, кыргыз таануучу, адабиятчы. Ленинград ун-тинин тарых-филология ж-а чыгыш практикалык академиясын (япон бөлүмүн) бир мезгилде (1912) бүткөн. 1917-ж-дан Тышкы иштер эл комиссариатында Чыгыш өлкөлөр бөлүмүн башкарган. 1919–26-ж. Петроград, кийин 1926–29-ж. Москва Чыгыш таануу, 1929–34-ж. Орто Азия (Ташкен), 1934-жылдан Кыргыз маданий курулуш ин-тунун (Бишкек) проф. П. Евразия элдеринин 20дан ашуун тилин билген. Эмгектеринде негизинен кытай, япон, өзбек, дуңган, кыргыз ж-а жалпы эле тил илими ж-дөгү проблемалар изилденген. «Манас» эпосун изилдеген ил. тезистери, макалалары ошол кездеги басма сөз беттеринде жарык көргөн. Эпостун айрым сюжеттерин орус тилине которгон. Бишкекте (1937) камакка алынып, Москвага жөнөтүлгөн. 1938-ж-дын башында атылган, 1963-ж. акталган.

**ПОЛОТ ХАН,** И с х а к Х а с а н у у л у, И с х а к М о л д о (1844-ж. чен., Маргалаң уезди, Охна кыштагы – 1876, Жаңы Маргалаң ш.) – 1873–76-ж-дагы *Кокон көтөрүлү-шүнүн* жетекчилеринин бири. Ичкилик уруусунун бостон уругунан. Атасы Маргалаңдагы Ак медресенин мудариси болгон. П. х. адегенде Кокондогу Түнкатар медресесинде, кийин Маргалаңдагы «Ак медреседе» окуган. 1867-ж. молдо Исхак окуусун таштап, өз уругунун көчмөндөрү жашаган Сох кыштагына, кийин Охна кыштагына келет. Эл арасында болууну көксөгөн Исхак молдо Анжиян ш-нда туруп калат. Соода иши м-н Ташкенге келип жүрүп, ал жерден лашкер Алымкулдун пикирлеши, кыргыздын курама уругунан чыккан чаткалдык Абдымомун аталык м-н таанышат. 1873-ж. Кокон көтө-рүлүшү башталганда эл хандыктын мураскору, Алим хандын небереси Полот бекти көтөрүлүштү хан катары жетектөөсүн өтү-нүшкөн. Шер датка баш болгон кыргыздардын өкүлдөрү Самарканга Полот бекке барышкан, бирок ал баш тарткан. Алар Самаркандан кайтып келе жатып, Ташкенге Абдымомундун үйүнөн өңү-түсү Полот бекке окшогон Исхакты кезиктирип, аны Полот бектин ордуна мураскор болууга көндүрүшкөн. Ошентип П. хан (Исхак молдо) 200 аскери менен Чаткалда көтөрүлүшкө жетекчилик кыла баштайт. Чаткалга жакын жайгашкан Алабука, Акташ, Нанай, Көкжар, Мамай, Сафедбулон ж.б. айылдардагы эл П. х-ды хан деп таанып, Кудаяр ханга каршы көтө-рүлүшкө кошулушкан. Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү карапайым калк – кыргыз, өзбек, кыпчак, тажиктер болгон. Алар менен катар өз кызыкчылыктарын көздөгөн феодалдардын өкүлдөрү да катышкан. Кийинчерээк П. х. көтөрүлүшкө катышкан феодалдардын таасири м-н Кокондун мурунку хандарынын саясатын уланткан. Көтөрүлүш-түн жүрүшүнүн экинчи этабында 1875-ж. июль айында Россия империясынын өкмөтү П. х-дын бийлигин мыйзамсыз деп таанып, Кокон хандыгынын аймагына орус аскерлерин киргизүүгө жетишкен. М. Д. *Скобелевдин* кол башчылыгы астындагы орус аскерлеринин күчү м-н көтөрүлүш басылып, Кокон хандыгы жоюлуп, Фергана облусу деген ат м-н Россия империясынын карамагына өткөн. Өзүн курчаган феодалдардын чыккынчылыгы м-н П.х. падышалык бийликтин колуна түшкөн. Убактылуу Жаңы Маргалаң ш-ндагы орус түр-мөсүндө кармалып турган. Аскер сотунун өкүмү м-н Жа-ңы Маргалаң ш-нда 1876-ж. 1 мартта даргага тартылган.

**ПОСЛАВСКИЙ** Илья Титович (1853–1914) – Түркстан археол. сүйүүчүлөр ийриминин жетекчилеринин бири. Кесиби б-ча инженер. 1903-жылдан Түркстан аскер округунда инженерлер начальниги болуп иштеген. 1903-ж. край таануучу-сүрөтчү Н. Г. Хлудовдун Саймалыташ тууралуу маалыматынан кийин аска бетиндеги сүрөттөргө ынтызарланып, биринчилерден болуп жердин тоо тектери, климаты, сүрөттөрдүн мүнөзү, сүрөттөрдү түшүрүүчү курал, сүрөттөрдүн доору б-ча өз пикирлерин калтырган. Бардык сүрөттөрдү үч топко бөлүп караган: жаныбарлар, буюмдар, фигуралар; турмуш ж-а аңчылык көрүнүштөрү; шарттуу же идеографиялык сүрөттөр.

**ПОТАНИН** Григорий Николаевич (1835–1920) – этнограф, саякатчы. 1870–90-ж. Зайсан көлүнө, Тарбагатай тоолоруна, Моңголияга, Тувага, Түндүк Кытайга, Тибетке экспедицияга чыккан. Жубайы А. В. Потанина м-н бирге Сибирь ж-а Орто Азия элдеринин этногр-сы ж-а оозеки чыгармачылыгы б-ча баалуу материалдарды жыйнаган.

**ПРЕЗИДЕНТ** (лат. алдыда олтуруучу) – 1. шайлануучу мамл. башчысы; 2. мекемени, коомду жетектөө үчүн шайланган төрага; 3. корпорациянын, компаниянын жогорку кызматтагы башкаруучусу. 1990-ж. 22–30-октябрдагы Кыргыз Респ-нын Жогорку Советинин кезексиз сессиясында биринчи жолу П. маселеси каралган. 1990-ж. 24-октябрда «Кыргыз ССРинде Президенттик кызматты түзүү жөнүндө» Мыйзам кабыл алынып, 27-октябрда парламент Кыргызстандын тунгуч Президенти Аскар *Акаевди* шайлоо м-н коллегиялдуу мамл.

башчысынын ордуна жеке кызмат оруну – П. киргизилген. Парламент шайлаган П-тин ыйгарым укуктарын, П-тик бийликтин мыйзамдуулугун камсыз кылуу максатында 1991-ж. 12-октябрда көзкарандысыз, эгемендүү мамл. башчысы мамл. түзүлүш ж-дөгү маселени чечкен. 1993-ж. 5-майда эгемендүү Кыргызстандын Конституциясын кабыл алуу м-н совет системасы толугу м-н жоюлуп, П-тик бийлик орногон. 1995-ж. 24-декабрда элдик шайлоо жолу м-н Кыргыз Респ-нын тунгуч П-ти Аскар Акаев шайланган. Бул Конституцияга ылайык П-тин биринчи мөөнөтү деп эсептелген. 1996-ж. 10-февралда өткөрүлгөн референдумдун негизинде П. статусунун өзгөрүлүшү м-н П-тик «күчтүү» бийлик орноп, Кыргыз Респ. парламенттик башкаруудан П-тик башкарууга өткөн. 2000-ж. 29-октябрда П-ке  Аскар Акаев экинчи мөөнөткө кайра шайланган. 2003-ж. 2-февралдагы жалпы элдик референдумда Кыргыз Респ-нын П-ти Аскар Акаевге дагы бир жолу ишеним көрсөтүлдү.

**ПРЖЕВАЛЬСКИЙ** Николай Михайлович (1839, Смоленск губерниясы, Кимборов кыштагы –1888, Каракол) – орус географы, Борб. Азияны изилдөөчү, генерал-майор (1886). Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү (1878). 1867–69-ж. Уссури аймагына, 1870–85-ж. Борб. Азияга 4 жолу саякат жасаган. Борб. Азиядагы негизги кырка тоолордун (Орус, Москва, Пржевальский, Алтынтоо ж. б.) орун алган багытын аныктап, Лобнор көлүн изилдеген ж-а этногр. б-ча маалыматтарды чогулткан. 1885-ж. Тибетке жасаган экинчи, Борб. Азияга жасаган төртүнчү сая-катынан Кыргызстан аймагы аркылуу кайт-кан. 1888-ж. күзүндө Борб. Азияга бешинчи жолу саякатка бара жатып, жолдо келте м-н ооруп, каза болгон. Сөөгү Каракол ш-на жакын, Ысыккөлдүн боюна коюлган. 1889–1991-ж. Каракол ш. анын ысымын алып жүргөн.

**ПРЖЕВАЛЬСКИЙДИН ЭСТЕЛИГИ** — орус саякатчысы ж-а географы Н. М. Пржевальскийге тургузулган эстелик. Каракол ш-на жакын жерде улуу саякатчынын мүрзөсүнө 1894-ж. граниттен тургузулган. Эстеликте Н. М. Пржевальскийдин саякатынын маршруту көрсөтүлгөн Азия картасын чеңгелдеген бүркүт орнотулган.

**ПРЖЕВАЛЬСК СОЛДАТ, ЖУМУШЧУ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ** 1917-ж. июнда Солдат депутаттар советтеринин бириккен советине Жумушчу депутаттар совети кошулуп түзүлгөн. Советте адегенде меньшевиктер көптүк кылган. 1917-ж. октябрдын башынан Дыйкан, солдат депуттар совети аталган. 1918-ж. бул Совет большевиктештирилген. 1918-ж. 26-июнда өткөн Советтердин 1-съездинде Каракол аймагында Совет бийлигинин жеңишин жарыялаган.

**ПРОЛЕТАРИАТ** – индустриалдык коомдо жалданма эмгек м-н күн көргөн социалдык топ (жумушчулар табы).

**ПУЛАТЧЫ –** 14-к-дын ортосундагы теңиртоолук түрк-моңгол дуулат уруусунун эмири; Моголстандын таасирдүү төбөлдөрүнүн бири. П. Моголстандын Маңгалай-Субе («Башкы аймак») аймагын башкарган. Анын курамына Фергана өрөөнү, Ташкен аймагы, Ош, Атбашы, Нарын аймактары, Аксуу, Кашкар, Жаркенд, Хотан ш-лары караган. П. Исан Бука хандын (1309–18) учурунда Кашкардын улусбеги, башкаруучусу болгон. 1318-ж. Исан Бука хан өлгөн соң, башкаруучусу жок могол улустары, ар кимиси өз алдынча бөлүнө баштаган. П. хандын тукуму деп эсептелген 16 жаштагы Тоглук Темирди 1348-ж. Моголстанга алдырып келип, аны хан деп жарыялап, өзүн Бүт-күл Моголстандын беги деп жарыялаган. 1361-ж. П. кайтыш болгондон кийин, анын орду уулу Худайдадга мураска калган.

# Р

**РАБАД –** шаардын кол өнөрчүлөр, соодагерлер жашаган бөлүгү, шаардын чет-жакасы. Шаардын өкүмдары ж-а дөөлөттүү адамдар жашаган шахристан бөлүгүнө улай салынган.

**РАБАТ** – б. з. 1-к-нда кен казуучулардын тургун жайы. Баткен р-нундагы рабат кыштагынын түштүк тарабында. Үч дөбөдөн турат. Үстүңкү катмарында калыңдыгы 1 *м*дей шлак жатат. Тургун жайдан металл ж-а руда эритилүүчү имараттын калдыгы, металл эритилүүчү меш, о. эле металл куур ж-а карапалар табылган.

**РАДЛОВ** Василий Васильевич, Ф р и д р и х  В и л ь г е л ь м; (1837, Берлин –1918, Петроград) – чыгыш таануучу, түркolog, этнограф, археолог; Петербург ИАнын академиги (1884). 1858-ж. Берлин ун-тин бүткөн. Россия ИАнын Азия музейине (1885–90), Ан-тропология ж-а этногр. музейине директор болгон. Орто ж-а Чыгыш Азияны изилдөөчү орус комитетин түзүү демилгесин көтөрүп, аны башкаргандардын бири. 1860–70-ж. Алтайга, Сибирге, Казакстанга, Орто Азияга бир нече ирет экспедиция жасап, түрк элдеринин тили, фольклору, этногр. ж-а археол. б-ча материал жыйнаган. 1891-ж. Россия ИАнын Орхон экспедициясын (Моңголия) башкарган, 1898-ж. башында Д. А. Клеменц турган Турпан экспедициясын уюштурган (Борб. Азия). Биринчилерден болуп *Орхон-Енисей жазуусун* окуган, Клеменц таап келген байыркы уйгур даректерин изилдеп, жарыялоону баштаган. Р. түрк тилдерин салыштырма-тарыхый метод м-н изилдөөгө негиз салгандардан. Түрк элдеринин оозеки чыг. б-ча көп материал жыйнаган. Орто Азияга жасаган экспедициясында кыргыздар арасында эки мертебе (1861-ж. Текесте, 1869-ж. Чүйдө) болуп, кыргыз тили, фольклору б-ча да материал жыйнаган; анда асыресе «Манас» эпосун жазып алып, 1885-ж. кыргыз, немец тилдеринде жарыялаган; манасчылардын, кыргыз ырчыларынын төкмөлүк өнөрүнө таң калып, бул өнөрдүн башка түрк элдерине караганда кыргызда өзгөчө өөрчүгөнүн атайы баса белгилеген. Р-дун түрк тилдеринин, дагы башка кээ бир тилдердин классификациясын, тарыхый диалектологиясын ж-а түрк элдеринин этногенезин изилдеген эмгектери да бар.

**РАЗЗАКОВ** Искак (1910, Баткен облусу, Лейлек р-ну, Коросон кыштагы – 1979, Бишкек) – мамл. ж-а саясий ишмер. 1945–50-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы. 1950–61-ж. Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы. 1918-жылдан Ленинабаддагы балдар үйүндө тарбияланган. Ташкендеги пед. техникумун (1931), Москвадагы пландоо ин-тун (1936) бүтүргөн. 1936–38-ж. Өзбек ССР Мамл. пландоо комитетинде экономист, 939–41-ж. комитеттин төрагасынын орун басары, төрагасы. 1941–44-ж. Өзбек ССР эл агартуу комиссары, Өзбек ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары. 1944–45-ж. Өзбекстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация б-ча катчысы. 1961-ж. августтан СССР мамл. экон. Советинин мүчөсү, тамак-аш өнөр жай бөлүмүнүн начальниги. 1965–67-ж. СССР мамл. пландоо комитетинин аппаратында иштеген. 1952–61-ж. КПСС БКнын мүчөсү, 1946–66-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. 2000-ж. сөөгү Москвадан алынып келинип, Бишкектеги Аларча көрүстөнүнө коюлган. Эки Ленин ордени, 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.

**РАЙКОВ ТАБЫЛГАСЫ**, Т а н  и м п е р а т о р у н у н  к ы р г ы з  к а г а н ы н а  к о ш т о ш у у  б е л е г и – 19-к-дын 2-жарымында Хакасиядан табылган кытай иероглифтери м-н жазылган мрамор тактайлары. Бул тактайлар 866-ж. Ин-ву Чен-мин хан деген кытай титулун алып жүргөн кыргыз каганына арналып жазылган. Кытай императорунун кутучаларга салып жөнөткөн аза күтүү «ай-сэ» жазмалары кыргыз каганына карата болгон кадыр-баркты, сый-урматты чагылдырган. Айрым маалыматтарда бул тактайчалар Саян мраморунан жасалганы айтылат. Болжолу, маркум болгон Кыргыз каганына аза күтүүгө, көңүл айтууга келген Тан династиясынын (Кытай) элчилигинин курамында ташка тамга салуучу усталар келген. 860–873-ж. кыргыздардын элчилиги Тан императорунун кабылдоосунда үч ирет болушкан. Ушул мезгилден тартып кыргыздардын тышкы саясаттагы аракети Чыгыш Түркстанга ээлик кылууга бурулган. Айрым бөлүктөрү япон окумуштуусу Т. Мацумото тарабынан окулуп чыккан. «Ай-сэ» деп аталган ушул сыяктуу иеро-глиф тексттери Кытайдын Тан ж-а Сун династияларынын императорлорунун ж-а алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн мүрзөлө-рүнө коюлган.

**РАСИЗМ.** Адам расаларынын дене ж-а психикалык жактан бирдей эместиги ж-а ал айырма коомдук маданиятка, тарыхка таасир көрсөтөрүн, илгертеден адамдарды жогорку ж-а төмөнкү расага бөлүп келишкендиги, а. и. алдыңкылары цивилизация жаратуучулар болсо, о. эле табият аларды башкалардын үстүнөн башкара тургандай өзгөчөлүккө ээ кылып жаратса, экинчилери маданият түптөмөк тургай, аларды өздөштүрүүгө да кудурети жетпеген, эксплуатациялануууга гана жаралган жандар экендиги ж-дөгү илимге каршы келүүчү реакциячыл мазмундагы концепциялардын жыйындысы. Француз Ж. А. Гобино 19-к. орто ченинде алгачкы расисттик концепцияны алып чыгуу м-н, арийлерди «жогорку раса» деп жарыялаган; бара-бара Р. социалдык дарвинизм, мальтузианство, евгеника м-н эриш-аркак өнүк-көн (Д. Хайтрафт, Б. Киндз Англиядан, Ж. Лапут Франциядан, Х. Вольтман, Х. Чемберлен, О. Ам-мон Германиядан). Р. фашизмдин расмий идеологиясына айланган. Р. учурда мамл-терде, сегрега-цияларда, апартеидде, көпчүлүк мезгилде геноцидде ра-систтик дискриминацияларды актоо үчүн колдонулат. Р-дин сионизмге да байланышы бар.

**РАТИФИКАЦИЯ** (лат. ratus – бекилген, facio – жазайм) – мамлекеттин дайындалган өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн эл аралык келишимди мамл. жогорку бийликтин бекитиши. Ошондо гана түзүлгөн келишим укутук толук күчүнө кирет.
**РАХМАНКУЛ ХАН**, Р а х м а н к у л Ж а п а р к у л у у л у (1912, Ош облусу, Чоңалай жергеси – 1990) – Кичи Памирдеги ооганстандык кыргыздардын ханы (1949–78). 1947-ж. Шинжаңга (Кытай) качкан. Пакистанга улагалаш Миңтеке деген жерде кытайлык чегарачыларды конокко чакырып, аларды өлтүрүп, курал-жарагын олжолоп, Кичи Памирге өтүп кеткен. Өзүн өзү хан көтөрүп, Ооганстанда 1964-ж-дан кыргыздардын өкүлү катары Лоя Жиргага (Чоң Жыйынга) катышкан. Өзүнүн 70 миңден ашуун кою, 2 миңден ашык топозу, 300дөй төө, жылкылары болгон. Чоң-чоң жайыттарды ээлеп, соо-да карым-катнаштарын да өзү көзөмөлдөп турган. 1978-ж. Ооганстанда Апрель революциясы жеңгенден кийин узакка созулган граждандык согуш ал жактагы кыргыздардын тынчын алып, жашоосун кыйындаткан. Р. х-дын жетекчилиги м-н ошол жылдын июль айында Памирден 1300 кыргыз (280 үй-бүлө) Пакистанга көчүп кеткен. Гильзит өрөөнүнүн ысык ж-а нымдуу абасы, жут, жугуштуу оорулар, качкын турмушундагы оор абал кыргыздардын көпчүлүк бөлүгүн кыйнаган. 1982-ж. август айында Р.х. 293 түтүн (1138 адам) кыргыздары м-н аба жолу аркылуу Түркияга (Ван көлүнүн боюна) көчүрүлгөн.
**РАХМАТУЛЛА ДАТКА** – Кокон хандыгынын аскерлери турган *Пишпек* (Бишкек) чебинин 1861–62-ж. башкаруучусу. Чүй боорундагы кыргыздарды *Кокон хандыгынын* таасирине тартууга умтулган. Токмок ж-а Пишпек чептерин чыңдоо үчүн кыргыздарды зордоп иштеткен. Анын зордук-зомбулук саясаты жергиликтүү элдин нааразычылыгын күчөткөн. Р. д-нын солто уруусунун чоң манабы Байтик Канай уулунун баласы Байсалды кордогондугу чүйлүк кыргыздардын Р. д-га каршы *Байтик баатыр* башында турган көтөрүлүшүнө түрткү болгон. 1862-ж. Байтик Р. д-ны мейманга чакырып, анын жан-жөкөрлөрүн жигиттерине кырдыртып салат. Качып кетүүгө үлгүргөн Р. д-ны Көкүм баатыр кууп жетип, найза м-н сайып өлтүргөн. Р. д. Кокон хандыгынын Чүйдөгү акыркы башкаруучусу болгон.
**РАШИД АД-ДИН** Фазлаллах ибн Абу-л-Хайр Хамадани (1247–1318) – ирандык энциклопедиячы, тарыхчы ж-а мамл.ишмер. Хамадан ш-нда туулган. 1298-жылдан Газан хандын, кийин Улжейту хандын вазири болуп, 20 жыл моңгол хандарында кызмат өтөгөн. Газан хандын реформаларынын демилгечиси болгон. Улжейту ханга уу берди деген жалаа м-н дарга асылган. Ал тарых, мед., ботаника, эстетика, дыйканчылык ж-а курулуш техникасы, мусулман дини (сүннөт) б-ча эмгектерди жазган. Алардын ичинен Газан хандын өтүнүчү б-ча 1311-ж. жазылган «Жами ат-Таварих» («Тарыхтар жыйнагы») ил. эмгеги өзгөчө маанилүү. Бул эмгекти жазууда булак катары моңгол ж-а түрк элдеринин оозеки мурастарын ж-а Махмуд Кашгари, Жувейнинин эмгектерин пайдаланган. Анда моңгол ж-а түрк урууларынын, Чыңгыз хан ж-а анын мураскорлорунун, династиялар м-н мамлекеттердин, моңгол дөөлөтүнүн тушундагы Кытай, Борб. Азия, Иран тарыхы баяндалган. Мындан тышкары Чынгыз хандын тун уулу Жучунун Енисей кыргыздарын кантип каратып алгандыгы, Жетисууда Чагатай улусунун түзүлүүсү, кыргыз мамл., кыргыздардын ошол доордогу коңшулары катары наймандарды, кори, баргу, тумат, байаут сыяктуу түрк ж-а моңгол урууларын көрсөткөн. Кыргыздардын чакан мамл-н «инал» титулу бар бийлик ээлери башкарарын, алардын бири Урус-инал экендиги айтылат.
**РЕВОЛЮЦИЯ** (лат. revolutio – төңкөрүш) – жаратылыш, коом же таанымдын кайсы бир кубулуштарынын өсүшүндөгү терең сапаттык өзгөрүү (мис., геол. Р., өнөр жай, ил.-техникалык, маданий Р. ж. б.). Р. түшүнүгү көбүнчө коомдук өзгөрүүлөрдү мүнөздөө үчүн колдонулат. Бул түшүнүк – өнүгүүнүн диалектикалык концепциясынын ажырагыс бөлүгү. Ал сандан сапатка өтүү мыйзамынын ички механизмин ачат. Р. өнүгүүдөгү үзүлүү ж-а сапаттуу секирик дегенди билдирет. Р. эволюциядан ж-а реформадан айырмаланат, бирок алар м-н өтмө катар байланышта болот.
**РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ КОМИТЕТТЕР,** р е в к о м д о р – Совет бийлигинин граждандык согуш ж-а чет элдик интервенция убагындагы (1918–20) убактылуу атайын органдары. Анын уюштурулушунда ж-а ишинде Октябрь революциясы мезгилиндеги (1917) аскердик Р. к-дин тажрыйбасы колдонулган. Р. к. 1919-ж. кеңири кулач жайып, респ-лык, крайлык, губерниялык, уездик, болуштук, айылдык болуп түзүлгөн. Алар граждандык, аскердик бийликке толук ээ болуп, мүчөлөрү жогортон дайындалган. Биринчи револю-циячыл аскер совети (РАС) деп аталган комитет 3–5 адамдан туруп, Совет бийлигинин жергиликтүү органдары м-н бирдикте иштеген. Кыргызстанда Р. к. 1919-ж. түзүлүп, көпчүлүк жерлерде жергиликтүү Советтердин аткомдорунун милдетин аткарган. Р. к. Кыргызстанда жер ж-а улут маселелерин чечүүдө, басмачыларды жоюуда маанилүү роль ойноп, совет бийлигинин органдарын шайлоо жолу м-н түзүүгө шарт түзгөн. Р. к-тер Кыргызстандын аймагында өз милдетин аткарган соң (1923) жоюлуп, бийликти жергиликтүү Советтердин аткомдоруна өткөргөн.
**РЕЗИДЕНТ** (лат. residens – өз ордунда калуучу) – 1. мамлекеттин протекторат өлкөлөрүндөгү өкүлү, ошол өлкөнүн башкаруучусу; 2. чет элдик чалгындын башка мамл-тин бир р-нундагы шпиондук тармагын башкарган жашыруун агенти; 3. бир өлкөнүн өкүлү катары экинчи өлкөдө турган адам.
**РИМ ТЫЙЫНДАРЫ.** 1–2-к-да Рим империясында алтын ауреус (салмагы 8 *г* ), күмүш денарий (3,4 г), жезден жасалган сестерций, дупондий ж-а асс деп аталган тыйындар колдонулган. 1 ауреус – 25 денарийге – 100 сестерцийге – 200 дупонийге – 400 асска барабар болгон. Бир күнгө жалданып иштеген мардикердин эмгек

акысы 3 сестерцийди түзгөн. Ушул баага 1 модий (8 *кг*) эгин сатып алууга мүмкүн болгон. Кулду 1200 сестерцийге же 12 ауреуска сатып алышкан. Б.з. 1-к-нан Орто Азияга Р.т. келе баштайт. Кыргызстанда алар Ысыккөл жээктеринен табылган. Р.т-нын келиши Жибек жолу б-ча соода кербендеринин өтүшү м-н тыгыз байланыштуу.

**РКП(б) БКнын ОРТО АЗИЯ БЮРОСУ** – РКП(б) БКнын өзгөчө укуктуу өкүлдүгү. 1922-ж. 19-майда Түркстан бюросунун ордуна түзүлгөн. Орто Азия респ-ларында пар-тиялык уюмдардын иш-аракетин багыт-тап, сов. чарбалык уюмдарга жетекчилик кылып турган. Бюро конференциялар м-н кеңешмелерди өткөрүп, партиялык уюмдарды идеялык, саясий жактан чыңдоодо, лениндик улут саясатын турмушка ашыруу-да көрүнүктүү роль ойногон. 1925-ж-дан ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросу деп аталган. 1934-ж. жоюлган.

**РКП(б) БКнын ТҮРКСТАН БЮРОСУ** – 1920–22-ж. РКП (б) БКнын Түркстандагы өзгөчө укуктуу өкүлдүгү. Түркстандагы жергиликтүү партиялык уюмдарды чыңдоо максатында 1920-ж. апрелде түзүлгөн. Бул бюро Түркстанда лениндик улут саясатын жүргүзүүдө, партиялык ж-а сов. аппараттарды чыңдоодо чоң роль ойногон; «Кошчу» союзун уюштуруп, шовинизмге ж-а жергиликтүү буржуазиялык улутчулдукка каршы күрөшкөн. Бухара ж-а Хорезм Сов. Эл Респ-ларынын түзүлүшүнө ж-а алардын компартияларынын иштерин бириктирүү зарылдыгынан 1922-ж. 19-майда РКП(б) БКнын Орто Азия Бюросуна айландырылган.

**«РКП(б) БКнын ТҮРКСТАНДАГЫ НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ ЖӨНҮНДӨ»** – 1920-ж. 29-июнда кабыл алынган РКП (б) БКнын Саясий бюросунун токтому. Мында Түркстан компартиясынын милдеттери – улуттар арасындагы теңсиздикти, кастыкты жоюу, жергиликтүү калктан келгиндер өз бетинче тартып алган жерлерин кайра кайтаруу, чарбаларды жер м-н камсыз кылуу, полициянын, соодагерлердин, жергиликтүү улутчулардын мурунку жан-жөкөрлөрүн Түркстандан кууп чыгуу ж. б. милдеттер, бардык партиялык уюмдарды Түркстан КПга бириктирүүнүн зарылдыгы белгиленген.

**РКП(б) КАРАКОЛ – НАРЫН ОКРУГДУК 1-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ** 1925-ж. 11–13-мартта Каракол ш-нда өткөн. Конференция облустук партбюро м-н округдук комитеттердин иши, айыл-кыштактагы партиялык иштер ж-дөгү маселелерди талкуулаган ж-а тиешелүү чечимдерди кабыл алган. Партияга кедейлер м-н батрактарды кабыл алууга жетишээрлик көңүл бөлүнбөй жаткандыгы белгиленген. Эмгекчилердин арасында, партиялык айрым ячейкаларда бай-манап ж-а кулактардын таасирин жоюу эң маанилүү милдеттерден деп эсептелген. Конференцияда партиялык иштерди жакшыртуу б-ча конкреттүү чараларды белгилеген.

**РКП(б) КАРА КЫРГЫЗ ОБЛУСТУК 1-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ** 1925-ж. 23–26-март-та Пишпек ш-нда өткөн. Ага партиянын 3524 мүчөсүнөн 116 делегат чечүүчү, 32 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Күн тартиби: РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун доклады, РКП(б) БКнын контролдук комиссиясынын өкүлүнүн доклады, облустук контролдоо комиссиясы м-н Жумушчу-Дыйкан инспекциясынын милдеттери, жумушчу ж-а дыйкан аялдарынын арасындагы иш ж-дө доклад ж. б. Конференция чоңдордун сабатсыздыгын жоюуга ж-а балдарды мектепте окутуу маселесине көңүл буруп, мугалимдердин ролун көтөрүү, кедей ж-а орто чарбаларга салыкты азайтуу, дыйкан чарбаларын жерге орноштуруу, айдоо аянтын (бөтөнчө пахта) кеңейтүү иштерин сунуштаган. Көп ячейкаларда партиялык тартиптин төмөндүгүн көрсөтүп, жаатчылыкты уюштуруучуларды кату сынга алган. Конференция 35 мүчө ж-а 11 мүчөлүккө кандидаттан турган облустук партиялык комитетти, облустук контроль комиссиясын ж-а текшерүү комиссиясын шайлаган. Ошентип, конференция Кыргызстанда партиялык уюмдун түзүлүшүнө негиз салган.

**РКП(б) КЫРГЫЗ ОБЛУСТУК 2-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ** 1925-ж. 2–4-ноябрда Пишпекте өткөн. Конференцияга партиянын 4284 мүчөсү ж-а мүчөлүгүнө кандидатынан 95 делегат чечүүчү, 143 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Күн тартибинде – РКП(б) БК Орто Азия бюросунун доклады, обкомдун отчёту ж-а Кыргызстандын партиялык уюмдарынын милдеттери, экон., а.ч-нын проблемалары ж.б. маселелер каралган.

**РКП(б)нын МУСУЛМАН УЮМДАРЫНЫН БОРБОРДУК БЮРОСУ** – Кавказ, Волга бою ж-а Россиянын башка жерлеринен келген делегаттардын катышуусу м-н 1918-ж. ноябрда Москвада коммунисттик мусулмандардын 1-съездинде түзүлгөн жетекчи орган. Кийин жер-жерлерде РКП(б) Бкнын мусулман бюролору ж-а секциялары түзүлгөн. Ага чет элдик мусулмандар жашаган башка өлкөлөрдөн келген коммунисттер да кирген. Бюро 1919-ж. мартта РКП(б) БКга караштуу «Чыгыш элдеринин коммунисттик уюмдарынын борбордук бюросу», 1921-ж. январдан «Түрк элдеринин арасына үгүт ж-а пропаганда жүргүзүүнүн борбордук бюросу» аталып, май айында жоюлган.

**РКСМдин КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УЕЗДДИК КОМИТЕТТЕРИ** – партиянын уезддик-шаардык комитеттеринин жетекчилиги м-н иш алып барган Кыргызстан комсомолунун уезддик-шаардык комитеттери. 1920-ж-дын башында Пишпек ж-а Каракол уезддик комитеттерине караштуу мусулман бюролору, Кыргыз жаштарын комсомолго тартуу максатында 1922-ж. Ошто, дуңган ж-а уйгур жаштарынын арасында иштөө үчүн 1923-ж. Пишпекте, Караколдо бюро түзүл-гөн. 1924-ж-дын декабрында РКСМдин уюштуруу бюросунун чечими б-ча комсомолдун уезддик-шаардык комитеттери таркатылып анын негизинде округдук комитеттер түзүлгөн.

**РОВНЯГИН** Василий Петрович (1865, Жетисуу облусу, Кичи-Алматы станциясы – 1918, Токмок) – агартуучу, коомдук ишмер, край таануучу. Ташкен семинариясын бүткөндөн баштап өмүрүнүн акырына чейин 37 жыл

бою Токмокто агартуу иштеринде эмгектенген. Орус мектеп ачып, анда мугалим, кийин директор болгон. И. Т. Понамарев м-н бирге Р. Чүй, Кемин, Жумгал, Суусамыр өрөөндөрүндөгү археол. эстеликтерди изилдеген. Эл арасынан кыргыз жомокторун, уламыштарын жазып алган. Кыргызстандын кен байлыктарын иликтеп, минералдардын, өсүмдүктөрдүн ж-а курт-кумурскалардын үлгүлөрүн жыйнаган. Жыйнаган маалыматтар м-н коллекцияларын Петер-бургдагы орус геогр. коомуна жиберип турган. Кыргызстанды ж-а ага жакын аймактарды изилдешкен И. Мушкетов, Ф. Поярков ж. б. окумуштууларга көмөктөшкөн. Р. Токмок ш-нда суу ташкынынан коргоочу дамбаларды куруу, Ысыката минералдуу суусун пайдалануу, бал челекчиликти өнүктүрүү, маданий агартуу мекемелерин ачуу сыяктуу иштери м-н чөлкөмдүн калкына кеңири белгилүү болгон. Р-дин «Токмоктун жанындагы Бурананы сыпаттап жазуу» (1896), «Ысыката минералдуу суусу» (1907), «Токмок» (1912) ж.б. макалалары Түркстандын ж-а Жетисуунун гезит, журналдарына басылган.

**РОМОДИН** Вадим Александрович (1912–1984) – чыгыш элдерин изилдөөчү советтик илимпоз. 1948-ж. Москва ун-тинин тарых факультетин бүтүргөн. 1952-жылдан СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун Ленинграддагы бөлүмүндө иштеген. 50дөн ашуун эмгектин автору. 1973-ж. Москвадан чыккан «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча материалдар» эмгегинин жооптуу редактору болгон ж-а анын кириш сөзүн жазган.

**РУНА СЫМАЛ ЖАЗУУЛАРЫ**, к. *Орхон-Енисей жазуулары*.

**РЫСКУЛОВ** Муратбек (1909, Нарын облусу, Жумгал р-ну, Кайырма айылы – 1974, Бишкек) – залкар сахна чебери. Кыргыз ССРинин эл артисти (1951), СССР эл артисти (1958). Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1969). 1964–74-ж. Кыргыз ССР театр коо-мунун төрагасы. 1936-жылдан Кыргыз драма театрынын актёру. Р. таланты алды м-н драмалуу, бөтөнчө трагедиялуу мүнөздөгү ролдорду ойногондо көп кырынан ачылып, таасын көрүнгөн. Р. кыргыз актёрлорунун устаты катары улуттук театрдын калыптанышына ж-а өсүшүнө зор салым киргизген. Театрдагы ролдору – Чойбек (М. Токобаев, «Кайгылуу Какей»), Момуш (Ж. Бөкөнбаев, «Алтын кыз»), Отелло (У. Шекспир, «Отелло»), Король Лир (У. Шекспир, «Король Лир»), Үмөталы (А. Токомбаев, «Өлбөстүн үрөнү») ж. б. М. Р. комедиялык мүнөздөгү актёр катары да таанылган (Мис., Т. Абдумомунов, «Борбаш», «Таш капчыгай», «Жыгылган оогонго күлөт»). Р-дун чыгармачылыгынын эң бийик чокусу, Р. тарабынан кынтыксыз иштелип бүткөн ролдорунун бири – Король Лирдин образы. Р. түзгөн Тейитбектин образы (К. Жантөшев, «Курманбек») мүнөздүн бекемдиги, образды ачуудагы тереңдиги ж-а масштабдуулугу м-н сценада жаңы табылга катары белгиленген. Р. кинодо да бир катар образдарды түзгөн. Алгач 1949-ж. «Алитет тоо таянды» кинофильминде Ваалдын ролун аткарган. Тартылган кинолору: «Салтанат», «Муз жүрөк ж-дө баян», «Тяншань кызы», «Ашуудагы ок атуу», «Бакайдын жайыты», «Ак мөөр». Кыргыз адамынын эң сонун касиетин «Бакайдын жайыты» фильминде даана көрсөттү. Р. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 жолку депутаты (1963–67, 1971–75), Ленин Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган. Р. тууралуу «Муке» аттуу телефильм тартылып, китептер («Биздин Муратбек» ж. б.) жазылган. Ысмы Бишкек ш-ндагы ж-а Иаек айылындагы көчөлөргө, Нарын муз. драма театрына коюлган.

**РЫСКУЛОВ** Турар (1894–1938) – мамл. ж-а партиялык ишмер. Орто Азиядагы 1916-ж-дагы улуттук-боштондук кыймыл-га, Совет бийлигин орнотууга ж-а чыңдоо-го активдүү катышкан. 1920-жылдан Түрк-стан АССР Борб. аткомунун төра-гасы. 1921–22-ж. РСФСРде улут иштери б-ча эл комиссарынын, 1926–37-ж. РСФСР Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары. Жалган айып м-н камалып, репрессияга учураган.

# С

**СААДАЕВ** Жайнак (1893, Чүй р-ну, Бурана айылы –1937) – советтик, партиялык ишмер. 1-дүйнөлүк согушта тыл жумушунда кызмат өтөгөн. Австрияда туткунда болгон. Кызыл Армиянын курамында Бердичев ш-нда кызмат өткөргөн. 1919-ж. Ташкендеги советтик, партиялык кызматкерлердин 6 айлык курсун бүтүп, 1928–30-ж. Москвадагы марксизм-ленинизм курсунда окуган. Токмок шааркомунун катчысы, 1922-ж. «Кошчу» бирикмесинин Бишкек уездик комитетинин төрагасы. Кыргыз обкомунун 2-катчысы, Кыргыз АССР БАКтын төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1930–33-ж. Кыргыз обкомунун көзөмөлдөө комиссиясынын төрагасы. Кыргыз АССРинин жумушчу-дыйкан инспекциясынын эл комиссары, 1933–34-ж. ВКП(б) БКнын Орто Азия б-ча инструктору. 1937-ж. СССР БАКтын мүчөсү. 1938-ж. репрессияланып, кийин акталган.

**СААДАК** – жебе салынуучу кутуча, баштыкча. Ал тери, кайыш, кийиз, таар ж-а жука темирден жасалган. Анын бети ж-а ооз жагы түрдүүчө асемделип, четтери чачыланып коозделгон. С-ка далыга асына тургандай же курга илингендей эки түрдүү боо тагылган. С-тын көлөмү жебелердин санына, узундугуна жараша жасалган. С-ты жоокерлер, мергенчилер пайдаланган.

**САБАТСЫЗДЫКТЫ ЖОЮУ** – элге кат тааныту (билим берүү, маданий деңгээлин жогорулатуу) чаралары. 1920-ж. 17-сентябр-да Түркстан Респ-нын Эл Комиссарлар Совети «Түркстан калкынын арасында сабатсыздыкты жоюу ж-дө» декретти кабыл алган. 1924-ж. февралда «В.И. Ульянов (Ленин) атындагы фонд» түзүлүп, С. ж. б-ча Бүткүл Россиялык атайын комиссия уюшулган; «Сабатсыздык жоюлсун» коому ачылган. С. ж. мектептеринде (ликбез) адегенде 16–35, кийин 50 жашка чейинкилер окуган. Анда сабактар коомдук-саясий аңгемелер м-н айкалыштырылып, тамга таанытып, китеп окутулган. Кыргызстанда биринчи беш жылдыкта 670 миң адам сабатын жойгон.

**САГАЙЛАР** – хакастардын курамындагы ири этностук топ. Хакас аалымы Н. Ф. *Катанов* элдик оозеки маалыматтарга таянып, сагай уруусу «кара кыргыз» деген түрк элинин бир бөлүгү деп жазат. Бул уруу жазма булактарда «Кыргыз өлкөсүндө» 13-к-дан эскерилет. С-дын курамындагы «чити пүүр» (жети бөрү), сарыгкар, ичегилер байыркы кыргыз уруулары болуп саналышат. Ичеги уруусу дүйнөлүк топон суу мезгилинен бери жашап келет деген байыркы библиялык уламыш С-да сакталып калган. Бул кыргыздарда дүйнөлүк топон суу ж-дөгү уламыш исламга чейинки мезгилде эле белгилүү болгондугун тастыктайт.

**САГЫМБАЙ** Орозбак уулу (1867, Ысыккөлдүн күңгөйү, Кабырга деген жер – 1930, Кочкор р-ну, Каракүңгөй айылы, Айманбет деген жер) – «Манас» эпосунун жогорку көркөмдүктөгү вариантын жараткан залкар манасчы. С. бала кезинен эле элдик чыгармаларга кызыгып, аш-тойлордо жамактап ырдап жүргөн, «Манастан» үзүндүлөрдү айткан. 15–16 жашынан биротоло манасчылык өнөргө баш койгон. Буга Чоңбаш (Нармантай), Балык, Тыныбек, Келдибек өңдүү ошол мезгилдеги чоң манасчылардан таасир алышы себеп болгон. 1922–26-ж. С-дын чыгармачылыгы болуп турган учурунда фольклор жыйноочу К. Мифтаков тарабынан үчилтиктин «Манас» бөлүгү жазылып алынат. Алгач тез ж-а ийгиликтүү жүргөн иши акыркы этабында солгундап, эмнегедир манасчы өзү да «ташыркап» эпизоддордун көркөмдүгү да начарлай баштайт. Чыгармачылыгына шык, эргүү берип турган угуучулардын арасында айтпай, «Манасты» жасалма чөйрөдө айтып отурушу, эл аралап «Манас» айтуу м-н үй-бүлөсүн баккан кирешеден ажырашы, о. эле ооруп калышы сыяктуу шарт-себептер манасчыны чыгармачылык кризиске дуушар кылган. Залкар манасчы ушундай абалында дүйнөдөн кайткан. 1978–81-ж. 4 китептен турган С. О. у-нун варианты басылып чыккан. Эл турмушун эпикалык масштабда көркөм ж-а зор чеберчилик м-н сүрөттөлүшү, элдик идеянын терең ачылышы, окуяларынын байлыгы С-дын варианты өзгөчөлөнтүп бийиктетип турат. Манасчы мусулман динине ишенген адам болгон. Ошондон диний түшүнүктөр вариантта көбүрөөк орун алган, манасчы дин үгүттөө деңгээлине чейин жеткен.

**САДОВЫЙ КЕНЧИ** Чүй өрөөнүндөгү Садовый кыштагынан 1953-ж. табылган. Коло доорунун андрон-карасук мезгилине таандык. Анын курамына 16 буюм кирген: уңгусу жок керкилер, көзөгүчтөр, бычак, конус түрүндөгү буюмдар ж.б. Табылган буюмдар *Сокулук кенчи* I табылгаларына окшош.

**САДЫК** Серкер – алайлык кыргыздардын Кокон хандыгына каршы 1867-ж-гы көтөрүлүшүнүн жетекчиси. С. баштаган кыргыздар кокондук Кызылкоргон чебин чаап алышып, анын башчысы Кул датканы өлтүрүшкөн, бирок Кокон хандыгынын жардамга келген аскерлери көтөрүлүштү баскан.

**САДЫКОВ** Тургунбай (1935-ж. т., Баткен облусу, Баткен р-ну, Говсурар кыштагы) – кыргыз айкелчиси. Кыргыз Респ-нын Баатыры. Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү (1978), СССР эл сүрөтчүсү (1986). Кыргыз ССРинин искусствого эмгек сиңирген ишмери (1972). Москвадагы Жогорку сүрөт окуу жайына (мурунку Строгонов) караштуу жогорку курсту бүткөн (1964). 1968-жылдан Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын төрагасы ж-а СССР сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын катчысы. С. портрет, чакан скульптуралык композиция, монумент-жасалга жанрларында чыгармалар жараткан. Негизгилери: «Кичинекей койчу», «Дем алуу» (1961), «Дирижер» (1961), «Айтиевдин портрети» (1968), «Д. Күйүкованын портрети» (1968), «Акын Омор Султановдун портрети» (1969), «Кылым таштары» сериясы (1970), М. Рыскулов Лирдин ролунда» (1974) ж. б. С-дун чыг-ры СССР сүрөтчүлөр союзу м-н СССР маданият министрлигинин көргөзмөлөр дирекциясында, Революция музейинде, Третьяков галереясында сакталууда.

С. «Манас» – баатырдык эпос скульптуралык ансаблинин (1978–1981) автору. С-дун соңку мезгилдерде жараткан «Эркиндик монументи» ж-а «Эл куту» монументалдык эстеликтери өзгөчөлүктөрү м-н айрымаланып турат. 1979-ж. «Достук» ж-а «Революциянын каармандары» монументтери үчүн СССР сүрөтчүлөр академиясынын алтын медалы м-н сыйланган. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1967). Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1971–80) депутаты. «Ардак белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**САДЫР** Арзымат уулу, С а д ы р х а н, С а д ы р б а а т ы р туулган жылы белгисиз –1780) – кыргыз элинин эркиндиги үчүн күрө-шүүчү, колбашчы, баатыр. Саяк уруусунун каба уругунан. Баатыр Барак балбандын урпагы. Жаштайынан айбаттуу, жоокер чыгып, эр Садыр аталган, кийин бүткүл кыргызга таанылып, хан атагына татыган. Кыргыз калкын, жерин чет жердик баскынчылардан коргоп, абыройлуу колбашчы болгон. Талас аймагына коркунуч пайда боло баштаганын баамдап, Чоңкапка капчыгайынын чыга беришиндеги Кызылмойнок ашуусунун этегине ордо куруп, коргон салдырган. Ал жер «Садыр коргон» деп аталган, кийин суу сактагычтын алдында калган. С. хандан казак баатырлары Жапек, Абак, Көкжал Барактар жеңилишкен. С. баатырдын аскердик күчү кубаттуу болгондуктан, коңшу Улуу Жүз казактарынын уруу башчылары Сараркадагы Абылай хандан жардам суроо-го мажбур болушкан. Абылай хан кыргыздарга көп кол м-н келип, Чүйдөгү элди чаап, андан Таласка бет алган. 1780-ж. ал С-ды, уулу Доскулуну туткунга түшүргөн. Уулу экөө туткундан качууга аракеттенип, салгылашып жатып өлгөн. Туугандары алардын өлүгүн Абылайдан сурап алып, Таластагы Үчкоргон деген жерге коюшкан. Эр С. м-н Абылай хандын жоолашуусу дастанга айланып, кыргыз-казак элдеринде айтылып калган. Анын бир вариантын Ч. Валиханов 19-к-дын 60-жылдарында жазып алган.

**САЗАНОВ** Багыш (1878, Жумгал өрөөнү, Карасуу айылы –1958, Кызылтуу айылы) – манасчы. Айылында уста, тегирменчи болгон. «Манастын» үч бөлүмүн тең айткан. Эл арасында 18–19 жашынан айта баштаган. С-дон 1938–41-ж. болжол м-н 101600 сап ыр («Манастан» – 41 миң, «Семетейден» – 55 миң, «Сейтектен» – 5600 сап) жазылып алынган (жарык көрө элек). С-дун варианты башка негизги варианттарга караганда олуттуу өзгөчөлүктөргө ээ. «Жаңыл Мырза», «Түгөлбай» деген элдик эпостук чыгармаларды да кара сөз м-н айткан.

**САЙМАЛЫТАШ СҮРӨТ ГАЛЕРЕЯСЫ** Фергана тоо кыркасындагы Көгарт ашуусуна жакын жерде таш бетине чегилген сүрөттөр. Б. з. ч. 2-миң жылдык – б. з. 1-миң жылдыгынын 1-жарымына (5–6-к.) таандык. Жүз миңден ашуун сүрөттөр бар. Тоо текелердин, аркарлардын, букалардын, куландардын, жырткыч жаныбарлардын, арабага чегилген букалардын, колдору жогору көтөргөн адамдардын, тегерек күн сымал баштуу кудайлардын, ыйык нике сценалары, күндүн белгиси өңдүү сүрөттөрдү кездештирүүгө болот. С. с. г-н 1902-ж. орус армиясынын офицери, топограф Н. Г. Хлудов ачкан. Кийин аны генерал-майор И. Т. Пославский (1902–03), Б. М. Зима (1946), А. Н. Берн-штам (1950) изилдеген. С. с. г. 4 мезгилдик топко бөлүнөт: 1. б. з. ч. 2–1-миң жылдыктарда ар түрдүү ырымдарды чагылдырган көрүнүштөр ж-а геометриялык сызмалар чегилген сүрөттөр. Алардын Алдыңкы Чыгыштагы б. з. ч. 3–1-миң жылдыктарга таан-дык чопо идиштерге тартылган сүрөттөр м-н жакындыгы бар; 2. сак-усун дооруна (б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымы) тиешелүү айбанаттар стилиндеги диний ырымдар тартылган сүрөттөр; 3. хунн дооруна таандык жырткыч айбандардын сүрөттөрү; 4. хунн-түрк доорундагы тоо текелердин, аркарлардын ж-а жаа м-н куралданган мергенчилердин сүрөттөрү. Саймалыташтагы энео-литтен коло дооруна чейинки сүрөттөрдүн көпчүлүгү бир нерсеге табынуу ж-а мифологиялык түшүнүктөр м-н тыгыз байланышкан. Күн белгиси же күнгө сыйынуу сүрөттөрү ар түрдүү көрүнүштө берилген. Өзгөчө күн сымал баштуу кудайдын келбеттери көп кездешет. Мындай сүрөттөрдү Сибирден, Алтайдан, Орто Азиядан кездештирүүгө болот. Байыркы сүрөтчүлөр күн кудайынын нурданып, жаркырап турушун чагылдырышкан. Ошондуктан ага бут, кээде кол жалгаштырып, кээде күндүн бетине көз, ооз тартышкан учурлары да кездешет. Өрүлгөн чачтары артка ыргытылып, күндү колуна көтөргөн адамдардын сүрөттөрү жолугат. Болжолу булар диний жөрөлгөнүн катышуучулары болсо керек. Петроглифтердин арасында төрт чарчы коргон сымал сүрөттөр кездешет. Алардын көпчүлүгүнүн ортосунда очок сыяктуу белгиси бар. Көпчүлүк изилдөөчүлөр муну турак-жайдын чагылдырылышы деп эсептешет. Саймалыташтагы эстеликтерде артына куйрук сымал нерсеси бар адамдардын сөлөкөттөрү сакталган. Алардын көпчүлүгү бири-бирине бет маңдай туруп, колдорун көтөрүп турган учурларды чагылдырат. Мындай сүрөт-төрдү күн сымал баштуу кудайдын алдына чегишкен. Мындан тышкары бука, теке, аркар, эшек же эки түрдүү жаныбарлар чегилген арабалар кездешет. Арабанын артында эркек кишинин сөлөкөтү тартылганы ачык баамдалат. Изилдөөчүлөр: А. И. Мартынов, А. Н. Марьяшев, А. К. Абетеков С. с. г-нын нукура маанисин диний жөрөлгөлөр өткө-рүлүүчү жай катары карашат.

**САЙРАМИ МОЛДО МУСА** (1840, Чыгыш Түркстан, Сайрам кыштагы – болжолу 1916) – уйгур тарыхчысы. 1864-ж. Кучада (Чыгыш Түркстан) кытайлык феодалдарга каршы чыккан көтөрүлүшкө Аксуу, Үчтурпан ш-ларын бошотууга катышкан. Йакуб бектин ж-а анын жөөкөрлөрүнүн кол алдында катчы болуп иштеген. 1903–05-ж. «Тарих-и аминийа» («Амандык тарыхы») китебин жазган. Анда Теңиртоону мекендеген түркий элдердин эзелки тарыхы, Чыңгыз хандын, цин-манжурлардын Чыгыш Түркстанга басып келиши, Куча (1864) көтөрүлүшү, Йакуб бектин бийлиги (1878-жылга чейин) сыяктуу тарыхый окуялар чагылдырылган; Алымкул датка (китепте Мулла Алимкул, Алимкул кыргыз) сыяктуу кыргыз саясий ишмерлери да эскерилет.

**САЙФ АД-ДИН АКСЫКЕНТИ**, С а й п и д и н М о л д о А к с ы к е н д и, С а й ф а д – д и н и б н д а м у л л о Ш а х А б б а с А к с ы к е н т и (15-к., азыркы Аксы, Алабука р-нун чегиндеги орто кылымдык Аксыкент ш. – 16-к-дын башы, ошол эле жер) – кыргыз ойчулу, эң алгачкы тарыхчысы, «Манастын» кара сөз түрүндөгү текстин биринчи жолу кагазга түшүргөн (1503-ж.) манасчы, көрүнүктүү санжырачы; «Мажму ат-таварих» аттуу уникалдуу кол жазманын автору. Ал эмгегинде кыргыз элинин байыртан берки тарыхын алгач ж-а кеңири баяндаган, кыргыздардын оң, сол болуп бөлүнүшүн, Ак уул, Куу уулдардын 23-атасына чейин атап жазган. Атасы Аббас дин илиминин жогорку баскычтарына, шах (хан) деген мансапка жеткен адам болгон. Бир маалыматка караганда Молдо Сайпидин чоң атасы Чурчар (Чычар) кыргыз туугандарына таарынып («Чычар» деген кошумча атына чычалап деп да айтылат), тажиктер арасына көчүп кетип, тили фарсыча болуп калгандыгы эскерилет. Аксыкент шаарында фарсы тилдүү элдер басымдуу жашаган деген да сөз бар. Анын жазмаларынын ичинен бизге жеткени *«Мажму ат-таварих»* («Тарыхтардын жыйнагы») болуп саналат. Анын азырынча үч нускасы белгилүү: биринчиси Ленинград мамл. ун-тинин китепканасынын Чыгыш бөлүмүндө 963-номер м-н сакталып турат. Аны 1-иликтеп, советтик ж-а кыргызстандык окумуштуулар чөйрөсүнө жеткирген тажик окумуштүусу А. Т. Тагиржанов болгон. Ал «Собрание историй «Маджму ат-таварих» (Ленинград ун-тинин басмасы, 1959-ж.) аттуу китеп чыгарып, 1960-ж. 2-басылышы жарык көргөн. «Мажму ат-таварихтин» 2-кол жазма нускасы СССР ИАнын (азыр Россия Илимдер академиясы) Азия элдери ин-тунун Ленинград бөлүмүндө 667-но-мер м-н катталган. Муну орус окумуштуусу В. А. Ромадин Ин-ттун китепкана-сынан таап, бардык мазмунун өз сөзү м-н жазып чыгып, бир нускасын «Извлечение из «Маджму ат-таварих» деген ат м-н Кыргызстан ИАнын Колжазмалар фондусуна тапшырган. А. Т. Тагиржановдун жазганына караганда нуска «Жами ат-таварих» деген ката көрсөтүлгөн ат м-н сак-талып турган. Ал кол жазма мурда эле атактуу тарыхчы В. В. Бартольдго белгилүү болгон. Чыгарма ж-дө 1899-ж. 11-мартта Археол. коомунун Чыгыш бөлүмүндө кыскача кабар берип, кол жазманы ага В. А. Каллаур жибергенин, жазган автору С.а-Д.А. китепти жазып бүтпөй каза болуп, аягын уулу Нурмухаммед бутүргө-нүн, бул хижра жыл санагы б-ча 10-к-га (Иса жыл санагы боюнча 1494-жылдан башталганы) таандык экенин билдирген. В. А. Ро-мадиндин Кыргызстан ИАнын Колжазмалар фондусуна жиберген «Извлечениесинин» көлөмү 110 бет. А. Т. Тагиржановдун жогоруда аталган китеби м-н бул «Извлечениенин» негизинде алгачкы ил. кабарларды кыргыз окумуштуулары – 3. Мамытбеков, андан кийин Ө. Караев, И. Молдобаев ж. б. кыргыз коом-чулутуна жеткиришкен. «Мажму ат-таварихтин» 3-нускасы Алабука р-нундагы Баймак айлынын тургуну *Жайлообаев* Назарматта сакталып келген. Бул нусканы Кудаярхандын ордо катчысы болуп кызмат өтөгөн Жайлообайдын агасы Койлонбай ичкериден алып келип, атадан балага мурас катары өтүп келген. Аны 1968-ж. Назармат карыя Академиянын Колжаз-малар фондусуна тапшырган. Ошондон 1995-жылга чейин ал колго алынган эмес, анткени, арап тамгасы м-н фарсы тилинде жазылган чыгарманы кыргызчага котормочулар табылган эмес. Ал 1996-ж. «Тарыхтардын жыйнагы» («Мажму-ат-таварих») деген наам м-н китеп болуп чыкты (которгондор: М. Досболов м-н О. Сооронов). Анда бул кол жазманын жазылуу себептери, Касандык 12 имамдын өмүр-ишмердиги, кыргыздардын Нух пайгамдардан берки тарыхы, оң, солго бөлүнүшү, Ак уул, Куу уул, алардын 23-атасына чейинки санжырасы, Чыңгыз хан м-н Амир Темирдин өмүр-тарыхы, эң негизгиси Манастын калмак ханы Жолой м-н болгон согуштук айкаштары, жеңиштери камтылган. Молдо Сайпидиндин бул атактуу кол жазмасы «Манас» эпосунун биринчи кагазга түшкөнү, о. эле кыргыздардын байыркы тарыхынан эң алгач кабар бергендиги ж-а санжырасын кеңири чагылдыргандыгы м-н баалуу.

**САЙЫШ,** э р с а й ы ш – уруктар, уруулар, элдер жаатташып урушканда, эки тараптын башчылары же эр жүрөк баатырлары ортого жекече чыгып кылыч м-н чабышып, найза м-н сайышып, кимиси жеңилсе ошол тарап жеңгендерге багынышкан. С-ка машыгуу иретинде уруктун же уруунун жигиттери той-тамашаларда, аштарда, айт-тарда сайышуу өнөрлөрүн көрсөтүшкөн. Мындай С-та найзанын учу текши кесилип, ага куургучтун башындай кийиз же жүн орошкон. Сайышчу балбандардын көкүрөгүнө калың ичмектүү эски тердиктерди таңышкан. Моюнга, башка саюуга тыюу салынган. Мындай С-тарга чоң байгелер коюлган.

**САКАЛ КАГАН** – 706–711-ж. Түргөш мамл-н башкарган каган. Үч-Элиг кагандын уулу. Ал бийликке келген мезгилде кагандыктын ички ж-а тышкы абалы оор болгон. Түргөштөргө бир эле учурда Тан династиясынан (Кытай), чыгыштан түрктөр, батыштан арабдар коркунуч туудуруп турушкан. Согдулуктар м-н бирге, Орто Азияга басып кирген арабдарга каршы аскердик жүрүш-төр уюштурулган. С. к. 709-ж. Аньсиге кол салып, кытай аскерлерин жеңип, наместнигин өлтүрөт. Арабдардын таланттуу аскер башчысы Кутейба ибн-Муслимге караганда күчкө толуп келе жаткан Чыгыш Түрк кагандыгы башкы коркунуч болучу. Жаңы түзүлгөн саясий кырдаалда Түргөш кагандыгы, Кыргыз мамлекети, Тан династиясы Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына каршы үчилтик коалициясын түзүшкөн эле. Чыгыш түрктөрдүн башкаруучусу Капаган каган амалдуулук м-н союздаштарга биринчи сокку урмай болгон ж-а келишим б-ча Тан Кытайын бейтарап кыла алган. Саян аркылуу ашып өтүшүп, бейкапар жаткан кыргыздарды талкалашат. Андан соң, Капаган каган Алтай аркылуу өз аскерлерин Иртышка жашыруун алып өтүп, Болуку деген жерде түргөштөрдүн көп сандагы аскерин талкалаган. С.к-ды колго түшүрүп, дарга асышкан. Түргөштөрдүн жерлери убактылуу Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын курамына өткөн.

**САКТАР** – б. з. ч. 1-миң жылдык – б. з. 1-к-нда Орто Азия, Казакстан, Чыгыш Түркстан аймактарын мекендеген уруулардын конфедерациясы. Байыркы фарсы жазууларында С. Азия көчмөндөрүн түшүндүрөт, ал эми байыркы гректер бардык көчмөндөрдү скифтер деп беришкен. Байыркы перс падышасы Дарий I (б. з. ч. 522–486-ж. бийлеген) Накш-и Рустем («Үрүстөмдүн оймо-чиймеси») капчыгайындагы аска бетине чектирген жазмада С-дын үч түрү эскертилген. Алар хаумаварга С-ы (хаумду кадырлоочу С., б.а. чекенде өсүмдүгүнүн ширесин диний жөрөлгөдө пайдалануучу С.), тиграхауда С-ы (чуштугуй калпакчан С.), тйаийй-парадрайа С-ы (деңиздин же дарыянын өйүзүндөгү С., б. а. Карадеңиз боюндагы скифтер) деп бөлүнгөн. С. союзуна яксарт, массагет, исседон, дай ж. б. уруулар бириккен. 6-к-дын аягы – 5-к-дын башында С-дын бир бөлүгүн Ахеменилер караткан. С. аларга салык төлөп, аскер берген, перс армиясынын курамында грек-перс согуштарына: б. з. ч. 490-ж. Марафон салгылашуусуна, б. з. ч. 480-ж. жөө аскерлери Фермопил салгылашуусуна, б. з. ч. 437-ж. атчан аскерлери Платейдеги согушка катышкан. Алардын аскерлери атчан жаачылардан ж-а жөө аскерлерден турган. С. атака ыкмасын, жалган чегинүү, чакан бөлүктөр м-н чаап кетүү, душман чегингенде аларды чечкиндүү куугунтуктоо ыкмаларын колдонушкан. Б. з. ч. 3-к-да сак урууларынын бир тобу байыркы көчмөн урууларынын кысымынан Парфияга басып кирип, Парфия падышалыгынын түзүлүшүндө кыйла роль ойногон. Кийин Дрангианга келип отурукташып, ал жер Сакстан (азыркы Сейстан; Иран м-н Ооганстан аймактарында) деп аталган. Кыргызстандын аймагын жердеген С. жылкычылыкты мыкты өнүктү-рүшкөн. Көчмөн тиграхауда С-ы Жетисуудагы эзелки жазма маданиятка да орчундуу салымын кошкон. Алматы ш-нан 50 чакырымдай чыгышта жайгашкан Эшик (казакча – Есик) аттуу жерден казак археологу К. А. Акишев байыркы көрүстөндөн күмүш идиштин бетине түшүрүлгөн жазууну тапкан. Эки саптагы 26 тамга айтылуу орхон-енисей руна сымал жазмасына окшошуп кетет. Азырынча окула элек бул эстелик Жетисууну ж-а Кыргызстанды жердеген байыркы калктар – С. өз алдынча жазма маданиятына эгедер болгондугунан кабар берет. Б. з. ч. 2-к-дын ичинде жетисуулук С-дын басымдуу бөлүгү чыгыштан журт которуп келген юэчжилердин кысымынан Орто Азия-нын чордонуна көчүүгө аргасыз болушкан. С-дын калган-катканы усундарга жуурулушуп, теңиртоолук кийинки этностордун бир компонентине айланган.

**САК-УСУН КӨРҮСТӨНДӨРҮ** – б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымы – б. з. алгачкы кылымдарына таандык мүрзөлөр Ала-мүдүн ж-а Аларча сууларынын аралыгында (Бишкектин түштүк чет-жакасы) жайгашкан. Көчмөн сак ж-а усун уруу аксакалдарынын сөөгү коюлган дөбө мүрзөлөрдүн тобу түндүктөн түштүккө карай тизилип жатат. Бул мүрзөлөрдүн бийиктиги 3–12 *м*, диаметри 40–80 *м*. Чоң дөбөлүү мүрзөлөрдүн айланасында кедейлердин чакан дөбө мүрзөлөрү жайгашкан. Бишкек ш-нын аймагындагы мүрзөлөрдүн көпчүлүгү курулуштардын астында калган.

**САЛИЕВА** Уркуя (1910, азыркы Ноокат р-ну, Мүркүт кыштагы –1934, ошол эле жерде) – Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдөн. Кыргыз кыз-келиндеринин ичинен биринчилерден болуп комсомолго, кийин партияга өткөн. Эзүүчү таптарга каршы ж-а аялдарды азаттыкка чыгаруу үчүн күрөшкөн. 1928-ж. Мүркүт айыл кеңешинин төрайымы болуп шайланган. 1929-ж. р-ндогу алгачкы «Кызыл-Аскер» колхозун уюштурган. 1934-ж. Кыргыз АССР БАКнын мүчөсү. Тап душмандарынын колунан курман болгон. Бишкек ж-а Ош ш-нда көчөлөргө, Оштогу орто мектепке С-нын ысымы берилген. Ал ж-дө документ тарыхый роман (Н. Байтемиров, «Тарых эстелиги») жазылган, «Уркуя» аттуу көркөм фильм (1971) тартылган. Туулуп-өскөн кыштагында ж-а Бишкекте эстелиги тургузулган.

**САЛИХОВ** Мурат (туурасы Салыков) (1905, Баткен облусу, Баткен р-ну, Рават кыштагы – 1938) – мамл. ж-а саясий ишмер. Кокон педтехникумун (1923), Ташкендеги Кыргыз агартуу ин-тун (1925) бүткөн. 1925–27-ж. Ош округдук комитетинин үгүт-на-саат бөлүмүнүн башчысы. 1929–30-ж. Өзгөн р-дук аткомунун, Ош округдук элге билим берүү бөлүмүнүн, Ош округдук аткомунун төрагасы, 1930–37-ж. партиялык кызматтарда. 1937-ж. Кыргыз Эл Комиссарлар советинин төрагасы. 1938-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Борб. аткомунун төрагасы. Ак жеринен айыпталып, репрессияланган.

**САМАНИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИ** – 875–999-ж. Орто Азияда өкүм сүргөн феодалдык мамлекет. Аны Ооганстандагы Балх ш-на жакын жердеги Саман кыштагынан чыккан Сама-Худат деген адам негиздеген. Анын атынан С.м. деп аталган. Сама-Худат өз чегарасын кеңейтип, борборун Бухара ш-на көчүргөн. Эң өрчүп, өркүндөп турган мезгили – 10-к-дын биринчи жарымы. Анын аймагына ошол учурда Мавераннахр, Хорасан, Түндүк ж-а Чыгыш Иран, Хорезм, Газни, Табарстан, Систан, Журжан ж.б. кошулган. С. м-нде вазир, падыша, аскер начальниги, бекет ж.б. башкаруунун иреттүү системасы түзүлгөн. Гүлдөгөн шаарлары: Бухара, Самаркан, Нишапур, Мерв, Герат, Балх болгон. Соода-сатык, кол өнөрчүлүк өнүккөн. С. м. Хазария, Иран, Булгар, Караханийлер мамл., Кытай, Русь м-н соода кылган. Кыргызстандын аймагындагы Караханийлер кагандыгы м-н карым-катнаш жүргүзүп турган. Чоң шаарларында мектептер, окуу жайлары, медреселер болгон. Бухара ш. өзүнүн эң чоң китепканасы м-н даңазаланган. А. Рудаки, А.Фараби сыяктуу окумуштуулар, маданият ишмерлери чыккан. С.м-нин тили «дари» (фарсы тилинин негизинде) болгон. 10-к-дын аягында бытырандылыктын натыйжасында, Караханийлер мамл. С.м-н кулаткан.

**САМАРКАНДИ КАМАЛ АД-ДИН** абд ар-Раззак ибн Жалал ад-Дин (1413–1482) – тимурийлер доорундагы тарыхчылардан. Герат ш-нда (Ооганстан) туулган, атасы Жалал ад-Дин Исках Самаркандан болгондуктан, Самарканди деген ат алып жүргөн. 1462–63-ж. Гераттын шейхи болуп шайланган. 1471-ж. «Матла ас-саадайн

ва мажма ал-бахрайн» («Кош бакыт аткан жери жана кош деңизден бириккен жер») деген тарыхый эмгегин фарсы тилинде жазган. Чыгарма эки бөлүктөн туруп, 1304–1471-ж-дагы окуялар камтылган. Анда эмир Темир ж-а анын урпактарынын Теңиртоого, Түштүк Казакстанга ж-а Чыгыш Түркстанга жасаган жортуулдары, Моголстан м-н тимурийлердин саясий-элчилик байланыштары ж-дө маалыматтар берилген, о.эле Моголстандагы Өзгөн, Ош, Атбашы, Ысыккөл, Нарын, Чүй сыяктуу жер-суу аттары да эскерилген.

**САНЖЫРА** – (ар. шаджарат – бутак, тармак; түрк. – шежере, чежере, сажара ж. б.) – элдин, уруунун түпкү теги, таралышы ж-дө-гү тарыхый маалыматтар. С. кыргыз элинин басып өткөн тарыхый түшүнүктөрү-нүн оозеки түрүндө айтылып келген жы-йындысы, б. а. элдин оозеки тарыхый били-ми. С. көптөгөн көчмөн элдерде, урууларда атадан балага, муундан-муунга оозеки айтылып келгенине байланыштуу, анда фольклордук көркөмдөөлөр, күчөтүүлөр, өркүндөтүүлөр ж. б. көп кездешет. Бирок аларды толугу м-н фольклордук чыгармалардын катарына кошууга болбойт. С-да боёктордун көп болгондугуна карабастан, андагы окуялардын, баяндалган маалыматтардын негизинде тарыхый реалдуу өзөк жайгашып, алар тарыхый окуялардын негизинде катмарланган. Ошондой болсо да андагы айрым окуялар мифтик, легендалык мүнөзгө өтө баштагандыгы байкалат. Кыргыз С-сын белгилүү этнограф С. М. Абрамзон этногр. ил-нде маанилүү булак экенин белгилеп, аны фольклордук чыгармалардан айырмалоо үчүн «элдик этногония» деп атаган. С. баштапкы мезгилде оозеки жашап келсе, жазма маданияты өнүккөн доорлордо айрым элдердин өкүлдөрү тарабынан кагаз бетине түшүрүлгөн. Тарых илиминде изилдөөлөрдө тарыхый маалымат катары колдонулуп келген санжыралык даректердин белгилүүлөрү – моңголдордун «Купуя баяны», моңгол-түрк элдеринин тарыхына байланышкан Рашид-ад-Диндин, Улугбектин заманында жазылган «Төрт улустун санжырасы» ж. б. Көчмөн элдердин коомдук, саясий-админ. уюшуу системасы уруулук курамдын негизинде түзүлгөнүнө байланыштуу, өткөн доордо С. коомдо идеологиялык маанилүү милдетти аткарып келген. Көчмөн коомунун аякташы м-н санжыралык көзкараш, түшүнүктөр өткөн мезгилдердин калдыктарына айланат. Бирок, С. тарыхый этногр. булак катары тарых илиминде олуттуу мааниге ээ.

**САНТАШ ЧАЛДЫБАРЫ** – 10–12-к-га таандык кербен сарайдын калдыгы. 19-к-дын 2-жарымынан Ч. Валихановдун маалыматында, о. эле П. П. Семенов-Тянь-Шанскийдин ж-а В. В. Бартольддун эмгектеринде эскертилет. Кербен сарай Түп суусунун сол тарабындагы Санташ айылына жакын жерде жайгашкан. Ал төрт чарчы формадагы дубалдардан турган. Пайдубалы атайын ылай аралашмасына таштан кыналып коюлган. Дубалдарынын уз. 48 *м*, бийиктиги 2–2,5 *м*, жазылыгы 4–6 *м*. Дубалдын бурч-тарында кароол мунаралары жайгашкан, ал эми чыгыш-батыш ж-а түндүк дубалдардын ортолорунда кошумча мунаралар тургузулган. Сарайга түштүк тарабындагы дарбаза аркылуу киришкен. Сарайдын ичинде турак-жайлар жайгашкан. Карапа ж-а кыш бышыруучу очоктор болгон. Кербен сарайдын ортосунда короо-чарбак аянтчасы жайгашкан. Чарыкка жасалган карапа идиштер, айрыкча бетине айнек аралашмасынан жасалган сыр м-н сырдалган карапа буюмдар, бышырылган кыштар, айнек идиш сыныктары, темирден жасалган буюмдар ж-а малдын сөөк калдыктары табылган. Санташ кербен сарайы Улуу жибек жолунда жайгашып, негизги кербен сарайлардын бири болгон. Изилдөө иштери В. Д. Винник тарабынан жүргүзүлгөн.

**САНЧЫ СЫНЧЫ**, С а н с ы з – тарыхый уламыштар б-ча 17–18-к-да жашаган кыргыз сынчысы. Солто уруусунан чыккан. С. с. айт-каны айткандай туура келген, өтө кыраакы, баамчыл адам болгон. Санчынын сынчылыгына байланышкан уламыштарда ал солтонун балдарын сынап, кимиси мыкты чыгарын алдын ала айткандыгы, Кудаян ханды сынап, элдин башына оор заман келе тургандыгы, хандын жолу болбостугун, Болот бийдин аялы Таалекеден Эсенгул баатырдын төрөлө тургандыгы ж.б. тарыхый окуялардын боло тургандыгын алдын ала айткандыгы айтылат.

**САПЕЛКИН** Алексей Александрович (1919, Чүй облусу, Аламүдүн р-ну, Байтик айылы) – тарых ил-нин доктору (1978). Кедей үй-бүлөдөн. Казак укук ин-тун (1941), Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1956) бүткөн. 1961-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунун ил. кызматкери. Кыргызстандын 19-к-дын аягы – 20-к-дын башындагы агрардык мамилелерине арналган бир канча ил. эмгектин автору.

**САРАЙ –** 1. соода, кербен жолдорунун бекеттериндеги курулуштардын жалпы аты. Эл ичинде кербен С. деп аталат. Саякатчылар, соодагерлер кербен С-да конушкан, эс алышкан. С. ээлери келгендерди ж-а алардын унааларын жайгаштырып, тиешелүү акыларын алышкан; 2. кандын, падышанын ордосундагы имараттардын жалпы аты. Кандын үй-бүлөсү, нөкөрлөрү, сакчылары, тандамал ишеничтүү аскерлери, аскер башчылары, акылдаш-кеңешчилери, жардамчылары, желдеттери, иш башкаруучулары С-да турушкан; 3. үстү жабык же ачык чарба курулуштары.

**САРБАЗ** – *Кокон хандыгынын* аскери. Хан аскери 3 категорияга бөлүнгөн: атчан аскерлер (сыпайлар), артиллерия (топчу) ж-а жөө аскерлер (сарбаздар). С-дардын курал-жарагында атылбас курал басымдуулук кылган. Бирок жазылган маалыматтар б-ча «кокон аскери ийнине милтелүү мылтык асынган, капталында ийри кылычы бар, айрымдарында мындай куралданууну кыргыздардыкындай узун эмес, кыска ичке найза толуктайт». Кошуунда аскердик бекем тартип болгон эмес ж-а атайын даярдыктан өткөн эмес. Согуштук жүрүштөргө каты-шуудагы башкы өбөлгө олжого ээ болууга умтулуу болуп саналган.

**САРТБАЕВА** Кайыркүл (1936-ж. т., Чүй облусу, Кемин р-ну, Карабулак айылы) – опера ырчысы (лирика-драмалык сопрано). Кыргыз ССР эл артисти (1974), СССР эл артисти (1980). П. И. Чайковский атн. Москва

мамл. консерваториясын 1962-ж. бүтүргөн. 1962-жылдан А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрында солист. 1986–89-ж. Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. иск-во ин-тунун ректору. С. дүйнөлүк классикалык ж-а улуттук опералардагы негизги партияларды чебер аткарат. Негизги партиялары: Татьяна, Лиза (П. Чайковский, «Евгений Онегин», «Карганын маткеси»), Микоэла (Ж. Бизе, «Кармен»), Дездемона (Ж. Верди, «Отелло»), Маргарита (Ш. Гуно, «Фауст»), Баттерфляй (Ж. Пуччини, «Чио-Чио-сан»), Айчүрөк, Калыйман, Каныкей, Зулайка (А. Малдыбаев, В. Власов ж-а В. Фере, «Айчүрөк», «Манас», «Ажал ордуна») ж. б. О. эле «Токтогул», «Жамыйла», «Олжобай м-н Кишимжан», «Аста, секин колукту», «Алтын кыз», «Аршин мал алан» операларында башкы каармандардын образын түзгөн. Москвадагы Чоң театрда Баттерфляй, Маргарита, Татьянанын партия-ларын аткарган. С. кыргыз, орус композиторлорунун ырларын, романстарын чебер аткаруучу катары белгилүү. 1976-ж. Эл аралык «Мадам Баттерфляй» (Токио) конкурсуна катышып, «Дүйнөдөгү ири опера сахналарында ырдай алат» деген медалга арзыган. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1975).

**САРТ-КАЛМАКТАР,** к. *Калмактар.*

**САРЧАБАЕВ** Халдар (1899–1921) – Түш-түк Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөштүн катышуучусу. 1917-жылдан ыктыярдуу элдик милициянын катарында. 1919-ж. Жалалабаттагы басмачыларга каршы күрөшүүчү ыктыярдуу кошуундун аскер комиссары. 1920-жылдан РКП(б)нин Жалалабат райондук комитетинин мүчөсү. Басмачыларга каршы күрөштө курман болгон.

**САРЫ**, ш а р ы – 11-к-да Борбордук Азиядагы түрк тилдеринде сүйлөгөн калк. Марвазинин (12-к.) ж-а Ауфинин (13-к.) эмгектеринде бул элдин 11-к-да көчмөн кун элинин кысымынан түркмөндөрдү көздөй журт которгонун эскерилет. Эфестик Матвей сарыларды кай (жылан) деген эл сүрүп чыгарганын жазган. Болжолу, кыпчак урууларынын өзөгүн С-лар түзгөн. С. этнокомпоненти түрк-моңгол тилдүү элдердин, а.и. кыргыздарда да кездешет.

**САРЫБУЛУҢ ЭСТЕЛИГИ** – 10–12-к-га таандык, Балыкчы ш-нан 9 *км* түштүк тарабында жайгашкан археол. эстелик. Аянты 29х33 *м*, бийиктиги 2 *м*ге. Сырткы дубалынын калыңдыгы 2 *м*ге жакын. Дубалдын ички тарабындагы бөлмөлөрдө темир эрите турган тегерек мештер орун алган. Алардын дубалдары таштан ж-а ылайдан жасалган. Үстү жагында аба айдай турган түтүктөр орнотулган. Бул жерден 10–12-к-га мүнөздүү чарыкта жасалган чопо идиштердин сыныктары, кенди майдалаганга ылайыкталган таштар, темир бычактар, айнек калдыктары табылган. Казуу иштерин Д. Ф. Винник жүргүзгөн.

**САРЫЖОН КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 6–5-к. жашаган сак урууларына таандык мүрзөлөр. Кетментөбө өрөөнүндөгү Балачычкан суу-сунун сол өйүзүндөгү бийик тектирчеде. Жети чоң дөбөдөн турат; ар биринин диаметри 23–25 *м*, бийиктиги 3–7 *м*. Бул мүрзөлөрдөн карапа идиштер, шуру-мончоктор, алтын жалатылган буюмдар табылган. Акак таш чөгөрүлүп, айбанат стилинде жасалган эки шумкардын бедизи сак урууларынын сүрөт өнөрүнөн кабар берет.

**САРЫИЙМЕК ЭСТЕЛИКТЕРИ** – мезолит дooруна таандык таш куралдары. Атбашы р-нундагы Аксай бийик тоо сырттарында, Терек суусунун төмөнкү агымынан табылган. 1968-ж. В. А. Ранов ж-а Б. М. Юнусалиев изилдеген.

**САРЫИРМЕК НЕОЛИТ «ӨНӨРКАНАСЫ»** – неолит дооруна таандык археол. эстелик. Нарын облусунун Атбашы р-нун-дагы Аксай бийик тоо сырттарында, Терек суусунун төмөнкү агымында, Кароолдөбө айылынан 4 *км* төмөнүрөөк, Сарыирмек сайынын сол капталындагы эң төмөнкү тектирде жайгашкан. Деңиз деңгелинен 3475 *м* бийиктикте турат. Таштын майда бөлүк-төрү, бычак сымал жалпак таштын сыныгы табылган. 1968-ж. Кыргыз археол. экспедициясы (жетекчиси В. А. Ранов) тарабынан ачылган.

**САРЫКАМЫШ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 13–14-к-дагы кербен сарайдын калдыгы. Ысыккөл р-нундагы Сарыкамыш кыштагынын аймагында. Жалпы түзүлүшү чарчы келип, аянты 32х40 *м*; дубалы бышырылган кыштан тургузулган. Кербен сарайдын кире бериши кооздолуп, ортосунда эшиги, бурчтарында тирөөчтөрү болгон. Тирөөчтөр оймо-чиймелүү кыштар м-н кооздолгон. Казууда карап идиштер ж-а малдын сөөктөрү табылган.

**САРЫКУЛАКОВ** Кожомурат [1892, Пишпек уезди, Узункыр болушу (азыркы Кант р-ну) –1918, Бишкек] – совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн жигердүү күрөшүүчү. 1911-ж. Верный ш-ндагы гимназияны күмүш медалы м-н аяктаган. 1911–13-ж. Киевдеги ыйык Владимир ун-тинин медицина, 1914–17-ж. Казан ун-тинин укук факультеттеринде окуган. Революциячыл ишмердиги Пишпекте, Февраль революциясынан кийин башталган. 1917-ж. 9-сентябрда «Букара» союзунун төрагалыгына шайланган.

**САРЫКУНАН,** Сагынбек Дыйканбай уулу (1905, азыркы Аламүдүн р-ну, Кашкасуу кыштагы – 1971, Фрунзе ш.) – төкмө ырчы, жомокчу. 30-жылдардын экинчи жарымынан өмүрүнүн акырына чейин Токтогул р-нунда жашаган. К. Акыевдин шакирттеринен. 1924-ж. акынга өзү барып, бир жарым жыл жанында жүрүп, ырчылык, манас айтуу б-ча таалим алган. К. Акыев анын сарылыгына карата С. деген лакап ат койгон. С. ар кыл мазмундагы ырларды, мындан тышкары «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Кедейкан», «Кожожаш» эпосторун, «Ак-Мөөр», «Карагул ботом», «Үч жигит» ж. б. поэмаларды комуздун коштоосу м-н чебер ат-карып, айткан. 1927–29-ж. Кыргыз мамл. театрында (кийин мамл. филармониясы) иштеген.

**САРЫМСАКОВ** Мухамед Кадырович (1886–?) – Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдөн. 1917-ж. жайында оорук жумуштарынан кайтып келген. Мусулман жумушчулар ж-а чайрыкерлер депутаттарынын Ош советин түзүүнүн демилгечилеринен болгон. 1918-ж. январда Ош уезддик Советин кайра шайлоого жетекчилик кылган. 1918-ж. июлда эски Оштогу большевиктик топту уюштурушкан. Кийин партиялык ж-а советтик жоопту кызматтарда иштеген.

**САРЫ УЙГУР** – түпкү теги б-ча Уйгур кагандыгынын (744–840) негизги калкы м-н жалпылыгы бар түрк тилдеринде сүйлөгөн эл. Түндүк-Батыш Кытайда (Ганьсу провинциясынын батыш тарабындагы Чжанье ж-а Цзюцюань ш-ларына жамаатташ жерлерде) жашашат. Алар 1954-ж. улуттук админ. (автономиялык уезд) укуктагы башкаруу бирдигине ээ болушкан. Учурда он минден ашуун С.у. бар. Чарбасынын негизин мал чарбачылыгы м-н дыйканчылык түзөт. Ба-йыртадан жергиликтүү кытай, тибет, моңголдор м-н жамаатташ жашоо, чарбалык-маданий, тилдик байланыштар С.у-ларга таасирин тийгизген. Алардын тибеттешкен ж-а моңголдошкон бөлүгү «шира югур», кытайча сүйлөгөнү «юйгу», эне тилин сактап калгандары (түрк тилинде сүйлөгөндөрү) С.у. деп аталат. Натыйжада, түпкү теги бир эл учурда өз ара кытай тили аркылуу баарлашып калышкан. «Ойлык» (өрөөндүк, түздүктүк), «таглык» (тоолук, тоодо жашагандар) деген эки чоң тайпага бөлүнүшөт. С.у. будда динин тутунган кытайлашкан юйгулардан айырмаланышып, шаманизмге көбүрөөк маани беришет.

**САСЫКҮҢКҮР ҮҢКҮРҮ** – таш дооруна (мустье мезгилине) таандык эстелик. Ош облусунун Араван р-нунун Сасыкүңкүр айылына жакын жерде Чилустун кырка тоосунун батыш этегинде жайгашкан. Үңкүрдүн диаметри 8 *м*, туурасы 13 *м*, уз. 37 *м*, бийиктиги 15 *м*. Андан 2 кыргыч ж-а үч бурчтуу сынык таш табылган. Бул маданиятты ар-хеологдор В. А. Ранов ж-а Б. М. Юнусалиев 1967–68-ж. изилдешкен.

**САТУК** Буура Кара каган, А б д а л – К е р и м – Караханийлер мамл-нин негиздөө-чүсү. Чигил элинен чыккан. Атасынын бир тууганы Огулчак Кадыр хандын ордосунда (Кашкарда) тарбияланган. Караханийлик башкаруучулардын ичинен биринчилерден болуп ислам динин кабыл алган. Байташ Арслан хан (Муса) ж-а Тоңа элик (Сулайман) деген эки уулу болгон. С. өлгөн-дөн кийин бийлик Мусага тийген.

**САТЫКЕ** – 19-к-дын 20-жылдарындагы Кетментө-бөдөгү кыргыздардын Кокон хандыгына каршы күрө-шүнүн жетекчиси. Карапайым элден чыккан.

**САТЫНБАЙ** Абдрахман уулу (1772 же 1773, Наманган–18-к-дын аягы) – *Атаке баатырдын* Россияга экинчи элчилигинин башчысы. 1785–89-ж. Санкт-Петербургга Атаке баатыр Тынай бий уулунун (сарыбагыш) элчилигин жетектеп барган *Абдырахман* (Карганбай) Алкучаковдун баласы. 1787-ж. октябрда Атаке баатырдын жайытына Россия империясынын элчиси Муслим Агаферовду салтанаттуу тосуу үлпөтүнө катышкан. Атаке баатырдын Россияга жиберген экинчи элчилигин башкарып барган. Омск ш-на 1788-ж. 2-августта жеткен. Батыш Сибирь генерал-губернатору Н. Г. Огаревдун кабылдоосунда болуп, сый белектерге татыган. Бул жерден кыргыз жергесине элчиликке барган Муслим Агаферовдун Россияга кайтып бара жатканда жолдо тонолгондугун билип, ушул иштин анык тастыкталышына катышып, 1793-жылга чейин Омскиде болгон. Бул тоноодо кыргыздардын күнөөлүү эместигин далилдөөгө жардам берген.

**САЯКБАЙ** Каралаев (1894, Ысыккөл облусу, Түп р-ну, Акөлөң айылы – 1971, Бишкек) – чоң манасчы ж-а акын, эпостун толук вариантын жаратуучу. Бала кезинде байларга жалданып иштеген. С-дын талантынын ойгонушуна чоң энеси айтып берген элдик чыгармалар, «Манастын» кара сөз түрүндөгү варианты да таасир эткен. С. 1916-ж. үрккөн эл м-н кошо Кытайга качкан, 1918–21-ж. Кызыл Армиянын бөлүктөрүндө кызмат өтөгөн. 1921-ж. элине кайтып келип, айылдык советтин төрагасы болуп иштейт, көлдүк манасчы Чоюке Өмүр уулун ээрчип «Манас» айтат. С. 1930-ж. Фрунзеге манасчы катары чакырылып, угуучулар анын өнөрүн жогору баалашат. С-дын вариантын жазуу 1932-ж. башталып, «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрү, алардын уландысы Кенендин окуялары, анын уулдары Алымсарык, Кулансарыктардын окуялары жазылып алынган. С-дан жазылып алынган вариант 500 553 сап ырды түзөт, б. а. «Манас» эпосунун эң көлөмдүү варианты ж-а дүйнөдө теңдешсиз көлөмдүү чыгарма. С-га таандык акындык, обончулук, актердук чеберчилик анын эл алдында «Манас» айтуусун өмүр бою эстен кеткис өзгөчө таасирдүү көрүнүшкө айланткан. 1960-ж. чыгыштаа-нуучулардын, 1963-ж. этнографтар м-н ан-тропологдордун Москвада өткөн эл аралык конгресстеринин катышуучуларына «Манас» айтуу м-н ал эпосту дүйнөлүк коомчулукка тааныткан. Жазуучу ж-а эпосту изил-дөөчү М. Ауэзов С-ды «XX-кылымдын Гомери», «Могикандардын акыркысы» деп атаган. С. «Манастан» башка элдик оозеки чыгармаларды мыкты билген. «Төштүк» эпосунун С-дан жазылып алынган варианты окуяны камтышы, көркөмдүк деңгээли б-ча эң мыкты чыгарма катары Парижде француз тилинде жарык көргөн. Мындан тышкары, С. жарыяланган төл чыг. м-н да белгилүү. 4 китептен турган С-дын варианты 1984–91-ж. жарык көргөн.

**САЯПКЕР** – күлүк, жорго таптоочу адам. С. атты таптаганда арыгын эттендирип, семизин арыктатып, жем-чөбү м-н сууну күндө ченеп берген. Атты улам алыстатып чаап машыктырып, суутуп чыйралткан. Ат тапталып сынга толгондо, ага акырындык м-н ат чабуучу баланы көнүктүргөн.

**СВИНУХОВ** Иван Степанович – Түркстандагы революциячыл кыймылдын катышуучусу. 1891-ж. Воронеж темир жолунда иштеп жүрүп, жумушчу кыймылына тартылган. 1905-ж. Жусалы темир жол бекетинде слесарь болуп иштеген. 1906-ж. январда революция-чыл иштери үчүн камалып, бошонгондон кийин Ташкенге барган.

1907-ж. сентябрда Пишпекке келип, 1908-ж. Пишпекте большевиктик маанайдагы социал-демократия тобун түзүүнү жетектеген. 1910-ж. 25-майда камакка алынып, Казакстанда түрмөдө жаткан. 1910-ж. декабрда бошотулуп, Пишпекке кайтып келген, уезддеги социал-демократтардын ишин кайра жандандырган. Кийинки тагдыры ж-дө маалымат жок.

**СЕВЕРЦОВ** Николай Алексеевич (1827, Воронеж ш. – 1885, ошол эле жерде) – орус саякатчысы, зоологу ж-а зоогеографы. 1887–89-ж. Борб. Теңиртоону, Кызылкум чөлүн изилдеп, бул жерлердин флорасы ж-а фаунасы б-ча материал топтогон. Биринчилерден болуп Орто Азиянын жаратылышына комплекстүү геогр. мүнөздөмө берген. Ал канаттуулар б-ча 12 миң экземплярдан турган бай коллекция топтогон. С. 1857–58-ж. Сырдарыянын төмөнкү агымына жасалган ил. экспедицияга катышкан, 1864-ж. Сырдарыя ж-а Чүй сууларынын аралыгын, 1865–67-ж. Теңиртоону ж-а Ысыккөлдүн айланасын изилдеген. 1877–78-ж. Фергана-Памир экспедициясын жетектеген. 1879-ж. Жетисуу облусуна ж-а Батыш Сибирге саякат жасаган. С. кыргыз элинин коомдук-саясий турмушунун кээ бир жагдайларын анализдеген. С. эмгектеринде кыргыздарда жер иштетүү-нүн интенсивдүү формаларынын өнүкпө-гөндүгүн, эгинди кайрак жерге эгишкендиктен, аз түшүм алынарын, сугат иштери жүр-гүзүлбөгөндүгүн көрсөткөн. С. жазып калтырган маалымыттарга караганда 19-к-дын 60-жылдарында кыргыздарда тегирмен болгон эмес, алар унду – жаргылчакта тартышкан. Кыргыз элинин чарбачылыгында мал чарбачылык м-н дыйканчылыктан башка аңчылык да белгилүү орунду ээлегендигин көрсөтүп, сууларында балык көп болсо да, кыргыздар балыкчылык м-н кесиптенбегендигин белгилеген. Памирдеги Петр I кырка тоосундагы чоку, Иле Алатоосундагы мөң-гү, о. эле кээ бир жаныбарлар ж-а өсүм-дүктөр анын ысымынан аталган.

**СЕЙДЕНЕ** Молдоке кызы [1922-ж. т., азыркы Токтогул р-ну, (Кетментөбө өрөөнү, Көтөрмө айылы) Каратектир кыштагы] – семетейчи. Бала кезинен ырга жакын болуп, жамактатып ырдап жүргөн. «Семетейди» айтып калышын салтка ылайык түш көрүү м-н байланыштырат. Алгач улуу акын Токтогул, кийин Семетей түшүнө кирип, «Манас» айт деп кыйнашат. Сейдене катуу ооруп, баласы чарчап калгандан кийин гана муну жазалоо катары түшүнүп, элге көрүнбөй, көбүнчө түн ичинде айтып жүрөт. Бир майрамда карыяларга «Семетей» айтып берип, алардын батасын алат, ушул окуядан кийин эл алдында айта баштайт. «Семетейдин» вариантын УИАна жаздырган. С. чыгарманы курама варианттын 1959-ж. жарык көргөн бөлүгүнө таасирленип үйрөнсө дагы, анын варианты мазмуну ж-а көркөмдүгү, мотивдери ж-а деталдары б-ча бөтөнчөлүккө ээ, айрым эпизоддордо белгилүү варианттардын биринде да жолукпаган окуялар кезигет.

**СЕЙИТКУЛ БЕК,** С а й й и д К у л и – Кокон хандыгынын намангандык акими. 1821-ж. ал башкарган кокон аскерлери кыргыздардын Кетментөбө чебин капысынан басып алып, бүткүл Кетментөбө өрөөнүн Кокон хандыгына караткан.

**СЕКИ КӨРҮСТӨНҮ –** 13–14-к-дарга таандык көрүстөндөр тобу. Нарын р-нундагы Чырпыкты суусунун оң өйүзүндө Экинарын айылынын чыгыш тарабында жайгашкан. Эстелик көрүстөндөрдүн көлөмдөрү сүйрү келип, үстү таш м-н корумдалган. Маркумдардын жандарынан жашына, жынысына, социалдык абалына ылайык жаанын жебелери, күзгү, тарак, ээр, үзөңгү, бычак, шуру, топчу ж.б. буюмдар табылган. С.к. архелог К. Табалдиев тарабынан изилденген.

**СЕЛЕНГА –** Түндүк Моңголиядагы дарыя. Бул жерди 6–8-к-да Түрк кагандыгы ж-а Экинчи Түрк кагандыгы, 744–840-ж. Уйгур кагандыгы, 9-к-дын 40-жылдарынан 10-к-дын алгачкы он жылдыктарына чейин енисей кыргыздары ээлеп турган. 11-к-дан баштап бул дарыя моңгол тилинде сүйлөөчү элдердин колуна өткөн.

**СЕЛЖУК МАМЛЕКЕТИ –** огуз-түрк урууларынын мамлекети. Огуз-түрк урууларынын жол башчысы Селжуктун атынан аталган. Селжуктар 11-к-дын 30-жылдары Газневилер мамл-нин Хорасандагы жерлерин вассалдыкка айландырып, кийин Газневилерди жеңип алган. Селжуктар султан титулун алган Тогрулбектин башчылыгы м-н Хорасанды (1038–44), Хорезмди (1043), Батыш Иранды (1042–51), Азербайжанды (1054), Ирак м-н Багдадды (1055); Алп-арслан (1063–1072) м-н Мелик-шахтын (1072–1092) тушунда Арменияны, Манцикерттин (1071) алдында Византия аскерлерин талкалагандан кийин Кичи Азияны, Сирия ж-а Палестинаны каратып алышкан. Тогрулбектин учурунда мамл-нин борбору Рей ш-нда, агасы Чагры-Бектин тушунда борбору Мерв кааласында жайгашкан. С. м. бөтөнчө Мелик-шахтын тушунда аскердик-саясий жактан күчтүү болгон. Ал кезде өлкө борбору Исфахан ш-нда жайгашкан. С. м. 9–12-к-дын 1-жарымында начарлай баштаган. Феодалдык ичара согуштардын, о.эле Катван талаа-сындагы (1141) кыргында кара-кытайлардан жеңилүүнүн натыйжасында С.м. биротоло кыйраган.

**СЕЛЖУКТАР –** көчмөн түрк-огуздардын бир бутагы. Жол башчысы Селжуктун аты м-н аталып калган.

**СЕЛКИНЧЕК** – оюндун түрү. Айылдын четине же дарактуу жерге арканды 2 жанаша жыгачка же кыйгач өскөн дарактын бутагына байлоо м-н курулган. Бак-дараксыз жерде С-тин ордуна алты бакан тебилген. С. көңүл ачуу үчүн салынган, ыр, бий же ша-йыр сөздөр м-н коштолгон. С. жаш өспүрүм-дөрдү шамдагайлыкка, шайырлыкка көнүк-түрүп, денесинин чымыр болушуна өбөлгө түзгөн.

**СЕЛҮҢКҮР ЭСТЕЛИГИ** – төмөнкү таш дооруна таандык Хайдаркан ш-на жакын жерде жайгашкан археол. эстелик. 1-жолу Борб. Азияда сфероид, кливер, кол чокмору, найзанын башы сымал куралдар ж-а сүт эмүүчү жаныбарлардын тиштери табылган. Алынган маалыматтарга таянып, археолог Ө.Исламов эстеликти 1 млн. 100 жыл мурдагы мезгилге таандык экендигин аныктап, табылган куралдардын мындан 1,4–2,5 млн. жыл мурдагы

Жакынкы Чыгыш ж-а Чыгыш Африкада табылган куралдар м-н окшоштугу бар экендигин божомолдогон. С.э-нен табылган ашель дооруна тиешелүү куралдар, баш сөөктүн калдыгы, тиштер ж-а каржилик палеонтропко таандык. Окумуштуулар С. э. мындан 500–600 миң жыл мурдагы мезгилге туура келгендигин божомолдошот. С.э. 1960-ж. А.П.Окладников тарабынан ачылып, 1980-ж-дан Ө.Исламов тарабынан изилденүүдө.

**СЕМЕТЕЙ** Беки уулу (1854, Ноокен жергеси, Майлысуу болуштугу – 1924, ошол эле жер) – Ноокен аймагынан чыккан тарыхый инсан, таанымал болуш. Кедей үй-бүлөдөн. Болуштукка шайлангандан кийин адыр-тоолордо көчүп-конуп жүргөн жердештерин Бостон м-н Кыланын түз жерлерине көчүрүп түшүп, арык каздырып суу чыгарткан, жер айдатып, дан эгиндерин, шалы, пахта эктирген. Курманжан даткага барып, Кытай м-н соода жүргүзүүгө макулдашып, ал жактан чыт, баркыт, идиш-аяк, кант, чай ж. б. элге керек буюм-тайым алып келген. Совет би-йлиги тушта басмачылар Арпачыдагы орус-тарды күнөөсүз жерден өлтүрүшкөндө, жазалоого келген «кызылдарга» С. иштин жөн-жайын түшүндүрүп, элди аман сактап калган. 1993-ж. Кочкората шаарчасындагы орто мектепке анын ысмы берилген.

**СЕМЁНОВ-ТЯНЬ-ШАНСКИЙ,** Семёнов Пётр Петрович (1827–1914) – орус географы, коомдук ишмер. Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү (1873). Орус геогр. коомунун вице-төрагасы (1873–1914). Петербург ун-нин табият таануу бөлүмүн бүткөн (1848). 1849-жылдан Чыгыш Европа (Орус) түздүгүн изилдеп, Геогр. коомдо иштей баштаган. 1856–57-ж. Теңиртоого саякат жасап, анын орографиялык схемасын түзгөн. Сарыжаз суусунун башындагы ири мөңгүлдөрдү изилдеген. Теңиртоо аймагынын ил. изилдөөсүнүн 50 жылдыгына байланыштуу анын фамилиясына «Тянь-Шанский» деген кошумча ат м-н берилген.

**СЕНЕК ЖЫЛДАР** – совет коомундагы 60-ж-дын акырынан 80-ж-дын ортосуна чейинки мезгил. Админ.-бюрократиялык жетекчиликтин кесепетинен эл чарбасынын бардык тармактарында өндүргүч күчтөр солгун ж-а чачкын өнүккөн, продукциянын сапатына эмес, дүңүнө басым коюлган. Колхоздун өз алдынчалыгы чектелип, менчик чарбалардын өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. Мекемелердин жеке кызыкчылыктары үчүн көптөгөн чоң-чоң курулуштар зордоп ишке киргизилгендиктен, экологиялык тең салмактуулук бузулган. Саясий-социалдык турмушта да кемчиликтерге жол берилип, маалымдуулук, демократиялуулук принцип-тери арткы планга коюлган. КПСС БКнын 1985-ж. Апрель пленумунда өлкөдөгү кырдаалга партия олуттуу баа берген. Кыргызстан КПнын 18-съездинде (1986) респ-нын С. ж-ндагы социалдык-экон. өнүгүшүнө кедерги болгон ар кыл себептер сындалып, кайра курууларндын жакынкы милдеттери айкындалган.

**СЕП** – турмушка чыккан кыз өзү м-н чогуу ала кетчү кийимдери, эмеректери. Салттуу үйлөнүү үлпөтүндө кызды узатууда себин кошо берүү эң башкы шарттардын бири болгон. С. калың төлөнгөндөн тартып даярдала баштаган. Негизинен кыз бала эс тарта баштаганда анын энеси себине деп алдын ала буюмдарын, эмеректерин топтой берген. Калыңдын өлчөмүнө жараша С. даярдалган. Иш жүзүнө келгенде С. калыңдан ашыгы-раак болгон. С-тин курамына боз үй, жууркан-төшөк, жасалгалар, тиричилик оокаттары, шуру, сөйкө, ж.б. кирген. С-ти берүү жүк көргөзүүдөн башталган. Атайы тигилген боз үйдүн ичине кыздын себи коюлат. Күйөө тарап С-ти көргөндөн кийин кыз узатуу башталат. С. кыздын менчиги болуп эсеп-телип, андагы буюмдар өзү жашаган үйгө коюлган.

**СЕПИЛ** – орто кылымдарда Орто Азияда курулган шаарлардын чыңдалган борб. бөлүгү. Ал сыртынан шахристан ж-а рабат м-н курчалган.

**СИБИРЬ КЫРГЫЗДАРЫ** – 13–18-к. азыркы Хакас-Минуса ойдуңунда ж-а ага чек-теш аймактарда жашаган кыргыз эли. Кыргыздар бул аймакта ички ж-а тышкы көзкарандысыз саясатын жүргүзүп келишкен. Чыңгыз хандын мураскорлорунун бийлик үчүн болгон ичара согуштарына кыргыздардын тартылышы, аскердик оор салыктар, тынчы жок элди (кыргыздарды) бир нече ирет көчүрүү саясаты демографиялык терс таасирин тийгизген. Бирок, кыргыздар бул аймактын башкы этносу бойдон калып, моңгол Алтын хандарына, жуңгарларга, орустарга каршы ийгиликтүү күрөшүп келишкен. С.к. орус жазма булактарында «Кыргыз өлкөсү», «Кыргыз жери» деген ат м-н белгилүү болгон. С.к-нын мамл. төрт улустан ж-а аларга тиешелүү кыштым капчыгайларынан (Алтысар, Алтыр, Изер, Туба) турган. Моңгол чапкынынан баштап, Кыргыз жериндеги саясий борбор Абакан өрөөнүнөн түндүккө көчкөн эле. Ак Июс ж-а Кара Июс дарыяларынын алабында кыргыздын тектүү бектеринин ээликтери жайгашкан. Ошондон улам алтысарлыктар «Чоң кыргыздар» деп аталышкан. Ар бир улустун өзүнө тиешелүү *кыштымдары* ж-а кыштым капчыгайлары болгон. Мамл. ички ж-а тышкы иштер жалпы курултайда каралып, ага 500гө жакын кыргыз бектери катышып турган. Курултайда Кыргыз өлкөсүнүн башкаруучусу шайланган. Мис., белгилүү баатыр ж-а мамл. ишмер *Еренек бек* Кыргыз өлкөсүндө борборлошкон мамлекеттик башкарууну орноткон. 16-к-дын аягы–17-к-дын баш ченинде Кыргыз өлкөсүнүн экон., чарбасы, маданияты бир топ өнүккөн. Кыргыздардын жазма маданиятынын болгондугун орус документтери баяндайт. Кыргыз өлкөсүнүн экон. негизи көчмөн мал чарбачылыгы, дыйканчылык, аң уулоо, соода иштери м-н катар көп сандаган көзкаранды кыштымдардан жыйналчу салыктан турган. С.к. Алтын хандарга, жуңгарларга формалдуу көз каранды болушуп, салык төлөө м-н гана чектелишкен. Алтын хандардын ичара согуштарына кыргыз аскерлеринин катышканы ж-дө маалыматтар бар. С.к-нын басымдуу бөлүгү 1703-ж. Жуңгарияга көчүрүлүп кеткен. Айрым бөлүгү 1756–58-ж. окуялардан соң кайтып келишкен. Бүгүнкү тувалардын, шорлордун, алтайлыктардын басымдуу бөлүгү, хакастардын дээрлиги С.к-нын урпактары болушат.

**СИКУЛ,** С и к у к – 10-к-да фарсы тилинде жазылган «Худуд ал-Аалам» («Аалам аймактары») деген эмгекте Ысыккөлдүн атынын араб графикасында туура эмес жазылган түрү.

**СИНЬЦЗЯНЬ,** Ш и н ж а ң – Чыгыш Түркстандын кытайча (ханзуча) аталышы. 18-к-дын экинчи жарымынан Кытайга карайт; С. кытайча «жаңы чегара» дегенди түшүндүрөт.

**СКИФТЕР** – б. з. ч. 7–3-к-да түндүк Кара деңиз боюнда жашаган, иран тилинде сүйлөгөн байыркы уруулар. С-дин руханий ж-а материалдык маданияты сармат, массагет ж-а сак урууларына жакын. С. Кара деңиздин түндүгүнөн киммерийлерди сүрүп чыгарып Мидияны, Сирияны, Палестина-ны басып алышат. Б. з. ч. 6-к-дын башында С-ди Алдыңкы Азиядан мидиялыктар сүрүп чыгышат. С. Түндүк Кавказды, Крымды ж-а Дунай м-н Дондун арасындагы талааларды мекендешет. С. бир нече ири урууларга бөлүнгөн. Геродоттун маалыматы б-ча, Днепр м-н Дондун аралыгында падыша С., Днепрдин төмөнкү агымынын оң жээгинде, Крым талааларында көчмөн С., Ингул м-н Днепрдин арасында көчмөндөр м-н аралаш дыйкан С. жашашкан. Түштүк Буг бойлорунда, Ольвия ш-на жакын жерде каллипиддер же эллин С., алардан түндүгүрөөктө алазондор мекендеген. Кара деңиздин түндүгүндөгү кул ээлөөчүлүк мамл-тер м-н болгон карым-катнаш, мал, дан, тери ж-а кулдарды сатуу скиф коомунда таптардын пайда болушуна алып келген. С-де уруу союздары түзүлүп, башында падыша турган кул ээлөөчүлүк мамл-ке айланган. Падыша бийлиги ыйык эсептелген ж-а мураска калтырылган. Бирок анын бийлиги бирикменин кеңеши ж-а элдик жыйын м-н чектелген. Аскер ак сөөктөрү, чоролор ж-а дин кызматчылары бөлүнүп чыккан. Б. з. ч. 512-ж. Дарий I м-н согушуу С-дин саясий жактан биригүүсүнө түрткү болду. Б. з. ч. 5–4-к. Атей башка падышаларды четтетип, бийликти өзү ээлеген. Б. з. ч. 4-к-дын 40-ж-дарында ал Азов деңизинен тартып Дунайга чейинки С-ди бириктирген. С. жашаган мезгилге тиешелүү археол. эстеликтер Кыргызстандын аймагында да кездешет. Мис. алсак, Ивановкадан, Акбешимдин жанынан (Чүй өрөөнү), Акөлөңдөн (Ысыккөл), Чийимташтан (Талас), Саймалыташтан (Ош) табылган. Бул көрүстөндөрдөн жез, алтын, күмүш жасалган идиш-аяктар, карапалар, ар түрдүү кооздук буюмдары табылган. С-дин кол өнөрчүлүктө, дыйканчылыкта, аскер ишиндеги жетишкендиктери жергиликтүү элдин тарыхына, маданиятына чоң таасир тийгизген. С-дин искусствосу Борб. Азияда жашаган элдердин көркөм өнөр маданиятындагы ажайып өнөрлөрдүн бири. Көптөгөн буюмдар айбанаттар стилинде өтө кызыктуу жасалган. Айбанаттардын (бугу, багыш, тоо теке, куштар) сөлөкөттөрү ж-а алардын кармашып жаткан учурлары да чагылдырылган. Сүрөттөр алтындан, күмүштөн, темирден ж-а колодон түрдүү ыкмалар м-н жасалып, алардын башаты тотемдик түшүнүктөр аркылуу башталат. С. доорунда жоокерлерге арналган таш балбалдар да өкүм сүргөн.

**СКОБЕЛЕВ** Михаил Дмитриевич (1843, Петербург –1882 Москва) – орус аскер башчысы, орус армиясынын генералы. 1868-ж. Генштаб Академиясын бүтүргөн. 1873-ж. Хивага жасалган жортуулга катышкан. 1876-ж. январь-февралда С. башында турган орус аскеринин Анжияндын ж-а Асакенин жанында көтөрүлүшчүлөрдү жеңилүүгө дуу-шар кылышы *Кокон көтөрүлүшүн* (1873–76) басууга алып келген. 1876-жылдын февралынан Фергана облусунун аскер (согуш) губернатору ж-а аскер башчысы болуп, Орус падышачылыгынын Орто Азиядагы отор саясатын жүргүзгөн. Орус-түрк согушунда (1877–78) штабдын алдындагы жогорку командачы, андан кийин штабдын башчысы болгон. 1880–81-ж. Түркмөнстанды басып алууда 2-Ахалтеке экспедициясына жетекчилик кылып, Деңгилтепе (Күйүкдөбө) чебин ж-а Ашхабадды басып алган. 1882-ж. Парижде жүрүп, Германиянын ж-а Австрия-Венгриянын агрессивдүү саясатына каршы чыккан. Бул абалды татаалдантып жибергенине байланыштуу Александр III С-ди чакыртып алган ж-а көп узабай эле белгисиз абалда 1882-ж. 25-июлда Москвада дүйнө-дөн кайткан. Орус падышасынын отор саясатын жүргүзүп, Орто Азия элдерин басып алууга катышса да, тарыхта орустун талант-туу аскер башчысы катары калган. Солдат ж-а офицерлердин арасында С. өзүнүн жеке эрдиктери м-н белгилүү болгон.

**СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЛАРЫ** – мамлекет алдында эрдиги үчүн берилчү жогорку даражадагы ардактуу наам. СССР БАКтын 1934-ж. 16-апрелдеги токтому м-н бекитилген. Наам СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан ыйгарылган ж-а С. С. Б-на Ленин ордени, «Алтын Жылдыз» медалы ж-а СССР Жогорку Советинин Президиумунун грамотасы тапшырылган. Кыргызстандагы С. С. Б.: Азимов Розы, Акуционок Пётр Антонович, Али-Назаров Садык, Ананьев Николай Яковлевич, Андреев Николай Тимофеевич, Асаналиев Жумаш, Асанов Дайыр, Афанасьев Михаил Денисович, Бабкин Михаил Николаевич, Бегелдинов Талгат Якубекович, Беляндра Василий Яковлевич, Вонахун Мансуз, Волковенко Афанасий Иванович, Выглазов Григорий Исаевич, Гавриш Иван Фомич, Гадельшин Хамит Габдуллович, Гришин Иван Александрович, Дмитриев Николай Михайлович, Добробабин Иван Евстафьевич, Жаркымбаев Казак, Жумабаев Ташмамат, Зверев Николай Александрович, Исламов Юрий Берикович, Кайкин Василий Матвеевич, Калашников Николай Семёнович, Колесников Пётр Федосеевич, Конкин Григорий Ефимович, Красильников Иван Павлович, Кривощёков Алексей Александрович, Крикун Василий Гаврилович, Курочкин Ефрем Георгиевич, Лутфуллин Сульги, Ляшенко Николай Григорьевич, Мазков Евдоким Константинович, Мирошниченко Николай Прокофьевич, Михайленко Евгений Ефимович, Москаленко Иван Васильевич, Немцев Иван Спиридонович, Николаенко Павел Фёдорович, Овчаров Степан Семёнович, Оторбаев Асанбек, Пантелеев Гавриил Фролович, Панфилов Дмитрий Иванович, Панфилов Иван Васильевич, Пасько Евдокия Борисовна, Петренко Григорий Алексеевич, Петрищев Василий Петрович, Пичугин Дмитрий Николаевич,

Пономарёв Иван Семёнович, Пономарёв Павел Сергеевич, Решетник Иван Семёнович, Роденко Константин Герасимович, Романютин Александр Иванович, Рудь Николай Михайлович, Садыков Самат, Сапожников Михаил Григорьевич, Свечников Павел Семёнович, Степаненко Василий Васильевич, Сухин Семён Захарович, Сухов Василий Иванович, Сущев Степан Захарович, Тайгараев Тукубай, Таранчиев Ысмайылбек, Тешебаев Мамасалы, Титов Андрей Алексеевич, Тихонов Григорий Матвеевич, Трясин Ерминингельд Васильевич, Түлөбердиев Чолпонбай, Үсөнбеков Калыйнур, Фуковский Александр Васильевич, Хименко Андрей Максимович, Царенко Лаврентий Иванович, Цинделис Берелис Израилевич, Чортеков Анварбек, Шемякин Григорий Мелентьевич, Шопоков Дүйшөнкул, Якубов (жакыпов) Осмон.

«Д а ң к» о р д е н и н и н т о л у к э э л е р и: Абрамов Алексей Фёдорович, Аубакиров Маннаф Аубакирович, Бадигин Михаил Петрович, Байтурсунов Насыр, Бейшеев Үсөн, Бокарев Иван Васильевич, Буханцев Кирилл Иванович, Вертиков Алексей Георгиевич, Глотов Николай Тимофеевич, Гудименко Николай Иванович, Давлетов Эргеш, Дудко Фёдор Иванович, Исманов Хусаин, Кадыркулов Ыдырыс, Карымшаков Абдыкасым, Куров Василий Иванович, Ольховский Владимир Сергеевич, Осмонов Чынтемир, Парпиев Абдурашид, Сидлер Давид Мордкович, Темляков Дмитрий Андреевич, Фильчаков Михаил Иванович, Шатманов Масалбек.

**СОВЕТТИК БИРИНЧИ ПИШПЕК ПОЛКУ** – Кызыл Армиянын Түркстандагы ко-шуундарынын бири. 1918-ж. уюшулган. Командири Я. Н. Логвиненко болгон. 1918-ж. декабрда Аксуу козголоңун басууга катышкан. 1919-жылдан С. б. П. п. деп аталган. Полктун негизинде жаңы аскер бөлүктөрү түзүлгөн. Полктун жоокерлери Түндүк Жетисуу фронтунда ак чехтер ж-а ак казак орус-тар козголоңун басууга катышкан. Фергана аймагында басмачыларга каршы кү-рөшкөн.

**«СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН» –** танк колоннасы. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде (1941–45) СССРди коргоо ж-а Кызыл Армия фонду үчүн кыргызстандыктар топтогон каражатка курулган. Патриоттук жөрөлгөнүн демилгечилери Кочкор р-нундагы Көкжар айылынан Ч. Жаңыбаев, Өзгөн р-нунун Куршабынан О.Кулматов «С.К.» т.к. үчүн 50 миң сомдон каражат беришкен. Алардын демилгесин жалпы эл кубаттап, чогултулган каражатка курулган танкаларды Кыргызстандын партиялык-өкмөттүк делегациясы 1942-ж. ноябрда танкисттерге тапшырган, алар Сталинград салгылашына жөнөтүлгөн.

**СОГДУЛУКТАР –** б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосунда Зеравшан өрөөнүндө жашашкан Орто Азиядагы байыркы чыгыш иран эли. Согду мамл-нин негизги калкы. С-дын басып алуучулук ишмердүүлүгү соода-сатык турмушу, коомдун ичиндеги жалпы социалдык-экон. ж-а саясий процесстердин өнү-гүшүнө байланышкан. С-дын басып алуучулук багытынын бири Теңиртоо аймагы болгон. Алардын ээликтери Орто Азиядан тышкары, Улуу Жибек жолун бойлой Чыгыш Түркстанда жайгашкан. С. көптөгөн шаарларды негиздешкен. Аларда соода-сатык, кол өнөрчүлүк, сүрөт өнөрү, согуш искусствосу, илим ж.б. өнүкөн. Орто Азиянын тарыхына таасир тийгизишкен.

**СОКТОЕВ** Игнатий Александрович (1926-ж. т., Бурятия) – тарых ил-нин доктору (1976), проф. (1978). Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1956-ж. Бурят пед. ин-тун бүтүргөн. Окууну аяктагандан кийин ошол эле ин-тта окутуучу, кийин Кыргыз мамл. ун-тинде доцент, проф., Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда сектор башчысы, жетектөөчү ил. кызматкер болуп иштеген. Анын эмгектери негизинен Кыргызстандын совет доорундагы саясий тарыхын изил-дөөгө арналган. Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.

**СОКУЛУК КЕНЧИ** I 1938-ж. Сокулук айылында көпүрө куруу учурунда 0,70–0,80 *м* тереңдиктен табылган. Анда 17 коло буюм болгон: 3 балта, 3 уңгусу жок керки, 3 көзөөч, 2 найзанын башы, 2 шибеге ж-а конус түрүндөгү түтүкчө. С.к-н изилдеген окумуштуу Б. М. Зима ушул сыяктуу буюмдардын Казакстанда, Энесайда, Алтайда кездешерин белгилеп, анын андрон маданиятына тиешелүү экендигин аныктаган.

**СОКУЛУК КЕНЧИ** II**.** 1958-ж. Сокулук р-нунан 17 коло орок табылган. Ороктор 1,20 *м* тереңдикте тобу м-н бири-биринин үстүндө жаткан. Окшош буюмдардан турган мындай кенч жергиликтүү усталар жасагандыгынын ошол эле учурда металл иштетүү, соода өнүгө баштагандыгынын далили.

**СОЛ КАНАТ** – кыргыздардын 15–16-к-да калыптанган уруулук бирикмесинин ж-а этносаясий түзүлүшүнүн бир бутагынын аталышы. Ферганалык автор *Сайф ад-Дин Аксыкендинин* «Тарыхтар жыйнагы» («Мажму ат-таварих») кол жазмасында С. к-ка (Куу уул) басыз, кушчу, мундуз, чоңбагыш, саруу, кытай уруулары киргизилген. С. к-ка о. эл жетиген, төбөй уруулары да кирет. С. к. уруулук бирикмеси (о.эле оң канат) 15-к-дын 2-жарымында кыргыздардын өз алдынча эл катары түзүлүп бүткөндүгүн ырастаган ж-а алардын этносаясий курамын чагылдырган. 17–18-к-да оң канат, С. к. уруулары биригип, Тагай деп аталган бир саясий конфедера-цияны түзүп турушкан. Мындай бөлүнүү көчмөн түрк-моңгол элдерине мүнөздүү болуп, алардын мамл. түзүлүш белгилерин да билдирген.

**СОЛНЫШКО** Леонтий Григорьевич (1883–1953) – Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө катышуучу. Саратов губерниясындагы Озёрки кыштагында туулган. 1908-жылдан Кызылкыя шахтасында иштеген. 1917-ж. апрелден Кызылкыя жумушчу депутаттар советине кирген. 1918-ж. мартта мамлекеттештирилген Кызылкыя көмүр кен башкармасынын тоо-кен заводдук комитетине шайланган. 1918-ж. июлдан Кызылкыя советинин аткомунун төрагасы. 1920-ж. январь – декабрда Кызылкыя ревкомунун төрагасы. Кийин Кыргызстан м-н Өзбекстандын көмүр өнөр жайында жоопту кызматтарда иштеген.

**СОЛТОНБЕКОВ** Ырысаалы (1883–1965) – Чүй өрөөнүндө Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө катышкандардын бири. 1916-жылдан оорук жумуштарында иштеген. 1917-ж-дын октябрынан Пишпектеги большевиктик жашырын топко кирген. Түркстан Компартиясынын 2-съездинин (1918, декабрь) делегаты. РКП(б)нин Пишпек уезддик-шаардык комитетинин ж-а уезд-дик Советтин жооптуу кызматкери (1918–1919-ж.) Кийин советтик ж-а партиялык кызматтарда иштеген.

**СОЛТОНОЕВ** Белек Солтонкелди уулу (1878, Чоңкемин өрөөнү, Экинчи Жантай айылы –1938) – кыргыз тарыхчысы, агартуу-чу, адабиятчы ж-а акын. Кедей үй-бүлөдөн. Атасы Солтонкелди уулу төрөлгөндөн көп узабай каза болуп, эски салт б-ча энеси кайниси м-н баш кошуп, Белек Солтонойдун баласы аталып, анын колунда тарбияланган. Тогуз жашына чейин байлардын малын багып, 7–8 жашында айыл молдолорунан кат тааныган. Солтоной Белекти тогузунда чолпонаталык И. Масловский деген бекетчи оруска окутууга берген, бирок ал окутпай эле жумуш жасаткан. Зирек бала үч айдын ичинде орусча там-туң сүйлөп, орусча тамгаларды үйрөнүп алган. Ошол жылы ал Караколдо 3 ай орус мектебинде окуп, андан чыгарылып ташталгандан кийин Кеминге кайтып келип, беш жылдай жалчы болуп жүргөн. Андан соң Бишкекте багбандарды даярдоочу кыргыз мектебинде 2 жыл окуган. 1890-жылдан тарыхка кызыгып, уламыштарды, санжыраларды угуп, мусулман ж-а орус тарыхчыларынын эмгектери м-н таанышкан. 1894-ж. айылга келип, Атаке болушунда катчы болгон. 1916-ж. Атаке болушунун журтчулугу эл үчүн кылган ак дил кызматынан улам аны болуш шайлап алышкан, жакырлардын колдоосу м-н башкаруучулукка шайлоо ал заманда өтө сейрек кездешкен окуялар эле. 1916-ж. кыргыз элинин азаттык күрөшүнө катышып, үркүндө Кытайга барып, 1917-ж. ал жактан кайтып келгенден кийин Совет бийлигин орнотууга ишкердүү катышкан. 1918–20-ж. Алматы калаасы тарапта Совет өкмөтү үчүн үгүттөө иштерин жүргүзгөн. 1924-жылга чейин Түндүк Кыргызстанда элдин сабатсыздыгын жоюу уюмдарында иштеген. 1924-ж. үркүндөн кайтпай калган кыргыздардын ал-абалын билүү ж-а алардын өз жерине кайтышына көмөктөшүү үчүн Чыгыш Түркстанда (Кулжа ш.) болгон, ошону м-н бирге кыргыздардын тарыхы б-ча маалыматтарды чогулткан. 1925-жылдан өмүрүнүн акырына чейи Кыргызстандын ил. мекемелеринде кызмат өтөгөн. С. 1895-жылдан 1934-жылга чейин эл арасынан тарыхый маалыматтарды чогултуп, жыйынтыгында «Кызыл кыргыз тарыхы» (башка аты «Кыргыз-казак тарыхы») аттуу негизги эмгегин жараткан. Бул эмгек тарыхый, этногр., археол. ж-а фольклордук бөлүктөрдөн турат. Тарыхый бөлүктө В. В. Бартольд, Н. А. Аристовдун эмгектеринен үзүндүлөр берилип, ошол эле маалыматтарды кайра кыргыз санжырасы «Манас» эпосундагы окуялар м-н айкалыштырып, аларга тарыхый баа берип, изилдөөчү катары мамиле жасайт. Этногр. ж-а фольклордук бөлүктөрдө кыргыздардын турмушу, салт-каадасы, улуттук оюндары, дини, табыпчылыгы, согуш тартибине тарбиялоосу, уруу тамгалары, жыл сүрүү, жылдыз саноо илими, аңчылыктын түрлөрү, кыргыз урууалары сыяктуу маалыматтар жыйналган. Археол. бөлүктө орто кылымдагы Баласагун ш. ж-дө оюн айтып, аны Кызылсуунун батыш жагындагы Чоңтөрткүл м-н байланыштырат. Бул эмгекте 1916-жылкы элдик көтөрүлүш айкын чагылдырылган.

**СОҢКӨЛ ЭСТЕЛИКТЕРИ** – Соңкөлдүн айланасындагы ар кыл доорго таандык дөбө-мүрзөлөр. Б. з. ч. 1-миң ж-дыкка тиешелүү дөбө-мүрзөлөр; түрк доорунан калган балбалдар ж-а түрк жаныбарлардын ташка чегилген сүрөттөрү, кездешет, а. и. Манастын ысмы м-н байланышкан элге кеңири белгилүү *Таштулга,* Тулпарташ, Аккуланын акыры аталган таш да бар. С.э-ндеги 1–5-к-га таандык дөбө-мүрзөлөрдү (айрымдары казанактуу), түрк балбалдарын 1955-ж. А. К. Кибиров ж-а 1961–62-ж. Я. А. Шер изилдеген. Мүрзөлөрдөгү өлүктөрдүн жанынан жыгач табак, темир бычак, канжар, жаа, темир жебелер ж-а койдун сөөктөрү табылган. 1995-ж. Кыргыз тарыхчылар жамааты м-н Түрк тарых куруму археол. изилдөө иштерин Балабейит, Чоңдөбө, Чалчыкбулак жерлеринде жүргүзүшкөн.

**СООГА,** с о о г а т – жоокерчиликте, мергенчиликте, мелдеште түшкөн олжолордун азыноолак бөлүгү. Олжолуу болгон кишинин С. бербей коюшу чоң уят иш катары эсептелген. С-нын көлөмү олжонун көлөмүнө, баасына жараша болгон.

**СООТ –** жоокердин согуш кийими. Ал ок, найза, кылыч ж.б. согуш куралдарынан сактануу максатында болот шакекчелери бири-бирине чиркелиштирип, көйнөк формасында согулган.

**СОПУ** – дин эрежелерин бек кармаган адам. С-лар момундукту даңазалап, сопулуктун тарыкатына калкты үгүттөшкөн.

**СОПУКОРГОН** – *Кокон хандыгынын* Алай өрөөнүндөгү чеби. Болжол м-н 1826–30-ж. *Мадалы хандын* буйругу б-ча Анжиян беги Иса датка курдурган.

**СОПУЛУК,** с у ф и з м – 8-к. ортосунда – 9-к. баш чендеринде түптөлө баштаган ислам дининдеги мистикалык агым. 9-к-да С-дин ири өкүлдөрү агымдын теориясын ж-а практикасын иштеп чыгышкан. Диний устаттардын (шайых, муршид, пирлердин) жетеги м-н шакирттер даярдалган. Терең билим, жакшы жүрүм-турум, өзгөчө тазалыгы м-н кадыр-баркка жеткен пирлерди олуя аташып, аларды шакирттери ыйык туткан. Бул агымдын жактоочулары – мураттар ж-а карапайым эл; сопулардын олуячылыгына терең ишенишип, аларды курандагы аяттардын сырын чече билген, кудай м-н түздөн түз байланышы бар керемети күч кудуреттүү адамдар катары көрүп өзгөчө сыйлашкан. 9–11-к. С-тун жол-жоболору жазылган эмгектер жазалган; аларда С-тун түшүнүктөрү чечмеленген. С. дүйнөнүн мусулман элдеринин бардыгына белгилүү. Бирок, ар кайсы мамл-терде өлкөнүн тарыхый, социалдык, маданий, турмуш шарттарына жараша

өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Түрк элдеринин, а. и. кыргыздардын көз караштарына сопулук агым өзүнө мүнөздүү из салып өткөн. Ислам динин жайылтууда сопулар өзгөчө кызмат аткарышкан. Алар ислам диний жол-жоболорун, тартибин эл арасына жайылтуу, түшүндүрүү м-н үгүт иштерин жүргүзүшкөн. Кыргыздарда С. ислам динине чейинки ишенимдер м-н коштолуп, анын идеясы ж-а практикасы татаал синкреттүү мүнөзгө өткөн. Элдик салттарда, ырым-жырымдарда, өзгөчө оозеки чыгармачылыкта сопулукка тиешелүү символдук образдар ж-а мотивдер көп кездешет. Кыргыз элинин саясий тарыхында (Россия империясына каршы күрөштө Совет бийлигинин алгачкы жылдарында басмачылык кыймылдары) С. агымын туу кылып жаңычылыкка каршы күрөшүү идеясы күч алган. Кыргызстандын аймагында негизинен С-тун ысхакийе, ышкиййа тарикаттары (жолдору) тараган.

**СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН БААТЫРЛАРЫ –** Совет доорунда өндүрүштө, илимде, маданиятта ж. б. эл чарба тармактарында иштегендердин артыкча ийгиликтери үчүн берилүүчү жогорку наам. Кыргызстандын төмөнкү атуулдарына С. Э. Б. деген наам берилген: Абакиров Мамут, Абдраев Кутубай, Абдраимов Апсамат, Абдраи-мов Көчкөнбай, Абдраимов Кудайкул, Абдраимов Матай, Абдувалиев Муса, Абдукадыров Абдурашид, Абдукаримов Абдумавлян, Абдулаев Курманкул, Абдылдаева Расия, Абдылдаев Мамбет, Абдыраимов Асанаалы, Абдышева Токтогул, Абжалиев Пазыл, Аболин Роберт Иванович, Ажыкеев Эсенкан, Ажыкулов Рыскул, Айдарбеков Курманкул, Айдаров Ташбай, Айтбаев Базылбек, Айткулова Айнек, Акматов Таштан, Акназаров Корчубек, Акчабаев Малик, Асиа-хунов Абдукадыр, Асимбаев Пахриддин, Алимов Сали, Алыбекова Карачач, Алымбеков Накайбек, Амадалиев Маткалык, Аманбаев Алдаберген, Аманбаев Төлөбек, Ананьев Константин Николаевич, Анаров Айтбай, Анаров Алля, Андабеков Эрназар, Андабеков Ирназар, Асанбеков Төлөнбай, Асанов Жамантай, Атабаев Токтобай, Атабекова, Атышов Боронбай, Бабенко Потап Васильевич, Базавлюк (Слинько) Евдокия Сергеевна, Базаров Ыймаш, Байсабаева Гүлгаакы, Бекмурзаев Кадыр, Бектембаев Ибраим, Бирюков Пётр Филлипович, Бочкарёва Аграфена Терентьевна, Ванюков Семён Иванович, Воробьёва Наталья Илларио-новна, Гавсидинов Гиясидин, Глазенко Матрёна Аксентьевна, Гребещенко Дмитрий Николаевич, Гречухина Мария Яковлевна, Довгаль Татьяна Андреевна, Долбаев Асанбек, Досбергенов Төлөбек, Дробитько Елена Алексеевна, Дубинецкий Захар Васильевич, Дуйшеева Жамыйла, Жаңыбаева Маруса, Жапышев Рысбай, Жаркымбаев Акмат, Жолбаев Рустам, Жумабаев Алахун, Жумабаева Анакыз, Жумадылова Мария, Жунушов Касымбек, Жусубалиев Балтабай, Жусупов Билал, Жусупов Эшенкул, Жүзмамбетов Кадыралы, Зубков Дмитрий Петрович, Иванченко Раиса Васильевна, Ивашкевич Тимофей Фёдорович, Илипбаев Ишенбек, Иманов Капар, Исаев Беделбай, Исаев Шарше, Исаков Сра, Исмаилов Татен, Исмаилов Төлөсүн, Исмаилова Инахан, Кадыралиев Казакбай, Кадыров Абдулхамит, Кадыров Касым, Казаков Абдуллажан, Кайназаров Толубай, Кайназарова Зууракан, Кайыпов Өскөнбай, Калдашев Юсуп Ахун, Камалов Асан, Камчыбеков Айты, Каримов Жумалы, Каримов Иманжан, Каримов Саит, Карымшаков Абдыкадыр, Касыбаев Алымбай, Качкымбаев Санкул, Керимов Жумалы, Кийизбаев Тообай, Клименко Михаил Дмитриевич, Климчук Трофим Степанович, Кожобекова Сүйүмкан, Кожоканов Мукамбет, Козлов Иван Яковлевич, Койчиев Мамбет, Койчуманов Апыш, Колесниченко Мария Павловна, Конгайтиев Супай, Косивцева Надежда Алексеевна, Коханов Гений Алексеевич, Кочкарбаев Исак, Кочкорова Сарахан, Кочубаев Тойчу Тагаевич, Кошоев Өмүрзак, Көкөбаев Базаралы, Кретинин Иван Терентьевич, Крикотин Степан Павлович, Кругликова Анна Николаевна, Кулбаев Камбар, Кулбаев Маман, Кулов Бейшеналы, Кулумбаев Жусубалы, Курлиенко Анна Акимовна, Курман-баев Эмилбек, Курманбеков Жумабек, Курманов Карыпбай, Кутукеев Кубаталы, Кыпчаков Абдулла, Левченко Николай Иванович, Лихолетов Георгий Антонович, Ложенко Пелагея Макаровна, Лопухова Пелагея Васильевна, Лупина (Дубинская) Мария Фёдоровна, Ляленко Константин Матвеевич, Ляховенко Андрей Павлович, Мадымаров Абдулла, Мажакыпов Тажыбай, Маканов Орозбай, Макишев Үсөнбек, Мамарасулов Сабиткул, Мамасалиев Калдар, Маматурдиев Ашыралы, Мамбетакунов Орозакун, Мамбеталиев Асан, Мамбеталиев Көкөбай, Мамбетов Мырзабек, Мамыров Аманкан, Мамасаитов Атажан, Матиев Ажымат, Маханько Владимир Николаевич, Машрапова Тургун, Мешков Николай Иосифович, Мирабдазизов Халил, Миталипов Мейман, Мойдунов Жумакадыр, Момбеков Юсуп, Мох Григорий Иванович, Мукашева Кайыр, Мундузбаева Жыргал, Мурзакматов Акун, Мусаев Тешебай, Мүсүралиева Бакый, Мырзакулов Балтабай, Назаралиев Шаршен, Намазбеков Калыс, Нарынбеков Аскар, Нигрилов Даниил Андреевич, Нишанов Сабиржан, Ногоева Саадат, Нураков Исак, Нуржанов Акматбек, Обливальный Павел Савельевич, Ормонова Гүлбара, Осмонкулов Искендер, Перенко Пётр Яковлевич, Петренко Леон Филиппович, Пионт Денис Ефремович, Полотов Тойчу, Полынцева-Дурыкина Нина Фёдоровна, Попова Ульяна Григорьевна, Пошивайлов Никифор Макарович, Приставкин Николай Яковлевич, Приходько Мария Фёдоровна, Раковец Степан Семёнович, Рафикова Дилорам, Репетун Нина Ивановна, Реуцкая Аграфена Павловна, Рогожин Михаил Петрович, Рослова Александра Егоровна, Рысмамбетова Үмүт-көр Калыевна, Рябко Клавдия Алексеевна, Савкина Наталья Васильевна, Сагынбаева Телегей, Садыков Самат, Садыков Убайдулла, Садыкова Сыйнат, Саипова Санавар, Санжаров Шарап, Сармшаев Айдар, Сатыбалдиев Алтымыш, Сартбаев Ракматалы, Сатыбалдиев Алтымыш, Сатыбалдиев Нарманбет, Саякбаев Макиш, Сейитбекова Асылбүбү, Семенистова Анна Яковлевна, Сеңирбаев Турдукул, Серый Зосим Львович, Сидоров Виктор Иванович, Скворцова Матрёна Ермолаевна, Слюсарев Василий

Яковлевич, Слюсаренко Пётр Трофимович, Смирнов Владимир Иванович, Смирнов Михаил Яковлевич, Сотникова Анисья Макаровна, Стрельникова Феодосия Афанасьевна, Стрельниченко Иван Иванович, Сулайманов Турсуналы, Сулайманова Күлсара, Султанов Кадырмат, Султанов Камал, Сунчалиева Алия Абдуллаевна, Сүйөркулов Шамшидин, Сыдыков Шарип, Сыдыкова Мукен, Сычугов Андрей Григорьевич, Тазабеков Мамбетсалы, Тарыкчиев Акун, Таширов Хайтахун, Темирова Асипа, Тешебаев Гапар, Тешебаев Файзулла, Тешеев Сайдулла, Тимковский Меер Иосифович, Титов Фёдор Степанович, Тойгонбаев Абдувап, Токеев Ормоке, Төкөлдөшов Казмалы, Тургунов Юлдашбай, Турдиев Султаназар, Турдубаева Бурулбүбү, Турдуев Султаназар, Түлөбердиев Океш, Түмөнов Намазалы, Тынаев Жамаке, Улизко Василий Иванович, Умарова Махбүбү, Худайбердиев Ахмадали, Чернецова Акулина, Чернышев Евгений Фёдорович, Чмырь Пётр Яковлевич, Чыныбаев Кудайберген, Шералиев Жоро, Шеркулов Асан, Шмелёв Михаил Полихронович, Шопокова Керимбүбү, Штумм Эльза Ивановна, Щербакова Анастасия Константиновна, Щёлоков Павел Тимофеевич, Эликбаев Аалы, Эркимбаев Токтоналы, Эрматова Тажихан, Эшенова Салый, Юматова Анна Тихоновна, Юнусалиев Кушназар, Юнусов Топчубай, Юрченко Александр Алексеевич, Юсупов Рысбек, Юсупова Салтанатхан.

**«СОЦИАЛ-ТУРАН» ПАРТИЯСЫ** – 20-к-дын 30-жылдарында Орто Азиядагы бир катар жергиликтүү саясий ж-а маданият ишмерлерине (партиялык, советтик кызматкерлер, интеллигенция өкүлдөрү ж. б.) пантүркисттик буржуазиялык улутчул максатты көздөгөн деген жалган жалаа коюп, жазалоо үчүн чыгарылган уюм.

**СӨӨКТҮ КӨМҮҮ САЛТЫ.** Анын көп түрдүү мотивдери диний ишенимдер м-н тыгыз байланышкан. Сөөк көмүү адаты диний идеологиянын эң консервативдүү тармагы. С.к.с-нын айрым белгилеринин өзгөрүшү этностук топтордун дүйнөгө болгон көз караштарындагы бурулуштарга байланыштуу. С. к. с. – диний системанын натыйжасы. Жөрөлгөнүн өзүндө өлгөн адамдын жынысы, социалдык абалы-теги, ал түгүл өлүмдүн мүнөзү да эске алынат. Ар бир этностук топтун диний түшүнүгүнө ылайык, кыйла жылдары калыптанган өзгөчө белгилери болот. Ар бир байыркы көрүстөн тобун казып изилдегенден кийин тарых илиминин карамагына ошол эстеликти калтырган коомдун турмушу б-ча булак келип түшөт. Сөөктү жерге берүү, тескерисинче изоляциялап чопо идишке, табытка салуу, өрттөп көмүү (кремация), жерге көмүү (ингумация), этинен ажыратып көмүү, сөөгүн бакка асып коюу, маркумдун өздүк буюмдарын гана көмүү, жаткан, отурган, бүрүштүрүлгөн абалда, көмкөрөсүнөн жаткырып көмүүдө ж.б. бири-биринен айырмаланган түрлөрүн ажыратууга болот. С. к. с. окуп үйрөнүүчү тафология деп аталат. (гр. тафос – мүрзө, сөөктү көмүү, көмүлгөн жер; логос – билим, окуу). Археологдор ж-а этнографтар үчүн бул салтты изилдөө м-н ар бир калктын салтындагы байыркы белгилерди таап чыгышат. Салтка кирген жаңычылдыктар тез баамдалат. Байыркы ж-а орто кылымдагы калктардын сөөктү көмүү салты м-н кошо алардын материалдык маданиятын изилдөө мүмкүнчүлүктөр арбын, себеби адам каза болгондо ага тиешелүү ж-а салт талап кылган буюм, маркумдун ритуалдык тамагы табылат. Кээ бир учурда жанына мал кошо коюлган, айрыкча жылкы толук жабдыгы м-н кездешет. Кыргызстандагы б. з. ч. 2-миң жылдыктан тартып б.з. 2-миң жылдыгынын ортосуна чейинки байыркы ж-а орто кылымдардагы калктардын көрүстөндөрү казылып, изилденүүдө. Көрүстөндөр бир канча бейиттен турат.

**СПАФАРИЙ МИЛЕСКУ** Николай Гаврилович (1636–1708) – элчи ж-а илимпоз. Румынияда туулган. 1653–71-ж. молдаван ж-а валах төбөлдөрүнүн элчиси катары милдет аткарган. 1671-ж. диний миссия м-н Москвага жиберилип, элчилик мекемеде иштеген. 1675–78-ж. Пекинге жиберилген орус элчилигин жетектеген. 1671–75-ж. тарыхый ж-а динияттык бир катар эмгектер жазган. Азия-га арналган эмгегинде Енисейдеги кыргыздар ж-дө да маалыматтар бар.

**СТОЛЫПИНДИК АГРАРДЫК РЕФОРМА** – 1906–17-ж. Россияда дыйкандардын жер ээлиги ж-дө кабыл алынган буржуазиялык иш-чаралар. Россия Министрлер Советинин төрагасы П. А. Столыпиндин атынан аталган. Реформанын максаты орустун дыйкан жамиятын бузуу ж-а жерди жеке менчикке бекитүү, жерсиз ж-а жери аз дыйкандарды Сибирге, өлкөнүн чыгыш аймактарына, а. и. Кыргызстанга көчүрүү болгон. Ушул реформанын негизинде 1906–14-ж. Жетисуу облусуна көчүрүлүп келгендерге жергиликтүү элден 2708226 теше (Пишпек уездинин Сарыбагыш болушунан 1910–13-ж. 48216 теше, Суусамыр болушунан 1912-ж. 98466 теше, Пишпек уездинен 714 миң теше, Пржевальск уезди б-ча 422 627 теше) жер алынган. 1913–15-ж. Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын 81 миң теше жери алынган; Россиядан көчүрүлүп келгендердин 46 кыштагы пайда болгон. Мындан башка бир топ жер казынанын фондусуна алынган. Пишпек ж-а Пржевальск уезддеринен бул фондуга 352 440 теше жер өткөн, С. а. р. агрардык маселени чече алган эмес. Айыл-кыштактарда таптык карама-каршылыкты ого бетер ырбаткан. Кыргызстанда улуттук-боштондук күрөшүнүн күчөшүнө кошумча себеп болгон. С. а. р-нын ишке ашпай калышы падышалык жеке бийлик жоюлмайынча агрардык маселе чечилбей тургандыгын аныктаган.

**СУЖИН-ДАВАНДАГЫ ТАШ БЕТИНДЕГИ ЖАЗУУ** – эпиграфикалык эстелик. Енисей кыргыздарынын 9-к-да күчтүү мамл. түзүп, Борб. Азияга үстөмдүгүн орното баштаган учурду чагылдырат. 1900-ж. Густав Рамстедт Моңголияга уюштурган өзүнүн 1-экспедициясында Дзамар (Хангай) тоосунун түндүк-батышындагы Сужин-Даван ашуусунун Долон-Булугейин-Тала деген жеринен, кыйраган таш коргонду ж-а руна сымал жазуусу бар таш мамыны тапкан. Рамс-тедт 1909-ж. археолог ж-а этнограф Саккари Пяльси м-н бирдикте

изилдеп, жазууну окуп чыккан. Калыңдыгы 10 *см* ж-а бийиктиги 90 *см* таштагы жазуу жакшы сакталган. Таштын жылмаланган бетинде 9 сап жазуу жогортон төмөн карай жайгашкан ж-а кошумча 2 сап жазуу төмөнүрөөк орун алып, таштын бетине туурасынан жазылган. Таштын жогору жагындагы чегилген тамга жазуунун сыртында калган. 1942-ж. А. Н. Берн-штам жазуунун биринчи сабында эскерилген Яглакар хан деген ысымды 9-к-дын 40-ж-нда Жуңгарияга ж-а Бешбалыкка чабуул койгон енисейлик кыргыздардын ханы деп, аны эпостук каарман Манастын аты м-н байланыштырган. Ал Яглакар ханды Манастын прототиби катары көргөн. Бирок, 1959-ж. С. Г. Кляшторный аталган жазууда эскерилген Яглакар хан 840-ж. кыргыздар тарабынан кыйратылган уйгурлардын башкаруучу династиясы яглакарлардын акыркы өкүлдөрүнөн экендигин далилдеген. Анын текстинде «Мен яглакар хандарын куудум Уйгур өлкөсүнөн. Мен – кыргыздын уулумун. Мен Бойла Кутлуг Йарган. Мен Кутлуг Бага-таркан Эгенин буйрукчусумун (жогорку мансаптагы кызматкер). Мен тууралуу аңыз Чыгыш м-н Батышка жетти. Мен бай элем: менин он айылым бар эле, жылкыларым сан жеткис. Менин жети кичүү бир тууганым, үч уулум, үч кызым бар эле. Уулдарымды үйлөндүрдүм, кыздарымды калыңсыз эрге бердим. Насаатчыма жүз жээрде ат бердим. Мен өзүмдүн балдарымды-кыздарымды ж-а уулдарымды көрдүм. Мен эми аларды калтырып кеттим. Менин уулдарым! Менин насаатчымдай элдин катарында болгула! Ханга кызмат өтөгүлө! Кайраттуу болгула! Менин улуу уулум күтүүсүздөн кетти. Өлүм алдында мен аны көрбөдүм! Менин уулум – менин арстаным!»,– деп жазылып, енисей кыргыздарынын Борб. Азиянын кеңири аймактарына бийлигин орноткон доорду чагылдырып, Кыргыз мамлекет-түүлүгүнүн жаңы империялык түзүлүшүн ж-а мамл-ти идеологиялык жактан бекем-дөөгө умтулган саясаттын өкүм сүргөндү-гүн ырастайт.

**СУЙАБ,** С у я б – соңку орто кылымдагы Батыш Түрк ж-а Түргөш кагандыктарынын баш калаасы. С.ш. азыркы Токмок ш-нан анча алыс эмес жердеги Акбешим чалдыбарынын ордунда жайгашкан. Шаар тууралуу алгачкы маалымат кытай булактарында 7-к-дын 1-жарымында кездешет. Будда кечили *Сюань Цзань* 629-ж. Индияга жасаган сапарында Жетисуу аймагы аркылуу өтүп баратып, өзөн жээгиндеги шаар ж-дө эскерет. Шаарда негизинен соодагерлер, кустар (согдулуктар) жашаган. Кытайлар аны Суйе деп аташкан. 748-ж. С.ш. кытай аскерлери тарабынан кыйроого учураган. Түргөш-төрдүн учурунда мында каганадыктын баш ордосу жайгашкан. Бул тууралуу 8-к-дын башында түргөш кагандыгындагы ичара чатактарга байланыштуу эскерилет. 766-ж. С-ды карлуктар басып алып, аны өз ордосуна айланткан. Ушул кездеги мусулман маалымат булактары Жетисуу ш-нын катарында С-ды да аташкан. Ибн Хордадбек м-н Кудама Батыштан Чыгыш Түркстанга бараткан жолдогу шаарлардын катарына киргизет. Автору белгисиз «Худуд ал-Аалам» ж-а Гардизинин «Зайн ал-Акбар» чыгармасында 8-к-дын орто чениндеги шаар турмушу кыйла кеңири мүнөздөлгөн. Кийинки тарыхый булактардан С. ш. тууралуу маалыматтар кездешпейт.

**СУЛАЙМАНОВ** Кыдык (1919-ж. т., Ысык-көл облусу, Ысыккөл р-ну, Корумду айлы) – тарых ил-нин. доктору (1971), проф. (1973). 1942–44-ж. пед. иште. 1945-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын жардамчысы, 1946–47-ж. Фрунзе шааркомунун, 1947–48-ж. Кемин райаткомунун, 1948–52-ж. Фрунзе облаткомунун төрагасынын орун басары. 1952–55-ж. Мугалимдердин билимин өркүндөтүүнүн Респ. ин-тунун директору. 1955-жылдан К. И. Скрябин атн. Кыргыз мамл. а. ч. ин-тунда ас-систент, доцент, кафедра башчысы (1961), 1988-жылдан ошол эле ин-ттун марксизм-ленинизм кафедрасында проф. болгон. Ил. эмгектери негизинен Кыргызстандын а. ч. өн-дүрүшүнүн чыңдалышына, айрыкча мал чарбасынын жогорулашын изилдөөгө арналган. 120дан ашык ил. эмгектин, (а. и. 3 монография) автору. Медалдар м-н сыйланган.

**СУЛАЙМАНОВ** Харки Юсупович (1895–1937) – Жетисууда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштүн катышуучусу. Верныйдагы орус-тузем мектебин, 1928-ж. Ленинграддагы партиялык мектепти бүтүргөн. Совет бийлигин чыңдоо үчүн дуңган, уйгур, казак эмгекчилеринен кошуун уюштурууга катышкан, атчандар полкунун аскер комиссары. Кыргызстанда Ферганадагы контрреволюциячыл күчтөрдү талкалоого катышкан. Кийин сов. ж-а чарбалык ар кандай кызматтарда эмгектенген.

**СУЛАЙМАН ТООСУ,** Б е р а к у х – Ош ш-ндагы Акбуура суусунун сол жээгиндеги жетим тоо. Ал «Тахт-и Сулайман» («Сулайман тактысы») деп да аталат. Теңиртоолук тарыхчы Жамал Карши (13-к.) Ошто Барака ж-а Ханаф деген эки тоо бар; Бараканын жанында Сулайман ибн Дауддун вазири Асаф ибн Бурхийанын бейити бар – деп көр-сөтөт. 16-к-да бул тоого султан Бабур чакан ак үй (хужра) курдурган. Ал кийин 20-к-дын 60-жылдары бузулуп кайрадан 1989-ж. калыбына келтирилген. Азыр тоонун чокусуна куур аркылуу суу чыгарылып, айланасына бак-дарак тигилген. 1977-ж. Кыргызстандын тарыхын тааныштыруучу бир нече залдан турган өзүнчө музей ачылган.

**СУЛТАНОВ** Балтакожо (1884–1919) – мугалим, Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштүн катышуучусу. Ош ш-нда туулган. «Мусулман жумушчулар менен чайрыкерлер союзун» уюштуруунун демилгечилеринен. 1917-ж-дын декабрынан Ош советинин мүчөсү. 1918-ж. Ош ш-нда милициянын начальниги, андан ки-йин уезддик тергөө комиссиянын начальниги болуп иштеген. Элге билим берүүгө, советтик мектептерди көбөйтүүгө көп көңүл бөлгөн. Басмачыларга каршы күрөшкө катышкан. Революциянын душмандары өлтүргөн.

**СУЛТАН ХАЛИЛ** – Моголстандын башкаруучусу. Ахмед хандын кичүү уулу. Ахмед хан (1487–1504) каза болгондон кийин анын үч уулунун ортосунда бийлик талашкан жаңжалдар келип чыккан. Мансур хан инилери Султан Саидди ж-а С.Х-ди куугунтуктаган. Алар Жетисууга кыргыздарга качып келишкен. 1504-ж. кыргыздар Султан Халилди өзүлөрүнүн падышасы – өкүмдары деп жарыялашкан ж-а Моголстандагы саясий абалын бекемдегенге аракет кылышкан. 1508-ж. Мансур хан Иле дарыясына куйган Чарын ж-а Чилик сууларынын аралыгынан кыргыздарга, Султан Саидге ж-а С.Х-ге сокку урган. Мансур хан кыргыздардын басымдуу бөлүгүн Турпанга көчүргөн. Султан Саид Моголстандын тоолорунда жашырынып жүрүп, Кабулга Бабур падышага кетүүгө аргасыз болгон. С.Х. Ферганага качып, атасынын бир тууганы Махмуд ханга барган. Бирок буга чейин эле өзбектер Махмуд ханды өлтүрүп коюшкан. 1508-ж. С. Х. өзбек төбөлдөрүнүн бири Жаныбек Султан тарабынан Аксыда сууга чөктүрүп өлтүрүлгөн. 16-к-дын башталышында Жетисуу ж-а Ысыккөл аймагында өз алдынча Кыргыз хандыгынын пайда болушу С.Х-дин ысымы м-н байланыштуу.

**СУРАНЧЫ –** 19-к-дын башында Кашкар аймагындагы кыргыздардын чоң багыш уруусунун чыккан бийи. Устунартыш кыштагында туулган. Алгач Суранчы кыргыздар м-н уйгурлардын Цинь дөөлөтүнө каршы көтөрүлүштөрдүн уюштуруучуларынын бири, уйгур Зия-Динди кармоого катышкандыгы үчүн Кытайдын цзюнь-ван наамын алган. Кийинчерээк манжур-кытай эзүүсүнө каршы чыккан кыргыздардын көтөрүлүшү тарапка өткөн. 1820-ж. *Жааңгер кожонун* биринчи көтөрүлүшүнө кошулуп, Узунартыштагы кыргыздарды жетектеген. 1826–27-ж. Жааңгер кожонун кийинки көтөрүлүшүнө да 500 жигити м-н катышкан. Бул көтөрүлүш кытайларда *Суранчы бийдин козголоңу* деген аталыш м-н да белгилүү.

**«СУРАНЧЫ БИЙДИН (БУРУТТУН) КОЗГОЛОҢУ»** – *Жааңгер кожонун* жетекчилигинде цин-манжур үстөмдүгүнө каршы Чыгыш Түркстан элдеринин көтөрүлүшүнүн алгачкы этабы. 1820-ж. жайында Жааңгер кожо Кокондон кыргыздарга жардам сурап келип, кол куроого киришкен. Кашкардагы кытай үстөмдүгүн кулатуу үчүн күрөштө ага саяк уруусунун бийи, билермандары Байкабас, Мендылак, Тайлак, кыпчак Турдумамбеттин тууганадары, чоңбагыштардын бийи *Суранчы* көмөк көрсөтүүгө даяр экендигин билдиришкен. Жааңгер кожого көп өтпөй Маматкул баш болгон моңолдор уруусу да кошулган. Кытай баскынчылары м-н айыгышкан айкаштарда бөтөнчө Суранчы бийдин колу эрдик көрсөтүп, даңкы чыккан. Ошондуктан, Жааңгер кожонун кыймылынын алгачкы этабы кытай тарыхый маалыматтарында «Суранчы буруттун козголоңу» деп аталып калган. 1820-ж. күзүндө Жааңгер кожо кыргыздардан куралган бир нече жүз жоокери м-н Кашкарды көздөй жол тарткан. Ошол эле учурда Суранчы бий 300 жигити м-н Кашкарга келип, калаага жанаша жайгашкан кыштактардагы кытай аскерлерине кол салган. Анын жигиттери салгылашуулардын биринде Кашкардын чет жакасындагы кытай кароолун талкалашкан. Бирок Жааңгер кожо м-н Суранчынын колу душмандын арбын аскеринин кысымына туруштук бере албай, чегинүүгө аргасыз болгон. Цин төрөлөрү Кашкарга кошумча аскер жөнөтүп, Кашкарды курчоодон куткарып калган. Көтөрүлүшчүлөрдү биротоло талкалоону көздөп, алардын артынан сая түшкөн жазалоочу аскерлер Суранчынын Кеншибай деген жердеги эски журтуна келип, орула элек эгинди, 30дан ашуун өргөөнү өрттөшкөн. Андан соң жоон топ кыргызды туткундап, алардын 20дан ашыгын мыкаачылык м-н өлтүрүшкөн. Муну м-н бирге Цин, төрөлөрү кыргыздарды тополоңго аралашпоого, Суранчыны кармап берип, чоң сыйлыкка ээ болууга үндөгөн. Коркутуп-үркүтүүлөргө карабастан, кыргыздар өз жолбашчысын душманга кармап беришкен эмес. Тескерисинче, эл арасында Суранчы бийдин кадыр-баркы ого бетер арткан.

**СУУККОЛОТ** – Соңкөлдүн түштүк тарабындагы эрте темир дооруна, орто кылымдарга таандык көрүстөн. Таш, топурак м-н курулган төрт чарчы, тегерек көлөмдөгү бе-йиттер ж-а диаметри 5 *м*ге чейинки «сегиз таш» эстелик бар. Тегерек коргончонун биринде бийиктиги 1 *м* болгон таш мамы орнотулган.

**СУШАНЛО** Мухамед Ясызович (1924, Бишкек–1998) – тарых ил-нин доктору (1970), проф. (1981), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү. 1950-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөн. Кыргыз ССР ИАнда кенже ил. кызматкер, бөлүм башчысы болуп иштеген. Дуңгантаануу (синология) б-ча адис. 200дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 7 монографиянын, 4 окуу китебинин автору.

**СҮЙӨРКУЛОВ** Абды (1912, Жалалабат облусу, Токтогул р-ну, Торкен айылы – 1992, Бишкек) – саясий ж-а мамл. ишмер. Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1947–50), Кыргыз ССР Министрлер советинин (1950–59) төрагасы. 1932–47-ж. райондук, облустук чарбалык уюмдарда, Жалалабат облустук аткомунун төрагасы, Кыргызстан КП(б) БКнын катчысы. 1959–69-ж. Кыргыз ССР соода министри. Эки Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**СҮЙҮМБАЕВ** Акматбек Сүттүбаевич (1920, Чүй облусу, Аламүдүн р-ну, Ортоалыш айылы – 1993, Бишкек) – мамл. ж-а саясий ишмер. Кыргыз ССР Министрлер советинин төрагасы (1968–78). Бишкек финансы-экон. техникумун (1938), Бүткүл союздук финансы-экон. ин-тун (1954) бүткөн. 1938–39-ж. Нарын ш-дык финансы бөлүмүндө башкы бухгалтер. 1947–55-ж. партиялык иштерде иштеген. 1955–60-ж. Кыргыз ССРинин финансы министри. 1960-ж-дан Ош облаткомунун төрагасы. 1962-ж-дан Кыргызстан КП Ош обкомунун 1-катчысы. 1978–84-ж. Кыргыз ССРинин коммуналык чарба министри. Бишкек ш-нда көчөгө ысымы коюлган.

**СҮЙҮМБАЕВ** Мамбет (1875, Ысыккөл облусу, Каракол уезди, Ортоөрүктү айылы–1933) – Совет бийлигин орнотууга ж-а чыңдоого катышкандардан. Кичикеңсуу болушунда кедей-кембагалдарга зомбулук кылган болушту өлтүргөндүгү үчүн 1907-ж. Сибирге сүргүнгө айдалган. 1916-ж. сүргүндөн бошоп, Түндүктө чарба

жумуштарында иштеген. 1917-ж. аскерге алынып, 1-дүйнөлүк согушка жиберилген. О.эле жылы туткунга түшүп, андан Түркия аркылуу Кыргызстанга келген. 1919–22-ж. Караколдогу Кызыл Армияда кызмат өтөгөн. 1919-ж. Түп козголоңун басууга катышкан, 1929-жылдан эмгекчилер депутаттарынын Ысыккөл р-ндук советинин аткомунун төрагасы болуп иштеген.

**СҮЙҮНЧҮ** – кубанычтуу, жакшылык кабар билдирүү ж-а жакшы кабар айткан кишиге берилүүчү сыйлык. Мис., бала төрөлгөндө, узак сапардан, жортуулдан аман кайтып келгенде, буюм, мал табылганда ж.б-да жакшылыкты сүйүнчүлөшкөн. С. билдирген кишиге белек, мал тартуулашкан.

**СҮЛҮКТҮ ЖУМУШЧУ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ** – Сүлүктү тоо-кен өнөр жай жумушчу большевиктеринин уюму. Советке З. Кадыров, Д. Деканов, Г. Галиев өңдүү большевик-кенчилер жетекчилик кылышкан. 1917-ж. 11-ноябрда бийликти өз колуна алган ж-а Кыргызстандын түштүгүндө совет бийлигин орнотууда ж-а чыңдоодо маанилүү роль ойногон.

**СҮННӨТ** – балдардын (3, 5, 7, жаш курагында) жыныс мүчөсүнүн уч терисин тегерете чырпып коюу ырымы. Кыргыздарда С. ырымы качан баштаганы белгисиз. Негизинен бул ырым ислам дининин тарала башташы м-н байланыштуу. С. тойду Кыргызстандын кээ бир аймактарында чочок кесүү, чочок адалдатуу деп аташкан. С-тү өткөрүү үчүн той жасашкан. Жыныс мүчөсүн кесүүнүн ар кандай ыкмасы колдонулган. 1. 1–2 чий м-н теринин учун кыпчый кармап, сыртынан кескен; 2. жоонурак чийди териге киргизип, теринин учун тегерете кескен. Кесилген жерге кийизди күйгүзүп, күлүн баскан. Учурда С. ырымы медициналык мекемелерде адис врачтар (хирург) тарабынан жүргүзүлөт.

**СҮРӨТТАШ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР** – б. з. ч. 1-миң жыдык – б.з. 1-миң жылдыгына таандык археол. эстелик. Ош ш-нан 8 *км* түндүк-батышындагы Күрпөтоо тоосунда жайгашкан. Тик асканын бооруна жылкы, бугу, эчки-текелердин ж-а адамдардын сүрөттөрү тартылган. Бул сүрөттөр Айырмачтоо деген ат м-н да белгилүү. Алардын арасында 30дан ашык жылкы кытай жылнаамаларында жазылган дабан асман аргымактарына окшоштурулат. Археологдор М. Е. Массон (1940), А. Н. Бернштам (1948; 1957), Ю. А. Заднепровский (1962) изилдешкен.

**СҮТ АКЫ** – кызды күйөөгө узатаарда аткарылуучу жөрөлгө. Күйөө тарап кызды алып кетерде кыздын энесине С.а. катары атайы мал (уй) берген. Кыздын энеси буга ыраазы болсо, С.а-м. жок деп кыз-күйөөгө батасын берген.

**СҮТТҮҮБУЛАК АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ** – б. з. ч. 1-миң жылдык – б.з. 6–10-к-на таандык көрүстөндөр, аска бетиндеги жазуулар. Кочкор р-нундагы Кочкор – Сарыбулак айылдарынын ортосундагы капчыгайда, Жоонарык суусунун оң тарабындагы секиде жайгашкан. Эстелик 1990-ж. археолог К. Табалдиев тарабынан белгиленип, 1995–96-ж. КУУнун ж-а Германия Археол. ин-нун археологдору казуу иштерин жүргүзүшкөн. Көрүстөндөр тоо этегиндеги үстү түз секилерде ж-а Жоонарык суусуна куймасы Сүттүүбулак суусунун боюнда жайгашкан. Секинин үстү айдоо аян-тына айландырылганда түрк элдерине (6–10-к.) таандык көрүстөндөр ж-а маркумду эскерүү үчүн орнотулган коргончолор жок болгон. Көпчүлүк көрүстөндөр байыркы мезгилде эле уурдалган. Ошого карабастан, көркөм өнөр, искусство, тиричилик, согуш өнөрүн чагылдырган табылгалар арбын.

**СҮТТҮҮБУЛАК СҮРӨТҮ** – 7–8-к-га таандык сөөккө тартылган сүрөттүн үлгүсү. 1995-ж. Сүттүүбулак археол. эстелигинен сүрөт тартылган эки жалпак сөөк көмүлгөн аялдын бел кырчоосунан табылган. Уз. 7 *см*, туурасы 4 *см* келген жалпак сөөктүн бир жак башы балыктын куйругу сыяктуу кооздолгон. 1-сөөктө майдан талаасында үч-үчтөн болуп бири-бирине каршы турган 6 жоокердин сүрөтү оюп салынган. Оң тарабында эки жоокер тизелеп жаа тартып, үчүнчүсү каршыда жыгылган душманга кылыч шилтеп жаткан учуру чагылдырылган. Бардык жоокерлер өрүлгөн узун чачтуу, узун мурутчан, байыркы түрк калктарына түспөлдөш. 2-сөөктө эки адам келбети салынган. Маңдайынан тартылган адамдын баш жагы кө-лөмдүү, үч мүйүздүү баш кийимчен аял киши кейиптүү. Сол тарапта узун чачтуу, ичке каштуу, түз мурундуу, мурутчан ба-йыркы түрк калктары чагылдырылган.

**СЫГУН-САМЫР** –11-к-да Махмуд Кашгаринин эмгектеринде эскерилген Теңиртоодогу жердин аты. Илимпоздор С.-С-ды азыркы Суусамыр өрөөнүнүн Караханийлер доорундагы аталышы деп эсептешет.

**СЫДЫКБЕКОВ** Түгөлбай (1912, Түп р-ну, Кеңсуу кыштагы –1999, Бишкек) – кыргыз жазуучусу, кыргыз совет адабиятына негиз салуучулардын бири. Кыргыз Респ-нын Баа-тыры, Кыргыз ИАнын анык мүчөсү (1954), Кыргыз Респ-нын эл жазуучусу. (1968). 1928–31-ж. Фрунзедеги а. ч. техникумун бүтүрүп, Ашхабаддагы Орто Азия зооветеринария ин-тунан окуган (1931). Чыгармачылыгын ыр жазуудан баштаган. Тунгуч чыгармасы – энесинен уккан жомоктун негизинде жазган «Капкакбай» аттуу поэма (кийин кайра жазылып, «Көкөй кести» деген ат м-н 1961-ж. жарыкка чыккан). 1930-ж. кыргыз адабиятында биринчилерден болуп роман жанрын өздөштүрүүгө киришкен. 1937–38-ж. «Кең-Суу», 1948-ж. «Биздин замандын кишилери», 1953-ж. «Тоо балдары», 1955–58-ж. «Тоо арасында», 1966-ж. «Зайыптар», 1989-ж. «Көк асаба» ж.б. романдары бар. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы каарман совет элинин турмушун чагылдырган «Биздин замандын кишилери» аттуу романы 1949-ж. СССРдин мамл. сыйлыгына татыктуу болгон. Ыр жыйнактары, драмалык чыгармалары, кыргыз элинин тарыхы, каада-салты, адабий мурасы, тили жөнүн-дөгү публицистикалык ой толгоолору бар.

**СЫДЫКОВ** Абдыкерим [1889, Бишкек уезди, Канай болушу, Башкарасуу айылы (азыркы Аламүдүн р-нунда) – 1938, Бишкек] – советтик, партиялык ишмер. Мусулман мектебинде окуган. 1911-ж. Верныйдагы эркек балдар гимназиясын бүтүргөн. 1912– 17-ж. Бишкек уездик башкармасында катчы ж-а тилмеч. Февраль революциясында уезддин ж-а шаардын коомдук-саясий иштерине жигердүү катышкан; Бишкек уездинин комиссарынын орун басары. Бишкекте «Алаш-Ордо» партиялык комитетин уюштуруучулардын (И. *Арабаев,* К. *Тыныстанов,* Н. Тулин м-н бирге) бири, ошол эле учурда солчул эсерлер партиясынын да мүчөсү (1917–18). 1918-ж. октябрда большевиктер партиясынын катарына өтүп, Бишкек уездик комиссарынын орун басары, соода-чарба ж-а өнөр-жай бөлүмүнүн төрагалык, улут маселеси бөлүмүндө кедейлерге укуктук жактан акысыз жардам берүүгө башчылык кылуу милдеттерин аткарган. 1919–20-ж. мартка чейин Жетисуу облустук Мусулман бюросунун төрагасы, ал жоюлгандан кийин Түркстан коммунисттик партиясынын Жетисуу обкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 1922-жылдан Жетисуу облустук аткомунда президиумдун мүчөсү, төраганын орун басары, Түркстан АССРинин ички иштер эл комиссарынын орун басары, ошол эле жылы декабрда Бүткүл союздук Кеңештин 1-съездине бүткүл кыргыз элинин өкүлү болуп катышкан. Жаркен уездинде жер-суу реформасын жүргүзүүнү жетектеген. 1922-ж. Кыргыз тоолуу облусун түзүүнүн башында турган. Бирок бул долбоор «улутчул» деп табылып, РКП(б) БК тарабынан четке кагылган. 1924-ж. октябрда Кара Кыргыз АОсун түзүүгө активдүү катышкан. 1921–25-ж. манаптын тукуму, падышалык ж-а убактылуу өкмөт акимчиликтеринде иштеген делинип, партиядан 4 жолу чыгарылган. 1926–32-ж. Ташкенде Орто Азия мамл. ун-тинде ил. кызматкер болуп иштеген. Ал жерден «Кыргыз элинин уруулук бөлүнүшү» (1927). «Көчмөндөрдө малды жайытта багууну уюштуруу» (1930) деген ил. макалаларын ж. б. жазган. 1932-ж. Кыргызстанга чакырылып, Кыргыз АССР Мампландын төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1933-ж. камакка алынып, 1934-ж. Түркстан аскер округунун трибуналы «контрреволюциячыл» деп жарыялап, 10 жыл эркинен ажыратат. 1938-ж. «Социал-Туран партиясын» уюштурууч деген жалаа м-н кайрадан соттолуп, өлүм жазасына тартылган. 1958-ж. акталган.

**СЫМА ЦЯНЬ** (б. з. ч. 145 же 135–86) – кытай тарыхчысы, «Ши цзи» («Тарыхый жазмалар») деген эмгектин автору. Хан сара-йында кызмат өтөгөн башкы тарыхнаамачы Сыма Тандын уулу. Ал атасынын кызматын ж-а жыйнаган маалыматтарын мурастап калган. С.Ц. жогоруда көргөзүлгөн эмгекте 130 баптан турган Кытайдын байыркы мезгилдеринен б. з. ч. 2-к-дын аягына че-йинки тарыхын камтыган окуяларды чагылдырат. Эмгектин хунндардын тарыхын баяндаган бөлүмүндө б. з. ч. 201-ж-га тиешелүү «кыргыз» этнонимине арналган алгачкы маалыматты берет.

**СЮАНЬ ЦЗАНЬ** (600–664) – кытай саякатчысы, будда динин туткан кечил. Борб. Азияны кыдырып, андагы калктар тууралуу тарыхый маалыматтарды топтогон. 629–643-ж. Индиядагы ыйык жайларга барып сыйынган. Индияга ал Түркстан м-н Жуңгариянын түндүк-батыш аймагы ж-а Орто Азиянын түндүк-чыгышы аркылуу жеткен. «Да Тан сиюй цзи» («Улуу Тан Батыш аймак жөнүндө баяндама») аттуу колжазмасында көп өлкөлөр тууралуу маалымат берген. Ал Музарт ашуусу аркылуу өткөндөн кийин, Ысыккөлгө, андан Боом капчыга-йын бойлоп отуруп, Чүй өрөөнүндөгү *Су-йаб* ш-на жетет. С. Ц. 630-ж. Батыш Түрк кагандыгынын ордосуна өзүн тааныштырган. Анын маалыматы б-ча, Суйабда негизинен ар кандай өлкөлөрдөн келген соодагерлер жашарын ж-а ал чоң кербен жолунда жайгашкандыгын, шаар аркылуу Чүй өрөө-нүнүн түштүк тоо этегинде орун алган «Миңбулак» өлкөсүнө барууга болору айтылат. Мындан тышкары С.Ц. Невакет, Тараз ж.б. ш-да да болуп, алардын тургундары ж-дө маалымат жыйнаган.

# Т

**ТАБАРИ,** ат-Т а б а р и  А б у  Ж а ф а р  М у х а м м е д  и б н  Ж а р и р (838 же 839, Амоль, Табарстан облусу, азыркы Иран – 923, Табарстан) – орто кылымдардагы көрүнүктүү араб тарыхчысы, адабиятчысы ж-а дин үгүтчүсү. «Тарых ар-расул ва-л-мулук» («Пайгамбарлардын жана падышалардын тарыхы») деген эмгектин автору. Бул эмгекте байыркы мезгилдеги ж-а орто кылымдагы Жакынкы Чыгыш, айрыкча араб халифтигинин 915-ж-га чейинки тарыхы камтылып, көп окуялар так баяндалган. Т. куранга көп томдуу «Тафсир» деген түшүндүрмө жазып, андагы материалдарды сын көз м-н талдаган.

**ТАБАТ** – Хакас Респ-нын аймагындагы өрөөн. Хакас-Минуса ойдуңунун түштү-гүнөн орун алган. Т-тан енисейлик кыргыздарга таандык көптөгөн тарыхый-археол. эстеликтер табылган. Бул аймактын топонимиясы да эзелки кыргыз тарыхынан кабар берет.

**ТАБГАЧ,** Т а м г а ч – титул; караханийлер династиясынын айрым өкүлдөрүнө берилүүчү наам. 7–8-к-да Түндүк Кытайды (386–535) бийлеп турган байыркы тоба (табгач) элинин атынан пайда болгон. Андан соңку кылымдарда Т. түрк тилдүү элдерде кытай (ханзу) элинин мамл-нин аты катары эскерилип калган. Орхон-Енисей жазма эстеликтеринин эң байыркысы болгон Онгин эстелигинде (690–693) табгачтар түштүк тараптагы эл болгондугу баяндалат. Ал эми Күл тегинге арналган эстеликте (732-ж.) Т. ханынан келген ташка оймо салып кооздоочулар, үй салуучулар, бул элдин кулк-мүнөзү ж-дө сөз болот. Тоң-Йокук, Могилян кагандын эстеликтеринде да Т-тар ж-дө маалыматтар бар. Бегредеги (Тува) кыргыздарга таандык руна сымал жазма эстеликте Төр-Апа деген белгилүү кыргыз мамл. ишмеринин он беш жашында Т. ханына (калкына) барып эрдик иштерди аткарып, алтын, күмүшкө байыганы, аялдуу болгондугу баяндалат. Жети бөрү өлтүрүп, барс ж-а эликке кол салганы айтылган. Акыркы сапта Кыргыз мамл-ндеги же ага кошуна жашаган уруулар ж-дө сөз болгон. Кийинчерээк Т. конкреттүү бир этносту гана көрсөтпөстөн, «Чыгыш аймактары» деген шарттуу геогр. аталышты да туюнткан.

**ТАБУ-ХЭЦЗУ,** к. *Алп Сол.*

**ТАБЫШАЛИЕВ** Салмоорбек (1928, Чүй облусу, Сокулук р-ну, Кызылтуу айылы – 1993, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1970), Кыргызстан ИАнын академиги (1989; корр.-мүчө, 1974). 1946-ж. Кыргызстан мамл. пед. ин-тун бүткөндөн кийин, анда окутуучу (1950–51), 1952–53-ж. Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун директоруна орун басар ж-а сектор башчы, 1952–54-ж. Кыргызстан ЛКЖС БКнын катчысы, 1954–56-ж. Кыргызстан ИАнын Тарых ин-тунун директору, 1956–60-ж. Кыргызстан БКнын бөлүм башчысы, партиянын 1-Май райкомунун 1-катчысы, Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун директору, 1960–76-ж. КМУнун ректору. 1976–-83-ж. Кыргызстан ИАнын вице-президенти ж-а коомдук илимдер бөлүмүнүн төрагасы. 1983–92-ж. Тарых ин-тунда бөлүм башчы, директору. 1992-жылдан ушул эле ин-ттун дирекциясынын кеңешчиси. Эмгектери Кыргызстандагы соц. ж-а коммунисттик курулушка, комсомолго, жогорку окуу жайларынын тарыхына арналган. 150дөн ашык ил. эмгектин автору. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1963–80). Кыргыз Респ-нын мамл. сыйлыгынын лау-реаты (1970). Ленин, Эмгек Кызыл Туу, 2 «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

**ТАГАЙ БИЙ** – кыргыздардын оң канат урууларынын түпкү атасы. Санжырада Долон бийден Ак уул, андан Адигине, Тагай, Муңгуш ж-а Наалы эже деген балдары болгондугу айтылат. Б. Солтоноевдин маалыматы б-ча Тагай Кокон, Маргалаң калаасынын тегерегиндеги Ийрисуу-Былпылдак деген жерде, дагы бир кабарда – Ош калаасындагы Сарыбел деген жерде болжолу 1460–70-ж. туулган. Т. б-дин ишмердигин 16-к-дагы моголстандык кыргыздардын башчысы Мухаммед Кыргыздын тарыхый ишмердиги м-н окшоштурушат. Уламыштарда Тагай орто жаштан өтүп калганда, бир нече жыл Ереше хандын карамагында жашап, элине кайтып келген. Ал эми Мухаммед Хайдардын «Тарих-и Рашиди» эмгегинде Мухаммед Кыргыз Ысыккөлдүн түштүгү Барскоон суусунун боюнда моголдордун башкаруучусу Султан Саид м-н болгон чабышууда жеңилип, Кашкарга туткундалып кеткендиги айтылат. Мухаммед Кыргыз 1522-ж. бошонуп чыгат ж-а 1524-ж. кайрадан туткундалып, 1533-ж-га чейин (Султан Саид хан өлгөнгө чейин) кармалып турган. Б. Солтоноев ушул маалыматтарга таянуу м-н Мухаммед Кыргыз Т. б. болушу мүмкүн деген ойду сунуш кылат. Т. б. тууралуу санжырада сакталган маалыматтарда анын эл башкаргандыгы айтылат. Инилери бойго жеткенде, эжеси Наалы малды Адигинеге, бийликти Тагайга ж-а чарбаны Муңгушка бөлүп берет. Экинчи бир уламышта Адигине м-н Тагай энчи бөлүү тоюн өткөрүп, салт б-ча малды, жерди, элди экиге бөлөт. Оштун Карадарыясын чек кылып, күн батыш жагын Адигине, күн чыгыш жагын Т. б. алгандыгы баяндалат. Б. Солтоноев Тагай болжолу 1535–40-ж. өлгөндүгүн ж-а анын кабыры Үч Турпандын күн чыгыш тарабында жай-гашкандыгы тууралуу маалыматты келтирет. Т. б-дин ысымы м-н кыргыздардын оң канат деп аталган уруулук бирикмесиндеги бугу, сарыбагыш, солто, багыш, саяк, чекир саяк, азык урууларынын келип чыгышы байланыштырылат. 17–18-к-да Таластан тартып Ысыккөл, Нарын аймактарына чейинки оң канат, сол канат кыргыздары Тагай деп аталган саясий конфедерацияны тү-зүп тургандыгын санжыра маалыматтары ырастайт.

**ТАЙЛАК БААТЫР,** Т а й л а к  Р ы с к у л  у у л у (болжол м-н 1796, Нарын дайрасынын боюндагы Каргалык деген жер, азыркы Акталаа ж-а Тогузторо р-ндорунун чеги –1838, Куртка деген жер) – 19-к-дын 1-жарымындагы кыргыз элинин көз карандысыздык үчүн болгон кыймылынын ири өкүлү. Саяк

уруусунун чоро уругунан. Жанболот баатырдын небереси. Кокон хандыгы Нарын кыргыздарына бийлик жүргүзүү үчүн 1832-ж. Акталаадагы Куртка деген жерине сепил куруп, ал жерде миңден ашык сарбаз (аскер) кармап, элди эзип башкарган. Нарын кыргыздарынын Кокондун эзүүсүнө каршы күрөшүнүн 1-этабы 1832-ж. Т. ж-а бир тууганы Атантайдын жетекчилиги м-н башталып, бирок ийгиликсиз аяктаган. Кокондун 7 миң аскери аз кыргыз колун жеңип алып, элди салык төлөөгө мажбурлаган. Т. б. кайрадан кол курап, Курткадагы сарбаздарга тынымсыз кол салып, каршылык көрсөтүп, ордого баш ийген эмес. Нарын кыргыздарынын Коконго каршы күрөшү-нүн 2-этабы Мадали хандын Т. б-ды туткундоо үчүн Арап башында турган аскер (500 сарбаз) жиберүүдөн башталган. Т. б. сарбаздарды Тогузтородогу Бычан жайлоо-сунда тосуп алып, салгылашта жеңип чыккан. Кокондуктар 400дөн ашык сарбазынан ажырап качканда Т. б. аларды белде зкууп жетип, жекеме-жеке сайышта Арапты өлтүргөн. Ошондон ал жер «Арап өлгөн жер» аталган. Т. б. Куртканы ээлеп жатып, элден алган мал-мүлктү, кыргыз кыздарын кайрып берүүсүн талап кылып, Кокон ханына элчи жиберген. Т. б-дын күрөшүнүн 3-этабы 19-к-дын 30-жылдарынын аягына туура келет. Мадали хан Түркстан тараптагы казактын Эдиге төрөсү м-н келишип, аны көп кошуун м-н жабдып, Т.б-га каршы аттанышкан. Эдиге Таласты чаап, Өтмөктү ашып, Суусамырга келет. Т. б. Акталаадагы басыз, чоро урууларынан кол жыйнап, Эдиге м-н Суусамырдын Дубанкечүү деген жеринде беттешет. Бул урушта да Т. б. баатыр жеңип чыккан. 19-к-дын 20-жылдарында Т. б. жетектеген кыргыз уруулары Чыгыш Түркстандын иштерине да аралаша баштaшкан. Ушул мезгилдерде Кашкарды башкарып келген кожолордун укум-тукумдарынын бири *Жааңгер кожо* Кытай баскынчыларына каршы чечкиндүү аракеттерди баштаган. Бирок анын 1-жортуулу ийгиликсиз аяктап, ал кыргыздар арасында баш калкалоого аргасыз болгон. Т. б. м-н Атантай Жааңгердин кыймылына колдоо көрсөтүшкөн. Анткени алар кытай баскынчыларын кыргыз аймактарына өткөр-бөөнү көздөшкөн. Кытайдын Синьцзяндагы башкаруучусу Жааңгерди колдогон кыргыздарды талкалап, жетекчилерин кармап келүү үчүн 1825-ж. Баян Бату генерал баштаган 500 кишиден турган аскерин Нарын тарапка жөнөткөн. Алар Т. б. жокто анын айлын курчоого алып, талап-тоноп, жүздөй адамды өлтүрүшкөн. Бул кабарды уккан Т. б. коңшу айылдардан шашылыш кол курап, душманды куугунтукка алып, Арпа м-н Нарындын ортосундагы Ойнокжар капчыгайында камоого алып, алардын баарын кырып таштаган. Т. б. Курткадагы Какыр жерине арык салдырып, дыйканчылык жүргүзүп, элдин тынч турмушун көздөгөн. Т. б-ды өлтүрүү үчүн Көр Аким деген тыңчыны дарыгер кейпинде, нарындык кыргыздарга жөнөтүшөт. Ал үч жыл бою Т. б-дын элинде жашап, тамырчы-табып катары таанылып, ишенимге кирген. 1838-ж. сасык тумоо тийген Т. б-ды дарыламыш болуп, кан аламын деп уулуу наш-тар м-н мурунга саят да, ошондон улам Т. б. каза болот. Андан кийин Кокон ханы жортуул жасап, Нарын кыргыздарын кайра каратып, Т. б. бузган кокондук Куртка сепилин калыбына келтирип, бийлигин чыңаган.

**ТАЙЛАК БААТЫРДЫН КҮМБӨЗҮ** – *Тайлак баатырга* ж-а анын бир тууганы Атантайга арналып, 19-к-дын 1-жарымында тургузулган кош күмбөз. Акталаа р-нундагы Куртка айылынын жанында. Кыргызстандагы күмбөз архитектурасынын мыкты үлгүлөрүнөн. Күмбөз орто кылымдагы диний архитектуранын салтында бышырылбаган ж-а чала бышкан кыштан салынган: кумпалуу бөлмөлөр (кумпалары урап калган) бири-бири м-н чакан эшик аркылуу байланышкан. Күмбөздүн порталы (маңдай жак бети) абдан коoздолуп, конус сымал (жогор жагын көздөй ичкерген) колонналары бар. Күмбөз мамл. көзөмөлгө алынган. 2002-ж. реставрацияланып, айланасы корулган. Күмбөзгө жакын жерде ушул эле типтеги башка күмбөздөр да бар.

**ТАЙПА** – бир урууга кирген уруктар (тукумдар). Т. бир нече уруунун экзогамдык жалпылыгы болуп саналат. Бир Т-га кирген уруктарда ич ара никелешүүгө тыюу салынып, ушул уруудагы башка Т-га таандык уруктардын өкүлү м-н гана никеге тура алышкан. Т-нын менчиги анын бардык мүчөлөрүнө тиешелүү болгон.

**ТАЛАС ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ** – руна сымал жазма м-н таш бетине, карапа сыныгына, жыгач таякчага чегилген түрк тилдеринде жазылган 6–10-к-га таандык Талас өрөөнүнөн табылган жазуулар. Талас өрөөнүнөн 12 чакан эпитафиялык (бейит таштарына жазылган) эстеликтер табылган. Талас жазууларында эскерилген «отуз оглан» (отуз уул), Кара Чор (Кара Чоро), Агулт (Ак уул) терминдери кыргыздарда ири уруулук топтордун аталышы катары маалым. Бул этнонимдердин аналогдору башка түрк тилдүү элдерден учурабайт. Талас эстеликтериндеги жазуулардын енисей жазуулары м-н жалпылыгы бар. Кыргыздардын башка аймактарынан да бул жазма эстеликтердин аналогдору табылып жатат.

**ТАЛАС КОЗГОЛОҢУ** – 1918-ж. августта Талас өрөөнүндөгү Дмитриевка кыштагында (азыркы Талас ш.) жергиликтүү кулактардын Совет өкмөтүнө каршы чыгуулары. Т. к-нун чыгышына 1918-ж. 20-майдагы азык-түлүк салыгы (Талас өрөөнү Кызыл Армия үчүн 300 ат, 3 млн. сом акча жыйнамак) шылтоо болгон. Козголоңчуларды Талас ш-на жакын жайгашкан аймактардагы кулактар, бийлер, качкын ак офицерлер колдогон. Козголоңду басуу үчүн 100 кишиден турган Чымкен ж-а Пишпек кошуундары жиберилген. Олуяата (Тараз) советинен да жардамга келишкен. 30-августта Т. к. басылган.

**ТАЛАСТАГЫ САЛГЫЛАШУУ**, к. *Атлахтагы салгылашуу*.

**ТАЛАСТЫК, ЧАТКАЛДЫК, СУУСАМЫРЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫ РОССИЯГА КАРАТУУ.** 1865-жылга карата Чүйдөн Таласка көчө качкан кыргыз манаптары жок кылынган соң, таластык кыргыздарды, а. и. саруу м-н кушчу урууларын Россиянын букаралыгына алуу процесси негизинен аяктайт. Аталган аймактарды

каратууну падыша аскерлери *Кокон хандыгынын* чеп-коргондорун ээлеп алуу м-н бирдикте ишке ашырган. Абалдын оордугун, душмандын артыкчылыктарын ж-а аны м-н жоолашууга дарманы жетпесин түшүн-гөн кыргыз манаптары, бийлери акыры падыша аскерине багынып беришкен. Бирок бугулардын манаптары сыяктуу алар орус букаралыгына ант берип өткөн жок. Буга чейин Түндүк Кыргызстандын чыгышындагы Ысыккөлдө, Кеминде небак өз таасирин бекемдөөгө үлгүр-гөн падыша өкмөтү аларды ант бердирүүгө анчейин деле муктаж эмес эле. 1864-ж. Чаткал, Суусамыр, Кетментөбө Россиянын курамына киргизилген.

**ТАМГА** – жылкыга, койго салынуучу өзгөчө белги. Ал ошол жандыктын кимге (адамга, урукка) тиешелүүлүгүн көрсөткөн. Малга Т. басуу мүлк теңсиздигинин пайда болушу м-н келип чыккан. Бир уруктун Т-сы 2-уруктукуна окшогон эмес. Эгерде Т-нын сүрөтү окшош болсо, анын малдын денесине жайгашуусу, аталышы башкача болгон. Кээде бир уруктун ичиндеги 2–3 ар башка Т. уруунун аты м-н атала берген. Т-ны темирди ысытып, жылкынын санына, койдун тумшугуна басышкан. Уруктар майда үй-бүлөлүк топторго бөлүнгөндө малдын кайсы топко же адамга тиешелүү экендигин айгинелеш үчүн *эн* салышкан.

**ТАМЫРЧЫ** – элдик медицинада тамырдын кагышына жараша ооруну аныктоочу дарыгер.

**ТАНАЕВ** Николай Тимофеевич (1945-ж.т., Россия Федерациясы, Пенза облусу, Михайлов кыштагы) – мамл., саясий ишмер; Кыргыз Респ-нын Премьер-министри (2002-жылдан). 1969-ж. Жамбыл гидромелиорация-курулуш ин-тун бүтүргөн. 1969–79-ж. Ош курулуш трестинде мастер, прораб, башкы инженер, 1979–84-ж. Ош ш-дык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1984–85-ж. Ош облустук суу-канал башкармалыгынын начальниги, 1985–95-ж. Чүй өнөр жай курулуш трестинин башчысынын орун басары,башчысы. 1995–2000-ж. Кыргыз курулуш акционердик коомунун президенти, 2000–2001-ж. Кыргыз Респ-нын өкмөтүнө караштуу архитектура ж-а курулуш б-ча комиссиянын төрагасы. 2001-ж. Кыргыз Респ-нын вице-премьер-министри. Үчүнчү даражадагы Манас ордени ж-а Даңк медалы м-н сыйланган.

**ТАҢГУТТАР–** тибет-бирма тил тобунда сүйлөгөн эл. 10-к-да Түндүк – Батыш Кытайдын азыркы Шэньси аймагынын батыш бөлүгүндө ж-а Ганьсу аймагында жашашкан. Т. 982–1227-ж. Си Ся деген өз алдынча мамлекеттүүлүккө ээ болушкан. 1306-ж. иероглифтерден турган жазууну ойлоп табышып, мамл. иш – кагаздарында пайдаланышкан. Т. Чыңгыз хандын аскерлерине өжөрлүк м-н айбат көрсөтүшкөнү маалым. Т-ды моңголдор каратып алгандан кийин алардын бир бөлүгү тибеттиктердин, калгандары моңголдор ж-а кытайлардын курамына кирген.

**ТАРАЗ**, Т а л а с – 5–16-к-га таандык шаар. Азыркы Жамбыл (Олуяата) ш-нын ордунда турган. Т. шаары кытай жылнаамаларында Далосы (7–9-к.) деген ат м-н кезигет. 8-к-да бул шаарды «Аргу-Талас», «Алтун-Талас-улуш» деп да аташкан. Түрк элдеринде 11-к-да «Улуг Талас» деген ат м-н белгилүү. Улуу Жибек жолунун боюнда жайгашкандыктан 8–13-к. чарбалык, саясий, соода борборлорунун бирине айланган.

**«ТАРИХ-И КАШГАР», «**К а ш к а р т а р ы х ы» –17-к-дын аягында чагатай тилинде жазылган тарыхый чыгарма. Чыгыш Түрк-стан, Орто Азия чөлкөмдөрү б-ча маанилүү тарыхый булактардын бири. Автору белгисиз. Чыгармада кыргыздар м-н казактардын 17-к-дын 1-жарымында борб. бийликке каршы күрөшү, 17-к-дын башында Борб. Теңиртоодон, Ферганадан, Чыгыш Түркстандын түндүк-чыгышынан кыргыз урууларынын Моголстанга келип кошулуусу тууралуу маалыматтар бар. О. эле кыргыз бектеринин актоолук ходистер м-н бирдикте (17-к-дын 2-жарымы) Жаркен ордосуна каршы Кашкар жаатынын башкы күчүнө айланышы да кеңири баяндалат.

**«ТАРИХ-И КЫРГЫЗ ШАДМАНИЯ»** («Шабданга багышталган кыргыз тарыхы») – кыргыз элинин туңгуч агартуучусу ж-а тарыхчысы *Осмонаалы* Сыдык (Кыдык) уулунун 1914-ж. Уфа ш-нда бастырып чыгарган чакан энциклопедиялык эмгеги. Эмгек сарыбагыш уруусунун манабы Шабданга багышталып, мазмуну б-ча «Мухтасар Тарих-и Кыргызия» («Кыргыздардын кыскача тарыхы») аттуу китебинин кеңейтилип жазылган варианты болуп эсептелет. Осмонаалы молдо китептин башталышында казал-насыят түрүндө тарыхты билүүнүн зарылдыгы ж-дө айтып, наадандыктан кутулуунун жолу илим-билим экендигин көр-гөзөт ж-а кыргыздардын башка маданияттуу элдерге теңелишин эңсейт. Китепте кыргыздардын Тагай деп аталган сарыбагыш, солто, бугу, моңолдор, черик, саяк ж-а азык урууларынын тарыхы – санжырасы баяндалган. Түрк урууларынын таралышы ж-дө жазганда Осмонаалы молдо Абу-л Гази Бахадур хандын «Шажара-йи Түрк» эмгегине таасирленгени байкалат. Санжыранын кыргыз урууларына тиешелүү бөлүгү башкаларга караганда кыйла так берилген. Кыргыз урууларынын санжырасынан сырткары «Т.-и к. Ш.» китебинин оригиналдуу бөлүгү катары Осмоналы молдонун өзүнүн замандаштары тууралуу жазганын көрсөтүүгө болот. Орус оторчул бийлигинин учурундагы кыргыз коомундагы илим-билимдин жанданышы, оокаттуу ж-а башкаруучу чөйрө-дөгүлөрдүн арасында жаңы катмардын пайда боло башташы ж-дөгү маалыматтар Осмонаалы молдонун эмгегинин баалуулугун арттырат. Китепте манап *Шабдан баатырдын* ишмердиги, эл үчүн кылган кызматтары баяндалган. Ушул китепте орун алган «Шабдан баатыр казалы» поэмасында Шабдандын кайтыш болгондогу аза күтүү, баатырдын жасап кеткен иштерин даңктоо ж-а аны узатууга катышкан кыргыздын белгилүү адамдары ж.б. окуялар ыр м-н жазылган. Китептин акыркы бөлүгүндө казак элинин, дуңгандардын тарыхы ж-дө азыраак маалыматтар берилген. Осмонаалы Сыдык уулунун бул эмгегин 1990-ж. проф. Хусеин *Карасаев* кыргыз тилинин азыркы орфографиясына которуп, баш сөзү м-н «Тарих кыргыз Шадмания», «Кыргыз санжырасы» деген аталышта кайрадан бастырып чыгарган.

**«ТАРИХ-И РАШИДИ» –** тарыхчы Мырза Мухаммад Хайдар тарабынан фарсы тилинде 1541–55-ж. жазылган чыгарма. 14-к-дын ортосунан 16-к-дын 40-ж-на чейинки мезгилдеги Кыргызстан ж-а Чыгыш Түркстан, о. эле Ооганстан ж-а Индия тарыхы камтылган. «Т.-и Р.» эки бөлүктөн (дафтардан) турат. Алгачкы бөлүгү 1544–45-ж. жазылып, Моголстан хандарынын (Чагатай тукумдарынын) таржымалын, б.а. Тоглук-Тимурдан тартып (1347–63), Абд ар-Рашид хан такка отурганга чейинки окуяларды баяндайт. Акыркы бөлүгү автордун жеке эскермелери. Чыгармада 15-к-дын аягы–16-к-дын 1-чейрегиндеги Моголстандын ички ж-а тышкы саясий абалы кыйла толук чагылдырылган ж-а ошол мезгилдеги кыргыздар ж-а кыргыз-могол байланыштары ж-дө маалымат берет.

**ТАРМАШИРИН –** 1326–34-ж. Мавераннахрды бийлеген хан. Чагатай тукумундагы Тува хандын уулу. Ал бир тууган агасы Кебектин бийликти борбордоштуруу саясатын уланткан. Т. Нахшеба ш-ндагы улус ордосун Бухарага котоpуп ж-а ислам динин кабыл алат да, Ала ад-Дин («Ишеним улугу») атка конот. Исламды мамл. дин катары жар салат. Ал бара-бара көчмөн ата-бабаларынын каада-салттарын жерип, канзаадаларды курултайга чакырбайт, Алмалык (Чагатай хандарынын мурдагы ордосу) м-н улустун чыгыш аймактарына барганын токтотот. Анын мындай жүрүм-туруму төбөл-дөрдүн нааразылыгын туудуруп, моңгол урууларынын ыдырашына алып келген. Чыңгыз хандын Ясы жол-жобосун бузган адам катары Т-ге каршы 1334-ж. Дурра-Тимурдун уулу Бузан башында турган төбөл-дөр көтөрүлүш чыгарган. Ал Газнага ка-чууга аргасыз болгон, бирок жолдо туткунга түшүп, Бузандын колунан каза тапкан.

**ТАРСАКЕНТ –** 13-к-дын 2-жарымы–14-к-дын 1-жарымына таандык кыштак. Т. «христиандардын кыштагы» дегенди түшүн-дүргөн. Кыштак тууралуу алгачкы маалыматтар Рашид ад-Диндин «Жами ат-таварих» («Тарыхтар жыйынагы») эмгегинде эскерилет. Т-тин орду Бишкектин түштүк-чыгышындагы Каражыгач айлына жакын жерде жайгашкан. Т-те Алдыңкы Азиядан келген кечилдер ж-а несториан динин туткан жергиликтүү түрк уруулары жашаган. Алар жергиликтүү калк арасында сириялык маданиятты, тилди, жазууну ж-а христианчылыкты таратышкан.

**ТАРТУУ –** салттуу коомдо белек берүү жөрөлгөсү. 1. жакшы көргөн адамга атайы арналып жасалган буюм же белек; 2. турмушка чыккан кыздын ата-энесине алган тараптын ата-энеси ж-а бир туугандарынын кулдук уруп, кечирим суроо жөрөлгөсү; 3. айыпка жыгылган учурда алдына түшүү, кулдук уруу.

**ТАРХАН,** т а р к а н – Түрк кагандыгында беделдүү феодалдардын мансап наамы. Алар басып алынган уруулардын ж-а өз букараларынан алык-салыктарды чогултуу милдетин аткарышкан. Күл тегинге арналган эстеликте бул наам «таркат» деп берилген.

**ТАРЫХ –** 1. табийгаттагы ж-а коомдогу өнүгүү процесси; 2. адамзат коомунун өткөн жолун изилдөөчү илим. Т. – коомдук турмуштун ар кыл формаларынын мейкиндик-убакыт өлчөмдөрүндө өнүгүүсүнүн мыйзам-ченемдүүлүктөрүн изилдейт. Тарыхый процесстин татаалдыгына байланыштуу Т. илими да көп тармактуу. Экон-нын, социоло-гиянын, согуштун, диндин, мамл-тин ж-а укуктун Т. ж. б. багыттар Т. ил-нин өз алдынча тармактарын түзөт. Изилденүүчү объектинин кеңдигине карата жалпы дүй-нөлүк Т. (өз ичине байыркы дүйнөнүн, орто к-дын, жаңы ж-а соңку жаңы Т-ты камтыйт; айрым өлкөлөрдүн, континенттердин, аймактардын, элдердин Т-ы (Азия, Африка, Европа ж-а Америка, кыргыздардын, арабдардын) болуп бөлүнөт.

**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЭСТЕЛИКТЕРИН КОРГОО КООМУ –** коомдук ыктыярдуу уюм. 1966-ж. уюшулган. Кыргызстандын аймагындагы тарых ж-а маданият эстеликтерин табуу, каттоо, коргоо, калыбына келтирүү, пайдалануу ж-а калкты алар м-н тааныштыруу б-ча мамл. органдарга көмөктөшөт.

**ТАРЫХ ИНСТИТУТУ,** К ы р г ы з Р е с п у б л и к а с ы н ы н У И А н ы н Т а р ы х и н с т и т у т у. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Тил, адабият ж-а тарых ин-туна караштуу тарых секторунун (1941) негизинде 1954-ж. уюшулган. Кыргызстандын байыркы мезгилден азыркы мезгилге чейинки тарыхы, чыгыш таануу, археол., этногр. б-ча ил. изилдөө иштерин жүргүзөт.

**ТАРЫХКА ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛ.** Тарыхый жазма булактардын негизинде өткөн окуяларды сүрөттөйт. Бирок ал башка булак аркылуу сүрөттөлүшү да мүмкүн, мис., археол. Жазуу пайда болгон мезгилге чейинки мезгилди Т. ч. м. деп атоону Дэниэл Уилсон 1851-ж. сунуш кылган (Францияда бул терминди Турналь 1833-ж. колдонгон). Т. ч. м-ден кийин прототарых мезгили келет. Бул мезгилде айрым жазма булактар кездешет, бирок дагы эле археол. маалыматтарга муктаждык бар. Т. ч. м. тарых мезгилинен көп жагынан айырмаланып турат. Мында инсандар эмес, коом же маданият ж-дө кеп болот. Тактап айтканда, Т. ч. м-дин жазуу маа-лыматы жок болгондон кийин элдердин, тургун жайлардын аталыштарында шарттуу аттар колдонулат. Мис., алгачкы ачылган эстеликтин атынан андрон маданияты, гиссар маданиятынын калкы; хунн доорунда жашаган калктар ж.б. аталыштар бар.

**ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ МУРАС ОБЪЕК-ТИЛЕРИН ЭСЕПКЕ АЛУУ, КОРГОО, РЕСТАВРАЦИЯЛОО ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО** тарыхый-маданий мурас объектилеринин сакталышын ж-а натыйжалуу пайдаланышын камсыздоо максатында 2002-ж. 20-августта Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн токтому м-н бекитилген. Жоболор м-н бирге Кыргыз Респ-нын респ. маанидеги 583 мамл. тарыхый ж-а маданий эстеликтеринин тизмеси бекитилген. Жобо 6 бөлүмдөн турат: жалпы Жоболор, тарыхый-маданий мурас объектилерин мамл. эсепке алуу; тарыхый-маданий мурас объектилеринин сакталышын камсыздандыруу; тарыхый-маданий мурасты пайдалануу; тарыхый-маданий мурас объектилерин реставрациялоо,

консервациялоо ж-а ремонттоо; тарыхый-маданий мурас объектилерин коргоо ж-а пайдалануу ж-дөгү мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчилик.

**ТАТАРЛАР** – 8–12-к. Борбордук Азияны мекендеген эл. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын тушунда «отуз татар» деген эл болгону Күл тегинге арналган эстеликтен улам бизге маалым. Орто кылымдардагы кытай жылнаамаларында Т-ды «да-да», «да-дань» деп белгилешип, аларды «ак татар» ж-а «кара татар» деп бөлүшкөн. «Ак татарлар» түрк тилдеринде сүйлөшкөн. Моңголиядагы бийлик үчүн күрөштө Темучин (1206-жылдан Чыңгыз хан) Т-га каршы согушуп, алардын көпчүлүгүн кырдырып салган. Махмуд Кашгари (11-к.) Т-ды түркий эл катары эсептеген. 11–12-к. Орто Азияда жашаган түрк элдери моңгол урууларын Т. деп аташкан. Кийинчерээк Алтын Ордонун негизги калкын түзгөн түрк элдери (булгар, кыпчак ж. б.) ж-а Волга бою, Крым, Сибирдеги бир катар элдер орус даректеринде Т. аталып калган.

**ТАТЫБЕКОВА** Жанетта Саймасаевна (1928, Бишкек – 2003, ошол эле жер) – тарых ил-нин доктору (1969), проф. (1982). 1950-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөн. Кыргыз ССР ИАнын тарых ин-тунда кенже, улук ил. кызматкер, сектор башчысы, Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунда ректор, проф., кафедра башчысы, 1993-жылдан И.Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ун-тинде проф., кеңешчи болуп иштеген. Илимий эмгектери негизинен Кыргызстандын тарыхы, аялдар маселесине арналган. 200дөн ашык ил. эмгектин, а.и. 7 монографиянын автору. Россия пед. ж-а социалдык ИАнын академиги (1998), Нью-Йорк эл аралык ИАнын академиги (1999). Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1990), СССР эл агартуу отличниги (1982).

**ТАШБАШАТ КӨРҮСТӨНҮ** – коло доорунан кечки орто к-га таандык көрүстөндөр тобу. Коло дооруна тиешелүү 6 көрүстөн казылып, алардын үстү төрт чарчы көлөмдөгү таштар м-н коргондолгон. Сөөк көмүү салты Таштөбө эстелиги м-н окшош. Сөөктү көмүүнүн 2 түрү кездешет: сөөктү өрттөп көмүү ж-а жөн көмүү. Чопо идиштер, колодон жасалган билерик, шуру, сөйкө бирдей ыкмада жасалган. Т.к. 1957-ж. археолог П. Н. Кожемяко тарабынан изилденген.

**ТАШ ДООРУ –** адамдар таштан жасалган эң жөнөкөй эмгек куралдарын колдонуудан жезди пайдалана баштаганга чейинки мезгил. Болжол м-н 2,6 млн жыл мурда башталып, б. з. ч. 4-миң жылдыкка чейин созулган. Кээ бир өлкөлөрдө Т. д. бир топ кеч аяктаган. Т. д-нун адамдары таштан, жыгачтан, сөөктөн эң жөнөкөй куралдарды колдонушуп, мергенчилик, жыйноочулук м-н күн көрүшкөн. Т. д. өз ичинен палеолит (байыркы), мезолит (ортоңку) ж-а неолит (жаңы) бөлүктөрүнө бөлүнөт. Палеолит төмөнкү ж-а жогорку мезгилдерине ажыратылат. Тө-мөнкү палеолит жердин өнүгүшүнүн төртүн-чүлүк мезгилине (болжолу 2,6 млн. жыл мурда) башталып, б. з. ч. 40–35 миң жылдыктарга чейин созулган. Бул мезгил адамдардын жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп, азыркы адамдардын келип чыгышы, отту пайдалана башташы ж-а алгачкы адам коомунун калыптанышы м-н мүнөздөлөт. Жогорку палеолит 40–35-миң жылдыктардан тартып б. з. ч. 12–10-миң жылдыктардын аралыгын өз кучагына алат. Мезолит мезгилине 12–10-миң жылдыктан б. з. ч. 7-миң жылллдыктын ортосундагы аралык кирсе, неолит дооруна б. з. ч. 7–4-миң жылдыктардын ортосундагы мезгил кирет. Төмөнкү палеолит мезгилинде адамдын өнүгүшүндө эки маанилүү учур баса белгиленет: 1. жаныбар м-н адамды бири-биринен айырмалаган чектин коюлушу, алгачкы таш куралдардын пайда болушу, байыркы бабаларыбыздын түз басууга өтүшү; 2. төмөнкү палеолиттин акырында неандерталецтердин азыркы адам кейпине өтүшү. Мындан сырткары кийинки жылдарда Африканын түштүгүндө Флорисбад, Бордер, Класиесте табылган палеоантропологиялык табылгалар HOMO SAPIENSтин 120–60 миң жыл мурда калыптангандыгын далилдөөдө. Т. д-н изилдөө миллиондогон жылдар мурдагы эстеликтер аркылуу палеоэкология, палеоботаника, палеогеология, палеоантология ж-а палеоархеология илимдери аркылуу жүргүзүлөт. Палеоархеол. изил-дөөлөрдүн жыйынтыгына караганда төмөн-кү палеолиттин маданияты жер шарынын кыйла жеринде бирдей өнүккөн, б. а. эмгек куралдарынын өнүгүшү, тиричилиги бири-бирине шайкеш болгон. 2000-жылдан Россия ИАнын академиги А. П. Деревянко жетектеген КМУнун, Кыргыз ИАнын Тарых ин-ту м-н Россия ИАнын Сибирь бөлүмүнүн биргелешкен экспедициясы Т. д-нун эстеликтерин изилдөөнү баштады. Алгачкы казуу иштери Ысыккөлдөгү Тосор, Баткендеги Капчыгай, Юрташсай эстеликтеринде жүргүзүлгөн.

**ТАШДӨБӨ АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ** Каракужур өрөөнүндө Каракужур суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Эрте темир дооруна таандык көрүстөндөр тобу бар. Алардын ичинен көлөмдүүсүнүн диаметри 44 *м*, бийиктиги 3,5 *м*ге жеткен. Көрүстөндөрдөн сырткары Т. а. э-нин курамына балбалдар ж-а коргон эстеликтери кирет. Бейиттердин биринен жылкысы м-н кошо көмүлгөн жоокердин сөөгү, жаанын жебелери, окчонтой, жаанын сөөктөн жасалган бастырмалары, колодон жасалган кемер кур, ээр, үзөңгү, жибек кездеменин калдыгы табылган. 1954-ж. археолог А. Кибиров тарабынан изилденген.

**ТАШДӨБӨ КӨРҮСТӨНҮ –** Соңкөлдүн түштүк тарабындагы Ташдөбө суусунун оң ж-а сол жээктеринде жайгашкан эрте темир дооруна таандык көрүстөн топтору. Көрүстөндөр түндүк ж-а түштүк багытында тизмектешип жайгашкан. Суунун сол тарабында көлөмдүү 9 бейит орун алган. Алардын чоңунун диаметри 19 *м*ге жеткен. Бул көрүстөндөрдү курчап диаметри 3–10 *м* болгон бейиттер жайгашкан.

**ТАШИРОВ** Хайтахун (1902, Карасуу р-ну, Ачамазар кыштагы – 1962, Карасуу р-ну, Кызылшарк кыштагы) – колхоз кыймылын баштоочулардын бири, а. ч. артелине алгачкы киргендерден, Соц. Эмгектин эки жолку Баатыры (1951, 1957). 1937-ж. «Кызылшарк» колхозунун башкармасы болуп шайланат. Ал башкарган чарба

экон. чоң көрсөткүчтөргө жетишкен. Беш Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган. 1946–62-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. Т-дун ысмы айылындагы мектепке коюлган.

**ТАШКӨМҮР АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР** – Ташкөмүр ш-нан 2 *км* түштүк-батышта Бозбутоонун Карасуу капчыгайында жайгашкан археол. эстелик. Түрдүү көлөмдөгү таштардын капталдарына эчки-текелердин, жылкылардын, күн түспөлдөш белгилердин, чабактуу дөңгөлөктөрдүн ж-а кишилердин сү-рөттөрү тартылган. Бул сүрөттөр б. з. ч. 1-миң жылдыкка тиешелүү. Археолог Ю. А. Заднепров-ский изилдеген.

**ТАШКӨМҮР ҮҢКҮРҮ** мезолит дооруна (б. з. ч . 8–7-миң жылдык) таандык. Узунакмат тоосунун боорундагы үңкүр. Үңкүрдүн уз. 14,5 *м,* туурасы 6,5 *м.* Кире беришинде туурасы 5,5 *м* келген ыңгайлуу аянтча жайгашкан. Үңкүрдөн кыры ийри, атайын мокотулган учу учтуу ж-а кыры калың жалпак таштан жасалган таш куралдар табылган. Мындай куралдар *Обишир маданиятынын* эрте мезгилине таандык.

**ТАШРАБАТ** – 10–15-к-га таандык кербен сарай. Атбашы айылынан 78 *км* батыш, Нарын-Торугарт автомобиль жолунан 18 *км* түштүк тарапта, Каракоюн капчыгайындагы суунун сол тарабында жайгашкан. Кербен сарай – жонулган таштардан ылайга олтургузуп тургузулган имарат. Анын маңдай жагы (фасады) чыгыш тарапка каратылып, төрт чарчы формада курулган. Имараттын бийиктиги 20 *м*дей, тик бурчтуу формадагы кумпалуу (купол) 31 бөлмөдөн турат. Бөлмөлөр үч топко бөлүнөт: 1. коридор; 2. коридордун эки тарабына жайгашкан бөлмөлөр; 3. залы ж-а анын тегерегиндеги бөлмөлөр. Коридордогу биринчи эшик аркылуу үч кароол үйгө өтөт. Дубалдын чыгыш тараптагы бурчтары мунаралар м-н бекемделген. Имараттын негизги залына узун коридор аркылуу кирет. Коридордун эки жагына бөлмөлөр жайгаштырылган. Залы имараттын батыш тарабында, ортодо жайгашып (уз. 9,32 *м,* туурасы 8,35 *м*), бөлмөлөр ж-а кичи залдар м-н байланышкан. Анын төбөсү диаметри 9,30 *м* болгон кумпа (купол) м-н жабылган. Имараттын бөлмөлөрү ж-а кумпа алебастр м-н шыбалып, геометриялык оймо-чиймелер м-н кооздолгон. Бөлмөлөр төбөсүндөгү көзөнөктөр аркылуу жарык м-н камсыздалган. Бөлмөлөрдүн төбөлөрү да арка сыяктуу жарым шар формасында жабылган. Т-та Борб. Теңиртоо аркылуу өткөн Улуу Жибек жолундагы кербенчи-саякатчылар ж.б. тейленген. Эстелик алгач 19-к-дын 2-жарымында Ч. Валиханов тарабынан баяндалат. А. Н. Фетисов, В. В. Бартольд. Н. Н. Пантусов, Л. Н. Зеланд, Б. М. Зима, А. Н. Бернштам, Г. А. Пугаченкова, М. Н. Кубатбеков, Б. В. Помазкин, В. Е. Нусов ж-а С. Я. Перегудова тарабынан изилденген. Т. эстелиги реставрацияланган.

**ТАШТӨБӨ КӨРҮСТӨНҮ** – Талас өрөө-нүнүн Нылды суусунун сол жээгиндеги коло дооруна (б. з. ч. 1500–1000-ж.) таандык көрүстөндөр тобу. Ар бир көрүстөндүн үстү тоонун этегинен алынган таштар м-н төрт чарчы көлөмдө коргондолуп, алар бири-бирин улай тизмектешип кетет. Кээ бир коргончолор ортосунан 2–5 бөлүкчөлөргө бөлүн-гөн. Казылган 20 көрүстөндүн ичинен 4 адамдын сөөгү жөн көмүлүп, 16сы өрттөлүп көмүлгөн. Бирок өрттөлгөн сөөктүн калдыктары өтө аз санда кездешет. Бул сөөктү алдын-ала башка жерде өрттөгөндөн кийин, анын калдыктарын чогултуп көргө салып көмгөндүгүнүн далили. Чопо идиштин, күлдүн калдыктары 0,30–1,50 *м* тереңдикте кездешет. Казуу учурунда күмүштөн, жезден жасалган иймектер, билериктер, шурулар ж-а чоподон жасалган идиштер табылган. Бардыгы 6 билерик табылган. 1200 даана шуру жезден, сурьмадан ж.б. жасалган. Булардан тышкары бетине оюу түшүрүлгөн жез такталар табылган. Т. к. 1956-ж. археолог П. Н. Кожемяко тарабынан изилденилген. П. Н. Кожемяко Т. к-н Таштөбө II эстелиги деп аныктап, анын *андрон маданиятынын* алгачкы мезгилине таандык экендигин ж-а көпчүлүк табылгалар Түндүк Казакстан табылгаларына окшоштугун көрсөтүп, сөөгү өрттөлбөгөн көрүстөндөр коло доорунун кеч мезгилине таандык экендигин белгилеген.

**ТАШТУЛГА,** М а н а с т ы н т у л г а с ы – Соңкөлдүн түштүк-чыгыш жээгиндеги Кумбел ж-а Тепши сайларынын аралыгындагы б. з. ч. 8–9-к-га таандык тарыхый-археол. комплекс. 9 тегерек коргончодон турат. Алар түштүктөн түндүктү карай созулуп, диаметри 3,35–3,66 *м.* Ар бир тегерек 8 жылма гранит көлөмдүү кой таштан турат. Кой таштардын чоңдугу 91,3–152 *см.* Тегеректерден алыс эмес жерлерде бир топ чакан дөбө-бейиттер (көрүстөн) ж-а 2 таш мамы бар. Бул археол. эстеликтерди жергиликтүү эл Манас атын байлаган таш мамы (Аккуланын мамысы, бийиктиги 152,4 *см*) деп коет. Мындай 8 таштан турган көлөмдүү эстеликтер Алтай–Теңиртоо аймактарынан гана кездешет.

**ТАШТУЛГА,** с е г и з т а ш – эрте темир доорунун алгачкы мезгилине (б. з. ч. 8–4-к.) таандык, адам каза болгондон кийин ар кандай ырымдар аткарылуучу жай, тарыхый-археол. эстелик. Көбүнчө алар сегиз таштан турган, диаметри 7 *м*ге жеткен тегерек коргончолор. Алардын өз алдынча тизмектешип жайгашкан же түздөн-түз көрүстөн м-н байланышкан түрлөрү кездешет. Эң көрү-нүктүүсү Соңкөлдөгү Т. комплекси. Ушул сыяктуу эстеликтер Атбашынын Кичиача жергесинде кездешип, андан колодон жасалган жүгөндүн тогоолору, ооздуктар ж-а бычак табылган. Мындай эстеликтер Алтайда ж-а Казакстанда кездешет.

**ТАШТЫК МАДАНИЯТЫ** – Ортоңку Енисейдеги темир дооруна тиешелүү б. з. ч. 1-к. – б.з. 5-к-н камтыган археол. маданият. Т. м-нын эстеликтери 19-к-дын акырында – 20-к-дан башында археолог А. В. Адрианов гипс беткептери м-н көмүлгөн көрүстөндөр-дү ачкандан кийин окумуштуулардын көңү-лүн бурган. Оглахт көрүстөн тобунан сыртынан кийим, бетинде беткеп кийгизилген киши тулкусуна окшотулуп жасалган манекендер табылган. Т. м-нын эстеликтери: өлүктүн денеси сакталган жер астындагы жасалган үйлөр (склептер), чуңкур көрлөр, маркумду эскерүүчү эстеликтер, кыштакчалар, петроглифтер. Көрлөрдөн бир же бир канча кишинин өрттөлгөн же жөн көмүлгөн сөөктөрү кездешет. Маркумдун сөөгү м-н кошо көргө тамак-

аш (малдын сөөгү), чопо идиштер, согуш куралдарынын түрлөрү, кооздук буюмдар, ат-жабдыктар коюлган. Чоң склептердин аянты 90 *м2*ге жетет. Чуңкур көрлөрдүн дубалдары таш м-н тизилип, ичи ж-а асты устундар м-н капталган, үстү жабылган. Ичи өлүккө толгондон кийин чогуу өрттөлгөн. Чоң склептерден 100гө жакын адамдын сөөгү табылган. О. эле жөн көмүл-гөн адам сөөктөрү да кездешет. Т.м-нда склепте ж-а жөнөкөй чуңкурларда көмүүнүн мааниси өлгөн адамдын социалдык ж-а этностук айырмачылыгына байланышкан. Айрым склептерге бир уруунун мүчөлөрү коюлган деген пикир бар. Склептерде сөөктү өрттөө жолу м-н көбүнчө эркектер, ал эми жөнөкөй чуңкур көрлөрдө аялдардын сөөгү коюлган. Склептерди жылына бир жолу гана өрттөшкөндүктөн, маркумдардын сөөктөрүн узак мезгилге чейин сактоого туу-ра келген. Өлгөн адамдын табигый жүзүн сактоо үчүн гипстен беткеп жасашкан. Териден жасалган адамдын сөлөкөтүн тигишип, ичин чөпкө толтуруп, аны өрттөгөндөн ки-йин өлгөн адамдардын сөөктөрүн сөлөкөткө топтоп тигишкен ж-а тиги дүйнөдө маркум керектөөчү буюмдарды кошо коюшкан. Сөөктү көмүү жөрөлгөсүнөн белгилүү убакыт өткөндөн кийин, маркумду эскеришип, көрүстөндүн айланасына казылган чуңкурларга койдун, уйдун этин ж-а чопо идиштерди салышкан. Көрүстөндүн жанына таш мамыларды орнотушкан. Очоктун, темир буюм жасоочу жердин орду, бозүй сымал жыгач үйдүн калдыктары табылган. Аска бетине чегип же оюп түшүрүү жолу м-н сүрөт тартышкан. Чоподон ийленип жасалган идиштер көп кездешет. Т. м-нын тургундары мал чарбачылыгы, жер иштетүүчүлүк ж-а аңчылык м-н кесип кылышкан. Үй шартында темир устачылык, зергерчилик, чопо идиштерин жасоо ж-а кийим тигүүчүлүк өнүккөн. Т. м. кет, самодий, динлин, угр элдери м-н байланышкан. Ал эми кээ бир окумуштуулардын пикири б-ча гянгунь (кыргыздар) м-н динлиндердин аралашуусунан келип чыккан деп эсептешет. Б. з. 1-миң жылдыгынын орто ченинде Т. м-нын тургундарынын бир бөлүгү Енисейге келген кыргыздардын арасына сиңип, бир бөлүгү өз жеринен куулган. Алардын тукумдары Кыргыз мамл-нде кыштымдар (көзкаранды эл) болушкан.

**ТЕГИРМЕНСАЙ КӨРҮСТӨНҮ** – *Анд-рон маданиятына* таандык археол. эстелик. 1961-ж. Чүй өрөөнүнүн Жыламыш капчыгайынын чыга беришиндеги Тегирменсай деген жерден табылган. Сүйрүсүнөн келген көрүстөндү казууда өрттөлүп, 1,40 *м* терендикте көмүлгөн адамдын сөөгү, колодон жасалган шурулар, сөйкө, эки чопо идиш табылган. Бул көрүстөндөрдү А. К. Абетеков изилдеген.

**ТЕЗ** – жыгач устанын жыгачтарды ийүү, матоо ж-а түздөй турган куралы. Калың темирден челек сымал жасалган мешке асылган чоң казандагы кайнак сууга жыгачтардын жоон башы, уук жасалчу жыгачтын алакан жагы салынып, бир чай кайнам кармалган. Ошондон кийин алар оңой, жеңил маталган. Түндүк жасалчу жоон талдар Т-де улам кичинеден ийилтип тегерек формага жеткирилген. Жыгачтардын ийри жерлери казандагы ысык сууга салынып түздөлгөн. Жыгачтын абдан ысыган сууга салганда кадимкидей былкылдап жумшап калышын кыргыз түндүкчүлөрү мыкты пайдаланышкан. Мына ушундан «тез жанында ийри жыгач жатпайт» деген кеп калган.

**ТЕЗЕКБАЙ** Түлкү уулу (болжолу 19-к-дын ортосу–1918) – Кочкор өрөөнүндөгү белгилүү инсандардын бири, 1916-жылдагы көтөрүлүштө Кочкордун чыгыш аймагындагы көтөрүлүштүн жетекчиси. Ири манап тукумунан. Атасы Түлкү 1870-жылдарда түндүк кыргыздардан алгачкылардан болуп, Мекеге ажылыкка барган. Т. Ныязбек, Борукчу болуштуктарында бир нече ирет болуш болуп шайланган. Айрым маалыматтар б-ча ал динди окутууга баа берген, балдарды окутууга аракет жасап, там салдырып, бак тиктирген. Орус бийликтеринин талабы б-ча *Анжиян көтөрүлүшүн (1898)* басууга Т. айрым кыргыз төбөлдөрүнүн катарында, өзү жетектеген аскери м-н катышкан. 1916-жылдагы көтөрүлүштө орус жазалоочу аскеринен качып, эли м-н кытай жергесине өтүп кеткен. 1917-ж. Атамекенине кайтып келген, 1918-ж. көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири катары Токмоктогу Шордөбөдө орустар тарабынан атып өлтүрүлгөн. Т-дын тамы совет мезгилинин алгачкы жылдарында биринчи мектеп катары пайдаланылган.

**ТЕКАБКЕТ** – орто кылымга таандык шаар. Талас өрөөнүндөгү Талас ш-нын аймагынан орун алган. Араб географы Мукадассинин (10-к.) эмгектеринде Т-тин калкынын жарымы мусулман эмес («каапыр») деген маалымат бар.

**ТЕКЕСЕКИРИК ҮҢКҮРҮ** – Нарын ш-нын чыгыш тарабындагы Нарын дарыясынын сол өйүзүндөгү неолит дооруна таандык таш куралдар үңкүрү. Үңкүрдөн диска сымал нуклеус (таштын чордонунан жасалган курал), микролиттик куралдар табылган. Археолог А. Н. Бернштам тарабынан чалгындоо иштери жүргүзүлүп, мезолит, неолит доорлоруна тиешелүү экендиги аныкталган. Кийин жол куруу учурунда бузулуп, түп орду м-н талкаланган.

**ТЕМИР ДООРУ** болжолу б. з. ч. 8-к-дан башталат. Ал темирден жасалган эмгек ж-а согуш куралдарынын пайда болушу, кеңири жайылышы м-н мүнөздөлөт. Т. д-нун техникалык жагынан эң негизги жетишкендиги кенден темирди нымдуу үйлөө ыкмасы м-н алуу болуп саналган. Жаңыдан пайда болгон бышык металлга таш, сөөк, жыгач, ж.б. теңтайлаша алган эмес. Темир буюмдарды коло буюмдардай куюу жолу м-н эмес, согуу жолу м-н жасалган. Темирди металлдан жасалган дөшүнүн үстүнөн коюп, согуп керектүү формага келтиришкен. Темирди кеңири колдонуунун негизинде калктын чарбалык турмушу жаңы өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Соконун темир тиштери, ороктор, керки сымал куралдар ж.б-лар түшүмдүү-лүктү бир кыйла жогорулатып, азык-түлүк оокаттарын көбүрөөк даярдоого мүмкүн-чүлүк түзгөн. Темир куралдарына ж-а жабдыктарына болгон муктаждык дыйканчылыктан бөлүнүп чыккан кол өнөрчүлүктүн (темир устачылыктын) пайда

болушуна түрткү болгон. Т. д-нун башында көпчүлүк уруулар сооданы дааналай (натуралай) жүргүзүшкөн. Алгачкы жөнөкөй соода патриархалдык-уруулук бирикменин коллективдүү жашоосун бузуп, жеке менчиктин пайда болушуна, өнүгүшүнө ж-а жамаат мүчөлөрүнүн ортосундагы мүлктүк теңсиздиктин тереңдешине алып келген.

**ТЕМИР КОМУЗ –** кыргыз улуттук тилдүү, какма музыкалык аспабы. Темир, жез, күмүш ж.б-дан 7–7,5 *см* узундукта жасалат. Темирди көөкөр формасында ийип, ортосуна болоттон жасалган тил бекитилет. Аспапты маңдайкы тиштерге кыпчып, оң колдун сөөмөйү м-н тилин кагып күү чыгарылат. Т.к-ду көбүнчө кыз-келиндер кагышат.

**ТЕМИРКОРУК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – б. з. алгачкы кылымдарына таандык шаардын калдыгы. Ош ш-нан түштүк-батышта, Са-сыкбука сайынын сол тарабында. Мархамат маданиятына таандык карапа идиш, куштун алтын бедизи, жанындагы мүрзөлөрдөн темир бычак, коло күзгү, сүрмө таш, кытайлык Хань сулалесинин тыйындары табылган.

**ТЕҢИР** – байыркы түрк-моңгол элдериндеги ыйык кудай түшүнүгү. Т. элдин түшү-нүгүндө көк асман м-н байланышкан. Асманды Т. атап, кудай катары урматтоо Т. урсун, Т. соккур, көк Т-дин каары ж. б. эл арасында айтылган сөздөрдө сакталып калган. Т-ге сыйынуу жер-суу таюу ишенимдери м-н жуурулушуп татаал, чаташкан идеологиялык көзкарашка айланган. Теңирчиликте Т. түшүнүгү м-н *Умай эне* түшүнүгү да кездешет. Т. – эркектердин, күчтүн, эрктин колдоочусу, ал эми Умай – аялдардын, балдардын, үй-бүлөнүн колдоочусу деп эсептешет. Т. – генезиси б-ча түрк-моңгол элдеринин тарыхына жалпы мүнөздүү көрүнүш.

**ТЕПШИ,** д а г а р а, и л е г е н, ч ы л а п ч ы н, т а ш т е к, ж а м, к о ш к у л а к арча, өрүк, тыт, бака терек ж.б-дан оюлуп, төрт бурчтуу же сүйрү жасалган. Т-нин оозу кеңирээк ж-а узунураак, түбү куушураак.

**ТЕПШИ КӨРҮСТӨНҮ –** Тепши суусунун өйүзүндө жайгашкан эрте темир дооруна таандык археол. эстелик. Кыркка жакын көрүстөндөр, а.и. диаметри 4 *м*ге жеткен сегизташ, таштулга эстеликтери бар. Изилденген эмес.

**ТЕРГЕНТАШ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮ-РӨТТӨР –** коло доорунан орто кылымга чейинки мезгилге таандык археол. эстелик. Алай р-нунун Үчдөбө айылынан 14 *км* түндүктө, Кичикаракол суусунун башатында жайгашкан. Байыркы кишилер, эчки-текелер, төөлөр, иттер, жылкылар, чабактуу дөңгөлөктөр, ар кандай формадагы белгилердин ж-а түшүнүксүз сызыктардын сүрөттөрү тоолордон урап түшкөн таштардын жылмакай капталдарына тартылган. Мындан сырткары аң уулоо, эки жуп атка чегилген арабалардын, ат чаап бара жаткан кишинин, жандыктардын жуп-жубу м-н колдорун жогору көтөрүп бийлеп жаткан көрүнүштөрү тартылган кызыктуу сүрөттөр да бар. Т.а.б.с. тууралуу алгачкы кабарды Л. Жусупакматов 1980-ж. билдирген. Кыргыз тарыхчылар жамааты ж-а Түрк тарых курумунун биргелешкен археол. экспедиция тарабынан изилденүүдө.

**ТЕРЕК МЕЗОЛИТ « ӨНӨРКАНАСЫ »** – мезолит дооруна (б. з. ч. 8–7-миң жылдык) таандык археол. эстелик. Нарын облусунун Атбашы р-нунун Аксай ж-а Терек сууларынын кошулган жериндеги жалчанын түштүк капталында жайгашкан. 75x40 *м* аянтта орто ж-а чоң таштын чамындылары, жалпак таштар, 10 таштын чордону, миздүү таш кыргыч, таштан жасалган көзөгүч куралдары табылган. 1968-ж. Кыргыз археол. экспедициясынын таш доорун изилдөө б-ча отряды (жетекчиси В.А.Ранов ) тарабынан ачылган.

**ТЕШИКТАШ ҮҢКҮРҮ** Гиссар тоо кыркасынын түштүк-батыш этегинде, деңиз деңгээлинен 1500 *м* бийиктикте жайгашкан. Үңкүрдүн бийиктиги 7 *м*, туурасы 20 *м*, тереңдиги 21 *м*. Т. ү-нө тиешелүү беш маданий катмар ачылган. Казуу учурунда 28558 таш буюмдар (оттук таштар, тегерек нуклеустар, леваллуа такталары, кырлары ретушталган учтуу таш куралдар ж.б.) табылган. Т. ү-ндө-гү эң көрүнүктүү табылга – неандерталецтин сөөгү. Сөөк жогорку маданий катмарда 0,30 *см* тереңдикте табылган. Болжолу, неан-дерталецтин кээ бир сөөктөрүн ж-а сөөк-төрүнөн этин ажыратып көмүшкөн (эскарнация). Сөөктү тоо текенин мүйүздөрү м-н тегерете курчап, таш м-н корумдашкан. Жанынан таш куралдар, текенин сөөктөрү, от калдыгы табылган. Көмүлгөн сөөк жырт-кыч айбандар тарабынан кийинчерээк алгачкы жаткан абалынан козголгон. Үңкүрдү казуу учурунда бугунун мүйүзү, жылкынын, аюунун, коёндун, суурдун, куштардын сөөктөрү кездешкен. 1940-ж. М. М. Герасимов неандерталецтин келбетин 150 сөөк сыныктарынын негизинде түзүп чыккан. Сөөк калдыктарын изилдепө, Г. Ф. Дебец 9 жашар неандерталец экендигин аныктаган. Анын расалык келбетин окумуштуулар ар кандай белгилешкен: монголоид (Ф. Вейденрейх), европеоид (Г. Ф. Дебец), европеоид-нег-роид (В. П. Алексеев). Мунун негизинде В. П. Алексеев Орто Азиянын түштүгү да адамзат расасы калыптанган алгачкы очоктордун катарына кирет деген пикирди айтып, неандерталец кыз болгон деп тактоо киргизген.

**ТИБЕТ-КЫРГЫЗ АЛАКАЛАРЫ** – 7–8-к-да Кыргыз кагандыгы м-н Тибет мамл-нин ортосундагы элчилик, маданият, соода байланыштары. Эки мамл-тин өз ара мамилелери жалпы душман эсептелген Уйгур кагандыгына ж-а Улуу Жибек жолун көзө-мөлдөөгө багытталган. Бул саясий-экон. алакаларды Түргөш кагандыгы ж-а Теңиртоодогу карлуктар колдоп турушкан. Карлуктар Тибеттен кайткан кыргыз кербендерин каракчылардын кол салуусунан коргоп, узатып турушкан. Бул байланыштар тууралуу маалыматтар руна сымал жазуу эстеликтерде да чагылдырылган.

**ТИЛЕКЕЕВ** Асан (1930, Чүй облусу, Панфилов р-ну, Ортоарык айылы –1991, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1988), проф. (1989). 1951-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тунун тарых факультетин (1951), Ташкендеги В.

И. Ленин атн. Орто Азия мамл. ун-тин (1954) бүтүргөн. 1951–53-ж. Ташкөмүр ш-нда, Ачы р-нунда мектептерде директор. 1954–61-ж. Ош пед. ин-тунда, В. В. Маяковский атн. кыргыз кыз-келиндер ин-тунда улук окутуучу, проректор. 1964–70-ж. Бишкек политехникалык ин-тунда окутуучу, доцент, 1970–82-ж. Кыргызстан БКнын Партия тарыхы ин-тунда улук ил. кызматкер. 1982–86-ж. Кыргызстан мамл. дене тарбия ин-тунда кафедра башчы, 1986-жылдан КМУнун саясий тарых кафедрасында доцент, проф. болуп иштеген. Анын ил. эмгектери КПССтин агрардык саясатына, Кыргызстан компартиясынын тарыхына арналган. 40тан ашык ил. эмгектин автору. Эл агартуу отличниги (1989).

**ТИЛЕКМАТ** Жылкыайдар уулу – элчи, кыргыздын бугу уруусунан чыккан төбөлдөрдүн бири. 19-к-дын 70-жылдары Чыгыш Түркстандагы Жети-Шаар мамл-нин башчысы Йакуб бекке өз ара карым-катнаштарды чыңдоо үчүн сүйлөшүүгө жиберилген.

**ТИМУР,** А к с а к Т е м и р К ө р ө г ө н (1336–1405) – Тимурийлер мамл-н негиз-дөөчү, барлас уруусунан чыккан кол башчы; 1370–1405-ж. өзү негиздеген мамл-тин эмири. Шахрисабз ш-на жакын Кожоилгар кыштагында туулган. 1369–1389-ж. Мавераннахрдан Моголстанга (Теңиртоого) жортуул жасаган. Ооганстандын бир бөлүгүн басып алган. 1391 ж-а 1395-ж. Алтын Ордонун ханы Токтомушту талкалаган. 1393-ж. Багдадды ж-а Экидарыя аралыгын (Месопотамияны), 1398–99-ж. Индиянын түндүк бөлүгүн, 1401-ж. Сириянын да бир кыйла бөлүгүн ээлеген. Байтактысы Самаркан ш-нда болгон. Кытайга жортуулга баратып, 1405-ж. 18-февралда Отрар ш-нда каза болгон.

**ТИМУРИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИ** – 1370–1507-ж. Мавераннахр, Хорезм, Хоросанды камтыган дөөлөт. Аксак Темир Көрөгөн негиздеген. 1407–47-ж. Т. м-н Тимурдун уулу Шахрух (1377–1447) бийлеп турган. Анын байтактысы Герат ш-нда болгон. Шахрухтун уулу Улугбекти Самаркандын башка-руучусу кылып дайындалган. Иш жүзүндө Самаркан Шахрухка көзкарандысыз өз алдынча мамлекет болгон. 1447-ж. Шахрух өлгөндөн кийин Улугбек бүт өлкөнү башкарып калган. 1469–1506-ж. өлкөнү Султан-Хусейин бийлеп турган мезгилде Гераттын маданияты абдан өнүккөн. Султан-Хусейндин 1507-ж. уулдары Бади-аз-заман ж-а Музаффар-Хусейндин тушунда өлкөнү Шейбани хан жетектеген көчмөн өзбектер каратып алган.

**ТОГЛУК-ТЕМИР** – 1348–1363-ж. Моголстанды бийлеген хан. Чагатай тукумунан чыккан. 16-к-дын 70-жылдарына чейин Борб. Теңиртоону ж-а Чыгыш Түркстанды ээлеген. Моголстан дөөлөтүн негиздеген. 1360-ж. Аксак Темир ага убактылуу баш ийип турган. Т.-Т. өлгөндөн кийин такка уулу Илйас-Кожо (1365–1366-ж. өлтүрүлгөн) отурган.

**ТОГОЛОК МОЛДО** (өз аты-жөнү – Байымбет Абдрахманов; 1860, Нарын өрөөнү, Куртка деген жер, азыркы Акталаа р-ну – 1942, ошол эле жер) – жазма акын, манасчы. Байымбет 14 жашка чейин атасынын тар-биясында өсүп, айткан жомокторун, ырларын үйрөнгөн. Атасы дүйнөдөн кайткандан кийин аталаш чоң абасы атактуу Музооке ырчынын тарбиясында жүрүп эр жеткен. Молдодон кат тааныган. Эл дарылап, бала окуткан. Низами, Навои, Фирдоуси, Хафиз, Абай ж. б. акындардын чыг. м-н таанышкан. Ырды 14 жашында жаза баштаган. Жигит курагында кө-бүнчө сүйүү темасындагы «Кара көз», «Толгонай», «Жигиттин кызга ырдаганы» дегендей ырлар, «Үрпүкан» аттуу поэма жараткан. Бул чыгармаларында кыргыз кыздарын уяң болбой эски үрп-адатты жоюп, өз укугуна жетүүгө үндөйт, сүйгөнүнө карата жүрөктөгү чын сырын айтат. 18 жашында Тыныбек жомокчудан «Манасты» үйрөнгөн. Т. М-нун чыгармачылыгы көп кырдуу, тематикага бай. Ал кыргыздын оозеки чыгармаларын, мифтик түшүнүк-төрүн, ишенимдерин, ага карата чыгарган ырларын көп билген. Кыргыздын «Шырдакбек», «Жаңыл Мырза», «Мендирман» сыяктуу дастандарын да айткан, аларды жазып академияга тапшырган. «Манасты», «Семетейди» да айткан, өзүнүн вариан-тын кагазга түшүргөн. Ал КР УИАнын кол жазмалар фондунда сакталып турат. Кыргыз элинин тарыхын үйрөнүүгө көп көңүл бөлүп, кыйла жерди кыдырып санжыра жазган. Т. М. тамсил жанрында көп чыгармалар жараткан: «Бөрү менен түлкү», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», «Каркыра менен түлкү», «Эшек менен булбул», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Уй музоосунан сыр сураганы», «Куба кой менен ээси», «Суу куну менен боз кушу» ж. б. тамсилдеринин баарында тең Түлкүдөй куулар, Бөрүдөй алаңгазар зөөкүрлөр, Эшектей макоо бийлер, Кырчындай жырткыч бийлөөчүлөр ж. б. терс көрүнүштөрдү сындайт. Булбул тилдүү акындардын талантына баа берилбегенине, Каркырадай, Куба койдой момундардын өткөн заманда кор болуп, зулумдардан катуу эзилгенине өкүнгөнүн билдирет. Т. М-нун тамсилдери – кыргыз жазма адабиятындагы тамсил жанрын түптөнткөн чыгармалардан. 1888-ж. Кетментөбөдө Токтогулга жолуккан, байланышта болушкан. Т. М. Улуу Октябрь революциясынын жеңишине шыктанып, көп ырлар, учурунда калкка кол жазма бойдон тараган «Өзгөрүш» (1918), «Насыят» (1925), «Эркиндик» (1919–23), «Аткантаң менен Сүйгөн-бай», «Кедейлерге насыят» деген поэмаларды жараткан. 1939-ж. кыргыз искусствосунун Москвада өткөн декадасына катышып, андан алган таасирлерин «Бактылуумун», «Жыргадым», «Сырым» деген ырларында айткан. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги чыг-нда согуш элге бүлгүнчүлүк алып келгендигине кейийт, элди ынтымакка, душманга катуу сокку урууга чакырып, душман акыры жеңилет деген ишенимди билдирет. Анын чыг. 1925-ж-дан баштап басылып чыга баштаган. Көп чыг. башка тилдерге которулган. 1940-ж. Т. М-нун 80 ж-дык, 1960-ж. 100 ж-дык юбилейлери өткөрүлгөн. Акындын ысымы м-н Кыргызстанда айрым айыл, мектептер, көчөлөр аталат. Бишкек ш-нда эстелик орнотулган. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. Чыгармаларынан орусча

которулгандары бар. Анын чыгармачылыгы б-ча ил., адабий изилдөө иштери жазылган. Ал ж-дө Ш. Бейшеналиев «Болот калем» аттуу роман жазган.

**ТОГУЗ КОРГОЛ,** т о г у з  к у м а л а к – кыргыздын улуттук оюну. Аны 2 киши ойнойт. Оюн тутум б-ча башталат. Т.к-догу терминдер ар кайсы аймакта ар башкача аталат. Т.к. 2 тарабында 9дан 18 чуңкур үйү (уялары), ортосунда жанаша 2 чоң чарасы (казаны, казынасы) бар тактадан ж-а 162 корголдон (ташы) турат. Ойнолчу коргол катары орточо чоңдуктагы буурчактар, тоголок кесилген табылгы, арча, өрүк жыгачы, кичинекей маш буурчактар, бирдей чоңдуктагы тоголок таштар же болбосо койдун корголу колдонулат. 9 үйдүн (уянын) ар биринин аты бар (солдон оңго карай): 1–куйрук, 2–ат өтпөс (тел үй), 3–жаман үй, 4–текилдек (бүлкүлдөк, бел арты, арткы колтук), 5–бел, 6–талы (бел алды, алдыңкы колтук), 7–эки тишти, 8–көк моюн (кандуу капкан), 9–ооз. Ойнордо ар бир уяга (үйгө) 9дан коргол (таш) салынат. Ар бир оюнчуга 1ден чара (казан, казына), 9 үй (уя) ж-а 81 коргол таан-дык. Атаандаштардын ар кимиси тактанын ортосундагы 2 чаранын ж-а үйлөрдүн өзүнүн оң колу тарабындагы 9ун ээлеп, чарага (казынага) утуп алган корголдорун (таштарын) салат. Тутум б-ча оюнду баштаган атаандаш өзүнүн 9 үйүнүн (уясынын) ичинен өзү каалаган бирөөнүн корголдорун бирин ордуна калтырып, калганын солдон оңго ар бир үйгө (уяга) бирден таштап чыгат. Корголдун санына жараша үйлөр «алым» же «так» деп аталат. 2–3 айланып келгенден кийин акыркы коргол түшкөн каршысынын үйү алым болсо корголдорду (таштарды) алат, так болсо албайт. Эгерде акыркы коргол өзүнүн алым үйүнө түшсө, корголдорду албайт, себеби алар көчүүчү же жүрүүчү корголдор. Алым (ачык) – так же телки сандагы (1, 3, 7, 11, 19, 27, 35) корголдору бар үйлөр (уялар); так (жабык) – корголдору жуп сандуу (2, 4, 6, 10, 14, 20, 32) үйлөр. Жеш (алуу) – акыркы коргол каршысынын алым (ачык) корголдуу үйүнө түшкөндө андагы корголдор толугу м-н алынат. Коргол алуу максатында оюнчу атаандашынын үйлөрүнөн бир «туз» күтүүгө укуктуу. 2 таштуу үйгө акыркы коргол түшкөндө ал «туз» деп жарыяланат, бирок туз жарыялоо оюнчунун өз эрки. 9-үйдөн (ооздон) ж-а атаандашынын тузуна атташ үйдөн туз жарыяланбайт. «Туз» деп жарыяланган үйгө түшкөн корголдун бардыгы туз ээсинин утушу болот. Ошондуктан оюнчулар мерчемдүү жерден (куйрук, ат өтпөс, бел, көк моюн) туз күтүүгө, атаандашына туз бербөөгө аракеттенет. Туздун күчү (орду) оюндун жүрүшүнө, оюнчулардын амал-аракетине чоң таасир тийгизет. Оюнчулар ар бир жүрүшүндө өз үйлөрүн тактап, каршысынын үйлөрүн алымдап кетүүгө же акыркы корголду атаандашынын «алым» үйүнө түшүрүп, андагы корголду өз казынасына алууга аракеттенишет. Оюнчу өз үйлөрүнөн эч кандай шартта коргол албайт. Көп коргол топтолгон үй «бай», ал эми «байды» аргасыздан таратуу «бүктөлүү» деп аталат. «Жыюу» – оюндун акырында өз үйлөрүн-дөгү корголдорду атаандашынын үйлөрүнө өткөрбөй, ооз м-н көк моюнга топтоо. Жыюу максатында топтолгон корголдорду аргасыздан чачтырып утуу «жыгуу» деп аталат. Т.к-дун ар кырдаалын чечмелеген «чубатуу», «ат», «бай ат», «ооз ачуу», «таш жалак», «чымчуу» ж.б. терминдери бар. Орто оюнчулар оюнду 30–40 жүрүштө, мыкты оюнчулар 70–80 жүрүштө аяктайт. Алынган корголдору 81ден ашкан оюнчу утат, корголдун саны барабар болсо – тең чыккан болот. Т.к. оюнчунун эсептөө ж-а логикалык ойлонуу чеберчилигин өнүктүрөт.

**ТОГУЗ ТӨБӨЛӨӨ** – зергерчиликте акак айнек ж. б. асыл таштарды буюмга чөгөрүү ыкмасы. Т. т-нүн эки ыкмасы бар: 1. күмүш буюмду оюп, эрителген айнекти куят; 2. күмүш буюмга (жатак) жасап, күмүш м-н данакерди аралаштырып, чөгөрөт. Бул ыкма м-н сөйкө, шуру, билерик ж. б. кооздошкон.

**ТОЙТОЖО** Бучук уулу (1840, Талас өрөөнү, Чырганак деген жер – 1912, ошол эле жер) – залкар сурнайчы. Кара Турап сурнайчынын шакирти. Талас өрөөнүнүн элине чебер сурнайчы катары 17 жашынан таанылган. Ал көптөгөн аш-тойлордо жарчы-сурнайчы болуп, эр сайыш, күрөш, ат чабыш, оодарыш, жорго салдырыш сыяктуу элдик оюндарды сүрөөнгө алган. Ал сурнай тартуунун чоң чебери болгон, салттуу жоокердик жүрүш-төрдө тынымсыз сурнай тартып, атчандарды узак аралыкка чейин узатып, атчан жүрө алган. Мындай учурда ал бир жак ууртү м-н сурнай тартып, экинчи уурту м-н дем алган. Сурнайы м-н ааламдагы кыймылды даңазалаган. Т-нун «Баатыр баштоо», «Калың бирбөдө», «Айкөл Манас», «Торгой сайрап, таң атты», «Ат кетти», «Найза сал», «Ак байбиченин термеси», «Салтанат», «Эр сайыш» деген классикалык чыг. кыргыз улуттук сурнай күүлөрүнүн өзөгүн түзөт.

**ТОКБАЕВ** Имаш [1900, Жетисуу облусу, Пишпек уезди (азыркы Аламүдүн р-ну, Лебединовка айылы) – 1957, Бишкек] – Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга активдүү катышуучу. Кыргыздын ыктыярдуу биринчи кызыл гвардиячыларынан. Революциялык ишмердиги 1917-ж башталган. Граждандык согушта Анненковдун бандасын, Аксуу козголоңун, Верный (Алматы) аймагында атаман Мальцевдин бандасын, полковник Сидоровдун ак гвардиячыларын талкалоого катышкан. 1920-ж-дан Жаркендеги атчандар дивизионунун командири. 1920-ж. Жетисуу облустук өзгөчө комиссияда атайын укуктуу өкүл, 1925-ж. Бишкекте Бириккен мамл. саясий башкармалыгынын (ОГПУ) кошуунунун качальниги болуп турганда Кетментөбөдө басмачыларды талколоого жетекчилик кылган. 1930–35-ж. Чүй, Теңиртоо аймактарында кыргыз айылдарын колхоздоштурууга активдүү катышкан. Улуу Ата Мекендик согушта батарея командири болгон. Согуштан кийин райондун аскер комиссары, 1947-жылдан граждандык кызматка өткөн.

**ТОКБАЕВ** Турдалы (1886, Чүй облусу, Панфилов р-ну, Чорголу айылы – 1936) – партия-лык ж-а мамл. ишмер. Чалдыбардагы ж-а Меркедеги орус-жергиликтүү мектебин, Олуяата Жогорку башталгыч окуу жайын ж-а Москвадагы Жогорку партиялык мектепти (1932) бүтүргөн. 1916-ж. аскер-оорук иштерине чегилип,

Житомир губерниясына жиберилген. 1917-ж-дан Олуяата уездинде совет бийлигин орнотууга катышкан. 1919-жылдан Олуяата шаардык атайын комиссиянын төрагасы, Олуяата уезддик революциячыл комитетинин башкаруу бөлүмүнүн башчысы, 1921–23-ж. Пишпек уездинде жетекчи кызматтарда иштеген. 1923-ж. Олуяата шааpаткомунун тө-рагасы, 1924-ж. Ташкенде Түркстан Респ-нын эл агартуу комиссарынын орун басары. 1924–26-ж. Кыргыз Автономия облусунун Москвадагы тунгуч өкүлү. 1927-жылдан Кыргыз АССР БАКтын төрагасынын орун басары, жумушчу-дыйкан инспекциясынын эл комиссары, Кыргызпрофсоюздун төрагасы. 1934–36-ж. Базаркоргон р-нунда МТСтин директору, 1936-ж. Тоң р-нунда иштеп турганда камалып, бейкүнөө репрессияланган.

**ТОКМОК** – 19-к-дын башында негизделген шаар. Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, Чүй дарыясынын сол өйүзүндө жайгашкан. 19-к-дын башында Чүй өрөөнүн Кокон хандыгы басып алып, 1825-ж. Т. чебин курган. (к. *Токмок чеби*). 1866-ж. Т. шаар статусун алган. 1867–78-ж. Т. уездинин борбору болуп турган. 1878-ж. уезддин борборунун Пишпек ш-на көчүрүлүшүнө байланыштуу Т. болуштун борбору болуп калган. 2002-жылдан Чүй облусунун борбору. Т. ш. азыр Кыргызстандагы Бишкек м-н Оштон кийинки өнөр жайы өнүккөн үчүнчү чоң шаар.

**ТОКМОК –** 1. катуу жыгачтан (арча, кара жыгач, өрүк, кайың ж. б.) же алардын уюлунан баш жагы салмактуу (тоголок же сүйрүү), сабы ичкертилип, казык кагуу, тери ийлеп жумшартуу, эгиндин данын түшүрүү ж.б. үчүн жасалган аспап; 2. килемдин эриштеринин ортосуна өткөрүлгөн аркакты ургулап бышыктоо, чыңдоо үчүн колдонулчу шайман. Ал эриштин жоондугуна ылайык, сабы 15–20 *см*дей, уз. 16–18 *см*дей, туурасы 10–17 *см*дей, тиштери 1,5–2 *см*дей болот; 3. оюн-зоокто колдонулуучу эшилип чыйратылган жоолук же башка жумшак нерсе.

**ТОКМОК ЧЕБИ** – Кокон хандыгынын Чүй өрөөнүндөгү чыңдоосу. Т. ч. 19-к-дын 30-ж-нын башында курулган. Чеп төрт бурчтуу болуп, түштүктөн түндүккө карай уз. 75 саржан, батыштан чыгышка туурасы 30 саржан, бийиктиги 3,5 аршин болгон. Т. ч-ндеги сарбаздар (70 киши) Чүй суусунун төрүндөгү кыргыздар м-н казактарды көзөмөлгө алышчу. Чепте 200 түтүн өзбек соодагерлери, кол өнөрчүлөрү турган. 1860-ж. август айында Циммермандын кол башчылыгы астындагы орус аскери Чүй өрөөнүнө жортуул уюштуруп, Т. ч-н ээлеген. Аймакты Россия империясы каратып алгандан кийин, 1867-ж. Чүй өрөөнүндө Токмок уезди уюшулуп, 1878-ж. чейин Т. ч. аталган уезддин борбору болгон.

**ТОКОБАЕВ** Молдогазы (1905, Ысыккөл облусу, Торуайгыр айылы–1974) – акын, драматург ж-а коомдук ишмер; кыргыз совет адабиятына негиз салуучулардын бири. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы (1941–44). Түп р-нундагы совхоз техникумун, Москвадагы коммунист-тик ун-тти (1931) бүтүргөн. 1926–29-ж. Каракол ж-а Нарын кантондук комитеттеринин катчысы болуп иштеген. 1936–37-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасынын редактору, 1938–1940-ж. Жалалабат облустук аткомунун төрагасы, 1940–41-ж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин катчысы. 1928-ж. «Кайгылуу Какей» пьесасын жазган.

**ТОКОМБАЕВ** Аалы (жашырын аты – Б а л к а; 1904, Пишпек уезди, Атаке-Сарыба-гыш болушу, Чоңкайыңды айылы–1988, Бишкек) – акын, кыргыз совет адабиятын негиздөөчүлөрдүн бири, коомдук ишмер, Соц. Эмгектин Батыры (1974). 1916-ж. үркүндө эл м-н кошо Кытайга барып келген. 1922–27-ж. Ташкендеги Орто Азия коммунисттик ун-тинде окуган. 1927-ж. «Ленин тууралуу» деген алгачкы ырлар жыйнагы жарык көргөн. 1934–39-ж. Кыргызстан Жазуучулар союзунун төрагасы, 1939–49-ж. «Советтик Кыргызстан» журналында редактор болуп иштеген. 1959-ж-дан жалаң чыгармачыл ишке өткөн. 1954-жылдан Кыргыз ССР ИАнын анык мүчөсү.

**ТОКОМБАЕВА** Айсулуу Асанбековна (1947-ж. т., Бишкек ш.) – балет артисти, Кыргыз ССР эл артисти (1975), СССР эл артисти (1981). Ленинград хореография окуу жайын бүтүргөндөн (1966) А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрынын артисти, 1967-жылдан солисти. Т. – өз өнөрү м-н лириканы, драманы, трагедияны бирдей деңгээлде чагылдырып, ишенимдүү аткарган техникалуу балет артисти. Театр репер-туарындагы башкы партиялары: Чолпон (М. Раухвергер, «Чолпон»), Асел (В. Власов, «Асел»), Мария (Б. Асафьев, «Бахчысарай фонтаны»), Одетта-Одиллия (П. И. Чайковский, «Ак куу көлү»), Фригия (А. Хачатурян, «Спартак»), Свобода (М. Равель, «Болеро»), Жизель (А. Адам, «Жизель»), Толгонай (К. Молдобасанов, «Саманчынын жолу» балет-ораториясы) ж. б. Т. – кыргыз искусствосу м-н адабияты күндөрүнүн (Өзбекстан, Латвия, Белоруссия, Эстония, Литва) катышуучусу, хореографиялык концерт номерлеринин бүткүл союздук конкурсунун дипломаты. Россия, Польша, Болгария, Финляндия, Ливия, Тунис, Швеция ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон. СССР мамл. сыйлыгы (1976) ж-а Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын (1969) лауреаты.

**ТОКТОГОНОВ** Султан (1913-ж. т., Чүй облусу, Жайыл р-ну, Сарыбулак айылы) – тарыхчы ж-а географ, тарых ил-нин доктору (1968), проф. (1970). Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1945), КПСС БКнын Жогорку партиялык мектебин (1950) бүтүргөн. Комсомолдун Гүлчө, Балыкчы р-ндук комиттеринде бөлүм башчы, Кыргызстан Компартиясынын Борб. комитетинин агитация ж-а пропаганда бөлүмүнүн башчысынын орун басары, Кыргызстан эл агартуу министри, 1956–59-ж. респ-нын жогорку окуу жайларында (Бишкек, Каракол) иштеген. 1959–95-ж. Ош мамл. пед. ин-тунда (1992-жылдан Ош мамл.ун-ти) кафедра башчысы ж-а проф.,

1995-жылдан «Дастан» технологиялык ун-тинде проф. Ил. эмгектери негизинен кыргыз элинин маданиятынын өнү-гүшүнө арналган. Т-дун 120дан ашуун ил. эмгеги бар. Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими. 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ТОКТОГУЛ** Сатылганов (1864, Кетментөбө өрөөнү, Сасыкжийде кыштагы – 1933, ошол эле жер) – кыргыз акыны, ойчул, композитор, комузчу. Кедейдин үй-бүлөсүнөн. Бала кезинен ыр-күүгө шыктуу болуп, 13 жашынан ырлары айыл арасына тарай баштаган. Революцияга чейинки ырларында «Жокчулуктун айынан», «Жүргөнүм Кабак жер болду») эмгекчи элди эзүүчүлөрдүн бетин ачып, теңсиздикке жек көрүү сезимин билдирген. Ал эл тарабында туруп, алардын таламын талышкан, эзүүчүлөр эмгекчилердин душманы экендигин баса көрсөтүп, алардын кылмышын ашкерелеп ырдаган. Манаптардын жалган жалаасы м-н 1898-ж. Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деп өлүм жазасына өкүм чыгарылып, Сибирге 7 жылдык сүргүн м-н алмаштырылган. 1903-ж. сүргүндөн кайтып келген. Сүргүндөн качып келгенден кийин «Жерди көргөндө», «Кетментөбөнү көргөндө», «Эңсеген элим аманбы?», «Апакем аман барсыңбы?», «Туткундан келгенде» аттуу ырлардын циклин түзөт. Т-дун чыгармачылыгында маанилүү орун ээлеп, аны ойчул акын, ырчылар поэзиясынын классиги катары тааныткан чыгармалары – санат, терме ырлары. Өзгөрүл-мө дүйнө, өмүр, өлүм, турмуш ж-дө ой жүгүртүүлөрү: «Терме», «Санат», «Дүнүйө», «Замана», «Өмүр», «Карылык», «Үлгү ырлар», «Насыят», «Жаштарга» ж. б. Т. – айтыш өнөрүнүн чебер өкүлү. Анын ырларынын айрымдары толук, айрымдары үзүндү түрүндө отузга жакыны топтолгон. Бардыгы эле түп нускасында жеткен эмес. Соц. идеологиянын түрдүүчө саясий компанияларына, өзгөчө тап күрөшүнүн талыбына жараша акынды революциялык күрөшкө жакындатыш үчүн, башка ырларына оңдоолор киргизишкендей эле, айтыштарын да жасалмалаган жерлери кездешет. Мис., ал реалдуу турмушта «Беш каман» деген ыр жаратпаган сыяктуу эле, «Арзымат м-н айтышы» да таптакыр болбоптур. Деги эле тарыхта андай ырчы жашабаптыр. Анын Эшмамбет, Калык, Коргол, Алымкулдар м-н саламдашуу, таанышуу, ал-жай сурашуу, ырчылык өнөр тууралуу баарлашуу иретинде айтыштары. Барпы м-н сынак айтышы, кажышчаак орой ырчы Найманбай м-н кармашы тажрыйбалуу, чоң чебер айтышчыл экендигинен кадимкидей кабар берет. Т-дун Совет доорундагы ырлары ж-дө («Кандай аял тууду экен Ленининдей уулду?!», «Ленин ачты жолуңду» ж. б.) ки-йинки кездерде талаш пикирлер жаралып келатканы маалым. Бул ырлар текстологиялык, фактологиялык ж. б. ыкмаларда каралууга өтө муктаж. Бул – тарых чындыгынын талабы, мезгил талабы. Т. элдик кенже эпосторду мыкты билген чебер аткаруучу болгон. «Жаныш, Байыш», «Курманбек», «Кедейкан» ж. б. Т. ондогон ырчылар м-н комузчулардын устаты болгон. Ал өз мектебин түзгөн. Калык, Коргол, Алымкул андан таа-лим алган. Т. оригиналдуу күү чыгарган үлкөн комузчу катары да өчпөс из калтырган талант. Обон күүлөрүн комузда эркин кол ойнотуп, темпин, ыргактын жүрүшүнө карата түрдүү мимикага салып мазмунун жорго сөздөр м-н жамакташтырып ырдап черткен. «Ботой», «Кыз кербез», «Чоң кербез», «Мырза кербен», «Миң кыял», «Тогуз кайрык» ж. б. 60тан ашуун ыр-күү чыгарган. А. Затаевич 18 күүсүн нотага түшүрүп алган. Ал күүлөр 1934-ж. Москвадагы музыка басмасы тарабынан «Кыргызстан аспаптык 250 күүсү жана обондору» деген жыйнакка чыккан. Белгилүү музыка изилдөөчү В. Виноградов акындын музыкалык мурасын изилдеп, 1952-ж. анын «Токтогул Сатылганов жана кыргыз акындары», 1961-ж. «Токтогулдун музыкалык мурасы» аттуу китептери жарык көргөн. Кыргыз Респ-да ондогон мектептер м-н филармонияга, өзү туулган районго, көчөлөргө Т-дун ысмы ыйгарылган. Анын жүз жылдыгы (1964), жүз жыйырма беш жылдыгы (1989) белгиленген. 1965-жылдан адабият, искусство ж-а архитектура жаатындагы Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамл. сыйлыгы берилет. Ал ж-дө адабий, тарыхый, музыкалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бишкек ш-нда эстелиги тургузулган (1976, скульптору Г. Айтиев, арх. А. Исаев), сөөгү коюлган жерге бейит белги (1956–57, Н.И. Ладягин) салынган. Ага арналып ондогон сүрөттөр тартылган.

**ТОКУУЧУЛУК** – кол өнөрчүлүктүн тармагы. Таар, шалча, терме, боз үйдүн боолорун, ат жабуу ж.б. кездемелерди кол м-н кыймылга келүүчү дүкөн, такта, абзал, өрмөктө токуу иши. Археол. маалыматтарга караганда Т. неолит доорунда пайда болуп, алгачкы коомдо кеңири тараган. Мис., б. з. ч. 5–2-к-да Орто Азия ж-а Казакстанда жашаган сактар, усундар кездемелерди өрмөктө токушкан. Өрмөктө эни 50–60 *см* каалаган узундуктагы түстүү тасмалар токулат. Орнаменттелген тасмалар (беш кеште, кажары, терме) үй жасалгасы катары же ат жабуу, куржун, боз үйдүн боолорун жасоого керектелет. Мындай тасмалардын ички ж-а сырткы беттериндеги орнаменттер бири биринен айырмалангандыктан, алар эки беттүү же эки жүздүү деп да аталат. Т. иши жүндү же кебезди тытып ийрүү, боёо, жүгүрүү, күзүктөө баскычтарынан турат. Т. ишине ийикте ийрилип, керектүү түскө боёлгон кебез же жүн жиптер колдонулат.

**ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ** – элдик уламыш-легендалар б-ча 14–15-к-да жашаган кыргыз сынчысы ж-а акылман-ойчулу. Т. с. жаратылыштын ж-а коомдук турмуштун маселелерин таанып-билүүдө алысты көрө билген адам болгондугу айтылат. Ал Жаныбек хандын тушунда жашап, өз заманында жаныбарлардын касиетин, өзгөчө жылкылардын күлүктүгүн, тулпар чыга тургандыгын алдын ала баамдай алгандыгы, көрөгөчтүгү, сынчылыгы м-н даңазаланган мыкты саяпкер болгон. Т. с. эл арасында чечендиги, акылмандыгы, ойчулдугу м-н да таанымал болуп, ханга да тайманбай сөз кайрыган, элди ынтымакка чакырган инсан катары айтылат. Элдик уламыштардын негизинде кыргыздын белгилүү акыны Алыкул Осмонов «Толубай сынчы» поэмасын жазган.

**ТОМИРИС –** Каспий ж-а Арал деңиздеринин боюнда жашаган *массагеттердин* канышасы. Ахеменилер державасынын падышасы Кир II массагеттерди баш ийдирүү үчүн Орто Азияга б. з. ч. 6 к-да кол салган. Ата журтунун көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөштү Т. жетектеген. Ал согушта каныша Т-тин уулу курман болгон. Т. амал м-н Кирди колго түшүрүп, анын башын «канкор башың канга тойсун» деп кан толтурулган чаначка салдырган.

**ТОМОГО,** т о р, т у м ш у к к а п – алгыр куштардын көзүн жаап коюучу кайыш калпакча. Т. кушка туурда отурганда (үйдө) ж-а ууга чыгарда (бирөөлөргө катылбасын ж-а көрүнгөн жаныбарга талпына берип чарчабасын үчүн) кийгизилип коюлат да, аңга салынарда башынан алынат. Т-го оймо-чиймелер түшүрүлүп, чачылар м-н кооздолот, күмүш кыргакталат.

**ТОМСЕН** Вильгельм Людвиг (1842–1927) – даниялык тилчи. Копенгаген ун-тинин проф. Дания Королдук илимдер коомунун президенти. Анын ил. эмгектеринде финн-угор ж-а түрк тилдери, финн, герман ж-а балтика тилдеринин карым-катнашы изилденген. Т. *Орхон – Енисей жазууларын* окуп (1893), анын байыркы түрк жазуусу экендигин аныктаган.

**ТОМУК КАТМАЙ,** т о м у к ж а ш ы р м а й – эки киши ойноочу улуттук оюн. Алар өздөрүнчө мөрөй коюп, мөөнөтүн макулдашышып, эл көзүнчө кол алышат. Томук суроо каалаган убакта, каалаган жерде, каалаган кырдаалда суралышы мүмкүн. Томук каткан адам аны ар дайым болжошкон шарт б-ча алып жүрүп, доочу сураганда көрсөтө коюшу керек. Каткан адам томукту сурары м-н көрсөтө койсо утат, көрсөтө албай калса утулат. Аны көбүнчө жаштар ойнойт.

**ТОН**, б о с т у н – эркектин кышкы сырт ки-йими. Ал ашатылып, өңдөлүп, ак же боёлгон койдун терисинен жүнү ичине каратылып жасалат. Т-го кара көрпө же саңсаңдан жака салынып, өңүрү узатасынан бойлото, этек-жеңи эни 10–20 см келген көрпө м-н көбөөлөнөт. Мурда жакасыз тигилип, этегинен жакасына чейин эни 4–5 смдей саңсаң тери же кара көрпө м-н да көбөөлөнгөн. Учасынан эки капталы ачык тумарчаланып тигилген Т. да болгон. Т-дун жакасына бир гана бүчү кадалган.

**ТОҢ ЙОКУК** – Экинчи Чыгыш Түрк каган-дыгынын кол башчысы; Күл тегиндин насаатчысы. Т. Й-ка арнап тургузулган эстелик 1897-ж. Е. Н. Клеменц тарабынан табылып, 1898-ж. В. В. Радлов тарабынан которулган. Эстелик Тола суусунун (Моңголия) оң жээгиндеги Налайха м-н Улан-Батордон 66 *км* түштүк-чыгыш жагындагы Боло-Цокто коктусунан табылган. Т. Й-тун эстелигине Күл тегиндин эстелигиндегидей эле жазуусу бар орнаменттер м-н кооздолгон мрамор тактайлар, адам кейпи чегилген сегиз балбал таш ж.б. кирет. Т. Й. түрктөр кытайдын Тан династиясына убактылуу көз каранды болуп турганда Табгачта (Кытайда) билим алган. Ал Капаган кагандын тушунда аскер башчы катары Түрк кагандыгынын Борб. Азиядагы бийлигин калыбына келтирүүгө өтө дилгирлик м-н катышкан. 709-ж. Саян тоолорунда, Енисей өрөөнүндө жашаган кыргыз, чик, аздар кагандыкка каршы өз ара келишим түзүшкөн. Бирок, Т. Й. м-н Кутлуг ж-а Капаган кагандарынын уулдары баш болгон түрк армиясы аларды жеңип алган. Бул жүрүш тууралуу Орхон-Енисей эстелигинде мындай деп жазылган: «Биз күндүр-түндүр тынымсыз жүрүштө болдук. Биз кыргыздарды уктап жаткан жеринен бастык. Жолду найза м-н жасадык. Алардын аскери ж-а ханы чогулду. Биз аларды жеңдик. Ханды өлтүрдүк. Кыргыз эли каганга кошулду ж-а баш ийди. Биз Көгмөн тоосун айланып өтүп, кыргыздардан кайтып келдик». Т. Й-ка Бойла-Бага-Тархан титулу ыйга-рылган Билге-кагандын (716–734) доорунда Күл тегин ж-а анын кеңешчиси Т. Й. түр-гөштөргө, карлуктарга, кыргыздарга каршы согушуп турган. Эстеликте: «Табгач (Кытай) каган жообуз эле, он ок каганы жообуз эле, өзгөчө Кыргыз каганы күчтүү жообуз болду...» деген саптар бар. Т. Й-тун аскердик жетекчилиги м-н кыргыздар, түргөштөр, кытайлар (табгачтар) Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына баш ийдирилген.

**ТОҢ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ –** 6–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Орто Азиядан Чыгыш Түркстанга кетүүчү байыркы кербен жолдун боюнда турган. Жергиликтүү эл Кандөбө деп коюшат. Шаар чалдыбары Тоң суусунун боюндагы Туурасуу кыштагынын жанынан орун алган. Убагында шаар 10 *га* аянтты ээлеген. Казуу убагында турак жай калдыктары, карапа идиштер, тыйындар, темир буюмдар, жаргылчак, тегирмендин ташы табылган.

**ТООКЕАРЫК** – б. з. ч. 3-к. – б. з. 4-к-на таандык каналдын калдыгы. Ош – Карасуу оазисинин түштүк-чыгыш тарабындагы Акжар кыштагына жакын жерден табылган. Талдык суусунан башталып, анын оң өйүзү б-ча Акжар кыштагы, андан түндүк-батышты көздөй бурулуп, Шалтак дөбөсүнөн өтүп жоголот. Уз. 9 *км,* тереңдиги 1,2 *м,* туурасы 4–5 *м* болгон. Т-ты байыркы заманда ж-а орто кылымда отурукташкан эл сугат үчүн пайдаланган.

**ТОО-КЕН ЖУМУШЧУЛАР ПРОФСОЮЗУ** – Түштүк Кыргызстандагы алгачкы профсоюз уюму, 1917-ж. июль–август айларында түзүлгөн. Кызылкыя м-н Сүлүктүдөгү көмүр, чымкөң ж. б. кен өнөр жай жумушчуларын бириктирген.

**«ТООЛУУ ОБЛУС ТҮЗҮҮ» ДОЛБООРУ** – улуттук-мамл. бөлүштүрүү ж-дөгү иш-чара. 1920-жылдан Жетисуу, Сырдарыя облустарында жашаган кыргыздардын өз алдынча мамлекеттүүлүгүн орнотуу үчүн аракеттер күчөйт. Рахманкул Кудайкулов башында турган айрым адамдар бул облустарда жашаган кыргыздардын Казакстандын курамындагы автономияга биригүүсүн жактап чыгышкан. Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдракманов башында турган кыргыздын алдыңкы интеллигенттери Кыргыз мамл-н, башка

автономиялык түзүлүш-төрдөн бөлүнүп, өз алдынча автономиялык негизде калыбына келтирүү үчүн күрөшкө чыгышкан. 1922-ж. жазында алар Тоолуу Кыргыз облусун түзүү, РСФСРдин курамына түз кошулуу демилгелери м-н чыгышкан. Алгач анын борбору катары Кочкор кыштагын тандоо сунуштары да айтылган. Мындай демилгелери м-н алар көбүнесе европалыктар ээлеп калган Бишкектен обочо бо-лууну ж-а автономиянын борбору кыргыздар жашаган жердин чордонунан орун алыш керек деген ойлорун билдиришкен. Алгачкы маалда РКП(б) БК демилгени колдоого алып, уруксат берген. Тоолуу Кыргыз облусун түзүү б-ча уюштуруу курултайы 1922-ж. 1-июнда башталып, 3-июнда Тоолуу Кыргыз облусу мыйзамдуу түрдө түзүлгөн. Бул күн Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн Совет доо-рунда калыбына келтирилген алгачкы иш-чарасынын күнү катары тарыхтан орун алган. Бирок, Р. Кудайкулов ж. б. И.Сталинге кат жазышып, анда Тоолуу Кыргыз облусу буржуазиячыл-улутчул түзүлүш катары көрсөтүлөт. Жетисуу облусу б-ча большевиктик өкүл Забировдун 1922-ж. 1-июнда Борборго жиберген кабарында: «Экономикалык жаңы саясаттын шарттарында манаптын уулу болгон ж-а падышанын маалында алтын погон тагынып жүргөн Абдыкерим Сыдыков деген неме Ташкенде өзү түзүп алган Кара Кыргыздардын өзүнчө Тоолуу облусу дегендин долбоорун алып келди. Бул дол-боордун айынан калайыктын ышкысы кайнап, бейкут турмуш бузулду…» деген айгак сөздөр болгон. Оппозициячыл тараптын сая-сий каралоолорунун негизинде расмий Москва чукул чараларды көрүүгө ашыккан. Натыйжада өз алдынчалыгы автономиялык деңгээлде калыбына келтирилген алгачкы кыргыз совет мамлекеттүүлүгү – Тоолуу Кыргыз облусу И.Сталиндин жиберген шашылыш телеграммасынын негизинде кайра жоюлган. Анын жетекчилери ж-а демилгечилери А. *Сыдыков*, К.*Тыныстанов*, И. *Арабаев*, И. *Айдарбеков* ж. б. адамдар «улутчулдар», «панисламисттер » деп айыпталган.

**ТОРКЕН КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. 1-к-на таан-дык мүрзөлөр. Кетментөбө өрөөнүндөгү Миңдөбө деген жерде. 900дөн ашык дөбө мүрзөдөн турат. Казанактуу көргө арча табытка бир же эки адамдын сөөгү салынып коюлган. Мүрзөлөрдөн бет кептер, акак таштар чөгөрүлгөн алтын шакектер, сөйкөлөр, темир кылычтар ж. б. табылган.

**ТОРУАЙГЫР КӨРҮСТӨНҮ –** усун ж-а байыркы түрк урууларына таандык мүр-зөлөр. Ысыккөлдүн күңгөйүндөгү Торуайгыр кыштагынан 1,7 *км* түндүк тарапта. 200дөй дөбө мүрзөдөн турат. Алардын көп-чүлүгүнө тегерете таш тизилген. Көрүстөн-дүн аймагынан балбалдар ж-а эчки, бугу, жылкы ж. б. айбандардын сүрөттөрү чегилген таштар кездешет.

**ТОРУАЙГЫР ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – орто кылымдарга таандык шаардын калдыгы. Ысыккөлдүн күңгөйүндөгү Торуайгыр кыштагынын жанында жайгашкан; дубал м-н курчалган. Аянты 60 *га.* Шаарда турак жай ж-а өндүрүш курулуштары болгон. Ар кандай чоңдуктагы дөбөлөргө айланган. Т. ш. ч-нын түндүк тарабынан орто кылымдарда кыш бышырылуучу өнөркананын калдыгы табылган. Андан имараттын астына төшөлүүчү ж-а дубалга капталуучу кооз такталар да чыгарылган.

**ТОСОР КЕРБЕН САРАЙЫ** Ысыккөл облусунун Тосор айылынын түндүк-батыш тарабында, анча бийик эмес дөңсөөдө жайгашкан. Сырткы түзүлүшү төрт чарчы формада болуп, каптал жактары түштүк-түндүк, чыгыш-батыш багытына дал келген. Дубал урандыларынын бийиктиги 2,5х3,5 *м*, пайдубалынын жазылыгы 14–18 *м.* Дубалдын бурчтарына кароол мунаралары тургузулган. Сарайга дубалдын ортосундагы дарбаза аркылуу киришкен, анын эки тарабына кошумча мунаралар орнотулган. Ал жерде колго одоно жасалган идиш-аяк сыныктары көп санда табылган. Дубалдарга айланта курулуш имараттарынын бөлмөлөрү жайгашылган. Ортодо кең аянтты ээлеген чарбак болгон. Мындай кербен-сарай б.з. 4–7-к-да Улуу Жибек жолунда кербенчилерди тейлеген жай катары пайдаланылган. А.Н. Бернштам ж-а Д.Ф. Винник тарабынан изилденген.

**ТОСОР ТУРГУН ЖАЙЫ** – мустье дооруна таандык эстелик. Ысыккөл облусунун Жетиөгүз р-нуна караштуу Тосор айылынын түштүк-батыш тарабында, көлдүн жээгинен 4,5 *км* алыстыкта жайгашкан. Таштан жасалган 3000ден ашуун курал-жарактар табылган.

**ТОТАЛИТАРИЗМ** (лат. totalis – бүт, бүтүн, толук ж-а мамлекет) –1. мамл-тин үстөмдүк кылуучу бир формасы (тоталитардык мамл.); коомдун бардык жашоо тармагынын үстүнөн бүтүндөй (тоталдуу) көзөмөл жүр-гүзүшү м-н мүнөздөлөт. 2. этатизм м-н авторитаризмди актоочу буржуазиялык сая-сий ойлордун багыты. 20-к-дын 20-жылдарынан Германиядагы ж-а Италиядагы фашизмдин расмий идеологиясына айланган. Буржуазиялык либерализм идеологдору Т. түшүнүгүн фашисттик диктатурага баа берүүдө колдонушкан. «Кансыз согуш» мезгилинде антикоммунисттик пропаганда соц-тик мамл-терди тоталитардык режим м-н окшоштуруп, «демократиялуу», «эркин» коомдук түзүлүштөргө каршы коюшкан. Чындыгында эле, СССРдин 70 жылдык жашоо практикасында тоталитардык режим үс-төмдүк кылуучу форма болуп келгенин тарых өзү далилдеди.

**ТОХАРЛАР** – б. з. ч. 2-к. – б. з. 1-миң жылдыгында Орто Азияда жашаган эл. Алар жашаган аймак Тохарстан (Өзбек ж-а Тажикстандын түштүгү, Түндүк Ооганстан аймагы) деп аталган. Т. грек, араб жазма булактарында тохар, инди даректеринде тукхара, кытай жылнаамаларында ту-ху-ло, тибет жазмаларында тохагар деп аталат. Т-дын теги индоевропалык элдер м-н байланыштуу. Т. чыгыш иран тилинде сүйлөшүп, грек алфавитине негизделген жазуусу болгон. Т. Орто Азияга б. з. ч. 140-ж. келишип, айрым чыгыш иран уруулары м-н бирдикте б. з. ч. 130-ж. Грек-Бактрия падышалыгын кыйратышат. Б. з. ч. 128-ж. Парфияга басып киришет.

Бактрияда б. з. ч. 2–1-к-да Т-дын беш урууусу жашаган. Болжолу б. з. ч. 1-к-дын аягы – б. з. 1-к-нын башында жогорку уруулардын бири кушандардын жол башчылыгы астында Кушан падышалыгын түзүшөт. Ушул мезгилден Т-ды кушандар деп аташат.

**ТӨКӨЛДӨШ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 9–12-к-га таандык эки шаардын калдыгы, Бишкек ш-нын чыгышында жайгашкан. Биринчисинин аянты 40х42 *м*, экинчисиники 80х80 *м*. Чопо идиштер, айнек, коло буюмдар табылган.

**ТӨЛӨЙКӨН КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 6–4-к-да жашаган сак урууларына таандык мүрзөлөр. Ош ш-нан 10 *км* батыш тараптагы Чилмайрам тоосунун этегинде, 22 дөбө мүрзөдөн турат. Мүрзөлөрдөн боёлгон карапалар табылган.

**ТӨРКҮЛӨӨ** – салттуу үйлөнүү үлпөтүнүн корутунду баскычы. Күйөөгө чыккан кыз бир же эки жылдан кийин ата-энесиникине барган. 1-баруусу Т. деп аталган, ага күн мурунтадан кам көрүшкөн. Күйөөгө чыккан кызды төркүнүнө кайын энеси, күйөөсү же алардын жакын туугандары алып барган. Кыз төркүнүндө бир нече күндөн бир нече айга, кээде бир жылга чейин туруп калган. Кызга ата-энеси кадырлуу конок катары сый көрсөтүп, аны үй-оокат ж-а чарбалык иштерге катыштырган эмес. Кетеринде кызга мал, оокаттан энчи беришкен.

**ТӨРӨ** – 13–15-к. Чагатай династиясындагы мансап наамы. Мындай наам Бухара, Хива хандыктарында ханзаада, мурасчы маанисинде колдонулган. Кокон хандыгында мекеме кызматкерлерин аташкан.

**ТӨРӨГЕЛДИ БААТЫР**, Төрөгелди Аба-йылда уулу (1798/1799–1868/1870) – сарыбагыш уруусундагы черикчи уругунун манабы, Ормон хандын кол башчысы. Атасы Аба-йылда 18-к-дын акыры – 19-к-дын башында Кочкор өрөөнүн мекендеген чоң манаптардан болгон. Т. б. агасы Нарбото м-н казактардан жылкы чаап келүү үчүн жортуулга чыгып турган. Нарбото ушундай жортуулдардын биринде өлгөн. Казак султаны Кенесары Касым уулунун колун талкалоого катышкан. 19-к-дын 40-жылдарынын акырында Иледеги казактарга туткунга түшүп, андан Жантай хандын жардамы м-н бошоп чыккан. Бугу м-н сарыбагаш урууларынын чабышы башталган учурда Т. б. Пишпек чебинде камоодо жаткан. 1854-ж. күзүндө бошонуп келип кол курап, бугулар өлтүргөн «Ормондун куну» үчүн сарыбагыш феодалдарынын талоончул саясатын уланткан. Эл оозундагы уламыштар б-ча Ормон хан ага «Ысыккөлдү үч айлан, бугу элин чап», – деп керээзин калтырган имиш. Болжол м-н 1855-ж. Т. б. бугу уруусунун манабы Балбай баатырдын айылына жасаган жортуулунда аттан жыгылып, буту сынган. Туткунга түш-көн Т. б-дын жаңы бүтүп келаткан бутун Балбай кайра дагы 2 жолу сындырган. Туткундан 1858-ж. бошотулган. 1859-ж. апрелде Кашкардан кайткан Чокон Валихановду Жетиөгүздө бир нече күн кармап турган, орус кошууну жакындаганын угуп аны коё берген. 1865-жылдан орус бийлигин таа-нууга аргасыз болгон.

**ТӨРӨКАН УУЛУ ЭСЕНКУЛ** [1915, Шамшы-Бурана болуштугу (азыркы Чүй району, Бурана айылы)] – кыргыз санжырачысы, сов., партиялык кызматкер. Эмгек жолун 1930-ж уюшулган Бурана колхозунда баштаган. 1930–36-ж. колхозчу, комсомол ую-мунун катчысы, бригадир болуп иштеген. 1936-ж. Сталин атн. колхоздо башкарманын төрагасы, 1938–39-ж. Комсомолдун Чаткал райкомунун 1-катчысы. Улуу Ата Мекендик согушта Сталинградды коргоого катышкан. 1950–52-жылдары Ивановка райаткомунун төрагасы, 1952–55-жылдары Жайыл райкомунун 1-катчысы, 1955–76-ж. Сокулук, Кант, Ивановка, Чүй р-дук аткомунун тө-рагасынын орун басары болуп иштеген. 1977-ж. Буранада археол.-архитектуралык комплексин уюштурганга жигердүү катышып, анын директору болуп 18 жыл эмгектенген. Кыргыз элинин санжырасына арналган үч китептин автору. 1990-ж. Жети-өгүз р-нунун Шалба айылында өткөн санжырачылардын конкурсунда жеңип чыккан. Ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ТРАЙБАЛИЗМ,** т р и б а л и з м (лат. tribus – уруу) – маданий-турмуштук ж-а коомдук-саясий уруулук обочолонуу. Уруулар арасындагы карама-каршылыктардын бир көрүнүшү. Учурда коомдук-саясий турмушту салттык-уруулук мамилелерге негиздеп жүргүзүү көрүнүшү жолугат. Дүйнөнүн көптөгөн мамл-теринде, айрыкча Африка ж-а Азия өлкөлөрүндө, саясий система уруу-лук мамилелерди, идеологиялык көзкараштарды, маданий-турмуштук өзгөчөлүктөр-дү ж.б. эске алуу м-н түзүлөт. Мурда колониалдык абалда өнүгүп келген Борб. ж-а Түштүк Африканын мамл-теринде уруулук өзгөчөлүктөр эске алынбай; саясий бийлик өлкөнүн ичиндеги уруулардын бирине өткөн учурда нааразычылыктар күчөп, коомдук-саясий кырдаал кескин курчуп, айыгышкан кан төгүүлөрдө миңдеген адамдар бейкүнөө курман болушкан. Т. түшүнүгүн Кыргызстандын азыркы мезгилдеги коомдук-саясий өнүгүүсүн мүнөздөө үчүн колдонуу ил.-теориялык ж-а практикалык жактан туура эмес. Анткени, Кыргызстанда саясий система – коомдук-саясий турмуш толугу м-н Кыргыз Респ-нын Конституциясынын негизинде жүргүзүлөт. Кыргыз Респ-нын граждандары улутуна, жынысына, динине, саясий көзкараштарына карабастан бирдей укуктуу. Бирок, кыргыз элинин менталитетинде уруулук-салттык коомдо калыптанып калган айылдаштык, жердештик, бирин-бири көтөр-мөлөө, бөлүнүп-жарынуу сыяктуу көрүнүш-төр сакталып калган.

**ТУВАЛЫКТАР,** с о й о т т о р, т ы в а, с о й о н д о р, у р я н х а й л а р – Тува Респ-нын негизги калкы (198 миң адам, 1989-ж. эл каттоо б-ча). Алар Моңголияда (25 миңден ашуун), Кытайда (3 миңден ашуун) жашашат. Т. экиге бөлүнөт: 1. батыш, борб. ж-а түштүк тувалар; 2. чыгыш же тоджин тувалары. Түрк тилинин уйгур тобуна кирген тува тилинде сүйлөшөт, лама динин тутунушат. Тува Респ. Түштүк Сибирдин тоолорунда,

Енисейдин жогорку агымында Моңголияга чегаралаш жайгашкан. Т-дын байыркы ата-бабасынын бир бөлүгү болгон түрк уруулары б.з. 1-к-нан кеч эмес убакта келишип, жергиликтүү кет, самодий, мүмкүн инди-европа тилдеринде сүйлөгөн уруулар м-н аралашкан. Салттуу көчмөн маданиятынын башаты Саян-Алтайды сак уруулары жердеп турган мезгилге (б. з. ч. 8–3-к.) туура келет. Сактардын таасири Т-дын материалдык маданиятынан (үй эмеректери, кийими, кол өнөрчүлүгү) байкалат. Т-дын этногенезине 8-к-дын орто ченинде Түрк кагандыгын талкалаган уйгурлар да таасир тийгизишкен. 9-к-дын ортосунда Енисей кыргыздары уйгурларды талкалап, жергиликтүү Т-дын этногенезине чоң таасир тийгизишкен. Далил катары Т-дын курамындагы кыргыз, монгуш урууларын көрсөтсөк болот. Азыркы күнгө чейин Т-дын ичинен кыргыз уруусу эң ирилеринен болуп саналат. Кыргыз м-н тува элинин туугандыгын бир нече тарыхый-этногр. маалыматтар м-н далилдесек болот. Мис., эки элге тең тиешелүү боз үйдүн, сүт азыктарынын (кымыз, айран, май, быштак, курут ж.б.), үйлөнүү тоюндагы айрым ырымдардын окшоштугу.

**ТУЛПАРТАШ** Соңкөлдүн батыш тарабында Көкбулак жергесинде таш бетине түшүрүлгөн ат туягынын изи. Аны Манастын Т. деп да аташкан. Таштын уз. 1–2 *м*, туурасы 0,75 *м*, калыңдыгы 15–20 *см*. Туяктын сүрөтүнүн көлөмү 19–20 *см*. Кайсы мезгилге таандык экенин аныктоо мүмкүн эмес. Кийин жаңылатып чегилген белгилери бар.

**ТУЛПАРТАШ ЭСТЕЛИКТЕРИ** Соңкөл өрөөнүнүн Көкбулак жергесинде жайгашкан археол. эстеликтер тобу. Диаметри 1,2 *м*ге жеткен 8 бейиттен турган эрте темир доoруна таандык көрүстөндөр, байыркы түрк доoруна таандык балбал таштар, ас-ка бетиндеги сүрөттөр (1960-ж. археолог Я. А. Шер тапкан), мезолит, неолит доорлоруна мүнөздүү таш куралдары табылган.

**ТУЛУП** – чаарчык, улак, музоо ж.б. мал терисинен жасалган баштык. Туюк сыйрылган тери (жүнү алынып же алынбай) ашатылып, ийленип, аңтарылып тигилген. Т. азык салуу ж-а балдар чүкө салчу баштык ордуна колдонулган. Көчмөн турмуштагы оңтойлуу идиш.

**ТУМАТ-КЫРГЫЗ КӨТӨРҮЛҮШҮ** (1217–18-ж.). Кем-Кемжиуттагы кыргыздардын коңшусу болгон туматтар (байыркы «туба» аттуу түрк уруусунун урпактары, азыркы тувалыктардын бабаларынын бири) 1217-ж. моңголдорго каршы алгачкы ирет көтөрү-лүшкө чыгышкан. Булактар аларды «өзгөчө согушчан уруу» катары сыпаттайт. Тумат аскерлери ал түгүл өздөрүнө каршы Чыңгыз хан жиберген колбашчы Борагул-нойонду да жеңип, өлтүрүп коюшкан. Бирок бул көтөрүлүш басылып, бир топ тумат уруктары кырылган. Чыгыш Тувада (Баргужин-Токум деген жерде) байыр алган туматтардын бир бөлүгү барс жылы (1218-ж.) кайра баш көтөргөндө, Рашид ад-Дин жазгандай, моңголдор аларга жакын турган кыргыздарга бул козголоңду басуу сунушу м-н кайрылган. Кыргыздар аскер бермек тургай өздөрү да моңголдорго каршы көтөрүлүшкө кошулуп кеткен. Саян-Алтайдагы түрктөрдүн бул ири көтөрүлүшүн басуу үчүн Чыңгыз хан бардык токой урууларын бийлеген улуу баласы *Жучунун* кол башчылыгында кошуун жөнөткөн. Ополу Буха-нойон баштаган алдыңкы кошуун Енисейдин Тувадагы башатына чейин кыргыздарды жиреп барып кайткан. Андан соң Жучу өзү кышка маал тоңо баштаган Селенга дарыясына келди. Хамдуллах Казвини (13-к.) Селенга дарыясында кыргыздардын бир бөлүгү жашарын эскергени маалым. Жучунун аскерлери Селенганы ээлеп, андан соң Енисей (Кем) дарыясынын өрөөнүнө жеткен. «Шэн-у цинь чжен лу» аттуу кытай булагында: «Ал (Жучу) Кем дарыясы аркылуу өттү жана аны бойлоп жүрүп отурду. Кыргыз ханханас (хапканас), телейану (теленгут), кэшидими (кыштым), хоин (хор), ирган деген урууларды каратып алды», – деп жазылат. Рашид ад-Дин да кыргыздар м-н кошо кайрадан каратылган уруулардын ичинде теленгут, кыштым, урасут урууларын ж-а кыргыздардын «арка тарабындагы бир айлык жол узактыгындагы» башка урууларды эскерет. Курыкан өлкөсү да моңгол жортуулуна чейин кыргыздарга вассалдык абалда болгону маалым.

**ТУРАН** – байыртадан айтылып келген уламыштар б-ча Ирандын түндүгүндө жайгашкан өлкө. Уламыштарда Т. жашоочулары ирандыктар м-н жоолашып келишкен. Түрк башкаруучуларынын ак сарайында кызмат кылган тарыхчылар Т-ды байыркы түрк-төргө таандык кылышкан. Т. деп Караханийлерге баш ийген аймакты (Ж. Карши, Ж. Баласагунинин эмгектеринде) да түшү-нүшкөн. Махмуд ибн Валинин эмгектеринде азыркы Теңиртоо аймагы Т. деп аталат. Мусулман авторлорунун айтуусу б-ча бул жерди түрктөр жердеген.

**ТУРДУМАМБЕТ** Тоймат уулу, Т у р д у к е – 19-к-дын 2-жарымында Атбашы, Аксай аймактарын бийлеген манап. Чериктердин Байчубак уругунун Карагул тукумунан. Эки ата өткөн агасы *Ажыбек баатырдын* көзү өткөн соң бүткүл Черик уруусун бийлеген. 1863-ж. жазында 5000 түтүн черик уруусунун атынан букаралыкка кабыл алуу-ну өтүнүп, элчилерин орус бийликтерине жиберген. 1863-ж. 13-октябрда Т-тин элчилери Омскиде Батыш Сибирь генерал-губернаторунун алдында Россиянын букаралыгына өтүүгө ант беришкен.

**ТУРИЗМ АКАДЕМИЯСЫ** – 1997-ж. Кыргызстандагы туризмди өнүктүрүүнүн Өк-мөттүк приоритеттүү программасынын чегинде түзүлгөн. Академиянын уюштуруучулары – Бүткүл дүйнөлүк туристтик уюм, Кыргыз Респ-нын Туризм, спорт ж-а жаштар саясаты б-ча мамл. комитети. Акаде-миянын максаты – туризм ж-а сервис чөй-рөсүн башкарууга ж-а өз мекемесин уюш-турууга жөндөмдүү адистерди даярдоо. «Конок күтүү менежменти» ж-а «Туризм менежменти» бөлүмдөрүндө ту-ристтик саякат, чет өлкөгө баруу ж-а чет өлкөлүк туристтерди күтүү, сервис-тик тейлөө иштерин уюштуруучу адистерди даярдайт. Академиянын программасында окуу процесси м-н бирге респ-дагы ж-а чет өлкөлөрдөгү мыкты делген туристтик сервис

мекемелеринде прак-тикадан өткөрүлөт. Академиянын уюштуруучусу ж-а ректору физика-математика ил-нин доктору, проф. М.Б.Чормонов.

**ТУТУК –** орто кылымда Борбордук Азиядагы түрк элдеринин мансап наамы; уруу башкаруучусу. Т. аталышы Енисейдеги Күл тегинге ж-а Билге-каганга арналган таш жазууларында кездешет. Ал жергиликтүү чакан аймакты бийлеген ж-а аскер башчы катары каганга баш ийген.

**ТУУЛГА** – жоокердин урушка кийүүчү баш кийими. Т-ны кылыч, ок ж.б-дан коргонуу үчүн кийишкен. Т-ны темирден жасашып, ичин кийизден ичтеген, сыртына булгаары каптап, төбөсүнө чок чыгарышкан. Жаагын, желкесин жаап тургандай кайыш бекитилген. Ээк жагы бүчүлөнгөн. Кээ бир Т-лар күмүш м-н кооздолгон.

**ТУУРАБЕЛ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮ-РӨТТӨР –** Үчдөбө айылынан 16 *км* түн-дүктө, Алай кырка тоосунда жайгашкан эрте коло дооруна тиешелүү археол. эстелик. Жергиликтүү эл ичинде «Көл» деп да аталат. Сейрек кездешүүчү ж-а кызыктуу көрү-нүштөгү бугунун, тоо эчкинин, адамдардын, илбирстин сүрөттөрү тартылган. Кыргыз тарыхчылар жамааты м-н Түрк тарых куруму биргелешкен археол. экспедициясы тарабынан изилденген.

**ТУУРАСУУ КӨРҮСТӨНҮ –** б. з. ч. 1-миң жылдыкка таандык эрте көчмөн уруулардан калган археол. эстелик. Эстелик Ысыккөл облусунун Тоң ж-а Туурасуу дарыяларынын кошулушундагы тектирде жайгашкан. Көрүстөн топурактан ж-а таштан үйүлгөн жарым шар түрүндөгү 12 дөбө-мүрзөдөн турат. Алардын диаметрлери 10–30 *м*, би-йиктиги 0,70–2 *м*. Чоң дөбө мүрзөлөрдүн айланасында майда мүрзөлөр жайгашкан. Маркумдардын сөөгү анча терең эмес тик бурчтуу формада казылып, дубалдары таштан кыналып тургузулган таш үкөктөргө, башы түндүк-батышты каратылып, чалкасынан жаткырылып, жайгаштырылган. Үстүлөрү таш такталар м-н бекитилген. Мүрзөлөрдөн маркумга арналган карапа идиштер, колодон жасалган шакекчелер, шурулар, кооздук үчүн жукартылган алтындан жасалган буюмдар (алтын жейрен, алтын шакек, колого алтын жалатылган кур тогоосу, сөөккө карышкырдын сүрөтү түшүрүлгөн жаа бастырмасы) табылган. Эстелик В. П. Мокрынин ж-а П. П. Гаврюшенко тарабынан изилденген.

**ТУУРАСУУ КӨРҮСТӨНҮ –** 13–14-к-га таандык археол. эстелик. Каракужур өрөөнүндөгү Лакол–Жеркөчкү айылдарынын ортосундагы тектирлерде, Туурасуунун чыгыш өйүзүндө жайгашкан. Жыгач табытка көмүлгөн сөөктүн жанынан түбүнө оюу түшүрүлгөн коло табак, хунн дooруна таандык жарма, казанак көрлөрдөн темирден, жыгачтан жасалган тиричилик буюмдары табылган. Б. з. ч. 1-миң жылдыктан – б. з. 2-миң жылдыгынын акырына чейинки эстеликтер картага түшүрүлгөн. Сак доорундагы көрүстөндөрдөн чопо идиш, темир жаа салган баштыктын илгичи табылган. Байыркы түрк дооруна таандык коргончолордун күн батыш тарабына бийиктиги 40 *см*ге жеткен бир же эки таш мамы орнотулган. Жоокерлер коюлган көрүстөндөрдөн сөөктөн, жыгачтан жасалган жаанын жебелеринин учтары табылган. Жалпак жыгач жебелер териси баалуу жаныбарларга аңчылык кылууда колдонулган. Кызыктуу табылгалардын катарына жыгач ээрлер кирген. Аялдын ж-а эркектин көрүстөндөрүнөн түзүлүшү жагынан айырмаланган ээрлер табылган. Аялдардын ээринин алдыңкы кашы өзгөчө көркөм-дөлгөн, жүгөндөрү жука, жез тогоолор м-н кооздолгон. Адамдын сөөгүн чуңкур көр-лөргө жайгаштырып, үстүн шыргый жыгачтары м-н тизип жабышкан. Жыгачтын учтары чуңкурдагы атайын жасалган ийин-челерге тирелген. Маркумдун жашына, жынысына жараша тирүү кезинде колдонгон буюмдары үзөңгү, жүгөн, ээри коюлган. Т.к-нүн 1953-ж. А. Кибиров, 1990-ж. К. Табалдиев изилдеген.

**ТУХСЫЛАР** – 10–12-к. Караханийлер доо-рундагы Теңиртоо аймагын мекендеген уруулар тобу; феодалдык доордун алгачкы мезгилинде түргөш элинен жиктелип чыккан. 11-к-да тухсы-чигил деп да аталган. Т. кийин кыргыз, казак, уйгур, өзбек элдерине аралашып кеткен.

**ТУХСЫ ТЫЙЫНДАРЫ –** Жетисууда жашаган, түргөштөргө баш ийген түрк уруусу тухустардын (тухсы) тыйындары. М. Н. Федоровдун айтымында Т.т-нын бир нече түрү кездешет. Мис., айрым тыйындардын салмагы 1–2,5 *гр*, диаметри 15–20 *мм*. Аверсинде «Мырза түргөш каганы. Фан», реверсинде тухсы бийлөөчүлөрүнүн уруулук тамгасы түшүрүлгөн. Тамганын жанында «тухсы падышасы (башкаруучу)» деген согду жазуусу бар. Тыйындарда түргөш кагандарынын ысымдары урматталып эскерилген. Кездешкен дагы бир тыйындардын салмагы 0,3–0,8 *гр,* диаметри 10–12 *мм*, аверсинде «тухсы падышасы» же «тухсы тегини» деген жазуу, анын жанында үчилик тамгасынын бир варианты жайгашкан. Реверсинде жазуу жок.

**ТУШ КИЙИЗ,** т у ш т у к, т у ш т у у р д у к – боз үйдүн керегесине, там үйдүн дубалына тартуу үчүн саймаланган кооздук буюм. Т.к-дин уз. 2,5–3 *м*дей, туурасы 1,5–2 *м*дей, четинин эни 40–50 *см*дей болот. Адеген-де Т.к. кийизден ж-а кийизге оюу-чийүү, көчөт түшүрүп жасалган, чети кундуз м-н көбөлөнгөн. Баш жагына шуру, бермет, акак таштар бастырылган. Кийин тукаба, парча сыяктуу кездемеден жасала баштаган. Анын ич жагы астарланат (ичтелет), жээги сай-маланбай кара, кызыл түстөгү калың материал м-н 5–7 *см*дей жээктелип, ийрек же ромб формасындагы кош тигиш м-н шырылат. Чети чий баркыттан, макмалдан жасалып, бетине көчөт түшүрүлөт. Т.к-дин ортосу четинин өңүнө карата тандалат. Чети кандай материалдан болсо, ошол эле материалдан анын дал ортосуна (кээде эки бурчуна да) тумарча орнотулган. Т.к-дин четине жарым бадам, жарым кыял, бармак боочу өңдүү оюмдар сайылат. Т.к-дин четки саймасы м-н ортолук саймасын ала мончок оюму м-н сайылган эндүү жээк бөлүп турат. Көркөм көчөттөрдү бири-биринен ак, сары жиптер м-н сайылган

суусу, ала мончогу айырмалайт. Алар бутактанып кетет. Т.к-де кыял оюуму кенен колдонулат. Т.к. боз үйдү кооз-доп гана турбастан, суукту да тоскон.

**ТУШОО КЕСҮҮ,** т у ш о о к ы р к у у, т у ш о о т о й – батыраак бассын деген ниет м-н там-туң баскан баланын бутуна байланган жипти кесүү ырымы. Баланын тушоосун кесүү үчүн баланын ата-энеси айылдагы элди бала-бакырасы м-н чакырып, той өткөрөт. Чогулган элдин алдында айылдын ардактуу карыясы тушоосу кесиле турган баланын буттарын ала жип м-н тушайт да, чогулган балдарды 40–50*м*дей аралыктан чуркатып жарыштырат. Биринчи келген балага биринчи, калгандарына кийинки байге берилет. Биринчи келген бала тушоону (байланган жипти) кайчы, бычак же маки м-н кесет. Т.к. жаңы баскан же бечел балага арналып өткөрүлгөн.

**ТУЮК КӨРҮСТӨНҮ –** коло дооруна (б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягы–1-миң жылдыктын башы) таандык археол. эстелик. Гүлчө–Чоңалай автомобиль жолунун 76 *км*де Гүлчө ж-а Туюк сууларынын кошулушундагы жа-йык тектирде жайгашкан. Негизги эстеликтер Туюктун эки өйүзүнөн орун алып, турак жайдын дубал калдыктары ачылган. Дубалдын калыңдыгы 70 *см*, бийиктиги 1 *м.* Таштан тизилген очоктор, от калдыктары, аркар, текенин сөөктөрү табылган. Айрыкча, сүйрү түзүлүштөгү ортолору кайкы алгачкы таш жаргылчактар көп кездешет. Суунун эки өйүзүндө 150гө жакын мүрзөлөр бар. Дөбө-лөрү топурак, таш кошулмасынан үйүлүп, тегерек же төрт чарчы сымал түзүлүштө болгон, айрымдары аңгек м-н курчалган. Дөбө-лөрдүн бийиктиги 20–40 *см*ден 4–6 *м*ге жеткен, диаметрлери 5–60 *м.* Дөбөлөрдүн үстүн-дө чуңкурчалар жайгашкан. Мүрзөлөрдүн ички түзүлүшү жарма көр ж-а жер алдында 4–5 *м* тереңдиктеги казанактуу көрлөр болгон. Маркумдар кийизге, жазы жыгачтарга ж-а атайын жасалган табыттарга жаткызылган. Мүрзөлөрдө от калдыктары көп кездешет. Маркумдар бирден же топ-тобу м-н коюлган. Аялдардын баш сөөктөрү сөлпү болгон. Карапа идиштер, жыгач чөйчөктөр, жаа жебелери, коло күзгү, жыгач үстөл, асыл таш чөгөрүлгөн алтын тумар, кагаз сымал алтындан жасалган кооздук буюмдары табылган. Көрүстөн эстеликтери б.з. 2–4-к-на (хунн доору) мүнөздүү. А. Ю. Баруздин, А.К.Абетеков, Кыргыз тарыхчылар жа-мааты ж-а Түрк тарых куруму тарабынан изилденген.

**ТҮГӨЛСАЙ АРХЕОЛОГИЯЛЫК КОМ-ПЛЕКСИ** – Жумгал р-нунун, Түгөлсай айылынын жанындагы 10–12-к-га таандык 6 шаар чалдыбары ж-а 1–10-к-га тиешелүү 2 байыркы көрүстөн. Имараттын калдыгы, жыгач табыт, карапа сыныктары, малдын сөөгү ж. б. табылган. Бул жерде металл өндүрүү кыйла өнүккөн. Шаарчанын айланасында темир эриткенден калган шлактар, кыш бышырган жерлер арбын. 1958–59-ж. П.Н.Кожемяко изилдеген.

**ТҮЙМӨ** – боёлгон жиптен, майда тилинген кайыштан өрүп жасалган чачы, кооздук. Т-нүн «чаян түйүш», «кылыч байлоо», «өрмө чачы», «түймө чачы», «төкмө чачы», «иймек чачы», «илмек чачы» ж.б. ыктары бар. Т. боз үйдүн уугунун эки же төрт тарабына, жабык башынын, тегиричинин этегине, үзүктүн тышкы жээгине, эшик тыштын үстүнө, аяк кап, күзгү кап, секичек, ашкана, суу жоолук (чачык) деген буюмдардын четине, тебетейдин, калпактын төбөсүнө, чачпак, чолпулардын учуна түйүлөт. Т. ж-а анын чачылары тагылган буюм өтө көрктүү болот.

**ТҮЛБЕР –** байыркы кыргыздардын бир уруусу (6–10-к). Учурда Минуса ойдуңуна (Хакасия) туташ жашаган, кыргыздарга теги жакын шорлордо да Т. аттуу урук бар. Алардын теги байыркы Енисей (Минуса) аймагынын кыргыздары м-н байланышы бар. В.В.Радлов 9-к-дан тартып кыргыздар биротоло мекендей баштаган азыркы Тувада (Уюк ж-а Туран дарыяларынын ортолугу) табылган таштагы жазуудагы Т. (тюлбер) этнонимин енисейлик кыргыз урууларынын биринин аталышы катары карайт. Бул эстелик-эпитафия Кыргыз кагандыгындагы жогорку даражалуу бийлик адамы Учин Күлүктиригке арналганы маалым. Кыргыз Т-лер (10-к.) азыркы Туванын түндүк аймактарында, Минуса ойдуңуна жамаатташ жерлерде көчүп-конуп жашашкан. Айрым изилдөөчүлөр 9-к. Т-лер Минуса ойдуңунан азыркы Тувага Кыргыз кагандыгынын уйгурларга жасалган чабуулунан соң көчүп келишкенин белгилешет. Г. Ф. Миллер өз эмгегинде казак-орустарга 1616-ж. салык тө-лөгөнү ж-дөгү маалыматты берет. 17–18-к. Т-лер Кузнецк ш-на жакын Том дарыясына жамаатташ жерлерди байырлашкан. Т-дин каада-салтын, жашоо-турмушун көрүп, каттоого алгандар телеут, алтай (түштүк алтайлар), качин, батыш тувалыктарга генетикалык жалпылыкта деген ойлорду айтышат. Этнонимди бүгүнкү кыргыздардын түлөө-берди, түлөөлү ж.б. уруктары м-н окшоштуруп кароого негиз бар.

**ТҮЛКҮ БИЙ**, Т ү л к ү А й т а у у л у (туулган ж-а өлгөн жылы белгисиз) – 18-к-дын орто ченинде чекир саяк уруусун башкарган бий; кыргыз-кытай саясий ж-а дипломатиялык мамилелерин жакшыртууга салым кошкон инсан. 1758-ж. кыргыздарга карата чыгарылган кытай императорунун манифестин жарыялоо үчүн генерал Чжао Хой офицерлери м-н Ысыккөлгө келген. Аларды биринчилерден болуп Санташ ашуусунан Т. б. тосуп алган. Т. б-дин коштоосунда кытай офицерлери Урдэн ж-а Толунтай кыргыз конуштарын кыдырып, *Черикчи бийге* ж-а *Мааматкул бийге* жолугушкан. Натыйжада Т.б. Мааматкул бий кытай императоруна жөнөткөн кыргыз элчилеринин курамында Пекинге чейин барган. Кытай императору барган элчилерге, а. и. Т. б-ге 3-даражадагы бийлик даражасынын белгисин, асыл таш ж-а тоос куштун канатын тапшырып, бурут башкаруучуларынын тизмесине киргизген. Т. б. м-н Шербек 500 түтүн чекир саяк уруусун башкарышкандыгы ошол эле кытай маалыматтарында көрсө-түлгөн.

**ТҮМӨН БАШЫ** (монг.)–түрк аскер системасында он миң аскерден турган кошуундун кол башчысы.

**ТҮНДҮК-БАТЫШ МОҢГОЛИЯДАГЫ КЫРГЫЗ УРУКТАРЫ** моңголдордун дэрбэт, урянхай, хотон ж-а мингат (мангут-мангыт) урууларынын курамынан кездешет. Кыргыз уруктары бул уруулардын курамына 12–14-к-да кара кытай, моңгол жапырыгында, айрымдары енисейлик кыргыздар Жуңгар хандыгы тарабынан зордоп көчүрүлгөн мезгилден соң кирген. 1703-ж. 4000 түтүн кыргыз Цеван Рабдандын аскерлери тарабынан Жуңгарияга көчүрүлүп кеткендигин орус документтери тастыктайт. Этностук топтордун баарында тең, кыргыз аталышы м-н бирге бурут аттуу уруктар да кездешет.

**ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УРУУЛАР АРАЛЫК ЧЫР-ЧАТАКТАР.** 19-к-дын 1-жарымында кыргыз урууларынын ортосунда жоокерчилик заманга мүнөздүү феодалдык кагылыштар тез-тез болуп турган. Айрыкча бугу м-н сарыбагыштын чатагы узакка созулуп, аркалык кыргыздарды аябай алсыраткан. Уруулар аралык чыр-чатактардын максаты ж-а мүнөзү ар кандай болуп, ички, тышкы шартка, тарыхый кырдаалга жараша өзгөрүп турган. Адатта мындай кагылыштар көбүнчө коңшу уруунун жылкысын тийүү, малын айдап кетүү, барымтага, туткунга алуу, олжого туйтунуу үчүн жүргүзүлчү. Кийинчерээк жер, жайыт талашкан чатактар көбөйүп кеткен. Ошону м-н бирге айрым феодалдык төбөлдөрдүн өздөрүнүн саясий үстөмдүгүн кеңейтүү ж-а бекемдөө аракеттери да чыр-чатактарга түрткү берген. Сарыбагыш уруусунун чоң манабы *Ормон хан* Ныязбек уулу бүткүл түндүк кыргыз урууларынын үстүнөн бийлик жүргүзүүгө, кыргыз хандыгын түзүүгө далалаттанган. Ормондун кыргыз жерин саясий жактан борборлоштуруу, бириктирүү аракеттерин айрым уруулардын манаптары колдогон эмес. Ошондуктан ага өз алдынча болууну эңсеген, анын бирдиктүү бийлигине караганда бытырандылыкты артык көргөн тең ата уруулардын ак сөөктөрү м-н чатакташууга туура келген. Мындан тышкары Ормон коңшу өлкөлөр Кытай м-н *Кокон хандыгынын* бөлүп-жаруучулук аракеттерине ж-а улам таасири күчөп келе жаткан Россиянын кыйды саясатына кабылган. Алардын ар биринин тымызын максаттары болгон. Ал өлкөлөрдүн өкүлдөрү, тыңчылары кыргыз урууларын астыртадан кайраштырып, чатакташтыруудан да кайра тарткан эмес.

С а р ы б а г ы ш, с а я к ч а т а г ы. 19-к-дын 1-жарымында сарыбагыш, саяк, бугу, солто уруулары өз ара кагылышып турушкан. Солто м-н сарыбагыштын 20-жылдардын башындагы чабышы ошондой кагылыштардын алгачкысы эле. Бул чатак Чүй боорун *Мадалы хан* каратып ала баштаган учурга дал келип, аймакта Кокон үстөмдүгүнүн орношун кыйла жеңилдеткен. 30-жылдардын орто ченинде сарыбагыш, ж-а саяк уруулары өз ара жоолашкан. Эки уруунун чоң манаптарынын ичара таарынычы, менменсинип, бири-бирин басмырлоолору, шылдыңдоолору буга себеп болгон. Ортого атайылап от жаккан ниети бузук адамдар да белгилүү роль ойногон. Эрегиште эр өлүп, бейкүнөө эл азап чеккен. Сарыбагыштын чоң манабы Ныязбектин тууганы Айдаке баатырды саяктын чоро уругунан чыккан Жанболот бийдин жылкычылары шылдыңдап, намысына тийишкен. Ал Ниязбекке даттанып барат. Ниязбек чоро, курманкожо уруктарынын чоң манаптары Качыке баатыр м-н Медет даткага жигиттерин жиберип, Жанболот бийди айыпка жыгууну талап кылат, антпесе, анын айылын чаап алам деп коркутат. Чатак ырбап, жаңжал чыккан. Ныязбектен кордук көргөн Качыке баатыр Нарын, Атбашы, Акталаа, Тогузтородогу саяктардан кол курап, эки жыл даярданган соң, Жумгалдан Чүйдөгү сарыбагыштарга каршы жоортулга чыккан. Желаргы-Тайгак деген жерде жайбаракат жаткан Ныязбектин айылына капилеттен кол салган Качыке баа-тырдын кошууну айылды чаап, мал-мүлкүн талап, жылкысын айдап кеткен. Ныязбек сарыбагыштардан шашылыш жигит жыйнап, саяктардын артынан жөнөйт. Бирок «Ныязбектин сегиз бек» деген атакка конгон уулдары жетектеген сарыбагыш колу Шамшы капчыгайынын оозундагы айкашта саяктардан жеңилген. Эки тарап жапырт беттештерден мурда Ныязбектин Ормон ж-а Субанбек деген уулдары сайышка тү-шүп, саяк баатырлары Эралы м-н Кожобердиден жеңилип калышкан. Тополоңдо сарыбагыштар көп жоготууга дуушар болуп, Ор-мон туткунга түшөт. Ал 8 ай бою саяктарда туткунда жүрүп, араң качып кутулган. Саяк-тар м-н сарыбагыштардын чабышы кокусунан болгон эмес. Эң башкы себеби, ошол кезде Ныязбек Эсенгул уулу башында турган сарыбагыш манаптарынын Кочкор ж-а Жумгал өрөөндөрүндөгү мыкты жайыттарды ээлеп алуу ж-а чоро, курманкожо, кулжыгач сыяктуу чачкынды саяк уруктарын, Ысык-көлдүн батышындагы саяктарды өз бийлигине баш ийдирүү максаты болгон.

Б у г у – с а я к ч а т а г ы. Ошол эле 30-жылдарда саяк м-н бугу урууларынын ортосунда ичара талаш-тартыштар күчөйт. Саны арбын бугу уруусу, ар кайсы аймактарда бытыранды жашаган саяктарга үстөмдүк кылып, көбүнчө жеңишке жетишип турган. Бугу баатыры Ногойдун жортуулунун учурунда Медет датканын уулу Айтак баатыр набыт болот. Медет датка кокондуктардан жардамга аскер сурап алып, бугуларды Текеске чейин сүргөн. Олжолорун, туткундарды кийин Айтактын ашында байгеге сайган. Мындан көп өтпөй бугуларга саяктардын дагы бир чоң манабы Качый кол салган. Кокондук кошуун колдогон саяк колунун чабуулуна туруштук бере албай, бугулар Каркыра, Текеске чегинген. Бирок Качый бугулардын капысынан уюштурган чабуулуна кабылып, Керойт баатырдын колунан өлгөн. Кол башчысынан айрылган саяктар кайра тартууга мажбур болушкан. Бугулар да жөн жатып калган эмес. Бугулардын саяк-тарга каршы жортуулдарынын бирине *Балбай баатыр* жетекчилик кылган. Жалтанбас эрдиги, көкжалдыгы м-н даңкы чыккан Балбай баатыр курманкожо уругунун чоң манабынын сай күлүк атына, *Медет датканын* Аксыйнат аттуу сулуу кызына көзү түшүп, аларды колго тийгизүүнүн эбин таппай жүргөн. Бирок анын башкы максаты оңой олжого, жаңы жайытка ээ болуу, бугу уруусунун манаптарынын саясий таасир чөйрөсүн кеңейтүү эле. Балбай баатыр Жумгалдагы курманкожо, кулжыгач айылдарына жортуул уюштурган. Бугунун чоң манабы *Боромбай*

Бекмурат уулу да бул жор-туулга катышкан. Балбайдын жортуулга чыкканы ж-дө алдынала кабар алган Дөөлөт баатыр кармашка жакшылап камынганга үлгүргөндүктөн, Жумгалга келгенде бугулар саяктардын катуу каршылыгына кабылып, Балбай өзү чалгынга чыкканында колго түшкөн. Саяктар анын кулагын кесип, узак убакыт туткун катары кармашкан. Кийин туугандары көп мал берип жатып, араң куткарып алышкан. Кектенип калган Балбай баатыр өч алуу үчүн саяктарга кайра-кайра кол салып турган.

**ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯ МЕНЕН 19-КЫЛЫМДАГЫ ЭЛЧИЛИК АЛАКАЛАРЫ.** 19-к-дын биринчи чейрегинде *Кокон хандыгы* тараптан кол салуу коркунучу күчөгөн кырдаалда ага өзүлөрү каршы тура албастыгына көздөрү жеткен айрым аркалык кыргыз урууларынын башчылары Россиядан жардам алууга, калканч табууга үмүттөнүп, ал жакка элчи жөнөтө баштаган. Буга Цин империясынын душмандык аракеттери да түрткү болгон. Кыргыздар м-н алака түзүүгө Батыш Сибирдеги орус төрөлөрү да ынтызар эле. Кыргызстандын түндүгү, Теңиртоо аркылуу Чыгыш Түркстанга ж. б. өлкөлөргө өтчү соода жолунун бейкуттугун, орус кербендеринин коопсуздугун кыргыздар гана камсыз кыла алмак. Россиялык соодагерлердин Алатоо аймагын аралап өтүшү үчүн кыргыздардын макулдугун алуу максатында орус улуктары Ысыккөлгө 1811–13-ж. бир нече (3) кербен жөнөтүп, бугунун бийлерине атайы кат м-н кайрылган. Кербендердин бирин Шералы бий ж-а Ниязбек бий жылуу кабыл алып, сый-урмат көрсөтүшкөн. Бийлер орус кербендеринин коопсуздугун камсыз кылууга, Кытай чегине чейин өз жигиттерине коштотуп берүүгө убада беришкен. 1813-ж. 21-ноябр-да ысыккөлдүк кыргыздардын Шералы бийдин уулу Качыбек, Ниязбек бийдин уулу Жакыпбек баш болгон элчилери Семейге жол тарткан. Элчилер 1814-ж. 5-январда Семей чебине келип, Батыш Сибирь генерал-губернатору Г. И. Глазенап м-н сүйлөшүү-лөрдү жүргүзүшкөн. Кыргыз элчилери өз эли Россия м-н соода-сатык жүргүзүүнү каалашарын, алардын мекени аркылуу коңшу өлкөлөргө россиялыктардын бейкапар өтүшүн камсыз кылууга көмөктөшүүгө даяр экендигин билдиришкен ж-а Петербургга коё берүүнү суранышкан, падышанын ошол кезде борбордо жок экенин шылтоолоп, Г. И. Глазенап макул болгон эмес. Орус төрөсү Россия мамлекети кыргыздар м-н экон. ж-а саясий карым-катнаштарды улантууну, өнүктүрүүнү көздөөрүн билдирген. Кыргыз элчилерине падышанын атынан урмат көрсөтүлүп, Качыбекке алтын чен (медаль), Жакыпбекке каухар таш чөгөрүлгөн шакек тартууланган. Мындан тышкары Г.И.Глазенап элчилерге капитан наамын, атайын аларга арналган кылычтарды берүүгө убада кылган. Элчилер Омск ж.б. чептерде, Барнаулдагы заводдордо болушат. Ысыккөлгө кайтканда алар Батыш Сибирдеги орус бийлигинен кат ала келишкен. 19-к-дын 20-жылдарында ысыккөлдүк кыргыздардын орус төрөлөрү м-н саясий байланыштары кайрадан жандана баштаган. Буга кыргыз айылдарына келген орус соодагерлеринин ишмердиги да түрткү болгон. Алсак, Семейдеги орус көпөсү С. Поповдун кызматчысы казандык татар Файзулла Сейфуллин, Семейде жашоочу ишимдик мещанин Б. А. Пиленков ж-а казак султаны Галий Адыловдун төлөңгүтү Уйсунбай Шүкүров бугунун үч уругунун (желдең, арык, белек) бийлерин Россияга элчи жиберүүгө көндүрүшкөн. Россияга жаңы элчилик жөнөтүүгө Кокон хандыгынын баскынчылык аракеттеринин күч алышы, Кытай богдыханынын аксымдыгы, бугулардын саяк, сарыбагыш ж. б. уруулар м-н чатакташуулары да себеп болгон. Ысыккөлдүк кыргыздар 1821-ж. ж-а 1824-ж. Омскиге элчилерин жөнөтүшкөн. *Акымбек* бий Олжобай уулу, *Алгазы* бий Шералы уулу, *Алымбек* бий Жапалак уулу баш болгон кыргыз элчилери (12 миңдей түтүн элдин атынан) 1824-ж. декабрда Семейге, 1825-жылдын башында Омскиге келишкен. Омскиде элчилер 25-майга чейин болуп, Омск облусунун акими С. Б. Броневский м-н кезигишип, ага бугунун үч уругунун бийлеринин катын тапшырышкан. Кийинчерээк кыргыз элчилерин Батыш Сибирдин жаңы генерал-губернатору П. М. Капцевич кабыл алган. Элчилер орус төрөлөрүнүн коңшу уруулар м-н кагылыштарда бугу уруусуна калканч бо-луп, колдоо көрсөтүүнү өтүнүшкөн ж-а орус кербендерин Кашкарга ж-а Аксууга чейин коштоп барууга уруулаштары (бугулар) даяр экендигин билдиришкен. Омскидеги орус бийлиги элчилерге мындан ары кыргыздар м-н карым-катнаштарын жакшыртууга убада кылган. Урмат көрсөтүү иретинде элчи башы үч бийге алтын медаль берилип, элчилерди 50 казак-орустан турган чакан кошуун коштоп, сапарга аттанган. Кошуунга адегенде подполковник Ф. К. Шубин, кийин хорунжий Т. В. Нюхалев башчылык кыл-ган. Кошуун м-н кошо аскер дарыгери, поляк Ф.К.*Зибберштейн* кыргыз жерине келген. 1825-ж. августта элчилер Ысыккөлгө кайтып келишкен. Россиялыктар кыргыз бийлерине Омскидеги орус төрөсүнүн катын жеткиришкен. Элчилик байланыштардын кыйла тереңдеген мезгили 40-жылдарга туура келет.

**ТҮП КЕНЧИ** – б. з. ч. 1-миң жылдыкка тиешелүү археол. казына. 1884-ж. П. Мячин жертөлө казып жаткан учурда кокусунан табылган. Т. к-нин курамына 7 буюм, 1 балта, үч көзөөч, бычак ж-а того кирген. Т.к. гео-химиялык жактан башка кенчтерден айырмаланат. Балтанын, бычактын курамында аз өлчөмдө никель ж-а коргошун колдонулуп, сурьма ж-а кобальт колдонулган эмес. Бул эки курал мышьяк кошулган жезден жасалган. Тогоо м-н көзөөчтү жасоодо калай, висмут, күмүш, мышьяк, никель, сурьма колдонулган. Бул жагынан *Шамшы кенчине* жакындыгы аныкталган. Балта м-н тогоо эки жактуу калыпка куюлуп жасалган, бычак жалпак капкагы бар бир жактуу калыпка куюлуп жасалган. Куюлгандан кийин артыкча бөлүктөрү тазартылып, миздери чыңоо жолу м-н жукартылган. Балтанын муздак чабылып жасалышы, көлөмүнүн өзгө-чөлүгү жагынан Кыргызстандагы табылгалардан айырмаланып турат. А. Д. Дегтяреванын божомолунда, Түндүк Кавказдагы кобан маданиятындагы куралдар м-н жакындыгы бар. Табылган буюмдарды Казан ун-тинин проф. Н. В. Сорокин Москва ун-тинин антропология музейине өткөргөн.

**ТҮП КОЗГОЛОҢУ** – Түп айылында 1919-ж. 26-июлда Совет бийлигине каршы чыккан козголоң. Ак гвардиячы Демченконун 300 кишиден турган кошууну баштаган. Караколду, Ысыккөлдүн түндүк тарабын ээлеп, Оштогу басмачыларга кошулуу козголоңчулардын негизги максаты болгон. Аларды Покровка, Сазановка, Түп, Николаевка, Михайловка, Семёновка айылдарынын кулактары колдогон. 24нөн 25-июлга караган түнү козголоңчулар Түп (Преображенский) айылын басып алышып, 15 сов. ж-а партиялык кызматкерлерди туткунга түшүрүшүп, коңшу кыштактарда жашагандарды кошуундун курамына тартышып, Совет өкмөтүнө каршы үгүттөө иштерин жүргүзүшкөн. Демченконун кошууну Караколду курчоого алган. Шаарды коргоо үчүн аскердик кеңешке шаардын тургундары, ыктыярдуу кошуундар, кызыл аскер бөлүктөрү киришкен. Бириккен коргоо кошуунун уезддин аскер комиссары И. Я. Терно жетектеген. Башында Ф. А. Кузнецов, Я. В. Чичасов, А. Н. Почкалов, М. Сүйүнбаев ж. б. турушкан чакан аскер бөлүктөрү Токмоктон Ф. С. Дубовицкийдин, Жетисуу фронтунун Жаркен–Каракол участкасынан М. Н. Кравцовдун ж-а Верныйдан кызыл гвардиячы кошуундары келгенге чейин шаарды коргоп турушкан. Аларга «Жаңы заман», «Биримдик» коммуналарынын мүчөлөрү тамак-аш азыктары м-н чоң жардам көрсөтүшкөн. 26-июлда ак гвардиячылар талкаланып, тоо таянып качышкан. Түп, Кызылсуу ж.б. бошотулуп, бардык жерде Совет бийлиги орнотулган.

**ТҮРГӨШ КАГАНДЫГЫ** – 704–766-ж. Иртыштан Сырдарыянын ортоңку агымына чейинки аймакты ээлеген мамлекеттик бирикме. Батыш Түрк кагандыгы кыйрагандан кийин түргөштөрдүн мамл. пайда болгон. Түргөштөр «он ок элинин» дулу конфедерациясына киришкен. Алар «сары» ж-а «кара» урууларына бөлүнүшүп, төбөлдөрү өз ара атаандашып турушкан. Үч-Элиг кагандын тушунда (704–706) Суйаб ш. башкы борбор катары жарыяланып, бийлик таасири Чыгыш Түркстанга чейин тараган. Кыргыз мамл., тибет башкаруучулары, түрк кагандыктары м-н согуштук-саясий ж.б. келишимдер түзүлгөн. Үч-Элигдин уулу Сакал кагандын (706–711) тушунда мамл. бийлик бир топ чыңдалган. Ал ички ж-а тышкы душмандарга каршы ийгиликтүү күрөшкөн. 710-ж. күчөп бара жаткан Чыгыш Түрк кагандыгына каршы Кыргыз мамл. Кытайдын Тан династиясы, Т.к. кирген үчилтик коалициясы түзүлгөн. Бул Чыгыш түрктөрүнүн умтулууларына чоң тоскоолдук болгон. 712–738-ж. Т.к. Орто Азияга батыштан басып кирген араб баскынчыларына каршы чечкиндүү согуштардын негизги тиреги ж-а уюштуруучусу болгон. Түргөштөр Мавераннахрдагы согду калкы м-н бирдикте баскынчы арабдарга каршы сокку уруп турган. Ортоңку Сырдарыя, Фергана, Талас, Чүй, Ош өрөөндөрүн арабдар басып алышкан эмес. Өзгөчө Сулу (Сулук Чабыш-чор) каган бийлеген чакта Т.к. гүлдөп-өсүүгө жетишкен. Өлгөндөн кийин уулу анын Тухварсендин (738–739) тушунда түргөштөр ич ара жиктелип, такты үчүн тирешүүлөр курчуган. «Сары» түргөштөрдү жетектеген Бага-Таркан Фергана, Чач (Ташкен), Кеш ж-а Кашкардагы Тан сулалесинин акиминин колдоо-су м-н кара түргөштөрдү жеңет да, өзүнө Күл-Чор Бага-таркан каган (739–744) наа-мын алат. Ички күрөш мамлекетти алсыратып, натыйжада кагандыкка мурда таандык болгон батыштагы бир катар ээликтер арабдардын кол астына өтө баштаган. Оболу уйгурлар м-н ынтымакта болуп, Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына каршы чыккан алтайлык карлуктар Орхондогу бийликти уйгурлар толук ээлеп алгандан кийин аларга каршы чыгышкан да, Теңиртоого көчүп кетишкен (746). Түргөштөр аларга да, кытайлык Тан сулалесинин айрым баскынчыл жүрүштөрүнө да тиешелүү жооп бере алышкан эмес. Ошол доордо йагмалар да уйгурларга каршы чыгып, Ички Азиядан Теңиртоонун чордонуна (Нарын аймагына) че-йин көчүп келишкен ж-а аларды түргөштөр өз ымаласына тартышкан. Енисейдеги чиктер м-н этностук байланышы бардыгы божомол кылынган чигилдер да Теңиртоого дал ошол 8–к-дын ортосундагы элдердин журт которуу маалында келген. 748-ж. Суйаб ш. убактылуу Тан сулалесинин баскынчы аскерлеринин өкүмү алдында калат. Борбордук Азияда эң ири эки мамлекет – Тан сулалеси м-н Араб халифтиги өз ара тирешип турушкан. Алардын эң чечкиндүү салгылашуусу 751-ж. Талас суусуна жакын Атлах деген ш-дын жанында болуп, кытайлыктардын ар-миясы катуу жеңилип, көп аскери кыргынга учурайт. Арабдар деле Жетисуу чөлкөмүн ала алышкан жок, бирок бул Таластагы (Атлахтагы) тарыхый салгылашуу жергиликтүү калктардын арабдар тарабында согушкандыгынын гана күбөсү болбостон, Кытайдын таптакыр артка чегинишинин ж-а ал түгүл Чыгыш Түркстанды да жергиликтүү түрк калктарынын пайдасына колдон чыгарышынын доорун баштап берген. Теңиртоолук түрктөр өз маданиятында Чыгышка (Кытайга) караганда, Батыш Азиядагы цивилизацияга биротоло ык салышы да ушул салгылашуудан соң бекемделди. Т.к. Енисейдеги Кыргыз кагандыгы м-н узак мөөнөттүк саясий ынтымакты түзгөн, аны м-н соода алакаларын гана эмес, элчилик байланыштарын жүргүзгөн. Чыгыш Түркстан аймагында түргөштөр Уйгур кагандыгы (744–840) м-н атаандашып турган, ошондуктан Енисейдеги Кыргыз кагандыгы м-н мурдагыдай эле согуштук-саясий ынтымагын улантууга аракеттенген, кыргыздардын Тибет м-н соода алакалары үчүн жол коопсуздугунун кепилдигин түргөштөр (кийинчерээк – алардын бийлигин тартып алган карлуктар да) өз мойнуна алган.

**ТҮРГӨШТӨР** – *Түргөш кагандыгын* (704–766) негиздеген түрк тилдүү уруулардын бирикмеси. Түргөш уруулары түндүк Жетисуудан Иртышка, андан Сырдарыянын ортоңку агымына чейинки аймактарды мекендешкен. Айрым маалыматтарда Т-дүн 200 миң чамалуу болушкандыгы баяндалат. Т. кыргыздар м-н өзара алакада болушканы маалым. Бул мезгилдеги саясий окуялар Саян-Алтайдагы руна сымал жазууларда кенен чагылдырылган. Т. негизинен көчмөн мал чарбачылыгы м-н кесиптенишкен. Ошол эле учурда эл отурукташкан аймактар кеңе-йип, шаарлар көбөйгөн. Көчмөн Т-дүн көп-чүлүгү шаманизмге табынса, Чүй

өрөөнүн-дөгүлөрү будда ж-а несторий диндерине сы-йынышкан. Түргөш кагандыгы ислам динин кабыл алуудан (751-ж.) баш тарткан.

**ТҮРГӨШ ТЫЙЫНДАРЫ** Чүй өрөөнүн-дөгү шаар калдыктарынан (Акбешим, Шишдөбө), көбүнчө Ысыката р-нун Красноречка айыл өкмөтүнүн аймагындагы Красноречка шаар чалдыбарын археол. казуу убагында табылган. Т.т. колодон ж-а жезден жасалган. Бул монеталар Үч-Элиг (699–706) Батыш Түрк кагандыгынын он ок элинин каганы наамын (титулун) кабыл алгандан соң чегилип чыгарыла баштаган, аверсте «түргөш – каган» деген жазуулар бар. Акыркы иликтөөлөр Т.т-нын сапаты, жасалыш технологиясы кытайлардыкынан кем калбагандыгын тастыктайт. Т. т. Суйабда чегилген. Кыргыз Респ-нын мамл. тарых музейинде сакталууда.

**ТҮРК КАГАНДЫГЫ –** 551–603-ж. Борбор Азиядагы мамлекет; чыгышында Кытай, батышында Византия, түштүгүндө Иран м-н чектешкен алгачкы орто кылымдагы түрк доорунун ири державасы. Ашина уруусу алгач Алтайга көчүп баргандан кийин ошол доордо Борбор Азияда үстөмдүк кылган жужандарга көз каранды болуп, аларга салык төлөп турушкан. Алтайдын мал чарбачылыкка ыңгайлуу жайлоолору, темир кендери алардын саясий-экон. жактан өсүшүнө түрткү болгон. Коңшулаш жергиликтүү калктарды баш ийдирген. Алардын уруу бирикмесинин саясий жактан жогорулашына байланыштуу «түрк» деген жаңы аталыш пайда болгон. Адегенде ал ашина ак сөөктө-рүнө, бийлик өкүлдөрүнө гана тиешелүү болсо, бара-бара уруулар союзунун, андагы калктын, кийин мамл-тин атына айланган. Алар коңшу ээликтер м-н соода, элчилик мамилелерди түзүшкөн. 545-ж. Т. к-нын негиздөө-чүсү Бумындын ордосуна Батыш Вэй императору Тайцзудан элчи келген. Кийин Бумын Батыш Вэй императору Вэнди м-н жужандарга каршы келишим түзүп, анын кызына үйлөнгөн. 552-ж. Бумын жужандарды талкалап, илик каган титулун алган. Ошентип, 552-ж. Улуу Т.к. түзүлгөн. Бумындын мураскору Мукан кагандын (553–572) тушунда Т.к-нын курамына чыгыштан батышка (Ляодун булуңунан Уралга), түштүктөн түндүккө карай (Кытайдан Байкал, Саян-Алтай тоолоруна) чейинки аймактар кирген. Т.к. Византия, Иран, Кытай м-н саясий-экон. байланышта болгон ж-а жолдорду (Улуу жибек жолу) көзөмөлдөө үчүн күрөш жүргүз-гөн. Башкаруу чөйрөсүндөгү чыр-чатактар, өлкөдөгү ачарчылык, коңшу мамл-тердин күч алышы ж. б. Улуу Т.к-н начарлатып, 603-ж. кагандык экиге: Батыш ж-а Чыгыш Т.к-тарына бөлүнүп кеткен. Орто Азияда *Батыш Түрк кагандыгы,* Борбордук Азияда *Чыгыш Түрк кагандыгы* түзүлгөн.

**ТҮРКМӨН БОЛУШ,** Түркмөн Сарыпбек уулу (1862, Суусамыр өрөөнү, Кызылой – 1934, Төөашуу, Абла) – болуш, саясий ж-а чарбалык ишмер. Т-дүн бабасы – Кожотай, анын уулу Өмүрөк, андан Сарыпбек. Бабаларынын баатырлыгы элден башкача күлүктүгү ж-дө эл ичинде көп кызыктуу аңыз кептер айтылат. Өмүрөк аталаш тууганы Чомой баатыр м-н бирдикте өз элин тышкы коркунучтардан коргоп турган. *Тайлак баатыр* Суусамыр өрөөнүндө жашашкан Чомой, Өмүрөк баатырларды «эки ылаачын» деп атаган. Т. төрөлгөндөн кийин Сарыпбек аялынын төркүндөрүнө, Чүйгө келип туруп калган. Сарыпбек адегенде Канайдын уулу Бошкойдун, кийин анын уулу Кураманыкына жиберет. Курама Чүй боорундагы азыркы Панфилов р-нунун аймагындагы Ортоарыктан баштап, Жайылма, Күрпүлдөккө чейинки жерди, ээлеп турган. Сарыпбек Т-дү молдого окууга берет. Таякелеринин жардамы менен орус мектебинен да окуп, сабаты ачылган. 1870-ж. Сарыпбек үй-бүлөсү м-н Суусамырга көчүп барган. Бул учурда Россия империясы Түркстан крайын беш облуска, облустар уездге, уезддер участкаларга, алар болуштуктарга (волость) бөлгөн. Бир болуштуктун карамагында 500дөн 1000ге чейин эл жашаган. Суусамыр эли жалпы эле кулжыгач эли м-н бирдикте Кулжыгач болуштугу аталып, аны Байзак болуш башкарган. Т-дүн зээндүү-лүгүнө ыраазы болгон Байзак болуш аны өзүнө катчы кылып алган. Байзак Пишпек уездинин башчысы м-н макулдашып, Кулжыгач болушун экиге бөлдүргөн. Натыйжада Көкой, Сарыкамыш ж-а Суусамыр өрөөнү бир болуштук болуп, Байзактан тарбия алган Т. болуш болуп шайланат да, 30 жылдан ашуун Суусамыр элин башкарган. Ал Суусамыр элин ар кандай кордук-зомбулуктан коргоого, калыстык м-н башкарууга аракет кылган. О. эле ал эсеп ишин так билип, соодагерчиликти жакшы өздөштүргөн. Ногой, өзбек соодагерлери аркылуу өнөр жайлуу шаарлардан толук элге күнүмдүк керектелүүчү буюмдарды алдырып келип, саттырып турган. Мекендеген жери Кызылой дыйканчылыкка ыңгайлуу жер болгондуктан Т. Кызылойго биринчи болуп буудай, таруу айдаткан. Чарбасында жалданма эмгекти пайдаланган. Пишпектеги Ногой, Исхак, Бошкойдун Өзүбеги, көпөс Сейдекерим сыяктуу ишкер соодагерлер м-н тыгыз байланышта болгон. Кыргызстан Рос-сияга карагандан кийин Т. саясий кырдаалды туура баалаган. Т. Суусамыр өрөөнүн өздөштүрүүгө келишкен орус инженерлери Кара төрө, Сары төрө м-н достук мамиледе болгон. Ал орустардан үлгү алып, Кызылойдо биринчи жолу пайдубалын бийик түптөп, бышкан кыштан чоң там салдырган. Өрөөн-дөгү биринчи мектеп ушул там болгон. Азыр анда мектеп окуучуларынын кол өнөрчүлүк эмгегинин музейи жайгашкан. Сары төрө-нүн кызын өзүнүн кызы м-н бирге үйүндө баккан. 1916-ж. 1000 солдаттан турган орус жазалоочу отряды Чаек аркылуу Суусамырга келет. Т. багып жүргөн орус кызын алып, жазалоочуларды ак желек м-н тосуп чыгат. Элдин оруска каршылыгы жок экенине көзү жеткен отряд элге тийбестен кайтып кеткен. Т. карапайым элден өзгөчөлөнбөй жашаган. Өзү чарчы бойлуу, кара тору, көзү бакыракай, сакал-муруту сыйда болгон. 1930-ж. Т. кулакка тартылып, сүргүндө эки эле жыл жүргөн. Кайтып келгенден кийин адегенде, Карабалтанын түштүгүндөгү Бөксөжолдо, кийин Төөашуунун түндүк жак бетиндеги Жетитөр деген жерде, анан Абладагы Жыгачүй деген жерде жашаган. Ушул жерде 1934-ж. кыш чилдесинде каза таап, сөөгү Абланын оозуна коюлган.

**ТҮРКСТАН** – 19-к–20-к-дын башында түрк элдери жашаган Орто Азияны, Казакстанды, Борб. Азиянын бир бөлүгүн камтыган аймактын тарыхый-геогр. аталышы. Шарт-туу түрдө үчкө бөлүнгөн: 1. Батыш же Орус Т. (Россия империясынын Орто Азиялык ээлиги, Казакстандын Түштүк бөлүгү); 2. Чыгыш же Кытай Т. (азыркы Синьцзяндын түштүк бөлүгү); 3. Ооган Т. (Ооганстандын түндүк провинциялары). Батыш Т. аймагында 1865-ж. Арал деңизинен Ысык-көлгө чейинки аймакты камтыган Т. облусу түзүлгөн. 1867-ж. Батыш Т. аймагында *Түркстан генерал-губернаторлугу* түзүлүп, 1886-ж. Түркстан крайы аталган. 1918-ж. апрелде Батыш Т. аймагында Түркстан АССРи түзүлгөн (борбору Ташкен). 1924–25-ж. Орто Азия респ-нын улуттук-мамл. бөлүнүшүнөн кийин Т. *Орто Азия* термини м-н алмаштырылган.

**ТҮРКСТАН АВТОНОМИЯ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ,** Т А С С Р. РСФСРдин курамында 1918-ж. 30-апрелде Орто Азия аймагында түзүл-гөн. Борбору Ташкен ш. болгон. 1918-ж. 5–14–октябрда өткөн Түркстан Респ-нын советтеринин чукул чакырылган 6-съездинде ТАССРдин Конституциясы кабыл алынган. 1918-ж. жазында ТАССРдеги негизги өнөр жай тармактары, банктар, темир жолдор мамлекеттештирилген. 1918-ждын. орто ченинде Түркстандын аймагында ички контрреволюцияга ж-а чет элдик интервенцияга каршы Оренбург-Акдөбө, Закаспий, Жетисуу ж-а Фергана фронттору түзүлгөн. Түрк-стан Кызыл Армиясы түзүлүп, ТАССР Компартиясы м-н Сов-тери респ-нын экон-сын жапырт көтөрүү б-ча атайын чараларды кө-рүшкөн. Жалпысынан РСФСРге салыштырганда мында өнөр жай ишканаларын, а. и. кустардык ж-а жарым кустардык типтеги бардык өндүрүш ишканаларын мамлекеттештирүү бир кыйла тез темпте ишке ашырылган. ТАССРде 1920-ж-дагы эсеп б-ча 5230 миң адам (казак, кыргыз, өзбек, тажик, түркмөн, каракалпак, орус ж. б.) жашаган. Калктын 85%инен көбү айылда жашап, респ-нын бардык продукциясынын 2/3 бөлүгүн а. ч-сы берген. 1924-ж. 27-октябрда Орто Азиянын улуттук мамл. бөлүнүшүнө байланыштуу ТАССР жоюлуп, анын аймагында Өзбек ССРи, Түркмөн ССРи, Тажик АССРи (Өзбек ССРинин курамында), Кара Кыргыз автономия облусу (РСФСРдин курамында), Каракалпак автономия облусу (Казак АССРинин курамында) түзүлгөн, казак калкы жашаган аймактар Казак АССРине өткөн.

**ТҮРКСТАН ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОРЛУГУ** – Россиянын карамагындагы аймактык-админ. бирдик. Борбору – Ташкен ш. Россиянын Орто Азияны каратуу мезгилинде Т. г.-г-нун аймагын башкаруу ж-дөгү убактылуу жобо б-ча 1867-ж. 11-июлда тү-зүлгөн. Т.г-г. алгач Жетисуу ж-а Сырдарыя облустарын бириктирген. Т. г.-г. 1886-ж. 12-июнда Түркстан крайы болуп түзүлүп, ага адеп Сырдарыя, Фергана, Самаркан облустары, 1899-жылдан Закаспий, Жетисуу облустары кирген. Админ.-аймактык түзү-лүшү падышалык өкмөттүн улуттук-оторчулук саясатын жүргүзүүгө ылайыкталган. Т.г.-г-нда ж-а Түркстан крайында согуш министрине баш ийген аскердик админ. башкаруу системасы орногон. Т.г.-г-нун губернатору Түркстан округундагы армияга да командачы болгон. Облустарды аскер губернаторлору башкарган. Жергиликтүү башкаруучулар үч жылдык мөөнөт м-н шайланган. Т.г.-г-нда адат м-н шариятка негизделген «элдик» сот–казы м-н бийлердин соту сакталган. Бирок бардык шайлоолор формалдуу мүнөздө өткөн. Т.г.-г. падышачылыктын крайдагы улуттук, админ.-оторчул саясатынын таянычы болгон. Улуу Октябрь революциясынан кийин жоюлган.

**ТҮРКСТАН КОМИССИЯСЫ** Бүткүл россиялык Борб. аткомунун, РСФСР Эл комиссарлар советинин ж-а РКП(б) БКнын Түркстан иштери б-ча бюросунун чечими м-н 1919-ж. 8-октябрда түзүлгөн. Комиссиянын курамына Ш. З. Элиава (төрага), М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев ж. б. партиялык, мамл. ишмерлер кирген. Т. к. граждандык согуштун мезгилинде Совет бийлигин чыңдоо, партиялык уюмдарды куруу ж-а бекемдөө максатында иш алып барган. Ки-йинчирээк чарбалык ж-а маданий курулуш маселелерин чечүү б-ча да иш жүргүзгөн. РКП(б) БКнын 1922-ж. 16-августтагы чечимине ылайык бул комиссия 1923-ж. мартта жоюлган.

**ТҮРКСТАН КОММУНИСТТИК ЖАШТАР СОЮЗУ** – Түркстан жаштарынын коммунисттик уюму. Ал 1920-ж. 21-январда Түркстан комсомолунун 1-съездинде тү-зүлүп, 1924-жылдын августунан Орто Азия-нын улуттук мамл. бөлүнүшүнө чейин Түркстан Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу деп аталган.

**ТҮРКСТАН КОММУНИСТТИК ПАР-ТИЯСЫ**, Т К П – РКП(б)нин составдык бөлүгү. 1906-ж. РСДРПнин Түркстан уюмдарынын союзу түзүлгөн. Февраль революциясына чейин Түркстандагы социал-де-мократиялык уюмдар жашырын иштеген. 1918-ж. 17-25-июнда Ташкенде өткөн Түрк-стан Компартиясынын 1-съездинде Т К П тү-зүлгөн. ТКП крайкому м-н Түркстан Борб. аткомунун курамына улутчулдар тобу кирип кеткендигине байланыштуу Түрккомис-сиянын 1920-ж. 19-июлдагы токтому б-ча ТКПнин крайкому таратылып, ТКПнин убактылуу Борб. комитети, 1920-ж. РКП(б)нын БК Түркстан бюросу түзүлгөн. 1921–1922-ж. ТКП(б)нын катарын тазалоо жүргүзүлгөн. Түркбюро 1922-ж. РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу деп аталып, Хорезм Советтик Эл Респ-нын, Бухара Эл Респ-нын ж-а Түркстан АССРинин коммунисттерин жетектеген.

**ТҮРКСТАН КЫРГЫЗ, КАЗАК КЕДЕЙЛЕРИНИН 1-СЪЕЗДИ** Олуяата (азыркы Тараз) ш-нда 1921-ж. 20-январда өткөн. Съезд жер-суу реформасын токтоосуз жүр-гүзүүнү, орус кулактарынан өз алдынча басып алган жерлерди казак, кыргыздарга кайтарып берүүнү, кедейлерге бөлүштүрүү үчүн мурдагы бардык мамл. жерлерди советтердин фондусуна берүүнү жактаган. Съездге 600 делегат катышкан.

**ТҮРКСТАН ОБЛУСУ** – Орто Азиянын Россияга кошулуу процессинде түзүлгөн (1865-ж., 2-февраль) админ. аймак. Курамына мурда *Кокон хандыгына* тиешелүү аймактар (Сырдарыянын ортоңку агымындагы жерлер, азыркы Казак Респ-нын түштүк р-ндору) кирген. 19-к-дын 40–70-ж. кыргыз, өзбек эмгекчилеринин улуттук-

боштондук кыймылынын ж-а социалдык күрөшүнүн натыйжасында *Кокон хандыгы* начарлай баштаган. Алай кыргыздарынын (1845), Ысыккөл өрөөнүндөгү кыргыздардын (1848) көтөрүлүштөрү жалпы элдик мүнөзгө өтүп, улуттук-боштондук кыймылга айланган. Бул куралдуу көтөрүлүштөр ийгиликсиз аяктаса да, негизинен Кокон хандыгын алсыраткан. Хандыктын аймагындагы айрым жерлердеги көтөрүлүшкө феодал төбөлдө-рү м-н дин кызматкерлеринин өкүлдөрү да катышкан. *Кокон көтөрүлүшүнүн* натыйжасында Кокон хандыгынын ички тиреги биротоло бошогон. Бул мезгилде орус аскерлери да хандыкка катуу сокку урушуп, 1866-ж. 17-майда Ташкенди басып алган. 1865-ж. 6-августта Т. о-н башкаруу ж-дөгү убактылуу жобо кабыл алынган. Анда облустун аскердик ж-а жарандык иштерин башкаруу Оренбург генерал-губернаторуна тапшырылып, ага бул аймакта жашаган калктын жер ж-а аны пайдалануу укуктарына кийлигишүү, аларды көзөмөлдөп туруу милдети жүктөлгөн. Т. о-нун аймагы үчкө бө-лүнгөн: оң тарабы же Сырдарыя р-ну (Арал, Казалы, Перов, Кызылордо ш. м-н бирге); Борбордук бөлүгү (Түркстан ж-а Чымкент чөлкөмдөрү) ж-а сол тарабы (Олуяата – азыркы Тараз, Мерке, Пишпек, Токмок ш. жайгашкан жерлер). 1865-ж. Ташкен Т. о-нун админ. борборуна айланып, шаар ж-а анын чет жакасындагы жерлер «Ташкен району» деген аталыш м-н Т. о-на кошулган. 1886-ж. Эржар, Замин бөлүмдөрү ж-а Кожент, Жызак р-ндору түзүлүп, Т. о-нун курамына киргизилген. Падышалык төбөлдөр Т. о-нун түзүлүшүн убактылуу чара деп эсептешкен. Ошондуктан Т. о-нун чегарасы расмий түрдө белгиленген эмес. 1867-ж. Т. о. *Түркстан генерал-губернаторлугунун* курамына өткөн.

**ТҮРКСТАН ФРОНТУ** – граждандык согуш мезгилинде Түркстанга жардам берүү максатында 1919-ж. 11-августта түзүлгөн ас-кердик бирикме. Анын башкы командачылыгына М. В. Фрунзе дайындалган. Т.ф-нун Революциячыл аскер совети түзүлгөн. Фронт-ко 1, 4, 11-армиялар ж-а Түркстан Респ-нын аскерлери кирген. 1919-ж. 14-августта Борб. Россиядан бөлүнүп калган Түркстан АССРи м-н кайра биригүү үчүн Башкы штаб тү-зүлгөн. 1919-ж. 13-сентябрда 1-армиянын бөлүктөрү респ-нын аскерлери м-н кошулган. 1919-ж. ноябрда Башкы штаб Түркстан аскерлеринин штабына айланып, ага респ-нын аймагындагы аскерлерди башкаруу иши жүктөлгөн. 1920-ж. апрелде Түркстан аскерлер штабы Т. ф-нун штабы деп аталган. Түркстанда Совет бийлигин чыңдоого Т. ф. чоң роль ойногон. Ал 1926-ж. таркатылган.

**ТҮРКСТАН ЧӨЛКӨМҮНДӨГҮ МУЗЕЙЛЕР,** Т ү р к с т а н  к о м и т е т и – байыркы замандын искусство эстеликтерин коргоо ж-а табиятын сактоо б-ча иш жүргүзгөн. 1921-ж. 22-майда түзүлгөн. Аны түзүүчүлөр ж-а демилгечилер белгилүү окумуштуулар Н. Нечкина, В. В. Бартольд, В. В. Вяткин, Б. П. Денике ж-а Б. Н. Засыпкиндер болушкан. Комитетке Орто Азия ж-а Казакстан аймактарындагы жергиликтүү калктын маданий мурастарын жыйноо ж-а изилдөө, о.эле аймактагы жайгашкан бардык археол., архитектуралык эстеликтерди изилдеп табуу, аларды каттоо ж-а мамл. көзөмөлгө алуу б-ча иш чаралар жүктөлгөн. Ошону м-н бирге бузулуу коркунучунда турган архитектуралык эстеликтерди калыбына келтирүү, археол. казуу иштерин жүргүзүү ж-а тарыхый эстеликтерди мам-лекет энчисине айландыруу жумуштары тапшырылган. 1923–24-ж. Кыргызстандын археол. ж-а архитектуралык эстеликтерин изилдөө үчүн комитеттин демилгеси м-н алгачкы экспедициялар уюштурулган. П. П. Иванов Манастын күмбөзүн ж-а Талас өрөөнүндөгү археол. эстеликтерди, В. Д. Городецкий Чүй өрөөнүндөгү архитектуралык эстеликтерди изилдеген. Фергана археол. ж-а архитектуралык экспедициясы Өзгөн тарыхый-архитектуралык эстеликтерин изилдеп, мамлекеттин коргоосуна өткөр-гөн. Орто Азия элдеринин өз алдынча улуттук респ. болуп түзүлүшүнө байланыштуу 1924-ж. Орто Азиялык комитет болуп кайрадан түзүлгөн.

**ТҮРКСТАН ЭЛ КОМИССАРЛАР СОВЕТИ** – Түркстандагы мамл. бийликтин башкаруучу ж-а аткаруучу жогорку органы. Ал 1917-ж. 17-ноябрда түзүлгөн. Т. э. к. с. мамл. эски аппаратты жоюп, пролетариат диктатурасынын органы – Жумушчу-дыйкан өкмөтүн орноткон. Ал жол катнаш, аскер иши, тышкы иштер, юстиция, почта, телеграф, эл агартуу ж. б. комиссариаттарды түзүп, банк, өнөр жай ишканаларын мамлекеттештирген. Т. э. к. с. 1924-ж. Орто Азиянын улуттук-мамл. бөлүнүшүнөн кийин жоюлган.

**ТҮШТҮК СИБИРЬ КИЧИ РАСАСЫ** Теңиртоодо, Казакстан талааларында, Саян-Алтайда жашаган жергиликтүү калктарга мүнөздүү. Антропологиясы б-ча өңү кара тору, чачы түз, катуу, мурду кырдач, бет тү-зүлүшү жазы, бою орточо. Т.с.к.р. антропологдордун пикири б-а б. з. ч. 1-миң жылдыкта монголоиддик ж-а европеоиддик калктардын биригүүсүнөн калыптанган. Жаңы антропологиялык изилдөөлөрдүн негизинде сактар европеоиддик расанын таза өкүлдөрү деген пикир жокко чыгарылды. Сактар – Т. с. к. р-н түптөгөн калктардын бири. Алар Кыргызстанга Түштүк Сибирден ооп келген. Келгенге чейин алардын антропологиялык түзүлүшүндө европеоиддик ж-а монголоиддик расалардын биригиш белгилери болгон.

**ТЫЙЫН** – жүгүртүү ж-а тейлөө каражаты катары колдонулуучу металлдан жасалган акча белгиси. Биринчи Т-дар б. з. ч. 7-к-дан баштап белгилүү. Бир эле мезгилде тарыхый, жазма ж-а буюм эстелиги катары маалымат берет. Тарыхый изилдөөдө эстеликтин мезгилин аныктайт; Т-дын салмагы, номиналы (баасы) өлчөм-чен тууралуу маалымат берет; Жасалган материалына жараша коомдун өнүгүш деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет; Т-дагы жазуу аркылуу палеографияга, лингвистикага байланыштуу маалыматтарды алууга болот; тыйындагы сүрөттөр ар-хеолдор, этнографтар, искусство таануучулар үчүн табылгыс булак; Т-дагы өзгөрүүлөр (бузулушу, типтеринин өзгөрүшү, кошумча белгилердин коюлушу) акча реформалары, саясий-экон-лык баш аламандыктар ж-дө кабар бериши мүмкүн. Т. карто-графиясын түзүү, Т. казналарын ана-лиздөө – айрым аймактардагы соода байланыштарын би-лүүгө жол ачат. Тарых ил-нин бир бө-лүгү болгон

*нумизматика* илими. Т-дын тарыхын изилдейт. Т-ды окуп үйрөнүү геральдика, сфрагистика м-н тыгыз байланыштуу.
**ТЫЙЫН ЭҢМЕЙ** – ат оюндарынын бири. Оюнга катышуучу жерге көрүнө коюлган тыйынды чаап баратып эңип кетүүгө тийиш. Чабандес шамдагай, көрөгөч болушу керек. Т. э-ге чоң байге коюлуп, оюн аш-тойлордо өткөрүлгөн.
**ТЫНАЕВ** Осмонкул (1904, Күнгөй Аксуу болушу, азыркы Ысыккөл р-ну, Темир айылы – 1937, Бишкек) – мамл. ж-а саясий ишмер. 1913–16-ж. Сазановка орус-кыргыз башталгыч мектебинде окуган. 1927-ж. Москвада Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик ун-тин бүтүргөн. 1916-жылкы үркүндө ата-энеси м-н Кытайга качкан. 1919–22-ж. 1-баскычтагы мектептин окуучусу, «Кошчу» союзунун уезддик комитетинин иш жүргүзүүчүсү. 1922–23-ж. комсомолдун Каракол уезддик комитетинде жооптуу кызматтарда иштеген. 1927–29-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомдун агитация ж-а пропаганда бөлүмүнүн башчысы, партиянын Нарын райкомунун жооптуу катчысы, Кыргызстан Борб. аткомуна караштуу Жер-суу талаш-тартышы б-ча жогорку көзөмөл коллегиясынын төрагасы. 1930–31-ж. партиянын Ош округдук комитетинин жооптуу катчысы, Жалалабат райкомунун жооптуу катчысы. 1931-ж. партиянын Кыргыз обкомунун 2-пленумунда коллективдештирүүгө каршы чыгып сүйлөгөн, ошондуктан ал «оңчул» деп күнөөлөнүп, анын жол-жобосу Кыргызстанда «тынаевщина» аталган. 1933–37-ж. Кыргыз АССР агартуу эл комиссарынын орун басары, партиянын Каракол райкомунун жооптуу катчысы. Репрессияланган.
**ТЫНЫБЕК** Жапы уулу (1846, Ысыккөл өрөөнү, Кайнар айылы, азыркы Жетиөгүз р-ну – 1902, азыркы Нарын облусу, Туюк айылы) – манасчы. «Манасты» 14 жашынан айта баштаган. Манасчылык өнөрдү Чоңбаш (Нармантай) аттуу манасчыдан үйрөнгөн, о. эле Келдибек, Акылбек, Балыктан таалим алган. 25 жаш курагында манасчы катары бүткүл кыргыз элине аты чыккан. Ошондон тартып манасчылыкты атайы кесип кылып, ошону м-н оокат өткөргөн. «Манастын» бардык бөлүмдөрүн айткан, бирок андан «Семетейден» үзүндү гана жазылып калган. Ал үзүндү араб тамгасы м-н 1898-ж. Казандан, 1925-ж. Москвадан өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Эл арасында Т. Токмок ш-ндагы бир жыйында «Манасты» отуз күн удаа айтканы ж-дө сөз бар. Андан Сагымбай, Тоголок Молдо, Касымбай, Байбагыш, Кожоберди, Доңузбай, Жакып өңдүү белгилүү ырчы-акындар, манасчылар таалим алган.
**ТЫНЫСТАНОВ** Касым (1901, азыркы Ысыккөл р-ну, Чырпыкты айылы –1938, Бишкек; сөөгү Чоңташтагы Атабейит көрүстөнүндө) – кыргыз тил илимин негиздөөчү, кыргыз фольклористикасын изилдөөчү, «Манас» эпосун ил. иликтөөгө жол салган, алгачкы кыргыз проф. (1936), мамл. ж-а коомдук ишмер, котормочу, адабиятчы, акын, педагог-тарбиячы, драматург. Т. айылдык диний мектептен (1909–12), Байсоорун айылындагы өзбек мектебинен (1913–14), Караколдогу жергиликтүү орус мектебинен (1914–16), Ташкендеги казак-кыргыз эл агартуу ин-тунда (1924) окуган. Ил., чыгармачылык, уюштуруучулук ишмердиги студент мезгилинен башталган. Акыркы курстарда окуп жүргөндө «Акжол» газетасынын, «Жаш кайрат», «Сана» журналдарынын редакциясында кызматкер, Кара-Кыргыз ил. комиссиясынын мүчөсү болгон. 1924–25-ж. Түркстан респ-нын Академиялык борборунда Кыргыз облустук бөлүмүнүн катчысы, анын төрагасы. 1-кыргыз гезити «Эркин Тоонун» редактору. «Алаш» партиясынын Пишпектеги филиалын түзгөн. Кыргыз БАКтын мүчөсү. 1926–30-ж. Кыргыз АССР Эл агартуу комиссары, 1928–31-ж. «Жаңы маданият жолунда» журналынын уюштуруучусу, жооптуу редактору. 1930–37-ж. Кыргыз маданият курулуш ин-тунда ил. кызматкер, анын директору, КМПИнин доценти (1932) ж-а проф. (1936). Азыркы кыргыз орфографиясынын негизги принциптерин («Кыргыз адабий тилинин жаңы орфографиясынын долбоору», 1934) иштеп чыгып, кыргыз тилинин тунгуч окуу куралдарын («Окуу китеби», 1924; «Чоңдор үчүн алиппе», 1926; «Биздин тил», 1927; «Кыргыз тилинин морфологиясы», 1934; «Кыргыз тилинин синтаксиси», 1936; «Кыргыз тилинин терминологиялык сөз-дүгүн» (1933) түзгөн. Т. адегенде казакча, кийин кыргызча жазган ырлары 20-жылдары казак тилинде Ташкенде «Акжол», «Өрүс», «Тилчи» деген басмалардан жарык көргөн. 1924-ж. «Марийм менен көл боюнда», 1925-ж. Москва ш-нда «Касымдын ырларынын жыйнагы» деген чыг. басылып чыккан. Т. – кыргыз адабият тарыхында туңгуч көркөм котормочу. Кыргыз фольклоруна, «Манас» эпосунун жазылышына, анын ил. жактан изилденишине, орус тилине которулушуна демилгечи болгондордон. 1937-ж. «Социал-Туран» партиясынын мүчөсү деген күнөө м-н камакка алынып, кийинки жылы атылган. 1958-ж. акталып, кайра 1960-ж. жокко чыгарылган. 1988-ж. коомчулуктун талабы м-н Т. чыгармачыл инсан катары бааланган. Т-дун ысмы Ысыккөл мамл. ун-тине ж-а Бишкек ш-нын бир көчөсүнө берилген. Улуттук акчада (10 сом) анын портрети тартылган.

# У

**УГУЗУУ** – жаман кабарды ж-а кырсыкты туугандарына, жакындарына бир нече кишинин чогуу келип билдирүүсү. Кыргызда мындай кабарды У. карыяларга, сөз билги, нускалуу кишилерге тапшырылган. У. комуз күүсү же акындар тарабынан ыр м-н айтуу аркылуу да ишке ашырылган.

**УГЭДЕЙ,** к. *Үгөдөй.*

**УЙГУР ЖАЗМАСЫ** – 8–18-к-да Чыгыш Түркстандын түрк тилдүү элдери колдонгон жазмалардын бири. Согду жазмасынын негизинде келип чыккан. Изилдөөчүлөр согду жазмасынын башаты арамей жазуусу экендигин белгилешет. У. ж. м-н жазылган эстеликтер 8-к-га таандык. Жогортон төмөн карай жазылып, саптар солдон оңго карай жайгашат. 22 тамгалуу. Тамгалар сөз ичинде алган ордуна жараша араб жазуусу сымал ар башка формада жазылат, сөздүн башында, ортосунда ж-а аягында тамганын формасы өзгөргөн аллографтардан турган. Диний чыгармалар атайын ыңгайлашкан арип м-н жазылган. 9–13-к-да У. ж. будда динин тутунган түрк тилдүү урууларга тараган. Бул уруулар ислам динин кабыл алышкандан кийин аны араб жазмасы м-н катар 18-к-га чейин колдонушкан. 13-к-да бул жазууну моңголдор өз тилине ылайыктап кабыл алышкан; Ички Моңголия автономиялуу р-нунда (Кытай Эл Респ.) У.ж. азыр да колдонулат. Манжурлардын жазуусу да У. ж-нын негизинде калыптанган.

**УЙГУР КАГАНДЫГЫ** – 744–840-ж. Борбор Азиядагы уйгурлардын мамлекети. Уйгурлар кытай булактарында «гаогюй» (гао-гюй, као-го) – «бийик арабачандар» деп аталышкан, азыркы Моңголиянын аймагын, Саян-Алтай тоолоруна туташ жерлерди мекендешкен. Негизги уруу юан (хуйхэ) же уйгурлар Орхон, Толы дарыялары Селенгага куйган жерлерде жашаган. 609-ж. уйгур, тунло, паегу, пугу уруулары Чыгыш Түрк кагандыгына баш ийип калышат. Пэйло-хан уйгур ж.б. урууларды саясий жактан бириктирип, 744-ж. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына сокку уруп, 745-ж. борбору Ордубалык ш. болгон У. к-н негиздеген. У.к. Алтайдан Чоң Хинганга, түндүктө Саян тоолорунан, түштүктөгү Гоби чөлүнө чейинки аймакка өз бийлигин орноткон. 746-ж. Пэйлонун өлүмүнөн соң тактыга анын уулу Моюнчур олтурган. Шине-Су (Моңголиянын түндүгү) деген жерден Моюнчур жаздырган (759–760) руна сымал жазуу табылган. Андагы маалыматтар б-ча 743-ж. Моюнчур түрк аскерлерине катуу сокку урган. Ушул мезгилде кыргыздар, чиктер, карлуктар, уйгурларга каршы коалицияга биригишет, басмыл, түргөш уруулары да толкундай баштаган. Моюнчур 750-ж. чиктерди, 754-ж. кидандарды баш ийдирген. Узакка созулган салгылашууда Иртышка жакын жайгашкан карлуктар талкаланып, бир бөлүгү Жетисууга ооп кетишкен. Уйгурларга каршы коалициянын башында турган «кыргыздар көтөрүлүш чыгарууга үндөгөн, жеңил куралданган атчан аскерлерин туш тарапка жөнөтүштү, чиктер көтөрүлүш чыгарышты...» – деп жазылган руна жазуу эстеликтеринде. 758-ж. кыргыз каганынын 50 миң аскери уйгурлардан жеңилип калып, кыргыздар Уйгур кагандыгына баш ийип калышкан. Бирок, кыргыздар номиналдуу көзкаранды абалда болуп, салык төлөө м-н гана чектелишкен. 8-к-дын орто чендеринде саясий-экономикалык кы-йынчылыкка кабылган Тан династиясы У.к-на узак мөөнөткө салык төлөөгө мажбур болгон. Чыгыш Түркстан үчүн Тибет м-н да бир нече согуштук кагылышуулар болуп өткөн. 8-к-дын аягында карлуктар ж.б. түрк уруулары көтөрүлүш чыгарышкан. 820–840-ж. кыргыздар м-н узакка созулган согуш болуп, 840 – 843-ж. кыргыздар чечкиндүү чабуулга өтүп, У.к-ын талкалаган. Уйгур уруулары (тогуз-огуздар) Түндүк Моңго-лиядан бир нече багытка бөлүнүп, аргасыздан журт которушкан (Улуу Кытай сепили, Ганьсу, Чыгыш Түркстан).

**УКУМ** – чен бирдиги. Баш бармактын учунан сөөмөйдүн экинчи муунуна чейинки аралык.

**УКУРУК** – азоо жылкыны кармоодо колдонулуучу учуна илмек кыл аргамжы (укурук боо) байланган эң жөнөкөй жыгач шайман. Уз. 5–6 *м,* диаметри 4–6 *см*дей кайың, тал, долоно, четин ж. б. бекем жыгачтардын ичке учунун эки жерине уз. 1,5 *м*дей аргамжы байланып жасалат. Аргамжы – жүн м-н кыл аралаштырып, ичке эшилген жиптен үч каттап чыйратылган, уз. 5–6 *м* бышык жип. Атчан жылкычы азоону кууп жетип, анын мойнуна аргамжынын илмегин салып, У-ту бура тартып, жылкыны токтотот.

**УЛАК ТАРТЫШ,** к ө к б ө р ү – кыргыздын улуттук ат оюну. У.т. илгертен бери чоң салтанаттарда, майрамдарда, аш-тойлордо өткөрүлгөн. Татаал, коркунучтуу, кокустуктары көп оюн болгондуктан атаандаштардын ортосунда кадыр-барктуу, тажрыйбалуу кишилерден бокобулдарды (калыстарды) дайындашып, ошолордун чечими б-ча оюн өткөрүлгөн. Улак же серкени мууздап, баш, шыйрагын кесип салып, ичинин кичине жерин жиреп, ичеги-карынын да алып салып, кесилген жер м-н мууздоосун бекем тигет. Атаандаштар эки тарапка (ата, айыл, аймак б-ча) бөлүнүшүп, жакшы аттарга минишет. Бөлүнгөн жааттар бирдей санда (3, 5, 7) оюнчуларды чыгарышат. Оюндун негизги максаты жерге ташталган улакты эңип алып, атаандаштарга тарттырбастан белгиленген марага алып келип таштоо. Айрым учурда кичирээк торпок да тартылып, аны торпок тартуу деп аташат.

**УЛУГБЕК** Мухаммед Тарагай (1394–1449) – астроном ж-а математик; Аксак Темирдин небереси. 1409-жылдан Тимурийлер мамл-нин борбору Самаркандын башкаруучусу. Атасы Шахрух өлгөндөн кийин Тимурийлер династиясын башкарып калган. Атасынын бай китепканасы У-тин илимдин сырларына кызыгуусуна түрткү берген. Улугбек тарыхка, поэзияга, өзгөчө астрономияга кызыккан. Айланасына атактуу илим адамдарын топтоп, Самарканга обсерватория курдурган. Бул обсерватория өзүнүн өтө так ж-а мыкты

курулгандыгы м-н азыр да таң калтырат. Улугбектин агартуу ж-а ил. эмгектери диний төбөлдөргө жакпай, өз уулунун унчукпаган макулдугу астында, динге каршы чыкты деген жалаа м-н өлтүрүлгөн.

**УЛУС** – акимдик-аймактык бирдик. Чыңгыз хандын тушунда мамл-ти туюндурган термин. Мааниси б-ча эл дегенди билдирет. У-тун башында нойондордон бир адам турган, ал кандайдыр бир *титулга* ээ болгон (баатыр, сечен, мерген, билге, бука ж. б.). Ки-йинчерээк Чынгыз хандын укум-тукумуна бөлүнгөн айрым аймактар У. (Жучу У-у., Чагатай У-у. ж. б.) аталган.

**УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ** – 1941–45-ж. совет элинин фашисттик Германияга ж-а анын союздаштарына (Италия, Венгрия, Румыния, Финляндия, Япония) каршы атамекенинин эркиндиги ж-а көз карандысыздыгы үчүн адилеттүү күрөшү. У. А. М. с. дүйнөлүк согуштун (1939–45) маанилүү ж-а чечүүчү бөлүгү. Бул согушка Кыргызстандан 360 миңдей адам катышкан. Алардын 150 миңдейи орден ж-а медалдар м-н сыйланган. 29 адам Даңк орденинин толук ээси, 73 жоокер Советтер Союзунун Батыры. 90 миңден ашык кыргызстандыктар курман болгон.

**УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ**, к. *Жибек жолу.*

**УЛЬТИМАТУМ** (лат. ultmatum – аягына чейин алпаруу) – 1. эл аралык укукта бир мамл-тин экинчисине оозеки же жазуу түрүндө жиберген дипломатиялык нотасы. Анда көрсөтүлгөн шарт-талаптарды белгилүү бир мөөнөттө кыйшаюсуз аткаруу талап кылынат да; аткарылбаса, ага карата ар кандай чаралар көрүлөт. Мис., жүргүзүлүп жаткан сүйлөшүүнү токтотуу, дипломатиялык мамилени үзүү, реторсияларды, репрессалияларды жасоо; 2. коркутуп-үркүтүү жолу м-н чечкиндүү талап коюу. Күч колдонуу аркылуу коркутуп-үркүтүп, үстөмдүк кылуу ООНдун Уставына шайкеш келбейт.

**УМАЙ ЭНЕ** – кыргыздардын салттуу сы-йынуусу, ислам дини тараганга чейин түрк элдеринин сыйынуусундагы негизги кудайлардын бири, төлдүн ж-а түшүмдүүлүктүн кудайы, аялзаттын колдоочусу. Кыргыздардын түшүнүгүндө У. э. аялдарды, балдарды, үйдү, укум-тукумду колдогон. Жаңы төрөлгөн баланы бешикке бөлөөрдө «Бешик ээси бек карма, Умай эне уйку бер» деп суранышкан. Эмчи-домчу, бүбүлөр төрөт учурунда ж-а балдарды эмдегенде У. э-ге кайрылышып, «Менин колум эмес, Умай эненин колу» дешкен. Балдарды, жигиттерди зарыл жумуштарга жөнөтүүдө ата-энеси аларды «Умай энеге тапшырдым» деген сөздөр м-н узатышкан. Ислам дини тарай баштаганда У. э. м-н удаа Батма, Зууранын (мусулмандар кадыр туткан Фатима, Зухра) аттары атала баштаган. Аларды аялдардын энеси, колдоочусу деп билишкен.

**УНКОВСКИЙ** Иван – 18-к-дын башында орус падышасы Пётр Інин Жуңгар ханы хонтайжы Цеван Рабданга жиберген элчиси, артиллерия капитаны. 1721-ж. Петербургда Петр I Цеван Рабдандын орус падышасынын букаралыгына өтүүнү каалаганын билдирген жуңгар элчиси Борокурганды кабыл алган. Цеван Рабдан м-н сүйлөшүү жүргүзүү үчүн У. жөнөтүлгөн. Петр Інин атайын указына ылайык, ал жуңгар башчысынан бир нече чеп куруу үчүн ыңгайлуу, өзгөчө «кен байлыктарды табууга ж-а Сибирь м-н байланыштарды түзүүгө» мүмкүн болгон жерлерге уруксат алууга ж-а ал жердин картасын түшүрүүгө тийиш болгон. Курамы 57 кишиден турган элчилик 1722-ж. Цеван Рабдандын ордосунда сүйлөшүүлөрдү жүр-гүзгөн. Бирок Борб. Азиядагы тышкы саясий абалдын Жуңгар хандыгынын пайдасына өзгөрүшү У-дин миссиясынын орундалбай калышына алып келген. Цеван Рабдандын элчини жергиликтүү калк м-н байланыштырбоо аракетине карабастан, У. Борб. Азиянын көптөгөн элдери, а.и. кыргыздар ж-дө маалыматтарды чогултууга жетишкен. Калмактар жай айларын Ысыккөлдө өткө-рүшчү. Жуңгар башчысы м-н бирге У. Кыргызстанга келген. Каркыра, Түп, Жыргалаң дарыялары аркылуу өтүшкөн. Өзүнүн «Жол китебинде» кыргыздар (буруттар) тынымсыз Жуңгар ордосуна кол салып турушкандыгын, ысыккөлдүк кыргыздар 3 миңге чейин мыкты колду чогулта ала тургандыгын, баа-ры биригип алар 500 боз үйдү, б. а. бол-жол м-н 25 миң кишини түзөрүн белгилеген. У-дин буйругу м-н элчиликтин мүчөсү «геодезия адиси» Григорий Путилов тарабынан Түп, Жыргалаң дарыялары аркылуу Чыгыш Ысыккөлгө кетүүчү маршруттун, Ысык-көлдүн өзүнүн («Тускөл»), Чүй дарыясынын ж-а кыргыз конуштарынын жайгашуусу так түшүрүлгөн. 3 карта чийилген. Бул Кыргызстан аймагынын эң алгачкы графикалык чиймеси болгон. Россияга кайтып келгенден кийин У. мамл. акчаны коромжуга учураткандыгы үчүн айыпталган. Кийин кызматын уланткан. Анын жазгандары бир жарым кылым бою белгисиз калган. 19-к-да гана Орус геогр. коомунун анык мүчөсү Н. И. Веселовский илимий чөйрөгө тааныштырган.

**УРААН** – биримдикти билгизүүчү сүрөөн. Урушка киргенде пир туткан ата-бабаларынын, баатырлардын аттарын кыйкырып айтып, душманга айбат көрсөтүшкөн. Мурунку өткөн баатырлардын сүрү душманга ти-рүүсүндөй айбат кылат, колдойт деп ишенишкен. У. уруу, уруулар ичинде жалпы элдик мүнөзгө ээ болгон.

**УРАНХАЙЛАР** – моңгол тилдүү элдерде тувалар (тубалар), саха-якуттар ж-а Түндүк-Батыш Моңголиянын түрк тилдүү калктары. У. аталган Түндүк-Батыш Моңголиянын түрк-моңгол тилдүү этностук топторунун курамдарында «хара хыргыс», «шера хыргыс», «мөдөн хыргыс» ж. б. урук аттары бар. У. (байыркы моңгол тилинде – Урэнхэй) – суук, табийгаты катаал аймактын адамы же биздин тилди түшүнбөгөндөр, бөтөн эл, башка уруу дегенди түшүндүрөт. Байыркы кыргыздар жалпысынан У. деп аталган уруулар (бүгүнкү тувалар, сойоттор ж. б.) м-н узак убакыт жамаатташ, алакалаш жашашканы маалым. Болжолу, У. өз учурунда енисей кыргыздарынын да этностук курамына киришкен.

**УРУК** – бир тукумдан (энеден же атадан) тарап, өздөрүнүн (реалдуу же мифтик) тегин бир деп эсептешкен жалпы атка ээ туугандар тобу. У. палеолит доорунда пайда болгон. Экзогамияга ылайык У-тар айрым

жашабастан, адегенде эле урууларга биригишкен (к. *Уруу*). У. өнүгүүнүн энелик ж-а аталык доорлорун басып өткөн. Энелик У. адамдардын өндүрүш мамилелеринин бир кандан тараган тууугандардын ортосунда эмгек куралдарынын, керектөөнүн, негизги өндүрүш каражаттарынын жалпы менчикте болушу, туушкандардын коомдук иштерде тең укуктуулугу м-н мүнөздөлгөн. Бул мезгилде У. алгачкы коомдун экон. ж-а социалдык ячейкасы болгон. Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү м-н энелик доордогу У. аталык доордогу У-ка өткөн. Анын калыптанышы мал багуу, жер айдоо, металлдан буюм жасоо м-н тыгыз байланышкан. Бул мезгилде коомдун экон. ячейкасын патриархалдык чоң үйбүлө түзгөн. У. никени жөнгө салуу ж-а диний ырым-жырым функцияларын сактап калган. У-тук мамилелер ыдырап, аймактык мамилелер үстөмдүк кыла баштаган. Ар кайсы У-тардын патриархалдык үй-бүлөлө-рү коңшу жашап, коңшу жамаатын түзүш-көн. Коомдун экон. ячейкасы катары кичине үй-бүлөлөрдүн пайда болушуна шарттар түзүлгөн. Бул өзгөрүүлөр У-тук ж-а уруулук мамилелердин акырындап жоюлушуна түрткү болуп, таптык мамилелердин калыптанышына зарыл шарттарды түзгөн. Бирок таптык коомдо да У-тук бөлүнүүлөр көчмөн элдерде көпкө сакталып калган.

**УРУУ** – таптык коомго чейинки ж-а таптык коомдордун негизги социалдык бирикмеси. У-лук коом мезгилинде У. мүчөлө-рүнүн туугандык байланышы, алардын уруктарга ж-а фратрияларга бө-лүнүшү м-н мүнөз-дөлгөн. У. мүчөлө-рүнүн тиричилиги, чарбасы бирдей болуп, андан түшкөн материалдык байлыкты чогуу пайдаланышкан. У-нун мүчөлөрү бири-бирин коргошкон, жортуулга чогуу чыгышкан. Обочолонуп жашоонун негизинде тилдик өзгөчөлүктөр (диалект) калыптанган. У-лук аталыш, аң-сезим (өзүн белгилүү бир урууга таандык деп эсептөө) ж-а эндогамия (У-га тиешелүү адамдардын өз ара никелешүү салты) өкүм сүргөн. У-лук түзүлүштө башкы бийликти У. кеңеши ж-а аскер жетекчилери жүргүзүшкөн. Ар бир У-нун диний ишенимдери, майрамдары, урааны, туусу болуп, У-га тиешелүү мүлктү тамгалоо, эн салуу өнүккөн. Көбүрөөк тараган көзкараш б-ча У. урук м-н бир мезгилде (башка көзкараш б-ча андан бир аз кечи-рээк) пайда болгон. У. мамилелери мүлктүк, социалдык, коомдук ж.б. теңсиздиктердин келип чыгышы м-н ыдырай баштаган. Жаңы социалдык катмарлар У-нун атына жамынып, өз кызыкчылыктарын көздөшкөн. Россия империясынын курамына кирер алдында кыргыз У-ларында патриархалдык, феодалдык мамилелер абдан чиеленишкен. Ар бир уруунун келип чыгышы, тарашы элдик оозеки тарыхта (*санжырада)* сакталган, аны чечмелеген адам санжырачы деп аталган.

**УСТАЧЫЛЫК,** у з а н у у – элдик кол өнөрчүлүктүн бир тармагы. У. мал чарбалыкка, дыйканчылыкка кошумча өнөр катары өнүгүп, үй-бүлө, урук-тууган ж-а кардарлардын тиги же бул буюмга керектөөсүн канааттандырган. У-тын негизги багыттары – жыгач У., темир У., зергерчилик, өрүм-чүлүк, мүйүзчүлүк, тери иштетүү, таш чегүү ж.б. У. буюмдун жердигин (өзүн) гана жасабастан ага кооздуктарды, жогорку көркөм-дүктөгү оймо-чиймелерди түшүргөн. Ар бир багыттагы У-тын өзүнө мүнөздүү шаймандары, аспаптары болгон. У-та шакирт күтүү кеңири тарап, көпчүлүк убакта атадан балага өткөн.

**УСТУКАН –** малдын бышырылып, эти м-н кошо меймандарга тартылуучу жиликтери ж-а мүчөлөрү. Кыргыздын салттуу турмушунда У. чоң мааниге ээ болуп андан жаңылган адам айыпка жыгылган. У. малдын бардык этинен чыгарылган. Ал көпчүлүк учурда негизги тамактын (мис., беш бармактын) алдында берилет. Койдун эти 12 У-га бөлүнөт: сан жиликтер – жамбаш, кашка жилик, жото жилик; кол жиликтер – далы, каржилик, күң жилик (ар бири экиден). Жогорудагылардан сырткары У-дын катарына койдун башы, куймулчагы ж-а кабыргалары кирет. Күң жилик, төш, омуртка У-га кошулбайт. Төш кызга, омуртка балдарга берилет. Кабыргалар кара кабырга ж-а карчыганын кабыргасы деп айырмаланат. Кыргызда меймандарга У-ды улуулата тартуунун ирети бар: баш, жамбаш, куймулчак, жото жилик, кашка жилик, карчыганын кабыргасы, каржилик, далы кара кабырга. Эркектердин улуусуна баш, аялдардын улуу-суна жамбаш же куймулчак тартылат. У-ды бөлүштүрүүнүн жергиликтүү өзгөчөлүктөрү да бар. Мис., Чүй, Талас өрөөнүндө башты аксакал кишиге берсе, Нарын, Ысыккөл өрөөндөрүндө жашы кичүү конокко берет ж.б. Бодо малдын этин меймандарга бөлүштүрүүдө койдукундай У. берүү мүмкүн болбогону м-н учанын эти, сан эттер, арка, кыртыштуу кабыргалар, жылкынын чучугу, картасы, карыны, уйдун сары жүрмөсү эң сыйлуу конокторго тартылат. Бодо малдын жилиги экиге бөлүнгөнү м-н анын жогорку бөлүгү сыйлуу деп эсептелген. Кандай гана мал болбосун сан жиликтер, сан эттер сыйлуу болгон. Тамак жеп жатканда үйдүн балдарына, кызмат кылып жүргөн келиндерге У. берүү, үйлөрүнө ала кетүү (аялдар) жөрөлгө болуп эсептелген.

**УСУБАЛИЕВ** Турдакун (1919-ж. т., Нарын облусу, Кочкор р-ну, Теңдик айылы) – мамл., саясий ишмер. Кыргыз Эл Баатыры, тарых ил-нин кандидаты. Кыргыз мамл. мугалимдер ин-тун (1941), КПСС БКга караштуу Жогорку партиялык мектепти (1945), В. И. Ленин атн. Москва мамл. педин-тун (1965) бүтүргөн. 1941-ж. Кочкор айылындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1941–45-ж. Кыргызстан КП Кочкор райкомунун пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн инструктору, 1945–55-ж. КПСС БКнын аппаратында жооптуу кызматта, 1955–56-ж. «Советтик Кыргызстан» гезитинин редактору, 1956–58-ж. Кыргызстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысы, 1958–61-ж. Кыргызстан КП Фрунзе шааркомунун 1-катчысы, 1961–85-ж. Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы. СССР Жогорку Советинин 5 жолку (1962–84), Кыргыз ССР Жогорку Советинин 6 жолку (1959–85), Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин (1990-жылдан) депутаты. 1-даражадагы «Манас», 4 Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Ысымы Кочкор р-нундагы чарбага берилген.

**УСУЛ-И-ЖАДИД МЕКТЕПТЕРИ,** ж а ң ы у с у л м е к т е п т е р и –19-к-дын акыры –20-к-дын башында Волга боюндагы, Кавказ ж-а Орто Азиядагы түрк элдери үчүн ачылган эл агартуу окуу жайлары. Бул мектептердин программалары 1905-, 1906-ж. Төмөнкү Новгород калаасындагы мусулмандардын курултайларында иштелип чыккан. Мындай мектептерде диний сабактар гана эмес, жалпы билим берүүчү сабактар да өткөрүлгөн. Жаңы усул мектептери Кыргызстанда 1901–1902-ж. пайда боло баштаган. Токмокто ачылган «Ыкбал» мектебинде 1908-ж. 200 кыргыз, 36 татар, 30 өзбек, 9 дуңган, 5 уйгур бала окуган. Аны бүткөндөрдүн айрымдары Казан м-н Уфадагы медреселерге жиберилип, билимин уланткан. Пишпекте кыз-келиндер үчүн ачылган ушундай мектепте 1914-ж. 70 кыз (анын 20сы кыргыз), 1917-ж. 180 кыз окуган. Чоңкеминдеги Шабдандын медресеси 1909-ж. «Жаңы Усул» мектеби катары кайра түзүлгөн. Мындай мектептер Караколдо, Акталаанын Куртка деген жеринде ж. б. бир катар айылдарда ачылган.

**УСУНДАР** – Борб. ж-а Орто Азияны б. з. ч. 3-к. – б.з. 5-к-нда мекендеген урууларын конфедерациясы. Б. з. ч. 160-ж. Борб. Азиядан Теңиртоого көчүп келишип, жергиликтүү сак урууларын өзүлөрүнө баш ийдиришкен. Антропологиялык жагынан У-да монголоид-дик белгилер басымдуулук кылган. У-дын чыгыш иран уруусу асман-асийлерге болгон окшоштугун В. В. Григорьев, Г. Ф. Вернадский, А. Н. Бернштам, С. П. Толстов далилдешсе, Н. А. Аристов, К. Сиратори, К. Марварг, П. Пелло, Ю. А. Зуев У-ды түрк тилдүү элдерге, ал эми инди-готторго А. Резюме, Ю. Клапрот, Ф. Гранар, Г. Е. Грумм-Гржимайло киргизишет. У-дын чарбасы, маданияты тууралуу, к. *Усун мамлекети.*

**УСУН МАДАНИЯТЫ.** Б. з. ч. 2–к-дан б. з. ч. 5–к-на чейин усун уруу конфедерация-сына кирген элдердин (к. *Усундар*) мада-нияты. У. сак-усун маданияты деп да аталат. Теңиртоодо У.м. экиге бөлүнөт: Челпектеги топурак жерлердеги көрүстөндөр ж-а келгин калк м-н байланыштуу өлүктөр катакомбаларда коюлган көрүстөндөр. У. м-нын эстеликтери Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Теңир-тоодо ж-а Ысыккөлдө табылган. Бурана көрүстөнүнөн (б. з. ч. 3–1-к.) 50гө жакын алтын жасалгалар, алтын жалатылган жука кесиндилер, кызыл боёктун калдыктары ж-а темирден жасалган жаа огунун учтары табылган. Карапа идиштерди жасашкан. Башка жерлерден алып келинген байыркы заманга тиешелүү буюмдар табылган. Челпек эстеликтери да ушул мезгилге тиешелүү. Талас өрөөнүндөгү Ташбашат көрүстөнүндө сөөк м-н бирге көмүлүүчү буюмдар – колодон жасалган билерик, алтындан жасалган түстүү таштар м-н кооздолгон кемердин тогоосу, тегерек тумар табылган. Көптөгөн белгилери б-ча Талас эстеликтери Чүй өрөөнүндө табылган эстеликтерге окшош келет. Челпек коргонунда адамдардын сөөгүнүн калдыктары м-н бирге үй жаныбарларынын сөөктөрү, карапа идиштер, темир буюмдар, жыгач табак, коло күзгү, төөнөгүч, сөөктөн жасалган жаанын учтары ж-а тегирмендин ташы табылган. Көмүү салты ж-а карапа идиштери б-ча Челпек коргону Бурана көрүстөнүнө окшош. Теңиртоодогу Айгыржал көрүстөнүндө карапа идиштер, жыгач стол, табак, чөйчөк, үч буттуу темир казан, сөөктөн жасалган жаа огунун учтары ж-а темир кылыч табылган. Көмүү салты б-ча Айгыржал эстеликтери Карабулак тайпасынын маданиятына окшош келет. У.м-нын эстеликтери Кетментөбө ж-а Алай өрөөн-дөрүнөн табылган. Жерге коюунун эки түрү кездешип, маркум м-н кошо көмүлүүчү буюмдар (темир ж-а карапа идиштер) аз санда табылган. У.м. Евразия мейкиндигинде көчмөн ж-а отурукташкан дыйканчылык маданияттарынын өз ара таасири аркылуу өткөн.

**УСУН МАМЛЕКЕТИ**. Кытай жазма булактары б-ча б. з. ч. 3-к. – б. з. 5-к-нда *усундар* Эдзин Гол ж-а Циляньшандын ортосунда, б.а. азыркы Лянчжоу аймагында жашаган. Усундардын 2-бөлүгү Дунухуандын чыгышындагы жерлерде орун алган. Б. з. ч. 178-ж. усундар юэчжилер тарабынан кый-роого учураган. Алардын бир бөлүгү Моңголияга, 2-бөлүгү хунндардын арасына качышкан. 20 жыл бою усундар коңшу аймактарды басып алуу ж-а усундук союздун аймактарын кеңейтүү үчүн согуштарды жүр-гүзүшкөн. Бул мезгилде усундардын салт-тык турмушу калыптанып, күнбактын күчтүү бийлиги пайда болот. Б. з. ч. 2-к-дын ортосунда юэчжилерди талкалап, Грек-Бактрия падышалыгын, Жетисууну ж-а Чыгыш Түркстандын бир бөлүгүн багындышкан. Тарыхый жазма маалыматтар б-ча ошол мезгилде усундар Усун-го (Усун мамлекети), Син-го (көчмөн малекет) же Бу-цзусу (уруулук союз) мамл. бирикмесин түзүшкөн. У.м. батышынан Чүй–Талас дарыялары, чыгышынан Теңиртоо кыркалары, түндүгүнөн Балкаш көлү ж-а түштүгүнөн Чыгыш Түркстандын дыйканчылык оазистери м-н чектешкен. Мамл-тин ордосу Ысыккөлдүн Түштүк тарабындагы *Чигу* ш-нда жайгашкан. У. м-нин калкынын саны 630 миңдей, о. эле 180 миңден ашуун аскери болгон. Ба-йыркы кытай даректери б-ча У.м. батыш аймактагылардын ичинде эң кубаттуусу болгон. У.м-нин Хан империясы м-н тышкы саясий байланыштары болгон. Алар биргелешип, түндүк хунн уюмун талкалашып, Каңгүй хандыгы ж-а Дабан мамл. м-н аскердик ж-а тышкы саясий мамилелерди түзүшкөн. Усундардын чарбасынын негизин мал чарбачылыгы түзгөн. Дыйканчылык кошумча мааниге ээ болгон. Усундардын кол өнөрчүлүгү жакшы өнүгүп, кайыштан, темирден, жыгачтан буюмдарды, чоподон карапа идиштерин жасашкан. Отурукташкан дыйкандар, башка өлкөлөр м-н болгон соода-сатык мамилелери алардын чарбалык турмушуна бир катар өзгөрүүлөрдү киргизген. У.м-н күнбак башкарып, ага башкы министр, оң, сол жардамчылар баш ийген. Эреже б-ча алар күнбактын туугандары же аскердик ж-а катардагы адамдардан болушкан. Админ. жагынан У.м. 3кө бөлүнгөн: сол (чыгыш), оң (батыш) ж-а борбордук. Борб. бөлүк күнбакка баш ийген. Ар бир бөлүктүн 10 миң колдон турган туруктуу аскери болгон. 6-к-да түрктөр усундарды багындырып, алардын аймактары Батыш Түрк кагандыгына кирген.

**УСУПБЕКОВ** Турдубек (1906, Ысыккөл облусу, Түп р-ну, Талдысуу айылы–1943) – Совет бийлигин бекемдөөгө жигердүү катышкандардан; Кыргыз атчандар армиясынын алгачкы командирлеринин бири. 1926–37-ж. жаңыдан уюшулган Кыргыз атчандар кошуунунда (кийинчерээк армиянын) дивизиондун чалгынчысы, кошуундун командири, взвод командири, дивизиондун саясий жетекчиси ж.б. жетекчилик кызматтарда иштеген. 1938–39-ж. У. «Социал-Туран пар-тиясынын» мүчөсү деген жалаа м-н репрессияланган, бирок кийин кайрадан акталып чыккан. 1939–40-ж. Түп р-нунда башкы агротехник, инструктор, ошол эле жердеги мектепте мугалим болуп иштеген. 1941–43-ж. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында жоокерлерди согушка даярдоо бөлүгүнүн командири, Москва, Курск–Орел, Украина фронтторунда взводдун, аба-десанттык ротанын командири болгон. Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**УСУПОВ** Макай (1924-ж.т., Каракол ш.) – тарыхчы ж-а географ, тарых ил-нин доктору (1983). Караколдогу мугалимдер, Кыргыз мамл. пед. ин-ттарын бүткөн (1951). 1951–54-ж. Караколдогу мугалимдер ин-тунда окутуучу, 1954–57-ж. «Мугалимдер гезитинин» жооптуу катчысы, редактору, 1962–69-ж. Кыргызстан КП БКнын лекторлор тобунун жетекчиси, Кыргызстан КП БК м-н Кыргыз ССР Министрлер Советинин пар-тиялык-мамл. контролдоо комитетинин илим ж-а маданият бөлүмүнүн башчысы, 1969-жылдан Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун партиялык курулуш секторунун башчысы, улук ил. кызматкер, партия тарыхы секторунун баш-чысы. Анын эмгектери Кыргызстан Компартиясынын тарыхына ж-а партиялык курулушка арналган. У-дун 1 монографиясы, 11 китепчеси ж-а көптөгөн ил. макалалары бар. Экинчи даражадагы Ата Мек. Согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.

**УТБИ** Абу Наср Мухаммед (961–1022) – араб тарыхчысы. Негизги китеби – «Тарих ал йамини» («Башкаруучунун тарыхы»). Бул эмгекти 1021-ж. аяктап, Газневи мамл-нин башкаруучусу Махмуд Газневиге арнаган, анткени У. ал учурда Махмуд Газневинин кол астында иштеп турган. Ошол учурдагы тарыхый окуяларга өзү катышып ж-а алардын тарыхын жазган. У-нин Кыргызстандын аймагындагы Караханийлер мамл-нин ж-а Орто Азиянын тарыхы б-ча жазган эмгектеринде баалуу маалыматтар берилген. Анда Караханийлер мамл-нин тарыхы чагылдырылып, Буура хандын Бухарага жасаган жортуулу, анын Саманилер династиясынын башкаручусу Нух ибн Мансур м-н болгон согушу ишенимдүү фактылар м-н сүрөттөлгөн. Өз эмгегинде У. Мансурдун уулу Мунтасир ибн Нухтун Карахандарга каршы күрөшү, Карахан ханзаадасы Илек-хан м-н болгон келишим, анын шарттары тууралуу баяндама берген. У-нин Караханийлердин тарыхы ж-дөгү бул эмгеги фарсы, араб, англис тилдеринде басылып чыккан.

**УЧЕЧИ КАШКА,** Г ү й л ү ч ү, М э н к е Т э м у р – ойрот хандыгын негиздеген кыргыз ханы. Юань династиясынын кулашы Моңголиядагы ж-а ага чектеш жайгашкан кыргыз урууларынын биригүүсүнө жакшы шарт түзгөн. Саясий бийликти алууга кыргыздар жигердүүлүк м-н катышкан. Кыргыз башкаруучусу У.к. (Гүйлүчү, Мэнке Темур деген аттар м-н да белгилүү болгон) 14-к. аяк ченинде ойроттордун ж-а моңголдордун көпчүлүк бөлүгүнө өз бийлигин орноткон. Бийлик аталышын (Юань династиясы) өзгөртүп, өз ээлигин Дадань (Татар) деп жарыялаган. У. к. көз жумгандан кийин, анын уулу Эсэху хан бийликти мурастап, 4 бөлүктүү ойрот мамл-тик бирикмесин негиздеген. Бул союзга элуте, бахатутэ, хойт, кыргыздар кирген. Ойрот ж-а Моңголия кыргыздардын бийлиги астында турганда (1399–1425) У.к. ж-а анын уулу Эсэху хан соода жолдорунун тоомунда жайгашкан Хами өрөөнүн ээлеп алууга аракеттерди жасашкан. Батыш Теңиртоого, Ысыккөл багытына аскер жүрүштөрү уюштурулган. 1435-ж. Эсэху хандын өлүмү м-н Ойрот союзундагы кыргыздардын бийлиги бошоңдой баштаган. Чорос урууларынан чыккан кыргыздар союздун башкаруу бийлигинде өз таасирин сактап калышкан. 15-к-дын 40-жылдарында ойроттордун курамындагы кыргыз аскерлери Пекинге жасалган жүрүшкө катышкан. Бул согушта кытай армиясы талкаланып, император И-Цзун туткунга түшөт. Ошол мезгил Ойрот мамл-нин гүлдөгөн учуру болгон.

**УЧУК** – кыз-келиндин жигитке берген белеги. Эркек киши токуу, өрмөчүлүк үстүндө келип калса, иш үстүндөгү аял ага заматта жиптен чачыла түйүп, белек катары бере салган. Алган киши ыраазычылыгын билдирип, «Учугуң узарсын» деп бата берген. Эгерде жаш жигит болсо, жооп иретинде белек тартуулаган.

**УШУР,** У ш р – мусулман өлкөлөрүндөгү буюм, мал, азык-түлүк түрүндө алынуучу салыктын ондон бир бөлүгү. У-ду феодал төбөлү жыл сайын чогултуп турган. Феодалдык эзүүнүн деңгээлине жараша У-дун көлөмү дайыма өзгөрүп турган.

**УЮМ ТУУДУ** – кыргыздын улуттук оюну. Негизинен 2 же андан көп киши ойнойт. Ар бир оюнчунун жерде бештен уясы (чуңкуру), бирден казынасы (уядан чоңураак чуңкуру) болот. Ар бир уяга бештен эмек (коргол же тоголок таш) салынат. Оюнду баштаган адам өз уяларынын бирөөнөн эмектерди солдон оңго карай жүрөт (уяларга бирден салат). Оюндун жүрүшүндө оюнчу эмектери алынган же жүрүлгөн өз уяларынын бирин «уй» деп атайт. Оюндун жүрүшүндө «уйга» төрт эмек чогулса, «ую тууган» болуп, төлү казынасына салынат. Уядагы эмектер түгөнүп, андан аркы бир уя бош болсо, ошондон аркы уядагы эмектерди алып казынага салат да, оюн кезеги кийинки оюнчуга берилет. Эмек түгөнгөн уядан ары эки же андан көп чуңкур бош калса да, оюн кезеги башкага өтөт. У.т-нун жыйынтыгы уткан эмектердин санына жараша аныкталат. У.т-нун эрежеси, корголдордун саны ж.б. жактары *тогуз корголго* окшоп кетет.

# Ү

**ҮГӨДӨЙ**, У г э д е й (1186–1241) – моңголдордун экинчи улуу ханы (1229–41); Чыңгыз хандын үчүнчү уулу ж-а мурасчысы. Орто Азияда Чагатай м-н бирге Отрарды басып алган. 1224-ж. жер бөлүштүрүүдө атасынан Батыш Моңголияны, Чыгыш Түрк-станды ж-а 28 миң атчан аскер алган. Атасы өлөр алдында аны өз ордуна дайындаган. 1235-ж. Ү. уюштурган курултайда Волга боюна, Дешт-и Кыпчак, Россия ж-а Түш-түк Европага жүрүш жасоо ж-дө чечим кабыл алынган. Ошол эле жылы Тулуй ж-а Жебе м-н бирге Түштүк Сун мамл-н кый-роого учураткан. Анын бийлигинин убагында кат-кабар ташуу кызматы (ян) киргизилген, эл каттоо жүргүзүлгөн ж-а Каракорум ш-нын курулушу аяктаган. 1236-ж. Ү. жерди үлүшкө берүү системасын бекиткен. Ки-йинки реформаларында моңгол аскер башчыларынын ашкере укуктары чектелген ж-а салык жөнгө салган. Ү-дүн ордосу Тарбагатайда, Эмил ж-а Кабук дарыяларынын жээктеринде жайгашкан.

**ҮЗҮМЧҮЛҮК,** у з у н с а р ы, ш и р г е ж ы я р – 1. эрте жазда азык-түлүккө болгон муктаждык, б.а. жыйналган чөп, дан, май, сүр ж. б. азык-түлүк азайып, мал арыктап турган кез; 2. мал чөпкө тоюнбай, актын (айран, сүт ж. б.) көбөйө элек учуру.

**ҮЙ-БҮЛӨ** – нике же кандаш бир туугандык мамиледе турган топ. Кыргыздардын Ү.-б-сү тарыхый өнүгүштө бир нече баскычты басып өткөн. 19-к-да Ү.-б-нүн 2 түрү басымдуулук кылган: бөлүнбөгөн чоң Ү.-б-лөр ж-а кичи Ү.-б-лөр. Чоң Ү.-б-лөр ата-эне, өзүнүн балдары, үйлөнгөн балдары ж-а неберелеринен турган. Мындай Ү.-б-дө 3–4 муундун өкүлдөрү жашап, бүлө мүчөлөрү-нүн саны 20–30га чейин жеткен. Малы, буюмдары Ү.-б-лүк байлык деп эсептелип, тамак-ашы, оокат-тиричилиги жалпы болгон. Бүлөнүн саны көп болгондуктан, алардын чарбасы бекем болуп, ар кандай күтүүсүз жагдайларга туруштук бере алышкан. Кээ бир чоң Ү.-б-лөрдүн чарбасы көп кырдуу болгон – мал багуу дыйканчылык м-н кошо жүргөн. Чоң Ү.-б-лөрдө салттуу турмуштун үрп-адаттары көбүрөөк сакталып, жаңы өсүп жаткан муундарга улуттук өзгө-чөлүктөрдү көбүрөөк бере алган. Албетте, мындай Ү.-б-лөр дайыма эле ынтымактуу жашаган эмес. Өз алдынча чарба күтүү, түтүн булатуу күч алып, моногамдык никеге негизделген кичи Ү-б-лөр бара-бара басымдуулук кыла баштаган. Алар чоң үйдөн өз энчисин алып кеткен жубайлар же үйлөнгөндөн кийин өз алдынча түтүн булатуу жолу аркылуу түзүлгөн. Моногамдык Ү.-б. дыйканчылык м-н тиричилик кылган аймактарга мүнөздүү. Мындай Ү.-б-дө жаңычыл мамилелер тезирээк орун алып, аял киши өзүн эркин алып жүргөн. Бирок, алар тууган-урук системасынан биротоло чыга алышпастан, бир атанын балдары, топ же ража деген туугандыкка негизделген бирикмелердин негизин түзүп, ага байланыштуу жол-жоболорду, милдеттерди чогуу аткарышкан. Жайыты бир болуп, татаал эмгек процесстерин биргелешип бүтүрүшкөн. Салттуу коомдо Ү.-б. патриархалдык-феодалдык, урук-уруулук мамилелерге негизделген социалдык бирикме болуп эсептелген.

**ҮКӨК** – үй тиричилигинде колдонулуучу буюм же тамак-аш сактала турган жыгач сандыкча. Ал жакшылап кургатылган кайың, терек, карагай, арча, жаңгак, өрүк жыгачтарынан жасалат. Ү-түн уз. болжол м-н 80–100 *см*, туурасы 40–50 *см*, бийиктиги 40–50 *см*. Ү-түн маңдай бетине оймолорду ж-а түрдүү кооздук чийимдерин түшүрүшкөн. Жапма капкак жасалып, бетинин орто ченинен кулпу салынган.

**ҮКҮ** – үкүнүн канатынын кыздардын такыясына, тебетейине кооздук үчүн тагылуучу чалгындары (канаттары). Элдик ишенимде үкүнүн канаттары, тырмактары көз тийүүдөн, кырсыктардан сактоочу (магиялык) касиети бар деп эсептелген. Тырмактарын балдардын топуларына, сырт кийиминин алды-артына кадап коюшкан, бешикке илишкен.

**ҮКҮ БАЛБАН** Норузбай уулу (туулган жылы белгисиз – август, 1916) – 1916-ж. кыргыздардын улуттук-боштондук күрөшүнүн жигердүү катышуучусу, жетекчилеринин бири. Токмок уездинин Шамшы – Бурана болуштугундагы (азыркы Онбиржылга айылы) баарың уругунан чыккан. Канат хандын туу көтөргүчү болуп дайындалган. Токмок ш. үчүн 1916-ж. 13–16-августа болгон кармашта ал башында турган көтөрүлүш-чүлөрдүн тобу падыша аскерлерине капысынан сокку уруп, бир нече ирет бүлгүн салган. Чечүүчү салгылаш болгон күнү Ү. б. тынымсыз ок атып жаткан пулемётчуну качырып кирип, аны шыргый найза м-н өлтүрө сайган. Бул айкашта Ү. б-дын чекесине ок жаңылып, курман болгон. Анын сөөгүн аты өз кошуунуна алып келген. Көрсө өз өмүрүнөн эркиндикти жогору туткан намыскөй балбан бул айкаштан аман чыкпасын сезип, «Өлсөм сөөгүм орустардын колуна тийип, кор болбосун», – деп эки бутун минген күлүгүнүн үзөңгүсүнө бекем байлатып алган экен. Ү. б-дын салмагы жарым тоннадан ашык таштарды көтөргөндүгүн, улак ордуна торпок тарткан күчүн, күрөштө далысы жерге тийбеген балбандыгын, ар-намыс үчүн өлүмгө баш байлаган эрдигин эл бүгүнкү күнгө чейин аңыз кылып айтып келет.

**ҮМӨТААЛЫ** Ормон уулу (болжолу 1810/12–1879) – *Ормон хандын* тун уулу; кыргыз тарыхындагы өтө карама-каршылыктуу инсан. Ормон хан тирүү кезинде эле Үмөтаалыга эл бийлете баштаган. Кенесары султанды жеңгенден кийин, Ормон хан 1848-ж. аны Боромбай, Жантай, Жаңгарачка кошуп, орус бийликтери м-н сүйлөшүүгө жиберген. Ү. атасынын заманында орустардын Алатоо округунун башчысы м-н алакада болуп, атасы өлгөндөн кийин 1855–67-ж. орус басып алуучуларына каршы күрөшкөн. 1855–60-ж. Ормон хандын куну үчүн бугу уруусу м-н болгон согушта сарыбагыш уруусунун башында турган. Бул согуш өч алуу үчүн уюшулган болсо дагы, чындыгында Ү. атасынын бийлигин калыбына келтирүүгө умтулган. Мүнөзүнүн катаалдыгы бугу м-н сарыбагыштын чабышында айрыкча көрүнгөн. Бул чабыш *Төрөгелди баатырды* бошотуп

алуу үчүн болгон сүйлөшүүлөрдөн кийин аяктаган. 1860-ж. сарыбагыш уруусунун жетекчилерин колго түшүрүп, жазалоо максатын көздөгөн капитан Венюковдун отряды келгенде Ү. м-н Төрөгелди Нарын, Атбашы тарапка эли м-н көчүп кеткен. Орус м-н кокондуктардын ортосундагы 1860-ж. жай, күз айларындагы Кастек ж-а Узунагачтагы согуштарда *Алымбек датканы* колдогон. Кокон ханы Малла хан тарабынан куугунтукталган Алымбек датка 1861-ж. Нарын аймагына келгенде, Ү. ага чоң жардам көрсөткөн. 1862-ж. сарыбагыш уруусу м-н бирге орус бийлигин формалдуу түрдө таанууга аргасыз болгон. Бирок 1863-ж. жайында Нарын аймагында жүргөн капитан Проценко жетектеген орус аскерлеринин экспедициясына тамак-аш, каражат алып келе жаткан подпоручик Зубаревдин тобуна кол салган. Ү. иниси Чаргын м-н Осмон Тайлак уулунун колдоосунда 19-июнда Экичаттагы Нарын суусуна коюлган көпүрөнү талкалап, Зубаревдин аскерлерин аткылашкан. 21-июнда Проценконун аскери келгенде Аксайга чегинип кетишкен. 1864-ж. Алымкул аталыктын Тогузтородон Кочкорго чейинки жүрүшүндө Ү. ага кошулган. Бирок, Коконго караган Чымкенди орустар басып алганына байланыштуу Алымкул Коконго кайтып кеткенден кийин, Ү. орустардан сактанып Чаргын м-н *Осмонду* алып, Кашкар тараптагы тоолордо көчүп-конуп жүргөн. 1864–67-ж. Ү. Атбашы, Нарындан Кашкарга чейинки аралыкты ээлеп, Кокон, Кашкар кербендерин тоноп ж-а орус бийлигин кабыл алган кыргыз урууларына кол салып турган. 1867-ж. Кашкарда Жакыпбек бийликке отургандан кийин, ал Ү-ны кыса баштаган. Орус аскерлери да 1867-ж. жайында полковник Полторацкийдин жетекчилигинде Атбашы, Чатыркөл аймактарына экспедиция уюштурушкан. Туш тарабынан кысылган Ү. 1867-ж. күзүндө Н. А. Северцовдун кошуунуна келип, орус бийлигин толук тааный турганын билдирген. Орус өкмөтү Ү-дан өлгөн 2, жарадар 4 солдат ж-а бир офицер үчүн 375 жылкы же 7500 рубль (7 жылкы – 20 рубль) кун талап кылган. Ал 1868-ж. кунду толук төлөп берген. 1868-ж. орус өкмөтү «Түркстан аймагын башкаруу боюнча жобо» кабыл алган, б. а. болуштук башкаруу реформасын жүргүзгөн. Бул реформа б-ча мурдагы бир урууну бир гана манап башкарбастан, миң түтүнгө бирден болуш шайланууга тийиш болгон. Ү. орус бийлиги м-н алакалашпай, тынч жашоого өткөн.

**ҮРГӨНЧ** – байыркы ж-а орто кылымдардагы Хорезмдин борбору. Тарыхый булактарда Гурганч, Гурганж, Журжания деген аттар м-н белгилүү. Шаар чалдыбары Түркмөнстандагы Көөнө-Үргөнч кыштагынын жанында жайгашкан. Шаардын качан негизделгени али тактала элек. Жазма булактарда 10-к-да Ү. Орто Азиянын эң маанилүү соода-экон. борборлорунун бири катары атагы алыска чыккан. Ү. хорезмшахтардын тушунда гүлдөп-өнүккөн. 1221-ж. моңголдор жапырыгында талкаланган. 1224-ж. Жучи хандын ээлигине өтүп, калыбына келтирилген. 13-к-дын ортосунан Батый негиздеген Алтын Ордонун курамына кирип, 14-к-дын ортосунда кайрадан Хорезмдин борбору болуп калган. 1388-ж. Аксак Темирдин аскерлери талкалаган. 1391-ж. бир аздан калыбына келтирилген. Шаар 17-к-да өз жашоосун токтоткон. Ү-тө төбөсү он эки кырлуу Фахр-ад-Дин Рази (12-к.) м-н Текеш-шахтын күмбөзү ж.б. археол. эстеликтер бар. Ү. же Жаңы Ү. (1929-жылдан) Өзбекстандын Хорезм облусунун админ. борбор шаары. Бул шаар мурдагы ордунан көчүрүлүп, кайра курулган.

**ҮРКҮН**, Кыргызстандагы 1916–жылкы көтөрүлүш – кыргыз элинин орус падышалыгынын колониялык саясатына каршы улуттук-боштондук күрөшү. Россия империясы Орто Азияда колониялык саясат жүргүзгөнү маалым. Кыргыздар орус падышасынын бийлигин таанып, анын буйрук, жарлыктарына ылайык милдеттүү болгон. Падыша өкмөтү аймакты башкарууда жергиликтүү элдердин түпкү кызыкчылыктарын эске алган эмес. Колониялык саясаттын күчөшү, түпкү калктын нааразылыгын күчөткөн падышачылыктын жер саясаты Кыргызстандын түндүгүнө Борб. Россиядан орус, украин дыйкандары көчүп келе баштаган. Колониялык бийлик аларга ар тараптан колдоо көрсөтүп, кыргыздардын суусу мол, дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерин тартып берген. Анткени казак-орустар сыяктуу эле келгин дыйкандар дагы аймактагы падышачылыктын таянычы болмок. Кыргыздардын мыкты өрөөн-өтөктөрдөн ажыроосу алардын улуттук аң-сезимине терең таасир эткен. Айрыкча биринчи дүйнөлүк согуш маалында кыргыздардын абалы аябай оорлоп, элдин кыжырдануусу күчөгөн. Согуш жылдары эгин аз эгилгендиктен түшүм эки эсе азайган. Малдын саны да кыскарган. Жалаң гана согуштук керектөөлөр үчүн Жетисуу облусунан жыйналган мал чарба азык түлүктөрдүн наркы 55 млн сомго жеткен. Базар баасы абдан өскөн. Алык-салыктардын, ар кандай ыгым-чыгымдардын өлчөмү көбөйгөн. Мис., түтүнгө салынчу салык 4 сомдон 8 сомго өскөн. Өлчөмү 1 сом 84 тыйын болгон аскер салыгы да киргизилет. Падышалык чиновниктер согушту шылтоолоп, жергиликтүү калктан ат-төөлөрдү, кийим-кече, кийиз, боз үйлөрдү көп жыйнаган. Аскерге кеткен орус дыйкандарынын чарбасына кыргыздарды күчтөп иштеткен. Бул кыргыздардын абалын ого бетер начарлаткан. Согуш жылдарында жергиликтүү элдин жерин тартып алуу улана берген. Алсак, Чүй өрөөнүндө гана 1915-жылга карата кыргыздардан 700 миңден ашык гектар жер тартылып алынган. Ал эми Түштүк Кыргызстанда 82 миң *га* жер орус дыйкандарына берилген. Нааразычылыктын күчөшүнө орус төрөлөрүнүн, айрым келгин дыйкандардын жергиликтүү элдин маданиятын, каада-салттарын, динин, тилин басмырлоосу да түрткү болгон. 1916-ж. июнда жергиликтүү элдерди согуштук-оорук иштерине чакыруу ж-дө падышанын Указы жарыяланган. Ансыз да кыжыры кайнап эл падышанын каарынан, мыкты куралданган аскерлеринен жалтанбай күрөшкө көтөрүл-гөн. 1916-ж. көтөрүлүш Орто Азия, Казакстандын кеңири аймаган кучагына алган. Ага 10 млн жергиликтүү калк тартылган Эл-дик кыймыл июль айында адегенде толкундоолор түрүндө башталып, августта куралдуу көтөрүлүшкө өсүп жеткен да октябрдын аягына чейин созуган. 1916-ж. 4-июлда Ко-жент ш-нда өткөн толкундоолордон көтө-рүлүштүн оту тутанган. Алар падышанын Указына ачыктан-ачык нааразылык

билдиришкен. Көп өтпөй мындай толкундоолор бөлөк айыл-кыштактарда, калааларда да башталган. Июль айынын орто ченинде толкундоолор Фергана өрөөнүндө кеңири ку-лач жайып, ага кыргыздар активдүү катышкан. Көтөрүлүш башталганда эле Анжиян уездинин Алтынкөл, Базаркоргон болуштуктарынын калкы айрыкча чечкиндүүлүктү көрсөтүшөт. Алар падышанын Указын аткаруудан ачык эле баш тартып, тизмелерди жок кылышкан. Мындай окуялар коңшулаш Балыкчы, Желкудук, Массан, Майсары ж. б. болуштуктарда да болгон. Айрыкча кыргыздар жашаган тоолуу аймактарда элдик кыймыл курч мүнөздө өткөн. Көтөрүлүшкө Кокон, Наманган уездеринин кыргыз калкы да активдүү катышкан. Ал эми Ош уездинде көтөрүлүш июлдун баш ченинде эле башталып, толкундоолордун эң ириси Сулайман тоонун этегинде өткөн жыйын болуп эсептелет. Ага 10 миңдей киши катышкан. Жы-йынга чогулган эл «Согушка барбайбыз! Балдарыбызды бербейбиз!» деп ачык эле каршылык көрсөтүшкөн. Колониялык бийлик жазалоочу аскерди чакырып, жыйынды араң таркаткан. Жыйындын айрым уюштуруучулары, демилгечилери камакка алынган. Мындай толкундоолор Булакбашы болуштугунун Кожоабад, Чакар кыштактарында дээрлик бир жумага созулган. Ошол эле июль айында Үчкоргон кыштагынын эли көтөрүлгөн. Аны падышалык аскерлер күч м-н баскан, үч киши өлүп, 15 киши камалган. Өзгөндөгү көтөрүлүш да курч мүнөздө жүрүп, бир нече күнгө созулган. Элдик кыймылга Алай, Гүлчө, Ноокат, Куршаб ж. б. болуштуктардын калкы да тартылган. Августтун башында Түштүк Кыргызстандын кеңири бөлүгү көтөрүлүштүн кучагында калган. Кыргызстандын түндүгүндө алгачкы толкундоолор июль–июнь айынын ортосунда башталып, айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Көтөрүлүшкө кыргыздар, казактар, дуңгандар, уйгурлар, сарт-калмактар, татарлардын өкүлдөрү, кээ бир орус, украин дыйкандары катышкан. Көтөрүлүш мыкты куралданган падыша аскерлери м-н куралдуу кагылышуунун деңгээлине өсүп жеткен. Июль айынын аягында элдик толкундоолор Жетисуу облусунда кулач жайган. Ал эми августта куралдуу көтөрүлүштүн алоолонгон оту тутанган. Түндүк Кыргызстанда куралдуу көтөрүлүш кеминдик кыргыздардын кыймылы м-н башталган. Августтун башында Кеминдеги Шабдан баатырдын мечитинде жыйын өткөн. Жыйында падышанын Указы, калктын оор абалы, тагдыры узакка талкууланып, көпчүлүк калк Указды аткаруудан баш тарткан. Көз каранды  эместик үчүн күрөш баштоо ж-дө бүтүм чыгарылган. Күрөштө элге баш-көз болсун үчүн эзелки каада-салт б-ча калайыкка баркы бар Шабдан баатырдын уулу Мөкүш хан көтөрүлгөн. Бул кыргыз элинин көчмөн турмушу м-н шартталып, хан бийлиги өз алдынча мамлекетти калыбына келтирүү түшүнүгү м-н ажырагыс байланышта каралган. Ал ошол учурдагы аң-сезимдин деңгээлинде көз каранды эместикке умтулуу болгон. Көп өтпөй бөлөк аймактарда да жол башчыларды хан көтөрүү жүргөн. Ысыккөлдө Батыркан Ногой уулу, Борб. Теңиртоодо Канат Ыбыке уулу хан көтөрүлгөн. Кескин айырмачылыктарына карабастан, эмгекчи эл м-н ак сөөк төбөлдөр кыйынчылыкта биригишкен. Көп узабай көтөрүлүш Кеминден Сокулукка че-йинки аймакка кулач жайган. Көтөрүлүш-чүлөр Верный – Пишпек жолун ээлеп, почта, телеграф байланыш түйүндөрүн талкалашкан. Элдик кыймылды тез басуу үчүн падышалык акимдер Түндүк Кыргызстанга 2 казак-орус полку, 6 жүздүк, 30дан ашуун рота жиберген. 8-августта Токмокко жакын жайгашкан айылдарда көтөрүлүш башталган. 9-августта Боом капчыгайында Ыбрайым Төлө уулу баш болгон кыргыз кошууну Көлгө бараткан аскерлердин жолун тоскон. 30 миңден ашуун огу м-н 200гө жакын мылтык олжо кылынган. Август айынын ортосунда Ысыккөл ойдуңунда, Таласта, Борб. Теңиртоодо күрөш күчөгөн. Кочкордо көтө-рүлүшчүлөр Столыпино, Белоцарский айылдарына чабуул коюшкан. Ал эми Чүйдө Токмок ш-н камалоо 10 күнгө созулган (13–22-август). Ошол кезде Пишпек уездинде 12 болуштуктун эли көтөрүлүшкө чыкканы белгилүү. Көл кылаасындагы куралдуу көтөрү-лүш өзгөчө курч мүнөздө өткөн. Көтөрү-лүшкө чыккан кыргыздар, казактар, уйгурлар м-н дуңгандар Каркыра жарманкесинде 500дөн ашык дүкөндү өрттөшкөн. Көлдө падышалык чиновниктерге, кулактарга кол салуу 9-августта эле башталган. Көтөрүлүш-кө Ырдык кыштагынын дуңгандары 11-августтан тартып активдүү катышкан. Ошол күнү алар Ырдыкка келе жаткан аскерлердин жолун тосуп, андан соң Караколго чабуул коюшкан. Эртеси кыргыздар ж-а дуңгандар шаарды ээлеп алууга чечкиндүү аракет жасашкан. Ошол эле күнү 400 кишиден турган дуңгандар кошууну падышалык аскерлерге кол салып, айыгышкан кармаш жүргөн. 12-августта Каракол түрмөсүндө 300дөн ашуун кыргыз, дуңган, уйгур козголоң чыгарышкан. 13–14-августта Челпек, Бөрүбаш айылдарындагы калмактар күрөшкө тартылган. Бөрүбаш айылы бир нече күн көтөрүлүштүн чордону болуп турган. Көтө-рүлүшкө башкыр, татар элдеринин өкүл-дөрү, айрым орус, украин дыйкандары да катышкан. Көтөрүлүшчүлөр м-н жазалоочу аскерлердин ортосундагы акыркы ири салгылашуулар августтун аягында – 23 августта Караколдун жанында, 28-августта Түптө болгон. Ага 7 миңден ашык киши катышкан.

Күзгө жуук көтөрүлүшчүлөр тоо таянып, чегине баштаган. Мыкты куралданган орус аскерлерине каршы кармаштарда алар оор жоготууларга учурашкан. Сентябрь айында коргонуу мүнөзүндөгү чакан беттешүүлөр болот. Падышалык аскерлердин ырайымсыз кысымына туруштук бере албасына көзү жеткен эл жан айласы кылып, ата-журттан качуу-га аргасыз болгон. Ошентип, кеч күздө кайгылуу Үркүн трагедиясы башталып, 39 болуштуктун эли үрккөн. Кытайга качкан 45 миң түтүн элдин жалпы саны 160 миң адамдан ашып, аны 130 миңге жакыны кыргыздар болгон. Үрккөн элдин малынын көбү таланып, калганы ит-кушка жем болгон. Пржевальск уездинде гана 2,5 млнго жакын та-лоон болгону маалым. 1917-жылдын башына карата Жетисуу облусунда 38 миң түтүн, же 150 миң адам зыянга учураган. Ошентип көтөрүлүш жеңилүү м-н аяктаган. Анын негизги себеби көтөрүлүштүн алдын ала жакшы даярдалбагандыгы болгон. Жеткиликтүү уюшулбай,

көтөрүлүшчүлөр чачкынды, бөлүндү аракеттенишкен. Өз ара байланыш солгун болуп, бирдиктүү жетекчилик болбогон. Көтөрүлүшкө чыккандардын согуштук даярдыгы жок эле, курал-жарак жетишсиз болгон. Жазалоочу падышалык аскерлер, албетте согуштук машыгуусу ж-а куралдануусу жагынан артыкчылык кылган. Жеңилип калганына карабастан, көтөрүлүштүн тарыхый мааниси зор. Түпкү калк көз каранды эместик үчүн күрөштүн тажрыйбасына ээ болгон. Кубаттуу элдик кыймыл аймактагы колониялык бийликти кыйла алсыраткан. Аймактын колониялык эзүүнүн запкысы жанына баткан көп улуттуу калкынын ынтымагы арткан. Алар падышалыктын колониялык улут саясатына каршы күрөштө бирге болушту. Кыргыз эли Ата журтун бошотуу үчүн, өз алдынчалык үчүн көтөрүлүшкө чыккан. 1916-жылдагы кайгылуу окуя – кыргыз элинин 19-к-дын экинчи жарымы – 20-к-дын башындагы улуттук-боштондук кыймылдарынын эң ириси. Ал элдин эсинде «Үркүн» деген ат м-н түбөлүккө сакталып калды.

**ҮРМАРАЛ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮ-РӨТТӨР** – Талас Алатоосунун тескейинде, Үрмарал суусунун жээгинде жайгашкан коло доорунан орто кылымга чейинки мезгилге таандык археол. эстелик. Таштардын ж-а аскалардын жылмакай беттерине эчкилер, жылкылар, төөлөр, атка чегилген арабалар, дөңгөлөктөр, камандар, куштар, бугулардын сүрөттөрү тартылган. Алардын ичинен Камансуу коктусунда жайгашкан Жалтыракташ сүрөт тобу айырмаланып, анда скиф дооруна таандык илбирстер, желек, жаа аткычтар, оор куралданган жоокерлер ж-а фантастикалык жандыктардын (ажыдаар, ит-карышкыр сымал) сүрөттөрү тартылган. Ү. а. б. с. тууралуу эң алгачкы кабарды 1953-ж. Бишкек ш-ндагы №10 орто мектебинин окуучусу В. Полесский бил-дирген. 1956-ж. аймак таануучу мугалим В. М. Гапоненко, 1985–86-ж. Кемеров ун-ти м-н Казак ИАнын Археол. ин-ту биргеле-шип түзгөн экспедициясы тарабынан изилденген.

**ҮРТҮК** – ат жабуу. Чоң байгеге чабылуучу күлүктөргө ж-а жорголорго, көчүп бараткан кыз-келиндердин аттарына жабылган. Ү. ичке ийрилген жүндөн терме, беш кеште, кажары түрүндө согулуп же кымбат баалуу жердиктен (абайыдан) жасалган. Ү-түн ичи жука кийиз м-н ичтелип, четтери саймаланат же оюм түшүрүлөт. Учу кыргакталып, чачыланып, шуру, бермет тагылып көркөмдөлгөн. Аттын мойнун, көкүрөгүн ороп, капталы ж-а соорусун жаап турат.

**ҮРҮМЧҮ**, Д и х у а – Чыгыш Түркстандагы шаар. 1757-ж. цин-манжур императору Цзянь Лундун тушунда негизделген (шаардын алгачкы аты – Дихуа). 1955-ж. шаар курулганга чейинки жергиликтүү геогр. аталышка көчкөн. Ү. шаары Синь-цзян-Уйгур автономия р-нунун борбору. Калкы 1 миллиондон ашат (100дөй түтүн кыргыз бар). Ү. ш-нда «Эл басмасы» ж-а «Окуу-агартуу басмасынын» кыргыз сектору иштейт. Кыргыз тилинде «Шинжаң кыргыз адабияты», «Тил жана котормо» журналдары чыгат, «Элдик үн алгы бекетинен» күнүгө эки саат кыргыз тилинде уктурулат.

**ҮСӨНБАЕВ** Кушбек (1928, Чүй облусу, Москва р-ну, Чоңарык айылы – 1999, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1968), проф. (1982). Кыргыз УИАнын корр. мүчөсү. 1951-жылдан Кыргызстан ИАда кенже ил. кызматкер, улук ил. кызматкер, тарых музейинин директору, Тарых ин-тунда бөлүм башчы, 1989-жылдан жетектөөчү ил. кызматкер. Революцияга чейинки кыргыз тарыхы б-ча белгилүү адис. Анын изилдөөлөрү Кыр-гызстандын Россияга бириктирилиши ж-а анын натыйжалары, 19–20-к-дын башындагы саясий түзүлүш ж-а коомдун социалдык-экон. өнүгүшү, улуттук-боштондук кыймылы сыяктуу орчундуу маселелерди кучагына алат. Ал 200дөн ашуун ил. эмгектин, а. и. 10 китептин автору. Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери (1991), Кыргыз Респ-нын илим ж-а техника б-ча мамл. сыйл. лауреаты (1970).

**ҮЧЕМЧЕК КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 3-к. – б. з. 2-к. усун урууларынан калган мүрзөлөр. Суусамыр өрөөнүндөгү Үчемчек суусунун боюнан орун алган. 100дөй дөбө мүрзөдөн турат.

**ҮЧКОРГОН ТУРГУН ЖАЙЫ –** төмөнкү таш дооруна таандык таш куралдар эстелиги. Баткен облусундагы Исфайрамсай да-рыясынын оң жээгинде, Арпалык тоосунун чыгышында Үчкоргон айылынын түштүк-чыгышында жайгашкан. П. Т. Конополя тарабынан ашель доорлоруна таандык үч бурчтуу формадагы кыр чыгарылган чоппинг табылган.

**ҮЧ ТАМАН**, ү ч т а п а н – балдардын чүкө оюну. Эки же андан көп бала ойношот. Оюнчулар бирден чүкө тигишип, тутум б-ча белгиленген чектен чүкөлөрдү атышат. Сака тийген чүкө ордунан Ү.т. алыстаса – чүкөнү алат, ага жетпесе – албайт. Саканы чүкөгө тийгизсе да, тийгизе албаса да ар бир оюнчу бир сыйра чүкөнү атып чыгат. Ар ким өз сакасы түшкөн жерден мурунку ирети м-н оюнду улантышат. Кезектеги оюнчу алыстагы чүкөнү эмес, жакыныраак турган бирөө-нүн сакасын да атууга укуктуу. Атылган са-ка жаткан ордунан Ү.т-дан алыстап кетсе, анын ээси оюнга катышпайт. Эгерде ал сака акыркы оюнчунуку болсо жердеги чүкө толу-гу м-н саканы атып чыгарган балага тиеше-лүү болот. Оюнчу жыдыгандан кийин кезек кийинки атаандашына берилет. Ү.т. балдарды шамдагайлыкка, таамайлыкка үйрөтөт.

**ҮЧТЕРЕК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 8–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Кетментөбө өрөөнүнүн чыгыш тарабында, Нарын дарыясынын сол өйүзүндө. Чалдыбардын уз. 940 *м*, туурасынын кенен жери 300 *м*ге жетет. Мунаралуу дубал м-н курчалган.

**ҮЧТУРПАН –** Чыгыш Түркстандагы орто кылымдагы шаар. Кытайча Пенчул-Выньсу деп аталган. Ал азыркы Үчтурпан аймагында жайгашкан. «Худуд ал-Аалам» эмгегинде: «Пенчул халлуктар (карлуктар) жайгашкан аймактан орун алган, эзелки убакта анын бийлик ээси тогуз огуздар эле, азыр аны хырхыздар (кыргыздар)

бийлеп жатышат» деген маалымат бар. Бул маалыматтарга караганда кыргыздар 9-к-дын аягында эле Жетисуу аймагынын этегинде, б.а. Чыгыш Теңиртоодо жашашкан.

**ҮЧ-ЭЛИГ КАГАН** – «сары» түргөштөрдүн уруу башчысы. Түргөш кагандыгын түптөө м-н жаңы династиянын негиздөөчүсү. Ү.-Э.к. Түргөш кагандыгын 699–706-ж. бийлеген. Түргөштөр «он ок элинин» улуу конфедерациясына киришкен ж-а Чүй м-н Иле дарыяларынын аралыгын ээлеп турушкан. Ү.-Э.к. Суйаб ш-н ээлеп, ошол жерге өз ордосун көчүрүп, мамл-тин чегин кеңейткен. Түргөштөргө караштуу жерлер Сырдарыянын ортоңку агымына чейин созулган. Ү.-Э.к. кагандыкты жыйырма ээликке бөлгөн. Ү.-Э.к-дын ордуна уулу Сакал каган (700–711) такка олтурган.

# Ф

**ФАГИНУН** – орто кылымдагы чыгыш мусулман булактарында чагылдырылган кыргыздардын бакшысынын аталышы. Ислам динин кабыл алганга чейин кыргыздар шаман динин тутушкан. Бул дин байыркы ж-а орто кылымдарда кыргыз коомунун ажырамсыз бир бөлүгү катары өнүккөн. Мусулман булактарында кыргыздардагы Ф. (бакшылар) көзү ачыктык кылып жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү, жаан-чачынды, болочок түшүмдүн болорун же болбосун, таңсыктык ж-а байлыкты, болор кырсыкты алдын ала так айта алышарын баяндаган маалыматтар бар.

**ФАИЗХАНОВ** Хусеин (1828–1866) – татар окумуштуусу, түркolog. Санкт-Петербург ун-тинин чыгыш тилдер факультетинде түрк ж-а татар тилдери б-ча лекция окуган. Түрк палеографиясынын ж-а дипломатиясынын устаты. Булгарлардын эпитафиялык эстеликтерин, Алтын Ордонун ж-а Крым хандыгынын архивдик документтерин изилдеген. «Манас» дастаны ж-дө өз пикирин айткан.

**ФАРАБИ**, А б у Н а с р Ф а р а б и [870, Шымкен облусу (Казакстан), Фарар ш. (Отрар) – 950, Дамаск ш. Сирия] – чыгыштын философ-аалымы. Алгач билимди өз мекенинде алып, аны кийинчерээк Чыгыштын башка шаарларында өркүндөткөн. Айрыкча Багдад ш-нда кыска мөөнөттө араб, фарсы, грек, хинди, санскрит, сирия ж.б. тилдерди үйрөнгөн. Табият таануу илимине, философияга өзгөчө көңүл бөлгөн. Философияны өздөштүрүүнү байыркы грек окумуштуусу Аристотелди үйрөнүүдөн баштаган ж-а анын эмгектерин түп нускада окуп үйрөнгөн. Аны «Экинчи мугалим» (биринчи мугалим – Аристотель) деп аташкан. Ф. математик, астроном, географ, тарыхчы, философ гана эмес, о. эле музыкант болгондугу да белгилүү. Анын «Китаб аль музик алькабир» же «Музыка боюнча чоң китеп» аттуу эмгегинде музыканын теориясы, тарыхы, музыка аспаптарында ойноо ж-а анын ыкмалары ж-дө айтылган ж-а музыканы кагазга түшүрүү, нота жазуу б-ча алгачкы түшүнүктөрдү берген. Аристотелди окумуштуу, философ катары Ф. дүйнөгө тааныткан. Себеби, Аристотелдин философиясын билүү өтө татаал болгондуктан, ал Аристотелдин эмгектерине түшүндүрмөлөрдү жазып, анын философиялык системасын өздөштүрүүнү жеңилдеткен. Айрыкча Аристотелдин «Категориялар», «Герменевтика», «Аналитика», «Топика», «Поэтика» ж.б. эмгектери Ф-нин түшүндүрмөсү аркылуу гана дүйнөгө тарап, Аристотель философ катары таанылган. Ф. орто кылымдарда биринчилерден болуп, илимге классификациялоо жүргүзгөн.

**ФАРСАХ,** п а р с а ң г – мусулмандардын аралыкты өлчөөдөгү чен бирдиги. Орточо алганда Ф. 6 *км*ди түзөт.

**ФАСИХ ХАВАФИ,** Ф а с и х и б н Ж а л а л а д – Д и н М у х а м м е д (1375– 1442-ж. чен) – мусулман тарыхчысы. Фарсы тилинде «Мужмал-и-фасиха» («Фасих жыйнагы») эмгегин жазып, аны 1442-ж. Улугбектин атасы Шахрухка тартуулаган. Ф. Х-нин эмгегинде Аксак Темирдин Теңиртоодогу көчмөн элдерге (аны «жете» деп атайт) жасаган баскынчыл жортуулдары, Моголстан, Ысыккөл топонимдери, Моголстан хандары ж-а алардын саясаты чагылдырылган.

**ФЕДЧЕНКО** Алексей Павлович (1844, Иркутск – 1873, Альп тоолору Монблан мөңгүсү) – орус табият таануучусу, Орто Азияны изилдөөчү. 1864-ж. Москва мамл. ун-тин бүтүргөн. 1868–71-ж. Заравшан, Фергана, Алай өрөөндөрүн, Кызылкум чөлүн, Түштүк Теңиртоону изилдеген. Биринчилерден болуп Гисар-Алай тоо системасынын картасын түзгөн. Ф-нун Түштүк Кыргызстанга жасаган саякаты б-ча жазган каттары м-н макалаларынан (1869–71) ордодогу бийлик үчүн күрөш, ферганалык (сохтук) кыргыздардын оор абалы ж-дөгү маалыматтарды табууга болот. 1871-ж. Ф. Ворухтан кайтып келатып, Алай тоо кыркаларынын түндүк-батышы м-н, Сох дарыясынан өтүп, Исфайрамга, андан ары Теңизбай ашуусу аркылуу Ф. ушуга чейин европалык окумуштуулардан эч ким көрө элек Алай тоо кыркаларына көтөрүлгөн. Алай кырка тоосу деп Ф. атаган. Бул аталыш азыркы күнгө чейин сакталып келе жатат. Окумуштуу Теңизбай ашуусунан түштүк-чыгыш тарапта абдан чоң чоку (Ленин чокусу) бар экенин көргөн. Теңизбай ашуусунан ашып түшүп, Ф-нун отряды Алай өрөөнүнүн флорасын ж-а фаунасын изилдеген. Алай өрөөнүнөн Кичиалай өрөөнүнө өтүп, Акбууранын жогорку агымы м-н Ош, Өзгөн, Анжиян, Наманган аркылуу Ташкенге келген. Ф. түзгөн Теңиртоо-нун ж-а Памирдин орографиялык схемалары белгилүү немис географы А.Гумбольддун түзгөн схемасынан айырмаланып, так түзүлгөн, Орто Азиянын өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсү ж-дө бай маалымат калтырган. Ф-нун негизги эмгектери ал өлгөндөн кийин «Түркстанга саякат»(«Путешествия в Туркестан») деген ат м-н басылып чыккан. Памирдеги эң чоң тоо мөңгүсүнө Ф-нун ысмы берилген.

**ФЕОДАЛИЗМ** түшүнүгү 18-к-да Француз революциясынын (1789–94) алдында жаралып, «Эски тартип» (чексиз монархия, дворяндардын бийлиги) дегенди түшүндүргөн. Марксизм окуусунда Ф. капитализмдин жаралуусун шарттоочу кул ээлөөчүлүк доордон кийинки формация катары каралат. Азыркы мезгилдеги тарых илими Ф-ди, айрым белгилери дүйнөнүн башка региондорунан кездешсе да, Батыш ж-а Борб. Европада гана орто кылым доорунда өкүм сүргөн социалдык система катары анализдейт. Ф-дин негизин коомдогу вассалдар м-н сеньёрлор, дыйкандар м-н ири жер ээлери ортосундагы мамилелер аныктайт. Ф-ге рыцардык аскер уюму ж-а мыйзам тарабынан бекемделген уруулук юридикалык теңсиздик мүнөздүү. Ф-дин идеологиялык-ыймандык негизин орто кылымдын маданиятын аныктап турган христианчылык түзгөн. Кыргыздар Ф-дин өнүккөн классикалык формасын басып өткөн эмес. Кыргыздарда патриархалдык-феодалдык, патриархалдык-урууччулук коом өкүм сүргөн.

**ФЕТИСОВ** Алексей Михайлович (1842, Севастополь – 1894, Пишпек) – орус табият таануучусу, багбан, саякатчы. 1870-жылдан Ташкенде жүзүм, жемиш бактарын, кооз бак-дарак өстүрүп, гербарий чогулта баштаган. 1874–78-ж. Жетисуу облусунун борбору Верныйда (Алматы) багбанчылык мектептин башчысы болуп иштеген. 1879–81-ж. Бишкекте Кара жыгач багын негиздеген. 1889–94-ж. Бишкектеги а. ч. мектебин башкарып, кыргыз жаштарын жемиш багын, тамеки ж. б. өсүмдүктөрдү өстүрүүгө үйрөткөн. 1870–91-ж. Теңиртоонун геогр-н, өсүмдүктөрүн, археол-н изилдеген. 1893-ж. метрология станциясын уюштурган. Орто кылымдарга таандык Карабалта, Бишкек, Шамшы, Жоонарыктагы археол. эстеликтерди изилдеген.

**ФЁДОРОВ** Михаил Николаевич (1937-ж.т., Өзбекстан, Ташкен ш.) – тарых ил-нин доктору (1990), проф. (1992). 1952-ж. Ташкен мамл. ун-тин бүтүргөн. Өзбек ССР ИАнын Тарых ж-а археол. ин-тунда ил. кызматкер, КМУда окутуучу, доцент, проф., кафедра башчысы. Илимий эмгектери негизинен Орто Азиянын тарыхын, археол-н, нумизматикасын изилдөөгө арналган. 100дөн ашык ил.эмгектери, тарыхый повесттери жарык көргөн. Медалдар м-н сыйланган.

**ФРОНТКО ЖАРДАМ** – Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында оорукта кулач жайган патриоттук кыймыл. Кыргызстандын эмгекчилери согуш жылдары коргонуу фондусуна танк, самолёт куруу үчүн 189 *млн.* сом акча, 946 *млн.* сомдук облигация ж-а 59 *кг* күмүш жыйнап беришкен; эгин, эт, май, жүн берип турушкан. Согуш жылдары респ-нын калкы 1 *млрд* 47 *млн.* сомго облигация, 156 *млн.* сомго акча-буюм лотереясын алышкан. Майданга эмгек жамааттарынан 196 вагон белек жиберилген. Ф.ж. кыймылы оорук м-н майдандын бузулбас биримдигин айгинелеген патриоттук ж-а интернационалдык маанайдагы кыймыл болгон.

**ФРУНЗЕ** Василий Михайлович (1854, Херсон губерниясы, Тирасполь уезди, Захарьевский кыштагы – 1897, Олуяата уезди, Мерке кыштагы) – аскер фельдшери; М. В *Фрунзенин* атасы. 1870–74-ж. Москва фельдшер-акушердик мектебин бүтүргөн. 1874-ж. аскерге чакырылып, Жетисууда, Токмок гарнизонунда, Түркстан округунда кызмат өтөгөн. Аскердик мөөнөтү аяктаган соң Токмок ш-ндагы атчандар полкунда аскер врачынын жардамчысы болуп иштеп, ошол кезде жергиликтүү эл арасында чечекке каршы эмдөө жүргүзгөн. 1878-ж. Пишпекке көчүп келип, врач Ф.В.Поярков м-н келгиндер ооруканасын уюштурган ж-а фельдшер болуп иштеген. 1891-ж. жергиликтүү эл м-н байланышканы үчүн куугунтукталып, фельдшердик кызматтан четтетилген. 1895-ж. Мерке айылында фельдшер болуп эмгектенген. Ф. талыкпаган эмгекчил, боорукер, чынчыл адам болгон. Оорулууларга күн-түн болсо да жардамын аяган эмес. Анын камыш м-н жабылган кичинекей үйүнө (азыр Бишкектеги М. В. Фрунзенин музейи) көптөгөн сыркоолор келип турган. Элге кылган жакшы мамилеси үчүн жергиликтүү эл арасында кадыр-баркка ээ болгон.

**ФРУНЗЕ** Михаил Васильевич (1885, Жетисуу облусу, Пишпек уезди, азыркы Бишкек ш. – 1925, Москва) – мамл. ж-а аскер ишмери. Петербург политехникалык ин-тунун экон. факультетинде окуп жүргөндө андан революциячыл иши үчүн айдалган. 1905-ж. Иваново-Вознесенскиде революциячыл кыймылды уюштурууга катышкан ж-а иш таштоону жетектеген. 1907-ж. Шуяда камакка алынып, 1909–10-ж. эки ирет өлүм жазасына өкүм кылынган, ал жаза 10 жылга, кийин өмүр бою сүргүнгө алмаштырылган. Сүргүндөн 1915-ж. качып чыгып, Иркутск, Чита, Минскиде революциячыл иш жүргүзгөн. Октябрь революциясына катышкан (Иваново-Вознесенск, Москва). Граждандык согуш жылдарында Чыгыш фронтунун Түштүк тобуна, Колчактын армиясын талкалоодо Чыгыш фронтуна командалык кылган. *Түркстанда* Совет бийлигин чыңдоо үчүн 1919-ж. 14-августта уюшулган Түркстан фронтунун башкы командачылыгына Ф. дайындалган. 1920-ж. февралда Ф-нин буйругу б-ча Жетисуудагы кыргыз-казактардан Өзгөчө кыргыз атчандар бригадасы түзүлгөн. Ошол эле жылы 7-майда Кызыл Армияга жергиликтүү калктан 19–35 жаштагы 30 миң адамды мобилизациялоо ж-дө буйрук чыгарган. Бул Борб. Азия элинин тарыхындагы биринчи мобилизация болгон. 1920-ж. сентябрда Түштүк фронтунун командачысы болуп дайындалып, Врангелди талкалоону жетектеген. 1920-ж. Түркстан комиссиясынын мүчөсү катары Орто Азиядагы, а.и. Кыргызстандын түштүгүндөгү контрреволюциячыл күчтөрү талкалоо Совет мамл-нин улут саясатын калк арасында түшүндүрүү б-ча иштерди жүргүзгөн. 1921–24-ж. Крым аскерлеринин командачысы, 1924–25-ж. СССР революциялык аскер советинин төрагасынын орун басары, төрагасы, аскер ж-а деңиз иштер эл комиссары. 1924–25-ж. Ф-нин жетекчилиги м-н аскердик реформа жүргүзүлгөн.

**ФУЮЙ КЫРГЫЗДАРЫ**, М а н ж у р и я д а г ы к ы р г ы з д а р – Кытай Эл Респ-нын Фуйү уездинде жашаган калк. Алардын жалпы саны 1000ден ашуун. Улуу муундары өздөрүн «кыргыз», жаштары кытай тилинин өзгөчөлүгү м-н «тиртиз» (кыт. «цзилицзи») деп аташат. Ф. к-нын аксакалдарынын маа-лыматтарына караганда, алар бул аймак-ка орус Алтайынан, мындан 300 жыл илгери көчүп келишкен. Айрым изилдөөчү-лөрдүн пикири б-ча, кыргыздар бул аймакка (Хэйлунцзянь) император Цянь Лундун (1736–96) тушунда көчүрүлгөн, о. эле 18-к-дын (1703-ж.) баш ченindeги енисейлик кыргыздардын Жуңгар хандыгы тарабынан зордоп көчүрүлүүсүнө байланыштырышат. Кыргыздардан чочулаган моңголдор да бир нече ирет көчүрүү саясатын ишке ашырышкан. Ф.к. кошуна жашаган манжур, моңгол, даур, эвенктерден жүздөрүнүн ак жуумалдыгы, европалык өңү-түсү м-н, о. эле карамал кармашып, сүт ж-а сүт азыктарын кенен пайдалангандыктары м-н айырмаланышат. Мал чарбасынан тышкары, дыйканчылык м-н да кесиптенишет. Ф.к-нын тили хакас, шор, эт-ностук башатынын кыргыздар м-н жалпылыгы аныкталып жаткан сарыг югур (сары уйгур), лобнорлуктар м-н жакын турат.

**ФУРИ –** бүгүнкү саха-якуттардын бабалары болгон курыкандардын мусулман булактарындагы аталышы. Бул маалыматтар б-ча Ф-лер кыргыздардын чыгыш тарапта өз алдынча турушары, тилдери түшүнүксүз экендиги баяндалат. Кыргыз каганынын ордосу жайгашкан Кемичкет ш-нан анча алыс эмес жашаган Ф-лер (курыкандар) кыргыздарга салыштырмалуу өнүгүүнүн төмөнкү баскычында турушкан. Кемичкет – азыркы Хакас-Минуса ойдуңунда жайгашкан шаар болгон. 10–11-к-да моңгол тилдүү уруулар тарабынан сүрүлгөн Ф-лер Ленанын төмөнкү агымына журт которушуп, саха-якуттардын этностук пайдубалына негиз салышкан.

**ФУЧИК** Юлиус (1903–43) – чех журналисти ж-а коомдук ишмер. 1912–23-ж. Прага ун-тинин философия факультетинде окуган. 20-ж-дан «Руде право» газетасынын, «Творба» журналынын редактору. 1930, 1934–36-ж. СССРде болуп (Кыргызстанда 1930, 1935-ж.), «Эртеңкибиз кечээкиге айланган өлкөдө» (1932) деген китеп ж-а көркөм очерктер циклин жазган. Антифашист. 1941-жылдан жазган макалаларында чех элин азаттык күрөшкө үндөгөн. 1942-ж. гестапого колго түшүп, 1943-ж. Германияда өлтүрүлгөн. Праганын Панкрац түрмөсүндө жатып каршылык көрсөтүүчүлөрдүн каармандыгы ж-дө «Дарга асылар алдындагы сөз» деген китебин жазган. Анын ысмы м-н Бишкектеги парк аталган.

# Х

**ХАЗАРЛАР** – түрк тилинде сүйлөгөн көчмөн уруулар. Чыгыш Европага хунндардын толкуну (4-к.) м-н барышкан. 6-к-дын 60-ж. Түрк кагандыгына баш ийишкен. 7-к-дын ортосунда Х. кагандыгы калыптанып, 965-ж-га чейин өкүм сүргөн. Х. кагандыгы талкаланган соң, өлкөнүн калкы башка түрк тектүү элдердин курамдарына жуурулуп кетишкен. 9-к-да Х. иудаизм динин кабыл алышып, ал мамл. дин катары жарыяланган. Иудаизмди тутунган караимдерди Х-дын урпактары деген жоромолдор бар. Гедиминдин тушунда Крымдан Литвага көчүрүлгөн караимдер ушул тапта Литва, Польша, Израилде жашашат.
**ХАЙДУ ХАН**, К а й д у  х а н – Орто Азиянын чыгышында өз алдынча мамл-тин негиздөөчүсү; Кашинин уулу, Үгөдөй хандын небереси. Үгөдөй ж-а Чагатай улустарын бириктирип, өз алдынча мамлекет түзүп, аны 1269–1301-ж. бийлеп турган. Х.х. улуу хандын сарайында тарбияланган. Үгөдөйдүн бир тууганы Тулуйдун уулу Мункэ ханга каршы чыгып, бул үчүн Тарбагатай тоолоруна куулган. Ал жерден Х.х. Батыйдын уулу Беркенин жардамы м-н Эмил-Тарбагатай ж-а Кара Иртыш өрөөндөрүндө анча чоң эмес жер ээликтерин түзгөн, анын кол алдында 3 миң адамдан турган аскери болгон. 1266-ж. Есун – Туванын уулу Барак өзүн Чагатай улусунун башчысы деп жарыя-лайт да, Хайдуга каршы чыгат. Хайду жучилердин жардамы м-н Барактын аскерлерин талкалап, Мавераннахрга качууга аргасыз кылган. 1269-ж. жазында Талас өрөө-нүндө өткөн курултайда хан көтөрүлгөн. Х. х. өз ээлигинин чегарасын Сырдарыя ж-а Ферганага чейин кеңейткен, Мавераннахр аймагынын 2/3 бөлүгү Баракка өткөн. 18-к-дын 70-ж. Хайду бүткүл моңгол тактысы үчүн Хубилай м-н күрөш баштаган. Мыкты уюштурууучулук ж-а аскер башчылык шыкка ээ Х. х. жакшы машыккан аскер түзө алган. Чыңгыз хандын үлгүсү м-н өзүнүн уулдары жетектеген аскердик кошуундарды түзүп, аларга мамл-тин чегара аймактарын коргоону тапшырган. Х.х. м-н Хубилайдын аскерлеринин Моңголия ж-а Саян-Алтай аймактарында болгон бир нече кагылышуу-лары эки тарапка тең жеңиш алып келген эмес. Бирок жүрүштөрдүн жыйынтыгында Х.х. Каракожого чейинки Чыгыш Түркстандын түндүк тарабын басып алып, жерлерин бир кыйла кеңейткен. Хаан ж-а Хайдунун аймактарынын чегаралары Хамитурфан оазисинен ж-а Туванын жерлери Амударыя б-ча өткөн. Х.х. мамл. ишмер катары көч-мөндөр м-н отурукташкан калктын өз ара карым-катнаш мамилелерин чыңдоо максатында дыйканчылык өрөөндөрүндө эгин талааларын мал каптап кетишине жол бербөө тууралуу көчмөн төбөлдөргө көр-сөтмө берген. Ички саясатында, соодагер Максуд-бектин акча реформасын колдогон, о. эле салык системасы (расмий салыктан башка салыктарды жыйноого тыюу салган) ж-а улустун аймактарын башкарууну жөнгө салган.
**ХАЙЛАМ,** Х а т л а м – орто кылымдардагы Мийан-Рудан («Экисуу арасы») дубанынын борбор шаары. Кетментөбө өрөөнүндө, Нарын дарыясынын боюнда жайгашкан.
**«ХАКАН ТИЛИ»** – 10–13-к-дын башында Теңиртоодо ж-а Мавераннахрда түрк элдери үчүн орток жазма адабий тил. Бул термин Махмуд Кашгаринин «Диванынан» кезигет. Жусуп Баласагуни аны «Буура хандык тил» деп белгилеген. «Х. т.» чигил тилинин негизинде пайда болгон деп бир катар изилдөөчүлөр божомолдошот. «Х. т.» ки-йинки кыргыз, казак, өзбек, уйгур, кара калпак тилдеринин башаты болуп саналат.
**ХАКАС-КЫРГЫЗДАР.** Хакастардын курамындагы «хыргыс» сөөктөрү (уруктары) эң көрүнүктүү, тектүү уруу катары маалым. Эгерде, хакастарда жалпысынан 1200 фамилия белгилүү болсо, «хыргыс» сөөгү алардын 5%ин түзгөн. 17–18-к-да Хакас-Минуса ойдуңунун калкы негизинен социалдык эки чоң топко бөлүнгөн: кашка сөөктөр (ак сөөк уруу, эл) катмарына кыргыздар, кара сөөк (боз сөөктөр, тексиз уруулар) катмарына кыргыздарга салык төлөгөн көзкаранды уруулар, этностук топтор – кыштымдар кирген. Нили дарыясынын өрөөнүндө «хыргыс» сөөгүнүн колдоочусу катары эсептелген «Иней тас» деген чулу таштар болгон. Бул уруктун өкүлдөрү жыл сайын, июнь айында бул жерге түлөө өткөрүшүп, сыйынышчу. Уламыштар «Иней тасты» кыргыздардын ташка айланып калган түпкү энеси катары баяндайт. «Хыр хыс» – ак буурул чачы бар кызды аныктайт. «Хыргыс» этноними хакас-тардын ири урууларынын кездешет.
**ХАКАСТАР**, т а д а р, х о о р а й – Россиянын Хакас Респ-нын түпкү калкы. Түрк тилдеринде сүйлөгөн эл, христиан динин тутушат. Соңку эл каттоолордо Х-дын жалпы саны 80 миңден ашып, респ-нын калкынын 11%ин гана түзүшкөн. Х-дын этностук курамы 17–18-к-да енисейлик кыргыздар м-н байыркы түрк, самодий ж-а кет урууларынын аралашуусунун негизинде калыптанган. 17–18-к-дагы жазма документтерде Х-дын жери «Кыргыз жери» же «Хонгарай» деп аталган. Элдик оозеки чыгармачылыкта «хоорай» же «хыргыс-хоорай» деген аталыштар көп кезигет. 1703-ж. Хакасияда жашаган кыргыздардын негизги бөлүгү Жуңгарияга көчүрүлгөндөн кийин «хыргыс», «кыргыс» аты жазма булактарда сейрек учурай баштайт. Орустар Х-ды минусалык, абакандык татарлар деп аташкан, бул аталыш аларга убактысынча туруктуу болуп, өздө-рүн «тадар» кылып алышкан. «Хакас» термини 1917-ж. 20–30-июлда Чарков айылында өткөн хакас элинин 2-курултайында кабыл алынган. Түзүлгөн комиссиянын курамы «тадар» деген аттан баш тартуу м-н жергиликтүү калк енисей кыргыздарынын түз урпактары экендигин эске алышып, Тан дооруна тиешелүү кытай жылнаамаларындагы «хягас» деген аталышка токтолот. Совет бийлиги тушунда Х. өзүнчө мамл. түзүлүшкө ээ болду. Хакасиянын ай-магында енисей кыргыздарына таандык археол. эстеликтер арбын. Х. м-н кыргыздардын материалдык, руханий маданиятында көптөгөн этногр. окшоштуктар байкалат.

**ХАЛИФАТ,** х а л и ф т и к – мусулман теократиясынын системасы (к. *Ислам*), о. эле халиф башкарган мусулман-араб мамлекеттеринин тарыхый изилдөөлөрдө кабыл алынган аты. Мусулман жамаатынын негизинде алгачкы Х. 7-к-дын башында Батыш Ара-вияда *Мухаммед* тарабынан түзүлгөн. 7–10-к-да арабдардын жеңип алууларынын натыйжасында Араб, Ирак, Иран, Орто Азия, Сирия, Палестина, Египет, Түндүк Африка, Закавказье аймактарында мусулмандардын Х. чоң мамлекетке айланган. Бул мезгилдерде Аббасиддер Х., Омейяддар Х., Фатимиддер Х., Араб Х. өкүм сүргөн. Х-тын маданияты калыптанып, ал дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнө зор таасирин тийгизген. Акыркы Х. 1924-ж. Түркияда жоюлган.

**ХАМУКЕТ** – орто кылымга таандык шаар. Талас өрөөнүндөгү Тараз ш-на жакын орун алган. 6-к-да негизделген. Жамбыл ш-нан анча алыс эмес жердеги Майтөбө шаар чалдыбарына окшоштурулат.

**ХАН,** к а н, к а г а н, х а г а н («монарх», «бийлөөчү» маанисиндеги байыркы түрк сөзү) – түрк ж-а моңгол бийлөөчүлөрүнүн наамы. Бул термин байыркы Орхон-енисей жазма даректеринен да учурайт. Х. алгач уруу башчысы деген маанини туюнтса, селжуктар м-н Хорезм шахтары тушунда Х. – князь деген мааниде колдонулган. 11–12-к-да Моңгол империясында улустарды бийлегендерге, султандарга да Х. наамы ыйгарылган. Индостандагы мусулман мамл-териндеги ар түрдүү мансапка ээ болгон төрөлөр да Х. аталышкан. Иранда Сефевилер тушунда облусту башкаруучу, о. эле аскер феодал төбөлдөрүнүн бири да Х. аталган. 19-к-да Х. наамы айрым бир кыргыз төбөлдөрүнө берилген.

**ХАНЗА БЕК** – Хакас-Минуса аймагында (Кыргыз жери) орус баскынчыларына каршы кыймылдын уюштуруучусу (1730–50), кыргыз баатыры. Айрым маалыматтарда Х. б. Июс түздүгүндө туулгандыгы айтылат. Оор салыкка, эзүүгө чыдабай көтөрүлгөн элди жетектеген. Х. б. Ханыс-Тоонун жанында Томскинин аскер башчысы м-н жекеме-жеке салгылашка чыгып, анын желкесинен кайыш алган имиш. Ал кол топтоп, орус айыл-дарына, чыңдоолоруна кол сала баштайт. Орустардын көп сандаган аскерлери Х. б. ж-а анын колун чегинүүгө мажбурлаган. Жолдошторунун чыккынчылыгынан улам уктап жаткан Х. б-ти жоо байлап кетет. Аны Томскиге (айрым маалыматтарда Крас-ноярск) алып келишип, темир илмекке кабыргасынан асып өлтүрүшкөн. Хакас фольк-лорунда Х. б-тин өлүмдү тике карап тосуп алгандыгы, анын баатырдыгы баяндалат.

**ХАРА-БАЛГАС ШААР ЧАЛДЫБАРЫ**, К а р а б а л г а с у н, О р д у б а л ы к – 8–9-к-дагы Уйгур кагандыгынын борбору; Моңголиядагы шаар калдыгы. Орхон да-рыясынын сол жээк тарабында жайгашкан. 840-ж. Енисей кыргыздарынын каганынын буйругу м-н Ордубалык («шаарлардын борбору, байтактысы») талкаланып, өрттөлгөн. 1949-ж. С. В. Киселев жетектеген тарыхый–этногр. топ изилдеп, сарай, храм комплексин, шаардыктардын турак-жайларынын чалдыбарын ачкан. Металл, чопо ж-а таш буюмдар табылган. Калкы кол өнөрчүлүк, соода м-н кесип кылган.

**ХАРАЖ** – Жакынкы ж-а Ортоңку Чыгыш өлкөлөрүндө жерди пайдалангандыгы үчүн дыйкандардан алынуучу салык. Сугат жерден түшүмдүн 1/2, кайрак жердикинин 1/10 бөлүгү Х. үчүн берилчү. Түркстан аймагын Россия басып алган соң, Х. жер салыгы м-н алмаштырылган.

**ХАРА ХЫРГЫС** – Түндүк-Батыш Моңголиядагы дөр-бөн, мингат, уранхайлардын курамындагы уруу (урук) аталыш. Аталган этностук топтордун ичинде *мөдөн хыргыс*, *шера хыргыс* деген орто кылымдардагы кыргыздардан уланып келген уруктар (уруулар) бар.

**ХАРИДЖИТТЕР** (ар. хаваридж – чыгуулар, наарazы болуучулар) – мусулмандардын 7-к-дын 2-жарымындагы Омейялар ж-а Абасилердин феодалдык монархиясына каршы багытталган демократиялык көзкараштагы сектасы. Х-тер халифтердин бийлигин мураска калтыруу укугуна каршы чыгуу м-н, ага шайлоо тартибин киргизүүнү талап кылышкан.

**ХАСАНОВ** Анварбек (1914, Казакстан, Семей облусу, Жарма ооданы, Маршан кыштагы) – тарых ил-нин доктору (1962), проф. (1964). Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1965). 1942–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1938-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүткөн. 1935-ж. жумушчу факультетинде педагог, 1946–51, 1962–82-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тунун (1951-жылдан КМУ) тарых факультетинде окутуучу, доцент, проф., декан, СССР тарыхы кафедрасынын башчысы. 200дөн ашык ил. эмгектин ж-а макалалардын автору. Эмгектери негизинен Кыргызстандагы тап күрөшүнө, Россия м-н Кыргызстандын байланышына, Кокон хандыгынын тарыхына арналган. Медалдар м-н сыйланган.

**ХАСАНОВ** Хуснулла (1886–1918) – Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкө катышуучулардан. 1917-ж. декабрда Пишпекте кыргыз, казак, татар кедейлеринен мусулман большевиктер тобун уюштурган. 1918-ж. 25-апрелде Х. жетектеген мусулман большевиктер тобу РКП(б)нин Пишпек шааркомуна биригип, Х. Пишпек уездинде улут иштери б-ча комиссар болуп шайланган.

**ХАФИЗ-И АБРУ** – фарсы тилинде жазган тарыхчы ж-а географ. Герат ш-нда туулуп, алгач Темирдин, кийин Шахрухтун ордосунда кызмат кылган. Анын чыныгы ысымы Абдаллах бин Лутфаллах бин Абд ар-Рашид ал-Харавли (Бартольд аныктаган). Ал 1417–18-ж. дүйнөлүк тарых б-ча чыгарма түзүү тапшырмасын алып, 1423-ж. аны жаза баштаган. 1430–31-ж. автордун өлү-мүнө байланыштуу бул чыгарма үзгүлтүккө учураган. Анын бул эмгегинин айрым бөлүктөрү сакталып калган. Чыгарма 4 томдон турат: исламга чейинки тарых таржымалы, пайгамбарлар м-н халифтердин тарыхы, Чыгыштагы мусулман өлкөлөрүнүн тарыхы ж-а моңгол мамлекеттеринин таржымалы. 4-томдун 1-, 2-бөлүмү Темир м-н Шахрухтун дооруна арналган. Чыгарма толук изилденген эмес.

**ХАФИЗ-И ТАНЫШ,** Хафиз ибн Мухаммед ал – Бухари (1549–1558-жылдан кийин) – бухаралык тарыхчы ж-а акын, 1584-жылдан өлгөнгө чейин Бухара хандыгынын ханы Абдулла Экинчиге багыштап, фарсы тилинде тарыхый «Шараф наме-ий шахи» («Шах сыймыгы китеби») эмгегин жазган. Бул китеп «Абдулла-нааме» деп да аталат. Анын алгачкы бөлүктөрү эки томдук болуп орусчага которулган. Эмгекте Моголстан ханы өзүнүн кыздарын Мавереннахрды бийлеген маркум Абу Саиддин уулдарына турмушка бергендиги айтылат. Йинус хан кызы Кутлуг-Нигар ханумду Омор шейх мырзага баш коштурган. Алардан «урматы улук Мухаммед Захир ад-Дин Бабур төрөлгөн», – деп айтылат. 1575-жылкы окуяларды сүрөттөп келип, Х.-и. Т. кыргыздардын айрым бир тобу Каратегинден (Тажикстандагы памирден) Ысарга (Гиссар) ж-а Дехнауга чейин (Ооганстандагы Памирге) кирип баргандыгы эскерилет. Бул Памир кыргыздарынын тобу ж-дөгү алгачкы мааламаттардан болуп эсептелет.

**ХЕЛИМСКИЙ** Евгений Израилович (1953-ж. т., Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1995). 1975-ж. КМУну бүтүргөн. 1980-жылдан Кыргызстан а.ч. ин-тунда окутуучу, Кыргызстан ИАда улук ил. кызматкер болуп иштеген. Эмгектери негизинен Кыргызстандын 20-к-дагы тарыхын изилдөөгө арналган. 40тан ашык ил. эмгектин, а.и. 1 моногра-фиянын автору.

**«ХИДАЙАТ-НААМЕ» –** Мир Хал ад-Дин Яркендинин фарсы тилинде агриографиялык мүнөздөгү жазган 1730–31-ж. тарыхый чыгармасы. Чыгарма 26 бөлүмдөн турат. Тарыхый окуялардан тышкары анда уламыштар да жазылган. Ошондой эле 17-к-дын аягы – 18-к-дын башындагы Могол мамл-ндеги саясий окуялар берилген, аларга кыргыздардын катышкандыгы да айтылган. «Х.-н-де» кыргыздар кашкарлыктар м-н бирге Жаркентке болгон жортуулга катышкандыгы баяндалат. Кашкарды калмактардын басып алуусунан коргоп калышкан, ушул окуялардан кийин кыргыздар Кашкарда өздөрүнүн саясий таасирин бекемдешкен.

**ХОНГОРАЙ**, Хоорай – кыргыз журтунун экинчи бир аталышы; Минуса ойдуңунун тоолуу-талаалуу аймактарынын геогр. аталышы. Кыргыздардын Хонгорай этно-саясий бирикмесиндеги ээлеген орду зор болгон. 17-к-дагы орус документтеринде Хакас-Минуса аймагы «Кыргыз жери», «Кыргыз өлкөсү» деп жазылган. Айрым коңшу элдер, мис., шорлор бул аймакты «Хыргыс-Хоорай» деп аташкан. Орто кылымдардагы кыргыздардын үстөмдүгүн Саян-Алтайдын топонимикалык аталыштары да ырастайт: түштүк-батыштан – Абакандын жогорку агымындагы Кыргыз (Хыргыс-Суг) дарыясы, түштүктөн – Батыш Саяндардагы Кургусук (Хыргыс-Суг) дарыясы, чыгыштан – Чулум дарыясынын өрөөнүндөгү Кургусун (Хыргыс-Чул) дарыясы ж-а түндүк-батыштан – Том дарыясынын өрөөнүндөгү Киргизка Кургусун (Хыргыс-Чул) дарыясы.

**ХОРЕЗМИ,** Мухаммед аль-Хорезми (781–850) – орто азиялык математик, астроном, географ ж-а философ. Негизги эмгектери: «Индия эсеби тууралуу», «Күн сааттары жөнүндө», «Музыка жөнүндө трактат» ж.б. Ал грек окумуштуусу Пифагордон кийин биринчилерден болуп ар түрдүү геометриялык фигураларды терең изилдеген (үч бурчтук, төрт бурчтук, көп бурчтук, айлана, пирамида, конус ж.б.). Грек окумуштууларынын жаңылыштыгын оңдоп, кошумча кошкон. Анын негизги эмгеги «Китаб аль жебр вальму-хабала» («Туунду жөнүндө китеп») деген ат м-н белгилүү. Кийинчерээк «аль Жебр» сөзү алгебрага өтүп, бул илим математиканын өзүнчө бир тармагына айланган. Ал жаңы илим катары алгебраны негиздеп, математикадан бөлүп чыккан. Математика б-ча бир нече жаңы теоремаларды түзгөн. Анын ысмынан (аль-Хорезми) математикада негизги түшүнүктөрдүн бири алгоритм пайда болгон. Ал эми анын «Жер шарын сүрөттөө» аттуу эмгегинде байыркы Египет окумуштуусу Птоломейдин «География» китебин кайрадан иштеп чыгып, чейрек бөлүгүн кошумчалап, өзү жазган. Бул эмгек Чыгышта, айрыкча Батыш өлкөлө-рүндө чоң мааниге ээ болуп, көп окумуш-туулар пайдаланышкан.

**ХРОНОЛОГИЯ** (гр. chronos – убакыт; logos – илим) 1. тарыхый окуялардын мезгилдик ырааттуулугу; 2. мезгил ченемдерин изилдөөчү илим. Астрономиялык Х. кайталанма асман кубулуштарынын закон ченемдерин изилдеп, эсептөө жолу м-н так астрономиялык убакытты аныктайт. Тарыхый Х. тарых ил-нин жардамчы бөлүгү катары жыл сүрүү системаларын, ар кыл мамл-тер м-н тарыхый булактардын жаралыш убактысын изилдейт.

**«ХУДУД АЛ-ААЛАМ МИН АЛ-МАШРЫК ИЛА-Л-МАГРИБ»,** «Ааламдын чыгыштан батышка чейинки аймактары» («Дүйнө чектери») – 982-ж. ченде белгисиз автор тарабынан фарсы тилинде жазылган тарыхый-геогр. чыгарма. Академик В. Бартольддун пикири б-ча: «Орто Азия жана Чыгыш Азиянын тарыхы боюнча өтө көп баалуу даректерди, маалыматтарды биздин күнгө чейин жеткирген, мусулмандардын география, адабияты жөнүндөгү бирден бир чоң чыгарма болуп саналат». Чыгарманын кол жазмасын чыгыштаануучу окумуштуу В. Минорский Бухара ш-нан таап, орус тилине которгон. Бул чыгарма кыргыздардын орто кылымдагы тарыхы б-ча өтө баалуу булак болуп саналат. Жер шарын геогр. зоналарга бөлүү м-н анда кыргыздар ээлеген аймактар атайын чектелип көрсөтүлгөн. Чыгарманын авторунун пикири б-ча кыргыздар өз башкаруучусун хакан деп аташып, коңшулаш уруулар ж-а элдер м-н согушуп, айрым учурда келишим түзүп турушкан. Негизинен көчмөн турмушта жашашкан, аңчылык кылышкан, алар отко сыйынышып, өлгөндөрдү жерге көмбөстөн, өрттөшкөн. Кыргыздар Тарбагатай, Алтай тоолору, чыгышта Теңиртоодон Ысык-көлдүн батыш жагына чейинки мейкиндикти ээлеп, тоо арасында жашаган калк экендигин, о. эле кыргыз уруулары жашаган тоолордун бири Тулас, ал жерде бугу, багыш, тыйын чычкан ж. б.

жаныбарлар бардыгын айтып кетет. Кыргыздар кимак уруулары м-н коңшулаш жашайт, алардын ортосун Кандауртагы бөлүп турат деп көрсөтөт. Ал Иртыш дарыясынын батыш жагындагы Алтай тоолору болсо керек. Айрым шаарлар ж-дө да маалымат берилген. Кашкар ш. түштүк жагы Тибет, чыгыштан кыргыздар м-н Чин мамл-нин аралыгында жайланышкандыгын белгилейт. Кыргыздардын аймагы деп эсептелген Чүй, Талас өрөөндөрү, Ысыккөл ойдуңу, Фергана ж-дө да баалуу маалыматтар берилген. Теңир-тоодо түркий ж-а согду тилинде сүйлөгөн калктар, о. эле Мавераннахр ж-а Хорасандан келгендер бар экендиги эскерилип, Фергана өрөөнү Түркстандын «дарбазасы» болуп, түркий тилде сүйлөгөн элдердин аймагы болуп саналат. Ош, Өзгөн ш-лары ж-дө, көрктүү, таза шаарлар, миңдеген калкы бар, алар аскер ишин мыкты билишет деп жазат. Орус, англис, тажик тилдерине которулган.

**ХУДЯКОВ** Юлий Сергеевич (1947-ж.т., Россия, Кемеров облусу, Медвежка кыштагы) – тарых ил-нин доктору (1988), проф. (1991). 1974-ж. Новосибирск мамл. ун-тинин тарых факультетин бүтүргөн. 1977-жылдан ошол эле ун-ттин археол. ж-а этногр. кафедрасынын башчысы, Россия ИАнын Археол. ж-а этногр. ин-тунун башкы ил.кызматкери. 1984-жылдан КМУнун археол. ж-а этногр. кафедрасы м-н кызматташып, археол. экспедицияларга катышууда. Эмгектери негизинен Борб.Азиядагы байыркы ж-а орто кылымдардагы көчмөндөрдүн маданиятын ж-а аскер тарыхын изилдөөгө, анын басымдуу бөлүгү кыргыз археол-на, тарыхына, этногенезине арналган. 700дөй ил. эмгектин, а.и. 18 монографиянын автору. Кыргыз Респ-нын «Данакер» ордени м-н сыйланган.

**ХУННДАР,** с ү н н ү, г у н н д а р – б. з. ч. 1-миң жылдыктын башында Борб. Азиядагы байыркы көчмөн калктар; түрк элдеринин байыркы ата-тегинин бири. Б. з. ч. 3-к-дын акырында Х. азыркы Борб. Моңголия м-н Байкалдын боюнда жайгашкан. Ушул доордо Модэ шанүй (падыша, кол башчы) башкарган. Х. дунхуларды (байыркы моңголдордун ата-теги), юечжилерди талкалап, кыргыздарды ж-а усундарды жеңип алышкан. Андан кийин Кытайга жортуул жасаган, император Лю Бан аларга салык төлөөгө аргасыз болгон. Б. з. ч. 1-к-да Х-дын дагы бир кол башчысы Чжичжи батышка жортуул жасап, кыргыздарды ж-а алардын түндүгүндөгү динлиндерди талкалаган. Б. з. ч. 1-к-дын ортосунда Х. Кытайга убактылуу сөз жүзүндө баш ийген. Б. з. 48-ж. Х-дын жети уругу кайрадан Кытай императоруна баш ийип, түштүк Х. деп аталып калган. Түндүк Х. б. з. 1-к-нын акырында экиге бөлүнгөн. Бир бөлүгү Моңголия аймагында кала берип, кийинчерээк түрк урууларынын өзөгүн түзгөн. Дагы бир бөлүгү Орто Азия тарапка жылган. Батышка жылган түндүк Х-дын айрым топтору Европага че-йин журт которуп ж-а өзүнө башка көчмөн урууларды сиңирип отуруп, жаңы гунндар уруу бирикмесине айланган. Орто Азиянын чыгыш бөлүгүнө журт которгон түндүк Х-дын калган-катканы кийинчерээк Батыш Түрк кагандыгынын негизги калкына аралашып кеткен. Түштүк Х. Кытайда бир катар чакан мамлекетти негиздешкен; 6-к-га чейин жужан, табгач (тоба), түрк, кытай сыяктуу элдерге аралашып, алардын арасына сиңип кеткен.

**ХУРСАБ,** Х у р ш а б – байыркы шаар. Куршаб суусу Карадарыяга куйган жерде болгон. 10–12-к-дагы жазма даректерде эскерилет.

**«ХҮЖҮМ»** – Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде (20-к-дын 20-жылдары) Орто Азиянын отурукташкан мусулман калкынын аялдарын азаттыкка чыгаруу кыймылы. «Х.» араб, тажик, өзбек тилдеринде «чабуул» дегенди билдирет. Өзбек, тажик аялдары паранжалары м-н чачвандарын эл алдында өрттөшүп, жергиликтүү улуттагы аялдарды аймактын коомдук, саясий турмушуна ж-а соц. эмгекке катышууга үндөп чыгышкан. «Х.» ж-дө ураан 1926-ж. сентябрда Орто Азия респ-нын аялдарынын 3-аймактык кеңешмесинде көтөрүлгөн. ВКП (б) Орто Азия-лык бюросу бардык партиялык уюмдарга «Х-дүн» принциптерин ишке ашырууга милдеттендирген. «Х.» уюму Кыргызстанда өз ишин 1927-ж. март айында баштаган; жер-жерлерде митинг өткөрүү чаралары каралып, Токмок, Ош, Ново-Павловка ж. б. болуштуктарда өткөрүлгөн. Митингдердин жүрүшүндө өзгөчө түштүк аймагынын аялдарынын активдүүлүгү белгиленген. «Х-дүн» жүрүшү барган сайын «компаниялык» мүнөзгө өтүп, күч колдонуу методуна көбүрөөк кайрыла башташкан. Мындай сая-сат жергиликтүү калктын нааразычылыктарын да туудурган. Терс жактарына карабастан, Москвада өткөн Бүткүл союздук кызматчы ж-а дыйкан аялдарынын курултайында «Х-дүн» иштери колдоого алынган.

**ХЫРГЫС ҮҮР** – кыргыз көрүстөндөрү. Моңгол тилдүү элдер (буряттар, халха-моңголдор, барга-моңголдор, калмактар) азыркы Моңголиянын (Түндүк-Батышы) ж-а Жуңгариянын аймактарындагы байыркы ж-а орто кылымдарга таандык көрүс-төндөрдү (хиргисүүр, хиргис үүр) ушундайча аташкан. Археол-да Саян-Алтай (түштүк Сибирь) ж-а Борб. Азиядагы 6–12-к-га таандык дөбө-мүрзөлөрдүн бир түрү «кыргыз көрүстөндөрү» деп аталат. Мындай көрүс-төндөргө адамдын сөөктөрү өрттөлүп, күлү коюлган. Бейитке балбал тургузулуп, ага тамга ж-а жоктоо сөздөрү (кошок) чегилген. Бул маалыматтар орто ж-а жаңы доорлордогу кыргыздардын саясий үстөмдүгүн чагылдырат.

# Ц

**ЦЗЕГУ,** ц з я н ь г у н ь – кыргыз этнониминин кытай иероглифинде берилиши. Кыргыз этнономи кытайлар тарабынан ар кайсы тарыхый доорлордо ар башка (Цзегу, хя-га-сы, киликицзы, булут) жазылып келген. Учурда кытайлыктардын кыргыздарды он беш түрдө атап, жазып келгени белгилүү болду.

**ЦИН** – 1644–1911-ж. Кытайды бийлеген манжур феодал төбөлдөрүнүн династиясы. Манжур феодалдары Кытайды басып алып, өзүлөрүнүн монархиялык бийлигин орнотушкан. Ц. династиясынын бийлиги Синхай революциясынан кийин, 1912-ж. 12-февралда манжурлардын акыркы императору Пу И тактыдан баш тарткандан кийин жоюлган.

**ЦИН ИМПЕРИЯСЫНЫН БАСКЫНЧЫЛЫК АРАКЕТТЕРИНЕ КАРШЫ КЫРГЫЗДАРДЫН КҮРӨШҮ.** 18-к-дын ортосунда Цин империясы калмактардын мамлекети *Жуңгар хандыгын* каратып алгандан кийин, убактылуу болсо да алардын таасиринде турган Орто Азия аймагындагы калк-тардын, а. и. кыргыздардын жерлерин өзүнө кошуп алууну көздөгөн. Алгач кыргыздардын цин аскерлеринин Чжао-хой баштаган чалгындоочу кошууну м-н кагылышуусу 1758-ж. жаз айларында Санташ жайлоосунда болгон. Кыргыздардын жоокерлерин башкарган *Черикчи бий* м-н цин генералы эки элдин ортосундагы талаш маселелерди чечүү үчүн Цин империясынын борбору Пекин ш-на кыргыз элчилигинин барышы ж-дө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө макулдашышкан. Цин империясынын өкүлдөрү Уэрден, Толунтай, Идамчжаб ж-а Линьбао кыргыздардын бир далай аймактарына чейин барып, *Мааматкул хан* м-н жолугушкан. 1758-ж. июль айында алар кыргыз урууларынын 20га жакын өкүлдөрүн коштоп, жаңы чек аталган Синьцзяндын чыгыш тарабындагы Каңгай чөлүнүн чыгыш жагына аң уулоого келген цин императору Гаоцзун Чуньхуанди Цзяньлунга (1736–96-ж. башкарган) жолугушууга алып барышкан. Элчиликтин алгачкы сүйлөшүү-лөрүнүн кийин кыргыздын үч бийи: *Черикчи* (сарыбагыш), *Түлкү* (саяк), *Нышаа баатыр* (солто) Пекин ш-на барышып, негизги сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшкөн, бири-биринин чегараларынан өтпөөгө макулдашышып, цин императорунун сыйын көрүп кайтышкан. Үчөөнө тең 3-даражадагы башкаруучулук чини ыйгарылган. 1758–59-ж. Цин империясы Чыгыш Түркстан аймагын өз карамагына кошуп алуу акцияларын жүргү-зүшкөн. Ал аймакта жашаган уйгурлар м-н бирдикте кыргыздар да колдоруна курал алып жаңы баскынчаларга каршы күрөшүш-көн. Бирок, күч тең эмес болгондуктан, Чыгыш Түркстан Цин империясынын бийлигине моюн сунган. Ал жактагы кыргыздар, уйгурлар Кыргызстан аймагына жер которуп келишүүгө мажбур болушкан. Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздар да цин аскерлеринен кооптонушкандыктан, алардын уруу башчылары *Ажы бийдин* жетекчилигинде 1759-ж. июнь айында Кокон ш-нын башчысы *Эрдене* (Ирдана) бий м-н достук келишимин түзүшүп, тышкы душманга бирдикте каршы турууну макулдашышкан. 1759-ж. август айында 9 миң кишиден турган цин аскери өз азаттыгы үчүн күрөшкөн кашкарлык уйгурларды кубалап, кыргыз-өзбектердин аймактарына чейин кирип келишкенде, жергиликтүү элдердин каршылыгына учурап, 7 миң кишисинен ажырагандыгын орус тарыхый булактары тастыктайт. 1762–63-ж-да цин аскерлери тараптан Ферганага жортуул жасоо коркунучу пайда болгондо, Орто Азия элдери өз ара биримдигин дагы көрсөтө алышты. Ооган эмиринин буга көмөктөшүүгө даяр экендигине ынангандыктан, цин аскери өз оюнан баш тарткан. 1785-ж. мурун Кашкарды бийлеген ак тоолуктардын тукуму *Сарымсак кожонун* боштондукка чыгаруу аракеттерине каратегиндик, алайлык кыргыздар колдоо көрсөтүш-көн. 1796-ж. Сарымсак Ысыккөл, Нарын тарапка келип, жергиликтүү кыргыздардын колдоосуна жетишкен, бирок кашкарлыктардын кайдыгерлигинен улам Фергана тарапка кайра кеткен. 1814-ж. Кашкар округундагы Ташмелек ш-нын ахуну Зия ад-диндин циндерге каршы боштондук кыймылына кыпчак уруусунун бийи Турдумамат колдоо көрсөткөн. Бирок бул кыймыл бат эле ырайымсыздык м-н басылган. 1820-ж. Сарымсактын уулу *Жааңгер кожо* Кыргызстандын аймагындагы саяк уруусунун өкүлдө-рүнүн колдоосу м-н Кашкардагы кыпчак, моңолдор, чоңбагыш уруу башчыларын көтөрүлүшкө тарткан. Бирок Кашкардын негизги калкы уйгурлар колдоо көрсөтпө-гөндүктөн, Жааңгер чегинүүгө мажбур болгон. Натыйжада көтөрүлгөн чоңбагыштардын бийи *Суранчы бий* уруусу м-н цин аскерлеринин талоонунда калган. 1828-ж. Жааңгер Алай тарапка келип, кыргыздардын көмөгү м-н Улуг бекетине кол салып, ала албай, Нарын тарапка чегинип кеткен. 1826-ж. күзүндө Синьцзяндагы цин башкаруучусу кыймылдын алдын алып, Жааңгерди колго түшүрүш үчүн кыргыз жергесине тымызын согуш экспедициясын жиберген. Бул 200 цин аскеринен турган кошуундун башында Баянбату турган. Алар саяк уруусунун башчысы *Тайлак баатырдын* айылын тоноп, кайтып келе жатканда Каракоо капчыгайында кыргыздардын курчоосуна калып кырылган. 1826-ж. жазында Жааңгер кыргыз урууларынын (саяк, черик, басыз, моңолдор) колдоосунда Кашкарга жоортуул уюштуруп, аны цин бийлигинен бошоткон. Мында ага саяк уруусунан Ырыскул бийдин уулдары, бир туугандар Атантай м-н *Тайлак баатыр* өзгөчө көмөк көрсөтүшкөн. Ушул эле мезгилде Кашкарга Жааңгерге жардамга кокон ханы Мухаммед Али-Мадали (1822–42) да келген. Бирок тиешелүү кабыл алууга ээ боло албаган соң, тез эле Коконго кайтып кеткен. Жааңгер кожо боштондук кыймылды өркүндөтө албады. 1827-ж. март айында циндер ири аскер күчү м-н Кашкарга кол салышып, Жааңгердин жоокерлерин талкалап, өзүн туткунга алып, өлтүрүшкөн. 1830-ж. сентябрда Жааңгердин иниси Юсуф кожо кокондук 40 миң аскер ж-а кыргыздардын саяк, басыз, кыпчак, чоңбагыш урууларынын колдору м-н Кашкарды циндердин бийлигинен кайра бошотууга аракет жасаган.

Алгачкы ийгиликтерден кийин эмнегедир жигердүү колдоо көрсөтүп жаткан кыргыз бийлери Атантай м-н Тайлак баатыр өз айылдарына кетип калышкан. Андан кийин, Коконго Бухара эмири кол салгандыктан, кокондук аскерлер да мекенине жол тартышкан. Ушундай жагдайда Юсуф кожо Кашкарда 30 күн гана бийлик жүргүзүп, кайра Ферганага чегинүүгө мажбур болгон. 1846–47-ж. Кашкарда Катта төрө баш болгон «жети кожонун козголоңу» болуп, ага парваначы *Алымбек* Асан уулу баш болгон алайлык кыргыздар көмөк көрсөтүшкөн. Бирок бул кыймыл – эки айдан кийин басылган. 1851-ж. Кашкарды алууга аракет жасаган Валихан төрөнүн жоокерлеринин көбү кыргыздар болгон. 1864-ж. цин бийлигин Синьцзянда кулатуу башталганда Кашкардан циндерди биринчилерден болуп кууп чыккан кыпчак бийи Сыдыкбек болгон. Ошентип, Чыгыш Түркстанда 1867–77-жылдарда Жети-шаар мамл. өкүм сүргөн кезде кыргыздар ж-а жергиликтүү уйгурлар цин империясынын баскынчылыгынан убактылуу кутулган.

# Ч

**ЧААРТАШ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР** – Кетментөбө өрөөнүнүн Толук кыштагындагы Улартор суусунун жогорку бөлүгүндө жайгашкан археол. эстелик. Аталган суунун жээгинде уз. 1 *км*ге созулган аянт-та таштардын бетине эчкилердин, бугулардын, төөлөрдүн, иттердин, жаа кармаган мергенчилердин, атчан кишилердин ж-а уруулук эн тамгалардын сүрөттөрү тартылган. Өзгөчө too эчкилердин сүрөттөрү арбын чегилген. Алар коло доорунан орто к-га че-йин жашаган уруулардын маданий турмушунан маалымат берет. Археолог И. Кожомбердиев 1970-ж. изилдеген.

**ЧААТАС** (хакас – жоо таш, же «таш согушу» дегенди түшүндүрөт) – 6–9-к-дагы Енисей кыргыздарынан калган таш дөбөлүү көрүстөндөр. Алар Түштүк Сибирде, Хакасияда, Минуса өрөөнүндө, Абакан ж-а Чулум дарыяларынын өзөндөрүндө жайгашкан. Бул эстеликтер 18-к-дан илимде белгилүү болуп, ал эми 1863-ж. В. В. Радлов тарабынан алгачкы изилдөө иштери жүргү-зүлгөн. 1880-ж. окумуштуу В. Д. Клеменц ж-а Н. Адрианов тарабынан эстеликтерди айырмалаш үчүн «жоо таш», «таш согушу» терминин киргизишкен. Көрүстөндөр күмбөз сымал тургузулган. Алар төрт, тегерек ж-а алты бурчтуу формада келип, айланасы жалпак таш такталар м-н коргондолгон. Үстүлөрүнө иретсиз көп сандаган таштар үйүлгөн. Айрым көрүстөндөрдүн бурчтарына ж-а каптал жактарына тигинен таш мамылар орнотулган. Кээ бирлеринин капталдарында босого сымал кош таш мамылар орнотулуп, көрүстөндүн борборуна карата багытталгандай. Таш мамыларда уруулук эн тамгалары чегилген сүрөт ж-а руна сымал жазуулар кездешет. Көрүстөндүн ортосунда анча чоң эмес чуңкур казылып, ага териден, кайыңдан жасалган кутучаларга же карапа идишке маркумдун өрттөлгөн сөөгүнүн күлү салынып көмүлгөндүгү аныкталган. О.эле көрүстөндөрдө маркумга багышталган кооздук буюмдары, согуш куралдары ж-а ырым-жырым тамак-аштары коштолуп көмүлгөн. Бул доордо  жаш балдардын сөөгүн өрттөбөй көмүү салты тараган.

**ЧАГАТАЙ** (туулган жылы белгисиз – 1242) – Мавераннахр, Жетисуу ж-а Чыгыш Түркстанды (*Чагатай улусун*) бийлеген моңгол ханы;  Чыңгыз хандын экинчи уулу. 1211-ж. Чыңгыз хандын Кытайга жасаган жүрүшүндө аскер тобун башкарган. 1219–21-ж. Орто Азияда согушуп, башка бир туугандары м-н бирге Хорезмди басып алган. Ч. мурас бөлүштүрүүдө атасынын ээлигинин чыгыштагы уйгурлар өлкөсүнөн Бухарага чейин ж-а батышта Самаркан жерлерин алган. 1226-жылдан Кыргызстандын аймагы Ч-дын бийлиги астында болгон. Диний саясаты жагынан алганда моңголдор эч кимге кысым жасаган эмес. Теңиртоо калкы ислам, несториан, бутпарас ж. б. диндерди эркин туткан. Бирок алардын оор алык-салыктары, аскердик жортуулдары үчүн адамдардын алынышы, көчмөн түрк-моңгол урууларынын Теңиртоого көчүрүлүшү Кыргызстандын мурдагы өнүгүп отурукташкан өрөөндөрүнүн өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнөн ажырашына ж-а шаар-кыштактардын кыйрашына алып келген.

**ЧАГАТАЙ УЛУСУ** (1224–1348) – мурас бөлүштүрүүдө (1224) Чыңгыз хандын уулу *Чагатайга* ж-а анын урпактарына тийген Борбор Азиядагы аймак. Ал аймакка Мавераннахр, Жетисуу, Кашкар кирген. Ясы жол-жоболоруна ылайык Чагатайга 8 миң аскер бөлүнүп, Улуг-Иф (Чоң үй) м-н Алмалыктын батышындагы Куяш улус борбору болуп жарыяланган. Мавераннахр Ч. у-на караганы м-н, иш жүзүндө аны Үгөдөй хан башкарган. Ал Мавераннахрды башкаруу укугун Махмуд Ялавачка (1225–38-ж. башкарган) тапшырган. Кийин анын уулу Масудбек    (1238–89) бийликти колуна алган. Чагатай өлгөндөн кийин (1242-ж.) моңгол төбөлдөрүнүн ичара күрөшүнүн натыйжасында, Ч.у. начарлап, анын аймактарын Муңке м-н Батый бөлүп алган. Мавераннахр Батыйга тийген. 1259-ж. Чагатайдын небереси, Байдардын уулу Алгу бийликке келип, чагатайлардын бийлигин кайра орнотуп, ал 1266-ж-га чейин улусту башкарган.  Хайду мамл-нин түзүлгөндүгүнө байланыштуу (1269) Ч. у-нун аймагы Хайду м-н Баракка бөлүштүрүлүп, көпчүлүгү Хайдунун энчисине тийген. Кийинчерээк Хайду Ч. у-н  башкарууга Бaрактын уулу Тубаны коюп. Хайду өлгөндөн кийин анын ээлеген жери толугу м-н  Тубанын карамагына өткөн. Тубанын уулу Кебектин  тушунда (1318–26) мамл-тин борбору Теңиртоодон Мавераннахрга  – Каршы ш-на көчүрүлгөн. Ал акча реформасын жүргүзүп, моңгол ак сөөктөрүн отурукташтыруу м-н шаар турмушун колдоо ишчарасына колдоо көрсөтөт. Ч. у-нун төбөлдөрү карама-каршы эки топко бөлүнүп, бири (Чагатай, Күйүк, Барак ж. б.) көчмөн турмушту, моңгол турмуш-тиричилигин, каада-салтын жактырып, отурукташкан калкка карата талап-тоноочулук, айдоо жерлерин жайытка айландыруу саясатын колдошкон ж-а Ч.у-нун түндүк-чыгышы Жетисууну колго алган. Экинчи тобу (Моуңке, Масудбек, Кебек ж. б.) отурукташкан элди талоонго алуу оң натыйжа бербейт деп эсептешип, алар бирдиктүү хан бийлигин бекемдөө, айыл-чарбасын, кол өнөрчүлүк, соода, шаар тармагын өстүрүү аракетин кылышкан ж-а алар Мавераннахрды көздөшкөн. 1346-ж.  Ч. у-нун акыркы ханы Казан Казаган эмир тарабынан өлтүрүлгөн соң Мавераннахрда бир нече майда түрк эмир аймактары пайда болуп, бара-бара Тимурдун мамл. түзүлөт. Ал эми Ч. у-нун чыгышында дуулат эмири *Пулатчы* 1348-ж. Аксыда такка көтөргөн чагатай тукуму *Тоглук-Темир* турган.

**ЧАЙРЫКЕР** – бирөөнүн жеринде анын эмгек куралдарын пайдалануу м-н эгиндин – түшүмдүн бир бөлүгүн алуучу жерсиз дыйкан.

**ЧАКМАК,** т о п  т а ш, б е ш  т а ш – өспүрүмдөр оюну. Көбүнчө кыздар тегиз жерде чымчык жумурткасындай таштар (саны ар түрдүү) м-н эки киши же жаат болуп ойношкон. Оюндун тартиби: белгилүү сандагы (мис., 15–

30) майда таштар бир колдун алаканына салынып, чогуу бир аз өйдө ыргытылат да, бириктирилген манжалардын сыртына тосулат, тосулган таштарды этияттык м-н чогуу жогору серпип, кайра бардыгын алаканга тосуп алыш керек; эгер бардыгын тосо албай кала турган болсо, анда жыдыйт (оюн улантуу укугунан ажырайт); тоссо, оюнду уланта берет. Таштардын баарын кол сыртына тосуу мүмкүн эмес; кандайдыр бир бөлүгү жерге түшөт. Колдун сыртына түшпөй, жерге түшкөн таштардын бирин (кээде 2 же 3) жерден бийиктиги 40–50 *см* жогору ыргытып, ал ылдый келгенче жерден бир ташты алып, ыргыткан ташты тосуп алууга үлгүрүүгө тийиш; ушундай ыкма м-н жердеги бардык таштарды алып бүткөндөн кийин оюнчу бир ташты өз эсебине бөлүп коёт. Жогоруда көрсөтүлгөн жол м-н оюн улантыла берет. Эгер оюндун жүрүшүндө ыргыткан ташты тосо албай же жердеги таштарды алып жатканда башка таштарга колу тийип калса оюнчу жыдып, оюн кезегин экинчи тарап алат. Кайсы жааттын өзүнө бөлүп алган ташы көп болсо, ошол утат. Утулган жаат алдын ала макулдашуу б-ча жаза тартат. Мис., шап алуу, чекеге чертүү ж.б. Ч-тын ойнолуш ыгына ж-а таштардын санына жараша топ таш же беш таш деп бөлүнөт. Ч. шамдагайлыкка, кылдаттыкка машыктырат.

**ЧАЛГАЙ –** кездеменин шынаа түрүндө бычылган түрү. Аялдардын, эркектердин үстүнкү кийимдерин (чапан, чепкен, белдемчи ж. б.) тиккенде этеги кенен ж-а кийгенде алды жабылып калыш үчүн капталдарына Ч. салынган. Ч. кыргыз кийимдеринин өзгөчө элементтеринин бири болуп эсептелген.

**ЧАЛДЫБАР**, ш а а р ч а л д ы б а р ы – байыркы бекемделген турак-жайдын ж-а шаардын калдыгы. Ч. тегерек, үч бурч, тегерек же тик бурчтуу аянтча түрүндө болуп, табигый же атайын аң, чыңдалган дубалдар м-н курчалган. Чыңдалган дубалдар сырттан келген душмандардан үй мүлкүн сактап, алардан коргонуу максатында тургузулган. Кыргызстандын аймагында Койсары (6–15-к.), Күрмөнтү (8–12-к.), Кегети (8–12-к.), Кошойкоргон (10–12-к.), Кемин (10–12-к.), Казарман (11–12-к.) ж. б. шаар Ч-лары бар. Ш. Ч-ларын казганда турак-жай, түрдүү буюмдар турчу ж-а душмандан жашынуучу жайлар табылган. Орто кылымдардагы шаар Ч-ларына чыңдалган турак-жайлар, сепилдер ж. б. кирет.

**ЧАЛ ЖЫГАР** – үйлөнүү үлпөтүндө аткарылуучу жөрөлгө. Күйөөгө узап жаткан кыздын жеңелери баланын атасынан белек доолашкан. Ч. ж. – көбүнесе кыргыздын түндүк урууларынын үрп-адатында жолуккан салт.

**ЧАЛЧЫКБУЛАК КӨРҮСТӨНҮ –** эрте темир дооруна таандык археол. эстелик. Соңкөлдүн түндүк-чыгыш тарабында Чоңдөбө, Байтыбулак, Көкбулак эстеликтерине жакын саздуу жерде жайгашкан. Мүрзөлөрдөн ж-а маркумду эскерүүчү таштулга, сегизташ эстеликтеринен турат. Мүрзөнүн бириндеги аялдын баш сөөгүнөн байыркы оорунун белгилери баамдалган. Сегизташ эстелигинен көмүлгөн адамдын биринчи жолу сөөгү табылган. 1998-ж. Кыргыз тарыхчылар жамааты м-н Түрк тарых курумунун археол. экспедициясы тарабынан изилденген.

**ЧАНАЧ –** эчкинин туюк сыйрылган терисинен жасалган идиш. Ч-ка кымыз, айран, жарма ж. б. суюк тамактар куюлат. Ал кол Ч., серке Ч., эркеч Ч., чоң Ч. деп бөлүнөт. Ч. жасоонун ыкмасы: тери 1–2 күн чие чөбүнүн суусуна чылангандан кийин ичи-сырты малдын майы майланып ийленет, жарым айдан кем эмес мөөнөттө ышталат. Ышы кеткенден кийин өңүн кызартуу үчүн ага айран толтуруп, белгилүү убакыт күнгө кармашып, сууга чайкашат. Ч-тын бучкактары жана түбү чыйратылган жиптен же тарамыштан милте (жээк) коюлуп тигилет. Тамактын даамын сактоо үчүн чаначты майлап ж-а ыштап турушкан.

**ЧАНДАЛАШ ТУРГУН ЖАЙЫ –** неолит дооруна (б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымы) таандык археол. эстелик. Жалалабат облусунун Алабука р-нундагы Чандалаш ж-а Чаткал сууларынын кошулган жеринде жайгашкан. Таштын чамындылары, бычак сымал жалпак таштын сыныгы, таштын чордону табылган. 1967-ж. Кыргыз археол. экспедициясынын таш доорун изилдөө б-ча отряды (жетекчиси В.А. Ранов) тарабынан ачылган.

**ЧАПАН –** улуттук сырт кийим. Ч. нооту, башайы ж.б-дан чыт, сатин, ж.б. жука кездемеден ичтелип, ичине жүн же кебез салынып тигилет. Анын нойгут (туура) Ч., каптама (үрүмчү) Ч. ж.б. түрү бар. Нойгут Ч-дын жеңи бою м-н кошо бычылып, эки жагына чабуу, өңүрүнө чалгай салынат да, ичи-тышы бирге шырылат. Каптама Ч. кенен бычылып, эки жанына чабуу салынып, ичи шырылып, тышталып тигилет. Ч-дын бычылыш, тигилишине жергиликтүү өзгө-чөлүктөр учурайт.

**ЧАРГЫН** Ормон уулу (болжолу 1815 – өлгөн жылы белгисиз) – *Ормон хандын* экинчи уулу. Өз аты Осмонаалы, кийин Чаргын аталып кеткен. Чаргын жаш кезинде атасы атайын уюштурган мергенчилер тобуна кирип, хандын жеке коргоочуларынын бири катары кызмат кылган. Диний билим алган. 1847-ж. казак султаны Кенесарыга каршы согушка катышып, Ормон хандын «чампан» мылтык м-н куралданган мергендерин жетектеген. Бугу м-н сарыбагыштын чабышында ж-а орустарга каршы күрөштө Чаргын агасы *Үмөтаалынын* таасиринде турган. 1860-ж. Атбашы, Аксай тарапка көчкөн мезгилде, атбашылык чериктердин манабы *Турдумамбет* Тоймат уулунун кызына үйлөнүп, алар м-н сый мамиле түзгөн. 1863-ж. июлда капитан Проценко жетектеген орус аскерин саяк манабы Осмон м-н бирге сарыбагыш манабы катары Тогузторого чейин коштоп барган. 1864–67-ж. Үмөтаалынын жетекчилигинде Чаргын Осмон Тайлак уулу экөө миң түтүндөн эл башкарып турушкан. Үмөтаалы орус бийлигин тааныганда, Чаргын да агасынын жолун жолдогон.

**ЧАРЫК –** бодо малдын (уй, жылкы ж.б.) чылгый (ийленбеген) терисинен көктөлүп тигилген, апкытсыз ж-а такасыз өтө жөнөкөй бут кийим. Анын таманы жогорку бөлүгүнө ичке көк же тарамыш ж.б. м-н тумшугу

жогору кайкалата ийилип көктөлөт. Ч-тын жогорку бөлүгүнө айланта кайыш же жип өткөрүлүп бутка байланат. Ч-ты көбүнчө колунда жок кедей койчу, жылкычылар кийген.

**ЧАЧ КЕП,** к е п ч а ч, б а ш к е п – элечектин астынан кийилген аялдардын баш ки-йими. Ал элечектин ички оромун терден, кирден сактаган. Ч. к. кызыл, кара манаттан ж-а баркыттан жасалган. Маңдайы тегиз, эки капталынан жаак (кулакчын) түшүрү-лүп, желкесинен сала коймо (куйрулчук) чыгарылып, тышы колдо токулган ак бөз м-н тышталып, ичи гүлдүү чыт м-н астарланган. Кулакчындары эң майда илме, илме дос саймалары м-н коозддолгон. Сайманын жээктерине майда седеп топчуларды, берметтерди ж.б. кадашып, шуруларды тагышкан. Улгайган аялдардын чач кеби жөнөкөй болгон. Кездеменин өзүнөн төбө чыгарылып, ал тигилбестен, жип өткөрүп бүрмөлөнгөн же байланган.

**ЧАЧПАК,** ч а ч к а п – аялдардын чачка тагуучу коздугу. Ал үч бөлүктөн турат: башы – чач байлана турган жагы, ортосу – кутучалар же кутуча кооздуктар тагылган тарабы ж-а учу – чачы же асемделип коозддолгон жери. Ч. көк, күрөң, жашыл баркыттан жасалат. Учу төкмө чачыланып, бети оймолонгон күмүш тактача кадалат. Анын өйдөрөөк жагына өгөөлөнүп жасалган майда шөкөттөр үч-төрт катар чөгөрүлөт. Ч. башына жазы күмүш тактача коюлуп, ал коозддолот. Күмүштөн чабылган аркалык шөкөтү учуна тагылат. Анын өйдө жагы узунунан төрт каттала шуруланат. Жогору жагына седеп кадалып чачка тагылат. Ч-тын чокторунун уз. беш элидей болуп, ага шурулар бекитилет.

**ЧЕЛЕК** – үй тиричилигинде пайдаланы-луучу идиш. Ага көбүнчө суюк нерселер куюлат. Арча, кайың, карагайдан жасаткан. Керектүү жыгач кыйылып, кургатылып, өз-өзүнчө чабакталып, Ч-ке мүнөздүү формада кынапталат да, калай, жез, жукартылган тал м-н курчап бириктирилген. Жоон жыгачтын ичин оюп бал Ч. жасалган. Ч-тин капкагы болот. Куйган тамак-аштын даамы бузулбай сакталыш үчүн аны тез-тез ыштап, малдын майы м-н майлап турушкан.

**ЧЕЛПЕК КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 6–3-к. сак урууларынан калган мүрзөлөр. Пржевальск ш-нан 2 *км* түштүк-батыш тараптагы Челпек кыштагынан орун алган. Миңге жакын дөбө мүрзөдөн турат. 1976-ж. коло буюмдар, үстөл ж-а казандар табылган. Үстөлдүн буттары аялдын бедизи түрүндө жасалган. Казанактардын биринде 2 топоздун сөөгү сакталган.

**ЧЕН-ӨЛЧӨМ** – кыргыздардын салттуу турмушунда узундукту, бийиктикти, тереңдикти, салмакты өлчөөчү чендер. Калыңдыкты – кылдай, бычактын мизиндей, ийненин сабындай, бычактын сыртындай, бир эли, эки эли, үч эли, төрт эли, таман, ж. б.; узундукту, кеңдикти, жоондукту – чыпалактай, бармактай, кийиздин калыңдыгындай, узундугу бир эли, жарым эли, жоондугу бир тутамдай, билектей, сандай, кишинин белиндей, өгүздүн белиндей, чыканак, кары, карыш, кере карыш, мерген карыш ж. б; салмакты – бир кесим эттей, кол кесердей, бир сан эттей, бир койдун же козунун этиндей, төөнүн этиндей ж.б. Кездемени төш жары, кулач, кере кулач деп өлчөшкөн. Аралыкты эшик-төрдөй, бир кадам, эки аттам, бир бута атым (100 *м*дей аралык), эки бута атым, чакырым (1 *км*ге чейинки аралык). Убакытты көз ирмем, чай кайнам, эт бышым деп айтышкан. Алыс аралыкты аттын жүрүшү м-н эсептешип тай чабым (болжолу 3 *км*), кунан чабым (5–7 *км*), ат чабым (25–30 *км*) ж.б.; аянтты – алакандай, үйдүн ордундай, короодой, танап (0,005 *га*), теше (16 *га*) ж.б.; бийиктикти – тушардай, тизе бою, киши бою, кереге бою, үй бою, укурук бою, аркан бою, төө бою ж.б.; тереңдикти – төө бою, укурук бою, тизедей, киши бою деп аташкан. Сапырылчу заттарды – кыпындай, таруудай, бир чымчым, бир ууч, бир кочуш, бир чөйчөк, бир аяк, муунга ченеп өлчөө, кап, тай кап, этек, баштык, тулуп ж.б.; суюктуктарды – чака, челек, табак, көнөк, көөкөр, саба ж.б. Ал эми сууну кулак м-н эсептешкен – бир кулак суу, эки кулак суу ж.б. Ч.-ө-дөр алыш-бериш, соода-сатык, өндүрүш мамилелеринде табигый жол м-н түзүлүп, бир элдин ичинде жалпыга бирдей колдонууга, түшүнүүгө мүмкүндүк берген.

**ЧЕҢГЕЛ –** 1. кайнап жаткан этти оодаруу, чыгаруу үчүн колдонулуучу жыгач саптуу, үч же төрт ачалуу учу ичин көздөй кайрылган металл буюм; 2. беш манжа камтыган өлчөм.

**ЧЕПКЕН –** кең бычылып, жалаңкат же кебез, жүн салынып тигилген, жеңи узун сырт кийим. Көбүнчө жаз, күз айларында кийилет. Ч. тигилишине карай шырыма (кабыма) Ч., басма Ч., жалаңкат Ч.; материалы б-ча бөз Ч., тепме Ч., пыязы Ч., кымкап Ч., нооту Ч., баркыт Ч., чийбаркыт Ч. ж. б. түрлөргө бөлүнөт. Пыязы Ч. бышык ж-а жеңил болгондуктан жогору бааланган. Ч. көбүнчө ноотудан шырылып же шырылбай жасалса, кийин ар кандай кездемеден сырты баркыт, трайке ж. б. материалдардан тышталып, ичи чыт же сатин м-н астарланып, кээде кайырма жака чыгарылып тигилет. Айрым учурда Ч-дин эки өңүрү, учасы, жакасы ж-а жең учу шырылат же кыйылып саймаланат. Кыз-келиндер үчүн жасалган Ч-дин жака, жең өңүрүнө аң терилери (суусар, кундуз ж.б.) жээктелет.

**ЧЕРИК** (түркчө аскер, кошуун) – байыркы кыргыз урууларынын бири. Этностук аталыш 7–8-к-дан белгилүү. Кытай жыл баяндарында эскерилген чэ-ли этноними Л. Базен тарабынан Ч. формасында окулган. Кытай булактарынан башка маалыматтарда – сак дарегинде Ч-дин бүгүнкү Чыгыш Түркстанда жайгашканы эскерилет (7-к.) Бул процесске башка кыргыз уруулары да катышкандыгы маалым. Чыгыш түрк мамл-нин каганы Элкаганды Тан династиясынын аскер башчысы кол башчы Ли Цзинь жеңгенден соң, Ч-тер Юну Чжуну акимчилигинин аймагына жайгаштырылган. Ушул окуялардан соң, Ч-тер башка түрк (кыргыз) тилдүү уруулар м-н бирге, Тан династиясынын императорунун Тайшань аттуу ыйык тоого жасаган сыйынуу аземине катышышкан. Демек, бул мезгилде Ч-тер күч-кубаттуу Тан империясына убактылуу көзкаранды абалда

болушкан. 11-к-да Махмуд Кашгари Ч-терди (сөздүктө жаруклуг аталышында берилет) Жетисууга игрек ж-а чомулдардын ортолугуна жайгаштырган. Айрым изилдөөчүлөр Ч. уруусунун бир бөлүгү азыркы Ички Монголияда шарылар (сары) м-н кошуна жашагандыктарын жазат. Бул маалыматтар Чыгыш Түрк кагандыгы кыйраган соң, Ч-дин айрым бөлүктөрүнүн Ички Моңголия, айрымдарынын Жетисуу тарапка оогондугун көрсөтөт. Айрым түркологдордун пикирлерине караганда Ч. байыркы мезгилдерде кыргыз тилине (түрк тилдерине) санскрит тилинен аскер, кошуун деген мааниде киргени аныкталган. Махмуд Кашгаринин «Диван лугат-ат түрк» сөздүгүндө «черик» – аскер, жоокер деген маанини түшүндүрөт. Орхондогу Моюн Чурдун эстелигинде (756–57-ж.) «Душман Селенгеге че-йин черик коюшту» деген жазуу бар. Черүү (санскр. цериг) – аскер, кол, кошуун; аскерлерден куралган согуштук күч, айрым учурда жоортуул маанисинде да айтылат. Ошондон Ч. этнониминин байыркы формасы м-н мааниси азыркы мезгилге чейин өзгөрүлбөй сакталып калгандыгы байкалат.

**ЧЕРИКЧИ БИЙ** Темир уулу (т. ж. белгисиз – 1785) – 18-к-дын 50–60-жылдарында сарыбагыш, бугу урууларынын башкаруучусу, бий; Цин-Кытай империясы м-н саясий алакаларды орнотууга катышкан ишмер, элчи. Калмактардын кысымынан кыргыздар Ферганага ооп барганда атасы Темир Намангандын үстүн жердеп, сарыбагыш элин бийлеп турган. Жергиликтүү калк м-н бирдикте калмактарга каршы күрөштө Темир кыргыз кошуундарынын бирин жетектеген. Ал эрдик көргөзүп, Иледеги калмак хонтайжинин тулпарын Намангандын улугуна алып келип берген. Бул кызматы үчүн ал Ферганадагы кыргыздардын айрым бөлүгүн Темирге чогултуп берген ж-а 1730-жылдын ортосунда алар Кетментөбөгө көчүп келишкен. 18-к-дын 40-жылдарынан тартып, Ч. б. да эл башкаруу ишине аралаша баштаган. Орус аскер адамы Павлуцкийдин 1747-жылдагы рапортунда тилмеч Девятьяровский м-н поручик Левашевдин көрсөтмөлөрү б-ча кыргыздар Анжиян ш-н байырлагандыгы, алар өз алдынчалыгын сактап калгандыгы, жуңгарлардан айырмаланып, букарлыктардай Мухаммеддин мыйзамдарын карманышарын ж-а Галдан Цэрэндин учурунда ошол шаарды башкарууга кыргыз-калмак Черикчи дайындалгандыгы айтылат. 1757-ж. кытай императору «Бурут уруусунун аксакал башчыларына» деген атайын манифест чыгарган. Бул манифесттин мазмуну м-н кыргыз башчыларын тааныштыруу үчүн кытай аскер башчыларынын бири цзян-цзюн Чжао Хой баштаган офицерлер тобу Ысыккөлдүн чыгышына келип, Санташ ашуусунан чекир саяк уруусунун башчысы *Түлкү бийге* ж-а сарыбагыш уруусунун өкүлү Үкү деген адамга жолугушкан. Андан ары Түлкү бийдин коштоосунда Чжао Хойдун эки жөкөрү Урдэн ж-а Толунтай Тогузтородогу Ч. б-ге жолугуп, императордун манифестин угузушкан. Алардын келишине жооп кылып, Ч. б. императордун сарайына барыш үчүн Чжао Хойдун кабыл алуусунда болууну ниеттенгендигин билдирген ж-а кой, өгүздөн 100 баш мал тартуу жөнөткөн. Көп узабай эле Ч. б. Иле суусунун аймагында орун алган Чжао Хойдун аскердик штабында кабыл алууда болгон. Ал жерден Чжао Хой эгер Жаркендин ж-а Кашкардын батышындагы кыргыздар козголоңчулардын башчыларын колго түшүрүп берүүгө көмөктөшсө же өзүлөрүнүн чегарасынан аларды кармаганга жардамдашса, императордун сыйлыгына татыйт деген талапты койгон. Ч. б. алардын талабын түшүнүү м-н кабыл алып, бирок сыйлык катары мурунку көчүп-конуп жүргөн конуштардын кайтарылып беришин каалаганын билдирген. Кытай бийликтери Ч. б-дин айткандарына каршы далилдерди келтирип, жуңгарларды баш ийдирдик, эми Кеген-Каркырага, Темирту-норго (Ысык-көлгө) чек ара короолдорун коёбуз, Илеге аскердик гарнизонду тургуздук, көчүп-конгон жериңер тар болуп жатса, Улуу императордун ырайымын күткүлө, өз алдыңарча көчүп келбегиле деген. Чжао Хойдун кабыл алуусунда болгондо *Мааматкул бий* борборго үч гана адам Черикчи, Түлкү, Нышаа барат деп билдирген. Императорго жолугушуу-га барган жыйырмага чукул бурут өкүлдө-рүнүн бешөө гана аны м-н бирге Пекинге чейин барып, Тайхедянь сарайында кабыл алууда болушкан. Тарыхый маалыматтарда Мааматкул бийдин атынан барган бул элчиликтин башында Ч. б. туруп, кыргыз уруу-ларынан Түлкү бий, Нышаа баатыр ж-а Шербек аттуу өкүлдөр кошулган. Бурут элчилигин баштап барган Ч. б. Тайхедянь сарайында императордун кабыл алуусунда даражасы б-ча бирдей адамдардын катарында элчилик этикетти аткарган. Кытай императору Ч. б-ге, Түлкү бийге ж-а Нышаага үчүнчү баскычтагы башкаруучунун белгиси мончок ташты ж-а тоос куштун канатын тапшырган. Пекинге барган элчилик Иле суусунун сол жээги, Кеген-Каркыра ж-а Текес жайлоолору кыргыздардын эзелки конуштары экендиги бекемдеп келген. Элчилери мекенине кайткандан кийин жуңгар козголоңчуларын колго түшүрүүгө милдеттендирген императордун атайын указын Ч. б-дин атына жөнөтүшкөн. Бирок 1760-ж. Жуңгар козголоңчуларын издеп жүрөбүз деген шылтоо м-н кыргыз конуштарына кирип келген кытай аскер кошуунуна Ч. б. Ысыккөлдө сокку урган. 1762-ж. түштүктөгү кыргыз урууларынын башчылары Кокондун башкаруучусу Ирдана бийдин Ош ж-а Өзгөндү басып алгандыгына байланыштуу Ч. б-ден ж-а Темиржандан жардам сурап кайрылышкан. Ч. б. көмөк көргөзүүгө даяр-дык көрүп жатканда, Цинь империясынын басып алуучулук саясатынан чочулаган Ирдана бий кыргыздар м-н мамилесин оңдоп, Ош м-н Өзгөндү кайтарып берген ж-а убактылуу тынчып калышкан. Ч. б. 1760-жылдардын аягына чейин түндүк кыргыз урууларын башкарып турган. 1770-жылдан тартып бийлик *Эсенгул баатырга* ж-а *Атаке баатырга* өткөн. Ч. б-ге байланыштуу акыркы тарыхый маалыматтар 1771-жылы казактын көкжарлык Барак баатыры м-н болгон согушта эскерилет. Кочкордо болуп өткөн беттешүүдө Ч. б. Темир уулу өтө кайрат көрсөтүп, баатырлыгы билинген деп айтылат тарыхый кабарларда. Кытай бийликтери

түзгөн кыргыздын белгилүү башкаруучулары ж-дөгү таблицада Ч. б. 1785-ж. кайтыш болгондугу ж-а ага тиешелүү бийлик даражасы балдарына мурасталып калгандыгы айтылат.

**ЧЕРНЯЕВ** Михаил Григорьевич (1828–1898) – орус падышачылыгынын аскер башчысы; генерал-лейтенант (1882). Падышачылыктын эки жүздүүлүк, колониялык саясатын ишке ашыруучулардын бири. 1858-ж. Генштаб Академиясын бүтүргөн. Түндүк Кавказды басып алууга активдүү катышкан. 1864–65-ж. өз демилгеси м-н Олуяата, Чымкен, Ташкен ш-н басып алган. 1865–66-ж. Түркстан облусунун аскер губернатору (өз укугунун чегинен ашынып жасаган иштери үчүн бул кызматтан четтетилген). 1873–78-ж. Петербургда улутчул-эскичил «Русский мир» («Орус дүйнөсү») гезитинин редактору. 1876-ж. Түркияга каршы серб армиясынын башкы командачысы катары согушкан. 1882–84-ж. Түркстан генерал-губернатору болуп турган.

**ЧЕТКЕЛТЕБЕК АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ** Атбашы өрөөнүнүн батышында, Казыбек айылынын түштүк тарабында, Четкелтебек суусунун жээгиндеги тектирлерде жайгашкан. Байыркы көрүстөндөрдөн ж-а тургун жайлардан турат. Көрүстөндөрдөгү сөөк көмүү салты доорлоруна жараша айырмаланат. Б. з. ч. 1-миң жылдыктагылар жөн чуңкурларга көмүлүп, туурасынан узун жалпак таштар м-н жабылган. Үстүнө дөбө жасалып, жээгине тегерете таш тизилген. Маркум жаткан чуңкурдун капталына же баш жагына чопо идиштер, койдун сөөктөрү, аялдардын жанынан койдун куймулчагы табылган. Көмөөрдүн алдында чопо идишке сүт азыктарын же сорпо куюп, ага тиешелүү устукан салып кошо көмүшсө керек деген божомолдор бар. Хунн доорундагы көрүстөндөрдүн көпчүлүгү уурдалган. Маркумдун сөөгү жарма көрлөргө жайгаштырылган. Четкелтебек суусунун оң өйүзүнөн байыркы тургун жай калдыгы, үйдүн дубалы, чопо идиш сыныктары ж-а жаргылчак табылган. Мындай табылгалар б. з. ч. 2–1-миң жылдыктарга мүнөздүү. 1988–90-ж. К. Табалдиев изилдеген.

**ЧЕЧКОР** – дыйканчылыкка байланыштуу ырым. Эгин оруп-жыйылып, кырман сузарда дыйкан майда жандыктан (кой-козу, эчки-улак) сойгон. Малды эгиндин үстүнө коюлган күрөктүн бетине мууздап, этин бышырып, элди чакырып тамак берген. Бул ырым түздөн-түз дыйканчылыкка байланышып, жаандын убагында жаашын, түшүмдүн мол болушун дыйканчылык кудайынан өтүнүүнү билгизген.

**ЧЖАН ЦАНЬ** (туулган жылы белгисиз – 112-ж.) – кытай саякатчысы, элчиси. Кытайга биринчилерден болуп Теңиртоо ж-а Памир ж-дө маалыматтарды алып келген. Б. з. ч. 138-ж. Ч. Ц. батышка саякат жасап, Усун мамл-нин ордосу Чигучэнде ж-а Дабан мамл-нде болгон. Каңгүй мамл-нде юэчжилерди иликтеп, Ооганстандын түндүгүнөн Кушан империясынын ордосун тапкан. Б. з. ч. 127-ж. Ч.Ц. өз мекенине кайтып барган. Ч. Ц. тарабынан ачылган батыш өлкөлөрү жаңы доордогу Батыш ж-а Чыгыш өлкөлөрүнүн ортосундагы соода сатык, эл аралык саясий кызматташтыктын негизин түзгөн.

**ЧЖИЧЖИ ШАНҮЙ –** Түндүк Хунн мамл-нин бийлик ээси (шанүйү). Хуханье шанүйдүн бир тууганы. Б. з. ч. 49-ж. Хунн мамл. экиге бөлүнүп, түштүк хунндардын шанүйү Хуханье Кытай м-н тынчтык келишимин түзүп, өлкөнү бийлеп алган, ал эми Ч. ш. Батышка кеткен. Бул жерден усундарды талкалап, түндүгүнөн уцзе (уче) ж-а динлиндерди (Саян тоолорунда) баш ийдирген, батышынан гяньгун-цзянькундарды (Түн-дүк батыш Моңголияда) талкалаган. Цзянькунда Ч.ш. өз ордосун уюштурган. Ал кытай элчисин өлтүртүп, Кытай м-н болгон байланышты таптакыр үзгөн. Түштүк хунн-дардын капысынан кол салуусунан сактанып, усундарды басып алууну көздөгөн Ч.ш. Каңгүй бийинин усундарга биргелешип жортуулга чыгуу ж-дө сунушун кабыл алган. Каңгүйгө ал болгону 3 миң жоокер м-н келген, себеби жолдон бороонго, аязга туш болуп, колунун көбү кырылып калган. Б. з. ч. 42-ж. Каңгүй аскерлеринин колдоосу м-н Талас тараптан келип, Ысыккөл ойдуңун басып алган. *Чигу* ш. кыйратылган. Усундар чыгыш аймактарына баш калкалашкан. Б. з. ч. 36-ж. усундар кытайлык аскерлердин (башында аскер башы Чэн Тан турган) колдоосу м-н Талас өрөөнүн басып алышып Ч.ш. курган чепти талкалашкан. Ч.ш. колго түшүп, анын башын алып, Кытайга жөнө-түшкөн. Түндүк хунндар талкаланган.

**ЧЖУ-У ХЭСУ** – 9-к-дагы кыргыз элчиси; кыргыздын уруу башчысы, эл билерманы. Ч.-у Х. жетектеген кыргыз каганынын элчилиги Тан (Кытай) императорунун сарайында 843-ж-дын 2-айында (5-март–3-апрель) болушкан. Элчиликти император Уцзун кабылдап, ага кыргыз каганынын расмий каты тапшырылган. Кыргыз каганынын элчилиги өтө жогорку деңгээлде кабыл алынган. Бул маалыматтар Тан династиясынын мамл. министри Ли Дэ-юй тарабынан «Ли Вэй-Гун хойчан ипинь цзи» аттуу булакта катталган. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө уйгурларга каршы биргелешип күрөшүү, чегара коопсуздугу, Кытайга кыргыз жылкыларын сатуу маселелери каралган. Кытай каганына жөнөтүлгөн мамл. расмий каттардын көчүрмөлөрү орус ж.б. тилдерге которулган.

**ЧИГИЛДЕР**, ж и к и л д е р – түркий тилде сүйлөгөн байыркы уруулардын бири. 8–10-к-да Карлук кагандыгына кирген. Ысыккөлдүн түштүк калаасы м-н түндүк-чыгыш аймагын ээлеген. Бир бөлүгү Талас суусунун боюнда жашашкан. Көчмөн мал чарбачылык ж-а дыйканчылык м-н кесиптенишкен, соода-сатык да мыкты өнүккөн. Шаарлары: Барскан, Синкуль ж.б. Борбор шаары Яр – Ысыккөлдүн түштүк жээгинде жайгашкан. Ч. айрыкча 10-к-дын 2-жарымында дүркүрөп өсүп, түркий тилдеги башка уруулар м-н биригип, 940-ж. Караханийлер династиясын түзүшкөн. Бугу уруусунун манабы Боромбайдын 1856-ж. А.Семеновго берген маалыматы б-ча Ч. – азыркы бугу уруусунун түпкү ата бабалары. Орто кылымдарда Мавераннахрда саясий күрөшкө активдүү катышышкан.

**ЧИГУ,** Ч и г у ч е н – б. з. ч. 2-к. – б. з. 6-к-на таандык шаар. Усун уруулар союзунун борбору. Ысыккөлдүн түштүгүндө, азыркы Жетиөгүз р-нунун борбору Кызылсуу айылынын көлгө жакын этегинде жайгашкан. Ч. кытайчадан которгондо «Кызыл өрөөндүн шаары» дегенди билдирет. Аны усундар «күнкат» деп аташкан, б.а. «Качкын шаар». Бул жерде күнбектин резиденциясы жайгашкан. Кытай маалымат булактары б-ча, шаар б. з. ч. 1-к-дын 1-жарымында усун күнбегинин аялынын өтүнүчү м-н курулган. Ч. б. з. ч. 1-к-да Улуу Жибек жолундагы маанилүү кербен сарай болгон.

**ЧИЙ СОГУУ** – чийден үй ичине керектелүүчү ар түрдүү буюмдарды жасоо ыкмасы. Кеч күздө чийдин сөңгөгү толук жетилген маалда дүңгөсүнөн ажыратылбай белге салынып бирдей тартылат да, сырткы кабыктарынан тазартылат. Бул акталган чий деп аталат. Ч.с. үчүн аралыгы 1,5 *м*дей жердин үстүнө эки мамыча орнотулат да, үстүнө бир нече жерден муунакталган туура жыгач бекитилет. Жоондугу 3–4 *мм*дей чыйратылып даярдалган жүн жиптин эки учуна эки сүйрү таш байланып (салмагы чыйратылган жипти үзүп кетпегендей болуш керек), туура жыгачтагы муунактардын үстүнө ортосунан арта салынып коюлат. Ар бир муунак бекитилген жиптин жылышып кетпесин камсыз кылат. Чырмалган чий кош жаак жиптин ортосуна коюлгандан кийин оң жагына таш байланган жиби солго, сол жагы оңго аркы-терки өткөрүлөт. Чий бир сыйра жип м-н оролуп бүткөндөн кийин, анын катарына кийинки чийлер коюлуп жип м-н бекитилет. Чийдин эки башына жип шыпырылып кетпес үчүн ийрек бастырылат.

**ЧИКИТ,** ч и к и л д и к – балдар оюну. Тестиер балдар тобу м-н же 2 киши болуп да ойношот. Тутум б-ча оюн баштоочу бала диаметри 1– 2 *м* алкак сызыкчасынын ичинде жерге казылган сүйрү чуңкурчанын үстүнө коюлган Ч-тин баласын (балакей) Ч-тин энесинин (энекей) учу м-н бир аз өөдө ыргытып кайта жерге түшүп кете электе катуу чабат. Чабылган балакей түшкөн жерден 2-команданын кишиси балакейди алып, чабылган жердеги чикит энекейди көздөй ыргытат. Ыргытылган балакей энесине тийсе же аны м-н жанаша жатып калса, бул оюнда 2-команда уткан болот, тийбесе оюн уланып, 1-бала энекей м-н жерде жаткан балакейдин бир четин чабат да, көкөлөп көтөрүлө түшкөндө алыс учкандай бир тарапты көздөй катуу чабат. Минтип чапканды ал үч жолу кайталап, балакейди уясынан мүмкүн болушунча алыстатат. Үчүнчү жолу чапканда түшкөн жерден Ч. уясына чейин канча болору энекей м-н ченелет. Кимиси белгиленген санга мурда жетсе ал уткан болуп, утулган тарапты жазалайт.

**ЧИРКӨӨ** (гр. kyriakë – кудайдын үйү) – 1. христиан динине ишенгендердин диний ырым-жырымдарды өткөрүүчү жайы; 2. бирдей диний көзкараштагы уюм же союз. Христиан дининдегилер 11-к-да экиге: чыгышы – греко-православиелик, батышы – римдик-католиктик болуп бөлүнүшкөн. 16-к-да Батыш европада реформациялык кыймылдардын күчөшүнүн негизинде, католик Ч-лө-рүнөн: лютеран, кальвинизм, англикан ж.б. Ч-лөр бөлүнүп чыккан.

**ЧОГОРОК**, ч о г р а к у р у у с у – 15–17-к-да Арпа, Алай, Тогузторону мекендеген уруу. Захириддин *Бабур* «Бабур Намэсинде» (16-к.) Ош ш-на жамаатташ тоолордо чаграк, чограк, чагрек аттуу көчмөн уруу жашарын эскерет. Этностук аталыштын баштапкы формасы (чогор + ок) бүркүт маанисин туюнтушу мүмкүн. Чогор – бүркүт, ок – жебе, урук, уруу, эл; бүркүт уруусу дегенди аныктайт. Фарсы тарыхчысы Гардизи ба-йыркы кыргыздардын канаттуулардан бүркүткө сыйынышарын эскерген. Ч. учурда мургабдык кыргыздардын (тейит уруусу) курамындагы ири урук катары белгилүү.

**ЧОКМОР** – атчан, жөө салгылашууда колдонулчу жоокердик курал. Ал бир учуна муштумдай катуу жыгач же металл бекитилген кыска союл. Ч-ду табылгы, ыргай, түз арча, жаңгак, четин, арча, өрүккө окшогон катуу ж-а бекем жыгачтардан жасашкан. Сап жагын бир тутамга ичкертип, бүлдүргө аркылуу ээрдин кашына илишкен. Мылтык, кылыч көбөйгөндөн кийин Ч. колдонуудан чыгып, жекече коргонууларга, кол салууларга пайдаланылып калган.

**ЧОКМОРОВ** Мамбет [1896, Корумду конушу (азыркы Ысыккөл облусу), Тоң р-ну, Бөкөнбаев кыштагы – 1973] – манасчы. «Манастын» үч бөлүмүн тең толук айткан. «Манасты» 20 жашынан айта баштаган. Эпосту таякеси Эшимбек уулу Доңузбайдан (1868–1935) үйрөнгөн. Мамбеттен 1965–72-ж. «Манастан» 234500 сап ыр жазылып алынган. Ал Саякбай Каралаевдин вариантынан кийинки толук жазылып алынган вариант. Анын сюжеттик линиясы башка варианттар м-н негизинен бирдей болсо да, айрым окуялар өзгөртүлгөн түрдө баяндалат.

**ЧОКМОРОВ** Сүймөнкул (1939-ж. т., Аламүдүн р-ну, Чоңташ айылы – 1992-ж. Бишкек ш.) – сүрөтчү, киноактёр. Кыргыз ССР эл артисти (1975), СССР эл артисти (1981), Кыргызстан эл сүрөтчүсү, (1989). 1958-ж. Фрунзедеги көркөм сүрөт окуу жайын, 1964-ж. И. Е. Репин атн. Ленинград живопись, скульптура ж-а архитектура ин-тун (Е. Е. Маисенконун өнөрканасында) бүтүргөн. Андан кийин Фрунзедеги көркөм сүрөт окуу жайында окутуучу (1964–68), окуу бөлүмүнүн башчысы (1966–67). 1988–92-ж. Кыргыз Респ-нын сүрөтчүлөр союзунун төрагасы. Сү-рөтчүлүгүндө живопись, ж-а портрет жанрындагы изде-нүүлөрү м-н таанылган. 1968-ж-дан киного тартылган. Алгачкы ролу Бактыгул («Караш-караш окуясы», 1968). Көп кинолордо негизги ролдордо тартылган: Данияр («Жамийла», 1969), Хожаев («Атайын комиссар», 1970), Карабалта («Касиеттүү Ысыккөл» 1971), Максумов, Үтүр («Жетинчи ок», «Уркуя», 1972), Ахангул, Байтемир («Көк серек», «Мен-Тяншань», 1973), Темир, Чжан Бао («Кызыл алма», «Дерсу Узала», 1975), ата («Мекен баяны», 1976), Азат («Улан», 1977), Жолой («Каныбек», 1978), Бекбай («Эрте келген турналар», 1979) ж.б. Ч.

жараткан образдар кайталангыс өзгөчөлүгү м-н эсте калат; каармандарынын шамдагай, жигердүү, өткүр жактары – турмуштук туңгуюктардан кутулуп чыккан күрөшчүлдүгү сыяктуу сапаттарын ачуу аркылуу кыргыз мүнө-зүнө таандык типтүү образ жаратуу бийиктигине көтөрүлгөн. Кинодогу ролдору м-н кыргыз жүзүн дүйнөгө тааныткан. Япон режиссёру А. Куросава («Дерсу Узала») м-н чыгармачылык байланышта болуп, портретин жазган. Ч-го эркектин ролун мыкты жараткандыгы үчүн 5 жолу 1-сыйлык ыйгарылган. Бүткүл союздук Ленин комсомолу сыйлыгынын (1972), Кыргыз ССР Токтогул атн. мамл сыйлыгынын лауреаты (1978). Ч. Айтматов атн. эл аралык адабий клубунун лауреаты (1991).

**ЧОКОЙ –** кышында кийилүүчү кончтуу, такасыз, жылуу бут кийим. Материалына карай тери Ч., кийиз Ч. деп айырмаланат. Тери Ч. көбүнчө бодо малдын чылгый (кээде ийленген), бучкак ж-а баш терисинен (жыдытылып же жыдытылбай) кончу узун же кыска, тигиштери сыртына келтирилип, ызгыт коюлуп көктөлүп жасалган. Кийгенде кызыл ашыктан кайыш боо (Ч. боо) м-н байланган. Кийиз Ч. койдун күзгү жүнүнөн басылып жасалып, кээде таманы кийиз же шири м-н капталат. Ч-дун чоро Ч., чарбакча Ч., үйүрмө Ч., жеркен Ч., мөкү Ч., тайпак Ч., чанач Ч ж. б. түрлөрү болгон.

**ЧОКУ БИЙ,** Жакып молдо Жанболот уулу, Бала бий – Жалалабат аймагынан чыккан кыргыздын белгилүү тарыхый инсандарынын бири. Ал 16 жашында Кандын коргону деп аталган жайга сейилге келген *Мадали хандан* бий наамын алган. Ошондон кийин ал «Бала бий» деген да атка конгон. Маалыматтарга караганда Ч. бий 1865-ж. Ташкендин жанында М. Г. Черняев м-н болгон согушта Алымкул аскер башынын кошуунунда, кийин 1873–74-ж. *Мамыр Мерген уулунун, Полот хандын* көтөрүлүштөрүнө катышкан. Кезегинде Кокон ордосунун ири саясатчылары м-н байланышып иш туткан Ч. бий Чаңгет өрөөнүндөгү, Зергер, Ийрисуу аймактарындагы элди ордо оюндарынан алыс кармап келгендиги, ыркы жокторду ынтымакка, бейкуттукка чакырып жүргөндүгү маалым. Бейкүнөө элдин запкы жеп калышынан чочулаган Ч. б. өзүнүн таасириндеги айылдарды 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнө катыштырбай аман сактап калган.

**ЧОЛПОНАТА АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР –** Чолпоната ш-нын түндү-гүндө жайгашкан коло доорунан орто к-га чейинки археол. эстелик. Сүрөттөр чегилген таштар шаардын чет жакасынан Күнгөй Алатоонун этегине чейинки аймакта кездешет. Буканын, иттин, жолборстун, камандын, жаачылардын, коёндордун, төөлөрдүн, жырткыч айбанаттардын, уруулук эн тамгалардын, тулку бою орнаменттештирилген эчкилердин, бугулардын, о. э. сактардын акинактын кыска кылыч куралы сүрөттөрү кездешет. Алар гранит таштардын капталдарына тартылган. Петроглифтер тууралуу эң алгачкы кабарды 19-к-дын аягында В. В. Бартольд ж-а С. М. Дудин маалымдаган. Археол. Д. Ф. Винник, Г. А. Помаскина (1975), Я. А. Шер (1980) ж-а Кемеров унтинин аска бетиндеги сүрөттөрдү изилдөө экспедициясы (1987–88) тарабынан изилденген. 1990-ж-дан немис изилдөөчүлөрү м-н бирдикте сүрөттөрдү сактап калуу максатында реставрациялоо иши башталган.

**ЧОЛПУ,** чач учтук, чач мончок – өрүлгөн чачтын учуна байлануучу асем буюм. Ч-нун чачка байлана турган жериндеги тумарчадан оюм түшүрүлүп бири-бири м-н шакекчелер аркылуу бириктирилген төрт тегерек канат чыгат. Ч. чачтын учуна жип м-н байланат. Ч. асыл таштарды тогуз төбөлөтүү, сиркелетүү, күмүш шакекчелери ж-а чаян түйүм м-н кооздолот. Өтө кооз Ч-нун бир канаты сегизден он алты тегерекке чейин жетип, ага кыял, карга тырмак, айчык, мүйүз оюмдары түшүрүлөт. Кээ бир зергерлер мүйүз, сөөктөрдөн да Ч. жасашкан.

**ЧОҢДӨБӨ КӨРҮСТӨНҮ** – 1–9-к-га таандык археол. эстелик. Соңкөлдүн чыгыш тарабындагы жайыкта жайгашкан. Көрүс-төндөрдү бойлой түштүктөн түндүктү карай 2 *км* аралыкка созулган чоң дөбөлөр жайгашкандыктан аймактын аты Чоңдөбө ата-лып калган. Жергиликтүү эл аны Желедө-бө деп да аташат. Чоң дөбөлөрдүн бийиктиги 4–7 *м*, туурасы 45 *м*ге жакын. Чоң көрүстөндөрдүн бийиктиги 20–30 *см*, диаметри 5–8 *м* келген таш, топурак аралашмасынан үйүлгөн майда көрүстөндөр ж-а маркумду эскерүү аземине байланышкан Г, диний ырымдарга арналган таштан курулган эстеликтер курчап турат. Түндүк-батыш тарабында кырынан тизилген төрт бурчтуу таш коргондор жайланышып, орто ж-а чет жакаларына кишинин келбети түшүрүлгөн таш балбалдар орун алган. 1–5-к-га таандык катакомба тибиндеги көрүстөндөр ж-а 6–9-к-га тиешелүү ээр токумдуу ат м-н коюлган маркумдун жайы ачылган. Ийиктин башы, шурулар, жаа жебелери, канжар, жыгач табак, курмандык чалуу аземине байланышкан сүйрү формадагы жыгачтан жасалган стол табылган. Ч. к. А. К. Кибиров, Я. А. Шер, Кыргыз тарыхчылар жамааты ж-а түрк тарых куруму тарабынан изилденген.

**ЧОҢКОЙСУУ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 15–16-к-га таандык шаардын калдыгы. Ысыккөлдүн күңгөйүндөгү Баетов кыштагы тушта көлдүн түбүндө калган. Бул жерден кыштан ж-а таштан тургузулган курулуштун калдыктары, шагыл төшөлгөн жолдор, чопо ж-а металл идиштер, жаргылчактар, карапа куурлар, адамдын ж-а жаныбарлардын сөөктөрү табылган.

**ЧООР –** кыргыздын үйлөмө музыкалык аспабы. 3–6 көзөнөктүү. Ч. чогойно, шилби, камыш, металл ж. б. материалдардан жасалат. Уз. 45–50 *см*. Ч. көзөнөктөрү манжа м-н басылып, акырын же катуу үйлөө аркылуу түрдүү добуштагы күү аткарылат.

**ЧОПКУТ,** чопкут тон – жоокер кийими. Ч. бышык кийизден кабатталып, арасына бор, кум шыкалып тигилген. Ч-ту согушка катышкан жоокерлер, эр сайышка түшкөн баатырлар ок, найзадан сактаныш үчүн кийишкен.

**ЧОРАС** – 14–16-к. Моголстанды мекендеген ж-а түрктөшүп кеткен уруу. Ойрот-калмак (Жуңгар) мифологиясында Ч. деген ат м-н дербет ж-а жуңгар княздарынын байыркы ата-бабалары айтылат. Чоро деген аталыш «Манас» эпосунда салттуу түрдө туруктуу айтылат. Чоро – энчилүү ат катары кыргыздарда байыртадан белгилүү. Чоролор өз алдынча уруу катары 13-к-дан эскерилет. Ч. бүгүнкү булгаачы (уруулук бирикме), тагай (геноним), кушчу, дуулат, баргы уруулары м-н бирге эскерилет. Жуңгар хандыгы коомдук-саясий түзүлүшү жагынан башында хан турган негизги төрт ойрот уруусунун союзу болгон. Ар бир уруунун башчысы тайджи (да-тобцзи) деп аталчу. Ч. уруусунун чоң тайджиси уруулук бирикменин жетекчиси болуп, бир эле учурда хан деп да аталган. 14-к-дын аягында (1399–1445) кыргыздар Угечи Кашка (Гүйлүжү, Мөңкө Темир) жетекчилиги астында ойрот-моңгол урууларына үстөмдүк кылган.

**ЧОРОТЕГИН** Тынчтыкбек Кадырмамбетович (1959-ж.т., Нарын облусу, Тяншань р-ну, Онарча айылы) – тарых ил-нин доктору (1998), проф. (2002). 1981-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. 1984-жылдан КМУда окутуучу, доцент, кафедра башчысы, проф. 2000-жылдан «Азаттык» радиосунун кызматкери. Кыргызтаануу, булактаануу б-ча адис. 200дөн ашык ил. эмгектин, а.и. 4 монографиянын, 6 окуу китебинин автору.

**ЧОР-ТАРДУШ-ЫНАНЧУ** – Күл тегинге арналып чегилген 8-к-дагы таш эстеликтеги жазууда эскерилген кыргыз элчиси. Аны кыргыз каганы 531-ж. Күл тегинди акыркы сапарга узатуу аземине өкүл кылып жиберген.

**ЧОТ,** т е ш е, к е р к и – жыгач устанын аспабы. Ал жыгач буюмдарды жонуу, оюу, жаруу ж-а кесүү үчүн колдонулат. Сабы мизинин тегиздигине тик абалда болгондой ашталат. Миздин мындай абалда болушу буюмду (мис., чөйчөк, табак, чертмек, ээр ж.б.) оюп, жонуп жасоого ыңгайлуу. Сабынын уз. 30–45 *см*, уңгусунун жазылыгы 5–10 *см*дей.

**ЧОЧУ** – Махмуд Кашгаринин эмгегинде эскерилген түркий элдердин акыны (11-к.). Түрктөрдүн кайсы элинен же уруусунан экендиги так эмес.

**ЧОЮКЕ** Ө м ү р у у л у (1880, Түргөн айылы, азыркы Аксуу р-нунун аймагы – 1925, ошол эле жер) – манасчы. *Саякбай* Карала уулунун устаты. Манасчылыкка ашкере берилип, өтө дилгирленгендиктен Манастын мекенин көрөм деп, 1900-ж. Таласка барып, 6 жылдай туруп, кийин Чүйдө жүрүп, өз айы-лына 8–9 жылдан кийин барган. Андан көп узабай эпосто ырдалган дагы башка эл-жерди өз көзү м-н көрүүнү, анын каада-салты, турмушу м-н жакшылап таанышууну максат кылып, Кытайдагы кыргыздарга барып келген. 1916-ж. үркүн эл м-н кошо Кытайга качып, үй-бүлөсүнөн ажырап, тууган жерине араң кайткан. 1924-ж. С. Карала уулуна жолугуп, манасчылыктын көп сырларын ачып, чыгармачылык чоң таасир берген. Ч-нин өз оозунан жазылып калган «Манас» жок. Бирок, шакирттери С. Каралаев м-н Ш. Азизовдордун репертуарына карап, Ч. «Манас» үчилтигин бүт ж-а анын уландысы – Кенен, Алымсарык, Кулансарык ж-дөгү окуяларды да айткан деп болжосо болот. «Эр Төштүк», «Жаныш-Байыш» ж. б. эпосторду айткан. КР УИАнын Кол жазмалар фондусунда Ч-нин варианты б-ча анын замандаштары тарабынан жазылган («Манастын» сюжетинен) жазмалар сакталган. Шакирттеринин эскерүүсүнө караганда Ч. «Манасты» жогорку көркөмдүктө, өтө таасир-лүү айтчу экен.

**ЧОЮН БАШ,** ч о ч м о р, ч о к м о р – жоокер куралы; 50–80 *см* жыгач сапталган бдырлуу тоголок темир. Сабынын учу көзөлүп, ага кайыш илгич бекитилген.

**ЧӨЖӨ** Каржабай уулу, Ж ө ж ө ы р ч ы (1808, казак жерге – 1895, Сарарка) – кыргыз жана казак ырчысы. Ч-нүн атасы Каржабай Чүй өрөөнүндөгү солто уруусунан; Каржабай Орто Жүз султандарынын чүйлүк кыргыздарга баскынчылык чабуулунда казактарга колго түшүп кеткен. Ч. ошол казак жеринде тууган. Ата-энесинен эрте ажырап, жетим калган Ч. жети жашында катуу ооруп, эки көзү көрбөй, азиз болуп калган. Эр жеткенче башынан көп кыйынчылыктарды кечирип, көп кордук көргөн. Жаштайынан өлөң айтып, акындык өнөрү м-н күн көргөн. Бара-бара эл ичинде домбура чертип, чечен чыгып, ырчылыкты кесип кылган. Ал казак элинин «Козу Көрпөш, Баян сулуу», «Кыз Жибек», «Кобланды баатыр», «Эр Таргын» сыяктуу эпикалык мүнөздөгү баатырдык лирикалык дастандарын (поэмаларын) домбуранын коштоосу м-н жогорку чеберчиликте айткан. Өз мезгилиндеги акындардын алды болуп, казактын он жети акыны м-н айтышып, баарын жеңген. Казак, кыргыз элиндеги айтыш өнөрүнүн албаны болгон. Анын ырлары жазуу жүзүндө сакталып калган эмес, бирок өзү ж-дө, кыргыз элинин чыгаан инсандары ж-дө ырдаган «Жалгызмын», «Байтик баатырга жолукканда» деген аз сандагы ырлары эл оозунда сакталып калган. Ч-нүн казак элинин инсандарын, баатырларын даңктаган «Казактар жөнүндө», «Атамдын аты Каржабай, Жөжө өз атым» деген ырлары да элге кеңири белгилүү. Бул ырларда 18-к-дагы кыргыз-казак, калмак-казак мамилелери ж-дө тарыхый маалыматтар камтылган. Ч. акын кыргыз элин, жерин сагынып, Кунанбайдын уруксаты м-н кыргыз жерине келген. Бирок, Чүйгө, тууган-туушкандарына келип учурашып, ырдап жүргөндө, аны түшүнүп, жардам берген адам чыкпаган. Ошондуктан, Ч. казак жерине кайтып кетип, ал жактан каза болгон. Ч-нүн философиялык негиздеги терең мазмундуу ырлары 1990–2000-ж. гана кыргыз элине белгилүү боло баштады.

**ЧӨЙЧӨК** – жыгач идиштин бир түрү. Ал арча, кайың, карагай, тал, өрүк, жаңгак, алча, алма жыгачынан жасалат. Жасалыш ыкмасына карай чапма Ч. (чабылат), кырма Ч. (кырылат) болуп экиге бөлүнөт. Ч. колдонууда жарылып кетпес үчүн ичин май, каймак м-н шыбап, жалынга кайрып алышкан. Кээде ыштап коюшкан.

**ЧӨКҮШОВ** Бейманалы (1928, Чүй облусу, Кемин р-ну, Бейшеке айылы – 1996, Бишкек) – тарых ил-нин доктору (1971), проф. (1973). 1947-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүткөн. 1947-ж. Атбашы р-нунда мектеп директору, Нарын пед. окуу жайында директордун орун басары. 1951-жылдан КМУнун тарых ж-а укук таануу факультетинде улук окутуучу, доцент, декан, кафедра башчысы, 1985–89-ж. проф., 1989-жылдан жогорку окуу жай-лар аралык Кыргыз Респ-нын тарыхы кафедрасынын башчысы. Эмгектери негизинен Улуу Ата Мек. согуштун ж-а тап күрөшүнүн тарыхына арналган. 200дөн ашык ил. эмгектин (а. н. 15 монография) автору. Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги (1978); Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери (1989). Медалдар м-н сыйланган.

**ЧӨМҮЧ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮ-РӨТТӨР** Бишкек ш-нан 25 *км* түндүк-чыгыш тарапта жайгашкан Георгиев кыштагынын чыгышында жайгашкан. Сайлардагы асканын бооруна б. з. ч. 2–1 миң жылдыктарга таандык эчкилердин, жылкылардын, жырткыч айбанаттардын, колдорун жогору көтөрүп салгылашып жаткан антропоморфдук жандыктардын ж-а зооантропоморфдук жаачылардын сүрөттөрү тартылган. Эстелик аймак таануучу мугалим Н.Д. Черкасов тарабынан 1940–50-ж. изилденген.

**ЧӨП ООЗ** – бирөөнүн жерине мал баккандыгы үчүн төлөнүүчү салык. Жайыттын тартыштыгынан кээ бир уруулар, айрыкча майда уруулар, башка уруулардын жайытына мал жайууга уруксат сурашкан. Акысына малдын түрүнө, санына жараша салык төлөшкөн.

**ЧУЙКОВ** Семен Афанасьевич (1902–1980) – живописчи; СССР эл сүрөтчүсү (1963), СССР Сүрөтчүлөр академиясынын анык мүчөсү (1968). СССР мамл. сыйлыгынын (1949, 1951), Токтогул атн. Кыргыз ССР мамл. сыйлыгынын (1972), Индиянын мамл. сыйлыгынын лауреаты. Верный, Москва шаарларында окуган. 1930-ж. башында Кыргызстан сүрөтчүлөр союзун, Фрунзедеги (Бишкек) Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейин уюштуруунун демилгечиси болгон. Кыргыз элинин турмушун көлөмдүү көркөм формалар м-н чагылдырган.

**ЧУКУБАЕВ** Абдыхан Абдулхакович (1919-ж. т., Казакстан, Талдыкоргон облусу, Капал кыштагы) – тарых ил-нин доктору (1968), проф. (1970). 1949-ж. Орто Азия мамл. ун-тин бүткөн. 1942-жылдан Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1943–45-ж. Фархад ГЭСинин курулушунда жумушчу. 1949-жылдан Кыргыз мал. пед. ин-тунда (1951-жылдан КМУ) окутуучу, доцент, декан, кафедра башчысы, проф. Кыргызстандын 19-к-дын аягы – 20-к-дын башындагы маданиятынын ж-а коомдук ой-пикирлеринин тарыхы, жаштарды интернационалдык ж-а патриоттук тарбиялоо маселелери б-ча бир нече эмгектин автору.

**ЧУСТ МАДАНИЯТЫ** – коло дооруна (б. з. ч. 3–1-миң жылдыктар) таандык Фергана өрөөнүндө байыркы дыйканчылыкка негизделген маданияттын шарттуу аталышы. Кыргызстанда Ч.м-нын тургун жайлары Өзгөндүн жанынан, Куршабдан, Ноокаттан, Оштун Сулайман тоосунан, Яссыдан, Талдысуудан, Карадарыянын жээктеринен ж-а Фергана өрөөнүнүн күн чыгыш тарабынан орун алган. Ч.м-нын б. з. ч. 2-миң жылдыгында гүлдөп өсүшүнө жердин физикалык-географиялык шарты – түшүмдү көп берүүчү жер, жагымдуу климат ж-а суунун мол болушу түрткү болгон. Бул жерде жер иштетүү жогорку деңгээлде өнүккөн. Окумуштуулар М. Э. Воронецтин, В. И. Спришевскийдин болжолунда бул маданиятта саздак жерлерди иштетүү м-н чектелбестен, жер жасалма жол м-н же каналдар аркылуу сугарылган. Чуст тургундары арпа, буудай, таруу, сулуу эгишкен. Ч.м-нын эстеликтеринде дан ж-а тамак-аш азыктарын сактоо үчүн даярдалган чуңкурлар басымдуу орунду ээлейт. Айрымдарынан дан өсүмдүктөрүнүн калдыгы табылган. Аларды кургак, сапаттуу сакташ үчүн кээ бир чуңкурлардын ички бетин ылай м-н шыбап же кыш м-н каптап чыгышкан. Ч.м-нын тургундары жерди жумшартуу үчүн таш кетмендерди колдонушкан. Дан азыктарын майдалоо үчүн ары-бери жылдырылып иштетилүүчү (айлантылып иштетилүүчү таш жаргылчактар кийин ойлоп табылган) сүйрү жаргылчактарды пайдаланышкан. О. эле таштан жасалган бычактар кездешкен, болжолу аларды орок катары колдонушкан. Үй шартында мал багуу маанилүү роль ойногондугун маданий катмарлардан табылган сөөк калдыктарынын молдугу күбөлөндүрөт. Уй м-н жылкынын сөөк-төрү башка жандыктардын сөөктөрүнөн аз. Үй жаныбарлары маанилүү тамак-аш азыгы болуу м-н алардын териси, жүнү үй тиричилиги үчүн пайдаланылган. Жилик сөөк-төрдөн кээ бир куралдарга сап, майда жанчылган сөөктөрдөн шибеге сыяктуу буюмдарды даярдашкан. Жаныбарлардын тиштерин көзөп шуру же тумарчаларды жасашкан. Табылган койдун чүкөлөрүнүн айрымдарынын беттери жылмаланган, кээсинде кандайдыр бир белгилер тартылган, ортосу оюлуп коло куюлган чүкөлөр да кездешет. Чопо идиштердин беттеринен кездеменин калдыктары табылып, кездемени даярдоо технологиясы тууралуу маалыматтар алынган. Малдын жүнүнөн кездеме токушкан. Болжолу токуу станогу да колдонулган. О. эле чоподон жасалган ийиктер көп кездешкен. Фергана өрөөнүнөн табылган коло доорундагы чопо идиштер колго ийленип жасалган. Ар бир идиш белгилүү максатта пайдаланылган. Мис., тамак-аш куюлуучу суюк же дан азыктарын сактоо үчүн кумура. Түзүлүштөрүнө, көлөмдөрүнө караганда кумуранын 30дан ашуун түрлөрү жасалган. Көпчүлүк идиштердин жакшы жасалгандыгына караганда чопо идиштерин жасай турган чебер адис жашаган. Ч. м-нын көлөмдүү эстеликтери сыртынан чеп м-н бекемделген. Бекемделген чептин пайда болушу мүлктүк жиктелүүнүн келип чыгышы, байлыктын көбөйүшү, согуштук кагылышуулардын күчөшү м-н тыгыз байланыштуу. Коомдун турмушу жагынан алганда Ч.м-нын доору Фергана өрөөнү үчүн зор экон. өнүүгүнүн мезгили болгон. Окумуштуу Б. Литвинскийдин пикири б-ча Чуст тургундары тили жагынан иран эмес прототохарлар болгон. Ч.м. тараган

Фергана өрөөнүндө андрон маданиятына мү-нөздүү чопо идиштин сыныгы Ош ш-ндагы Сулайман тоонун этегинен табылган. О.эле коло буюмдарында эки маданиятка тең мүнөздүү окшоштуктарды баамдоого болот.

**ЧУСТ ЭСТЕЛИГИ.** Фергана өрөөнүнүн түндүк аймагында, Сырдарыянын оң өйүзүндөгү Чуст ш-на жакын жерде коло дооруна тиешелүү турак-жайлардын калдыктары жайгашкан. Алардын жалпы аянты 4 *га*, маданий катмарынын калыңдыгы 0,60–3 *м*. Чарбалык маанидеги чуңкурлардын диаметри 0,60–1,10 *м*. Диаметри 1,80–2,30 *м* келген чуңкурлардын калдыктары В. И. Спришевскийдин божомолунда жарым-үй катары кызмат кылган. Алардын түбү тапталган, кээ биринин дубалдары кыш м-н кыналган. Жер үстүндөгү сүйрү формадагы турак-жайлар изилденген. Эл жашаган мындай кыштактын сыртынан калыңдыгы 3 *м*, бийиктиги 3,50 *м* келген кыш чеби м-н курчалган. Үй-тиричилигинде колдонулуучу колго ийленип жасалган чопо идиштердин ар кандай түрлөрү табылып, алардын кээ бирлеринин беттерине кара боёк аркылуу үч бурчтук, ромб, тесме сымал оюулар түшү-рүлгөн. Колодон жасалган бычак, орок, шибеге, кайырмак, шурулар, найзанын учу, күзгү ж-а орок даярдоочу таш калыптар, о. эле колонун уютундулары ж-а шлак табылган. Ч.э-нде металл иштетүү жогорку деңгээлде өнүккөн. Чуст тургундары жаргылчак, жылмаланган балта, орок сымал бычак ж. б. куралдарды ж-а сөөктөн жасалган шибегени кеңири колдонушкан. Шурулары лазурит, сердолик өңдүү таштардан, жаныбарлардын тиштеринен, каури үлүлүнөн ж-а жезден жасалган. Бул жерден адамдын көмүлгөн сөөгү аз табылган. Маркумдун сөөгү бүрүш-түрүлгөн абалда капталынан жаткырылып, жанына буюм коюлган эмес, антропологиялык жагынан европеоид расасында болгон. Ч. э. Дальверзин эстелигине окшош. Ч. э. М. Э. Воронцов (1950–52), В. И. Спришев-ский (1953) тарабынан изилденген.

**ЧҮЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН РОССИЯНЫН КУРАМЫНА БИРИКТИРИЛИШИ** 19-к-дын 60-жылдарынын башында орус аскерлеринин Чүй өрөөнүндөгү Кокон чептерин ээлеши м-н бирге ишке ашырылган. 50-жылдардын акырында падыша өкмөтүндө Сибирь ж-а Сырдарыя тилкелерин кошуп алуу, Орто Азиянын ичкерки р-ндорун көз-дөй жылуу маселеси көбүрөөк талкуулана баштап, 60-жылдары бул маселени биротоло чечүү максатында чечкиндүү аракеттер кө-рүлгөн. 1859-ж. жайында капитан М. И. Ве-нюковдун жер чалып жүргөн отряды Иле чөлкөмүндөгү казак, кыргыз конуштарынын чегине келип, келечекте Түндүк Кыргызстандагы Кокон чеп-коргондоруна чабуул коюу-га тирек болсун үчүн Кастек чебин негиздеген. Орус аскерлерине Токмок м-н Бишкек чептериндеги Кокон аскерлери каршылык көрсөтүшкөн эмес. Венюковдун чалгынынан кийин, кокондуктарды Чүйдөн сүрүп чыгуу анчейин көп күчтү талап кылбасына орус генералдарынын көзү жеткен. Ошол эле жылдын апрель–июнь айларында Голубев баштаган орус аскерлери Көл кылаасындагы кыргыз айылдарын кыдырып, бугулардын арасында Россиянын таасирин ого бетер чыңдаган. Бирок Кокон хандыгы Ысык-көлдө кайрадан өз үстөмдүгүн орнотууга, бүтүндөй Түндүк Кыргызстанды өз таасиринде кармап турууга аракеттенип, чүйлүк кыргыздарды канатташ казактар м-н кайраштырууну, сарыбагыштарды бугуларга каршы тукурууну уланта берген. А түгүл Кокон ханы көл жээгине жаңы коргон куруу-га, бугуларга салык салууга ниеттенген. 1859-ж. жаңжалдардын биринде бугуларга туткунга түшүп калган сарыбагыштардын мартабалуу манабы Төрөгелди баатырды, сарыбагыштардын коркутуп-үркүткөн-дөрүнө карабай, бугулар туткундан бошотпой турган. Бугулар россиялык Алатоо округунун улугунан жардам алабыз деп ойлошкон. Сарыбагыштар Төрөгелди баатырды туткундан куткаруу үчүн жортуулга даярдана баштаган. Ушундай катаал учур-да Бишкек беги бугулардан зекет төлөөнү талап кылып, эгерде баш тартсаңар 500 жигит жиберип салыкты күч м-н алабыз деп коркуткан. Ошол кезде бугунун манаптарынын ыркы кетип, ичара эки топко бөлүнүп калган эле. Жаатташуу айрыкча *Боромбайдын* көзү өткөндөн кийин (1858) күчөгөн. Бугунун жаңы чоң манабын шайлоодо орус бийлигине баш ийүүнү каалбаган манаптар Мурataалыны, ал эми орус бийлигине моюн сунган топ Качыбекти ж-а Боромбай уулу Өмүрзакты колдоп чыккан. Абалдын оорлошунан чочулаган Батыш Сибирь генерал-губернатору Г. Х. Гасфорд Алатоо округунун улугу Перемышльский төрөгө жаңы чоң манапты шайлоонун жүрүшүнө кийлигишүүнү сунуш кылган. Ал бугуларга келип, чоң манап мансабын Өмүрзакка ыйгартып кайтат. Бир жыл өтүп-өтпөй бул мансапка орус төрөлөрүнө эмгеги сиңип, жакшы таанылган Качыбек бекитилген. Качыбек ж-а анын жан-жөкөрлөрү Алатоо округунун төрөсүнөн коңшу уруулардын кол салууларынан, кокондуктардын кысымынан кор-гоону суранышкан. Айрым кыргыз феодалдарынын мындай өтүнүчтөрүн орус бийлиги Чүй өрөөнүнө, Токмок ж-а Бишкек чеп-коргондоруна жортуул уюштурууда шылтоо катары пайдаланган. Кыргызстандын түндүгүнө жортуул уюштурууга жетекчилик кылуу үчүн Г. Х. Гасфорддун карамагына генштабдын полковниги Циммерман жөнөтүлгөн. 1860-ж. июнда Циммерман Иле чөлкөмүндөгү орус аскерине колбашчы болуп дайындалган. Ошол эле учурда Кокон ханы да ак падышанын колу м-н беттешүүгө камынып, Чүйгө сарбаздарын жөнөтүп жаткан. Июль айына карата кокондуктар Чүй өрөөнүнө 5 миңдей сарбаз топтогон. Кокон колу Кастек чебине капысынан кол салып, аны талкалашы керек эле. 1860-ж. 1-июлда Бишкек беги (Атабек датка) Кастек тарапка чалгынчы кошуунун жөнөткөн. Июль айында Кокондун кошуундары Кастек чебине кайра-кайра чабуул коюп, камап турду. Бирок алар сан жагынан кыйла артыкчылык кылса да, чепти ээлей алышкан жок. Полковник Циммермандын кошумча аскер бөлүгү өз учурунда чепке жетип келип, каршылык көрсөтүүгө үлгүрдү. Ошол кезде Бишкекке Ташкен беги Рүстөмбек 3 миң сыпайы м-н келген. Бишкекте топтолгон хандын аскери м-н чүйлүк кыргыз манаптары кураган кол жанаша турган. Адегенде солто манаптары Байтик Канай уулу, Жаңгарачтын иниси Султанбай, Абайдылда бий, Сарыбагыш манабы Жантай

российялык жаңы баскынчылардан эл-жерди коргоону эп көргөн. Ошондуктан алар жигиттери м-н орус аскерлери турган Кастек чебин камалоого катышкан. Кастек чебин кыйратып, орус аскерин алыс сүрүп салуу аракети оңунан чыкпаган соң Кокон ханы дале болсо үмүт үзбөй, Олуяатага 5 миң жоокер жиберген. Бул кол хандын буйругу б-ча Олуяата аркылуу Бишкекке жөнөп, Иле чөлкөмүндөгү орус аскерлерине чабуул коймок. Чүйдөгү Кокондун кошуундарына колбашчылыкка *Канаат шаа* дайындалган. Чүй өрөөнүн озунуп ээлеш үчүн, Иле чөлкөмүндөгү падыша аскерлери Циммермандын колбашчылыгы астында Верныйдан Токмокту көздөй жортуулга чыгат да, эки күн жол жүрүп, Караконуз суусуна жетип келишет (азыркы Масанчи айылы турган жерде). 26-августта Циммермандын кошууну Чүй суусун кечип өтүп, анын сол өйүзүндөгү Токмок чебин басып алган. 28-августта, чеп толук кыйратылган күнү Циммерманга казак-орус кошууну м-н Колпаковский келип кошулган. Эртеси алар Бишкекти көздөй бет алышат да, 31-августта аны ээлешет. Замбирек м-н аткылоонун натыйжасында коргондун кыйла бөлүгү кыйрап, акыры Атабек датка, Алишер датка баштаган 627 сарбаз аргасыздан багынышкан. Бишкек чебин талкалагандан көп өтпөй, сентябрдын орто ченинде орус ас-керлери Верныйга кайра кайтат. Ошондо Кокон ханы Чүйгө Канаат шаа баштаган 10–15 миңдей аскерин шашылыш жөнөткөн. Кыйраган коргон, чептерди кайра куруп, үстөмдүгүн 1861-ж. убактылуу калыбына келтирген. Канаат шаа м-н бирге келген Анжиян вилайетинин беги Алымбек датка кошуунга колбашчылык кылган. 20-октябрда Узунагач бекетинин аймагында орус аскери м-н Кокон аскери кайрадан беттешип, негизги салгылашуу Каракастек өзөнүнүн боюнда өткөн. Алгач Алымбек датканын кыргыз, казактардан куралган колу (4 миң атчан жигит) Узунагач чебине чабуул коюп, бирок замбиректин огуна туруштук бере албай кайра тарткан. Эртеси Узунагачка көп аскер м-н келген Колпаковский замбирек м-н аткылап Канаат шаанын сарбаздарын, Алымбек датканын жигиттерин өрөөндөн сүрүп чыгат. Замбиректин огунан Кокон колунун кыйласы кырылган. Бирок Г. А. Колпаков-ский Кокон колун биротоло талкалап коё алган жок. Канаат шаа Каракастектен чегинип кеткен соң, орус аскери кайра кайткан болчу. Ошондой болсо да Узунагачтагы окуялар Россия империясынын Түндүк Кыргызстандагы кийинки ийгиликтерин оңойлоткон. Узунагачтагы салгылашуудан көп өтпөй, 1862-ж. сарыбагыштын тынай уругунун чоң манабы Жантай Верныйга келип, Чүй өрөөнүнүн чыгышындагы кеминдик кыргыздар Россия империясынын карамагына өтөрүн билдирет. Буга ошол кездеги тарыхый кырдаал, тынай (черикчи) ж-а болот (эсенгул) уруктарынын ичара чатагы түрткү болгон. Жантай ж-а анын уулу Шабдан ошондон тартып Россия бийлигине кыз-мат кылышты (к. *Жантай хан, Шабдан*). 1862-ж. жайында Чүй өрөөнүнүн Бишкектен Таласка чейинки күн батыш тарабын ээлеп турган солто уруусунун чоң манаптарынын бири, айтылуу *Байтик баатыр* кокондук аким *Рахматулла даткага* каршы күрөш баштаган. Рахматулла 1861-ж. Чүй өрөө-нүнүн бектигине дайындалып, анын тушунда кыргыздардан арбын салык алынып турду, кокондуктардын зордук-зомбулугу өтө күчөгөн. Кокондук төрөнү, анын сарбаздарын жайлап, алгачкы жеңишке шыктанган кыргыздар бир топ күн Бишкек чебин камап турду. Бирок курал-жарагы начар, чаржа-йыт чабуул жасаган кыргыз колу сепилди ала алмак эмес. Ошондуктан Байтик баатыр Г. А. Колпаковскийден жардам сурап, иниси Сатылганды Верныйга жөнөткөн. Орус төрөлөрү мурдатан эле Түндүк Кыргызстанды Россиянын карамагына биротоло киргизүүгө камынып, Чүй өрөөнүнө жаңы жортуул уюштурууга даяр турган. Байтиктин элчи чабармандары келери м-н Г. А. Колпаковский Батыш Сибирдин жаңы генерал-губернатору Дюгамелге (1861-жылдан тартып) кабарлап, Бишкекти ээлөө б-ча андан көрсөтмө алган. 1862-ж. 3-октябрда падыша аскерлери Г. А. Колпаковскийдин колбашчылыгы астында Верныйдан Чүйдү карай бет алып, 13-октябрда Бишкек чебине жете келген. Орус аскерине Байтик баатыр жигиттери м-н кошулган. Рахматулланын ордуна чептин бегинин милдетин аткарып жаткан Төрөкул баатыр баштаган кокондук сарбаздар катуу каршылык көрсөтүп, чепти камалоо бир нече күнгө созулган. Акыры замбиректин огунун коштоосунда орус колунун кысымына туруштук бере албай Кокон кошууну аргасыздан багынган. 24-августта чеп Г. А. Колпаковскийдин колуна өтүп, кыйратылган. Чүй боорундагы ири Бишкек чебин ээлөөнүн натыйжасында орус аскеринин Кыргызстанга, Орто Азияга ичкерилеши, Россия империясынын үстөмдүгүнүн орношу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр, ыңгайлуу кырдаал түзүлгөн. Чүй өрөөнүнүн этегинде кокондуктардын башкы таянычы катары Олуяата чеби гана калган. Бирок бул чеп деле кубаттуу Россия империясынын аскеринин чабуулдарына узакка туруштук бере алмак эмес. Бишкек чебин талкалагандан кийин кыш жакындап калгандыгына байланыштуу Г. А. Колпаковский 2-ноябрда Верныйга убактылуу кайтып кеткен. Ошол кезде Жаңгарач, Маймыл ж-а Тынаалы манаптар бийлеген солто уруусунун бир бөлүгү орус бийлигине баш ийүүнү каалабай, Таластын төрүнө конуш которгон эле. Орус бийлиги 1863-ж. Токмокко аскер старшинасы Бутаковдун казак-орустар кошуунун Кеминди чалгындоо үчүн жөнөтөт. Бутаков Токмокко солтонун манаптары Байтик, Корчу, Макеш, Шайдылданы, Өзбек Бошкой уулун, сарыбагыштардан Менде м-н Мырзаалыны чакырат. Аталган манаптардын баарын Бутаков казак-орустардын коштоосунда Верныйга айдатып барып, кыйла күн барымта катары кармап турган. 1864-ж. солтонун чоң манабы *Жаңгарач* көз жумгандан кийин анын уулдары ж-а Көкүм манап орус төрөлөрү м-н ымала түзө башташат. Ал эми Маймыл манаптын тобу орус бийлигине каршылык көрсөтүүнү уланта берген. Айрым маалыматтарга караганда ал көп өтпөй падыша аскерлеринин колуна түшүп, орус мамл-нин өтө коркунучтуу душманы катары өлүм жазасына тартылган. Ошентип 60-жылдардын орто ченинде Чүй өрөөнүн жердеген кыргыздарды Россиянын курамына киргизүү аяктаган.

**ЧҮЛҮК** – уз. 20–30 *см*дей, жоондугу чыпалактай арча, тал ж. б. жыгачтан, кээде металлдан догоо түрүндө ийилип жасалган буюм. Ал көбүнчө өгүздүн (айрым учурда уй, торпок, топоз ж-а буканын) мурдуна тешип өткөрүлүп, мурунтук байлаш үчүн колдонулат. Ч. салынган мал элпек башкарылат.

**ЧЫГАЙЛАР** – 10–12-к. Караханийлер дөөлөтүнүн тушундагы кедейлер. Негизги өндүргүч күчтү Ч. түзүп, кул эмгеги анчалык кеңири пайдаланылган эмес.

**ЧЫГЫМ** – ар кандай кырсыктын кесепеттерине жумшалчу мүлктүк зыян. Кыргыздардын салттуу турмушунда Ч-ды урук, уруу чогулуп көтөрүшкөн. Мис., бир үй-бүлөдөн сөөк чыкса, аны коюу жалпы уруктун милдети болуп, ага кеткен Ч-ды чогуу көтөрүшкөн. Ч-дын курамына ортого мал чыгаруу, конок күтүү, минип келген унааларына жем-чөп дайындоо, оюн-зоокторду, байгелерди уюштуруу ж.б. кирген. Мүлктүк теңсиздик ж-а социалдык катмарларга бөлүнүү күч алып турган мезгилде Ч-ды чогуу көтөрүү кедей бүлөлөрдүн жашоо-тиричилигин оордоткон. Айрым учурда Ч. тууган-урук ичиндеги таарыныч, уруш-жаңжалга алып келген.

**ЧЫГЫШ ТҮРК КАГАНДЫГЫ** – 603–745-ж. Орто Азия, Казакстан, Чыгыш Түрк-стан ж-а Түштүк Сибирь аймагында бийлик кылган мамлекет. Улуу Түрк кагандыгы 582–603-ж. Батыш (Жетисуу, Чыгыш Түрк-стан) ж-а Чыгыш (Моңголия) кагандыктарына бөлүнүп, өз ара чабышып турушкан. 603-жылдан Ч.Т.к. өз алдынча мамл. катары өнүккөн. Ч.Т.к. Шиби кагандын (609–619), өзгөчө Хели кагандын тушунда күчөп, Кытайга 67 жолу жортуул жасалган. 630-жылдан Ч.Т.к. Кытайдын Тан династиясына 50 жыл бою көз каранды абалда калган. 687-ж. Кутлуг каган (Элтериш) ж-а кеңешчиси Тоң-Йокуктун тушунда көз каранды эместикти калыбына келтирген. Кагандыктын ордосу Өтүкенде (Каңгай тоосу) жайгашкан. Кутлуг каган дүйнөдөн кайткандан кийин (691-ж.) анын ордун иниси Капаган каган ээлеген. Анын убагында Ч. Т. к. аскердик-саясий жактан өзгөчө жогорулаган. Кыска мөөнөттүн ичинде Капаган каган Туваны багынтып, кидандарды (696–697), енисей кыргыздарын (709–710), 711-ж. түр-гөштөрдү талкалап, Жетисууну ээлеген. Түн-дүк Кытайдагы Тан аскерлерине каршы жасаган бир нече жолку жортуулдары ийгиликтүү аяктаган. Самаркандын жанында арабдар м-н болгон салгылашууда түрктөр жеңилүүгө учураган. 741-ж. Бешбалык ш-н каратууга жиберилген түрк аскерлеринин жүрүшү да ийгиликсиз аяктагандан кийин кагандыктын курамындагы кидан, карлук, тогуз-огуз ж.б. уруулар көтөрүлүшкө чыга баштаган. Натыйжада, Капаган каган 716-ж. көтөрүлүшчүлөрдүн буктурмасына кабылып өлгөн. Бийликке келген Кутлуг кагандын уулдары Могилян (Билге каган) ж-а Күл тегин карлуктарды, аздарды, кыргыздарды, түргөштөрдү моюн сундуруп, мамлекеттин чегин Манжуриядан Сырдарыяга чейин кеңейткен. Чыңдалып калган аскерлери м-н Билге каган Кытайга каршы согушка даярданат. Бирок Тоң-Йокуктун кеңеши м-н тынчтык келишимин түзүү үчүн Кытайга элчи жиберет. Кытай императору Сюань-Цзян анын аракетине каршы чыгып, 720-ж. түрктөргө каршы армия топтогон. Бирок алар оор жеңилүүгө дуушарланып, кагандын тынчтык келишимин кабыл алган. Кытай м-н Ч. Т.к-нын ортосунда соода мамилелери өнүккөн. 731-ж. Күл тегин, 734-ж. Билге каган дүйнөдөн кайткан. Билге кагандан мураскор уулдары Ижан каган (734–739) ж-а Теңир каган (740–741) атасынын тынчтык саясатын улантышкан. Бирок, 741-жылдан Ч. Т.к. начарлап, борб. бийликке баш ийбеген дубан башкаруучулары көбөйгөн. Теңир каганды аталаш тууганы Кутлуг жабгу өлтү-рүп, тактыны ээлеген. Кутлуг жабгу ж-а анын мураскорлору тогуз-огуз, басмыл, уйгурларга каршы күрөштөрдө курман болушкан. 745-ж. Ч.Т.к. өз жашоосун токтоткон.

**ЧЫГЫШ ТҮРКСТАН** – түндүгү Теңиртоо, түштүгү Куэньлун, батышы Алай тоолорунан Турпан ойдуңуна чейинки тарыхый-геогр. аймак. Аны кытайлыктар 18-к-дын экинчи жарымынан «Синьцзянь» (кытайлык кыргыздарда «Шинжаң») – «Жаңы чек» деп атай башташкан. Орто кылымдарда Ч. Т. Жетисуу, Кыргызстан, Фергана ж-а Орто Азиядагы башка аймактар м-н бир мамлекет баш кошуп тургандыктан, алардын аймагы жалпысынан «Түркстан» деп аталган. Негизги шаарлары Кашкар, Жаркен, Хотан, Куча болгон. Учурда Ч. Т. аймагы Синьцзянь-Уйгур автономия р-ну (СУАР) катары Кытай Эл Респ-на карайт. Бул райондо уйгур, дуңган, кыргыз, өзбек, моңгол, ханзу (кытай) сыяктуу көп улуттар жашайт.

**ЧЫЙБЫЛ БОЛУШ,** А б д и л л а б и й у у л у (1870, Анжиян уезди, Багыш болуштугу, азыркы Сузак р-ну, Калмаккырчын айылы –1908, сүргүндө каза болгон) – Кө-гарттан чыккан белгилүү тарыхый инсан. Басыз уруусунан (камандар). Болуш болуп турганда жергиликтүү калктын таламын көздөгөн көптөгөн иш-аракеттерди жүргүз-гөн. Орус бийликтеринин жергиликтүү элге болгон катаал мамилесине, айрыкча кыргыздардын семиз, сугат жерлерин тартып ала баштаган саясатына нааразы болгон Ч. б. 1890-жылдардын ортосунда орустарга каршы көтөрүлүш чыгаруу идеясына оогон. Ал Мадали эшен (Ийикчи Эшен) м-н 1895–97-ж. Көгартта, Миңдөбөдө бир нече жолу кеңешип, *Анжиян көтөрүлүшүн* даярдоого жигердүү катышкан. Ал көтөрүлүшкө түздөн түз катышууга үлгүрбөсө да, көтөрүлүштү даярдоого жигердүү катышкан деген күнөө м-н Россиялык согуштук талаа соту тарабынан соттолуп, өлүм жазасына өкүм кылган. Кийинчерээк өлүм жазасы көп жылдык сүр-гүн м-н алмаштырылып, Сибирге айдалган. Элдин үшүн алыш үчүн Жалалабат ш-ндагы губерниялык сотко алып бара жатканда, анын колу-бутун байлашып, эки кулагы эки мык м-н тактага кагылып, арабага чалкасынан жаткырып, эл арасынан алып өткөн. Сибирде жүргөн убагында *Токтогул* м-н жолугушкан, акын анын өлүмүнө күбө болгон. Ч. б-тун аянычтуу өлүмү ж-дө Токтогулдун Эшманбет м-н айтышында баяндалат.

**ЧЫЙМЫЛОВА** Бүбүкан (1930-ж. т., Ысык-көл облусу, Ысыккөл р-ну, Торуайгыр айылы) – тарых ил-нин доктору (1978). 1951-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүткөн. 1951–52-ж. Кыргыз кыз-келиндер ин-тунда иштеген.

1952–53-ж. комсомолдун Бишкек шааркомунун 2-катчысы. 1953–55-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Тил, адабият ж-а тарых ин-тунда кенже ил. кызматкер, 1959–62-ж. Кыргызстан ИАнын тарых ин-тунда кенже, улук ил. кызматкер. 1988-жылдан ушул эле ин-тта башкы ил. кызматкер. Ч-нын эмгектери Кыргызстанда өнөр жайдын өнүгүш тарыхына ж-а соц. мелдешке арналган. 70тен ашык ил. эмгектин (а. и. 10 монография, анын бешөөнө авторлош) автору.

**ЧЫКТА** – кулунду желеге байлоодо нокто м-н желени бириктирүүчү тээктүү жип. Ал кулунду желеге байлоо же агытуу ишин жеңилдетет. Койдун кылчык жүнүнө жылкынын кылы кошо эшилген бышык жиптен жасалат.

**ЧЫМБАЙ ТУРАК ЖАЙЫ** – Өзгөн ш-нын түштүк-чыгыш тарабында жайгашкан коло дооруна таандык турак жайлардын калдыгы. Жалпы аянты 500 *м*2. Турак-жайлардын сыртынан бекемделген чептин белгилери жок. Маданий катмардын калыңдыгы 1 *м*ге чейин. Байыркы очоктун, 16 чарбалык маанидеги чуңкурлардын орду, чопо идиштеринин калдыктары ж-а таштан жасалган куралдар (бычак, чокмор) табылган. Чопо идиштер көлөмдөрү жагынан Чуст ж-а Дальверзин эстеликтеринде кездешкен идиштерден айырмаланбайт. 1959-ж. Ю.А.Заднепровский тарабынан ачылган.

**ЧЫНЫ КАП** – чыны сактай турган кутуча. Көчүп-конууда, урунганда сынып кетпес үчүн ар кандай материалдардан Ч. к. жасашкан. Жасалышына карай чий Ч. к., тери Ч. к., кийиз Ч. к., таар Ч. к. болуп бөлүнөт. Чий Ч. к. түркүн түстүү жүн жиптер м-н чырмакталса, кийиз Ч. к. шырдак оюму, кооз көчөттөр м-н кооздолот. Тери Ч. к. цилиндр ж-а жарым шар түрүндө жасалып, наар, оюм-чийим түшүрүлөт. Ч. к. боз үйдүн эпчи тарабындагы керегеге илинет.

**ЧЫНЫКЕ** Төлөбай уулу, Ч ы н ы к е б и л г и р (1788, Талас өрөөнү, Арал айылы – 1874, ошол эле жерде) – мамл. ишмер, бий. 19-к-дын 2-жарымында кыргыз коомунун саясий түзүлүшүнүн демократиялык мүнөздөгү «уруу бийлеринин конфедерациясынын» доорунда жашаган. Ал Таластын элине зиректиги, чечендиги, билгирлиги ж-а чечкиндүүлүгү м-н таанылып, «Чыныке билгир» деген атка конгон. Ал бий болуп турган учурунда казак-кыргыздын ортосундагы доолорду, уруулар арасындагы жер талаш чатактарда, башка социалдык мү-нөздөгү маселелерди калыстык м-н чечип турган. *Түркстан генерал-губернаторлугуна* караштуу жергиликтүү элдин өкүлдөрүнөн түзүлгөн орус сенатынын, Олуяата уездинин эл аралык мамилелер б-ча жыйынынын мүчөсү болгон. Урпактары Карасуу айылында Ч-ге арнап күмбөз тургузушкан (1993).

**ЧЫҢГЫЗ ХАН,** Т е м у ч и н (1155, Онон дарыясынын боюндагы Делпун-Болдан деген жер – 1227, Си-ся мамл-нин аймагы) – Улуу моңгол империясынын негиздөөчүсү. Есугей баатырдын уулу. Өз аты Темучин (Есугей баатырдан жеңилген уруу башчысынын атынан коюлган). Ал моңгол урууларын бириктирүү үчүн татарларды ж-а алардын союздаштарын талкалаган; 1194-ж. татарларды керей уруу башчысы Тоорулхан м-н кошо талкалап, сенгун деген аскер наа-мына татыктуу болгон. Найман уруулары жеңилген соң, ага Моңголиянын батыш тарабы толугу м-н моюн сунган. Жолбашчы болгон Темучин 1206-ж. моңголдордун биринчи курултайын чакырып, өзүн «Ч. х.» («чыңгыз» түрк тилдеринде «деңиз») деп жарыялаган. 1205-ж. Ч.х. Таңгут өлкөсүнө (Си-Ся мамл.) каршы жортуулга аттанып да, чоң олжо м-н кайтып келген. 1211-ж. Ч. х. Түндүк Кытайдагы күчтүү Цзинь импе-риясын басып кирип, 1215-ж. Пекинди багындырган. Ч.х-дын тапшырмасы б-ча Жэ-бэ-нойон 20 миң аскери м-н кара кытай аймагын башкарып турган найман жолбашчысы Күчлүктүн колун талкалайт. Ушул эле учурда уйгур идыкуту Барчук м-н карлук жолбашчысы Арслан хан өзүнүн Ч. х-га баш ийгенин жар салган. 1219-ж. Ч. х. Орто Азия-ны багынтуу үчүн аттанып, бул согушта моңгол аскерлери бир да жолу жеңилүүгө дуушар болгон эмес. 1221-ж. Борб. Азия, Хорасан, Ооганстан моңгол бийлигинин колуна өткөн. Хорезм шахы Мухаммеддин уулу Жалал ад-Динди кууп отуруп, Инд дарыясынын жээгинде талкалаган. 1222–23-ж. Ч.х. Кавказ аркылуу Чыгыш Европага аскер жиберип, 1223-ж. орус княздарынын кошуун-дарын ж-а кыпчактарды Калка өзөнүндө талкалаган. Басып алган өлкөлөрдө моңголдор катаал эзүүнү орноткон, бирок дин жагынан кысым болгон эмес. Багынып берген цзиндер м-н таңгуттар моңгол баскынчыларына каршы баш көтөрө баштагандыктан, таңгуттарга каршы жортуулду Ч.х. өзү жетектеген. Таңгут мамл-нин борборун кур-чоого алган Ч.х. 1227-ж. капысынан каза тапкан. Анын сөөгү Моңголияга алып келинип, Онон ж-а Керулен өзөндөрүнүн башаты болгон Бурхан-Халдун тоосуна коюлган.

**ЧЫҢГЫШЕВ** Турсунбек (1942-ж.т., Нарын облусу, Нарын р-ну, Ташбулак айылы) – коомдук мамл. ишмер. Кыргыз Респ-нын премьер-министри (1992–93). Фрунзе авто-жол техникумун (1963), Калининград мамл. ун-тин (1968), Москвадагы коомдук-ил. академиясын бүтүргөн (1967). Ысыккөл облусундагы №2 ЖЭУда жол мастери, Калининград облусунда «Автотетиктер» заводунда комсомол комитетинин катчысы (1967–78). Фрунзе шаардык 1-май райком комсомолунда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы (1979–1970). 1970-жылдан Токтогул ГЭСинде комсомол комитетинин, партиянын Каракөл шаардык комитетинин катчысы. Кыргызстан КП БКнын өнөржай бөлүмүнүн орунбасары, социалдык экон. бөлүмдүн башчысы (1980–89). Партиянын Токмок шаардык комитетинин 1-катчысы, шаардык аткаруу комитетинин төрагасы (1989–91). Кырг. Респ-нын өкмөтүнүн мамл. катчысы. Улуттук отун компаниясынын вице-президенти, Гонконг эл аралык «Хенфен ЛТД» банкынын башкы директору (1994–95). Кыргызстан Банк ассоциациясынын төрагасы (1996-жылдан).

**ЧЫПТАМА,** ч е р м и й – сырт кийим. Ал жеңсиз, бел жабылгандай же андан узун бычылып, жалаңкабат же ичтелип тигилет. Алгачкы Ч. териден, кийин кийиз, таардан, 18-к-дын 2-жарымынан ар кандай кездемеден кебез же жүн салынып, шырылып жасалган. 19-к-дан Ч-нын өңүрү, жакасы саймаланып же көбөөлөнүп тигиле

баштаган. Азыркы кезде Ч-нын түрдүү кездемеден (мис., чийбаркыт, тукаба ж.б.) ар кандай формада тигилген түрлөрү пайда болду.

# Ш

**ШААКЕРИМ** Кудайберди уулу (1858, Семей уезди, Чыңгызтоо –1931, ошол эле жер) – казак адабиятчысы, акыны ж-а тарыхчысы. Кунанбайдын небереси. Абай анын атасынын иниси болгон. Жашынан билимге дилгир болуп, араб, түрк, фарсы, орус тилдерин үйрөнүп, бул тилдерден айрым чыгармаларды казак тилине которгон. 1905–06-ж. ажылыкка бара жатып, Стамбулда чыгыш ойчулдарынын мурасы м-н таанышкан. 1911-ж. Оренбург ш-нда «Түрк, кыргыз, казак жана хандардын санжырасы» тарыхый эмгегин жарыялап, анда айрым кыргыз урууларынын ар кыл себептер м-н казактарга кошулуп кеткендиги ж-дө маалымат берген. Жалаа м-н 1930-ж-дын башында камалып, кайра бошотулган. 1958-ж. акталган.

**ШАБДАН** Жантай уулу (1839, Чүй өрөөнү, Көкжар жайлоосу, азыркы Онбиржылга айыл өкмөтү – 1912) – Чүй, Кемин өрөө-нүндө жашаган сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан манап, саясий, коомдук ишмер. *Жантай хандын* уулу. Жаштайынан эле саясий турмушка аралашкан. 1860-жылдын акырында *Кокон хандыгынын* колбашчысы Канат шаага кошулуп, Ташкенге барган. Узунагачтын жанындагы орус аскерлерине каршы урушка катышкан. Ташкен ш-н коргоодо көрсөткөн каармандыгы үчүн Кудаяр хан аны Түркстан ш-нын беги кылып дайындаган. Бирок анда иштебей, атасынын таасири м-н орустарга өтүп, өмүрүнүн аягына чейин ак падышага кызмат өтөгөн. Ал Токмоктогу уезддин начальниги ж-а Жетисуу аскер губернатору м-н тыгыз байланышта болгон. 1868-ж. орус букаралыгына өтүүгө каршы чыккан саяк уруусунун манабы *Осмондун* көтөрүлүшүн басууга катышкан. 1876–77-ж. генерал *Скобелевдин* алайлык кыргыздарды Россиянын карамагына өткөрүү ишине көмөк көрсөткөн. 1878-ж. жигиттери м-н Атбашынын түштүгүндө орустардын чалгындоо отрядын коштоп жүргөн. Орус падышалыгына кылган кыз-маты үчүн Ш. сыйлыктарды алып турган. 1883-ж. ал падыша Александр IIIнүн тактыга отуруу аземине катышып, аскер старшинасы наамын алган, алтын саат м-н сыйланган. 1884-ж. ага жылына берилүүчү 300 сом пенсия чектелген. 1909-ж. Чоңкеминде жаңы усулда сабак өткөрүүчү медресе салдырган. 65 жашында ажыга – Мекеге барган. Ш-дын өмүр баяны, ишмердиги *Осмонаалы* Сыдык уулунун «*Тарых-и кыргыз шадманийа»* аттуу 1914-ж. Уфадан басылып чыккан эмгегинде жазылган.

**ШАБДАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 11–13-к-га таандык шаар калдыгы. Чоңкемин өрөөнүндөгү Шабдан айылынын батыш жагында жайгашкан. Тик бурч формада, жактарынын узундугу 490x860 *м*. Сакталып калган дубалдардын бийиктиги 2–5 *м*, жазылыгы 18–20 *м*. Дубалдары мунаралар м-н бекемделген. Дубалдын сыртын бойлой жазылыгы – 8 *м*, терендиги 2 *м* аң казылган. Археол. казууда 11–13-к-га мүнөздүү кооздолгон айнектен жасалган идиш-аяктардын сыныктары, чийки ж-а бышырылган кыштар табылган. Шаар чалдыбары П. Н. Кожемяко тарабынан изилденген.

**ШАБИЕТ**, к ө к б а й т а л – улуттук оюндун бир түрү. Муну өспүрүм балдар түз, чөбү кыска, жумшагыраак жерлерге жаатташып ойношот. Киши канчалык көп болсо, оюн ошончолук кызык өтөт. Чогулгандар оюнду тутум б-ча башташат. Кененирээк жерге тегерек чийилет. Кезекти жеңип алган тарап чийиндин сыртында болот да, жеңилгендер ичинде эки колу м-н жер таянып, тизеси м-н чөк түшүп, чийиндин сыртындагыларга каршы коргонушат. Оюндун эрежеси б-ча чийиндин сыртындагылар ичкилерди опузалап камап, шаштысын кетирип, өздөрүн тептирбестен көбүүрөөк чаап, жазалоого аракет кылышат. Бирок бел кырчоодон өйдө жагына муштоого, чабууга, ал эми алкактын ичиндегилерге ордунан турууга, арт жагына шилтеп тебүүгө, же тизеден жогору тебүүгө болбойт. Атаандаштын кол күчүн азайтып, алсыздандыруу максатында сырткы чабуулчулар ичтегилерди бирден, экиден үстүнөн секирип бөлүп кетет. Бөлүнгөн оюнчулар өз өнөктөрү жеңишке жетмейинче ойноо укугунан ажыратылат. Сырттагылар ичкилерди качырып кирип, чабууга аракеттенген учурда кокус бутуна тептирип койсо, анда оюн кезеги алмашып, ичтегилер сыртка чыгат. Көбүрөөк жазаланган тарап уттурган болуп эсептелет. Ш. жаштарды шамдагайлыкка, эпчилдикке машыктырат.

**«ШАЖАРА-ИЙ НАСАБ-НАМЕ-ИЙ ИЛАТИЙА»** («Көчмөн элеттиктердин санжырасы») –19-к-га таандык кыргыз тилинде жазылган кол жазма. Узундугу 3,13 *м*, туурасы 10,5 *см* келген түрмөктөлгөн кагазга жазылган. Сейрек кездешүүчү табылга, кол жазманын бир жак бетинде курандын аяттары өтө кылдаттык м-н жыш саймадай кооз түшүрүлгөн. Экинчи бетинде сарыбагыш уруусунун манаптарынын бири Байгазы баатыр Мусаке уулунун түпкү аталары төмөндөгүдөй тартипте берилген: «Ак уул бий, анын перзенти Тагай бий, анын перзенти Кылжыр бий, анын перзенти Дөөлөс бий, анын перзенти Сүтөй бий, анын перзенти Сарысеит бий, анын перзенти Үчүкө бий, анын перзенти Мааматкул бий, анын перзенти Болот бий, анын перзенти Эсенгул баатыр, анын перзенти Ниязбек бий, анын перзенти Субан баатыр, анын перзенти Мусаке баатыр, анын перзенти Байгазы баатыр». Санжырада Ак уулдан Долон бийге чейин 14 ата ж-а Долон бийден Шейх Мансурга чейин 10 атанын ысмы келтирилген. Кыргыздардын түпкү атасы катары көрсөтүлгөн Шейх Мансур суфизмдин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болгон. 897-ж. Шейх Мансур ал-Халлаж өзүнүн шакирттери м-н Түркстан жерине келип, көчмөн урууларды ислам динине тарткан. Айрым кыргыз изилдөөчүлөрүнүн ырастаганына караганда, Шейх Мансур ж-дөгү уламыштар ошол мезгилдеги Түркстан аймагын байырлаган көчмөн урууларда сакталып калган ж-а ки-йинчерээк кыргыздардын оозеки санжыраларына өткөн. Кол жазмадагы санжыраны жазууда бизге чейин жетпей калган кол жазма санжыралардагы маалыматтар пайдаланылган.

Кыргыз элинин 19-к-дагы жазма маданиятын, генеалогиясын, кыргыз коомундагы ислам дининин ордун ж-а тарыхын изилдөөдө аталган кол жазма өтө баалуу булак болуп саналат.

**ШАКЕК САЛМАЙ**, ш а к е к к а т м а й, ш а к е к ж а ш ы р м а й – кыргыздын элдик оюну. Көбүнчө улан-кыздар ойношот. Оюнчулар эки алаканын бириктирип, колун тизесине коюп, тегерете отурат. Оюн баштаган киши шакек салгандай түр көрсөтүп, отургандарды кыдырып чыгат (чындыгында шакекти бир оюнчуга гана берет). Оюн андан ары эки түрдө уланат; 1. Шакек салган киши башка бир оюнчудан: «шакек кимде?» деп сурайт. Эгер ал шакекти тапса катып отурган оюнчу, таппаса өзү ырдап берет да, оюнду андан ары улантат; 2. Шакек салган киши өз ордуна отуруп; «алтын шакек, атып чык» дегенде, жашырган киши жанындагыларга карматпай тез ыргып туруп кетсе, ал кезекти алып оюнду улантат, эки жагындагынын бири кармап калса, ал «жазаланат» да, кайра ордуна отурат. Шакек салган оюнчу оюнду улантат.

**ШАЛК ЭТМЕ** – согушта колдонулуучу курал. Кыска эки таяктан туруп, бирөөсүнүн учуна тоголок (шар түрүндөгү) металлдан (темирден, колодон) жасалган салмактуу бөрк бекитилет. Айрым бөрктөрдө уштугуй бүртүкчөлөр болот. Экинчи жыгачтын учуна колго илип алууга ыңгайлашкан түйүн жасалат. Согуш ишинде кыймылга ийкемдүү болуш үчүн таякчалар бири-бири м-н экинчи учтарынан кайыш же чынжыр м-н туташтырылат. Ш. Э. кыргыздарда курал катары колдонулгандыгы «Манас» эпосунда белгилүү. Кыргызстандын аймагындагы археол. табылгаларда азырынча белгисиз. Этногр. материалдарды чогултуу учурунда Ош ж-а Талас өрөөндөрүнөн табылып, Ош ж-а Манас ордо комплекс музейлерине коюлган.

**ШАЛЧА** – өрмөк аркылуу жүн жиптен согулган таар. Ш. төрт чарчы жасалып, жээктери кыюуланып, жерге салууга ж-а көч-көндө үй эмеректерин таңууда колдонулат. Жүккө жабылуучу Ш-га төкмө чачылар тагылат. Ш-нын жөнөкөй согулган түрү кара таар деп аталып, бир өңчөй түстө болот. Көркөмдөлгөн Ш-лар терме катары (букары), беш кеште өңдүү ыкмалар м-н согулат.

**ШАМАНЧЫЛЫК** (эвенк. шаман, саман – делөөрүгөн адам) – диндин эң байыркы формаларынын бири. Ш. камлания (эмдөө-домдоо ырларын ырдоо ж-а даб же жаргак м-н капталган тегерек музыка инструментин койгулоо м-н коштолуп, адамды делөөрүгөн экстаз абалга алып келген ырым-жырым) учурунда шамандын же бүбү-бакшынын көзгө көрүнбөгөн рухтар м-н мамиле түзүүсүнө байланышкан ишенимге негизделген. Ошондуктан, Ш-та адамдар м-н рухтар дүйнөсүнүн ортосунда далдалчылык кызматты шаман аткарган. Ш-лык Африканын, Түндүк ж-а Чыгыш Азиянын элдеринде, Американын индеец урууларынын арасында кеңири таралган. Ш-тын негизги функциясы – дарт-дабалуу адамдарды «дарылоо». Шамандар камлания учурунда жеке адамдардын жанынын кожоюну болуп эсептелген рухтардан адамды дартка чалдыктырган оору-сыркоону кубалоону, тумарларга жандуу күч берүүнү, төлгө тартууну, баласыздарга бала тартуулоону, малдын төлүнүн амандыгын, түшүмдүн мол болушун ж.б. суранышкан; жин-шайтандар, албарстылар сыяктуу терс күчтөр м-н кармашышкан; кожоюн рухтардан өзүнүн каалоо-тилегин ишке ашырып коюуну өтүнүшкөн, рухтардын атын атоо м-н көзү ачыктык кылышкан; түлөө, курмандыкка чалуу сыяк-туу магиялык иш-аракеттердин жардамы аркасында рухтардан оорулуу адамдын жанын, жаңы төрөлгөн наристенин күчүн, ийгиликтүү аңчылыкты сурап алышкан. Ш. палеолит доорунда пайда болгон. Ба-йыркы адамдар өздөрүнүн өлгөн тууган-туушкандарынан коркушкан ж-а аларды сыйлашкан. Алардын пикири б-ча өлгөн адамдын жаны дагы деле болсо жашай берген. Ошол себептен алар арбактарды тамак-аш м-н камсыз кылышкан, алар м-н кошо жаныбарларды көмүшкөн, өлгөн адам үшүбөсүн үчүн сөөктү очоктон алыс эмес жерге көмүшкөн ж.б.у.с. магиялык иштерди жасашкан. Аска бетиндеги сүрөттөрдө ийгиликтүү аңчылыкты шарттаган ырым-жырым бийлери сакталып калган. Бул сү-рөттөрдө жаныбарлар сыяктанып ки-йинген шамандар өзгөчөлөнүп турат. Байыркы адамдар шамандардын образы аркылуу адамдын өмүрү м-н өлү-мүн, жаны м-н денесин терең түшүнүү-гө аракет кылышкан.

**ШАМШИЕВ** Болот Төлөнович (1941-ж. т., Бишкек) – кинорежиссёр, Кыргыз ССР эл артисти (1975), СССР эл артисти (1991), Акын Т. Шамшиевдин уулу. 1965-ж. ВГИКти бүткөн. Окуп жүргөндө Ч. Айтматовдун повести б-ча Л. Шепитко тарткан «Аптап» кинофильминде башкы каармандын (Кемелдин) ролун аткарган. Алгач «Манасчы» (1965), «Чабан» (1966) аттуу даректүү фильм-дерди тарткан. Андан кийин айтылуу М. Ауэзовдун чыгармасы б-ча өзүнүн «Караш-Караш окуясы» аталган алгачкы көр-көм фильмин (1968) жаратат. 1971-ж. «Касиеттүү Ысыккөл» фильмин тарткан. Бул фильмдерине Орто Азия ж-а Казакстан, бүт-күл союздук, эл аралык кинофестивалдарда алдыңкы байгелер ыйгарылган. Ш. замандаш адамдардын ой-санаасын, мүдөөсүн чагылдырган проблемалуу темаларга кайрылып, аларды кинодогу кейипкерлердин ички сезими аркылуу кылдат ачууга, драмалуу терең чиеленишти лирикалык ыкласта берүүгө умтулат. Ч. Айтматовдун повести б-ча тарткан социалдык-этикалык ж-а философиялык маанидеги «Ак кеме» фильми (1975, СССР мамл. сыйлыгы, 1977) Бишкек ш-нда өткөн Бүткүл союздук 9-кинофестивалда (1976) Чоң байгеге, Италияда (Торонто ш.) Гран при сыйлыгына, Чехословакияда (Карлови-Вари ш.) атайын байгеге татыктуу болгон. 1978-ж. «Эл арасында» (А. Сү-йүндүков м-н бирге), Ч. Айтматовдун повес-ти б-ча «Эрте келген турналар» (1979), ки-йинки фильмге Дүйшөмбү ш-нда өткөн Бүт-күл союздук 13-кинофестивалда (1980) Башкы байге ыйгарылган. «Бөрү зындан» (1984), «Фудзиямалагы кадыр түн» фильмдерин тарткан. Ш. – Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1969) «Ардак белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ШАМШЫ КЕНЧИ** – 4–5-к-дагы көчмөн уруулардан калган мүрзөлөр, Кочкор р-нунун Шамшы айылынан 1976-ж. табылган. Кенчте б. з. ч. 2-миң жылдыктын 2-жарымына тиешелүү 27 буюм (балта, балка, көзөөч, керки, орок, найзанын башы, устара, күзгү, того, шакек, илгич, шибеге, төөнөгүч ж. б.) болгон. Кенч 0,30–0,40 *см* тереңдикте жайгашкан. Ш. к-нен табылган көпчүлүк буюмдар Жетисуу, Фергана, Казакстан, Алтайды бириктирген андрон маданиятында кездешкен металл буюмдарга окшош. Ш. к-н изилдеген Ы. Кожомбердиевдин ж-а Е. Е. Кузьминанын айтымында устаранын табылышы батыш аймактар м-н байланышы болгон-дугун айгинелейт. Ш.к-н Н. В. Рындина, А. Д. Дегтярева, В. Д. Рузанов химиялык-технологиялык жактан изилдешип, аларды даярдоонун ыкмаларын, эзелки кол өнөрчү-лөрдүн деңгээлин ж-а буюмдардын келип чыгыш маселелерин чечүүгө жардам беришкен. Буюмдардын көпчүлүгү жез м-н калайдын куймасынан калыпка куюлуп жа-салган. Калыптан чыгарылгандан кийин жылмалангандыгы, оңдолгондугу баамдалат. Куралдарды чыңоонун алдында ысытышкан, муздак чабылгандары да бар. Технологиялык изилдөөлөргө караганда бирдиктүү металл иштетүү ыкмасы болгон. Жасоо ыкмалары коңшу аймактарга окшош болсо да, жергиликтүү уздар жасагандыгы анык.

**ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУ** – эл аралык уюм. Борбор Азия чөлкөмүндө коопсуздукту, туруктуулукту чыңдоо ж-а эл аралык терроризмге каршы күрөшүү үчүн 1996-ж. Шанхай ш-нда Казакстан, Кытай, Кыргызстан, Россия, Тажикстандын мамл, башчылары биргелешип «Шанхай бешилтиги» деген ат м-н түзүлгөн. 2000-ж. Дүй-шөмбү ш-нда болуп өткөн мамл. башчыларынын жыйынында «Шанхай бешилтиги» «Шанхай форуму» болуп аталган. 2001-ж. 14–15-июнда Шанхайда өткөн юбилейлик жыйында Өзбекстанды уюмдун толук укуктуу мүчөлүгүнө кабыл алуу м-н форм *Шанхай кызматташтык уюму* аталды. Кыргызстан үчүн тышкы саясат, глобалдуу ж-н региондук дипломатия, коопсуздук, коргонуу ж-а чегараны коргоо, КМШнин жаңжалдуу жерлеринде тынчтык орнотуу окуялары, миграциялык саясат, баңги заттары м-н курал-жаракты мыйзамсыз соодалоого каршы күрөшүү чөйрөлөрүндөгү иш-аракеттерди макулдашуу багытында Ш.к.у-нун алкагында иш алып баруунун мааниси зор.

**ШАП**, б и л е к к е ч а б у у – элдик оюндардагы жазанын түрү; жеңилген оюнчуну жазалоо ыкмасы. Макулдашуу б-ча утулган баланын билегин түрүп, баш бармак, аты жок, чыпалак үчөөнү катуу жумуп, сөөмөй ж-а ортону м-н билекке чабат. Ш – тын саны оюн башталарда белгиленет.

**ШАПАК** Р ы с м е н д е е в (1863, Шамшы суусунун өндүрү, азыркы Кочкор р-ну – 1956, ошол эле жер) – манасчы. Чоң манасчы Балыктын, жомокчу Акылбектин, белгилүү ырчы *Найманбайдын*, *Сагымбайдын* таасири тийген. Ш-тан 1935–48-ж. «Манастын» үчилтиги тең жазылган («Манас» 56 миң сап, «Семетей» 47 миң сап, «Сейтек» 13 миң сап). Ш-тын варианты – эпостун негизги окуяларын кыскача баяндаган, тыкан иштелген, жогорку көркөмдүк касиетке ээ варианттардан. Азырынча жарык көрө элек. Кыргыз ИАнын кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Ал жомок, дастандарды, макал-ылакаптарды да көп билген. («Мендирман» ж. б.). Ш. санжыраны да жакшы айткан.

**ШАРИПОВ** Салижан Шакирович (1964-ж.т., Ош облусу, Өзгөн ш.) – Кыргыз Респ-нын Баатыры (1998). Сов. армиянын катарында кызмат өтөгөндөн кийин, Харьковдогу жогорку аскердик-учкучтар окуу жа-йын бүтүргөн. Кыргызстандын Токмоктогу окуу-машыгуу полкунда кызмат кылган. 1990-жылдан космонавттарды даярдоо борборунда – «Жылдыздар шаарчасында» өтө татаал даярдык окуусунун баскычтарынан өтүп, сыноочу-космонавт ж-а инженер-эколог кесибине ээ болот. Россиянын космос агенттиги м-н Космос мейкиндигин изилдөө ж-а аэронавтика б-ча улуттук башкаруунун (АКШ) биргелешкен чечиминен соң, подполковник Ш. америка-россия экипажынын курамына киргизилип, «Спейс-шаттлдын» 89-экспедициясынын курамында «Мир» орбиталык станциясында иштөөгө мүмкүнчүлүк алат. Лондон Джонсон атн. учкучтарды даярдоо борборунда (АКШ) Ш. америкалык коллегалары м-н бирдикте «Спейс-шаттлдын» космостогу татаал системасын толугу м-н окуп даярданышып, 1998-ж. 22-январда Канаверал тумшугунан «Шаттл STS Endeowor» космос кораблинде учууга чыккан.

**ШАРИЯТ** (ар. шариа – максатка туура жол) – курандын ж-а сунналардын (үрп-адаттардын) негизинде иштелип чыккан диний-этикалык ж-а укук эрежелеринин жыйындысы. Ш. 7–12-к-да Араб халифатында түзүлгөн. Ал мусулмандардын негизги диний укуктарынан тышкары мамл-тин граждандык, кылмыш процессинин укуктар нормасын камтыйт. Ш. ислам мамл-нде – динди туу туткан өлкөлөрдө өзгөчө үй-бүлө, нике ж-а мурас укугу жагдайында колдонулат. Ш. – Орто Азияда, Казакстан ж-а Кавказда араб баскынчылары тарабынан ислам дининин таратылышынын натыйжасында пайда болгон. Ш-тын булактары – 1. куран; 2. сунна; 3. кыяс; 4. иджима эсептелинет. Бул булактар диний ж-а динге негизделбеген мыйзамдардын жыйындысын камтыйт. Ш-тын негизинде укук м-н дин бир түшүнүктө каралат.

**ШАРТ КӨРҮСТӨНҮ** – б. з. ч. 7–2-к-га таандык археол. эстелик. Алай р-нунун Кызылкыштак айылына жакын Шарт коктусунда жайгашкан. Көрүстөн тегерек түзү-лүштө болуп, айланасы таш м-н курчалган. Көрүстөндөрдүн үстүнө төрт чарчы сымал таш курулушу курулган. Көрүстөндүн ичинен бүрүштүрүлгөн адамдын сөөгү, карапа чөйчөгү, о.эле сырдалып оймо түшүрүлгөн карапа сыныктары, жыгач аяк, коло сөйкө, көк түстөгү шурулар табылган. А. Н. Бернштам тарабынан изилденилген.

**ШАРШЕН** Т е р м е ч и к о в (1896, Чүй облусу, Сокулук р-ну, Токбай айылы – 1942, Бишкек) – чыгаан куудул, Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1941). 1931-жылдан Кыргыз драма театрында, Кыргыз

мамл. филармониясында артист. Театрга киргенге чейин эле эл арасында куудул катары таа-нылган. Кыргыз искусствосунун Москвада өткөн он күндүгүнө катышкан (1939). Эски замандын терс жактарын, кедейликти, кишилердин терс жорук-жосундарын өз башынан өткөн окуя катары айтып бериши м-н негизги куудулдук ыгын жараткан. «Бала сооротуу», «Күйөө жолдош», «Аксак молдонун намаз окушу», «Ат тергөө», «Боёмо актив» деген оозеки аңгемелеринен анын куудулдук ыкмасы айкын көрүнөт. Аңгеме курганда баёо, маңыроо чалыш кебетеде туруп, апыртып, сөз ойнотуп, табышмактатып сүйлөгөн. Ш. тууроочулук (имитатордук) өнөрү катуу өөрчүгөн куудул катары белгилүү. Анын айрыкча колдураган үнү м-н картайып калган кемпирлердин кошок кошконун тuurашы – кыргыз куудулдук өнөрүндөгү кайталангыс табылга. Ш-дин комедиялуу формада обонун өзү чыгарган «Сыртынан кайырма», «Ичинен кайырма», «Кантың бар» аттуу көпчүлүк жат билген ырлары да бар. Ш-дин өмүрү, чыгармачылык жолунан алып, Ж. Садыков «Күйөө жолдош» пьесасын (1973) жазган.

**ШАХРИСТАН** – сыртынан рабат м-н курчалып, өзү сепилди курчап турган ички шаар. Орто кылымдардагы Орто Азияда мындай типтеги шаарлар көп болгон.

**ШАХ ФАЗИЛ КҮМБӨЗҮ** – 11–14-к-га мүнөздүү архитектуралык эстелик. Алабука р-нундагы Сафедбулон кыштагына жакын жайгашкан. 11–12-к-да курулган. Алгач ичи кооз таштардан кыналган; 12-к-да ганч (алебастр катырмасындагы материал) м-н оймо-чиймеленип кооздолгон, башкы фасадынын 2 жеринен оюк оюлган. Кийинки кайра куруулардын натыйжасында алгачкы көрүнүшүн жоготкон. Дубал жактарынын уз. сыртынан 11 *м*, ичинен 7,80 *м*, калыңдыгы 1,63 *м,* бийиктиги 15,37 *м.* Дубалдын бурч-тары чыгыш ж-а батыш багытында жайланышып, төрт чарчы (куб) формада болгон. Дубалы төмөндөн жогору карай жантайыңкы курулуп, үстүнө 6 кырдуу бурчтары тепкич сымал конфигурациядагы кошумча дубалдар м-н кооздолуп, конус сымал кумпа (купол) м-н жабылган. Дубалдары ж-а кумпа бышкан кыштан тургузулуп, түштүк батышында каалга орнотулуп, терезе жасалган. Терезенин эки жагында каалга болгон. Күмбөздүн ички дубалдары шыбалып, ганч м-н жогорку чеберчиликте оймо-чиймелер м-н кооздолгон. Ичинде элегиялык ж-а диний маанидеги куфи жазуулары, геометриялык татаал фигуралар оюп түшүрүлгөн. Ди-ний тексттер араб тилинде, элегиялык текст-тер фарсы тилинде жазылган. Ушул жагынан Ш.Ф.к. башка архитектуралык эстеликтерден өзгөчөлөнүп турат. Күмбөзгө Караханилер мамл-нин башкаруучуларынын биринин сөөгү коюлган. Эстелик архитектуралык ж-а көркөмдөлүшү жактан – орто кылымдагы жетишкендиктин жогорку чеги. Эстелик ЮНЕСКОнун каттоосуна алынган. Б. П. Денике, Б. Н. Засыпкин, А. Н. Берн-штам ж.б. тарабынан изилденген.

**ШВЕЦ-БАЗАРНЫЙ** Григорий Иванович (1878, Россия, Воронеж губерниясы, Павловка уезди–1947) – Түндүк Кыргызстанда (Пишпек уездинде) Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкөндөрдөн. 1905–1907-ж. революциячыл кыймылга катышкан. 1917-ж-дын жайынан Пишпекте солдаттар арасында революциячыл иш жүргүзүп, А.И. *Иваницин* ж-а И.С. *Меркундун* большевиктер тобу м-н байланышта болгон. 1918-жылдан Пишпек солдат, жумушчу депутаттар Советинин төрагасы болуп иштеген. «Пишпекский листок» гезитинин редакторлорунун бири. Ки-йин чарба кызматтарында иштеген.

**ШЕЙБАНИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИ** – 1500–98-ж. Орто Азиядагы мамлекет. 15-к-дын 2-жарымында Ак Ордо, андан соң Өзбек хандыгында ичара карама-каршылык күчөп, мамл. бирикме ыдырай баштаган. Бул мамл. көчмөн өзбек уруулары Орто Азияга келип, Мавереннахрдын борб. аймактарын каратып алышкан соң түзүлгөн. Көчмөн уруулардын бул аймакка келүүсү м-н Тимурийлер мамл. кулап, анын аймактары Шейбанихан негиздеген мамл-тин курамына кирген. Борбору адегенде Самаркан, 1560-жылдан Бухара болгон. Шейбанихан 1510-ж. Иран шахы Аббас тарабынан талкалангандан соң, мамлекет экиге бөлүнүп, Мавереннахрда Хива хандыгы (борбору Үргөнч, кийин Хива) пайда болгон. Тимурийлердин Хорасандагы мурда ээлеген жерлерин Иран басып алган. Хорасанды кайтарып алуу үчүн уюштурулган жортуулдар мамл-ти бүлүнткөн. Ш. м-н. Абдулла хан II (1557–98) башкарып турган мезгилде абал бир аз оңолуп, шаарлар, кол өнөрчүлүк, соода-сатык өнүккөн. Коңшу өлкөлөр м-н дипломатиялык алакалар түзүлгөн. Ш.м-нин тушунда Бухара ири маданий борборго айланган. Кийинчерээк бул мамлекет Бухара хандыгы деп атала баштаган.

**ШЕЛЖИ** – орто кылымдарга таандык шаар; Талас өрөөнүндө жайгашкан. 9–12-к. бул шаарда темир эритилген, 11–12-к. ты-йын чыгарылган.

**ШЕРААЛЫ ХАН** (1792–1845) – 1842–45-ж. *Кокон хандыгын* бийлеген хан. Кокон бий-лөөчүсү *Нарботo бийдин* иниси Хажи бийдин уулу. Атасы Хажи бий Алим-хан м-н бийлик талашуу учурунда өлтүрүлгөн. Балдары Шераалыны ж-а Улугбекти сактап калуу үчүн энеси Умсунай, Таластагы төр-күндөрүнө качууга аргасыз болгон. Ше-раалы Чаткал, Талас аймагында чоңойгон. Эрезеге жеткенде саруу уруусунун бийи *Асперди* датка кызы *Жаркынайымды* жээни Ш-га алып берген. Мадали хан өлтүрүлгөн соң, Талас, Чаткал, Аксылык кыргыздардын колдоосу м-н 1842-ж. ак кийизге салынып, хан көтөрүлгөн. Ш-ны хан көтөрүүдө *Ажы* датка, Сейдаалы бек, *Нүзүп бийдин* ролу чоң болгон. Ш-нын Коконго хан болушунан тартып, хандык жоюлганга чейин (1876) ордодо көчмөн кыргыз, кыпчак урууларынын төбөлдөрүнүн таасири жогорулаган. Нүзүп бийдин өлтүрүлүшү м-н миңбашылык кызмат ж-а ордодогу чечүүчү роль *Мусулманкулдун* колуна өткөн. Ш. х. 1845-ж. Мусулманкулдун Оштогу кыргыздардын көтөрүлүшүн басуу үчүн кеткендигинен пайдаланган Мусулманкулга нааразы саясий топ тарабынан өлтүрүлгөн.

**ШЕРГАЗЫ** (18-к-дын аягында жашаган) – *Атаке баатырдын* Россияга жиберген элчилеринин бири. 1785–89-ж. Россия империясынын борбору Санкт-Петербургга Атаке баатыр Тынай бий уулунун (сарыбагыш) жиберген биринчи кыргыз элчилигинин жетекчиси *Абдрахман* Алкучаков м-н бирге 1786-ж. 15-мартта Россиянын императору Екатерина IIнин салтанаттуу кабылдоосунда болгон. Тарыхый документтерде ар кандай маалыматтар жолугат: алсак, Атаке өз каттарында: «Абдырахман менен Шергазыны» жибердим десе, Россиянын борборундагы документтерде аны «Уразбай» деп аташат. Азырынча бул суроону тастыктоого жетишерлик маалымат болбогондуктан, Уразбай Шергазынын атасынын аты болуш керек деп да болжолдошот.

**ШЕР ДАТКА** – кыргыздын багыш уруусунун кутлук-сейит тобунун белгилүү бийи. Фергана кыргыздарынын көрүнүктүү инсаны. 1870-жылдардын башында Кокон ханы Кудаярды адилеттүү хан м-н алмаштырууну көздөгөн кыргыз бийлерине демилгечи болгон. Мураскор издеп Самаркандагы, Хорезмдеги хан урпактарына барган. Алар хандык бийликке макулдугун бербеген соң, 1872-ж. кеч күздө Ташкендин жанындагы курамалык Абдымомун Шамурзак уулунун үйүнөн (к. *Момун* Шамурзак уулу; *Искактын 1873–74-жылдардагы Аксы көтөрү-лүшү)* таанышкан Искак Асан уулун «*Полот хан*» деген ат м-н Кудаяр ханга каршы күрөштү жетектөөгө үндөгөн. 1873-ж. жазында Ш. д. Искакты Аксынын Сафедбулон деген жеринде Кокон ханы деп жарыялоого жетишкен. Ошол жылы Аксыда, Экисуу арасында, Алайда ж-а Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында Кокон ханы Кудаярга каршы кыргыз элетинин жалпы көтөрүлүшү башталганда, Кудаяр кыргыздардын 40 бийин сүйлөшүүгө ордого чакырган. Алардын ичинде ордого барган Ш. д. башка бийлер м-н кошо өлүмгө учураган.

**ШЕРИМКУЛОВ** Медеткан (1939-ж. т., Сокулук р-ну, Жыламыш айылы) – мамл. ишмер. 1967-ж. КМУну бүтүргөн. 1970-жылдан КМУда окутуучу болуп иштеген. Философия илимдеринин кандидаты. 1971-ж. Кыргызстан КП БКнын илим ж-а окуу жайлары бөлүмүнүн инструктору. 1973–76-ж. КМУнун парткомунун катчысы. 1976–80-ж. партиянын Ысыккөл обкомунун катчысы. 1980–85-ж. Кыргызстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысы, 1985-ж. Кыргыз мамл. дене тарбия ин-тунун ректору. 1986-ж. Кыргызстан КП БКга караштуу партиялык комиссиянын, андан соң Көзөмөлдөө комиссиясынын төрагалыгына дайындалган. 1987–90-ж. Кыргызстан КП БКнын катчысы. 1990-жылдан Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин төрагасы, кийин Кыргызстандын Түркиядагы элчиси.

**ШЕРСТОБИТОВ** Виктор Павлович (1929-ж. т., Казакстан, Түн. Казакстан облусу, Пресновка р-ну, Островка кыштагы) – тарых ил-нин доктору (1966), проф. (1968), Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1974). 1949-ж. Москва мамл. тарых-архив ин-тун, 1953-ж. Москва мамл. ун-тинин филос. факультетин бүткөн. 1953–54-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалында кенже ил. кызматкер, сектор башчы, 1955–71-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда директордун орун басары. 1971-жылдан СССР ИАнын СССР тарыхы ин-тунда бөлүм башчы, 1974-жылдан директордун орун басары. 200дөн ашык ил. эмгектин автору. Эмгектери негизинен сов. коомдун, дыйкандардын тарыхына, жаңы экон. саясаттын жүзөгө ашырылыш тарыхына, улут маселесине ж.б. арналган.

**ШИБОКҮЙ АЧЖАН**, Ш и б о ц ю й  А ч ж а н – кыргыз элчиси. Кыргыз кагандыгынын Кытайга элчилиги «Тан династиясынын жаңы тарыхы» аттуу жыл баяндарында чагылдырылган. Кыргыздардын беги (мамл. министри) Ш.А. 648-ж. Тан (Кытай) мамл-нин борб. Чаньянда император Тайцзундун кабылдоосунда болгон. Бул элчилик Кытай (Тан) императорунун Кыргыз каганына 632-ж. жөнөткөн элчилигине жооп иретинде уюштурулган дипломатиялык миссия болгон. Кытай тараптан бул миссияны Ван И-Хун жетектеген. Элчилик деңгээлдеги мамлекеттер аралык алакалар 7–10-к. Тан династиясы кулаган мезгилге чейин улантылган. Бул алакалардын негизги максаты – Борбор Азиядагы Түрк, Уйгур кагандыктарынын согуштук-саясий абалдарынын күчөшүнө каршы биргелешип күрөшүү, Улуу Жибек жолуна көзөмөл орнотуу болгон.

**ШИИЗМ** (ар. шиа – жактоочулар тобу) – ислам дининдеги негизги багыттардын бири (*суннизм* сыяктуу). Алар куранды колдоо м-н оозеки айтылуучу шариатты-сунннаны ж-а алгачкы үч халифти таануудан баш тартышкан. Ш-ди жактоочулардын (шииттер) пайда болушу 7-к-да омейяларга каршы багытталган саясий кыймылдан келип чыгып, аны Мухаммеддин күйөө баласы Али ж-а анын жолдоштору колдошкон; Ши-Али (шииттер) – Алинин тобу, партиясы деген маанини берет. Ш. Ирандын мамл. дини, Йемен, Ирак, Ливан, Бахрейн ж.б. мамл-ге тараган.

**ШИРИЯЗДАНОВ** Шайхразы Хасанович (1917, Татрастан, Бишмунча айылы – 1988) – тарых ил-нин доктору (1980). 1947-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тту бүтүргөн. 1955-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда ил. кызматкер болуп иштеген. 50дөн ашык ил. эмгектин автору. Эмгектери негизинен Кыргызстандагы жумушчу табынын калыптануу процессин изилдөөгө арналган.

**ШИШДӨБӨ КЕНЧИ** 1976-ж. Карабалта ш-нын түндүгүндөгү Шишдөбө шаар чалдыбарынан табылган. Жез м-н коргошундун куймасынан (сплав) жасалган 4859 даана тыйындан турат. Тыйындар эки карапа идишке (хумга) салынып, 1,5 *м* терендикке катылган. Алардын сакталышы ж-а жасалыш сапаты начар болуп, 60–70% жезден ж-а 15–31% коргошундан турган. Тыйындардагы жазууларда Аксикент, Барскоон, Өзгөн, Күзордо, Маргалаң ш-нан чыгарылгандыгы ж-дө маалымат бар.

**ШИШДӨБӨ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – 6–12-к-га таандык шаардын калдыгы. Карабалта ш-нын түндүк тарабынан орун алган. Ал төрт чарчы коргондолгон эки катар дубал чептен турат. Ички чептин уз. 12 *км*,

сырткы дубалдыкы 28 *км*. Шаар эки бөлүк-төн: борб. бөлүктөн ж-а аны айланта калк жашаган шахристандан турган. Цитадели шаардын түштүк-батыш тарабында жайгашкан. Археол. казуу иштери шаардын борб. урандыларында жүргүзүлүп, турак-жайлар, чарбалык маанидеги курулуш бөл-мөлөрү, карапа идиштер, айнектен, металл-дан жасалган буюм-тайымдар, о. эле 11– 12-к-га таандык караханийлер дооруна таандык күмүш ж-а жез тыйындар табылган.

**ШОВИНИЗМ** (фр. chaufinisme, Наполеон Iнин басып алуучулук саясатын жактаган солдат Шовиндин ысымынан) – улутчулдуктун ашынган формасы. Ш. улуттук артыкчылыкты даңазалап, өз улутунун кызыкчылыктарын башка улуттардыкынан жогору коюп, улуттук негизде көрө албастыкты, келишпестикти күчөтөт. 1831-ж. Францияда бир тууган драматургдар Коньярлардын «Үч түстөгү кокарда» аттуу пьесасы жарыкка чыккандан кийин Ш. термини жаралган. Пьесанын башкы каарманы агрессивдүү мүнөздөгү аскер болгон. Анын прототиби реалдуу инсан – наполеондук гвардиянын ардагери , «улуу Франция» идеясына берилген Никола Шовин болгон. Ошондон баштап Ш. ашынган улуттук экстремизмди билдирүүчү түшүнүк катары кирди. Ш-дин дагы бир түрү – улуу державалык Ш. Ал мамл-те башкы (державалык) абалга улуттун идеологиясы ж-а саясаты ээ дегенди билгизет. Бул өзгөчө көп сандуу элдерге мүнөз-дүү. Улуу державалык Ш-дин башкы максаты улуттарга саясий, экон. ж-а маданий үстөмдүк жүргүзүү. Ш-дин тарыхтагы ашкере түрү – фашизм. Ш-ди жоюу үчүн улутуна карабай адамдын укуктарын ж-а эркиндиктерин теңчиликте кармап; экон., саясий ж-а маданий чөйрөлөрдө бардык граждандарга бирдей мамиле камсыз кылуу зарыл.

**ШОРОБАШАТ МАДАНИЯТЫ** – б. з. ч. 4–1-к-га таандык археол. эстелик; Өзгөн ш-нан 10 *км* түштүк-батышта Жазы дарыясынын оң өйүзүндө жайгашкан. Шоробашат шаар калдыгынын атынан аталган. Жалпы аянты 70 *га*. Ш.м. үч бөлүктөн турат. Чыгыштан батышка карай уз. 3 *км*, туурасы 38 *м*, би-йиктиги 6 *м* чеп м-н курчалган. Калк жыш жайгашкан турак жайлардан ж-а шаардын борбордук сепилинен турат. 8 *км*2 аймакта 70ден ашык турак-жай калдыктары, колго ж-а чарыкка коосдолуп жасалган карапа идиштер, колодон ж-а темирден жасалган буюмдардын калдыктары табылган. Ш.м-нын аймагында Ферганада б. з. ч. 3– 1-к-га таандык «Шоробашат» ш. жайгашкан деп божомолдонот.

**ШОРУКОВ** Кожокан (1903, Жетисуу облусу, Каракол уезди, Жолголот айылы – өлгөн жери м-н жылы белгисиз) – Совет бийлиги үчүн жигердүү күрөшкөндөрдөн, сов.-партия-лык ишмер. 1916-ж. Караколдо уезд начальнигине малай жүргөн. Аны м-н кошо Москвага барып, андан Перовскиге кеткен. Улуу Октябрь революциясынан кийин Ташкенге келип, тилмеч болуп иштеген. 1922–23-ж. РКП(б)нын Каракол уезд-шааркомунун катчысы, 1923–26-ж. Москва ш-нда жумушчу факультетинде окуйт. 1926-жылдан Жалалабат, Каракол, Ош кантондук комитеттеринде, Кыргыз обкомунда иштеген. 1929-жылдан Москвада Кыргыз АССРинин туруктуу өкүлү, 1934–37-ж. Кыргыз ССР саламаттык сактоо эл комиссары, 1929-жылдан Кыргыз АССР БАКнын мүчөсү. 1937-ж. буржуазиялык улутчул деген жалаа м-н репрессияланып, 1956-ж. толук акталган.

**ШОТТ** Вильгельм (1802–1880) – чыгыш элдерин изилдөөчү немис окумуштуусу. Финн-угор, түрк, моңгол, япон, кытай ж. б. тилдерди билген. 1865-ж. Берлинде байыркы ж-а орто кылымдардагы кыргыздар тууралуу эмгеги жарык көргөн.

**ШӨКҮЛӨ** – күйөөгө чыгуучу кыздын үйлөнүү үлпөтүндө кийүүчү баш кийими. Ш. шоңшогой (конус) түрүндө тигилип, төбөсү, кулакчыны же жаагы, желкеси, маңдайы болуп бөлүнөт. Кыргыздарда Ш-нүн бир нече түрү кездешет. Анын жердиги абдан жакшы бышырылган ак кийизден тигилип, үстү саймаланып, шуру басылып, чокусуна, капталдарына үкү же тумарчалар тагылган. Ш-нүн экинчи түрү ортосуна жүн салынып шырылып, сырты кызыл же кызыл кочкул манат, нооту баркыттан тигилген. Ар түрдүү өңдөгү матадан же кийизден, ичтелип, кулакчыны кундуз суусар, түлкү, кулун өңдүү аң ж-а мал терилери м-н кыюуланган. Үчүнчү түрү баркыттан шырылып, төбөсүнө же каптал тарабына тоту куштун, кыргоолдун, каркыранын, үкүнүн канаттары тагылып, төбө алкагы күмүш, маңдайы маржан, бермет, алтын ж.б. аземделип көркөмдөлгөн. Ш-нү адатта кыз тарап жасаган. Кыз күйөөсүнүн айылына келгенден кийин ш-нү чечип, элечек кийген. Ш. кийинчерээк салт б-ча кыздын ата-энесиникине кайтарылып берилген (ал сиңдилерине сакталган).

**«ШУРА-И ИСЛАМ»** (ар. «Ислам кеңеши») – 1917–18-ж. Түркстандагы диний-саясий уюм. 1917-ж. мартта Ташкенде түзүлгөн. Ага улуттук буржуазия, улутчул интеллигенция, мусулман дин кызматкерлеринин өкүлдөрү кирген. «Ш.-и И.» убактылуу өкмөттүн Түркстан комитетинин өкүлү болуп, жергиликтүү капиталисттердин ж-а жер ээлеринин кызыкчылыгын көздөп, Россиянын курамында Түркстан улуттук-мусулман автономиясын түзүү ж-а менчик үчүн күрөшкөн. Анын бөлүмдөрү Түркстандын бардык шаарларында иш жүргүзгөн. «Ш.-и И-да» жадиддер ж-а уламачылар (дин кызматкерлери) өз ара бийлик үчүн күрөшкөн. 1917-ж. июнда уламачылар «Ш.-и И-дан» чыгып, «Шура-и-Улама» («Аалымдар кеңеши») уюмун түзгөн. Октябрь революциясынан кийин «Кокон автономиясын» жарыялашат. Бул уюмдар (мусулмандардын коомдук-саясий, маданий реформаторлору) 1918-ж. февралда «Кокон автономиясы» талкалангандан кийин бул эки уюм тең жоюлуп, анын мүчөлөрү *басмачылык* кыймылга кошулуп кетишкен.

**ШУРУ** – моюнга тагылуучу асем буюм. Аны маржан деп да аташкан. Ш. желбирөөчкө, жаак мончокко, чач учтукка өткөрүлөт, элечектин тартмасы,чыны кап, кайчы кап, күзгү каптын бетине, шөкүлөгө ж-а тыш

кийимдердин өңүрүнө бастырылат. Элдик зергерчиликте кыз-келиндердин кооз буюмдары, ат жабдыктары шуру м-н асемделген.

**ШЫЛК ЭТМЕ –** жоокер куралы. Ш. э. адегенде таштан, колодон, кийин коргошун же темирден жасалган. Муштумдай таштын, темирдин ортосун тешип, аны 2 сөөмдөй москоол жыгачтын бир учуна аштап, 2-учу жазы калың кайыш м-н 60–70 *см* узундуктагы таякчанын учуна бекитилген. Ш. э. бир нерсенин ары жагына же калкандын астына коргологон душманды чабууга ыңгайлуу болгон.

**ШЫРАЛГА –** аңчылык жөрөлгөсү. Мергенчи аңчылыктан кайтып келе жатканда алдынан чыккан адам Ш. берүүсүн сураган. Адатта мергенчи өзүнүн олжосунан эт кесип берген. Бул жөрөлгө мергенчилик ырым-жырымдарынан болуп саналат.

**ШЫРДАК,** ш ы р д а м а л – кийизден жасалып, жерге салынуучу үй буюму. Бети эки бөлүктөн – ортосу же негизи (уз. 2–2,5 *м*, ортончо) ж-а четинен (25–35 *см*) турат да, кыюусу (6–10 *см*), жээги (0,5–1,0 *см*) болот. Ш. жасоо үчүн кийиз жасалат. Ш-тын бети болуучу ак кийиз ар кыл түскө боёлот. Андан Ш-тын бөлүктөрү бычылат, ар бирине оймо түшүрүлүп, оюлат. Оюлган кийиздин бири оймо, экинчиси бет болот. Булар бири-бирине кынаштырылып жөрмөлгөндөн ки-йин, ортоңку бөлүгү м-н четки бөлүгү кыюу аркылуу бириктирилет да, ичилиги ичтелип, шоона м-н шырылат. Оң-сол ийрилип, чыйратылган түстүү жиптен жөрмөп бириктирилген сызыгы б-ча оюулардын үстүнөн ызгыт (милте) бастырылып жөрмөлөт. Ш-тын айлана четине ак, кара кийизден каршы-терши иймек бастырылат. Ш-тын орто-суна «кыял», «мүйүз», «жалпы», «табак», «бадам» сыяктуу чоң оймолор, четине «кочкор мүйүз», «сыңар мүйүз» ж. б., кыюусуна «аламач», «ит куйрук», «секиртме» деп аталган оймолор түшүрүлөт. Ш-тын жасалышында жергиликтүү өзгөчөлүктөргө карата айырмалангандыктан, анын аты ар кайсы жерде ар башкача аталат: шырымал, төр-бөлжүн, оймо теке, ободо, түр кийиз ж. б. Өлчөмүнө карай чоң Ш. (420х180 *см*), орто Ш. (330х150 *см*), кичине Ш. (250х100 *см*) болуп бөлүнөт.

**ШЫРДАКБЕК ЧЕБИ** Борбордук Теңиртоодогу Алабуга суусунун оң өйүзүндө (Акталаа р-ну) жайгашкан. 10 – 13-к-га таандык. Аталышын 18-к-дагы баатыр Шырдакбектин ысымы м-н байланыштырышат. Бул чепти 1945-ж. А. Н. Бернштам изилдеп, отурукташкан үлгүдөгү бир нече турак-жай комплексинин орун алгандыгын аныктаган: 1. Ш. чеби; 2. чептин түштүгүндө жайгашкан төрткүл; 3. төрткүлдүн түштүгүндө жайгашкан тепе; 4. чептен 1 *км* аралыкта жарым-жартылай сакталган шаар чалдыбары. Чеп төрт чарчы формада салынган. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 6 *м*ге че-йин жетип, баксадан курулган. Чептин дубалдары, бурчтары, эшиктери мунаралар м-н бекемделген. Мунаралардын боорунда жаа атуу үчүн тешиктер жасалган ж-а чепти айланта туурасы 20 *м*дей аң казылган. Ш. ч. Фергана кырка тоосу аркылуу Өзгөн тараптан каттаган байыркы кербен жолунун боюнда жайгашкан. А. Н. Бернштамдын пикири б-ча бул жерде түрк башкаруучу төбөлдөрүнүн чеп-байтактысы орун алып, анын айланасына Ферганадан көчүп келгендердин турак-жайлары жайгашкан. Шырдакбек комплекси соода жолунун боюнда жайгашып, ал жерден орто кылымдарда Жамандабан аркылуу Арпа өрөөнүнө, Байбиче-тоо ж-а Калкабар аркылуу Атбашы өрөөнүнө чыгууга, дагы башка жолдор м-н Кочкор өрөөнү, андан ары Ысыккөл ж-а Чүй өрөөндөрүнө жетүүгө мүмкүн болгон. Ш. ч-н А. Н. Бернштам Н. П. Кожемяко, М. И. Москалёв изилдеген.

# Ы

**ЫБЫРАЙ** Туманов (1888, Каракол уезди, Акбулуң айылы – 1967, Каракол ш.) – комузчу ж-а элдик композитор. Кыргыз ССР эл артисти (1951). 1936–57-ж. Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын эл аспаптар оркестринде иштеген. Эмгекке, тынчтыкка арналган «Кеңеш», «Октябрь өзгөрүшү», «Колхоз куралышы», «Паровоз», «Толкун», «Жүрөгүм», «Улуу той», «Москва», «Жыргал күн», «Тынчтык», «Алатоо» ж. б. күүлөрдү чыгарган. Анын чыгармаларында добуш аркылуу сүрөттөө, баяндоо, профессионал музыканын айрым кайрыктарын, татаал ыкмаларын, штрихтерин пайдалануу күчтүү өөрчүгөн. Ы. элдик күүлөрдү ж-а Токтогул, Айдараалы, Асанаа-лы, Муратаалы, Карамолдо, Абак ж. б-дын күүлөрүн чебер аткарган. 1936-ж. анын көп күүлөрүн А. Затаевич нотага түшүргөн. Ы-дын «Кеңеш», «Жаш тилек», «Жүрөк толкуйт», «Боз салкын» ж. б. күүлөрү оркестрлештирилген. «Абышканын арманы», «Жетим баланын арманы», «Серкебайдын арманы» деген кедейчиликтен, оор тагдырдын кесепетинен келип чыккан армандуу күүлөрдү да аткарган. Залкар комузчу элдин ж-а абалкы комузчулардын күүлөрүн ыбырайлык ыкмага салып, иштеп чыккан. Ы. күү чыгаруу жагынан башка комузчулардан айырмаланып, ыр ыргактарынын кайталангыс деңгээлине – элдик салт м-н өздүк ыкмаларды жуурулуштуруу аркылуу чыгармачылык бийиктигине көтөрүлгөн. Москвада өткөн кыргыз искусствосунун (1939), кыргыз адабияты м-н искусствосунун (1958) он күн-дүктөрүнө катышкан. 1990-ж. «Күүлөр» деген жыйнагы чыккан. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган. Анын ысмы Каракол музыка окуу жайына берилген (1994).

**«ЫДУК ЙЕР-СУБ»,** «Ы й ы к ж е р - с у у» – байыркы мезгилдерде түрк элдеринин, а.и. кыргыздардын табиятка ж-а жаратылышка карата ишеними. Жазма булактарда хунн-дардын жерди ыйык тутушкандыгы ж-дө маалыматтар бар. 8-к-да кидандар жерге курмандык чалышкан. Байыркы түрктөрдө жер кудайы андан ары өнүккөн. Алар Ени-сейдеги Өтүкөн тоо кыркаларын ыйык деп санашып, ал акырындык м-н тоо кыркасы эмес, түрктөргө тийиштүү абстрактуу жер кудайы катары кабыл алынып кеткен. Жер кудайын ыйык тутуу кеңири тараган ж-а ал байыркы түрк руна сымал жазууларында чагылдырылган. Байыркы ишенимдин калдыктары кыргыздарда жер-суу кудайы ж-дө түшүнүк түрүндө сакталып калган. Бул кудайдан ырайым сурап же алкыш иретинде курмандык чалышкан. Курмандык чалып сыйынуу жер-суу таюу деп аталып, жаан жаабаган кургакчыл мезгилдерде, кандайдыр бир оору таралганда же башка кырсык болгондо, чөп чабыктын учурунда, эгин бышарда ж.б. учурларда жер-суу таюу делип өткөрүлгөн. Бул ырым-жырым малчылар үчүн да бирдей эле даражада олуттуу мааниге ээ болуп, курмандык чалуу жылына эки жолу (жазында ж-а кеч күздө) өткөрүлгөн.

**ЫЗГЫТ,** ж э э к – кээ бир кийимдин (мис., тон) же буюмдун тигиштеринин арасына кыстарылып же үстүнө бастырылып тигилүүчү ичке тилке кайыш, кездеменин өөнү же атайын оң-сол чыйратылган жоон жүн жип. Кайыш Ы. өтүктүн кончуна, саба, көнөк ж.б-га колдонулат. Жүн жип Ы. ки-йим-кечени, килем, таар, шырдак, үй буюмунун кырка четине, оймолордун тигишинин үстүнө бастырылып тигилет же кабылып шырылат. Ы. буюм же кийим кооз ж-а тигиштери бек болсун үчүн колдонулат. Ы-тын бастырылышында жергиликтүү өзгөчөлүк учурайт. Ал милте, басыткы деп да аталат.

**«ЫЙЫК КАЗАТ»,** к. *Жихад.*

**ЫҢЫРЧАК –** токулганын бир түрү. Ал арча ж.б. катуу жыгачтан чабылып жасалып, көбүнчө жүк жүктөлчү өгүзгө токулган. Ы-тын бөлүктөрү: эки капталы (уз. 40, туурасы 20 *см*дей), кашы ж-а арты. Булар канжыгадай тилинген ичке кайышты алардын атайын көзөнөктөрүнөн өткөзүп, кыналта байланыштыруу аркылуу биригет. Ы-ты токуганда ээрдей эле көмөлдүрүк, ал эми куюшкандын ордуна шалаң колдонулат.

**ЫРК БИТИГ –** 12 үзүндүдөн турган байыркы түрк руна жазуусу. А.Стейндин Чыгш Түркстанга жасаган 2-экспедициясында Гансу провинциясынын Дунхуандагы «Үңкүр китепканасынан» табылган. Эл арасында «Бал ачуу» (алдын ала айтуу) же «Насыят китепчеси» деп аталат. Анда түрк элинин насыят, макал, элдик ишенимдери чагылдырылган. Жазууда (105 сап) 65 насыят камтылган. Британия музейинде сакталууда. В. Томсен тарбынан чечмеленген. Бул котормо азыркыга чейин болжолдуу деп саналат.

**ЫСАР,** Г и с с а р т о о к ы р к а с ы – Ысар-Алай тоо системасынын бир бөлүгү. Уз. 200 *км*дей. Бийиктиги 4643 *м*ге чейин. Рельефи бийик тоолуу. Ысар тоо кыркасынан Заравшан м-н Амударыя башталат. Түндүгүндө Ысар өрөөнү созулуп жатат. Кыргыздар Ы-га 15-к-дын аягында эле жайгаша баштагандыгын айрым маалыматтар ырастайт. Махмуд ибн Валинин маалыматтары б-ча 1635–36-ж. 12 миң түтүн кыргыз Каратегин аркылуу Ысарга келгендиги айтылат. Алардын 12 башчысы Балхтын башкаруучусу Надир Мухаммеддин кабыл алуусунда болгон ж-а алар Ысар вилайетинде калып, исламды кабыл алууну ниеттенгендигин билдиришкен. Кыргыздардын бул өтүнүчү Имамкули хандын кагаз жүзүндөгү указы м-н бекемделген. Кыргыздардын Ы-га калмактардын кысымынан улам киргендиги Хожамкули Бек Балхинин «Тарих-и Кипчак-хани» аттуу эмгегинде: Каратегинде турган 100 миң үйлүү кыргыздар калмактардан качып, Ы-га киргендиги, ал жерден өзбектердин жүз уруусу м-н кагылышып, андан ары Кулябга өтүп, дурмен уруусу м-н согушуп, аларды Амударыянын аркы өйүзүнө сүрүп чыгаргандыгы баяндалат.

**ЫСЫККӨЛДӨГҮ КОКОН ЧЕПТЕРИН ТАЛКАЛОО АРАКЕТТЕРИ.** 19-к-дын 40-жылдарында кыргыздардын *Кокон хандыгына* каршы көзкаранды эместик үчүн кыймылы күчөп, Кыргызстандын түндүк-түштүгүндөгү кеңири аймакты камтыган. Буга 1842-ж. ордодогу козголоң ж-а *Мадалы хандын* өлүмү оңтойлуу

шарт түзгөн. Анткени козголоң чыгарган феодалдык топтордун чыр-чатагы, бийлик талашкан ичара күрөштөрү хандыкты начарлаткан, Ордодогу окуяларга алагды болгон кокондук төрөлөр кыргыз элинин боштондук кыймылын тез арада басып коё алмак эмес ж-а ага кудурети жеткен эмес. Айрым аймактарда бул жылдары кыргыздар кокондук чептерди кыйратууга аракет жасашкан. Бөтөнчө Ысыккөлдүк кыргыздардын кыймылы баскынчыларды кыйла кыйынчылыктарга, зор жоготууларга дуушар кылды. Көл кылаасындагы көтөрүлүш 1842-ж.башталып, ага көпчүлүк айылдардын калкы катышкан. Элдик кыймылды токтотуп коюуга чептерде жетиштүү сандагы сарбаздар жок эле. Каракол, Барскоон ж-а Коңурөлөң чептеринде 40–60тан гана сарбазы бар чакан кошуундар турган. Сарбаздар соода кербендерин кайтарчу ж-а зекет жыйноодо зекетчиге көмөк көрсөтүшчү. Алар кыргыздардын кысымына туруштук бере алышкан жок. 1843-ж. *Ормон хан* башкарган кыргыздар кокондук кошуундарды, зекетчилерди Ысыккөл өрөөнүнөн кууп чыгып, алардын чептерин талкалашкан. Натыйжада, Ысыккөл ойдуңунда Кокон хандыгынын үстөмдүгү жоюлуп, кыргыздар хан бийлигинен убактылуу кутулган.

**ЫСЫККӨЛДҮК КЫРГЫЗДАРДЫН КОКОН ХАНДЫГЫНА КАРШЫ КӨ-ТӨРҮЛҮШҮ** – Кокон хандыгынын бийлигине каршы Түндүк Кыргызстандагы кыймылдар. 1842-ж. бухаралык баскынчылар Кокон ордосун ээлеп, аларга каршы чыккан кыргыз-кыпчак феодал төбөлдөрү Шераалыны хан көтөрүп жаткан саясий оор кырдаалда Ысыккөлдү жердеген кыргыздар Каракол, Барскоон, Коңурөлөңдөгү кокондук чакан чептерди ээлеп, хандын төбөлдөрүн кууп жиберишкен. 50-жылдардын башында Ормон хандын демилгеси м-н Ысыккөлдөгү кыргыздар кайра көтөрүлүп, Кокон хандыгынын Көтмалдыдагы аскерлерин талкалап, ал жердеги чакан чепти кыйратышкан. Бирок Кокон хандыгынын аскерлери күч топтоп келип, Ысыккөл аймагын кайра каратып алышкан. 50-жылдардын башында Ысыккөл аймагын кайра картып алышкан. 50-жылдардын ортосунан Ысыккөл кыргыздары Кокон хандыгынан биротоло бөлүнүп, Россиянын букаралыгына өтө баштаган.

**ЫСЫККӨЛ ШЕРИНЕСИ**, Ы с ы к к ө л ф о р у м у – эл аралык эркин уюм. 1986-ж. октябрда Кыргыз эл жазуучусу, Кыргыз Респ-нын Баатыры Ч.Айтматовдун демилгеси м-н түзүлгөн. Форумга жер шарынын азыркы абалы ж-а келечеги ж-дөгү ой-толгоолорун ортого салууга ынтызарланган дүйнөгө таанымал чыгармачыл инсандар чогулган. Шериненин катышуучуларынын алгачкы жолугушуусу Чолпонатада өткөн. Анын президенти – Ч.Айтматов.

**ЫСХАКИЙЙА ТАРЫКАТЫ,** к. *Исхакийа тарикаты.*

**ЫШКИЙЙА ТАРИКАТЫ** – Теңиртоодогу сопулук агым. *Исхакийа тарикатынын* өкүлдөрүнө каршы күрөшкөн. Ы. Т-н кожо Махдум-и Аззамдын (1542-ж. өлгөн) уулу кожо Мухаммед Эмин (ылакап аты – Кожо Келең) негиздеген. Аскердик таяныч күч катары ал өзүнө «ак тоолук» кыргыздарды тарткан. «Ышкиййа» (ар. «ышк» – ашыктык, ышкы) сопулук диний ишенимде ак уруп, экстазга батуу м-н «кудайга» жакындагандыкты туюнткан. Ы. т-нын талапкерлерин «ак тоолуктар» же «ак такыялуулар» деп да аташкан.

**ЫШКЫН ТҮП –** ышкын өсүмдүгүнүн тамыры. Ал кеч күздө (ышкын бышкан кезде) казып алынып, кабыгы аарчылып, майда-майда кертилип, көлөкө жерге кургатылгандан кийин сокуга жанчуу жолу м-н Ы. т-төн боёк даярдалат. Ы. т. м-н жүн, ашатылган тери өзгөчөлөнгөн кочкул сары түскө боёлот.

**ЫШТЫК –** саба, көнөк, чанач ж. б., о. эле жаргак терилерди ыштоочу жай. Ал төмөнкүчө жасалат: жардын же аңдын түбүнөн горизонталь б-ча уз. 2–4 *м*дей ийри-буйру ийинче ж-а анын уландысынан тик өйдө жер бетине чыккандай тереңдиги 1,5–2*м*, диаметри 150 *см*ге жакын тегерек аңгек казылып, аңгектин ичине ача бакандар орнотулуп, ага ышталчу идиштер (саба, кө-нөчөк, көөкөр, чанач ж.б.) же тери илинет. Чуңкурдун четине шыргыйлар сайылып, баштары алачык сымал байланып, үстүнөн куурай, саман ж.б. м-н жыш жабылат. Ы-ка от алоолонуп күйүп кетпей, быкшып, коюу түтүн чыгарып күйүш үчүн отун (чөп, саман) сууга нымдалып ийинченин оозуна жагылат да, ыштоо процесси тынымсыз 15–20 күнгө созулат. Буюмдар Ы-тан алынып, 1–2 күн дымдалып, калыбы б-ча катырылгандан кийин күрөң сары түскө кирет. Ышталган буюмдар кой майы же каймак м-н майланып, күнгө жайылат. Ы-тын чоң нерсени ыштай турганы ж-а кол Ы. (бир тешиктүү ж-а кичине) деген түрлөрү бар.

# Э

**ЭЙЛАТАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ** – б. з. ч. 7–4-к-га таандык шаардын калдыгы. Нарын м-н Карадарыянын ортосунда жайгашкан. Э.ш.ч-нын атынан б. з. ч. 7–4-к-га таандык археол. маданият «Эйлатан маданияты» деп аталат. Өзгөчөлөнгөн керамика комплекси табылган. Андагы карапа идиштери керамикадан жасалып, кызыл боёк м-н боёлгон. Эйлатан маданиятына мүнөздүү эстеликтер Фергана өрөөнүнүн бардык жерлеринде кездешет. Көрүстөндөрдө чопо идиштер, билерик, шуру, мончок, шакек, төөнөгүч, бычак, скиф тибиндеги жаа огунун колодон жасалган учтары табылган.

**ЭКИСУУ АРАСЫ** – тарыхый топоним. Орто кылымдардагы араб, фарсы тилдериндеги адабияттарда – Миян-Рудан; түрк тилдеринде – «Экисуу арасы» аталышын берет. Аталыш Нарын м-н Карадарыя сууларынын аралыгындагы (азыркы Ноокен, Базаркоргон, Сузак, Өзгөн р-ндору) аймакка таандык болгон көптөгөн жер-суу, шаар, кыштактарды санап отурбай кыскартып, жалпылап гана «Э. а.» деп атап коюшкан.

**ЭКИСУУ АРАСЫ ЖҮРҮШҮ –** 1873–76-жылдардагы элдик кыймылды орус колонизаторлору тарабынан басуу мезгилиндеги эң кыргындуу жүрүштөрдүн бири. Нарын м-н Карадарыя аралыгындагы *Экисуу арасы деп* аталган чөлкөмдө болуп өткөн. Жү-рүштүн негизги максаты – «тынчы жок көч-мөндөрдү кыштоолордо олтурганда тыптыйпыл талкалоо» болуучу. Кышкүрөөдө ат-көлүк арып турган чакта көчмөндөр кыштоолорун, мал-мүлкүн таштап, тоолорго качып кетүүсү мүмкүн эмес эле. М. Д. *Скобелевдин* планы б-ча экспедиция 1875-жылдын 25-декабрынан 1876-жылдын 3-январына чейин аталган чөлкөмдөгү айыл-кыштактарды тыптыйпыл кылып олтуруп, Өзгөнгө чыгууга ж-а андан кийин Анжиян ш-н талкалоого тийиш болучу. Жүрүшкө катышкан орус аскерлеринин саны 2821 кишини түз-гөн. Аёосуз кырып-жоюу, өрттөө ж-а талап-тоноо м-н коштолгон бул жүрүш ашынган ырайымсыздыгы м-н белгилүү. Экспедиция-нын катышуучусу Н. Куропаткин бул жү-рүштү күндөлүгүндө мындай деп эскерет: «…биздин алдыбызда жолуккан айыл-кыштактардын баары өрттөлүүгө буйрук берилип, артыбыздан буралган түтүн гана калып олтурду. М. Д. Скобелев артын карап, жалпы көрүнүшкө ыраазы болуп жатты. …жем-чөп алабыз деген шылтоо менен солдаттар колго тийген нерсенин баарын – төшөк-төрдү, килемдерди, алакийиздерди, малды, аттарды, китептерди, жарактуу шаймандарды алып жатышты… Бир кенже офицер жана жоон топ солдат аялдарды зордуктап, балдарын мууздап жаткан жеринен кармалды…». М. Д. Скобелев өзүнүн кылган зулумдук иштери жөнүндө басма сөзгө жарыялабоону суранып, Марьин аттуу журналистке жазган катында: «…менин принцибим мындай: Азиядагы бейкутчулук ал жерде кырылган элдин кесилген башынын санына түздөн-түз байланыштуу. Сокку канчалык катуу болсо, душман ошончолук тынч болот…», – деп жазган. Мындай фактылар Түркстандын тургундарына карата жасалган пландуу геноциддик саясатты айгинелейт.

**ЭЛДЕРДИН УЛУУ КӨЧҮ** – Европа аймагында 4–7-к-да элдердин жер которуусу-нун шарттуу аталышы. Борб. Азияда жашаган хунндардын батышты көздөй 4-к-дын 70-жылдарында жылышы Э.у.к-нө түздөн-түз таасирин тийгизип, анын башталышына түрткү болгон. Көчмөн мамл-тердин пайда болуусу ж-а кыйрашы, ар түрдүү уруулар ж-а этностор ортосундагы салгылашуулар массалык көчүүлөрдүн келип чыгышын шарттаган. Э.у.к. Азия ж-а Европадагы тарыхый процесстерге таасирин тийгизип, ал аймактарда этностук өзгөрүүлөргө алып келген.

**ЭЛЕТИЙЙА,** Илатийа – көчмөн түрк элдеринин ж-а алардын аймагынын орто кылымдагы мусулман даректеринде аталышы.

**ЭЛЕЧЕК,** и л е к и, к а л я к (фарсы. и л а г а ч – канышанын баш кийими) – аялдардын баш кийими. Э. уз. 20–25 *м* ге жеткен жука ак кездемеден (стампул, даки) узунунан эки катталып, башка кийилген кеп такыянын сыртынан улам астыңкы катмарынын чети көрүнүп тургандай болуп, кабатталып оролот. Оромдун учтары илгич же төөнөгүч м-н бекитилип, үстүнөн 20–25 *см* бийиктикке ором тикесинен тегизделип, сол жак кабаттары тегерек оромдун ичин көздөй киргизилип, оң жак кабаты сол жагына тегиз жаткырылып, тартманын сыртына (кээде астына) бекитилет. Э-тин негизги бөлүктөрү: кеп такыя, сала коймо, ээк алмай, бүркөнчүк, тартма же кырчак, тумарча же бадал. Э-ти аялдар жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык ки-йишкен. Улгайгандардын элечеги жөнөкөй оролуп, сыртынан ак жоолук м-н жабылган. Келиндердин элечегине кыргак (өз ара туташтырылып, наар түшүрүлгөн күмүш алкак), шуру ж.б. азем коолдуктары түшү-рүлгөн. Э. оролушу, кооздолушу, кийилиши ж-а таралышы б-ча жергиликтүү өзгөчө-лүктөргө ээ.

**ЭЛИК**, и л е к, и л и к – Караханийлердин тушунда бийлик ээсине берилүүчү мансап наамы. «Элди башкаруучу өкүмдар» дегенди туюнткан.

**ЭЛЛИНИЗМ** – 1. Жер Ортолук деңиздин чыгышындагы өлкөлөрдүн тарыхында Александр Македондуктун жортуулдарынан (б. з. ч. 334–323-ж.) ал өлкөлөрдү Рим караткангa (б. з. ч. 30-ж. Египетти багынтканга ) чейинки мезгилдин шарттуу аталышы; 2. б. з.ч. 4-к-да жаралып, биздин эранын 6-к-нын ортосуна чейин жашаган рим маданияты.

**ЭЛТЕБЕР** – орто кылымдагы түрк элдеринин мансап наамы. Даражасы б-ча жабгудан төмөн туруп, чакан аймакты бийлеген.

**ЭЛТЕРИШ КАГАН**, И л т е р и с, И л т е р и ш, И ш б а р а, Э л т е р и с – Батыш Түрк кагандыгынын 634–639-ж. бийлеген каган. Э.к. мамлекетте админ. реформа жүргүзгөн. Реформа б-ча кагандык он аймакка

бөлүнүп, ар бир облусту башкарууга «шад» наамын алган төбөл коюлган. Шадга ок тапшырылгандыктан, кагандыктын калкы «он ок бодун» деп аталган.

**ЭЛ ТУГАН ТУТУК** – 9–10-к-дагы кыргыз элчиси. Бул маалымат Улуг-Кем суусунун куймасындагы (Енисейдин куймасы, Тува) Оок-Тарлак деген жерден табылган руна сымал жазуусу бар ташка жазылган (таштын өлчөмү 1,67х1,10 *см*). Эстеликте 60 жашка чыгып көз жумган Э.т.т. алты багка бек, Көк-Теңир колдогон кагандын ишенимдүү элчиси экендиги айтылат. Баг – енисейлик кыргыздардын аймактык башкаруу бирдигинин аталышы. Кыргыз кагандары айрым адамдарга мамл-тин алдында өтөгөн өзгөчө кызматы үчүн «элчи», «тутук», «тархан», «бага тархан» ж.б. наамдарды ыйгарышкан.

**ЭЛҮҮ БАШЫ** – түрк-моңгол кошуундарында элүү жоокердин башчысы.

**ЭЛЧИ** – бир мамлекеттин башка бир мамлекет м-н сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүчү ишенимдүү өкүлү.

**ЭМИР** – Чыгыштагы кээ бир мусулман өлкөлөрүндө өлкө башкаруучуларынын наамы (титулу).

**ЭН** – үй жандыгына салынуучу өзгөчө белги. Э. малдын кайсы урукка, топко же адамга тиешелүү экендигин көрсөткөн. Э. малдын кулактарына ар кандай түрдө салынган: оюк, тилик, жара тилик, кыйык. Э. тамга сыяктуу уруулук-уруктук мамилелерди, мүлк теңсиздигин айгинелеген көрүнүш болуп эсептелген.

**ЭНЧИ –** бирөөгө тиешелүү үлүш, менчигинде кала турган мал-мүлк, байлык. Ата-эне ар бир баласына мал-мүлкүнөн Э. бөлүштүрүп берген. Ал балдарынын өз алдынча чарба күтүп, турмуш куруп кетишине негиз болгон. Үйдүн эң кенже уулуна атасынын көзү өткөндөн кийин анын үй-мүлкү толугу м-н мурас катары калган. Э-лөө патриархалдык-уруулук мамилелер мезгилинде пайда болуп, алгач адатка, кийин шариатка негизделген.

**ЭҢГЕ ТӨРӨ**, И н г а т ө р ө, Б а й м у р а т ч е р и к – Моголстандагы улус башкаруучусу; Аксак Темирдин баскынчылык жортуулдарына каршы чыккан эмирлердин бири. Анын журту Жетисуудагы Каратал өрөөнүндө жайгашкан. 14-к-дын 80-ж-нын аягында Аксак Темирдин жортуулдарынан кийин Моголстандагы түрк-моңгол уруулары (булгачы, баарын, аркенут, меркит ж.б.) өз алдынча элдерге бөлүнө баштаган. Өл-көдөгү бийликтен ажыраган эмир Камар ад-Дин Аксак Темирге каршы Ак Ордонун башкаруучусу Токтомуш м-н союз түзүүгө аракет кылган. Ушундай кырдаалда Э. т. 1387-ж. 20 миң атчан аскер м-н Сайрам ж-а Ташкен аркылуу Аксак Темирдин Ферганадагы аскерлерине кол салган. Өзгөндөн Э. т.-гө Темирдин уулу Өмөр шейх каршы чыккан. Бир нече күн шаарды курчоого алып, Самаркандан Э. т-гө каршы күч келгенде Э. т. олжолорун ж-а туткундарды алып, Моголстанга кайтып кеткен. 1389-ж. Аксак Темир Токтомушка каршы жортуулга барууну ниеттенген. Бирок эмирлердин кеңеши м-н Токтомуштан мурда Э. т-нү кыйратуу ылайык деген бүтүмгө келген. 1390-ж. Темир 20 миң аскерин чыгышты көздөй жөнөткөн. Тарбагатай тоосунун батышындагы Кара-Гучур ж-а Кийас деген жерлерде Э. т. Аксак Темирдин ж-а анын уулу Өмөр шейхтин аскери м-н беттешкен, Э. т. бул беттешүүдө жеңилип, аскерлеринин калган бөлүктөрү м-н чегинген. Темирдин аскерлери алардын артынан түшүп, Кубак деген жерде Э. т-гө катуу сокку уруп, вилайетти талап-тоношкон. Итичпестин Алакөлүндөгү салгылашуудан кийин Темирдин күчтөрү Э. т-нү ж-а Камар-ад-Динди Иртышка чейин кууп барып талкалашкан. Сайф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат-Таварих» («Тарыхтар жыйнагы») аттуу кол жазмасында Э. т. Баймурат чериктин ж-а кыргыздардын санжырасы берилген. Алардын түпкү атасы катары Аналхак (Шейх Мажур ал-Халаж) көргөзүлгөн. Келтирилген маалыматтар Э. т-нүн кыргыздар м-н байланышы болгондугун ырастайт. К. И. Петров Э. т-нүн улусунун карамагына кыргыздын оң канат уруулары, а.и. чериктердин киргендиги тууралуу ойду айткан.

**ЭПИГРАФИКА** ( гр. epigraphe – жазуу) – таштарга, аска беттерине, металлдан, чоподон, сөөктөн, айнектен ж.б. жасалган буюмдарга чийилген байыркы ж-а орто кылымдардагы жазмаларды изилдеген тарых. ил-нин жардамчы тармагы. Илим катары 19-к-да калыптанган. Кыргызстандын аймагы адам тарыхынын өнүгүү процесстери өткөн жер катары түрдүү Э-лык эстеликтерге бай. Ар мезгилдерге таандык байыркы түрктөрдүн, согдулардын, уйгурлардын, несториандардын, арабдардын, тибеттердин (буддалык) жазуу эстеликтери табылган.

**ЭПИТАФИЯ** – (грек. epitaphios – мүрзө жазуусу) – бейитке коюлган эстелик-таштардын бетине көп учурда ыр түрүндө жазылган жазуулар. Кыргызстанда орто кылымдардан баштап түрк тилдүү калктардын, Э-лары тарай баштаган. Талас жергесине таандык байыркы түрк руна сымал жазмаларындагы Э-лар 19-к-дан белгилүү. 1998–2002-ж. Кочкор р-нуна караштуу Көксай, Бөйрөкбулак, Көкбука жергелеринен байыркы түрк калктарынын 18 руна жазуулары табылып, айрымдары Э. экендиги аныкталган. Мүрзө таштарында адатта маркумдун аты-жөнү, уруусу, тирүү кезиндеги кызматы, турмушундагы беделдүү окуялары, жоокерчиликтеги эрдиги, маркумдун үй-бүлөсүнүн кайгысы, ай-жылдары жазылган. Түркий калктарынын Э-лык эстеликтери «Байыркы түрк калктарынын мүрзө поэзиясы» деп да аталат. Э-нын мындай түрлөрү Енисейде, Моңголияда кеңири учурайт. Кыргызстандагы христиан-несториан Э-да маркумдун өлгөн жылы, аты-жөнү тууралуу маалыматтарды камтыйт (12–14-к.). Жылдар түрк-төргө мүнөздүү 12-жылдык циклге (мүчөл) ж-а христиандардын жыл эсебине ылайык берилген. Э-лык жазмалар сирия, сиро-түрк тилдеринде жазылган. Несториан Э-нын саны болжол м-н 700 чамасында келип, көбүнчө Чүй жергесинен учурайт. Ислам дини тарагандан баштап араб графикасы, араб тилинде жазылган Э-лар учурай баштаган. Эң алгачкы Э. Буранадан табылган (1161–62-ж. таандык). Айрым Э-лар күм-бөздөрдүн ички бетинен кездешет.

**ЭРА** (лат. aera – башталыш сан) – жыл сүрүү системасынын башталыш учуру, о. эле жыл сүрүүнүн өз системасы. Мис., христиан Э-сы же жаңы Э. (биздин Э.): жыл санак эсеби б-ча христиан мифологиясында жалпыга маалым Иисус Христостун туулган күнүнөн башталат. Мусулман Э-сы хижрадан; жыл сүрүүсү Мухаммеддин Мекеден көчүшүнөн башталат.

**ЭРАЛИЕВ** Закирбек (1941-ж.т., Ош облусу, Лейлек р-ну, Булакбашы айылы) – тарых ил-нин доктору (1991), проф. (1992). 1963-ж. КМУну бүтүргөн. 1963-жылдан мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, Ош пед. ин-тунда окутуучу. 1969-жылдан КМУда улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы, тарых, чыгыштаануу факультеттеринин деканы, 2001-жылдан КМУУнун Социалдык илимдер ин-тунун директору. Эмгектери негизинен Борб. Азия элдеринин тарыхын изилдөөгө багытталган. 200дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 10 монография, 20 окуу китептеринин ж-а окуу-усулдук куралдардын автору. Кыргыз Респ-нын билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери (1998).

**ЭРДЕНЕ БИЙ**, И р д а н а  б и й,  А б д у л  К а ю м – 1750–69-ж. Кокон мамл-нин башкаруучусу. Э. б-дин мезгилинде, Кокон кубаттуу мамлекетке айланган. 1740-ж. пайда болгон кокон-кыргыз согуштук өнөктөш-түгүн Э. б. м-н түштүк кыргыздарынын башкаруучусу кушчу *Кубат бий* улантышып, анын натыйжасында Фергана чөлкөмүнө калмак баскынчылары кире алган эмес. 1855-ж. Кубат бий Цин империясына каршы боштондук кыймыл жүргүзүп жаткан Жусуп Кожонун чакырыгы б-ча Чыгыш Түркстанга кеткенден кийин, 1758-ж. Э. б. адыгине уруусунун бийи Ажы м-н өнөктөштүк түз-гөн. Аталган өнөктөштүктүн татаал саясий кырдаалда чоң пайдасы тийген. 1759-ж. кытай жазалоочулары Кашкардагы көтөрү-лүшчүлөрдү куугунтуктап, Фергананын чыгыш тоо этектерине чейин кирип келишкенде, кыргыздардын ж-а кокондуктардын биргелешкен күчү 9 миң жазалоочунун 7 миңин кырып таштаган ж-а ошону м-н Цин империясынын Орто Азияга карата согуштук экс-пансиясы биротоло токтолгон. Кийин кыргыздар м-н шериктештикти бузуп, Э. б. кыргыз жерлерин басып ала баштаган. Адыгине уруусунун төбөлдөрү Чыгыш Түркстан м-н соода жүргүзгөн кокондун кербенин тоноду деген шылтоо м-н кыргыздардын карамагындагы Ош ж-а Өзгөн ш-н басып алууну чечкен. 1762-ж. кокондун аскерлери өзгөн кыргыздарына капыстан кол салышкан. Ажы бий жетектеген кол Өзгөндү кармап кала албай чегинген. Андан кийин кокондуктар Ошту алышкан. Кыргыз аскерлери тоого сүрүлүп ташталган. 1764-ж. жазында Э. б. Кожентти басып алууга аракеттене башта-ган. Ажы бий Кокон аскеринин Чыгыш Ферганадан чыгып кеткенинен пайдаланып, Ошко кирген. Коркуп кеткен Э. б. Кожентти башкаруучусу Фазыл бек м-н тез аранын ичинде тынчтык келишимге келип, негизги күчүн Ошко кайтарууга аргасыз болгон. Кокон аскери кыргыздарга катуу сокку урган. Ажы бий туткунга түшкөн. Бирок көп өтпөй Э. б. Ош ш-н ж-а анын айланасын башкара албай калган. Анын мураскору *Нарбото бий* 1780-ж. түштүк кыргыздарынын бардык жерлерин каратып алууга жетишкен.

**ЭРЕН УЛУГ** – Тибет мамлекетине  барган (8-к.) кыргыз элчиси. Бул маалымат Алтын-Көлдөгү (Хакасия) кыргыздарга таандык таш бетиндеги руна сымал жазма эстеликте (Алтын-Көл II) чагылдырылган. Эстелик кыргыз каганынан Тибетке элчилик сапар м-н барып, белгисиз себептер м-н  Ата журтуна кайтпай калган Э.У-га  арналып тургузулган (эстеликтин өлчөмү 1,98 x 46 *см*, калыңдыгы 18 *см*). Э.У. кыргыздын «болчар» (булсар) уруусунан чыккан. Тибетке элчилик сапар м-н баруунун алдында 38 жашта болгон. Көзү тирүү мезгилинде өзгөчө эрдиги үчүн Ынанчу алп титулуна, о. эле элчилик даражасына ээ болгондугу айтылат.

**ЭРКЕБАЕВ** Абдыганы Эркебаевич (1953-ж.т., Ош облусу, Чоңалай р-ну, Каратейит айылы) – коомдук саясий ишмер. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы (2000-жылдан). Филология ил-нин доктору (1992), Кыргыз Респ-нын УИАнын академиги (1993). КМУну бүтүргөндөн (1975) кийин Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунда окутуучу, улук окутуучусу, Кыргыз Респ-нын ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун директору, Басма сөз ж-а маалымат министри, Кыргыз Респ-нын вице-премьер министри, Ош облусунун мамл. админ. башчысы. Кыргыз адабияты, искусствосу ж-а саясат таануу тармагы б-ча адис. 150дөн ашык ил. эмгеги, 8 китеби жарык көргөн. Эмгектери кыргыз прозасы м-н поэзиясынын маселелерине, адабияттын сөз боло элек жактарына, саясий өнүгүшкө арналган.

**ЭРКЕЧТАМ** – Алайдагы (Ош уезди) чегарачылар турган чеп. 1885-ж. Кызылсуунун боюна курулган. Э. Чыгыш Түркстандан Ферганага кеткен жолдо жайгашкандыктан, Кербендерди текшерүүчү бажыкана катары да милдет аткарган. 1886-жылдан Алай болушунун ордосу болгон.

**«ЭРКИН-ТОО»** – кыргыз тилинде чыккан алгачкы гезит. 1924-ж. 7-ноябрда араб жазмасы м-н Ташкенде чыга баштаган. Жетинчи санынан тартып Бишкекте басылган. Совет бийлигин чыңдоодо, элдин саясий-маданий деңгээлин көтөрүүдө чоң роль ойногон. Гезиттин редактору Алиев О., секретары Карачев С. болушкан. 1927–56-ж. «Кызыл Кыргызстан», 1956-ж-дан «Советтик Кыргызстан» деген ат м-н чыккан. 1991-жылдан «Эркин-Тоо» деп аталып, өкмөттүн органы катары кызмат кылууда.

**«ЭР ТАБЫЛДЫ»** – көп варианттуу, эл ара-сында кеңири таралган баатырдык эпос. А. Тыныбеков, Ы. Дыйканбай уулу, Ж. Жамгырчиевдин варианттары белгилүү. Чыгарма Орто Азия ж-а Казакстанга калмак кандары жортуул жасаган 15–18-к-дагы тарыхый окуяларга негизделген. Бирок кийинки кылымдар дагы чыгармага өз белгилерин калтырган. Эгерде *«Манас», «Курманбек»* эпосторунда согуш уланып, кек алуу маселеси көтөрүлсө, «Э. Т-да» окуя эки элдин кыз алышып, кыз беришип туугандашуусу м-н аяктайт. Эпостун

башкы каарманы – Табылды, ал аркылуу элдик баатырдын образы түзүлгөн. Чыгарма элдин көзкарандысыздык, эркиндик идеясын даңазалайт.

**«ЭР ТӨШТҮК»** – эң байыркы, ар кыл жанр-луу, көп варианттуу эпос. Эпос кыргыз элинен башка түмөндүк татарларда, казактарда жолугат. Ж. Жамгырчы уулу, Ы. Шамен уулу, Ж. Казакбай уулунун варианттарында жөө жомок түрүндө, В. В. Радлов жазып алган ж-а С.Каралаевдин варианттарында баатырдык архаикалык эпос. В. В. Радлов «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү» эмгегинин 4-томуна Батыш Сибирдик татарлардын «Йир Тошлик» жөө жомогун, 5-томуна кыргыздын баатырдык архаикалык эпосун жарыялаган. С. Каралаевдин варианты 16559 ыр сабынан туруп, жалпы эле түрк элдеринин эпосторунан көлөмдүүсү болуп саналат. «Э. Т» фольклордук чыгарманын классикалык үлгүсү катары орус, француз тилдерине которулуп жарыяланган. Чыгарманын эң байыркы экенин анын мазмунунда кездешкен байыркы адамдардын мифтик түшүнүктөрү ырастайт. Жер алдындагы дүйнө ж-дө түшүнүк баатырдык эпостордон «Э.Т-тө» гана кездешет. «Манас» эпосуна Төштүктүн катышканы, «Кө-көтөйдүн ашы» кездешкен бардык варианттарда анын ысмы эскертилгени – эпостун бир кезде эл ичинде кеңири белгилүү болгонун далилдейт.

**ЭРШИ** – б. з. ч. 5-к. – б. з. 4-к-да Фергана аймагында өкүм сүргөн Дабан мамл-нин борбору. Араван суусунун боюндагы Мархамат шаар чалдыбары Э-нин калдыгы деп божомолдонот. Кытай жазма даректери б-ча Э. экон. жактан өнүккөн шаар болгон. Элдери мыкты жылкыларды таптаган, жүзүм-дүн, анардын ж-а беденин түрлөрүн өстү-рүшкөн. Б. з. ч. 2-к-да Кушан империясынын ж-а Хунн державасынын аскерлери Э-ге бир нече жолу кол салган, бирок шаар өз көзкарандысыздыгын сактап калган. Б. з. 4-к-нда түрктөр бийлеген кагандыктын курамына кирген.

**ЭСЕНАМАН** Жалгаш уулу, айрым маа-лыматтар б-ча Жапак уулу (1833, Талас өрөөнү, Кызылкоргон өндүрү – 1913, ошол эле жер) – төкмө акын, айтыш өнөрүнүн ири өкүлү. Кичинесинде жетим калып, ар кимге жалчы жүргөн. Ырчылык шыгы жаш кезинде эле ойгонгон. Бала кезинде Чүй өрөөнүндөгү Жаңгарач м-н Байтиктин айылында ырдап көпкө жүргөн. Ал кыргыз ырчыларынын чыгармачылыгына мүнөздүү өнөрдүн көп түрүн билген: төгүп ырдаган, комуз чертип, ырларына обон чыгарган, элдик көп ырларды чебер аткарган. Э-дын акындар м-н беттешкени тууралуу айтылат, бирок бизге анын Чоңду, Жеңижок м-н айтышы гана жетти. Ушу эки айтыштан эле анын ой жүгүртүүсү, баамдоо, байкоо мүмкүнчүлүгүнүн күчтүүлүгү, сөз кудуретинин бийиктиги айкын көрүнөт. Э. м-н *Жеңи-жоктун* айтышы калк арасында, ырчылар чөйрөсүндө эң күчтүү чыгарма катары бааланат. Санат ж-а ар кандай мазмундагы ырларды да көп жаратканы ж-дө эл арасында айтылат, бирок ырларынын дээрлик бардыгы бизге жетпей, «Аккан суу» деген чыгармасынан гана үзүндү сакталган. Ал «Манас, «Семетей», «Кожожаш», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжанды» чебер аткаруучу катары элге таанылган.

**ЭСЕНАМАНОВ** Эркинбек (1904–1938) – советтик ж-а партиялык ишмер. 1920-ж. биринчи даражадагы Советтик эмгек мектебинде, 1925-жылга чейин Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетинде окуган. 1930-ж. апрелден 1931-ж. январга че-йин Кыргыз АССРнин Орто Азиядагы туруктуу өкүлү катары Ташкен ш-да иште-ген. Москвадагы Кызыл профессуранын агрардык институтунда окуп, 1933-ж. Кемин р-нуна машина трактор станциясынын саясий бөлүмүнүн башчысы катары жиберилген. 1934-ж. июндан 1937-ж. 8-сентябрга чейин Кыргыз АССРинин жер б-ча эл комиссары болуп иштеген. Ушул эле сентябрь айында камакка алынып, 1938-ж. 5-ноябрда өлүм жазасына өкүм кылынган. 1957-ж. акталган.

**ЭСЕН-БУКА** (1418–1462) – (1434–1462-ж.) Моголстанды бийлеген хан. Вайс хандын экинчи уулу, Юнус хандын агасы. 1434-ж. Моголстандын тактысына отурган. Жаш Э.-Б. уруулаштар арасында кадыр-баркка жетише элек болгондуктан, айрым эмирлер өз алдынча башкарып турушкан. 15-к-дын 40-ж-нын башында Э.-Б. Моголстанда өз бийлигин калыбына келтирүүгө жетишет. Анын тушунда Дашт-и Кыпчактан өзбек-казак ханы Абулхайр ханга таарынган. Керей ж-а Жаныбек баштаган казактардын тобуна Жетисууга ж-а Чүй өрөөнүндө жайгашууга уруксат берген.

**ЭСЕНГУЛ БААТЫР**, Эсенгул Болот уулу (болжолу 1730–35-жылдар аралыгы–1810, азыркы Токмок ш.) – 18-к-дын 2-жарымында түндүк (негизинен оң канат) кыргыз урууларынын башында турган манап. Кыргыз фольклорунда ал ж-дө көптөгөн уламыш окуялар айтылып калган. Алардын биринде атасы Болот бийге энеси Таалакени *Санчы сынчы* сынап алып берип, ал айткан «Бош койкоң» баатыр Эсенгул болгон делет. Аны бешикте кезинде журтка унутуп кетишип, аман табылгандыгы үчүн атасы ысымын Э. коёт. Э-дун чоң атасы *Мааматкул бий* 18-к-дын ортосунда Түндүк Кыргызстан аймагын калмактардан бошоткон кыргыз урууларынын башында турган. Э. калмактар м-н болгон бул согушка жаш кезинде катышкан. Уламышта ал 16 жашында биринчи жолу жекеге чыгып, жеңишке жетишкен делет. 18-к-дын 2-жарымынан Түштүк Жетисуу аймагынан Жуңгар калмактарын сүрүп чыгарышкан казак-кыргыздардын ортосунда жайыт талашуу чатагы ырбайт. 1771-ж. Орто Жүз казактарынын султаны Көкжал Барак (Сан Барак) кыргыздарга жортуул жасайт. Ал Чүйгө келип, Шамшы аркылуу Кочкорго түшкөн. Э.б. жетектеген кыргыз аскери Барактын 17 миңге жеткен колун Кочкоратага жакын жерде талкалап, султанды өлтүрүшкөн. Бул салгылашка Э.б-дын аталаш агасы Черикчи Темир уулу да катышып, Э.б-га жардам берген. Э.б. кыргыздардын чегара жерлерин казактардан сактоо максатында, саяктын катаган уругун башкарган кан *Садырды* Кетментөбөдөн Таластын оозуна көчүрүп келген. Улуу Жүз казактарынан жылкы тийип алып турушкан кыргыздардын саяк ж-а солто урууларын

жазалоо максатында *Абылай хан* 1779–80-ж. кыргызга жортуулга чыккан. Ал Чүй суусунун аягындагы Түйүшкөн деген жерде солто уруусунун талкан уругунун ж-а таластык колпоч уругунун колун талкалап, талкандардын башкаруучусу Жайылды балдары м-н чогуу өлтүргөн. Таластын башы Сарыбелдеги саяктарды да чапкан, Садырды баласы Доскулу м-н экөөнү колго түшүрүп өлтүрткөн. Абылай ханга кыргыздардын каршы күрөшүн Э.б. жетектеп, аны м-н тынчтыкка келишүү үчүн сүйлөшүүгө солто Жамансарт уулу Түлөбердини элчиликке жиберген. 1785–86-ж. казак султаны Бердикожо кыргызга кол салганда Э.б. баштаган кыргыз аскери Бердикожонун колун талкалап, өзүн өлтүрүшкөн. 1786-ж. казак султаны Канкожо м-н кыргыз башкаруучулары Э.б. Атакенин ортосунда жарашуу ж-дө сүйлөшүүлөр болуп, казак-кыргыз арасы тынчыган. Э.б. алп денелүү адам болгон, согушта көп баатырдык көргөзгөн. Эл ичинде «чоңдугу Эсенгулдай» деген ылакап сөз тараган, «казык моюн Эсенгул» деп да аташкан. 1786-жылдан кийин Эсенгул тууганы *Атаке баатыр* м-н чатакташып кетет. Атаке Э.б-га таарынып, Ысык-көлгө көчүп кеткен. Э.б. Кокон мамл. м-н да мамиле түзүп турган. Ал 1791-ж. уулу Кубат м-н жантай уругунан Асанды Кокондун башкаруучусу Нарбото бийге элчиликке жөнөтүп, ага 18 күлүк ат тартуу берген. Э.б-дын 9 аялынан 20 эркек уулу болгон.

**ЭСЕПЧИ –** аба-ырайындагы өзгөрүүлөрдү алдын ала айткан адам. Жан-жаныбарлардын жүрүм-турумун, жаратылыш кубулуштарынын өзгөрүшүн салыштырууда топтогон билимине, байкоолоруна таянып, жакынкы ж-а узак убакыт ичинде аба ырайы кандай болорун айта алышкан. Э. кыргыздын жыл эсебиндеги айбанаттардын аттарын пайдаланып, аба ырайын тигил же бул жаныбардын кулк-мүнөзүнө, кыялына түздөн-түз байланыштырган. Асмандагы жылдыздардын бири-бирине карата жайгашуусуна ж-а шамалдын, булуттардын жүрүшүнө, ылдамдыгына, канаттуулардын учушуна, малдын, жапайы айбанаттардын, жөргөмүш, чымын-чиркейлердин ж. б. жаныбарлардын жүрүм-турумуна жараша аба ырайынын жакынкы мезгилдеги өзгөчө-лүктөрүн аныктаган. Мис., шамал багытын кескин өзгөртсө, жаан жаайт; күн катуу ысып кетсе, артынан сөзсүз жаан-чачын келип, күн салкындайт. Жөргөмүштүн кыймыл аракетинен да аба ырайы алдын ала айтылган. Мис., жөргөмүш желесин түз тартса күн ачык, жылуу болот, чиркейлер тобу м-н учушса күн жылуу болот, көпөлөк-төр жаан, шамал башталарда учушпайт ж. б. Түтүн асманга көтөрүлбөстөн, жердин үстүнө жайылса аба ырайы өзгөрүлөт; жа-йында же кышында булуттар батыштан чыгышты көздөй тездик м-н көчсө жаз жамгырлуу, кыш бороондуу болот деп аныкташ-кан. Э-лердин аба-ырайын алдын ала айтуу ыкмасы өтө көп болгон. Алар элдин арасында кадыр-барктуу болуп элди, мал-жанды ар түрдүү табият кырсыктарынан сактоого жардам беришкен. Албетте, алардын айткандарынын баары эле туура келген эмес. Бирок турмуштук тажрыйбанын, баамчылдыктын таасири м-н топтолгон билими аркылуу ошол мезгилдин талабына жооп бере алган билгич болушкан. Калча, Атай, Айты, Сүтү-ке, Айбаш, Манаке ж. б. Э-лердин ысымдары белгилүү.

**ЭТНОГЕНЕЗ** (гр. ethnos – уруу, эл ж-а genesis – келип чыгышы, пайда болушу) – уруктардын, уруулардын, элдердин келип чыгышын изилдөөчү илим. Э. кайсы бир уруктун, уруунун же элдин пайда болуусунун баштапкы этаптарын иликтөө м-н бирге, Э-дин этногр-лык лингвистикалык ж-а антропологиялык өзгөчөлүктөрүнүн андан ары калыптануусун да камтып изилдейт.

**ЭТНОГЕОГРАФИЯ** – этнографиянын ж-а географиянын бир бөлүгү. Тиги же бул эт-ностук бирикменин (уруктун, уруунун, элдин, улуттун) азыркы же өткөн мезгилдеги жайгашуусун, айрым өлкөлөр м-н аймактардын этностук чегараларын тактоону, элдин өсү-шүн ж-а санын изилдейт. Э-га этностук картография ж-а этностук демография кирет.

**ЭТНОГРАФИЯ** (гр. ethnos – уруу, эл ж-а grafo – жазуу, жазып чыгуу), элди изилдөө – этностук бирикмелердин турмуш-тиричилик ж-а маданий өзгөчөлүктөрүн, элдердин келип чыгуу (*этногенез*), аймактарга жайгашуу (*этногеография*) ж-а өз ара маданий-тарыхый байланыштарын изилдөөчү илим. Э. өз алдынча тарыхый илим катары 19-к-дын ортосунда эволюциялык мектептин пайда болушу, Л. Г. Моргандын изилдөөлө-рүнүн, Ф. Энгельстин алгачкы жамааттык түзүлүшү ж-дө эмгегинин жарык көрүшү м-н калыптанган. Э-нын өнүгүүсүнө бир канча мектептер (эволюционизм, диффу-зионизм, функционализм, структурализм, маданий релятивизм ж.б.) өз таасирлерин тийгизген. Россиядагы Э-нын өнүгүшүнө Н. Н. Миклухо-Маклай, М. М. Ковалёвский, Д. Н. Анучин ж.б. зор салым кошушкан. Кыргыз Э-сы тарых илиминин ичиндеги эң жаш тармак. Алгачкы этногр. баяндамалар 19-к-дын 2-жарымынан орус саякатчылары, географтары, миссионерлери тарабынан топтоло баштаса да, 20-к-дын ортосунан тартып өзүнчө илимий тармакка айланган. Аны өнүктүрүүдө С. М. Абрамзондун, К. И. Антипинанын, Т. Ж. Баялиеванын, Б. Алымбаеванын, И. Б. Молдобаевдин, Э. Сулаймановдун, А. Ф. Бурковскийдин, А. Жумагуловдун, Б. Акмолдоеванын, К. Малтаевдин, А. З. Жапаровдун ж. б-дын эмгектери зор.

**ЭТНОЛОГИЯ** (гр. ethnos – уруу, эл; logos – сөз, илим) – антропогенез, этногенез про-цесстерин, көп кырдүү маданияттын тарыхый этностук формаларын, маданияттын өнүгүүсүндөгү этностук факторлорду, этнос-тун өзүн-өзү таануу өзгөчөлүктөрүн, этнос аралык коммуникациялардын формаларын, ыктарын, эл аралык конфликттердин чыгышынын себептерин ж-а аларды чечүүнүн жолдорун изилдөөчү илим. Э. илим катары 19-к-дын 1-жарымынан тартып пайда болгон. Э. Германияда Volkerkunde (Европада жашабаган элдерди ж-а алардын маданиятын үйрөнүү), Volkskunde (немис тилинде сүйлөгөн элдерди үйрөнүү); англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдө социалдык антропология, маданий антропология; Францияда Э. деп аталган.

**ЭТНОПСИХОЛОГИЯ** – социалдык психологиянын ж-а этнологиянын бир тармагы. Улуттар, расалар ж. б. этностук биримдиктердин салттуу психикалык өзгөчөлүктөрүн ж-а азыркы мезгилдеги айырмачылыктарын изилдейт.

**ЭТНОСОЦИОЛОГИЯ** – коомдун социалдык түзүлүшүн ж-а анда жашаган элдердеги социалдык өзгөрүүлөрдү, миграцияны, со-циалдык дифференциацияга дуушар болгон ички үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөчө-лүктөрүн, ар түрдүү социалдык топтордо тилди пайдалануу тенденцияларын, айылдыктардын ж-а шаардыктардын салттуу ж-а азыркы маданиятка болгон карым-катышын, маданияттын бири-бирине тийгизген таасирин, этностук аң-сезимди, этнос аралык мамилелерди үйрөтүүчү илим. Россияда Э. өз алдынча илим катары 20-к-дын 60-ж-дарынан тартып өнүгө баштаган. Орус окумуштуулары Ю. В. Арутюнян, Л. М. Дробижева, В. С. Кондратьев, А. А. Сусоколов, О.И. Шкаратан, И.С. Кон ж. б-лар Э-нын өнүгүшүнө белсемдүү салым кошушкан. 20-к-дын 80-ж-нан Кыргызстанда алгачкы Э-лык ил. чыг. пайда боло баштайт. Анын өнүгүүсүнө А. А. Асанканов, Г. Б. Исаева, А. Р. Жоошбекова, Б. К. Бектурганова, И. М. Акылбаева ж. б. салымдарын кошууда.

**ЭФТАЛИТТЕР**, х и о н и т т е р, а к г у н н д а р –5–6-к-дагы Орто Азия, Ооганстан, Түндүк-Батыш Индия ж-а Чыгыш Түркстандагы уруулардын шарттуу бирикмеси. Э-дин теги Чыгыш Иран урууларынан деп эсептешет, бирок алардын арасында башка этностук бирикмелер болушу мүмкүн. Бир катар изилдөөчүлөр Э-дин негизги аймагы катары Тохарстанды ж-а Чыгыш Ооганстанды эсептешет. Э. бирикмесин шаар маданиятынын таасирине кабылган жоокер уруулар түзгөн. Э. 5-к-дын башынан сасанилерге каршы күрөшүп, аларды салык төлөөгө мажбурлашкан. 460-ж. Түндүк Индиянын батыш бөлүгүн басып алууга аракеттенишкен. Э. бирикмеси 6-к-да инди, сасани, түрк урууларынын соккусу астында кыйраган. Тохарлар б. з. ч. 2-к.–1-миң жылдында Орто Азияда, Бактрияда жашаган эл. Бул аймак алардын атынан Тохарстан деп аталган. Т. грек, араб жазма булактарында тохар, инди даректеринде тукхара, кытай жылнамааларында – ту-ху-ло, тибет жазмаларында – тхогар деп аталат. Т-дын теги инди-европалык элдер м-н байланыштуу. Тохарлар чыгыш иран тилинде сүйлөшкөн. Грек алфавитине негизделген жазуусу болгон. Орто Азияга б. з. ч. 140-ж. келишип, айрым чыгыш иран уруулары м-н бирдикте б. з. ч. 130-ж. Грек-Бактрия падышалыгын кыйратышкан. Б. з. ч. 128-ж. Парфияга басып киришкен. Бактрияда б. з. ч. 2–1-к-да Т-дын беш уруусу жашаган. Болжолу б. з. ч. 1-к-дын аягы – б. з. 1-к-нын башында жогорку уруулардын бири кушандардын жол башчылыгы астында Кушан падышалыгын түзүшкөн. Ушул мезгилден Т-ды кушандар деп аташат. Айрым окумуштуулар Т-ды Орто Азиянын түндүк-чыгышынан Бактрияга келишкен жергиликтүү калк деп да божомолдошот. Себеби, алар Орто Азияга келгенден кийин иран тилине өтүшкөн. Дагы бир ой-пикир б-ча Т. ж-а юэчжилер массагеттердин бир бутагы болгон.

**ЭШЕН** – 19–20-к. Орто Азия аймагындагы сопулардын ашынган реакциячыл тарыкаттарынын башчысы.

**ЭШМАМБЕТ** Б а й с е и т у у л у (1870, азыркы Токтогул р-ну, Кыркказык кыштагы – 1926, Талас, Чечекти жайлоосу) – кыргыздын төкмө ырчысы. Токтогулдун эң жакын шакирти. Кедейдин уулу. Он беш жашынан ырдай баштаган. Ырларын комуз м-н коштоп аткарган. 1885-ж. оор турмуштун айынан Кетментөбөгө барып, ал жерде көп жыл турган. Э-тин ырчылык чеберчилигинин жетилишине Токтогул көп таасир берген. Токтогул Сибирге айдалганга чейин да, сүргүндөн келгенден кийин да Э. улуу акын м-н бир жүрүп, ырчылык өнөрүн өркүндөт-көн, таалим-тарбия алган. Токтогул экөөнүн бийлөөчү тапты, кожо-молдолорду ашкерелеген «Токтогул м-н Эшмамбеттин эшен-калпаларга карата ырдаганы», «Папы калпа», «Ак туяк» ж. б. алым сабак ырлары белгилүү. Э-тин өзүнүн да айрым дин өкүл-дөрүнүн терс жоруктарын ашкерелеген сатиралык чыгармалары калган. Э. айтыш өнө-рүнүн устаты болгон. Анын Жеңижок, Жаңыбай, Курман, Найманбай, Алтынай, Нурмолдо, Чоңду, Барпы, Калык ж. б. м-н ар түрдүү тематикадагы, ар кыл мазмундагы айтыштары бар. Табият көркүнө, дыйкандарга, жаштарга арналган оригиналдуу чыгармалардын да автору. Э-тин санат, терме ырларын замандаштары айрыкча жогору баалашкан. Э. «Жаныш-Байыш», «Кедейкан», «Саринжи-Бөкөй» эпосторун да айткан.

**ЭЭ** – кыргыздардын салттуу түшүнүгүндө ыйык жайлардын, жерлердин ж-а жан-жаныбарлардын колдоочусу. Ишеним б-ча айрым бир жайларга, жерлерге, жаныбарларга тие-шелүү колдоочу өкүм сүрүп, ал ошол жердин, жаныбардын ээси катары эсептелген. Мис., булактын ээси, мазардын ээси, жаандын ээси, күндүн ээси, ашуунун ээси ж. б., аларды ыйык тутушуп, сыйынышкан ж-а курмандык чалышкан. Ыйык жерлерге же бейиттерге бакан сайып, ага түрдүү түстөгү чүпүрөктөрдү байлашкан. Кырсык баскан учурда, аял көпкө чейин төрөбөсө, балдар токтобосо ж. б. кырдаалдарда касиетүү ээси бар деп эсептелген жерлерге түнөп, курмандык чалышып сыйынышкан, ээсинен ырa-ыймдуулук сурап жалынышкан. Кыргыздардын жер-суу аттарында «ата» деген сөз уланып айтылганы ушул ишенимге түздөн-түз байланыштуу. Мис., Кочкората, Ысыката, Чолпоната, Камбарата ж. б. Алар адамдарга тирүү жан катары көрүнгөн. Мис., булактын ээси ак тайлак, канаттуу жылан, ала бугу ж. б. Айрым аймактарда курмандыкка союлган малдын этин жешкенден кийин сөөктөрдү бир жерге топтоп, айлана-тегеректеги таштарга май жалаткан. Ушундай жол м-н колдоочуну тамактандырып жаткандай болушкан. Көпчүлүк учурларда адамдын өлүмүн кабарлаганда ээси алды, ээсине бердик деп да айтышат.

# Ю

**Ю,** Ю - г е н – шаар, байыркы Дабан мамл-нин ордо шаарларынын бири. Жергилик-түү калк өз шаарын эмне деп атаганы белгисиз. Кытай жылнаамаларына караганда, ал мамл-тин чыгыш тарабынан орун алган. Окумуштуулар Өзгөн ш-нан 10 *км* алыстыктагы Жазы суусунун оң өйүзүндөгү Шоробашат шаар калдыгы м-н окшоштурушат.

**ЮДАХИН** Константин Кузьмич (1889, Россия, Орск ш. – 1975) – түрколог, лексикограф. 1910-ж. Ташкендеги Түркстан мугалимдер семинариясын, 1925-ж. Түркстан Чыгыш ин-тунун түрк ж-а иран филологиясы факультетин бүтүргөн. Ленинград м-н Москванын ил. ж-а жогорку билим берүү мекемелеринде иштеп жүрүп, Кыргызстанга чакырылган. Өзбек ССР ИАнын корр.-мүчөсү (1952), Кыргыз ССР ИАнын академиги (1954). 1944–52-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалында Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун сектор башчысы болгон. 1951–54-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тунда, 1955-жылдан Кыргыз мамл. ун-тинде иштеген. Бир катар түрк тилдерин билип, кыйласынын лексикасын, диалектологиясын, грамматикасын изилдеген, сөздүктөрүн түзүүгө ж-а редак-циялоого катышкан. Үч ирет чыккан «Кыргызча-орусча сөздүк» (1940, 1965, 1985) м-н «Орусча-кыргызча сөздүктүн» (1944, 1959) автору. Бул сөздүктөр кыргыз адабий тилин изилдөөдө зор мааниге ээ.

**ЮНУСАЛИЕВ** Болот Мураталиевич (1913, Чүй облусу, Кемин р-ну, Кичикемин кыштагы – 1970, Бишкек) – тилчи, түрколог, «Манасты» изилдөөчү, коомдук ишмер. Кыргыз ССР ИАнын академиги (1954), филология ил-нин доктору (1954), Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1963). 1933–35-ж. Кыргыз ССР Эл агартуу комиссариатында инспектор. 1935–38-ж. Москвадагы ВКП(б) БКнын Жогорку партиялык курсунда окуган. 1938–41-ж. «СССР Жогорку Советинин ведомосторунун» кыргызча басылышынын редактору. 1941–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышып, 3-Белорус фронтунда фронттук гезиттин редакторуна орун басар, кабарчы болгон. 1945–51-ж. Кыргыз ССР элге билим берүү министри, 1954–60-ж. КМУнун ректору ж-а кыргыз тил кафедрасына башчы. 1960-жылдан КМУнун кыргыз тил илими кафедрасында проф. ж-а Кыргыз ССР ИАнын «Манас» секторунда улук ил. кызматкер. 109 ил. эмгектин автору. Ю-дин лингвистикалык эмгектери кыргыз тилинин тарыхына, анын диалектилери м-н карым-катышына ж-а жазма адабий тилинин калыптанышына арналган. Ю. Кыргыз фольклоруна, айрыкча «Манасты» изилдөөгө көп көңүл бурган. «Манастын» 4 томдугун (1958–61) редакциялаган. Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

**ЮНУС ХАН**, Й у н у с (Ж у н у с) х а н (1415–1487) – 1462–87-ж. Моголстанды бийлеген хан. Вайс хандын уулу, Эсен-Буканын бир тууганы. Чагатайлар династиясы жаш Юнусту хандыкка көтөрүү иш-аракети ийги-ликсиз аяктаган соң, аны алгач Маверан-нахрдагы Улугбекке, андан соң Персияга алып кетишет. 1456-ж. тимурий султаны Абу Саид Юнусту Моголстанга жөнөткөн, ал жерден Ю. х. *Эсен-Бука* өлгөндөн кийин (1462) тактыга отурган. 1472-ж. Моголстанда бийликти өз колуна алган. 15-к-дын 60-жылдары Ю.х-дын Ферганаgreны басып алуу аракети ишке ашкан эмес. 15-к-дын 70-жылдары Жетисууга калмак аскер башчысы Амасанчжи тайчжинин аскерлери кирип, Иле дарыясынын жээгинде Ю. х. катуу соккуга учурайт. Ал жерден Сырдарыяга качып, Ташкенден туткунга түшөт. Моголстанга кайтып келгенден кийин, Ю. х. Абу Саиддин балдарынын ортосундагы талаш-тартышка катышып, 1482-ж. өз жер ээликтерине Сайрамды, 1485-ж. Ташкенди кошкон. Бирок анын кол алдындагыларынын көпчүлүгү андан бөлүнүп, Ахмеддин экинчи уулун өз башчысы катары таанышат.

**ЮРТАШСАЙ ЭСТЕЛИГИ** – төмөнкү таш дооруна таандык археол. эстелик. Кадамжай р-нундагы Марказ айылынын түштүк тарабындагы капчыгай ичинде жайгашкан. Таш куралдар табылган. 2002-ж. А. П. Деревянко ж-а А. Н. Зенин жетектеген россиялык-кыргызстандык биргелешкен археол. экспедиция изилдеген.

**ЮСУПОВ** Ильяс Исмаилович (1930-ж. т., Алматы ш.) – тарых ил-нин доктору (1977). 1953-ж. Казак мамл. ун-тин бүтүргөн. Кыргызстан ИАда ил. кызматкер, чыгыш таануу бөлүмүндө улук ил. кызматкер болуп иштеген. Илимий эмгектери дуңгандардын 20-к-дагы тарыхын изилдөөгө арналган. 20дан ашык ил. эмгеги жарык көргөн.

**ЮЭЧЖИЛЕР –** Дуньхуандын батышынан Циляншандын чыгышына чейинки аймактарды жердеген уруулар. Б. з. ч. 3-к-дын 2-жарымында Ю. зор күч-кубатка жетишет. Ушул мезгилде алардын коңшусу хунндар Ю-ди кыйроого учуратат. Талкаланган Ю. батышка, Чыгыш Түркстанга ж-а Орто Азияга жер которуп, ал жерде сактарды басып алышкан. Б. з. ч. 2-к-дын ортосунда Ю. усундардын катуу соккусунан кийин Орто Азияга келишкен. Кийинчерээк алардын бир бөлүгү Грек-Бактрия падышалыгын басып алса, 2-бөлүгү Борб. Азиянын көчмөн урууларынын курамына кирген.

# Я

**ЯБАЛАХА,** М а р, М а р к о с (1317-ж. өлгөн) – несториан динин туткан кечил. Кытайда туулган. Улуту уйгур; 1278-ж. Маркос өзү-нүн досу Барсаума деген ханбалыктык (пекиндик) уйгур жигит м-н бирге несториандардын ыйык шаары Иерусалимге зыярат кылууга жөнөгөн. Ханбалыктан таңгуттардын жери аркылуу Кашкарга ж-а Таласка (бул жерди Хайду хан бийлеп турган (андан соң Хорасан м-н Азербайжанга (борбору – Марага ш.), Арбела м-н Аниге өтүшкөн; жолдо каракчылардан Иерусалимге өтө алышпай, кайра артка кайтышкан. Марага ш-нда несториандардын чиркөө башчысы («мар») Маркоско «Ябалаха» деген диний ысым берип, Түндүк Кытайдагы несториандардын митрополити кылып дайындоону чечет. Көп узабай Багдад ш-нда чиркөө башчысы каза болгондон кийин анын ордуна моңгол, кытай ж-а түркий тилдерин жакшы билген бүткүл несториандардын башчысы «мар» болуп дайындалган. Белгисиз автор Я-нын ж-а анын досу Барсауманын диний сирия тилинде «Мар Ябалаха IIIнүн жана раббан Сауманын тарыхы» аттуу чыгарма жазган. 1958-ж. бул тарыхый эмгек орусчага которулган.

**ЯБГУ,** ж а б г у – орто кылымдын алгачкы мезгилинде *Карлуктар мамлекетинин* бийлик ээсине берилүүчү наам. Адегенде карлуктардын ж-а ага баш ийген башка түрк урууларынын уруу башчысы Ж. деп аталган. Ж. чакан аймакка, дубанга гана бийлик кыла алган.

**ЯДРИНЦЕВ** Николай Михайлович (1842–1894) – Сибирди изилдеген археолог ж-а этнограф. Алтайга (1878–80), Миңсуу өрөө-нүнө ж-а Орхонго (1886, 1889, 1891) экспедиция жасаган. Ордубалыктын (*Хара-Балгас*), Каракорумдун ордун изилдеген. 1889-ж. Түндүк Моңголияда Кошо-Цайдам деген жерден Күлтегинге арналган эстеликти, 1891-ж. Көкшүн-Орхон деген жерден *Элтериш* каганга арналган Онгин эстелигин ачкан. Я. жергиликтүү элдин турмушун жакшыртуу үчүн күрөшкөн. 1882-ж. ал Сибирди үйрөнүү б-ча алгачкы мезгилдүү басма сөз органы «Восточное образование» гезитин негиздеген.

**ЯКУТТАР,** с а х а – Якут АССРинин негизги калкы, түрк тилдеринде сүйлөөчү эл. Я-дын ата-бабасы Омогой м-н Элдей ж-дөгү тарыхый уламыштарда алар Енисейди мекендеген кыргыздардан качып кеткен адамдар катары баяндалат.

**ЯР,** Й а р – 8–10-к-га таандык шаар. Ысыккөлдүн боюнда, азыркы Ысыккөл ш. тушта турган.

**ЯРКЕНД**, Й а р к е н д – Чыгыш Түркстандагы саясий-экон. жактан маанилүү шаарлардын бири. 16-к-дын башталышында Моголстан мамл. экиге бөлүнгөндө Я. батыш бөлүгүнүн борбору болгон. Кийин Я. ошол аймакта түзүлгөн Могол хандыгынын байтактысы ж-а ички араздашуулардан улам Чыгыш Түркстандагы өз алдынча хандыкка айланган. 17–18-к-да шаарды калмактардын көзөмөлү м-н жергиликтүү төбөлдөр башкарган. Кийинчерээк Я. «Алты шаар» аталган тарыхый аймактын ж-а Якупбек түзгөн Жетишаар мамл-нин курамына кирген. Соңку орто кылымдардан кыргыздар Я-деги жергиликтүү калктын бири катары саясий турмушуна активдүү катышып турушкан.